КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*Окурмандын китеп текчесине*

УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВ

# МАЙДАН

## 13-том

Басмага даярдагандар: *Өмүров Б.,*
*Мамбеткулов Ч.*

БИШКЕК
«ПРИНТ-ЭКСПРЕСС» – 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 13

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Ч ы г ы ш ы н а ж о о п т у у:
*А.А.Акматалиев*

Р е ц е н з е н т:
*Филология илимдеринин доктору А.Кадырманбетова*

Р е д к о л л е г и я:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

**А 13** **Абдукаимов Узакбай.**
**«Майдан».** «Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 13-том. / Басмага даярдагандар: Өмүров Б., Мамбеткулов Ч. – Б.: «Принт-экспресс», 2016. – 736 б.

ISBN 978-9967-12-571-1

Бул китепке Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романы кирди. Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**А 4702300100-16** **УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-12-571-1

© КР УИА, 2016
© «Принт-экспресс», 2016

## УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВ
*(1909–1963)*

Белгилүү котормочу, прозаик, акын жана драматург Узакбай Абдукаимов 1909-жылы Сузак районуна караштуу Багыш айылында туулган. 1919-жылы Көк-Арт интернатына кирип, аны бүткөндөн кийин 1922–1925-жж. Ташкенттеги казак-кыргыз институтунда окуп, Фрунзедеги Кыргызстан педтехникумуна которулуп, аны 1929-жылы бүтүрүп, мектепте директор болуп, 1930-жылы СССР элдеринин Москвадагы борбордук басмасындагы кыргыз секциясына иштөөгө жиберилип, бир-эки жыл иштегенден кийин кайра Фрунзедеги тил, адабият жана тарых илим изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштейт.

У.Абдукаимов 1942-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышат. 1945–1949-жж. жазуучу Кыргызстан мамлекеттик басмасында, Жазуучулар союзунда адабий кеңешчи болуп иштеген.

У.Абдукаимовдун чыгармачылык иши 20-жылдардын аягында башталып, ал бир катар оригиналдуу, мыкты чыгармаларды жазган. Аны «Айдар менен Айша» операсынын либреттосу, «Кыздын таалайы» повести, «Көл боюнда» либреттосунун тексти жана ырлары көпчүлүккө белгилүү.

У. Абдукаимов адабият майданына төл чыгармаларды жаратуу аркылуу келсе да, ал тез эле (айрым бир учурларды эске албаганда) көркөм котормо ишине биротоло берилип кеткендей болду. Мындайча айтканда көркөм адабиятка аралашкандан тартып эле котормо иши У. Абдукаимовдун жазуучулук кесибине айланат.

Алсак, У. Абдукаимов кыргызчалаган А. С. Пушкиндин «Балык менен Балыкчы жөнүндө жомок» (1936), «Алтын короз

жөнүндө жомок» (1940), «Поп, анын кызматчысы Балда жөнүндө жомок» (1949), Гоголдун «Текшерүүчү» (1937, 1952), Горькийдин «Аңгемелер» (1952), «Душмандар», «Егор Булычев жана башкалар» (1953), «Көрүнгөндүн колунда» (1954), Фадеевдин «Жаш Гвардия» (1954–1958) чыгармалары кыргыз котормосунун тарыхында үлгүлүү, нускалуу салтын жараткан айрыкча көркөм окуялардан болгону талашсыз. Пушкиндин жомоктору менен Гоголдун комедиясынан баштап, Горький менен Фадеевдин прозасына чейинки жол У.Абдукаимов үчүн орус адабиятынын бийик үлгүлөрүн анчейин гана кыргызчалатуу даражасындагы иш болгон эмес. Бул жолдо У. Абдукаимов котормо искусствосунда гана сапаттан-сапатка, баскычтан-баскычка көтөрүлүп отурбай, ал ошону менен бирге көркөм адабияттын түпкүрдөгү, тереңдеги «сырларын» таанып-билип, дегеле жазуу машакатынын, сөз менен иштөөнүн «ысык-суугун» баштан кечирген.

Отузунчу, кыркынчы жылдарда У. Абдукаимов өзүнүн төл чыгармаларын үзүл-кесил жазып жүрдү. Айрыкча отузунчу жылдардын аяк ченинде жазыла баштап, кандайдыр бир себеп менен (чынында, согуш башталып, автордун фронтко кетип калганына байланыштуу болуу керек) бүтпөй калган «Кыздын таалайы» аттуу повести жазуучунун чыгармачылык изденүүсүндөгү негизги багытты үстүртөн, жалпы сомосунан болсо дагы болжолдоого негиз берет. Бул повесттин үзүндүлөрү «Ала-Тоо» (1939, № 3), «Советтик адабият жана искусство» (1941, № 5) журналында жарык көргөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында У.Абдукаимовдун «Суусамыр окуяларынан» деген чыгармасы «тарыхый очерк» деген жанрдык аныктама менен жарыяланган («Советтик Кыргызстан» журналы, № 7, 1944). Чыгарманын жазылыш деңгээлине жана тематикасы, турмуштук материалына караганда автор бул очеркин отузунчу жылдардын башында эле, болгондо да «Кыздын таалайынан» мурда баштаган болуу керек. Ал эми бул очерктин эмне үчүн өз учурунда эмес, кандай себептер менен кечигип, согуш жылдарында жарыкка чыгып калганы белгисиз.

Ошол эле согуш жылдарында У. Абдукаимов «Карындашыма» деген ат менен жаңы повестинен үзүндү жарыялайт («Со-

веттик Кыргызстан» журналы, № 8, 1944). Бул У.Абдукаимовдун жазуучулук табиятын түшүнүү боюнча да, ошондой эле кийинчерээк жаралган «Майдан» романынын көркөмдүк эволюциясын аныктоодо да өзүнчө кызыктуу адабий факт.

Мына ушул «Карындашыма» деген повесттин үзүндүсүндөгү кайраттуулукка чакыруу идеясы ошол эле 1944-жылы жазылган «Карындашыма» деген ырда дагы улантылышы буга ачык-айкын күбө.

...Солдаттыктын оор борчун аткарып,
Тууган элге канат байлап учармын.
Жар-жорого жеңиш даамын таткарып,
Чор колуңдан суусунуңду жутармын.

Мен баргыча он бештеги айчылап,
Өс карындаш, бошотпогун белиңди.
Саамайыңдан мен турармын жай сылап.
Эркелетип, аарчып көз жаш, териңди.

У.Абдукаимов «Мен келемин» деген ырда (1944) сүйгөн жардын элесин мындайча сүрөттөйт:

Мен сүйгөн жар түн уйкусуз козголуп,
Муңдуу жүзүн биздин жакка бургандыр.
Көкүрөккө укмуш терең ой толуп,
Суу кирпигин ак булакка жуугандыр.

Өмүрүмдүн гүл азыгы сүйгөн жар,
Бек бол эми таалай даамын татарда,
«Сабыр кылган алтын табат» деген бар,
Мен келемин кадыр түнүң атарда.

Көрүнүп тургандай, келтирилген эки ырды жана жогоруда эскертилген повесттен үзүндүнү автор фронтто жүргөндө (жарадар болуп, госпиталда жатканда, жазуу мүмкүнчүлүгү боло калганда) жазган.

50-жылдардын эң аягы, 60-жылдардын башында У.Абдукаимовдун чыгармачылык өнөрүндө кескин бурулуш жасалган.

«Майдан» романынын жарыкка чыгышы (1-китеп, 1961), (2-китеп, 1966), (толук, бириктирилип, 1980) көп жылдык көркөм котормочулук тажрыйбасы, дүйнөлүк классикадан алган сабактары, ички даярдыгына кошумча сырткы шарттардын түзүлө калышы, чыныгы согуш майданын кан кечип жүрүп, өз көзү менен көрүшү табиятынан таланттуу калемгерге Европа тибиндеги анык реалисттик профессионал романдын жаңы үлгүсүн жаратууга зор өбөлгө түзгөн. Өнүккөн адабиятта гана болчу романдык мазмун менен роман формасынын табигый түрдө айкалышы, адам дүйнөсүн ичкертен ачып көрсөткөн терең психологизм, көркөм образ, типтүү мүнөз, индивидуалдуу өзгөчөлүк түзүү чеберчилиги, сюжеттик схематизм менен кургак чакырык, даяр баатырдык мотивдерден алыс нагыз реалисттик сүрөттөөлөр аркылуу турмуш акыйкатынын чагылдырылышы романдын жалгыз гана жанрдын эмес, жалпы эле адабияттагы зор ийгилиги болгон.

«Майдан» – көп аспектүү, көп пландуу роман. Мындай сапат окуянын географиялык чөйрөсүнүн масштабдуулугуна, каармандардын көп сандуулугуна гана эмес, ал баарынан мурда адам турмушунун концепциясын, адамдын жан дүйнөсүн ачууга негизделген. Узакбай Абдукаимовдун баяндоосунда колхозчунун жана интеллигенттин, солдаттын жана генералдын, студенттин жана мугалимдин турмушу көз алдыбыздан өтөт. Окуянын татаал түйүндөрү кыштактан шаарга, шаардан алыскы фронтко чейин барат. Кыргыз адабиятында биринчи жолу Москва, Сталинград алдындагы салгылашуулар нукура эпикалык кеңдикте жана реалисттик-психологиялык тереңдикте сүрөттөлөт. Жазуучунун көркөм политрасынан жаралган образдардан тышкары тарыхый адамдардын, көрүнүктүү полководецтердин элеси тартылат.

Мына ушунун баары «Майдан» романынын полифониялык ыргагын жаратат.

Романдын көркөмдүк сыйымдуулугу согуш чындыгын ар тараптан толук жана кеңири сүрөттөөгө байланыштуу. Автор жеке турмушунда «жолу болбогон» Качикенин тагдырын гана сүрөттөп чектелбестен, адамдык жеке таалайына караганда анын коомдук таалайы алда канча бийик, жогору экенин көрсөтөт. Ушун-

дан улам Качикенин образы романдын финалында мекендин, элдин алдында өзүнүн бүткүл жоопкерчилигин сезген советтик жоокердин типтүү образы болуп чыга келет.

«Майдан» романынын сюжеттик өнүгүшүндө Кыдырбек менен Берметтин, Апсамат менен Мырзабектин, Саадат менен Чынаркандын образдары орчундуу мааниге ээ. Бул образдарды ачууда автор иликтөө пафосун көбүнчө адамдын ички ой-толгонууларына, турмуштук кыжаалаттарына көңүл бурат. Бир беткей мактаган же каралаган схемалуулуктан, статистикалык баяндамалардан качат, натыйжада ар бир каарман өзүнүн гана жекече адамдык касиет-сапаты, бөтөнчөлүгү менен бөлүнүп чыга келет.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарындагы совет элинин каармандык эмгегин, фронттогу баатырлык иштерин реалисттик дем менен сүрөттөө жагынан, адамдардын жан дүйнөсүн ичкериден тереңдеген психологиялык чыңалуу менен ача билүү жагынан, стилдик жаңы курулмалары жагынан «Майдан» романы адабиятчылар, окумуштуулар тарабынан кыргыз прозасындагы Айтматовдук жаңы багытты өзүнчө улаган жана бекемдеген новаторлук чыгармалардын катарына келип кошулду деп туура бааланган.

«Майдан» романы 1975-жылы орус тилине, 1984-жылы украин тилине которулуп жарык көргөн.

Узакбай Абдукаимов 1935-жылдан СССР Жазуучулар союзуна мүчө болгон. Ал «Кызыл жылдыз» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «1941–1945-жылдарда Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн» медалдары жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

Узакбай Абдукаимов 1963-жылы 54 жашында дүйнөдөн кайткан.

# БИРИНЧИ КИТЕП

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

### I

– Садага болоюн, садага болоюн...

Боз үйдүн сол капшытында калың салынган төшөктө жууркан, анын үстүнөн ичик жамынып, уктап жаткан кызынын үстүнө эңкейип, энеси Канышайым жалынып турду. Кызы Бермет балача бышылдап, жайбаракат уктап жаткан. Чала ачылган түндүктөн кызга күндүн шооласы тийип, кыздын купкуу бетин кызыл жүгүртүп турду. Капшыттан болор-болбос ышкырык менен дырылдап соккон жел кыздын саамай чачтарын уйпалап, бирде сол жаагына, бирде көздөрүнө түшүрүп, кайта оңдоп коёт. Түн бою күн күркүрөп, кара нөшөр жамгыр жаады. Түн бою кыздын эти ысып, чабалактап, онтолоп чыкты. Таңга маал гана тынч алып, эми тырп этпей уктап жатат.

Бермет Фрунзеде институтта окуп жүргөн кыз, жакында шаарда кагын болуп ооруп, он беш күнчө ооруканада жатты. Өзү жакшы окугандыктан экзамен-зачётторун эрте тапшырып, үйүнө кеткен болучу. Ата-энеси кызыбыз ууз кымыз ичип, муундануп алсын деп, жайлоого алып келишкен. Эми ошол оорусу кайта кармадыбы деп, ата-энесинин эси чыгып үрпөйүп, тынчы кетип турган кези.

– Садага болоюн, садага болоюн...– деп, ичи эзилип турган энеси оозун кыбырата берди. Энесинин тиктеп турганынанбы, же уйкусунун канганынанбы, ошол замат Бермет чукуранып толгонду да, акырын көзүн ачты.

– Сакайып калыпсыңбы, садага болоюн?– деди энеси жанына отура калып, кызынын маңдайын кармап. Этинин ысыгы кайтып, бирок алы кетип шалдырап турган кызы муңайым жылмайып:

– Апа, курсагым ачты,– деди.

– Курсагыңдан садага болоюн, ичтейиң ачылып, айыгып калган турбайсыңбы,– деди энеси жетиналбай кубанып,– жаман коркутпадыңбы. Атаң Сулаймандыкына козуга кетти, биздин кой алыс эмеспи, жаш шорпо ичирем дейт. Эми турагой, эшикке чыгып сергип, жуунуп кел. Күн сонун тийип турат. Мен чай кайнатып жиберейин. Сени уктасын деп, от жаккан эмесмин...– дей берди энеси, оозу тынбай.

Күн көтөрүлүп калган эле. Бермет тышка чыкты.

Жылкычылардын ар кайсы жерге тигилген отор үйлөрүнүн түндүгү алда качан ачылып, алда качан жылкы келип, желеде ийрилип турган экен; аялдар чапандын сыртынан ал жапкыч байланып, бээ саап жүрүшөт. Бээ саадырып жүргөн эркектердин, аялдардын үнү, кулундардын кишинегени, карды салаңдаган бээлердин окуранганы, эртең мененки таза, туптунук абада алда кайда угулуп, ызы-чуу болуп турат. Шүүдүрүм кургай элек көпкөк шибер күнгө жаркырап, баланын көз жашындай мөлтүрөйт. Алыстагы ак кар жамынган тоолор көк закым тартып, ак буладай түрмөктөшкөн булуттар капчыгай, коолордун боору менен жогору өрдөп, тоонун чокуларын көздөй акырын жылып баратат.

Көк шиберди жапырып, көк шибер менен шыбырашып шаркырап, тоонун көк кашка мупмуздак суусу үйдүн так жанынан агып жатат.

Өтүк, көлөшчөн Бермет энесинин ичигин жамынып турса да муздак суудан ичиркенип, бир топко даай албай башы тегеренет. Колун сууга салар менен бир силкинип алды да, анан какшаган колдорун тез-тез ышкып, ичиркенип, жатып бетин жууду.

– Э кызым, туруп алдыңбы?– деп, капыстан атасынын үнү чыкты.

Бетин сүлгү менен арчып жаткан Бермет жалт карап, козу өңөргөн атасы Чотурду, атасы менен жанаша бастырып келаткан аскер жигитти көрүп, эмне үчүндүр селт этип кетти. Адегенде тааныбаган, бирок өңү жылуу учураган бу жигит жакындап бастырып келди да, аттан ыргып түшүп, буудай ыраң жүзү кулагына чейин кызарып уялып, калың эриндери жайылып,

Берметтин муздак колдорун кош колдоп кармап, амандашты. Капкара тегерек көздөрүнөн от чагылып турган бу жигит эмне айтып, эмне кыларын билбей, шашып калды.

– Жакшы жүрөсүңбү... оору деп угуп, учурашайын деп келдим...– деди, суулугун чайнап, тыбырчылап турган аттын жылоосун кыска кармап.

Козуну түшүрүп, атын байлап жаткан атасын тиктеп койду да, Бермет эмнегедир бир ирмемдин ичинде жигиттин башынан аягына чейин көз жүгүртүп чыкты. Жигиттин кийгени бүт жаңы эле: жаркырата тазаланган жез топчулугу, кызыл жакасына катар тигилген эки кубиги бар боз шинель, хром өтүк, кызыл кыйыктуу жылдыз таккан фуражка, шинелдин үстүнөн белин кындыйтып курчанган тогоолуу кайыш кемер, ийнинен арта тагынган портупея. Жигит ансайын колун кайда катарын билбей, бош колу менен портупеясын кармалап, шаштысы кетти. Эриндери дирилдеп Бермет башкача апкаарый түштү.

– Тааныбаптырмын... Эми араң... Аскер кийими кишини өзгөртүп жиберет турбайбы...– деди Бермет, араң эле оозу кыбырап.

– Кайдан таанымак элеңиз...– деди жигит орду жок күлүп. Кокустан «сиз» дегенинен андан бетер уялып, андан бетер кызарып кетти.

Берметтин бет алдында бир айылдаш, бирок көптөн бери көрүшө элек, бир кездерде орто мектепте бирге окуган, жанакы атасы козу апкелген колхоздун коюн баккан Сулайман дегендин тун уулу, окуп жүргөндө чийинден чыккан бейбаш, зөөкүр чалыш, анан кийин согуш окуу жайынан окуп кеткен баякы Кыдырбек турган эле. Бирок ошол эле Кыдырбек болсо Бермет анчалык чочумак эмес; Берметтин бет алдында кийинки бир жылдын ичинде үзбөй кат жазып, жазганда да ыр аралаш жазып, бирок катына жооп албаган, эми тар жолдо карп-курп жолугуп калып, катына кыстап жооп сурап турган өңдөнгөн Кыдырбек болучу. Мына ошондуктан Бермет да, Кыдырбек да, алда кандай болуп, коомайсынып турушкан.

– Үйгө кириңиз,– деди да, Кыдырбекке тик карабай, атын алды.

## II

Эртеси жылкычылардын ичиндеги өзүнө теңтушураак Асан, кош ооз мылтык алып, «жойлоп» келебиз деп Кыдырбекти ээрчитип кетти. Мурут коюп алганы болбосо Асан Кыдырбектен төрт жаш эле улуу. Өзү оюнкараак, шылдыңкор, шайыр келип, капкайдагыдан кеп салып, кишини зериктирбеген, эки балалуу болуп калган жыйырма алтылардагы жигит.

– Ай, экөөң ойноп жүрүп албай, эртерээк келгиле. Бээ саадырбай да кетип баратасың,– деди Асандын зайыбы Сырга, булар жөнөп жатканда.

– Оюну жакшы чыгып калса ойноп да каларбыз. Бээ сааялбай жүрдүң беле, жалгызсырап баратсаң тиги Берметти чакыр. Кыргыздын кызы эмеспи, оорумун деп отуруп албай, кыймылдасын,– Асан куудулданып күлүп, Кыдырбекке көзүн кысты.– Мына бул солдат кымызга келдиби, ким билет, оору кыздын тамырын тартып көрчү, кандай болду экен...– деп, ортодогу иштен эч кабары болбосо да, ал өзүнчө дөөрүп койду.

– Тамырын тартсаң тарта бер, жеңе, бирок мени ортого кошо көрбө!

– Сүйлөй берет,– деди Асан чындап, олжолуу келсек кечинде келип жаңы эт жесин, абышка-кемпирди да чакырып алабыз. Көптөн бери чоочун болуп калышпадыбы, сүйлөшүп отурушсун. Баякыларды билесиңби, бир күндө макул дедиртип, бир күндө байкелетип, аркаман ээрчитип албадым беле!– деди Кыдырбекке көзүн кысып, кыткылыктап күлүп.

– Алда кокуй ай де, байкелетип алган имиш! Ырсактап күлгөндөн башканы билбей, салпайып жүрчү эмес белең! Мен өзүм тийбесем ушу күнгө чейин шылкылдап жүрө бермексиң.

Сырганын бул тамашасына Асан менен Кыдырбек экөө тең күлүп, жүрүп кетишти.

Булар кетер менен Сырга Чотурдукуна келди. Чотурдукунда дасторкон жайылып, жылкычылар кымыз ичип отурушуптур.

– Кандай, бийкеч, жакшы болуп калыптырсыңбы?– деп, Сырга шыбырап, ичик жамынып нымшып тердеп отурган Бер-

меттин жанына отурду. Кыз-келиндин каадасы кылып экөө шыбырашып, сүйлөшүп, өздөрүнчө боло беришти.

Чотур баш болуп, жылкычы Камбараалы, Жолчулар кымыз ичип, бакылдашып, ар кайсыдан кеп салып отурушту.

– Сулаймандын баякы жинди баласы аскерге барып, тим эле зыңкыйган жигит болуп келиптир го,– деди чокчо сакал, мурусу суюк Камбараалы.

– Аскердин тартиби тезге салгандыр да, өзү эле кантип оңолуп кетсин,– деп илмийген арык, эчки сакал Жолчу чыныдагы кымызды үйлөп, көзүн шыкшырайтып, жута баштады.

– Жолчунун кесирин көрчү, кымызды да үйлөп ичет, эмне, кымызга жылкынын тезеги түшүп кетиптирби? Кыдырбекти айтабыз, карыганча оңолбогон Жолчуну айтпайсыңбы! Мойнунан байлаган иттей болуп эле кыйыгына тартып турат.– Камбараалы каткырып күлдү; кетилбеген аппак тиштери күрүчтөй болуп тизилип, жаркырап турду.

– Дээринде бар бала бат эле кагылып-согулуп токтолот. Биздин Жолчу ушу күнгө чейин малды башка-көзгө чапканын коёлек,– деди Чотур, Жолчуга ормоё тиктеп,– энеңдин курсагынан жерге түшкөндөн бери тезге салынып, тил угуп келатасың, теги өзүң билип бир иш кылганың барбы? Качан болсо какшатасың да отурасың.

– Мага эмне асыласыңар, я?– деди Жолчу, бир жак көзү жумулуп, бир жак көзү чала ачылып,– кимиңердин текеңерди союп салдым, я? Жатып алып кымыз ичкенден башканы билбейсиңер, түн күзөтүп жылкы кайтарган ким я? Бая түнү жылкыга карышкыр тийгендей ач кыйкырыкты салып, канчыгын жыга аткан ким я? Эми мен оңолбогон киши болуп, итче мойнуман байлатып калыптырмынбы? Кудайды гана бир карасаңар боло!

– О кокуй, биз койдук,– деди борсулдап күлүп Камбараалы,– бул эми токточу эмес, койдук, о койдук, Жолчу, койдук.

– Койдук, койдук! дейт. Койбосоңор корошо алып кеткиле, мен эмне, силердин оозуңарды тырмадымбы?– деп, сөзгө жеңгенсип, Жолчу корсоюп калды.

– Ай, Жолчу,– деди Чотур, сөздү көп ырбаткысы келбей,– бүгүн ишемби? Эртең базар экен, айылга кымыз ала барып, ун, талкан алып келсең болбойбу, кандай дейсиң? Тору атты минип, кашка атты жетелеп ал.

– Мен эмне, бара берем,– деди Жолчу компоюп, күлүп да койбой,– силерге окшоп атка минер, жатып ичер белем? Мен деген мээнеткеч, аки-чүкүң менен ишим жок кишимин.

Отургандардын баары кыраан каткы күлүп калышты.

– О-у-у,– деди Камбараалы карсылдап күлүп,– ушуну укмакпыз, ушуну көрмөкпүз. Сойду, сойду!

Бермет менен Сырга эшикке чыгышты.

– Жүр, кызыке отура бербей кичине басчы,– маңдайы жарык Сырга жымыңдап күлүп,– бээ саадырып койчу, кулунга алың жетеби? Бүгүн кантип калыпсың?

– Бүгүн жакшымын.

– Канча чыны кымыз ичтиң?

– Бир.

– И-и, кызыке, араң эле бирдиби?

– Ошого да рахмат дебейсиңби, кече оозума эчтеке алган эмесмин.

– Кыдырбек келгени кудай оңдой берди кылган экен, болсун, болсун,– деп Сырга жайдары күлүп, астыртан Берметтин көзүнө тигиле карады.

– Койчу, жеңе, араң жүргөндө капкайдагыны сүйлөбөчү,– деди Бермет, чындап жактырбай.

– Койчу-мойчуңду коюп эле чыныңды айт: Кыдырбек көңүлүңө жагабы?

– Эмне, сени сура деп, арага салдыбы? – Бермет ичинен жаман ойго кетип, такып сурап калды.

– Арага салбаса деле сурабаймынбы?

– Анда эмесе ойдо жокту айтпа!

– Арам катын десе, кантер экен деп койсо, андан бетер чүйрүңдөп кетет. Сурабай эле койдум.

Экөө теңтуш эле чамалуу немелер тамашалашып желеге басып келишти. Бермет кулун салып, кулунга алы жетпей бутун

бастырып, Сырга апыл-тапыл бээ саап, кечке Бермет менен болду.

Кыдырбек менен Асан «Жойлоп» жүрүп, кашкарайганда аттары да, өздөрү да суй жыгылып, куру кол кайтышты.

## III

Кыдырбек жылкычылардын арасында алты күн жүрдү. Кымыз ичип эт жеди. Ат минип бастырды. Алты күндөн кийин атын токуп, каңтарып коюп, Чотурдукунда эртең менен кымыз ичип отурду.

– Эмне атыңды токуп алгансың?– деди Чотур.

– Кетейин,– деди Кыдырбек, таарынган кишиче.

– Келгениңен кеткениң бат болду го, балам,– деди Чотур удаа-удаасы менен кекирип. Чайдан бери үч-төрт чыны кымыз ичип жиберген эле.– Жакшылап эт да жей албадың, кымызды да арбыта алган жоксуң. Ушинтип да тамак жейби? Бермет болсо араң эле бирдеме жемиш болот. Бир ичеги болуп калган турбайсыңарбы,– деди Чотур, колундагы чынысын тартып жиберип.

– Келе!– колундагы чынысын Канышайымга кайта сунду.

– Сага окшоп эт менен кымыздын үстүндө отуруп калышыптырбы! Булардын түйшүгү күч. Тим эле бапылдап сүйлөй берет,– деди абышкасынын сөзүн дайыма оңдой сүйлөгөн, өзү өктөм, сөзү өтүмдүү, Берметтен кийин төрөбөй калган Канышайым. Бу киши үй сарамжалын мыкты кармаган, оокатка тың, өзү да мыктай болуп жүрө турган аял эле.

– Чын эле бир топ жүрүп кетпейсиңби, кагылайын,– деди Канышайым кайтадан.– Барарсың ысыгы кайнаган шаарыңа. Кайда иштемек болдуң? Аскер кишинин ишин да киши билип болбойт,– деп, жаңыдан гана буурул чалып келаткан чачынан шыпырылып бараткан жоолугун оңдоп алды.

Кыдырбек көздүн кыйыгы менен Берметти тиктеди. Бермет менен Сырга экөө бирдеме сүйлөшүп, акырын күлүп коюп отурушкан. Болуп жаткан сөздү укпай калдыбы же укмамышка салдыбы, иши кылып Бермет Кыдырбекти карап да койгон жок.

Берметтин көзүнөн илинчек таба албаган Кыдырбек, үшкүрүп жибере жаздады да, кабагын бүркөдү.

«Алты күн... Алты күн деген эмне! Кымыз ичип чардайын деп эмес, сенин баш териңди байкайын деп келгемин. Баш териңди да көрдүм. Алты күндөн бери көзүңдүн агы менен кошо тегерендим, бир белги болгон жок. Жакшы сөзгө да кадыр кылбадың. Мейли, кечтим байдын кызынан!..»

Кыдырбектин чукул кыялы ушул учурда өзүнө эң туура көрүндү да, Бермет менен коштошпой, үйдөн чыкты.

– Тур, бол!– деди Чотур зайыбын шаштырып... Апкел бирдемең болсо.

Чотур, Канышайым, Сырга болуп, Кыдырбектин канжыгасына бир чанач кымыз менен шыбага кылып арнаган түйүнчөгүн байлап жатышты. Кыдырбек үстү-үстүнө папиросун буркуратып, ызасына чыдай албай, аркы-терки басып турду.

Таң калган Кыдырбектин маңдайына Бермет акырын басып келди.

– Шашылыш экенсиз, таарынбай кетиңиз,– деди да, Бермет Кыдырбектин бетине жайбаракат тик карап, колуна бир бүктөм кагаз берди.

Бермет Кыдырбекти атказмак болуп, аттын жылоосунан кармап турду. Кыдырбек тизгинди жыйнап, үмүт, өкүнүч, уят аралаш Берметти бир карап алды да, үзөңгү тепти.

...Бир жылдан бери жазып жүргөн каттын жообун кууп, барып эле катуулап киришем, сениби, сени!– деп кекенип келген Кыдырбек, кыз сыртын салып сүйлөшпөй койгондон кийин жели чыккан чаначтай болуп, шылкыйды да калды. Маңкайган ак саргыл Бермет баякы Кыдырбек жулмалап, Кыдырбек уруп койчу Бермет эмес эле. Теңсинбегендей чоюлуп, жай басканы, камырап да койбогон кош көңүл сыяктуу мамилеси Кыдырбекти күйгүзүп, десин суутту.

Кыдырбекте дале болсо чети оюлалек дөөкүрсүмөчүлүк, курчтук бар эле. Бирок кылычтай курч Кыдырбек зыңгыраган Берметти көргөндө ташка урунгансып, кетиле түшкөндөй сына түштү.

Эки бетин карагай каптаган капчыгайды жарып, күркүрөп-шаркырап агып жаткан суруга келгенде ат жүткүнүп, тизгинди жулкуй калды.

Чөнтөгүнөн Берметтин бир барак кагазын сууруп чыкты да, жүрөгү чыгып даай албай, акырын бүктөөсүн жазды.

«Сиздин катыңызга эмне деп жооп айтарды билалбай турам. Мен али келечекти ойлой элекмин... Аркы-беркини ойлой турган болуп, мен кичине акыл-эсиме кирейин...»

Катты кайта-кайта окуп Кыдырбек ойлонуп калды. Сылык гана: «атыңыздын башын нары бура бериңиз» дегени,– деди ичинен. Аты алда качан суу ичип болуп, башын салаңдатып, үргүлөп турган.

Суудан чыга берерде чукул алдынан бир атчан чыкты. Жанаша бергенде тиги атын токтотуп:

– Салоомалейкум!– деп, кол берди.

– Алеки салам...

– Таанызбай турасыңбы?

– Таанып турам. Сен...

– Мен Сарыгул эмесминби. Бала кезде бирге окубадык беле. Зыңкыйган командир болуптурсуң. Мен болсо минтип мал доғдур болуп кеткемин. Мурду жалпак, үстүңкү эрди түйрүк, мышмыйып күлгөндө көзү көрүнбөй кеткен сары мурутчан сары жигит сөзмөр неме болучу. Шакылдап сүйлөй берди.

– Кайдан?– деди Сарыгул.

– Жайлоодон.

– Жылкычыларга бардың беле?

– Ооба.

– Анда кимиң бар эле? И-и жылкы башы Чотур бар эмеспи, кызы жайлоодо деп уккамын. Жеткен экенсиң, эргул. Аскерден качан келдиң?

– Он күнчө болду го.

– Араң элеби? Мен райондо жүрүп, сени келди деп, кече уктум. Силердин башкармаңар Молдош айтты. Башкарма, жылкы ферманын баары, жайлоого көчүп келатышат. Мен мурунурак барып, кымызга тоюп, аркы субай жылкыларды берирек

айдатып келейин деп баратам. Кудай салбасын, район тополоң эле түшүп калды.

– Эмне болуп?

– Угалексиңби?

– Эмнени?

– Согуш чыгып калбадыбы!

– Согуш!

– Согуш, жолдош командир, согуш. Немистер кол салып кириптир.

Кыдырбектин кара сур өңү купкуу боло түштү.

– Эми аскердин аттарын камдаш керек. Баарын эле кыйратып жыгып келатат, бу немис дегениң кыйын окшойт. Ай, биздикилер оңдурбайтко. Кандай дейсиң?

Кыдырбек жооп берген жок.

– Өзүң качан жөнөйсүң?

– Кайда?

– Согушка.

– Сенчи?

– Мени эмне кылсын? Аскер толуп жатпайбы. Анын үстүнө мылтык кармап көргөн жан эмесмин.

Кыдырбектин көздөрүнө кан толуп, бүткөн бою чыңалып, атын теминди.

– Кетип калсаң кош бол! Атасынын көрү, немистерди кыйратып, катын-кызын ыйлатып, союп кел! – деп, Сарыгул Кыдырбектин артынан кыйкырып калды. Кыдырбек анын сөзүн уккан жок. Бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, көзүнө эчтеме көрүнбөй, атына камчы уруп, ылдам жүрүп кетти.

Согуш башталганына үч күн болгон эле.

## IV

Үйгө жакындаган сайын Кыдырбектин жүрөгү опколжуп келатты. Эки энеси (Кыдырбектин эки энеси бар эле) эки жагынан чыгып, ыйлап алек кылабы деген ой баятадан бери тынчын алып келаткан. Кыдырбектин кайда дайындалганын Кыргызс-

тандын согуш комиссариаты али айта элек болучу, дем алуудан келгенден кийин көрөрбүз дешкен. Эми азыр дайындала турган жери согушуп жаткан армияда экенинде күмөн жок эле. Аскердин тартиби боюнча согуш чыккандан кийин токтоосуз, түрдө военкоматка жетиш керек болучу. Ошондуктан бүгүндөн калбай жөнөшү керек эле. Ата-энесинин кашында оңдуу да туралбаганы аларга катуу тийип, «кандай келип кандай кеткенин билбей да калдык» дешип, боздошорун ойлоп, Кыдырбектин жүрөгү туйлап келатты. Бул сезим Кыдырбекке туңгуч келгенин өзү да түшүнгөн жок. Ушу күнгө чейин талаалап журүп, олку-солку, өңгүл-дөңгүл турмуш сүрдү. Жашынан ата-энесин какшатып, аларга качан болсо баякы Сулаймандын «тентек» баласы деген жаман сөздөрдү угузганы менен Кыдырбектин көп иши болгон эмес. Эми согуштун айбаттуу сүрүнөнбү, болбосо эсине кирип токтолоюн дегениненби, ушул учурда Кыдырбектин боору жумшарып, ата-эненин көз жашынан коркуп, аларды аяп, аларга күйүп, канаты менен калкалагысы келип турду. Алардын алдында өзүн айыптуу, кылмыштуу, күнөкөр сезип, алардын алдына өзү ыйлап, өзү жыгылгысы келип кетти. Ушул учурда Берметтен кагуу жеп, ыза болуп арданганын да, Берметтин өзүн да унутуп, көз алдында жалгыз гана эки энесинин, атасынын, артыкча эки энесинин көз жашын ирмеген элеси делдиреп, теңселип турду.

Кыдырбек койчулардын боз үйүнө келгенде кичи апасы Уулкелди жол карагансып, таш короонун четине чыгып турган экен. «Мени эле күтүп турушкан окшойт. Аскер кишини дароо эле алып кетет деп, ый, кайгынын түйшүгүн тартып жатышкан окшойт» деди ичинен Кыдырбек. Энесинин бетине көздүн кыйыгы менен тиктеди да, аттан түшүп, кымыз, түйүнчөктү түшүрдү. Апасы атты алып, байлайын дегенде Кыдырбек болбой, атты өзү байлады. Кымызды апасы үйгө сүйрөп бараткanda артынан ылдам жетип, өзү алып кирди. Апасынын бетине дагы тиктеди. Апасынын өңүнөн эчтеме билинген жок. Кадимкисиндей, жайбаракат гана:

– Садагаң болоюн келдиңби?– деди.

– Чоң апам кайда?

– Чоң апаң жакага кетти, балдар окуудан келет эмеспи,– деди да Кыдырбектин башынан фуражкасын алып, маңдайынан өөп, «Садага болоюнум, садага болоюнум» деп, чачынан сылады. «Булар эчтекени угалекпи, же мени аяп жатышабы?» деп, Кыдырбек коомайсына берди.

– Атам койдобу?– деди Кыдырбек көңүлү бир аз жай алып, апасына жылмайып күлүп, эркелеп, кучактап.

– Садага болоюн десе...– деди апасы, тегерек чоң бети мээримдүү жылмайып.– Атаң азыр келет, тушап койгон аты бошонуп кетиптир бир жакка салып уруп кеткенби, жок, ошону карап турсам, сен келип калбадыңбы. Эр мүчөлүү же балпайган байбиче деген аялдарынын бири болгон кичи апасы жайбаракат, шашпай, орду менен сүйлөп, орду менен кыймылдаган, оор басырыктуу киши эле, ошо кыймылы менен чаначты керегеге байлап, чаначтын оозун бошотуп, кичине желин чыгарды.

– Чотурдун кызы жакшы болуп кетиптирби?– деди апасы уулуна, сынагандай, көзүнө тигиле карап.

Кыдырбек Бермет менен беттешкендеги бардык ызасын эстеп, уялып кетти да, башын тескери буруп:

– Жакшы болуп кетсе керек, бир эле көрдүм,– деп чынын айткан жок.

Аңгыча ат дүбүртү угулуп, ачуусу болбосо да бакылдап, кээде кыйкырып сүйлөгөн атасы Сулайман келди. Кыдырбек менен Уулкелди эшикке чыгып, Кыдырбек атасынын атын алды.

– И, келип калдыңбы, балам?– деди атасы уулунун эртелеп келгенинен шек алып (согуш чыгыптыр деген кабарды булар алда качан эле угушкан болучу),– кымыз ичип тура турууң го!– Сулаймандын эмнегедир бирдемеге ачуусу келип турган эле.

– Кудайдын ургандары!– деди Сулайман бакылдап,– калкоздон ушунча киши келип, койдун тузун да ала келишпейт, унутуп калган имиш! Атаны унутма тийген иттер а! Каракойчуну жибербесем болбойт (Каракойчу Сулаймандын жардамчысы эле). Кап, булардын кылганын кара!– деп, Сулайман бир топко басылбады.

Үйгө киргенден кийин Сулайман уулун биринчи көрүп тургансып, аржак-бержагын текшере тиктеп, бирок бетине даап тиктей алган жок. Кеп мына ушунда болучу. Согуштун кабары угулгандан бери Уулкелди өзүнчө, Сулайман өзүнчө, ар кимиси өз ичинен тынып, биринен бири чочуп, «О кудай!» дегенден башка сөз айтышпай жүргөн.

Уулу келгенден кийин «уктубу, укпадыбы, айтсакпы, айтпасакпы?» дешип, ар ким өз ою менен кармашып турду.

– Келе, байбиче, суусунуң барбы? Тиги кымызбы?

Кыдырбектен берип ийишкен го? Апкел!– деп, Сулайман бажырап сүйлөй баштады.

Кыдырбектен берип жиберген эттен жешип, кымыздан бир топ ичкенден кийин (Сулайман төртүнчү чоң чыныны аяктап калган эле) Кыдырбек акырын ордунан туруп, фуражкасын алып кийине баштады. Ата-энеси унчугушпай, көздүн кыйыгы менен карап коюп турушту.Мен районго бир барып келейинчи,– деди Кыдырбек жай гана, тим эле кадыресе сөз сүйлөгөнсүп.– Тополоң эле болуп атат дейт...

– И ботом, эмне болуп?– деди Сулайман билмемшке салып, таң калгандай.

– Уруш чыккан имиш дейби,– деп, Кыдырбек шарт эле кесе айтты.

– И, и, ошентип жүрүшөт. Уруш болгондо, мисалы, жоо бизге да келеби?– деп, Сулайман аңкоолонумуш болду.

Абышканын кууланып, эптеп Кыдырбекти кепке салууга аракет кылып турганын Кыдырбек түшүндү. Энесинин да эмне айтар экен деп, баласынын оозун кооптонуп тиктеп турганын байкап, ыйлап жиберет деген ата-энесинин өздөрү сөзгө чакырып, өздөрү сүйлөшкүсү келип турганынан Кыдырбектин өзү чыйралып, сөздүн ачыгына өттү.

– Келет,– деди Кыдырбек,– сөз жок келет, биз эле жеңилсек келет; бирок душманды силерге келтирбес аракети болуп жаткандыр. Андан көрө ак тилегиңерди тилеп, кайрат менен оокатыңарды кылып отура бергиле. Мен кеттим! Ортодогу тилди байлап купуя сөз ачык айтылганга Кыдырбектин санаасы тына түштү.

Таш, короонун четине байланып турган жараган тор кашканы ойкуштатып Кыдырбек жүрүп кетти. Сындуу ат, аны минип бараткан сындуу баласы Уулкелдиге да, Сулайманга да ушул учурда бир башкача көрүнүп бир жагынан жүрөктөрү эзилсе, бир жагынан ичтери тызылдап, булардын отросунда эчкимге, жан кишиге, бири-бирине да айтпай турган купуя, ички жара акырын сызылып ооруп, уулунун карааны тумшуктан бурулуп кеткиче унчукпай карап турушту.

– Ошо бойдон кайта келбей кетип калып жүрбөгөй эле...– деди Уулкелди; анын көзүнөн кыйкырыксыз чыккан көз жаш мөлтүлдөп агып, жазы келген жамажайынан оозуна кирип жатты. Сулайман бурулуп байбичесине карай албай, мурдуна агып түшкөн көз жашын чертип койду да, кайрат кылымыш болду:

– Байбиче, сенин уулуң элдин, өкмөттүн баласы эмеспи... Азамат эл четинде, жоо бетинде деген ошо болот,– деди да,– Каракойчуну тузга жиберейинчи, малдын да убал-сообу бар, такыр чөптөн калды,– деп, аттанып кетти.

Үч күндөн кийин Кыдырбек келди. Кыдырбек чоң апасы Сайраканды, балдарды кошо ала келди. Кыдырбек военкоматка барганда шашпай эле кой, отпусканды толук өткөзүп, анан биротоло келгин дептир. Сулаймандын үй-бүлөсү эми бүт чогулуп, үйдүн ичи очор-бачар түшүп жатып калды. Ырас эле, ырысталайдын баары эле ынтымактуу ушул үйдө экендей көрүндү. Кыдырбек болсо эрикгенде тоого чыгып, мылтык атты.

Бирок согуштун кабары күн өткөн сайын уламдан-улам суук боло берди. 3-июлда Сталин радио менен чыгып сүйлөгөндөн кийин, аскер кишиси эмеспи, Кыдырбек иштин ал-жайын жакшы түшүндү. Согуш көз көрбөгөн ылдамдык менен Советтер Союзунун жерине өтүп, душман Москваны көздөй бет алып, катуулап кирип келатты. Советтер Союзунун башына айбаттуу коркунуч түшкөнү чын эле. Мунун баарын түшүнүп турган Кыдырбек, тынч алып жаталган жок. Дем алуусун таштап, Кыдырбек 10-июлда жүрүп кетти. Сулайман болсо уулун Фрунзеге чейин узатып коюп кайтты.

Кыргызстан өзүнүн туш-тарабынан аскер курай баштаган эле.

## V

Жамалкан Фрунзедеги өзүнүн эки бөлмөлүү чакан үйүнө туталанып чуркап кирип келди; оозгу үйдөгү столдо он төрттөрдөгү сиңдиси Каныш китеп окуп, эки жашар арык баласы тамтаңдап басып, төрт жашар болтойгон кара баласы көмүркөйүн алдына коюп алып, жыгач жонуп, бирдеме болуп, жерде отуруптур. Жамалкандын жүрөгү алып учуп, эмне кылаарын билбей, алактап шашып, көзү жашылданып турду. Көмүркөйдү кошо аңтарышып, бирдеме алам деп жаткан кичинекей уулу энесин көрүп жайдаңдап күлүп жиберди да, алып жаткаң балкасын таштап жиберип, энесинин этегине жабышып калды. Жамалкан баласын жерден ала коюп, бек кучактап жыттагылады да, аны кайта жерге коё коюп, чоң уулунун мойнун буруп туруп, эки бетинен өптү. Анан китеп окуп отурган сиңдисин өөп:

– Мария кайда?– деди.

Жамалкандын көздөрү жашылданып, жука эриндери былкылдап, бүткүл жаратылышы көпөлөктөй дирилдеп турду. Сиңдиси менен чоң уулу аң-таң болуп, аңырайып карап калышты.

– Мария кайда?– деди Жамалкан кайтадан.

– Мария базарга кеткен,– деди сиңдиси.

Жамалкан эмне үчүндүр ашканага кирип кайра чыкты.Чоң уулу энесин сестейип тиктеп коюп, бирдемелерди чапкылап, тыкылдата берди. Жамалкан сумкасын буфеттин үстүнө ыргытып таштады да, ички үйгө кирип кетип, бетин баскан бойдон керебетке жыгылды. Ийиндери солкулдап, өксүп ыйлай баштады. Каныш акырын эшикти ачып шыкаалап карады. Канyштын астынан өтүп кичинекей уулу ички үйдүн босогосунан өрмөлөп чыгып алып, темтеңдеп керебетке жетип алды да, энесинин көйнөгүнөн тарткылап, «апа, апаа!» деп, ыйлар-ыйламаксан болуп, керебеттин үстүнө чыгалбай, тырмышып жатты. Сиңдиси акырын басып барып, баланы керебетке чыгарып койду. Жамалкан баласын бекем кучактап алып, андан бетер солкулдады.

– Э, эже, эмне болду?– деди сиңдиси Каныш, көз жашы мөлтүлдөп. Тышкы үйдөгү чоң уулу тыкылдатканын, коюп, тыңшагансып, кулагын түрүп калды.

Күйөөсү Жаманкул Иманалиев аскердин кадровой кызматын өтөгөндөрдүн бири болгондуктан, согуш башталгандан кийин бир аз өтпөй эле аскерге кеткен.

Жаманкул кетерде жолдош-жоролорунун баары бирдемелерин, көтөрүп алып, үйгө келишкен. Булардын көбү, бул согуштун эмне экендигин билмек турсун эртеңки болор катуу багытты али ойлой элек немелер эле. «Бизди ким жеңмек эле? Биздин чептерден ким аттай алмак эле?»– дешип, эчтекеден капарсыз немелер дөөкүрсүп, жеңиш, мөрөй бат эле колго тие тургандай көрүп, бир топтору Жаманкулду куттуктап, патриоттук сөздөрдү узун сүйлөп, тост үстүнө тост көтөрүп жатышты. Сүйлөгөңдөрдүн баары Жаманкулдун, анын зайыбы Жамалкандын көңүлүн көтөрүш үчүн (сүйлөп жаткандан чын дили менен) «Бала-чакаңан кам санаба, сенин жогуңду билгизбей, колдон келген камкордугубузду кылабыз» дешсе, кайсы бирөөлөрү тим эле «багып алабыз!» дешти. Муну биринчи баштап айткан эриндери бөлтөк-бөлтөк келип, күлсө жамажайы кулагына жеткен, чекир көз, Жаманкулга эң катташ, эң жакын Аламан болду.

– И, бу Аламан колдойм дегенден кийин болбодубу!– деп, шылдыңдашып жүргөн эң жакын жолдошторуңун бири, кашка баш болуп бараткан, кактооч арык чырай, көзү бакырайган Солтонкул жанындагы зайыбына шыбырап күлдү.

Узатып отургандардын ар кимиси биринин сырын бири билишчү. Зайыбы, эркеги болуп бирин-бири көмүскөдө ушакташып, көрүнөөдө мактап, шек чыгарбай калыша турган. Булардын кайсы бирөөлөрүнүн аялдары же эркектери болсун: «мени баланчадай деп жүрүшкөндүр» деп, ачык айтып да күлүшө турган. Кимдин колунан эмне келерин да билишчү. Бирок азыр ушул дасторкондун үстүндө, булардын ар кимиси өз керт башынын камын ойлоп турса да, согушка бараткан жолдоштун көңүлүн көтөрүш үчүн (кээ бирөөлөр анын көңүлүн көтөрүш үчүн гана!) булар бир заматка өздөрүн унутуп, жолдошко, анын үй-бүлөсүнө эчтеке аябасын (бир жагы милдет катарында) бил-

дириш керек эле; мына ошону көпчүлүгү чын дилдери менен билдирип жатышты. Бирок булар эртең Жаманкулдун үй-бүлөсүнө кандай жардам беришерин, жолдош үчүн эмне иштеп, жолдоштуктун касиеттүү борчун кандай кылып аткарышарын өздөрү да али азыр ачык түшүнө элек болучу. Эртеңки күнү кимдин турмушу, кимдин тагдыры кандай болору да белгисиз эле. Мына ушунун баарын байкап, түшүнүп билип отурган Жаманкул таптакыр башка ой, башка пикирде отурду. Жолдошторунун, алардын зайыптарынын сөзүнө чын ишенип, ал сөздөн төбөсү көккө жетип, жетиналбай, ыйлап коюп чуркап жүргөн Жамалкандын да, жолдошторунун да сырын, алардын ички-сырткысына сын көзү менен карап, кимдин ниети канчалык тууралыгын, баарынан да кимдин сөзү канчалык туруктуу болорун Жаманкул ачык-айкын сезип, ага баа берип отурду. Заматтын ортосунда жолдошторунун баары (зайыбы да), алардын сапаты, кыял-жоругу, адаты, адамкерчилиги, бүткүл сыры, мурун байкалбаган, байкалса да эрен-төрөн этилбеген касиеттеринин баары, ийнесинен жибине чейин дапдайын болуп, Жаманкулдун көз алдына катар тизилип келе берди. Булардын кимиси мындан нары кандай жоруктарды чыгарып, кандай жаңы касиеттер туугузары, өзү, зайыбы, кандай кыйынчылыктарга, кандай капилетке кабылары, не деген пикирлер, не деген санаалар туулушу али алдыда турган белгисиз нерсе эле.

Жаманкул апыртмалуу, алөпкө, чалагайым, бүгүн айткан сөзүн эртең унутуп калуучу алаңгазардан эмес эле, кекирейип бой көтөргөндү да жакшы көрчү эмес. Ал сөздү да, ишти да орду менен сүйлөп (көп сүйлөгөндү жактыра бербеген), баарын таразага тартып, сынай билген, баарын алаканына салып салмактап, оолукма, орунсуз, калп сүйлөгөндөрдү какшык менен өлтүрө шылдың кылуучу. Жаманкулдун көзүнчө жолдоштору опурталды, оозуна келгенди, ойлобой сүйлөштөн чочулаша турган. Калп айтып кутулам дегендерди шерменде кылып, турмуштун күйгүлүктүү акыйкатын күйдүрө сүйлөп, баарын бетке айтчу.

Жаманкул жолдошторун тегерете бир катар карап алды да, акырын ордунан турду. Анын кичинекей чымыр боюна, кара сепкил өңүнө баары тигиле тиктеп калышты.

– Жылуу сөзүңөргө рахмат,– деди Жаманкул жай гана,– бирок... бирок көбүңөр митинга болуп жаткансып сүйлөдүңөр. (Сүйлөбөй отургандар күлүп жиберишти, сүйлөгөндөр аларга кошулуп, аргасыздан күлүштү). Көбүбүз бул согушту түшүнбөйбүз. Союл менен салгылашып-салгылашып тарап кетчүдөй көрөбүз. Душман Москваны бет алып, жакындап келатат. Алыспыз деп ойлобогула. Душман биздин, совет өкмөтүнүн, кыргыздын босогосуна кирип келди. Эми босогоңду аттап өтүп, алкымыңдан алганы турат. Ошондо көрөсүң, же абийириңди сатып күн көрөсүң, же (абийирдүү болсоң) душмандын огуна учасың. Мына ошондуктан биз өзүбүздүн ата мекенибизди коргоого, касиеттүү ата мекенди коргоого милдеттүүбүз. 1916-жылда Кытайга качкан абышкалар бүгүн балдарына ыйлабай туруп батасын берип, согушка, ата мекендик согушка жөнөтүп жатат. Силерге айтар эле сөзүм бул: кыргыздар айткандай, жаман катын, жаш бала бар, ушуларга кээде келип, жалгызсыратпай, көңүлүн көтөрүп коюп жүрсөңөр эле болду, багам-көрөм дегениңерди деле койгула, ар кимиңердин бала-чакаңар бар, аларды таштап коюп менин балдарыма бермек белеңер? Аламанды койчу, ал апкелет, (бул Жаманкулдун Аламанды шылдыңдаганы эле) бирок Солтонкул алып келем десе тиги жанындагы Салиймасы Солтонкулдун бетин тытып, «балдарды ачка өлтүрөсүңбү?» деп, апкелем дегенин колунан жулуп албайбы? Жулуп алса туура кылат. Ошондуктан жанакыңарды койгула. Булардын өз оокаты өзүндө. Жамалкан жакында иштейт. Түйтөңдөгөн ыйлак, көлөкөсүнөн корккон коркунчаак, нары жеңил неме эле, жалгыздыктан эле жабыркап кетпесе оокатын тың эле кылуучу неме. Башка түшсө байтал жорго болот деген бар. Муну Жамалкан түшүнүп, турмуштун олку-солкусун билиши керек. Баарына көнүшү керек. Көнбөскө чарасы да жок. Баякы эркеликти, баякы шалактап капарсыз басып жүрө бермеликти таштап, оокатын кылсын. Жамалканды мына ушуга көнүүгө жардамдаш болушуңарды сурайм. Дагы айтарым: Жамалкан жаш. Али көп немени билбейт. Өзүн да жаш алгамын. Мында Аламан отурат, экөөбүздүн башыбызды өзү кошкон, кошорун кошуп коюп, жаш кызды алдың,

соттотом деп, коркутуп далай арагымды ичпедиби! Азыр деле коркутуп келет, арак берип атып араң кутулам. Эми Жамалканды коркутпай (ой, арагы болсо дале берет!), тасып калганыңар акыл айтып, кеңеш берип турсаңар эле болду. Айтарым ушу...– деп, көп ичпеген. Жаманкул толтура куюлган рюмканы тартып жиберген эле.

## VI

Жамалкан керебетке жатып алып Жаманкулду, анын жолдошторун, өзүнүн теңтуштарын, анын жанакы сөздөрүн эстеп, ыйын басып, тым болду. Көкүрөктө кубанычы да, белгисиз купуя санаа да бугуп жаткан эле.

Эшиктен калдыр-шалдыр этип, узун бойлуу, кактоочунан келген, өңү ачуулуу кишиге окшогон, бирок ак көңүл, бакылдап сүйлөгөн Мария кирип келди. Мария Петровна буларга энесиндей болуп калган няня кемпир болучу. Керебетте сулк жаткан Жамалкан ыргып турду, бирок ыйлап, кызарган көзүн жашыра алган жок.

– Эмне, дагы ыйладыңбы, келесоо?– деди ачууланып, орус тилинде. Мария Петровна кыргызча билчү эмес.

Жамалкан кызарган көзүн күлүңдөтүп, Мария Петровнаны кучактай кетти.

– Мария, милая Мария Петровна! Мени куттукта, мен бүгүн диплом алдым, диплом!– деди.

– Жинди болуп калганбы? Дипломуң эмне?– деди Мария Петровна, түшүнбөй.

– Мен окууну, институтту бүттүм. Мен эми мугалим болом, иштейм, силерди багам!– дей берди.

– Бүтсөң анан эмнесине ыйладың, келесоо? Балдардын да эсин чыгаргансың го? Мамаң ыйладыбы, Алик?– деди Жамалкандын чоң уулу Аскарга.

– Ыйлады,– деди Аскар.

– Куттуктай турган киши жок... Жаманкул болсо... бүгүн той берет болчу.

Жамалкандын көзү кайтадан жашылданып, көзүнүн жашы кылгыра баштады.

– Кайратсыз кишиге айла жок экен го!– деди Мария Петровна сүйлөнүп,– куттуктай турган киши жок имиш! Өзүм куттуктайм! Кел!– деп, Жамалкандын эки бетинен эки өптү.

– Алик, кел, мамаңды куттукта, өп, малыш, Сашка– деп, кичинекейи Сагындыкты жерден көтөрүп алып, энесине жабыштырып турду. Кичинекей Сагындык эчтекеге түшүнбөсө да, булардын сүйүнүп турганына кошо сүйүнүп, өпмөк турсун Жамалкандын мойнуна асылып алды.

– Бая эле ушундай дебейсизби?– деп, сиңдиси Каныш, эжесин өптү, кара тору жалпак бети кыпкызыл болуп, чыңалып кетти.– Жүрөгүбүздү түшүрүп койбодуңузбу!

Мария Петровна Жамалканды дагы кайтадан кучактап, өөп, далыдан нары бир муштады:

– Мындан артык куттуктоо, мындан артык кубаныч болобу? Келүүчү кишилер укпай коймок беле? Келгиси келгендер эртең деле, бүрсүгүнү деле келет, келсе куттуктай турганын көтөрүп келсин. Келгиси келбегендер укса да укмамыш болот. Катя! (анысы Каныш эле). Бар, Саша менен Соняны чакырып кел (алар Солтонкул менен Салийма болучу), өзүм тамак жасап, вино, арак апкелип коём, бүгүн өзүбүз отуруп, өзүбүз куттуктап, өзүбүз кубанабыз. Куттуктай турган кишинин эчкимиси билбесе сени ким куттуктамак эле! Келесоонун сөзүн сүйлөйт. Бар, оокатыңды кыл! Женяга (ал Жаманкул эле) кат жаз. Куттуктай турган ошол. Куттуктай турган киши жок дейт! Сен эмне, биз турганда көчөдөгү элди чакырмак белең?– деди да, ашканага кирип кетип, казанаякты калдыратып калды. Жамалкан уялып, Жаманкулдун баякы сөздөрүн, жазган каттарын кайтадан бир сыйра эстеп чыкты.

Жаманкулдун айткандарынын көпчүлүгү туура келди. Кийин жолдошторунун арасынан согуш майданына кеткендери да болду, бир топтору башка райондорго которулуп, Фрунзеде мурункулардан аз эле киши калды. Бир топтору өзү менен өзү алек болуп, күндөлүк түйшүктөн бошоналбай, Жамалкандын жайынан кабар алышка чамалары келбеди. Ал эми колдоочу Аламаны

болсо андан бетер чоң болуп кетип, баякыдай эркин арак доолашып ичүүгө мүмкүн болбой, анын үстүнө чын эле чолоосу тийбес болду. Зайыбы Апалдын да чоң үйдөн колу бошобой, бирок ошондо да чоло келе калганда бир буту менен болсо да чуркап келип турду. Жолдоштордун арасынан мурункусунан жазбай, кыйышпаган жолдош эле Солтонкул менен Салиймалар болду. Булар басыгын бузган жок.

Гүл көтөрүп, Салийма жалгыз күлүп кирип келди. Жамалкан Жаманкулга тыпылдатып кат жазып, төбөсү көккө жетип, сүйүнүп отурганын айтып түгөтө албай анда-санда жашып кетип, бирок Мария Петровнадан айбыкканынан бекем эрдин тиштеп коюп отурган эле.

– И, диплом алган киши, дипломуң кут болсун!– деди Салийма кирип келип.

Жамалкан каламын коё коюп, Салийманы кучактап калды. Экөө тең кучакташып, жытташып, экөөнүн тең көзүнүн жашы кылгырмак турсун, болбой эле мөлтүлдөп ага берди. Мына мындай куттуктоодо өзүнчө кандайдыр бир санаалаштык, көңүлдөштүк, бири-бирине айтпай, купуя түрдө, алда кимди жоктоп тургандык бар эле.

– Ой жерге кир десе,– деди Салийма бир аздан кийин каткырып күлүп.– Эсибизди чыгарбадыңбы! Каныш барыптыр, эжем ыйлап атат дейт, өзү да ыйлап жүрөт, а көрсө диплом алып ыйлап жүрүшкөн турбайбы, Солтонкул экөөбүз эсибиз ооп эле туруп калыптырбыз. Дипломун кийин айтып жүрөт. Жерге кир, дүрбөлөң салган!– деп, адатынча бакылдап, каткыра берди.

– Мария Петровна, а Мария Петровна!– деп, Салийма чакырды.

– Эмне, кагылайын?– деп, эт кескен колу менен кирип келип, колун коомайлап, көтөрүп турду.

– Мунуңузду эмне тарбиялап алалбадыңыз? Буга кантип чыдап жүрөсүз? Азапка салчу неме тура бул?– деп, Салийма күлө берди.

– Ооба! Азапка салары чын? Кээде торпоктон бетер өкүрөт,– деди Мария Петровна.– Тиги ушунусун койдуруңузчу, кеттим, тыяктагым күйүп кетпесин дагы,– деди да, жорголоп чыгып кетти.

– Дипломду аларым менен үйдү көздөй чуркадым... Келатам келатам, куттуктап колумдан кармап койгон бир киши чыкпады. Жаманкулдун жоктугун ошондо сезип, ошондо билдим. Анан ошондо ызам келип, анан ошондо ыйладым, жолдо келатып да ыйлай бердим. Алдыман бир тааныш киши чыккан жок! Үйгө келип Мария Петровнага диплом алдым десем дилломуң эмне дейт! Андан бетер ыза болуп, андан бетер дүнүйөм тарып кетти,– Жамалкан эми кайтадан ырсактап, күлүп кирди.

– Анан калса ыйлаганың да, ырсактаганың да бат да, байкушум. Бирөө көрсө эмне деди экен! Таанышгандар «Кудай урган экен» деп, таанбагандар таң калып эле калгандыр,– Салийма каткырып салып, күлө берди.

– Солтонкул келген жокпу?

– Солтонкул жыйналышым бар, силер пива ичип тура тургула, мен азыр эле үстүңөргө барам деп кетти. Күн да ысып турат. Андан көрө жүр, барып дипломуңду жууп, пива ичип туралы.

– Мария Петровна да бирдеме жасап, камынып жатат. Өзүм куттуктайм деген, урушатко?– Жамалкан чын эле Мария Петровнадан иймене турган.

– Азыр эле келебиз деп Мария Петровнага айтып кетели. Жүр, кийин,– деди Салийма ордунан туруп.

– Кайда камындыңар?– деди Мария Петровна кирип келип. Бирде озондойт, бирде каткырат! Мындай кеңкелести ким көргөн!

– Мария Петровна, урушпай уруксат бериңиз, азыр эле келебиз,– деп Салийма эбиреп-жебиреп, Мария Петровнанын коюнколтугуна кирип кетти.

– Көзүңөрдү карагыла, шылкылдап басып жүрбөй, эртерек келгиле, тамак быша жаздап калды!– деп, үйдү башкарган эненин каадасынча, кабагын бүркөп, кыйылып, бирок уруксатын берди.

## VII

1941-жылдын 15-ноябрь күнү таңга маал Москванын тегерегиндеги токойлор жымжырт болуп, тунжурап, кызыл карагай-

дын баштары гана желге акырын күүлдөп, акырын ыргалып, кучак жеткис көөдөндөрү акырын кычырап турду. Ак көйнөкчөн келиндей болгон ак кайыңдар, арча карагайлар жайбаракат теңселип, түнт токой мурунку калыбына келип, мурункусундай магдырап, таң атаркы боз закымга оролуп, жаратылыш жай алып тургандай эле. Токойдун тынчы кеткен канаттуулары, айбанаттары, кайтадан тынчып, кайтадан үн алышып, кайтадан эркин учупконуп, ээн-эркин чуркап, кайтадан тилге кирип, кайтадан өздөрүнүн дооранын сүрө баштаган эле. Тынчы жок адамдардын, шойкуну басылып, дүнүйө өзүнүн тынч бешигине кайтадан жатып, жер кайтадан бейпилчилик, ырыс-таалай, сүйүү, кубанычка марып тургандай болчу.

Жаратылыш мына ушул кубанычты эми гана кайтадан сезип, эми гана кайтадан тириле баштаган учурда жоолашкан эки жак, бири кул кылууга чабуул жасап, бири өз эркиндигин коргоп жаткан эки өлкө, бир аз мезгил тынчышкандан кийин, ушул токойдо кайтадан кан төгүп, кайтадан кармашууга камынып, былк этпей аңдышып турган чагы болуп, ушул токойдо Москванын тагдыры чечилмекчи болуп жаткан...

Гитлердин армиясы үч айдын ичинде Москвага жакындап келип, эми бир ычкынуу менен аны алууга камынын турду. Москва, анын тегереги, анык согуш майданы болду: немецтер танк, авиация, артиллерия– бүткүл техниканын күчүнө эсирип, Москваны алышты опоңой көрдү. Гитлер болсо: Кызыл Армия, Армия катарында эсептен чыгып, жок кылынды, анын тозуп кеткен бытыранды бөлүктөрү гана ар кайсы жерде болор-болбос каршылык көрсөтүп жатат. Москванын кулашы бир-эки күндүк иш деп, бүткүл дүнүйөгө ашкере жарыя кылды. Анын генералдары Москванын кызыл аянтында өтө турган парадга камынышып, жер баспай турушту.

Мына ушундай учурда Москваны коргогон дивизиялардын бири болгон 9-гвардиялык дивизиянын бир полку дивизиянын алдыңкы авангарды эле. Полктун позициясында токойду аралап өткөн жолдордун эң чоңу бар болучу, бул жол туптуура Москванын шоссе жолдоруна апара турган чоң кара жолдордун бири эле.

Ошол жолго токойдон төрт атчан киши чыкты. Булардын кийгени жылуу тон, кулакчын, кийиз өтүк, жылуу колкап, жакаларында эч кандай аскер наамынын белгиси жок болучу. Булар акырын сүйлөшүп коюп, Москвадан келаткансып, чоң жол менен келатышты. Токойдо бул төртөөнөн башка жан жоктой эле.

– Кандай дейсиң, майор, душман агын суудай эле каптап келатат, тосуп калабызбы?– деди чоң кара атчан, каралжын өңү жаш, орто бойлуу, чымыр, атка кадап койгондой отурган киши (аны жигит десе деле боло турган эле). Суроо берген 9-гв дивизиянын командири генерал-майор Белобородов, майор болсо полктун командири Кондратенко, жанындагылар алардын адъютанттары болучу. Сарала ат минген майор жооп табалбай, ойлонгонсуп, унчуккан жок. Майордун жообун күтпөстөн, генерал сөзүн уланта берди:

– Биз немецтер менен Смоленскиден баштап сентябрь айынан бери кармашып келатабыз, ошондон бери чегингенибиз чегинген, жашырып эмне кереги бар, чынында, качкансып эле келатабыз,– деди генерал өзү менен өзү сүйлөшкөнсүп, майорго карабай; адъютанттар арттарак эле.– Акыры Москвага келип такалдык!.. Үч айдын ичинде немецтер Москвага жетип келишти. Бул эмне, согушпу, же... Немецтер кутуруп кетти го? Мен түндө генерал Панфиловдо болдум (Генерал Панфилов 8-гв. дивизиянын командири эле), жашы улуу киши эмеспи, мага акыл айтат экен десем, өзү менден жаман кейип отуруптур. «Сен,– дейт,– али жашсың, сен Алыс Күн чыгыштагы полктун баласы болуп өстүң (кайдан билерин билбейм), сен өскөн полк Алыскы Күн чыгыштагы саясий камактагылардан, революционерлерден, жумушчулардан куралган болучу; ошол полк карды ток, кийими бүтүн, курал-жарактан өксү болбогон, акчага чөнтөгү толгон актарды талкалады; суукка тоңуп, курсагы тамакка тойбогон ошол кишилер, ошол полк, жаш Совет республикасын актардан, япондордон аман алып калып, ата-энесиз жетим сени бала кылып багып чоңойтту. Сен жүрүп отуруп ошол полктун командири болдуң. Халхин-Голдо Япондорду жеңдиңер. Анан келип генерал болдуң. Баякы атактуу полк сенин колуңда. Эми гвардеец болдуңар. Кана, айтчы, Октябрь революциясынын колго алып берген

энчисин коргоп калалабызбы, жокпу? Немецтер күчтүү. Алардын колунда самолёт, танк, артиллерия, автомат! Бизде болсо азырынча курал жетишпейт! (Бул жерин генерал ашырып айтты, бизде деле бирдеме бар эмеспи!) Алар кутурбаганда ким кутурат! Бизди тоотуп да койбой, тебелеп-тепсеп, оюнчук көрүп келатышат. Бул эмне деген кордук, я, жаш генерал? Бу мокочого туруштук берип, тишин чага алабызбы, жокпу? Менин дивизиямда, кыргыз, казактар көп, алардын ою кандай болду экен? Кыргызстанда көп иштедим, жакшы эл болчу эле, булар согушту көрө элек, дыр коюп качып беришеби, же өлбөгөн жерде калып беришеби?»– деп, менин бетиме тиктеди. Мен эчтеке айта албай, кысталып турдум.– «Жок, эң оболу өз жоокерлериңди, өз кишилериңди, алардын ичин билиш керек. Билиш менен тим койбой, аларга ишенгидей болуш керек. Ансыз душманды жеңебиз деп мен ишенбейм»– деди деп, жаш генерал Кондратенкого карады. Экөө тиктешип калды.

– Генерал Панфиловду эски тажрыйбалуу командир деп уккамын,– деди майор,– кейип эле тим болдубу же бирдеме айттыбы?

– «Мен өз кишилериме ишенем, алар менен сырдашмын, коңшума да ишенем»,– деди. (Коңшусунун бири Белобородов, Кондратенко болучу).

– Анысына рахмат,– деди майор.

– Рахматка шашпа. Сен өз кишилериңди билесиңби, жопку?– мага ишенкиребей турабы дегендей сездим,– деди генерал.

Майор Кондратенко генералдан жашы улуу болсо да ушу полкто карапайым солдат болуп жүрүп, анан анын командирлигине көтөрүлгөн кишилердин бири эле, эми азыр ошол атактуу полктун командиринин өзү болгондуктан генералдын сөзүнө жооп беришке камынып турду.

– Майор Кондратенко!– деди генерал акырын,– биз, экөөбүз ушул полктон өсүп келатабыз. Айтчы, немецтерди токтото алабызбы, жокпу? Биз экөөбүз жалгыз сүйлөшкөндөн «сен» дешебиз. Чыныңды айтчы, ишенесиңби?– деп, артын карап койду. Адъютанттар тартип сактап, обо-чорокто келатышкан.

– Мүмкүн болсо муну менин кишилеримен сураш керек эле. Менин айтарым белгилүү, бирок...

– Токто, келаткан ким?– деген капыстан үн чыкты. Майор аттын тизгинин тартмак болду эле, генерал бастыра берди.

– Токто! Атам! Пароль!– деди көрүнбөгөн бирөө, затворду тартып.

Бул учурда ак масхалат кийген бирөө жолдун наркы өйүзүнөн чыга калып, атчандарды көздөй чуркады.

– Жолдош генерал, Сизге караган дивизиядагы биринчи батальондун күчөтүлгөн биринчи взводу боевое охранениеде турат. Взводдун командири лейтенант Сулайманов,– деп, лейтенант рапорт берди.

– Иш кандай, лейтенант?

– Жайында!

– Тоңдуңарбы?

– Жок, кызып турабыз.

– Кантип?

– Немец менен мушташканы турабыз.

– Качан?

– Күтүп турабыз.

Генерал болор-болбос жылмайып койду.

– Тиги часовойду бери чык деңиз, лейтенант.

– Бубликов, генералга!

Так жолдун таманындагы арча бутактуу карагайдын түбүнөн ак масхалатчан часовой мылтыкчан чыга калып, мылтыкты шакшук эткизип, ефрейтерче генералга салам берди. Генерал мунун жөн солдат эмес экенин дароо билди.

– Бубликов деген сенсиңби?

– Менмин, жолдош генерал.– Көгөрүп үшүп турган неме сүрдөп, кыпкызыл болуп, тердеп кетти.

– Эмне, мени тааныбайсың?

– Көргөн эмесмин, жолдош генерал.

– А мунучу?– Генерал Кондратенкону көрсөттү. Бубликов майорду карап, башын чайкап:

– Таанибайм,– деди.

– Полктун командири ким?

– Билбейм.

– Качантан бери согуштасың?

– Бир жылы кем бир жумадан бери.

– Сен куудул окшойсуң. Аскер кызматында болдуң беле?

– Болгомун, жолдош генерал. Фин согушуна катышкамын. Жакында өз ыктыярым менен фронтко келдим. Пулемётчик элем, эми мага мобу «союлду» беришти.

Генерал жаны кейип, мыйыгынан дагы күлүмсүрөдү.

– Немецтен коркпойсуңарбы?

– Коркчулардан эмеспиз, жолдош генерал,– деди Бубликов.

– Булар кайта чегинүүдөн коркуп жатышат, жолдош генерал,– деди лейтенант Сулайманов Кыдырбек.

– А, анда эмесе, Бублик, немецтер сенин «союлуңдан» көргүлүктү көрөт экен. Капа болбо, бүгүн колуңа пулемёт да тийип калар,– деди да, окоптогу солдаттар менен дагы бир топ сүйлөшүп туруп, бастырып кетишти.

– Мына, көрдүңбү, Кондратенко, Панфиловдун айтканы туура келди. Биз өз, кишилерибизди начар билебиз. Жанакы жаш лейтенант ким? Кайсы улуттан экен? Сен билесиңби?

Майор жер карап унчуга албады да:

– Мыкты командир, Смоленскиден бери өзүн көрсөтүп келатат ошон үчүн боевое охранениеге Сулаймановду койдук деп, батальондун комиссары айткан эле,– деди.

– Тирүү жигит экен, комиссардын айтканы туура, Бубликти командирликке көтөрүш керек. Көрчү, куралдын... Бирок, ага пулемёт берем. Ушундай оор абалда бизге он беш күн дем алыш беришти, аны биз дурусураак пайдаланбаппыз, майор... Анткени менен немецтерди токтотобуз го дейм, кандай дейсин, майор?– деп, генерал боевой охранение турган жакка бурулуп, анан майорго карады.

– Москвадан нары чегине албайбыз, жолдош генерал,– деди майор.

– И-и, и, туура, Панфилов да ошону айткан,– деди генерал саатын карап.– Майор, сак болгула, тиги сен экөөбүздү жолдон өткөзбөгөн сыяктуу сакчылар көп болсо биз жеңилбейбиз, эсиңизде болсун!– деди генерал майордун бетине жумшак, бирок

сурданып тиктеп. Майор генералдын «сенден» «сизге» өткөнүнө таң калып, бир жагынан тартип эсине түшө калып, жөө, кезиндегидей ат үстүндө типтик боло түшүп:

– Слушаюсь!– деди.

Ошо кезде булардын алдынан дырылдаган мотордун үнү чыкты. Генералдын адъютанты атын теминип, генералдын астына келди да, буйрукка жооп күткөндөй, честь берип туруп калды. Генерал адъютантына бурулбай, дырылдаган мотордун үнү чыккан жакты карап тура берди. «Бул эмне деген камырабаган киши, балким душмандын мотоциклисттери келаткандыр!» деп, генералдын ички оюна түшүнүп көнүп калган адъютант, ичиндегисин тышына айталбай, суукка чыйрыга баштап, чуркагысы келип турган атынын тизгинин жыйнап кармап, дүрбүсүн алды.

– Четке чыгып туруңузчу,– деди адъютант, бирок көнбөсүн билип, генералдын алдына чыгып, калкалап.

Орус кулакчынды баса кийген мотоциклист бурулуштан чыга бергенде адъютант корпустун байланышчысы экенин дароо тааныды.

Али чыйыр түшө элек кар менен малтаңдап, мотоциклист келатты. «Эмне болуп кетти? Кыйын иш бар го?»– деди ичинен генерал, адъютантына карабай.

Мотоциклист жетип келери менен честь берип:

– Жолдош генерал, сизди шашылыш түрдө (генерал дегени корпустун командири эле) чакырып жатат!– деди да, уруксат алып, кайта жөнөдү.

– Жолдош майор!– деди генерал өңү кубулуп.

– Немецтер жымжырт эле болуп калды, каплетте калтырып жүрбөсүн! Биз– Москвабыз! Элдин курсагын жакшылап тойгузуп, камынып туруңуз!– деп, чыйрыгып турган аттын тизгинин коё берди.

Генералдын кооптонушу, анын кээде кейип кеткени себептүү болучу: немецтерди өз үйүбүзгө, Москвага киргизбей, тосуп калалабызбы? дегенди карапайым эл, карапайым солдат, баары, баары ойлоп, башка түшүп турган катуу каргашага баарынын зээни кейип, баарынын жаны ачый турган. Көпчүлүк солдат-

тардын, командирлердин, элдин оозунан бул сөздү генерал далай угуп, далай жолу жети өмүрү жерге кирип, далай жолу корунуп, намыстанып, ичи күйгөн. Жанакы майор Кондратенкого өзү берген суроону башкалар да берген, жогор жакта, ставкада да, ушул суроону жаш генералдын астына койгон. Эгерде Смоленскиден Москваны көздөй бет алган немецтерди кайта чабуул коюп эки ай токтотуп, эки ай тосууга мүмкүн болбосо немецтер Москванын тегерегине алда качан келерин да жакшы биле турган. Камоодон (курчоодон) чыгып келаткан бөлүктөр чоң жолго чыгалбай, кайда болсо немецтерге урунуп, согуш менен өзүнө жол салып отурушту; чыгалбагандарынын көбү партизандык согушка өтүп, ар кайсы токойдо калышты. Гитлердин тозуп кетти дегени мына ушу болучу. Демек, абал чынында оор болчу. Мына ушул кыйынчылык маалында Москванын тегерегине шашылыш түрдө танкага каршы орлор казылып, түрдүү башка чептер курулуп, Москва душман менен өз босогосунда кармашууга камынды. Бул кейиштин кейиши болучу. Бизде техника жагы да татаал эле. Жетишпегендик кайсы жагынан болсо да өзүнүн жылаңач аркасын кыргыздар айткандай, кызылын көрсөтүп турду. Душман сүйүнүп, дос күйүнүп турган мына ушундай каты багыт мезгилде бүткүл совет элинин, бүткүл дүйнөнүн эки көзү дале болсо Москвага тигилип, дале болсо үмүт, адам баласы кандай машакатка түшсө да адамдан ажырабай ээрчий жүргөн үмүт, ак тилек, дале болсо Москвада болду…

16-ноябрда немецтер Москваны карата бет алып, өздөрүнүн жапырт чабуулун баштады. Эки тараптан тең сансыз артиллерия, авиация, танк, миномёттор катышып, эки тарап тең кызыл кыргын согуш салып, эчтемеден аянышкан жок. Немецтер өзүнүн үстөмдүк кылган техникасына таянып, биздин аскерлердин көшөргөн каршылыктарын жай болсо да басып, жапырт кирип келатышты. Каптап кирип келаткан душманды токтотууга эч кандай күч, эч кандай кудурет жетпөчүдөй көрүндү…

– Жолдош лейтенант! Танк келатат окшойт!– деп, сол жактан Бубликов кыйкырды. Анын колунда станковый пулемёт бар эле. Кара түтүн каптап эчтеме көрүнбөй, жер титиреткен

күркүрөк-шаркырактан эчтеме угулбай, жер астын-үстүн болуп турган.

Кыдырбек эки көзүн дүрбүдөн албай, алды жакты карап, окоптун оң жагында турду. ПТО батареясы булардын карамагында болучу.

– ПТОну чакыр!– деди Кыдырбек жанындагы телефонистке.

Телефонист ПТО менен байланышып жатканда төрт чарчы капкара танкалар эки катар болуп, акырын жылып чыгышты.

– ПТО! ПТО! Атпа! Атпа! Жакын келсин! Танкалардын аркасында пехота! Менин командамсыз ок чыгарба!– деди телефондо Кыдырбек. Боевое охранениеде турган ок чыгаруучу куралдардын бардыгы взводдун командиринин ыктыярында болучу.

Узун тумшук замбиректүү танкалар жүрүп келатып бир нечеден снаряд чыгарды да, жүрүшүн ылдамдатты. Жолдун эки бетиндеги туурасынан казылган окоптордо танка менен келаткан пехотаны танкадан ажыратуучу аткычтар, пулемётчиктер жаткан. Танкалардын үстүндөгү душмандын автоматчиктери ок жаадырып, баш көтөртпөйт.

– Огонь по пехоте!– деди Кыдырбек телефон аркылуу алдыдагыларга, танктар жүз метрче калганда.– ПТО! Алдыңкы танктарга, огонь!

Кар, жыгачтан башка эчтеме көрүнбөгөн жерге жан киргенсип, туш-туштан душманга ок жаап, чакчелекей түшүп калды. Душмандын бомбардировщиктери танк менен күрөшүп жаткандар күчөтүлгөн бир гана взвод экенине түшүнбөй, туш келди бомба таштап, взводдун ээлеген ордун жер менен жексен кылгандай болду. Танкалар кайтадан атака жасап, кайтадан өрттөнүп, пехотасы алдыга жылалбай койду. Кыдырбектин взводуна көмөктөш болуп, бүткүл рота, батальон катышып турган эле.

Эртең менен башталган бул согуш кечке чейин тынымсыз жүрүп турду. Эгер душман бул позицияны тебелеп өтсө анда душман полктун күчүн экиге бөлүп, байланышын үзмөк эле. Кечке маал душман кайтадан авиация чакырып, кайтадан көзгө эчтеме көрүнбөй, кымкуут болду да, тирүү жан калбагандыр деген ишеним менен, немецтердин пехотасы кыйкырык салып, типтик өйдө туруп, дагы чабуул коюшту.

– Бублик! Бублик! Эми сенин кезегиң!– деп, Кыдырбек кыйкырды да, өзү жанындагы кол пулемётко отурду (пулемётчик окко учкан эле).

Туштараптын баарын түтүн каптап, капкараңгы болуп турган учурда командир согушту башкарыш керек эле; Кыдырбектин оюна немецтер тепсеп кетет окшойт деген жалган пикир келип, пулемётко өзү отурбаса иш оңолбочудай көрүндү. Командирдин такыр бүтүп калган үнүн укпай калган боецтер делдирей түшүп, каптап келаткан душмандан чыйрыккан сыяктуу. Бубликовдун пулемётундагы кара терге түшүп турган шериги улам Бубликовго карап, окту солгун бере баштады.

– Эмне болуп турасың?– деди Бубликов шеригин жаман сөз менен тилдеп.– Өлтүрөм!

– Өлтүрсөң өлтүр, ансыз деле немецтер өлтүргөнү келатат!– деди, пулемёттун лентасына ок ширете баштап.

Анан акырын Бубликовду түртүп:

– Көмөк келбесе биз кантип буларды токтотмок элек? Жүр, андан көрө артка жылалы, дагы согушуш үчүн жанды сакташ керек, жүр, кетели!– деди. Бубликов анын сөзүн уккан жок, шериги кетенчиктей баштады. Бубликов атуу менен гана алек эле.

– Сен кайда? Кайда!– деди Кыдырбек Бубликовдун шериги, сары сепкил солдатка. Кол пулемётту диска алып чуркап келген солдатка берип, Кыдырбек кайтадан согушту башкарып кирген болучу.

– Мен... мен... лейтенант...– деп, корккон кишинин адатынча каны ичине тартып, алактап кетти тигил солдат. Кыдырбектин, колунда пистолет бар эле.

– Лента, лента!– деди Бубликов, шеригине бурулбай.

– Назад!!!– деди лейтенант пистолет кезеп, өңү бузулуп.

Сары сепкил солдат жалт артына бурулуп, Бубликовго лента бере баштады.

Немецтердин пехотасы, кайта жан киргенсиген окоптон чыккан окко чыдабай, кайта артка дырдыкканда, ошо замат наржактан капкара танкалар чыга калып, жүрүп келатып аткылап, буларды көздөй түптүз бет алды.

Танкка каршы күрөшө турган батареялардын дымы чыкпай калгансыды.

Кыдырбек телефон менен ПТО-ну чакырталбай койду да:

– Гранаты к бою!– деп, буйрук берди.

– Лейтенант, телефонго,– деди телефонист.

Кыдырбек дароо телефонду алды.

– Мен лейтенант Сулайманов! Угуп жатам, жолдош майор! Буйрук бердим. Эми гранаттар менен согушабыз. Жарайт! Жарайт! Маакул! Өлгүчө... душман биздин сөөгүбүздү тепсеп өтсө өтөт, болбосо... Есть!

Телефонду ыргытып жиберди да, белиндеги гранаталарды кармап көрүп, келаткан танкаларды бир заматка карап калды. Оозунан жалын бүркүп, кара крестүү айбаттуу танктар келаткан эле. Кыдырбек ошо замат өзүнүн бала кездеги көктүгүнө кайра келди да, бүт окопту чуркап отуруп кыдырып чыгып, окоптогу тирүү калган солдаттарга акыркы буйруктарды берди. Солдаттар ок чыгарбай, эки колуна эки граната кармап, танкаларды унчукпай күтүп турушту. Канча танк келатканын эч ким санай алган жок. Бир аз мезгилден кийин алды жак капкара болуп, кара топурак асманга көтөрүлүп, карагайлар жыгылып, гранаталар ыргытылып жатты.

Кыдырбек Бубликовдун жанында турган. Бубликовдун шериги өлүүлөрдүн арасында да, тирүүлөрдүн арасында да жок болучу. Пулемёттун калканын жамынып, гранаталарды экөөлөп ыргытып жатышты. Канча убакыт өткөнүн да билишкен жок. Канча танк өрттөнүп, канча танк взводдун чегинен өтүп кеткенин да байкаша албады. Тегерек капкараңгы болду да калды.

Ушул учурда пулемёттун калканына бирдеме күч менен катуу тийди да пулемёттун ордун капкара түтүн каптап калды. Түтүн тараганда пулемёт аңтарылып, Лейтенант менен Бубликов кучакташкансып, окоптун түбүндө сулк жатышкан эле.

## VIII

1941-жылы ноябрь айынын аягында Чотур Фрунзеге келди. Кызы Бермет окуган институт Пржевльск шаарына көчөт имиш

деген кабар айылга да жеткен эле. Анын үстүнө Фрунзеде иштеп жүргөн иниси Тургамбай согушка кеткенден бери кат-кабар жок болуп, санаасы тынбай койду. Нары, Тургамбайдын зайыбы Айдайкан жүдөө неме, жаш балдары менен кантип оокат кылып жатат болду экен, начар болсо айылга жазында көчүрүп кетейин деп, кыштыгына ун-талкан, эт май ала келген. Чотур Айдайкандыкына кечинде келип түштү. Айдайкан эми эле плитасына от жагып, балдардын кечки тамагын берейин деп отурган.

– Пай, пай! пай!– деди Чотур куржунун сүйрөп кирип келип,– бул эмне деген суук! Быйылкы кыш укмуш болот окшойт. И, аман-эсен жатасыңарбы? Эшикте дагы куржун, кап бар. Араң жетпедимби, машина деген толуп жатчу эле, тукуму куруган экен, араба жалдап, тамагыңарды араң жеткирдим,– деп, куржунду бурчка сүйрөп таштап, кайта эшикке чыкты. Оор ичик, чоң тумак, кийиз өтүк кийген Чотур аюуча балпаңдап, куржун, каптарды үйгө ташып болуп, «өх!» деп келип, төргө отурду. Тердеп турган Чотур башынан тумагын алганда устара менен кырдырып, кыргызча жасаткан кара сатин топу кийген башынан булоо чыгып турду.

– И, жатасыңар,– деди Чотур кайтадан ал-жайды сурап.– Тургамбайдан кат жокпу!– бирдемелер менен күймөлүп жүргөн Айдайкан укпай калдыбы, жооп берген жок.

– Келчи бери, Орозо беле?– деп, чачы тармал үрпөйгөн кичинекей кара кызды чакырып, бири төрт, бири алтыдагы эркек балдарды жанына отургузуп, беттеринен өптү.– Атың Орозобу?– деди тармал кызды ичигине катып.

– Лоза,– деди кыз, ичиктин жүнү сайгылап жиберген мойнун ичиктен ала качып, жыйрылып. Айдайкандын чоң уулу Муктар борсулдап күлүп:

– Ата дейм. Орозо эмес, Роза,– деди.

– Таң,– деди Чотур,– кишинин тили келбейт, азыркы балдардын аты да укмуш болуп баратат. Айдайкан, тиги чаар куржундун оозун аччы, боорсок, бышкан эт бар, апкел, балдар жесин, о мурдуңан айланайындар!– деп, Чотур балдарды эркелетип отурду.

Дасторкон жайылып, чай келгенден кийин:

– Тургамбайдан кат жокпу?– деп, Чотур кайтадан сурады. Айдайкан мурдун жанып алып:

– Жок,– деди

– Ой сууктун күчү ай!– деди Чотур чайдан ысык ууртап,– киши дем алалбайт. Согуштагы балдар кантип жүрөт болду экен! Мына мындай жаш балдары барларды албай эле койсо, көрчү, кызыл чиедей болуп отурганын!– деп, Чотур кейиип кетти.

– А, ата, Тургамбай өзү эле элдин баары кетип атса мен каламбы деп, болбой кетпедиби! Көчөгө басып жүргөндөн уялам дечү. Намыстанам деп көргүлүктү көрүп жүргөндүр, мейли, ошону көрсүн, кой, тим эле намыскөй болуп кетет!..– деп, Айдайкан ичи күйгөн кишинин сөзүн сүйлөдү!

«Анысы да чын, Тургамбай шашып барганда эмне кылды? Балдарына эле убал болбодубу... Душманды жалгыз эле Тургамбай токтотмок беле? Бекер кылган. Куру намыс баш жарат деген ошо болот. Бирок барбай койбойт эле го, немис Маскөөгө кирип келатат дейт,минтип отурса жоого аттанбаган киши калбас оу...» деди ичинен Чотур.

– Азыркы балдар ошондой болбодубу, балам, элдин баары эле бирдей эмес, кишинин баары эле Тургамбай болуп калыптырбы, немис келсе экен деп, ичинен тынып жаткандар да бардыр,– деди.

– Ата дейм, апамы сурабай калган турбайымбы, апам демдүү жатабы, оору-сыркоодон тышкарыбы?– деди Айдайкан эми такыр Тургамбайдын кайгысын унутуп. Айдайкан тоголок жетим кыз эле, ошондуктанбы же болбосо буларды жакшы көргөндүктөнбү, иши кылып буларга башкача эркелеп, кызындай болуп калган. Чынында да ичинде кири жок, куулук-шумдукту да билбеген жакшы келин деп, булар Айдайканды жанындай көрүшчү.

– Э балам, Бермет качан келет? Алар Караколго көчө турган болуптурбу?– деди Чотур, эшик жакты карап. Тургамбай согушка кеткенден бери Бермет жеңесиникинде жатып жүргөн.

– Билбейм, көчөбүз деп жүрүшкөнүн бир уктум эле,– деди эчтеке менен иши жок Айдайкан.

Аңгыча эшик ачылып, боз кыроо болуп Бермет кирип келди.

– А, өзү келип калбадыбы!– деди. Берметтин келгенине сүйүнүп кеткен Айдайкан, мурдун тартып, акырын жылмайып.

– А, атам келип калган турбайбы! Сүйүнчү, сүйүнчү! Абаман кат келди, жарадар болуп госпиталда жатыптыр,– деди суукган кып-кызыл болуп келген Бермет, жылуу үйгө киргенде андан бетер эки бети албырып. Апасы согуп берген жүн жоолугун башынан алып, жакасы кара көрпө, ичи пахталуу таза нооту пальтосун чечти.

– И-ий, айнанайын кызыке!– деп, Айдайкан Берметти кучактай жыгылып, солкулдап ыйлап жиберди.

– Оозуңа май, айланайын, оозуңа май! Жарадар болсода аман экен да. Кана, окуп жиберчи!– деп, Чотур сүйүнгөнүнөн эмне кыларын билбей турду.

– Болду эми, кантет? Жеңе дейм, атаман уялсаң болбойбу. Жеңе дейм, жеңе!– деп, мойнуна асылып калган Айдайкандан Бермет бошоно албай жатты. Бермет Тургамбайдын катын окуп. Айдайкан соорунуп болгондон кийин Чотур кызынын маңдайынан өөп, жалына берди.

Эрке өсүп калган Бермет атасын каадасынча кучактап жибере жаздап, араң токтоду. Чотур кызынын жакшы кабар айтып келип, анан так ысык чайдын үстүнөн чыкканына жаны калбай сүйүнүп:

– Кел, ысык чайдан ууртай гой, мына эт, боорсок...

– Оозгу үйгө тыгылып алыпсыңар да,– деди Бермет Айдайкандын илээндилигин кыйытып айтып. Анын ак саргыл сулуу өңү андан бетер нурданып, андан бетер моймолжуп турду.

– Отту эми эле жактым, тиги үй жылыгыча балдарга тамакты ушу жерден берейин деп отургамын, атам да келип калып, отуруп калдык,– деди Айдайкан, өзүн айыптуудай көрүп, актангандай.

– Согуштун кабары кандай болуп жатат кызым, теги бир жакшылык боло турганбы? Маскөөгө кирип келиптир деп жатышат. Биз болсо айылда аскерге жылуу кийим, жардам жыйнап калдык, эмне аскерге жылуу кийим жетишпейби? Аскер көп болуп, өкмөт жетише албай жаткан го дейм?– деди Чотур, чайдан ысык-ысык ууртап:

– Согуштун кабары жакшы; немецтер Москвага кирип келбей эле талкаланып жатат. Иш оңолду. Жылуу кийим менен жардамды шаарда деле жыйнап жатышат. Элден жыйналган жылуу кийимдерди кара жумуштагылар менен партизандарга берет. Кандай, айлыңар тынч жатабы? Апам жакшыбы?

– Апаң жатат, айыл тынч эле...– деди Чотур, үшкүрүп жибере жаздап.– Баякы Сулаймандын Кыдырбегинен согуштамын деген бир кат келип, ошо бойдон кат-кабар жок. Бирөөлөр военкоматка өлдү деген кара кагаз келген экен, военкомат бербей жүрүптүр деп да жүрүшөт. Эчтеме көрө элек жаш бала эле, ата-энелери мөгдөп эле калды...– деди

Бермет бырс күлүп жибере жаздады. Бүгүн агасы Тургамбайдын катынын ичинен бир бүктөм кагаз чыгып, Бермет сүйүнүп кеткен. Бул Кыдырбектин Берметке жазган бир эки ооз каты эле. Экөө бир госпиталда Уфада жатышыптыр. Муну эмне үчүндүр уялып жанарактагы болгон сөздө айтпай койгон болучу. Кайдан жүрүп экөөнүн кошулуп калганына Бермет акылы жетпей, аң-таң болгон.

– Мындай сөздөрдү кайдан угасыңар, ата?– деди Бермет, акырын атасын шылдыңдагансып, мытаамданып астыртадан тиктеп.

– Жел болбой чөп башы кыймылдамак беле,– деди Айдайкан улутунуп,– болсо болгондур, мен да Тургамбайдан чочуйм...

– О, жеңеме жага бербей, каадалуу сөздөн баштап калбадыбы! Тырыңдабай эле кой. Сулаймандын уулу деле аман-эсен госпиталда жатыптыр. Жатканда да Тургамбай абам менен бирге экен, жана айтам деп унутуп калган турбайымбы,– деди кийинки сөздү араң кыстырып.

– Болсун, болсун, айланайын, оозуңа май, кызым. Эми ырас болбодубу! Кадыр түн түшкөндөй, болгон күнү келген экемин, ак жолтой болуп айылга айтып барайын,– деп, Чотур култуңдап сүйүнүп калды.

– Үйүнө да кат баргандыр,– деди Бермет,

– Барса барсын, мен башкача кылып айтып барам,– деди Чотур.

– Экөөнүн бир болуп калганын көрчү, бир туугандай эле болуп калышкандыр,– Чотур кээде ойлонуп кеткенсип, өзүнчө жай

сүйлөй берди.– Буйрук деген кызык болот турбайбы, кээде ойдо жок нерселер боло берет экен го. Экөө эки жакта жүргөн немелердин башы кошулуп калганын кара! Кудаанын кудурети...

Чотурдун бул сөзүндө бир купуя маани бар эле. «Жалгыз кыз – жалама туз»– деп жүргөн Берметтин таалайын ата-энеси көп ойлоно турган. Жалгыз кыздан башка балдары токтобой, баладан көзү катып калган немелердин көзүнө жарык дүнүйөдө ушу кыздан башка эчтеме көрүнүчү эмес. Анын үстүнө «имиш, имиш», «шыбыр-күбүрдөн» чыгып отуруп, Кыдырбек менен Берметтин көңүлү жакын имиш деген сөздү кулак чалган. Цыганча көчүп-конуп, туруксуз жүргөн неме деп, Кыдырбекти жактырбай, бирок буйрук так ошо Кыдырбекке туш кылып коёбу деп, Чотур зайыбы экөө тең ичинен туталанып, күйүп жүрүшкөн, ал эми кат-кабар жок болду дегенден бери кайта түтпөй, Кыдырбектин амандыгын тилеп, мейли, Берметтин көңүлү болсо эле экөөнө нике буюрсун дешип, өздөрүнчө кеңешип жүргөн. Эми иниси Тургамбай менен Кыдырбектин башы кошулуп калганына андан бетер таң калып, андан бетер ичи жылып, балача кубанып, «О мурдунан айлаанайындар!» деп, балдарды кучактап, балдарды эркелете берди.

– Экөө чын эле бир бекен?– деди Чотур, кайталап такып сурап, кубанган кишинин адатынча маңыроолонуп.

– Бир экен,– деди Бермет, негедир кызарып кетип.

– Кайсы жерде экен?

– Уфада.

– Опо дегенибиз кайсы жер болот?

– Башкыр деген эл бар, тили бизге жакын келет, ошол элдин, борбор шаарын Уфа дейт,– деди кызы.

– Ногойлордонго?

– Ногоюбуз кайсы?– деди Бермет түшүнбөй.

– Силер татар дейсиңер,– деп Чотур,– ошолорду кыргыз ногой дейт.

– Бизге тили окшош ногой деген да эл бар,– деди Бермет, атасынын капкайдагы жок нерселерди айтып, санжырачыл боло кеткенине күлкүсү келип.

– Тарап кеткен да. Ногой деген кыргыздын эле уруусу,– деп, Чотур болбой койду.

Атасы менен талашкысы келбей, Бермет сөздү өзгөрттү.

– Ата, андан көрө Тургамбай абама тамак салалы, үйдүн тамагын сагынып калгандыр,– деди Бермет.

– И, муну жакшы айттың, балам, оозуңан айланайын,– деди да кызына жалт бир карап койду. «Кызым Тургамбайды шылтоолоп, Кыдырбекти ойлоп, Кыдырбек жесин деп турат бекен» деп, ичинен нааразы болгонсуду да, угуза:

– Буйрук деген ушул экен го!– деди. Бермет да Кыдырбектен атамдар шек алып жүрбөсүн деп, ичинен кымырылып, уялып турду.

– Айтмакчы, силерди Караколго көчүрөт дегени ыраспы? Көчсөңөр качан көчөсүңөр!– деди Чотур кубанган кишинин карбаласын салып,– апкел куржундарды!

– Бир топтору кеткен, биздин качан кетерибизди билбейм, Жамалкан эже болсо институтту бүтүрөрү менен эле кеткен,– деди Бермет ордунан туруп.– Атамын куржунун чечейинчи, эмнеси бар экен,– деп, күлүп койду.

– Э балам, кудай буюрса куржун чечмей да болор,– деп, жанын сыйпаламыш болуп кызы менен келини жакты карабай, ичигин жамынып, тышка чыкты.

Бермет кулагына чейин кызарып, уялып кетти.

– И-и, кызыке, атаң сени күйөөгө бергени жатса керек,– деди жеңеси кыткылыктап.– Куржун чечмей да болор деп атпайбы?

– Ырсактаба, атам тамаша кыла берет!– деп, куржундарды плитанын жанына сүйрөдү. Чотур суукту тилдеп, эшиктен кирди да:

– Сени кетип калат экен деп, бир топ азык алып келдим эле, ырас кылган экемин, жатып алып өзүңөр жей бергиле, балдарга мобу чучуктан, мобу эттен салалы. Бышырып салабызбы, чийки салабызбы?– деди Чотур. Бир топ кеңешкенден кийин этти бышырып салмай болушту да, жеңеси менен атасы эт салып, Бермет ички үйгө кирип, кат жазууга отурду.

Катка отурар замат Берметтин түрү өзгөрүп, анын ички дүнүйөсү, ички сыры аңтарылып кеткенсиди да, карандашты тиктеп отуруп калды...

Кыдырбек менен абасы Тургамбай экөө тең Берметтин көз алдына келди. Экөө тең жаралуу, экөөнүн тең көңүлү жарым болуп турган чагы... Экөөнө тең жумшак, мээримдүү сөз болушу керек. Мындай сөз мындай учурларда аялдын гана илебинен, аялдын гана жүрөгүнөн чыгышы мүмкүн эле. Абасы Тургамбайга жазылар сөз табылат, бирок Кыдырбекке эмне деп жазат? Бирдеме деп жазыш үчүн кат жазыла турган кишиге кат жазып отурган кишинин белгилүү бир сезими, мамилеси болуш керек го? Берметке Кыдырбек ким? Эмнеси? Булардын ортосунда оозго аларлык же эстеп жүрөрлүк бирдеме барбы, жокпу? Ушу күнгө чейин Бермет Кыдырбектин жамандык гана жагын билип, көрүп, угуп келген, бирок... Бирок, кийинки бир жылчы? Кийинки бир жылдын ичинде Кыдырбек өзүнүн ички сырын ачып, ал сырын өзүнүн тапкан сөзү менен, өзүнүн гана сөзү менен, сулуулабай, көздөбөй айтып келатпады беле? Кийинки госпиталдан жазылган кат гана «от-жалыны» жок, жайлоодогу кагылышуулардан бир ооз да айтылбаган, сый гана бир салам кат болучу. Баарынан да кызык нерсе: Кыдырбектин бир жылдан берки күйүп-бышып жазган каттарынан да ушул кийинки сый жазган каты Берметке чоң таасир этип, ичин күйгүзүп, ардантты. Үзүлүп түшүп кат жазып жүргөн киши кокустан эле сый болуп, араң эле баш ийкеп калса, кайсы гана кызды болбосун, өзү сүйбөсө да, арына келтирери бышык кеп экен го! Болбосо Бермет эмне үчүн арданды? Же болбосо бу кыздын текебериби? Өзүн жогору көрүп, намыстанганыбы? Кыдырбекти салкын узаткан өзү эмес беле? «Келечекти ойлой элекмин, акыл-эсиме кире элекмин» деп, анын үмүтүн да үзгөн өзү эмес беле? Кыскасын айтканда, Кыдырбекти чанып койбоду беле? Бирок Берметте али өзү түшүнө элек көп нерселер бар эле. Кыдырбекти сүйбөсө да (эмнеликтен экенин өзү да түшүнө элек болучу), эмне үчүндүр бир канаты Кыдырбекти көздөй имерилип турганын өзү да байкабай, кабыргасы кайышып турганына өзү да жакшылыктуу түшүнбөй турду. Бул, жаралуу кишиге боору ачыгандык беле, болбосо сүйүүнүн өзү түшүнүп жетелек бир илинчеги беле? Ушул аралаш сезим Берметти кайда жетелеп кетерин өзү түшүнбөй, туманданган ойдун арасында калды. Кыдырбектин оройлугун, бирок ичи кирсиз, мытаамдыгы жокту-

гун, кесе сүйлөгөн курчтугун аз болсо да байкады, шоктугун болсо бала чагынан эле билчү,– мына эми ошол Кыдырбекке эмне деп кат жазыш керек эле? Катты кайсы сезим менен жазыш керек? Сүйүү сезимиби, жолдоштук сезимби, айылдаштык сезимби, тим эле бир жарадар болгон жоокерге боорукердик, күйүмдүүлүк кылган сезимби,– кайсы сезимди?!! Бермет өзү артык көрүп, кайсы сезимге боорун салып, кайсы сезимге Кыдырбекти ыраа көрөт? Калп айтып, өзүн да, Кыдырбекти да кантип алдап кантип кара нээттик кылат? «Жок, жок, жок!– деди Берметтин көкүрөгүнөн чыккан үн,– азыр бирдеме ойлоп убара болуштун кереги жок! Өзүңдү өзүң кыйнагандан башка пайда таппайсың. Кой, саламга салам менен жооп берип, кан күйгөн согуш майданындагы кан төгүп, жериңди, элиңди, сенин абийириңди коргоп, сен сүйбөсөң да сени сүйгөн жигитке, анын жалындуу сүйгөн жүрөгүн урматтап, өзүн мушташып өскөн ак көңүл, ала көөдөн жигитке ичи жылый турган кат жазып, көңүлүн көтөр! Азыр өзүңдүн да эчтемени билелек баёо, ала көөдөн, ак көңүл, маңыроо, жаш бала чагың, али сенин көргөнүңөн көрөлегин көп, анын баары алдыда. Сени сүйүп жүргөн жигитке бет бакпай койгонуң ага жеңил тийди дейсиңби? Бу да сенин оройлугуң. Азыр экөөңөрдүн тең бир бириңе сынтага турган кезиңер эмес. Сенин сыртыңды салып, оройлук кылганыңар денеси жаралуу болгон Кыдырбектин көңүлү, боору жаралуу болуп, сабыры суз кат жазып отурат. Көптөн бери сени ойлоп, көптөн бери «жарабайт го» деп далай каттарды жыртып, далай жиберген каттарына, ичинен чыккан мээримдүү сөздөрүнө «жаман сөз айтып койдум го, ошол катты акмак болуп жаздым го» деп, кайта өкүнүп, уйкусуз түндөрдү өткөзгөн жаш бала баарын, сени, сенин элесиңди бат эле унутуп коймок беле? Жок дегенде сүйгөн кыздын элеси жутунган ажал менен кошо кармашып жанымда жүрсөчү деп, Кыдырбектин арман кыларын билбейсиңби? Жок, сен билбейсиң, азыр аны түшүнүүгө жаштык кыласың, өзүң айткандай, акыл-эсиңе кирелексиң да, али эчтемени көрөлексиң… Анткени турмуштун ачуу тузун татып, башыңан машакат, азапты өткөзө элек эркесиң! Эркесиң! Андан көрө көп ойлоп баш катырбай (азыр ойдун түбүнө да жеталбайсың!), жигиттин сени сүйгөн көңүлүн урматтап, сыйлап, өзүң сүйө албасаң

да (азыр сүйгөндү да билбейсиң!), Ата Журтту коргоп жүргөн жигитке алыстан кайрат берип, караан болуп бер!..»

Өзүнүн көкүрөгүнөн чыккан табышты угуп, Бермет ымшып тердеп кетти да, шыпылдатып кат жаза баштады...

Оозгу үйдөн Айдайкан акырын кирип келип, столду таянып, Берметтин катын окуй баштады Бермет Тургамбайга кат жазып коюп, эми Кыдырбекке жазып жаткан эле. Колу менен Бермет катты баса калды.

– Менден эмнесин жашырасың? Тургамбай үйгө жазбай эмне үчүн сага жазат десе бир билгениңер бар беле?– деп, капкайдагыны ойлоп, көңүлүнө бирдемени ала берчү каадасынча, Айдайкан таарына кетти.

– Тыраңдаба, жеңе, мына Тургамбай абама жазып койдум, окуй бер,– деди Бермет.

– А мунуң кимге?

– Мунум мунума!

– Көп болсо Кыдырбекке жазып жаткандырсың!– деди Айдайкан, кыйкырып бек сүйлөгөн адаты менен.

– Кой дейм, жеңе!– деди Бермет, атасы угуп коёбу деп чочуп.

– Койбойм эле! Жайлоого барганда сүйлөшүп койдуңар беле?– деди, анткен менен акырын, шыбырап.

– Ооба!

– Тиймек болдуң беле?

– Ооба!

Бермет жеңесине өчөшүп, эмне десе баарына: «ооба! ооба!» деп, кыя чапкандай жооп бере берди.

– Атама айтам!– деди Айдайкан катты талашып, тайраңдап Берметке эркелеп (Айдайкан баарына эркелей берчү).

– Тилиңди, жеңе, бурап туруп суурруп алам!– деди катты боору менен басып.

– Э, Айдайкан, мобу балдарга орун салып бербесең үргүлөп бaратат,– деди оозгу үйүнөн Чотур.

Айдайкан чуркап тышкы бөлмөгө чыгып кетти.

Өзү менен өзү кеңешип алгандан кийин, ал уруналек таза, кыйналып да көрөлек тымсак, эми гана муунданып торолуп, жа-

рык дүнүйөгө эми гана баш багып, алыстан элес-булас болуп көрүнгөн тилек, максатка эми гана үмүткөр болуп, көз артып келаткан Бермет, эчтемеге чайналбай, козголуп баратып кайта өз ордуна келди да, ороп алган туман кайтадан тарап, бүркөлгөн асманы кайтадан чайыттай ачылып турду. Өзүнүн да көңүлү оорубай, Кыдырбектин да көңүлүн оорутпай, ичинде аны менен араздашпай жарашып, кайтадан тууган, кайтадан жолдош болгонсуп, баарыдан да: өзүн түбү белгисиз чоочун жолдон кайта өз жолуна түшкөндөй сезип, жаркылдап, кубанып, катты өз эрки менен, каймана сөз табам деп кыйналбай, арам ойсуз, ак нээти менен жаза берди...

Тышкы эшикти бирөө тыкылдатты да, бирок жооп күтпөй, бири узун бойлуу, атчан аскердин узун шинелин кийген, бири жука кийимдүү, жай киши, өздөрү менен аппак бууну ээрчитип, кирип келишти.

– Сен ким элең? И, Жумаалысыңбы?– деди Чотур, булардын саламына алик алгандан кийин, шинелчен Жумаалынын ар жак, бер жагын карап,– ботом, сен качан аскер болуп кеткенсиң? Бирөөңөр кетпей баарыңардын кеткениңерге жол болсун? Бу ким эле? Баягы жылы бир чогуу бардыңар беле? Келгиле, отургула.

– Барганбыз. Качике деген жылаңач баатыр ушул. Эт келгиче аракка тоюп алы-ып, этти карап коюп жыргап ырдап отура берчү эмес беле,– деп, сары чийкил Жумаалы ал-жайды сураштырды. Экөө тең кызуурак эле.

Жумаалы болсо Тургамбайдын катышып жүргөн жакын, коюндаш жолдошторунун бири болучу. Дем алыштарда Тургамбай менен Чотурдукуна жайлоолорго бирге барып, Чотур шаарга келгенде бирге чакырышып жүрүп, өз бала болуп калган эле. Мындайча айтканда Тургамбай экөө дос болучу. Качике да булар менен жолдош жоро болуп, анда-санда булардыкында бирге конок болуп кала турган. Булар Качикени жакшы эле көрүшчү, жолуккан жерде эч кимиси бир биринен чөнтөгүн аяшчу эмес, бирок Качикенин өзү эч бир жолдошу менен чыгышып, туруктуу катышып кеталбаган жигит эле, ошондуктан жолдошторунун көпчүлүгү Качикенин эшик төрүн көргөн эмес, көрсө да ооз толор даам та-

тышалбаган. Ал Качикенин сараңдыгынан эмес, негизи терең себептерден келип чыккан аргасыздык болучу. Ошол себептерден келип отуруп, көпчүлүк жолдошторунун, көзүнө көчөдө бай, өзүнчө болсо үйдө кедей, үйдө болсо «жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок» деген тилди уккан неме эле. Мына бүгүн да Жумаалыны көчөдө көрүп калып, үйүнө барбай, буфеттен конок кылды да, мында келишти. Жумаалы болсо жаңы куралган кыргыз кавалерия полкторунун бириндеги саясы кызматкерлерден эле, алардын полку жакында согушка кете турган болуп, үйбүлөсүнүн оокат-тиричилигине карата жумуштап келген. Тургамбайдан кат келип, эт салалы деп жатканын угуп, кызып турган Жумаалы:

– Бир бөтөлкө аракты да кошо салып койгула!– деп, сары чийкил өңү кыпкызыл болуп, күлдү.

– Чын эле салса болобу?– деди апенди чалыш, алакөөдөн Айдайкан.

– Барбы?

– Тургамбай кетерде алган арактан бирөө турат,– деди, чын эле ишенген Айдайкан.

– Турса апкел!– деди Жумаалы күлүңдөп, Качикеге акырын көзүн кысып.– Тамаша кылам, арак салып эмне кыласың, жолдо сынып калчу болсо тамакты жегис кылып таштайт, апкел бери,– деди да, Айдайкан сунган шишенин оозун колу менен уруп ачып, бир стакан куюп, Чотурга сунду.

– Биздин кымыздан ооз тийип коюңуз,– деди Чотурга тийишип.

– Ичтим, ичтим, айланайындар!– деди Чотур арактын жытынан жийиркенип, карагысы келбей, башын тескери буруп, эки колун тең шилтеп.

– Ме, эмесе, сен баштап кел, кумар болуп тургандырсың,– деп, стаканды Качикеге сунду.

– Сен эле жерип тургандырсың,– деди Качике жылмайып күлүп, жутуп жиберип. Жылмайып күлгөндө Качикенин жылдыздуу өңү андан бетер жылдыздуу болуп, сүйкүмдүү тартып кете турган эле.

– Бу кымызды ичкенден кийин оолугуп кетет экенсиңер, чактап ичсеңер, заман бузулуп турганда, кана, алгыла,– деп, Чотур табактагы бая балдар жеген бышылуу муздак этти жылдырды.

– Мындан ары ичер ичпести ким билет!– деди да Жумаалы толтура стаканды тартып жиберди.

– Антпе, буюрса далай ичерсиңер, эмне, кетип атасыңбы?– деди Чотур, Жумаалыга кооптуу тиктеп. Тургамбайдын жакын жолдошторунун бири согуш майданына кетип баратканына бир жагынан кабыргасы кайышса, экинчи жагынан: «жалгыз эле Тургамбай эмес экен, баары эле кетип аткан окшойт, көпчүлүккө келген иш турбайбы» деп, көңүлү бир топ омоктуу болуп турду.

– Кете турган болдук,– деди Жумаалы.

– А сенчи?– деди Чотур капыстан Качикеге; Качике чукулунан берилген суроого эмне деп айтарын билбей, копшолуп, кыпкызыл болуп кетип, бирдеме демекчи болгондо Жумаалы сөздү жулуп кетип:

– Булар кайда! Булардын бир топ арам терин чыгарып, мылтык кармаганды үйрөтүп туруп апарбаса, согушка жетпей эле жолдо... Согуштун жайын билбеген киши бир өлүмтүгүн арткан жүк да. Анан бу барчу болсо мурдунан суусун агызып, абышкадай болуп шалбырап турар, ой ошондо бир көрүп, күлүп турсам?– деп, Жумаалы ыкшып күлдү.

– Сенчи? Сен эле кыйынсыңбы?– деди Чотур Жумаалыга, Качикени жаман көзү менен карагандай.

– Мен эмне? Мен согуштан мурун эле тарткылыкты тартып, көнүп алгамын, биз деген кадровой армиянын кишиси болобуз. Далай менменсип, жер карабай көккө мурдун көтөргөндөр согушка барбай туруп эле ушу жерде ыйлашпадыбы! Анын үстүнө аскердин жүдөөсү ушу Качикең болор дейм? Капкайдагы жарым жашыңа тең келбеген жаш балдар тартип үйрөтүп, тилдеп турса эне сүтүң оозуңа ошондо татыр, Качике, сен киши болуп, колуңа курал алгыча, балким, согуш да бүтүп калар. Ага чейин арагыңды ичип, бизди да эстеп коюп жүрө бер: биз болсок таалайдан көрдүк!..– деди Жумаалы, мас боло баштап.

– Жок дегенде ал-жайды сураштырар жолдоштору турса да билинбейт беле...– деди Айдайкан, ыйлактап.

– Айдайкан туура айтат,– деди Чотур, аз жерден: – «Атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн» деген макалды айтып жибере жаздап.– Туура кеп. Жакшылыкта ар ким жолдош, дос боло берет, жолдош деп жамандыктагыны айтыш керек. Ким дос, ким кас ошондо билинет. Антсе да ыйлай берген жарабайт. Түп көтөрө жоого аттанат деген ушу болот, балам.

Бирок ыйга жакын Айдайкандын кулагына бул сөздөр кирген жок, шолоктоп ыйлай берди.

– Жаман жорук баштаба, балам!– деди абышка ачуусу келип, үнүн катуулатып. Кагып койбосо күчөп кетерин билген Чотур, ичинен сыздап турса да, сүйлөнүп коё берди:

– Ыйдын да ыйы болот! Эми эле күлүп туруп да ыйлаган киши болобу? Кишинин жаманы ыйга жакын болот. Колуңда чөбүрөгөн жаман чүрпөлөрүң бар, «жаман катын жаш бала» дегендей, баякы Айдайкан кантип жатат болду экен, балдарды багалбай жүдөп, балдарды кууратып атат бекен деп, Тургамбай тыякта жүрүп, согуштун азабын тартпай эле сенин азабыңды тартып жаткандыр балам! Эркек жоодо же тышта болсо, үйдү былк эткизбей кармаган, баш-көз болгон аял болот. Бул илгертеден айтылып келаткан сөз. Аял кайраты жок жаман болсо эркек жоодон келгиче үйдү тоздурат. Кой, балам, кой! Ич, Жумаалы, үйдөн ичип ал! Жоону жеңип, мөөрөйлүү болуп келгиле!..– деди да, Чотур кагынып, ордунан турду.

Кишинин муунун бошоткон ый кошул-ташыл болуп, таптакыр мас болуп калган Жумаалы темтеңдеп барып уктап жаткан балдарды өөп, ыйлап жибере жаздап, буулугуп, коштошмокчу болуп турду. Айдайкан басылбады.

Ушул учурда ички үйдүн эшиги акырын ачылып, бетинин кызылы качып, купкуу болгон Бермет чыкты.

– Бул эмне? Эмне? Бул эмне деген обу жоктук! Жеңе!– деди да, көздү сүзүп сурданып, үйдүн ичиндегилерди бир карап алды. Ошо замат үйдүн ичи жымжырт боло түшүп, Жумаалы селт этип кетти да, дароо соолуга түштү.

– А! Бермет карындашым, сен мында белеӊ! Биз кичине...– деди Жумаалы айтар сөзүн табалбай, ансыз деле манаттай кызарып турган неме андан бетер кызарып, уятын кайда катарын билбей, күлүмүш болуштун ордуна өӊү бырышып-тырышып кетти.

Бермет муӊайым гана жылмайып, Жумаалы, Качикелер менен жайдары амандашты. Баятадан берки кысылыштар бир ирмемдин ичинде жок болуп, үйдүн ичи кайтадан жарык нурга толгонсуп, куту кача түшкөн бул үйгө аз да болсо кайтадан күлкү, тамаша аралады.

## IX

Сулайман Кыдырбекти узатканда кайраттуу узатты. Көз жаш чыгармак турсун, кайта баласына кайрат берип, акыл-насаат сөзүн айткан. Үйдөн чыгарда гана энеси Уулкелди Кыдырбектин мойнуна асылып, үн чыгарбай, куураган эненин түгөнбөгөн мол жашы менен баласынын акырегин жууп, карааны үзүлгөнчө көз жашын арчыбай, карап туруп кала берген эле.

Мына эми Жаркырап-жайнап жаз келди. Сулайман күнү-түнү өзүнүн жардамчы сакмалчылары менен малдын түйшүгүнөн бошобосо да, кайтадан тынчы кетип, кайтадан уйкусун жогото баштады. Кыдырбек биринчи жарадар болордун алдында Сулайман жаман бир түш көрүп, бирок ал түштөн кийин бир ай өтпөй эле баласынан кат келип, сүйүнүп, «түшүӊ менен жерге кир, түшкө капкайдагы немелер кире берет турбайбы!»– деп, түшүн жан кишиге айткан эмес. Немецтер Москвадан чегинип, жакшылыктын жышанасы ачык-айкын көрүнө баштаганда Сулайман «өх!» деп эс алып, балам госпиталдан чыкканча уруш да басылып калар деп, өзүн өзү жооткоткон болучу. Бирок уруш басылган жок, баласы төрт ай госпиталда жатып айыккандан кийин кайта согушка кеткенин айтып, кат жазган. Ошондон бери үч айдан ашып баратат, баласынан кат үзүлдү да калды. Эми кайтадан ошол түшү эсинен кетпей, бажырап сүйлөгөн кайраттуу, өзү да тегерек, ак аралай элек сакалы да тегерек Сулаймандын бакылдаган үнү айыл үстүнөн көп угулбай, өӊү азып, кээде кишини да, сөздү да көп

байкабай, унутчаагына тартып кетти. Көп ойлонуп, жалдырап отура берчү болду. Кыдырбектен кичүү биринин артынан бири ээрчишип, жетилип келаткан төрт бирдей эркек баласы да көзүнө көрүнбөй кеткенсийт. Салмактуу, жай сүйлөп, жай кыймылдаган Уулкелди да кээде жок немеге, түйтөңдөп, ачуусу келип, сүйлөнө берчү болду. Сулайман да, Уулкелди да, ичтен жеп жаткан куртту бир бирине билгизбей, жашырып жапкысы келет, бирок болбой эле бирде болбосо бирде бул курт соймоңдоп, сыртка чыгып, ички жараны болбой ашкере кылат.

– Баянкаматтан барып бир кабар алып же бир кат жазсаңар болбойбу? Кыдырбектен кабар жок эле болуп калды!– дейт Уулкелди, өзүнүн жок немени айтып жатканына жакшы түшүнүп.

– Ой келесоо!– дейт Сулайман кыйын кайраттуу киши болгонсуп.– Сенин балаң той тойлоп жүрүптүрбү? Кан күйгөн согушта жүрөт. Согушта кол тиймек беле? Кудай деп жүрө берсең болбойбу...– деп, өзү акыл айтат да, өзү кудай деп жүрө бербей, ар кайсынын башын бир ойлойт.

Шамал жок, жылуу, кемпир чубак болуп турган мезгил эле. Төшкө койду жайып коюп, сары сойлок чепке тонду жая салып, Сулайман көктү карап жаткан. Оюна ар кайсылар келе берген.

...1916-жыл. Ак падышага аскер бербейбиз деп, Чүй, Ысык-Көл, Кочкор өрөөнүндөгү кыргыздар көтөрүлүш чытарды, Сулаймандын ошондо солкулдаган жигит кези эле. Аскерге бара тургандардын тизмесине Сулайман да кирген. Кыл куйрук деген тору ат минип, шуушаң аштаган найза кармап, кыйкырык салып жүргөндөрдүн арасында Сулайман ири алды болгон. Кемин менен Алматыга алып бараткан жаракты колго түшүргөндөрдүн бири да Сулайман болучу. Оттой күйүп турган жигиттер, эски мергендер беш атар менен куралданып, кууп келаткан солдаттарды тосуп, далай уруш салганда да Сулайман ири алдыда жүрүп, текести көздөй качып бараткан көчтү узатышкан. Эми Совет өкмөтү чыгып, баласы командир болду, элди, ушул өкмөттү коргоп, баласы өзү окшоп ири алдыда жүрөт. Ар ким өз заманынын кишиси болот экен го! Азыркылардын согушу кандай болду экен? Биздики тим эле бир баланын оюнундай

кеп болгон турбайбы! Булардын замбиреги, самолоту бар... Бул согуш киши соо калчу согуш эмес ко...

Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү too болду.
Муруттарын шыйпайтып,
Эр өлүгү too болду...–

деген Манастагы кызыл кыргынды көргөндө Сулаймандын көзү караңгылап, оң жамбашына бурулуп жатты. «Шумдугуң кургур!» деп, таң калып жатты да, заматта көзү илинип кетти.

...Өзү бир көк ала майдан көк шиберде кадимкисиндей кой жайып жаткан экен. Күн чайыттай ачык. Аптап жаркырап тийип, көк шибер көйкөлүп турат. Мына ушундай күн ачык учурда алда кайдан алакандай кара булут пайда болот да, капысынан кар бороон жүрүп, асман менен жер көрүнбөй, уйгу-туйгу түшүп кетет. Кой чуркурап, ит улуп, анан заматтын ичинде баары көздөн кайым болуп, үй да жок, кой да жок, капкараңгы түн түшөт. Заматтын ичинде машакат, капкара каргашанын ичинде калган Сулайман, эси чыгып алаңдап, куюгуп кеткен коюн издеп, туш, келди жакка чуркай берди. Ошо замат алда кайдан сырдуу үн чыгып:

– Эй, Сулайман! Сенин көргөнүңөн көрөлегиң көп! Кой издейм деп кор болосуң, кайт артыңа, кайт!– деди. Бул ачуу үн Сулаймандын кулагына чагылгандын огундай тийди. Сулаймандын андан бетер жүрөгү түшүп: «Менин көзүмө сыр көрүнүп турабы, сыр?» деп, кудайга жалынып, андан бетер башы оогон жакка чуркай берди. Бир кезде күн кичине ачылды, караса алды зындан бир бийик жарга келип калган экен. Койлору ийрилип жарга камалып туруптур. Бир үйүр карышкыр койду камап, четинен жарып жүргөн экен. Иттери карышкыр менен кармашып, үзүлгөн эттери менен кошо салаңдап, бир жакта жүрсө, көк таяк менен койгулап, башын таңган бир жигит жүрөт; карышкырдын тиши тийбеген жери калбай, жигит кансырап, шайманы кетип бараткан экен. Сулайман жар ылдый зынданга кулап отуруп, эми шап бычагын сууруп, эми карышкырдын бирине жетейин дегенде:

– Эй, Сулайман! Сенин көргөнүдөн көрөэлегиң көп! Карышкыр менен кармашпа, өзүң келип ажалыңа жармашпа! Кайт артыңа, кайт!– деп, баякы үн дагы чыкты, Ошо замат Сулайман тиги жигитке караса... баласы Кыдырбек имиш! Сулайман: -«Балам!» деди да, ойгонуп кетти. Сулайман ошондо ордунан ыргып туруп, көзүн ушалап эки жагын-каранган. Жүрөгү лакылдап, бүткөн бою кара терге түшүп, калчылдап калган экен. Койлору жуушап, иттери талпагын күнгө жайып, уктап жатканын көрүп, ичинен тынып, тим болгон. Бирок бир ай өтпөй почточу кара Мамбет жакшылык кабардын катын апкелгенде почточуга мол сүйүнчү берип, көргөн түшүн баласынын жарадар болгонуна жоруп, кудуңдап сүйүнүп калган. Анын үстүнө Сулаймандын көргөн түшү так өзүнүн бала кездеги уккан, «Бадөөлөт» деген жомокко окшочу, ал жомокто да «Э, Бадөөлөт, сенин көргөнүңөн көрөлегиң көп!» деп, алда кайдан сырдуу үндөр чыгып, нечен түрдүү укмуштар болчу эле.

Мына эми ошондогу көргөн түш Сулаймаңдын жүрөгүн кайтадан өйүй баштады. «Түшүң менен жерге кир! Бала чакта «Бадөөлөт» деген жомок угуп, нечен түнү энемин койнуна жатып, түшүмөн чочуп кыйкырган экемин, эми карыганда да ошо жомок түшүмө кире береби? Жомок кеткей эле»– деп, бул түштөн кутула албай, Сулайман тымызындан коркот.

Сулайман күндөгүсүндөй каш карайганда койду таш короого айдап келди. Таш короонун четинде байланып турган чоочун эки атты көрүп, булардын ким экенин Уулкелдиден сурады. Уулкелди: «Молдокем бир киши менен келди»– деди. Сулайман сүйүнүп кетти. Мындай санаркап жүргөн кезде кишинин келгени, анын үстүнө самаган кишинин келгени жакшы эле болот эмеспи.

Сулайман үйгө киргенде эки киши акча санап отурушкан экен. Салам айтышыш, аманчылыкты сурашкандан кийин, Сулайман таң калып күлүп:

– Бу сиз, Молдоке, Анжыянга барып, булдап келген окшойсуз? Кайсыяктан кайда жол тартып баратасыз?– деди.

Молдоке дегени түбү Кеминдик, бирок кийин Чүйдө туруп калган Молдоыбырайым деген нары тууган, нары сыйлаган ак-

сакал киши эле, катын, эркек дебей баары Молдоке дешчү, жанындагысын тааныган жок.

– Кана, канча болду, эсебин кагазга чыгарчы, Садык мырза,– деди Молдоыбырайым, Сулаймандын тамашасына жооп бербей.

– Азыркы менин эсебим боюнча жыйырма беш миң болуптур,– деди Садык.

– Туура эмес, кагазыңды такта, эсепчи эмессиңби, мендеги акчаны кошкондо көбүрөөк болуш керек,– деди Молдоке.– Селбик жыйнап жүрөбүз, Сулайман баатыр, селбик, селбикти билесиңби?

– И, билчү элем, боз үй жасап, там салып жатасызбы? Илгери жүн сурап келчү эле…

– Эмесе биздики да ошондой кеп. Аскердин жетишпегенин толтуралы деп, селбик, жардам жыйнап жүрөбүз. Комсомолдор жыйнаган акчадан абышка-кемпир биздики да оңой болгон жок, эл кантсин, ак тилек кылып, эчтемесин аябайт турбайбы… Кана, сен эмне бересиң?– деди Молдоке.

– Мен баламды бердим, болбодубу?– деди Сулайман, же оюну, же чыны экенин билинбей.

– Балаңды жеке сен берипсиңби? Баламды бердим деп… Бала эмес чалдар кетип атса… колко кылгансып...– деп, Молдоке акчаны жоолукка түйүп, алдына койду.

– Колко эмес, жыйнаган акчаңар балдарга жетмек беле, өзүңөр же, калганын жолдогу көрүнгөн бирөөлөр жеп жок болот да,– деп, Сулайман күлдү, бирок тизмеге миң сом жаздырды.

Уулкелди үйгө от жагып, казан асты.

– Напси бузуктар толуп атпайбы, эки балам согушта жүрсө, мен эмнени жемек элем, тамагыман кантип өтсүн. Көптөн бери балдардан кат-кабар жок, абышка-кемпир экөөбүз жүдөп калдык. Кемпир стаканчы болуп атты эле, адагы кээде наалый берчү болду. «Кара кагаз» дегени да бирин сериндеп келе баштады…– деди Молдоке, кейигенсип.

– Кудай ошондон сактасын,– деди Сулайман, катуу үшкүрүп. Баякы түшү дагы эсине түшүп, жүрөгү кысылды, «Түшүмдү Молдокеге айтсамбы, жокпу? Айтканда эмне кылам? Карышкыр – душман, балаң душман менен кармашып жүрбөйбү,

көргөнүңөң көрө элегиң көп дегени– ал душмандын сүрү, дагы далай кейиште болорсуң,– деп тим болор!» деди да, түшүн Молдокени ээндетип туруп айтыштан тартынды.

Аттын дүбүртү угулуп, короодогу иттер авалап үрүп калды.

– Итиңерден тоскула!– деди бирөө.

– Молдош ко, караңгыда башкарма эмне кылып жүрөт?– деди да, Сулайман тебетейин кийип, эшикке чыкты. Келгендер Молдош башкарма, мал догдур Сарыгул, кой фермасынын башчысы Сарт, жылкы башчысы Чотур экен. Булар саламдашып үйгө кирип отургандан кийин, Сулайман таң калып:

– Түн катып эмне кылып жүрөсүңөр? Теги жакшылыкпы?– деди чочулап. Кыдырбектен кат үзүлгөндөн бери беймаалда киши келсе эле Сулайман чочуй берчү болгон эле.

– Жакшылык бай, жакшылык,– деди кырктардагы сары сакал Молдош башкарма. Сулайман оокаттуу, нары колхоздун коюн кайтаргандыктан эл аны тамашалап, бай дешчү.– Кандай, Молдоке, көп акча жыйылдыбы? Элди теги чогултуп бердим, анан калса сүйлөгөндө элди ыйлата сүйлөйт экенсиз. Сулайман байды да жашытып туруп бир козусун бөктөрүп кетейин деп келген окшойсуз,– деп, башкарма каткырып күлдү.

– Берсе Сулайман өз козусунан бирди берер, тууган ортосунда боло берет, болсо берген жакшы, бирок менин өз оокатым өзүмдө, бирөөнүн көзүн карай элекмин, кудай каратпай эле койсун. Мына бу силерден корком: согуштун капшаары менен көпчүлүктүн малын арагына, ысылыгына деп жатып түгөтөсүңөр го дейм. Мен болсо арак ичпейм, элдин убалынан корком, силер эмнеден коркосуңар? Элдин көз жашынан да коркпойсуңар, мен эмне, мен сүйлөгөндө элдин өзүнүн кебин сүйлөйм, элдин ичиндегисин айтам, силер болсо курсагыңар ток болуп, эчтеке менен ишиңер жок болуп жатпайсыңарбы, согушка барсаңар көрөр элем!– деди Молдоыбырайым терикпей, тамашалап.

– Таап айттыңыз, Молдоке, таап айттыңыз, билбейм, башкарма канча жардам берди экен, мен балдарга жардам болсун деп миң сом бергенимди да айтып койсоңуз,– деди Сулайман, тамашаны күчөтүп.

– Башкарма жыйылыш чакырып коюп бастырып кеткен, бере турганын чөнтөгүнө сала келгендир. Чотур да келип калыптыр, Сарт турат, мобу балам ким?– деп Сарыгулду көргөздү.

– Сарыгул деген мал догдур ушу,– деди Сулайман.

– Мал догдур болсо, анык малды кырчунун бири так ушул экен эмесе, акт жазып жеше берет экен, биздин калкозго да мал догдур барды дегиче мал боо түшүп калчу болду,– деди Молдоке, күлүп да койбой.

– И, ушуну укмаксыңар, айтса-айтпаса төгүнбү, булар келгенде бир койдун мойну үзүлмөйүн болбойт,– деди Сулайман.

– Молдокем ушунтип күйгүзө сүйлөйт,– деди Чотур, ичинен кыбасы канып.

– Сен булардан кем калбайсың, курсагыңда далай жылкы кишинеп тургандыр,– деди Молдоке. Чотур баштап, баары күлүп калышты.

– Мени тааныбайсызбы, Молдоке?– деди Сарыгул кыпкызыл болуп, аргасыз күлүп.

– Жок,– деди Молдоке,– тааныбайм, мал догдур дегенден таанышым жок.

– Молдокем өзүнүн тууганын да кээде тааныбай калат, силердин жаныңардагы эле Жамакенин баласы эмеспи,– деди Сулайман,– теги Жамакени тааныйсызбы?

– Баякы Кыдырбек менен бирге окуган Жамакенин баласыбы?– Молдоке Сарыгулга тигилип карады.– И, мышмыйган арам, Жамакенин баласымын де, кичинекейинде Кыдырбек экөө келип жүрүшчү, Кыдырбек болсо согушка кеткенде да учурашпай кете бериптир. Жакшы, жакшы.

Молдош каткырып күлүп:

– Жарайт Молдокем, ушунтип бетке айткан жакшы болот, бир топ күлүп албадыкпы. Бирок элдик борч – ыйык борч, Молдоке, ага кара санаган киши эки болбойт,– деди да, өзүнүн эмне үчүн келгенин сүйлөй баштады.

– Сулайман бай,– деди Молдош,– Майданга жүз ирик камда, Чотур аскерге деген жылкыдан элүү ат кармап отурат, эки-үч күндө Фрунзеге айдатабыз. Киши жибергемин. Киши деле тар-

тыш, улам эле кетип атышат, эгинде жалаң эле катын-калач болот окшоп калды; ким билет, биз да кетип калабызбы, ал эми ушуйдай кыйын учурда көпчүлүктүн мүлкүнө кол салгандардын колу сынат, муну билип коюш керек. Мында Сарыгул турат, баарыбыз турабыз, кыянат кылганыбыз элдин каргышына калабыз, Молдокем азыр эле айтып отурбайбы, баары бир эл билбей койбойт. Чүй кандай, Молдоке?– деп, Молдоыбырайымга карады.

– Баары бир, «май кармаган бармагын жалайт» боло берет... Биздин Чүйдө болсо аскерге жапырт эле кетип атышат. Ошону көрүп туруп ичи бузук душман эле карасанабаса ким карасанасын! Бирок «бирөө өлүп атса, бирөө күйүп атат» деген да бар эмеспи. Мындай учурда напси бузулгандар чыкпай койбойт. Чүй кантсин, аштыкты берип атат, эл жапа тырмак эле иште.

– Анысын билбейм,– деди баятан бери сөзгө катышпай, өз оокатын кылып жүргөн Уулкелди,– анысын билбейм, мал болгон жерде өлбөй койбойт экен, быйыл мал былтыркы чөптүн коору менен кыштан араң чыкты, ал чөптү да көбүнчө өз күчүбүз менен, мобу абышка эле камдаган; эми согуш минтип турса, эркек аз болсо, күнгөйгө кантип малды кыштатмак элек. Кырылып калабы деп корком...

Уулкелдинин сөзүнөн кийин отургандар унчукпай калышты. Ортого жымжырттык түшүп, ысыгы күчтүү, жыты буркураган арча отундун гана чатырап күйүп жатканы, казандын бορкулдап кайнаганы угулуп турду.

– Кеп ошондо болуп жатпайбы, Уулкан жеңе (бир топтор ушундай дешчү),– деди Молдош жымжырттыкты жиреп,– кеп ошондо болуп жатпайбы! Колдогу күч менен чымыркаңып иштебесек болбойт, шалдайдык дегиче баш-аякты жыйнай албай, чачылып жок болобуз; бир-эки киши берейин, быйылкы чөбүңөрдү дагы өзүңөр камдагыла. Башка айла жок, башка айла жок!– деди.

Сарыгулдун Молдош башкарган колхоз менен, ал колхоздун жылкы башы болуп жүргөн жылкычысы Чотур менен, анын үйү менен кийинки кездерден бери жакын болуп кеткенинин себеби Бермет болучу. Берметти былтыркы жайда жайлоодон көргөндөн бери (аны мурун деле көрүп жүргөн) Сарыгулга жаңы

ой туулду. Наркы-беркини көп ойлоп отурбай, өз оюн бат ишке ашырууга аракет кылып, максатына бат жеткенди жакшы көргөн Сарыгул, бир жагынан өзүн аскерге алгыс кылып бекемдеп алды да, экинчиден, өз оюн жүзөгө ашырууга киришти. Аялы тун баласын төрөгөндөн кийин эле оорукчалыраак болуп калган эле. Ошондуктан күнү-түнү үйгө жолобой, талаалап жүргөн Сарыгулга бу катындан кутулуш керек эле. Андан кутулуш деле Сарыгул үчүн опоңой иш. Төркүнүнө апарып коёт да, аркасынан «дүнүйөсүн» жеткиртип берет. Аны да өзү менен бирге жеп, бирге ичип жүргөн закон кызматчылары менен сүйлөшүп койгон. Анан зайыбы кетер замат Берметке үйлөнүш керек. Сарыгул үчүн да а деле опоңой иш. Кыздын ата-энесин колго алыш керек, андан кийин кызга качырып тийиш керек, ата-энеси макул болсо кыз кайда бармак эле? Сарыгул бул оюн өзү менен өзү кеңешип туруп жактырды да өзүнө өзү ыраазы болуп, «ойчул ойлоп отургуча, тобокелчи суу кечет» дегендей, турмуштун чоң суусун карай бет алды. Биринчи кадам – кандай да болсо бир шылтоо таап, Пржевальскиге барып, Бермет менен сүйлөшүп, анын тамырын тартып көрүш керек эле. Андан кийинкиси өз жолу менен кете бермек. Ошондуктан көп шылтоонун бирин таап, райондон командировка алып, Пржевальскиге жөнөп бараткан. Ал эми Берметке жолугуштун шылтоосу Берметтин ата-энеси «каттаган» кишиден берип жибере турган аш-тамагы болуш керек эле. Мына малчыларга келгендин негизги, баш себеби ошо болучу.

– Чотур аба,– деди Сарыгул эртеси малды карап бүткөндөн кийин жөнөп баратып, мурун Чотурду «аба» деген сөз Сарыгулдун оозунан чыгып көргөн эмес.– Чотур аба, мен Караколго жолоочулап баратам, апама айтып коюңуз. (Чотурдун зайыбы Канышайымды Сарыгул «апа» түгүл «жеңе» дечү эмес), апам бирдемеси болсо камдап койсун, жолум бурулуш, чолом да жок эле, ошондо да жолуга келейин,– деди.

Эчтекеден кабарсыз Чотур жан-алы калбай кубанып:

– Ырас болбодубу ырас болбодубу, ата айнанайын– дей берди Анын эмне үчүн эле «аба», «апа» деп калганын да этибарга алган жок. Эки бетинен кан тамчылап, чытырап турган жаш жигиттин

көзүнө эчтеме көрүнбөй, кайда барса эт, спирт болуп, саймедиреп көөп турган кези эле. Колунан да, оозуңан да иш келет дешип, кишинин ичи-койнуна кирип, жыландын тили менен арбаган мындай шылуун жигиттерди жакшы көрчүлөр эркектен да, аялдардан да көп чыгат. Качан болсо андайлар кишиге бир эле жолукканда жагып, андай жигиттерди «эр» дешип, үй-бүлөсүнөн көрө тыштагылар кадыр кылышат. Сулаймандыкына келген түнү Сарыгул жанындага спирттен (малдын спиртинен) Молдошко кантип уртатарын билбей, «какшаган» абышкадан эмес, эртеңки күнү кайната боло турган Чотурдан ийменип, Сарыгул Молдошту тышка алып чыгып, ошо жактан ичип келишкен. Бир аздан кийин шалактап сүйлөй баштаганда кызып калган Молдоыбырайым сезе коюп:– силер эмне, мал дарыдан ичип алдыңарбы?– деп, мал догдур менен башкармага күлгөн (Мал дарысы спирт болучу. Бул мал дарынын наркы согуштан кийин абдан көтөрүлүп, ал дары колунда барлардын баркы өтө жогорулай баштаган эле).

## X

– Жамалкандын күйөөсүнөн кат-кабар барбы, Молдоке?– деди Уулкелди, Молдоыбырайымга эртең менен чай куюп берип отуруп. Сулайман болсо төш жакта келген чоңдор менен мал көрүп жүрүшкөн.

– Кат-кабардын бар-жогун билалбадым, Жамалканга эле жазып жатпаса,– Молдоыбырайым да өзүнүн балдарынан бир топтон бери кабар келбегенинен чочуп, бул сөздү козгогондон тайсалдап жүргөн. Бирок баарын, бүткүл болуп жаткан кыймылдын баарын тагдыр-буйруктан көргөнбү киши баарын тагдыр-буйрукка сала бергендиктен кайраттуу сезе турган, Далай балдары өлгөндө да ичинен сызганы менен көзүнөн жаш чыгарып көргөн киши эмес болучу.

– Жакын арада Жамалканга барып келсемби деп турам,– деди Молдоке сүттөгөн чайга сары май салып, нан туурап.– Балдары менен жүдөп, тамак-аштан өксүп калдыбы, ичим түтпөй турат. Кыдырбектен баякыдан бери кат келелекпи?

– Келелек, айланайын Молдоке, аман эле болгой эле. Сулайман араң эле жүрөт, калп эле кайрат кылымыш болот, билип жүрөм, араң эле жүрөт. Чоң апасы зыркырап, балдар менен тыякта.

– Баарыбыз эле ошондой эмеспизби, анын эмнесин айтасың? Андан көрө жакшы тилек кылып, оокат кылыш керек,– деди Молдоке, сөздү ылдам бүтүрүш үчүн.

Уулкелди унчукпай калды да, кайта сүйлөдү:

– Э, Молдоке, сиз Караколго качан барасыз?

– Мабу акчаны тапшырып берип эле сурансам деп турам.

– Жамалкандын балдарына бирдеме берип жиберейин,– деди Уулкелди өзү түшүнүп жетелек ичиндеги бир күмөндөр сөзүн айткысы келип. Бул күмөндөр ой көптөн бери Уулкелдинин көкүрөгүн өйүп, көптөн бери купуя сакталып жүргөн. Бирок бул сөздү Уулкелди башка жагына чаргытып, аялдардын аярдыгына салып, сактанып сүйлөдү.

– Чотурдун кызы Берметти го чоңойгону көргөн эместирсиз, Молдоке?

– Көргөмүн, Жамалкандыкына Брунзага барганда былтыр деле көргөмүн.

– Жамалкандан сурап көрбөйсүзбү, Кыдырбектен Бермет бирдеме билип жүрбөсүн?– деди Уулкелди, бирөө угуп койчудай, акырын.

– Аний?– деди Молдоыбырайым чочуп кетип, таң калып, Уулкелдини кичинекей көздөрү менен тигиле карап– Аний?– Бермет силердин келиниңер беле?

– Кайдан келинибиз болсун, Молдоке, тим эле айла жоктон айткан кеп да. Чотурдун иниси Тургамбай экөө былтыр госпиталда бирге жатканда Тургамбайдын катына кошуп Берметке да салам кат жазган экен. Дагы ошондойбу дейм да,– деди Уулкелди калп эле маңыроолонумуш болуп. Чынында Кыдырбек менен Бермет экөө келечекти сүйлөшүп, кат жазышып жүрөбү, кат жазышса экөөнүн көңүлү жакын болуп, баш кошкону жүрөт болду бекен, андай болсо Берметти өз боорума тартып алып, шайтандын азгырыгынан сактап, кызды келинимдей көрүп жүрөйүн деп, дагы толуп жаткан башка ойлорду ойлоп, Жамалкан аркылуу Берметтин сырын чегип сурата-

йын деп турган эле. Ал эми Бермет менен кеби бутүп калган болсо, бизди аттап барып колуктусуна кат жазып калып жүрбөсүн деген да күмөнү бар эле. Муну ойлогондо ичи күйүп, күнүлөп да кетчү (бирок ошо замат кудайга күнөкөр болбоюн деп, тооба кыла турган).

– Силерге жазбай туруп сүйлөшкөн кызына да жазчу беле? Анда баякы эле... жинди бойдон го?– деп, Молдоыбырайым кыт-кыт күлдү. кочкор тумшук мурдунун үстүн тырмалап.– Капырай, ушундай да кыйшык ойлогон киши болобу! Андан көрө Кыдырбек сүйлөшкөн кызы менен кат жазышып, бизге кат жазганга колу тийбей калды дебейсиңби?

– Таң, айланайын Молдоке, теги бир айткан кеп да,– деди Уулкелди, сыр алдырып койгонун мойнуна албаса да, уялып кетип, айласыздан күлүп.

– Эмне, Кыдырбекти Берметке күйөөлөткөнү жүрдүңөр беле?

– Биз кайдан билели, балдар өзү билбесе, илгерки заман беле...– деди Уулкелди чынын айтпай. Ичиндеги ымандай сыры эгер Кыдырбек Бермет менен келишип сүйлөшө элек болсо кызга сырга салбасам да, ээлеп алсамбы деп жүргөн. Ошондуктан Жамалкандын балдарына берейин деген оокаты Берметке берейин дегени болучу. Андыктан акырын кыйытып:

– Жамалканга мобу майды, мобу чучукту бердим, мобу майдан Берметке да кичине ооз тийгизип койсун. Кара курсак болуп калган немелер кыздары менен тоюп алышсын,– деди, бере турган оокаттарын баштыкка салып.

– Чотурдун кызын келин кылып алайын деп жүргөн экенсиң, калп эле ар кайсыны айтканың менен билинип калды,– деди Молдоыбырайым, кетүүгө камынып.

– Буйруктан да, Молдоке, Кыдырбек аман-эсен келип, Берметтей бирөө келиним болгонго не жетсин, теги Бермет керилген сонун кыз болуптур, заман бузулуп турганда жаман жолго эле түшүп кетпесе... Сулаймандын да келер маалы болду, күтүп туруңуз,– деди Уулкелди, ичинен батыраак эле кете берсе экен, күйөөм келгенде да сырымды айтып салып, күлкү кылабы деп, чочуп.

– Жок, кетем,– деди Молдоке, шашмасы кармап,– кечеки кишим тиги айылда күтүп калды, эртерээк тиги айылдагы жу-

мушумду бүтүрүп, жол тартышым керек. И-и, бутум, карыганда кишини буттан алат окшойт!– деп, Молдоыбырайым чепкенин кийип, камчы, баштыгын алып, тышка чыкты да, токулуу турган атты карай басты. Төш жактан Сулайман желдирип келаткан эле. Адатынча алыстан эле кыйкырды:

– Молдоке, кетип атасызбы? Шашмаңыз кармаган экен! О Токто!– Молдоыбырайым Уулкелди берген баштыкты канжыгага байлап, басмайыл тарткыча Сулайман «койчулардын коңур чобурун» желдиртип, кирип келди.

– Молдоке, чын эле кетип жатасызбы? Бир козунун этин ала кетпейсизби? Куру кетесизби?– дей берди Сулайман энтигип.

– Куру эмесмин,– деди Молдоке,– мына көрдүңбү, Уулкелди канжыгама бир баштык эт-май байлап берди, бул эмне, аз деп турасыңбы?

– Молдокем Караколго кызына баратыптыр, кичине тамак салып бердим,– деди Уулкелди, Молдокенин оозунан бирдеме чыгып кетеби деп.

– Кызыма да бар, башкага да бар,– деди Молдоке канжыганы оңдоп жатып, тамашалап, ал тамашаны Уулкелди гана түшүндү.

– Чындап калган экенсиз.

– Чындап калдым. Берер козуң болсо кийин деле алармын,– деди да, Молдоке ат жалын кармады. Сулайман аттан түшө калып, колтуктап атказып койду.

– Караколдон келгенден кийин келип кетиңиз, Молдоке,– деди Уулкелди, зарылып.

– Келип кетиңнз, Молдоке, келип кетиңиз,– деди Сулайман, тушүн айталбай калганына өкүнүп. Жол үстүндө сүйлөшүүгө көңүлү келбеди.

## XI

Сарыгул Пржевальск шаарына машина менен түн ичинде келип, кичинекей эки кабат мейманканага түштү; буфеттен эки стакан арагын кошуп туруп тамакка нык тоюп алып, дени сак, санаа-

сы жок кишинин каадасынча жастыкка башы тиер менен былк этпей уктап, эртең менен саат жетиде гана бир ойгонду. Жуунуп, таранып алды. Жаш туруп оорулуу, нервный болуп калган зайыбы таптап берген жаңы костюм, шляпа, жаңы туфлий кийип, биринчи жолу Пржевальск шаарынын көчөсүнө чыкты. Кичинекей шаардын күн чыгыш жагындагы тескейдин кар кетпес тоосунан соккон эртең мененки салкын жели Сарыгулду дароо сергитти. Эчкимден эч кандай адрес сурабай эле өзүнчө шаарды кыдырып баскысы келди. Көчөдө эл да сейрек экен. Мейманканадан оң жакка бурулганда «Ресторан» деген жазууну окуду да, сол жакка бурулуп, тоону көздөй кеткен түптүз көчө менен жогору карай басты. Бак, даракка көмүлгөн шаардын камыш, саман менен жабылган үлөрүн көрө албай, Фрунзеде дале болсо мындай үйлөр көп деп, шаарды жактырып, бир жагынан таңыркап келатты. Көчөнүн эки бетине титилген ак терек, мырза терек, ак кайыңдар жазы жасалгасы менен акырын шоодурап, туптунук, таптаза болуп, эртең мененки күндүн шооласына эркелегендей жаркылдайт. Кайсы бир жерлерде бай терек деп аталган ак теректердин жалбырактары жел эпкиндеп жүргөндө чимирик болуп дирилдеп, аңтарылган жагы алыстан күмүш көбүктөй болуп жаркырайт.

Сарыгул токтоп, көчөнүн атын «Ленин» деп окуду. Ленин көчөсү менен түптүз жүрүп отуруп, эмнегедир дагы сол жакка бурулду. Бул Са-довая көчөсү болуп чыкты. Ушу көчө менен кетип баратып, акталган эки кабат үйдү көрдү да, чурулдаган үндөрдү, дүбүрөп баскан дабышты укту.

Ошо замат көчөгө студенттер толуп кетти. Түптүз басып келип, илинген жазуусун карады да, «институт» деп окуду. Капыстан институтка тумшугу менен бир тийгенге өзү да таң калды, эмнегедир сүрдөп, кыпкызыл болуп кетти. Студенттер, мугалимдер кирип-чыгып жатышты. Булардын студент же мугалим экенин жашына же кыялына карата гана ажыратууга мүмкүн эле, анткени студенттер да таза кийинишкен экен. «Балдардан сурасамбы же окуу бөлүмүнөн сурасамбы? Же өзү көрүнүп калабы?» деп, бир аз ойлонуп туруп калды. Чоочун жигитти студенттер менен кирип-чыгып жүргөн мугалимдер да карап коюп өтүп

жатышты. Анткени ал кезде балдарына келген киши көп болучу. Издеген баланы мектептен же жатаканасынан таап берип, же «сообуна» калып, же үйдүн тамагынан ооз тийгендин кыныгын алмай, же талашып-тартышып чогуу жемей студенттик доордогу, кыйынчылыктагы жакшы салт эмеспи.

– Агай, сизге ким керек?

Сарыгул селт эте түштү. Жылмаңдап күлгөн, шыпылдаган жаш студент жанында турган экен. Сарыгул андан бетер сүрдөп, эмне деп айтарын билбей калды.

– Менин... менин карындашым бар эле...– деди буйдалып,– Чотурова... Бермет...

– Билем билем,– деди күлүңдөгөн студент,– алар практикада жүргөн, келсе мен таап келейин, кайда болосуз?

– Мен ушу ченде эле болом,– деди Сарыгул, мейманкананы айталбай,– алыстан келдим эле, ошентчи, садага. Студент чуркап кетти.

Сарыгул канчалык болумдуу өкүм, жайкап сүйлөгөнгө уста, кандай абалга түшсө да шаштысы кетпеген, колдон шыпырылган «эр» неме болсо да, бу сапар жүрөгү опколжуп, чочулап, обочороок барып, нары-бери басып турду. «Берметтин оюна эмне кетер экен? Тымсак кыз бала кайсы көзүнүн кыйыгы менен кандай карар экен? Кайда апарып, кандай сүйлөшөм?» Сарыгул өз оюу менен алек болуп турганда бет маңдайынан түптүз Сарыгулду көздөй кызыл жүздүү, эрдин боёгон, колунда сумкасы бар, сулууча келген жаш келин ылдамдай басып келатты. Жаш аялдарды көргөндө тооруп, жылмаңдап калып көнүп калган Сарыгул келаткан аялга тигилип тиктеп турду. Жакындаар замат аял көзүнө жылуу учурап кетти да, Сарыгул аны дароо тааныды. Көзү менен кадалып турган жигиттен келин сүрдөп, аны тиктебей батыраак өтүп кетейин деп, шыпылдап басып калды. Өтө берерде:

– Жамалкансызбы?!– деди Сарыгул. Жамалкан селт этип чочуп кетти да, артынан бурулду. Тааный албай, бирок боолголоп:

– Сиз кимсиз?– деди.

– Таанybай калган турбайсызбы, эже, мен Жамакенин баласы Сарыгул эмесминби,– деди да, шыпылдап келип колун бер-

ди.– Бая күнү Кеминдин бөксө жайлоосунан Молдокемди көрдүм, сизге салам айтты. Бала чакаңыз менен аман-эсен жатасызбы? Сизди ушу жерде деп уккамын,– деп Сарыгул жапылдап сүйлөй баштады. Сарыгул Жамалкандан улуу болсо да сыйлагандык кылып, «эже» деди.– И, и, эми тааныдым, ушу жерде иштейсизби?– Деп,– дале сүрдөп, оозун жайылтып күлдү.

– Сен эле деңизчи, эжеке,– деди Сарыгул, иштин оңуна чыгып бартканына кубанып, жай күлүмсүрөп, дале Жамалканга тигиле тиктеп.

– Улуу эмессизби, кантип айтам,– деди Жамалкан, ак көңүл неме адатынча ырсалаңдап.

– Сен эле дей бериңиз. Мен Кеминденмин, жолоочулап келатам, силерге кичине тамак бере кетейин деп бурулуп калдым. Үйүңүз кайда?

– Үйүм мына,– деди Жамалкан, экөө турган көчөнүн бурчун көрсөтүп.

– Оңой таап алып, ырас болбодубу, эже. Чотурдун кызына бир бала чуркап кетти, а кыз сиз менен катташпы? Ага ата-энеси бирдеме берип жиберишкен.

– Жаткан жери эле бөлөк болбосо Бермет биздикинде эле.

– Ырас болгон турбайбы.

– Тигине, Бермет да келатат,– деди Жамалкан, башы менен көрсөтүп.

Бермет жанакы шыпылдаган студент менен «карындашым» деген ким болду экен? Тургамбай абамбы? деп, сүйүнгөнүнөн да, коркконунан да жүрөгү лакылдап, өңү купкуу болуп, жакындап келди да, өмүрүндө ооз ачып сүйлөшпөгөн, бирок көрүп, угуп жүргөн чоочун Сарыгулду көрдү. Берметтин эми андан бетер эси чыкты. Эси чыккан себеби карындашым деп мени издеп келгидей бу ким эле? Жакшылыктын кабарчысыбы, жамандыктын кабарчысыбы? Атам келбей бул эмне келген? Эжекем Жамалкан менен сүйлөшүп турат. Бул эжекемдердин айылынан болуш керек. Кандай неме? эмне болуп келип жүрөт? Жакында апамдардан кат албадым беле? Бирөө барат-коёт деген сөз жок эмес беле?– түшүнүксүз суроолор Берметтин башын чулгап ке-

латты. Булардын жанына келер замат үшүгөнсүп колун ушалап, мостоюп, супсулуу болуп туруп калып:

– Амансызбы,– деди акырын, колун бербей.

– И садагасы, жакшы жүрөсүңбү?– деп, кол берди, Бермет колун көңүлсүз, бош сунду. Сарыгул Берметтин бүктөлбөгөн муздак колун кычырата кармады. Ооруп кетткен колун тартып алып, Бермет кызарып кетти.

– Командировкага чыктым эле, жолум бурулуш болсо да, Чотур абамдарды кыйбай, берген тамагын ала келдим. Кайда түшүрөбүз?– деди Сарыгул, эми тамактын кайда түшөрүн биле туруп.

– Эжемдикине,– деди Бермет.

– Азыр бошсуңбу? Мен сабагыма шашылып баратам, кечигип да калдым окшойт,– деди Берметке Жамалкан, саатына карап.

– Практиканын жыйынтыгы болмок эле...– деди Бермет кыйылып.

– Анда эмесе биз эле апкелели, эженин үйү мабул экен, сен бошсуңбу, жигит?– деди Сарыгул студентке,

– Бош болгум келсе боло коём да!– деди шыпылдаган студент.

– Аз-замат, анда эмесе, жүр! Ачкыч...

– Үйдө балдар бар, бара бергиле,– деди да, Жамалкан Бермет менен басып кетти.

Кызматка байланышкан «ишин» бүтүрө албай Сарыгул Пржевальскиде үч күн жүрүп калды. Солтонкул, Салыймалар менен Жамалкандыкында эт жеп, ичкилик ичип, бирок өзү тарта ичип, буларды Пржевальск шаарынын атактуу багына апарып, пиво менен сыйлады. Мунун баарында тең, Бермет катышты, бирок катышканы менен мойнунан байлагандай болуп, кыйылып, араң эле басып жүрдү. Сарыгулдун эмне үчүн мынчалык чабылып, эмне үчүн Жамалкан, Солтонкулдардын алдында, Берметтин алдында өзүн көргөзгүсү келгендей болуп, жантыгынан жата калып жатканын Бермет түшүнгөн жок, түшүнгүсү да келген жок. Эмне үчүндүр бул жигитке көңүлү жипкирип, ичи жылыбай койду. Ичи жылымак турсун эмне үчүндүр ичинен жаман көрүп, Сарыгулдун бүткүл жүрүш-турушу, анын мамилеси, жалпылдап ичи-коюнга кирип кеткиси келген аракеттери Берметке жат көрүнүп, жийиркентип

турду. Эмне үчүн? Сарыгул ага көңүл кала турган эчтеме айткан да, эчтеме кылган да жок эмес беле? Кайта жолоочулап жүрсө да кыздын үйүнөн тамак-аш көтөрүп келип, коноктоп чыгым болуп жатпайбы? Канткен менен жердештик кылып, ылым санап, адамкерчилик кылып жатпайбы? Сарыгулду жаман көргөндүн ордуна ага алкыш айтып, ыраазы болушу керек эмес беле?

Мына булардын баарынын эмне үчүн экенин түшүнбөй туруп, Бермет Сарыгулга сыртын салып, анын келишинен бир каргаша туйгандай, эч кимге, айтпай, өзүнөн өзү бушайман.

Абасы Тургамбайдын аман-эсендигин, Кыдырбектен кат келбегенин Сарыгул далай жолу айтты. Бирок эмне үчүндүр Кыдырбекти сүйлөгөндө бүдөмүктөтүп, «кайран бала!» деп, кейип сүйлөдү. Бу да Берметке жаккан жок. Кыдырбек менен Берметтин ортосундагы сүйлөшүп жүргөн кептен кабардар немедей, аны кайта-кайта айта берип, Берметти Кыдырбектен же түңүлтөйүн же күйүнтөйүн дегенин түшүнбөй, Сарыгулду андан бетер жаман көрдү. Ал эми Бермет болсо Кыдырбекти көп эстеп, эстеген сайын бир башкача болуп өзгөрүп, кайсы жактандыр Кыдырбектин муңайып турган портрети көз алдына келип, көкүрөгү ачышып кетчү болгон. Бул Кыдырбекти сыйлагандык же сүйгөндүк экенин, же болбосо бирөөнүн эси кетип үзүлүп, ашык болгонуна өзү бериле албаса да, аны аяп, ага күйүмдүүлүк кылып, кайышып тургандык экенин түшүнө элек болучу. Иши кылып, Кыдырбекти көп ойлоп, анын элесине көбүрөөк жакындап, көбүрөөк чөйрөлөп, көбүрөк имерилип туруучу болгон.

## XII

Сарыгул Жамалканга сырын ачык айтты. Мындай учурларда ачык айтып чындыкты бетке тутпаса иш оңуна бурулбасына көзү жеткен Сарыгул, бардык амалды колдонуп, Жамалканды ортого салмак болду. Мындан наркы өзүнүн сүйлөшө турган сөзүн да Жамалканга аманат таштап, Жамалкан аркылуу сүйлөшө турган болду. Анткени Бермет менен ачык беттешип, ачык сүйлөшүүнүн эч бир амалын таппады. Кайда болсун, качан болсун Бермет, суз болуп, салкынына тартып туруп алды. Кайсы жагынан чыкса да

жолотпой койду. Нечен жолу «карындаш!» деп үзүлүп түшө жаздаса да, Бермет бир жылмайып күлүп койгон жок. Сенек болгонсуп турду да койду. Анын үстүнө а дегенде чабуул коюш да кыйын. Өзү айткандай, качырып киралбады. Ошондуктан бардык иштин салмагын Жамалканга оодармак болду.

– Эжеке, сен сүйлөш,– деди Сарыгул, «сизден» «сенге» алда качан өтүп алып.

– Мен эмне деп сүйлөшөм?

– Ал жайымды түшүндүр.

– Анан кийин? Тиесиңби дейимби?– Ичинде кири жок ала көөдөн Жамалкан өзүнүн сөзүнө өзү каткырып күлдү.

Сарыгул таарына түшүп:

– Эжеке дейм, менин турмушум кайгылуу турмуш! Зайыбым ажаан, урушат да турат, өмүрүм бекерге өтө турган болду.

– Карап туруп албайсың да!..– деп, Жамалкан дагы күлдү.

– Карап туруп эле алгамын кыз кезинде баары жакшы, жаман катын кайдан чыгат дейт турбайбы!– деди Сарыгул, макалды кыйын билген, нускалуу кишиче.

– Бу кыз да жаман чыгып калсачы?– деди Жамалкан.

– Алда эжеке айя!– деди жаны күйүп Сарыгул.– Ымандай сырымды айтып турсам күлөсүң да! Таалайымды өз колуңа таштап коюп отурам. Ырыс кыйсаң да, ырыстуу кылсаң да кеп эми сенде. Бермет сенин тилиңен чыкпайт, эжеке. Чынымды айтсам, атайы Бермет деп келгемин.

– Берметтин сүйлөшүп койгон кишиси болсо кандай болот?– деди Жамалкан эми күлбөй, чындап.

– Баарын таштатыш керек.

– Болбосочу?

– Ошонун тилин билет деп эжекелеп отурбайымбы.

– Сүйлөшүп көрөйүн,– деди Жамалкан арсар,– мен деле сүйлөшкөндү жакшы биле бербейм. Бирок, өз бала эмеспи, менден эчтемесин жашырбас. Кеп көңүлүндө да...

– Ошо көңүлүн тартыш керек да, эжеке.

– Көңүлүн жигиттер тартпаса мен эмне кылмак элем?– деп, Жамалкан дагы күлдү. Анын бу күлкүсү тамашанын, күлкүсү

эмес эле. Өзү жаш боло туруп ортого келин салып, кыздан кеп алып бер дегенге жакын сөздү козгоп отурган Сарыгулга таң калып, бирок, бетке айтып, көңүлүн оорутуудан айбыгып турган. Ал эми кайсы жагынан алганда да Жамалканга Сарыгулдун бул кыялы жаккан жок. Адамчылык кылып келген экен десе кыз уулап келген турбайбы деп, ичинен иренжиди. «Бирок ким билет? Мындай немелерге кыздар жабыша калчу эле, эң эле жалпылдаган неме болуптур, мен кантип ортого түшүп, кыздын милдетин алалам? Кагып койсо шерменде эле болбодумбу? Теги чегип сурап көрөйүн...» деп, ичинен ойлонду да:

– Болуптур, мен бүгүн сүйлөшүп көрөйүн,– деди.

Ошол эле күнү кечинде Сарыгул Солтонкул менен Караколдун багына пиво ичкени кетип, Жамалкан үйдө жалгыз сабагына даярданып отурду. Мария Петровна балдарды сергитип келем деп, көчөгө чыгып кеткен эле.

Акырын басып Бермет кирди.

– Коногуңуз кеттиби, эже?– деди Бермет, муңайым жылмайып.

– Конок сеники эмеспи? Муну сенден сураш керек эле го,– деди Жамалкан, кайсы жагынан чаргытып сүйлөрдү билбей.

– Мен конок күткүчө качан!– Бермет күлүмсүрөп, кызара түштү.– Чын эле кеткенби?

– Кетсе кантип сени менен учурашпай кетсин? Же жадап турасыңбы?– деди Жамалкан Берметке тик карап.

– Силерди жадатты го баса жатып алып анан калса шакылдап көп сүйлөгөн неме экен, кетсе болбойбу, жумушун бүтүптүрбү?

– Жумушу бүткөн-бүтпөгөнүн сен билбесең... Жумушу сенде турбайбы,– деди кууланып күлүп.

– Менде эмне жумушу бар экен?– Өзүң билесиң да

– Мен эмне билмек элем?– Бермет мостоё түшүп, шектенип, Жамалканды тиктеп калды.

– Айтсын?

– Эмнени айтат?

– Жумушун...

– Эмне жумушу бар экен?

– Айтайынбы?

– Айтыңыз...

Экөө тең унчугушпай, бирин бири тиктеп калышты. Сарыгулдун тапшырганын айтууга Жамалкандын оозу барбай, кысталып турду. Бирок оозду бардырыш керек эле, антпесе Сарыгулдан кутулуш кыйын болучу.

– Сен деп келиптир... Сарыгул сени менен сүйлөшсө болобу? Же сенин сүйлөшүп жүргөн жигитиң барбы? Окуусун бүткөнчө күтөм дейт...– Жамалкан Бермет түшүнүп турган сөздү айтты. Анан төкпөй-чачпай туруп Сарыгулдун арыз-арманын бүт айтып, анын тилегин сүйлөп берди.

Бермет акырын шолоктоп ыйлай баштады. Жамалканга бул өтө оор тийди. «Кайдан да жүрүп ортомчу болдум эле?» деп, өзүнүн ак көңүлдүк кылып макул болгонуна наараза болду.

– Мени кантип ошого кыясыз, эжеке?– деди Бермет көз жаш аралаш,– мени кантип ошого кыясыз?.. Кыз алган зайыбынын көз жашынан коркпой, баласы менен кетирип отурган неме мени таалайлуу кылмак беле? Мен аны көргүм келбейт... Сиз кантип оозуңуз барып айттыңыз? Менин өз алдыма койгон максатым, өзүмчө тилегим бар... Эч ким кийлигишпесин! Айтып коюңуз.... Жамалкандын өзү да ыйлап жиберди.

## XIII

Сарыгул кетер менен Молдоыбырайым келип, Жамалкандын үйүн кайтадан конок басты. Кытайдын чек арасынан кетчү жолдордун тоомунда турган бул шаарда тиричиликтин наркы согуштан мурунку көлөмдөн көп ашып кеткен болучу. Бирок ошондо да үйдүн тамагы дешип, аңыз кылгандар келип кетип, тааныш мугалимдер Молдоке менен учурашып кетип жатышты. Солтонкулдукунда отуруп согуштун ал-жайын сүйлөшүп, Жаманкулдан кат келип турганын Жамалкан балдары менен жүдөбөй, оокатын тың кылып жатканын Молдоке угуп, Молдоке кызына да, Жаманкулдун жолдошторуна да ичинен ыраазы болуп, алкышын айтып отурду.

– Сарыгул деген жигит да келип кетти, жакшы жигит көрүнөт,– деди Солтонкул.

– Атек, ал эмне кылып бу жакта жүрөт?– деп, Молдоке чочуп кетти.

– Чотурдун кызына тамак-аш алып келиптир,– деди Жамалкан.

– Сага деле апкелген турбайбы?– деди Салийма.

– Силер бирдеке берген жок беленңер, ата? Чотурдуку кызы менен сага ушуну берип ийди, атаң салам айтты, энең салам айтты, мамуну берип ийди деп эле келди,– деди Жамалкан.

– Биз бирдеме бермек түгүл жолуккан да эмеспиз. Сулаймандыкынан баягы күнү бир көргөмүн, Жамакенин баласы дегенинен араң тааныдым, чоңойгону көрөлек болчумун. Шыпыртма калп көрүнөт. Атайы эле Чотурдун тамагын жеткирип келиптирби?

– Кызына келиптир, Молдоке!– деп, Салийма күлүп жиберди. Жамалкан аны Салиймага айтып койгон эле. Жамалкан кыпкызыл болуп кетти.

– Ошондой де! Малды коюп эми кишиге өткөн экен да! А кыздын да ээси бардыр эле!– деди Молдоыбырайым, Уулкелдинин сөзүнө жараша.

– Аны силер кайдан билесиңер? Командировкага келдим деп, кагазын көрсөтпөдүбү?– деди Солтонкул, ишенкиребей таң калып.– Тажрыйба алмашам деп келдим деген.

– Тажрыйба алмашпай эле катынын алмашканы жүрүптүр эмесе!– деди Молдоке, жини келип.– Бая күнү келинимди атасыныкына жеткизип таштайм деп атат деп, атасы капаланып жүргөн. Анан кызыңарды бермек болдуңарбы? Калыңына да берип кеткендир?

– Калыңы ошо болсо баарыбызды пивага тойгузду!– деди Салийма.

– И, бива азыр күчүнө кирбедиби! Ошо бала биванын күчү менен согуштан да калып жүрсө керек, болбосо мынчалык катын коё берип, катын алам деп көппөйт эле!– деди Молдоке.– Тыякта жер өрттөнүп, кан күйүп атса буякта шапар тээп, сайрандап жүргөндөр бар…

– А жигит эки колун мурдуна тыгып кетти, Молдоке. Кыз эстүү кыз экен, эмне дээр экен десек, сүйлөшпөй койду. Кетеринде көрүнгөн да жок. Апкелген тамак-ашыңызга ыракмат дедик да, Жамалкан экөөбүз жөнөтүп ийдик. Берметтен дале үмүт үзгүсү жок «Берметти албай тынбайм» деп кетти,– деди Салийма.

– Балдарыңыздан кат келип турабы?– деди Солтонкул, сөздү башкага бурмакчы болуп.– Жамалкан ыйлап коюп басып жүрөт. Жаманкулду айтса да ыйлайт, иниси Жапарды айтса да ыйлайт, агасы Болотбекти айтса да ыйлайт. Тилдеп коё тургансыз.

– Жалгыз жүргөндө өзүмдүн да ыйлагым келип кетет. Эл менен аралашып кеткенде билбей калам. Силер жолдошсуңар, кудайга шүгүр, баарыңар чогуусуңар, бир бириңе жөлөктөш болуп, жалгызсыратпай Жамалканга бел болуп турбасаңар мен эмне кылмак элем? Жолдош деген кыйынчылыкта билинет. Ашың барда ким дос болбойт? Балдардан болсо көптөн бери кат келбей атып жакында келди. Жапар Маскөөнүн тегерегиндебиз дептир, Сапарбек болсо Эранда экен. Кемпир, келиним, майда балдарым болуп кыбырап турабыз.– Молдоыбырайым үйүнө наараазы экенин айткан жок. Келини Бүбүкан кайненеси менен батышалбай жүрөт окшойт деп, Бүбүкандын энеси Молдокенин кулагына бир-эки жолу салып кеткен эле. Чырпык түз жатпай калса да, уруша берген кемпири келиндин жанын кашайтат көрүнөт, ошондуктан энесине Бүбүкан даттанса керек деп, Молдоке шек алып, үй-бүлөдөгү майда сөздүн баарын энесине ташый береби деп, айыпты келининен көрүп, өз үйүнүн намызынан коркуп, капаланып жүргөн. Келинди кемпири кагып-силкип жатканын өзү да уккан, бирок келинге болушайын десе кемпирден коркуп, кемпирге болушайын десе кыйшык кетип, келиндин убалына каламбы деп чочулап, үйдөгү агылышты угар замат кулак жапырып басып кетчү болгон. Келин каяша айтпай эле койбойбу, кара жаак кемпир жаны тынбай иштеп жүрүп, бекер турган кишини көрсө, сүйлөнө кетип көнүп калган да, бирок келиндин деле бош отурганын көралбадым деп, кимисине болушарын билбей, башы маң болуп калучу. Бүбүкандын боюнда да барбы, баскан-турганы мурун эле оор неме эле, андан бетер эле салмактанып калды, кем-

пир муну билет бекен, жок бекен?– деп, өзүнчө ойлонуп, бирок кемпирине унутуп калып айтпай жүргөн.

– Жеңем жүдөөрөк көрүндү эле, апам экөө урушпай жүрөбү?– деди Жамалкан.

– Кичине кагышып жүрсө керек. Теги жеңең тултуюп эле турат,– деди Молдоыбырайым.– Мурун бөлөк турганда жакшы эле турушчу эле, эми Болотбек аскерге кетип, кайта бирге тургандан бери эле энеңдин чаңчуң эткен үнү чыгып калчу болду,– деп дагы бир деме дейин деп барып, унчукпай калды.

## XIV

Эртеси жекшемби базар күнү Молдоыбырайым менен Мария Петровна базарга кетип, үйдө балдар менен Жамалкан калды. Адатынча Бермет келди. Берметтин маңкайган өңү андан бетер акжуумал тартып, жукаргансып, жышылып турганынан Жамалкан көрө замат:

– Эмне, ыйладыңбы?– деп, капыстан сурап калды.

– Ыйлаптырмынбы?– деди Бермет, муңайым жылмайып.

– Ошондой го, эмне болду?– деди Жамалкан, такып,

– Тим эле...– деди Бермет, түз жооптон тайсалдап.

– Кат алдыңбы?

– Кимден?

– Кыдырбектен?

Көңүлүнө туура келгенди айта берген Жамалкан түз эле каптай берди.

– Уулкан жеңем эки колун төбөсүнө алып ыйлап Сулайман басалбай мөгдөп калды дейт. Кыдырбектен каткабар жок имиш, сага кат келип жүрбөсүн? Чыныңды айт!– деди Жамалкан.

– Ата-энесине кат жазбай мага жазгыдай мен Кыдырбекке ким экемин, эже?– деди Бермет терикпей, жай гана күлүмсүрөп.– Бу сөзүңүз орундуу болсо кудай урсун, эжеке!– Берметтин шашпай, ар бир сөздү таптап сүйлөп куудулданып турганы алакөөдөн Жамалкандын күлкүсүн келтирип, күмөнсүрөгөнү чынга чыккандай сезилди.

– Кыдырбекке мен ким элем дейсиңби? Сен сүйгөн кызысың!

– Аны кантип билдиңиз, эжеке?– дей берди Бермет, сөздү муунга бөлүп, таптап сүйлөп, мытаам күлүмсүрөп.

– Жиндиленбей чыныңды айт, ыйлаганыңан билдим,– деди Жамалкан кыйын сынчы кишиче.

– Ыйласам ыйлай турган кишим бардыр, сиз деле ыйлап жүрбөйсүзбү? Сиз жездеме ким болосуз?

– Мен катыны болом!– деди Жамалкан балп эткизип.– Ошол элеби?

– Анан кими болмок элем?

– Жары, жолдошу, курдашы эмессизби?– Койчу нары башымды тегеретпей!– деди Жамалкан, айтышканга чыдай албай. Кана, чыныңды айтчы, Кыдырбекке ким болосуң?

– Карындашы,– деди Бермет жылмайганын жазбай.

– Азыркы жаштар сүйгөн кызын карындаш дегенден баштайт.

– Жок, карындашы...

– Жерге кир, чарчатпачы кишини! Кат алдыңбы?

– Алдым...

– Кана?

– Мына...

Бермет Жамалканга үч чарчы кылып бүктөлгөн катты сунду. Жамалкан эриндерин кыбыратып, ылдам окуй баштады.

«Урматтуу карындашым Бермет! Сенин Уфадагы госпиталга жазган бир барак катыңды алып сүйүнүп, сага бир-эки ооз сөз жазганымдан бери дайынсыз жок болуп кеттим окшойт. Чынымы айтсам, (калп айткандын бетин кудай нары кылсын!) жок болуп деле кетейин дедим эле, бирок турмуш кайта жакшы көрүнүп кетти. Сенин катың себеп болдубу же жарык дүнүйө кызык көрүнүп кеттиби? – иши кылып, кайта турмушка, күндүн жарыгына тырмышып калдым. Анткен менен мен өзүмдү согуштан аяганым жок. Күндүн жарыгына тырмышуу – ал өз жанын корголотуш эмес, ал – көңүлүң чайыттай ачылып, өз өмүрүнө арман кылбастык деген болот. Эми согуш майданында жан берсем да армансызмын. Анткени жарык жүздүү карындашым ажырабай жанымда жүрөт. Ок тийип жыгылганымда башымдан жөлөп,

жарамды таңып, каным катып суусаганымда суусун жуткузуп, маңдайымда турат. Мен эмнеге арман кылам? Армансызмын, карындашым! Тирүү болсом элесиңди ала жүрөм, өлсөм – ала кетем. Мен армансызмын. Мына, таалай деген ушу болот!..

Бермет карындашым! Мен сентименталь болуп кеттим окшойт? Же романтикабы? Баары бир, болуп турган турмушумду айттым. Өтө чаап кетсем кечирип кой.

Дондун мейкин талаасында жарадар болуп, душмандын колуна түшүп кала жаздаптырмын; мени өлдү дешкен экен. Балдар өлүгүмдү ала качышыптыр. Эми көмөлү деп жатканда көзүмдү ачып жиберип, элдин баарын коркутуптурмун, Мына эми бүткөн боюмда тамтык жок, таңылуу жатам. Бирок көңүлүм чайыттай ачык. Атамдарга да жаздым. Тургамбайдан кат барбы? Кайда экен? Адресин жибер.

Р... Бизди улам тылга карата көчүрүп, бир жерге токтотпой койду. Бир китеп окуп үлгүрө албадык. Туруктуурак бир жерге келгенде китептен жардам кылышыңды сурайм. Кайыр кош. Маңдайыңан сылап, Кыдырбек.

– Бул катты кандай түшүнүш керек?– деди Жамалкан көзүнө толтура жаш алып.

– Мына көрдүңүзбү, өзүңүз да ыйладыңыз, муну окуганда киши кантип ыйлабай туралат? Ошон үчүн ыйладым.

– Ичинде кири жок таза киши турбайбы!.. Бу катты сиз кандай түшүнөсүз, эже?– Берметтин да көзүнөн жашы кылгырып турду.

– Бул кат ашык болгон кишинин каты.

– Ашыктыгы да бар. Анын ашыктыгы таза, нукура ашыктык. Бирок ошол таза сезимди талаага чачып коротпой, өз ичине бек сактап, мен бет-бакпай койсом да карындашындай жакшы көрүп жүрөт. Мен Кыдырбекке сүйүүнүн эмес, адамкерчиликтин жылуу сөзүн жазгамын. Анткени бирөөнүн ак тилек, таза сезимин тепсеп кетүүгө болбойт экен. Мен аны кыялбадым. Кишинин көңүлүн калтыргандан жаман нерсе болбосо керек...

– Кишинин көңүлүн калтырбаган аялдын этеги балит болот, Бермет!– деди Жамалкан, өзүнө көз артып жүргөн, жигиттер менен ортомчу болуп жүргөн бир аялды эстеп.

Ал таза көңүл эмес, ал арамдык, эжеке…«Сиз ошол – арамдыктан сактанып жүрүңүз!» – дейин деп барып, Бермет оозун жыйды. Өзүнөн улуу кишиге акыл айтуу уят көрүндү.

– Ал андай болсо, сен анан көңүлдүүсүңбү? – деди Жамалкан, ичинен өзүн-өзү жаман көрүп, уялып.

– Ал өзүбүздүн иш, бирок муну Молдокеме айтпаңыз,– деди Бермет, күлүмсүрөп.– Мен болбой койгомун.

Мына ушуну менен булардын сөзү үзүлдү. Экөөнө тең бу сөздү улантуу кыйын көрүндү. Жамалкан да, Бермет да оор жүктөн арылгансып, бир бирине тик карап, эмне үчүндүр бирин бири андан бетер жакын көрүп турушту.

## XV

Москванын босогосуна кирип келген душмандын тумшугу сынып, душман чегинип, Москвадан нары сүрүлүп бараткандагы «согуш жакында бүтөр» деген элдик үмүт орундалбады. Душмандын 1942-жылкы жайкы чабуулунан кийин кайтадан зор коркунуч туулуп кайтадан өлкөнүн үстүнө кара булут айланды; кайтадан шашылыш түрдө туш тараптан аскер куралып, шашылыш түрдө согуш майданынын чегине топтолуп жатты.

1942-жылдын август айында Кыргызстандан дагы көп аскер жөнөдү. Булар согуш училищесинен бараткандар эле. Булардын ичинде офицер наамын алууга жетишкендер да жетишалбай калып, курсант бойдон кетип бараткандар да бар болучу. Булар Чүй өрөөнүнүн уландары, согушка катышып, госпиталда жатып чыккандар, төмөнкү өрөөндүк жаш жигиттер эле. Булардын согушка жөнөп баратканын уккандар да, укпагандар да бар болучу, бирок күн жекшемби болгондуктан жакын алыс дебей ушу 16-август күнү балдарын, ага-инилерин, күйөөлөрүн көрүп кетүүчүлөр көп болду. Эми жакындарынын согушка кетип баратканына анык көзү жеткен боордоштору кетип бараткандарга өз колдору менен даам ооз тийгизип, тиктесе көзү тойбой сүйлөшсө сөзгө тойбой, эт жүрөгү эзилип турду. Бул сезим кетип бараткандарга да, калып жаткандарга да бирдей эле болучу,

бирок ошондо, да бул сезим чыныдагы суунун толтура же бөксөргөнүндөй болуп, чайпалып турду. Айылдан келгендер казарманын маңдайындагы арыкты жээктеп отурушту. Казармадан дежурный чакырып чыккан солдаттар өздөрүнүн жакын жолдошторун ээрчите чыгып кымыз, эт, боорсок, майды мол ала келгендер жеке өз жакындарын эмес кайсы гана солдат болбосун, алардын кайдан, ким экенин ылгабай, тамакка шыкап, сыйлап жатышты.

– Алсаңар, айланайындар!

– Жегиле, кагылайындар!..

Эски калпакчан, сакалы саргычырак болуп агарган кичинекей сары абышка куржунунун оозун ачып коюп, баласына тамак берип отурду. Түк муруту эми эле кайрып келаткан уулунун апылдатып эт сугунуп, баякы эле кичинекей кезиндегидей бетинен бери майланышып алганына унчукпай карап отура берди. «Кабыргасы кателек... Эне сүтү оозунан да кетелек.., Дале эркелегенин койбойт. Катын алгыча эле ушунтип жүрө береби? Баякы эле бойдон жүрөт! Курган бала кичине кагылып согулса болбойбу? Ушу кантип колуна курал алып, жоого айбат кылсын?..» деп, ичинен күрсүнгөндөй болот да:

– Же, балам, үйдүн тамагын киши сагынып калат, же,– дейт.

– Апам эмне келген жок?– деди баласы.

– Апаң батасын берип калды. Эмне, апаңды сагынып турасыңбы?– деди абышка, баласынын эне сактыгын билип, атайы апасын ала келбегенин айтпай.

– Кетип атса...– деп, баласы тултуюп жер карап, ыйлачудай болуп кетти.

– Кантет!– деди абышка солк этпей, мурутунан күлүп.– Кантет! Жигит болуп, жоого аттанып баратасың. Эми энеңдин эмчегин эммек белең? Жоого бараткан жигит антчү эмес. Боштук кылба! Эр жигит эл четинде, жоо бетинде дейт. Бош киши жоого алдырып коёт. Намыздуу кайраттуу бол, кой, балам!– деди абышка акырын гана. Баласы эрке өсүп, бошурак чыгып калганын жакшы билген абышка баласына кабыргасы кайышып, кейип турганын билгизбей, баласын намыздантып, арданта берди.

Буларды баятадан бери байкап турган өзү шаардык, отуздардагы бир солдат булардын жанында зайбы менен сүйлөшүп отурган эле. Абышканын уулуна айткан насаатына, анын кайратына таң калып, ичи жылып кубанып турган. Булар бир взвод, бир ротада болучу. Баланын аты Сагындык, тиги солдаттын аты Качике эле.

– Ай Сагындык, атаңдын айтканын уктуңбу?– деди Качике.

Сагындык артына бурулуп карап алды да, унчуккан жок, Анын майланышкан бети кайтадан тултуйду.

– Балам, кишиге артыңы салбай, мындайырак отурчу,– деди да, Качикенин алдына эт кесип жылдырды.

– Карыя, биз уулуңуз менен чогуу журдүк, тыякта да чогуу болуп каларбыз, балаңыздан кам санабай эле коюңуз,– деди Качике.

– Силерге окшоп кагылып согулуп, көптү көрүп калгандар менен баратканы жакшы болуптур. Четке чыккандан кийин өзүңөрдөн кичүүгө көз болуп жүргүлө, балам. Киши деген сапарга чыкканда бир-бирине күйүмдүү, тууган болуп кетет. Андайды билбеген киши кишиби! Балам жаш, кагылып-согулуп, кабыргасы каталек. Анын үстүнө маңоорок, иши кылып билген акылыңарды айтып, жамандык менен жакшылыкта көз сала жүргүлө...– деди абышка, акырын улутунуп.

– Туура айтасыз, карыя. Кыйынчылыкты көрбөй киши киши болобу?– деди да, Качике абышкага убадасын берип, Сагындыкка көз салып жүрмөй болду. Бирок ошол замат Качике өз керт башын ойлоп кетти, «Өзүмчү өзүм? Менде эмненин кайраты? Кишинин эң эле бош, жүдөөсү мен эмеспи? Качан мен кабыргасы каткандык кылып, тыңыраак иштеп, кыйынчылык менен күрөштүм эле? Качан болсо ишимди да иштей албай, турмушумду да куралбай, көчөдө далдырап жүрчү эмес белем? Качан болсо ишимди, өзүмдүн таалайымды өткөрүп жиберип, басып жүрүп «асан кайгы» болчу киши эмес белем? Качан мен атырылып, кайраттуу жүрдүм эле? Качан болсо корунуп, чынымды айтпай, (чын айткандан коркуп!) баарын ичиме сактап, айыбымды ырбатып, турмушта коркок болуп жүргөн мен эмес белем? Эми мен Сагындыкка сын тагып, ага кайрат айтып отурам!

Менин ушундай ооз апыртмам бар. Качан ушу зайыбым менен жакшы турчу элем? Ал азыр эмне ойлоп турат? Бир байкуш көрүп отурбайбы! Ал мени...»

Дежурныйдын кыйкырыгы Качикени ойдон башын көтөрттү. Солдаттарды дежурный чакырып жаткан эле.

– Кош эми,– деди абышка уулуна,– ак жолтой болуп, аман-эсен кел...– Көзүнө жаш албай баласын бек кучактап, бетинен өптү да, атын карай басты. Артына карабай басып бараткан атасынын бүкчүйгөн белин тиктеп, ыйлап жиберчүдөй болуп, баласы көз айрыбай тиктеп турду. Көзүнө жаш алып бирдеме дечү болсо баласы ыйдан токтоналбасын билген абышка жаш балача шарт аттанып, алыстан туруп:

– Бошошпой кайраттуу бол, балам, колуңан топурак буюрсун!– деди да, бастырып кетти. Качике да абышканы тиктеген бойдон туруп калды. Көзү жыртайган, сакалы куудай, чүкөдөй болгон эски калпакчан сары абышка Качикеге, турган солдаттардын баарына, алыс сапарга, балким экинчи кайта кайтпас болуп өлүм сапарына кетип бараткандардын баарына ак батасын берип, булардын колунан топурак буюрушун тилегендей болду. Кыштын күнкү суукта тоонун жылуу булаганан суу ичкендей болуп, Качикенин ичи жылып, бүткөн бою балкып, «ак жолтой болуп кел» деп алкап, эми артын карабай кетип бараткан абышкага, кыргыздын сөзгө жок жаман абышкасына миң кайталап ыраазы болуп, таң калып турду. Ушул сары абышканын ушул айткан бир гана сөзү нечен жолу уккан патриоттук сөздөрдөн миң эсе артык, касиеттүү сезилип кетти. «Бошошпой кайраттуу бол, балам, колуңан топурак буюрсун...» деген сөз Качикенин жүрөгүнө, анын жигер-бооруна өчпөс мөөрдөй болуп басылып, кулагынан эч качан кетпестей болуп туюлуп турду.

– Бар эми, мен кечинде стансага чыгам,– деген үн угулду.

Качике артына бурулуп, кара темгил жүздүү, бети кичине, алма баш, көздөрү бадырайып жайнаган, астыңкы эрди калың, мүчөсү жакшынакай зайыбын көрдү. Эмне үчүндүр үшкүрүп жибере жаздап барып араң токтоп:

Балдарды ала келбей бекер кылыпсың,– деди.

– Балдарга эмне бар? Бая күнү эле көрбөдүң беле?– деп, Качикенин кыйшайып кеткен пилоткасын оңдоп кийгизди да, кеберсиген эриндерин жалмалап, жоодураган кара көздөрүнө туптунук жаш толтуруп, Качикени тиктеп турду. Күн батар жагына төмөндөп, салкын түшө баштаган эле илептүү аптапка какталып бүткөн Качике бетин күнгө тосуп, зайыбы Чынаркандын бетин күндөн калкалап, зайыбынын жаш толгон көзүнө бир аз карап турду да, анан унчукпай акырын зайыбынын көзүнөн өөп, казарманы көздөй басты.

Түн ичинде мурунку тартип боюнча рота-рота, взвод-взвод кылып, азыр эми солдатка айланган мурунку курсанттарды Пишпек станциясына алып чыгышты. Солдаттарды алып жөнөшкө даяр болуп, али паровозу чиркелелек кызыл вагон-теплушкалар тизилип турган экен. Ар бир рота ызы-чуу менен өз ордун алып жайлангандан кийин, узатчу кишиси барлары вагондордон кайта түштү; бир топтору перрондо басып жүрүштү; бир топтору караңгы вагондо сүйлөшүп же ырдап отурушту.

Качике зайыбын ошол эле замат тапты. Соксоюп жалгыз турсам түз эле мени көздөй келатасың,– деди Чынаркан күлүмсүрөп. Анан акырын муңкана түшүп, котолоп жүргөн солдаттарды карап туруп, Качикени нары ээн жерге колтуктап алып кетти. Солдаттар тамашалашып, каткырып күлүп, топтошуп туруп алып ырдап, ээн станцияны жаңыртып, ызы-чуу кылып жатышты.

– Ушунча киши кетип баратасыңар, силерди Мекен коргогон киши дебей эле өлүмгө баратат дейт турбайбы. Тиги жерде бирөөлөрдүн сүйлөшүп турганын уктум. Угуп алып ичим күйүп, өлүп кете жаздадым. Жаман угулат экен...– деди Чынаркан. Караңгыда Чынаркандын эриндеринин калтырап, тамагына бирдеме капталып, калчылдап турганы билинип турду. «Аны эмне мага айтат? Аны мен билбейт бекемин? Солдаттын баары муну жакшы билишет эмеспи. Бирок бул көзгө сая айткан чындык, аны Чынаркан да мени эси чыгат деп чочубай, түз бетиме айтып отурат. Бизде артиллерия, танк, самолёт аз экени төгүнбү? Аны газеталар ачык эле жазып жатпайбы? Мунун баарын газетаны үзбөй окуган Чынаркан эн жакшы билип, эң жакшы түшүнөт. Замби-

ректин оозуна түптүз баратканымды да жакшы билет, коркот, аяйт, бирок мени кайта кайтпайт деп аяйт, күйүнөт... Бирок...

– Эмне унчукпайсың?– деди Чынаркан, Качикени уйкудан ойготкондой.

– Туура айтыптыр, Чынаркан,– деди Качике, солдат менен жай кишилердии көзүнчө оозуна келгенди оттогон тигилерди ичинен жаман көрүп,– илгертен эле ошол эмес беле? Согуш эмес кыргыз камчы менен чабышканда деле киши өлгөн замберек эмне, замберекке киши түтөбү?– Качикенин жанакы кобурагандарга да, зайыбына да– баарына жини желип, бир жагынан каңырыгы түтөп, бир жагынан зээни кейип турду. Айтса айтпаса төгүнбү? Кетип бараткандардын баары али бышалек, мылтык кармаганына үч эле ай болгон, мылтыкты да бир-эки жолу аткан тумсак балдар болучу. «Эмне үчун мурда кадровой армияга барып кызмат кылууга моюн жар бербей, качтым экен? Капкайдагы жок шылтоолорду таап, аскер кызматынан алып калышчу эле, алып калса аны өзүнө мансап көрүп, мени мыкты, керегим зарыл тие турган киши болгондуктан алып калып жатпайбы деп, коркоюп калчу элем, Согуш окуу жайынада болсо бастырып маршировать эткизгенден башка оңдуу бирдеме үйрөткөн жок. Анан кантип бизден жакшы атышар солдат чыксын!..»

Качыкенин ичиндеги зейнин кейиткен бул санаа айрым солдаттардын тынчын кетирген санаа болучу, бирок булар эмес командирлердин өздөрү да алдыда эмнелер боло турганынан али кабарсыз болучу.

Качике менен Чынаркан көп басып, көп сүйлөштү. Бирок айтам деп ичине сактап жүргөн сөзүн Качике баары бир оозу барып айталган жок. «Мен айтпасам да эстүү аял өзү билбейби? Эмне үчүн мага көңүл көтөрүлөрлүк бир жылуу сөз айтпайт? Жок дегенде кат-сабатсыз жанакы эски калпакчан абышкача үмүткөр боло турган бир сөз айтсачы! Ай абышка, абышка! Сенде үмүт, тилек зор! Сендеги үмүт, сендеги тилек менин өтө акылдуусунган зайыбымда жок. Менин зайыбым мени кайтпайт деп, менден үмүтүн биротоло үзүп, өзүн менин бейитимдин үстүндө тургансып сезип отурат. Анткени мен зайыбымдын оюнда зам-

биректин жемимин. Ана согуш майданы, өрт күйгөн согуш майданы! Замбиректердин оозунан от чачылып, биздин сөөгүбүз бырын-чырын болуп талкаланып, душман биздин өлүгүбүздү топурак менен кошо тебелеп-тепсеп келатат!...

– По вагонам!

Бул кыйкырыктан Чынаркан селт эте түштү. Баары тең шашылып, вагондорго тырмышып чыгып жатышты. Качике зайыбын кучактап, коштошмок болгондо Чынаркан кош колдоп Качикенин мойнуна асылды да, буркурап, жок, буркурап эмес, чыркырап, чыңырып ыйлап жиберди. Туталанып ыйлаган Чынаркандан көз жаш менен тер шорголоп агып турду. Анын ыйы, анын көз жашы чын көңүлдөн, күйүп-бышкандыктан, жакшы көргөндүктөн чыккан таза ый, таза көз жаш эле. Качикенин өзү да буулугуп, бүткөн боюн калтырак басып, Чынаркан менен кошо ыйлап жибере жаздап, мууну бошоп турду. Зайыбынын чачынан сылап, жаш толгон көзүнөн, жаш жууп турган бетинен өөп, шаштысы кетип, батыраак эшелон жүрүп кетсе экен деп, элеңдеп турду. Анан Чынаркан шолоктоп өксүп-өксүп турду да, капыстан тым болуп басылды. Кишинин ичин дүмпүйтүп турган бук көз жаш менен чыгып кеткенде киши ушу сыяктуу болуп ыйын токтотуп, ушу сыяктуу болуп жеңиле түшкөндөй, Чынаркан да ыйы менен бугун чыгарып, Качикенин алдында таптаза, жеп-жеңил болуп турду (Чынаркандын бул ыйлаганын Качике кийин эстеп, мен окко учуп, менин өлүгүмдүн үстүндө ыйлагандай болуп ыйлады деп жүрдү).

Анан Чынаркан акырын, каргылданган үн менен салмактуу сүйлөп:

– Садага болоюнум, кара жаным... тилимди ал... эмне бар, эмне жок... бизди, мен айтканды унутпа!..– деди да бек кучактап, Качикени көпкө жыттап, Качикеден көпкө бөлүналбай турду.

## XVI

9-гвардия дивизиясы Оролдо, Оренбург областындагы Сакмар суусунун боюнда өргүп жаткан эле. Бул дивизия 1941-жылы Мос-

кваны коргошкон, ошо жылы гвардия наамын алып, душманды Москванын босогосунан кууп чыгып, Ростовго чейин барган генерал Белобородовдун командасы астындагы атактуу дивизиялардын бири болучу. Душмандын кайта койгон жайкы чабуулунда Дондон чегинип, бул чегинүүдө өз катарын тозутпай, согушуп отуруп чогуу, бирок согушта кишиден да, техникадан да көп коромжу болуп чыккан эле. Кыргыз Республикасынын борбору Фрунзе шаарындагы аскер окуу жайынын курсанттары мына ушул дивизиянын катарын толуктоого Сакмар суусунун боюна келип түштү. Эшелонго түшүргөндө түз согушка барабыз го деген солдаттар түн ичинде он беш километр жол жүрүп отуруп, баякы 18-гвардиялык полктун кошуна келишти. Толуктоого барган курсанттарды ылдам рота-роталарга бөлүп жиберишти. Качике өзүнүн бирге барган бир топ жолдоштору менен ПТР– танк атар мылтыктардын ротасына кирди. Бул рота полктун карамагындагы бөтөнчө зарыл милдеттерди аткаруучу рота эле. Солдаттар взвод-взводго бөлүнүп, рота такталып бүткөндүн эртеси ротанын командири старший лейтенант Науменко менен ротанын саясий жетекчиси Жадов болуп, ротаны талаага алып чыкты. Туш тарап жайык талаа, дүмпүйгөн токой, көлмө суулар, көйкөлгөн ак өлөң чөп, эгини орулган аңыз. Август айы аяктап баратса да күн ысык, шамал жүрүп серүүн. Рота токойдун таңына, жанында көлү бар өлөңдүү жайыкка өз эркинче жайылып отурушту. Жердин көркүнө суктанып турган кыргыздын уландары бу жерлерди өз жайлоосуна салыштырып:

– Жер эмес бекен!– деп, тамшанып коюшат. Ротанын командири да, политрук да, взводдун командирлери да,– эч кимиси доклад жасагандай официальный сөз сүйлөбөй, солдаттар жай гана аңгемелешип, сырдашкандай сүйлөшүп отурушту.

– Орусча түшүнбөгөндөр барбы?– деди политрук старший лейтенант Жадов.

– Я– деди чүйлүк Жанышев, адатынча күлүмсүрөп, тили менен эриндерин жалмалап, бул жаш баланын эч качан кабагы бүркөлүчү эмес, качан болсо жаркылдап күлүп, балдар менен алышып-күрөшүп, тоголонуп жүрө беричү. Күлгөнү да башкача эле: шылкылдап ыкшып калбай, жаш балача борсулдап, катуу

күлгөндө эткээл денеси бүт былкылдап, курсагы түйүлүп кетер эле, Өзү тоголок, буту-колу мыртыйган кыска, төрт чарчысынан келген, кызыл көз күчөнгөндө тилин чыгарып аюуча акактап кеткен оюнкараак баржаңдаган бала. Ошондуктан анын лакап аты солдаттардын арасында «Мишка» аталып кеткен.

– Вы учились?– деди кайтадан Жадов.

– Я учил по киргизски,– деди Жанышев, – анын сөзү атайы күлдүрөйүн дебесе да күлкүлүү болуп чыгып, солдаттар каткырып күлүп, офицерлер мыйыгынан жылмайып турушту.

– Мишка орусча начар сүйлөйт, бирок баарын түшүнөт,– деди орусча, алысыракта отурган Самтыров. Самтыров жапыс бойлуу, кыржыйган арык, көздөрү тирмеңдеп турган, чукчуңдаган ачуусу бар жигит эле.

– Как это, Мишка? Его зовут Мишкой?– деп, Науменко таң калды.

– Русски мальчишки так сказал,– деди Жанышев, эриндери жайылып, тилин соймоңдотуп, мурду тердеп. Солдаттар кыранкатк болуп күлө беришти.

– Как Ваша фамилия? Откуда сами?– деди Жадов бышкырып күлө жаздап.

– Памила мой Джанышев,– деди бала, «Д» тамгасын бөлө сүйлөп.– Зимля Чүй, Алатоо, кто знает? Тияншан,Тияншан,– дей берди. Анын сүйлөгөнү эч кандай арамдыгы жок кишинин сөзү болгондуктан солдаттарга аябай жагып, ошо замат балдар Мишаны жакшы көрүп калышты.

– Бизде сизге окшогон дагы бирөө бар, а да орусча билчү эмес, бирок ал согушта өзүн көрсөттү, Кочиков барбы?– деди Жадов.

– Я Кочиков, Алтайдын казагы,– деп жапалдаш бойлуу, кара сур тарткан жаш казак жигит шаңкылдап орусча сүйлөп, ордунан тура калып, кайта отурду. Аны билген фронтовик солдаттар күлүп калышты, анткени Кочиков– жүрүш-турушу менен, сүйлөгөн сөзү менен балдарды көп күлдүрө турган эле.

Мына ушунтип, жаңы келгендер менен эскилер жай отуруп таанышты. Согуш башталгандан тартып ок аралап келаткан сол-

даттар жаңы келгендер менен жакындашып сүйлөшүп, ар бир сержант өз отделениесин, өз расчётун курап, ар ким өзүнө шерик тандап, жаңы келгендер болсо согуштун жайын билип, дасып калган фронтовиктер менен бир өнөктөш болууга дилгир болуп жатышты.

Өзүнүн катарын толуктап алган бул дивизия ошондон тартып жоокерлерди согуш ыгына машыктырып, согуштун бардык шарттарына көндүрө баштады. Эми баякы согушка ушу бойдон чийки барабызбы деп наалыгандардын арманы жок эле.

Сентябрь айынын башында Сакмар суусунун боюнда дивизиянын 18-гвардия полкунун чогулушу болду. Полк өзүнүн, жалпы дивизиянын жыйырма жылдыгын майрамдап, Москваны коргогого катышкан солдаттар менен офицерлерге гвардия значогун тапшырып, аларды полктун командири полковник Кондратенко менен дивизиянын командири генерал-майор Белобородов куттуктады.

ПТР ротасы Сакмардын токойду жакын кумдак жээгинде отурду. Качике үйүнө кат жазмак болуп, кагаз, карандаш менен отурган, Генерал Белобородов чыгып сүйлөгөндө жазар катын унутуп, генералды тиктеп, аңырайып отуруп калды. Тегерек бет, чачы капкара, кара торусунан келген москоол, чарчы бойлуу, нык, чытыраган ушул жаш генерал ушул полктун баласы болуп өсүп, ушул полктон жогорулаган экен. Полк мындан жыйырма жыл мурун Хабаровскиде революционерден, саясий туткундардан түзүлүп, япондор менен кармашкан экен. Ошондон бери бул полк Советтер Союзунун күн чыгыштагы чек арасын сактап келатыптыр. Полктун баласы болуп жүрүп, аягында ошол өзү өскөн полк кошулган дивизиянын командири болгон генерал сөзүн корутундулады:

– Бул полктун катарына жаңыдан кирген ким гана болбосун, мейли ал офицер, мейли солдат болбосун, бул полктун революциячыл салтын улап, полктун туусун душманга алдырбоого тийиш! Курал-жарагыңарды жакшы үйрөнүп, согушка мыкты машыккыла!

Ротанын экинчи взводунун командиринин милдетин аткарган сибирдик, өзү чымыр, майда кара чаары бар старший сер-

жант Седельников, анын орунбасары, отделениенин командири Козлов оозун ачып калган Качыкени көрүп, өздөрүнчө бирдеме деп, күлүп калышты.

– Уктуңбу, Ормонов?– деди Седельников Качикеге,

Качике жалт карап алып, күлүп туртан эки сержант менен солдаттарды көрдү да, кызарып кетти.

– Уктунбу?– деди кайтадан Седельников.

– Уктум...– деди, Качике сержанттын эмнени сурап турганын түшүнбөй.

– Сенчи, Мишка?– деди Козлов.

– Уктум,– деди Жанышев, күлүмсүрөп.

– Түшүндүңбү?

– Аз-маз,– деп кыргызча айтты да, анан – мал-мал...– деп, орусча айтып жиберди, өзүнүн сөзүнө күлгөндөр менен кошо өзү да былкылдап күлдү.

– А что ты понял?– деди Седельников жылмайып.

– Гинирал был сирот, маленький, пришел в полк, полк кармил, кушат дал, потом... потом стал камандир,– деди Жанышев; ал сөзүн таптап сүйлөп бүткүчө күлүп жатып эл кыйрап калды.

Бу күлкү үйүнөн, жакындарынан ажыраган, эртеңки күнү тагдыр-таалайы не болору белгисиз болгон, ал эми тагдыр-таалайы белгисиз болгондуктан аны ойлоп убарасын тарткысы келбеген, бирок ошондо да көңүлдүн түпкүрүндөгү үмүттүн бүлбүлдөп күйгөн чырагын өчүргүсү келбей, турмушка тырмышып, душман менен өлбөгөн жерде калып кармашчу кишилердин шарактаган күлкүсү эле.

Ошо күнү ротадагы солдаттардын! бардыгынын көңүлдөрү көтөрүңкү болуп, «Под Ново-Черкасск» ырын ырдап, жаткан жагына күлкү, тамаша менен кайтышты.

## XVII

Оролдун аба ырайы олку-солку келет. Ак жайдын күнү күн күйгүзө ысып туруп, кокустан күн бүркөлүп, сыдырым шамалы ызгаар аралаш сокчу болсо кирерге жай таппай, корголойсуң!

– Бах! Оролдун жайы мемиреп турган күндөрүнө не жетсин! Жерге жаңыдан жарык түшүп таң атканда акырын гана айдарым жел жүрүп, үрүң-бараңда токойлору карарыңкы мунарык тартып дүмпүйүп, асманы туптунук болуп, Чолпон гана жаркырап жалгыз калат. Таңдын жарыгынан эмес, Чолпондун нурунан уялып жашынгансып, жылдыздары тарайт... Көлдөрү да, көлмө суулары да тыптынч болуп жалтылдап, каркылдап ойгонгон суу куштары менен сайраган ырчы чымчыктардан башка жаратылыштын тынчын алган жан болбойт... Ал эми ачылып туруп бир бузулчу болсо Оролдун күнүнөн кара бет күн жок.

Күнү кечээ эле мемиреп кеч кирип, жайкалган өлөң чөптөр жай теңселип турду. Эми бүгүн, он бешинчи сентябрь күнү, эртең мененден баштап эпкиндеп сыдырым шамал согуп, кун жаап, уйгу-туйгу башталды.

Ошондой алай-дүлөйдө ПТР ротасын ошо күнү тактикалык окуусунан эртең менен шашылыш түрдө чакыртып алып, бүткүл командирлер баш болуп, полк жолго чыкты. Сарыкташ кыштагынан өтүп, он километрден ашыгырак жол жүргөндөн кийин Сакмар суусунун бөлүнүп акпаган терең жерине келгенде шамал, жамгыр андан бетер күчөдү. Жамгыр түз жаабай, шамалдын эрки менен бетке, жонго, капталга койгулап, бастыргысы келбей, жол тороп турду. Суу шинелдер далдайып, туулгадан (каскадан) суу шорголоп, туулга, баса кечээ эле кечинде таратылган болучу. Ар ким туулганы башына ченеп кийип жатканда солдаттардын жанына бир кемпир келип, оор туулганы кармап көрдү да, темир экен го деп башын чайкап:

– Алда айланайындарымай оор экен го каргыш тийгир. Силердин келишиңерди көрөөр бекем!– деп, солдаттарды жалдырап тиктеп туруп, ыйлап жиберген болучу; анткени кемпирдин да согушта баласы бар го. Эне байкуш өзүнүн баласындай болгон балдардын бардыгынын өмүрүн тилеп жатканы да.

Жайылып жаткан Сакмар суусунан өтө турган көпүрө жакын болбогондуктан жөө кечүүгө буйрук болду. Муздак суудан ичиркенип коркуп турбагандар жып-жылаңач болуп чечинип, белге чыккан муздак сууну кечип өтүп кетишти. Кийимин чала

чечинип же кийимчен сууга түшкөндөр наркы өйүзгө чыккандан кийин шүмтүрөп, кийимин чечип сыгып жатышты. Баякы эски калпакчан байкуш абышканын эрке өскөн уулу Сагындык калтырап үшүгөндөрдүн ичинде эле (Сагындык Самтыровдун расчетунда болучу).

Түн киргенде кечки тамакка жылынып, курганып алып, адырга чыгып, полк коргонуу позициясына турду. Эртең мененкиге чейин полк бүт бойдон окоп казып, жер менен жер болуп, «душмандын» чабуулун күтүш керек эле.

Бел күрөктөн башка жабдык жок болучу. Шамал күчөп, жамгырды жерге түшүрбөй учуруп турду. Темирдей катуу жерде башка баш калкалай турган жай жок. Октон мурун суукка тоңуп өлбөс үчүн кандайда болсо жер казып, бойду жерге жашырыш керек. Бирок жер катуу, таштуу келип, бел күрөктүн алы жетпеди. Түн жарымга жакындаганда Качике менен Щетинин (экөө бир расчёт болучу; Щетинин ПТР менен немецтин самолётун атып түшүрүп сыйлыкка көрсөтүлгөн жаш солдат) экөө бир бирине жардамдашып жатып (Щетинин күчтүү да, ыктуу да болучу), кишинин белинен окоп казып алышты. .Эми сөөктөн өткөн жамалдан бир аз баш калкалай турган орун бар.

– Баарыбызды кырып өлтүрөбү булар?– деген үн чыкты. Бул Самтыров Бекболот эле. Качике менен Щетининдин жанына басып келди да, даттана баштады. Качикенин өзү да таш аралаш катуу жерди колу менен тырмалап, бел күрөк менен чукулап жаткан. Самтыровдун жанында тиши-тишине тийбей, Сагындык турду. Щетинин менен Качикенин окобун көрүп, Бекболот Самтыровдун ичи күйүп, унчукпай турду да:

– Минтип отурса биз фронтко жетпей өлөбүз?– деди калчылдап.

Энтигип турган Качике унчукпады. Тиш кагып калган жигит жат баланы ээрчитип алып, даттанып басып жүргөнүн Качике жактырбай, ичинен Самтыровду жаман көрүп турду. Өзү жаш баладан үйрөнүп отурган Качике өзүнөн улуу кишиге эмне акыл айтмак эле?

– Фронтту да көргөнбүз, анда барганда эле оңой болуп кала турган болсо окопту биринчи мен казбайт элем! Окоп казып ал-

ган сайын баш калкалар жай таптым го деп ойлоймун,– деди Щетинин, өзүнүн чулдур тили менен балдырап.

– Фронтко жеткенде каржалган киши кайсынын окобун казат? Балким окоптун да кереги болбостур, немистин огу окопту мурунтан эле камдап коёр!– дей берди Самтыров, бир жагынан калчылдап, бир жагынан ачуусу келип чукчуңдап.

– Койсоңчу!– деди акыр аягында Качике чыдабай, кыргызча.– Тиги Сагындыкка акыл айтып, баш болсоң боло!

– Күчүңдү жыйнап барганда бир муштасаң жер оюлуп берeби? Көнүш керек!– деди балдыраган Щетинин, Самтыров менен Сагындык кеткенден кийин:

– Көрдүңбү, абышка (Щетинин Качикени абышка дечү болгон, анткени Качикенин чабалдыгынан да жашы бир топ улуу болучу), булардын ыйлай баштады. Кыйыны кыйын! Талаш жок. Аны, абышкам сен, билип турбайсыңбы! Бирок айла жок, антпесе солдат күн көрбөйт,– деди Щетинин.

Щетинин периште болгондой, анын сөзүнүн туура экендигин эки айдан кийин Качике башынан өткөргөндө гана бир билди.

Бир аздан кийин 1-взводдун чегинен дүрүлдөп от күйө баштап, тегерек жапжарык болуп кетти.

Ротный командир отту ким жакты деп текшерип бүткүчө ат дүбүртү угулуп, связной келип Науменкону полктун командирине чакырып кетти.

Таңга маал кара шамал киши учура тургандай болуп катуулады да, кургак акшак кар жаап жиберди.

Таң атып, жер жарык болор замат бүткүл полктун маневри башталып, түшкө чейин чабуул, коргонуу болуп, аскерлердин жаны тынган жок. Самтыров баш болгон бир топ балдар кичине эле чуңкур казып, анан саманга оронуп жатып алып үшүгөн жок, Оролдун суугу башкалардын жазасын берди. Сентябрь айынын аягында көйнөкчөн жүрүп көнүп калган Кыргызстандан келген кыргыз менен орустардын суукка көнбөгөндөрүн, Оролдун капыстан кармаган суугу бир сынап өттү.

Түштө рота катарга тизилди. Ачка, суукка үшүп калчылдаган солдаттар ботала, баткак болуп, таанылгыс. Полковниктен

тил угуп келген ротный: Самтыров, Айдаров Сагындык, Королев, Бычков!– деп атынан атап, катуу, уяты бар киши жерге киргидей кылып жемеледи. Седельниковдун взводуна, анын ичинен Козловдун отделениесине, анын ичинен артыкча Щетининге, анын жардамчысы Качике Ормоновго алкыш айтты (буга Качикенин өзү да таң калды!).

– Абышкам оңой эмес, бир сыноодон өттү,– деди Щетинин жолго чыккандан кийин,– жан тери келип атса да унчуккан жок, жаны да тынбады.

Седельников менен Козлов акырын жылмайып күлүп, өңү кыйналгандан аза түшүп, чолоңдоп бараткан Качикени карап коюшту.

– Бүгүн боевой листок чыгарыш керек, Ормонов, өзүңдү унутпа,– деди Седельников (Качике взводдун боевой листогунун редактору болуп дайындалган эле).

– Мен өзүмдүн бутумду жоорутуп алганымды жазамбы?– деди Качике чолоңдоп.

Рота Сарыкташ кыштагына келип жуунуп, тамактанып, эс алышты. Үйдүн ээсинен суранып, Качике менен Щетинин мештин үстүнө чыгып жатышты.

– Кечээки суукту көр да, бүгүнкү ысыкты көр!– деп, экөөнүн тең көңүлү да жылып, эти да ысып, жыргап турушкан.

Эртеси күн чайыттай ачылып, кечеки каржалып турган солдаттар бүгүн даң салып дыңылдап, ыр ырдап, өзүнүн турган кыштагына келди. Кечинде кечки тамакты ичип отуруп, Качике жанындагы чүйлүк Кожоке деген жаш балага өзүнүн абдан чарчаганын, бутунун да ооруганын айтып отурду.

– Э агай,– деди Кожоке.

– Эмне?

– Ушу сиз кыйналып эле жүрөсүз го?

– Кыйналып эле жүрөм. Эмне экен?

– Араба айдап эле кетпейсизби… Жанакы ким эле?

Гельцер… Гельцер деле ыйлап жүрүп арабакеч болуп кеткен турбайбы, эми нан ташып жүрөт. Курсагы да ток, жаны да тынч. Политрукка айтсаңыз жиберет,– деди.

Качике Кожокени көпкө мелтиреп тиктеп калды.

– Сен, балам, мага бооруң ооруп турган экен. Сен жашсың, бирок сен кыйналбай жүрөсүңбү? Жалгыз мен эле кыйналып калыптырмынбы? Солдат болсун, командир болсун, баары эле кыйналып жүрөт. Араба айдагандар айдай берсин, а да керек, бирок мен арабакеч болалбайм. Жүдөө киши ага да жарабайт. Анын үстүнө мен арданчаакмын; араба айдап корунуп жүрүп күн көргүчө ачка жүрсөм да согуш майданында өлгөнүм жакшы эмеспи! Ар кимдин өзүнө жараша намысы болот,– деп Кожокени кагып койду.

Ушул учурда политрук кирип келди да, ар кимди атынан чакырып, кат таратып жатты; карабай, бирок кулагын түрүп, демин ичине алып отурган Качикени токтолуп бир тиктеди да, политрук чыгып кетти. Политрук шыпылдап баскан, шыңкыгый, артисттик мүнөзү бар, эстрадада тургансып кээде ырдап да жибере турган, сөздү ар качан кыска, орундуу, жүрөккө жеткизе сүйлөгөн жаш жигит. Политрук чыгып кеткенден кийин Качике алы куруп, оордонуп отуруп калды.

– Ормонов, политрукка!– деди дневальный.

Качике ордунан ыргып туруп, чолондоп эшикке чыкты; политрук эшикте күтүп турган экен. Честь да бералбай, бирок эки колун эки жанына алып, зыңкыйып туруп калды.

– Эмне үчүн честь бербейсиз?– деди политрук.

Качике жооп бералбай турду.

– Айтпайсызбы?

– Кечиресиз, жолдош политрук, честь берейин деп келатып аптыгып, сүрдөп кетем да, бералбай калам... – деди, Качике оң колун араң көтөрүп.

– Эмне үчүн чакырганымды билесизби?

– Жок,– деди Качике, оюна арнеме кетип.

– Сиз мага партиялык иш тууралу бирдеме дедиңиз беле?

– Айткамын, жолдош политрук.

– Арыз жаздыңызбы?

– Жазгамын.

– Сиз согушка коммунист болуп кирейин дегенсиз го?

– Так ошондой, жолдош политрук.

– Эмесе арызды эртең менен мага бериңиз, азыр мына бу каттарды алыңыз,– деди да, эки кат берип, Качикенин колун бек кысты.

## XVIII

Эки кат тең зайыбынан экен. Качикенин үйдөн чыкканына да, үйдөн кат-кабар албаганына да көп заман өтүп кеткендей болуп жүргөн. Качике күндө болбосо да күн алыс кат жазып, каттын ар бир сөзүндө өзүнүн терең, жылуу мээрим төгүп, көп учурларда өзүн айыптуу сезип, зайыбына өтө эзилип жазган. Качике өзүн жеке зайыбынын алдында эмес бүткүл өз өмүрүнүн, өз турмушунун, кишилердин алдында айыптуу көрүп, зайыбына жазган бул каттарда, ачык айтылбаса да, арман, кечирим сурагандын айрым, купуя күүлөрү бар эле. Анткени алдына койгон максат, тилектин бири да аткарылбай, өмүрдүн баары ыйкы-тыйкы, майда түйшүк, санаа менен өтүп кеткенин Качике эми гана түшүнүп, эми гана пайдасыз өткөн өмүргө арман кылып, ичинен ыйлап, пушайман болуп отурган болучу. Согуш капысынан башталып, кокустан Качикенин турмушу астын-үстүн болуп, анын курам деп жүргөн дүнүйөсү ыргыткан табактай болуп тегеренип кетти. Айыптуу ким эле? Өзү. Ошол баарына өзү айыптуу болгондуктан эми өз азабын өзү тартып, өзүн өзү койгулап, чарк айланып, алапайын табалбай турду. Кечирим сурагысы келет, бирок кимден сурайт? Анын арызарманын азыр эч ким укпайт, анын арыз-арманына таңсык болгон киши да жок, анын эч кимге кереги да жок. А түгүл анын арманын угуп боору ооруп койгон да киши болбойт, күлкү болгондон башка абийир табалбайт. Эгер Качике кадимкидей турмуштун кишиси болуп, өзүнүн ар бир баскан кадамына кожоюн боло алган болсо, эгер ал турмушка активдүү ат салышып, төбөсүнөн гүлдөбөй түбүнөн тамыр жайып өскөн теректей болуп өссө, анда, балким,- бул арман болмок эмес эле! Качике качан да болсо ар кимдин көзүнө гүлдөп бараткан тамыры бек, келечекте анык байтерек болчудай көрүнчү; андай болууга анын себеби да бар эле, бирок өзүнүн уба-

дасы, алданганы кошулуп отуруп ошого апарып жеткирди. Турмушта өзүнүн тилегин, зор тилегин ишке ашырылбаганы мындай турсун, пайдалуу кызматты да орду менен иштей албады. Өзүнүн убадасын, өзүнүн түпкү максатын санаа-ой менен аткарып, кээде чындап эртең баштайм деп өзүнө катуу убада берип коюп, бирок эртеси кайтадан жалпы шарга түшүп кетип, «жакшы бала» дегенге курсант болуп, күн өткөнүн эсине албай дүнүйө капар жүрө берди. Өтө жаш кездеги өзү баштаган «ийне менен кудук казган» эмгекти унутту. Өзүнүн турмушун уюштура албагандыктан, уюштурууга жардам, көмөк бере турган кишиге же жолдошторуна (жолдоштору бар беле?!) айтуудан ардангандыктан, басып барып аракет кылуудан корккондуктан «көзүм көрбөсө көчүгүмдү бөрү жесин» деп күн өткөнгө канимет кылгандыктан, ар бир тырмактай болгон кыйынчылык (кыйынчылык болбосо да) бара-бара зор тоскоолго айланып, кайда барса мүдүрүлө баштады. Эми түптүү деген байтерек кичине эле шамал болсо кычырап, урап кетпесе да куурашка баш койгон эле.

Качикенин зайыбы, үй-бүлөсү, өзүнүн салган уясы бар беле? Жок болучу. Бул аял да, бул үй-бүлө да бирөөнүкү болучу. Өз уясын, өз-жатагын курууга умтулумуш болуп, дүнүйө кечти дейдидей темтиреп жүргөндө мына бу зайыбым деп, эңсеп кат күтүп отурган аял, акырын эркелетип, өзүнө үйүр кылып алды да, шап мойнуна каргы салып, жетелеп алды. Бул аял акыл-эстүү, бирок кара мүртөз,өжөр, керек болсо өлөрман, кекчил, тилдүү, болгондо да тили уу, кызганчак, ачуусу чукул, жакынын да аябаган киши эле, бирок мунун баарын ичине жашырат, керегинде гана пайдаланып, керегинде гана жумшачу. Бирок керек кишиге, өзү каалаган кишилерге таптакыр башка мамиле кылып, аларды өзүнүн жумшак тамашалуу сөзү менен, тамак-аштын молдугу менен, нур чачыраган көздөрү менен колго алып, өзүнө кул кылып ала турган. Мындай арбалып калган адамдар бул аялды урматтап, мактап, кошомат кылып сыйын көрүп, бирок чочуп, бул аялдын көзүнүн агы менен тегеренип тура турган. Кичинекей гана жерден жазыптайып айыптуу болгон кишини бул аялдын каарына калып, айлап жылдап сөзүн укмак турсун, тик караган көзүн көралчу эмес.

Бул өңдөнгөн аялга алакөөдөн ишенчээк, ак көңүл мүнөзү кээде камгактан жеңил Качике кайдан жүрүп туура келсин! Качике асынып өлөм деп жип алып чуркаса да, анын асынып өлалбасын билип турган бул аял андан бетер анын жинин келтирип, жанын кейитип, күйгүзүп, бышырып, мазак кыла бермек эле. Мына ушулардын баарын көп болбосо да, бирок жетиштүү түрдө көрүп-билип жүргөн. Качике темселеп, кайсалап жүрүп отуруп ушул аялдын колуна түштү. Бул аялдын жайкама жылуу сөзү менен акыштуу койну Качикенин башын тегеретип, барган сайын былкылдак саздай өзүнө тартып баратты. Башында Качике мунун баарын убактылуу көрүп, убактылуу баш калкалап, кыйналган жанды корголоткон жылуу уя деп, бул аялга алкыш айтып, милдеттүү болуп жүрдү. Ал эми бул аял убактылуу гана болуп, анын келечегине, түбөлүгүнө, өзүнүн табият мүнөзүнө туура келбесин түшүнүп калган Качике бул аялдан эси чыгып, кутулуштун амалын издеп, нечен түндөрү оору кишиче чабалактап онтоп чыгуучу.

Өйдөлөнүп калган Качике кайтадан баш көтөрүп, өз турмушун, өз келечегин ойлоп бул аял менен жакшылыкча коштошуп кете турган болгондо жакшы аялдын жаман жагын ошондо көрүп, «өмүрүмө кара келип жабышты!» деп, зарлай баштады. Бул аялга Качикенин келечеги, анын турмушу керек эмес эле; Качике эр катарында бул аялдын колунда жүрө бериши керек эле. Качикеге болсо өз үй-бүлөсү, өз уясы болуш керек болучу. Ошондуктан Качике бул аялдын куушура кармаган кучагынан чыкмакка аракет кылып булкунуп-жулкунуп, тыбырчылай, баштады. Бирок, бул аялды өзү түртүп жибере албагандыктан айласы кетип, кыйнала берди. Күндөн күнгө чатак, жаңжал көбөйө баштады.

– Сен ким элең? Менин эшигиме, кандай болуп келдиң эле? Эмнелерди айткан жок элең! Эми тирденип алгандан кийин кыларың ушубу? Мал арыгын бакса ооз майлайт, киши арыгын бакса төбө каңдайт! Кайсы бетиң менен эл көзүнө мени шерменде кылып басып кеткиң келет? Элден уялбасаң да, менден уялсаң, болбойбу? Этегинден кармап жүрөйүн дегемин...– деп, жоодураган көздөрүнө мөлтүрөгөн тунук жаш алып, ээктери калтырап, тиктеп турган.

– Аны кантип билбейин? Баары эсимде, баарына ыраазымын, баарына милдеттүүмүн, бирок.... Бирок, башымды бошотуңуз, өмүр бою жакшылыгыңызды унутпайын, башымды бошотуңуз, мен туралбайм!..– деп, Качике жалына баштаган.

– Качан мен сенин башыңды байлап алдым эле? Кете турган болсоң жолуң мына! Кете бер! Бетсиз! Адамдын жакшылыгын билбеген айбан адамга айла жок! Бар, кете, бер! Азыр кет! Жогол!

Түшүнүксүз кызык тамаша! Ушу сөздү угуп туруп, кылчайбай басып кеткендин ордуна бул аялдын жанынан айланчыктап чыгалбай, бул аял сыйкыр менен арбап койгонсуп, Качике кеталчу эмес.

Бир топ мезгил өткөндөн кийин, кайтадан Качике чымыркап бел байлап, атайы Чынаркандын уу тилин уккусу келгенсип, сөздү кайтадан баштачу. Кайтадан аябай тил угуп, кайтадан ит укпаган жеме угуп, анан кайтадан бул аялга шыйпаңдап, жуурканын туюк оронуп тултуюп тескери карап жатып алган бул аялга өзү жабышып, кайтадан өзү жалынып, өзү кучактачу.

Мына ушундай эки ойлуу болуп, бир жагына ообой, бирок мына-мына өзүмчө турмуш курам деп жүргөндө кокустан согуш чыгып кетти да, Качике үчүн дүнүйө астын-үстүн болду. Ал эми өз турмушун, согушту, согуштун өзүнө түшүнүксүз жактарын, анын күндөн күнгө өрчүп, Совет өкмөтүнүн тагдыры кылдын учунда турганын ойлоп, башканын баары эсинен чыгып кетти. Бул коркунучка караганда өз турмушунун кайгысы эчтемеге арзыбаган, жай гана бир үй ичиндеги эрди-катындын бат басылчу тартышындай көрүндү. Эми ойдо жок согуш башталып, өзү иштеп, өзү көксөп, өзү тилеген жаңы заман, жаңы турмуш кулай турган коркунучу турганда ушул эгоист болсо да эстүү, өз намысын бербеген тилдүү катынды талаага таштап чыга беришке Качикенин адамгерчилик сезими чыдабады. Аз да болсо жылуу сезим аралашып калган аялды жаманчылыкта кароосуз таштоого кыйбады. Согуш майданындагы биздин абал оордошо баштагандан бери өзүнүн согушка кетип калышына көзү жеткен Качике мурунку бузулган уядан калган жалгыз чүрпөсүн кимдин колуна таштап кетишти ойлоп, тили суук болсо да ушул катындын колунда ка-

лышын туура көрдү. Эрди-катындын ортосундагы ысылы-суукту эске алып, урмат кылып сыйласа багып алар деген пикирге келди. Ушул азыр Качикени каржалтып, күнү-түнү жүрөгүн өйүп, кабыргасын кайыштырып турган санаа– мына ушул чүрпө болучу. Согушка жөнөп жатканда оозу барып сурай албаган маселе да ошо чүрпө. Кабак-кашы бат бузулуп, бат эле жаачу күндөй бүркөлө берген бул аял Качикенин ушул кичинекей, периштедей күнөөсүз чүрпөсүн бооруна тарта алабы,– жокпу? Атасын кучактап жаткан аялдын анын баласына мээри түшөр бекен, жок бекен? Же атасынын көзү жок болгондон кийин каргашанын буйругу менен таштап кеткен атасына да, анын чүрпөсүнө да жини келип, кол эмес сөз кайра албаган жаш чүрпөнү эзип, мыжыгып таштайбы? Мына муну ойлогондо Качике үчүн кең дүнүйө тар болуп, согуштагы качып кутулгус өлүмдөн коркуп турду. Өзүнүн өлүмүнөн коркпой, тынч өлалбай, кылчактап, өлүмдөн да артындагы баланын тартар азабын ойлоп, ошол азаптын өлүмдөн катуурак экенин көрүп, түшүнүп, ошондон эси чыгып, ошондон коркуп турду. Мына адам баласынын трагедия, машакаты! Адам жеке өлүмдүн азабын тартпай, артындагылардын тагдырын ойлоп азап тартып, тынч өлалбай кыйналат! Мына ошондо кишиге өлүм жеңил көрүнүп, жашоо кыйын сезилип кетет. Чынында да Качике үчүн ушул азыр өлүм опоңой болучу, бирок кантип өлөт?– Мына маселе. «Ошондуктан адам өлүмдөн коркпой, тынч өлүмдү тилеп, тынч өлүш үчүн өмүрүн тынч өлө тургандай жашоо керек экен го!..» деди армандуу үшкүрүп, Качике.

Өзүн өзү тилдеп, өзүн өзү муштагылап, ургусу келип отурган Качике колундагы каттарды ачпай, көпкө маталып отурду. Ичип алганда жөө чечен болуп жобурап, баарын кыйратып иштеп, баары колунан келчүдөй болуп кетчү. Качике соосунда «Сыртым күлөт, ичимде мен ыйлаймын!..» дечү. Мына эми соо болгондо өзүн өзү текшерип көрсө көкүрөгү армандан башка эчтеме жок көңдөй экенин түшүнүп, өзүнүн ушунчага барганын ушул аялдан көрүп, ошол аялдан келген катты ачууга колу барбай турду.

«Эмне үчүн бирөөдөн көрөсүң?»– дейт көкүрөктөн чыккан үн,– эмне өзүңдүн кылмышыңды бирөөдөн көрүп, бирөөгө оода-

рып, өзүңдү ак ойлойсуң? Ал аял сени зордоду беле? Чын, ал аял сени өз турмушуңа кайт, жаныма келбе деп, кууган жок, чакырган да жок, бирок унчукпай сени үйүнө киргизди,– бул, балким, же меймандостук же аялдардын кара ниеттүүлүгүдүр, ага сен баёлук кылып түшүнгөнүң жок, түшүнсөң да акыл ой жүгүрткөнүң жок, өзүңдүн күндөлүк жыргал, тынчтыгыңа карап, келечегиңди, максатыңды унутуп койдуң. Сенин келечегиңе деле кыянат кылбайт болучу, кайта сенин көтөрүлүшүңдү каалайт эле, кааламак турсун аны максат кылып алдыңа коёт болучу, бирок сен эчтеме кыла алмак эмессиң, анткени... анткени сен ал аялды эч качан сүйө алмак эмес элең... Эми колуң менен иштегендин азабын башың менен тарт! Эми болор иш болду. Жоо кеткенден кийин кылычыңды бокко чап. Зайыбыңдын (зайыбыңбы) катын коркпой эле оку. Ал аял эчтемеден тайманбайт, сенин көңүлүң калар деп сени аяп, алпештебейт. Көзгө сайган чындыкты (мейли, катуу тийсе тийсин деп) бетке айтат да туруп калат. Мына сен анте албайсың, айбыгасың, көзүн карайсың, ийменесиң, уяласың, анан акыры ишти былыктырып чыга бересиң... Коркпой эле катты ача бер...»

Бул каттар үйүнөн, Фрунзеден чыккандан кийинки биринчи каттар эле. Бул каттардан эмне кептер чыгар экен деп, калтыраган колдору менен чебердеп ачты. Кат бир далай узун жазылган кат экен. А дегенде башынан аягына чейин бир сыйра көз жүгүртүп чыкты да, бул каттын ичинде жакшы сөздөн башка сайып алчу эчтеме жоктугуна көзү жеткенден кийин кунту менен кайта башынан акырын окуй баштады. Бул кат эстүү аялдын ширин тили менен жазылан, жасалма эчтеме кошулбаган жакшынакай, бирок туталанып жазылган кат эле. Анын кыскача мазмуну мына бу болучу.

«...Бирөөлөр колуңдан тартып, сен вагонго чыгып кеттиң. Вагонго чыгып кеттиң да бир аздан кийин кайта баш багып, мени дагы көрүп калайын деп издеп, элеңдеп карап турдуң. Кымкуут болгон көпчүлүктүн арасында мени табалбадың окшойт. Мен соксоюп жалгыз өзүм тургамын. Бир кезде паровоз күркүрөктү салып, вагондоруңар калдыр-шалдыр этип бир-бирине урунуп,

жүрүп кеттиңер... Байкадың бекен, жок бекен, (Качыке байкаган эмес) мен көз айырбай кетип бараткан эшелонду, бир жолу көзүмдөн алыстап бараткан сени (сен болсо вагондун эшигине жөлөнгөн бойдон мен жакты тиктеп тургансып көрүндүң), сени тиктеп тура бердим. Эшелон уламдан-улам ылдамдап, анан бат эле карааны үзүлдү да, көрүнбөсө да көпкө чейин так-так этип тарсылдаганы угулуп турду. Мен тура бердим, Сен көзүмдөн кетпей, жөлөнгөн бойдон көз алдымда тура бердиң. Көзүмдөн жаш чыккан жок, бирок бүткөн боюм оордошуп, калчылдап турдум. Чын эле сенден айрылганымдын аныктыгына көзүм жеткенден кийин акырын бурулуп, темир жол менен үйдү көздөй баса баштадым. Күн чыгыш тарап болор-болбос агарып, таң атып келаткан экен. Мен жалгыз келаттым. Кээде мүдүрүлүп жыгала жаздайм. Аны деле байкабасам керек. Үйгө жеткенде тан аппак атты. Үйгө киралбай, эшиктин туткасын кармап, көпкө турдум. Бул үй мага ээси жок аңгыраган ээн, бузулган чалдыбардай түрү суук көрүндү. Тилим оозума батпай кургап, суусап турдум. Эшикте турган чакадан толтура бир чоюн кашык суу ичтим. Ачуу бирдеме жегенсип, оозум кермек даамданып турду. Эшикти ачып үйгө кирдим. Балдар ойгонбоду. Балдарды бир аз карап турдум да, экөөбүз жаткан бөлмөгө кирип, чечинбей керебетке жыгылдым.

...Көзүм илинген-илинбегенин да билбейм. Дүнүйө мен үчүн бир чакчелекей, дүрбөлөң түшкөн тар үйдөй көрүнөт, ошол дүрбөлөңдүн ичинде күйпүл күчүктөй болуп турган өзүмдү көрөм, козголалбайм, алым кетип шалдырап, туралбайм, таянып өйдө турууга таяныч табалбайм... Киши көрүнбөйт, киши... сени издейм... бирок сен алыстагандан алыстап баратасың, талпынам, жулунам, жеталбайм; сен мага кайрылбачудай көрүнөсүң... Кетемин дечү эмес белең, эсиңдеби? Кетем деп, далай жолу кетем деп камынып, мен ичимден зыркырап ыйлап сыртымда: «кете бер!»— дечү эмес белем? Эми сен мага келбес, кайрылбас болуп кетип бараткандай көрүнөсүң.... Бул эмне, түшүмбү, же көңүлдүн тарткан санаасы менен ичимден ойлогон ойбу? Билбейм, билбейм, билбейм!.. Сен алыстап баратасың, Менчи? Мен кантем? Мага дүнүйөдө сенден бөлөк эчтеменин кереги жок экенин эми билип,

эми түшүндүм. Тууганды да, жакын кишилердин да, баланын да (бала деп ачык айтып атам!) мага кереги жок экен, жалгыз гана сен… сен… сен… Мыжыксам да, эркелетсем да, тилдесем да, оозуңдан өпсөм да жалгыз гана сен болсоң, сен… сен… сен…

…Мен эмне болуп турам? Эмне болуп баратам? Эмне деп дөөрүп турам? Бул чын. Бул түш эмес, өңүм. Өңүмдө түш көрдүм. Сен согуштан аман-эсен келип, мени таштап кетип жатыптырсың…. Сен ойлогон максатыңа жетип, үйлөнүптүрсүң… Эгер менин өңүмдө көргөн бул түшүм туура келчү болсо келбе, келбе, келбе!– деп жатыптырмын, бул эмнеси каралдым? Бул эмне деген укмуш, кара жаным? Сен чын эле ошентесиңби? Чын эле сени зарыгып күтүп жүрүп, аман-эсен келсең, талаада каламбы? Муну ойлосом эсим чыгат, уйкум качат, тынчым кетет, жаным ооруйт… Мен өзүмдү эмне кыларымды билбей кетем!..»

– Бул эмне деген кат?– деди ичинен Качике,– баладан, баарынан кечкенде жалгыз гана менин керт башымды сүйөбү? Анда мен эмне кылам? Мен да баладан, баарынан кечемби?

Андан наркысын ойлогусу келбей, экинчи катты ачты. Бул кат башка кат эле. Туталанып урунбаган токтоо, баарын таразага тартып, чебеленбей жай баракат, турмушту, ал-жайды жазган кадиресе кишинин каты эле.

«…Сен өзүңдүн бош убагыңдын баарын бизге кат жазып бизди ойлоп жүрүп өткөзөт окшойсуң. Антпе, жаным. Бизден кам санаба. Ач жылаңач болбоспуз. Өзүңдүн согуштагы ишиң ийгиликтүү болуп, аман-эсен келгин. Өзүңүн, менин паёгум болуп, жашкы эле турабыз. Бизди көп ойлобо. Бизди көп ойлой берсең жүдөп, сары оору болуп, кишиликтен чыгып каласың. Андан көрө белди бекем байлап, шартылдатып жүрө бер. Таалайыбыз бардыр, булуттан чыккан айдай болуп, бир күнү келип каларсың. Кара жаным! Капа болбой жакшы жүр…»

Бир кишинин эки ойдо отуруп жазган каты таптакыр бир бирине окшобой чыкканына Качике таң калды. Биринде зайыбы согуштан кийиңки турмуштан үмүтүн үзүп, Качике менен турмуш курушуна күмөндөр болуп, андан көрө келбе деп, Качикенин өлүмүн тилесе, экинчисин үмүт-тилекти жолдош кылып,

Качикенин көңүлүн көтөрүп, кайрат берип, кучагын жайып жалынып отурат. Бир катта жаман көрүп, экинчи катта жакшы көрүп, үзүлүп түшүп турат. «Жаман көрбөй жакшы көрбөйт» деген ушундай болобу деди да, экинчи катты аягына чейин окуду. Экинчи каттын аягында: «Жолдош сөрөйлөрүңдүн бир тобун бая күнү көрдүм. Сурамыш болушат. Сагынаалы менен Кекебай кыпкызыл болуп ичип алышыптыр. Мени колтуктап, бир жакка жүр демекчи болушту. Капкайдагы шакаба сөздөрдү айтышып, тамаша кылгылары бар. Оозун аппак кылып басып кеттим. Ушундайлар менен жүрбөгүн десем болчу эмес элең, көрдүңбү эми сени булар кандай көрөрүн, каралдым?..» дептир.

«Анысы чын,– деди ичинен Качике. «Жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок» деген мен болом».

Чынында да Качикенин жолдошу жок эле, бар болчу, бирок алар сырдаш, сыр чечишкен, бир тилектеш жолдош эмес жолуккан жерде отура калма жолдоштор эле. Булардын бир тобу өзү менен бирге окугандар болсо да, эмнегедир булардын пикири, дүнүйөгө көз караштары, турмуш жолдору, оокат кылуу ыктары бир бириникине окшочу эмес. Булар катындары тыюу салган ишти жашырып иштесе, катындары да булар тыюу салган ишти жашырып иштеп, бирок өздөрүнө чаң жугузбай, ак, таза киши болуп, башкаларды ушактап башкаларды каралашчу.

Качике жолдошторунун бул тобундагыларынан эмес эле, Өз турмушун уюштура билбеген чалагайымдыгы болбосо мындан ак ниет, мындан боорукер, мындан ак көңүл, мындан берешен, мындан апенди киши чанда боло турган эле. Качикенин ушул жетишпегендиктеринен пайдаланып, көп киши (жолдоштору) буга күлүп, сыртынан муну шылдың кылышчу. Дагы бир таң кала турган иш; Качике ичинен мунун баарын билип турса да билмемишке салучу. Качике бирөөнүн кайгысына кошо кайгырышып, бирөөнү табалап, шылдың, күлкү кылганды жаман көрө турган эле. Бу жагынан Качике өз жолдошторунан бөлүнүп туручу.

Өзү менен бирге окуган Сагынаалы менен Кеке аскер формасындагы Качикени бир күнү кечинде көчөдөн көрүп, экөө тең каткырып күлүштү.

– Ко минзе, золдат Качике! – деди Сагынаалы алыстан сөөмөйү менен жаңдап.– Солдаттын кийими өлүп калат экен, генерал эле болчу кебетеси бар турбайбы! Чалмасын кара, чалмасын! Ботинкасы сага кичирээк го дейм,– деди Качикенин бутундагы ботинке өзүнө чоң экенин айтмакчы болуп.

– Сен немисче сүйлөп калгансыңбы?– деди Качике таң калып.

– Биз немецче окуп жүрөбүз,– деди Сагынаалы немец тилинде. Кеке экөө тең кызуураак эле.

– Тилмеч болоюн дедиңби?

– Кеке болом дейт, мен тим эле окуп жүрөм,– деп Сагынаалы Кекеге көзүн кысып койду.

– Тилмеч болом десе немис Волгага кирип келди, мында келип калышы да мүмкүн, бирок силерди немистер тилмеч кылып албайт го, Кеке комсомол, сен коммунистсиң,– деди Качике.

– Келчү болсо анда кудай урду дечи,– деди Кеке,– Сагынаалы биринчи желдет болот эмеспи,– Кеке кыткылыктап күлдү.

– Бириң тилмеч, бириң желдет болсоң жыргайт турбайбызбы!– деди да, Качике кетмекчи болду.

– Кайда барасың, солдатик? Муңун баары тамаша кеп. Жүр, кичине даам ооз тийип кет,– деди Сагынаалы.

– Өзүңөр даам ооз тие бергиле, солдат кишиге болбойт,– деди Качике.

– Болот! Жүрсөңчү, сени көрбөй турган жерге апарабыз, солдатик!– деди да, Качикени сүйрөп кетишти. Качике каршылык кылган жок, анткени эртеңкиге чейин уруксат алып, үйүнө бараткан.

Булар ээн жер таап алып, арак ичип, самсаны ысылык кылып отурушту.

– Жакында арак ичмей да калат го,– деди Качике, мас болуп калбайын деп, аянып ичип.

– Эмне үчүн? Жөнөтүп жатабы?– деди Сагынаалы.

– Ошондой го,– деди Качике, ачык айтпай, бирок согушка жөнөш маселеси чечилгенин уккан эле.

– Согушкабы?– деди Кеке, кызый, кыпкызыл болуп.

– Анан кайда болмок эле,– деди Качике көптөн бери ичпеген неме дароо мас боло түшүп.

– Жыргайсыңар,– деди Саганаалы,– жыргайсыңар, арак да, тамак да силерде болот, биз болсо бу жерде ачка кезерип, баарын силерге берип отура беребиз да, кудаанын кылганы деп,– деди мурду менен күлүп.

– Жыргал болсо эмне барбайсың?– деди Качике, бирге окуган жолдошунун сөзүнө таң калып.

– Жибербейт, вот в чем загвоздка!– деди Сагынаалы чын эле өкүнүп тургансып, эки колун жайып,– жибербейт. Ал эмес арыз да берип көрдүм. Болушпайт.– Сагынаалы эриндерин чүйүрүп, стакандагы арагын дем албай ичип жиберди.

Качике болбой жатып чыгып кетти. Булар менен отурса түнгө чейин отуруп, ылжып кала турган эле.

Калп менен чындын чегин булардан башка киши байкабай тургансып, жалганды, кыпкызыл жалганды сүйлөп, ичинде буга күлүп отурган жолдошторуна түшүнбөй да, таң калып да, жол бою үйүнө жеткиче ойлонуп; булар өзүнөн башканы акмак көрүп, өзүнөн башкаларга, мына мага окшоп солдат болуп бараткандарга күлөт экен го! Бизди жамандыгыбыздан солдат болуп согушка баратат дешет экен го! Кудай талаа, бул өңдөнгөндөргө, булар өңдөнүп чийинден чыгып, кутуруп бараткандарга жаза барбы, жокпу?» деп, кызып калган неме кыжыры келип, зейни кейип үйүнө жеткен.

Мына Качикенин көчөдө отура калып арак ичип жүргөн жолдоштору! Дагы булар менен бирге окуп, комсомолдо бирге жүргөн! Ушул өңдүү жолдоштордун кебетесинен Качике эми уялып, зайыбынын катына ыраазы болуп, кубанды. Кубанычтуу болгон себеби өзү сыяктуу, зайыбын да булардан качыптыр, качмак турсун Качикеге окшоп билип турса да билмемишке салып унчукпай чыгып кетпей, булардын кармайм деген колун кагып, сүйлөйм деген оозун аппак кылып, басып кетиптир. Бу жагынан Качике зайыбын жакшы билүүчү эле.

Эки мазмундуу эки каттын экөөнө тең, жалгыз «бала» дегенинен башкасына Качике ыраазы болду. Анткени экөөндө тең

сүйүү бар эле, ушул сүйүүнун урматына мурункү сарсанаа болуп ойлогондорун унуткусу келип, көңүлү чайыттай ачылып турду. Ушул сүйүүнүн урматы деп, балким баласына да боорун салар деген үмүт менен магдырап, көңүлү тынчып, Качикенин бүткөн бою жылып баратты.

* * *

Октябрь айынын башында дивизия сапарга камынды, Бирок бул сапар али согуш сапары эмес эле (солдаттар болсо согушка киребиз го деп ойлошту).

Качике болсо бу жердеги бир топ үйлөр менен таанышып, кирип чыгып калгандыктан, булар менен коштошкусу келип, айылды аралады. Бир үйдө Ксения Павловна деген кемпир келини, Лида деген беш жаштагы небереси менен туручу. Ошо Лиданы Качике өз кызындай көрүп, атасы согуштагы ушу Лиданы эркелетип, кант апарып берип, бир топ күнгө көрбөй калса сагына турган болгон.

– Ксения Павловна Лида кайда? коштошуп кетейин дедим эле,– деди Качике кирип барып.

– Эмне кетип баратасыңарбы? Лида эми эле жүргөн, отур, отур, тамак ичип чык,– деп, Ксения Павловна күйпөңдөп калды.

– Жок, жебейм, курсагым ток, аз күндүн ичинде энемдей болуп калдыңыз, тим эле коштошуп чыгайын деп кирдим,– деди Качике, тамак жегиси келип турса да, чынын айтпай.

– Жок,– деди Ксения Павловна,– жок балам, андай дебе, үйдүн тамагын мындан кийин ичер-ичпесиңерди кудай билсин, көп жол басасыңар, согушка киресиңер, не бар, не жок, жеп ал, садага болоюн,– деп, Качикенин алдына айран, сүт пирог, нан, картошка койду.– Тоюп жеп ал; көзүңүн да сарысы бар экен, сарык болуп жүрбөгөй элең, же жеп тоюп ал,– деп Ксения Павловна жан алы калбай, чебеленип турду.

Качике өз үйүндөгүдөй отуруп, тамакты тое жеди.

– Садага болоюн,– деди Ксения Павловна Качикении маңдайынан өөп.– Баарыңарды өз баламдай көрөм, каргыш тийген

кайрыдиндерди (проклятых антихристов) жеңип, аман-эсен үйүңө кайт. Баарыңарды аяп, баарыңарга боорум ооруйт.– Ксения Павловна бурчтагы иконго барып чокунуп, мусулмандын баласы Качикени үч бармагы менен жаңсап, ак батасын берди. Ушул учурда Ксения Павловна үчүн анын алдында орус турабы, кыргыз турабы, баары бир эле, ал өзүнүн адаты боюнча жакшы кишиге жасай турган ырымды жасап, ак ниети менен өзүнүн энелик мээримин төгүп турду.

Аңгыча беш жашар Лида чуркап кирип келди.

– Дядя пришел, дядя пришел!– деди Лида аксаргыл чачын сексеңдетип, эркелеп.

Качике Лиданы маңдайынан, бетинен жыттап, кетерде өппөй калган өз кызын өпкөнсүп, кучагынан чыгарбай турду,

– Өп дядяңды, өп дядяң согушка баратат, согушка барып сенин атаңа жардам берет,– деди Ксения Павловна көзүнүн жашын шыпырып.

Людмила Качикенин бетинен, эриндеринен жалмалап өөп жиберди.

Качике жетиналбай, ийилип кулдук урду да, жашып кетип, эшикке чыга качты.

## XIX

9-дивизия Кама суусунун тегерегиндеги токойдогу аскерлердин таштап кеткен жайкы лагеринде бир аз туруп, бул жерде литвалыктардын дивизиясы менен бирдикте бир нече жолу манёвр жүргүзүп, эми акырындап согуш майданын көздөй жылып баратты. Эшелон Москванын тегеренме кырчоо темир жолу аркылуу бир токтоп бир жылып коюп бараткан. Күнү бүркөлүп, боз каптап, жамгыры токтобой себелеп турган Москваны, анын тегерегин көрүп, Качикенин бир топ көңүлү бузулду. Бир кездерде Москвада окуп жүрүп, анын чет жакаларын көп баскан эле. Эми ошол көркөм жерлерге ор казылып, жердин кейпи кетип, аңырайып турган экен. Күндүн да ырайы бузулуп, солдаттар да утүрөйүп, Москва да кабагын чытып, баары келишип

тургансыйт. Көчөлөрдөгү толкуган кишилер да алда кайда житип жоголуп, көп кабаттуу үйлөрдүн да терезелери фанер менен кадалып, бул үйлөрдүн ичинде жан жоктой Москва, анын заңгараган үйлөрү, учу-кыйрына көз жетпеген жаркылдап турчу зор калаа, эми мунарык тартып дүмпүйүп унчукпай, купуясына айланып, сурданып турду. Москва душманга эмне сыр сактап турганы али эч кимге белгисиз.

Ийнинен дем алып, энтигип, беттери кызыл темгил тартып турган Козловдун бетинин оту дирт-дирт этип, кандайдыр бир чемендүү кишинин кейпи менен Москваны ыйлачу көздөнүп тиктеп баратты. Бирок Козловдун турганы эле ошол болучу; качан болсо ыйлачу көздөнүп жашылданып, өпкөсү кагын кишиче ийнинен дем алып, кышылдап турчу. Балким Козлов оорудур, бирок эч ким анын оорумун дегенин же онтогонун уккан эмес. Качике Козловдун нечен походдордогу узун жолдорду басканын карап, таң калган. Тынымсыз күнү-түнү баскан жолдо тамашалуу аңгемелер айтып, элди күлдүрүп, чарчатчу эмес. Качике чарчап, дем ала турган жерге жеткенде тырп этпей жыгылганда да Козлов тыным албай, кыбырап жүрө берет.

Бая күнкү Кама суусунун боюндагы болгон манёврдогу жол жүрүп баратып «душман» менен беттешип калган «согушта» чоң кара ат минген генерал Белобородов солдаттардын астынан чыгып:

– Алга! Душман артиллерия менен атып кирди!– деди.

Артиллериянын «огу түшүп» жаткан жерден ылдам чуркап өтүп кетиш керек эле; ошол 200–300 метр жер толук жарык менен бараткан али болсо да тымсагыраак жаңы солдаттарга кыяматтын кыл көпүрөсүндөй болуп көрүндү. Алы кеткен солдаттар араң эле бут шилтеп, дүбүрөп чуркап келатышты.

Оор жүк менен келаткан Качикенин көзүнө эчтеме көрүнбөй, мунарыктап, буту чалыштап жүрбөй, кышылдап, өпкөсүн кагып келатканда:

– А нука, орлы! Еще немного!– деп генерал кыйкырып калды Ойку-кайкы кеткен чоң кара атты, аның үстүндөгү кара тоголок чымыр генералды, боору ооруп ыйлап, жардап карап тур-

ган кыштактын элин аӊтарылып бараткан көзү көрүп, көрбөй, намыздан мурда эси ооп жыгылып өлө жаздап токтой турган жерге Качике араӊ жетти. Качике жиниккен аттай өпкөсүн кагып теӊселип, дем алалбай күйүгүп турганда Козлов:

– Качике! Костя! Дагы азырак, баса түш!– деп, жетелеп кеткен. Козловдун өзү да кара терге түшүп, кышылдап турган.

Ошол Козлов азыр Москваны карап баратып, Качикеге бурулду да, зейни кейип сүйлөдү:

– Ушул үйлөрдүн далайын мен сырдап, мен майлаган элем. Эми көрүүгө зар болуп өтүп баратам. Мындан кийин да көрөр-көрбөсүмдү кудай билсин Эх!..

– Сиз москвалыксызбы?– деди Качике.

– Москвалыкмын. Кесибим– маляр.

– Мен Москвада окудум эле,– деди Качике.

– Мен окуялбай калдым,– деди Козлов.– 7-классты бүтүп бүтпөй, оокаттын айынан иштеп кеттим. Картайган энем бар: зайыбымдын бар-жогун билбейм. Турса энем экөө тургандыр, турбаса салып уруп кеткендир.– Козловдун ыкшыма жөтөлү кармап, кыпкызыл болуп чыӊалып, сары чийкил өӊү үйлөгөн өпкөдөй болуп кетти.

* * *

Калининден (Тверден) өткөндөн кийин Торопец станциясына жетпей, дивизиянын астыӊкы эшелондорун душман бомбалай баштап, дивизия жөө басууга мажбур болду. Анын үстүнө темир жол транспорту менен алга жылууга мүмкүн эмес эле, анткени жылып бараткан аскер бир гана дивизия эмес, өзүнчө бир фронт болучу. Мынчалык жер жайнаган көп аскерди тымызын, согуш майданынан душман анчалык туйбай тургандай кылып жеткирип, азыктан өксүтпөй камсыз кылуу зор иш эле. Ошондуктан аскер көп учурларда түз жолдон буйтап, буруу жолдор менен токойлоп жүрүп отурду. Батыш Двинага чыкканда эки тарап душман болуп, азык тартыш боло баштады. 9-дивизия ири алдыда келаткандыктан буларга азык жеткирүү иши татаалдашып, эрте-

ден кечке жөө басып, же токтогон жерде карагай кесип, жол салып келаткан солдаттар кужулдап, көбүнчө тамакты сүйлөп калышты. Тыюу салганга да болбой, казып алган картошканын ордун казган солдаттар көбөйүп, буларга тузу жок картошка сорподон таттуу болуп, Бекболот Самтыров менен Сагындыктар болсо ач көз, соргок болуп кетишти. Бекболоттун болсо акчасы бар экен, жолдогу кыштактардан картошка, нан сатып алып, балдар менен өзүнчө күйпөңдөп, карагайдын түбүнө барып ротадан жашырынып, жол бою аптыгып жеп жүрүп отурушту.

Батыш Двинадагы токойдо бир-эки күндүк эс алыш болду. Ушул жерде солдаттарга жылуу ич кийим берилди. Бекболот, Бычковдор дароо балдарды чогултуп алып, жылуу чулгоолорду, нан, картошкага алмашууга киришти.

– Мен согуштан кийин барып картошка айдайм, балдар!– деп, качан болсо чоң тойгондо Бекболот айта берчү.

Бекболоттун сөзүнө таң калгандарга:

– Картөшкөнү оокат катары көрүп жечү эмесмин,– дей турган.

Ошол эле токойдо Качике жуунам деп котелогун көтөрүп, сууга барды. Капустанын катып калган сөңгөгүн кармап көрүп, жей турганын табалбай, котелогун жууп отурган карт солдаттын жанына келди. Ошол учурда алда кайдан кош кара ат чеккен эки повар тамак бышырган казанын жууганы келди.

– Эй, солдатик!– деди курсагы ток поварлардын бири Качикеге,– мына бу казанды чөмүч менен кырсаң бир котелок ботко чыгат, котелогуңду толтуруп ал да, казанды жууп бер,– деди.

Качике эмне кыларын билбей, аңырайып карап калды да, башын чайкады. Аңгыча карт солдат ордунан ыргып туруп:

– Мен, мен жууп берейин!– деди да, узун саптуу чөмүч менен казанды кырып, бат эле котелогун толтуруп, казанды жууй баштады. Качикенин оозунан шилекейи куюлуп, көзү күйүп карап турду. «Куру намыз баш жарат болдумбу же туура кылдымбы? Казанын жууп берип курсагымды кампайтып тойгузуп алганым жакшы беле же арданам деп бекер тамактан куру калып, ачка кезерип, нары бармагымды тиштеп, өкүнүп турганым жакшы болдубу?»– деп, өзүнүн кылганына көпкө түшүнбөй турду. Акы-

ры өзүнүн кылыгына жооп beралбай, «канаат карын тойгузат, бейканаат териңди сойгузат» деген энесинен уккан макалды эстеп, өз көңүлүн өзү көтөрүп, шылкыйып басып кетти.

Мына ушул кишилик сапатын кетирип, шимшиген иттей пас кылып жибере турган ач көздүк менен тамак соолуктан кутулуштун өзү адамчылыктын чоң сыймыгы экенин кийин гана түшүнүп, ошо жолго түшүп кетпегенине ичинен кубанып жүрдү.

Качике эки ойлуу болуп карагай кепеге келгенде мектеп окуучуларынан келген белек, посылкаларды, үйлөрүнөн келген каттарды таратып жатышкан экен. Качикенин колуна балдардан келген бир баштык менен зайыбынын каты тийди. Качике катка шектене тиктеп коюп, төш чөнтөгүнө сала туруп, балдардын баштыгын ачты, Баштыктан печенье, азыраак кант, бир бүктөм кагаз, бир кол жоолук, анан… анан бир пачка махорка чыкты. Махорка тартыш болуп, кааты өтүп турган кез эле; Качике баарыдан да махоркага сүйүнүп кетти. Анан кагазды ачып караса ал кат экен. Же ата-энесинин айтуусу менен жазылганбы, же өздөрү оюнан чыгарып жазганбы, иши кылып мындайча орус тилиндеги кат экен:

– «Ардактуу жоокер аба! Сиз биздин ырысыбыз үчүн күрөшүп жатасыз. Балким мендей кызыңыз да бардыр. Душманды жеңип, аман-эсен үйгө кайтышыңызды тилеймин. Мен үчүнчү класста окуймун. Сизге ушу кичинекей белекти жибердим. Махорканы атам апкелип берди. Атам заводдо иштейт. Кант менен печеньени апам берди, апам да заводдо иштейт. Жоолукту өзүм сайып, четин өзүм бүктүм. Териңизди аарчып жүрүңүз. Ийгилик тилеп, Сагынбаева Клара, Фрунзе № 3-орто мектеп».

Кыргызстандын борбору– Фрунзе шаарындагы кичинекей окуучу кыздан келген бул кат Качикени терең ойго салып, чарк айлантып турду. Качике ичинен ойлоп жүргөндүн баары ушул Кларанын катында айтылып, Клара Качикенин оюндагысын таап, оюндагысын тилеп тургандай эле. Ыйлап жибере жаздап, катты улам-улам кайталап окуп, төш чөнтөгүнө бекем катты. Кларанын махоркасынан чоң ороп, баарын унутуп, күчтүү тамеки кумар болуп турган неменин башын тегеретип, жыргатты.

Эми зайыбынын катын окуш керек эле. Эмне деп жазды болду экен?– деп, эмнегедир чочуп, окуй баштады. Катты окуп кирди да, ошо замат көкүрөгү ачышып, Кларанын каты менен махоркасына мас болуп турган Качикенин көңүлү бузулуп, жаны ооруй баштады. Кат жини келип, жаман көргөн кишисин каарып, жаман сөз менен тилдеп тургандай болгон кишинин каты болгондуктан кат өтө заар тил менен жазылыптыр. Зайыбынын ачуусу келгенде эч кимди, жакынын да, жакшы көргөн балдарын да аябаган адаты кармай турганын билген Качике бул ачуунун кайдан келип чыкканын дароо сезди. «Тили кычышып араң турган катындар, менин жолдош сөрөйлөрүм– деди ичинен Качике,– мени сөз кылып, мени жамандашкан турбайбы, булардын сөзүнөн өлсөм да кутулбайт турбайымбы?».

«Жакында Асылкандыкында болдум,– дептир Чынаркан катында,– сени сүйлөп отурушту. Сенин мага бир тыйын акча таштабаганыңды биле туруп, канча миң сом акча таштап кетти дешет (булар менин душмандарым эмеспи!). Апсамат (Асылкандыкынан кетпей турган болгон) шампанды ууртап ичип, мени шылдың кылып, көзүнүн кыйыгы менен тиктеп, мурутунан күлүп, «Качике өзүнүн эрдигине чыдабай согушка кетти» деп, шылдыңдап, жети өмүрүмдү жерге киргизди. Бул эмне деген кордук?! Өзү күндө газетке макала жазып, кыргыздын уландары ата мекенди коргоодо эрдик көрсөтүп жатат деп, оозун көптүрөт да» артыңардан маминтип өсөк кылат! Сага окшогондорду булардын ит катары көргөнү ушул эмеспи! Чынында да сен жамансың, ошо өзүңдүн жамандыгыңдан эптеп калып калгандын аракетин көрбөй, ак жүрөк болумуш болуп кетип калдың. Мен болсо көчөгө басалбай маминтип... Же пайёгуң жарытылуу эмес. Эмнесин айтайын, теги кууратtың да кууратtың!..

Кат башынан аягына чейин ушул мазмунда болучу. Ооруkта жатып алып Асылкандай сулуунун колунан шампан жутуп отуруп, элди патриоттукка чакырып, анан алардын артынан күлүп олтурган Апсамат жаманбы, же каргашада жоо бетинде жүргөн Качике жаманбы муну тергеп жаткан киши болбогондон кийин аялдардын ортосунда отуруп алып, Апсаматтын былчылдаганы

Качикеге өтө оор тийип, зайыбына да, өз мансабын коргогон Апсаматка да наалат айтып, Качикенин каңырыгы түтөп турду. Аңгыча Козловдун үнү чыгып:

– Политрук чакырат!– деди.

Политрук Качикенин дароо полктун штабына, паркомиссияга жөнөттү. Качике ок-дары, буюмдары салынган баштыгын, мылтыгын асынып, штабка кетти.

Полктун парткомиссиясы кыштактагы бир тар үйдө жыйналыш кылып жаткан эле. Качике кирип келгенде ашканадан куурган картошканын жыты буркурап, Качикенин мурдуна өмүрүндө мындай таттуу тамактын жыты келбегенсип кетти.

– Эмнеликтен өткүңүз келди?– деди комиссиянын ичкесинен келген председатели.

– Коммунист болуп өлөйүн дедим,– деди Качике.

– Өлүш эле үчүнбү?– деди комиссиянын мүчөсүнүн бири.

Качике жооп бере албай турду.

– Биз акыл насаат айтып отуруунун керектигин зарыл таппадык,– деди комиссиянын председатели,– партияга кирердин алдында өзүңүз ойлонгондурсуз, сиз Климовду билесизби?

Климов политруктун комсомол жагынан орунбасары (замполит) болучу. Жакында Климов бир кыштакта эки-үч бала менен бир үйгө түн ичинде кирип тамак уурдап жешиптир, тамак эле эмес үйдүн кызынын жаңы алган өгүгүн да алып кетип, иши кылып уурулук кылыптыр деп, уккан болучу. Бул шермендечиликтин эмне болуп бүткөнүн Качике билелек.

– Билем, Климов бизде замполит,– деди Качике.

– Замполит, бизде мындай кишилер да бар, азырак кыйынчылык болсо аны көтөралбайт. Климов партияга мансапкордук, пайдакердик тилеги менен кирген, замполит болуп көтөрүлгөн; бирок тамаксоолук, ач көздүккө берилип кетип, уурулукка барды, ошону менен солдаттардын арасын бузуп, кылмыш жолуна түштү. Силердин партуюмуңар Климовду партиядан чыгарды. Сиз кандай дейсиз?

– Аны менден эмнесин сурайсыз? Менин жообумдун пайдасы жокко деймин,– деди Качике, бат эле, коммунист бололекте

эле турмушка башкача көз карап калгансыбайын, уурулуктун, ач көздүктүн жаман-жакшысын кыйын билгендей болбоюн деп.

– Сизди партиянын катарына алууга полктун парткомиссиясы чечим кабыл алды. Коммунисттин милдетин аткарууга баш коюу менен бирге өлүш үчүн эмес, партиянын иши үчүн күрөшүү керек, күрөшүү үчүн жашоо керек, жашоо үчүн турмуш менен тизгиндеш, үзөнгүлөш болуш керек,– деди да, комиссиянын председатели. Качикенин колун кысты.

Качике Ормонов тышка чыкканда түн кирип, жылдыз чыгып калган экен. Тегерек жымжырт. Алыста немецтердин асма чырагы – ракетасы былк эткис кылып асып койгонсуп, ордунан жылбай агарып, көктө турат, Артиллериянын анда-санда, угулар-угулбас болуп, дүңк эткени угулат.

Качике суукка чыйрыккан аттай жепжеңил болуп, ылдамдап келатты. Сууп, чыйрыгып калган аттай тизгин жулуп чуркап, таскакты салгысы келет. Ырдап, кыйкырып, абаны жаңырткысы келип, өзүнөн өзү элирип, өзүнөн өзү кутуруп келатты. Аркасындагы баштык менен мылтыктын оордугу да билинбейт. Ай караңгы жылдыздар уламдан улам жа-рыгыраак тартып, жаркырап, ушул жылдыздардын арасына өзүнүн да жылдызы чыккансып, маңдайы жарык, көңүлү чайыттай ачылып, шоолалуу болуп келатты. Качикенин бүткүл жаратылышын бийлеп аны балкытып, балача кубанткан, али өзүнө да түшүнүксүз ушул сезимден башка оюна эч кандай сезим кирбей, зайыбынын ачуусу келип, токонаалат айтып жазган катын да, Апсаматтын ичинен табалап, мурутунан күлүп, көзүнүн кыйыгы менен карап турганын да унутуп, тунжураган токойдо жалгыз өзү жаш балача жайдаңдап, жайдары басып келатты. Качикенин азыркы, мына ушул учурдагы калыбы өмүрүндө ойлобогон, бирок тилек кылып тилеген жаңы, купуя тилектин орундалып, жаңы турмуштун эшигин ачып кирип бараткан учурдагы калып эле. «Эми мейли, эми, мейли,– деп, Качике ичинен, өзү менен өзү сүйлөшөт,– күн күркүрөп чагылганы чартылдай берсин, мейли! Мейли, бороон согуп, кыян жүрсүн! Мен эми турмушта коркок, алсыз киши эмесмин. Жүрөгүм тоодой

болуп, кармашкым, жашагым, өлгүм, ыйлагым, каткырып күлгүм келип турат!..»

Качикенин ушундай болуп көңүлү эргип, карагай кепеге келди. Кепеге кирбей бир аз тыңшап турду. Ортодо чатырап от күйүп, кепенин ичи толтура киши экен. Политрук Жадов, ротанын командири Науменко, Седельников, Козловдордун ачуулу үндөрү чыгып жатыптыр. Качике шарт кирип келип, командирлерге честь берип туруп калды. Кепенин ичи бир ирмемге жымжырт боло түштү. Ар кимдин алдында оозу ачылган баштык, тоголонгон гранаталар, кап-кайдагы буюмдар чачылып жатыптыр. Оң ийниндеги мылтыктын боосун сол колу менен кармап, сол жагында бел күрөк, противогазы, аркасына артынган баштыгы бар, туулгачан Качике, колун чекесине алган бойдон эмне болуп жатканына түшүнбөй, зыңкыйып тура берди.

– Эмне болду?– деди Жадов.

– Ишим жайында,– Деди Качике, тер басып, политрук эмне айтаар экен деп жүрөгү алып учуп. Бирок политрук эчтеме айтпай:

– Эмесе отур,– деди да, Козловго карата башын ийкеди.

Качике али эчтеке түшүнбөй, мылтыгын кепеге жөлөп, анын жанына бел күрөгүн, жонундагы баштыгын койду.

– Мылтыктан башкасын бери апкел,– деди Козлов баякысындай кышылдап.

Эчтеме биле элек Качике командиринин айтканын орундатты.

– Эчтеме түшүнбөй турасыңбы? Баштыгыңдын оозун чечип, ичиндегисинин баарын төк!– деди ачууланып Козлов.

Качике ылдам баштыкты чечип, ичиндегисин жерге төктү. Эки танкка каршы граната, эки кол граната, бир лимонка, мылтыктын, эки жүз элүү граммдык ПТРдын октору, бир сыйра жылуу ич кийим, түйүнчөк кылып оролгон жылуу чулгоо, бир чоң дептер, бир китеп, дагы бирдемелер жайнап жатып калды. Козлов чулгоону чечти. Чулгоонун ичинде үч жүз граммдай нан, эки тоголок кант, бир нече сухари, кагазга оролгон бир пачка таруу ботко чыкты.

– Гранаталардын от алдыргычтары (запалдары) кайда?– деди кабагын бүркөгөн Науменко.

Качике төш, чөнтөгүнөн жоолукка бөлөк-бөлөк кылып оролгон кыска, карандашка окшогон сары жез от алдыргычтарды алып чыкты.

Козлов противогазды да баштыгынан чыгарып, ары-бери карап текшерип, бел күрөктү да кабынан суурул чыгып, карап көрдү.

– Силердики кайда?– деди Науменко кабагын ачпай. Качике эми гана наркы капшытта жер карап отурган Сагындык, Бекболот, Климовдорду көрдү.

Качике кийин билсе, Бекболот, Сагындык, Климов дагы бир топтору противогазды ыргытып жиберип, анын баштыгына картошка, нан салып жүрүшкөн экен; жылуу кийим, жылуу чулгоолорду да сатып жиберишиптир. Качикенин өзү да далай жолу НЗге берилген нан, сухар, таруу боткону жеп кое турган болуп, далай жолу, баштыгын чечип, кайта байлаган болчу. Текшерип калса уят болом го, башыма катуу бир иш түшкөндө кереги тиер деп, коркконунан араң калган. Эми ошол уятынын кереги тийип, бети жарык болгонуна өзү да араң ишенип, шерменде болмок экемин деп, жакасын кармап турду.

## XX

Дивизиянын ири алдындагы бул полк, полктун ПТР ротасы күнү-түнү менен жол жүрүп отурду. Күнү-түндүн болсо түбү жоктой көрүндү. Батыш Двинанын адамы сейрек тарткан кыштактардагы абышка, кемпир, балдары, балалуу келиндери ушу түбү жок жолду басып бараткан солдаттарды же аяп, же каргап тургандай көз менен карап, мөлтүлдөп аккан көз жаштарын арчыбай, унчукпай тиктеп калып жатышты.

Эрте түшкөн кара суук улам кайра суу кар же жамгыр менен кезектешип турду. Мындай учурларда жол азабы андан бетер кыйындап, шалпылдаган баткак, өтмө катар суу болгон оор шинелдер оор жүктүү солдаттардын андан бетер күчүн кетирип, андан бетер каржалтты. Мындай учурларда жол адам көтөргүс азапка айланып, беш мүнөттүк өргүш бир күндүк өргүшкө татыгандай көрүндү. Ат, машина өталбаган жерлерден адам оңой гана өтүп

кетип жатты. Эгер ушу жолдорго солдаттар тактай төшөп жүрүп отурбаса, бу жолдор менен ат да, машина да жүрө алмак эмес эле.

Дал ушул жолдор менен кишилер унчукпай кетип баратты. Ушул унчукпай бараткан кишилерде адамдын бардык асыл сапаты, оор сапарга, балким келбес сапарга кетип баратканын билген адамдардын асыл сапаттары ушул тилсиз унчукпагандыкта бугуп жаткан эле. Ушул унчукпай бараткандар оордук өтө кыйнап жибергенде ичинен кейип, кишини бекеринен каржалткандай көрүнгөн тынымсыз сапарга жини келип, ичинен жолдун азабына наалат айтып, өздөрү жыгылганы араң турса да жакшы сөз менен болсун, жаман сөз менен болсун кишилерге тынчтык бербей, алдыга бастырган командирлерди жаман көрүп тилдеп, бирок ушул азаптардын керектигин, зарылдыгын, ушул азаптан өздөрүнүн да, элдин да, мамлекеттин да тагдыры чечиле тургандыгына түшүнгөндөрдүн да, түшүнбөгөндөрдүн да ачуусу кайта, бат эле жанып, жайдары күлүп турушту. Бул ачуу– көңүлүндө арамдыгы жок кишилердин жамандыгы жок ички кыйкырыгы эле. Ушул үнсүз кыйкырыкта келечектин, адамдын, сабырга бек, жаңы адамдын, жарык тилектин, өз тагдырынын не болорун тилсиз, унчукпай күткөн, душман, таалайың таш капты деген элдин ачуу кыйкырыгы болуп, бул улуу тилсиздикте улуу үмүт бар болучу.

Ушул жол азабын чегип бараткан зор армия Октябрдын жыйырма беш жылдыгын токойдо өткөрүштү.

– Эх жолдоштор!– дешет солдаттар,– ушу бүгүн тамашаны салдым эле да!

Жана эле бүткүл баарынан кечкиси, келип, баарына, душманга да, өз кишилерине да наалат айтып, ичинен кыйкырып келаткан кишилер касиеттүү болуп калган өздөрүнүн майрам күнүн чаң жугузбай калкалап, урматташып сүйлөй, ошо күнү сүргөн үзүрүн, жегенин да, ичкенин да ашыра кеп кылып, көтөрүлүп жатышты. «Чын эле ошол күндөр кайта келбей алыстап, 25 жыл бөртө жорткон күндөр канга жуурулуп жок болобу?» деп, солдаттар, эл, өздөрүнүн шеги менен тилсиз, унчукпай күрөшүп, унчукпай кармашып турду.

* * *

Армиянын жыйырманчы ноябрде бир канаты Великие Луки шаарынын чегине келип жетти. Чабуулга кире турган армиялар Великие Луки шаарын туш-туш жагынан камаш үчүн алыстан тооруп келатышты.

9-дивизия, анын 13-полку өзүнүн кыймылын шаардын түндүк-батыш жагынан, Белая кыштагынан баштады.

ПТР ротасы, полктун штабы менен бирге акырын жылып, эски блиндаждарга конуп-түнөп отурду. Бул жерлер токойсуз келип, өңгүл-дөңгүл, чыбыр болучу. Мына ушу жерге келгенде ПТР ротасы взвод-взводго, взвод отеделениелерге бөлүнүп, батышына жараша блиндажды, мылтыкчылардын ячейкаларын ээлешти. Бул полктун, анын подразделениелеринин позиция ээлеши болучу.

Качикенин, анын жолдошторунун позиция, чабуул, коргонуу, толуп жаткан согуш терминдеринен оозеки уккандан, тактикалык окууларда иштеп көргөндөн улам болор-болбос түшүнүгү болсо да, теги душман менен беттешет деген эмне экенине, мунун баары иш жузүндө кандай болоруна таптакыр көзү жетчү эмес. Душман менен беттеше келгенде эмне болорун өлүмдөн башкага жорубай, кээде нес болуп туруп калышчу. Душман замбирек, миномёт, самолёт, танк, автомат менен каптап кирип, тебелеп кетчүдөй эле көрүнө турган. Анын үстүнө ПТРдын кишилери танк менен кармашчу кишилер болгондуктан, алар өлүмгө тик карай, дайыма сак жүрүштү. Рота өз позициясын ээлеген түнү ар бир взвод, отделениелер да өз позицияларын, өз орулдарын ээлеп, түн ичинде эрөөлгө чыгышты...

* * *

... Шыбыргактап, акшак кар жаап турду. Качике ПТРды бек кучактап, боору менен кырда жаткан эле. Айлана аппак болуп, алды, аркасы бир далай жерге чейин даана көрүнөт. Жымжырт. Качике согуш майданына биринчи кирип, биринчи жолу душ-

ман жакты бет алып жатканын ойлоп, ишенбейт; түнкү тактика окуусунда да ушинтип жатып көрбөдү беле? Ал эми кокустан душмандын таңкасы чындап бет алдынан чыга калса кантет? Аталабы? Аткан менен тийгизе алабы? ПТР менен элүү метр жерден бутаны бир гана жолу атып көргөн, анда да сүрдөп жатып, мылтыктын тээгин кандай басканын билбей калган, бирок ок бутанын так ортосун көзөп өтүп кеткен экен, ал эми мунун кандайча тийип калганына өзү да түшүнгөн эмес. Мына эми тирүү душманды, анын айбаттуу таңкасы бет алып, жалгыз жатат. Дагы бир жерде башка взводдун кароолчусу жаткандыр, бирок ал жардам береби?

Алдыда, душман менен түздөн-түз беттешип жаткан мылтыкчандар, автоматчиктер, ПТРчылар, пулемётчиктер бар экенин, душман ошол алдыдагылардан өтүп кеталса гана бери келерин, албетте, Качике билген эмес. Адамды талыкшытып талдырган жымжырттыкта ар кайсыны ойлоп жаткан Качикенин жанынан кокустан татыраган шыбырт чыгып, Качике селт этип, эси чыгып кетти. Атууга даяр болуп октолуп турган мылтыгынын да кайда кеткенин билбей калды. Аңдоосуздан чочуган кишинин адатынча Качике элеңдеп, эки жагын карады. Түн баякысындай жымжырт; куураган тулаң чөп шыбыргак менен аппак болуп турат. Аңгыча жеңине бирдеме кыбырап кирип келатканын туйду Качике жеңин чапкылап, ордунан тура калды. Көрсө… кубалашып жүргөн арс чычкан экен!

Качикенин жоо менен «беттешкен» биринчи түндөгү эрдиги ушу болду.

Эртеси таң эртеңден баштап, Седельниковдун взводу окоп казууга киришти. Ар бир солдат өзүнчө окоп казышмак Козлов ротанын кошунан лом, балта күрөк алып келди. Бул куралдарды взвод алмак-салмак пайдаланышчу, Качике өзүнүн окобун адегенде бел күрөгү менен казып көрдү. Жер тоң экен, бел күрөктүн алы жетпеди. Анан лом, балта, күрөк менен киришти. Тоң бүткөндөн кийин таш чыкты. Ташты лом, бел күрөк, кала берсе Оролдогудай колу менен чукулады. Бүт рота кара терге түшүп окоп казып жатты. Качикенин окобу тизеден өйдөлөп

келгенде чыпылдап суу чыга баштады суу чыкса чыксын, жок дегенде бел курчоого чейин казайын деп, ботала баткак, суу болуп, тырмалаңдап жатканда Седельников, Козлов, Щетининдер келди (Щетинин да кийинки убактарда тамак издеп жойлоп кетчү болгон эле).

– Кандай, абышка?– деди Седельников жер казып жаткан Качикеге.

Качике башын буруп, буларды көрдү да окоптун четине отурду. Окоптун түбү баткак, чыла болуп, Качикенин болсо ылайдан көзү көрүнбөй калган.

– Кыргыздын жериндей асыл жерди көрө албадым,– деди Качике, жини келип.– Бул эмне деген жер! Үстү тоң, ортосу таштак, түбү суу! Токоюна барсаң кум эшилип, басалбайсың. Жер деп биздин жерди айт! Тарсылдап кана турат. Кара топурагы да бар, ак топурагы да бар. Жумшак десең жумшак, катуу десең катуу. Үч сааттан бери нукулаймын, өлсөм өлүгүм бата турган эмес. Теги узунуман батамбы? Белим да ооруп чыкты...

– Эчкимаарак да өзү жаткан сазды мактайт... Белиңдин ооруганы болсо андан эмес, кыргыздын сулуу кыз-келиндерине көп чуркаганыңдан көр!– деди Седельников; баары күлүп калышты.

– Жеке кыргыздын кыздары болсо эчтеке болбойт элем, илгери Москвада...– деп, Качике күлүп жиберди.

– И-и,– деди Седельников,– укканбыз, илгери Тверь көчөсүндөгү сойкулардан далайлардын бели мертинген деп укканбыз. Кыргыздын кыздары өөп, кучактаганды билбесе керек, ошол Москванын сойкулары жеген да!

– Бүгүн Ормоновдун тили чыгып калыптыр, муну эмнеге жоруш керек?– деп, Козлов күлдү.

– Өлөрүнө көрүнгөндүр десек көңүлүнө албас!– деди Седельников каткырып.

– Ансыз деле түндө чычкандан коркуп өлүп кала жаздадым,– деди Качике күлбөй.

– Чычкандан?

Качике түндөгү чычкандан корконун айтып берди. Седельников, Козловдор боорун тырмап күлүштү.

– Щетининге үч-төрт кишинин тамагын берсе бир заматта мындай аңдын он чактысын казмак. Сен, Щетинин, сугалактыгыңды коюп жүргүн, немецтерден экинчи тамак жегис болуп тоюп жүрбө!– деди Седелышков, чындап эскертип.

– Мейли!– деди Щетинин тултуюп.

– Ормонов, жетет, түбүнөн суу чыгып кетет. Астын тазала да Щетинин экөөңөр даяр болуп тургула, Душмандын машинасын мына бу кырдан тосуп тургула, замбиректин огу түшө баштаса бул тешигиңерге кире качасыңар. Токтотчу!– деди Седельников кулагын түрүп. Баары тыңшап калышты.

Ошо замат арстандын айкырыгындай айбаттуу үн чыгып, бул үн удаа-удаасы менен чыкты да, анан күркүрөк-шаркыракка айланып кетти.

– Биздин «Катюша» баштады!– деди Седельников.

– Эми артиллерия кошулат,– деди Козлов.

– Кайдагы артиллерия!– деди Щетинин,– эгерде бизде артиллерия болсо ушунча адамдын күчү менен немецтерди тепсеп кетет элек!

– Сен бала, токтой турчу, «рама» келатабы?– деди Седельников, көктү карап.

Чаян куйрук чоң самолёт жай баракат учуп өттү да, тарп аңдыган жоруча акырын тегерене баштады.

«Рама» тегеренген жактан көгүш түтүнгө аралаш, куйрук жагы кыпкызыл болуп күйүп бараткан узун бирдемелер куйрук улаш болуп, душманды көздөй учуп жаткан эле.

Качике ушуга чейин «Катюшаны» укканы менен «Катюша деген эмне, «Рама» деген эмне,– билген эмес. Мына эми реактивдүү снаряддарды атып жаткан «Катюшаны», замбиректин огунан башка ок өтпөй турган брондолгон «раманы» көрүп, аңырайып туруп калды.

– Муну ата турган зенит замбирек да жок, тиги кошмоктоштурулган пулемётту буурчак менен атканча да көрбөйт,– деди Щетинин. Эй кыргыздын Иванушка-дурачогу,– деди Седельников,– сен оозуңду ачып отурбай, жумушуңду бүтүр! Жүр, Козлов! Щетинин, ордуңа бар. Биздин бардык артиллерия кириишти. Душ-

ман ата баштаса дароо далдаага кире качкыла. Немецтер атууну токтотор замат же чабуулга, же чабуулду кайтарууга даяр болгула!– Седельников менен Козлов жайбаракат, эчтеме менен иши жок кишиче басып кетишти. Алар кетер замат Щетинин:

– Абышка, наның барбы?– деди.

– Анан келчи,– деди Качике, бирок Щетининдин кетпесин билип, баштыгындагы нандан сындырып берди. Боткосун бая күнү жеп алган болучу.

– Өзүң да жеп ал,– деди Щетинин, басып баратып, нанды аптыга сугунуп.– Жеп ал, өлсөң калып калат.

Качике ансыз эле өзөөрүп араң турган. Дароо окоптун түбүн тазалап болуп, тышка чыгып отурду. Курсагы да ачып, чарчап, каржалып турган эле. Күн жылуу тийип турду. Качике чалкасынан жатып алып, нанды акырын чайнап, жутуп жиберсе курсактан башка бир жакка түшүп кете тургансып, аяп, араңдан зорго жутуп жатты. Ордун которгон «Катюшанын» үнү башка жактан чыга баштады. Капыстан самолёттун үнүн укту да, башын көтөрдү. Душман тараптан буларды көздөй түптүз бир самолёт учуп келатты. Качике окопко кире качайын деди да, самолёттун канатындагы кызыл жылдызды көрүп, кайта отурду. Ошо замат самолёттон Качикеге жалт-жулт эткен кызыл-тазыл ок жаады. Качике окопко кулады. Анан үстөмөн жаткан Качикенин кулагына бир башкача, өмүрүндө угуп көрбөгөн жат, жүрөктү, кишинин ичин кескилегендей болуп чыңырган ачуу үн чыкты да, так үстүнө «Ах-х!» деген бирдеме келип түштү. Бирдемелер үстүнөн чыркырып учуп өтүп жатты. Ушул үндөр кайталаган сайын Качикении бүткөн бою дүркүрөп, жер менен жер болуп, нарылап кирип кеткиси келип, жерге жабыша берди. Ачуу үндөн кийин ар бир «Ах-х!» деген сайын ошол «Ах-х!» деген неме үстүнө келип түшүп жаткансып, Качикенин жону солк этип былкылдап, эти үркүп, этинин түгү типтик болуп, сайгылашып турду. Качике өзүнүн үстүнө «Ах-х» деп түшүп жаткан немеден жер солк этkенде жер кысып бараткандай жыйрылып, кысып бараткан жерге туруштук берчүүдөй болуп, колун, бүткөн боюн бырыштырып, карышып турду. Ушул калып-

та канча жатканын Качике билген жок. Бүткүл дүнүйө астын-үстүн түшүп, чагылган чартылдап, темир менен темир кагашып, качырап, чыңырык, чаңырык болуп, бардык нерсенин баары чарк айланып кеткенсиди.

Мындай алааматты өмүрүндө башынан өткөрбөгөн адамга дүнүйөнүн бул чакчалекейи басылбачудай. Бирок күн күркүрөп басылгандай, бул күркүрөк да басылды. Өлүк менен тирүүнүн ортосунда жаткан Качике акырын кыймылдай баштады. Бүткөн бою талкаланып калгандай, былк эткен жеринин баары ооруп, араң дегенде тар кысыктан өйдө болуп, кысыктын четине отурду. Тамагы какшып, тили оозуна батпай кургап, жиниккен немедей ийнинен дем алып, энтигет. Шорголоѓон кара тер баткак болуп турган бетинен салаа-салаа болуп агып жатты. Башы тегеренип, кулагы тунуп чуркурап, көздөрү тунарып, эсинен танып турду. Түтүн ыш, күйүк жыттанып, Качикенин кускусу келе баштады. Тоң жер эрип, окоптун ичине чыла болуп ага баштаганын көрүп, Качике кочушун тосуп, жан талашып ичип жатты. Баткак суу анткен менен какшыган көкүрөктү жибитип, эң эле таттуу даамданды.

Коркуп жатып карышып кала жаздаган колдору камтууга келбей, мылтык, баштыгын көтөрүп, Щетининдин жанына келди. Щетинин да окоптон чыгып, ПТРын тазалап отурган экен. Он алты жарым килограмм бу мылтыкты жол жүргөндө эки киши (1-2 №) ийнине көтөрөт. Ошондуктан ал бата турган окоптун тереңдиги да, узундугу да эки метрге жакын болуш керек эле. Бирок андай окоп казылган эмес.

– Тирүү барсыңбы, абышка?– деди Щетинин күлүп, а да ботала болуп турган болучу. Качикенин кишинин боору ооруй тургандай өңү кетип, жүдөп, эси чыгып, шакмар болуп турганын көрүп, Щетинин дагы күлдү:

– Жаныңды жанакы тырмышып жатып казып алган кичинекей кысыгың алып калбадыбы, абышка, болбосо күлүң асманга сапырылат эле. Бел курчоого чейин араң казган чуңкурум кыскараак болуп, мына бу соройгон узун ит батпай кууратпадыбы! Баякы көп казган окоптордун пайдасы тийдиби, абышка?

– Тийди,– деди алы кетип араң турган Качике.

– Наныңан калдыбы, абышка? – деди Щетинин мылтыгын тазалап болуп.

Качикенин жүрөгүнө эчтеме барбай турган, калган сухарларды Щетининге берди.

Щетинин сухарды кемирип бүтө электе тегеректин баары автоматтын жаңырыгы болуп, ызы-чуу, кыйкырык башталды. Мылтыкчан рота, батальондор, автоматчиктер өзү менен өзү атышып, чакчалекей түшүп кеткендей көрүндү.

– Немецтер экен!– деди Щетинин наным чайнай албай,– ошолордун автоматы ошондой такылдак болот!

Качике беш атар мылтыгын октоп, адырдын жалына чыга калды.

– Немецтин автоматчиктери биздин автоматчиктер ротасынын блиндажын ээлеп алыптыр,– деген Козловдун үнү угулду.

Качике тынбай дырылдаган автоматтын үнүнөн башка эч кандай немецти көралган жок.

– Тигине! Тигине! Ат! Ат! – деди Качикеге Козлов, өзү сыңар тизелеп отура калып, атып жатып.

– Алга!– деди Седельников, алда кайдан чыга калып. Качике баякысындай эле немецтердин автоматчиктерин көрбөй, чуркап баратты. Седельников сыртынан жоон, оор эттүү көрүнгөнү менен баладан бетер ылдам чуркап, Качикеден өтүп кетти. Ошол замат такылдаган автоматтын үнү булардын жанынан чыккандай болуп угулду.

– Жат!– деди да, Седельников жерге кулады. Козлов да, анын оң жагында бараткан Качике да жалп этип кулап калышты. Качике жерге жыгылганда катуу бирдеме келип оң көзүнө тийди. Качике муну ок деген эле. Ошо замат автоматтардын багыты башка жакка ооду.

Бул бүлүк немецтердин эң жакшы көрүп, көп колдонгон тактикасынын бири. Бу тактиканын методу боюнча эки тарап замбирек же майда куралдар менен жакын беттешип, капсалаң болуп турганда немецтер бир нече автоматчиктерди душмандын арасына байкатпай жиберчү. Булар штабга, автоматчиктерге,

мылтыкчыларга капыстан кол салып, душмандын арасына бүлүк түшүрүп, коюп, эмне болуп кеткени билинбей жатканда тымызын кетип калыша турган. Ошол тополоңдон пайдаланып, немецтер чабуул коючу. Бу жолу немецтер баякы Качике корккон ачуу үндүү алты ооз миномёт менен (аны эшек дешчү) атып жатып, өздөрүнүн автоматчыларын жиберип, блиндажга калкаланган автоматчылар ротасын кыйратып, андан кийин бүткүл мылтыкчандардын арасына чакчелекей түшүрдү. Автоматка каршы башын көтөрө албаган мылтыкчылар бүлүк түшүп, кайдан атып жатканына түшүнбөй, камоодо калдыкпы деп, тополоң боло калганы ошо болучу. Анын үстүнө бул аскерлердин жолуна таштаган немецтердин баракчаларына караганда немецтер бул аскерлердин кайдан келатканын, кимдерден түзүлгөнүн билген; ошо билгендигинен немецтер Орто-Азиянын жаштары үчүн атайы баракча-пропуска таштап, согушка, Совет өкмөтүнө каршы үгүттөгөн. Ошондуктан немецтер өздөрүнүн бул тактикасы жаңы «тымсак» солдаттарга зор таасир этип, ушундай тополоң маалда Орто-Азиялыктардын бир тобу наржака өтүп кетет деп ойлогон болуш керек. Жаңы солдаттардын чын эле жүрөгүн түшүрө турган жомоктогу чыңыроондой ачуу үндүү алты ооз миномётторду колдонгону да, бир жагынан, бекер болбоо керек.

– Кутурган немецтерди бизсиз жайлашты окшойт,– деди Седельников.

Седельников, Козлов, Качике, дагы бир солдат ордунан туруп, мурунку адырдын жанына келишти. Качике Щетининдин жанына андан бетер чарчап келип отурду.

– Мен сени тирүү келбейтко дедим эле, абышка,– деди Щетинин. Щетинин канталап турган көзүн көрүп, таң калды,– бул эмне?

– Жерге жата калаарымда түшкөн октон тоң ыргып көзүмө тийди.

– Жат деп ким команда берди?

– Седельников.

– Сени Седельников, Козловдор нечен жолу тилдеп, нечен жолу сөктү. Мен билчүмүн, сен ыза болуп, буларды жаман да

көрүп жүрдүң. Жакшы командир бекер тилдебейт. Седельников болбосо өлүп калат элең, ал дароо билбедиби, ме, тамеки чегип ал, – деп оозундагы тамекисин берди. Качике тамекини шып оозуна алып, бирок жыргап туруп соруп жатты.

* * *

Тополоң басылар менен эки тарап тең тынчый түштү. Күн кыпкызыл болуп, төмөндөй баштаган. Бирок бул тынчтык бир минуттук болду. Немецтер полктун арт жагын артиллерия менен атып, алды жактан майда куралдардын атышканы угулду. Биздин жак ошо замат артиллерия, «катюша» менен жооп берип, күн батарга жакын согуш кызый турган окшоду.

Ошол учурда полктун оң жак канатындагы ПТР взводунан кыйкырык, сөгүп тилдеген үндөр чыкты. Наркы өйүздөгү адырдын жалынан ПТР мылтыгын бакандай кылып ийнине асып алып, ылдый карай Самтыров түшүп келатты.

– Назад! Назад! -– деген кыйкырык угулду.

– Танк келатат! Танк!– деди да,– Бекболот Самтыров кайта бурулбай келе берип, кабакка кирип кетти.

Бир нече минутадан кийин:

– Щетинин, Ормонов, алга! Алдыда танк!– деген Козловдун командасы угулду.

Ошол замат ПТРды Щетинин ооз жагынан, Ормонов Качике кундак жагынан кармап, али көрүнө элек танкты көздөй чуркашты. Кабактан өтүп, наркы кырдын жалына чыга бергенде, Щетинин:

– Жат, абышка!– деди.

Экөө жата калышты.

– Патрондорду камда!

– Камдалуу!– деди Качике.

Адырдын так кырына ПТРдын шыйрактарын бек орнотуп, жер менен жер болуп, жатып калышты. Ошол замат алдыда жаткан Щетинин акырын, шыбырагансып, балдырап ылдам сүйлөп калды.

– Карачы, абышка, танкалар келатат, көрдүңбү?

Качике жылып барып карады, ромба формасы менен алыста төрт танк келаткан экен.

– Көрдүңбү?

– Көрдүм...

– Коркуп турасыңбы?

– Коркуп турам.

– Мени коркпойт дейсиңби? Мындайдын далайын көргөн мен да коркуп турам. Мунуңа толук ишенем. Коркпойм десең, анда, ишенбейт элем, абышка! Чорт алысыраак, жакындасын. Карачы, Мишка чуркап келатат! Атар жайды биз окшоп мурунураак ээлеш керек эле. Танкадагылар көрүп койсо оңдурбайт. Кана, абышка, камдан, же бадалда калар башыбыз, же орденге толор төшүбүз! Башкы танкты мелжедим! Бронь тешкич менен өрттөгүч патрондорду камда, абышка!– деди Щетинин.

– Камдалуу!– деди Качике.

Танктар жайбаракат шашпай келатышты. Булар өңгүл-дөңгүл, адырлуу жерлерге ылайыкталган жеңил танктар эле. Сүрдүү танктар өр өрдөп, күркүрөп-шаркырап, жакындай баштады.

– Атпайсыңбы?– деди Качике, жүрөгү опкоолжуп.

– Жакыныраак келсин! Жакын жерден көрбөйт. Мылтыгыңды жаныңа кой, Танктан ыргып түшкөнүн сок– деди Щетинин.

Танктар уламдан улам жакындап, андан бетер айбаттуу, окту, ПТРдын кичинекей огун тоотпочудай көрүнүп, тепсеп кетчүдөй болуп жакындап, катарын бузбай келатышты.

– Баштадым!– деди да, Щетинин ПТРдын тээгин басып калды. Кайта октоп, кайта басты. Башкы танк менен кошо танктардын баары ылдамдап, ата баштады. Анан ойдо жок жерден (Качикенин таптакыр оюнда жок болчу) алдыңкы танктан бурк этип түтүн чыкты да тегеренип калды.

– Есть, старик!– деп мөрөй алган Щетинин кыйкырып жиберди.– Патрон, патрон! Гранаталарды камда!

– Ат, ат!– деди Щетинин.

Башкы танктын сол жак артындагы танк да жалбырттап күйө баштады.

– Бу Мишка! Аз-замат!– деди Щетинин.

– Баштадым!– деди Качике да. Алдыңкы танктын астыңкы люгунан да, үстүңкү люгунан да кишилер чыга баштады. Качике үстүңкү люктөгүнү атты. Колу калтырап, жүрөгү туйлап турган Качике кантип атканын да, баякы каадасынча билбей калды.

– Есть, старик! Сен бир фашистти, мен эки танкты!– деди култуңдап сүйлөгөн Щетинин,– аз-заматсың, абышкам!

– Меники тийдиби?– деди Качике.

– Өзүң көргөн жоксуңбу?

– Жок.

Согуш майданында үч танк жалбырттап күйүп жатты. Танктын экипаждарынын чыгалбагандары танктын ичинде күйүп, чыккандары же кутулуп, же мылтыктын огуна учуп жатышты.

Полк атака баштады.

Мына ушул учурда душмандын бүткүл артиллериясы тилге кирди.

– Алга!– деди арт жактан Козлов.

– Кеттик, абышка!– деди Щетинин.

Качике дароо баштыктын оозун байлап, жонуна арта салып, мылтыгын асынып, ПТРдын кундагынан кармады.

– Эх, тамак болсо жеп алсам!– деди Щетинин улутунуп.– Сенчи абышка?

– Кускум келип турат, Ваня...– деди Качике окшуп.

– Мен да ошондой болгомун, кеттик! Немецтерге барып konok болобуз абышка, ичебиз!– деди Щетинин.

Ошол учурда ой-кырдын баары биздин солдат, биздин кишилер болуп кетти. Күн бата жаздап бараткан. Түтүн, дарынын жыты, замбирек, мылтык, автоматтардын үнүнүн баары кошулуп, туташкан, күркүрөк, шаркырак.

Щетинин менен Качике ойду көздөй чуркап баратты. Кокустан Качике мүдүрүлгөнсүп барып, тегеренип кетти.

– Сага эмне болду, абышка?– деди энтигип тердеген Щетинин эңкейип. «Абышка» унчукпады. Анын көзү жумулуу эле.

– Абышка! Абышка!– деди дагы Щетинин.

– А?– деди кокустан Качике.

– Эмне болдуң?

Качике жооп бералбады.

– Тирүү болсоң тынч жата бер! Колуңдан келсе жараңды таңып ал. Өзүм келип алып кетем!– деди да ПТРды жалгыз көтөрүп, Щетинин чуркаган бойдон кетти.

Качике этинин ооруганын да, согуштун катуулап жүрүп, тегеректин баары күркүрөп-шаркырап жатканын да туйбай, чарчаган киши катуу уктап кеткендей, чалкасынан түшүп, мемиреп жата берди. Муну көргөндөр, балким, кыйналбай мүрт өлгөн экен дей тургандай эле.

– Ормонов жаралуу!– деди Козлов арт жактагы Седельниковго.

– Онтойбу?– деп, Седельников сурап, кулагын тосуп тыңшады.

– Угулбайт,– деди Козлов.

– Чакыр,– деди Седельников.

– Ормонов! Костя! Костя! тирүүсүңбү?– Козлов бир топ кыйкырып, жооп алган жок.

– Балким эси ооп калгандыр, жер боортоктоп баралы,– деди Седельников.

Качике акырын көзүн ачты. Айлана тунжурап, шыбырт эткен табыш жок, жымжырт болуп турат. «Мага эмне болду? Жыгылдымбы? Эмне болуп? Жарадар болдумбу же өлдүмбү? Эгер жарадар болсом, эмне үчүн этим оорубайт? Чуркап баратпадым беле? Бирөө катуу түрткөндөй болду эле... Щетинин кайда? Эмне үчүн жымжырт болуп турат? Бул эмне деген жымжырттык? Атышуу токтогонбу? Бул эмне деген жымжырттык? Өлүмдүн жымжырттыгыбы же тирүүлүктүн жымжырттыгыбы? Кишилер кайда?

Качикенин кайта көзү жумулду. Асман ачык, асмандан булут аралаш алыс жеринен бирде жоголуп, бирде кайта пайда болуп, ак канаттуу periште жүргөнсүйт... «Бу кайдагы периште?– дейт ичинен Качике,– эмне үчүн периште... эмне көрүнөт!.. Мен Лермонтовду окуп жаттым беле? Тигине... периште дагы көрүндү. Акырын булут аралап, акырын учуп жүрөт. Бирдеме деп үн салгансыйбы? Тыңшайынчы... бирдеме деп жатат... же ырдап жатабы? Бу Лермонтовдун түн ичинде ырдаган периштеси болбосун? Мен «Периштени» бирөөнүн дептеринен окугамын.

Ким эле? А... менин байкуш акын жолдошум Искендердин дептеринен көргөн экемин. Кыргызчага которгон экен. Эсимде:

Түн ортосу... периште учуп асманда,
Акырын, жумшак созуп көпкө ырдады,
Ай да, жылдыз, булут бирге топтошуп,
Кереметтүү ал овонду тыңшады...

Искендер кайда? Аны да согушта деп уккамын. Тиги периште кайда кетти? Периште... бу ким? Бу периште эмес... бу... менин кызым... үрпөйүп, жүдөгөн... көңүлү ооругандай сумсайып турат. Тигине. Улутунду... улутунуп мени карап турат... Мени айыптап, азапка сен салдың деп өпкөлөп, таарынып да, жаман да көрүп, сагыныш да турат... кызым! Кызым!..»

Кимдир бирөө далысынан жулкулдатып жатканын бирде эсине келип, бирде эстен танып жаткан Качике, болор-болбос туйду.

– Костя! Костя, тирүүсүңбү? Көзүңдү ач!

Качике түштөгүдөй болуп, Козловдун, дагы бирөөнүн тааныш үнүн угуп жатты.

– Костя! Энеңди!..– деп, Козлов тилдеп жиберди.

– А?..– деди акырында Качике.

– Тирүүсүңбү? Пакетти апкел!– деди Козлов.

Качике эми баарына түшүндү. Булар Козлов менен Седельников. «Эмне үчүн булар?»– деп, оюна да кетти. Сол колун Качике акырын жылдырып, шымынын чөнтөгүнө апарды.

– Ылдам бер! Э...– деп, Козлов дагы тилдеди.

«Буга эмне болуп калган? «Бат кыймылдай албаганым үчүн мен жазыктуумунбу?»– деди ичинен Качике, санитарный пакетти акырын Козловго узатып жатып.

– Арам өлгөн немедей жатып алыптыр... ичегиси чубалганы жатса!– деди Седельников, жазыгың ушул дегенсип.

– Чын эле ичегиси чубалып калган го?– деди шыбырап Козлов.

– Акырын!– деди Седельников, Козловду сүйлөтпөй.

Козлов менен Седельников ылдам Качикенин курсагын таңышты.

– Кел эми сүйрөйлүк,– деди Седельников.– Костя, жардам бере аласыңбы? Бутуң менен, бутуң менен!

Качике оң буту кыймылдабаганынан сол буту менен жер тээп, тиги экөө шинелдин жакасынан тартып, сүйрөп, боортоктоп артка жыла баштады. Эми Качикенин курсагы ачышып, бир жери омурулуп бараткансып, ооруп, акырын онтогондой болду, бирок» онтогону угулган жок.

## XXI

Адырдын наркы бетине түшкөндө Седельников да, Козлов да энтигип, кара терге түштү. Козлов Качикенин баштыгын чечип ичиндегисин жерге төктү. Патрон, граната, солдаттын толгон буюмдары чачылып, жерге жайнап калды. Эмне үчүн Козлов мындай кылып жатканын Качике, түшүнгөн жок.

– Мылтыгын мен тапшырам,– деди Седельников,– мындайда санитарлар чыкчу беле, өзүң барып санчастка жеткизип кел. Уставка карап отурабызбы. Костя, туруп көрчү!– Козлов экөө Качикени колтуктап тургузду.

– Кандайсың? Басаласыңбы?– деди Козлов.

– Басам,– деди Качике, калчылдап.

– Эмесе баргыла, тирүү болсоң кат жаз, Костенька, колуңду бер,– деди да Качикенин араң сунган колун бек кысып, басып кетти. Качике ушу «Костенька» деген сөздү ушул старшый сержанттын оозунан биринчи угуп турган эле. Мууну бошоп, жашып турганын жарага шылтоолоп, билгизген жок; Козлов колтуктап, Качике араң басты.

Козлов менен Качике аркасында эмнелер болуп жатканын эми гана көрдү. Төмөн жактагы ойдуңда тоо-тоо болгон ящиктер, машиналар, ат-араба, замбиректер толуп кетиптир; мылтыкчылар батальонун узун бойлуу, арык чырай, жашабырак калган командири (аны Качике көргөн эле) ушу жерде мындан наркы чабуулдун ийгилиги үчүн болгон даярдыкты башкарып жаткан экен.

Караңгы түшүп баратты. Качике ылдыйга түшүп келатып, чарчап, батальондун командири турган жердеги ящиктердин бирине отурмакчы болгондо:

– Сержант,– деди Козловго карап,– бу жерге отургузба, көрдүңбү, атып жатканын, ящик жарылып кетсе өлбөйбү?– деди.

«Кызык,– деди ичинен Качике, ок жаап турганда өз башын ойлобой, бирөөнүн камын көргөн кишилерге таң калып,– кызык! Бул эмне деген жигердүүлүк, эмне деген асыл сапаттуулук? Адамдагы асыл касиетке теңеше турган эчтеме жок экен го! О биздин кишилер, биздин асыл кишилер! Ушундай жашап, ушундай иштеп, ушинтип өлөт экен го!..»

Булар аскердин коштору, замбирек, машина өтүп жатып, тизеге чейин баткак, чыла болуп эзилип турган жолдун чети менен акырын басып баратышты. Буларга жолдо плащ-палатка жамынган мылтыкчан бир солдат жолдош болду.

– Эй плащ-палатка, кайда?– деди Козлов.

– Санчастка,– деди солдат.

– Өзүң кимсиң?

– Санитармын.

– Санитармын? Эй, бети жок, жарадарларды алып барбай өзүң баратасыңбы?– деди Козлов кыпкызыл болуп чыңалып.

– Өзүм жарадармын,– деди солдат камырабай.

– Кана, каериң?– деди Козлов ансайын жини келип.

– Мына!– деп таңып алган сол колунун баш бармагын көрсөттү.

Козлов солдатты келтирип туруп ашатты. Санитар кызарып да койгон жок. Унчукпай тамекисин буркуратып баса берди.

– Келе плащ-палатканы мабу жарадарга, күн жаап келатат, жамынып алсын, балким жолдо жатып калабы,– деди Козлов, мылтыгын ийнинен алып.

– Плащ-палатканын буга эмне кереги бар?– деди солдат солк этип койбой,– оор жарадар окшойт, өлүп калса бирөө кийип кетпейби? Эмне мылтыгыңды кезейсиң? Менде деле мылтык бар... Ме, керек болсо жаап кой. Мен кызматыма карап айттым, менин жумушум оор жумуш, күнү-түнү... жаан-чачын...

– Чеч! -деди Козлов,– жарып салам!

– Жарбай эле ала кой!– деди камырабаган солдат, бирок плащ-палатканы чечпей, тамекисин жайбаракат тартып.

– Кереги жок, жолдош Козлов,– деди Качике, бөкчөйүп араң басып.– Тамеки чектирип коюңузчу.

Козлов тамеки ороп, өзү бир-эки сорду да, Качикеге сунду. Качике бир-эки сорор замат оозун басып, тамекини Козловго кайтарып берип, отура калды.

– Кускум келип кетти...– деди акырын Качике.

Санчастка жеткенде түн бир далай болуп калган эле.

Санчастка аппак кар болуп кирип келишти. Кичинекей, тар үй толтура жарадар экен. Керосин лампа менен иштеп жаткан докторлор менен санитар, медсестралар ушунча жарадарды карап чыгышка үлгүрө албай, суй жыгылып жатышкан. Качике болсо же жаталбай, же отуралбай, кыйналып турду. Козлов докторлор менен сүйлөшүп көрдү, бирок анын сүйлөшкөнүнөн эчтеме чыкпасына көзү жеткенден кийин тым болуп, Качикенин жанында үргүлөп отурду.

– Мени таштап кете бербейсизби?– деди Качике үргүлөп отурган Козловго.

Козлов дароо ойгонуп:

– Жок буларга өз колум менен тапшырып коюп кетем,– деп, кайта үргүлөй баштады.

Таңга жакын ак халатчан санитар онтоп тик туруп турган Качикени жетелеп, докторго алпарды. Доктор Качикенин канга чыланып кеткен таңуусун алып таштап, чочуп кетти.

– Бу качан келди?– деди доктор.

– Күүгүм киргенде эле келген, айтсам мобу санитар болбой койгон,– деди дароо ойгонуп кеткен Козлов.

– Дароо санбатка жеткизиш керек, барыңыз, чана камдаңыз, жарасы коркунучтуу экен, операция керек, жаңы таңуу койгула,– деп буйрук берди да, өзү таңыша баштады.

Качикени чанага алып чыкканда кар дале жаап, шамал күчөп турган экен. Козлов Качикенин колун бек кысып, экөө кучакташып өбүштү.

– Рахмат, жолдош Козлов,– деди Качике.

– Рахмат айтып алкабай эле кой, бизди унутпай жүр, Костенька,– деди да, үнү каргылданып, кышылдап, Качикенин ко-

лун дагы бир ирет кысып, жүрүп кетти. Кар-бороондо эрбеңдеп бараткан Козловдун карааны үзүлгүчө карап турду да, акырын чанага жатты. Чана айдаган далдайган чоң, тумагын баса кийген мужук Качикени жууркан менен чүмкөй жаап, эки жагын кымтып, чананы жөө айдап алды.

«Ах Козлов, Козлов! Седельников, Жадов! Щетинин! Согуштагы жолдоштор! Эми гана кан төгүлгөн майданда баш кошуп, сыр алышып келаткан жолдошторум!.. Согуштагы менин өмүрүм кыска болду. Бирөөлөрдүн жылдап согуш майданында жүрсө да чырпыгы сынбайт, андайлар мага окшоп капкайдагыны ойлоп, баштарына не деген оор машакат түшсө да кабак-кашым дешпейт. Жаман кишиге айла жок тура! Жүдөп жүрүп жок болот экен го. Ах Качике, Качике! Сен эмне деген жансың? Жаш кездеги сен ойлогон, сен бапестеп жүргөн бийик идеал, зор тилектер кайда? Кайда сенин жүрөктөгү шаркыраган ак булагың? Эми өзүң чаңкап, өзүң аңкап, тилиң кургап, оозуңа суу тамызар кишиге зар болуп отурасың!.. Күндөн күнгө чөгүп, кургаган сайдай болуп баратасың! Уят, уят, уят!..»

Ушул учурда чана аңтарылып кетти да, Качике алда кайда тоголонуп кетип, чочуганынан да, жарасы ооруганынан да онтоп кыйкырып жиберди. Чана айдаган мужук алда кимдерди тилдеп, өзүнөн өзү сөгүнүп, Качикени тургузуп, чанага кайта салды. Кайта жуурканды чүмкөй ороп, акырын чанасын айдады. Качике онтой берди.

– Өгүздөй өкүргөн неме экен, орус болбосо керек!

Орус болсо унчукпайт эле!– деп, чана айдаган абышка өзү менен өзү сүйлөшүп, Качикени жемелеп баратты. Ичегиси үзүлүп кеткенсип, жарасы ооруп баратса да, Качике бырс күлүп жибере жаздады.

«Ах абышка, абышка! Көптү көргөн неме окшойсуң. Балким сенин жашың 70-80 дедир, балким андан да ашыктыр. Балким сен биринчи дүйнөлүк согушка, граждандык согушка катышып, далай жолу жарадар болуп, тилиңди тишиңе катып, онтобой тиштенгендирсиң... Же болбосо ошондой тиштегендерди көрүп, таң калып, ал эмес өзүң онтогондо онтобой жатып жан бергендерди

көрүп, уялганыңан жууркан менен бетиңди жаап, тескери карап жаткандырсың...»

Качике ушу сыяктуу ойлор менен күн чыкканда санбатка жетти. Санбатта врач Качикенин жарасын көрүп, калганын медсестрага тапшырды да:

– Жата турган машина менен полевой госпиталга,– деди.

Татынакай жапжаш, күлүмсүрөп сүйлөгөн медсестра Качикени чебердеп, жумшак, жылуу колу менен жараны кайта таңып, түрүп койгон кабат-кабат көйнөктөрүн, гимнастеркасын, чечилген шинелин кийгизди. Шинелдин оң жеңин кийгизип жатып:

– Шинелдин жеңи эмне кан? Колуңузду бери апкелиңизчи,– деди да, көйнөктүн жеңин ачып көрүп, чочуп, чыр дей түштү.– Шинелдин жеңин чечиңиз, сиз өзүңүз билген жок белеңиз?– деди, жылмайып.

– Жок,– деди Качике колунун жарасын өзү да биринчи көрүп, таң калып.

– Доктор, караңызчы, колунда да осколка бар экен,– деди татынакай медсестра.

– Таңып коё бериңиз дагы чечинтсеңиз дагы жаралуу жерин көрө бересиз,– деди карт доктор, тултуйган көз айнек кийген көзүн күлүңдөтүп.

Татынакай медсестра кыпкызыл боло түшүп, Качикеге карап күлүмсүрөп:

– Башка жериңизде ок тийген жер бар экени билинбейби?– деди.

– Бар болсо да эми сизге айтпайм!– деди Качике, өлөлбай жатып өлөң айтат дегендей, доктордун сөзүнөн улам кичине жылмайымыш болуп, анын бул жылмайышынан адам түсүнөн кетип, бопбоз болуп турган өңүнө болор-болбос жан киргенсип турду.

– Сиздин жаныңызды шинел, кийимдериңиз алып калыптыр,– деп, сестра жылмайып койду.

Керз өтүкчөн, тумак, шырымалчан шофер кирди да, татынакай сестрага сылыктанып, жагынгысы келип сүйлөп:

– Эжекеси, бир орун калды, уруксат берсеңиз кете берейинби?– деди.

– Мынабу жаш жигитти ала кетесиз,– деп, сестра шоферге да жылмайып койду. Шофер Качикени бир тиктеп алды да, эшикке чыгып кетип, кайта кирди.

– Муну жеп, курсагыңды тойгузуп ал, солдат, эч ким буга бирдеме бере да алган эместир,– деди шофер, сестрага карап жайдары күлүп.

Машинанын ичинде төрт киши жатып бара турган орун бар экен, Качике нанды бооруна кысып, акырын үзүп жеп баратты. «Татынакай жайдары сестранын колумду байкай койгонун кара! Кызык, кызык, азыр айран-таң кала турган кызык!»– дейт жатып алып Качике. Чычкандан коркуп келип блиндажга жаткан түнү Качике бир укмуш түш көргөн... Качике өзүнүн үйүнө алда кайдан келатыптыр. Үйүнө кирейин десе үйүнүн так босогосуна, эшиктин түбүнө бир кара кандек ит жатып алыптыр, апарык, тишин ырсайтып, мышыкча жонун дүңкүйтүп, арык этиндеги узун, саксайган жүнүн үрпөйтүп, үйүнө киргизбей туруп алды. Качыке кандек итти буту менен тээп жиберди, бирок кандек ошо замат Качикеге асылып, оң колуна жабышып алып, чайнай берди. Качике кандек итти колунан жулуп чыгаралбай, эчен-эки алек болуп, араң дегенде, миң машакат менен, өлүп-тирилип жатып, сол колу менен алып ыргытып, энтигип турган имиш... Эми ошо кара күчүк жабышкан оң колунда минанын, алты ооз минометтун минасынын сыныгы бар эле...

Качикени түн ичинде полевой госпиталга алып келди. Чоң чатырдын ичи жыкжыйма жарадар экен. Ортодо темир меш жагылып турат. Отургандар отуруп, жаткандар жатып, орундун баарын ээлеп бурула турган жер калбаптыр. Качикени келдиңби, койдуңбу деген киши болгон жок. Палатканын түндүк жабуу сыяктанган желпилдегин тиреген жыгачты таянып, таң аткыча тикесинен тик турду. Доктор, медицина кызматчыларынын, медсестралардын баякы өзү окуган китептеги боорукердиги менен турмуштагы, чындыгындагы айырмасы жер менен көктөй экендигине таң калып, онтогондор менен коңурук тарткандар-

ды, кыйналгандар менен кыйналбагандарды, күлгөндөр менен ыйлагандарды өз көзү менен байкап, солдаттын түгөнбөс машакатына, китеп менен турмуштун кандай айырмасы болоруна зээни кейип, жаны ачып турду. «Окугандарга караганда окубаган «караңгы» дыйкандардын, карапайым жумушчулардын акылдуурак болорунун себеби: бири китептен, экинчиси турмуштан сабак алгандыгынан эмеспи?»– деди ичинен Качике. Болгондо да калп жазылган, алдаган китептерден! Жарадар болуп, жаранын жапасын бир тартса, ачкалык менен сууктун жапасын эки тартып, каржалып келген солдатты кучактап апкелип, колу менен тамак берип, ак шейшептүү төшөккө жаткызган китептеги сестралар кайда да, ак шейшептүү төшөк эмес отурар орун кайда? Ах, китеп, китеп! Канча китеп окудум, канчасынан лаззат татып, канчасынан тузу жок атала ичкендей болдум... Бара-бара Берлин шаарын алабыз! Бу кимдин ыры эле? А, бир акыныбыздыкы. Албетте, акын Германияда революция чыгып, Берлин жумушчулардын шаары болорун айткан, бирок айтайын дегенин айтпай, «Берлин шаарын алабыз!» дегени эмнеси? Турмушта келип, Гитлер Германиядагы революцияны тумчуктуруп басып, Москваны алып коё жаздап отурбайбы? Кана, жеңе жүрдүк, жеңишибиздин натыйжалары кайда? Жеңиш үчүн эмгек, машакат, кан керек турбайбы? Өзү иштеп жаткансып бирөөлөрдүн эмгеги менен мактаныш уят эмеспи! Элди туула элек уйдун уузу менен оозантыштын кереги эмне эле?

Качике жаранын ооруганынан да зээнинин кейигенине чыдай албай, онтоп жиберди.

– Эй солдат!– деди оттун боюнда олтурган улгайып калган солдат,– кел оттун жанына, өталасыңбы?

Качике боо түшкөнсүп жаткан көпчүлүктүн арасынан эптеп өтүп келди. Эшикте кардан кийин кара суук, аяз болуп, ызгардуу шамал өпкөдөн өтүп турган эле. «Ушундай суукта жарадар болуп, баякы баш бармагын таңган санитар сыяктуулар албай койгондор, Козловго окшоп, колтуктап келип санчастка өз колу менен тапшырып кетүчүүлөрү жоктор тоңуп өлдү го?»– деп, кабыргасы кайышып, мештин жанына келди. Отурар орун жок

эле. Улгайып калган солдат туурасынан жатып алган бирөөнү буттан алып:

– Тур! Мындагы кишилерге да орун бер, чалкалап жатып алгыдай кайнененңдин үйүнө келдиң беле? Тур, тур!

Мобу солдат түндө келгенден бери тикесинен тик туруп келатат!

Уктап жаткан солдат наараазы болуп, ордунан козголуп, буту-колун жыйнап отуруп:

– Тынчырак өлө турган жер да табылбас болду– деди кобурап.

– Кантип табылбайт? Өлүп көрбөйсүңбү?– деди карган солдат.

– Өлгөндөн кийин бир чуңкурга тыгып салышар, ага чейин бир буту-колумду сунуп жата турсамбы дедим эле,-деп, жаралуу бутун коёр жер таппай, Качикеге карады. Качике отуралбай турган эле.

– Сен эмне колдоюп туруп алдың? Отурбайсыңбы?

– Отурайын десем ичим түшүп бараткансыйт,– деп, Качике эптеп кыйшайды.

Эртең менен көз айнекчен, сакал муруту куудай болуп агарган доктор кирип, ар кимдин жарасына жараша солдаттарды иргей баштап, көп машинанын ичиндеги биринчи ачык машина менен Качикени жөнөттү.

– Бизге капа болбогула, бизде эчтеме жок, кишилерибиз да жок, кече күнү тыптыйпыл кылып, немецтер бомбалап кетти, ушунча жашка келип, госпиталды бомбалаганды немецтерден көрдүм,– деди абышка, солдаттарды узатып жатып.

Ачык машинага чөп төшөп, өзү туралбаган жарадарларды чөп менен жаап салышты. Бийик кылып төшөлгөн чөптүн үстүндө жаткан Качике карды уюлгутуп учуруп турган суук шамалды немецтен кийинки душманы көрүп келатты. Бутундагы кожойгон катуу англис ботинке андан бетер кожоюп катып, буту муз болуп тоңуп калгансып, «буттан айрылдым го» деген ой көңүлүнөн кетпей, бутунун баштарын кыймылдатымыш болуп, тиштенип жатты. Булардын алдынан улам замбирек чиркеген чоң машиналар чыгып жатканына Качике ичинен кубанып, көбүрөөк баргай эле деп, тилек кылат.

Жарадарлар кечке жуук бир кыштакка келип токтоду. Буларды жалаң кыштактын аялдары тосуп турушкан экен. Замбилге салынгандарды, өздөрү басалбай, бирөөнүн жардамы керек болгондорду бул аялдар саман төшөлгөн жылуу үйгө алып кирishti.

Буту кожоюп катып калган Качике машинадан түшөрдө буту эпке келбей, жерге тоголонуп кетти.

– Өлдү, өлдү!– деп, аялдар чурулдап жиберишти да, эки аял эки жагынан колтуктап үйгө алып кирди. Өмүрүндө жылуу үйгө биринчи киргенсип, саманга жатары менен Качикенин бүткөн боюндагы музу эригендей, ымшып, жылып чыкты.

Эшиктен суукtun күчүнөн кыпкызыл болуп, сержанттын погонун тагынган, тумак, өтүк, шинели жарашкан жаш аял кирип келип, жарадарлар менен учурашып, жылуу үйдө турган борщ, каша, нан, майларды тарата баштады. Ачыгып калган солдаттар өмүрүндө мындай тамакты, болгондо да мындай даамдуу тамакты көрбөгөнсүп апылдатып жеп жатышат.

– Браток,– деди Качикеге жанындагы замбилде жаткан солдат,– браток, менин кашамды жеп койчу, этим ысып, жүрөгүмө тамак баспай турат, чай болсо…

Качике солдатты чайга кандырып, тамакты көп ичип алып ынтала болгон неме жаталбай кыйналып бир топко онтолоп жатып акыры, магдырап, уйкуга кетти.

Эртеси кечинде буларды чана менен мончого апарды. Көптөн бери ысык суу көрбөгөн немелерди аялдар жууп жатты. Бүлбүлдөп күйгөн чырактын жарыгында Качикени жуунтуп жаткан аялдар наржакта замбилде жаткан жарадарды кеп кылып жатышкан эле.

– Эми бу шоруң каткырдын жайы эмне болот? Зайыбына кантип барат?– деди бири.

– Эки катын бир төшөктө кантип жатабыз дейт го бир күнү зайыбы,– дейт экинчиси.

Качике бурулуп карап, эриндери көгөрүп, калтырап, замбилде жаткан солдатты көрдү. Анын чатына шимек сыяктуу кылып, түтүк коюп коюшкан экен.

– Сен эмне, уялып турасыңбы? Тарт колуңду, колу менен калкалап калыптыр,– деди аялдардын бири; Качике уялып, колун уяттуу жеринен алалбай турду.

* * *

Мончодон кийин Качикенин жарасын кайтадан таңып жууркага ороп, чана менен бир жакка алып жөнөдү. Жакында эле терезени бороон ургулап, кум сыяктуу эшилген кургак кар тозоңдон бетер сапырылып жаткан. Эми түн токтогон көл сыяктуу тынчып, жерге жакын түшүп келгенсиген ай жаркырап, тегерек ак закым тартып, тунжурап турат. Чубалган чыраксыз узун кыштак менен чана акырын кычырап, кетип баратат. Кулак тундурган замбиректердин күркүрөгөнү, алты ооздуу миномёттун чаңырган ачуу үнү, жер чапчып бакырган арстан сыяктуу болгон «Катюша», тынбай тегеренген самолёттор кайда? Тегеректин баары жымжырт. Аяздуу түнү ушу жымжырттыкта жалгыз гана ушу бир чана кычырап, жумшак чайкап келаткансыйт.

Кыштактын четиндеги бир үйдүн короосуна кирип, чана токтоду.

– Принимай!– деп, өзүнүн оор салмагы менен чананы түшкөн жагына оодара жаздап, чана айдаган абышка кыйкырды.

Камырап шашпаган бирөө бир топтон кийин келип, олдоксон колу менен жуурканды сыйрып, Качикени чанадан түшүрдү. Жапыс бойлуу солдат Качикенин бетине улам-улам таанычудай тиктеп, бийик крыльцону көздөй алып жөнөдү. Крыльцо өтө тик болгондуктан чыгуу кыйыныраак эле. Солдат Качикени күчкө салып сүйрөп бараткaнда онтогон үн Качикеден бийликсиз чыккандай болду.

– Акырын, акырын!– деген аялдын үнү чыкты. Анан ал аял жогортон ылдам түшүп келип, Качикени жумшак колтуктап, жогору алып чыгышты. Караңгы оозгу үйдөн төркү үйгө алып кирер менен жылуулук бетке уруп, тамекинин жыты келди. Кичинекей, шишеси жок жез чырак үлпүлдөп түтөп күйүп, терезеси капталган үйдүн ичи ала көлөкө түшкөнсүп турат. Жарадарлардын бир тобу уктап, бир тобу тамеки чегип, сүйлөшүп отурган экен.

– Что, брат, отвоевался?– деди торой сүйлөп, сөөктүү, эткел, кырктар чамасындагы сары мурутчан солдат, мүштөгүн түтөтүп.

– Нет, только начал,– деди Качике, жатар жерин карап, калтылдап. Аркасына бурулуп, колтукташып кирген аялды көралбады. Жапыс бойлуу солдат (ал санитар эле) Качикени эң четки бош койкага, кайчылаштырып төрт бут кадаган тактага жаткызды. Саман тыккан шейшепсиз кендир матрац, кылчык жүндүү одеял мамыктай жыпжылуу, жупжумшак көрүнүп, жамбашынан жаталбай, Качике чалкасынан түшүп жатты.

Аялдар ысык суута жуунтуп, жараны кайтадан таңгандан кийинки тынчтыктын күчүн Качике толук сезди. Урунган дене жай алып, чарчаган тамырлар чымырап, бүткөн бою магдырап, кирпиги сүзүлүп, акырын көшүлүп баратты. Көз алдына көп күндөрдөн берки атылган ок, төгүлгөн кандын таасирлери келет. «Жолдошторум кайда? Эмне болушту экен? Менин бат эле жарадар болуп, согуш майданынан чыгып кеткенимди эмне деп жатышты экен? Балким бактылуу дешип жаткандыр. Айлап, жылдап согушуп жүрүп, ок эмес колуна тикенек кирбегендер эмне? Мен эмне пайда көргөздүм?..»

Алда кимдердин кыйкырыгы, жолдошторунун тердеген өңдөрү, каптаган түтүн, тегеренген самолёттор бир бирине аралашып, те алыстагы жакындардын элестери айкын көрүнүп, көкүрөктү бир башкача кусалык каптап, көңүлдүн тереңинен бир башкача ой козголуп, акырын буулуккансыйт. Баштан өткөргөн турмуш, анын мазмунсуз, кургак, көгөрүп чөп өспөгөн чөлдөй болгон турмушу кайтадан козголуп, Качикенин жанын оорутат. Бирок да турмуштун учу-кыйыры дүрбүсүз ачык көрүнүп, анын чыныгы көркү көз алдына келип, жаралуу жанынын тынчын алып, көкүрөктүн кыргагын жемире жаздап шарпылдап, өз кучагына, өз сырына жакындатып тартканына жетиналбай, өзүн зор тилектин кулу сезип, унуткан жар кайта кучак жайгансып, Качике жаш балача уйку аралаш күлүмсүрөйт...

## XXII

Качике катуу уйкусунан ойгонду. Катуу кендир матрац аркасына жабышып калгансып, кыймылдай албай, тегерегин карады.

Үй ичин кызгылт нур чалып, капкагы ачылган терезеден күн балбылдап тийип турган экен. Эшиктин босогосуна жөлөнүп, эртелеп маңдайына тырыш кире баштаган саргайыңкы кыз, күркүрөп күйүп жаткан мешке карап, терең ойго кеткенсип, телмирип турат. Калың кара юбка, колго соккон саймалуу ак болотной кофта, ийнине түшкөн сейрек гүлдүү кара жоолук,– кыздын өңүнө кара көлөкө түшүрүп, азалуу аял кейиптентет. Качике кечеки жапыс бойлуу санитарды күттү. Жанындагыларынын уктаганы уктап, уктабагандары басып жүрүптүр. Кечеки сары мурутчан солдат Украинча чалып сүйлөп, өз колхозунун кебин салып отуруптур.

Качикенин тынчы кетип, онтой баштады.

– Сизге эмне болду?– деди кыз көзүн бакырайтып. Кыздын үнүнөн Качике түндө колтукташып кирген кишини тааныды. Качике бирдеме деп, күңгүрөндү; кыз Качикенин сөзүн укпай, жанына келип, кайта сурады.

– Санитар жок, завтракка кеткен, эмне керек, айтыңыз?– деди.

– Катуу уктап маталып калыптырмын...– деди Качике.

– Келиңиз, төшөгүңүздү оңдоп салып берейин,– деп, кыз акырын Качикени жерге түшүрдү. Жаш баланын төшөгүн оңдогондой, матрацты жумшактап, кайта жаткызды.

– Көйнөгүңүздүн каны каткан бойдон жүрөт,– деди да, көйнөгүнүн канын ушалап, жаралуу бөйрөгүн коомайлап,– жараңыз талуу жерде экен, матрацтын катуусу аркаңызга өтүп кетиптир, арык турбайсызбы,– деп, одеялга ороп, шинелин айкарасынан жаап койду.

– Шинелиңиздин тамтыгы калбаптыр, ок да тийсе керек,– деди кыз боору ооругандай.

– Бул мина болуш керек, карындашым,– деп, кызга алкыш айтты. Кыз алкышка жооп бербей, кайта ордуна барып, мурункусундай босогого жөлөнүп, акырын үшкүрдү. Кыздын бул үшкүрүгү өксүгү бар кишинин үшкүрүгү эле.

Санитар бөлгөн завтракты кыз жарадарлардын баарына ташып берди.

Кыздын баскан-турганы, эч ким менен өзү барып сүйлөшпөгөнү, күлбөй, сузданышы кыздын өзүнө да жарашып, кызды муңайым көргөзүп турду. Бирок кыздын бул ойлонушунда, бул

улутунушунда бир сыр, чоң санаа бардай көрүнүп, кыз солдаттарды аяса, солдаттар кызды аягандай болот.

Эртең мененки тамактан кийин Качикенин жаралуу колу эпке келбей, араң жатып тамеки ороп, бирок күйгүзөргө ширеңке таппай, тамекисин тиштеп, кызды карап жатты. Жарадарлардын баса ала тургандары тамекини эшикке чыгып чегип, бир топтору эс алып жатышкан.

– Сизге от керекпи?– деди кыз.

– Ширеңкемди таппай жатам,– деди Качике.

– Сиздин колуңуз да жаралуубу?– деди кыз, таң калган көзүн бакырайтып.

Саман жастыктын астынан Качикенин ширеңкесин таап, тамекисин күйгүзүп берди. Качикенин алкышына кыз жооп бербей, анын жүзүнө тигиле карап, акырын бурулуп, акырын көкүрөгү менен улутунду.

## XXIII

– Сиздин атыңыз ким?– деди Качике.

– Наташа, Links Наталия.

– Мен кайсы жердемин, Наташа?

– Сиз Кресты кыштагындасыз.

– Мен сизди санитаркабы дедим эле, сиз тиги санитардан көбүрөөк иштеп жатасыз, отурсаңыз,– деди Качике.

– Кайсынын кызматы!– деди кыз отурууга көңүлдөнбөсө да жарадардын көңүлүн калтыргысы келбей. -Үйдө оору кишилер болгон соң, каралашкан болобуз.

– Үй сиздикиби?

– Биздики.

– Үйдүн ээлери көрүнбөйт да?

– Үйдүн ээлери жок... жок...

– Айтууга болбойт го?– деди Качике, кыздын өңү бузулуп кеткенин байкап.

– Анын сизге эмне кереги бар? Андан көрө өз тынчыңыздын камын көрбөйсүзбү,– деди кыз, жини келгенсип.

– Аны укканда менин тынчым кетеби?

– Кетпесе да кереги жок!– деди кыз, өчөшкөндөй, орой кагып.

Кыздын кагуусунан кийин Качикенин жаагы жап болуп, унчукпай калды. Сүйлөгүсү келбеген кишини сүйлө деп кыстаганы жарашпаган иш эле. Бирок бир аздан кийин кыздын өзү:

– Аялыңыз барбы?– деп, сурап калды. Таң кала түшкөн Качике:

– Бар, анын эмнесин сурадыңыз?– деди.

– Тим эле. Сагынгандырсыз?

– Мына ушуну айталбайм,– деди Качике.

– Эмне үчүн? Сагына турган кишиңиз жокпу?– деди кыз, чочуп кеткенсип.

– Анын сизге эмне кереги бар? Оор... – деди. Качике, өзүнүн жооптору кыздын жоопторуна окшош чыкканына таң калып.

– Меникинен да оорбу?– Наташанын көздөрү жашылдана түштү.

– Балким. Меники бирок башкачадыр, сиз айтпай койбодуңузбу?

– Сиздики кайдан меникинен оор болсун,– деди Наташа. - Көп болсо зайыбыңыз менен чатактырсыз, көп болсо бир бириңерди жаман көрүп, ыркыңар келишпес; анын баары мастык менен көпкөндүктөн чыкканын да көргөнбүз. Өлүм аралап жүрүп турмуштун кадырын мындан нары билип кетерсиз, билбесеңиз... анда сизге эч ким эчтеме үйрөтө албайт. Турмуштун окуткан сабагынан артык сабакты көралбадым, бирок... бирок мен анда жаш элем, эчтеме түшүнбөптүрмүн, эми баарын көрүп, баарын түшүнүп, эми жаным ачып, арман кылып отурам...– Наташанын капыстан кызууланып сүйлөгөнүнө Качике таң калып, анын керсары тарткан жүзүнө тиктеп, сөзүн бузбай, тыңшай берди. Наташа токтолбой, капыстан өзүнүн сырын айта баштаганын, балким, өзү да байкабай, балким өмүрүндө анча-мынча кишиге гана айтар сөзүн таанызбаган, жат бирөөгө айта берди.

– Мына мен сагындым... Сагынганымдан саргарып, бетиме бырыш кирип, карып баратам. Түшүнөсүзбү, карып баратам!.. Карып бара тканыма капа болуп ачынбайм, мейли, карыйын, мейли, жаным кыйналсын... Мага чала болот, чала!..

«Бу кыз эмне болуп баратат? Бу кыз бекеринен сумсайып, бекеринен ичинен тынып, сүйлөбөй калган эмес экен го?» деп, Качике андан бетер таң калып, Наташанын маңдайынан сылап тургусу келип кетти. Наташа болсо андан бетер кубарып, кызуулanып сүйлөй берди.

– Согуш чыкканда мен Великие Луки шаарында элем, институттун биринчи курсунда окуп жүргөмүн. Согуш бул жерге жакын келип калганда мен өз айлыма, ушул Кресты кыштагына, ата-энемдин колуна качтым. Далай азаптан кийин мында келсем ушу кичинекей кыштакта да тополоң болуп, бузуктардын күнү тууп турган экен. Биз токойго качтык. Токой деле тынч эмес экен. Аны да тинтип жүрүшүптүр. Биз кайта келдик. Келсек капкайдагы зөөкүр, пьянкечтер бийлик кылып, кутуруп жүрүшүптүр. Булар мени тооруп, мага асыла башташты. Биз кайта токойго качтык.

Бу сапар алыс кеттик. Жеңем, энем, атам болуп баарыбыз кеттик. Аскерде менин агам командир. Атам коммунист, энем менен жеңем– активистка, мен комсомолка болчумун.

Биздин кала турган эч бир илинчегибиз жок эле. Биз баарыбыз чогуу партизандар тобуна кошулдук. Апам, жеңем, мен болуп, партизандардын тамак-ашын бышырып, кийим-кечесин жамап, кыйынчылыкты бирге тарттык. Бирок партизандар бир орунга туралбады. Буларга орун которуп туруш зарылдын зарылы экен. Булар бизди жүк кылып алып жүралган жок. Атам биз менен коштошуп, партизандар менен кетти. Биз токойдогу жер тамда калдык. Ошондон бери мен атамды көрө элекмин, көрмөк турсун кабарын да уга элекмин. Апам... апам байкуш жер тамда каза болду. Бутунун кызыл жүгүрүк оорусу бар эле, сыз, суук токойго туруштук бералбады. Көз жашын көл кылып жатып каза болду. Мен кантип буларды сагынып, кантип куса болбоюн! Сагына турган кишиси жок киши кишиби? Мен, албетте, сизди айтпайм, анткени эмне үчүн сиздин сагынар-сагынбасыңыздын себебин билбейм. Билүүгө далалат кылууга да акым жок... Ыйлап жүрүп көз жашым катып, эми ыйга да зар болуп, ичтен зарлап отурам.

– Сиздин сагына турган дагы кимиңиз бар?– деди Качике, акырын, Наташанын кайгылуу кейпин бузгусу келбей. Наташа өксүп ыйлап, энтиккендей, акырын улутунду.

– Аным да алыс. Өлүү-тирүүсүн да билбейм, мен жакка кайрылып келер-келбеси да белгисиз. Буга мен өзүм айыптуумун. Мага чала болот!.. Өз таалайымды өзүм кыйдым. Ал (аты Федя болучу) мени сүйдү, мен сүйүүнүн эмне экенин билелек чагымбы же биле туруп ошо кезде ичим жылыбадыбы, иши кылып болбой койгомун. Ырдап-күлүп турса шайкелең бирөө дедим окшойт. Өзүбүздүн кыштактан болучу. Мен үйүмө качарда да Федя жаныма келип, көзүмө унчукпай тиктеп, жообумду күткөнсүп, жалдырап турду. Мен ичимен ойлонуп, азыр сүйүүчүлүктүн сөзүн сүйлөшө турган кез эмес» деп, Федяны жалдыратып коюп басып кеткен элем. Ах! Не деген таш боор, наадан, түшүнбөс жан элем! Эми көрсөм... эми эмне дейин!.. Адамдын көңүлү азапта да, өлүм алдында да өзүнүн сүйгөнүн, өзүнүн жакшы көрүп, сагына турганын кыйбай, эңсеп турат турбайбы! Сүйүүнүн, турмуштун толкуну андан бетер оргуштап, андан бетер шаркырайт тура! Мына эми Федя көз алдыман кетпей, көңүлү ооруп, мени жалдырап тиктеп тургансыйт... Эми Федянын кайда экенин да, эмне болгонун да билбейм, билмек турсун кабарын угууга зар болуп отурам. Великие Луки шаарынын сыртындагы немецтер менен болгон согушка катышыптыр. Жанындагы жолдошу качып мында келиптир, а да ушул кыштактан болучу.

– «Жүр, Федя, немецтер каптап келатат, кетели!»– десе,– «жок, мен барбайм! Өз жеримди алдырып, кыштагыма кантип качып барам, элдин, Наташанын бетин кантип карайм! Ушул үйүлгөн картошканы коргоп жатып өлөм!» деп, болбой коюптур. (Согуш колхоздун картошка айдаган жеринде болсо керек) Ошол өлүм-ажал жаап турган учурда да мени унутпай, атымды оозунан түшүрбөптүр. Мен... мен болсом Федямдын уруна элек таза сүйүүсүн тебелеп-тепсеп, түшүнбөй басып кетиптирмин. Өзүмдүн сүйгөнүмдү, көңүлүм жалгыз гана Федяны күсөй турганын кийин гана билип, кийин гана түшүнүп, чачымды жулуп отурам!.. Анан менин маңдайыма кантип бырыш кирип, карыбайын? Кантип

күлүп, кантип сүйлөп, кантип каткырам? Ыйлайын десем өз көз жашымдан уялам. Көз жашым да сага чала болот деп, табалачудай көрүнөт. Мына менин түбү жок арманым!..

Наташа сүйлөп басылды. Негедир акырын кызарып, козголгон делебесин жашырууга жер таппай, муз тоңгон сыяктанган жүзү күйүп бараткансып колу менен бетин басып, анан заматта өңү суз тартып, мурунку калыбына келди. Качике Наташанын кайгылуу кейпин бузалбай, бир топко унчукпай турду.

– Жанакы Федянын качып келген жанындагы жолдошу эмне болду?– деди бирөө. Наташа жалт карап алды.

Жарадарлардын жаткандары да, басып жүргөндөрү да Наташа менен Качикенин сөзүн тыңшап калышкан экен.

Наташа, жел теңселткен кайыңча акырын термелип, таптап сүйлөдү:

– Федянын жанындагы качып келген жолдошу бир топ күн бу жерде да немецтер менен полицайларга көрүнбөй, качып жүрүптүр. Кийин полицайлар немецтерге кармап берип, ошо бойдон дайыны жок дешет. Өлүмдөн коркуп немецтерге кызмат кылып кетиптир деп да жүрүшөт.

– Кызым, Наташа,– деди сары мурутчан карт солдат,– кызым, сенин тетиги түрктүнбү, калмактынбы баласы менен сүйлөшкөнүңдү уктум. Жакшы кеп салдыңар. Жанакы Федянын качып келген жолдошунун аты-жөнүн сурабай эле коёюн, анткени анын аты-жөнү эл оозунда калбайт, ал тирүү болсо да эч ким аны тирүү ордуна көрбөйт, сөз да кылбайт. Андай немененин энеси болсо энеси каргап ыйлайт, сүйгөн кызы болсо намысынан жерге кирип кеткиси келип, көз жашын элден жашырып ыйлайт. Сенин көз жашың сонун эмеспи. Сенин көз жашың кураган жерге чачыраса гүл өсө турган көз жаш. Атаңды, энеңди, агаңды, Федяңды сагынып ыйлагын, балам. Федяга оң жооп бербей көңүлүн ооруттум, бизче айтканда, тием деп бат эле айтпаптырмын деп арман кылба, эрди-катын болуш оңой-олтоң эле иш эмес. Тием дегениң жанакы Федяңдын жолдошундай качкын, селсаяк бирөө болуп чыкса кантет элең, сүйгөн убараңдын баары талаага кетпейт беле? Арманың ошондо күчөмөк, балам. Мына

эми Федяңдын кабары жок болсо да жүзүң жарык болуп турбайбы. Өмүр шерик болуп, кол кармашар киши менен сынашпай болбойт. Мына сен Федяңдын ким экенин анык билдиң, эми сенин кайгың, көз жашың,– баары акталды. Болбосо ошого ыйлаган кайран көз дейт элең. Сен эми көп сабыркаба балам. Сабыр кылып, жакшы тилек, жакшы үмүт менен туруш керек. Немец бизди чакчелекей кылып таратпадыбы. Аман болсо атаң да, Федяң да, агаң да келер. Федяга окшогондор колго түшүп кетсе да өз жерин, өз үйүн, сага окшогон сүйгөн кызын унутпайт, сагынбай койбойт, андайлар кул болуп багынбайт. Жанакы жолдошу сыяктууларга баары бир. Тойгон жеринде жүрө берген ит да бир, алар да бир.

Кырктарга жакындап калган сары мурут солдат унчукпай калды да, акырын тамеки ороп, тамекисин мүштөгүнө кийгизип, шашпай чегип, кайтадан акырын сүйлөй баштады. Үйдүн ичи жымжырт болуп турган эле.

– Мына мен жашым бир топко барып калган кишимин. Көп жашаганым менен көптү көрдүм деп айталбайм. Себеби? Себебин эми гана түшүнгөн сыяктанам. Кичинекей кыйынчылык болсо кыйналып иштеп, эмгек кылыштын ордуна турмушка наарazы болуп колхозго өлүмтүгүмдү артып жатып алчумун. Тил албаган терсаяк элем. Өзүмдүн уюм, майда жандыгым, тоок өрдөк, казым, огородум менен жан багып, колхозго анда-санда гана иштечүмүн. Эми согуш башталгандан берки казган жеримди эсеп кылсам колхоздун жерин трактору жок эле мен өзүм жалгыз колум менен айдап коймок экемин. Жыргап жүрүп эчтеке көрбөптүрмүн. Мас болуп келгенде катынымды уруп, балдарымды чыркыратчумун, эртеси күнөкөр да болуп калчу эмесмин. Чындыкты айтып, насаат берген кишини жинимдей көрчүмүн. Иши кылып, өзүмдөн башканы көп жактыра бербеген киши элем. Мына эми жарыктык Украинам, Украинамдагы ошол колхозум, ошол үй-бүлөм душмандын колунда калды... Мына эми башыма келбеген санаанын баары келип, күйбөгөн жерим күл болуп отурам. Катыным өңдүү-түстүү, жаш неме эле... Муну ойлосом немецтерди чайнап жегим келет, тирүүлөй чай-

нап жегим келет! Бирок айла барбы? Сабыр кылып чыдап, бел байлаш керек. Кантейин, турмуштун кадырын эми билдим. Бул өлүмдөн коркуп турмушка багынгандык эмес. «Күн күркүрөмөйүн мужук кудайга сыйынбайт»– деген бар. Мына ушу күн күркүрөп, башыбызга иш түшүп турганда гана турмуштун жакшы-жаманына көзүбүз жетип, тереңирээк сезип, эртеңки күнү турмушту андан бетер кадырлап, башкача жашап, башкача сүйгүң келет. Ошондуктан, Наташа кызым, уруп койчу баякы зайыбым, балдарым, жолдошторум, эл, көзүмө көбүрөөк элестеп, андан бетер жакынураак көрүнүп турат. Бирок бу менин куру куса болгонумбу, болбосо көңүлүм кайтадан көгөрүп, максатым жаңырып, тазарганыбы? Иши кылып анча-мынча түшүнүп турам. Менин да жаман-жакшыны ылгай турган көзүм бар. Тирүү барсам катынымдын көзүнө бир тиктеймин. Кишинин чын жалганы көздөн билинет. Жолдошторума да карап көрөм. Таалай күтүп жашагандан артык нерсе жок, Наташа. Сенин таалайың зор таалай, эмне үчүндүр буга менин көзүм жетип турат. Бетиңдин бырышы да кетет, жашарып мөлтүрөгөн сулуу да болосуң... Ыйла, таалайлуу киши ыйлайт!..

Наталиянын өлүп бараткансыган ички жаратылышы кайтадан тирилгенсип, козголуп, өңүнө өң кирип бетинен ымшыган тер чыкты.

– Мен болсо сагынар кишим бар же жоктугун билбей, маң болуп отурам. О кудай таала, мага да сагынар киши пайда болуп, көз жашым кылгырып, кубанганымдан ыйлар бекенмин?– деди Качике, толгонуп.

– Наташа, Федяны күтөсүңбү же аялдык кылып кылтыңдаган бирөө табылса унутуп кетесиңби?– деди сары мурутчан солдат, Наташанын көзүнө типтик карап.

Ортого жымжырттык түштү. Капкайдагы кишинин сырын чукуп сураган немелер менен отурамбы, деп, ордунан туруп кетеби дегендей, жарадарлардын баары Наташаны тиктеп турушту.

– Да! – деди Наташа буйдалбай. Көкүрөгүн өрт чалгансып кыйналып, бир башкача, жалганы жок көзүн бажырайтып, жаагын таянып. – Да! күтөм!.. – деди.

Эч кимдин оозунан сөз чыкпай, тымтырс болуп калышты. Наталиянын бакырайган чоң көздөрү жумула жаздап, жаачу күндөй түнөрүп, бир топко ойлонуп калды да, ордунан турду.

– Мен өзүмдүн көп сүйлөгөнүмө таң калам,– деди жүзүнө билинер билинбес өң кирип,– мен көптөн бери эч ким менен мындай чечилип сүйлөшө элек болчумун. Силер мени жеңдиңер... Көрдүңөрбү, алда качан унута жаздаган көз жаш кайтадан келгени турат... О, дүнүйө, сагынгандарым келип, мен чыркырап ыйлар күнүм барбы, жокпу?! Эми болду!

– Наталия, Наташа, эсиңиздеби?– деди Качике,

– Кайсы Наташа?

– Граф Ростовдун кызы Наташа.

– А– деди да, Натальянын оозу ачылып калды.– Сиз билесизби?

– Билем. Князь Андрей жарадар болуп кайтып, Москвада жатканда күнү-түнү Наташа жанынан чыкпай, сүйлөшүп, эч кимди жолотпой, өзү кызмат кылбады беле. Кишини кыртышы сүйбөгөн князь Андрей Наташасыз өлгөндө эмне болот эле? Сиз да бизге ошо Наташа болуп турасыз,– деди Качике, дагы бирдеме сүйлөмөкчү болуп.

– Болду, болду,– деди Наташа, мактоо сөздү уккусу келбей,– сиз князь Андрей эмессиз да, мен графиня Ростова эмесмин. Сиз өтө начар экенсиз. Өңүңүздө кан жок. Курулай көп ойлогон киши окшойсуз. Жатып эс алып, муунуңузга кириңиз. Дагы князь Андрей болуп жүрбөңүз,– деп, Наташанын өңү жылмайган сыяктанып кетти.

– Наталия! – деди Качике, Наташанын жалганы жок бакырайган көзүнө тигиле тиктеп.

– Мени капа кылгыңыз келбесе тилимди алыңыз,– деди Наташа Качикеге, жумшак эркелеткендей тиктеп.

Качике моюн сунду. Анын элирип калган жүрөгү акырын титиреп, бир башкача муңайымдык бүткүл жаратылышын акырын терметип, көшүлтүп баратты...

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## I

Сарыгул келип кеткенден кийин Бермет бирөө менен өзүнүн ички сырын чечилип сүйлөшкүсү келбей, кишиден, ал эмес Жамалкандан да четтеп кача турган болду. Кыдырбек экөөнүн ортосундагы сөздү Жамалканга айтып койгонун да чекилик көрдү. «Молдоыбырайым муну айылга сөзсүз айтып барат. Айтканда эмне деп, кандай деп айтат? Кызың Кыдырбек менен кат жазышып жүрөт экен деп атама айтса, силерден мурун кат келиниңер Берметке келет экен деп, Сулайманга же Уулкелдиге айтат. Сарыгул да асылып жүрүптүр, атайы барышыптыр дейт. Бул кабар үйдөн үйгө, айылдап айылга тарап, ооздон оозго өтөт. Эл оозунда элек жок дегендей, ар кимиси ар кандай айтып, Кыдырбек менен Сарыгулдун былтыркы жайлоого келгендегисин сүйлөп, мени ушак кылышат. Капкайдагы оозго алгыс сөздөрдү айтышат. Жамалкан эженин оозу бош. Сарыгулдун келгени менен Кыдырбектин каты да институтка жайылбагай эле. Бирөөлөрдүн ичи күйүп, бирөөлөрдүн тили кычышып, өсөк, күлкү кылышар. Ах, Кыдырбек, Кыдырбек! Не деген таза, не деген ак тилектүү неме элең. Сени билгендин баары сени жинди Кыдырбек дейт. Мейли айта берсин. Мен сени жинди Кыдырбегим дегим келет. Жинди деп, чачыңды уйпалагым келет. Эркелегим келет, эркелетким келет. Өзүңдөн алыстап качып, кайта өзүңө корголологум келет. Бирок бул аялдын, аял эмес эчтекени билелек баёо кыздын эркелиги, чын сени жакшы көргөндүгүм, жинди Кыдырбегим!.. Сени сүйөм, бирок сүйалбаймын. Сени өзүмө таалай көрөм, бирок сага таалайымды кошалбайм. Сен муну түшүндүң, түшүнгөндө да мени кыйнабай, өзүң да кагуу жебей түшүндүң. Сенин бул түшүнүшүң, чынымды айтайын, мени бир топ чычалатты, ал эмес ардантты. Аял эмесминби, намыздандым. Ичимде дагы кичине убара болсо экен дедим эле, бирок жигиттик кылып, өз кадырыңды (кыйналсаң да!) төмөн түшүргөн жоксуң. Сенин басынып кызга чандыр-

ганыңа басынып, уятыңдан жети өмүрүң жерге кирип, сумсайып тургандыңды көрсөм, билсем дедим эле. Сөгүп кат жазсаң да табам канат болучу. Бирок сен мага эчтемени туюнткан, билгизген жоксуң, ошондуктан кайта мен арданып, мен чычаладым; жиндим, жиндим, Кыдырбегим!.. Мен сени чангандан кийин эмне үчүн көңүлүм кала турган бир сөз, жок дегенде таарынчыңды айтпадың? Ах, Кыдырбек, Кыдырбек! Кайда, кантип жүрөт болдуң экен? Мен сага Пушкиндин бой тумарын тагар элем, бирок бирөөнүн (аялдын) суук көзү тийбесин деп эмес, душмандын огу тийбесин деп тагар элем. Эгер окубаган болсоң Пушкиндин «Талисман» деген ырын окуп көр. Жок, дагы түтпөй кеттим... Сугалактын сук көзү менен душмандын огу экөөнөн тең сактасын деп тагар элем... Мен эмне дөөпөрөс болуп отурам? Куду Кыдырбекке кат жазып отургансыйм. Койдум, койдум. Кыдырбек күнөсү жок жаш баладай көңүлүмдө кала берсин. Кыдырбек тууралуу бирөөнүн бирдеме дей турган акысы жок. Мейли, Кыдырбек экөөбүздү сүйлөй беришсин. Бирок, жанакы Сарыгулду ортобузга кошпосун. Сарыгулду Кыдырбектин көлөкөсүнө теңемек турсун, көлөкөсүнө жакындаткым келбейт. Бети жок! Катын менен баласын кетирип, катыны менен баласынын көз жашы төгүлгөн төшөккө мени алып жаткысы келет. Менин абийиримди кетирип болгондон кийин, балким, менин көз жашым төгүлгөн төшөккө дагы бирөөнү алып жаткысы келер? Шерменде, шерменде! Көөдөнсүз калпычы, алдамчы, жүзү кара мыкачы! Жигерсиз, кара боор айбан!..»

Толукшуган май айынын аяк ченинде институттун короосундагы скамейкада Бермет китеп окуп отуруп, ойлонуп кетти. Институт кайта Фрунзеге көчө турган болуп, студенттер экзаменге даярданып жатышкан. Тоонун кечки салкын жели согуп, Берметтин көкүрөгүн желбиреген ак кофтасы аймалап турду. Улам болбой төгүлгөн капкара чачтары маңкайган ак жүзүнө куп жарашкан Берметти көргөндө кыз ээрчитип келаткан кара чаар, жапалдаш мугалимдин көзү андан өтүп кетти.

– И, карындаш, катуу ойлонуп кеткен окшойсуз, сабакпы же башка бирдеме эске түшүп кеттиби?– деди ыксыз жалжактап, күлүп.

– Баары аралаш, агай,– деди Бермет мугалимди сыйлагандыктан ордунан туруп, Бермет булардын келгенин байкабай калып, капыстан сүйлөгөн үнүнөн чочуп кеткен эле.

– Экзамен убагында көңүлдү алагды кыла турган нерселерди ойлобоо керек,– деди мугалим, кыткылыктап, Берметтин төшүнөн көзү өтүп.

Сөзгө сөз келип турганда бирдеме деп келтире жооп берейин деп, бир чети мугалимдин өзүнөн уялып, экинчиден күлмүңдөп турган жанындагы чоочун кыздан ийменип, унчукпай тим болду.

– Бермет Чотурова деген кыз ушул болот, карындаш,– деди да, эки кызды тең сугалактанып, тиктегилеп, басып кетти.

– Рахмат, агай,– деди ээрчип келген кыз, оң ууртун кыйшайта күлүп, кылыктанып баш ийип.

– Рахматыңыздын кайыры тийсин, карындаш,– деди мугалим кыткылыктап, кетип баратып артына бурулуп, кыздарды, алардын төштөрүн теше тиктеп. Кыз да кыпкызыл болуп, жылмайып жооп берди.

«Дагы мугалим,– деди ичинен Бермет,– арсыз! Кыздарга мындай мугалим кандай сезим туугузат? Окуткан кыздары менен жүрөт, деп кеп кылып жүрүшөт. Уятсыз! Өзү бир топко барып жашап эле калган неме...»

– Эжеке, сизди эжей чакырып жатат,– деди чоочун кыз.

– Кайсы эжей?

– Жамалкан эжей.

Берметтин алдында чачын тысырайтып артына өргөн, ак жуумал, бирок мурду кырдачынан келген, калың эрин, сурмалуу көзү гана сулуу кылып турган ичке, чоочун кыз турду.

«Бул жөн чакырыш эмес го»– деди да, акырын баса баштады.

– Кайдан окуйсуз?– деди Бермет кыздын мүчөсүн сынай тиктеп.

– Педучилищаны бүтүп жатам, эжей биздин мугалим,– деди чоочун кыз.

– Сиз мени тиги мугалимден сурадыңызбы?– деди Бермет, уялбай мугалимди ээрчитип алып издегенине жини келип.

– А киши да бизге сабак берип жүргөн,– деди кыз.

– Сабак берген мугалим менен эле теңтуш болуп алыш керекпи?– деди Бермет, жумшак күлүмсүрөп, өзүнүн териккенин билдиргиси келбей.

– Мугалим агай өзү жүр, мен таап берейин деп, ээрчитип алды,– деди кыз.

– Жүр десе эле кете бериш керекпи? Мугалимге салам берип коюп, студенттерден сурасаңыз деле айтып берет эле,– Бермет жылмайып күлгөнүн жазбай, жай баракат басып келатты. Чоочун кыз унчукпай калды.

– Аты-жөнүңүз ким,– деди Бермет, чоочун кыздын аяк-башын карап. Жакасы ачык, жеңи чолок жибек көйнөк, мода менен тигилген бийик такалуу сары туфли бу кыздын сырын тышка чыгарып, ашкерелегенсип турду. «Өзүнүн ак этин бирөөлөргө көргөзүп, бирөөлөргө жагынайын деген кызбы? Эмне үчүн төшүн мынчалык жагжайтып ачык кестирген? Бу кыз, калыбы, далай өкүнгөндөн кийин барып эсине келчүү неме го»? деп, ойлонуп баратты.

– Атым Саадат.

– Саадат, Саадат...– деди Бермет, кишинин ички дүнүйө, ички сапаты, тышкы кейпи менен кишинин аты бирдей келсе не деген көркөм болор эле деп ойлонуп,– Саадат, сонун ат экен...– деди.

– Саадат деген эмне ат экенин билбеймин, Бермет сонун эмеспи,– деди.

– Атым жакшы болгон менен өзүм жаманмын; жакшы болсун деп канчалык жакшы ат койгон менен кишинин дээринде, дилинде болбосо киши жакшы болбойт турбайбы. Мына сиздин атыңыз да уккулуктуу, өзүңүз да сулуу экенсиз... жакшы да киши окшойсуз...– деди Бермет шылдың катарында; Бермет тиги Саадатты сынап турган эле.

– Жакшы-жаманымды билбейм, бирок эсим жогураак; кайда болсо атам атка мингизип алып жүрүп, эркекче өстүрүп койгон. Зымырайып турбай кээде жөөлөп кетмем бар,– деп, ал чынын айтты. Бермет таң калып, кыздын бетине тигилип дагы карады.

«Ошондуктан оозундан да эркектин сөзүндөй сөз чыгып, кээде сөздү балп эткизип айтып коюп жүрүп, кийин шалпып

сүйлөгөн неме болор бекенсиң... Нары эрке өссөң...» деди ичинен Бермет.

– Сиз сынчы окшойсуз эжеке,– деди Саадат, Берметтин оюн билип тургандай.

– Эси жок киши сынтаганак болот дечү эле, мен ошомун го, кайдан билдиңиз?– деп, Бермет уяла түшүп, күлүп жиберди.

– Билдим, эжеке, баятан бери сынап келатат окшойсуз, жаман уялып келатам,– деди Саадат эми кыпкызыл болуп.

Берметтин ар бир сөзүн, ар бир тиктегенин Саадат жакшы түшүнүп, жакшы сезип, өзүнүн ачык шайырдыгын жашырбай, муздай болуп сумсайган бу кыздын алдында жери тар сыяктанып келаткан. Экөөңөр бир кезде өтө сырдаш курбу болосуңар деп бирөө айтса, булардын экинчиси ушул учурда ишенмек эмес эле.

Сүйлөшүп отуруп кыздар Жамалкандыкына келишти.

– И, кыздар, келгиле, Бермет сен эмне жолобой кеттиң?– деди башын таңып алган Жамалкан, оозгу үйдөн, мостоюп.

– Эмне, башыңыз ооруп турабы, эжеке,– деди Бермет, Жамалканды сөзгө алаксытып.

Ички үйгө кирип, Бермет Мария Петровна менен амандашып, балдардын бетинен өптү.

– Мен эми кетейин, эжеке, бизди мөөнөтүнөн мурда бүтүртүңүз, диплом алгандан кийин мугалимдерге үйүңүздөн чай берип кетейин, козу алдырам, уруксат этиңиз, эжеке,– деп Саадат эбиреп-жебиреп, Жамалкандын ич-койнуна кирди.

– Сөз боломбу деп корком,– деди Жамалкан, кыздын көңүлүн кыйбай.

– Мугалим жалгыз сиз белеңиз, диплом алгандан кийин деп атпаймынбы?

– Э мейлиңчи,– деди да, Жамалкан колун силкти.

Ички үйгө кирип, Бермет менен коштошуп Саадат тыпылдаган бойдон басып кетти.

Мария Петровна балдар менен бакка чыгып кеткенден кийин, Жамалкан Берметке эки кат сунду.

– Ме, оку!

– Бу кимден?

– Кимден болмок эле? Окусаң билесиң!

– Сизге келген катты мен окуп эмне кылам?

– Кат сеники! Сага келиптир, жанымды коёр эмес. Өзүң жооп берип бир жолу тындырчы, Бермет. Силердин ортоңордо жүрө турган алым жок!– Жамалкандын ачуусу келип кетти.

«Ортого түш деп мен сурадым беле? Эмнеге тиртеңдеп ачуусу келет? Көңүлчөктүк кылып ортодо жүргөн өзү! Менин эмне жумушум бар?!»

– Мен бу катты окубайм, эжеке!– деди Бермет ачуусу келип, кыпкызыл болуп.– Кимден келсе андан келсин! Кайтарып жибериңиз.

– Аны өзүң бил. Мындан кийин өзүңө жазсын.

– Өзүмө да жазбайт. Уруксат кылыңыз, бир-эки ооз жооп жазайын,– деп Бермет ордунан турду.

– Окубай туруп элеби?

– Окуган, окубаганым бирдей!– деди да, столго отуруп, шыпылдатып бирдеме жаза баштады.

«Мынабу сөздөрдү сизге катыңызды (эки катыңызды) окубай туруп жаздым. Мындан кийинки каттарыңыз да (эгер сиз жаза турган болсоңуз) ачылбастан (чыпчыргасы коробой!) өзүңүзгө кайта барат. Балким анын ичинен ушул азыркы сыяктуу сөздөрдү да таппассыз. Көңүлүңүз калбасын (ачык эле айтайын)– таппайсыз! Кагазымдын аягына атымды жазууга да көңүлүм ыраазылык бербеди…»

Берметтин сөздөрүн Жамалкан окуп көрүп, таң калды. Берметти телмирип тиктеп туруп, «кара боор, кара мүртөз неме болосуң го!» дейин деп, угуза айталган жок. Өңүнө караганда Бермет такмаза айтышкандан башка бир ооз сөзгө келбеси билинип турду. Нары, чынын айтканда, Бермет менен айтышкандан Жамалкан чочулады. «Жерге кир, кыз кезиңде ушундайсың, катын болгондо кантер экенсиң!..» деди да, тим болду.

Бермет унчукпай чыгып кетер менен бирөө ызалап чыгып кеткендей буулугуп, Жамалкан кроватка жыгылды. Жамалкандын чын эле ызасы келген эле.

«Мен эмне кылып булардын арасына кыпчылып жүрөм? Мен байкушка эмне жок? Айтса айтпаса тиги кыздыкы төгүнбү? Алам дегендин да оозун аппак кылып, айдап чыкты, ортого түшкөн мага окшогонду да уят кылды. Дагы кагып бирдеме дегени турат. Тим эле зыңгырайт! Менчи, мен? Мен ырсактаган немемин! Мага окшогонго көрүнгөнү көз артып, шылдыңдаганы шылдыңдап, сөз айтканы сөз айтып, жалжактай беришет. Менден эч ким иймен-бейт. Тиги кызга болсо эч ким даай албайт. Эч ким жанына келип кыйшаңдай албайт. Көз артканы менен көрүнөө бирөө бирдеме деп, сөз айталбайт. Мен болсо көңүлчөктүк кылып, абийримди өзүм ачып салам... Мына эми капкайдагы эр албаган бирөө ортого түшүп, бирөөгө кошуп бергени жүрөт. Эмне кылам? Булардан кантип кутулуп, кантип башымды бошотуп чыгам? Согуш дегени кайдан чыга калды эле?.. Мен күйөөмсүз жалгыз жүралбайт окшойм. Жаманкулду сагындым. Жалгызсырайм. Бирдеме болсо ыйлап жиберем. Өзүмчө жүрүп мен кантип киши болом? Бул кейпим менен мен куруйм го! Мени жулмалап жүрүп жок кылышат го! Балдарымчы, балдарым? Булардын таалайы не болот? Мен буларды тарбиялап, кантип окутуп, кантип чоңойтом? Жаманкул келбей калса өзүм кантип оокат кылам? Кантип жан сактайм? Кимди кара тутуп, кимди бел кылам? Же өзүм менен өзүм болуп...»

Тарс-турс этип, бирөө кирип келди.

– Жарыгы да жок, караңгыда отурабы? Э, Жамалкан!– деди да, Салийма тарсылдап сүйлөгөн адаты менен ички үйдүн лампасын жандырып жиберди.

Башын таңган Жамалкан көз жашын жоолуктун учу менен арчып, кроваттан тура калды.

– Зобол убагында эмне жатасың? Башын да таңып алыптыр. Жерге кир! Көзүн, көзүнөн жашы куюлуп эле турат! Тур, эшикте Солтонкул бирөө менен сүйлөшүп калды, нары-бери басабыз дейт.

– Башым ооруп турат,– деди Жамалкан, кроваттан жерге түшүп, кайтадан ыйлай жаздап.

– Башыңды кудай албайт, ыйлап жата берсең соо болмок белең? Кийин, азыр Солтонкул кирип келет,– деди Салийма, папирос жандырып.

Айткандай эле Солтонкул кирип келди.

– А өлүгүңдү көрөйүн, бу катын бузулуп калган неме го!– деди Сонтонкул өзүнүн тамашалагандагы сөзү менен.

Азыр эле ойго батып, үмүтү үзүлгөн кишиче ыйлап жаткан Жамалкан, кыткылыктап күлүп, башынын ооруганы да басылып, эчтеме болбогон кишиче шарактап басып кетти.

Жамалкан күйөөсү менен мына ушундай турмушта турган. Эми ошол турмушту согуш бузуп, капкайдагы басып көрбөгөн буйдалма жолдорго жалгыз өзү туш келип, кайда басып, кайда чыгарын билбей, элеңдеп коркуп турган эле.

Пржевальскинин багында басып жүрүшүп, андан барып, Солтонкулдардыкынан чай ичип, Жамалкан үйгө саат он бирден өткөндө келди. Мария Петровнадан коркуп, чыракты жандырбай жата калайын дегенде ойгоо жаткан Мария Петровна ачууланып:

– Кайда басып жүрдүң, желтаман?– деди.

– Сонялардыкында, келип алып кетишкен,– деди Жамалкан, күнөкөр кишиче, жалтаңдап.

– И, көзүңө карап жүргүн!– деди да, Соня дегенден кийин тым болду.

«Көзүңө карап жүр! Көзүмө карабаганда мен эмне кылып жүрөм? Эчтеме ойлобой, көзүмө карап эле жүргөнсүйм, бирок... көзүмдү кашайтып коюп жүрүшпөгөй эле. Корком, корком!..»

Ошол учурда терезени бирөө акырын тыкылдатып, акырын чертти. Жамалкан селт этип чочуп кетти да, эси чыгып, акырын башын көтөрүп, терезени карады. Терезенин түбүндө эки киши турган экен. Жамалкан экөөн тең дароо тааныды. Бири баягы сөз айттырып жүргөн кара жигит, бири ортого түшүп жүргөн «кыз» экен. Ай жарыкта экөө дапдайын көрүндү. Бирдеме деп шыбырашып, сүйлөшүп турат. Жамалкан буларды жанаракта бактан көргөн эле. Жигит жылмайып күлүмсүрөп, ийилип салам берген, «кыз» болсо көзүн кысып, ымдап чакырган. Солтонкул, Салийма болуп кетип бараткан Жамалкан саламга жооп да beralбай, бөлүнүп да калалбай, мүдүрүлүп жыгыла жаздап, кыпкызыл болуп уялып, араң басып кеткен. Эми терезе-

нин түбүндө ошол экөө турат. «Эмне кылам? Чыгамбы? И, бетим, бетим! Бул эмне деген кордук? Мени тим эле сүйрөп алып чыгып берем деген го? Жок дегенде сүйлөшүп жүрсөмчү? Жок дегенде каадасы менен болсочу? Өлдүм, өлдүм! Жаманкул, кайдасың? Карачы! Мени зордоп сүйрөп баратышат! Жаманкул!..»

Ушул учурда терезе дагы тыкылдады. Жамалкан өзүнө өзү ээ болалбай, чуркап тышка чыгып бараткансыды. Бүткөн бою калчылдап, кайдагы бир ээ бербеген күч элиртип алып бараткансып, ордунан козголуп бирок ал күчкө моюн бербечүдөй болуп тыбырап, кроватты кармап тырмышып, ошол күч менен алышып турду.

– Терезени тыкылдаткан бу ким?

Мария Петровнанын заңк эткен үнү угулду. Жамалкан дагы селт этип кетти да, төшөк менен төшөк болуп, былк этпей, жабышып жатып калды.

– Бу ким дейм?– деди кайтадан Мария Петровна ачууланып.

Үн чыгарган эч ким болбогондои кийин Мария Петровна ачууланып коё берди.

– А жүзү кара бетпак! Ким болсоң да жогол! Азыр чыкчуу болсом бетиңди тытып алам! Уялбаган жүзү кара! Бирөөнүн гана катынын аңдып келген неме окшойт! Арам гана түн күзөткөн азыткы!

Мария Петровна терезеден эки карааңды чала-була көрүп калдыратып эшикке чыкты да, көчөдө да кыйкырып жатты.

– А жүзү кара уурулар! Жалгыз эмес экөө экенсиңер го! Эркеги го эркек, тетиги качып бараткан сойкуга эмне жок! О жүзү кара шерменде! Мен тааныдым сени, жүзү кара! Сениби, сени!

Мария Петровна калдыратып-шалдыратып кирип келди да, адатынча Жамалканга кыйкырды.

– Ай бети жок! Эчтеке билбеген кишидей болуп тымпыйып жатып калат экен! Түн ичинде терезеден чакырган мунуң ким?

– А? Бу ким? Эмне?– деди Жамалкан, уйкудан чочуп ойгонгон кишиче калп эле элеңдеп.

– Билмемиш болуп калат экен! Мунуң ким дейм?

– Мунум кайсы?

– Терезени тыкылдаткан?

– Мен эчтеме билбейм, Мария Петровна, кудай урсун,– деди Жамалкан эптештирип калп айталбай, чалынып каламбы деп коркуп.

– Билбейсиңби?

– Билбейм...

– Билесиң, калп айтып турасың! Болбосо түн ичинде эч ким терезени тыкылдатып, канчык аңдыган дөбөтчө сагалап турбайт. Шерменде! Шерменде болгон турбайсыңбы! Байкуш Женя (Женясы Жаманкул эле), байкуш Женя! Тыякта кан кечип, катыным, балам деп жүрсө, мунусу быякта шалтактап басып жүрөт! Өлсөңчү, өлсөңчү! Бети жок, шерменде! Кантип кыйдың Женяны? Кантип кыйдың? Балдарың турат, оокатың жакшы! И-и шерменде! Кантип бузуку жолго кирдиң? Бетим, бетим! Мен бу жерден жоголом, жоголом!..

Мария Петровна шолоктоп, анан аңылдап ыйлап жиберди.

Жамалкан да ыйлап:

– Мария Петровна, милая, мен акмын... тазамын...– деп, Мария Петровнаны кучактап калды.

– Бар нары, бети жок, балдар ойгонуп калды! -деди да, Мария Петровна ич көйнөгүнүн этеги менен көз жашын аарчып балдардын койкасын карай басты.

– Бети жок, ушу балдардан да уялбайт,– деди өзүнчө кобурап,– Мишка, эмне болду? Ойгонуп кеттиңби? Бу мен жинди жаным, капкайдагы жаман түштөрдү көрүп, ыйлап бакырып жибериптирмин, уктай гой, жаным, уктай гой!– деп, баланын жанына отуруп, соорото баштады.

Эртеси Мария Петровна түнкү чууну тим койгон жок, Салийманыкына барып, чатак салды,– Жамалканды силер буздуңар деп, түз айтпаса да, силер менен шалактап көп басып жүрүп, кокустан бир балит жерди басып алды окшойт, силер байкабай калсаңар керек, же билесиңерби? Болбосо түн ичинде терезени ууруча черткен киши кайдан чыкты,– деп Салийма менен Солтонкулду суракка алды.– Эркегин таанабайм, жанында жанакы эр албаган ушакчы шерменде, ким эле? Болду? Ошону таанып

калдым. А шерменде силердикине да, биздикине да келип, туз-даам ичип жүрбөдү беле? Жаннанын (Жанна Жамалкан болучу) сырын силерден башка ким билет, Сонядан жашырбайт, ал бети жок сырын жашырбаган ошондой неме!– деп, Салийманы такып кирди. Салийма: Кудай-Теңир урсун, мен билбейм, Жамалкандын андайы жок болчу деп, карганып жатып араң кутулду.

– Болду кыз тааныш бирөө менен терезени тим эле чертип жүрбөсүн?– деди Солтонкул, сактыгына салып.

– Андай болсо качмак беле? Мен эшикке чыкканда жанакы шерменде тиги эркектин алдына түшүп алып качты. Ууру, ууру, анык ууру, на воре шапка горит!– деди Мария Петровна бакылдап.

Салийма менен Солтонкул боору катып, көпкө күлүштү.

Мария Петровна кеткенден кийин Солтонкул бир топко ойлонуп, Салийма менен сүйлөшүп отурду. Өздөрүнүн божомолдорун, шектүү кишилерин айтышкандан кийин:

– Жамалкан менен сүйлөш, алакөөдөн, ырсактаган неме бирдемеге чалынып, уят болуп жүрбөсүн; такып сурасаң айтып берет; Жаманкул келгенде коё берттиребиз деп, коркутуп кой. Жанакы Болду кыз бирөөгө кошуп бергени жүрсө керек, аябай ийлеп ыйлаткын,– деди.

Аял аял менен ачык сүйлөшкөндө кандай сүйлөшөрү белгилүү. Анын үстүнө Салийма күлүп сүйлөгөнү менен (эгер келсе) ачуусу да кыйын тили да уу, кылтыңы жок түз аял болгондуктан Жамалканды иттен алып итке салышы мындай турсун, бир өлтүрүп, бир тирилтип, көрдөн көргө сүйрөшү бышык эле. Иши кылып, эмнеси болсо да ошондон кийин Мария Петровна экинчи түн ичинде терезенин тыкылдаганын укмак турсун, Жамалкандын кеч келгенин да көргөн жок. Болду кыз болсо каттаганын койду. Жамалкандын уяты жеңдиби, же Мария Петровнанын кыйкырыгы менен көз жашы жеңдиби, же Салийманын күлкү аралаш уу тили жеңдиби, болбосо куу кишилердин митаамдыгы жеңдиби,– иши кылып, Жамалкандын мурункудай желиккени басылып, жибектей созулгансып калды.

## II

Молдоыбырайымдын балдарынан кат бат-бат келип турган эле. Болотбек Иранда болгондуктан ал жерде согуш жоктугун билген Молдоке андан кам санаган эмес. Баласы Жапар кийинки катында «Волга», «Сталинград» деген түшүнүксүз сөздөрдү жазган болучу. Аны түшүнүп билбегенден кийин ал сөздөрдү таназар алган эмес. Бирок кийин «Сталинград» деген сөз ооздон түшпөй, өлкөгө кайтадан коркунуч түшкөндөн бери мурун эле көп сүйлөбөгөн киши андан бетер тили байланып калды. Келини Бүбүкан, кемпири Калыйча үчөө таң эртеңден талаа жумушуна кетип үйдү он үчтөргө чыгып калган эң улуу кызы Айна башкарчу. Мындан башка эки эркек, үч кызы бар эле. Булардын баары Молдоыбырайымдын кийинки зайыбы Калыйчадан болучу. Кээде балдарынын эң кичүүсү төрттөгү Султанды талаага кошо ала кетишчү. Жаш Бүбүканды кара жаак Калыйча («Кара жаак» кайненем деп, аны Бүбүкан койгон) келининдей көрбөй, абысынындай көрүп, абысын болгондон кийин (абысын болгондо да кичи абысын болгондон кийин) Калыйча аны кагып-сого берди. Бүбүкан кээде гана күңк-маңк этип калбаса, тил кайырчу эмес; Бүбүкан тил кайырбаган сайын Калыйча күчөп, андан бетер итиркейип келип, «мунун тили сүйлөбөгөнү менен ичинде жатат, ичинин баары арам!» деп, какшана беричү. Бүбүкан болсо күндөн күнгө оор тартып, чүнчүп, буттары шишип, араң эле кыймылдап, тамактан да кала баштады. Талаада болсун, үйдө болсун, кичине эл көзүнөн качыгырак боло түшсө эле тоголонуп жатып кала турган. Аны байкабай койбогон Калыйча сүйлөнүп коё берчү.

– Бу келин эмне болуп жүрөт? Урушпай бир ал-жайын сурасаң болбойбу? Оорубу, же боюнда барбы? сүйлөшүп көрсөң боло?– деп, Молдоыбырайым кемпирине бир нече жолу айткан эле. Бирок эртеден кечке түйшүктөн башканы билбеген кемпир чечилип отуруп сүйлөшпөй, ара чолодо аңылдап сурап, жооп алалбай койгон.

– Бирдемеси болсо тили жокпу, өзү эмне айтпайт?– деди Калыйча, Молдоыбырайым дагы бир күнү кыстап калганда.

– Сага окшоп аңылдабай, унчукпай жүрүп өлүп калган киши да болот!– деди кемпиринин тилине чыдап жүрүп, эми акыр аягында жаны ачыган Молдоке.

– Өлүп калса эмне кылайын? Кудайдын буйругуна алым жетеби?– деди Калыйча чакчаңдап.

Бу кемпир эмне мынча Бүбүканга кастарын тигип калганын түшүнө албай, кемпир карыганда бир жолу мастан кемпир болгон экен деп, эмне айтарын билбей, Молдоыбырайым ызырынып жүрдү.

– А деле бирөөнүн жакшы көргөн баласы эмеспи, энеси бирэки жолу мага айткан, сенин батырбай жүргөнүңдү энесине даттанып айтса керек; жакшыраак сөз айтып, сүйлөшүп көрсөң болбойбу?– деди Молдоыбырайым, оозунан чыгып кеткен сөзгө өкүнүп, аңылдаган кемпирге теңелбей, жакшы кеп менен кемпирин бир аз жумшартайын деген ой менен дагы айтты:

– Оору болсо да, боюнда болсо да, тынчыраак үй эмеспи, энесиникине жеткирип туруш керек. Убал, убалды билесиңби?

– Энесине айтыптырбы? Мага айтпай сага айттыбы? Убалбы?– деп, Калыйча чаңылдап сала берди.– Жаманыңар эле мен болуп калган экенмин го? Өзүңөр жакшы болуп кана мени итке ыргыткан сөөктөй кылып таштап койгон экенсиңер го? Сенде мээ бар беле! Күйөөсү кеткени канча болду? Боюна болсо да арамдан болду. Арамдан туулган баланы үйүмдө багып отурмак белем! Убал болсо боло берсин, алпарып энесиникине жеткирип бер!

Молдоыбырайымдын көзү чанагынан чыгып кете жаздады.

– Эмне дейт? Эмне дейт?– деди Молдоыбырайым, шаштысы кетип, ансыз деле тарып турган дүнүйөсү андан бетер тар болуп.– Эмне дейт мастан, эмне дейт? Сен билип жүрдүң беле? Кудайдын алдында чыныңды айт!

– Чыным болбогондо калпым беле? Бар, тетиги Мамбетаалы абышка менен барып сүйлөш. Келиниңдин көзүн оюп, уулуң Болотбектин көзүнө чөп салып жүргөн ошол!– деди Калыйча.

Молдоыбырайымдын эси ооп отуруп калды. Мамбетаалы алтымышка барып калган абышка болчу. «Абышка сакалын сүйрөп кантип ушул ишке барсын? Кантип баласындай болгон немеге

дити барып бирдеме десин? Калп айтат мастан, калп айтат. Жамандагысы келсе айта бербейби? Бул ишене турган сөз эмес, жо-жо-жок! Бул ишене турган сөз эмес! Кудай урбадыбы! Шайтандын тили менен сүйлөп турган кемпирдин сөзү чын чыгып калса эмне болот? Шермендечилик! Шермендечилик! Мунун чынтөгүнүн кантип билиш керек?..»

– А чының болсо аны кантип билдиң?– деди Молдоыбырайым, дагы эмне балакеттин башын баштар экен деп, күн мурунтан эси чыгып чочуп.

– Бар, бар, көк мээ,– деди Калыйча, Молдоыбырайымды маскара кылып турган душман кишиче,– бар, өзүнөн сура, өзүнө ишенбесең кемпиринен сура, кемпирине ишенбесең сүйлөп жүргөн элден сура!

– Кайсы элден?

– Баарынан.

– Баарыга билинген бекен?

– Баарыга!

– Тилиңди жулуп аламын, мастан! Кимден укканыңды азыр айткын! Элдин баары уккан болсо, маакул, мен көк мээ киши укпай эле калган болоюн, акмак кишиге айла барбы? А сен көчөдө ушу күнгө чейин кантип бетиң чыдап басып жүрдүң? Эмне үчүн Бүбүканды алда качан атасыныкына жеткирген жоксуң?– деди Молдоыбырайым чындап ачуусу келип, кара көк тартып муунуп.

– Мага эмне? Күйөөсү келсин,– деди Калыйча, Молдоыбырайымдын ачуусун көрүп кичине басаңдап.– Сага да айткым келген эмес, урушуп жүргөнүмдүн себеби да ошо болучу.

– Сен өгөйлүгүңөн өчөшүп айтып жүрбө, мастан? Күйөөсү келгиче арамдын боюна болгон кишини колубузга колубузга кармап отурмак белек? Ага чейин намысынан да, сенин тилиңдин уусуна чыдабай чүнчүп жүрүп да бир жерге барып арам өлүп калбайбы? Баягы Молдоыбырайымдын келини кайын энеси менен батышалбай жүрүп, муунуп өлүптүр деп, менин жүзүм кара болот! Ал иштен кийин сенин азыркы айткан кебиңдин пайдасы жок; өгөй неме ушак кылып жамандап, көралбай жүрүп өлтүргөн экен деп, сени айтса, Молдоыбырайым бир ооз кемпи-

рине бирдеме деп сөз айтып, тыйып коялбаган экен деп, мени айтат. Балам келип сени менен эмес мени менен душман болот. Сен эмне? Сен бир аңылдаган ажаан акмаксың! Сени менен сүйлөшпөйт, мени менен сүйлөшөт. Энеси да, күйөөсү да Бүбүканды сенден эмес менден доолайт. Каны сага калганы менен наалаты мага калат. Жаныңдан үмүтүң болсо чыныңды айткын!– деп, Молдоыбырайым карманып жүргөн табылгы таягын толгоп, ордунан турду.

– Жин тийип калган неме го!– деп, Калыйча кетенчиктей баштады.– Коё тур эми, айтып берейин, кан ичкен немедей кумсарбачы нары, жаман көрүнөт экенсиң. Ой, эл-журт! Өлтүрдү, өлтүрдү!

– Качан мен сени өлтүрө сабап жүрчү элем? Качан сага менин же колум, же камчым тийди эле? Эмне үчүн өлтүрдү деп, эл-журтту чакырасың, мастан? Азыр жаным кашайып турат. Чыныңды айткын, болбосо...– деди энтиккен Молдоыбырайым, таягын үйүрүп.

– И-и-и, кан ичмеси келген кишидей болгон көк мээ! Айтайын, айтайын...– деди качар жагынын камын жеп.– Күндө келиниң кеч келеби? Мамбетаалы да күндө кеч келет. Кашкарайып калганда келет. Келиниңди алчайтып бээсине учкаштырып келет да, айылга жакындаганда жолго түшүрүп коюп, өзү алдыга бастырып кетет. Эми жаның тынбадыбы, бетпак? Муну элдин баары көрүп, билип, сөз кылып жүрүшөт. Нары бар, нары бар! Таягыңды сороңдотпой нары апар, и-и бети жок! Өңү кантет, өңү... мындайын көрөлек элем, и-и капыр, нары бар, нары бар!

Молдоыбырайым ачуусу менен керилип туруп кемпирин табылгы таяк менен баш талаштыра берип калды да, таягын тизеси менен бүктөп сындырып, кагынып чыгып кетти.

## III

Кемпири менен кагышып чыгып кеткенден кийин Молдоыбырайым жаачу күндөй түнөрүп, кайда барып, эмне кыларын билбей, башы ооган жакка басып кетти.

«Баякы байкуш Карлыгачым болсо (өлгөн зайыбынын аты Карлыгач болучу), Карлыгачым ушуну кылмак беле! Келинин кызындай багып, жыргап отурбайт беле! Кыз алган катының өлгөнү да курусун! Согушу да курусун! Өлгөндөн калган балдарым согушта өлөт окшойт. (Мурунку зайыбынан төрт уулу чарчаган эле). Эмки алган катыным маминтип кара жаак болуп, өгөйлүгүн көрүнөө көргөзүп отурса, карыганда жанымды кайда коём?..»

Молдоыбырайым кыйкырчаак зайыбынын өгөйлүгүн биринчи айтып, биринчи жолу кейип кеткен эле. Балдары энесинен чоңурак калып, өгөй эненин азарын көп тартышкан эмес. Мына эми өгөйлүктүн машакаты келинден чыгып отурат.

«Мунусу чын болсо келинди кудай урсачы! Жок дегенде жашырак бирөө менен сөз болсочу! Абышка, абышка! Атаны сакалың менен гана өрттөнгөн абышка! Мунуң чын болсо согушка кеткен балдардын келинчектери менен ойноп, кутурган экенсиң! Коё тур,– деди кыжынып Молдоыбырайым,– коё тур! Сенин кутурткан гана жериңди курутпасам! Шашпа!»

Молдоыбырайым туш келди басып жүрүп, кайта үйүнө келди (бүгүн ишке да чыккан жок). Үйүнө да токтой албай, балдары менен урушуп алып, аркандап койгон бээсин издеди. Бээсин таппай, чоң кызы Айнага кыйкырды:

– Э, Айна, бээ кайда?

– Бээни жеңем минип кеткен,– деди энеси менен атасынын эртең менен урушканын чала-була угуп калган Айна, атасынын ачуусун байкап, эси чыгып.

– Минип кетти? Кайда? Жумушкабы?

– Жумушка эмес...

– Анан кайда?

– Билбейм... төмөн карай бастырып кетти.

«И-и,– деди Молдоыбырайым мурду менен,– кеткен экен! Кеткен экен!»

– Эртең менен биз апаң экөөбүз урушуп жатканда Бүбүкан кайда эле?

– Ушу жерде болчу,– деп, кызы тамдын бурчун көрсөттү.

«Угуп койгон турбайбы! Кеткен экен, кеткен экен! Кетпей эле качкан экен! Уятынан качтыбы же жаны кашайганынан башын ала качтыбы? Атымды эмне мине качты? Ак болсо чоң чатакты салайын деген го? Салсын. Салганы жакшы. Көчөдө жер карап жүргүчө мен да бир жаңсыл болоюн. Олда дүнүйө ай, мага эмне мынчалык тар болуп кеттиң Дүнүйөң тарыган Молдоыбырайым ай! Дүнүйөң тарыган абышка ай! Мамбетаалы, Мамбетаалы! Коё тур сени, Мамбетаалы! Ак сакалыңды төшүңө жайкалтып салып кана келинимди кучактап жатасың э! Кучактатканың чын болсо сен да, келиним да жерге киргиле!..»

Эл талаанын жумушунан самсып үйүнө кайтып келатса, Молдоыбырайым чочмор баштуу табылгы таягын таянып, талааны көздөй кетип баратты. Көзүнө эчтеме көрүнбөй, өзүнөн өзү сүйлөп бараткандa алдынан арыктап калган карагер атчан башкарма Жайнак чыкты.

– Салом алейким, Молдоке, бу таяк таянып кечке маал кайда жол тарттыңыз? Элдин алды менен келип, элдин арты менен кетчү элеңиз, бүгүн кызматка да чыкпаптырсыз, келиниңиз да жок дейт, теги тынччылыкпы?– деди ээгин кырдырган, кара мурутчан башкарма, ал иш жөнүндө Молдоыбырайым менен сүйлөшөйүн деп турган эле.

– Мен чыкканда эле иш бүтүп кетеби?– деди Молдоыбырайым ачуусу менен,– мен чыкканда эле колхоздун иши бүтүп кетеби? Ат минип, арак ичип, базарга барып соода кылып жүргөндөрдү көрбөй мени көрүп калдыңбы? Ишке чыгымыш болуп басып жүргөндөрдү эмне көзүң көрбөйт? Ишке чыкканы менен ооруп, иштей албай, өлгөнү жүргөндөр менен теги ишиң болобу? Же сага иш эле бүтүп, рапырт бериш эсеппи? Иштин бүтүргөн сен эмес– эл. Элди да байкап, убал-сообун биле жүрүш керек. Минген атың арыктап өлө турган болуптур, ошону менен жумушуң бүтүп кетеби? Малдын да убал-сообу болот. Мага асылганды коюп, атыңды тыңдап минип жүр!

Жайнак ойдо жок жерден опурулуп каптап кирген Молдоыбырайымга таң калып, айласыздан күлүмсүрөп, тыңшап турду.

– Молдоке, жарыктык, эмне болуп калган сизге? Тим эле сурадым, айып болсо кулдугум бар. Кеңешип сүйлөшөйүн де-

дим эле, – деди кыпкызыл болуп уялып; Молдоыбырайым андан бетер опурулду:

– Эмне болгон дейт! Эмне болуптурмун? Кана, айтчы, эмне болуптурмун? Ушундай да шермендечилик болобу?

Мурутту чыйратып кана (Молдоыбырайым, «кана» дегенди чоюп: ка– на– а деп сүйлөдү) жыргап жүрөсүңөр э! Тыякта кан төгүлүп, баш кесилип жатса силер бу жерде кыз жандап, келин уулап басып жүрөсүңөр! Шермендечилик, шермендечилик!.. Эмне болгон деп коёт! Силерге эчтеке болбой эле мага бирдеке болуп кетиптирби?

Молдоыбырайымдын мындай өңү бузулуп ачуусу келгенин, мынчалык каарданганын көрбөгөн Жайнак, Молдоыбырайымдан, чын эле бирдеме болуп кеткенби деп, чочуду.

– Койдум, койдум, Молдоке, кийин келип, кийин кеңешейин,– деди да, бастырып кеткиче шашты.

Башкарма Жайнак Молдоыбырайымга кыйыр болсо да жакшы туугандардын бири эле. Жайнактан ачуусун бир топ чыгарып алды да, эс алгансып үшкүрүп, алышты бойлоп баса берди. Башкарма тууганы болбосо деле Молдоыбырайым ачуусу келгенде (азыркы учурунда) ушуну айтмак болучу. Мына ушу жолугуштан кийин бир аз көксөсү сууп, бирок дале болсо ачуусу келип көгөрүп, жердин оюраак жакасына түштү; кылкылдап батып бараткан күндөн колу менен бетин тосуп, алды жагын карады. Карагер бээни аркандап коюп, те алыста жумуштан кийин алыштын жээгинен Мамбетаалы өңкөңдөп чөп оруп жүргөн экен. Мамбетаалыны көрө замат кайтадан баары эсине түшүп кетти. Мына ушул көк чөптүн баары жайкалып, жайкалган көк чөптүн арасында келини менен Мамбетаалы былкылдап жаткандай көрүндү.

Молдоыбырайым жакын келгенде да Мамбетаалы байкаган жок. Молдоыбырайым так маңдайына келип, таягын кармап, эмнеден баштарын билбей, муунгансып энтигип дем алып, качырчудай маралап тиктеп турду. Кишинин тиктеген көзү өткөнүнөн Мамбетаалы башын көтөрдү да, ойдо жок жерден маңдайында кумсарып турган Молдоыбырайымды көрүп, селт этkенсип кетип:

– И, Молдоке, кайдан ботом, кишини чочутуп, чукул жерден чыга калдыңыз?– деп, жамажайы жайылып, ак көңүл кишинин жайдары жылмайышын салды.

– Уялбай күлүп коёт, жат!– деди Молдоыбырайым, жанына барып; Мамбетаалынын колундагы орогун жулуп алып, алыс ыргытып жиберди.

– Жат!

Молдоыбырайымдын каны ичине тартып, кумсарып калчылдап турганын Мамбетаалы эми байкады. Мамбетаалы да купкуу болуп кетти.

– Балаңан айланайын, Молдоке, эмне болуп кетти? Сиз ушундай киши белеңиз? Эмне кыл десеңиз кылайын, теги айтыңызчы, эмне болуп кетти? Эмне жорук баштаганы турасыз? Бу сиздин кейпиңиз бузук го!– деди Мамбетаалы кетенчиктеп, калчылдап.

– Жат!– деди кайтадан Молдоыбырайым айбаттуу үн менен, мал союп жүргөн бычагын жеңинен чыгарып.

– Капырай, капыр эй, Молдоке, эмне болуп кеткенсиз! Жан кыйчудай кейпиңиз бар го, Молдоке! Сөзгө келиңиз сөзгө. Айыбым болсо башымды кес, болбосо забыныма калба. («Сиз» деген сөз Мамбетаалынын эсинен чыгып кетти). Өлтүрсөң да сөз сурап өлтүр, айланайын. Молдоке! Сөзгө келбечү болсоң акиретте эки колум жакаңдан кетпейт!– деди да, өзүнө кайдандыр кайрат пайда болгонсуп, коркстондук ошо замат жок болуп, Молдоыбырайымга тик карап, жайбаракат сүйлөп турду:

– Мынчалык каарың келип калган экен, билгениң бардыр. Айт, айыптуу болсом мойнумду тосуп берейин. Баш кесмек бар, тил кесмек жок! Кана, эмне сөз, эмне доо, эмне кыжалатың бар? Сакалымдын агында сенин колуңдан арам өлө тургандай эмне кылмыш кылган экемин? Айт, анан эмне кылсаң ошо кыл. Сенин бычагыңдан коркуп кеткен жерим жок, өзүм ак болгондон кийин...

– Чыныңды айт!– деди Молдоыбырайым калчылдап, андан бетер бетинде каны калбай кумсарып.

– Мынабу батып бараткан күн менен кошо батайын, калп айтсам!..– деди Мамбетаалы кайратынан жазбай.

– Мен сени өлтүрбөйм, бирок... колу-бутуңду байлап туруп анан айтам!– деди Молдоырыбайым, бир заматка тайсалдап, өзүнүн кылып жаткан ишинен шектенип.

– Анан айтасыңбы?

– Айтам!– деди Молдоыбырайым буйдалбай. Жатып берген Мамбетаалынын колу-бутун Молдоыбырайым койнундагы кыл чылбыр менен байлап салды...

– Кол кайыргыс кылып байлап алдың, эми ак жеринен ачууң менен бирдеме кылчу болсоң, каным мойнуңда. Балдарым сени да соо кылбайт. Кана, эми айтарыңды айт!– деди Мамбетаалы, коркуу дегенди таптакыр унутуп. Эми кайта, эмнегедир Молдоыбырайымдын эси чыгып, бүткөн боюн муздак тер басып турду... Баятан бери ачуусу келип, кыжынып келаткан неме Мамбетаалынын өзү колу-бутун байлатып бергенинен улам чекеге тартып жибергендей болду да, тайсалдап, эмне айтарын билалбай, шашылып калды.

– Келинимди... булгаптырсың... Сакалың... Ит!..– деди Молдоыбырайым, эриндери калтырап, эптештирип сөз айтууга тили күрмөөгө келбей.

– Менби? Калп Кыпкызыл калп! Чеч буту-колумду, чеч!– деди да, сакалы ылдый жашы төгүлүп, Мамбетаалы жаш балача ыйлап жиберди...

Мамбетаалы менен Молдоыбырайым элдешкенден кийин экөө түн киргиче сүйлөшүп, караңгыда үйгө кайтып келатышты. Мамбетаалы чөп арткан бээсин жетелеп, экөө тең жөө келатты.

– Бычак менен эмне кылмак элең? Соёюн дедиң беле?– деди Мамбеталы, караңгыда мурутунан күлүп, көзүн алаңдатып.

– Бычып салайын дедим эле,– деди Молдоыбырайым, борсулдап күлүп.

– Кемпирден да каңтарып таза шорумду кайнатмак турбайсыңбы?– деди да, эки абышка караңгыны жаңыртып, каткырып күлүп калышты.

## IV

Жайдын толугундагы аптаптын табы күндүн батканы менен кошо кайтып, алыштын бою салкын болуп, Бүбүкандын талыкшып чарчап, жер тартып бараткан денесин сергитип турду. Алыш-

тын боюндагы жашаң чөптөр менен жалбыз, дагы капкайдагы Бүбүкан билбеген өсүмдүктөрдүн жыты буркурап, Бүбүканды мас кылгандай магдыратып баратты. Шарылдап аккан чоң суунун боюн бербей жыш чыккан камыштар шоодурап, суунун агыны менен кошо былкылдап, сынып кетпей ийилип күнү-түнү жүгүнө берип, ушул алыштын суусу менен шыбырашып сырдашкандай болот.

Бүбүкан шишип, ысып турган бутун сууга салып, алыштын боюнда отурду. Күн бою иштеп, чарчаган денеси салкындады, былк этпей жатканды каалап, шишик буттары муздакты сүйөт.

«Мага эмне болду?– дейт ичинен Бүбүкан– мага эмне болду? Эмне үчүн бутум шишип, боюм оордошуп, чүнчүп баратам? Жүрөгүм жаманбы? Жаш туруп эмне үчүн жаман? Же боюнда бар аял башында ушундай болобу? Боюм деле элге билинбейт окшойт. Кара жаак апам билбей койду, ким билсин. Бу киши мага эмне мынча асылып калды? Эмне кылдым? Эмне жаздым? Кудай ай, эмне жаздым? Болотбек ай, Болотбек! Энең жок, атаң жок, Молдокемди ата деп, өгөй болсо да Калыйча апамды апа деп жүрүп чоңойдуң беле? Булар мени эмне мынча жаман көрөт? Же сенин буларга жазган бирдемең бар беле? Атам жакшы, атам кээде мага болушат окшойт. Кемпирине алы жетпейт көрүнөт. Бакырган менен апам деле жакшы эле болчу, кийин эле эмне болуп кеткенин билбейм. Каарып эле жини келип турчу болду. Эмне кылсам? Ата-энемкине кетип калсамбы? Эмне деп кетип, эмне деп барам? Болотбегим таштап кеткен үйдөн кантип кетем? Ээн баштык кылып, ата-энем менен урушуп, (баарынан да батышалбай) кетиптир деп, күйөөм эмес эл айың көрбөйбү! Калыйча апам менен кантип сүйлөшөм? Өз апама да боюмда бар деп, сырдаша элекмин, мен эмне деген байкуш жанмын. Боюм чалкайып билинбесе эле унчукпай жүрө беремби? Төрөгөндө эле бир билсе, бул эмнеси деп калбайбы? Кой, айтайын, билишсин. Андан кийин дагы бакыра бере турган болсо айтып туруп, үйүмө кетип калайын. Өз энем эмеспи, эмне болсо да ошол өз энемдин колунан көрөйүн. Жок дегенде өлсөм да тил укпай тынчыраак өлөрмүн. Мына, курсагым былк этти. Кимиси болду экен? Болотбегим кетеринде курсагымды сылап, уул болсо атын Сапарбек койгула,

Сапарда жүргөнүмдүн эстелиги болсун, кыз болсо Сапаркан койгула деп, эркелетип, сүйлөшүп жатып таң атырбады беле... Кимиси былкылдап, курсагымды жара тепкиси келип туйлап жатты болду экен? Тентек Сапарбекпи же ыйлаак Сапарканбы? Мейли, кимиси болсо анысы болсун, атасы Болотбегим айткандай, аман-эсен төрөп алсам болду. Теги төрөттүрөбү же апамдын тилине чыдабай жүрүп өлүп каламбы? Жок, жок, өлсөм да төрөп туруп өлөмүн. Болотбегимдин тапшырганын аткарбай өлбөйм, жок, жок, өлбөйм!.. Кантип же Сапарбегимдин же Сапарканымдын өмүрүн кыяйын! Жок, жок, өлбөйм. Мейли, тирүүлөй кажып салсын, унчукпайм, кыңк этип унчукпайм, чыдайм, чыдайм!..»

– Э, балам, эмне отурасың кашкарайып калганда, жалгыз?– деп, капыстан бирөө үн салды.

Бүбүкан селт этип чочуп кетти да, ичин басып, артына бурулду. Бээсине теңдеп чөп артынып, Мамбетаалы аксакал акырын бастырып келаткан экен. Бүбүкан уялып кетип, ордунан араң, жер таянып жатып турду да, сакалчан кишиге жүгүнүп, салам берди.

– Балпайган байбиче бол, айланайын, берекелүү болуп, өркөнүң өссүн,– деди да, ойлоно түштү.– Эмне ооруксунуп жүрөсүңбү? Жүктүү окшойсуң, кел, мобу атка минип ал, мен жөө деле басам,– деп Мамбетаалы бээсинен түшө калды. Болбой жатып атына мингизип, айылдын четине жеткизип коюп:

– Абийирдүү келин турбайсыңбы, айланайын, ракмат, кайненең менен Молдокемдин ырысы бар экен,– деп, алкап-алкап бастырып кеткен эле.

Мына мындан кийинки сөздүн баары көзү көрөнөктөр менен кулагы уганактардын кийиз китебине жазылган сөздөр болучу. Тили тек турбагандардын оозунан бу кепти кулагы чалган Калыйча тогуз тоголонуп кетип, «и-и... өлүгүңдү көрөйүн шерменде!..» деп, оюнда эчтеме жок Бүбүканды тили менен тепкилеп, күн көргөзбөй куура баштаган. Эмнеден жазып калганына түшүнбөй, ай-күнүнө жакындап бараткан Бүбүкан өзүнөн өзү жүдөп, нары энтигип дем алып, буттары шишип, бирок сырын эч кимге айтпай, өзүнөн өзү чүнчүй берген.

## V

Бүбүкан талаага кетип баратып, бирдемесин унутуп үйгө кайта келгенде абышка кемпирдин урушунун үстүнөн чыкты. Же үйгө киралбай, же басып кеталбай, бул уруштун эмнеден чыгып жатканын кокустан угуп койду. Ошо замат калчылдап, бүткөн боюн кара тер басып, башы тегеренип, жыгыла жаздады. «Кайненемден ушу сөздү угуп, кантип тирүү жүрөйүн? Өлөм, өлөм! Эл эмне десе ошо десин, мен бул үйдөн жоголом! жоголом, жоголом, жоголом!»

Бүбүкан көрүнбөй малканага кирип, абышка-кемпир кеткиче чыкпай отурду. Алар кетер замат аркандалып турган бээни токунуп, төркүнүнө кетип калган эле. Бул кетиш бул үйдөн бир жолу кетиши же убактылуу баш калкалап, качышпы?– аны Бүбүкан жакшы билбей, өлсөм да ушул үйдөн алысыраак барып өлөйүн деп, жаны кашайып кеткен. Молдоыбырайымдын коёрго жер таппаган жаны жай алып, бирок качкан келин намысынан өзүн өзү бирдеме кылып албагай эле деп чочуп, үйүнө келди. Кемпир короодо казан асып жүргөн экен. Бүгүн үйүн да, кемпирин да көргүсү келбей турган эле. Үйдүн ичинен кобураган үн угуп, болду болбоду же куда же кудагый келгендир деп, акырын кыйшайып, үйүнө кирди лампа балбылдап күйүп, төрдө Сулайман менен Уулкан отуруптур. Амандашып отургандан кийин:

– Кайдан түн катып жүрөсүңөр?– деди Молдоыбырайым.

– Э Молдоке,– Сулайман ылдый караган башын өйдө көтөрбөй,– Шаршени да ээсине берип келдик,– деди.

– Оозуңа карап сүйлөсөң боло, тантыбай, карыганда кудай тооба дебейт экен го киши,– деп, Уулкан наалып кетти– Шаршенди аскерге узаттык.

Шаршен Кыдырбектен кичүүсү эле.

– Окуп жүргөн балдарды да алат бекен?– деди Молдоыбрайым, анткени өзүнүн балдары аскерге иштей баштаганда кеткен болчу.

– Алганы ошол эмеспи. Жамалкан кызыңкынан кайттык. Жаш бала эмеспи, теле эчтекени билбейт, каткырып күлүп, бизди ушул жерден окутат деп калып калды. Тамак-аш акчаны Жа-

малкандыкына таштадык, ошондо келип кетип турмай болду,– деди Уулкан.

Институт Пржевальскиден кайта Фрунзеге көчүп келген эле.

– Кыдырбегиңерден кат келип турабы?– деди Молдоыбрайым, эси-дарты келининде болуп.

– Келип турат, коспиталда, келиниң кайда, жеңе?– деди Сулайман, эшиктен кирген Калыйчага.

– Келин төркүнүнө барып келем деп кеткен,– деди Калыйча бир меймандарды, бир Молдоыбырайымды тиктеп, жалтаңдап.

– Атаганат, Кыдырбегимдин келинчеги болсо жыргап турбайт белем!– деди Уулкан улутунуп.

– Ким билет, жыргабай тытышып отурат белең?– деди Молдоыбырайым, сөздү туптуура Калыйчага тийгизип.– Кыдырбектин келинчеги иштеген же окуган неме беле, сени жыргатам деп кызматыңды кылып, маңдайыңда отурмак беле?

– Мейли эле, кызмат кылса үйүнө барып, окуса тамак-аш апарып, көрүп келип тура берет элем, колуктусу болсо деле мейли эле, кызымдай көрүп четтен багып жүрө берет элем,– деди Уулкан, тегерек чоң бети жайдары жылмайып.

– Айткан кеп да,– деди Сулайман, сүйлөгөндө кере карыш жаактарынын булчуңдары ары-бери жылып,– айткан кеп да! Күйөөсү жок келин кызмат кылып колго туралабы? Бала-чакалуу болсо бир кеп. Мына Тургамбайдын зайыбы окшогондордун жайы бир башка. Анан үйлөнө коюп күйөөсү согушка кеткен келинге мен ишенбейм, күйөөсү өлүү келеби, тирүү келеби?– ким билет, анын үстүнө кыргыздын оозу тек турмак беле, сөзү да болот…

Сулаймандын бу сөзү Калыйчага жага бербей, ичинен кыбасы канып, Молдоыбырайымды табалап турду.

– Андай тилегиң бар экен, Берметти эмне сыртынан багып албайсың, айтууга караганда кат алып жүрүшсө керек,– деди Молдоыбырайым Уулканга.

– Жамалкандан сурасам жолотпой койду деди го. Кат жазышып жүргөнү чын экен, кийин кандай болорун өзүбүздүн көңүлүбүз билет деп, сырын айтпай коюптур. Тетиги Сарыгулу

да аламын деп жүрөт имиш дейт, аны уккандан бери уйкум келбей калды,– деди Уулкан.

– Мына күйөө болсо Сарыгулдай күйөө болсун: аскерге барбайт, согушуңдун эмне экенин билбейт, чөнтөгү толо акча, үйү толо эт, чардайт да жүрөт!– деди Сулайман Уулканды какшыктап.– Тийсе тие берсин, сенин эмне ичиң күйөт? Сенин уулуң Сарыгул болуп калыптырбы? Аман-эсен келсе келиндүү болорсуң, бу Бермет болбосо дагы бир Бермет тургандыр,– деди.

Ушул учурда чапкылап келген аттын дүбүртү угулду да, кимдир бирөө короонун четине келип токтоду. Муну уккан Молдоыбырайымдын жүрөгү кошо дүбүрттөп, туйлап турду. «Дагы эмне балакети башталды? Келинди кудай уруп салганбы? Олдо дүнүйөң тарыган Молдоыбырайым!»– деп, Молдоыбырайым боздоп ыйлап жиберчүдөй болуп кетти. Эшиктен Калыйча үрөйү учуп, шашып кирди.

– Эшикке чыкчы,– деди босогодон бери аттабай. Молдоыбырайымдын жүрөгү лакылдап, көңүлү караңгылап, эшикке чыкты. Караңгыда эчтемени көралбай:

– Бу ким?– деди.

– Мен, Асанбекмин,– деди жаш бала.

Молдоыбырайым Бүбүкандын бөбөгүн, анан жакын барып, өзүнүн бээсин тааныды.

– И, кайдан? – деди Молдоыбырайым, баланын соо келбегенин билип.

– Үйдөн, деди жаш бала,– эжекем ичим деп кыйналып, догдурга алып кетишти, апам, атам кошо кетишти, силерге айтып кой деген...

Жаш бала бээден түшүп, чылбырын Молдоыбырайымга карматты да, жүрүп кетти.

– Ай, сен кайда кеттиң? Мында конуп кетпейсиңби, караңгыда кайда бармак элең? – деди Молдоыбырайым, эси оогансып туруп калган неме, эсине келе түшкөнсүп.

– Тиерде беш-алты атчан киши турат, тигилер менен учкашып мен да барам!– деди да, бала чуркаган бойдон кетип калды.

Бээсин тизгинден кармаган Молдоыбырайым бир топко туруп калды да, эмне кыларын билбей, заманасы куурулуп, коро-

ого киргизип, бээсин байлады. Бээсин эмне үчүн байлап, эмне үчүн үйгө киргенин да билбей, кайта чыкты.

– Эмне кеп экен?-деди Сулайман Калыйчадан.

– Билбейм, келинибиз оору окшойт,– деди Калыйча, калдаландап, нары-бери чуркап.

– Келиниңер оорулуу беле?– деди Уулкан. Калыйча жооп берип үлгүрө электе эшиктен Молдоыбырайым далдайган көлөкөсүн ээрчитип, үйгө дагы кирди. Балдар жаман бирдемени сезгенсип,үрпөйүп турушту.

– Адамдын тилинен уу нерсени көралбадым– деди Сулайман өзү менен өзү сүйлөшкөнсүп.– Кудай ар кимди ар башка жаратып, ар кимге өзүнө жараша кыял берген экен го! Бирөөнү тилдүү кылса, бирөөнү тили жок момун кылып коюптур. Муну кудайдан көрүп да бекер! Жаман менен жакшыны кудай жаратыптырбы? Жок, кишинин өзүнөн. Болбосо, эмне бирөө келинге зар болуп отурса, бирөө келинин үйдөн кууп, жардан түртүп отурат!

– Кудай уруп, бу жинди болуп турат го?– деди Калийча алапайын таппай, Уулкандын жанына корголоп.

– Мен жинди болуп турам! Мен жинди болбогондо ким болот?– Молдоыбырайым Калыйчага ызырынып, бирдеме дейин деп барып, бирок Сулайман менен Уулкандын үйдө экенин эстеди да, өзүн өзү араң токтотуп, жай, салмак менен сүйлөдү.– Силер тамак ичип, орун ала бергиле. Мен догдурга кеттим. Кудай карыганда шерменде кылбагай эле!– деди да, мыкта илинип турган камчысын бүктөй кармап, чыгып кетти.

## VI

– Молдокем эмне наалып эле калган? Бүбүкан ушунчалык эле катуу оору беле?– деди Сулайман; Уулкан экөө тең бүлүнгөнсүп турган бул үйдүн ээлерине таң калып турушкан эле.

– Келин дейбиз, келинибиздин эмне болуп жүргөнүн деле түшүнбөйбүз,– деди Калыйча, келинин жамандайын деп, бирок кандай жагынан айтышты билбей, тайсалдап.– Же оорусун айтпай, же боюнда бар экенин айтпай, тултуюп эле унчукпай

жүргөн. Бүгүн төркүнүнө кетти эле, ичим деп чыдабаганынан догдурга алып кетишиптир.

Уулкан да, Сулайман да келин тууралу бирдеме айтуудан ийменишти. «Өз келининин сырын билбеген кайнене кайнене болмок беле?– деди ичинен Уулкан,– Молдокем айткандай, тилдей бергендирсиң, анан келин чечилип сырын айткандын ордуна жыйрылып, баарын ичине жыйнап жүрө бергендир...»

– А дүнүйө, ар кандай болот да– деп, Сулайман туюк үшкүрүп койду.

Калыйча эч качан өз мойнуна кине койбогон кишилердин бири эле. Эмне сүйлөп, кандай сүйлөсө да далилсиз сүйлөбөй, өз сүйлөгөн кебин өзү эп көрүүчү. Мындай кишилердин тилине туура келип калгандар оңбой калары мындай турсун, мындай кишилер эч качан өзүнөн чекилик кетпесиие таптакыр ишенип алып, эч качан бирдемени мойнуна алып сүйлөгөндү билбейт.

Калыйча үй оокатынын баарын өзү жасап, бирөөнүн кылганын жактырчу эмес, жактырса да, иши кылып бир жеринен кыйкым таап, аны айтпай койчу эмес. Калыйча үй сарамжалын да өзү кармачу, өзү кармаган нерсенин баары өзүнө жагып, өзүнүкүнөн башканыкы жакпагандан кийин кишинин баары «жаман» көрүнө турган. Калыйчанын бу кыялын элдин баары, а түгүл алыста жүргөн Сулайман, Уулкан сыяктуулардын баары билишчү, бирок айтуудан коркуп, көзүнчө мактап, көмүскөдө сөз кылышчу. Калыйча өз оокатына тың, кызматта да алдыга киши чыгарбай иштегендиктен, ага бирдеме деп, сөз да айталышчу эмес. Ошо сыяктуу, Калыйчанын колуна түшкөн Бүбүкандын жайы кандай болуп жүргөнүн журттун баары билсе да, эч ким бет багып, унчугалчу эмес. А түгүл Молдоыбырайым да жалтаңдап, «кемпир менен теңелбейинчи!» деп, басып кетүчү. Калыйча Мамбетаалыны ортого кошуп, келинди булгап сүйлөгөндө гана Молдоыбырайымдын жаны кашайып, ачынып кетип, колун көтөрдү. Өмүрүндө таяктын уусун татып көрбөгөн Калыйча: «Шермендең чыкканда көрсөм экен, өз таягың өз башыңа тийгир, намысын айтса кайта мени кордойт!» деп, ак жеринен ыза көргөн киши болуп, ичи күйүп отурган.

Эртең менен күн чыга электе Молдоыбырайым келди. Бирөө жанчып салгандай мыдыр этерге дарманы калбай, бээсин байлап, мас кишиче теңселип, үйгө кирди.

– Кандай, Молдоке, жакшылыкпы?– деди Сулайман менен Уулкан экөө тең.

– Кудайга шүгүр, жакшылык,– деди Молдоыбырайым, оозу араң камтууга келип. -Уулдуу болдук...

– Уулдуу болдук?– деди Сулайман кыйкырып.– Анан сүйүнчү дебейсиңби? Уулкан, бар жеңеңе барып сүйүнчүлө, бербесе тетиги жүктөгү чоң шырдакты астыңа салып отуруп ал!

– Эми Бүбүкан аман болгой эле, байкуш– деди Молдоыбырайым күңгүрөнүп.– Улам эсинен танып, жаман кыйналды дешет догдурлар. Терезеден таң аткыча кеткенибиз жок. Баласы түшкөндөн кийин баласы ыйлабай, бир топко көгөрүп жатыптыр. Бетке чапкыласа анан барып ыйлаптыр. Баланын ыйлаган үнүн угуп турдук. Таң аткыча жакабыздан колубуз кеткен жок.

Эшиктен Калыйчанын үнү чыкты.

– А-пе-й, төрөп коюптурбу? Боюнда бар бекен?

– Боюнда болгон үчүн төрөйт да, жеңе; кубанганынан шашкан киши дөөперес болуп калат окшойт, андан көрө сүйүнчүнү бериңиз,– деди тыштан Уулкан.

– Ичи билинген эмес, ууру көтөргөн турбайбы!– деп. Калыйчанын чаңкылдаган үнү чыгып жатты. Калыйчанын үнүндө бир башкача ачуу менен кыжыры кайнагандыктын белгилери бар эле. «Арамдан туулган балага эмненин сүйүнчүсү! Сүйүнчүсүн Мамбетаалы менен Молдоыбырайым берсин!» дейин деп, уятынан гана араң токтоп тургандай көрүндү.

– Келиндин ичинде бирдемеси бар-жогун энеси билбесе ким билмек эле? Шылтоону коюп, сүйүнчүнү бери апкелиңиз. Келиниңиздин туну болсо, анын үстүнө уул болсо аксарбашыл эмес, ай туяктан чала турган жөнүңүз бар; сөзгө алагды кылбай, батырак ырымын кылыңыз, болбосо жүктөгү шырдагыңызды сүйрөй качам,– деди Уулкан жылмайып күлүп.

– Булар айтыша турган болду го?– деди Сулайман, солкулдап күлүп.

– Э Уулкан, бербесе айтышпай беригел, силер ак жолтой конок болдуңар, келиним аман-эсен көз жарып албадыбы, сүйүнчүнү өзүм берем,– деди Молдоыбырайым.

– Ошо жаман эме шырдактын теңи болмок беле? Жаман-жуман эле чүпүрөк-мүпүрөк жетпейби?– деп, Калыйча Уулкан менен кирип келип, өзүн өзү зордоп тамашалап, күлүмүш болду. Көзү болсо «арам, арам, арамдан туулган балаңа берсең өзүң бере бер, менин берер эчтекем жок, шырдагымдан айлансын!» дей турган эле.

Молдоыбырайым Уулканга жүз сом сунду.

– Молдоке мунуңуз аз, үйүңүзгө жаңы жигит кошулуп отурса жүз сом бересизби? Ал, Уулкан, тетиги шырдакты ал!– деди каткырып күлүп Сулайман.

– А бу Молдокемин жүз сому жетет, жеңемин шырдагын алат эмесминби,– деп, Уулкан чыны менен жүктү карай басты.

Калыйча чебеленип, чын эле шырдагы колдон чыгып кетчүдөй болуп, шырдактын үстүнө түшө калды.

– Шырдак коюу көп, бай силерде болбогондо менде болмок беле? Муну Айнага жасагамын, Айна ыйлайт!

– Эми тим эле кой, сүйүнчүнү сүйүнчүлөгөн кишиге бериши керек, Молдокем сүйүнчүлөп келбедиби, сүйүнчү Молдокемки,– бизден бир козу,– деди Сулайман.

– Уулубузга ат коёбуз деп да убара болбойт экенбиз, – деди Молдоыбырайым жылмайып күлүп. Атын Болотбек өзү коюп кетиптир.

– И-и,– деди Сулайман,– эмне деп коюптур? Азыркы балдар ушундай. Илгери биз балабызга ат коймок турсун, катыныбыз төрөгөндө үйгө жолочу эмеспиз. Аксакалдар өздөрү эле билишчү.

Калыйчанын көзү чакчайып, оозу бирдеме деп кыбырап турду.

– Болотбек Бүбүкандын боюнда бар экенин билип, бала мен сапар кетип баратканда боюнда калды, уул төрөсөң атын Сапарбек койдур, кыз болсо Сапаркан койдур, акырын Калыйча апаман Молдокеме айттыргын дептир (Болотбек атасын Молдоке дечү),– деди Молдоыбырайым.

– Жатып алып келинчеги менен сырдашкан экен, эргул,– деп Сулайман каткырып күлдү.– Болсун, болсун, тилеги кабыл болсун, ушул өздөрүнүн атын койгула. Анда апасы…

– Апасы эмне, шырдагын аямак беле! Балдарыман садага болоюн,– деп, Калыйча ыйлап жиберди.– Мындай жакшылыкта шырдак эмне болуп калыптыр! Ал, алагой, Уулкан, Айна азыр жаш эмеспи, аман болсом дагы жасап беремин...

– Мына, кеп ушул эмеспи, эми албасаң да ыраазы бол, Уулкан,– деди Сулайман, Калыйчанын кокустан ичи жылып кеткенине кубанып.– Эми Уулкан сен эки шырдактык жүн бергин, же Айнага деп шырдак жасаттырып бер. Мына, пейили кең киши деп Калыйчаны айт, балдарың аман-эсен болуп өркөнүң өссүн, жеңе. Шырдагыңа ыраазыбыз, ал дегениңе рахмат.

– Жок, алгыла, силер ак жолтой болбодуңарбы, ал алагой Уулкан,– деди да, жүктөгү кызыл-тазыл гүлү бар шырдакты алып, Уулкандын жанына койду. Балдардын кеңеш-кебинин ичинде өзүнүн бар экенине Калыйча кубанып, төбөсү көккө жетип турган эле. Болотбек келинчегинин боюнда калган баласынын атын өзү коюп кеткенден кийин, бала адал бала экендигине Калыйчанын көзү жетип, Мамбетаалыны да экинчи ойлогус болуп унутту. Уулкан менен Сулайман ак жолтой да болуп, акчалуу, шырдактуу да болуп, булар ичинен кудуңдап сүйүнүп турса, кемпири менен болгон чатак, Мамбетаалынын ушагы өзүнөн өзү басылып, жүзү жарык болуп, баарыдан да Молдобырайым сүйүндү.

## VII

Чотур жылкы менен жылдагысындай Көк-Ойрок жайлоосуна көчүп, үйү да ээн, огороду да кароосуз калып (огородуна картошка, жүгөрү эккен), жылдагыдай огородун туугандарынын бирөөнө дайындап кеткендин ордуна Айнаканды кыштоосуна көчүрүп алмак болду. Жайында шаардын ысыгына сызгырылгандан көрө айылга келип, балдары менен бир жагынан огородду карап, дүмбүл жеп, бактын ичинде алмасын кагып, уюн саап ичип салкында жата беришсин деп, Канышайым экөө кеңешти. Паёгун бу жактагы райондун дүкөнүнөн алса да болот, азык-түлүктөн өксүтпөй, кээде кымыз да жеткирип берип туралы дешти.

Тургамбай согушка партия кызматында иштеп жүрүп кетти. Качан болсо Чотур менен Канышайымдын кант-чайына каралашып, Берметти болсо дайым өзү кийинтип, айылы менен жакшы катышып туруучу. Айылы да Айнаканды ичинде кири жок, караборчо дурус келин деп, жакшы көрүшчү эле.

Айнакан айылга көчүп келгенден кийин бир ай өтпөй, Бермет каникулга келди. Каникулда айылга келген себеби да: жеңесин жалгыз таштабай огород, үй, ишин кылып, кара жумуштун баарын бирге иштешип, балдар менен, жеңеси менен бирге болуш эле.

Келери менен жеңеси экөөлөп жүгөрү, картошка сугарып, аны түптөп, чөбүн отоп, огородду таптаза кылып салышты. Балдар да бактын көлөңкөсүнөн чыкпай, өңдөрүнө кирип, оңоло баштады. Ак жуумал Бермет күнгө тотугуп, кара торусуна айланса, кара тору Айнакан ширидей капкара болуп, иштейи ачылып, экөө тең оңолуп сала берди.

Июль айынын орто ченинде жайлоодон Чотур, Асан, Сырга келишти.

Асандын үйү Чотурдуку менен эшиктеш сыяктуу жакын эле. Асан менен Сырга үйүнө кирип эле кайта чыгып, Бермет менен Айнаканга учурашты. Сырга баякы Бермет жайлоого баргандагы шарактаган Сыргага окшобой, мостоюп, өңү да шапайып, бир башкача болуп калганын Бермет дароо байкап, анын себебин сурабай билди.

– Айнакан го Айнакан, Бермет эмне болуп кеткен капкара болуп?– деди Асан, жайдары күлүп, кашкайып.

– Айнакан деле ынды кара болуп калыптыр,-деди Чотур, жанынан чыкпай калган балдарды эркелетип.– Менин балдарым сагынып калган турбайбы, балдарынан садага болоюн, балдарынан садага болоюн.

– Көптөн бери кара жумуш кылалек элем, атам быйыл мени кызматка чекти,– деди Бермет каткырып күлүп. – Жумуш кылгандан бери анткен менен сергек болуп, жакшы уктап, тамакты жакшы жеп калдым.

– Сарыгулга жакыныраак келгенинен го?– деди Сырга Берметтин кулагына шыбырап. Бермет Сырганы аткып үзүп алды.

Дасторкон жайнап турган бышык эт, нан, кымыздан кийин:

– Кечинде биздикинде болгула,– деди Асан.

– Асан байкемди аскерге чакырып жатабы?– деп, Асандар чыгып кеткенден кийин Бермет атасынан сурады.

– Чакырыптыр,– деди Чотур капалуу болуп.– Кететко. Камынып эле келди. Сырга таптакыр мөгдөп кала турган болду. Жаш неме балдары менен талаада калчудай болуп жатса керек. Эмне, Тургамбайдан кат-кабар барбы? -Чотур Айнаканга карап, Розаны көтөрүп турду.

– Кат мен бу жакка чыгарда келген, тынч эле жатабыз, запастамын дептир болчу,– деди Айнакан.– Муктар, сен барып уйду тосуп келчи, күн кечкирип бaратат, мен торпокту апкелейин. Айнакан эшикке чыгып кеткенде Чотур кызына бурулуп, чынынды айтчы, теги кандай кабар бар, сага жазгандыр дегенде, тиктеп калды.

– Байкемдин азыр урушка киpелеги чын, бирок бет алган жагыбыз Сталинград, Сталинграды болсо катуу багыт болгону турат дептир. Айнаканды абамкы көчүрүп алса кандай болор эле, шаарда балдары менен жалгыз туралбайтко деген экен, мен баарын толук жазып жибердим. Эми кат келсе, мында келет,– деди Бермет, Кыдырбек да эсине түшүп кетип. Андан кат жок эле.

– Биздин айылдан бир топторун чакырып жатса керек. Сулайман да Боронзого Шаршесин узатып кетиптир. Биз алыс болуп келалбай калдык. Байкуштун баласын онунчуну бүтөр менен эле алган экен,– деди Чотур, кызынын Кыдырбек менен кат жазышып жүргөнүн билсе да, Кыдырбектин жайын даап сурай албай. Мунун ортосунда Сарыгул да кеп салып жүрөт имиш дегенди Молдоыбырайымдан угуп. Чотурдун башы маң болуп жүргөн. Чотур Кыдырбекке кызын анчалык тардык кылбаганы менен зилинде Кыдырбекке барышын да жактырчу эмес, ал эми Сарыгул дегенди уккандан бери бу зөөкүр чалыш немеден көрө Кадырбек төөлүк өйдө эмеспи деп, кызынын сырын кимден кантип тарттырарын билбей жүргөн; азыр кызын тиктеп, бирок кызынын шегин билалбай турду.

– Алар баратканда мында келип кетишкен,– деди Бермет.

– Баласынан кат бар бекен? Байбичеси мындабы?

– Бар экен; Шааркан энем мында болчу, бая күнү балдары менен тоого чыгып кеткен. Шаршени узатканда өкүрүп-бакырып, чачын жулуп калды дейт,– деди Бермет эң жакын кишилерин сүйлөп жаткандай, ажарына чыгып, жаркылдап.

– Кантет, эне да,– деди Чотур кызыңын илептүү сөзүн кубаттап. – Уулкандын төрөгөнү эле болбосо, бала багып көргөн жан эмес; балдардын баарын ошол Шааркан байкуш багып, Шааркан чоңойтту. Балдары да бир сонун, Уулканды көп билбейт, чоң апа деп, ошол Шаарканды тегеректеп турушат.

– Уулкан экөө эң эле ынтымактуу дешетко, ошо чынбы ата?– деди Бермет.

Чын, чын болгондо эжели-сиңдиден ынтымактуу. Тыштан эжели-сиңдини көп көргөнбүз. Булар укмуш,– деди Чотур, кызынын Сулаймандардын турмушуна мынчалык таң калып.

– Асан байкемди качанкыга чакырыптыр?

– Эртең районго барат; жаш балдары менен куурайтко,– деди Чотур, же өз келинин же Сырганы көбүрөөк аяп турганын көп түшүнө бербей.

– Кыйыны кыйын, бирок Сырга жеңемин өзүнүн ата-энеси да, кайнене-кайнатасы да турат, Айнакан жеңемдей эле кантип калсын, бизден башка карманар карааны жок, – деди Бермет, Сыргадан өз жеңесин көбүрөөк аяп.

– Э кызым, азыр кайда барсаң Мамайдын көрү болбодубу! Боору бүтүн киши калбайт окшойт.

– Толуп эле жүрбөйбү, ата, жанакы– («жанакы силердин мал доктуруңарчы»)– деп, оозунан чыгып кете жаздап, Бермет араң токтоду.

Бермет кыпкызыл болуп кеткенинен атасын караялбай, бурулуп кетти. «Сарыгулдун Пржевальскиге жумуш менен барбай, мен үчүн барганын атам укпай коюптурбу? Атам эмес элдин баары уккандыр! Мейли, уксун, ошол укканы жакшы. Уялгыдай менин ушагым бар беле», деди ичиней Бермет.

– Кана, байбиче, казаныңды чоңурак ас, бүгүн эл менен, отуруп бир гүлдөйлү. Жолдош-жоролор келет. Жаман кишиче үңкүйүп оту-

руп албай, элди жаркылдап туруп узаткын. Ыйлаба, ыйлаба дейм! Көз жашыңды эстегенде муунум бошоп, колумдан мылтыгым түшүп кетип жүрбөсүн... анда.. анда немистер өлтүрүп салат. Мен деген артиллеристмин, душманды замбирек менен койгулап, замбирек менен кармашам. Эки жыл аскерде бекер кызмат кылыптырмынбы? Бүгүн карап тур, бүгүн ырдаймын. Баякы сени бүркүтчө илип кеткени жүргөндө, бүркүтчө шаңшып ырдаганымды билесиңби?

– Качан эле шаңшып калчу элең?

– Жаагымды баспай жанчу эмес белем?

– О кайран эме десе?

– Кой, кайран дебе. Кайран деп өлгөн кишиге айтат.

– Өлүү болсун, тирүү болсун, кайран деп жакшы кишиге айтат.

– Мен го жакшынын жакшысымын, туурабы, байбичекен?

– И, сенде сын жок эмеспи! Көзүмө азыр эле жакшы көрүнүп турасың.

– Өөп койчу эмесе.

Сырга Асандын мойнуна асылып, угузбай ыйлап, Асан Сырганын чачынан жыттап турду. Экөөнүн ушул турушунда бирин бири шылдыңдашып, бирок бирин-бири өтө сүйгөн эки курдаштын, кыйышпас, эч ким, эч нерсе ажырата алгыс эки достун бир башкача, эч ким билбеген ысыктыгы бар эле. Асан бир ырды эстейин деп, эстей албай жатты.

– Сыргажан, баякы шаардан келген тармал чач, сулуу жигиттин ыры кандай эле? Айтып койчу,– деди Асан, Сырганы кучагынан чыгарбай.

– Аны айтпайм, аны айтсам ыйлап ием,– деди Сырга Асандын төшүнөн башын алгысы келбей.

– Айтсаң, айтсаң, Сырга.

– Айтпайм, айтпайм!

– А эстедим, кандай эле?

– Аны ырдаба! Айрылгым келбейт. Айрылбайм, айрылбайм!– деп, Сырга шолоктоп кетти.

– Койдум, койдум, эжеке, байбичекен, койдум бүгүн өзүмдүн ырымды ырдайып, сен да ырдайсың, элдин баары ырдайт. Мен дүкөнгө кеттим,– деди да, Сырганы балача өйдө көтөрүп, кайра

жерге койду. «Эселекмин да, кайдан да капкайдагы айрылуу деген ырды эстедим! Теги бир орундуу болсочу!» – деп, өкүнгөн бойдон чыгып кетти.

Кечинде Асандыкына ар түркүн эл келе баштады. Булардын ичинде чакырылганы да, чакырылбаганы да бар эле. Бирөө аскерге кетип баратса журттун баары чогулуп, батасын бергени батасын берип, акча бергени акча же тамак-аш берип, болбосо тим эле коштошуп, ак тилек айтып, алкап коюш салт болуп кеткен. Бул салт кетип бараткандар үчүн да, кетип бараткандардын калып жаткан жакындары үчүн да чоң дем болуп, ый аралашып турса да оюн-тамаша кошо болуп, майданга узатуу кишинин кабыргасын кайыштырган өзүнчө бир кайгылуу салтанатка айланган.

– Журт коргогон жоокерлерди жакшы узаталы,– дешип, карысы да, жаштары да аянбай, көбү суусундарын ала келишчү.

Өзү шайыр, колу эмгектен кетпеген, кичипейил, элдин баары жакшы көргөн Асанды да жакшы узатмак болуп, эл өзүнөн өзү чогула берди.

Сырга өзү үйүнө Асандын теңтуштарын, аксакалдарды кайнатасыныкына отургузмак болуп, эки үйгө тең (экөө жанаша болучу) ала кийиз, шырдак салды. Бирок келген эл азырынча Чотурдун багында отурушту. Бакта отуруп кымыз ичип, ар ким өз ичиндеги санаасы менен болуп, ар ким өз кебин салды. Каш карайып бараткан эле.

– Тетиги караан Молдош башкарманын карааны го? -деди Чотур. -Жанындагысы Коңкош бугалтырбы? Тиги– Сулайман менен Уулкан го.

– Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан деп манасчылар Бакайды айткандай, көзүң Бакайдыкындай эле бар экен, сөз жагын билбейм,– деди Асандын атасы Нураалы, кылчыктуу эчки сакалы аппак болуп агарган, өңү да аппак, нурдуу киши; Нураалынын сакалы караңгыда да аппак болуп турду.

– Ай Жангазы, Муса!– деди Нураалы, тестиер тартып бараткан эки уулуна,– ай, салдаттар, бар, тетиги ак сакал кишилердин атын алгыла!

Балдар чуркаган бойдон барып, тигилердин атын алып, Чотурдун короосунун четиндеги коого байлады. Келгендер чырагы күйүп турган Асандыкына кирип кетишти.

– Келген киши Нураалыныкына келсе атын балдары менин коомо байлайт,– деди күлүп Чотур.– Менин коом эмне, коомдук коо бекен?

– Жаңылтмач айткандай сүйлөйсүң да, Бакайча сөзгө усталыгың ошол. Кана эмесе, аксакалдар, биздин үйгө кирели. Караңгы түшүп кетти,– деп, Нураалы ордунан турду. Нураалы менен Асандын үйүнүн алдындагы кемегеде жалбырттап от күйүп жаткан эле.

«Далайлардын балбылдап күйгөн оту өчүп, далайларга каран түн түшөтко. О-хо-х-о, армандуу дүнүйө!» деп, Розаны көтөрүп алып, Чотур Асандыкына кирди.

– Бу кымызыңардан бизге деле берип койсоңор болбойбу, өзүңөр эле иче бербей,– деди Молдош, Чотур отургандар менен саламдашкандан кийин.– И, мал-жаныңар аманбы?

– Аманчылык,– деди Чотур.– Шаршенин кетерин биз тоонун башында жүрүп укпай калдык, бирдеме берип калат элек.

– Шаршени узатып келсек Асан кетип атыптыр. Ме, Сырга, момуну Асанга берип кой, жолдо чай ичип кетсин,-деп, Сулайман акча сунду. Ошол учурда Асан кирди.

– Асан,– деди Молдош,– сени военкоматка барып жакшы эле айттым, артиллерист турбайсыңбы, болбой коюшту.

– Мен согуш башталганда эле кетмек киши элем, унутуп жүрүштү окшойт, дагы ушу убака келдим,– деди Асан жайдары күлүңдөп. Асан качан болсо күлүңдөп турган, маңдайы жарык жигит.

«Менин Шаршеме окшоп, бу деле кабак-кашым дебейт, Балачакалуу неме...» деди ичинен Сулайман.

– Сырга,– деди Молдош башкарма.– Сырга дейм, Асан бир топко келбей, ырсалактаган кылыгын эле саганбасаң, тиги Нураалы атаңдын колунда балдарың менен жүрө бер. Асан экөөңөрдүн тапкан эмгек акыңар бир топ болуп калыптыр. Оокатың өзүңө түгүл эки үйлүү кишиге жетет. Коңкошту ала келген

себебим – аласасын өз кулактары менен орой көз чарай отуруп уксун дедим. Сен Асан жолго акча аласыңбы же кийин Сыргага берелиби?

– Согушка кетип баратып акчаны эмне кылам? Анча-мынча жол каражатым деги бар, андан көрө кийинди коюп, Сыргага азыр берип койгула, тоодо жүрүп киер көйнөгү деле калган жок,– деди Асан, Сырганы карап күлүңдөп.– Көйнөк киесиңби? Өзүң алып кийгин.

– Сен кеткенден кийин өзүм алып кийбейм, алып берсең өзүң алып бер,– деди Сырга, көзүнүн жашын жоолуктун чети менен аарчып.

– Анда эмесе,– деди Молдош,– былтыртан берки акыңар болуп, эгинден башка акчаңар да көп экен. Баарын азыр бералбайбыз. Эки миң сом берели, өз колуң менен зайыб-балаңа, карыган ата-энеңе кийим-кече алып берип кет. Кана, Коңкош, акчаны сана. Нандык дандан өксүтпөспүз. Сырга жакадан иштеп, тырмалап турар. Силерден кийин кимибиз калып, кимибиз кетерди ким билсин, иши кылып, башка келгенди чогуу тартарбыз. Сырга экөөңөр эмне эле бүлүнүп атасыңар?

– Бүлүнгөн деле жерибиз жок. Кийиктин этин апкелдим эле, келгендерге колум менен тамак берейин дегемин. Кана, аксакалдар, тиги үйгө киргиле, бул үйдө жаштар менен отуруп бир аз ич кызыталы,– деди Асан, күлүңдөгөнүн жазбай.

– Мен кайсынысына кошулам, жашынабы, карысынабы?– деди Молдош күлүп.

– Башкарманын өз эрки эмеспи, жаш болом десе жаш,аксакал болом десе аксакал боло берет да,– деди Сулайман. Отургандар дуу күлүп жиберишти.

– Сыйласа...– деди күлүп, Молдош.

– Сыйлабай артынан тилдеп турса да ошо, жаш болуп бер,– деди Сулайман.

– Жаш менен жаштай, кары менен карыдай болгон эле жакшы,– деди баятан бери унчукпай отурган Уулкан.

– Баракелде, жеңе, бир зоболомду көтөрүп кеттиңиз!-деди Молдош, каткырып күлүп.

Аксакалдар кеткенден кийин бат эле Асандын үйү кишиге жык толду. Булардын ичинде колхоздун бригадирлери, кара жумуштагылар, трактористтер бар эле, булар деле бүгүн-эртең кетебиз деп, повестка күтүп жүргөндөр. Булар зайыптары менен келишти. Кымыз ичкендер кымыз, арак ичкендер арак ичип, кара жумушта жүрүп чарчап келген немелер бир стакандан кийин эле кызый баштады.

– Бермет менен Айнакан эмне келбейт, чакыр!– деди Асан, Сырганы түрткүлөп.

– Кокуй, чакыргыла,– деди Молдош дагы.

– Уялып келбей атпайбы,– деди Сырга Асанга шыбырап.

– Эмнеден уялат? Чакыр, сармерден айтышабыз,-деп, Асан кыйкырып калды.

– Келсин, келсин!– деп, отургандар чурулдашып жиберди.

Отургандар болбогондон кийин, баары бир Бермет менен Айнакандын келбесин билип, Сырга калп алаксытып:

– Кана, ырдай бергиле, азыр чакырып келем, Асакем өзү баштасын!– деп, Асанга толтура стаканды сунду.

– Өзү ырдап берсин, Сырга ырдап берсин!– деп, отургандар дуулдап болбой коюшту.

Сырга оозун басып уялып, таптакыр ыр эсине келбей, көпкө маалкатты. Отургандар кол чаап, кыйкыра беришти. Сырга ойлонуп турду да, жамак ырга салып жиберди.

Карагай ичи каман жол,
Каптады душман түмөн кол,
Кайраттуу жолборс сен болуп,
Кайгыртпай мени аман бол!

– Бали-и! У-у-йт!– деп сүрөп,– дагы, дагы!– деп калышты.

Сырга тантыгырак ырдаганын сезип, дагы эмне айтарын билбей, бетин басып, бүткөн бою калчылдап, сүрдөп турду. Анан чымырканып, дале жамак ырга салды.

Жылдыздар тарап, ай батты,
Жыпар жыт аңкып таң атты.
Кыз кезимде кошулган,
Кызыктуу курбум жол тартты.

Жайлоонун башы көк шибер,
Жайкалтып-а салкын жел жүрөр,
Жапырып душман тууларын,
Жадырап-жайнап келегөр.

Отургандар кол чаап, кыйкырык-сүрөөн болуп, кыйрап калышты. Бул ырлар анык сезимдин жүлүнүнө тийчү ырлар эле, анын үстүнө Сырганын ичке үнү, уккулуктуу, муңдуу овон андан бетер ырды, анын ар бир сөзүн бадырайтып чоңойтуп, күчкө келтирип, салмактуу, көркөм, татыктуу кылып, согуш мезгилиндеги шартта кимди болсо да жашытып, ичип алган жаштардын андан бетер делебесин козгоп, ызы-чуу түшүрдү.

– Асаке эми ал, эми соктур!– деп чуулдашып, стаканды Асанга алдырды. Асан да өз оюндагы ырын ырдады.

Унутпа, курбум, атыңды
Үзбөй бир жазгын катыңды.
Жүрөккө бекем сактармын,
Сендей го перизатымды.

Асан менен Сырга экөө өздөрү да ойлобой туруп, кайым айтышып кетти. Кайым айтышуу отургандарды кошо ээрчитип, кошо элиртип, кошо кайым айтышып тургандай кызып кетүүчү жандуу ырлардан болгондуктан ызы-чуу мурункудан да күчөп, «дагы-дагы» деп, сурай беришти. Асан ырдай берди,

Мен тиккен кырчын тал калды,
Мөгдөгөн кемпир-чал калды.
Бөктөрүп кетип жүрбөсүн,
Кулаалы сендей жалжалды.

Сүрөгөн ызы-чуу мурункудан беш бетер күчөп, «жооп бер, Сырга, жооп бер!» деп Сырганы кыстап калышты. Сырга бу сапар сөз издеп көп убара болбой, кыстатып да отурбай, ырдап коё берди:

Чырпыгың чынар кылбасам,
Караба менин бетимди.
Кулаалы түгүл куш болсун,
Алсын бир балекетиңди.

Жайлоонун башы салкын төр.
Жаңшаба, жаным, кой үркөр,
Күткөнүмдү кадырдап,
Журт алдында сынап көр.

Ак эле буудай унундай,
Жуурулушкан чагымда.
Унутуп кантип сындырам,
Алтыным, сенин шагыңды!..

– Бали, ба-ли-и! Жарайт Сырга, азамат Сырга!– деп, Сырганы мактаган үндөр үйдүн ичи эмес, бүт айылды жаңыртты. Сырга менен Асанга эл ыраазы болуп, көпкө дуулдады.

Стакан эми колдон колго өтүп, жигит, келиндер ырдап, күлкү, тамаша, сүрөгөн кыйкырыктар көпкө басылбай, караңгы түн ыр, күлкүгө термелип, бейпилчилик каптап турду.

Көк көйнөгүн желпинткен,
Көк-Ойроктун шамалы.
Көңүлүңдү дегдеткен,
Бир күйгөндүн амалы.

Жигит менен келиндердин үнү түн бир далай болгуча басылган жок.

## VIII

Уулкан Нураалынын үйүнөн чыгып, Асандардын терезесинен Бермет менен Айнаканды карады. Эл кызып, Сармерден да күчөп жаткан эле. Булар көрүнбөгөн соң Чотурдукуна кирди. Айнакан менен Бермет балдарды уктатып коюп, кичинекей тегерек үстөлдө бирдеме жазып отурушкан болучу.

– И, силер эмне Асандыкына кирген жоксуңар? Тарынбайбы?– деди Уулкан, ичинде булардын кирбегенин жактырып.

– Же ичпесек, же ырчы болбосок, ызы-чуунун ичинде бизге эмне бар, жеңе?– деди Айнакан; Бермет менен Айнакан ордунан туруп, Уулканды, келиңиз деп, сыйлап турушту.

– Биздин үйдөн чай ичелексиңер,– деди Уулкан булардын жанына отуруп.– Биз кой менен кошо алыстап кеттик, Шаар-

кан апаңар чакырып чай бердим деп айтты. Эми менин колуман эртең барып даам ооз тийгиле.

– Атам тоодон келбедиби, андан көрө силер абам экөөңөр эртең биздикинен чай ичкиле,– деди Айнакан. – Кыз ай, кымыз куйчу Уулкан апама.

– Ичтим, ичтим, айланайындар, батар жерим калган жок. Сакалдуулар бакылдашып, башым ооруп чыкты,– деди да, кымыздан ооз тийип, кайта кайтарды.– Силердикинен дайым эле ичип жүрөмүн, эртең биздикинен ичип калгыла, эртең силерге чай берип коюп, тоого чыгып кетебиз. Эмне, балдарга кат жазып атасыңарбы?

– И, мабу кызга туш-туштан кат көп келет, кимисине эмне деп жооп жазарды билбей, башы катып отурат,– деди Айнакан, күлкү үчүн Берметти шылдыңдап.

– И, келсин, келбей анан, жакшы кыздын кардары ошентип көп болот,– деди Уулкан жылмайып, бирок Айнаканды жаман көзү менен карап турган Берметтин нары сулуу, нары жылдыздуу өңүнө суктанып тиктеп.– Менин да Кыдырбегиме кат жазып берсең, кызым.

«Булар баарын билет, баарын уккан, Сарыгулду да, Кыдырбекти да, баарын билет. Кыдырбек экөөбүздүн ортобуз кат аркалуу жакын экенин да билишет, көөнү келсе бул киши менин келиним деп да тургандыр. Ай, Жамалкан эже, Жамалкан эже! Жанакы Сарыгулдун кебин кантип мага айттыңыз экен? Мага эмес анын баарын Молдокеме айтып, сөз таратып жибердиңиз. Ал эмес Кыдырбектин катын тараттыңыз! Кандай сөз коштуңуз экен, аны билбейм... Мейли, билбей эле коёюн, бирок бу киши мени кимим деп турат? Мейли, кимим десе ошонум десин. Өзүм тазамын, көңүлүм ток. Эч ким мага убалыма калдың деп, күнө коё албайт...»

Бермет бир жагынан Уулкандан уялып, кичине кызарып, экинчи жагынан, кандайдыр ылым санап, Кыдырбектин энеси деп, өзүнөн өзү ушул учурда Уулканды, Сулайманды, Шаарканды, баарын жакшы көрүп кетти. Бу да Кыдырбекке кылган Берметтин адамгерчилиги беле, же андан да жогорурак турган бөтөнчө сезим беле? «Жок, адамкерчилик, адамкерчилик» деди

ичинен Бермет.– Азырбы, апа?– деди Бермет муңайым үн менен, акырын.

«Апа» деген тилиңен садага болоюн...» деп, Уулкан жетиналбай, мууну бошоп, ыйлагысы келип кетти.

– Садага болоюн десе, эртең күндүз жазып бер; чай ичкени барганда өзүмүн оозуман чыкканды жаз,– деди Уулкан, өзүнөн өзү куюлган көз жашын жоолугунун учу менен арчып.

Уулкандын үйүндө деле кат жазып бере турган балдары бар эле, өзү деле ийме-чийме кылып бирдеме жазганды билчү, бирок Уулкан катты Берметке жаздыргысы келди. Анткени Уулканга Берметтин колу керек. Кыдырбек Берметтин колун дароо таанып, апасы менен Берметтин ортосунда кыл өтпөгөн байланыш болуп калганына түшүнсүн деген. «Сен айтпасаң деле өзүм түшүнүп, келинимди маминтип сыртынан багып жүрөм, бакмак турсун маминтип жакын болуп алдым. Эми экөөңөрдүн жакын болушуңарды тилейм...» дегиси келген.

* * *

– Эми аягына: «Шааркан менен Уулкан апаңдын өтүнүчү боюнча ушу катты өз оозунан жазган Бермет» деп кой, садага болоюн,– деди Уулкан, эртеси өз үйүндө, эки уурту жайылып күлүмсүрөп.

– Аны тим эле коёлучу, апа,– деди Бермет маңдайын тырыштырып кыйылып, болоор-болбос бир уурту менен күлүмсүрөп.

«Жаш бала эркелегенде ушинтип калчу эле, маңдайыңан садага болоюн, маңдайы жарыгым, Кыдырбегиме буюрсаң экен...» деп, ичинен жакшы көрүп, _Берметтин колунан өөп:

– Андан эмне болмок эле, сен өз айылыбыздын кызы эмессиңби,– деди Уулкан, өзүнүн удургутуп турганын Бермет тушүнбөй койгонсуп. «Бул каттын аягына кол койгондон эмне чочуйсуң, өзүнө деле кат жазып жүргөн турбайсыңбы? Ушинтип мага эркелеп, көнө бергин; кудай буюруп, Кыдырбегим аман келсе катка койгон колуң эмес, башың меники болот!..» деп, Уулкан ичинен далай чоң ишти ойлонуп турду.

Ушул учурда катуу чаап келаткан аттын дүбүртү угулду. Мас болгонсуп чапкылаган кандай неме дегиче, ат эшиктин алдына токтоп, кимдир бирөө:

– Үйдө ким бар?– деп, кыйкырды.

– Мунусу ким айланайын, кудай, кудай!– деп, Уулкандын жүрөгү чыгып, эшикти көздөй жулунду.

– Эмне айланайын, Мамбет, эмне?– деди Уулкандын эриндери калтырап.

– Сүйүнчү, Уулкан эне. Кыдырбек абамдын жанынан киши келиптир. Тетигине, келатышат. Сулайман атам, башкарма, баары келатышат,– деди он бештердеги жаш бала, эдиреңдеп сүйүнүп.

Төмөн жактан беш атчан киши келаткан.

Калчылдаган колу менен Уулкан чөнтөктөрүн сыйпалап, канча экенин да билбей, балага бир кагаз сунду. Айнакан, Берметтер да элден мурда эмне болуп кеткенин түшүнбөй, анан бир башкача болуп апкаарып, купкуу болуп кетишти.

– Бермет, Айнакан, айланайындар! Кыдырбектин жанынан киши келатат дейт, жакшылык болгой эле! Көлдөлөң салгыла!– деп, өмүрүндө шашып көрбөгөн Уулкан эмне кыларын билбей, калдаңдап калды.

Аңгыча атчандар келип түштү. Балдагын өңөргөн, бетинде кан сөлү жок, отуздарга жакындап калган солдатты аттан көтөрүп түшүрүп, Сулайман менен Молдош колуна балдагын карматты. Канжыгасында эки вещмешок бар эле. Жаңы пилотка, жаңы шинель, көнүрөк кирзи өтүк кийген солдат эки колтугуна таянган балдактын жардамы менен акырын басып, үйгө кирди. Өз баласы болбосо да баласынын жанынан келген киши болгондуктан Уулкан аны өз баласындай көрүп, солдат босогону аттарда солдаттын башынан суу тегеретип чачып, колунан өптү.

Согуш майданынан айылга киши келип көрөлек эле. Айылдагылар «кара кагаз» дегенден башка согуштан кайткан өз жакындарынын жүзүн көрбөгөндүктөн «согуштан киши келатыптыр» деген сөз бат эле элге тарап, дооруk болуп, айылдын туштарабынан, катын-калач, бала-чака дебей, эл топурап, чогула

баштады. Келгендер өмүрүндө көрбөгөн бир укмушту көргөнсүп, солдаттын буту-колун, башы-көзүн тиктеп, таңыркап турушту. Солдат бутун бүктөп жакшы отуралбай, өзүнөн өзү коомайсынып, корунгандай олдоксон күлүмсүрөп, ким менен эмне сүйлөшөрүн билбей калды.

– Сиз Уулкан апасызбы? Шааркан апасызбы?– деди солдат Уулканга, Кыдырбектин апасынын бири ушу го деп болжолдоп.

– Бул Кыдырбектин Уулкан апасы,– деди Молдош. – Шаарканы тоода, койго чыгып кеткен. Булар Кыдырбектен кийинкисин аскерге узатып, кече эле Фрунзеден келишти.

– И, Кыдырбектин үйү ушу дегиле.– Солдат кичине тааныбаган чоочун элге үйүр алып, коомайсынганы тарай баштаган эле.– Кыдырбектин иниси Шарше да кеткен экен да. Аны биз уккан эмеспиз.

– Баарыбызды билет турбайбы, мына жолдош деген ушундай болсун. Уулкан, тур, самоор кой,– деди Сулайман, шашмалап.

– Отура бергиле,– деди босого жакта отурган балалуу келин,– самоорду Бермет менен Айнакан коюп жүрөт.

– И, баатыр...– деди Сулайман, өзү да кайсы сөздөн баштарды билбей.

– Каны түгөнүп эле кушка берчүү жемдей болуп калат турбайбы.

– И бечара десең...

– Эки бутун тең ок алып кеткен го?

– Эми кантип оокат кылат?

– Байкуш десең....

– Бу дагы жакшы. Балдак менен басат турбайбы. Эки буту, эки колу жок мунжулар да бар дейт.

– Жыланча эле сойлоп калат дечи?

– И анын бетин нары кылсын...

– Биздин балдар кантти болду экен?

– Кудай укмушту көрсөттү го... – дешип, аялдар шыпшынып аң-таң болуп турушту. Булардын ар кимиси өз баласын, өз күйөөсүн, өз жакынын көргөнсүп, өз кишисин аягансып, кабыргасы кайышып жатты.

Солдат жоолугу менен терин арчып, чоочуркаганы жоголуп, кадимки солдаттыктын салтына салып, шартылдап сүйлөй баштады. Чөнтөгүнөн үч чарчы кылып бүктөлгөн катты сууруп чыгып, Сулайманга сунду. Сулайман катты алып көзүнө сүртүп, Молдошко сунду. Молдош катты ачып, бир сыйра өз ичинен окуп чыкты да, катка жабыла тиктеп турган элди карап, угуза окуп кирди.

«Кымбаттуу чоң апа, кымбаттуу кичи апа, ардактуу ата, Шаршен жана бөбөктөрүм...» деп окуп келип, Молдош катты кырааты менен уккулуктуу, мукам үн менен окуй баштады. Отургандар жымжырт болуп, тунжурап тыңшап калышты.

«Кандуу Согуш майданында немецтердин жырткыч фашисттери менен кармашып жүргөн мындагы Кыдырбек уулуңар сагынычтуу саламын айтат. Аман-эсен, кырсыктан тышкары жатасыңарбы? Мен болсо жарадар болгондон бери госпиталдамын. Катымды алгандырсыңар. Азыр айыгып, жакшы болуп, басып жүрөм. Мен тууралу көп ойлоп, капа болбогула. Жакында жанымдан көлдүк Абылкасым деген жигит кетти. Өзүмдү, көрбөсөңөр да мени көргөндөй болуп, ушул жолдошумду сыйлап, конок кылгыла. Берип жиберген амантым бар. Аны берер. Абылкасым менен жазылып сүйлөшсөңөр мени менен сүйлөшкөндөй болуп каларсыңар. Өзү да сөзгө уста, тамашакөй. Бизди госпиталда эриктирген жок. Аман болсок катышып, тууган болуп алсак деген оюм бар. Биз досчулукту бу жактан баштадык, силер аны улантып алгыла. Менин тилегим: көңүл чөктү болбой, кайраттуу жүргүлө. Силер мөгдөп калсаңар согушта жүргөн бизди ким багат? Кичи апам эмчегин эмизип, чоң апам ороп-чулгап көтөргөндөй, бизди ким көтөрөт? Анда биз ким үчүн кан төгүп, ким үчүн от кечебиз? Силер үчүн! Силердин, элдин жыргалы үчүн жанды аябай салгылашып жүрөбүз. Мен ар кайсы жакта жүрүп, туугандарды көп тааныбай калдым. Бирок мени айылдагылар билет. Менден айылдагыларга салам айтып, балдарынын бетинен өөп, менин мына бу сөзүмдү айтып койгула: биз элдин күчү менен жеңебиз; ошондуктан күчүн берген эл да кыйналат, кан төккөндөн бетер азаптарды көрүп, колу чор болуп, таманы туурулат, Далайлардын көзүнөн жаш эмес, кан агат. Ошентип куурап жүрүп кана «чаап алам» деген катаал душманды жеңебиз. Жеңиш мөрөйү колго тий-

ген күнү болсо: бирибиз келсек онубуз келбеспиз. Мына мунун баарын көтөрүш керек, мунун баарын көтөрүш керек, мунун барына мөгдөбөй чыдаш керек. Тургамбай менен кат жазышып турабыз. Кош, аман-эсен, кайраттуу тургула. Баарыңарды кучактап, баарыңарды өөп– уулуңар Кыдырбек». Молдош катты окуп бутүп, элди карады. Жашыбаган киши калбай, бирөөлөр жоолугунун учу менен, бирөөлөр колу менен жашын арчып, бирөөлер арчыбай көз жашын шорголотуп, ыйлап турушкан эле.

– Алда садага болоюн айя!

– Бирибиз келсек, онубуз келбеспиз дейт тура...

– Кудай таала, кызыл кыргын болот турбайбы!

– Кудай балдарга кубат берсин!..

– Кыдырбек эркектин сырттаны болгон турбайбы.

– Жаркырап жайнап балдарыбыз келип, колунан топурак буюргай эле.

– Атаганат десеңчи!

Кыдырбектин ар бир сөзү отургандардын, жүрөгүнө өчпөс мөөрдөй болуп басылып, терең, нускалуу сөздөр сыяктуу зор таасир этип, элдин сезимин козгоп турду. Эл ушу кезде согуш майданындагы балдарга эмне бер десе баарын берип, ансыз деле эчтемесин аябаган, немелер дале аябай, башы менен жер казмак.

– Уктуңарбы, эл, мен бирдеме дебей эле коёюн, Кыдырбектин сөзүн унутпайлы,– деди Молдош.

Молдоштун колунан Уулкан катты алып, көзүнө сүртүп, катка көз жашын тамчылатып, Кыдырбектин бетинен өпкөнсүп, катты өпкүлөп, жыттап калды. Тышкы босогодон шыкаалап, баарын угуп, баарын тыңшап турган Бермет Айнаканды соорото албай, өзүнүн да жүрөгү туйлап, солкулдап, бир башкача болуп турду.

## IX

– Аба, тиги канжыгадагы вещмешокторду алып кириңизчи,– деди Абылкасым, эл кетип, Молдош, Сулаймаи,Уулкан, Берметтер калгандан кийин (Бермет менен Айнаканды Уулкан кетирбей койгон).

Сулайман вещмешокторду алып кирди.

– Тамактан башка солдаттын байлыгы болбойт экен,– деди Абылкасым күлүп.– Меники мабу баштык. Нан, консерва, бир сыйра ич кийим, самындан башка эчтемем жок. Кыдырбек миң сом акча берди эле, зайып-балам, карыган энеме белек алдым. Кыдырбек офицер-командир эмеспи, айлыгы көп болот. Книжкеге жыйналып калган акчасын алып, мына бу акчаны берди. Бу баштыктын ичинде Уулкан апам ача турган буюмдар бар. Военторгдон алдым деп салып аткан. Мына мында беш миң сом акча бар. Мындан кийинкисине аттестат жибермей болду.

– Биз уулубуздун аманчылыгынан башкасын ойлобой жүрсөк, бул биздин камыбызды көрүп жүргөн турбайбы! Мен мынча акчаны эмне кылам?– деди Сулайман, көп акчаны көргөндө шаштысы кетип.

Акча кимдин болсо да көзүн күйгүзөт эмеспи, акчаны көргөндө Молдоштун көзү чачырап кетип:

– Алгың келбесе мага бер,– деди Молдош, тамашалаган болуп.– Бу да болсо балаңдын эмгеги. Кыдырбек үйлөнгөндө кайтарарсың; капа болбой ала бер, эки байбичең менен балдарыңды кийинт. Келинчеги болсо да сонун болбойт беле...– деди. Бермет Молдошту карабай чай куюп отурса да, Молдоштун күлүңдөп, аны карап көзүн кысып койгонун билип турду. «Кызарып кетпегей элем, шерменде болуп...» деп, канчалык аракет кылса да болбой, кызарбайын деген сайын ал кызара берди.

Вещмешокто көйнөк-көнчөктүк он метрдей кездеме, арак самын, өзүнүн эски кийимдери бар экен.

– Садага болоюн камкорум, акылманым,– деп, Уулкан Кыдырбектин эски кийимдерин жыттагылай берди.

– Жиндим да деп кой,– Молдош күлүп жиберди.– Сулаймандын жинди уулу десе арданчу элең, эми акылман болуп калдыбы? Шааркан эле «токтолор» деп камырачу эмес.

– Өрт чыккан бала ошондой болот эмеспи,– Абылкасым улам-улам Берметти карай берди. Бермет Абылкасымдын карай бергенин байкап, андан бетер кызарып, Молдоштун «жиндим да деп кой» дегенинен улам өзүнүн Кыдырбекти көңүлүндө «Жин-

дим, жиндим!» дегенин эстеп, Кыдырбекти өз ичинде жакын көрүп, андан бетер эки бети өрт болуп күйүп, акырын эшикке чыгып кетти.

– Бу кайсы кыз?– деп, Абылкасым Берметтен кийин Молдоштон сурады.

– Бу кыз Бермет деген ушул айылдын кызы. Мына бу кишинин кызы болот,– деп, Молдош салам айтып кирип келаткан Чотурду көрсөттү.– Кандай, Кыдырбекке колукту болушка арзыйбы?– деди шыбырап.

– Анысын силер билбесеңер,– деди Абылкасым, Чотур менен учурашып, ага угузбай.– Ыманы ысык бала экен. Анда эмесе Кыдырбек ушуну качырып жүрөт деп уктум.

– Мага айткан жок эле.

– Айтпаса кеби бышалек болуш керек.

Молдош менен Абылкасымдын шыбырашканын Айнакан угуп койду. Ошо замат Айнакан жымыйып, кызды чычалата турган далай сөздү көкүрөккө түйдү.

– Өзүң кай жерлик болосуң, иним?– деди Чотур, таанышып, ал-жайды сурашкандан кийин.

– Көл боорунан болом, Өрүктүдөн,– деди Абылкасым, досунун колуктусу дегенге Берметти кайта-кайта көрүүгө ынтызар болуп.

– Айылыбыздан дагы балдар кетип, капаланып турган чакта келдиң, балам,– деди Сулайман түйүнчөккө оролгон акчаны колуна кармаган бойдон,– биздикинен барып козу же, мынабу Чотур абаңкынан барып кымыз ич, каныңды толтуруп, ошентип кет, арык экенсиң. Мындан кийин катташ болуп жүрөлү, сыйыбызды көргүн балабызды көргөндөй кубанып калдык.

– Уруксат кылсаңар мен кетсем,– деди Абылкасым, жайлоолоп жүрсө, көпкө чейин кеталбасын түшүнүп,– анын үстүнө талкаланып калган бут сөөктөрүм жакшы бүтөлек,атка да жакшы жүрө ала турган эмесмин.

– Бу баланы көп кармабагыла,– деди Молдош,– бу баланы көп кармабагыла, бу дагы үйүн сагынган киши, көп уруntуп да болбойт, бирок булардын кой баккан жери ыраак эмес, тигинде-

ги Кыдырбектин Шааркан энесине барбасаң болбойт. Кыдырбек чоң апасынын баласы. Кымызды бержакка жеткирип бергиле,– деп Молдош кымызды Чотурга тапшырды.

– Туура, Шааркан апаны көрүп кетпесем болбойт. Көрдүм, учураштым, кичине тыңып алгандан кийин келип турамын,– деди Абылкасым, буларга ыраазы болуп.– Кыдырбек менен кандуу майданда жүрүп дос болдук. Биз кыйышпас кишибиз. Азыр шарактап сайран курар чак эмес. Бизге түбөлүгү керек. Түбөлүгүн тилейли.

– А, баракелде, баракелде, түбөлүгүн тилейли,– деди Чотур; отургандар Абылкасымдын сөзүн сүрөп, «и-и-и» деп баш ийкешти.

* * *

Кыдырбек Берметтин көзүнө кийинки учурларда бир башкача элестейт. Анын бою улам бийиктеп, анын элеси булутка аралаша көкөлөгөнсүп, бирде жакындап, бирде алыстап, күлбөй да, үшкүрбөй да, бирок эки көзүн Берметтен албай, зыңгырап тиктеп тургансыйт. Бермет эки ойлуу болуп, кээде өзү менен өзү сүйлөшчү болду. «Мен эмне Кыдырбекти көп ойлоочу болуп кеттим? Эмне үчүн? Мен анын көңүлүн гана оорутпайын дебедим беле? Кудай таала! Менин көңүлүм тең тараза, басеке салмагынан ооп, бир жагына кыйшайып баратабы? Жок, жок, Бермет, сен өз убадаңда тургун; Кыдырбек сени өз карындашындай, таптаза, периштедей көрөт. Ал күйүттүн, ызалыктын, корунуштун оорусунан айыккан; ал азыр жан ооруткан азаптан кутулуп, сууга бир агып чыккан балапанча таранып, күнгө курганып отурат. Сен эми ага тийбе. Колуңдан келишинче гана чарпылган канатынан сылап, соорот. Бирок сооронобу? Оорусунан биротоло айыктыбы? Ким билет! Эгер чындап менден бет бурган болсо мага мынчалык «карындашым» деп имерилбейт эле деймби? Сүйүүдө өз тилегинин орундалышына көзү жетпеген киши кандай болот экен? Бирөө болбосо дагы бирөө тургандыр деп шарт басып кетеби же кан тамырлары бирөөгө, сүйгөн кишисине ту-

ташып калгансып, ажырай албай, кыйналабы? Чын сүйсө кыйналатко. Кыдырбек мага ушундайбы? Мен канчалык түртсөм да анын кан тамырлары менден жулунуп кеталбай, тырмышып жатабы? Мен аны үзүмүш болом деп, оорутуп гана тим болгомун го? Ага өзүмүн да жаным чыдабайт. Ах, Кыдырбек, Кыдырбек! Мен сенин шагыңды сындырарын сындырып коюп, эми өзүм эмне болуп отурам? Күндөн күнгө сени көргүм келип, сени менен сүйлөшкүм келип, элесиңдин жакындашын күтсөм да? Бул эмне деген шумдук? Же бу сенин менден алыстап, согушта жүргөнүңдөнбү? Сени аяганыманбы? Өлүмгө кыйбаганыманбы? Үйүңө, элге жазган катыңа караганда сен асанкайгы кишилерден эмессиң. Сенин кайратың бир кишилик эмес, бир топ кишилик бар окшоду. Мен аны түшүндүм. Аны түшүнгөн сайын жүрөгүм опколжуп, бир жамбашым менен тынч алып жаталбас болдум. Эчтеке менен иши жок баё жан элем, жанымды купуя дарт чалгансып, кыйналчу болдум. Бул эмнеси, Кыдырбек? Мени эмне кылганы турасың? Чыныңбы бул, тамашаңбы? Сүйлөшүп тургансып жазган катыңды сагынчу болдум! Же бул сыры белгисиз турмушка жаңы баш багып, гүлү жайнаган көк шибердей көрүнгөн жаңы турмушка, жаңы дүнүйөгө аяк шилтеп чыгып бараткан жаш кыздын кыялыбы? Шоктугубу? Жиндилигиби? О, жок! Чын эле көңүлүмдүн тең таразасын бирөө оодарып баратат. Баарыдан да укмуш, мен чанган Кыдырбек!..» Толгон ай ачып таштаган терезеден жаркырап, чакыйып тийип, көзүн ачып жаткан Берметти аппак кылып, нурдантып турду. Көк закым тарткан булутсуз асманды жеке өзү эркин ээлеп, Берметтин оюн алда кайда алып жөнөп, уктатпай, ой үстүнө ой кошот. Балдар да, Айнакан жеңеси да катуу уктап, атасы наркы үйдө коңурук тартып, жалгыз Берметтен башкасынын баары түн терметкенсип, көшүлүп жаткан. Бермет түн ооп бараткан да сезген жок. «Айдын он беши жарык, он беши караңгы», дешет. Айдын жарыгы да, караңгысы да керек.. Жарыгында да, караңгысында да өмүр сүрөсүң. Өмүрдү куру сүрбөй, максат, тилек менен өткөрүш керек. Айдын жарыгында жол таап, караңгысында темселеп калбай, жарыгында жаркырап, караңгысында

кайсалап калбай, жарыкта да, караңгада да турмуштун эшигинен адашпай турган болуш керек. Бирок кантип ошондой болосуң? Ага киши кантип жетет? Турмуштун эшигин таппай, адашып жүрүп, акыры каржалып, биротоло түгөнгөндөр толуп жатпайбы? Жок, турмуштан адашкандар– булар озунгандар. Ай он бешке бир эле күндө толбойт. Анын убакты, сааты, мезгили бар. Турмушту анын биринчи тепкичинен баштаган жакшы го. Анан ар бир баскычын басып көрүп, анын бекемдигин туш-туш жагынан сынап көрүп, анан жогорулаш керекко. Калтыс басып алып тоголонуп кетпегидей бол. Бир тоголонгондон кийин бутуң сынып аксап балким, такыр майып болуп, кайта чыгууга даай албай, турмуштун түбүнө чөгүп кетиши да мүмкүн. Мындайдан кудай сактасын! Кыдырбек экөөбүз ушул тепкич менен жогорулап чыгалабызбы? Же экөөбүз тең кулап түшөбүзбү? Тепкичибиз бирби, жокпу, Кыдырбектин кандай тилек, кандай көздөгөнү бар?– мен азыр билбейм. Мени ал да билбейт. Демек, экөөбүз тең бир бирибизди билбейбиз. Азыр биздин алдыбыз туюк, белгисиз, купуя. Кыдырбек айткандай көңүл чайыттай ачык кезинде турмуштун биринчи тепкичи– окуу. Азыр окууну өтөш керек. Анан, анан... Калган баскычынан...»

Тоок үч чакырып, Берметтин жүзүнө таңдын жарыгы түштү. Бермет жаш балача мемиреп уктап кетти.

## X

Немецтердин 1942-жылдагы жайкы чабуулунда Дон талаасындагы согуштан жарадар болуп, октябрь айынын аягында Мырзабек Фрунзеге кайтты. Мырзабек жаш интеллигенттердин бири эле. Элдин баары аны кыргыздын келечектүү жигиттеринин бири деп, жакшы билишчү. Бирок Мырзабектин согушка качан кетип, кайда жүргөнүн көп киши билген эмес. Ошондуктан Мырзабекти аскер формасында, нары жарадар болуп келгенин биринчи көргөндөр таң калып, көзү тостогурак келген, бети тоголок, башы чоң немеге госпиталдан кийгизген тарырак жаңы фуражка чокчоюп, жапалдаш боюна солдаттын шинели узуну-

рак келип, түрү андан бетер кызык болуп калганына күлө беришти. Өзүнүн да эриндери чормоё түшүп, куудулданып күлүмсүрөп, таңыркаган немелерди андан бетер таңыркатат.

– Бравый солдат Швейкке окшойт бекемин?– деп башын артка чулгутуп, кызарган кекиртегин созуп, зыңкыя түшсө, куудулданган көзү кошо күлүп, карап тургандардын ичинен «Бравый солдат Швейкти» окугандары эмес, окубай эле угуп жүргөндөрдүн баары күлүп, боору катты.

Мырзабекти үйдөн үйгө чакырып жатышты. Мырзабек чакырган жерге ошол эле кийим менен барып жүрдү.

Шаардын атактуу аялдарынын бири Асылкандын мейманканасы өтө кең болбосо да, бир топ киши бата турган сарамжалдуу бөлмө эле. Мырзабек келгенде үй толтура киши болчу. Эркектерден Асылкандын күйөөсү – Зулпукар, анын жолдошторунан– Апсамат, Алмас, дагы бир топтору бар эле. Калгандары аялдар болучу. Аялдар көпчүлүк болуп, булардын ичинде Жамалкан, Чынаркан бар.

Мырзабек мейманканага кийими менен кирип келди. Өзүнүн адатынча кыпкызыл болуп кетти да, эриндерин чормойтуп, көзү менен күлдү. Солдаттын кийими Мырзабектин кейпин өзгөртүп, өзүнө чак болбогон кийим олдоксон, кызык көрүнгөндүктөн отургандар күлүп калышты. Мырзабек андан бетер кызарып, бирок командирдин алдында тургансып чочуп, көзун кыбыңдата берди. Отургандар боору катып күлүп жатышты.

– Урушка барып келгениңди билдик, теги шинелиңди, шапкеңди чеччи, бай болгур,– деди Зулпукакар каткырып күлүп: күлгөндө кичинекей сурмасыз көздөрү таптакыр бүтүйүп кетти.

– И? Эмне үчүн чечем? Силерге өөн көрүнүп турабы? Бу шинелди мен үйүмдө да жамынып жатып жүрөм. Эмне үчүн чечем?– Мырзабек чындап эле чечкиси келбей тургансып кашайып тура берди.

– Жок, силер солдаттын шинелин өз колуңар менен акырын чечип, жанына илип койгула. Жатса мамык, жамынса ичик болуп, көзүнө жакшы көрүнүп калган да. Илип койгула жанына, Асылжан,– деди Апсамат Асылканга көзү менен жаңдап.

Асылкан моймолжуп күлүмсүрөп, күлүмсүрөгөндө аппак майда тиштери кашкайып, өзү да аппак болуп маңкайып, кара көздөрү арбачудай күлүңдөп, акырын басып барып, Мырзабектин жез тоголуу кайыш курун кармалады.

– Муну мен кандай чечерди билбейм, Мырзаке,– деди Мырзабектин бетине тиктеп, күлүмсүрөп, аялдын таза денеси менен жакшы атырдын жытын буркуратып, эркелегендей, Мырзабектин бул жыттан жарылып бараткан мурду чүрүшүп кетти.

– Мен өзүм... чечип берейин, чечип берейин...– деди Мырзабек кара күчкө, шашкансып, далысын күйшөгүлөп.

Курун, шинелин чечип, фуражкасы менен кошо тышка Асылкан илип келди. Курун гимнастеркасынын сыртынан курчанып, ордунан жылбай тура берген Мырзабек, дале Асылканды ээрчий карап:

– Дагы эмнемди чечейин, Асылжан?– деди, көзүндөгү, шайтанын агытып. Бул туптуура Апсаматты туурагандык эле. Апсамат ачыла түшкөнүн дароо сезип, шылдыңды тамашага айлантып, кызарып, бирок уялып кеткенин билгизбей, ылдам өзүн колго алып:

– Чеч дегенин чече бериңиз,– деди өзү кубула түшүп, (Апсамат «сиз» менен «сенди» шартка жараша колдоно турган. Азыр «сен деш орунсуз эле).

– Тигини, чеч десе шымын да чечкени турат, маңыроо болуп калганын көр!– деди Асылкандын күйөөсү, каткырып.

– Ушундай аял чечинтип турса солдаттын арманы барбы? Чеч дегенин чечмек турсун...– Мырзабек куудулданып, мурду менен бирдеме деп, кайсы жерге отурарын билбей столго келди. Асылкандын бети албырып, уяла түшкөн көздөрү андан бетер жоодурап, кашкайып күлгөнү андан бетер мөлтүрөгөн өңүнө жарашып, жеңи да туюк, жакасы да туюк карамтыл жүн көйнөгү менен чайпала басып, Мырзабекти колтуктап:

– Бүгүн менин жаныма отурасың,– деди да, аялдардын жанына апарып, ортого алып отуруп алды. (Булар бир мектепте окугандыктан бирин бири «сен» дешчу). Отургандар ыкшып күлө беришти.

– Эмне күлөсүңөр?– деди Мырзабек, сары кирпиктерин ирмебей,– солдат буйрук аткарат: чеч дейт– чечет, жат дейт– жатат? Дагы эмне кылайын? Солдат сурамак беле?– деди эрди жука, кара чаары бар Апжапар.

– Анан сиз эле сурамак белеңиз? Кээде солдат да сурайт. Сизге окшоп орой эмес, адеп менен; дагы эмне кылайын дейт.

Баары күлүп, Чынаркан гана Мырзабекке күлбөй отурду. Анткени Качикеге да солдаттын кийими жарашпай, бөлөк, өөн көрүнүп турчу. Солдаттын кийимин кийип көрбөгөн немелер аскердегилерди мыскылдап жаткандай сезип, телегейи тегиз болуп, эсирип турган немелер деп, буларды жаман көргөн Чынаркан андан бетер жаман көрүп турду Мырзабек бул чөйрөдө көп болбогондуктан, бу отурган эркектер менен аялдарды жаңыдан көрүп отургансып, таңыркап тиктеп, үйдүн жасалгасынан бери карай берди. Хрусталь идиштерге тирелип, жаркырап турган буфет, кымбат люстралуу лампочкалар, ак тыш кийгизген орундук,– дивандар, дубалга илинген кымбат килемдер, эркектердин кымбат баалуу костюм, таза көйнөк, галстуктары, колдорун да, буттарын да өз ордуна коюп, зыңгырап отуруштары Мырзабекти таңдандырды. Ошондуктан өзүнүн кейпи менен өзүнүн сөзү менен ушул зыңгырап отурган эркектерди күлдүрүп отурса да булардын бу күлкүсү анткор күлкү экенин Мырзабек түшүнүп, анткордук булардын күлкүсүндө эле эмес, ичинде да бар экенинен кадиксиз болуп турду. Апсаматтын кээде кытмыр сүзүлүңкү боло калган көздөрүндө эмне сыр бар? Атагы чыккан бу киши эмне эле: «Кан көп төгүлүп кетти, кан көп төгүлүп кетти...» деп, элдин көзүнчө көзүнө жаш имерип, үшкүрө берет? Бул көз жаш, бул үшкүрүк менен эмне айткысы келет? Өзүнүн асанкайгыча бооркердигин көрсөткүсү келеби? Андан бетер элдин боорун өзүнө тарткысы келеби? Ал эми чын чынына келгенде бул үшкүрүк, бул көз жаш Асылкандын боорун, Асылкандын жүрөгүн тартып алыш үчүн чыккан үшкүрүк болуп жүрбөсүн?..

Мырзабек турмушка сын көзү менен караган киши болгондуктан аялдар менен сүйлөшүп, күлүп, күлдүрүп отуруп да өз ичинен ойлогонунан жаңылбай, кайта андан бетер өзү менен өзү

маектешип бараткатда анын оюн туюп жаткан Апсамат, аны алагды кылып, оюн бөлүш үчүн отургандардан, киши байкабас көздүн кыйыгы менен Асылкандан сөз алды.

– Биздин кымбат Родинабыз үчүн өзүнүн кымбат канын төгүп, өмүрүнүн бир бөлүгүн берип келген биздин таланттуу жаш жолдошубуздун кайтадан биздин арабызда отурганына биз чексиз кубанычтабыз. Ушул куттуу үйдүн берекелүү хозяйкасы ушул жаш жолдошубузга ушул өзүнүн үйүнөн буюрган насиптен ооз тийгизсе экен деген таклибим бар,– деп, эмне үчүндүр жашып кетти. Бул сөз, аны сүйлөгөн кишинин муңканып жашып кетиши, отургандарга түптүз октой тийди; жашык Жамалкан кирпигин бат-бат ирмеп, эриндери эмшиңдеп, кол жоолугуна асылды.

«Дипломат, дипломат!– деди ичинен Мырзабек.– Кишинин талуу жерине тийгизе сүйлөгөндү билет. Официальный конок болот окшодум го.

Апсамат сүйлөп жатканда анын сөзүнө, анын атайы өңүн да, үнүн да кубултуп сүйлөгөн сөзүнө Мырзабек таң калып, бул сөздөрдүн жасалма, калп экенин ичинен сезип, бирок өзү да унчукпай, отургандарды акырын ичинен байкап отурду.

«Апсамат,– деди ичинен Мырзабек.– Апсамат куу, кытмыр, анткор, анын авторитети да өзү жасап сүйлөгөндөй жасалма; ичи тар, бирөөнү көралбайт; ошондуктан анын бетине бирөө бирдеме деп даап айталбайт. Андай кишилерди өзүнүн душманы көрүп, бирде болбосо бирде аларды каралайт. Тиги Апжапарчы? Педант. Мансапкор. Коркок, көлөкөсүнөн үркүп турат. Зулпукар болсо ээрчиме. Булардын баары өзүнөн башкаларды киши ордуна көрбөй, бирок аны билгизбей, ичинен гана күлүшөт. Бирок булар кишинин акылдуулары, аны өздөрү билишет, мындайча айтканда өздөрүн өздөрү акылдуу санашат, ошондуктан бирөөнү жамандап, бирөөнү жектеп, бирөөлөргө сын такканды өз укугу деп эсептешет...»

Апсамат дагы бирдемелерди сүйлөп, анан анын сөзүнө азыр эле жашып отургандар күлүп калышты. Апсамат эмне сүйлөп, отургандар эмнеге күлгөнүн Мырзабек укпай калып, түшүнбөй,

тостогой көздөрүн кыбыңдатып, эрдин чормойтуп күлүмсүрөп, түшүнбөй туруп булар менен кошо күлгөнсүгөнүнө андан бетер түшүнгөн жок.

Асылкан чайпала басып, столго чай, нан, май, таттуу койду.

## XI

– Согуш болуп, тамак-аш тартышыраак,– деди Асылкан, Мырзабекке карата жылмайып.

Тамак-аш, ичкилик столдо жайнап эле турган. «Эмне үчүн акылдуу аял муну айтты?– деди ичинен Мырзабек.– Мактанганыбы?» Бирок Мырзабек эчтеме деген жок. Апсамат мыйыгынан күлүп, Асылкандын орунсуз айткан сөзүн кубаттайын деп турду эле, бирок эч ким каршы сөз айтпагандан кийин, ошондо да:

– Аз болсо да көптөй көрүп жегиле дегениңиз го, хозяйка?– деди Асылкандын сөзүн чебердик менен жандатып кубаттап.

– Аш-тамак тартыш эле, Асылкан чынын айтып отурбайбы,– деди Апжапар аялдарды карап. Аялдардан эч кимиси молчулукту айтпасын билип, Апжапар кыйынчылыкты өтө эле ашырып, турмушка даттана баштады. Зулпукар андан бетер наалыды.

– Эвакуацияланып келгендер көбөйүп кетип, базардын наркы көтөрүлүп кетпедиби,– деди баятан бери унчукпай отурган Алмас.

– Айрымдары магазинди талап качышса керек, акчалуу экен,– деди Зулпукар,– булар болбосо кенен-кесири эле оокат кылат элек.

Кымбатчылыкты алардан көрүшүп, эвакуацияланып келгендерди сөзгө аралаштырып киришти. Эчендери душмандын бомбасынан кырылып, миң түркүн азапты баштан кечирип жатып баш калкалар жерге араң жетсе буларды жаман көрүп, кымбатчылыкты да булардан көрүп, жатканына Мырзабектин күлкүсү келди. «Ким билет, булардын ичинде акчалуусу, ал эмес казынанын акчасын уурдай качкандары да бардыр,– бирок миң сандаган кишинин баарын бирдей көрүш адилеттик эмеско,-– деди ичинен Мырзабек. Качкындардын күнү булардын өздөрүнүн ба-

шына түшсө кантишер эле? Душмандын камоосунда калып, ачкадан өлүп жаткан Ленинграддыктардын азабын булар эмне ойлобойт? Тоё тамак жебей күнү-түнү согушуп жаткан солдаттардын жайын, тоё тамак жебей күнү-түнү согуш куралдарын жасап жаткан жумушчулардын жайын булар билмек турсун эсине да албайт экен го?..»

Сыланып кийинип, чүйгүндөп тамак жеп, бирок кыйынчылыктын баарын согуштан, согуштан түгүл тигилерден көрүп, стол жайнаган тамак менен ичкиликти аз деп отурган дүнүйө капар бу кишилерге Мырзабек уламдан улам таң калып, буларды таңыркап тиктей берди.

– Теги кандай, Мырзабек, биз жеңе турганбызбы, жокпу?– деди Апжапар күлүмсүрөп.

Апжапардын суроосу да, суроосунун мүнөзү да, эмнегедир мылмыйып күлгөнү да Мырзабекке жакпай ичип алган немелин жинин келтирди. Бирок ачууланышты орунсуз көрүп, каадасынча тамашага салып:

– Силер жеңесиңер!– деди күлкүсүн араң токтотуп.

– Силериң ким?– деди Апжапар шектенип.

– Силер деген силер. Тамак тартыш дегениңер менен Ленинграддыктар менен Оролдун жумушчуларынан көрө курсагыңар тогурак. Ленинграддыктар күнүнө жыйырма беш грамм нан жейт (аны да жесе!) анан кантип душманды жеңсин? Мына силер, маселен, сиз жеңесиз; сиздин жилигиңизде май бар.

Апжапардын өңү бузула түшүп, ачуусу менен орундукту кычыратып, ойдолоп кетти. Мырзабектин сөзү жеке Апжапар эмес, конок кылып отурган үй ээлерине да, Апсаматка да катуу тийген эле.

– Согушка барып келген киши бузулуп калат окшойт,– деди тамаша кылымыш болуп, бирок тигиреңдеп Апжапар,– сен бузулуп алган окшойсуң, бул эмне дегениң? Аскерге алганда жилиги майлуу же жилиги майсыз деп тандаган эч бир элдин тарыхында болгон эмес. Көөнү келсе согушка эмне үчүн бизди барбайт деп турса керек, мен барбайм, булар да барбайт, эмне кыласың! Кана, сен эмне кылып келдиң? Эмнени кыйратып

жибердиң? Канча немистин башын кестиң? Мейман деп алдына тамак койсо, сыйды билбейт. Асылкан менен Зулпукар оокаты ашып-ташып жатканынан сени чакырып отуруптурбу? Жоолаап келгенсип, солдатмын, солдатмын! деп коркоёт. Сенчелик солдат болгон киши жок бекен? Эмне кылганыңа баарыбызды кекетесиң?

Капыстан ортого сөз ойноп кетип, отургандардын баары селдейип туруп калды. Апжапар мамлекет башкарган кишилердин бири болгондуктан токтоорок болбой, ачуусу чукулдук кылганы орунсуз болду; бирок буларга эч ким даап эчтеме айталбай, Асылкан менен Апсаматты тиктеп калышты. Алар ортого түшүп бирдеме дегиче, Мырзабек жайбаракат, салмак менен ачуусу чукул мамлекет кишисине жооп бере баштады. Эч ким аны токтотууга үлгүргөн жок.

– Мен сиздин карамагыңыздагы же сиздин үйүңүздө отурган киши эмесмин; оройлугуңузду аялдардын көзүнчө көрсөттүңүз. Баятан бери зыңгырап отурганыңыздын баары жасалма турбайбы. Бир сөздүн түшүнүгүнө жетпей туруп ачууңуз келгенде сырткы жасалма сөөлөтүңүз ыргып кетип, ким экениңиз билинип калды. Эгер сиз түшүнсөңүз мен сөздүп туурасын айттым, мындайча айтканда сиздин мага берген суроoңузга жооп бердим. Сиз чычалап кеттиңиз. Анткени, менин жообум сизге өөн учурады. Коё туруңуз, коё туруңуз. Сиз сүйлөгөндө мен унчукпай, жер тиктеп тургганмын. Сөзгө конок бербей, өкүм сүйлөп көнүп калгандык кылбаңыз. Сиз эмес Москваны коргогондо профессорлор менен аялдар ор казып, опелчениядa профессорлор ок ташып, мылтык атып жүрүштү. Балким бул туура эмес болгондур, бирок мындан башка айла калган эмес. Алар барганда сиз эмне үчүн баргыңыз келбейт? Айтыңызчы, эмне үчүн? Мен сиздин согушка барбагандыгыңызды кеп кылган эмесмин, аны сөз түшүнбөй өзүңүз баштадыңыз. Бирок сиз барсаңыз эмне болот? Эмне кылып кыйратып келдиң?– деп, мени кекеттиңиз. Мен кыйратып эчтеме кылганым жок. Балким картаң профессорчо да пайда келтирген эместирмин. Эмне үчүн силер жеңесиңер, сиз жеңесиз, жилигиңизде май бар дедим?

Анткени Ленинград камоодо ачка болуп, тоңуп жатса, Сталинград кулап, душман Волга суусун ээлеп, Орто Азияга, бизге кирип келгени турат. А сиздин ууртуңуздан май тамат. Ошондуктан жилигиңиз майлуу дедим. Канчалык майданга көп берсеңер, жеңгениңер ошо болот дедим. Анын эмнесине териктиңиз?

Киргенден эле кычаш сөз сүйлөп, «бейпилчиликте көпсөлөң тартып бекер жаткан тылдагыларга» тийиишкиси келип кирген Мырзабекти дароо байкап, учуру келгенде шылдыңдашып, бул отурушту жанытма тамаша менен алып баргысы келип турган Апсамат дароо Мырзабектин сөзүн кубаттап кеткиче болбой Апжапардын оолугуп кеткени, оолукканда да оозуна келген сөздү токтото албай, лапшып кеткени отургандардын баарын шермende кылды. Мындай отуруштардан эч качан бул сыяктуу чукулдукту кылбаган, өз сөзүн жактоочу киши болгондо гана сүйлөй турган сагызгандан сак Апжапарга таң калып, шермендечиликти Апсамат менен Асылкан, Зулпукарлар биринчи сезип, Апжапардын шермендесин кандай кылып жаап, кайда катарды билбей калышты. Жамалкан менен Чынаркан ичинде табасы канып, ырас айтты деп, Мырзабек жактык болушту.

Апсамат менен Асылкан, Зулпукарларга азыр эми Мырзабекти жактоого мүмкүн эмес эле, анткени Мырзабек Апжапардын өтө шермендесин чыгарып, элдин көзүнчө маскара кылып салды. Бирок Мырзабек кичипейилдик кылып, тамаша менен жооп бергенде Апжапар эки эсе өлүп, анын шермендесин жабуу кыйыныраак болмок эле, Мырзабектин да орой, лапшып сүйлөгөнүн бетке кармап, көзү менен Апсамат экөө кеңешкенден кийин Асылкан аялдын бардык аярдыгын колдонуп, ортого түштү. Апсамат эч чатакты өрчүттүргөн жок. Апжапар, кокустан калтыс кеткенине катуу өкүнүп, бирок мойнуна алыштан арданып, өлгөнү турган Апжапар акыр аягында: «Мен сени кантер экен деп тамаша кылып, чындап кетер бекен же түшүнөр бекен деп сынагамын, сен өтө чаап кетпедиңби,»– деп айласы кеткендиктен койгон айыпты Мырзабекке оодарып, сыртында. жарашып, ичинде ачуусун сактап калды; анын баарын түшүнүп, бирок отургандардын көңүлү үчүн сенин анткор айтканыңа мен

деле сыртыман ишенген эле болоюн деп, Мырзабек өз «айыбын» мойнуна алган болуп, экөө жарашты. Бирок отуруш бузулган эле: Асылкан менен Апсамат ичинде Мырзабекке нааразы болуп, жаман көрүп калышты: ал болбосо бул чөйрөдө мындай шойкун болмок эмес эле дешип, ичинде киненин баарын Мырзабекке коюшту.

## XII

Асылкандын үйүндө ар бир абийирдүү үйдөгүдөй, чырчатак, уруш-талаш, орунсуз шалпып сүйлөгөндөр болуп көргөн эмес. Болсо да (бир кездерде) орду менен, ызы-чуусуз болуп, ылдам басылган. Эстен кеткис, көңүл каларлык чатак жок болгондуктан, бул үйдү ынтымактуу үй көрүшүп, кыйкырык, чырчатак, кагылышууларды көргүсү келбегендер ушул үйгө келишчү. Каадалуу сөздөрдү, үй-бүлө, жаңылыктарды, а түгүл саясий маселелерди сүйлөшчүлөр ушул үйдө болуша турган. Ал эмес үй-бүлөсүнөн (зайыбы же күйөөсүнөн) жеригендер да ушул үйдөн кыя өтчү эмес. Асылкан аялдардын эстүүсү эсептелип, эч ким анын кебин эки кылчу эмес. Бирок эркек-аялдын кимисинин болбосун (жаманынын болсун, жакшысынын болсун) аркасында сөзү болбой койбой тургандыктан Асылкандын да, күйөөсүнүн да ушагы бар эле, бирок ал ушактар башкалардыкынан айырмасы чоң болуп, эч ким Асылканды жаман көрүп ушак кылчу эмес. Тааныш курбу-курдаштарынын баары Асылканды жакшы көрүп, өңүнө жараша акыл-эстүү, токтоо, салмактуу дешип, сыйлап, ыйба кылып турушчу. Аны менен аялдар да, эркектер да тең катар болуп, ичиндеги дартын айтышып, сырдаша бере турган. Бу жагынан алганда Асылкандай телегейи тегиз, чыдамдуу да, күйүмдүү да, кишиликтүү да, билимдүү да аял аз болучу. А киши адабиятты (орус адабиятын, Батыш жана Чыгыш адабиятын) жакшы билгендиктен ким менен болсо да, каалаган темада сүйлөшө алчу. Сүйлөшкөндө сөздү орундуу сүйлөп, таттуу сүйлөшө турган. Ошондуктан Асылкандын элге жакындыгынын, элдин жакшы көргөндүгүнүн негизги себеби да ушу. Би-

рок бул чөйрө өтө тар чөйрө болуп, бул чөйрөгө өзүн сындан өткөзгөн гана баштуу, акылдуу кишилер катышып, шайкелең тайыз кишилер бул чөйрөгө токтой алчу эмес. Ушул отуруштан баштап, Мырзабек өзүнөн өзү «тайыз» кишилердин катарына кирип, бул чөйрөдөн чыгышы керек эле. Аны Асылкан, Апсаматтар да, Мырзабек Чынаркан, Жамалкандар да түшүндү. Жамалкан болсо бул чөйрөнүн чоюлушкан кишилери менен жакындан бери гана аралашып, бирок өзүн чоочун сезип жүргөн. Чынаркан болсо бул чөйрөнү, бир жагынан жаман көрчү да, экинчи жагынан өз турмушу ушулардыкындай болбогонуна ичи күйүп, көралчу эмес, Ошондуктан Мырзабектин чатагы артыкча Чынарканга жага бербей калды.

Асылкандын үйүндөгү ортого түшкөн салкын мамиледен кийин Мырзабек, Чынаркан, Жамалкандар болуп, чогуу чыгышты. Эшикте лапылдатып кар жаап, жым-жырт түн жыпжылуу болуп турган эле. Электр чырактар бүлбүлдөп күйүп, калың жыгачтын көлөңкөсү андан бетер калың түшүп турса да, аппак кар жарык берип тургансып, тегерек жаркырап турду.

– Асылкандын үйүнөн көрө эшик жарыгырак экен,– деди Мырзабек, таза абага чыга замат сергий түшүп, масы да тарап. Эки аялды колтуктап алды.– Жарык бекен?

– Эмнесин айткыңыз келет?– деди Чынаркан, Мырзабектин эмне айткысы келип турганын дароо түшүнүп.

– Кең, таза, эркин; тымпыйып сыр жашырган эч нерсе жок, баары ачык, баары түшүнүктүү,– деди Мырзабек, караңгыдан үзүлүп түшкөнсүп, лапылдатып жаап жаткан карга бетин тосуп.– Жыргал, жыргал, жыргал! Ушундай түндө капкайдагы сасык кептен тышкары болуп, жакшы көргөн кишиң менен басып жүрсөң... жыргал, жыргал, жыргал!

«Жыргал» деп Мырзабек ушу бирге басып бараткан эки аялга карата айтканын же өзүнүн келечекте үйлөнө турган колуктусуна айтып жатканын Жамалкан бүдөмүк түшүнүп, ушул азыркы учурда өзү жакшы көргөн киши болгусу келип, бирок жакшы көрө турган кишиси ушундай кар жаап турган караңгы түндө кайда, эмне кылып жүргөнүн түшүнбөй, Мырзабекке эси

чыккансып кыналып, капкайдагыны ойлоп кетти. Чынарканда Мырзабекке кыналып, Качике кеткенден бери жалгыздык тарта баштаганын ойлоп, эркектин колтугунда баратканына делебеси козголуп, буткөн бою жылып баратты.

– Жыргал, жыргал!– дей берди Мырзабек шыктууланып.– Асылкан биз менен окуп жүргөндө кыздардын эң жакшысы эле. Баарыбыз суктанып, баарыбыз жакшы көрчүүбүз. Эми көр! Аял болуп үй кармагандан кийин тап-такыр өзгөрүп, башка чөйрөнүн кишиси болуптур. Мен мындай чөйрөдө тумчугуп кетем, туралбайм. Чоюлуп басканы, үйүнүн жасалгасы, жасап сүйлөгөн сөздөрү, баары, баары тең мени, менин эркимди байлап-тушап, өзүнө багындыргысы келет, мени да чоюлуп сүйлөп, сүйлөгөндө да жасап сүйлөттүргүсү келет. Жок, мен жасалма жерде туралбайм, тумчугуп кетем. Сиз кандай, дейсиз, жеңе?

– Оокаты жакшы болсо, Апсаматка окшогондор көзүн албай, көпөлөк болуп тегеренип турса, күйөөсү койнунда жатса, ал чиренбегенде ким чиренет,– деди Чынаркан Мырзабектин пикирин таптакыр башкача талкуулап. Чынаркан аялдардын коомдогу көзгө көрүнө баштаганына ичи тардык кылганын айтты.

– Сиздин күйөөңүз жокпу? Качикенин кеткенине аз эле күн болбодубу, ал таптакыр жокко чыгып калган болобу? -деди Мырзабек, Чынаркан эмне айткысы келгенин жакшы түшүнүп.– Мен Асылкандын чөйрөсүн айтып отурам. Чөйрөсүнө жараша өзгөргөнүнө таң калам. Сиз болсо оокатын, күйөөсүн айтасыз. Күйөөсү эмне, бул чөйрөнү күйөөсү түзүп отурган жери жок, бул кишилерди, бул чөйрөнү ушундай кишилерге, ушундай чөйрөгө айлантып отурган Асылканды айтам. Асылкан ачык, өз пикири деле көп бай эмес, бирок жакшы кыз эле. Кең үйүн, кең жүрөгүн тарытып, саналуу гана кишилердин чөйрөсүн түзүп, өзүнчө бөлүнүп алыптыр. Демек, бул чөйрө менменсинген, телегейи тегиз болуп жетишип калгансыган акылдуулардын гана чөйрөсү, бул чөйрө мага окшогон, мынабу Жамалкан жеңеме окшогон алакөөдөн, акылы тайыз кишилерге болбойт. Биз булардын сынына толбойбуз. Сиздин жайыңыз болсо бир башка. Сиз булар менен теңтайлашмак турсун булардан алда канча өйдө турушуңуз мүмкүн. Бирок...

– Бирок менин Качикем да андай эмес,– деди Чынаркан, Мырзабектин сөзүн бөлүп, Качикенин чалагайым акмактыгынан турмушу Асылкандын турмушундай болалбаганына жини келип,– менин Качикем андай эмес, ал ачык, ичине кир сактабайт, ичиндегисинин баары сыртында, оокат кылганды билбейт, болбосо...

– Болбосо Асылканды жолго таштайт элем деңизчи,-деди Мырзабек да анын сөзүн бөлүп.– Анда сиздин чөйрөңүз кандай болот эле? Балким сиздин эшигиңизди да акылдуу кишилерден башка киши ачпай калат беле?

– Акылдуу деп кимди айтабыз?– деди Чынаркан өзүнүн пикирин толук айткысы келип,– акылдуу киши деп, сүйлөшкөндө кишинин кумары жазылып, сөзү куюлушуп турса...

– Акмактыгын жашырып, бой көтөрүп турса... – деди күлүп Мырзабек.

– Андайлардын акмактыгы бат эле билинип калат,– деди Чынаркан да күлүп.– Бирок бой көтөргөн кишинин баары эле акмак боло бербейт...

– Өзүн башкалардан өйдө көргөнү үчүн бой көтөрөт,– деди Мырзабек Чынаркандын сөзүн дагы бөлүп.

– Эмне үчүн киши өзүн бирөөдөн артык көрүш керек? Кишинин баары эле өзүн акылдуумун дейт эмеспи, акылдуу киши эле бой көтөрүп калыш керекпи?– деди баятан бери сөзгө катышпай, сөзгө катышайын десе эмне айтарын билбей келаткан Жамалкан, жазылып кеткен чачы маңдайына түшүп, аппак кар болуп.

– Өзүн бирөөдөн акылдуумун деген кишинин өзү акмак,– деди Мырзабек күлүп.– Жеңеми сүйлөттүрбөй койдук окшойт, кечириңиз, кана кулак сизде, жеңе.

– Мен эчтеке айткым келбей калды,– деди Чынаркан, өзүн өзү акылдуу көрүп, өзүн жанга теңебеген жагын болор болбос эсине алып,– эчтемке айткым келбей калды, анткени акылдууну издеген киши Апсаматты, Апжапарды издеш керек, акыл жагынан булардын алдына эч ким чы-галбайт, бирок мен буларды өз чөйрөмө баш бактырбас элем.

– Эмне үчун?– деди Жамалкан, Апсаматтар отурган үйгө кирүүгө жетпей, даңаза кылып жүргөндөрдү эстеп,– буларды

шаардагы интеллигенттердин гүлү деп жүрүшпөйбү? Акыл десе акылы бар, ат десе аты бар, мындан башка кандай киши керек? Мындай кишилер менен сүйлөшмөк турсун амандашып койгонуна төбөсү көккө жетип жүргөн кишилер бар. Мен булар отурган жерде сүрдөп сүйлөй албай калам, Асылкандан башка киши булар менен сүйлөшө да албаса керек. Эмне үчүн аларды башбактырбас элем дейсиз?

– Баш бакмак турсун баш багыштан сүрдөмөк,– деди Чынаркан, кара көк тартып кабагын бүркөп.– Колумдан таалайым чыгып кетпедиби, болбосо…

«Болбосонун» себебин Мырзабек түшүндү: «Мурунку уянын ээси тирүү болсо, же Качикенин ордунда азыр башка киши болсо, анда Чынаркандын эшигин Апсаматтар этеги менен шыпырмак! Байкуш Качике,– деди ичинеи Мырзабек,– байкуш Качике, ал эч качан бул аял менен (балким башка аял менен да) киши суктанып, кишинин көзү күйө турган турмуш куралбайт го, кайдан журүп бул аялга туш келип калган? Эми бул аял, Асылкандын турмушун көрүп, этеги менен эшигин шыпыра турган Асылкан, Апсаматтардын турмушун көрүп, алардын сыпайы гана күлүп, билгизмемишке салып шылдың кылып отургандарын ичинен сезип, ичинен күйүп, өч кууп жүргөн бул аял, эгер өзүнчө чөйрө куруп калчу болсо, Асылкан, Апсаматтарды чын эле эшигине баш бактырмак турсун, жакын жолотмок эмес. Чынаркан да турмуштун бир жагын өзүнчө чоюп, Апсаматтар эмес карапайым киши жологус кылып, эшиги тескери үй тикмек…»

Мырзабек колтуктап келаткан Чынаркандын өз чөйрөсүн курганда кандай болуп кетерин, кандай өзгөрүш, кандай кыялдар чыгарып ойлоп келатты да, чала чыгып келаткан мурутун тили менен жалап, күлүп койду.

– Мен эшигиңизден баш багалбасам да эшигиңиздин алдынан өтө алар белем, жеңе?– деди күлө жаздап, мурдун тырыштырып,– чыныңызды айтыңызчы?

– Менин көңүлүмө жаккан кишинин баары кире бермек,– деди күлүмсүрөп, бул эшик чын эле так ушул заматта өз колунда тургансып.

– Сиздин көңүлүңүзгө жагыш кыйыныраак болор дейм?– Мырзабек ак кар басып, кара сур өңүнө жарашып турган тыбыт жоолукту, анан Чынаркандын кичинекей бутуна келишип турган булгаары таман кийиз өтүктү тиктеп, бетине күлүмсүрөп карады.

– Менин көңүлүмө жаккан киши жагат, жакпаган кишини маңдайыма кармап отуруп эмне кылам?– деди Чынаркан Мырзабектин тиктегенин байкап, күлүмсүрөп, андан бетер колтугуна кыналып.

«Качикени эмнеге маңдайыңызга кармамак турсун эки бутунан тушап отурасыз?– деди ичинен Мырзабек, оюндагысын угуза айтып жибере жаздап. Качике Мырзабек менен далай сүйлөшүп, далай сырдашкан жери бар. Мырзабек Качикеден жаш болсо да теңтуш сыяктуу жакын болуп, аны аяп, анын турмушуна күйүп жүргөндөрдүн бири. «Бул аялдын кесири оңой эмес колуна бийлик тийчү болсо…» деп, бийлик тийгенден кийинкисин, демек Чынаркандын туулгандан кийинкисин ойлогусу келбей, эртерек буларды үйүнө жеткизип коюп, үйүнө кеткиси келди.

– Кишинин көңүлүнө жагыш үчүн эмне кылыш керек экенин билбейм, өзүм болсо бир көргөн киши менен кете берем, жаман-жакшысын ким билсин, текшерип отурбайм. Эң жаман деген кишинин да бир жери жакшы болбой койбойт экен, өзүн акылдуу эсептеп, чиренгендердин ичи арам, калп боло турганын да көрдүм,– деди Мырзабек салкын гана көңүл кош.

– Менин үйүм быякта, кетейин,– деди Жамалкан экөө тең колун сунуп.

– Жеткизип коёюн, жеңени жеткизип коюп анан сизди, жеткизип коёюн,– деди Мырзабек Жамалкандын колун албай, Чынаркан Жамалкандын кетишин каалап, унчукпай турду.

– Жок, өзүм эле кетем,– деди Жамалкан, үйгө кечигип, Мария Петровнадан тил угушунан коркуп.

– Болбойт,– деди Мырзабек, чындап,– ушундай сонун абада бирге басып, кичине сергийли.

– Жок, жок, менин балдарым бар,– деп, Жамалкан безилдеп жиберди.– Андан көрө эртең биздикине келиңиз жеңе сиз да,–

деп кайтадан колун сунду. Чынаркан колун берип, Мырзабек колун бербей, бирок Жамалкандын безилдегени чын көрүндү да, Мырзабек кыйылып туруп:

– Коркпойсузбу?– деди, Жамалкандын бетине чын көзү менен тиктеп.

– Жок, жок, коркпойм, эртең келгиле саат алтыда,– деди да, Жамалкан дагы бир сыйра кол алышты.

## XIII

«Эмнеликтен, эмнеликтен менин үйүм, менин чөйрөм Асылкандыкындай эмес?– деди ичинен туталанып Чынаркан, Мырзабек жеткизип койгондон кийин, кроватта жалгыз жатып алып.– Кана, эмнеликтен? Асылкан ким да мен киммин? Асылкан кече эле жакында мурдунун суусун тарталбай жүргөн неме эмес беле? Эми келип күйөөсүнүн акчасы менен тултуйган өңүнүн жылтыраганына чиренип, мага бой көтөрүмүш болот! Мырзабек ырас шерменде кылды. Мен болсом тамагына да карабай чыгып кетет элем... Кана, эмнеликтен?– дей берди Чынаркан, кайта-кайта өзүнөн өзү сурап.– Ах, балалык, балалык, балалык! Секелек кыздай эселек чагымда баары өтүп кеткен экен го! Бала чагым болуп, кадырын билбептирмин. Ал кезде мен кишилердин башын кошуп, чөйрө курганды таназар албаптырмын. Нары... нары дүйнөдө билбегени жок маркум күйөөм жигиттерден кызганган болчу. Нечен сонун жигиттер, нечен асыл кишилер мага ашык болуп, тереземдин түбүндө жүрдү. Нечендери чөгөлөп, бутума жыгылды. Нечендери көз акысын кечпестен жүрүп, дарексиз жок болушту. Эми келип... о дүнүйө! Эми келип Качикеге окшогон бир эселек, жеңил, мүнөзү бош адамга туш болдум. Эркектиги да, адамкерчилиги да жакшы; жакшысы жакшы, кайда жетелесең кете берген элпек. Бирок бир өчөшүп алса бетбакпай кете береби деп корком. Корком! Ал мени сүйбөйт. Сүйө да албайт. Аны жакшы билем. Согуштан тирүү келсе эле мени таштайт. Кызынын гана айласынан үзүлүп кат жазып жүрөт. Кызы! Кызынын мага эмне кереги бар. Кызын көрөйүн

деген көзүм жок. Түрү суук бир шүмшүк кыз. Жарыбай жатып такылдап, мени апа дейт. Оозун толгоп туруп үзүп алгым келет. «Апа» деп жаныма жакындап, эркелейин деп кыйшаңдаган сайын боюм дүркүрөп, итиркейим келет. Мындай да сүйкүмсүз кыз болобу! А өзүчү өзү? Өзү сонун. Өзүн жакшы көрөм. Кетем деген сайын андан бетер жакшы көрөм. Мыжыгып, тыткым келет. Мыжыгып тытып, кансыратып туруп кайта кучактап, ыйлап туруп кайта өпкүм келет. Өпмөк турсун тиштегилеп, жулгум келет. Бирок ал, Качике, меники эмес, мендик болбойт. Тагдыр мага аны буюрбайт. Ылайым буюрбай калса экен! Буйруктан болуп кеткен жагынан келбей калгай эле. Келсе менин. колумдан чыгып кетмек турсун, мени шерменде кылып, мени тепсеп туруп басып кетет. Менин бүткүл планымды, бүткүл максатымды жокко чыгарат. Келбесе экен, келбесе экен! О дүйнө! согуштан келгенден кийин Качике меники болорун билсем! Анда мен бүткүл баарынан кечер элем! Калган өмүрүмдү жалгыз өзүнө багыштар элем... бирок... бирок ал мага келбейт, колумдан куш качыргансып кала берем. Ошон үчүн келбесе экен, жок, келбесин. Карaанын көрбөйүн. Аттиң дечи! Качикем, кетчү Качике эмес, менин Качикем жаркырап-жайнап келип, үйүм кеңип, дөөлөтүм артып, өркөнүм өсүп, чатырап. турсам. Асылкан, Апсаматтар мени көргөндө кыпкызыл болуп уялып, сүрдөп турса. Салам берсе башымды ийкер-ийкемексен болуп, өчүмдү бир алар элем. О дүйнө, ал күн кайда? Бул Качике турганда мен бул даражага жетмек турсун кайта төмөн карай кулайм. Ах! Ах! неге Качикени өзүмө тарттым? Менин оюм, менин тилегим башка эле. Мен аны киши кылайын дегемин, өзүмдүн, жалгыз өзүмдүн, жалгыз өзүмдүн кишим кылайын дегемин. Турмуштун бир жагын өзүмчө чоюп, өзүмчө турмуш курайын дегемин. Менин тилимди алып, менин жолума түшсө кишинин кишиси, мыктынын мыктысы болот болчу. Болбоду. Болбойт да окшойт. Эми мени душмандарыма күлкү кылып, келер замат басып кетпесе экен. Жок, мейли, келсин, баары бир менден кеталбайт. Сырын жакшы билет эмесминби. Баякы Качике да. Арагын берип, жакшы сүйлөп койсом, кулдай болуп жүрө берет. Мен көп учурлар-

да жаман сүйлөп коём. Жаман сүйлөмок турсун кордойм, кызганам, элдин жолдошторунун көзүнчө шерменде кылам. Көңүлүн калтырам. Кайта эркелетем, жок, мен эркелетпейм, кичине эле кирпигим түз боло түшсө, өзү кайта шыйпаңдап, күнөкөр болгонсуп, кайта мойнума асылат. Баары өзүмдөн кетет. Капкайдагы, катуу сөздөрдү айтып, кагып, жектейм. Анан кантип мага боорун салып, мага имерилсин. Жок, жок, эми келбесин, көргүм келбейт. Менин кыялыма чыдап туралбагандан кийин Качике мен жашаган дүйнөдө, мен баскан көчөдө бирге болбосун. Караанын көрүп калчылдай берем. Андан бетер кызганып, тытып жегим келип кетет. Жок, жок, келбесин, келбесин. Ах дүйнө, ах Качике! Кантем? Кантем? Кантип сенсиз тирүү жашайм? Качикем! Бетпак Качикем! Сенин тирүү азабыңды тарткыча өлгөндө өлүгүңдүн азабын тартып, өлүгүңө ыйлап, өлүгүңө күйүп, көксөмдү суутайын».

## XIV

Чынаркан эртеси ойгонгондо башы ооруп ойгонду. Көңүлү эчтемени каалабай, үйдү да, балдарды да кыртышы сүйбөй, ишине баргысы келбей, бирок бир жакка басып кеткиси келди. Түн боюу башына капкайдагы немелер келип, көзү илинип кетсе капкайдагы жаман түштөрдү көрүп, кыйналып чыкты. Чынаркандын көңүлү да, дүнүйөсү да караңгы болуп, түн түшүп турду. Мындай учурларда Чынаркандын кабагынан билген балдар анын жанына келчү эмес, келсе да (өз балдары) бир башкача ийменип, коркуша турган. Мындай учурларда Чынаркандын үнү бек чыгып, жаман сөздөр менен бала болсун, чоң болсун, ашата берүчү.

Чынаркан кабагын түйүп, кара сур өңү андан бетер сурданып жатканда тышкы үйдөн балдардын кужулдаган үнү чыкты. Кат келди, кат келди!– деди үнү чаңылдаган, кичинекей кыз, эшиктен сүйүнүп, чуркап кирип келип.

– Бери апкел, Каракчы!– деди кроватта жаткан чоңурак кыз (бу кыз Чынаркандын жакшы көргөн эрке кызы эле, Каракчы дегени Качикенин кызы болучу, экөө тең орусча сүйлөп жатышты).

– Мамама берейинби?

– Өзүм берем, апкел бери, Каракчы! Мама меники, сенин маманң жок, мама дейт!– деди кроватта жаткан кыз шыңкылдап күлүп.

Кичинекей кыздын үнү басылды. Кроватта жаткан кыз ыргып туруп, Чынаркандын үстүнө ич көйнөкчөн кирип келди.

– Мама, от дяди письмо,– деди да, катты төшөктүн үстүнө коюп, апасына окшогон өңү кара сур, тартайган бойлуу кыз дароо кайта чыгып кетти; апасынын кыртышы сүйбөй турганын түшүнүп, эркелеген жок.

Тышкы үйдө балдардын ортосундагы болгон сөздү угуп жаткан Чынаркан татынакай кызын карап коюп, унчуккан жок. Ошондо да Качикенин кызына (анын аты Кайырбүбү эле) Каракчы деп ат койгон өзү экенин мойнуна алып, бул атты балдары да айтып кеткенине бир азырак нааразы болуп, бирок бул сөздөрдүн балага кандай таасир этерин билип турса да, ошо замат баарын унутуп койду. Түн ичинде эки ойлуу болуп чыккан Чынаркан азыр Качикенин кызын өзү айткандай, жининдей көрүп турган эле. «Качике келчү болсо чатактын баарын ушул кызы чыгарат, ушу кыз болбосо да Качике жүрө берет беле?– деп, бир топко ойлонуп жатты.– Ах, Каракчы, Каракчы! Сен менин көзүмө сайылган тикенек болдуң? Сен болбосоң Качике көп ойлонуп, өгөй эненин колунда кызым эмне болду экен деп, көп кыйналбай өлөт эле. Качике келбей калчу болсо кызын эмне кылам? Мойнума түшкөн жүк болот да. Интернатка берип жок кылсам уяты мага калат, Жок, бул уят болот. Туугандары келсе алып кетер. Теги дурусурак тууганы болду бекен? Мындай зөөкүр чалыш неменин тууганы да болбойт, болсо да жарыбаган бирөө чыгар. Кана, Качикенин катын окуюнчу, эмне деп жазды экен?»– деди да, Качикенин катын окуй баштады.

Качике катты көп жазгандыктан анын каттары бирине бири окшош болуп, көп учурларда Чынарканды жадатып, анын айтайын деп айталбаган, бирок айтайын дегени билинип турган сар-санаасы жинин келтирчү. Анын үзүлүп түшүп, зайыбына, үйүнө ашык болгон кишиче жазган каттарын «Жагынайын де-

гени, кызы үчүн жагынып, мени алдап турганы» деп, жаман көрө турган. Эгерде Качике өтө эле Чынаркандын көзүнүн агы менен кошо тегерене бербей, сейрек кат жазып, ороюрак болсо, анда, балким, Чынаркан көбүрөк кат жазып, Качикеге көбүрөк көз караңды болмок эле; ал эми Качикенин көз каранды болуп, өтө эле үзүлүп түшө бергени Чынарканга калп, шектенүү көрүнүп, жинин келтиргени чын. Качикенин каты калп экени да чын болучу. Бул аял менен кичи пейил, өтө ичке болбосо өз ажалы колунда турган киши ачуусунун баарын кызынан чыгарып, ансыз деле кыйноону тартып отурган чүрпөсү андан бетер азапты тартарын Качике билип турган.

Катты ачып көрүп, биринчиден, Чынаркан каттын кыскалыгына таң калды, экинчиден, баякы үзүлүп түшкөн сөздөр аз болуп, болор гана ишти жазганы жинин келтирди. Жалынып-жалбарып жазган каттарга көнүп калган Чынаркан ардана түштү.

«...Кийинки жазган катыңды алдым (биз токойдо элек). Мен баарын түшүндүм. Жеке мен эмес бүткүл элдин башына каргаша түшүп турганда бирөөгө күлгөн киши, күлгөн кишиге ыза болгон киши көз алдыма элестеп, мен да таарынып, мен да ыза болдум. Мындайда сага окшогондорду, сени табалаган киши кандай киши экенин сенден артык киши билбейт. Андайларга жооп бере турган сөздү сенден бөлөк киши табалбайт. Анткени турмуштун бардык оорчулугу сенин, сага окшогондордун мойнунда. Сен терикпе. Өз намызың өзүңдө. Сен эч кимге көз каранды эмессиң. Убактылуу бирөөнүн турмушуна көзүң күйбөсүн. Экөөбүздүн турмушубуз алдыда. Балким экөөбүздүн турмушубузга кийин тигилердин көзү күйөр? Ошондуктан сен терикпе, ыза да болбо. Менин да жанымды күйгүзбө. Мен жакында согушка кирем. Кош болгула. Балдар менен жакшы тур. Баарыңарды кучактап өөп– Качике».

Бул кат жүрөгү жаралуу кишинин каты эмес эле. Кайта Чынаркандай акылдуу аялга акыл айткан кадиресе, кайраттуу кишинин каты болучу. Мына ошондуктан бул кат Чынаркандын жинин келтирди. «Тиричиликти кыймылдаткан мен болсом, экөөбүздүн турмушубуз алдыда болсо сен эмне мени алдап

турасың? Бул айткандарыңдын баары калп, кызың үчүн кылган кошоматың!– Чынаркандын Качикеге кыжыры келип жатты да, дагы бир нерсеге таң калды: «Өлүмгө бараткан, эртеңки замбиректин азыгы болчу кишинин каты ушундай болобу? Мүңкүрөгөн айыптуу кишинин баякы каттары кайда? Ушул кичинекей мөөнөттүн ичинде кантип эле жүдөө, санаакор Качике киши таанығыс болуп өзгөрүп кетти? Бу кат адамдын бошу Качике эмес эр көкүрөк башка кишинин каты. Жок, жок, бул Качикенин каты эмес. Капырай, эгер бул кат өлүм үстүндө турган Качикенин каты болчу болсо укмуш! Киши болоюн деп калганбы? Буга эмне болуп кеткен? Же болбосо кыйынчылыкта адам кайта төрөлүп, киши кайтадан киши болобу? Эгер Качике кайтадан киши болсо Качикени байлап турган менин жибим үзүлбөдүбү? Жок, жок, бу да калп. Качике калп эле кайраттанымыш болот. А балким…»

Ушул учурда Кайырбүбүнүн кыйкырбай, муунуп ыйлаган үнү чыкты. Чынаркан кулагын тосуп тыңшады да, өз кызы Гүлнардын «Молчи, убью!» деген үнун укту. «Бу Каракчыда да бар, тил албай, каяша айтып туруп алат» деди да, кийине баштады.

Эки кыздын кужулдаганы (Гүлнардын чаңкылдаганы) басылган жок. Чынаркан халат кийип, акырын тышкы үйгө чыгып, кызынын жыйналбай жаткан кроваты менен Кайырбүбүнүн жердеги тыпыйтып бүктөп койгон жыртык төшөгүн көрдү. Коридордо дале күрс-тарс этип, эки кыздын кармашканы угулуп жатты. Чынаркан акырын коридорго башбакты. Гүлнар Кайырбүбүнү желкелеп, жердеги бош чаканы көздөй башын эңкейтип, Кайырбүбү тырышып, мойнун ийгиси келбей, муунуп ыйлап жаткан эле.

– Эмне кылып жатасыңар, таң атпай кужулдашкан башыңды жегирлер!– деди Чынаркан; жоодураган көздөрү акшыңдап, оозу чоң ачылып, беттеринин эти дирилдеп, секирип кетти.

– Мама, Каракчы сууга барбайм дейт,– деди Гүлнар, Кайырбүбүнү коё берип, эчтеке билмексен болуп.

– Батинкем жыртык, мама– деди кичинекей Кайырбүбү шолоктоп.

– Батинкең жыртык болсо атаң үйгө батинке толтуруп кеткен эмес! – деди Чынаркан кыйкырып.– Бас, какшабай суу апкел!

Кайырбүбү шолоктоп өксүп, өзүнөн чоң чаканы алып, чылпылдаган суу ботинкесин сүйрөп, жөнөй баштады.

– Бас жаагыңды, бас дейм жаагыңды!– деди да, чуркап барып кичинекей немени жаактан нары тартып жиберди. Кайырбүбү үнүн чыгаралбай, кыйкылдап муунуп, кыпкызыл болуп, анан көгөрүп эрип калды.

Чынаркан кызы экөө эси чыгып тиктеп калышты да, Кайырбүбүнүн үнү чыга баштаганда Чынаркандын кайтадан итиркейи келип, кайтадан муштумун түйүп жулунуп, бирок кандайдыр бир көзгө илинбеген күч колун кармап токтотконсуп, ара жолдо кайта өзүн токтотуп, энтигип:

– Үнүңдү чыгарба! Атаң өлөлек! Жакында атаң өлөт, ошондо ыйлайсың!– деди.

Чынаркан өзүнүн ушул кара боор, катуулугуна, ушул айткан уу сөздөрүнө өкүнгөн жок; суу ботинкечен кичинекей кыздын иймеңдеп суу көтөрүп келатканын көрүп, аямак турсун кайта жини келип, көргүсү келбей, жырткыч айбанча итиркейи келип, кан ичмеси кармагансып, кумсарып, калчылдап кетти. Ушул учурда Чынаркан өзүн өзү унутуп, Качикеден кетем дегенинин кегин алып, кектеген кишисинин канын ууртап, мас болуп тургандай, басалбай теңселип турду.

## XV

Чынаркан Жамалкандыкына киргенде үйдүн ичи күлкүгө толуп, Мырзабек куудулданып отурган эле. Үйдө Солтонкул, Салийма, Берметтер бар болчу. Бермет улам Мария Петровнага жардамдашып, ашканада жүргөн. Сөз Мырзабектин үйлөнүшүнөн козголуп, Салийманын каткырыгы чыгып жаткан эле.

– Сөзүңүзгө караганда деле сизге кыз жакпайт экен, анан кантип үйлөнөсүз?– деди Салийма.

– Мага жакпаганы бир башка, мен көргөн аялдардын кыял-жоругун айттым. Менин зайыбым да Асылкан менен Чынаркан жеңемдей, турмушту бир жагын чоюп, өзүмчө чөйрө курам деп, чатак салабы деп корком,– деди Мырзабек, оозун чормондотуп күлүп.

– Теги чоттогон бирөө барбы?– деди столдун үстүнө бирдеме коюп жаткан Жамалкан.

– Бар деп айтыштан корком,– деди Мырзабек, улам ашканадан кирген Берметти тиктеп.

– Эмне үчүн?– деди Солтонкул. Мырзабектин көз карашын байкап, күлүмсүрөп.– Теги барбы?

– Бар дегенден корком дебедимби.– Эмне үчүн?

– Көзүм тосток, өңүм чөөдөй сары болсо... көргөн эле кыз чанып кетип жатат,– деди.

– Канча кыз чанды?– деди Солтонкул, Мырзабектин куудулданып жатканын сезип.

– Канча экенин да билбей калдым. Мен кандаймын, карындаш?– десем эле, «и-и-и!» деп, колун силкип, үркүп кетип жатышат. Анан кантип бар деп айтам? Мен бар деген менен кыздар болбой жатпайбы.

– Анда эмесе өзүңүзгө окшогон көзү тосток, сары кыз тургандыр,– деди Салийма, каткырып күлүп.

– Агыбы, сарысыбы, же карасыбы, иши кылып мага окшогон тостойгон немени сүйгөнү керек эле. Анан кийин «тостойгон өлүгүңдү көрөйүн!» деп отурса... Мага: «тостойгон көзүңөн садага болоюн» дегени керек,– деди Мырзабек күлбөй, дагы Берметти тиктеп. Бермет чай куюп, узата баштаган эле. Бермет Мырзабектин улам тиктей бергенин байкап, бир кызарып кайта өз калыбына келип жатты.

Чынаркан Мырзабектин сөзүнө тырчый түшүп, өңү андан бетер кара сур тартып, түнөрүп калган эле.

– Эмне, Чынаркан жеңемин табы жокпу же Качике абамды сагынып, түндө уктабай чыгып, капа болуп турабы?– деди Мырзабек, атайы тийишмек болуп, тамашалап.– Мени булар үйлөнтөбүз деп жатат, жеңе; ылайыктуу кийши табылбаса «карайлаган там сүзөт» болуп жүрбөйүн, сиз кандай дейсиз, жеңе?

Мырзабектин бул сөзүн Чынаркан туптуура Качикеге тийгизип жаткандай сезип, кыпкызыл болгону билинбей,– бирок чыңалып, ачуусу келгендиктен түктүйө түштү.

– Үйлөнө элек жаш жигит оозуна келгенин ушинтип сүйлөй берсе ким тиймек эле?– деди Чынаркан, ыза болгон кишинин кызаңдаган күлкүсү менен.

– Мына, кыз эмес жеңеме жакпагандан кийин мени үйлөн дебей эле койгула; үйлөнүш маселесин коюп, башка сөзгө өтөлү,– деди Мырзабек, Чынаркандын терикkenин туура түшүнүп. Чынаркан чатак чыгарышы мүмкүн эле.

– Курбу-курдаштар,– деди уялчаак Жамалкан, кыпкызыл болуп, сүрдөп,– курбу-курдаштар, биз... биз баарыбыз... кичүү болсок да, улуу болсок да... баарыбыз ушу кыйынчылыкта курбу-курдаш болуп калдык. Согуштан келген биздин жаш жигитибиз баятан бери бир топ бизди күлдүрдү. Баарыбыз кубанып калдык. Менин бир эле бөтөлкө арагым бар. Ушуну (рюмкасын көтөрүп) жоокерибиздин ден соолугу үчүн тост көтөрүп коёлу.

– Чечен болуп кеткенсиң го, демейде эки сөздүн башын кошалчу эмес элең,– деди Солтонкул күлүп.

– Анткен менен жасабай, ичиндегисин айтты, жаш жеңем,– деди Мырзабек; Мырзабекке Жамалкандын уялып жатып сүйлөгөн сөзү жагып турган эле.

– Бири жаш жигит десе, бири жаш жеңем деп, экөөнүн тең сөзү айкалышып турганын көр,– деди Салийма, адатынча каткырып.

– Экөө тең айкалышып калып жүрбөсүн,– деди Солтонкул.

– Эмнеси бар экен?– деди Мырзабек, ордунан туруп.– Айкалышса айкалышабыз. Бирөөлөр кучакташып айкалышып калса биз кол менен айкалышсак эмне болмок эле? Мен Жамалкан жеңем айткандай, курбу-курдаш болуп айкалыш үчүн ичемин.– Мырзабек кичинекей рюмканы колуна алды.– Согуштагы биздин курбу-курдаштарыбыз үчүн, мөрөй менен келиши үчүн, жеңемдин бир гана бөтөлкөдөгү бизге сактаган, урматтап берген арагын көптөй кылып ичүүгө уруксат кылгыла,– деди да, өзү биринчи болуп ичип жиберди.– Мен жеңемдин бир эле бөтөлкө

арагы бар экенине ишенемин, ишенем сизге, жаш жеңе,– деди күлүп, Мырзабек.

– Мария Петровна калып калды,– деди Жамалкан, Мария Петровна таарынарын билип.– Мария Петровна!

– Мен Женя үчүн ичем,– деди Мария Петровна.

– Биз баарыбыз Женя үчүн ичтик,– деди Мырзабек. Мария Петровна Мырзабектин кыпкызыл болуп турган өңүнө тигилип карап калды да:

– Согушка кайта барасыңбы?– деди.

– Балким барам,– деди Мырзабек, айтып жатканы калп же чын экенине өзү да көп ишене бербей. Анткени кийинки убактарда интеллигенцияларды согуштан алып калып жатышкан эле.

– Барсаң Женяны көрүп жүрбө?

– Балким.

– Көрсөң Мария Петровнадан салам айт,– деди да, Мария Петровна көз жашын көрсөтпөй, ашканага шыпылдап басып кетти. Отургандардын баары Мария Петровнанын кандай болуп кеткенин көрүп билип турушту.

– Үйүңөрдөгү кемпириңер да жакшы экен,– деди Мырзабек, Мария Петровнанын артынаы карап калып.– Ошо замат анын эсине Бермет түштү. Бермет көрүнбөй калган эле. «Табийгат кылдат жараткан бу не деген сонун кыз?»– деди ичинен Мырзабек.– Бу кимдин ак куш, ак туйгуну болду экен?»

Бир бөтөлкө аракты (көбүн Мырзабекке куюп) көпкө эрмек кылып, көпкө сүйлөшүп отурушту. Согуш менен тылдын кептери болду.

Чынаркан бул отурушта да өзүн чоочун сезип, эч ким менен коошпой, жалпы сөзгө катышалган жок. Отургандар да Чынарканды жат көрүп алакчылагандай, көп көңүл бурушпады. Бирок бул Чынаркандын өзүнө ушундай сезилди. Болбосо отургандар урматтап, бирок кандай кылып бу кишинин көңүлүндөгү сөздү табышты билбей турушкан эле. Чынаркан өзү да өзүнөн өзү чайналып, эртең мененки Качикенин кызына суук тил тийгизгени эсинен кетпей, кичинекей кызды чоң кишидей кылып бекер кордогонуна ичи ооруп турган болучу. Ушул отурган жер-

де да Кайырбүбүнүн ыйлаганы, анын жыртык ботинкеси менен үстүндөгү жыртык чапаны Чынаркандын көз алдынан кетпей койду. Пальто тиктирип бере турган товары деле, ботинке алып бере турган акчасы деле бар, эмне үчүндүр чыгынбаганына өзү таң калды.

– Качикеден кат барбы?– деди Мырзабек.

– Эртең менен кат алдым,– деди Чынаркан эмне үчүндүр кыпкызыл болуп. Качике тууралуу сөз болсо эле Чынаркан бир башкача болуп кете турган.

– Жашырын болбосо окуп көрбөйлүбү,– деди Жамалкан күлүмсүрөп. Анткени булар жоокерлерден келген катты (бириникин бири) чогулуп алып окуша беришчү.

Чынаркан чөнтөктөрүн аңтарымыш болуп, чынын айтпай:

– Үйдө калыптыр,– деди.

– Ала жүрбөйсүзбү, келген катты биз чогулуп окуйбуз,– деди Жамалкан.

– Жакшы кыласыңар, келген катта баякыдай үйдүн чатагы жок, бир биринин камын ойлогондон башка сөз жок, жакшы кат болот экен. Биз согушта үйдөн келген катты талашып окучубуз. Менин үй-бүлөм болбогону менен жолдоштордон, туугандардан келген катты кайта-кайта окуп, жоготпой сактап жүрдүм, азыр да бар,– деди Мырзабек.

«Качикенин каты кишиге окута турган кат болсо экен,– деди ичинен Чынаркан,– бирөөгө окутмак турсун көрсөткөндөн киши уялат. Капкайдагыны жазып, былжырайт да отурат. Мына бүгүнкү катында бир жактан чыга калгансып, мага акыл үйрөтүп жазыптыр. Качикесиз эле менин өз акылым өзүмдө.»

Өзүнүн жини келип тургандагы жазган каттарын Чынаркан кээде эсинен чыгарып коючу. Ошондуктан өзүнүн жазган каттары дайым өзүнө жүйөлүү, орундуу кыймылсыз туюла турган. Бул каттарга карата Качике бирдеме деп жооп жазып койсо болду, Качикеге асылып жатып калучу. Ошондуктан Качике кийинки убактарда Чынаркандын жини келип жазган каттарына кайым айтышкансып жооп бербей, өтөр-кетер гана кептерди айтып, Эчтеке билбеген, эчтеке укпаган киши боло баштаган.

Кат аркылуу кээде айтышкысы келген Чынаркан Качикенин бул өңдүү кулагын жапырган каттарына да жини келип, «анткорсуп калат» деп, сыртынан тилдечү. Чынарканга кошомат каттын ордуна маселени ачык коюп, кат аркылуу айтышуу керек болсо, Качикеге согушта өлсө да жаны кыйналбай тынчыраак өлүш керек эле.

Мынабу эки кишинин ортосундагы турмуш талашы,– бири өлүм үстүндө, бири өлүмдөн алыс турса да болбой, бул талаш күчөп, күндөн күнгө өрчүй баштаган.

– Бирдеме жаңылык бар бекен?– деди Мырзабек, каттын үйүндө калганына ишенбей.

– Жакында согушка киребиз дептир.

– Кайсы фронтто экен?

– Центральный фронт.

– А,– деди Мырзабек,– Центральный фронт болсо, анда Коневда экен. Баары бир Сталинград үчүн согушка катышат.

– Сталинград катуу болуп жатат го,– деди Солтонкул.

– Москва жүрөк болчу болсо Сталинград алкым болуп турат,– деди Мырзабек.– Сталинградды алса немистер бизди муунтуп салышы мүмкүн. Орто Азия, Казакстан, Сибирди кесип таштайт да, Москваны караманча калтырат. Анда согуш андан бетер татаалына тартып, Орто Азия согуш майданына айланат.

– Коркутпасаңыз,– деди Жамалкан,– ичинен чындап коркуп.

– Коркуткан жерим жок, жаш жеңе! бул барып турган чындык,– деди Мырзабек, тамашасыз, чыны менен.– Бирок чын эле корко турган каргаша болуп турат. Бир жагынан Орто Азияга түрктөр. Сибирге Япония кол салышы да мүмкүн. Демек, бардык кыйынчылыкка, бардык каргашага камынып турушубуз керек.

– И-и, корком, корком,– деди Жамалкан, муздак суудан ичиркенгенсип.

– Чын эле корко турган заман болуп турат,– деди Мырзабек.

– Сенин коркоктугуңду билип, Жаманкул аракет кылып жаткандыр, билесиңби, кетерде жолдошторуна эмне деди эле?– деп, Солтонкул сурады.

– Ырас ой, жолдошторуна ушуну айтып жаткан,– деди Жамалкан Жаманкулдун айткандарын чала-була эстеп,

– Айтканда да катуу айткан. Аламан баш болуп бир топтору:– «Эмне, атасынын көрү, бат эле биздикилер талкалап чыгат!» дегенде кагып салып «...ошондо, абийирдүүң душмандын огунан өлөсүңөр, абийири жогуң душманга кошомат кылып жан багасыңар...» деген,– деди Солтонкул.

– Туура айтыптыр,– деди Мырзабек,– абдан туура айтыптыр, душман келбей жатып эле Кеке менен дагы ким эле?..

– Бекболот,– деди Солтонкул.

– Кеке менен Болоттор дүрбөп алышыптыр. Бая күну мени кармап алып, ресторанга сүйрөштү. Немисче сүйлөп жүрүшөт. Эмне, чет тилдердин ийирими барбы? Мен кеткенде андай неме жок эле го?

– Азыр бар,– деди Солтонкул.

– Биз французча окуганбыз. Бонжур дегенди билем,– деди Жамалкан каткырып күлүп.– Сүйлөгөнү кыйын болот экен.

– Эмесе тигилер окубай жүрүп немисче сүйлөп калышыптыр,– деди Мырзабек.– Мен да хальт! дегенин билем. Бирок тил билиш керек. Билгендин зыяны жок.

– Жанакы Кеке менен Бекболоттор да немисче бир-эки ооз сөз билип алып, арак ичкенде мактанып, немисче сүйлөп кутуруп жүрүшсө керек,– деди Солтонкул.

– Жок деди Мырзабек тегеректи кыдырата тиктеп, Берметти таппай,– жок, андай эмес, бул жөн кутургандык эмес. Немистер так мына ушуга окшогон жеңил ойлууларга таянып келатышат. Чаап алган жердеги капкайдагы туруксуз кишилерди, камалган, соттолгон, хулиган, зөөкүр, анан баарыдан да кулк мүнөзү жагынан туруксуз кишилерди кутуртуп, аларга ар кайсы жагынан бийлик берип, башкаруу ишине коюп жатышат. Полицайлар бар го, немистердин жанакы эле биздин милициябызга окшогондору жанакы өңдүү кишилерден. Ал эми алардын ичинен немистин тилин билгендери табылбаган киши болуп жатышат. Ошондуктан жанакы Кеке менен Бекболоттордун азыркы жүрүшү мага жаккан жок, анткени немистерге так ошон-

дой аракка, акчага сатылчу жеңил ойлуу кишилер керек. Кокустан Орто Азияга немистер келчү болсо, ушуга окшогондордон чочуу керек...– деди Мырзабек күлүп.

Мырзабектин бул күлкүсү жай күлкүгө окшобой, кандайдыр бир жаны күйгөн кишинин күлкүсүндөй, капалуу чыкты. Анын бул күлкүсүнүн таасири Жамалкан, Салийма, Солтонкулдарга тийип, бир топко ортого тунжураган жымжырттык түштү. Биздикилерден немистерге өтүп кетип жаткандары да барбы?– деди Солтонкул.

– Бар, болгондо да жанакылар сыяктуулар,– деди Мырзабек. – Анан...Мына, маселен, Францияны алып көргүлө. Маршал Петэн менен Лавалдар Францияны немистерге багынтып беришти. Алардын негизги шылтоосу: коммунисттердин өкүмөттү алып коюш коркунучу болду. Мындайча айтканда, революция чыгып кетишинен коркушту. Мына, чыккынчылык деген ушу болот.

Ушул сөз болуп жаткан учурда Чынаркан бир башкача ойго түшүп, алда кайда кетти. «Кишинин башына капкайдагы неме келе берет турбайбы?»– деди да, жалпы сөзгө аралашып, туруксуз кишилерди сынга ала баштады.

## XVI

Жамалкан Мария Петровна менен коштошуп, Чынарканды Солтонкул, Салийма болуп жеткизип коюп, Мырзабек, Солтонкулдар менен бирге басты. Быйыл кыш эрте түшүп, кычыраган суук болуп турган эле. Ай жапжарык тийип, түн магдырагандай, тыптынч. Дзержинский көчөсүндө калың аллеянын ортосу менен кобурашып, сүйлөшүп келатышты. Мырзабектин көңүлү бүдөмүгү жок, чайыттай ачылып, бир башкача таалайга батып, кубанып турган. Качыраган кар кандай таза болсо мунун көкүрөгү ушул кардай кычырап, ушул кардай таптаза: «Бермет, Бермет...– деди ичинен Мырзабек, Жамалкандын Бермет деп чакырганынан улам Берметтин аты эсинде калып,– сен кимсиң? эмне деген кишисиң? Бир көргөн кишини кандай да болсо бир тегеретет экенсиң, бирок сен ким болдуң экен? Дагы бир көргүм келет...»

деп, чайдан кийин эле көрүнбөй калган Берметти көз алдына элестетип, көзүн жумса да, кетиралбай келатты.

– Жанакы кызыңар кайсы кыз?– деди Солтонкулдан.

– Жанакы кыз институттун кызы. Бермет сулуу деген ошо болот. Эмне, ашык болуп калдыңбы?– деди Солтонкул.

– Ашык боло турган кыз экен.

– Ой ал кыз элдин баарын ашык кылып жүрөт,– деди Салийма, тунук абаны жаңыртып күлүп.– Зыңгырайт ау! Үчүнчү курста окуса да, бир чеки баспайт деп угам.

Өзү Жамалканга ылым санап, тууган болуп жүрөт. Асылкандардын эч кимисине болбой келатат.– Солтонкул менен Мырзабектин ортосунда келаткан Салийма өзүнүн кыз чагын, беребиз, алабыз дегенге барбай, атасынын үйүнөн Солтонкулду ээрчип, качып чыкканын эстеп, сөздөн сөз чыгып кетип, Мырзабекке айтып берди.

– Мени эрчий турган да бирөө чыкса, деди Мырзабек, тамаша аралаш муңкана; анын эси-дарты азыр Берметте турган эле.

– Берметти качырбайсыңбы?– деди Солтонкул.

– Качырмак турсун, өлбөгөн жерде кала турган кыз экен, алда качан башын байлап койгон бирөө бардыр,– деди Мырзабек, өзү ойлогондой болуп чыгабы деп, чочуп.

– Башын байлаган киши жок болуш керек,– деди Салийма.– Фронтто өзүнүн айлынан бир бала бар экен, ошол экөө кат жазышып жүрүптүр, бирок ал экөөнүкү тим эле кат дейт. Берметтин а балага убадасы жок имиш. Башы бошу ошол эмеспи; бүткөндөн кийин аспирантурада калам дейт экен өзү.

– Өзү да жакшы экен, тилеги да жакшы экен, жакшы да окуса керек?– деди Мырзабек, Берметтин алжайын толугурак билгиси келип.– Отлично окуйт, нары физматта,– деди Солтонкул.

– О-о!– деди Мырзабек таң калып, суктанып да.– Жакшы окуса, убада бербеген фронттогу жигитке кат жазып жүрсө, анда боорукер болуш керек; иши кылып, айтууга караганда кызыңардын телегейи тегиз окшойт. Бирок ошол кат жазып жүргөн жигитти мурун убадасын бербесе да сүйүп калышы мүмкүн, эгер ушул азыр сүйүп калбаган болбосо...– деди Мырзабек, кабыргасы кайышып.

– Ким билет, иши кылып, жанына киши жолотпой жүрөт,– деди Салийма.

– Мындай кыздарды жакшы көрөбүз, бирок өзүбүздү жолотпой койсо жаман көрүп калабыз,– деди Мырзабек күлүмүш болуп, күрсүнүп.

– Сулуу кишинин эркекке күйүмү жок болот дейт, чынбы?– деди Салийма Солтонкулга карап, өзү билбеген кишиче, анткор сурап жаткандай.

– Аны аялдар силер билбесеңер биз кайдан билели,– деди Солтонкул күлүп.– Сулуу аялдардын күйөөсү көп болот деген кеп бар. Иши кылып, сулуу киши ынсаптуу, топуктуу болбосо, көпчүлүктүн көз акысынан кутулам деп жүрүп, аңшайып карыганын эле бир билиши мүмкүн.

– Сулуу эместер деле кутуруп жүрбөйбү, ал сулуудан деле эмеско,– деди Мырзабек, ичинен Берметтин таламын талашып.

– Баарыдан да кеп сүйүшкөндө го. Анын үстүнө кишинин өзүнөн болуш керек. Болбосо Берметтей кыздар алда качан башынан далай жомокторду өткөзүп келатышат. Эмнесин айтсаңар да чоюлган жакшы кыз. Катын болгондо ким болорун ким билсин,– деди Солтонкул.

– Биздин Мырзабектин бир көргөндө көңүлү түшүп калган экен, эми эмне кылабыз?– деди Салийма күлүп.

– Эмне кылганда жеңе болуп ортого түшмөк белең, экөөн тааныштырып коюш керек,– деди Солтонкул ичинде Мырзабек жактык болуп.

– Тостойгон неме менен басмак турсун көргүм келбейт дээр бекен, теги эмнеси болсо да өзүм сүйлөшүп айтар сөзүн угайын,– деди Мырзабек чынын айтып.

– Бермет андай кыз эмес, башы бирөөгө байлануу болбосо эле сүйлөшөт. Сулуу сулуу эмес сүйгөн сулуу дейт. Эси бар кыздар кишинин өңүнө карабай, ичине карайт. Сенин эмнең кетип атыптыр, сүйлөшө бер,– деди Солтонкул.– Сени аскерден бошотуп жатабы? Керектүү кишилерди бошотуп жатат окшойт. Баякы Искендер байкушту да бошотту деди эле, дайыны жок эле болуп кетти да?

– Биринчиден кереги жок киши болбосо керек, ушунча жүрүп кереги жок кишини көралбадым,– деди Мырзабек акырын ичинде Берметти ойлоп.– Керексиз киши болбойт окшойт. Кимди сурасаң зайып-баласын айткан кишини көрөсүң. Мага окшогон бойдоктор аз эмес дечи, ошондо да...– деп, Мырзабек бул оор маселени айткысы келбей кетти.– Аскерге алат десе эле көрүнгөндү ала беришет экен, Искендерди алганда эмне болду? Эми анын бошоткон кагазы жеткиче өмүрүндө аскерде болуп көрбөгөн неме бир жердеги дүрбөлөңдө өлүп калат. Мен болсо кадровой армияда кызмат кылып, аскердин жайын билип калгамын.

– Искендер Искендер– деди Солтонкул– жакшы акын эле, кайран бала.

– Искендердин досу Аламан чоң болуптур го?

– Болгон,– деди Солтонкул Аламандын Жаманкул кетердеги сөзүн эстеп бырс күлүп.

– Мурун эле алып калбайбы?

– Коркот турбайбы.

– Ишиң коркок кишинин колуна түшпөсүн! Арам өлтүрөт,– деди Мырзабек, үйүнө бурула турган көчөнү тиктеп. Аны байкаган Солтонкул:

– Суук үйүңдө эмне бар, бүгүн биздикине конуп кет,– деди да, болбой жатып алып кетти. Мырзабек түн бою Берметти ойлоп капкайдагы план-дарды куруп чыкты.

## XVII

Сарымсактын уулу Абылкасым көл боюндагы өз айлына келгенден кийин үч ай өтпөй, чатактын үстүндө. Жеке өзүнүн туугандары эмес (алар болсо оозунан сөз чыкмак эмес), сүйлөшкөн колхозчунун кимиси болбосун чайын берип, Абылкасымга башкарманы жамандап даттана берчү болду. Жеке башкарма эмес, активдерине да элдин көз карашы жакшы эмес эле. Абылкасым согуштан мурун башка жакта мугалим болуп жүрүп, өз айлына көп келбей, келсе да эл менен көп аралашпай, сый келип, сый кетип жүрө берчү. Эми согуштан кийин өз айлына балдары ме-

нен зайыбы көчүп келип, Абылкасым өз айлы менен бала кезиндегидей сиңишип кеткен.

Абылкасым госпиталдан келер менен колхоздун башкармасы Түмөнбай, орунбасары Сатар, активдери болуп, Абылкасымды жакшы конок кылып, колхоздон бир кой, бир центнер ун бердирген. Абылкасым үчүн баары жакшы эле болучу, бирок көпчүлүк эмне үчүндүр зарлап эле туруп алды. Ал эми көпчүлүгү ким? Улгайып калган кишилер, аялдар. Баарынын тең же баласы, же күйөөсү согушта, же эмгек армиясында. Эмне үчүн булар башкармасына асылып калганын акырын тергеп келсе, эң эле балит иш болуп чыкты: эмгекке бериле турган эгин, акча, малдын көп проценти башкарма менен активдердин, алар жакындашкан жогор жактагы кишилердин чөнтөктөрүнө кирип кеткен. Аны башкарманын өзү деле көп жашыра бербейт экен. Бирок баарыдан да дагы бир жаман нерсе: жаш келиндердин эмгек акысы кол менен кылган эмгегине карата эмес өңүнө, кыял-жоругуна жараша берилип же жазылып коюлат экен. Баарыдан да эл мына ушуга жаман ачынып Абылкасымдын зайыбына келиндердин өздөрү келип айта баштады. Мына ушулардын баары далилденип, акыйкат болгондон кийин, партиянын райондук комитети Түмөнбайдын ордуна Абылкасымды көрсөтө баштап, көпчүлүк Абылкасымды башкарма кылып шайлап таштады. Абылкасым чынын айтып, эки бутунун чолоктугун шылтоо кылса да болбой коюшту.

– Башкарма өзүм болоюн деп Түмөнбайды кодулаган экенсиң!– деген кишилер да болду.

Мына ушуга окшогон сөздөн кийин Абылкасым өчөшүп, атайы башкармалыктын ишине катуулап киришти. Анын үстүнө райкомдун секретары Кулов келди да, Абылкасымдын үйүнө жата конок болуп, колхоздун активдери түгүл, бүткүл ишке кол кабыш бергендердин баары менен көпкө (чогулушсуз) сүйлөшүп, Абылкасымды ээрчитип алып, үймө-үй кыдырып, согуш майданындагы жоокерлердин үй-бүлөсүнүн ал-жайын билип, мектептин ишин да текшерип чыгышты.

– Өзүң согуштан келдиңби?– деди Кулов Абылкасымга, бетине тик карап, элдин көзүнчө.

– Ооба,– деди Абылкасым, Куловго тик карап, кыпкызыл болуп.

– Ачка болдуң беле?

– Болгомун.

– Командованиени тилдедиң беле?

– Тилдегем.

– Эмесе мына бул эл сенин колуңда, бир полк солдат. Сенин колуңду, сенин көзүңдү карайт. Анын үстүнө өз элиң. Баарын билесиң. Солдат болуп жүргөн күнүңдү унутпа. Кимдин кабыргасын кайыштырган кандай кайгысы бар экенин билсең, биле алсаң, сүйлөшө алсаң эл башы менен жер казып берет. Жакшы командирдин милдетин камчы менен аткарбай, адамгерчилик менен аткарып, иштеп бергин,– деп далай насаат айтып, аягында,– эгер мурдуңду көтөрүп көөп, элдин зарын, элдин мүдөөсүн унутуп кетчү болсоң Совет элинин таалайы үчүн кан төгүп келген жакшылыгыңа карабайбыз, элдин алдында шермендеңди чыгарып, абийириңди күлдөй төгөбүз,– деген.

Ушул аңгемелешүүнүн ичинде мектептин директору, жаш мугалим Саадат да болгон. Саадаттын бу чогулушка катышкан башкы себеби: кийинки убактарда колхозчулардын арасына, артыкча катындардын арасына жаш кыздарды эмгек армиясына алып кетет имиш деген жаман бир сөз тарап кеткен. Кыздардын мектепке келбеген себебин мугалим текшерип барса, аялдар чынын айтпай, жашырып, жалгыз бой калдык, кызыбыз мектепте окугандан көрө, бизге кол кабыш кылып, оокат кылышсын деп, башка шылтоо таап, мугалимдердин айласын кетире башташты. Бирок Саадат аялдар, кемпирлердин арасында көп сүйлөшүп жүрүп, кыздардын мектептен качканынын негизги купуя себебин таап, ушу маселени райкомдун секретары Куловдун алдына койду.

Кулов таң калып:

– Бул укмуш качантан бери чыга баштаган?– деди.

– Жакындан бери,– деди Саадат, окууга келбей жүргөн кыздардын тизмесин райкомдун секретарынын астына коюп.

– Абылкасым, сен муну уктуң беле?– деди секретарь.

– Жок,– деди Абылкасым кыпкызыл болуп.

– Сен суроо берген сайын кыздай болуп кызарып отура бербе,– деди секретарь ачуусу келип кыпкызыл болуп чыңалып, кара сур өңү диртилдеп,– кыздай болуп кызарып отура бербе! Бул эмне деген каңырыш? Бул каңырыштын чоң каргашасы бар, билесиңби, чоң каргашасы бар! Душман каптап келатыптыр дегенден да бул жаман кабар. Балдарыңарды трудармияга алды, эми кызыңарды, болгондо да жаш кыздарды аскерге алат деген сөз. Бул кимдин сөзү? Бул соо кишинин сөзү эмес. Бул душмандын, ишибизге кара санаган кишинин сөзү! Бул шойкундуу сөздү чакканы келаткан жыландын башын кескендей кесип, жоюш керек. Эгер бул каңырыш чын болчу болсо, биз өзүбүз айтат элек. Секретарь болуп отуруп мен билбейм. Бул жок сөз.– Райкомдун секретары элдин алдында опурулуп ачуусу келип сүйлөндү да, анан ачуусун токтотуп, Саадатка жай баракат кеңеш берди.

– Сиз, карындашым, бул маселени эң туура, өз убагында койдуңуз, рахмат сизге. Эми бул тизмени жоготпоңуз. Үймө-үй кыдырып, Абылкасым менен бирге кенен сүйлөшүп, түшүндүргүлө. Жалгыз бойлукту шылтоо кылып, кыздарын окууга жибербеген ата-энелер менен жакшы сүйлөшүп туруп, натыйжасын районо менен райкомго жазыңыз. Бул шойкундуу ушак жеке силердин мектепте эмес, бүткүл жерде болуш керек. Биз болсо кыздардын окубай жүргөнүн капкайдагы жок себептерге такап, анык себебин билбей, аңырайып жүргөн окшойбуз. Карындашым сизге дагы, дагы рахмат. Сокур болуп жүргөн көзүмдү ачтыңыз. Мына, эл менен ушундай иштеш керек. Бир иштин жүрбөй жаткан себебин издегенде терең карап, туш-туш жагын казып көрүш керек, шылтоосун эмес, негизги тамырын табалы.

– Карындаш, сиз бу жердик эмессизби?– деди Кулов, Саадатка ичи имерилип, жакшы көрүп.

– Жок,– деди Саадат.

– Фамилияңыз ким?

– Осмонкулова...

– Кайсы жердensиз?

– Түптөн.

– Эмне бүткөнсүз?

– Педучилищаны.

– Аз экен.

– Аз. Дагы окуйм,– деди да, Саадаттын ак жүзү кыпкызыл болуп, Куловдун бетине карай албай, жер тиктеди.Анткени окуу маселеси алда качан талашка түшүп, өзүнүн да мойну, кандайдыр бир себептерден улам, көп жар бере бербей, арсар болуп жүргөн. Өзүн да, райкомдун секретарын да алдаганына уялып, секретарга тик карай албай турган. Секретарь болсо ошо замат Саадаттын ичиндеги жүрүп жаткан калп менен чындыктын талашын түшүнүп, бирок себебин табалбай, бир минутага токтоп калды; Саадаттын кайсы жолго түшүп кетерин билбей, тиктеп туруп:

– Жолдошуңуз барбы?– деди.

Саадат андан бетер кызарып кетти. Анткени күйөөгө тие турган болуп, араң турган кези болчу, күйөөсү да ушул айылдан эле, бирок азыр аны эч ким билелек.

– Жок,– деди да, Саадат өзүнүн ишин сүйлөй баштады.

– Эсиңизде болсун, карындаш, сиздин ийгилигиңиз өзүңүздүн жүрүш-турушуңузга жараша болот. Муну түшүнөсүзбү?– деди секретарь, Саадаттын сөзүн укпай.

– Түшүнөм,– деди Саадат секретардын эмне дегиси келип жатканын көп биле бербей.

– Түшүнүш бир башка да, аткарыш бир башка. Сизди кардар киши да токтотпойт, дагы... көз арткан киши да токтотпойт. Улуу иште уят жок дегендей, уялбай эле айтайын, карындаш, сиздин базарыңыз бир жүрүп берчүү болсо өйүз-бүйүздүн баары жарменке болуп кетиши мүмкүн. Мына ушундай жарменкеден сактанып, абийирдүү болуп жүрүңүз,– деди.

Бир көргөндө капкайдагы акыл-насаатты айтып капкайдагы түшүнүксүз туюк сөздөрдү сүйлөгөн секретарды ичинен жаман көргөн Саадат, уялып, жер карагандан башка жооп берген жок.

## XV

Саадат өзүнүн кыялы жагынан элден четтеп, коомайсынып кала турган киши эмес. Өзү ачык-айрым, киши менен бат коюн-

колтук алышып кетчүүлөрдөн болгондуктан, директорлук да, мугалимдик да Саадатка жарашып калды. Элге да бат алынып, бат эле айылдагылардын Саадат билбеген баласы эмес чоң кишиси калган жок. Кайсы үйдүн болбосун эшиги Саадатка ачык болду. Мына ушундай үйлөрдүн бири Бурул кемпирдин үйү болгон. Анткени, бул үйдүн бир кемпир, эки кыз, бир келинден башка эркеги жок болучу. Жакында абышкасы эмгек армиясына кетип, кемпир кыздары менен жалгыз калган. Абышкасы кеткенден кийин Бурул кемпир (бала кезинен ооруса кемпир эмдеп жүрүп кемпир атыгып калган Бурул кырктан ашалек болчу) кыздарды БЗУ деген бирдемесине алат имиш деген шыбыр-күбүрдү угуп, улуу кызы Шарапатты «чоочун» көздөн качыра баштады. Өзүнүн көзүнөн башка көздүн баары Бурулга чоочун көрүнүп, киши кирсе коркчу болгон. Абышкасы кеткенден кийин жалгыз бойлуктун азабын өмүрүндө биринчи тарта баштаган Бурул, чоңоюп бараткан кызы, келин Айша, мына бу сөз болбосо бул «азапты» тартмак эмес. Ким таратып, ким чыгарганы белгисиз болгон бул сөздөн кийин, Бурул, коён коркок болуп, өзүнөн өзү чүнчүй баштады. Мына ушундай учурда Саадат бул үйгө көп кирип, Бурул менен жакын болуп кетти. Кийинчерээк тамак-ашты да Саадат ушул Бурулдукунан ичип, ушунда жатчы болду. Бурулдун кичүү кызы Маарипат да Саадатка жакын болуп, эжекелеп жанынан чыкчу эмес (Маарипат төртүнчү класста, Шарапат жетинчи класста окучу). Саадат Шарапатты көрө элек эле, анткени энеси Шарапатты жаз алдында эле жылкы баккан жездесиникине чыгарып жиберген. Кыздарды бир жакка алып кетет имиш деген сөздү энеси какшап айтып, Шарапатты тоого эжеси Алмагүл качырып алып кеткен. Мектептин тизмесинде калып, бирок өзү жок Шарапатты Саадат издеп келгенде эжеси Шарапатты эмне себептен, ким кайда алып кеткенин ушу тыкылдаган Маарипат айтып берген, энеси аны билген да эмес. Чоңоюп бараткан кыздардын эмне үчүн мектептен качкан себебин Саадат ушундан улам билип, ушундан улам бу маселени районго жазып, өзү келип калган секретардын алдына да ачык койгон. Анткени кыргыздын кыздарын ФЗУга мобилизация катарында алар албасын

Саадаттын өзү да билчү эмес. Ал эми райкомдун секретары Куловдон бул маселе жөнүндө катуу буйрук алып, кандай болсо да бул ушакты төгүнгө чыгарып, кыздарды окууга кайта тартуу үчүн Абылкасымдын жардамы менен Саадат бул ишке катуулап киришип, баштаганда да биринчи Бурул кемпирден баштады.

Бир күнү кечинде үйдө тамак ичип огуруп, Саадат капысынан:

– Э Бурул эже, Шарапат кайда?– деп, сурап калды.

– Шарапат?– деди Бурул чочугансып,– аның ким?

– Кызыңызчы?

– Андай кызым жок,– деди Бурул кулүп.

– Кандай жок? Шарапат Молдокматова болуп мектептин, болгондо да жетинчи класстын тизмесинде жүрбөйбү?– деди Саадат, көзү менен күлүп, Бурулду тигиле тиктеп.

– Андай кызым жок,– деди Бурул, тамашалагандай.

– Ооба, бар, Шарапат эжекемди Алмагүл эжем жазында алып кеткен. Чоңураак кыздарды ФЗУга алат имиш дейт. ФЗУсу эмнеси? Мени да алабы, эжеке? Мен барбайм!– деп, Маарипат бир жагынан такылдап калды.

– Бас жаагыңды, такылдаган жерге киргир!– деди Бурул, кызын тыймамыш болуп.

– Анан эмне мени жалгыз коюп, эжекемди кетирип ийдиң? Мен кантип жалгыз жүрмөк элем? Атам аскерде, абам аскерде! (Бурулдун уулу да аскерде эле). Болбосо мен да аскерге кетип калам. Жеңем экөөң кал!– деди Маарипат такылдап (Маарипатты такылдак кыз дешчү).

– Аскерге дейби? Сени аскерге алып эмне кылсын?

– Такылдаган жерге киргир!– деди Бурул, эмне үчүн Саадат Шарапатты козгоп калганына чочуп.

– Ооба, кыздар деле согушуп жүрүптүр. Зоя Космодемьянскаяны окудум. Немистердин колуна түшүп өлүптүр. ФЗУсуна барбайм!– деди Маарипат тилин тартпай.

– Бас жаагыңды!– деди энеси,– бас капкайдагы шойкуңду баштабай! Балакеттин баарын окуйт!

– Азамат Маарипат, окубаганда анан,– деди Саадат, Шарапат жөнүндө бирөөнүн көзүнчө Бурул менен сүйлөшүүгө болбой тургандын түшүнүп.

Ушу түнү Саадат өз бөлмөсүн жаап, Бурул, Маарипат, Айша болуп, жерге төшөк салып, бир жатышты. Маарипат (болбой Саадаттын койнуна жаткан) уктагандан кийин Саадат Шарапаттын сөзүн кайтадан баштады.

– Шарапатты эмне үчүн окутпай койдуңуз, чыныңызды айтыңызчы, эже,– деди Саадат жумшак тил менен.

Бурул бир топко унчукпай, ойлонгонсуп калды да, анан туруп:

– Жанакы БЗУ дегени барбы? Ал кандай немеси болот? Ошого алат дегенин мектептен качырып жүргөмүн. А кепти да, кайдан угуп келгенин билбейм, эжем менен жездем айтып келишкен. Анан бу жерде деле айтып жүрүштү. Баарынан айрылып каламбы деп, коркуп жүргөмүн. Кудай жалгап, эжем тоого алып кетип, жаным тынды,-деди Бурул, Саадатка жашырын сыр айтып жаткансып шыбырап.

– Шарапатты эмне сурап калдың?– Бурул ичинде өз кызындай болуп калган Саадатты кандай сөзгө болсо да көндүрөм го деп турган.

– Шарапатты окутпайсызбы?– деди Саадат.

– О кайдан– деди Бурул,– кайдан! Заман ушундай бузулуп турганда эмненин окуусу. Жылкы багып, кой багып деле эл тың оокат кылып жүрбөйбү. Бирөөгө тийип, оокатын кылып кетер. Шарапатты окусун дебей эле кой, андан көрө мобу койнуңдагы такылдак кызды окутуп ал. Анын үстүнө Шарапат жоош. Окуунун деле өдөөсүнөн чыгалбайт.

Экөө тең бир топко унчукпай калышты.

– БЗУга алат дегени чынбы?

– Калп.

– Калп экенин ким айтты?

– Райкомдун секретары Кулов айтты,

– Кулов кууланып айткандыр,– деди Бурул Куловго да, эч кимге ишенбей.– Өкмөт кыздарды алып атыптыр деп элдин баары эле айтып жүрүшөт. Чүйдөн, Балыкчыдан, Көл башынан алып атыптыр. Сен уктуң беле?

– Жок, угалекмин,– деди Саадат, чынын айтып.

– Укпасаң угасың,– деди Бурул, өз сөзунүн чын чыгышына күмөндөр болбой.

Экөө кайтадан унчугушпай калышты.

– Эже, мага ишенесизби?– деди Саадат бир топтон кийин.

– Ишенем, садага болоюн,– деди Бурул, Саадатка ичи эзилип.

– Ишенсеңиз Шарапатты алдырыңыз. Укканыма караганда Шарапат жакшы окуган, өзү да салмактуу, мыкты кыз экен. Шарапатты алдырыңыз, эже. Кызыңыздын бекер убалына каласыз. Тилимди алыңыз. Жанакы сөздүн баары жок сөз.

– Таң, кагылайын, чочуп кетип эле жогол дебедимби,– деди Бурул, өз кылганына бушайман болгонсуп.

– Өзү маакул болду беле?

– Өзү кайдан. Ыйлап отуруп албадымбы... -деди Бурул үшкүрүп.

Шарапаттын сөзүн Саадат ушуну менен токтотту. Энесинин деле кабыргасы кайышып, бекер окутпай, тоого бекер жибергенин мойнуна алып турганын түшүнүп, Шарапаттын өзүнө кат жазмак болду. Жаза турган каттын мазмунун ойлонуп жатып, Саадат уктап кетти.

## XIX

Саадаттын ала турган күйөөсү Жантөрөев Муса институтта окуп жүргөн ушу жерлик жигит эле. Аскерге чакырылып, таптакыр жараксыз болуп чыккандан кийин окууну таштап, айлына келип, Саадатка үйлөнүп алды да, соода кызматына иштеп кетти. Иштегенде да өз айлына калды. Районго ишке чакырса да барган жок. Ал кезде Муса окшогон сабаттуу жаштар районго, район змес обласка да жетпей жаткан. Саадат экөө үйлөнүү жөнүндө сүйлөшүп жүргөндө сөздүн уңгусу таптакыр башка болучу. Азырынча Саадат иштеп, Муса окуй берип, андан кийин Муса окуусун бутүрүп, ал иштеп, Саадат институтту бүтмөк эле. Демек, бир бирине жардамдашып жүрүп окууну бүтүп алышмак. Окууну бүтүүгө бир жылга жетпеген мезгилде Муса баштапкы пландын баарын бузду да, маселени өзү айткандай чукул коюп, асы-

лып жүрүп үйлөнүп алды. Үйлөнүү менен окууну таштады. Башка кызматка кетпей, соода кызматына кетти. Иши кылып, Мусанын максаты – Саадаттын жанынан чыкпоо эле. Ушундан улам Муса менен Саадат жумшак тил менен айтышып да калды.

– Окууңду бүтүп алсаң болбойбу, Мусаке,– деди Саадат, Мусанын мойнуна колун артып, эркелеп. – Окууну бүтө берсең... мени болсо түбөлүк кылып алдың. Баякы сүйлөшкөндөр кайда?

– Баякынын баары эсимде. Бирок жаш үйлөнгөн зайыбыңды жалгыз таштап кетчүү болбо деп, мага бирөө айтты. Бирөө айтпаса деле сени жалгыз таштагым келбейт,– деди Муса, мойнуна артылган Саадаттын колун сылап.

– Мага ишенбейсиңби?– деп, Саадат моймолжуп, Мусаны тик карап,тиктеп калды.

Ушул учурда мына бу жоодураган коюлуңку көздөр, мынабу ак бетиңдеги кыргыздар энесинин талгагы канбай калыптыр дечүү күлгөндө чыккан майда чыбырлар, мынабу мапмайда кашкайган тиштер менен төгүлүп турган коңур саамайлар өзү бир жакка кетип, бир эле күн көрбөй калса Мусага бирөөнүн арам колуна түшүп кетчүдөй көрүнүп, «Ишенбейсиңби?» деген сөзгө түз жооп бералбай, ишенерине да, ишенбесине да көкөрүгүнөн күбөлүк табалбай, кыйналып турду.

– Анда эмесе экөөбүз тең окуйлу,– деди Муса,

– Мен маакулмун. Чала молдо дин бузар болуп жүрмөк белем. Мурун эле окуп кетет болчумун. Экөөбүздүн сүйлөшкөндөрүбүзгө карата иштеп кетпедимби, Эми кырк үчүнчү жылдын жайын күтүш керек. Ага чейин расход да камдап алабыз, мен жаным менен макулмун,– деп, Саадат кубангандан албырып турган бетин Мусага тоскон.

Муса Саадаттын бала жыттанган көкүрөгүнө башын сүйөп, көпкө жыттап, көпкө унчукпай турган. Ал ушул өзүнүн таалайына маарып гана тим болбостон, дагы ойлонуп, дагы ойго чайналып турган болучу.

«Биз экөөбүз эки институтта окуйбуз. Экөөбүз, балким, эки башка турарбыз, мейли, бир эле туруп... квартира алалы,– деди ичинен Муса, жүрөгүн бирөө бычак менен кескилеп жаткансып,

кыйналып,– бир турган менен экөөбүз эки башка жерде окуйбуз. Эки башка жерде!– деди кыйкырып жибере жаздап,– эки башка жерде эки бөлүнүп окуйбуз. Келин болуп жолу ачылып калган Саадатка ким көз артпасын? Ким асылып, кимдер чалма ыргытпасын? Биринин болбосо биринин чалмасына чалынып жыгылар... Жок... жок! Сени мен жалгыз таштабайм, таштабайм!»

– Ишенбейсиңби мага?– деди жоодураган коюлуңку көз.

«Кантип ишенбейин? Кантип... Бирок мына бу жоодураган көздөрүң неге коюлуңку тартып, эриндериң неге өптүрүүгө эптелишип баратат? Неге акырын энтигип, көкүрөгүң көтөрүлөт? Ак жүзүңө кан жүгүртүп, уялып, ийменип, кыйылып, кысталып, бирок бирөөнүн көңүлүн калтыргың келбей, моюн сунуп, ыктыяры менен болуп бергенсип, неге кучагыма жыгылып баратасың? Дагы «Ишенбейсиңби мага?» деп, сурап коёт. Неге мени кыйнап, ушу суроону бересиң? Өзүңдү өзүң билгиң келбейби? Көңүлчөөксүң, Саадат, көңүлчөөксүң... О-хо-хо-хо! Башкалар үчүн күн тийбес суук төрдөй болсо! Жалгыз гана өзүмдүн жазым, өзүмдүн жайым, өзүмдүн, өзүмдүн күн чубагым болсо!.. Эмне үчүн антип турууга болбойт? Мен эмне үчүн шектнем? Эмне үчүн Саадаттын суроосуна жооп бералбайм. Өзүмдү кыйнап, түпөйүл болом? Жок... жок! Саадатым аппак, аппагына жараша ичи да таза, ичи да аппак...»

– Ишенем!– деди.

Муса колуктусун бек кучактап, оозунан өптү.

– Ишенем,– деди Муса,– озүнүн ысып бараткан эриндерин Саадаттын эриндеринен тартып алалбай, лакылдап соккон жүрөгүн өз калыбына келтирүүгө алы жетпей,– ишенем, бирок жаныңан кетпейинчи макулбу, жаныңан кетпейинчи. Ажырашпайлычы... Бир күнү эмес түбөлүккө ажырашпайлычы? Мурунку пландан кечтим. Быйыл бирге жүрөлү да, эмдиги жылы окууга бирге кетели. Сенден аз эле күн ажырасам уям жат бирөөнүн жыты жыттанып кала тургансып сезилет...

Муса муңайыңкы күлүмсүрөп, Саадаттың көзүнө тиктеп калды.

– Ишенбейсиңби?– деп, Саадат суроону кайтадан берди.

– Ишенем... ишенейимби?– деди Муса, Саадатты кучактап туруп.

Ушул учурда Саадаттын сөзүнөн да көзү ишенимдүү эле.

– Ишен,– деди Саадат такалбай.

Муса Саадатты тегеретип, чарк айлантты, да, акырын кроватка жыкты; Саадаттын көздөрү моймолжуп, анан коюлуңку тартып, жумулуп кетти.

Мынабу сөздүн баары Мусанын үйүндө сүйлөшүлдү. Бул үй Мусанын өз үйү эмес агасынын үйү болучу. Бул үйдө Мусанын энеси, анын балдары бар эле. Агасы согушта болучу. Эми Саадат кайын энелүү, абысындуу болду. Бирок Саадаттын турмушка чыкканын ата-энеси, туугандары билген эмес. Ал эми кыргызда кыз берүү, кыз алуу, үйлөнүү, үйлөнтүү каадасы өтө кадырлуу орунда тургандыктан, уурданып турмушка чыгуу менен уурданып үйлөнүүнү кыргыздар айың кылып, калыңы болбосо да каадасы жокпу дешип, жаман көрүшөт. Жаман көрмөк турсун, кыздын ата-энесинин астына түшмөйүн кыз да, күйөө да көпкө катышалбай убара боло турганын Саадат менен Муса жакшы билсе да этибар алышпай, экөө баш кошуп алды. Кийин ыраазы кылып, катышып аларбыз деп, турмуштун өзгөрүп турган законуна жаштык кылып, баш ийишпеди,

– Э балдар, эшикке почточу келди,– деди Мусанын энеси тыштан.

Муса чуркап чыгып, эшиктен үйгө көпкө кирбей калды. Саадат акырын баш багып карады. Муса колуна бир кагаз кармап, энеси менен сүйлөшүп турган. Саадат дароо телеграфтын бланкасын тааныды; акырын басып барып, байкабай турган Мусанын колунан телеграмманы акырын тартып калды. Муса чочуп кетип, купкуу боло түшүп, телеграмманы колунан чыгарбай турду. Бирок, иш өтүп кеткен эле.

– Молдокем сыркоо окшойт, сени келсин дептир, – деди да, Муса телеграмманы коё берди (Молдоке деп, Муса кайнатасын айтып жаткан эле).

Саадаттын жүрөгү шуу дей түштү да, уят, шермендечиликтин кызылы бетине чачырады. Айтпай-дебей, тымызын күйөөгө чыгып алган Саадат ооруп жаткан, балким, өлүм астында жаткан атасына кайсы бети менен бармак.

Саадат чуркап үйгө кирип кетти да, кроватка жыгылды. Үн чыгарбай солкулдап, өпкөсүн тартып ыйлай берди. Болор иш болгондон кийин эми ыйдын пайдасы жок. Кандай да болсо чукул бир чара колдонуш керек болучу, Мунун баарын ыйлап жаткан Саадат да, эмне кылар айласын таппай калган Муса да, Мусанын энеси да билип турушту.

– Той кылып... атамдарды... чакырталы десе... сен болбой койдуң!– деди Саадат көз жашын көл кылып төгүп.– Эми эмне кылам? Кантип барам? Кара бет болуп кантип барам? Ким менен барам? Балапанча багып, чоңойтуп алдейлеген ата-энемди таштап, уруксат-жоопсуз эмне деп күйөөгө чыктым экен? Эми өлбөдүмбү, эл-журттун бетин эми кантип карайм?!.. Кантип жер басып жүрөм да, кантип элдин бетин карайм?

Саадаттын айласы кетип, туталана берди.

Бетинен нуру төгүлгөн, ак жуумал, чачы аппак, салабаттуу Мусанын энеси Тенти кемпир балдардын жаткан бөлмөсүнө жайбаракат кирип келди да, унчукпай төргө отурду.

– Жаман айтпай жакшы жок... Ишти чакчалекей кылып жүргөн өзүңөр. Эми ыйдын кереги жок. Муса, чуркап Абылкасымга бар. Мындай кырсык болуп турганда баары кечиримдүү болот. Кудайга да кечиримдүү. Айылдын аксакалынан бир-эки киши ал, Абылкасым болуп баарыбыз бүгүндөн калбай жөнөйлү. Кудайдан болуп кудам айыгып кетсе тоюңар болор, болбосо башында туруп кудамдын кара ашын беремин; ыйласак да, каткырсак да кудамдын башында бололу. Жетекте бээ, колдо акча болсун. Тур, камын!..– деди кемпир баласына.– Тур, балам, Саадат камылганды кыл!

## XX

Саадаттын ыйы басылып, Муса кубанып, Абылкасымды көздөй чуркады.

Абылкасым үйүндө план жазып отурган. План боюнча иштөөнү өз алдына биринчи милдет кылып коюп, колхозчуларды тартип, нускага көндүрүп, колхоздун ички-тышкы, бүткүл чарба жумуш-

тарын иретке келтирүүнү ойлонуп отурган. Бул план боюнча активдер кыскартылып, бүткүл күчтүн баары өндүрүш бригадаларына топтолууга тийиш. Малга, апийимге, эгинге бөлүнгөн кишилердин баары өзүнө бөлүнүп берилген аянттарды беш колундай билип, качан, кандай жумуш иштей турганын билиш керек. Мындан тышкары жайлоолорго салынып жаткан машинанын жолуна, колхоздун жайлоодогу кыштоосун куруп жаткан курулушка, курулуш үчүн керек болгон карагайды кесүүгө да киши бериш керек. Киши болсо жетишпей жатат. Баш көтөргөндүн баары согуш майданында. Эмгек армиясында. Азыр баарын согуш майданына жибериш үчүн өндүрүштү күчөтүш керек. Ага киши күчү жетишпейт. Кишини кантип жеткирем деп, Абылкасымдын башы маң болуп жатканда, почточу келип кат берди. Катты ачып окуй электе энтигип Муса кирип келди.

Абылкасым аба,..– деп, Муса шашылып, өзүнүн жумушун айта баштайын дегенде, Абылкасым Мусаны сүйлөтпөй:

– Отур, анан,– деди.

Өпкөсү көөп келген Муса томсоро түштү да, отуруп калды. Столдо отурган Абылкасым ачкандан коркконсуп, конвертти жыртып катты окуй баштады. Кат Кыдырбектен эле. Абылкасым майдандагы жолдошторунан кийинки убактарда көп кат алып жүргөн. Бирок Кыдырбектен биринчи алышы... Үйгө барганда күндө кат жазып, посылка жиберип, кылбаганды кылам деп көп убада берген Абылкасым майдандан келгени бир эле кат жазып, Кыдырбекти унутуп коё жаздаган болучу. Капырай, киши кыйынчылыкты, жакшылыкты бат эле унутуп коёт экен го, мен да жылкы кыял болгон экемин деп, кыпкызыл болуп, Абылкасым уялып кетти. «Мен эч качан согушту, согушта жүргөн жолдошторумду унутпайм го дедим эле,– деди Абылкасым, ичи ооруп кыйналып,– эми катын-балам койнумда, кардым ток болуп, семире баштагандан кийин баарын унуткан экенмин да... Уят, шермендечилик! Же колхоздун иши менен колум бошобой, түйшүк көбөйүп, канды бирге төгүшкөн жолдошторду эстөөгө чолом тийбей калдыбы? Жумушу көбөйгөн киши эле баарын унутуп калат бекен?»– деди да, катты окуй баштады.

«Курбум, агам Абылкасым,– деген экен Кыдырбек, токтолбой шар жазган кол менен,– сенин катыңды алдым. Согушта жүргөн, госпиталда жаткан кишиге кат деген эмне экенин го өзүң билесиң... Кудуңдап сүйүнүп калдым. Мен болсом жакшымын. Жолдоштордун кайда экенин билбей, маң болуп турган кез. Согуш болсо күндөн-күнгө күчөп баратат. Азыр кимдин оозунан сөз чыкса: Сталинград! Түйүн ушу жерден чечилет окшоду. Мен жакында ушу багытка бет ала тургамын. Өзүмдүн дивизиямды жоготтум, жоготконум жок, бирок дивизиянын кайда экенин билбейм, ошондуктан ага кантип кошулам? Ушу кымкуутта кайдан тапмак элем? Бир жагына айдайт да. Менин эки энем менен атама көз салып жүрөгөр.

Иним бар эле, а да аскерге кетиптир, абышка-кемпирлерим опулдап жаткан окшоду. Айыл, эл кандай? Өзүң эмне кесип кылып жатасың? Кат жазып тур».

«Катты Кыдырбек өтө суз жазыптыр, тарынып жүрсө керек,– деди ичинен Абылкасым,– тарынса тарына турган жөнү бар, мен акмак болуп көөп кетпедимби! Азыр отуруп кат жазайын, кой, баарын таштап, кандуу майданда туугандан жакын болупкалган жолдошторума кат жазайын. Мына бу бала эмне шашып келип отурат? Согуш болуп жер күйүп, эл башына кырсык түшүп турганда же аскерге барбай, же окубай, катын алып, арак ичип, эсирип жүргөн бу бала эмнеге келди? Коё тур, балам, сени да өгүздөй кылып ишке чегермин!» деди да, Муса отурган жакка бурулуп:

– И, жол болсун, мырза? Эмне шашкалактап жүрөсүң?– деди, Мусаны тигиле, сынай карап, жерге түшүп кеткен ичигине оронуп.

Абылкасымдын арык чырай кара тору келинчеги Канымбүбү плитага от жагып коюп, Мусанын астына нан, чай коюп жаткан эле. Балдар маңдайкы бөлмөдө чурулдап ойноп, тыш суук болуп турган. Абылкасымдын дароо сүйлөшпөй койгонуна Мусанын ызасы келип, шок тили кычышып, теңтуш чалыш жаңы башкарманы бу да баятан бери тооруп, бат эле кыял күтүп калган экенсиң деп, шакаба кылганы турган. Бирок негедир, Муса Абылкасымдын ачуусун байкап, шойкунун таштап, бал тилге салып,

өзүнүн башына түшүп турган кырсыгын айтты. Абылкасым көпкө Мусаны карап туруп калды. Ансайын Мусанын кабагы бүркөлүп, Абылкасымга жини келе баштады.

– Саадаттын күйөөгө чыкканын тигилер билеби?– деди акыр аягында.

– Билбейм.

– Анан кантип барасыңар?

Муса энесинин акыл-кеңешин айтты;

Абылкасым:

– И-и...– деди да, кайта тим болду.

Муса Абылкасымды жаман көзү менен бир топко тиктеп турду да, жооп болбогондон кийин ыза болуп коё берди.

– Эмне эле и-и дейсиң? Атайы алдыңа келсе уйча эле ыңырап, ит катары мамиле кыласың? Барбасаң барбайм деп чорт эле кесип айтпайсыңбы? Барасыңбы, жокпу?– деди Муса, жини келип.

– Сен эмне, айтышканы келдиби? Барсам-койсом өзүм билем, сага, милдеттүү белем?– деди Абылкасым салмак менен жай, терикпей.

Муса отургай ордунда тыбырчылап кетти да, бирок ачуусун тышка чыгарган жок. Абылкасым күйпөлөктөп турган Мусаны кош-көңүл тиктеп тура берди.

– Өзүң комсомолсуң,– деди Абылкасым, өзүнүн кош-көңүл калыбын бузбай.– Өзүң комсомолсуң, комсомол болгондон кийин өз билгенин кылып, чакчелекей салып жүрө берет бекен? Сен эмне үчүн окубай, бу жерде сода кылып басып жүрөсүң? Сен эмне, соода мектебинде окудуң беле? Же соода кылып жүрдүң беле? Өзүңдүн келгениң ырас болбодубу, сүйлөшүп алалы,– деди да шашпай тамеки күйгүзүп, орундуктан жерге түшпөй, жай баракат тамекисин түтөттү.

– Мен сенин насаатыңды угайын деп келгеним жок,– деди Муса, жаны кейип.

– Шашпа, шашпа, баатыр,– деди Абылкасым бир калыпта, жай баракат.– Шашпа, кичине сабыр кыл, мен сага акыл-насаат айтууга кудуретим жетпейт. Сенин акылың да, билимиң да меникинен өйдө турат, жашыбыз тең болбогон менен экөөбүз тең-

туш элебиз, кече эле жакында келинге бирге барып жүргөнбүз, эсиңдеби?– деди Абылкасым күлүмсүрөп. Абылкасымды карабай жини келип, жер тиктеп отурган Муса бырс күлүп жиберди да:

– Жеңемен уялсаң болбойбу!– деди.

– Жеңенин эмнесинен уялам? Бул болгон кеп да. Мен жок болсом жеңеңди жеңе деп сыйлабай, койнуна келмексиң.Ушундай болуп бараткан турбайбы! Жок, аны койдум, ал тууралу башка жерде сүйлөшөбүз. Бирок сенин бул жүрүшүң мага, жолдош, жаккан жок. Үйлөндүң, комсомолчо бир жолдошторуңду чакырып, жакшылыктуу тоюңду да көргөнүбүз жок. Макул, той бербей эле кой, азыр заман бузулуп турат дегендирсиң, бирок заман бузулуп баратабы? Жок, заман бузулбайт, баары өз калыбына келет. Бирок аял дегенди сыйлоо керек. Саадат эмне, сенин ойношуңбу? Эл-журтка болбосо да, ата-энесине айтып, бирөөнүн баласын алып жаткандан кийин, алардын да ыраазылыгын алып туруп үйлөнбөйсүңбү? Же ата-энеси калың сурайт деп чочудуңбу? Тирүүсүндө кайнатаң менен сыйлашпай, өлүп жатканда кара ашына бээ жетелеп барасыңбы? Дагы өзү эмес, азага баргансып, баарыбыз барат имишпиз. Муну энең айттыбы? Энең андай акылдуу болсо, ал акылын мурун эмне айткан жок? Мурун эмне эки балабыз баш кошуп алыптыр деп, силер уялсаңар, каадасын кылып, өзү барган жок?

– Биз ошого өкүнүп, алдыңа келип отурабыз. Сенин баякы келинге барчу шайтаның кагылып, эл атасы болуп калды деп келдим,– деди Муса, «эл атасы» дегенди какшык менен баса айтып; Абылкасым какшыкты түшүнүп, кыялы катуу кишинин оор жылмайышы менен акырын мурутунан күлдү.

– Байкап сүйлө, мен эл атасы эмесмин!

– Ата болбосоң да эл сага келет.

– Болуптур,– деди Муса кагынып ордунан туруп,– болуптур, акыл-насаатыңды катып алалбадым, чөнтөгүм жыртык!– Муса эшикти көздөй басты.

– Токто, токто!– деди Абылкасым, да ордунан туруп,– Токто! Эл атасы деп какшыктаганың менен Саадат биздин айылдын келини болуп калды, болгондо да тим эле келин эмес, мектебибиз-

дин директору, мугалим. Айылыбыздын абийирин чогуу коргошубуз керек. Сага окшогон чалды-куйду болуп жүргөн бирөөгө өчөшүп отурмак белек. Кайнатаңдын көзү өтүп баратса да төшөгүнө барып жыгылып ыраазылыгын ал. Кызын көрүп, сага окшогон жаман күйөө баласын көрүп, ыраазы болуп өлсүн. Баралы, чогуу баралы, э Канымбүбү!– деди да, Абылкасым кийине баштады.

## XXI

Молдоыбырайым кемпири менен, кемпири келини менен жарашып, Сапарбектей неберелүү болуп жыргап жатканда кичи уулу Жапардын кара кагазы келди. «Кара кагаз» деген согушта өлгөн же дарексиз жок болгон киши тууралу командованиенин жазган билдирүү катына кыргыздар койгон ат болучу. Кара кагаз деп аталган себеби: бул кат салынган конверттин чети кара кыйыктуу келип, алда кайда таанымал болгондуктан аны элдин баары билүчү. Ошондуктан бу кат келер менен почточу бу катты каттын ээсине бербей, башкармага, сельсоветтин председателине же активдердин бирине берүчү. Молдоыбырайымга келген кат колхоздун башкармасы Жайнакка келип тийди. Анын үстүнө бул кат Молдоыбырайым турган айылга биринчи келиши. Ошондуктан бу катты ким ачып, ким даап Молдоыбырайымга окуп берет деп, Жайнак өзүнүн конторуна кеңеш курду. Бирөө карып өлөт, бирөө жаш өлөт, бирөө төшөктө өлсө, бирөө жоодон окко учуп өлөт, иши кылып өлүм баарыбызга ак деп, көңүл айтчу сөзмөр эски кишилерди чакырып алды. Баласы, тууганы, жакыны согуш майданында болбогон боору бүтүн киши аз болгондуктан, баарынын тең башы шылкыйып, баарыбыздын тең башыбызга келе турган иш болду окшойт, каранкалгыр деп, угуза коёюн деген баатыр киши бат эле четтен чыга калган жок.

– Боронзодогу кызына кабар бергиле, кызы келгенде тосуп туруп угузалы,– деди абышкалардын эң картаңы, тиши жок Бердибай.

– Камбараалы, Чотур деген да туугандары бар, буларды кантесиңер? Жылкыдан келише алар бекен?– деди Жайнак.

– Сен башкарма эмессиңби, киши чаптыр,– деди Бердибай.– Сулайманга кабар кылбасаңар да таарынат. Э, мына, селсовет да келди; өлүктүн чайпайы болот. Муну да сүйлөшкүлө.

Сельсоветтин төрагасы кара чаар келген залкыйган чоң киши Мамбет, чоң ичиги менен эшиктен батпай, туурасы менен кирди. Сельсоветке караган колхоз көп болгондуктан Мамбет мындай кара кагаздын далайын көрүп, далай кишиге угузган болучу. Жүзү майланышкан Мамбет тултуюп унчукпай угуп отурду да, эл сүйлөп бүткөндөн кийин корулдаган жоон үнү менен жай сүйлөп:

– Ата мекен үчүн өлгөн жоокерлерди, өз үйүбүздө өлүп, өз айылыбызга көмгөндөй кылып, кадыр-сый менен салтанаттуу өткөрүшүбүз керек,– деди,– Молдоыбырайым кемпир, келини менен калкоздо жаштардан кыйын иштеп келаткан белдүү киши, колхоздон бир кой, бир центнер ун бергиле, кандай дейсиңер, аксакалдар, эл макул болобу?

– Эл макул болбогондо! Эл макул болбогондо!– деп, эл чурулдап жиберишти.

Фрунзеден Жамалкан, сырттагы Чотур, Камбараалы, Сулайман келип, Молдоыбырайымдын уулун 22-ноябрда угузушту.

* * *

Жамалкан эс тартып чоңойгону өлүмдүн кайгысын биринчи тартып, турмуштан биринчи жолу согуу жеди, Жаш бала кезинде жакындары, туугандары, өз энеси өлгөнүн элес-булас эстеп, ыйлаганын, өлүктөн өз жакындарынын өлүгүнөн корккону чала-була билүчү; бала кезинде өз жакындарынын өлгөнүнө ишенбей, өлөт деген эмне, эми кайта келбейби?– деп, чоңдордон кайта-кайта сурап, өлөт деген эмне экенине такыр түшүнчү эмес. Жакын кишилери көпкө кайта көзүнө көрүнбөй, аларды сагынганда гана, өгөй энесинин тилин угуп, таягын жегенде гана ыйлап, жакшы көргөн кишиси эми экинчи келбей турганына көзү жетип, бара-бара түңүлгөн болучу. Мына эми өзү эс тартып, Жаманкулга кошулгандан бери өлүмдүн кайгысын унутуп, ырсалактап эркелеп, экинчи ыйлап, экинчи өлүмдүн мүңкүрөткөн кайгысын тартпачудай бо-

луп жүргөн. Жамаңкулдун согушка кетишин деле өлүмгө кеткендей сезбей, өзүнүн жалгыз, эри жок калганына капа болуп, жалгыздыктын, эри бир жакка кетип өзү жалгыз калган аял оокаттиричиликти өзү кылып, түйшүктүн баарын өзү тартарын туюп, турмуштун кыйынчылыгын эми гана сезе баштаган болучу. Бирок өлүмдү ойлой элек эле. Жамалканга анын күйөөсү, өзү да өлбөчүдөй көрүнүп, өлүм деген нерсе карыга, болбосо атайы өлүүчү кишилерге гана келе тургандай сезилүчү. Жамалкандын бул балалык кыялын иниси Жапардын өлүмү таптакыр чачып, Жамалкандын көзүн ачты. Кайта келгис, инисин дагы бир көрүп, өзүн эмес өлүгүн көрүп, кучактап ыйлап, бетинен өпкүсү келди. Өзү мушташып чоңойгон инисинин тирүү элеси көз алдынан кетпей, күнү-түнү ойлонуп, Жаманкул да, өзү да өлүшүнө көзү жетип, эми Жаманкулдан, өзүнөн корко баштады. Өзү да өлүп, Жаманкулда өлүп, балдары өзүнө окшоп жетим калып, көрүнгөндүн колунда сандалып калчудай болуп көрүндү. «Ах, турмуш, турмуш!– деди өзүнчө Жамалкан,– жашоо мынчалык азаптуу болсо жашап эмне кереги бар?»– деп, ошо замат атасынын кимдир бирөөнүн өлүмү жөнүндөгү сөзүн айтып жатып: «Не жараттың башында? Не албадың жашымда?»– деп, ошо кишинин кудайга наалып айтканын эстеди. «Чын эле, неге жаралдым да, неге эми жаралышымдын азабын тартып отурам?»– деп, өзүнүн турмушка бекер жаралганын, өзүнүн турмушка керексизин, жашап да кереги жоктугун эми гана түшүнгөнсүп, таптакыр бошошуп, тирүүчүлүктүн эч кандай татыгы жок болуп кетти.

Ушундай капкайдагы ойго чайналыл кроватта жатканда Салийма менен Солтонкул келди. Күн кечкирип калган. Салийма Жамалкандын капкайдагыны ойлой берме адатын билет. Ал эми инисин уккандан бери андан бетер жаман болорун билип, Жамалканды жалгыз таштабай, күндө келип тура турган болгон. Анын үстүнө көңүл айтып келгендер да көп болуп, Жамалкан Салийма болбосо, эмне кыларын билбей жүдөмөк. Бермет болсо сабактан бошору менен чуркап келип, каралашьш жүрдү. Жамалкан кишинин кишиге ушундай кыйынчылыкта кандай жардамы тиерин, өлүмдүн кайгысынан да каадасы кыйын экенин

ушу сапар жакшы түшүнгөн. Өлүк үстүндө өлүк ээсинин жалгыз болушунан кыйын азап болбосун эми билген Жамалкан өзүнүн жолдошторуна ыраазы болуп, эмне деп алкыш айтарын билбей жүргөн.

Салийма менен Солтонкул кирип келер менен булардын тилдешин билип, ордунан тура калды. Бирок Жамалкандын ички оюю, сырткы кебетесин бузуп, түктүйтүп турганы Салиймага дароо билинди.

– Эшикке киши келди, Асан зайыбы менен,– деди Салийма.– Эми ыйлаганды кой. Молдокемче кайратың жок. экен. «Балам эл четинде, жоо бетинде өлдү...» деп, кайгысын сыймык менен жууп отурбайбы. Бол!– деп, Салийма үйдү жыйнаштырып жиберди. Салийма Молдоыбырайымдыкына да Жамалкан менен бирге барган эле...

Асан зайыбы Зина менен кирип келгенде Жамалкан эмне кыларын билбей, чебеленип кетти да, Зинанын мөлтүлдөгүдөй көз жашын көрүп, өзү да көзүнө толтура жаш алып, эриндери эмшиңдеп турду. Бирок булар Асан менен (зайыбы улуу болсо да) илгертен тааныш, курбу-курдаш болуп жүргөн кишилер. Ошондуктан ортодогу өлүмдүн салган коомайсыздыгы бат эле тарап, Солтонкул менен Асан, анан Салийма менен Зина күлкү салып, Жамалкандын көңүлүн улашты.

– Силер жок болсоңор такыр өлмөк экемин жана турмуштан, тирүүчүлүктөн жадап отурдум эле,– деди Жамалкан муңайыңкы күлүмсүрөп.

– Жерге кир десе,– деди Салийма, чырпыгы сынса-сынсын, чынары сынбасын дегенди го билесиң, (Жамалкан билчү эмес) Жапар жапжаш сүт бойдон кетти. Эми чынарыңдын амандыгын тиле. Кокустан Жаманкул бирдеке болуп кетчү болсо ошондо жинди болуп, ошондо тентийсиң!

– Коркутпачы!– деди Жамалкан, ичиркенгендей, жүрөгү шуу дей түшүп.

– Коркутпай эле чынын айтып жатам. Киши деген жамандык менен жакшылыкты бирдей алып жүрүш керек, – деди Салийма, даанышмандарча.

– Алда чилистен окугансыган түгөнгүр ай!– деди күлүп карачаар Асан, өзүнүн баякы тамашасына салып. Деле жетимишке кирген кемпирче сүйлөйт, чечен, чечен! деди, кыткылыктап.

– Асыл таштан, акыл жаштан деген ошол,– деди Солтонкул. Салийманы шылдың кылып,– акылы ашып баратпайбы!

– Бир тобуңардан акылдуу элемин,– деди Салийма, өчөшкөндөй күлүп.

– Акылдуу болом деп «акылдын азабын» тарткандар да бар,– деди Асан.

– Грибоедов 19-кылымды жазган, мени жаза турган жыйырманчы кылымдын жазуучусу болуш керек. Мен өз эрки өзүндөгү аялдарданмын, өз акылымды бирөөгө таңбайм,– деп шылдыңга шылдың менен жооп берип, Салийма моюн бербеди.

– Эркиндик десе оюна келгенди кылып, оозуна келгенди сүйлөй берген аялдар көбөйүп кетти, ошонун бири сен болуп турасың э!– Асан өзүнүн зайыбы Зинага тийгизип сүйлөп жаткан эле. Зина толугунан келген, каратору, сүрдүү, Асанды тизгинден бек кармаган, мүнөзү катуу, төрөбөгөн аял.

– Көбөйсө көбөйтүп жүргөндөр бардыр, биздики адамгерчиликтен ашык кетпеген эркиндик. Анык эркиндик иштебеген, эрине тамекиден башкага акча бербеген аялдардыкы, мен эмне? Мен эркектер менен кошо иштешем, өз билгенимди кеңешип туруп, кылам, чоёңдоп башым ооган жакка басып кетпейм, ошондоймун, э, Солтоке?– деп, Салийма күлбөй, бирок күлкүсү келип, Солтонкулду тиктеп калды.

– И, ошондой эмей!– деди Солтонкул, элдин каткырыгына кошулуп, ыкшып өзү күлүп.

Салийманын бул какшыгы буга асыла баштаган Асан менен Зинага тиешелүү эле. Зина иштечү эмес, Асан акча кармачу эмес. Асан муну сезип, адатынча кызарып кетип, уялганын зайыбына билгизип койду. Зина ошо замат сумсаңдай түшүп:

– Салийма өзүнүн кылыгын айтып жатат, тили да кыйын болуш керек,– деди Зина, күлсө да ичинен териккени айкын билинип.

– Соёт,– деди Солтонкул, элди күлдүрүш үчүн.

– Соёт туура, кээде күндөп-түндөп үйгө жолобой, менин ачуум тараганда келет,– деди Салийма, чынын айтып жаткансып, мостоюп.

Жамалкан каткырып күлдү. Анткени Салийма менен Солтонкул урушчу эмес, Зинадан тил угуп таарынып, талаалап кетчү адат Асанда бар болчу; Салийманын бул сөзү түптүз барып Асан менен Зинага тийди.

Мунун баары Салийма менен Солтонкул, Жамалкандар үчүн өз ич ара тамаша, шылдыңдашуу эле. Көңүл айтып келген Асан менен Зинага бул сөз катуу тийип, Зина ачуулана баштаганда Бермет алдыга чай коюп, Мырзабек салам айтып кирип келди. Зина Мырзабекти жаман көрө турган, анткени жаш болсо да Асан менен тамашалашып, кээде бирге ичип, Асанды элден калган жеңемдин күйөөсү деп шылдыңдап жүргөнүн Асандын өзү зайыбына айтып койгон болучу.

– А, колукту издеп жүргөн жигит келди,– деди Солтонкул кубанып. Мырзабек көңүл айтып мурун келип кеткен эле.

– Ушу көзү тостойгон сары немеге ким тийсин?– деди Зина тишин ырсыйтып күлүп.

Зинанын жаман көрүп, сүйлөгөнүн Мырзабек дароо түшүнүп, Асанды карап койду да:

– Туура айттыңыз, жеңе, мен да ошого күйүп жүрөм, анткени так мага окшогон жамандарга бат тиет экен, тийгенде да көп ит жугунду ичкен ит аяктай болгондору тиет экен, айла жок, тагдырга баш ийип тим болот экенсиң, куданын кудурети!– деди Мырзабек, күлүп да койбой.

Бул тамаша эмес катуу, каккандык, мындай шылдыңга кайгысы бар кишинин үйүндө күлүүгө мүмкүн эмес эле; бул шылдың отургандардын баарына уят көрүндү. Бермет, кулагын жапыргансып ашканага кирип кетти. Уятыраак тамаша кылганын Мырзабектин өзү да сезип, эмне кыларын билбей кетти да:

– Бугүн мага да паёк, паёк менен кошо бир бөтөлкө арак берди, анын үстүнө капа да болуп турам: Качике агам жарадар болуптур,– деди.

– Жарадар болгонго да капа болобу? Өлгөнгө капа болот!– деди Зина, мурунку бойдон тек турбай,– Качикеге киши кантип капа болсун. Ошо кайсы киши эле!

Элдин баарына сын тагып, өзүн элден акылдуу көргөн, эч кимди жактырбаган каадалуу бул аялдын ушу сөзүн уккан кишинин жүрөгү үшүгөнүнөн да таң калышы мүмкүн. Элдин баары сыртынан жакшы көрүмүш болуп: «Жеңе-жеңе» деп, ичинен жаман көрөрүн эстүү Зина биличү, ошондуктан көпчүлүккө да катышчу эмес, катышкан жерде какшык менен гана отура турган. Бирок канча кылган менен да бул аялдын тилинен коркуп, эч ким көзүнчө шылдың кылалчу эмес. Өзү да бирөө тийишпесе, көп кагып сүйлөшпөйт. Ал эми азыркы сүйлөгөнү чектен ашып кетти. Качике канчалык жаман болсо да аны мынчалык жаман көрүп, анын өлүмүн тилеш өтө чекилик эле. Муну отургандар жактырган жок. Мырзабек болсо таң калмак турсун кыжыры келип, каңырыгы түтөдү кала берсе Качикени аягансып кетти.

– Жеңем күчүгүнөн башканы жаман көрөт окшойт,– деди да, Мырзабек, эч кимди карабай, арактын оозу менен алек болуп, күчөгөнсүп, сапсары өңү кызарып кетти.

– Кана, Асаке, жеңелер,– деди,– Мырзабек бир рюмкага өзүнчө куюп,– кана согуш майданындагы биздин жолдоштордун ден солугу үчүн ким ичет? Мына мен ичем!– деди.

– Асан арак ичпейт,– деди Зина.

– Асакем Зина жеңемин ден соолугу үчүн ичер,– деди Мырзабек,– же өзүңүздүн ден соолугуңуз үчүн да ичирбейсизби?

– Ичсин, ичсин, ичели. Майдандагылардын ден соолугу үчүн ичпегенде!– деп, Солтонкул, Салийма, Жамалкандар да кичинекей рюмкаларды толтурушту.

## XXII

Бермет жатаканасына бир башкача ой менен кетип баратты. Баятадан берки бу жерде угуп отурган сөздөр Берметтин кулагына кандайдыр бир жат угулуп, көңүлүн жипкиртти. «Эмне үчүн улгайып калган кишилер капкайдагы кычы сөздөрдү сүйлөшүп, ичинен бирин-бири жаман көрүшүп, сыртында аны жашырып, билгизгиси келбей, бирин бири алдап кууланышат?– деди өзүнө-өзү Бермет.– Эмне үчүн? Алдабай чын сүйлөшө албайбы? Анан

сүйлөшкөн сөздөрүнүн да нугу жок. Пикир да жок. Көңдөй. Чоң эле катын болуп калган Зинанын айтканычы? Ушу сөздү ким оозуна алсын? Мен Качикени эжемкинен көргөмүн жылдыздуу, жаркылдаган бала кыял жигит көрүнгөн, Калыбы, Зинаны Качике жаман көрүш керек, аны Зина билгендиктен ушу сөздү айтып жатат. Киши менен катышпаган, эч кайсы жерде иштебеген, бирок иштеген аялдардын баарын жаман көргөн Зина булардын жолдошторунун эң жакшысын темир торго камагандай кармап отурса, же билими, же адамгерчилиги жок болсо, Асандын жолдоштору Зинаны жаман көрө тургандыр, аны алакөөдөн Асандан айттырып билип алган Зина Асан менен баш кошо калгандардын баары менен жоолашат көрүнөт. Мына, өз таалайын издегендин ордуна дагы бир эгоист, макоо аялга жем болгон эркек! Мына, митедей мизилдетип, жерге төгүлгөн бүрөөнүн канын соргон дагы бир аял! Эмне үчүн үйлөнүшкөн? Эми аялдын таш боор аяры жүрөгүн канатканда эркектин ала-көөдөнү үйүнө түнүбөй, безип жүрөт. Бул аялдан кеталбайт! Качике да, Асан да арбагаң уу тилдин бийлигинде. Байкуштар! Кишинин боору ооруйт. А тиги Мырзабек ким? Билимдүү, ичинде арамы жок, бирок жаман көргөн кишисин какшык менен соё турган, кишинин жакшы-жаманын, алыстан байкай турган жигит көрүнөт, Түрү суук экен. Өңүнүн эмне кереги бар? Кишинин асыл, кымбат жаны өңүндө эмес, көкүрөгүндө. Өңү да, көкүрөгү да сууктар бар, өңү суук, көкүрөгү асыл кишилер да бар; биздин кыздар биринчи кишинин өңүнө карап кетип, жаңылып жатпайбы! Эркектерчи? Эркектер андан бетер! Киши издебей, өң, издеген кишинин баары акыры бир өкүнбөй койбойт окшойт. Ушу түрү суук Мырзабекте кишини өзүнө тартып турган бирдеме бар, азыр мен анык билип, мен байкай албаган бирдеме бар. Мен жакшы көргөн бирдемеси бар. Ошол «бирдеме» мен бир көргөндө билинди, бир көргөндө өзүнө тартты... Бирөөнүн көз жашы менен жашап, бирөөнүн каны менен тоюнуштун эмне кереги бар? Мен антпеймин! Жок, жок, мен антелбайм. Бирөөнүн таалайынын кереги жок. Мен өз таалайымды өзүм табышым керек. Зинага окшоп бирөөнүн акчасына, даңкына карап сүйө да албайм, тие да албайм. Бирөөнүн таалайына кызыккым да келбейт, бирөөнүн таалайына

көз арткым да келбейт. Мен кандай киши болор экемин? Өзүмдүн таалайымды эң эле бийик көрөм. Кудай ай, ылдый тоголонуп, ойдуңга түшүп кетпегей элем? Өзүмө киши жакпайт, көргөн, сүйлөшкөн кишилерим таптакыр жакпайт, кишинин эң жаманы мен болуп чыкпагай элем? Кыз кезинде бары жакшы, жаман катын кайдан чыгат?– дешет. Мен катын болгондо кандай киши болор экемин? Ушу мен да катын боломбу? Катын болот деген эмне?.. Кыз белгиси кеткенден кийин эле катын болуп лакылдап кала береби? Уяты кетип, бети ачылып, таркылдап калабы? Кыз деген бетке туткан жалган бир парда экен го? Пардасы кеткенден кийин нар жагынан түрү суук, тили суук, таркылдаган бир ажаан катын чыга келет экен го? Жок, жок, мен антелбайм. Андай болгум келбейт. Кыз кезимде кандай болсом, келин болгондо да, кемпир болгондо да ошондой болом. Кемпир болгондо? Ошо кемпир болгондо какшаган какбаш деп бирөөдөн тил укпагай элем?, А... дагы бирдемеси бар. Жаман катын, жакшы катын болуш эрден дейт. Эри жакшы болсо, жаман катын жакшы. болуп кетет имиш. Эри жакшы нечен жаман катындар жүрөт, булар эмне жакшы болуп алышпайт? Эринин акчасын ичип, кийинип, ага ыраазы болбой, башкага көз кысат экен, көз кысканда да жакшы катын деген сулуулары... И... бетим, бетим! Күйөөсүн жакшы киши кылыш үчүн катын эмне кылыш керек? Баарын кечирип, баарына сабыр кылып, чыдап, өзүн-өзү курман кылыш керекпи? Же катынды жакшы кылыш үчүн эри баарын кечирип, баарынан кечип, жалгыз катындын көзүн карап, өзүн курман кылыш керекпи?.. Эри жаман болуп катыны жакшы болсо эрин жакшы кылам деп, катьны эрине сын тагып, эри жакшы болуп, катыны жаман болсо катынына жакшы кылам деп эри катынына сын тагып, кээде тилдеп, жемелеп, кордук көрсөткөн болбойбу? Ушу кантип теңдик болсун! Эрди-катын бирине-бири кошумча, атам айткандай, эриш-аркак жолдош, курдаш да. Бул эң туура. Анткени жолдош, курдаш, болгон киши гана бирин-бири колдоп, бирине-бири көмөк берип, биринин билбегенин бири айтып, ортосу ажырабай, бүтүн, жиксиз болуп турат. Турмуштун кандай кыйынчылыгында да экөө кол кармашып, бирин-бири жөлөп, бири-биринин көңүлүн көтөрүп,

кандай гана азап болбосун бир көтөрүшөт, бир-бирине күйүмдүү болушат; бирин-бири жалгыз таштабай, бирин-бири жогорку даражага көтөрүшөт. Сүйүү деген да ушу болуш керек. Кишинин өзүндө, дээринде болбосо, кишини киши сүйрөп жүрүп киши кылалбайт. Бирок ар бир кишинин озунө ылайыктуу сапаты, жөндөмү бар. Тилек, максаты бар. Тилек, максатсыз киши ар кимдин жетегинде жүрүп өмүр өткөрөт. Ал өзүмүн эмне тилегим, кандай максатым бар? Мен ким болом? Бирөөгө катын боломбу? Катын элеби? Менин да максат, тилегим бар. Катын эле болуп, бирөөнүн кызматын кылып, бирөөнүн көзүн карап, алда кимдердин кумарын жазып, ар кимдин көңүлүн улап жүргүм келбейт. Жок, жок, мен бирөөнүн кумарын жазган гана катын болалбайм. Мен жалгыз гана бир кишинин, сүйгөнүмдүн, жан менен сүйгөн жалгыз бир кишинин жары болом...»

## XXIII

«Катын болом...» дегенде уяттын кызылы бетиие тээп чыгып, Берметтин бүткөн бою от болуп күйүп келатты, «Бетим, бетим!.. Мен эмне деп дөөрүп атам? И, и, бетим,. бетим!.,» деп, сууктун кызылы менен уяттын кызылы кошулуп, Бермет албырып, жатаканасына кирип келди. Студенттер жаталек эрте эле кез. Бермет түптүз өз жатаканасына кирди.

– И, Берметтин бетин!– дешти үйдө сабак, китеп окуп отурган кыздар.

– Берметтин бети бет да!– деди Бермет менен бир классташ, жанаша жаткан жакын жолдошу Сабийра.– Келе, бетиңен бир өптүрүп койчу.

– Эмне үчүн өптүрөм. Бекер эле өптүрө беремби?– деди Бермет, андан бетер кыпкызыл болуп, күлүмсүрөп:

– Акысын берем,– деди Сабийра, Берметтин жанына келип, эркекче тийишип.

– Акысын айт.

– Көйнөк алып берем.

– Жок, болбойт.

– Араксамын алып берем.

– Жок болбойт.

– Жоолук алып берем.

– Жо, болбойт.

– Бир өпкөнгө дагы эмне акы керек эле? Кат берем...– Кандай кат?

– Сүйгөн жигитиңен. Өптүрүп туруп, бийле!

– Кана, апкел!

– Өптүр.

– Мынаңыз, жан койбогон жигит экенсиз,– деди Бермет, асылып турган «жигитке» айласы, куруп, акыры өптүрүп жаткансып. Сабийра Берметтин мойнунан бура кучактап, оозунан өптү да, чалкалап калып:

– Ах! Таттуу экен да оозуңуз! садагасы карындаш, бактылуу болуңуз, алган жарыңыз да мендей сүйүп, мендей өөп жүрсүн!– деди да үшкүрүп калды. Кыздар дуу күлүп жиберишти.

– Жерге кир, кайдан үйрөнгөн, кана, катты бер,– деди Бермет күлүп, чын эле жигитке өптүрүп жаткансып, кызарып.

Сабийра эки кат берди. Бир кат Кыдырбектен экенин Бермет дароо колунан тааныды. Бир катты тааныган жок. Басма тамга менен жазылган чоочун кол эле.

Бермет Кыдырбектин катын ачып, окуй баштады; Кыдырбектин кийинки каттарын Бермет кыздардан жашырчу эмес. Кыдырбектин катын дайым окуп жүргөн Сабийра ичинен Кыдырбекке ашык болуп, Кыдырбектин таламын талашып, Берметтин Кыдырбекке тим эле сый кишимин дегенин жактырбай, карындашындай жакшы көрөт дегенине ишенчү эмес.

– Мындай кат жазган киши жаман киши эмес. Бермет, бекер чанасың, кийин өкүнөр бекенсиң,– дечү Сабийра.

– Мен чанган жерим жок, Соня, чана турган себеп да жок, бирок... Кыдырбек экөөбүздүн жолубуз эки башкабы деп коркком. Ошол эле. Ошондуктан үмүткөр кылбайын деймм.

– Эмнеликтен кат жазасың? Кат жазганың үмүткөр кылганың эмеспи?

– Мен түшүндүргөмүн.

– Жок, Бермет, сен өзүң да өзүңө ишенбейсиң; Мен Кыдырбекке сыртынан ашык болуп жүрөм. Сен сыртынан ашык болбой көрүшкөнсүң, кат жазып, кат алып жүрөсүң, сенин жүрөгүңдө сен байкабаган ууру сезим болуш керек. Ошол ууру сезим акыры сени Кыдырбектин койнуна уурдап барып салып берет.

Бермет буга ишенчү эмес, бирок кээде Кыдырбек деп дегдеп, Кыдырбектен кат келбей калса өзүнөн өзү бук болуп, камсанап кеткенин байкап, өзүнө өзү таң кала турган.

Кыдырбектин каты кыска эле. Бермет кроватына отуруп алып, бул катты кайта-кайта окуп, узунурак болбогонуна наразы болуп, көңүлү тойбой жатты.

«Карындашым Бермет,– дептир Кыдырбек катынын аягында,– карындашым! Менин тагдырым энесинин тагдырына байланган жаш баланын тагдырындай тууган эл, тууган жер,– мамлекеттин, Ата Мекендин тагдырына байлануу… Колумдан куш качыргандай өксүтпөй, жарым көңүл кылганың жок. Өзүңө, катыңа боорукердигиңе, баарына, баарына ыраазымын, рахмат. Сенин жаркыраган келечегиңе, кири жок таалайыңа тилектешмин. Мындан ары кат жазар-жазбасымды да, өзүмдүн эмне болорумду да билбейм. Бирок баякыдай көңүлүм чайыттай ачык, жүрөгүм ток. Кайыр-кош бол. Элесиңди кучактап, жазы маңдайыңдан өөп– Кыдырбек».

Каттын ушул саптарын кайта-кайта окуп, Кыдырбекти көз алдына элестетип, бир топ отургандан кийин Кыдырбектин чыныгы ал-абалы, анын тагдыр, таалайы бузулбай көз алдына келип, Бермет солк этип кетти; сүзүлүп, бир орунду тиктеп калган жоодур көзүнөн мөлтүрөгөн жаш төгүлүп, эшикке чуркап чыгып кетти. Кыздардын баары делдейип туруп калып, Сабийра артынан ээрчий чыкты. Бермет коридордун караңгы жерине туруп алып, шолоктоп ыйлап жаткан экен.

## XXIV

«Кыдырбектин бул эмнеси? Эмне кылганы? Бул кат ичинен өксүп ыйлап, коштошуп жазган кишинин каты го! Эмне үчүн кат жазар-жазбасына, өзүнүн эмне болоруна күмөндөр болгон?

Эмне үчүн рахмат дейт? Мен өзүмдүн боорукердигимди, Кыдырбекке боор ачыгандыгымды колко кылдым беле? Чын эле, Кыдырбекти байкуш деп аяп, боорум ооруп жазгамын. Мен сүйө албасам да, мени сүйгөн кишинин көңүлү оорубасын деп жазгамын. Эгер согуш болбосо, эгер Кыдырбек согушта өлүм аралап жүрбөсө, мен, ага боорум ооруп, жаным ачып, аны аяп, кат жазбайт элем... Менин байкуш деп жаным ачып турганымды Кыдырбек кемсинтет деп түшүнгөн го? Ах, Кыдырбек, Кыдырбек! Ушул азыркы менин абалымды көрсөң сен эмне дээр элең? Эми мен байкуш болуп турам. Эми мен караанына зар болуп, мүңкүрөп турам Кыдырбек! Мени түшүн, мени ая! Менин бир жак капталым эңшерилип, аңылдап турат. Мен сени сүйөт окшоймун? Жок, окшоймун эмес, сүйөм! Бала кезде мени жулмалап, күн көрсөтчү эмес элең. Эмчегимди, араң гана билинип, араң гана түйүлүп келаткан эмчегимди эле кармап, өөп, жолуккан жерде ыйлатчу элең. Ошондо эле мен сени жакшы көрүп, коркуп, безилдеп турчумун. Сени алда кайдан көрсөм жашынарга жер таппай, «Жиндиден кантип качып кутулам» деп, сенден оолактап басчумун. Сен кийин кат жазып жүрүп, анан баякыда жайлоого келгениңде баякы жаш бала чагымда корккондой сенден корккомун. Коркcондо да, калчылдап кеткемин. Анан өзүмдү өзүм кармап, зыңгырап бой көтөрүп, сыртымды салгамын. Сен баякы жаш бала кезиңдекидей асылып, бала кезиңдегидей сүйлөшөм деп көгөрүп отуруп албай баарын менин көзүмдөн билип, кагуу жеген немедей тултуюп калдың. Мен асылса, жалынса деп тургамын. Бирок сен тултуйган бойдон жөнөп калдың. Сени коркутуп, сени кемсинтейин деп сыртыма салган жаным кайта өзүм түтпөй, кайта атындын жылоосунан кармап, кара көк тартып таарынып турган өзүңө астыртан тиктеп, ичимден күлүп, колуңа арсар кат бергемин. Мен анда бу каргашанын чыгарын билген эмесмин, эгер билсем... сени... сага тийбесем да, кучактап туруп узатат болчумун. Анда мен мынчалык көктүк кылмак эмесмин... Кыдырбек, жиндим! Сен эмне менин тагдырым Ата Мекенимдин тагдыры менен байланган, өзүмдун да эмне болорумду билбейм дейсиң? Сенин тагдырың, Ата Мекен-

дин тагдыры калтыс болуп турабы? Ушул каргашада биз жыгылсак баарыбыздын тагдырыбыз бир чечилип, баарыбыздын үмүт, тилегибиз бир кесилгени жатпайбы? Сенин чочуганың туура. Сен келечекти терең ойлойт экенсиң. Мен болсо сени баякы эле жинди Кыдырбек деп жүрүптүрмүн. Ах, жиндим, жиндим! Акыры келип мени сен жинди кылат окшойсуң, анткени мен сени... сени сүйөт экемин. Сүйөт экемин! О шорум! шорум! Мурун байкаган эмесмин, жок, жок, түшүнгөн эмесмин. Сүйүү деген акырындап өсөт турбайбы! О байкуш, баё, менменсип бой көтөргөн шордуу жаным! Мен баёмунбу? Жок, кара мүртөз, таш боормун! Жок, эркекти эркек кыла турган аял, аялдын сүйүүсү, аялдын мээри. А болбосо эркектин башы жерге кирип, Кыдырбекке окшоп, үмүтсүз болот. Эркектин абийирин, намызын сактай турган да аял (катын эмес!), эркекти шерменде кыла турган да аял. Эркекти кайраттуу кыла турган да аял, шылкыйткан да аял! Ох, аял, аял! Нечен кылмышты аял иштейт экен! Нечен жакшылыкты, нечен таза, кылымдан кылымга, ооздон оозго кала турган асыл иштерди да аял иштейт экен. Каныкей, Айчүрөк, Арукелер– аялдын сырттаны эмеспи. Крупская, Клара Цеткин, Долорестер– адам баласын алдыга сүйрөгөн аялдын лөктөрү, генийи эмеспи! Ковалевская окшогондор илимдин энеси эсептелип жүрбөйбү. Ох, аял, аял! Адамдын сырттаны да сенден чыгат экен, кылмышка сүйрөгөн шайтаны да, жаманы да( жаман болгондо балити да) сенден чыгат экен! Ошондуктан сени эркектер кордоп, «катын» дейт көрүнөт... Мен эмне деп дөөрүп жатам? Капкайдагы акылдан тышкары куру кыялга кирип кеттимби? Мен киммин? Элге сынтагып, бой көтөргөн өзүм киммин? Көңүлүндө кири жок, таза бир кишини коргой албадым. Кыдырбек! Мен сени түшүнбөптүрмүн. Сага сын таккан менден сен өйдө, жакшы киши экенсиң. Сенде сүйүү бар. Сен башка кишилерче көңүлүң калган кызга терс карап, аны жаман көргөндүн ордуна кайта адамгерчилик колуңду сунуп, карындашым дедиң. Жиндим, жиндим! Сенин ар бир сөзүң акылдуу сынган мени, эсиріңки мени эсиме келтирип, капкайдагы ойго салып, алек кылуучу болду. Кайдан жүрүп сен

кат жазып, мен сага жооп бердим? Эмне үчүн? Сенин көңүлүң үчүн. Эми мына көзгө илинбеген тузакка илингенсип, өзүмдү сенден бошоталбай отурам. Ах, Кыдырбек, Кыдырбек! Сенин таагдырың Ата Мекендин тагдыры менен байланыштуу экен. Мунуң сонун, бул сенин асылзатың. Биздин кишилердин баары өзүн сендей көрсөчү... Сенин ичиң таза, жиндим ичи таза. Мен сага азыр, мына азыр кат жазам, Кыдырбек. Кат жазам да чынымды айтам. Чынымды айтам. Чынымды айтканда да жүрөгүмдүн сырын айтам... Мен өзүмдү да, сени да бу сапар алдабайм. Мен таптазамын. Мен али эч кимди сүйүп көрелекмин, Сүйүүнүн азабын да тарталекмин. Мындан нары менин тагдыр-таалайым не болот, Кыдырбек? Анткени, мемин таалайым да, тагдырым да сенсиң, жалгыз гана сенсиң. Сен, сен, сен...»

«А мына бу кат кимдики? Чоочун кол, чоочун киши болуш керек. Кыдырбегиме кат жазмайынча бу катты ачпайм, окубайм. Балким ортого бузук сала турган каттыр? Жок, бу катты мен азыр ачпайм. Сага арналган пикир менен сезимге ала салгым келбейт. Азыр менин пикиримди, менин сезимимди, бүткүл жаратылышымды жалгыз Кыдырбек сен бийлеп турасың. Жалгаз гана сен, сен, сен...»

## XXV

Мына ушунун баарын Бермет кроватта жатып ойлонду. Кыздар чыракты өчүрүп, уктап калышкан эле. Бермет акырын ордунан турду да, столдун калпактуу чырагын жандырып, Кыдырбекке кат жаза баштады. Баятадан бери ойнолуп жаткан пикир шыдыр кетти. Шыдыр кетпегенде кайталап ойлоно турган эчтеме калган эмес. Өкүнө турган да эчтеме жок эле. Баары чечилип, баары экинчи кайта оңдолгун болуп бир орунга токтолгон болучу. Бермет эми жаңылып, балалык кылса да, шашмалык кылса да, болор иш болгон. Ошондуктан колу колуна тийбей, шыпылдатып жаза берди, Бышып жеткен жемиш кандай ширин болсо, Берметтин бышып жеткен: ою да өзүнө ошондой ширин көрүндү.

«Кыдырбегим, – деди Бермет баштаганда эле, Кыдырбегим! Бүгүн менин тагдырым мени кайсы тарапка баштап баратканын билбейм, бирок менин тагдырым бүгүн чечилди. Ал тагдырды сен чечтиң, сенин бүгүн мен алган катың чечти. Ушул азыр мага эмне деп жазып отурганымды өзүм да билбейм, бирок жүрөгүмдүн, бүткүл жаратылышымдын кулагыма шыбыраганын жазып отурам. Бул кат– менин жүрөгүмдүн диктанты. Бул диктантты баарынын ээси турмуш текшерет. Бул диктантта мен кандай каталар жиберем? Аны азыр айталбайм, бирок ката кетирбейин деп коркуп, калтырап, коомайсынып отурган жерим жок. Мен билбеген эрежени диктант убагында китептен же бирөөнүн шпаргалкасынан уурданып карагым келген жок. Жазганымдын баары – өзүмдүн билгеним, өзүмдүн чолок оюм. «Кишинин акылы менен бай болгуча, өз акылың менен кедей бол» деген макал да эсимде, бирок бу сапар мен ушул макалдын жолуна түштүм. Мен өз билбегенимди бирөөдөн сурап аяганды, бирөөнүн акыл-кеңешин укканды намыз көрбөйм, бирок бу сапар өз тагдырымды өзүм чечтим... Мейли, эмне болсом ошо болоюн, бирок Рубикон суусун кечмей болдум. Рубикон– мен үчүн турмуштун шар аккан дарыясы, Ушул дарыяны ким менен кечем? Сени менен Кыдырбек! Мына менин колум, келе, сен да колуңду бер Кыдырбек, экөөлөп, экөөбүз бирге кол кармашып кечели. Мен сеники!..»

Бермет колундагы каламын кармаган бойдон жаагын таянып, алдындагы Рубикон суусун тиктегенсип, мелтиреп калды. Көз жашы акырын, өзүнөн өзү тегеренип, мөлтүлдөп, тегерек чоң кара көзү андан бетер тегерек болуп чоңоюп, анан болор-болбос күлүмсүрөп, өңү жылмайып, андан бетер супсулуу болуп кетти. Көз жашы өзүнө жарашып турган Бермет, кайтадан шыпылдатып жаза баштады: «Кыдырбек! «Мен сеники!..» деген жерге келгенде көзүмдөн мөлтүлдөп жаш чыкты, Бул эмнеси? Рубикон суусун сени менен кечүүдөн коркуп, эсим чыгып турганыбы? Жок, ал ошонун кубанычы. Таалайыбыздын көз жашы. Таалайыма кубанып ыйладым, дагы ыйлагым, сени көргүм келип, талпынып турам. Сен колуңдан качырган кушуң жибек боо та-

гынып, сени көздөй талпынып турат. Эми менин ушул кубанычым сага жетип, сенин кубанычыңды, сенин көз жашыңды, сенин тагдырыңдын өзгөргөнүн көрсөм, сезсем, билсем дегенде эки көзүм төрт болуп, дегдеймин...»

Бермет бул катты өзүн өзү сынап, Кыдырбек өзүнө ким экенин, канчалык жакын, канчалык кымбат экенин сынап көрүп, Кыдырбектен айрылгыс экенин байкагандан кийин жазды. Эми турмуш, түрүүлүк Кыдырбек менен бек байланыштуу болуп, Кыдырбектен башканын баары көзүнө көрүнбөй, адрести басма тамга менен жазган катты ачты. Катты ачып, аягындагы кол койгон колду окур замат селт этип кетти. Кат жазган Мырзабек эле. Мырзабектин катына ылдам көз жүгүртүп чыкты да, көкүрөгүн көтөрүп, эс алгандай үшкүрүп алды. «Кыдырбекке кат жазып бүтмөйүн бул катты ачпаганым жакшы болгон турбайбы! Периште болуптурмун. Көңүлүмдү башка сезим, башка ой бузбай, бардык айта турган сөзүмдү алагды болбой айтып алган экемин!» деди кубанып.

«Карындашым,– деген экен Мырзабек,– карындашым, менин бул катымды окугандан кийин сизди кандай сезим бийлерине көзүм жетпейт. Бирок ушул учурда өзүмдүн кандай болуп, турганымды өзүм билбей турам. Анткени өмүрүмдө мен мындай болгон эмесмин. Көзүм ымыр-чымыр болуп, эчтеме көрбөйт. Ушу жашка келип мен мындай болуп көргөн эмесмин. Бул мага келген туңгуч сезим. Дүнүйөгө жаралганы көзүмдү ачып көрөлектей экемин, көзүмдү ачсам дүнүйө жаркырап, ушул дүнүйөнүн көркү болуп тургансыган сизди көрдүм. Мына эми сизди көрдүм да, сизден башка эчтеме көрүнбөй, делдиреп турам. Сиз кимсиз? Эмне деген кишисиз? Менин оюмча адам баласы жерден издеген таалай, ырыс деген сиз болсоңуз керек! Ушул таалайга колумду сундум... Колума эчтеме илинбей, умсунуп отуруп каламбы, не болом? Куру кол калсам менин алым не болот?– билбейм. Ушу күнгө чейин күлгөнгө күлүп, шылдың кылганды шылдың кылып, турмуштан четтеп жүрдүм эле, мына эми турмушта кандай кишилер боло турганын билдим. Көзүмдү ачып карасам, жакшы көргөн кишим сиз болдуңуз. Эми сизден кор-

куп турам. Анткени менин ажалым да, тирүүлүгүм да сиздин колуңузда. Бул, албетте, өлөм деп сизди коркуткандык эмес. Кудай сактасын, мен сизге өлүмтүгүмдү артпайм. Денем өлбөй, көңүлүм чөгүп, көңүлүм бир өлөт. Мен сизге кат жазбай, оозеки сүйлөшөйүн деп да көрдүм. Бирок оозеки сүйлөшө албасымды билип, аргасыз кат жаздым. Башка жерде оозуман жакшы эле сөз чыкчу эле, бирок сиз менен сүйлөшө албасымды мойнума алып, көзүмдү жумуп, өзүмдү сиздин колуңузга тапшырдым...»

Мырзабектин каты Берметке жигиттин каты эмес кыздын каты сыяктанып көрүндү. «Шылдыңкор, сөзгө чечен жигит көрүндү эле, бу катка караганда өтө уяң экен го, кызык,– деди Бермет, бул кат тууралу эмне ойлоорун билбей,– байкуш Мырзабек, сиз да мага келип кабылган экенсиз. Таалайды менден издегендердин бири сиз экенсиз го! Мени таалайлуу десеңиз керек. Жок, мен таалайлуу эмесмин. Таалайым талашта. Кыдырбегим эмне болот? Өзүм эмне болом?– али белгисиз. Эгер мен таалайлуу болгум келсе мен бу жолго, болгондо да калтыс жолго түшпөйт элем. Ушул жерде калат элем. Билесизби, Мырзабек, менин кайда экенимди билесизби? Мен азыр бу жерде эмес согуштамын. Мен Кыдырбек деген көзгө көрүнүп, оозго алына элек бирөө менен майданда жүрөмүн. Чалгыным чарпылып, көкүрөккө душмандын огу тийип, жыгыламбы же сүйгөнүмдү, тагдыры улуу тилекке байланышкан сүйгөнүмдү, анын улуу тилегин коргоп, таалайыма жетишемби?– өзүм да билбейм. Ошондуктан жерден таалай издегендер мени таалай, ырыс дебесин. Мен азыр көктөмүн, демек жокмун...»

«Мен жакында эле, мындан бир эле саат мурун башка киши элем. Турмушка да, Кыдырбекке да мамиле, көз карашым башка болучу, Эгер мындан бир саат мурун сиздин катыңызды алган болсом, жок, сиздин катыңызды окуган болсом, анда мен эки ойлуу болуп, ойлонуп калат белем? Мүмкүн, ойлонмок турсун, балким, кыйналат элем. Анткени, шойкун болуп, өзүм да байкабай, сизди жактырып тургамын, жактырам да. Дагы таалайым бар экен, шойкун болуп, сизди сүйүп калалек болчумун. Бирок сизди сүйүп калган күндө да мен Кыдырбектен кече алат белем, жок белем?

Кечалмак эмес окшоймун, анткени Кыдырбекке: «Мен сеники» дегенден бери көңүлүм бир башкача жаңырып, өзүм өз ордума, өз калыбыма келгенсип, жаным жай алып, көшүлүп турам. Сиз мени кечириңиз, ак көңүл айкөлдүк кылып кечириңиз. Мен өз кайгым, өз санаам, өз жаңылышым менен өз жайыма коюңуз…»

## XVI

Бермет Мырзабек менен сүйлөшүп отургансып, жаагын таянып, мелтиреп отура берди; Кыдырбек менен Мырзабектин, экөөн тең кыя албай, экөөнө тең эки башка жооп берип, экөөн тең жакшы көрүп, экөөнө эки башка көз жаш менен ыйлагансыйт. Кыдырбекти көргөндө Бермет бой көтөрүп, тескери карады. Мырзабекти көргөндө билинер-билинбес болсо да көкүрөгүнө доо кетип, Берметтин катуу мүнөзү бошой түштү. Кыдырбек алыстап, ал үмүтүн үзгөн сайын Берметтин жаны тынч албай, делебеси козголуп, Кыдырбекти өзүнө кайта өзү тарта баштады. Эми ортого Мырзабек пайда болуп, Мырзабек (катынан мурун) чоң таасир эткен. Бермет оюнда өзүн Мырзабектен оолактатып, бирок жакшы көрүп, көпөлөкчө тегерене түшкөн. Ал эми Кыдырбекке жанакы катты жазгандан кийин оор жүктөн арылгансып, жеңилдеп, Мырзабекке жооп жазуудан анчалык чочубай, бирок, ошондо да, тескери жооп бериштен эмне үчүндүр кыйналып, кыйналып турду. Кокустан: «Булардын кимиси өйдө?» деген шайтандын суроосу ортого коюлуп, бул суроого жооп берүү эмес, ошол суроонун өзүнөн коркту.

– Бермет!

Бермет чочуп кетип, артыга бурулду. Сабийра пальтосун желбегей жамынып, ич көйнөкчөн турган эле.

-Эмне болгонсуң? Түн күзөтөсүңбү?

– Көп отуруп калдымбы?

– Таң атып баратат.

– Түн бакырдыкы деген ошол, Сабийра.

– Берметтин көзүнө жаш тегерене баштады.

– Кыдырбекке кат жаздыңбы?

– Жаздым…

– Чыныңы айттынбы?

– Кайсы чынымы?

– Сүйгөнүңдү.

– Айттым, Сабийра, айттым... Сен айттырдың окшойт...– деди да, Бермет шолоктоп ыйлап жиберди.

– Жинди болдуңбу? Анын эмнесине ыйлайсың? Же өкүнүп турасыңбы?

– Өкүнбөйм... Кубанып турам...

– Бул катка жооп жаздыңбы? Бермет Сабийрага көпкө тигилип, тиктеп калды.

– Каттын мазмунун билесиңби?

– Окугамын...

– Ал эмнең, Сабийра? Бирөөнүн катын...

– Билем, бирөөнүн катың окууга болбойт. Бирок мен сени Кыдырбектен башкага ыраа көрбөйм, ошондуктан Кыдырбектен башка кишинин катына жүрөгүм ооруп, кызганам. Кыдырбекти сен эмес сыртынан мен жакшы көрөм. Эмне дейсиң? Мырзабек келечекте чоң киши болор, сен анын мансабына кызыкпа. Кыдырбек карапайым, сени илгертен балким, бала кезинен сүйүп жүргөн жигит. Сен Мырзабектин ким экенин, билесиңби?– Жок, – деди Бермет, Сабийранын сөзүнө таң калып.– Билбесең угуп ал: Мырзабек жазуучу, мен анын аңгемелерин окуп жүрөм. Атактуу жазуучу болуп кетиши мүмкүн. Сага атак керекпи же сүйүү керекпи?– деди Сабийра, Берметтин көзүнө тик карап.

– Таланттуу кишинин жолдошу болуш оңой эмес.

– Оңой эмесин билем. Сага окшогон киши ага жарабайт. Математика менен адабияттын айырмасы жер менен көктөй. Жазуучулардын катындары кундуз ичик кийип, эринин жазганын мактап, жаман деген кишини душман көрүп басып жүрүшөт экен. Сен анте албайсың, мүнөзүң келишпейт,– деди Сабийра жамынып турган чапанын кымтыланып. -Нары... акчасына кул болуп каласың!

– Сенин бу сөзүң туура эмес. Бирок сен мени Мырзабекке бузулуп турат дейсиңби?

– Эки ойлуу болуп турасың. Шайтан аралашы мүмкүн,– деди Сабийра.

– Аралабайт,– деди Бермет, чынын айтпай, ошондуктан Сабийранын көзүнө тик карай албай.

– Аралаган үчүн эмне кыларыңды билбей жалдырап отуруп калдың, болбосо алда качан жатат болчусуң,– деди Сабийра, Берметтин ичине кирип чыккансып.

– Мен ашык болуп калган кишини аяйм,– деди Бермет, айласыздан мойнуна алгансып, күлүмсүрөп.

– Анда эмесе Сарыгулга тийип ал!– деди Сабийра капыстан.

– Сарыгулга? Аны кайдан билесиң?– деди Бермет чындап таң калып, аны кайдан билесиң?

– Кайдан билмек элем? Мени менен сүйлөшүп жүрөт,– деди.

– Сүйлөшүп жүрөт? Кой эми калпыңды. Жамалкан эжем айтса керек.

– Жамалкан эмес эле мени менен сүйлөшүп жүрөт, тиймек болдум,– деди Сабийра, күлбөй, мостоюп.– Сен чанган кишинин баарын мен аяп, баарына ашык болуп жүрөм.

Бермет Сабийрага ишенер-ишенбесин билбей, оозу ачылып, аң-таң болуп калды.

– Сени мен сырдашым деп, ичимдеганин баарын жашырбай чынымы айтып жүрсөм, сен тымпыйып, ичиңен тынып жүргөн экенсиң,– деди Бермет, ичинен Сабийрага чындап тарынып.

– Сырдашы сырдашмын, бирок тием дегеним тамаша. Сөзүңө карап айттым. Бирөөнү аяп да, күйөөгө тиеби? Көз арткандын баарынын көңүлүн ала бергенде кишинин тарпы калабы! Өз арабаңызды кылдырата бериңиз деп, айдагамын,– деди Сабийра, эми күлүп.

– Мен андайларды аябайм, ашык болгондорду аяйм,– деди Бермет Сабийраны кайтадан жакшы көрүп.

– Ашык экенин, ашык эмесин кайдан билесиң? Ашык эмес, өлөм деп жанын жеп жатпайбы, жакшы көрөт деп Кыдырбекти айт, өлүм аралап жүрсө да, сенин элесиңди кошо ала жүрүп отурат, кой жаталы,– деди да, Берметти кроватка сүйрөдү. Бермет моюн сунуп, стол лампаны өчүрүп, төшөгүнө жатты, бирок Сабийра экөөнүн күбүр-шыбыры көпкө басылган жок. Экөөнөн тең уйку качкан эле.

– Сарыгул өлөм дедиби?

– Өлөм деди.

– Катынын ыйлатып, баласын жетим кылганынан уялып өлүп кетпейби? Аны билесиңби?

– Сенин күндөлүк дептериңди окубасам билмек эмесмин, балким, тегеренип калат белем?– деди Сабийра, күлкүсүн жашырып, жууркан менен оозун кымтып.

– Аны да окуп жибердиң беле? Сенден эчтеме жашырып болбойт экен го!– деди Бермет; күндөлүк дептерин Бермет бирөөгө окутмак турсун, эч кимге көрсөтчү эмес. Ошондуктан Сабийранын «тинтмесин» чындап жаман көрдү.

– Мени өзүңө жолдош көрөсүңбү?– деди Сабийра.

– Ооба.

– Сырдаш көрөсүңбү?

– Ооба...

– Анан эмне менден сырыңды жашырасың? Жолдоштун ортосунда калп болбоо керек. Же бирөөгө сырымды айтып коёт деп корктуңбу? Анда сырдаш жолдошум деп атап кереги жок.

– Ошон үчүн сырдаш жолдоштун жашыруун жазып жүргөн жазуусун да уурдап окуш керекпи? Экөөбүздүн ортобузда калп жок, бирок... ар кимде жан киши билбей турган да бир сыр, болгондо да купуя бир сыр болушу мүмкүн.

– Ал чын... бирок мен сырдаш жолдошумдан эчтеме жашыргым келбейт. Анткени менен сенин дептериң жанымды алып калды, Бермет...

– Демек ушу күнгө чейин сырыңды менден өзүң жашырып жүргөн экенсиң го?

– Жашыргамын.

– Анан эмне мени жемелейсиң?

– Бермет, жан курдашым Бермет!– деди Сабийра жанаша тиктешип жаткан Берметтин колун кармап караңгыда жылмайып, уялып күлүп.– Сен чындап таарынып турасың. Аның да жөн. Бирок түшүнчү: сен көбүнчө отуруп алып, өзүң менен өзүң сырдашасың, мени таптакыр таштап коёсуң, эгер дептериңди кокустан окуп калбасам; сенин көп сырыңды эзелде билмек эмесмин. Сенин деп-

териңди окугандан кийин мен бир нерсеге түшүндүм: сен турмуштан сабак алып туруп, өзүңдү өзүң окутуп, өзүңдөн өзүң үйрөнөт экенсиң. Кишинин баары мындай боло бербейт. Сенин дептериңди окуп өзүмдүн жаңылышымды, өзүмдүн кемчилигимди, өзүмдүн алдыга койгон максатымды, өзүмдүн тилегимди, өзүмдүн бетимди көргөндөй болдум. Тим эле таш күзгү. Мунуң жакшы. Ошон үчүн жанымдай жакшы көрөм. Ал эми мен түшүнбөгөн бир нерсе бар: сен өзүң байкап, өзүң билгенди кишиге айтпайсың, баарын ичиңе сактап жүрө бересиң. Мындайларды түнт дейт. Түнт кишинин кишиге пайдасы болбосо керек. Сени мен түнт болбосо экен дейм. Анча мынча түнттүгүң бар. Аны окуганым үчүн чын эле мени жаман көрүп турасыңбы? Кээде киши менен да кеңешиш керек. Мен сага жаман акыл айтып жүрөмбү? Чыныңды айтчы, Бермет?

Сабийра ачык кыз эле. Анын ачыктыгынан чочуп, башында Бермет Сабийра менен көп ачылып сүйлөшпөй жүргөн. Бирок Сабийранын ачык болгону менен көрүнгөнгө уккан-билгенин айта бербеген эселектиги жоктугуна көзү жеткенден кийин гана Сабийрадан көп нерсени жашырбай турган болгон. Бирок күндөлүк дептерин бекем каткан. Бул дептер жүрөгүнүн сыры болучу. Бул дептерде Кыдырбек бар. Сабийра түптүз Кыдырбек жак болуп, өзү да Кыдырбектики болгондон кийин бул дептерди Сабийрадан жашырыштын кереги жок болучу. Бирок сыр дептер кызганбай коё турган дептер эмес.

– Кызганам, корком, уялам...– деди Бермет.– Кап-кайдагыны айтып тантыганымды бирөө окуп турса өлүп кетким келет. Түшүндүңбү?

– Түшүнөм, курбум, түшүнөм, мени кечир, айыбымды айтпай, кылтыйып, качан уят болор экемин деп жүргөмүн. Бирок сенин дептериңди окуп сөз кылып таратканым жок. Бул кылмыш болор. Ал эми бу дептерде киши уяла турган калет сөз жок. Сабак алдым, үйрөндүм, каргашадан аман калдым. Мунуңа ыракмат, дептериң жакшы дептер, кечир,– деди Сабийра, караңгыда Берметтин колун издеп.

Эки курдаш кыз дагы бир топко шыбырашып сүйлөшүп жатты.

Кыштын узун түнү аяктап, тоок чакырып таң атты.

## XXVII

Душмандын 1942-жылдагы жазгы-жайкы чабуулунда Кыдырбек Дондун талаасындагы катуу согушта жарадар болуп, жолдошторунун күчү менен чала өлүк бойдон согуш майданынан араң чыгып, чоң аракет менен госпиталга жеткен. Госпиталдан госпиталга көчүрүп отуруп, акыр аягында Саратовго келип токтоду. Саратовдо Кыдырбекке операция жасап, сол колун карысынан кесип таштай жаздады. Снаряддын сыныгы токтоп калган жер кабылдап кете жаздаган экен. Кыдырбек колун кесүүгө макул болбой койгондон кийин бир нече жолу консулиумдар болуп, анан операция жасалып, операция каалагандай болуп чыкты. Эми өзү айткандай, куландан соо болуп, алты саны аман, дыңылдап басып жүргөн чагы. Госпиталдагы жолдоштору: «Эми үйүңө сурангын, согуш башталгандан бери көргөн күнүң согуш, госпиталь болуп келатат, үйүңө суранып, ата-энең; туугaн-туушкандарыңды көрүп кел»,– дешти. Аны кыйытып, госпиталдын начальниги да айткан. Бирок Кыдырбек көгөрүп болбой койду.

– Үйгө барганда эмне кылам? Мен барганда мени согуштан бир жолу келгендей көрүшөт, кеткенде андан бетер жаман болушат, чала үмүт болуп жүрө беришсин. Андан, көрө барбаганым жакшы,– деп, Кыдырбек жолдошторун таң калтырды.

– Ай, эселек, сен башканы эмне кыласың? Өз башыңды ойлосоң боло? Үйүңө барсаң бир топ күн ээн-эркин басып, өлүмдү кичине эсиңен чыгарасың, керек болсоң «военкомат алып деле калат. Эмне сага окшогон жетпей атабы? Анык өзүңө кастык кылган акмак экенсиң! – дешти.

Кыдырбек үйүнө отпуска алып келсе жакшы эле болорун, калаcа тыякта калып деле каларын башкалардан көрө өтө жакшы түшүнүп турган, бирок эмне үчүндүр көңүлү келбеди. «Баары бир кайта кете тургандан кийин барып эмне кылам? Же оорукта калып калышым керекпи? Балдары согушта жүргөн абышка-кемпирдин ичин күйгүзүп, «Алда теңир ай. Биздин балдар эмне келбейт»,– дегизип, алардын көз жашын көргөнүмбү? Анан мен согушка кайтарда эки энем эки жагыман чыгып, жибербечүдөй болуп мойнума асылып, шолоктоп турушса… Жок, согуштун аягы-

на чейин барбайм. Эмне болсо да биротоло болоюн. Же өлүгүм же тирүүм!»– деди ичинен Кыдырбек.

Кыдырбектин бу кыялын жолдошторунун кайсы бирөөлөрү жаман көрүп, шылдыңдашып күлүштү.

– Кыргыздан чыккан патриот! Согуштун таразасын бир жагына оодарчудай болуп... Көөдөнү жок да, көөдөнү!..

* * *

Кыдырбек госпиталдан чыгууга камнып, Саратовдун шаардык военкоматына барды.

Саратовдун шаардык согуш комиссары жоон, көз айнекчен, цыгандай капкара подполковник Жиганов Кыдырбекти кабыл алды.

– Кайдан окугансыз?

– Ленинграддын согуш-пехота окуу жайынан.

– Наамыңыз?

– Лейтенант, жолдош полковник.

– Качан, кайсы жерде согушка катышкансыз?

– Москванын алдында. Дондо. 1941-жылдан бери.

– Канча жолу жарадар болдуңуз?

– Эки жолу, жолдош подполковник.

– Эмнеге командачылык кылгансыз?

– Стрелковый взводго, жолдош подполковиик.

– Ошол бүтүп чыккандан бери лейтенантсызбы?

– Ошондон бери.

– Сыйлык алгансызбы?

– Жок, жолдош подполковник.

Подполковник көз айнегин жалтыратып Кыдырбекти таңыркап тиктеп калды.

– Кайсы дивизияларда кызмат кылгансыз?

– 9-гвардкялык стрелковый дивизия менен 142-дивизия.

– Байланышыңыз барбы?

– Эч бир байланыша албай койдум, жолдош подполковник. Жооп беришпейт. Мүмкүн болсо өз дивизияларымдын бирине жиберсеңиз экен, жолдош подполковник.

– Сиздин оюңузду билип турам, лейтенант, ал дивизиялардын кайсы багытта экенин биз билбейбиз. Отпускага баргыңыз келеби?

– Жок, жолдош подполковник.

– Эмне үчүн?

– Үйдөн көрө фронт жакын, жолдош подполковник.

Подполковник Жиганов андан бетер таң калып, Кыдырбекке нааразы көзү менен карап турду. Анан секретары аркылуу өзүнүн кызматчыларынын бирөөн чакырды.

– Сизди бу бойдон жибере албайбыз, – деди подполковник Кыдырбекке тигиле карап.– Сизге наам, балким, сыйлык да берилген болуш керек. Москвадан сураштырабыз.– Паркет полду буту менен тарсылдатып, честь берип кирип келген ак саргыл жаш лейтенантка карап,– бу лейтенант жөнүндө Москвага кат жазыңыз, барып өзүңүз айтып бериңиз, – деди подполковник Кыдырбекке карап.

Кыдырбек аскер тартибин кылча кыйшайтпай, честь берип, чукул бурулуп, келген лейтенант менен чыгып кетти. Подполковник андан бетер таң калып, таңыркап Кыдырбекти артынан карап калды. Анын караганында: «Жаш, өтө жаш, анын үстүнө взводдун гана командири экен, бир бөлүктө туруктуу болалбай, жогорулабаптыр, күндө жарадар болуп жатса кантип бир бөлүктө туруп, кантип жогоруласын? Дагы бир билбеген дивизияга кетип, жарадар болот же... (подполковник лейтенантты жамандыкка кыйгысы келген жок). Эгер жогорулап кетсе... мыкты офицер болор эле. Көзүндө турат. Тайманбаган эр окшойт...» деген пикир бар эле.

* * *

Кыдырбек военкоматтан (бир жагы суукта көп басып жүргөндүктөн) курсагы ачып, көңүлү көтөрүлүп келип, түшкү тамакты сурап жатып аябай тоё жеп, тамашалашап күлүп, өз палатасына эс алууга кирди. Тумбочканын үстүндө үч кат жаткан эле. Үч катты тең дароо тааныды. «Булар эмне, жарышып бир күндө

жазганбы?» деди ичинен кубанып. Бир кат үйүнөн, бир кат Абылкасымдан, бир кат берметтен. Кыдырбек Берметтин калың конвертин бир азга салмактап кармап турду да, биринчи ачууга көз кыйбай, мурда үйүнөн келген катты ачты. Үйдөгүлөр аман эсен жатканын, иниси Шаршенден кат келип турганын, акыр аягында колхоздун ишин жазыптыр: «Атаң Сулайман, кичи апаң Уулкелди баякыдай эле малда, – дептир (катты катты кичи инилеринин бири жазган болушу керек), – чоң апаң балдарынан көп чыга албайт. Быйыл кыш кыйын боло турган. Чөптү азыртан үнөмдөп калдык. Өзүң согуштан качан келесиң? Батыраак кел, чоң апаң сагынып калдым деп атат...»

Сүйлөшүп отурган сөздү сүйлөшкөндөй кылып кызык жазгын бу катты окуп чыгып, кайсы иниси жазганын билбей, бирок баланын тили менен жазылган катка күлүп, кубанып, Абылкасымдын катын окуду. Абылкасым өз колхозунун иши жакшы болбой, ошол иши жаман колхозду башкаруу милдетин райком тапшырып коюп, күнү-түнү иш менен алек болуп жатканын, жалпы элдин ал-абалын жазган экен. Акырында ден соолк тилеп, посылка салганын жазыптыр.

## XXVIII

Бу кат Берметтин баякы түнү жазган каты эле. Кыдырбек бу катты колу барып ача албай, көпкө ойлонуп отуруп калды. Жатып эс алайын деген Кыдырбек, делбеси козголуп, башына нечен эки ойлор келип, коридорго чыкты. Коридордо киши деле жок эле. Бирок каридордо туруп да катты ача албады. 3-кабаттан биринчи кабатка түшүп, окуп отургандар көп экен. Бу жерге да токтой албай, кайра жогору чыгып, коридордон ары-бери басып турду. «Мен Берметтен кат күткөн жок элем, – деди ичинен оор унутулуп, – таптакыр кат күкөн жок элем. Кызык, эмне деп жазды болду экен? Баякыдай сыйбы же дагы мени аяп, боору ачыгандык кылып жазды бекен? Бу кыз менен үзүлкесил болуш керек эле. Куру кыял, куру романтиканын эмне кереги бар? Мен сүйдүм, ал сүйгөн жок. Көңүл калар сөз ай-

тышпай, жакшы ажырашып отурабыз. Экөөбүздө тең, артыкча менде, таарыныч, жүрөктөн кеткис так калтыра турган эчтеме жок. Эми муну токтотуш керек. Дале үмүткор болгонсуп, кээде бүдөмүк, киши түшүнбөгөн каймана каттар жазып, эзилиңки болом. Анан мага боору орубаганда эмне кылсын? «Байкуш согушта жүрөт, көңүлү оорубасын, тийбесем да көңүлүн улайын...» дебейби? Кийинки катта эмне деп жаздым эле? – Кыдырбек көпкө ойлонуп, жазган катынын мазмунун жакшы эстей албай койду. «Кат жазар жазбасымды билбейм... Маңдайыңдан өөп...» десем керек эле. Эмне деп муну жаздым? Дагы мындан кийин кат жазба десем керек эле! Оо бети жок Кыдырбек! Өзүңдүн мүңкүрөгөн алсыздыгыңды, боштугуңду, кайратсыздыгыңды көрсөткөн экенсиң! Кайда сенин башыңды жерге салбайм дегениң? Жигит болсоң намыстуу болгун. Кызды жашытып, ыйлаганга чейин апарып туруп, анан өзүңө кат жаздыртпа. Жетет. Бул кыз менен куру сөздү токтотуш керек. Анын үстүнө менин азыркы абалым да туруксуз, белгисиз. Чын эле эртең эмне болом? Сүйүү тууралуу ойлоого теги менде мүмкүндүк барбы? Эгер мен бирөөнү сүйүп калсам октон, өлүмдөн коркуп, коркунчак болуп, өлгүм келбей калып жүрбөйүн? Жок! Менини көңүлүм берметтин катынан кийин ачылбады беле? Бу каттын эмнесинен корком? Мени сүйбөсө да, жанымда сырдаш кызым, Берметим бар. Мен өлсөм да мага көз жашын төгүп ыйлай турган мен сүйүп жүргөн кыз бар... Эмне үчүн корком? Сүйбөсө да ал меники. Бермет, Бермет!..»

Кыдырбек калчылдаган колдору менен конвертти жыртты да, баштап окугандан эле «Кыдырбегим!» дегенди окуду. Каттын аягына чыккыча бүткөн бою чымырап, от менен жалын болуп ысып-күйүп, кыпкызыл болуп чыңалып, кара терге түштү. Бетинен тер да, жаш да шорголоп, өмүрүндө биринчи ирет, бой тартып чоңойгону биринчи ирет ыйлап турду. Мына бу жашты, сүйүүнүн тунгуч, ыйык жашын бирөөдөн жашырууга да, бирөөгө көрсөтүүгө да мүмкүн эмес; Жашырууга болбогон себеби: бул жаштын уят, айыңы жок болучу. Көрсөтүүгө болбогону – кишинин баарына бул жаш түшүнүктүү болмок эмес эле.

Экөөнүн тең жашы төгүлгөн бул кат менен Берметтен башка көзүнө эчтеме көрүнбөй, мас боло турган Кыдырбек палатадан чыгып, коридордон басып келип аң-таң болуп, эси чыгып тиктеп тургандарды туйган жок. Тамашакөй, шайыр, эч качан капалыкты билбечүдөй көрүнгөн Кыдырбектин колуна кат кармаган бойдон эси оогонсуп селейип, ыйлап турганын көргөндөр чоң кырсыктын кабарын алган экен дешип, Кыдырбекке жаны ачып, унчукпай кейип турушту.

– Эмне болду иничек? Үйүңөн жаман кат алдыңбы?– деди палатада бирге жаткан карт солдат Попов, чындап көңүл айткысы келип.

Кыдырбек селт этип кетип, кейигенсип унчукпай, тегеректеп турган ооруларды көрдү. Ошол замат кыпкызыл болуп уялып, эмне айтарын билбей, балача ырсалаңдап күлүп, энтиге берди.

– Буга эмне болгон? Дени сообу? – деди дагы бирөө ыйлап туруп, күлгөн немеге таң калып.

## XXIX

Кыдырбек эртеси Тургамбайдан кат алды. Тургамбайдын каты Кыдырбекке чоң кубаныч болду, анткени экөө госпиталдан ажырашкандан бери кат үзүлүп, бирин-бири таппай жүрүшкөн.

«Кыдырбек, мен сени дайынсыз жоголду го дедим эле, кудайга шүгүр, бар экенсиң. Мен сени үйдөн сурадым. Карындашым кат жазып, сенин адресиңди жибериптир. Мына эми кубанып, сага кат жазып отурам! Баарынан да кызык: азыр мен сенин дивизияңдамын, 9-дивизияны, Белобордовду билесиңби? Мен так ошондо артдивизиондо политрукмун. Сени бу жерде билгендер бар экен. Бубликти билесиңби, Бубликти? Азыр менде орудиянын командири. Кайдан жүрүп мында келип калганын билбейм. Сени айтып жаны калбайт. Пулемёттун расчётунда экөөбүз бирге болгонбуз» дейт. Баякы сенин айтканыңдын баарын толук айтты. Эми адресиңди берсем кат жазат. Анын мактаганын укчу болсоң отуралмак эмессиң. Өзүмдүн бу дивизияга кайдан жүрүп келип калганымды укчу болсоң, кызык.

Немецтер бизди Дондон кубалаганда биздин дивизия бөлүнүп, тымтыракайы чыгып кетти. Кимдин кайда калганын ким билсин. Душман кайда, биз кайда?– билбей калдык. Мен эми немецтер байлап кетет го дегемин. Биз бир взводго жакын киши элек. Кайсы жакты бет алып басышты билбей турдук. Туш-туштун баары немец. Түн ичинде кыштакка кирсек, тамак табылбайт. Абышка-кемпирден башка жан жок.

«– Силер эмес өзүбүзгө жок. Качангача немецтен качып жүрүп күн өткөзөсүңөр? Биз да куурадык, уятыңар барбы? Качып эле жүрө бересиңерби? Немец ошончолук эле желмогуз болуп кетиптирби? Уялбай дагы бизден келип тамак сурашат! Бизде эменин тамагы! Мына, чалкандан кайнатып борщ жасап койгонбуз. Ичкиле. Силерден аяй турган тамак эмес!.. Тетиги токойго барсаңар партизандар бар. Немец жок жолду ошолор билет, курсагыңарды да тойгузуп, жолго салып коюшат. Баргыла!» дешет.

– Биздикилер да ушундай болгон, демек, биздин дивизия болуп чогуу эле жүргөн экенбиз. Мен кантип немецтин колунда калып калбай аман чыктым? Өз жанын араң алып келаткандар мени жүк кылбай, таштап кетсе кете бермек. Далайлар ошентип эле калбадыбы?!– деп, Кыдырбек бир топко ойлонуп отуруп, катты кайтадан окуй баштады. Кыдырбек үчүн чегинүүнүн азабы өтө оор азап болучу. Анткени ал азапты өзү башынан өткөрүп, солдаттардын жер тепкилеп ыза болгонун далай жолу көрүп, өзү да далай жолу ыйлай жаздаган.

«Акыры азап менен жүрүп партизандарды таап, ошолор аркылуу жол таап, өлүп-тирилип жатып, камоодон араң дегенде, чыктык. Азыр биздин дивизия кайда экенин да, эмне болгонун да билбейм. Мени дезертир деп бир топ кыйнады. Бирок мага окшогондор көп экен, түшүнүктүү окшойт. Армиянын резервинде жүрдүм эле, жакында сенин дивизияңа жиберип, азыр өткөндү кичине унутуп киши болгонсуп калдым. Азыр биз Великие Луки тарапка бет алып баратабыз. Дале болсо артиллерия аз, бирок самолёт көбөйгөнсүп калды. Буга да шүгүрчүлүк кылып турабыз. Кандай болгон менен да баякыдай немецтен корголоп качпай, чабуул жасап жатабыз. Такоол болучу артиллерия (кайдан

экенин билбейм) катуу жардам берип жатат. Сталинградды болсо угуп жаткандырсың. Иши кылып жакында (иш оңолуп берсе) чоң окуялар болот окшойт. Биздин пайдабызга чечилсе экен деген тилекти бүткүл солдаттар көзү чакыйып тилеп жатышат. Биз тарапта да согуш катуу болот окшоду. Биздин дивизияда кыргыздын балдары көп экен. Мен бир Качике Ормонов дегенди билчү элем (сен аны тааныбайсың), ошол ушул дивизияда болуп, жарадар болуп кетиптир, Кайда экенин билбей койдум. Сен тарапта андай киши жокпу? Болсо кабар кыл. Кош, өзүң эмне кылып жатасың? Кайсы жерде согушуп, качан жарадар болдуң? Аскерге жарай тургансыңбы же мунжу болуп калдыңбы? Мен болсо ичимдегинин баарын айттым, эми сенден кат күтөм. Колуңду кысып.

*Тургамбай. Декабрь 1942».*

Кыдырбек кат жаза тургандардын баарына кат жазып, көңүлү бир башкача болуп, өзү айткандай, көңүлү чайыттай ачылып, кудуңдап жүрдү да, бир аптадан кийин Москванын жообун алды. Старший лейтенант деген наам берилип, «За отвагу» деген медаль менен сыйланган экен. Подполковник Жиганов Кыдырбекти куттуктап:

– Үч жылдыздуу погонду тагына бериңиз, бирок медалды суратыш керек, книжкаңызга болсо медаль жазылды,– деди,– күтөсүзбү?

– Жок, жолдош подполковник, фронтко жөнөтүңүз, – деди Кыдырбек.

– Анда эмесе барган дивизияңыздан кадрлар бөлүмүнө айтып, медалыңызды сураттырып алыңыз; жолуңуз болсун, кызматты Москвадан аласыз,– деди да, документин берип, колун кысты.

## XXX

Сталинград фронтундагы 62-армиянын командачысы ошо кездеги армиянын генералы Чуйковдун «Же Сталинградда өлөм, же Сталинградды коргоп калам!» деген анты бар эле Кыдырбек ошол генералдын штабын издеп Волганын сол жээгине 15-де-

кабрь күнү келди. Армиянын штабын сураган кишиси калбай, көпкө сандалды, Буту баскан жердин баары аскер, блиндаж, аскердин кошу, замбирек; сураган кишиси өз бөлүгүнүн номурун айтпай, кайсы керек? дейт, сураса билбейт. Туш-туштун баары замбирек, пулемёт, миномёт, бомбалаган самолёттун үнү. Тоңуп калган Волга суусунун оң кашатындагы Сталинград шаары капкара түтүнгө чулганып, ар кайсы жердеги түтүн аралаш өрттүн кыпкызыл жалыны көккө чыгып жаткан Кыдырбек Волганын сол кашатында турду. Волганын Сталинград турган бийик оң кашаты кымкуут болуп, сол кашаты кошо солкулдап жатты. Сол кашаттан атылган замбиректер узун моюн келип, Кыдырбек көрөлек замбиректер эле. Кыдырбек өзүн кайда коёрун билбей, иштеп жаткандардын жанында бекерчи киши өзүн кандай коомай сезсе, бу да ошондой болуп, тиги жактан түшүп жаткан снаряддан же жашынаарын же нес болгон кишиче солдоюп тура берерин билбей, уялып, кымтынып турду. Далай согуштарда болуп, далай коркунучтарды башынан өткөргөн Кыдырбек бу жерде эмне болуп жатканын түшүнбөй койду. Канчалык оор согуш болсо да жок дегенде ооруk менен алдыңкы катардын өзүнчө бир чеги болчу. Бу жерде баары аралашып, тостополоң түшүп кеткендей туюлуп турду. Чынында да Кыдырбектин эчтеме түшүнбөй турганы эп эле. Волганын оң жээгинде душман менен биздикилер аралашып кетмек турсун, бир үйдү эки кожоюн ээлегендей, Сталинграддын бузулган көп үйлөрүнүн жарымын немецтер, жарымын биздикилер ээлеп, айыгышкан согуш болуп жаткан. Болуп өткөн согуштар Кыдырбектин эсинен чыгып кетип, мындай албан согушту биринчи көрүп тургансыды.

Ушул жер астын-үстүн болуп жаткан согушту таңыркагансып, бекер турганга бети чыдабай, Кыдырбек атып жаткан узун моюн замбиректердин батареясына жакындап, команда берип жаткан чолок тончон жаш капитандын жанына келди. Капитан да, батареянын командирлери менен адъютанты да, эч кимиси Кыдырбекти байкаган жок, а түгүл карап да койгон жок. Кыдырбек чарчаган аттай бутун бир жерге токтоталбай, коомай-

сып, тынчы кетип, уялып турду. Бир аздан кийин капитан дүрбү менен тиги жакты бир топко карап турду да, дептерине бирдеме жазып, бирдемени эсептегенсип жатты.

– Прямой наводка менен атып жатышат, бул чабуулда гана болчу эле,– деди ичинен Кыдырбек, эчтемеге түшүнбөй. Тегеректе майда бадалдар, башка токой жок.

Бир аздан кийин атуу токтолду. Капитандан алысыраактагы блиндаждан телефон менен сүйлөшкөн кимдир бирөөнүн үнү чыкты да, блиндаждан бир солдат башын чыгарып, капитанды телефонго чакырды. Капитан блиндажга кирип, бир топко жок болуп кетти да, батарея жакка кайта басып келди. Ошондо гана капитан Кыдырбекти көрдү. Кыдырбек честь берди. Капитан колун болор-болбос чекесин көздөй шилтеди да, Кыдырбекти көз менен имерип чыкты. «Ооруктан келген жаңы эме окшойт, честь бергени башкача, согушту болсо көрөлек болуш керек, бышпаган дүмбүл неме го!» деп, Кыдырбекти теңсинбей, карагысы да келбей, батарея жагына басып баратты. Батареядагылар терин аарчып, тамеки ороп отурушкан эле.

– Жолдош капитан, бир сөз сурашка уруксат этиңиз,– деди Кыдырбек. Кыдырбектин үстүндө жука солдат щинель көнөрөөк өтүк, жонунда баштыгы бар эле. Капитан Кыдырбекти дагы бир сыйра тиктеп алды да:

– Сура,– деди.

– 62-армиянын штабын биле аласызбы?

– Эч кандай штабды мен билбейм,– деди капитан Кыдырбекти жактырбагансып.– Өзүң ким болосуң?

Капитандын сүйбөй, көргүсү келбей турганына Кыдырбектин ызасы келсе да, сабыр кылып, көзүнө тик карап, ачуусу менен:

– Гвардиянын старший лейтенанты Сулайманов! Госпиталдан. 62-армиянын карамагына келгемин, жолдош капитан!– деди.

– А гвардиябы? Госпиталдан де. Качантан бери согушуп жүрөсүң?

– 1941-жылдан бери, жолдош капитан.

– Жарайт, жарайт, жолдош старший лейтенант, ошондой де.

– Барып дем алгыла,– деди капитан батареясына,– түндө дагы иштейбиз,– Кыдырбекке карап,– бүгүн биз эртеден кечке

иштедик, фрицтердин жазасын берип жатабыз, жакында булар капут болот, жүр,– деп, Кыдырбекти колтуктап алды да, эзелтен бери тааныш немече блиндажды көздөй сүйрөп алып кетти. Кыдырбек дароо фронттун карабайыр турмушун сезип, жеңилдене түштү.

Капитандын блиндажы мακталып жүргөн артиллеристтердин айтылуу блиндаждарынан экен. Үстүн үч сыйра жапкан, саман, төшөлгөн тактай нары бар блиндажга күзгү да коюшкан экен. Блиндаждын оозундагы кыпкызыл болуп турган темир меш жактагы телефондун жанында отурган байланышчы баштык асынган Кыдырбекти көп тоото бербей, капитанга гана урмат менен честь бергендей болду.

– Васька кайда?– деди капитан байланышчыдан.

– Ужинге кетти,– деди байланышчы, бу ким болду экен дегенсип, Кыдырбекти тиктеп.

– Порядок!– деди капитан чолок тонун чечип, мыкка илип, кол кабын колунан шыпырып, үшүгөн колун ушалап.– Порядок! Азыр бирге тамактанабыз. Ошентип, 62-армияны издеп жүрөм дейсиңби?

– 62-армияны, жолдош капитан. Генерал-лейтенант Чуйковду.

– Баятан эле ошондой дебейсиңбй? 62-армиянын штабы десең эч кимди табалбайсың, Чуйков десең баары билет. Немецтер күнү-түнү Чуйковду Волгага түртүп жок кылабыз деп тырышат, а болсо кебелбей салгылашып жатат. Киши эмес эле алп экен. Жалгыз өзү Сталинградды кармап турат десе да болот. Бирок, Чуйковго сен жете алар бекенсиң– деди капитан Кыдырбекти аягансып тиктеп.

– Эмне үчүн?– деди Кыдырбек таң калып.

– Эмне үчүн? Кеп ошондо «эмне үчүндө» болуп турат. Чуйков немецтерге өлүп бараткан шайтанча жакадан алып отурат. А дагы өрттүн ичинде. Сен анын штабын таап жеткиче (анын штабы өзү менен кошо жүрөт) сени немецтер же өлтүрөт, же жарадар кылып, колго түшүрөт. Анткени Чуйков немец менен босоголош. Бир кадам адашчу болсоң немецке конокко кетесиң. Толуктоого келгендерди атайы өздөрү келип, түн ичинде алып

кетип жатышат. Болбосо башка армияга же немецтерге кабылыш опоңой.

Капитан сөздүн чынын айтып жаткан. Генерал Чуйковдун кайсы бир бөлүктөрү душмандын курчоосунда калып, чыгалбай, курчоодо жатып алып согушуп жатышкан. Буларга азык ок дарыны сол жээктен суу тоңгондон бери кол чана менен ташышчу.

– Далайды көрдүм эле, эптеп өз босогомду табармын,– деди Кыдырбек, күлүмсүрөп.

– Көргөнүн көргөнсүң, андан шегим жок, бирок Сталинградды сен көрөлексиң, буга мактаныштын кереги жок. Анда менин блиндажымда тура тур да, тыяктан Чуйковдун кишилери келгенде кошо кеткин, болбосо бөөдө өлүм болосуң, чын айтам,– деди капитан.

– Таанышууга уруксат этиңиз, Жолдош капитан, старший лейтенант Сулайманов!– деди Кыдырбек, күлүмсүрөп ордунан туруп.

– Өчүңү алдың, жолдош старший лейтенант, өчүңү алдың,– деп, капитан каткырып күлүп, ордунан турду да,– кечирим сурайм, капитан Попов,– деди.– Чынымы айтсам, оорукта жүргөн бир мадыра баш, кагаз жеген чычкан экен дегемин. Чечин, жолдош старший лейтенант, азыр тамак дагы бирдеме... ичебиз!– деп, көзүн кысып койду.

Ушул учурда кеңкигий мурун жаш солдат Васька капитандын бейтааныш офицер менен сүйлөшүп жатканын угуп, блиндаждын оозунда таң калып карап турган эле. Ал өз оюнда капитан эч кимден кечирим сурап, алдына түшпөгөн мүнөзү катуу эр деп, аны эч кимге теңебей жүргөн болучу. Капитандын өзүнөн кичүү бирөөдөн кечирим сурап, чечинтип жатканын Васька жактырбай, Кыдырбекти жаман көрүп, көзүнүн кыйыгы менен карап, алып келген кичинекей термостогу тамакты мештин түбүнө койду. Карап калган капитан менен Кыдырбекти олурая тиктеп, колун чекесине тийгизимиш болду. Ошо замат блиндажга 5-6 сержант, старшина кирди. Булар– орудиянын командирлери. Булардын баары Кыдырбек менен амандашып, таанышып, божурап сүйлөшүп калышты. Буларга Кыдырбек жакты көрүнөт, (анткени фронтто көп учурларда киши бир эле көргөндө же жагат

же жаман көрүнөт), дароо Кыдырбек менен өз кишидей сүйлөшүп, сөз тамаша, күлкүгө айланып кетти.

– Апкел, Васька, тамагыңды, анан тигини… тигини!..– деди капитан арактын атын тергеп, күлүп.

– Капитандын коногу бар экен, кудай буюрса, биз да куру калбапыз, – деди узун бойлуу старшина, келишкен узун сары мурутун чыйратып, тамагын жасап.

– Апкел, апкел!– деди капитан, сержанттардын күлкүсүн кубаттагансып.

Васька капитанга сактап берип жүргөн арагын булар ичип коюшат экен деп, арагын аяп, күлүп жаткан сержанттарды да, буга себепкер болуп жылмайыш отурган Кыдырбекти да жининдей көрүп, нааразы болуп, кыймылдагысы келбей турду.

– Сага эмне, Васька, жалдырама тийгенби же сараң Ооруң кармап турабы? Капитан айткандан кийин тогуз тоголонун кетпейсиңби?– деди Васьканын кыйыгына тартып турганын байкаган старшина.– Капитанды меймандын көзүнчө уят кылганы турасыңбы?

– Жуткучтарга шылтоо табылбай калбадыбы!– деди Васька кабагын бүркөп.

– Бүркөлбөй эле кой, тиги жээктеги биздин артиллеристтер немецтен көп спирт түштү, алып кеткиле деп атат, арак жетпесе, эртең же бүгүн түнү барып бир бидон көтөрүп кел. Ансыз деле капитанга кызмат кылып жарыткан жериң жок. Анте берсең бир күнү капитан пехотага айдап жиберет, мамаңды ошондо көрөсүң,– деди ак жуумал, муруту эми чыгып келаткан сержант. Капитан баштап баары күлүп калышты.

– Силер бочка болсо да тойбойсуңар!– деди да, Васька стакан, флягаларды төрт казыкка мыктап таштаган тактай столдун үстүнө коюп, кателокторго тамак бөлүштүрө баштады.

## XXXI

Саат ондорго жакын, блиндажда бажырап сүйлөшүп отурганда телефон шыңгырады. Үргүлөп уктап отурган телефонист ыргып туруп, көзү умачтай ачылып, телефондун туткасын бир-эки жолу толгоду да, микрофонду алып:

– Орел слушает! Хозяин дома, передаю!– деди.

Үйдүн кожоюну капитан Попов ылдам телефонду алып, ошо замат эчтеме ичпеген кишиче сопсоо болуп, командиринин үнүн ынтаасы менен угуп турду. Аздан кийин колу менен илинип турган планшетти жаңсады. Жакын турган мурутчан старшина ылдам планшетти илип алып, түймөсүн (кнопкасын) тырс эткизип чыгарып, ичинде картасы бар планшетти жазган бойдон капитандын астына койду.

– Жаздым, жолдош № 1, квадрат...– капитан картага квадратты белгилеп алды да,– баары ордунда болот, слушаюсь!– деп, телефонду алкагына илди. Орудиянын командирлеринин баары капитандын планшетине тигилип калышты.

– Жолдоштор!– деди капитан таптакыр башка, буйрук берген өкүмдүү үн менен.– Жазып алгыла! Координатыбыз...– деди, картага белгиленген цифраларга үңүлүп. Орудиянын командирлери цифраларды жазып алгандан кийин,– азыр фашисттер менен сүйлөшөбүз, замбирегиңерди даяр кылгыла!– деди.– Азыр Чуйковго ок-дары, азык, толуктоо келет экен. Немецтер өткөөлдү ракета менен жарык кылып жатыптыр. Сөзсүз аткылайт, Чуйковдун азыгы менен кишилери өтүп болгуча фрицтерди баш көтөргүс кылып атып туруш керек.– Анан Кыдырбекке бурулуп,– жолдош старший лейтенант, сиз кандай... эс аласызбы, же...– деп, Кыдырбекти кадимки мейман катары көрүп, көзүнө карап, ачык бирдеме айталбай турду.

– Рахмат жолдош капитан, мен тыякта болушум керек,– деди Кыдырбек такалбай.

– Анда эмесе аман болуңуз. Чуйковдун кишилери менен жетип алыңыз. Ну, по орудиям!– деп Кыдырбек менен баары бек кол алышып, баары тышка чыкты.– Васька старшойду өткөөлгө чейин узатып кой! – деди капитан тыштан.

Кыдырбек тышка чыкканда асманды карата ракеталар матылып, муздап калган Волганын үстү жапжарык болуп турган. Васьканы алдына салып алып, Кыдырбек Волганы көздөй ылдамдап баратты. Ракеталар өчкөндө көзгө сайса көрүнгүс болуп караңгы түшүп, тапталып калгап жолдон адашып, кээде кар малтап калып жатышты.

– Мына бу биз бараткан жер өр, айдөөш жер, бу жердин баарында ок-дарынын склады, жарадарлардын блиндажы; ташып үлгүралбай жатышат. Тиги өйүздүн түбүндө да склад, жарадарлардын блиндажы бар. Немеңтер жарадарларды да өткөзбөй бомбалап, замбирек менен аткылайт. Чуйковдун бир дивизиясы курчоодо калып, бир айдан бери чыгалбай жатат. Ок-дары, азыкты ошо дивизияга берет, көрөрсүз, жолдош старший лейтенант,– деди Васька баарын билген немече. Чынында да Васьканын билбегени жок. Анткени капитандын билгенин Васька да билүүчү, кээде, оң жээкке жойлоп барып келгенде капитан угалек жаңылктарды Васька билип, Васька айтып келе турган.

– Курчоодогу дивизиянын командири ким?

– Командири полковник Людников,– деди Васька старший лейтенанттын сураганына, өзүнүн баарын билгенине, такалбай жооп бергенине ичинен дардайп «Мен баарын билем, дагы эмнени сурайсың?» дегендей кылып, Васька тынбай сүйлөп келатты.

– Өзүңөр кайсы бөлүккө карайсыңар?– деди Кыдырбек, чын эле. Васьканын билгичтигине таң калып.

– Биз эч кимге карабайбыз,– деди Васька көтөрүлүп.– Биз эч кимге баш ийбейбиз. Биз Родинанын резервибиз. Кайсы жерге жардам керек болсо, ошо жерге барабыз. Биздин замбиректерди трактор сүйрөйт. Мындай килейген немени машина тарталабы?– Васька өзү командалык кылбаган замбиректерди мактап, өзү да мактана баштады. Анткени. менен бул замбиректер Васька мактангандай бар эле, мындай замбиректерди Кыдырбек мурун согуштан да, окуганда да көргөн эмес. «Пехота байкушту колдой турган куралдар чыга баштаган экен,– деди ичйнен Кыдырбек, жетиналбай кубанып; Васьканын сөзүн уккусу келе берди.

– Биздин самолёттор көппү?

– Жакындан бери мурун көрбөгөн самолёттор– истребителдер уча баштады. Немецтикинен да ылдам. Сиз аны көрөлексизби?

– Көрөлекмин.

– Оо! Анда эчтемени көрөлек экенсиз,– деди Васька, өзүн Кыдырбектен өйдө көрүп, көтөрүлүп.– Биз келгенден бери Сталинград фронтунун иши оңолуп, солдаттар оңуп калышпадыбы!

Сиз жаңылыкты билелек экенсиз!– деп, Кыдырбекти кемсинтип баратып, бирок жана блиндажда отурганда Кыдырбектин төшүндөгү оор жарадар болгондук белгиси болгон эки мала сары кыйыкты көргөнү эсине түшүп, кеп нары кеткен жок.

Ошол учурда берки өйүздөн да наркы өйүздөн да көп замбиректин кананадасы чыгып, жер титиреп кетти. Кананада менен бирге моторунун үнү дырылдап араң утулган «кукурузниктердин» да табышы чыгып, караңгыда ийнеликтей болуп учуп бараткан көп самолёттордун карааны үстү жактан көрүндү.

– Түн ичинде немецтерге көргүлүктү «кукурузниктер» көрсөтүп жатат, деди Васька токтоло калып, көктү карап, куду немеңтер менен аралашып жүргөнсүп.– «У-2» десе немецтер чачын жулуп ыйлайт. Анткени фриц бомба башына кулаганын гана бир билип, атайын десе көралбай, айласы кетет. Баарыдан да бомбалап жүргөн учкучтардын бир тобу катындар имиш. Немецтер кордукту орустун катындарынан көрүп жатканы кызык э, жолдош старший лейтенант?– деп, Васька токтоп, Кыдырбекке бурулду.

– Васька, биз жакшы эле немецке кор болдук, биз да фашисттердин бир кор болгонун көрсөк болот эле!– деди Кыдырбек, немеңтерден качып, корунгандары эсине түшүп.

– Көрөсүз, жолдош старший лейтенант, көрөсүз,– деди Васька, өз сөзүн эч бир калетсиз көрүп. Карапайым бул жаш солдаттын кадиксиздиги Кыдырбекке жагып, Кыдырбектин көңүлү, эмнегедир чоң бир даанышман, генерал сүйлөп тургансып, ток боло түштү.

## XXXII

Кыдырбек киши, машина, арабалар додолоп жаткан өткөөлгө келип, Чуйковдун кишилерин таап, тынымсыз дүңгүрөгөн замбиректин кананадасын жамынып, солдаттар менен бирге ок-дары, азыкты сүйрөшүп, Волганын оң жээгине чыкты. Волганын бийик оң жээги кыжылдаган солдаттарга толуп, туш-тушка араба, машина, менен жук ташып жаткан. Кыдырбек ушу жерде жүк жүктөшүп жатып, шырымал шым, куртка кийген, кийиз өтүк, тумакчан, эч кандай чин. белгиси жок, бирок буйрук берип баа-

рын башкарып турган алибеттүү чоң, чымыр бир солдатты улам-улам таң калып тиктеп турду да, ушул кымкуутта бирөө менен дурустап сүйлөшө албасына көзү жетип, Чуйковдун штабын ушу күлтүйгөн солдаттан сурагысы келди.

– Ай жолдош,– деди Кыдырбек солдатты жеңден тартып,– ай жолдош, Чуйковду билесиңби? Кайдан табам?

– Чуйковду эмне кылат элең?– деди күрсүлдөгөн жоон, ачуулуу үн менен солдат.

– Мен Чуйковдун карамагына келдим эле.

– Сен кимсиң?

– Старший лейтенант Сулайманов.

– Кайдан келдиң?

– Госпиталдан.

– Аскердин кайсы бөлүгүндө кызмат кылгансың?

– Пехотада.

– Качантан бери согуштасың?

– 1941-жылдан бери.

– Чегиндиң беле?

– Эки жолу.

Капыстан суракка алган күлтүйгөн солдаттын нары-бери таңыркап тиктеп, ошо замат мунун жөн киши эместигин байкап, бирок чин белгиси жок болгондон кийин өзүнүн офицердигин, ошондуктан мындан өйдөчүлүгүн жерге түшүргүсү келбей, солдатка катуу бир тийди. Солдатты бу кезде көп киши тегеректеп калган эле. – Сен сурак кылбай жөн айтасыңбы, жокпу?– деди солдатты колдон алып.

– Сен, балам, шашпай коё тур, менин жашым кырктан ашып калды, сен болсо балапан, өзүңөн улуу кишини жулкулдатканыңа жол болсун? – деди да, жанындагы бирөөгө – мына бу... улутуң ким? – деди Кыдырбекке бурулуп.

– Кыргыз, – деди Кыдырбек таң калып, бир чети.

– Мына бу кыргызды... старший лейтенант Сулаймановду Людниковго жибер. Келген солдаттарды баштап апарсын. Киши кошуп бер. Немецтер буларды Людниковго соо жибербейт. Гранаталар менен куралдандыр, автомат болсо да бер!– деди.

Бу «солдаттын» жөн киши эместигине эми Кыдырбектин акыйкат көзү жетти да, караңгыда эңкейип, «солдаттын» бетине карай берди.

– Эмне, тааныгың келип турабы? Мени сен көргөн эмессиң... Мен Чуйковмун!.. деди «солдат».

– Жолдош генерал...

Кыдырбек честь берип, бирдеме демекчи болду эле, Чуйков анын сөзүн бөлүп:

– Бар, бар, жолуңа түш, генерал! Людниковдон мен кийин сураймын, немецтин колуна түшүп калып жүрбө, жакшы согуш, силер курчоодосуңар!– деди да, Кыдырбектин «есть, есть!» деп, честь берип, колун чекесинен албай турганына назар салбай, кайтадан жээктеги жумушту башкарып кирди. (Генерал-лейтенант Чуйковдун көп учурларда солдат формасы менен солдаттардын арасында жүрө бергенин солдаттардан укмак турсун, Кыдырбек кийин өзү көз көзү менен далай жолу көрдү).

## XXXIII

Бул учурда Чуйковдун штабы Людников менен радио аркылуу гана байланыш жасап турушкан эле. Буларга бу сапар толуктоо баратканын, аларды утурлап тосуп алыш керектигин да, Чуйковдун штабы радио менен кабар кылды. Бирок кандай кылганда да жери тар, камалып отурган Людниковго жетиш кыйын эле. Кыдырбектин көптү көрүп, тазып калгандыгы жардам кылып, ок-дары, азык-түлүк менен Людниковдун чегине таңга маал араң жетишти. Келген жаңы кишилерди ошо замат көптөн бери тынымсыз согушта жүрүп каржалган солдаттардын «позициясына» жиберишти. Ал эми позиция маанисине туура келе турган позиция буларда жок болучу. Согуш ар бир үйдүн подвалын, анын биринчи, экинчи, үчүнчү катарларын, же ашкана, ваннасын талашкан согуш болуп жаткан. Бул согушка немецтер тарабынан да, биз тараптан да майда топтор катышып турушту, ири бөлүктөр үчүн жердин тардыгы мүмкүндүк бермек эмес, анын үстүнө Людниковдун кишилери да күндөн күнгө азайып бараткан.

Кыдырбек жаш болсо да такшалып калган командир экенин биле, көрө туруп, аны штурманчы топтун командири кылып дайындашты. Штурмачылардын командири капитан Селимов өзүнүн сынаган кытмыр көзү менен Кыдырбекти тегерете тиктеп, Кыдырбектин ичинде эмне болуп жатканын тыңшагансып турду. Капитандын көзү Кыдырбекке жакпай, ачуусу келип, капкара болуп, көздөрүнүн агы тегеренип кетти.

– Түшүнүп турам,– деди капитан, Кыдырбектин жактырбай турганын түшүнүп,– түшүнүп турам....

– Эмнени, жолдош капитан?– деди Кыдырбек, капитанга үнүн бек чыгарып, сөзүн бөлүп.

– Сөздү бөлбө! Эмнеге жиниң, келет? Мен сага...– деди да, ошо замат ордунан туруп, колун чекесине алып, бирдеме деп сүйлөөгө оозун камдап калды.

– Встать! Жолдош полковник!..

– Болду, болду!– деди, погону жок, чолок тончон солдаттан айырмасы жок, жаагын катуу кыл баскан, жанында автоматчиктери бар, армянга окшогон кара киши подвалдагы офицер, солдаттар менен амандашты. Бул полковник Иван Ильич Людников эле.

– Сизди штурмачы топко дайындаштыбы?– деди Людников Кыдырбекке карап, бирок жооп күтпөй, өзү жооп берди.– Билем, билем мага айтышкан. Сизди жогорураак көтөрүш керек эле. Кантебиз? Сталинграддагы баарыбыздын тагдырыбыз ушундай болуп турат. Кээде мен өзүм да штурмачы топтун командири брлуп кетем. Кече эле жакында немецтер менин команда пунктума кирип келгенде, так ошондой болду. А түгүл артиллерияны өзүмө чакыра жаздадым. Азырынча ал-жайыбыз ушундай. Өзүбүздүкүлөргө кошулгандан кийин иш башкачараак болот. Анда ар кимдин ийкемнне жараша кең жол беребиз. Азырынча камоодобуз! Кеңдикти, жулуп алыш керек болуп турат. Түшүнүктүүбү, жолдош старший лейтенант?– деди жай баракат, кабагын бүркөп,

– Түшүнүктүү, жолдош полковник!

– Түшүнүктүү болсо иш мындай: мына бу үйдү көрүп турасызбы?– Людников подвалдын аңырайып турган тешигинен эки

жүз мертче оолак турган эки кабат бузулган үйдү көргөздү.– Ушул үйдү немецтер ээлегенден бери биздии тынчыбыз кетти. Күндүз эмес түн ичинде жылдырбас болду. Ңемецтер бул үйдүн биринчи кабаты менен подвалында отурушат. Ушул үйдү кантип алабыз?– деди Людников, Кыдырбек менен кеңешкеңдей, бурулуп, Кыдырбекке карап.

– Булардын куралы эмне экен?– деди Кыдырбек, капитандан сурамыш болуп, бирок Людниковго.

– Автомат, кол пулемёт, миномёт,– деди Людников. эсепте, бу тамда канча киши бар дейсиз, капитан?

– Жыйырма кишиден ашык эмес.

– Мага канча киши бересиз?– деди Кыдырбек мурункусунча, капитанга эмес Людниковго.

– Канча киши керек?– деди Людников, капитан жооп бергиче Кыдырбек андан озунуп:

– Менимче он кишиден ашыгы болбойт, жолдош полковник. Биз эки топко бөлүнүп, үйдүн бириичи кабаты менен подвалын камайбыз да, граната, автомат менен штурмалайбыз. Бул үчүн ыгын таап, чукулдан кирип барыш керек,– деди Кыдырбек, буйдалып турбай, бул жумуш өзүнө тапшырылып тургансып.

– Дурус, дурус,– деди Людников,– ал эмне үчүн он киши, эмне үчүн көбүрөөк эмес?

– Чыгаша көбүрөөк болот, жолдош полковник. Бул үйдү ээлегенден кийин ракета менен белги беребиз, андан кийин канча киши, кандай курал берсеңиз да каршылык жок,– деди Кыдырбек.

– Дурус, дурус, ишиң ийгиликтүү болсун,– деди да, полковник планшетиндеги картаны столго жаая баштады.

– Капитан, штабдын начальнигин телефонго чакырып бериңиз,– деди Людников.

## XXXIV

«Совет өкмөтүнүн тагдыры ушул Сталинградда чечилет!» деген сөздөн кийин шектенүү сезими ар бир солдатка ар башкача туюлуп, бирөөлөр шалдайып бошошо түшсө, бирөөлөр кайтадан

чыңалып, үмүттүү болушту. Кээ бирөөлөр: «Акыры жеңиле турган болгондон кийин жан кечип эмне кереги бар? Андан көрө баш калкалап же колго түшүп берип, же эптеп аман калыштын амалын кылыш керек,..» дешти. Кээ бирөөлөр (ичинде шеги, коркунучу болсо да) өздөрүн кандайдыр бир купуя, бийик үмүткө, таза идеал тилекке багынтып, фашизмге, Гитлерге көз каранды болуштан көрө кармашып жүрүп өлгөндү артык көрүп, демек, кызыл кыргынды салып жүрүп фашизмди жеңүү аракетинде болушту. Булар өздөрүнүн акыр түбү жеңерине көздөрү жетип, кандай кырсык, кандай оорчулук башка түшсө да, аны кыңк этпей көтөрүштү. Бул өңдүү кишилер патриоттук сөздөрдү сүйлөбөгөн, аны көп сүйлөгөн кипшлерди жактырбаган, ишти унчукпай колко да кылбай йштей берген кишилер эле.

Сталинградга келгенде ушул сезимдин кайсынысына кабылар экемин деп келген Кыдырбек, тиги сол жээкке келгенден баштап эле таң кала берди. Жаңыдан Волганын тиги өйүзүнө келгенде өрттөнүп, капкара түтүнгө чулганып жаткан Сталинградды көрүп чочуду. Ал эми Кыдырбек артиллеристтерге келип, булардын тамагын ичип, булар менен, Васька менен сүйлөшкөндөн кййин, анан Волганын бул жээгине өтүп, бу жээктеги командирлер менен солдаттарды көрүп, алардын йчин байкагандан кийин жанакы кыйнап келаткан шектенүү сезими жоголуп, кайтадан көңүлү чайыттай ачылып, өзүнүн эчтемеден аянбаган, жайдары калыбына келген эле.

Согушту көрөлек солдат согушту көрүп, согушка көнүп калгансыган командирге ыгып, ага атасына ишенген жаш балача ишенип, көңүлү ток болот; согушту көрөлек командир согушту көрүп, согуштун ыгын алып калган солдатты көргөндө аны бел тутуп, кээде намызынан өлүп баратса да анын сөзүн, а түгүл командасын угууга аргасыздан макул болот. Аны бирөөлөр корккондуктан иштесе, бирөөлөр көптү көргөндүн акылын угуш үчүн иштейт.

Кыдырбек өзүнүн штурмачы тобунун кишилерин тандаганда так ушуну эске алды. Солдаттардын ичинде согушту көрелек сержанттар менен бирге согушту көрүп калган солдаттар да бар эле. Буларга Кыдырбек өзүн тааныштырып, өзү да таанышып

чыкты. Сталинграддагы согуштун бир өзгөчөлүгү: бул жердеги согуш көчө согушуна, штурмалоо согушуна айланган. Мындай согуштан Кыдырбектин өзүнүн да тажрыйбасы жок болучу. Бирок Кыдырбек мындай согушту ылдам түшүнүү менен бирге солдаттар менен бул согуш тууралу, өздөрүнүн аткара турган операциясы тууралу өздөрү менен өздөрү кеңешип, ар ким өз милдетин тактап алды. Штурмачы топтун биринчи тобунун (үйдүн биринчи кабатын ээлей турган топтун) командири сибирдик ак жуумал, мала кызыл чачтуу, мурду жалпак Чумаков, экинчи топтун (подвалды ээлей турган топтун) командири такшалган эски солдат Семилапов болду.

– Штурмачылар иш убагында сүйлөшпөйт, жолдош старший лейтенант,– деди Семилапов, штурмачы топ камынып бүтүп, ишке чыга турган болгон кезде.

Семилаповдун бул сөзү командирди баш кылып, бүт баарын катуу эскерткендик эле.

...Декабрь айынын суук караңгы түнүн жамынып, Кыдырбектин ак масхалатчан тобу акырын боортоктой, немецтердин «үйүн» көздөй жылып жөнөштү. Кыдырбек артиллерия же башка Куралдын күчүн жамынып баруудан баш тартып, непаада чегинип калса гана жардам берүүнү сураган. Кыдырбектин пикири боюнча, тобокел деп, душмандын «бейкуттугун» пайдаланыш болучу. Ал эми душмандын бейкут же сак болуп жатканына эч кимдин көзү жеткен эмес.

Анткени тиги үйдөгү немецтер үзгүлтүксүз аткылап, ракета менен туш-тушту жарык кылып турушкан. Бирок тополоң үйдөгү жалгыз дежурныйдын тополоңу болушу да мүмкүн.

Булар ракета атылганда кар менен кар болуп жерге жабышып, ракета өчөр замат ылдамдап жылып баратышты Штурмчулардын командири да, бөлүктүн штабы да, Людников да, Кыдырбек да, жылып бараткан солдаттар да, эч ким, бир аздан кийин, беш, он, жыйырма, отуз мүнөттөн кийин, балким бир сааттан кийин алдында эмне окуя болоруна көзү жетпей бирөөлөрү сабыры түгөнүп күтүп, бирөөлөрү өлүмдү да, тирүүлүктү да ойлоого чолоосу да жетпей, жан тери келип, бардык аракети

душманды өлтүрүш болуп жатты. Булар өздөрүнүн өлүмүн ойлогон жок, анткени өлүмгө башын сайып койгондуктан, алардын денеси өлүп калган болучу, Тирүү калыш үчүн булар эчтемени ойлобоо керек эле, бирок ким билет, өлүмгө бараткан кишини эчтеме ойлобойт деп айтууга болобу, жокпу?

Ири алдыда Семилапов баратты. Анын башын артына буруп койгону: «Алга!» деген белги эле. Сталинград күндүзгүсүндөй бомбаланып, аткыланып, өрттөнүп, ар бир мүнөт сайын эки тараптан тең жүздөгөн кишинин өмүрү кыйылып, кан төгүлүп турду. Бирок Кыдырбектин тобу ушул учурда эчтемени укпай, эчтекени туйбай, өздөрүнүн өлөрүн да, же өлтүрөрүн да билбей, жылып баратышты.

# ЭКИНЧИ КИТЕП

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

### I

Кыдырбек ушунча согушта жүрүп эч качан немец менен беттешип көргөн эмес. Азыр да немецтин бетин көрбөй, артынан кош колдоп кармап немецти муунтуп турду. Немец белиндеги шап бычакка жулунгандын ордуна эки колу менен Кыдырбектин колун чыгарам деди да, бирок чыгара албай, шап бычакка жетүүгө да чамасы келбей, жан далбаса кылып, Кыдырбекти кош колдой моюндан алды да, башынан алыс ыргытып жиберди. Эмне болуп кеткенин түшүнбөй, муунтуп жеп кыркырап турган карылуу немец бир ирмемге эстен танып, теңселип турганда Кыдырбек мышыкча секирип барып, немецти кайтадан тамактан алып, кайтадан муунтуп калды. Эми да немецти көрбөй, бирок караңгыда бетме-бет тиктешип турган эле. Бойлуу, эткээлинен келген чоң немец жапалдаш бойлуу Кыдырбекти колтуктун астыңан чап кучактады да, балача типтик көтөрүп, жерге баса жыгылды. Экөө тең мууздап таштаган немедей коркурап, далайга алышып жатып, анан жымжырт болушту.

– Старшой, старшой!.. – деди бирөө, буларды электр фонарь менен жарык кылып.

Бул Косолапов эле немец үстүндө, Кыдырбек астында, экөөнүн тең көзү чанаганан чыгып кетчүдөй болуп, бирин-бири муунткан бойдон тиктешип калган экен. Косолапов немецти алкымдап, оодара тартып, үстүнө мингенде, немец ансыз деле шалак этип Кыдырбек менен кошо оодарылып, Косолаповдун эсиң чыгарды.

– Колум, колум... – деди Кыдырбек аянычтуу үн менен.

Немец өлүп, Кыдырбектин колу ңемецтин жоон мойнуна батып, карышып калган эле. Косолапов анын колун араң жазып чыгарды.

– Старшой, үй биздики! – деди Косолапов, Кыдырбекти кучактап өпкүсү келип, кубанып:

– Биздин сигнал ракетаны бер,– деди Кыдырбек.

Бул буйрук эле, бирок бул буйрук азыр эле өлүм менен күрөшкөн аз мезгилдин ичинде бирин-бири сынашып, ал сыңоодо чыныгы боорукердикке ыраазы болгон жаны бирге кишилердин бири-бирине ичи эзилип турса да, аны билгизбөөгө тырышып, эптеп сөздү башка жакка буруп кетиштин аракетин кылган буйрук эле.

– Ракета берилди, старшой, – деди Косолапов.

– Кишилер кандай?

– Баары аман. Үч киши жарадар...

– Орнатуп жатышат, старшой.

– Немецтердин минометторун...

Чумаков баш болуп, бир тобу өзүн тегеректеп турганын караңгыла Кыдырбай азыр гана байкады.

– Азыр немецтер чабуул жасайт, орду ордуңарга баргыла,– деди да, оорулуу жерлерин сыйпалап, солдаттардын «Старший лейтенанттын» ордуна «старшой» деп бат эле байыр алып жакын көрүп калганына ичинен кубанып, баарынан да тирүү немец менен бетме-бет келип кармашканына, андан кантип аман калганына таң калды. Качан болсо немецти көрбөй, алыстан сүрдүгүп, алар тууралуу түрдүүчө ойлоп жүргөн Кыдырбек ушу сапар немецтин колунан өлсө да арманы жок эле, анткени кармашты, кармашканда да бетме-бет келип кармашты! Жекеме-жеке кармашканда куралсыз кармашканына колунун кычуусу кангандай болуп.

– Старшой, немец ыйлап отурат, – деди Косолапов,

– Кайда?

– Подвалда.

Колго түшкөн немецти көрүш, анын үстүнө өз колдору менен колго түшүргөн душманды көрүш Кыдырбек үчүн таңсык да, саамалык да болучу.

– Бул үйдүн гарнизону канча киши экен? – Бар болгону сегиз.

– Ушул учурда полковник Людников ээрчиткен кишилери менен кирип келди.

– Жолдош полковник...

– Болду, болду,– деди полковник, караңгыда, Кыдырбектин колун бек кысып.

– Бу жерге провод тарткыла, бу жерди НП кылабыз, кандай дейсиз, капитан? – деди Людников Селимовго, бирок бүгүн-эртең ушу жерде өзүнүн КПсы болорун ойлоп. Селимовдун жообун укпай,– подвалды көрсөткүлө,– деди.

– Сизге колго түшкөн «биздин» немецти көрсөтөлү,– деди Косолапов.

– Оо, мындай сюрпризиңер да бар беле?

Подвалда гильзадан жасаган шайтан чырак күйүп турган. Автоматчиктер полковниктин алды-артын торой басып, подвалга киришти.

Подвалда немецтерге карата орнотулган немецтердин миномёттору, пулемёту турган.

– Немецтер бизди пулемет менен экинчи этаждан койгулап атпады беле, силер эмне үчүң муну быякка койдуңар?

– Людников жарыкта бул үйдүн мындан ары боло турган гарнизонун бир сыйра карап чыкты.

– Уруксат этсеңиз аякка биз өзүбүздүн пулемет менен автоматчиктерди койсок,– деди Кыдырбек, колун чекесине алып.

– Бу да туура, туткунуңар кайда? – деп полковник шашпай папирос чекти.

– Жолдош полковник, немецтер... – демекчи болду Кыдырбек.

– Билем, билем, немецтер чабуул коюшу мүмкүн... – деди да, Косолапов баштаган жакты көздөй басты.

– Мына «биздин» немец,– деди Косолапов. Подвалдын эң төрүндө немец эки колу менен бетин басып уңкулдап отурган экен. Жанында автоматчик турган. Немец дүбүрттү уруп, ордунан тура калып, «смирно» командасын бергендей, зыңкыйып калды. Ыйлаган көзү дале жашылданып, эмшиңдеп жиберчүдөй болуп, эриндери дирилдеп турду.

– Капут, капут... Гитлер капут... – деп, немец дагы бир топ немелерди айтып балдырады.

– Бул эмне дейт? – полковник адъютантына бурулду. – Бизди бекер кырып салдыңар, ансыз деле колго түшүп берсек дегенде эки көзүбүз төрт болчу дейт,– деди адъютант.

– Аа, түшүнүктүү, булар да бизди аяп отурган жери жок, штабга жеткизгиле, дагы жолдо бирөө өлтүрүп коюп жүрбөсүн, ефрейтор экен, кереги тиет, проводду ылдам тартсын, кош, старший лейтенант,– деди Людников.

– Слушаюсъ, товариш полковник!

– «Павловдун үйү» дегенди укпансызбы?

– Жок, жолдош полковник.

– Укпасаңыз угуп коюңуз. «Павловдун үйү» деген бар. Павлов деген сержант өзүнүн ээлеген үйүн, мына үч айдан ашты, немецке бербей келатат, немецтер нечен жолу чабуул жасаган, нечен жолу замбирек менен аткылады, дале аткылап, дале чабуулдап жатышат, бирок ал үй былк этпей «Павловдун үйү» бойдон келатат. Түшүндүңүзбү, жолдош старший лейтенант?

– Так точно, түшүнүктүү, жолдош полковник.

– Бу жерде биздин пулеметчик, минометчиктер болот. Азырынча өздөрүнүкү менен өздөрүн сого бергиле, сиз артиллерияны...

– Билем,– деди Кыдырбек, озунуп.

Полковник кишилери менен чыгып кетти. Булар чыгар замат немецтер бул үйдөгү өзүнүн гарнизонун жоктой баштады.

## II

1941-жылы бүткүл дүнүйө Москваны кулайбы кулабайбы деп, кээ бирөөлөрү кулашын тилеп, күтүп, күтүшүндө да анын кулашына көзү жетип, ишенип, кыбасы каныл туруп күтсө, кээ бирөөлөрү жаны кейип, кантип эле Ленин орноткон социалисттик өлкө Гитлердин тепсендисинде калып, урап, күл ойрон болсун деп, үмүт-тилек менен күтүшкөн эле. Ошол эле тилектер оң-тескери болуп, 1942-жылы Сталинградда турду.

Кыргыздар айткандай, душман жер майышкан кол менен, дүңгүрөгөн сансыз артиллерия, танк, көк жайнаган айбаттуу авиациясы менен Сталинградга чабуул жасады.

Немецтердин бул күчүнө туруштук бере ала турган күч жок сыяктуу көрүнүп, биздин аскерлер акырындап Дондон Сталинградды көздөй чегинип отурду. Бул учур Кыдырбек Дон талаасында жарадар болуп, колго түшүп кала жаздап, араң чыккан. 1942-жылдын жайкы мезгили болуучу.

Бул чабуулда Гитлердин алгачкы планы боюнча жай ичи Советтер Союзунун түштүгүн бүт ээлеп, анын бүткүл жаратылыш байлыктарын эркине каратып, Москваны туш-туштан камап, багынууга аргасыз кылмакчы. Эгер бул план ийгиликтүү орундалып калчу болсо түштүк тараптай Турция, чыгыш тараптан Япония Советтер Союзуна кол салып, Советтер Союзунун башына катуу каргашалуу түн түшмөк. Мына ошентип,чынын айтканда, Сталинградда совет өкмөтүнүн же бар болуш же жок болуш маселеси турган.

Бирок ушунча күч менен шаарга кирип келген душман шаарды алалбай, согуш көчө согушуна айланды. Ар ар көчө, ар бир үй, ар бир бөлмө душман менен биздикилердин ортосундагы согуш майданы болду. Көп учурларда душман менен биздикилер босоголош, коңшу болуп, сүйлөгөндөрү угулуп турду. Биздин аскерлер үчүн адам чыдагыс кыйынчылыктар тууп, четтен караган кишиге биздин аскерлердин заманасы куурулуп тургандай көрүндү. Чынында да ошондой болучу. Сталинградды коргогон биздин көп дивизиялардын катуу согуштардан кийин дивизия деген аты гана болбосо кишисинин да, техникасынын да саны азайып, кээ бир дивизиялардагы кишииин саны саналуу гана калган. Барган сайын 62-армиянын (Чуйковдун) абалы оордой берди. Армиянын наркы өйүздөгү базасы менен боло турган байланышты душмандын авиация, замбирек, миномёттору улам үзүп, оор абалга дуушар кылды.

1942-жылдын октябрь айынан баштап, душман шаарды ала албай, жок дегенде Сталинграддын заводдорун, артыкча трактор заводун алууга аракет кылып, танк, артиллерия, авиациянын

күчү менен өлөрмандык чабуулдарын баштады. Бул чабуулдан кийин душмандын өзүнүн да эси ооп, кансырап калган эле.

14-октябрь күнү таңга маал душман авиация, артиллерия менен күчтүүлөп, саат 8де трактор заводуна кайтадан чабуул баштады. Душмандын чабуулун 150 танк колдоп, төрт сааттык кырчылдашкан согуштан кийин душман заводдун аймагына кирип келип, маңдайындагы Волга суусуна чыкты. Бул согушта душмандын катуу каккысын негизинен генерал-майор Желудевдин гвардеецтери менен Людников жеп, Чуйковдун 62-армиясы экиге ажырап, ансыз деле мүңкүрөп турган оор абалы андан бетер оордоду.

Ушундай катуу каргаша болуп турган учурда (15-октябрда) Сталинград фронтунун командачысы генерал-полковник Андрей Иванович Еременко Чуйковго телефон чалды:

– Василий Ивановичпи,

– Мен, жолдош командующий...

– Ден соолук, кол кандай? (Чуйковдун колуна экзема чыгып, ооруган колун таңып жүрүчү).

– Ден соолук жайында, кол баякы... кол.

– Эмне үчүн баякы кол? Начарбы?

– Колду кудай албас, андан көрө... өзүңүз кандайсыз, жолдош камандуюший? (Еременко Воронеж фронтунда эки жолу, кийинкисинде бутунан оор жарадар болуп, Кремилдеги госпиталга жатып чыгып, буту дале айыга элек).

– Бут баягы бут, Василий Иванович.

– Мына мен да ошону айтып отурам, жолдош командующий... – телефондон Чуйковдун акырын, билинер-билинбес улутунганы угулду.

– Иш кандай, Василий Иванович?

– Иш... иш... жолдош командующий... иттин немецтери такыр... Кээде менин командный пунктумдун жанынан келип немецтер биздин суудан балык кармачу болду. Немецтер менен жакшы «коңшу» болдук. Эмнесин айтасыз, жолдош командующий, «коңшубуз» бизди көзгө илбей, кутуруп турат. Өлбөгөн жерде калабыз деп, биз турабыз.

– Дурус, дурус, Василий Иванович, сизге конокко барайын деп турам,– деди Еременко, Чуйковдун чочуп кетерин алдыдан билип.

– Конок күтөр чама жок, жолдош командующий…

– Чамаңарды күтүп отурамбы, барам,– деди Еременко, Чуйковду сүйлөтпөй.

– Немецтер дозоктун отун чачып турат, жолдош командующий болбойт…

– Мейли! – деди да, Еременко телефонду илди.

Каргаша башына түшүп турган 62-армиянын ал-абалын андан бетер оордотуп, ноябрдын орто чендеринде душман Людниковдун дивизиясын 62-армиядан ажыратып, туш тушунан камап, Волганын боюндагы жарга апкелип такады. Ошону менен бирге немецтердин өздөрү да ошол жарга чыгышты, бирок Волгага чыгалышкан жок, анткени эки өйүздө турган артиллерия душманды Волганын жээгине башпактырбай аткылап турду. 20-ноябрь күнү Чуйков радио аркылуу Людников менен байланышты.

– Иван Ильич, жайың кандай?

– Жайым белгилүү, жерим тарыды, карышкырдын камоосунда калып, жарга такалып отурам, Василий Иванович, бирок качырып кирген карышкырды, букача челип коюп, жолотпой туруп атабыз, жалпы иштин жайы кандай, Василий Иванович?

– Людниковдун үнүндө такыр үмүтү үзүлүп, көкөй кести болгон кишинин үнү жок. Иван Ильич Людников баякысындай токто, салмак менен жай сүйлөп турду. Муну сезген Чуйков бу кишинин кайратына таң калып, ошо замат бу кишиге кайрат, насаат айтыштын кереги жоктугун түшүндү. Андай сөз айткан кишинин өзү да жакшы көрчү эмес. Мындай кыйынчылыкта айтылчу сөз ойлонтпой өзүнөн өзү табышарын өз башынан өткөрүп отурган. Чуйков, полковник Людниковго ыраазы болуп, «сиздин» ордуна «сен» деп, Людников жакын көрүнүп, ичи жылып, кубанганынан ыйлачу кишидей, үнү каргылданып кетти.

– Иван Ильич, жердин тарыганын айтпа, жерибиз тарыса да күнүбүз, күңүрт болбосун, ал эми жакында немецтердин жери тарымак турсун күнү күүгүм түшөт окшоду. Бугүн эртең менен

командующий көчтү (бул каршы чабуулга өттү дегени эле, биз азырынча өз журтубузда калып, жерибизди кеңитет экенбиз, Бүгүн талкан жеп каларсыңар, тосуп алгыла, канчасы сууга агып кетер экен…

Чуйков пауза жасады. Душман сөз тыңшап турабы деп, чочуду (ал турган кеп эле). Анын айтайын дегени наркы өйүздөн берки өйүзгө азык-түлүк, ок-дары, толуктоо боло турган кишилерди алдыга өтүш азаптьн азабы, бүгүн силерге ушулар бармай болду, бирок булардын канчасы жетип канчасын душман сууга агызар экен, деги силерге бердеме жетер бекен деп, Чуйковдун каңырыгы түтөп-турган.

– Балдардын кабагы түшүп эле калгандыр? – деди. Чуйков, Людниковдун улугуна кошомат кылып, калп айтпасын, нары дивизиянын кабак-кашы кандай экенин өзү биле туруп.

– Балдардын кабагы түшүп жаман болобу дедим эле, кудай жалгап жаман эмес бүгүн алакандай жеримди аралап жүрүп, ыраазы болдум. Мен билбептирмин, бизде бир Александр Македонский деген бар экен,– деди Людников.

– И, а кандай Македонский экен? – деди Чуйков.

– Куудул го?

– Куудул деле эмес, бирок көптү билген эргул экен Александар Македонскийдин чабуулун сүйлөп, нары аты да Искендер болгондуктан биздин балдар Александр Македонский деп ат коюп алышыптыр. Менимче балдардын кабагы ачык эле. Курсактары гана бир аз оңурайып, убал болуп турат, жолдош командующий.

– Ал өзү ким экен? Офицерби же болбосо саясий кызматкерби? – деди Чуйков, Александр Македонский деген атка кызыгып.

– Кыргыз болгондо да кыргыздын белгилүү акыны экен наамы – карапайым солдат, жолдош командующий:

– Бизде боло берет… ! -эмне үчүндүр Людников сөзүнүн аягын бүтүргөн жок.

– Ошо бизде боло бергенине кишинин ичи күйөт да, Иван Ильич. Коммунист бекен?

– Коммунист.

– Жакшы согушат бекен?

– Командиринен сурадым, согуштун ыгын жакшы билбейт, бирок жанын аябай, балдарды сүрөп турат дейт Демек, жакшы согушканы ошо да. Илья Муромец менен кыргыздын Манасынын согуштагы эрдигин айтчу болсо таң каласың деди командири Макаров. Мен өзүм Манас дегенди билбейт экемин, чала-була газетадан бир окудум эле, рота эмес батальондун саясий жетекчисин мындай таштап коюп эле биздин балдар солдат Александр Македонскийди ээрчип калыптыр,– деди Людников.

– Ал киши тууралуу сиздин пикириңиз кандай? Айтмакчы, анын ким экенин кайдан, кантип билдиң Иван Ильич?

– Өзү айтпайт экен, бизде бир Сулайманов деген кыргыз старший лейтенант бар, Макаров сураса, ой ал биздин атактуу, жакшы көргөн акыныбыз, адагы согушта бекен деп, ыйлай жаздап, кайда жүрөт, атын угам, ырын окуйм, өзүн көрө элекмин, көрсөт дептир.

– Көрсөтүптүрбү?

– Жакшы. Эми эмне дейсиңби?

– Политрук кылып кетирсекпи дейм.

– Туура кыласыз... кайыр эми, Иван Ильич. Бүгүн бүткүлө. Эртерээк жүз көрүшмөктү кудай насип кылсын, – деди Чуйков, кудайга ишенген такыва кишиче.

### III

20-ноябрь күнү Людниковдун дивизиясы үчүн өлүп, кырылып, чөгүп жатып, тирүүлүк үчүн күрөшкөн күн болду. Кайсы ок болбосун тешип өтө бере турган «броне катерлер» болгон ылдамдыгына салып, Волгадан чубап өтө баштады. Замбирек, миномёт, пулемёттун октору тийген бул катерлер калбыр болуп, снаряд түз тийгендери суу менен кошо асманга көтөрүлүп жатты. Булардын ичиндеги ок-дарылар жарылып, адам түшкөндөрү адамы менен азык-түлүктөрү менен кошо Волгага чөгүп, өз суусуна агып турду. Бирине бири жардам берип, кырсык каргашадан калабыз деп бирөөлөрү өлүп Волга суусу канга жошулуп жатты. Бүткүл дуйнөнү өз эркине багындырам деген Гитлер

бирөөнүн жерин, элин, аны коргогон аскери түгүл өз аскерин да аяган жок. Жай ортосунда алына турган Сталинград алынбай шаар талкаланып, өрттөнүп, жер менен жексен болуп турса да, Советтик аскерлердин айрым бөлүктөрү курчоодо, ачка калып жатса да кайта жерден өнүп чыккансып, бир солдаттын ордуна жүз аскер пайда болуп, душманга каардуу айбат көрсөтүп, айбат кылмак турсун каршы чабуул жасап, өлө жатканы танктын астына жата калып, өзү да жарылып, танкыны да жарып, адамга асылам деген немецтин офицер, солдаттарын кыргынга учуратып турду. Ага Гитлердин анын генералдарынын, офицерлеринин кыжыры келип, анын үстүнө Россиянын катаал кышы чукулдап, Гитлер Сталинградга аскер үстүнө аскер айдай берди.

Кавказдын нефтиси, түштүктүн мол эгини, Орто Азиянын азыгы, демек бирөөнүн элинин байлыгына көзүн кызарткан Гитлер, анын сөзүнө, убадасына мас болгон немецтик дөөперес кожоюндар Советтерди багынтуу үчүн бирөөнүн да, өзүлөрүнүн да аскерин аяган жок. Ал эми душмандын бул аскерлеринин ичинде дүнүйөгө, мансапка, жөн эле олжого кызыккандар, алабарман бузуку, сүткөрлөр көп болучу.

«Кыдырбектин» же «Косолаповдун үйү» немецтердин (мурун биздикилердин) так Волгага чыга турган жолун, болбосо мурун наркы өйүздөн берки өйүзгө, же берки өйүздөн наркы өйүзгө биздикилерди (эми немецтерди) каттатпай аткылап, жолду бууган таяныч пункт болуп турган эле. Бул үйдү ээлегенден бери дивизиянын наркы өйүз менен катышы оңолуп, эми Волганын бийик кашатына, чыгышка аракет кылып, бир чети чыгып да калган немецтерди баш көтөртпөй жерге өбөктөтүп турду.

20-ноябрь күнү, Еременконун душманга кайра чабуул жасап, душманды камоого ала турган аскерлери ийгиликке жетишип, Еременко менен,Чуйков менен Людников сүйлөшүп бүткөндөн кийин, Людников Сулайманов менен байланышты.

Кыдырбек телефондон дароо Людниковдун үнүн тааныды.

– Сулайманов, «үйдү» Косолаповдун командасына берип, Макаровдун карамагына барыңыз. Косолапов өз милдетин түшү-

нөт. Дагы түшүнбөгөнү болсо түшүнтүп коюңуз. Бүгүн азык, ок-дары, бизге келаткан толуктоо (кишилер) үчүн күрөшөбүз. Буларды бизге немецтер кан төктүрбөй бербейт. Немецтерди капталынан, арт жагынан аткылап тынчын алып туруш керек. Сиз немецтердин тылына барасыз, – деди Людников.

Бул тууралу Людников, өзү сүйлөшүп тургандан кийин өтө жооптуу ишке барат окшоймун,– деди да, дароо Косолаповго «үйдү» тапшырып, Кыдырбек Макаровдун блиндажын араңдан зорго таап келди.

– Аа, Сулайманов,– деди Макаров, ошо замат картасын жайып, урушта туруш жок дейби, апкел картаңды, мына биздин квадрат, мобу немец, мобу сен, мен флангадан, сен артынан ооруктан ок чыгарбай ээлер жериң бул, түшүнүктүүбү? Белгилеп ал. Кишилердин тизмеси… Аязбеков!

– Жолдош капитан, Аязбековдун эмне кереги бар?– деди Кыдырбек, дароо эси чыга түшүп.

– Эмне кереги бар дегени эмнеси? Ал биздин топтун политругу. Орунбасар… Балдар өзүлөрү каалады. Чакыр!– деди Макаров, өзүнүн ординарецине.

– Ооруктa шамдагай киши керек, а киши өтө оор, анын үстүнө акын… калтыс ишке апарыш орунсуз… ал качан политрук болгон?– деди Кыдырбек, бир жагы таң калып.

– Аны биз эмес командующий билет, армиянын Согуш советинин мүчөсү Гуровдун өзү Аязбековду политрук кылып көтөрүп окууга жиберебиз, курчоодон чыгар замат бизге жибергиле дептир. Эмнеси орунсуз?

– Орунсуз, жолдош капитан, бизге бүгүн саясий кызмат эмес, согушуу керек, биз же өлөбүз, же тапшырылган ишти аткарышыбыз керек, ошондуктан мен Аязбековго каршымын, бара турган окуусуна камына берсин,– деди Кыдырбек, Искендерди бул калтыс ишке албастын аракетин кылып. – Киши аз, көп болгондо политрук керек болор эле.

– Өзү болбой барам деп атпайбы?– деди Макаров эми тайсалдап.

– Барам дей берет, барганда өлүп калса командующий бизди тирүүлөй терибизди тескери соёт,– деди да, эшик жакты тик-

теп, аңырайып карап калды. Искендер баятадан берки сөздү блиндаждын оозунда угуп турган экен.

– Жолдош капитан, мен, саясий кызматкер катарында эмес, минометчик катарында тапшырманы аткарганы баратам, – деди Искендер, Кыдырбекке карабай, туптуура капитан Макаровго карата.

– Биз ташпырманы аткарууга даярбыз, жолдош капитан, – деп, оор колун олдоксон араң көтөрүп, барбайган алаканын сыртына карата чекесине апарып, честь берди.

– Анда эмесе барып камына бергиле,– деди да, Искендер чыгып кеткенден кийин Кыдырбек капитанды тиктеп, бир далайга туруп калды.

– Кыргыздын жакшы акыны эле, балким улуу акын болор, чынымды айтсам, аяп турам, жолдош капитан, – деди Кыдырбек.

* * *

Немецтердин болот алкактуу курчоосунда турган Людниковдун дивизиясы 20-ноябрда кырчылдашкан кызыл кыргындын ичинде болду. Дивизияга келаткан жардамдын бир тобу сууга чөгүп, сууга акты. Бирок ошондо да азык, дары, толуктоо келген кишилердин көпчүлүгү дивизияга келип жетти. Бул дивизия үчүн чоң мөрөй болду. Өлүп-талып болсо да дивизияга көмөк, күч, нан жетип, дивизияга кайтадан күч-кубат кирди.

...Макаров менен Сулаймановдун топтору түн ортосунда кайтадан кошулуп, кар баткакка ботала болушуп, штабдын көк ракета менен берген сигналы болгончо блиндаждарга өлө-тала араң жетишти. Окко учкандар менен жарадар болгондорду таштабай ала чыгышты. Жарадарлардын ичинде Искендер, да бар болчу. Ансыз эле азайып калган аскерин түгөлдөп, аларга өзүнүн карааны менен кайрат берип, Людников Макаровдун блиндажына эртең менен эрте келди. Жанында полктун, батальондун командирлери бар. Блиндаж окоптун ичиндети жол менен катташ болуп, анын аймагында турган дневальный дароо өзүнүн командирлерин таанып:

– Жолдош полковник!..– дегенде Людников аны сүйлөтпөй:

– Болду, болду, Макаров кайда?– деди.

– Эс алып жатат, жолдош полковик.

– Кишилерчи?

– Эс алып жатат…

Көп күндөрдөн берки уйкусуз катуу согуштан кийинки ушул кыска дем алышты бузгусу келбей, полковник бир азга тайсалдап туруп, блиндажга кирди.

Караңгы блиндаждын ичи коңурук тарткан кишилерге. жык толуп, тер жыттанып, таза абадан киргендердин мурдун жарып жиберди. Макаров анын кишилери жердегиси жерде, нардагысы нарда жаткан.

– Огневой позицияда тургандардан башка батальондордун бардигер калганы ушу, – деди батальондун командири.

– Билем, жолдош капитан (батальондун командири да капитан эле), билем дивизиянын өзү деле саналуу болуп калбадыбы!

Астыңкы нарда чечинбей, шинелин жамынып жаткан капитан Макаров ойгонуп кетти да, ошо замат шап автоматына жулунуп, тыңшап туруп калды. Анын жүрөгүнүн лакылдап соккону алда кайдан угулуп турду. Бирок ошо замат уйкусу тарап, секирип ордунан туруп, дароо курун байланып, рапорт берүүгө камынды.

– Жарайт, жарайт капитан, рапортту кечээ эле бергенсиз,– деди Людников, Макаровго колун узатып.

– Эшикке чыгалы, балдарды кубантайын дедим эле, бирок ойготкум келбеди,– деп блиндаждан окопко чыгышты.

– Капитан Макаров,– деди Людников,– кишиңерди тартипке келтирип, камынтып туруңуз, бир аздан кийин полкту кыдырып келип, кайта мында келебиз, канча киши жарадар? Александр Македонский аманбы?

– Жарадар, жолдош полковник, жети киши сан часта.

– Өлгөндөр канча?

– Үч киши, жолдош полковник.

– Аа – деди да, полковник тим болду.

Ушу бүгүн полковник Людниковдун аман калган кишилери адамча тамак жеп, бир тобу сыйлык алышып, өздөрүнө тиешелүү болгон (көптөн бери ооз тиелек) жүз граммдан арагын ичишти.

## IV

Жарадарларды Волганын боюндагы жардын түбүндө казылган блиндаждарда турган санчастка таңга жакын араң апкелишти. Анткени туш-туштан ок жаап, санчасттын өзү да аткыланып турган.

Санчасть жарадарлардын баарын баткызалбай толуп, жеңил жарадар болгондор жарасын дароо таңдырып алып, суунун наркы өйүзүнө кайта кайтып жаткан транспорттор менен өздөрү кетип жатышты. Врачтар көбүнчө оор жарадарлар менен алек болуп, мүмкүн болушунча буларга биринчи жардам берип, мүмкүндүк боло калса, наркы өйүзгө жөнөшүп турушту. Бирок жарадарлардын бир тобу наркы өйүзгө өталбай душмандын огунан өлүп, же транспорт менен кошо суугa чөгүп жатышты.

Ок көкүрөгүнө тийген Искендер дем алалбай энтигип, кээде эсинен танып, операция жасай турган столдо жаткан эле, Врачтар Искендердин жарадар жери билинбей, бирок чыккан жагы оңурайып, эти үзүлүп турган жарасын көрүп, ок жарылма ок экен, жүрөгүнө же өпкөсүнө зыян келтирди бекен дешип, булбүлдөп күйгөн чырактын жарыгында бүт жарадарга жакшылыктуу жардам берүүгө болбосуна көздөрү жетип, жараны сөөктөн уюган кандан тазалап, убактылуу таңып гана коюшту.

– Кансырап калыптыр, тезирээк тиги өйүзгө жеткирип кан куюш керек эле – деди врач аял санчасттын башчысына.

– Жок, мен тиги өйүзгө барбайм, барбайм, менин үйүм ушерде,– деди эсине келе түшкөн Искендер, бирок ошо замат кайта көзүн жумуп.

Врачтар бирдеме деп, шыбырашып калды.

– Анда эмесе шарты келишпесе да ушу жерде болсун,– деди баякы врач аял.

– Кан барбы? – Болушунча куябыз.

– Болсо болсун, болуптур,– деди санчасттыи башчысы, жаш капитан.

– Көтөралбасачы?-деди врачтардын бири.

– Көтөрөм, баарын көтөрөм, көтөрөалбайт… бекер сөз – деди капыстан Искендер, көзүн бакырайтып ачып.

– Азамат, азамат! – деди санчасттын башчысы,– немецке каршы тургандай бек туруп бер, анда эмесе, кана, баштайлы, биз немец эмеспиз, биз баарын көтөрүп, баарына чыдайбыз, азамат, аз-замат – деди капитан.

«Нелер баштан өтпөдү!... – деди ичинен Искендер, кээде көзү тунарып, эси ооп, кээде көңүлү ачыла түшүп, энтигип, тегеректи карап. – Нелер келип, нелер баштан өтпөдү! Кайда болсо баш калкалап, көрүнгөндүн колунда жүрүп чоңойдум. Атам менен энемди элес-булас гана эстеймин. Курсагым тойбой, үстүмдө үйрүп салар киймим жок жүрүп өстүм. Кыштын кыраан чилдесинде, жайдын саратан ысыгында бирөөнүн малын бактым, ыйладым, кыйналдым, жетим аталдым. Тамакка көз артып жек көрүнүп, шүмшүк атка конуп, тил уктум, таяк жедим!.. Жаш бала чагымда ушуну көтөргөн эми эр жетип чоңоюп калганда бир кичинекей жарага чыдаялбай, кан куйса аны көтөралбай каламбы? Немецке каршы тургандай бек туруп бер дейт! Ах немец, немец, Германия! Гёте, Шиллер, Бетховен, Гейне! Кайда мына бу генийлердин Германиясы? Кайда германиянын бүткүл дүнүйө пролетариатынын жолбашчысы, пролетариат революциясынын теоретиктери Маркс, Энгельстин, азыркы Германия жумушчусунун Тельмандын Германиясы? Германиянын жумушчу табы кайда? Кайда кеткен адам баласынын келечегин, жарык дүнүйөсүн куруууга үндөгөн Германиянын кеменгер коммунисттери? Кантип эле мына ушунун баары жер менен жексен болуп, Гитлер, анын фашисттер партияеы баарын жеңип, баарын аяк асты кылат?»

– Бир, эки, үч... кана, санаңыз!-деген үн чыкканда гана Искендер көзүн ачып, тегеректеп турган врачтарды көрдү. Оозуна кийгизген чейректик бөтөлкөнү бийик көтөрүп турган сестра бөтөлкөнү бир тиктеп, Искендерди бир тиктеп чымыркангандай эриндерин тиштеп турат.

– Бир, эки, үч, төрт... – деп, сол колу уюп бараткан Искендер санай баштады.

– Кайда окугансыз?– деп, кан куйдуруп жаткан баякы аял доктор Искендерди сөзгө алаксытып, сүйлөшө баштады.

– Ташкенде... – деди Искендер, уктап бараткансып көшүлүп.

-Бери караңызчы, бери караңызчы! – деп, Искендердин уктап баратканынан чочуп кеткен доктор аял жумшак колу менен Искендерди акырын бетке чапкылап жиберди.

– Бетховен... Шиллер.. Гёте... Гейне...! Искендер көз ирмемге эстен танып, жөөлүп кетти.

– Кана бек турганыңыз? Кана баарын көтөрөм дегениңиз?! – деп, доктор аял чырылдап жиберди. Искендер көзүн ачып:

– Бир, эки, үч... – деп, жаңыдан баштагансып санай баштады.

* * *

Түшкө жакын Людников өзүнүн кишилери менен санчастка келди. Булардын беймаал келишине нааразы болуп санчасттын начальниги жаш капитан буларды утурлай чыкты. Жаш болсо да көз айнек кийген капитан колун сүртүп, көз айнектин ичинен келгендерди таңыркагансып карап калды.

– Биздин келгенибизге капитан өтө нааразы болуп турса керек жолдош полковник,– деди полктун командири, эң эле жаш майор.

– Иши көптүр да, нааразы болсо болор, кандай жолдош капитан, биз да жарадарлардын ал-абалы менен таанышалы деп келдик, уруксат бересизби?– деди Людников, капитанды көрсөтүп, адъютантына бирдеме жаздырып.

– Туура айттыңыз, жолдош полковник, иш көп, нааразы да болуп тургамын, жарадарлар көп, тиги өйүзгө өткөзүү кыйын, немецтер жарадарларды аткылап өлтүрүп жатат, эмне кыларды билбей, айлабыз кетип турган чагыбыз. Бирок биздин алыбыздан кабар алып келелек болчусуз, келиңиз уруксат, уруксат – деди эми капитан, күлүмсүрөп.

Мен өзүмдүн абалымды айтчу болсом ыйлар элеңиз, капитан,– деди да, жарга киргизе казылган блиндажды көздөй басты.

Немецтер дивизиянын командирин көрүп тургансып, санчасттын тегерегин, Волганын (көрсө көрүп тургандыр) үстүн аткылай баштады. Булар жарадарлардын блиндажына кирер замат

кан, капкачанкы таңуусу эскирип калган жаранын коңурсуган жыты келди. Бул блиндажда он бир жарадар жерге төшөлгөн самандын үстүндө жаткан эле.

– Биз шашылыш түрдө эвакуация боло турган оорулар,– деди медицина капитаны.

– Турмушубуз начар экен – Людников оорулар менен четинен амандашып, сүйлөшө баштады.

– Фамилияң ким?

– Каратаев.

– 1912-жылдагы Лев Николаевич Толстой жазган Ата мекендик согуштун каарманы Каратаевдин тукумунан эмессиңби?

– Ким билет..

– Кайсы жерден?

– Оролдон.

– Качан жарадар болгонсуң?

– Түндө.

– Аа... ким менен болдуң эле?

– Капитан Макаров менен.

– Сенчи?

– Мен да түндө.

– Ким менен болдуң эле?

– Старший лейтенант Сулайманов менен.

– Фамилияң ким?

– Байбаков.

– Байбаков? Байбак деген эмне сөз?

– Ким билет, жолдош полковник.

– Байбак, байбак де, – деп, Людниковдун улам-улам айтканына жарадарлардын бир тобу күлүп жиберишти.

– Бир жырткыч айбан болуш керек,– деди жанында жаткан бирөө.

– Ошондойбу? – деди Людников Байбаковго.

– Болсо болор, – деди Байбаков терикпей.

– Аа, сенин фамилияң ким? Куудул окшойсуң, – деди Людников, Байбаковдун жанындагы жанакы сөздү айткан оорулууга.

– Менин фамилиям Долгов.

– Значит долго будешь жить.

– Жо-ок, жолдош полковник, атасы илгери карызынан кутулбай жүрүп өлгөн экен, ошон үчүн Долгов деп коюптур,– деди Байбаков.

– Аа ошондой болуп жүрбөсүн?– деди Людников, күлүп калган жарадарлар менен кошо күлүп. – Байбаков эмне дейт?

– Айбан да, айта берет,– деди Долгов, өзү да күлүп.

– Бул эмне, уктап атабы?-деди Людников кыпкызыл болуп чыңалып, энтигип дем алып жаткан жарадарга бул Искендер эле.

– Бу жолдош полковник, биздин Алексакдр Македонский, чабуулдун аягында катуулап калды окшойт, санчастка араң жетти,– деди Долгов.

Медицинанын капитаны бирдеме деп, полковникке шыбырады. Полковник кабагын бүркөп сөз сиздики деди.

Жаш майор медаль менен сыйлангандарды айтып, куттуктап, бирок дивизия курчоодо тургандыктан бул медалдардын азырынча тапшырылбасын, бирок жакын күндөрдүн ичинде сыйлангандар кайсы жерде болсо да сыйлыктары тапшырыларын айтты. Медаль менен сыйлангандардын ичинде Искендер да бар экен. Эртең менен Людниковдун өзү да Макаров менен Сулаймановдорду «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйлап, бирок 62-армиянын штабы менен байланышмайынча бул сыйлыктарды тапшырылбасын айткан болучу.

Сыйланган жарадарлардын отуруп туралбагандары да, орундарынан козголуп, согуштагы эмгек, азап, кыйынчылык, тарткандардын тарткылыктары текке кетпей, бааланганына төбөлөрү көккө жетип, эмне айтып, эмне кыларын билбей, бүткөн бойлору от менен жалын болуп күйүп, жүрөктөрү лакылдап маңдайлары чыпылдап тердеп турушту.

Ушундай таанышуу, аңгемелешүү жүрүп жаткан учурда:

– Суу! Суу!..– деген үн чыкты.

Искендер чабалактап, эриндерин жалап, көзүн ачты. Сүйлөгөндө дирилдеп турган ээгинин эти андан бетер дирилдеп, кыбырап турду.

– Эй, брат, Македонский, бизге дивизия менен полктун, командири полковник менен майор келип турат, бизге сыйлык бермей болуп, куттуктап колубузду кармады. Сен уктап калып билбей калдың. Карачы карачы, – деди Долгов.

Искендер жанындагыларды көрүп-көрбөй, эсине бирде келсе, бирде келбей оор абалда турду.

Людников менен майор Искендерди сыйлык менен куттуктап, кол беришти. Ысып турган колу менен Людниковдун колун бек кысып, көпкө коё бербей, көзүнө жаш ирмегендей болуп:

– Ыракмат, Совет эли үчүн кызмат кылам!– деди.

Блиндаждын ичи тымтырс болуп, бир нече секунд жарадарлар да, командирлер да былк этпей туруп калышты.

– Болуптур, болуптур, Македонский, эртерээк айыккын,– деди да, Искендердин колун дагы бир кысып, тышты көздөй басты. Ээрчип бараткандар да, жарадарлар да Людников көз жашын ирмеп алганын байкап калышты.

– Фашизм менен кармашкан бул согушта дагы далай азаматтар, далай акындар, дагы далайларыбыз кан төгөрбүз, – деп, күңгүрөнүп кетти да, артына буулуп, – бирок булардын каны текке кетпес, Паулюстун армиясын биз камоого алганы жатабыз, эми немецтин ефрейтору эмес генералдары ыйлаар дейм, эгер булардын көз жаш чыгарууга жигери жетишсе...– деди Людников.

Ошол күнү кечинде Искендер уктагансып жатып, каза болду.

## V

Людниковдун дивизиясы азык-түлүк, ок-дары толуктоого аз болсо да жетишкенден кийин душмандын кысып турган алкагын үзүп, кайтадан Чуйковго кошулду. Чуйковдун абалы да мурункусунан оңолуп, душман менен «тең ата» боло баштады.

Кыдырбек ротанын командири болуп дайындалып, Макаров командири жарадар болгон батальондун командирлигине көтөрүлдү. Кыдырбектин ротасы Макаровдун батальонунда эле.

Дале болсо дивизиянын кишилери толук болбогондуктан Кыдырбектин ротасы взводго да жеткен жок.

Искендер өлгөндөн кийин анын төш чөнтөгүнөн кыргызча жазылган күндөлүк дептер чыкты. Макаров мунун эмне дептер экенин түшүнбөй, бирок болду-болбоду акындын согуш тууралу жүргүзгөн жазуусудур деп, Кыдырбекти чакырды.

Батальондун команда пунктуна түн ичинде келген Кыдырбек дептерин бир сыйра барактап чыгып, эң башынан окуй баштады. Окуган сайын Кыдырбек жазуудан башын көтөралбай, бир башкача кереметтүү дүйүйөгө кирип кеткенсип, кызыгып кетти. Мындай жазууну Кыдырбек биринчи окуп турган эле.

– Бул эмне экен? – деди Макаров, эмне үчүн Кыдырбектин кызыгып окуп калганын түшүнүп.

– Күндөлүк дептер экен, жолдош капитан. Өтө кызык окшойт. Сыяда жеке согуш турмушу эмес, жалпы турмуш жазылыптыр. Чоң киши экен. Ырлары да жүрөт.

Кыдырбек дагы барактап, ар кайсы жерин окуп көрүп:

– Сиз да жүрөсүз, жолдош капитан, аа... мен да жүрөм, солдаттардын баары жүрөт. Биздин ар бир кыймылыбыздан өйдө жазыптыр. Иши кылып, чоң акындын жазуусу экен,– деди.

– Бизди эмне деди экен?– Макаров, ичинде жамандап жазды го деп ойлоду.

«Капитан Макаров,– деп Кыдырбек окуй баштады.

Менден кичүү. Азыртан эле капитан, анан кыркка барганда эмне болот? Эгер аскер кызматына кетсе (эгер өлбөсө) Кыркка чыкпай генерал болот, генералга ылайыктуу болсо экен, алыс ойлогон, кенен киши боло турган...»

– Оо мени генерал кылып таштаган турбайбы!– деди кубанып күлүп, Макаров. – Туура, «өлбөсөң» дегени туура, өлбөсөм генерал болот экемин бирок бу согуштан аман чыгыш кыйын го, Кыдырбек! Кандай дейсиң? Ал эми өзү өлүмдү ойлоду бекен? Ойлогондур, ойломок турсун, коркгондур. Бирок жакшы, чыныгы акын өлүмдү башкача сезсе керек, биз өңдүүлөр тим эле корксо, булар...

Капитан тыңшап калды. Эң мурун алыстан, анан Сулаймановдун ротасы ээлеген позициядан аткылашуу чыкканын Макаров дароо түшүндү!

– Сага чабуул коюп жатат, Кыдырбек,– деди Макаров.

– Үчүнчү ротаны аткылап жатыптыр! – деди телефонист, Макаровдун айтканын айтып.

– Тигинде Косолапов бар, немецтерди жылдырбайт, – деди Кыдырбек. Айтканындай эле, бир аздан кийин аткылашуу басылды.

– Бул дептерди эмне кылганы турасыз?– деди Кыдырбек.

– Эмне кылмак элем? Зайыбына кат жазып туруп дептерин жиберем. Эгер орусча жазылган болсо бүт бойдон окуп чыгат элем, же сен окуйсуңбу?-деди Макаров, – Айтмакчы, сенин зайыбың барбы?

– Жок...

– Койчу?

– Койчу эмес эле... – деди Кыдырбек, Берметти айткысы келбей тайсалдап.

– Чыныңды айт! – деди Макаров, Кыдырбектин бетине тике карап.

– Сага аялдын колу менен жазылган кат бар.

– Бар-жок деп айтууга болор-болбосун билбейм, сүйлөшүп жүргөн кызым бар эле...– деди. Кыдырбек, кыпкызыл болуп.

– Эмнесине кызарасың? Ротага команда кыласың, немецтен коркпойсуң, аялды айтса кызарып кетесиң! Көңүлдүн жалгызжарым болушу жакшы эмес, стариший лейтенант. Жакшы көргөн кишиң болсо көңүлүң ток жүрөт. Мына менин сүйлөшүп жүргөн кызым бар, мединститутта эле, азыр госпиталда сестра болуп иштейт, мен өлсөм да армансыз өлөм го деймин, анткени мени сүйгөн кыз бар... Мен сүйгөн, мени сүйгөн, мени сагынып, мени жоктоп ыйлаар киши болбосо кантип өлөм? Арман менен жалгыздык тартып өлгөн кыйын го!

– Так үстүнөн чыктыңыз, менин да, мени сүйгөн кызым бар, мен да сиз айткан пикирдемин кээде мен сүйүмдүн катын окуп ыйлаймын, кечиресиз, менин көз жашым боштуктан эмес, көңүлү ачык, армансыз кишинин көз жашы го деймин...– деп, Кыдырбек ачык айтканынан уялып, кайтадан кызарып кетти.

– Пушкиндии А. К. деген ырын билесиңби? – деди да аны жатка окуй баштады.

Душе начало пробужденье:
И вот опять явилась ты,
Как мимолетное виденье,
Как гений чистой красоты.

И сердце бьется в упоенье,
И для него воскресли вновь.
И божество, и вдохновенье,
И жизнь, и слёзы, и любовь.

– Билем, окугамын,– деди Кыдырбек, Берметтин катынан кийин ырларын кызып окуй баштаганын айтпай.

– Кимде ким жигери менен бирдемени туя билсе, андай киши (мен жашык кишилер да кошо айтам!) турмуш, тирүүчүлүктү терең сезет турбайбы, силердин мына бу акыныңар да ошондой кишилерден болуш керек, ме оку, мындай кишилер силердин улуттук сыймыгыңар, оку, кат жазсаң да болот – деп Макаров телефончуга бурулуп, – 3-ротаны чакыр деди.

* * *

Немецтер Сталинграддын күндүзгүдөй жапжарык кылып, биздикилер капыстан чабуул коёбу деп чочуп, алдын алып, улам аткылап турат. Кыдырбек өзүнүн ппостторун өзү байланышчылар аркалуу ар бир он мүнөт сайын текшерип, окту үнөмдөп, бирок немецке жооп кайтарып, ара-чолонун ичинде шайтан чырактын жарыгына салып, Берметке кат жазып отурду. Каттын негизги мазмуну Искендердин күндөлүк дептери эле.

«Берметим, жоголуп кайта табылган берметим! Сага катты замбирек атылып, бомба жарылып, тегерегимде өрт күйүп турган учурда, түн, ичинде, бүлбүлдөгөн чырак менен жазып отурам. (Андан эсиң чыкпай эле койсун, тим эле өзүбүздүн жайыбызды айтам, бизге бу турмуш көндүм болуп калбадыбы!)

Бизде кече күнү кыргыздын акыны Искендер өлдү… Мен анын ырларын кээде окуп калчумун, бирок көргөн кишин эмес. Мына кызык, аны мен согушта жүрүп, Сталинградда болгондо да өз бата-

льонумдан көрсөм болобу! Мындай болуп турганда ойдо жок нерселер боло берет экен. Бирок менин сага айтайын дегеним бул эмес. Менин айтарым акындын күндөлүк дептери. Ал, азыр менин колумда турат. Мен анча-мынчасын окуп чыктым. Бирок бу жазуудагы көп нерселер мага түшүнүксүз, анткени мен согуш окуу жайында болуп, көп нерсени жакшы билбейт экемин, чынын айтканда, мен эмне билем. Биле турган кырдаалга да жетелек экемин. Эсиңдеби, жайлоодогу катың? Мен эселек, ал катка таарындым. Анык наадан, акылы чолок, жини чукул, көпкөлөң тарткан тоңмоюн мен экемин! Аны мен алда качан мойнума алгамын...

Мына бу күндөлүк дептер менин наадан сезимимди козгоп, терең таасир этти. Дагы айтам көбүнчө түшүнбөдүм. Кайсы бир кишилерди (аларды мен тааныпбагандыктан) алардын ортосундагы мамилелерди мен билбейт экемин, алардын көз караштарын, идеалдарын түшүнбөйт экемин. Ал эми бизге, согушка тиешелүү болгондору, иши кылып биздин турмушка жакындары түшүнүктүү болгонсуду.

Бермет! Сенин түшүнүгүңө, сенин сезимиңе, сенин тазалыгыңа, баарына-баарына мен ишенем. Ошону биле ошону сезе туруп, ушу дептерди сага жиберүүнү ылайык таптым. Менин өзүмдөн улуу командирим бу дептерди командованиенин каты менен кошуп туруп аялы болсо аялына, тууганы болсо тууганына жиберели дешкен. Бул туура. Кат кетти, бирок дептерди зайбы жалгыз алганда эмне кылат? Мында же акындын өзүн, же зайыбын, же башкаларды уят кыла турган болбосо акындын керт башына гана тиешелүү болгон армандуу өкүнүчтөрдү, купуя сырларды көралбадым (менин түшүнүшүм боюнча). Бул жазуудагылар, мындагы пикирлер жалпыга тиешелүү окшоду. Ошондуктан бул дептерди мен сага (силерге) жиберип, силер муну менен таанышып туруп, бир топ комсомол, коммунисттер менен барып, зайыбына көңүл айтып, бу дептерди салтанаттуу тапшырсаңар кандай болот? Балким бул дептер басмага чыгар? А чыкса эмне болот экен? Албетте бул экөөбүздүн жумуш эмес, биздин милдет бул дептерди жеткириш. Кыргыздын жазуучулар Союзу бар эмеспи, же менин бу кылганым (дептерди түз зайыбына жибербей сага жибергеним) чекиби? Чекилик болсо

кечирип коюшар. Бермет, мен дагы бир нерсени ойлойм да: а балким мунун ичиндегилер айрым бир жолдошторго жакпас! Мен түшүнбөгөндөрдү сен түшүнөрсүң, мен билбегендерди сен билерсиң, ошондуктан менин чолок акылым бул дептерди сага жиберүүнү орундуу тапты. Каттын аягында бу дептердеги Искендер агайдын мына бу ырын келтиргим келет:

Кээде сенин жаркыраган элесиң,
Күлүп жайнап келет мага жакындап.
Таткандырып бал тилиңдин ширесин,
«Көз ирмемде кайта алыстайт закымдап.

Ак селки чөп ак шайыдай кулпуруп,
Мейкиндикти миң кубултат бой сылап.
Сырын айтып кулагыма, бир туруп,
Улутунуп, үшкүргөнсүйт сенчилеп...

Бул ырды акын кайсы учурда, кандай болуп турганда жазды?– албетте, аны мен билалбайм, «Акселки чөп» деген кандай чөп экенин да түшүнбөйм, бирок бул ыр мага жакты, ичимди жылытты. Бул ырда кишини бактылуу кылып магдыраткан бир муңканычтуу салтанат бардай туюлат. Сен айткандан бери Пушкинди да көп окудум. Кызык. Ушу кан күйүп турган согуш майданында кайдан жүрүп китеп окусун дейсиңер го дейм, бирок кызык, ушу жерде да капкайдагы ойдо жок китептер табылып, кээде окуп калабыз.

Катты мен бүттүм, Бермет.

Сенин менден закымдап алыстабаган, дайым жаркырап көз алдымда турган элесиңди бек кучактап, маңдайыңдан өөп,

Кыдырбегиң».

## VI

Нарларында саман төшөлүп, ортосуна темир меш коюлган кызыл теплушка вагондор жарадарларды тылга, госпиталга алып келатты. Бирок майданга жакын госпиталдар буларды алалбай, эшелон ар кайсы жерге токтоп, жол узунуна тартты.

Качике баякы өзүнүн түгөнбөгөн санаасын тартып, боорлошуп келаткан чагы. Мындай учурларда Качике эки Качике боло кала турган. Бир Качике турмушсаак, мындайча айтканда, турмушта алышып, күрөшүп, тирүүлүктүн, иштин, чоң максат, чоң идеал, келечектин Качикеси болсо, экинчиси Качике, ойго, турмушка басынып, андан кутулууга канчалык аракет кылса да, мунун баары куру убарачылык. болуп көрүнгөн турмуш чөктү, турмуш коркок Качике болучу. Ушунун баарын өзү көрүп, өзү сезип турса да, негедир өйдө болалбай, санаага чөгүп, төмөндөй бере турган. Кээде баарына кол шилтеп, мен башка киши болом, мен келечектүү, пайдалуу киши болом, мен оңолом, мен... мен... деп, куудулданып күлүп, кишилер менен сырдашып, сүйлөшүп, эл көзүнө мыкты киши болумуш болуп көрүнчү. Ушундай экинчи Качике болуп турганда биринчи Качикеге күлүп, аны шылдыңдап, сага сынтагып, «Обломов Качике» дечү. Ал эми «Обломов Качике» болуп калганда экинчи Качикеден уялып, анын алдында корунуп, ага жалынып: «Обломов жакшы киши болучу, аны кордоп, шылдың кылба» деп, экинчи Качикени таптакыр көргүсү келбей, толгон ойго батып жатканда да, басып жүргөндө да, кызмат үстүндө да маанайы пас болуп, үргүлөп жүрө бере турган.

Бирок Качикенин эки Качике болушунун да себеби бар.

Көп учурларда өзүнүн мурунку турмушу менен, зайыбы менен, баары менен жарашууга, кызынын келечек тагдырынан кечип, өзүн, кызын, баарын Чынарканга курман кылып, турмуштан чыга бергиси келип кетмеги бар эле.

Көп учурларда өз турмушуна каршы чыгып, ичинен козголоң жасап, бараткан жолунан чукул бурулуп, турмуштун жарыгына, анын кармашып, алышып, бирок өз максатына өз тилегине жеткизе турган шары катуу Рубикон суусун көздөй бет алууга, аны кечмей болуп, чыйралып, кайрат, канат байлап турган учурлары келип, өзүн бийик, таалайлуу сезе турган. Бирок ушу ырыстуу учурлардын да өмүрү узак болчу эмес.

«Өлүм, өлүм...-дечү кээде Качике, өзүнүн түбү жок философиясына түшүп, бирок бул ой, философиядан өзүнө пайдалуу

жүйө, логика издебей – өлүм, өлүм! Эгер мен өлсөм менин кызым не болот? Өлүмдөн кыйын мага ушу болду. Мен өз кызыма өзүм кыянат кылдым. Тирүүлүк менен менин ортомдо өлүм турганда мен өз турмушумдун келечегин ойлой албайм...»

Качике өз турмушун, өлүмдү ойлогон сайын сазга батып калган кишиче ылдый чөгүп, тумчугуп бараткансыган оор үшкүрүнүп, онтоп кетти.

– Сага не болду, жараң ауруп жатырма?– деди жанындагы кырктар чамасындагы казак.

– Ооруп атат,– деди Качике, жарасы оорубай эле жаны ооруп жатканын айтпай.

– Сабыр кылуу керек, шырагым, сабыр кыласаң жараң да, жаның да аурый береди, өлемин деп корка бересиң өлемба деп корккан киси тезак өледи.

Анын бу сөзүнөн улам өзүнүн партияга киргендеги: «Эмне үчүн партияга киресиң?» деген суроого «Коммунист болуп өлөйүн дедим эле» деген жообу Качикенин эсине түшүн кетти. «Ошондо эле өлүмдү ойлоп, өлсөм ымандуураак өлөйүн деген экемин, партияга калп эле өлүмдөн коркконуман кирген турбайымбы!..» деди да, кайтадан онтоду. Бу уятынан онтогондук эле. Андан кийин жаңыдан жарадар болуп келип, Кресты кыштагандагы Наталия менен сүйлөшкөнү эсине түштү. Наталия менен сүйлөшкөндө өлүм да, зайыбы да, баары эсинен чытып кетип, Наталиянын сүйлөгөн сөзүнөнбү же жанында отурган кыздын жылуулугунанбы, Качике башкача болуп эргип, турмуштун жаңы бешиги терметкендей жаны жай алып, көшүлүп турбады беле? Чынында да Наталиядан кеткенден кийин Качике кайтадан жалгызсырап, кайтадан наалый баштады. Аз болсо да Наталиянын жакындыгынан Качикенин көңүлү көтөрүлүп, Наталияны ичинен жакшы көрүп, ага, жакынсып калгандай болду. Качикеге, анын турмушуна, анын көңүлүндөгү санаасын (болгондо да оор санаасын) бөлүшө турган киши жолдош керек болгон. Ал эми Качике өмүр бою жолдошко зар болуп жүргөн болсо жолдоштун зарыл чындап эми тартты. Эгерде Чынаркан чындап жолдош болгон болсо, мына ушундайда, Качикенин башына ка-

туу иш түшүп турганда болот эле. Качике аны Чынаркандан таппай, сырдашууга да дит бакпай, чоочуркады. Мына мунун өзү эрди-катын болуп бир төшөктө жатса да бир-бирине жигери кошулбаган чоочундук.

Мына эми жалдыраган кызыл вагондун ичинде жалгыздыктын жабырын тартып келетат.

Москвага чейин бул эшелондогу жарадарларды эч кайсы, госпиталь кабыл албай, буларды туура Москва кабыл алды. Түшүрөр замат ысык чай, конфет, папирос берип, ар кайсы госпиталга бөлүштүрүп жиберди.

Декабрдын кара суугу Москваны боз жалаң кылып, сурдантып турат. Качике кайсы жерге келгенин тааныган жок. Терезеси жок аңылдаган суук трамвайга салып келди да бир жерге апкелип түшүрдү. Ошо замат жылуу душка салып, чачтарын алып, ак шейшептүү сеткалуу кроватка жаткызып, тамак, ысык кофе ичиришип, аябай тойгузушту.

Качике – апарык. Ансыз эле салмагы аз эме аз күндүн ичинде катуу арыктаганга андан бетер эти качып, бака болуп калган болучу. Тамакты тартып бергенге да болбой, ачыгып калган неме жей берди.

Аңгыча эвакуация башталып, жарадарларды бир күндөн кийин, атын укпаган дагы бир шаарга апкелишти. Москвада калбаганына нааразы болуп келаткан Качикеге жолдогу санитар поездинин тамагы гана эмес, госпиталдын өзү да жакпай анын жинин келтирди.

Качикени операция кыларда көз айнекчен профессор, практиканттар менен сүйлөшүп калды. Буларды көргөндө Качике «практикант» деп, тултуя түштү.

– Эмне практикант? Үйрөнөт, профессор өлсө ким иштейт? Мына булар!– деп профессор кагып салды.

Бирок профессор Качикенин бир топ ири осколкасын араң, алып, эт ооруткандан башкасын иштей албады. Практиканттар да профессорго анчалык жардам кылалган жок. Осколканы магнит менен тартканда Качике канчалык тиштенсе да болбой, жаны ооруп кыйкырды. Замбилге салып палатага апкелер замат түшкү

тамак келди. Азыр эле этинин ооруткалына чыдаялбай кыйкырган Качике тамакты ченеп ич деген профессордун сөзүн укпай, тамакты аптыгып жатып жеди да, жаталбай онтолоп, бир далайга кыйналды.

Жанында жаткан жаш бала энесинин катын окуп жатты.

«Иниң Ваняны жакында аскерге алды. Эми жалгыз бой калдым... Баарыңарды чоңойтуп-чочойтуп отуруп, эми тегерегимди карасам жапжалгыз калыптырмын, кантейин!.. Жакында кийиз өтүк, байпак жиберем. Ажалдын огунан бир жараткан кудай сактасын...» дептир. «Азабы түгөнбөгөн куураган энай!» деп, Качике ичинен үшкүрүп алды.

Айрыкча госпиталга келген сайын үйүнө кат жазып, бирок улам көчүп отурган Качике декабрь айынын аягында дагы бир госпиталга келип түштү. Көп узабай ушу жерге үйүнөн кат келе баштады. Үйдөн келген бу жактагылардын бири кубантса, бири кайтадан Качикенин зээнин кейитти. Жалгыз гана Апсаматтын каттары, (Качике Апсаматка да жазып жүргөн эле) көңүлүң уютуп, жел бешикче терметип, тынчытып коёт. Эмнеликтен Апсамат мага жылуу сөзүн аябай кат жазып калды? Бул каттар менин каттарыма жооп катарында жазылган кайдыгер каттарбы же чын дили менен жазылган чыныгы, каттарбы?– деп, Качикенин буга чычадап, көзү жетпесе да бир жагынан ишенбей, бир жагынан анын каттарына кубанып, көңүлү көтөрүлдү. Канткен менен четте, нары көңүлү жалгыздык тартып жүргөн немеге Апсаматтын киши катары көрүп кат жазышы (ал каттар кайсы мазмунда болбосун) Качикени сыйлагандык, ал эмес анын жетишпегенин көрүп, билип турса да ошондо да жакшы көргөндүк. Муну Качикенин өзү ушундай түшүнүп жүрдү. Анын үстүнө өзүн өйдөлөнүп калган киши катарында көрүп жүргөн Качикеге Апсаматтагы каттары жөлөк болуп көрүндү. Апсамат өзүнүн каттарында Качикенин үй-бүлөсү, жалпы анын турмушу жөнүндө сөз да козголбой, жалпы турмуш шартын, Фрунзедеги болуп жаткан орчундуу жаңылыктарды айтып, өзүнүн жолдошторунун көбү согушка кетип жатканына кейип, Качикенин согуштагы ал-жайын сурап жазды. Апсаматын бул каттарында

кандайдыр бир адамгерчилик, жылжып аккан суудай болуп, шары жалпыга угулган, бирок сызылып турган муңкануулары бар эле мына бул сызылган муң-кануу, кишинин жүрөгүн акырын дирилдеткен кыл кыяктын кылындай болгон мына бул күүлөр Качикенин жашык көңүлүн көп учурларда өзүнө тартып, элжиретти. Бирок бул каттар канчалык күчтүү, кайраттуу болсо да, Качикенин ички дүнүйөсүнө, анын тынчы кетип жаткан табиятына өзгөрүш киргизүү максаты бул каттарда бар же жок экенин Качике али түшүнө элек болчу.

## VII

Качике тыңый баштагандан кийин, аны башка 3-кабатка которушту. Качикени бөлүмгө алып баратканда бөлүмдүн коридорунда тамаша кеп салып, күлүп тургандардын ичиндеги, бир жаш жигит Качикени көрөр замат кыйкырып калды.

– Эй, брат, кайда баратасың? Экөөбүз санитарныйда болгондо бир келдик беле?

Качике аны көрөр замат тааныды.

– Лейтенант, танкист, фамилияңыз...

– Чабанов,– деди жаш жигит.

– Тааныш болсоңор палатаңарга алгыла, силердин бөлүмгө көчүрүлдү,– деди Качикени ээрчитип бараткан сестра.

– Болду, болду, биздин палатага апкел сестра, бош койка турат. Жараң бүтүп баратабы, солдат? Жакшы киши, жолдо далай аңгеме сүйлөп берип келген, – деп Качике Чабанов жаткан палатага кирип баратканда жанындагыларга сүйлөп калды. «Мен кайдан жүрүп жакшы болуп көрүндүм экен» – деди да, салам айтып палатага кирди.

Палатанын терезе жагындагы койканы беш-алты киши тегеректеп, койкага отуруп алып бир орус тилин чала билген азербайжан балдырап сүйлөп, жарадарларды күлдүрүп жатыптыр. Качикени көрө замат азербайжан сөзүн токтотуп:

– Аа, мусулман оглы, на ердан, миллетиң не дур? – деди. Аны тыңшап тургандардын баары Качикени карап калышты.

– Кыргыз, түрк оглы,– деди Качике, кыргызмын десем түшүнбөйбү деп, «түрк» деген сөздү кошту.

– Аа, гель, гель, садис, – деп, Качике менен кол алышты, Качике баары менен кол алышып, жанаша отурду.

– Биз буга «Казбич» деп ат койдук, «Казбичти» билесиңби?– деди лейтенант Чабанов, Качикенин артынан келип.

– Лермонтовдукубу?

-Дагы башка бирөөнүкү барбы? – деди лейтенант, Качикенин Лермонтовду билгенине таң калып.

– Жок болуш керек, башканыкы бар экенин билбейм,– деди Качике, Чабановду өз боюна тартып.

– Эй, Казбич, сенин бул келген түркүң кайсы жерден экен, укпай калдым,– деди палатанын наржак бурчунда, кроватта чалкасынан жатып алып бирдеме окуп жаткан бирөө.

– Кыргыз, кыргыз – деди азербайжан.

– Кыргыз? – Кайсы жериненсиң? – деди жанакы, башын көтөрүп.

– Гыргыз где, я незнаю,– деди азербайжан.

– Мен билем, мен Кыргызстандамын, менин жердешим экен,– деди тиги, кроваттан туруп.

– Атың ким эле, унутуп калдым,– деди Чабанов.

– Качике.

– Костяны биздин палатага мен апкелдим, биз бу жерге бирге келгенбиз, эми мен мунун жердеш тууганын таап берген турбайымбы, мына кызык тамаша!– деди танкист.

– Жакшы кишинин кайда болсо, тууганы болот, – деди азербайжан, орусча чала сүйлөп.

– Орто Азия,– деди кроваттан туруп, бутун сүйрөп, балдакчан басып келген жарадар.

– Мен көп окуган эмесмин, 16 республиканы билем, бирок ким кайда экенин билбейм, мен нефтяник, гара майчы,-деди азербайжан.

Качике кирер замат өз палатасы менен мына ушинтип таанышты.

* * *

Качикенин койкасы өзүнүн жердешинин койкасы менен жанаша экен. Ошол эле күнү экөө эски тааныш, жакын кипилерче сырдашып кетти. Жердеши (Саша) экөө кызыл-кыялык болуп чыкты, Саша Кызыл-Кыянын кенчилеринен экен. Согуш майданында киши кишиге бат жакын болуп, кээ бир учурларда киши кишини жанындай көрүп кете турганы белгилүү, экөө бири-бирине андан да жакын көрүнүп кетти.

Качике булар менен кичине үйрөнүшкөндөн кийин баякы сулк жатып сапаа тартмасын таштагансып, көңүлү ачык болуп кетти. «Ушу күнгө чейин мен эмне кылып жүрдүм? – дейт ичинен Качике,– эмне кылып жүрдүм? Турмуш дегенди билген эмес экемин го!» Тим эле жүрө бериптирмин... Өлүм менен беттешкенден кийин гана турмуштун, жашоонун кадырын билдим. Эми турмушка тырмышып, эми адамча ой-тилек, идеал менен жашоо керек. Бирок Обломов да тилек, аскар идеал менен жашап, ага жетишти көксөгөн, бирок... бирок өз көксөгөнүнө жетишти кыймыл, аракет, коом менен биргелешип иштеп, турмуш майданына ат салышпай, тилек периштесинин кучагына жабышып, анын жумшак, көшүлткөн кучагына термелип, жатып алып ойлогон. Мен да ошол Обломов болгон экемин. Обломов эмес турмуштун күндөлүгүн көздөп, эртеңкиден коркуп, эптеп күн өткөргөн киши болгон экенмин... Эми, эми!» деп, мындан нары бат эле киши болуп кетчүдөй муштумун түйүп, эртең мененки тамактан кийин койкасында Матэ Залканын «Добердо» деген романын окуп жатты.

– Эмне окуп атасың?– деди Саша, балдагын таянып, эшиктен кирип.

Качике китепти көрсөттү.

– Мындай китепти окуган эмесмин, муну ким жазган, эмне деп жазган экен? – деди Саша, китепти барактап, койкасына отуруп. Мен көп билбейм, көп нерсени билгим келип тырышам, бирок колдон келишине көзүм жетпейт...

Сакалын бүгүн кырса, эртеси кайта күдүрөйүп чыгып турган узун жаак кара тору, өңү менен койкөз көздөрү муңайым

тартып, муңайыңкы жылмайып турган Саша да Качикеге санаачыл көрүндү.

– Мен да муну мурун окуган эмесмин, тиги Чабановдон алдым, жазуучунун баянын анча-мынча окудум эле, өзү венгер, биринчи дүйнөлүк согушта колго түшүп, Россияда калган. Кийин активдүү коммунист болуп, Испания республикачыларынын граждандык согушуна катышты, генерал болуп, бригадага командачылык кылса керек эле.

– Тирүүбү?

– Жок, Испаниядагы согушта өлдү,– деди Качике, китепти Сашадан алып. – Карачы мына бу сөзүн: «Өткөнгө өкүнүп, өткөнгө кайрылбай, келечекти ойлош керек».

– Жакшы сөз экен. Мен да өткөн турмушуму көп ойлоп, кайгыра берем, – деди Саша, көзүн жашылдаткансып.

Бурчтагы азербайжан дагы бирдемелерди айтып, тегеректеп алган жарадарларды күлдүрүп жатты.

– Эй Казбич, сенин каның кызуу, акыры немецтен өлөр бекенсиң,– деди жарадарлардын бири.

– Бизде өлүмдү каш менен кабактын ортосунда дейт, өлтүрсө өлтүрөт, эки жолу өлтүрөм деп өлтүрө албады, эмкисин кудайдан көрдүм. Эй мусулманым,– деди кайтадан Казбич, сурап турган мусулман сыяктанып,

– Эй мусулманым! Бу баштан көп нерселер өттү, ва-ай! Көп нерселер өттү. Төөдөн жыгылдым – өлбөдүм, ит капты – өлбөдүм, салмоордун ташы тийди – өлбөдүм, эки жолу немецтин огу тийди – өлбөдүм, эми билбейм... Албетте өлбөс киши жок лекин ажал жетсе...

– Ок тийсе ажалы жок эле өлөсүң,– деди дагы бирөө.

– Эй досторум, менин атам мерген болгон, өзүм да мергенмин, бир тойдо мелдеше кетип, учуп бараткан кузгунду атып түшүргөмүн, не десант, снайпер дегендер чыгыптыр, снайпер болуп кетем, немецтин офицерин шырт атып түшүрө беремин, не дерсан.

– Эй мусулмандын баласы, сенин зайыбың барбы?– деди дагы бирөө.

– Э, дуган, – деди Казбич, – «бир ат алдым таптап чаптым, издеп жүрүп бир кыз таптым, тийбегенин билгенден соң, чачтан кармап башын чаптым»,.. менде хатын жок!

Угуп тургандар боорун тырмап күлүштү.

– Ошон үчүн Бэланы өлтүргөн Казбичсиң да! Аны бинтсен кыз сага кантип тийсин, – деп, танкист күлдү.

– Тиерин тиет, лекин, жанакы өлтүргөн кызым көз алдыман кетпейт, канына бекер забын болгон экемин!.. Вай, вай, вай!

– Эй Казбич, – деди баякы тийишкен жарадар, – сени Совет өкмөтү жазалаган жокпу?

– Айылдан качып кетип нефтиге кирип кеткемин, таппай калды. Таба турган болгондо согуш чыкты, бу согуштан өлбөсөм, баргандан кийин соттолбой калсам, катын алам, – деди Казбич.

– Кыздын кан куугандары болсо соту жок эле каныңды суудай төгөт, – деди танкист.

– Алла билет, өлбөй калсам кыздын ата-энесине өзүм барып: «Кызыңарды сүйдүм, тийбегенден кийин өлтүрдүм… Алсаңар баш мына, кессеңер тил мына... Күнөөмдү кечсеңер үйлөнткүлө…» деймин.

– Ой Казбич! Кызын өлтүрүп коюп муну кантип айтасың?– дешти тегеректегилер.

– Өзүм бала болуп, кызынын ордуна үйүнө зайыбымды кыз кылып киргизип, өзүм да ата-эне деп, зайыбыма да айттырамын, – деди Казбич.

– Ой Казбич! Анда сенде жигер бар экен, сен адам экенси?, бали! – дешип анын жолдоштору Казбичке таң калып, ыраазы болушту.

* * *

Саша менен Качике «Казбичтин» аңгемесин тыңшап, кээде мыйыгынан күлүп коюп отурганда:

– А Качике, Качике! Өңүмбү, түшүмбү!– деп, бирөө эшиктен кирип келди. Качике селт этип кетип, эшиктен кирген көзү да капкара, өңү да кара, таяк таянып чолоңдой баскан чоочун жаш

жигитти карап калды. Качике ордуңан козголгуча тиги келип Качикени өпкүлөп, баса жыгылды.

– Аман-эсенсиңби? Деги тирүү чыктыңбы? Деги барсыңбы? Болду, болду! Бул чоң согуш баарыбызды кырмак болду го!– деп, оозу оозуна тийбей такылдады.

Качике бу чоочун жарадарды такыр таанывбай бүшүркөп, тааныялбай турам деп айтуудан уялып, кыпкызыл болуп, тердеп кетти.

– Дагы жердештиктер табышкан экен,– деп, палатадагылар көзү күйүп, карап турушту.

– Жердеш эмес жолдош, жолдош эмес дос! Бу дегениңер кыргыздын атактуу жазуучусу, э, аны билип койгула, муну сыйламак турсун, колго көтөрүп жүрө турган киши, и, бу киши оңой киши эмес,– деп, оозу тынбай, такылдай берди.

– И-и, бу киши жазуучу экен го!– деп палатадагылар күбүр-шыбыр болуп, сүйлөшүп калышты. Качикенин башы жерге кирип кетти. «Хлестаковго окшогон бу кандай кудай урган немеле! Жокту сүйлөп кишини шерменде кыла турган болду го!» деп, палатадагыларды караялбай, кыпкызыл болуп, калгансыган чоочун кишини таңыркап карай берди.

– Сен мени таанывбай турасыңбы?– деди акырын кыргызча,– мен Жолболдуев Шакир эмесминби, нечен жолу Фрунзада бирге болбодук беле? Жумаалыны билесиңби, мен ошонун жолдошу болом, соода кызматы менен Фрунзага келгенде ресторан «Фританда» далай пиво ичпедик беле? Таанывбай калсаң да тааныныш боло бер. Мен кыргыздан бирөө барбы деп издеп жүрүп сени таптым. Биздин корпус мабу маңдайда. Эми тааныдыңбы? Качике жакшы тааный албай, бирок бир жерден көргөнсүп, бүдөмүктөнө берди.

– Тааныдым, тааныдым,– деди Качике, жок дегенде сыпайгерчилик болсун деп. -Мында жатканыңа көп болдубу? Жумаалы менен кат жазышып турдуңбу? Кайда экен? Өзүң кайсы дивизияда болдуң?

– Эмненин кат жазышып турганы! Чакчелекей эле болуп калдык. 9-дивизияда болчумун, сенчи?

– Мен да, – деди Качике көңүлсүз.

– Кайсы полк, кайсы подразделениеде болдуң эле?

– Полк 18-пехотада болдум.

– Мен да ошо полкто болдум. Көрүшкөн эмес экенбиз да, – деп, тааныш балдарды сураштыра баштады.

– Биз экөөбүз коллегабыз, мындайча айтканда каламдашпыз...замандашпыз. Кана эмесе, Качике, эртеңкиге чейин кош бол,– деди да, кайтадан кыргызча сүйлөдү, шашылыш жүрөм, камыныш керек, госпиталдын начальнигине жакшы кийим тапкын дедим, болгондо офицерский болсун дедим, солдаттын кийими менен Фрунзеге кантип бармак элем, өзүң билесиң... уят! Ну пока, досвиданья, друзья! – деп, шакылдап чыгып кетти.

Жолболдуев чыгып кеткенден кийин Качике эси оогонсуп, бир топко далдырап жатып калды. Капыстан күн күркүрөп, капыстан кайта басылгансыды. «Бу кайдагы шумпай эле! Жүргөн жерин чакчелекей кылып, бүлдүрүп жүргөн шылуундун бири го!» деп, Качике ойго батты, өзүнүн эчтемеге эби жоктугуна ичи күйүп, бирөө тепкилеп кеткендей, буткөн бою жанчылып, чарчагандай шалдырап, тамагы кургап турду. Качикенин, ызасы келип, жаны ачып турган. Бу ким да, мен киммин? Бу болсо турмушта өз оюна келгенди кылып да? салып жүрө берчү эр болуп, мен бир көлөкөсүнөн корккон коён жүрөк байкушмунбу?!» Жолболдуев Качикенин эми гана ачылып келаткан көңүлүн капкараңгы түн кылып кетти.

– Бу ким эле?– деди Саша.

Качике жаны кейип туруп, чынын айтты.

– Бу мени билсе керек, бирок мен билбейм, мындай жазуучуну уккан да, көргөн да эмесмин, мен өзүм да жазуучу эмесмин, сүйлөп турганынын баары кыпкызыл калп!-деди.

– Ыза болдуңбу?

– Болдум.

– Эмнесине?

– Бирөөлөрдүн колунан баарысы келет, келсе да бул өңдүү иштерди иштеп алдап, кара ниеттик кылбайт, бирөөлөрдүн колунан эчтеме келбейт, бирок билбесе да үзүп-жулкуп, ар намыс, адамчылыкты унутуп, ишке колу жетип, турмушту тебелеп кете берет. Мына бул эми журналист, анан кийин жазуучу болуптур.

Балким жазуучу да, журналист да болуп кетер. Менин колуман эч качан мындай иш келбес эле. Мен өзүмдүн эбимдин жоктугуна ызам келди,– деди Качике.

– Акмактыгың ошо,– деди Саша жылмайып күлүп.

– Эмне үчүн өзүңдү бирөөгө теңештиресиң? Ар кимдин өзүнүн жолу, өзүнүн тагдыры бар. Бу кыргызың акыры барып узабайт, аны билип кой. Анын эмнесине ичиң күйүп, өзүң ыза болосуң? Мытаам, арамзалыгынабы? Алдамчы, жан кечтилигинеби? Абийри жок, ысапсыздыгынабы? Мен да өзүмдү көп жемелечүмүн. Менин ким экенимди билесиңби? Карапайым шахтермун. Мен да өзүмдү көп тилдейм. Куудул-шумдугу жок жооштугуман далай тил уккамын, жаман да көрүнгөмүн, бирок өзүм ошондой киши болсом эмне кылам? Бирөөнүн эпчилдигине таң калам да тим болом. Кээ бирөөлөр кайда барса шып гана өзүнө майлуу, жайлуу ийин таап алат, андай немеге бирдеме деп айта да албайсың, ордунан козгой да албайсың! Мен шахтада иштегенде унчукпай жүрүп иштей берчүмүн, бирөөгө жагынууга, мени мындай кыл деп, жалынып көрбөдүм. Бирөөлөр төгөрүлүп, макталып жатты. Мен унчукпадым. Кээде начальник чакырып алып: «Эмне үчүн сенин бригадаңдын иши начар?» деп кыйкырчу. Мен жалдырама тийгендей үн-сөз жок тура берчүмүн. Начальник кыйкыра берер эле. Мен унчукпай туруп, эшикти тарс жаап чыгып кетчүмүн. Кайта чакырса кайта баякыдай тура берчүмүн. Акыры жадаганда акырын чакырып алып, жумшак сөз менен жакшылыкча сүйлөшкөндө гана жибип кетип, жай баракат иштин жайын сүйлөшчүмүн. Кызыл кекиртектин эмне кереги бар! Кыйкырса эле иш бүтүп кетчүдөй болгондор бар. Бала кезден жетим өстүм, жокчулук мени жакшы гана бооруна кысты. Кээде таяк да жедим... ыйладым! – деди Саша, муңайыңкы күлүмсүрөп.

– Шахтага кирип кеткенден кийин далай жыл жаңы үйрөнчүк жаш бала болуп иштеп жүрүп, акырында бригадир кылып көтөрүштү. Ошентип жүрүп өз токочума жетиштим. Согуш чыгар менен согуш майданына келдим анча-мынча үйрөтүп туруп согушка киргизди. Отделение берди, башкардым, помкомвзвод бол деди – болдум, взвод беришти – иштедим, үч ай окутуп младший лейтенант наамын бе-

ришти, андан келгенден кийин түз эле ротаны колума алдым, ротаны башкарыш колуман келбейт го деп корктум, коркуп жүрүп ротанын жумушун да, баштаганда (бутумдун жарасы ачыла берүүчү болду) мени чарба жумушуна, котормок болушту. Ошо убакка чейин унчукпай, иште деген жумушун иштеп келдим, чарба кызматына дегенде баякы тырышып калмам кайта кармады. Бир айтты, эки айтты, мен тырышып болбой койдум, Баарынан шыпырып айдап чыгат ко дедим эле, жок, кудай жалгап өз жайыма тынч койду. Чолоңдосом да болбой иштей бердим. Акыры үчүнчү жолу жарадар болдум, ошондо гана ротаны тапшырып, моминтип госпиталга келип отурам! – деди Саша, сүйлөгөндөн жаагы карышып калгансып, жаагын таянып, көпкө унчукпай калды да, анан акырын, салмак менен тантап сүйлөй баштады.

– Мени эмне, өлүмдү көрүп өлүмдөн корккон жок дейсиңби? Корккомун, бирок, ажал бетме-бет келип, мени жакадан алып турганда мен ажалдан корккконум, жок, анткени мен ажалды ошол учурда көргөнүм да, аны ойлогонум, да жок. Эгер ажалды ойлоп, аны дайым эсимде кармап жүрсөм мен да өлүмдөн коркуп, душман менен кармашалмак эмесмин. Анан, Костя, дагы бир кызыкты айтып берейин: «Мага жашоонун эмне кереги бар? Менин өмүрүм кимге керек? Жашаганда эмне пайда тийгизем? Жарык дүнүйөнү чаңдаткандан башка эмне пайдам бар? – деп да ойлоп кетчүмүн, бирок барган сайын турмуш кызык көрүнүп, согуштан кийин мурункудан да жакшы иштеп (мурун жакшы иштебеппиз!), пайданы көбүрөк тийгизгим келет! – деди Саша, кабагын чытып, күрсүнүп – Ошон үчүн өлүмдү аз ойлоп, иштеш керек, кандай дейсиң?

Ушу карапайым шахтер, ичинде кири жок, көңүлү таза шахтёр, анын жалганы жок, муңайыңкы көздөрү Качикеге барган сайын жагып, аны ишендирип, өзүнө жакындатып, тартып баратты.

## VIII

Качикенин күндөн күнгө иштейи ачылып, өзүнөн өзү көңүлү көтөрүлүп, жарасы али жакшы бүтөлек болсо, да күндө физзарядкага чыкчу болду. Жолболдуев эртеси келип:

– Сен менин тилимди алгын,– деди Жолболдуев,– тилимди алып, кандай да болсо бошонуп чык. Мен өз максатыма жетиш үчүн отделениенин башчысы врач аялга ашыктыгымды айтып, үйлөнүүгө чейин бара турган болойун. Бойдокмун деп калпты да айтпадымбы! Андай кылып алдап, арбап чалынтпаса аял колго түшөбү?

Мына ушул калп, алдамчылык, кара жүздүүлүктү Жолболдуев жашырып-жаппай, уялып да койбой, Качикеге ачык айтты. Тиги бу сөздөрдү айтып турганда эч качан калп айталбаган Качике бу сөздөрдү өзү айтып, бул ишти өзү иштеп тургансып, чыйкандай болуп кызарып турду. Мынабу анткордук кыянаттык, арамза арам кыялдык Качикени таптакыр Шакир Жолболдуевден ажыратты. Ал кетер менен анын өзүн да, ал кызыктырган кыялды да Качике унутту.

Ушу күнгө чейин «Кишини санаа саргайтат» деген санааны өзүнө жолдош кылып келген Качике ушул санаадан кутулуштун аракетин кылууга, бул санаа менен алыша баштады. Бул куру санаа – өткөнгө арман кылып өксүй берип, өзүн өзү кемсинтип, өзүн өзү төмөн баса берүүдөн кутулуштун дабасы эле, ичиңе сыр кылып жаманчылыкты, өзүңдүн кемчилигиңди, башыңа түшкөн кыйынчылык кылган кылмышыңды жашырбай ашкерелеп, куру намысты өзүңдөн оолагыраак коюш керек экендигин Качике дале болсо ачык түшүнөлек Качике: «Элге уят болот! Уят өлүмдөн кыйын!» деп жүрүп ушул даражага жеткенин дале мойнуна ала туруп да алчуу эмес, алуудан да коркчу. Мына ошол ашкере чындыктан коркуунун өзү апырып Качикени уяң, өз ичинен тынып жүрө берме түнт, жалтаң коркок кылган. Ал эми «Ооруну жашырса өлүм ашкере кылат» деген макалды да Качике билчү, бирок билүү бир башка да, билгенди ишке ашыруу бир башка болуп «Өлөсөлүү ооруга эм издесе табылбас» дегенди ойлоп, көз жумуп жүрө берди. Мына ошо эмне болсо ошо болсун деп турмушта көз жумуп жүрө берип отуруп капыстан бет алдынан каргаша жолукту да, көзүн ачып каргашаны, өлүмдү бир эле көрдү. Мына ошондо гана Качике тиричиликтин мойнуна тырмышып, асылга, жан талаша каргашадан, каргашалуу өлүмдөн кача баштады. Бирок

качкан менен кутула турган чара жок. Же өлүм менен каргашага багынып, жатып бериш керек эле, же түптүз өлүмдү көздөй бет алып басып, өлүмдүн өзү менен кармашуу керек эле. Жолболдуев менен жолуккандан кийин Качике ал сыяктуу өлүмдөн качып кутулгандан көрө өлгөндү өйдө көрдү. Муну куру санаа менен жүрүп отуруп көрүш керек болучу. Качике үчүн бу да азыр белгисиз бир туюк келечек.

– Кана, Костя, сени жазуучу дебеди беле, мына бу күндү карачы, балким, Пушкиндин бирдемеси эсинде калгандыр,– деди лейтенант-танкист Чабанов, дөңдөн ылдый зыркыратып лыжа тээп келип.

Кийиз өтүк, балдакчан Саша өмүрүндө бутуна лыжа илип көрбөгөн Качикени «мындай», «тигиндей» деп, лыжага жүргөндү үйрөтүп жаткан. Кийиз өтүк, фуфайкачан Качике кулакчынды баса кийип алып, улам жыгылып, лыжа тебалбай, тамтуң баскан баладай убара тартты.

Качике башын көтөрүп, токойду карады.

Орустун токою жымжырт болуп, жай теңселет. Токойдогу лыжанын изинен башка чыйыр түшөлек калың кар али былк этпейт. Түптүз кызыл карагай менен арча карагайлар аппак бубаг болуп эртең мененки сууктун күчүнөн чыртылдап жарылгансып, кычырап турду. Ачык асманды жумшак булуттай боз каптап, көтөрүлүп калган күн ай сыяктуу аппак болуп, Качикенин көзүн уялткан жок.

Ачык аяз, кышкы таң болуп турган чак.

Танкист, кышында чапкан аттай бууланып, кыпкызыл болуп энтигип, тумагын алып жылаңбаш.

– Ал бетпак калп айткан, мен жазуучу эмесмин, бирок...– деди да айлана тегеректи карап туруп,– Пушкин... мындай күнду

Мороз и солнце, день чудесный...

десе керек эле, окуу китебинен кезиктиргемин, – деди Качике.

– Еще ты дремлешь, друг прелестный,– деп калганын танкисттин өзү ырдап коё берди.

– Танкист сен акын болсоң керек, жашырып айтпай жүргөн окшойсуң,– деди Качике.

– Акындардын ырын билгендин баары акын боло бермек беле, ошондой болсо да кээде ар ким өзүнүн ичиндегисин өз сезимине жараша жазсам деп, аракет кылат го дейм. Мына бу младший лейтенант ыр жазып жүрөт, поэт, – деди танкист, Сашаны карап, күлүмсүрөп.

– Жок, жок, бу да калп айтат,– деп Саша кыпкызыл болуп, уялып кеткен кишиче мылжыйып күлдү.

– Костя, андан көрө лыжаңды теп, мурдуңду суукка алдырып аласың! – деп, сөзгө алаксытты.

– Чорт возьми, катуурак жүрсөм бутум ооруйт, сөөгү жакшы бүтөлекпи, сеникичи, поэт? – деди танкист Сашага.

– Поэттин иши начар, таманымдын жартысы бүтөлек, ошо бойдон майпаңдап аюуча басып калат окшойм, – деди да, бир аз унчукпай туруп:

– Ай Ваня, поэт дебей жүрчү, ыр жазып жүрөт деп да айтпа бирөө укса шылдың кылат,– деди.

– Уяласыңбы? – деди Ваня.

– Уялам... – деп, дагы бирдеме айтмакчы болду да, будаланып калды.

Качике нарыракта темтеңдеп лыжасын тебалбай жүргөн.

– Эх ты, – деди Ваня, – ыр жазып жүргөн жалгыз сен бекенсиң, айтып коёюн, мен да жазып жүрөм, мобу кыргыз жазбайт дейсиңби? Оор күндөрдө ким да болсо жазат, – деп, үстү каракөк тартып, астына боз түшүп турган токойду карап калды.

– Костя, пойдем на завтрак! – деп Саша кыйкырды. Ваня, Саша, өзбек Нурулла болуп завтрак ичип отуруп, Качике өзүнүн тамакка тойбой баратканын айтты.

– Кече эле жакында ырсыйып тамак ичпей эле, эми көрдүңбү, Саша, тамакка тойбой турганын! Сага эттениш керек, нанды көбөйт деп айт,– деди Ваня. – Кара курсак болуп калганбыз да, май керек, – деди Нурулла, айтканын орусча которуп.

– Госпиталдын багып жаткан чочкосу бар экен, жакында соёт имиш, мына ошондон жеш керек, – деди Ваня.

– Ваня,– деди Нурулла, – зачем, свиня харам, паганый. Лучше баран... Вах!

– А сенчи?

– Буканын жегемин,– деди Качике.

– Анда анык майлуу жерин жеген экенсиң! Сага жагат, – деди Нурулла.

– Анда сен порцияңды буга берип жүр, дагы... Кантынан алсаң ал,– деди Ваня.

– Ала берсин, – деди Нурулла.

Качике күндө эртең менен түшкөн кийнн аз-аздап лыжа тээп, денеси да сергип, ичтейи да ачылып, уйкусу да тынч болуп, оңоло баштады. Бош убактынын баарын китеп, оюн-тамаша менен өткөрдү. Парткабинетке үзбөй барып, өзү да окуп, балдарга да китеп апкелип, кээде окуганын палатадагыларга сүйлөп берет. Так ушу госпиталдарда Качике өзүнүн аз билгенин, аз окуганын, көп нерсеге кунт койбогонун байкады. Анткени бир күнү Толстойдун «Согуш жана тынчтык»тын мазмунун айтып бералбай койду. «Манастын» жомотун билген менен сурагандарга ар кайсы жеринен ырдап бералбады. Кээ бир гана жерин айта алды. Нурулла болсо «Көр уулунун» көп жерин жатка айтып берди. Качикенин эсинде: «Чамбил белден ат качырдым, изи жок, Кор уулунун уулу тургай кызы жок...» деген жери калды.

Качике «Согуш жана тынчтыкты» кайтадан окуй баштады. (аны бир кезде окуган эле, бирок чала окуганын эми гана билди). Окуган сайын Качикенин көз алдына башкача жаңы бир дүйнө ачылып, андагы башкача кишилер, алардын күрөшү, тиричилиги, салттары көз алдына тизиле берди. «Бу кишинин ички күчү эмне деген күч деп, Качике окуган сайын Толстойго таң калып, жаңыдан эле баштап окугансып сезди. Акын, эскадрондун командири болгон Денис Давыдовдун согуштагы, жайчылыктан элеси көз алдына келип, Наташа, Николай Ростов князь Андрей, Пьерлер тирүү кишидей болуп, көз алдынан кетпей койду.

«Кызык,– деди ичинен,– кызык, негедир булардын эч кимиси өлүмдү ойломок турсун эстеп да койбогон сыяктуу көрүнөт. Бирок ойлонуп көрсөң булардын кайсынысы болбосун турмуштун бир гана булуңун кармабай, баарын бүт, демек, өлүмдү да, тиричилик-

ти да, сүйүүнү да, мансапты да тең кармап, баарына өзүнчө көз караш жасап, анын кубанычына да, ыйына да, ысыгына да, суугуна да тең күйүп, кээде чектен чыгып, кээде унчукпай түз басып, кармашып бүткөн экен… Мен да турмуштун бир гана четин ойлобой, баарын ойлошум керек экен!» деп, бир жаңылык таап алгансып. Качике колу менен көзүн басып, ойлонуп калды.

– Сен эмне, уктап атасынбы? – деди Саша, таягы менен түрткүлөп. Сашасыңбы? Мен толстойчул болуп жатам.

– Эмне, Толстойдун динине кирдиңби?

– Динине кирсем эмне болот?

– Анда немец менен сага согушуунун да кереги жок, Аны билбейсиңби?

– Билем, анча-мынча.,» «Согуш жана тынчтыкты» окудуң беле?

– Жок, үзүндүлөрүн гана окугамын,– деди Саша, бир аз айыптуу болгон үн менен.

– Эмне экен? Анын зыяндуу көз караштарын окугамын.

– «Согуш жана тынчтыкта» анын дини жок.

– Костя,– деди Саша бир башкача зыркыраган үн менен,– мен шахтёрмун, ФЗУда окудум, аз окудум, адабият китептерин эми гана окуп келатканда согуш чыкты, мен өзүмдүн чала сабаттуулугума айыптуу эмесмин… турмушум… – деп ыйлап жибере жаздады.

– Аны… турмушту, Сашенька, айтпа, элдин баарынын турмушу таттуу болгон эмес, мен да жетим өсүп, азап тартып жүрүп чоңойдум. Мен да чала сабаттуумун, дүнүйөнү эми гана таанып келатам… Ошон үчүн бир кезде чала окуган китепти эми кайта окуп отурам. Мен өзүмө кече эле акмак, акылсыз эселек турмушка чалагайым караган киши көрүнүп отурам. Эгер колуман келип, акыл эсим токтосо турмушту кайта жаңыдан баштап, куруп кайта баштан төрөлгүм келет… Мени билесиңби, мен таалайсыз, өз турмушун элчилеп куралбаган бир байкуш, шордуу кишимин, Өмүр бою ичимен ыйлап, сыртыман үңүлүп келатам. Сен менден жашсың, сенин келечегиң алдыда!..– деп, Качике Сашаны сооротконсуп жатты.

– Мен да ошентип кетем... сени менен бир кеңеше турган ишим бар эле... – деп, тайсалдап турду.

– Эмне кеңеш? Мен кеңеш бераламбы? – деди Качике, күлүп.

– Ме, момуну окуп көрчү... Эч кимге көрсөтпө... – деди да Саша Качикеге калың дептер сунду өзү бир аз сүрдөп, апкаарыган кишиче мылжыйып күлүп, балдагы менен бутун сүйрөп, эшикке чыгып кетти.

Бул Сашанын өзү жазган ыр дептери экен. Качике таң калып, орусча жазылган ырдын эрежелерин жакшы ажыраталбаса да, зенин коюп, дептерди карай баштады. «Баякы Искендер байкуш кайда болду экен? Тирүү болдубу же... Эгер Искендер болсо бул ырлардын эмне экенин билет эле» деп Качике дептерди улам барактап, ар кайсы жерлерине токтолуп, окуп жатты.

Сашанын бул ырлары – албетте жаңы үйрөнчүк кишинин ырлары. Ыр жазгандын эрежесин Качике билбесе, Саша да андан ашып кеткен эмес. Ыр көбүнчө патриоттук ураандарга толгон, бирок чынын айткан турмуштагы ырлар болгондуктан Качике бул ырлардын көбүн кызыгып окуду. Өлчөм, уйкаштарына келгенде ырдын такыр аяк-башын таппай, түшүнгөн жок.

Кечинде Саша экөө ээн коридорго чыгып, алып, көпкө сүйлөштү.

– Бул ырларыңды бирөөгө көргөздүң беле? – деди Качике, сөздү эмнеден баштарын билбей.

– Анча-мынча кишиге.

– Дагы жазып жүрөсүңбү?

– Жазымыш болом...

– Сашенька,– деди Качике,– мен сенин ырларыңды кызыгып окудум, бирок кандай экенин сын бералбайм, анткени ырдын эрежесин билбейм.

Качике айтарын айтып коюп, Сашаны тиктеди. Капа болдубу,– деди окшойт.

– Баары ушуну айтат,– деди Саша, кара көк тарткан өңү кыпкызыл болуп.

– Мен акын болуш үчүн жазганым жок, өзүмдүн ичимдеги бугумду жаздым.

Ошондон тартып Сашанын ырларын Качике экөөлөп окуп, андан кийин палатадагыларга окуп берип, Саша палатанын акыны болду. Кээде башка палаталардан да келип угуп жүрүштү. Сашанын кубанчынын чеги жок.

## IX

Палатада күндөгүдөй Сашанын ырын окуп, окуган китептердин мазмунун айтышып, «Казбич» күлдүрүп жатканда сестра Люса кирди. Люсаны бүт палата жакшы көрө турган.

– Вот вы какие весёлые, мои дорогие. Просто прелесть,– деп дайым жылмайып күлүп турган сулуу өңүн андан бетер жылдыздуу кылып күлүмсүрөп, жарадарлардын арасында турду.

– Это я делает веселый, – деди Казбич.

– Ты молодец, Казбич.

– Ты молодец, Казбич, только я тебя очень боюсь, а вдруг ты и меня убьешь! – деп Люся палатадагылар менен кошо күлдү.

– А то бы я тебя полюбила.

– Оо, если ты любишь, я тебя не убил бы, люблю, ты не любишь тогда...

– Я тебя люблю, Казбич, люблю,– деди да, Люся Казбичтин маңдайынан сылап, маңдайынан өөп койду.

– О, ни одна женщин не целовал, я стесняюс, давай даваём, вечером,– деди Казбич аялдын жумшак колу менен жыттуу деминен чындап эле мас болгонсуп.

Бүт палата күлүп, аялдын жытын сагынып калган жарадарлардын делебеси козголуп, көңүлдөрү кушвак.

– Ормонов, деди Люся Качикенин жанына келип. «Пойдем, милый, начальник госпиталя зовет» Ормонов Качике менен Люся чыгып кеткенден кийин палатадагылар күбүр-шыбыр болуп калышты. Эмнеге чакырды болду экен?

– Балким бошотуп үйүнө жиберер.

– Жарасы жакшы бүтөлөктелеби?

– Бүткөн.

– Кайдан, бүтөлек, кече баарыбызды бир көрбөдү «беле»

– Тескери бүтүп калыптыр болчу.

– Шайтаны болсо да частка жиберет, эмнесин табышмак кыласыңар! Баякы немедей болуп үйүнө суранган эмес – деди Саша.

– Да, Костя не такой,– деди танкист.

– Да тебе не такой! Бизге бирди айтып тыягынан акырын кылтыйтмасын жасагандыр, кайдан билесиңер! – деди жарадарлардын бири.

– Жазуучу болсо болгондур, балким жашыра тургандыр. Жазуучу дегендей деле кебетеси жок, эки сөздүн башын кошуп сүйлөй албайт, калп эле бая күнкү досунукундай шылтоо да! Эх!

Согушту көрмөк турсун мылтык кармап, аскер кызматын өтөгөн турмак жаштар жаңыдан согушка киргенде мөндүрдөй болуп жааган автомат менен пулемёттун окторунун астында калып, миномёт, замбирек, самолёттордун снаряддары алай-дүлөй түшүргөндө эсинен танып далдырап, жүрөгү түшүп алек болгон. Сүрдүү танкалар туш-туштан чабуулдап, биздин бөлүктөрдүн тозтополоңун чыгарып, арага бүлүк салган. Ушундай учурда мындай тумсак солдаттар жарадар же окко учкан жолдошторунун үстүнө чогула түшө калып, тополоңдун үстүнө тополоң түшүрүп, чуу чыгарышкан. Душман ушул тополоңдон пайдаланып, биздин бөлүктөрдү топураган аламанга айлантып, биздин арабызга кыргын салган. Биздин аскерлердин башына, катуу каргаша түшүп тургандагы баштапкы мезгилдерде мындай түшүнбөстүктөр көп болду, бир киши жарадар болсо ондогон киши кошо жарадар болуп, бир киши өлсө ондогон киши кошо өлүп, бөөдө чыгаша, кокустуктар болгону чын. Ошол жөнүндө булар сөз талашып, күлүп, кыйкырып жатканда Качике мостоюп кирип келди.

– Эмне болду? – деди танкист.

– Мен согушка жибергиле десем, булар мени...

– Эмне үйүңө жиберип жатабы? – деди бирөө, Качикени сүйлөтпөй.

– Эгер билгиң келсе, менин сагына турган өз үйүм жок, согуш окуу жайына баргын дейт,– деди Качике тарынгансып.

– Офицер болуп чыксын деп жатышкан турбайбы! – Танкист Саша менен турган Качикенин жанына келди.

– Мен барбайм,– деди Качике.

– Эмне үчүн? – деди танкист.

Мен офицер болуп чыга албайм. Мен кишинин бошумун.

– Келесоосуң, сен, Костя,– деди Качикени далыга чаап, танкист,– барыш керек, сенин билимиң бар, боштугуңду айтпай эле кой, териңди тескери сыйрып, токсон тогуз тердеткенде өзүң эле зыңкылдаган киши болосуң. Сени мен билдим, эчтемени көрөлек чийки неме экенсиң. Сендей немени күнү-түнү тынч койбой айдап, уйкудан бөлөк учурда, кээде уйкудан да калтырып, иштетиш керек. Токсон тогуз териңди улам сыдырып кургаган сайын кайта тердетиш керек. Мына ошондо гана киши, анан бары офицер болосуң. Жанынын тынчына карап, солдат болуп жөрү берейин деген турбайбы! Жо-жок, батыр, госпиталдга началыниги сени ырас таап тыр. Началник эмне, уйчукпай эле калдыбы же бирдеме дедиби?

– Ойлонуп туруп жооп бер, военкоматка барасың деди.

– Костя бир жума ойлонсо да ойдун аягына чыкпайт, андан көрө азыр эле кроватка жатып ойлоно кой, бар, бар, бар!-деп, Саша баарылап, Качикени артынан түп калышты.

Эмне деп ойлоорду Качикенин өзү да билалбай турган. Чын эле, кайсынысы жакшы? Солдаттыкпы же офицерликпи? Жооптуу болушпу же акырын арабаңды согуп жүрө беришпи? Албетте, солдаттын жаны тынчыраак, бирок кантип эле тынч болсун! Өзү солдат болуп көрбөдүбү! Момолой чычкандай жаны тынбай жер казат да жүрөт. Баарын кылган солдат. Солдатсыз иш бүтпөйт. Кайда болсо солдат! Үрөң-бараңдан солдаттын эмгеги башталып, түн бакырдыкы дегендей, түндө гана ээн-эркин эс алат. Ошондо да тынч жаталбай, кээде тазаланбай калган мылтыгын эстеп ойгонот, ойгонбосо ойготот. Солдаттыктын эмнеси тынч? А согуштачы? Күнү-түнү күрсө-тарстын ичинде суукту суук, ысыкты ысык дебей, курсагы такыр тамакка тойбой, өлүм менен тирүүлүктүн ортосунда жүрөт. Жок, кантип солдаттык тынч болсун! Офицерликчи? Качике офицерлерди деле көрбөдү беле Солдат кайсы, офицер кайсы, эмне айырмасы бар эле? Солдаттар менен бирге ичип, солдаттар менен жатып, солдат тарт-

кан эмгекти бир тартканыбы? Солдат тамак ичкенде офицер тамак ичпейт, солдаттын баары тамак ичтиби деп карап турат. Солдат уктаганда офицер уктабайт, – солдаттардын аз уйкусун кайтарган постордду текшерет, шырп эткен тыбыш болсо ыргып турат, дайым кооптуу. Жаткан жери сыз, чала коют, кийгени солдат кийими. Согушта качан болсо алдыда, ок түшкөн жерде, солдаттар менен аралаш жүрөт. Ар бир солдаттын чулгоосунун туура оролгонуна чейин, өлүүсүнө да, тирүүсүнө да баскан-турганына да жооп берет. Жок, офицерликтин эмнеси жакшы!

Качике жатып алып көп ойлонду. Бирок Саша айткандай, ой түбүнө жеталган жок. Жакындан бери үйүнөн кат да келбей койду. Эмне үчүн? Эмне болуп жатышат? Кызы эмне болду? Өзү өлүп калса кызы эмне болот? Ал эми ок деген офицер же солдат деп ылгабайт. Баары бир. Чынаркан болсо Качикени түшүнбөдү. Жакшы кыялы кармаса жакшы, жаман кыялы кармаса жаман каттар жазып, согушта жүргөндө да тынчыткан жок. Оо, эгер Качикенин үйдөн көңүлү тынч болсо эчтемеден коркмок эмес. Түпсүз ажалды көздөй бет алып бассак, же өлтүрмөк же өлмөк... Өлгөндө да арман кылбай өлмөк! Анткени ыйлап, жоктоп кала тургандары болмок... Эмичи? Эми эмне кылсын? Артка чегинип, коркок, жек көрүндү, шүмшүк болуп, өлсө да ит өлүмү менен өлсүнбү? Жок, жок! Корккону ушул ит өлүм! Ит өлүм деген эмне? Оо, ит өлүмдү Качике жакшы түшүнөт! Ит өлүмү толуп жатат. Кармашпай, кайрат кылбай, баш калкалап алдындагыны көргүсү келбей, көзүн жумуп, тепсендиде калып өлсө бу дагы өрт өлүмү. Жок, жок, ит өлүмүн Качике жакшы түшүнөт. Ошондуктан жерден бойду көтөрүп, бийик, аскар болуш керек. Бийик, аскардан туруп баарын көрүп, баарын билип, башкарып, мүмкүн болсо команда берип туруш керек. Окко учса да команда берип, залкардай болуп туруш керек. Аскар болуп күрөшүү үчүн офицер болуш эле максат эмес. Аскар болуш үчүн көкүрөктү керип, ичке кир сактабай, армансыз кармашкандын өзү жетишет. Мындай күрөшкөн солдат болсун, офицер болсун өлсө жер өлүмү менен эмес, аскар өлүм менен курман болот. Аскар өлүм! Жер өлүм, тебелендиде калган ит өлүм! Бул өлүмдүн

кайсынысын каалайсың? Качике бул суроону кимге берсе да кандай жооп аларын билет. Бирок азыр бул суроону өзүнө берди. Бергенде да өлүмдү кошпой, жер бойлуу болгуң келеби же аскар бойлуу болгуң келеби деди да, бул белгилүү эмеспи, улам эле тантый бересиңби? Дурусурак киши болгонду гана ойлосоң болбойбу? Качанга чейин эле былжырап, ар кимдин тебелендисинде жүрөсүң? Болсоң болгондой болуп, болбосоң жок болбойсуңбу деди өзүнө өзү. Солдат болсоң солдаттай бол! Генерал да солдат. Генерал болгуң келер беле? Оо, генерал эмес младший лейтенант болгондон коркуп отурасың кайдан жүрүп анан генерал болсом деген тилекти тилемек элең! Жамансың да жаман!

Сестра Люса кирди.

– Эмне ойлонуп калгансыз, Костенька? – деди Люся, Качикенин жанына сүлүңдөп басып келип.

– Сүйүнтөйүнбү? – Люся эки колун ак халаттын эки жан чөнтөгүнө салып турду.

«Кандай маңдайы жарык киши? Атаганат, менин зайыбым ушундай жаркылдаган киши болсочу?» – деп Качике Люсяга суктанып, кең маңдайына, ак саргыл өңү менен коңур чачтарына, Толстой айткан мээримдүү кой көздөрүнө тигиле тиктеп калды.

– Эмне унчукпайсыз, сүйүнтөйүнбү дейм? – деди Люся, Качикенин көз карашын байкап.

– Сиздин жүзүңүз, сиздин көз карашыңыздан артык мага сүйүнүч болбос, – деди Качике, Люсядан көзүн албай.

Мактоого жарашыктуу Люся кызара түшүп күлүмсүрөп, андан бетер супсулуу болуп, өңү жаркылдап:

– Мына кат, үйүңүздөн, зайыбыңыздан болсо керек, – деди Люся.

– Баарыңарды теңтуш кылып, алып эми кимиңерди сүйөрдү да билбей калдым, эми эле сүйүп келатканда кетип каласыңар, жүрөгүмдүн бүтүн жери да калбас болду… – деп, Люся муңайым тартып, татынакай күлүмсүрөп, Качикеге кат берди.

Качике катты алыстан эле көрүп, Чынаркандын колун тааныды. Негедир жүрөгү жыйрылып, колуна кат тийгенде муздак сууга колун салгандай, ичиркенгенсип кетти.

– Бул кат мени сүйүнтпөйт ко, эжеке – деди Качике улутунуп. – Бирок сиздин колуңуз ...

– Куру комплементти көп угам, жок дегенде чын экенин билсем... – деди Люся, эркелеп.

– Мен калп айтпас элем... – деди Качике, Люсядан көзүн албай, катты да ачпай,

– Ой ли? – Баарыңардын сөзүңөр сүйлөшүп алгансып бир чыгат. Баарыңарга ишенгим келет. Баарыңарды жакшы көрөм, аяйм, боорум ооруйт...

Саша, танкист, палатадагылар бул сөздү бүт угуп, буларды карап калышкан.

– Саша, уктуңбу, Костя мындай сөздү такыр айтчу эмес эле, сак бол арбай турган тили чыгып калыптыр, Люсядан айрыласың! – деди көзү менен күлүп.

– Киши болоюн деп атса керек, – деди Саша.

Бирок Саша чындап кызганып турган, анткени Люсяны көптөн бери жакшы көрүп, бирок уяңдыгынан жакшы көргөнүн айталбай жүргөн Люсяга арнаган ыры да бар. Аны Качике биле турган.

– Эгер Люся мени сүйчү болсо мен эч качан өлбөс элем, өзүм өлсөм да элесим Люсянын жүрөгүндө тирүү сакталмак. Мени согуштун аягына чейин күталар белеңиз, эжеке? – деди Качике, Сашанын атынан сүйлөгөнсүп.

– Куштар элем, күтүп жүрөм... Ошон үчүн баарыңарды жакшы көрөм,– деди Люся дароо кол жеткис боло түшүп.

– Саша,– деди танкист кыйкырып, – Саша, жаз, ыр жаз, ыйлуу ыр жаз бекер күйүп жүргөн экенсиң! Люсянын күткөнү бар экен!

– Сашабы? Саша жакшы, калп айтам, ыр жазабы? Жок, Саша жакшы, Сашаны жакшы көрөм, ыйлуу ыр жазба, сүйүп жаз, – деп Люся эркелеп күлүп, чыгып кетти.

– Аял деген ушундай болсо! – деди танкист, – же оюну экенин, же чын экенин киши билип болбойт, өзү оюнкараак болгону менен кишини жанына жолотпойт. Кош, Саша, эми эмне кылабыз?

– Барчы, сенден бирдеме сурап жатамбы? – деп, Саша ачууланып, балдакчан бутун сүйрөп, эшикти көздөй басты.

– Эмне үчүн, Саша? Люся мени өпкөн, күтсө мени күтөт. Саша, көзүңө карап жүр, Люся сени эмес мени сүйөт. Менде кавказ бычак бар, а-а! -деп, «Казбич» бир жагынан чыкты. Палатадагылар кайтадан күлүп калышты. Люся кайтадан келип:

– Тише, начальник госпиталя идет! – деди.

– Люся, мыналарың пышакка түсүп өлөдүгой, биревине тием десейши! – деди мурутчан казак.

– Что он говорит? – деди Люся күлүмсүрөп.

– Он говорит что очень любит тебя, Люсахан! Люся, я тоже люблю – деди да, Нурулла алдына барып чимирилип бийлеп, кашы-көзүн ойнотуп ырдап калды.

Алманы аттым атканга,
Сым калаватта ятканга,
Аччыгыңыз кемасын-а
Бир кучаглап өпканга, у-у-у!

Түшүнбөсө да Нурулланын ойку-кайкы бийлеп, ырдаганына палатагылардын баары күлүп жиберишти.

– Вот черти! Да тише, сейчас начальник придет! – деп, Люся колу менен оозун басты.

## X

Чынаркандын бул каты өтө суук тил менен жазылыптыр. Качике бу катты бир сыйра араң окуп чыкты да, ачуусу менен мыкчый кармап, тытып жибергиси келип турду. Кат чын эле кишинин дити, барып окуй турган кат эмес эле. Кантип оозу барып Чынаркандын ушундай кат жазганына Качике түшүнбөй, зейни кейип, көзү тунарып, жер көрүнбөй кетти. «Кийинки убактарда сен катты манчыркатып аз жазуучу болдуң... Өзүң да манчыркап жүрсөң керек. Эмнеңе манчыркап, эмнеңе алыста жатып алып мени коркутасың? Кайсы кылыгыңа коркоёсуң? Көп болсо казынанын бекер аш-тамагы көптүрүп жаткандыр! «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт» болуп, бекер тамак, жылуу жайга киргенде казы бай-

лап, бизди унутайын деген экенсиң! Сенин кийинки каттарың да муруңкусуна окшобойт. Сен, калыбы, жаңы кыял күткөн окшойсуң. Жаман киши ошондой, бат эле жакшылыкты унутуп, мурдун көтөрүп калат. Өлүм алдында жүргөндө күнү-түнү менен эсиңен чыгарбай кат жазып, бөйпөңдөп турчу элең, эми госпиталга жаткандан бери согуштан кутулдум десең керек. Дале согушка барарсың, дале башыңа кара түн түшөр, дале мен көз алдыңа келермин дале бөйпөңдөп, карааныма зар болуп турарсың. Ошондо көрөрмүн, ошондо мен да тескери карап, унчукпай туруп алып, жазаңды берермин. Менин кадырымды ошондо билерсиң...»

«Жарам тескери бүтүп калды депсиң, мага сенин жараңын тескери бүткөнүнүн кереги жок, бирок мага сенин ичиңдин тескери болгону кандай? Жараң бүтүп айыккандан кийин эле көңүлү мага сууп, ит ооруң кармап калдыбы? Сен ачыгыңды айткын: мен сага киммин? Аманат кармап жүргөн бир аштоосу бош жыгачмынбы же болбосо бутакташ сенин катыныңмынбы? Билем, сени мага байлаган бир гана нерсе бар, а да болсо сенин шүмшүк кызың! Кызыңа кайышпай эле кой, кызың менин кызымдын кырмычык, кырыңдысын жесе деле ачка болбойт. Баякыдай эле тултуюп семиз. Жеп-ичип жаткан менин балдарым эттенбей, сенин кызың эттенип кетти. Муну да көңүлүңө алып жүрбө, сөздүн чыны ушул. Эгер сени мага байлап турган данакер ушу шүмшүгүң болсо, менден жакшылык күтпө. Аны билип койгун. Ортого кызыңды салба, же мен же кызың! Кызыңа жагынып сени сүйө албайм. Кызыңа караймын деп сага жагыналбайм!»

Бу жерге Жолболдуев деген келип кетти. Сени көрдүм, бир топ акыл үйрөтүп келдим, айтканымды аткаралса жакында келет дейт. Сен элчылап бирдеме кылалчу белең, колунан эчтеме келбеси мага белгилүү. Кичине оңоло түшсөң эле башканы ойлойсуң. Теги оңолуш эле колуңан келсе оңолуп кетчи! Бирок билип кой: сен өлсөң күйө турган дале мен. Менден башка кимиң бар? Жаның менде эле эмеспи! Менден башка кимиң бар? Жаның менделе эмеспи! Аны билсең ичиңе арамдык сактабай, жакшы жүрөрсүң...»

«Дос күйүнтүп, душман сүйүнтүп айтат!», менин сөзүмө капа болбо. Сенин кандай болуп кетериңди да көрө жатарбыз...»

Жүрөккө доо кетирген бычактай болгон бул каттан кийин Качике көпкө жалгыз басып жүрдү. «Кайда барып жоголуш керек? Кайда барып жоголуш керек?» деп, каңырыгы таш жарып, күйбөгөн жери күл болду. Бу кат келген күнү кечке Качикенин кабагы ачылган жок. Кат жазайын деп да жазалбады. Эмне деп, кантип жазарын билбей койду. Саша да таң калды. Кечинде короодо басып жүргөндө:

– Эмне, үйүң тынч бекен? – деди Саша.

– Тынчы тынч, бирок мен тынч эмесмин, менин зайыбым эч качан менин жанымды тынч койбойт, – деп, Сашага өзүнүн арманын айтып берди.

– Анда менин үйлөнбөгөнүм жакшы болгон турбайбы? Согуштан аман барсам өзүмө ылайыктуусун таап alармын, – деди да, Саша көпкө ойлонуп, Качикеге бирдеме айткысы келип турду.

– Саша, менин турмушум сага өрнөк болсун, «жети ченеп бир кес» деген орустун макалын унутпайм, мас болбой соо кезиңде ойлонгун, менин күнүмдү ит көрбөсүн!

Саша Качикени аяп, бирок эчтеке деп айталбай, сөзгө алаксыткысы келди.

– Люся тууралу эмне айтар элең? – деди Саша, акырын күлүмсүрөп.

– Люся жакшы кыз, сөз жок жакшы кыз, бирок күтүп жүргөнү бар го дейм, – сүйлөшүп көрдүңбү? Сени такыр бошотот го, Люсаны алсаң сонун болор эле,– деп, Качике ичинен Люсаны жакшы көрүп жүргөнүн айткан жок.

– Күтүп жүргөнү бар жок экенин билалбай койдум, тим эле сыртынан жакшы көрүп жүрөм, сүйлөшөйүн деп даялбайм,– деди Саша, мылжыйып күлүп.

– Сүйлөш, Саша, мындай кишини сүйбөй коюш болбойт. Бирок ошондо да сырдашып сүйлөш. Кишиге акыл айтканда кыйын айтып, бирок өзүңө акыл айталбай, качан болсо иш өлкөндөн кийин өкүнгөн Качике өзүн өзү жаман көрүп, ичинен үшкүрүп, ичинен ыйлагысы келип турду. Качикенин өтө капа болуп турганын сезип, Саша эмне деп көңүл айтарын билбей, кыйналып турду да:

– Сен капа болбочу, тирүү барсаң турмушуңду оңдоп аларсың, андан көрө өзүңдү өйдөрөөк карма, мен бүгүн Люся менен сүйлөшөйүн деп турам,– деди, Люся алдында тургансып кыпкызыл болуп, ушул учурда корпустан жылуу кийинип алган Люся чыкты.

– Люсенька, кайда шашып баратасыз! – деди Качике.

– Болжошкон жерге, – деди Люся, баякысындай тамаша кылып, татынакай жылмайып.

– Болжошкон жерге чейин биздин Саша узатып барсын....

– А жерде Казбич бар, коркпойсуңбу? – деди Люся, булардын жанына басып келип, кууланып күлүп. – Жакында Саша балдагын таштайт, ошондо узатар. Жүргүлө, кичине узаткыла, үйгө шашып баратам, абышка-кемпирге барып каралашпасам болбойт, – деп үйүндө жалгыз ата-энеси бар экенин айтты.

– Бар, Саша, сен бар, жакшылап сүйлөш, – деп Качике Сашаны түрткүлөдү.

– Кимдин атынан сүйлөшөт?

– Баарыбыздын атыбыздан. А күнү Саша кеч келип, Качике алып коюп муздап калган ужинди ичип жатып, Люся менен сүйлөшкөнүн айтып берди.

Үйүнө чейин бардым, үйүндө карыган ата-энеси бар экен, агалары аскерде экен, атасы заводдо иштейт экен, таза, жакшы турушат экен, чай берип коноктошту.

– Күткөнү бар бекен?

– Жок экен, бу жерде институтта окуп жүрүп госпиталга сестра болуп иштеп кетиптир, бүгүн түнү кантип уктар экемин, такыр болбой калдым, – деди Саша оозу жайылып, кубанганынан шашылып сүйлөп

Ошо түнү Саша кудуңдап сүйүнүп, Качике үшкүрүп жатып уктады.

* * *

Март келип, Түндүк Орол жылый баштаганда Качике жолго камынып, бир нече күндөн кийин Саша менен Люся Качикени

вокзалга узатып чыгышты. Люся менен Сашанын колдорун бириктире кармап, Качике жайдары күлүп:

– Ажырагыс болсун, – деди.

– Айтканың келсин, бирок шахтердун колун Люся кабыл алар бекен? Сыноо жеткенден кийин айдап жолго салабы? – деп, Саша баякысындай уяңына тартып мылжыйып күлдү.

– Кат жазышып турабыз, мени унутпагыла, таалайлуу болгондор унутуп кетчү эле! – деди Качике, экөөнүн колун коё бербей.

– Бир тууган жердешим,– деди Саша чөнтөгүнө колун салып, – берер белегим мына бу украиндыктардын тамеки кисеси. Тамекиси менен. Тамеки чеккен сайын эсиңен чыгарбай жүргүн.

– Мына бу менин белегим – кол жоолук, тердеген сайын аарчынып, жоготпой эстеп жүрүңүз, – деди Люся, жаркылдап күлүп.

Качике Люсядан мындай белек эмес теги эчтеке күткөн эмес. Экөөнүн тең белегин алып, жашып кетти. Сашаны кучактап өөп, Люсаны маңдай чачынан жыттап, мындай узатканды көрбөгөн Качике чуркаган бойдон вагонго чыгып, Люсянын жыттуу жоолугу менен көз жашын аарчып, көпкө кол булгап, жөнөп кетти.

## XI

Сталинграддагы душмандын көп сандаган аскерлери камоого алынып, багынбаган душманды жоюуга кириштик деген жакшы кабар угулуп, элдин көңүлү көтөрүлүп турган учурда Берметке Кыдырбектин каты, кат менен кошо Искендердин дептери келди. Бермет бул тултуйган конверттин эмне экенине түшүнбөй, катты көкүрөгүнө кыскан бойдой ээн аудитория издеп чуркап жүрүп, ээн аудиториянын эң бурчуна барып отурду. Берметтин жүрөгү дикилдеп, «Бул эмне кат? Бул эмне кат?» дегенсийт.

Кыдырбектин катын кайта-кайта окуп, көз жашын ирмеп катка тамызып, катты өпкүлөп-өпкүлөп, жаш аккан көзүнө сүрттү. «Кыдырбегим, Кыдырбегим! Туш-тушуңа замбиректин огу түшүп, отурган жериң солкулдап турганда мага ушу катты, ушундай сөздөрдү жаздың э-э! Курбум, бир боорум!..» деп, катты көкүрөгүнө кысып, Кыдырбекти кучактап, кучагына жыгылып тургансып,

көзүн жумду. Анан Кыдырбектин жанында отургансып, көпкө былк этпей калып, өпкөсүн баскандан кийин Искендердин дептерин окуй баштады. Бермет Искендердин атын билчү эле, ырларын окуп, а түгүл көчөдөн да көрүп, кыздар болуп таңыркашкан, болучу. Дептердин эң башына мындай ыр жазылган экен:

Ким болсоң да бердим сага колумду,
Таанышалы сен да бергин колуңду.
Сүйлөшөлү арай-чарай отуруп,
Сагынгандай алыстагы боорумду!..

Карындашпы ырларымды окуган?
Же сынчыбы өз пикирин жоруган?
Же жигитпи сүгөнүнө кат жазып,
«Сагынды?» – деп, түн уйкусуз ооруган...

«25. VIII. Мен бүгүн Арукеге кат жаздым. Көзүнүн жашын кылгыртып, бирок кыйкырып ыйлабай, бактын арасындагы ак кайыңга жөлөнүп, коштошкон бойдон жалгыз калып калды. Мени узаткандардан уялдыбы, иши кылып башкаларчылап кучактап кишинин көзүнчө ыйлап, жеңилдик кылган жок. Бүгүн мына мындай ыр жазып жибердим (албетте, Арукенин ыйлаганын ашырып жаздым):

Жүрөккө жумшак жыгылып,
Ыйладың курбум, алсырап.
Сөз айтпай демим сыгылып,
Чачыңдан турдум мен сылап.

Сооротом дедим, таптадым,
Ой терең басты өзүмдү.
Кайталап тойбой жыттадым,
Жаш толгон кара көзүңдү...»

Бермет бул төрт чарчысынан келген кичинекей дептерди окуганы бүткүл баарын унутуп, эки бети албырып, жүрөгү андан бетер дүкүлдөп, согуп кетти. Эч качан мындай нерсени окубагансып, мындагы жазылган нерсенин баары өзүндө тиешелүү болуп, өзүнүн сезимин, өзүнүн оюндагысын сезгенсип, баш көтөрбөй кызыгып окуй берди.

«26. VIII. Солдат болгону мен өзүмө өзүм күлүп жүрөм. Көнбөгөн кишиге солдат болуш да кыйын болду. Толстойдун Петясын ойлосом бат эле согушка киргим келип кетет, Лермонтов жаш кезинен эле офицер болгон, согушта коркуу дегенди билбей, көп эрдик көрсөткөн. Бирок мен согушту солдаттыктан баштадым. Баарына көнүш керек. Албетте, бул согушта баарын өз көзүң менен көрүп, тирүү калышка не жетсин! Мына ошондо жазса...»

«Майданга кетип баратабыз. Батырак жетсек экен. Согуш деген эмне экенин көргүм келет. Өлүмдөн чочуган жерим жок. Кызык, кээ бирөөлөр азыртан эле согуш менен өлүмдүн сүрүнөн коркуп калышты. Негедир мен таптакыр өлүмдү сезбейм, өлүм оюма да кирбейт. Чагылгандын огундай болуп бир келип, бир кетиш керек дейт, Петефи.

Өлүмдөн корккон кишилерди солдаттардын арасынан мен көрдүм, булар жалтанчак, коркок, күн карама, эки жүздүү, жан бакты болуп калат экен. Өз жанын багып, керт башын коргоп калыш үчүн ата-энесинен, тууган-уругун, баласынан кечет окшойт, демек Ата Мекен, тууган жеринен кечип, душманга жалынып чыккынчы болот да!»

Бизде мансап, атак-даңк талашып, бирин-бири көралбаган кээ бирөөлөр да бар. Кургак, супсак ырлар жазабыз да көктү тиктеп, өзүбүздү Пушкин көрүп калабыз. Кайран Пушкин, ушу бизге кор болгон кайран Пушкин! Апсамат да башым көккө жетти дегендердин бириби деп ойлойм. «Жамандын мурду көктө да, башы жерде» дейин десем акылдуу, куу, акыл менен талант эки башка болот дечү эле... А мен өзүм киммин?..»

Дептердин ушу жерине келгенде Бермет токтоду. «Мындан наркысын окуш керекпи, жокпу? – деди ичинен. – Мында Кыдырбек айткандай мен түшүнбөгөн, мага түшүнүп да кереги жок болгон сөздөр бар экен. Бу дептерди Кыдырбек да бүт окубаса керек, акындын ырлары, пикирлери жоголбосун деп гана мага жиберсе керек. Аруке ким? А кайда? Мен бу дептерди ага кантип берем? Эмне деп берем? Акын өлдү, өлгөн акындын мурасын жакынына ким тапшырыш керек? Жок, бу дептерди окууга менин акым жок. Комсомол уюмуна берейин...»

Бермет ойлонуп кетип, анан Кыдырбектин катын кайта окуп отурганда эшик шырп этпей ачылып, бутунун башы менен басып Сабийра кирди.

– Ай бийкеч, эмне кылып отурасың? Качан болсо купуя жүрөсүң да! Түн кирип кетпедиби? Издебеген жерим калган жок. Буларың эмне? – деди да, Искендердин дептерин, тиктеп калды. Бермет бул дептерди элге жарыя кылгысы келбегендиктен, Сабийрага да көргөзбөй дептерди жыйыштыра баштады. Бирок Сабийра сырдашы экени эсине түшүп, деп-терди өз ордуна койду. Сабийра Берметтин көзүн тиктеп, муңайым тартып калган көзүнөн жакында эле ыйлаганын байкап, акырын, алысырак отурду.

Сабийра өзү айтпай, катты күтүп турду. Бермет Кыдырбектин каттарын Сабийрага дайым окута турган. Бу сапаркы катта Искендердин баяны болгондукта. Бермет бир топко же Кыдырбектин катын, же Искендердин катын берерин билбей турду.

Бермет ушу күнгө чейин Сабийранын ыйлаганын көргөн жок эле. Сабийра да унчукпай, жашы да унчукпагансып, акырын мөлтүлдөп, куюла берди.

– Кайран акын!..– деди катты окуп бүтүп.

– Таанучу белең?

– Биздин үйгө көп келчү, агам менен жаны бирдей эле, бая күнү Искендердин кайда экенин билалбай койдум дейт, согуштан кат жазганын окугамын. Кайран акын, мени жакшы көрчү эле... – деди муңайыңкы күлүмсүрөп.

– Арукени тааныйсыңбы?

– Аруке? А ким экен?

– Мына, мында жүрөт,– деп дептерди көрсөттү.

– Күндөлүк дептери экен. Аруке сүйлөшүп жүргөн кызы болуш керек. Көп айтат экен.

– Дептерин окудуңбу?

– Окуп барып окуй албай койдум, менимче бизге окууга болбойтко. Сен комсомол комитетине бергин, – деп, Бермет дептерди Сабийрага узатты. Сабийра дептерди ачып көрүп, ырларын окуп, барактап көрүп, бир бетине токтой калып, кыйкырып жиберди.

– Кыдырбек жүрөт, Кыдырбек!

– Кана?

– Мына, окуп берейин. «...Мен бүгүн кыргыздын офицер, уулун көрдүм. Старший лейтенант, фамилиясы Сулайманов, аты Кыдырбек экен. Өзү мени издеп келип таанышты. Тың көрүнөт. Кадыры да жакшы экен. Сталинградда жүрүп, кыргыздан чыккан офицерди биринчи көрүшүм. Төбөм көккө жетип кубандым. Мени акын деп, сыртыман билген жигит окшойт. Биздин дивизиянын командири мактады деп уктум. Өмүрлүү болсун, келечеги кең жигит көрүндү...»

– Эми Арукеси ким болду? – деди Бермет, сөздү Кыдырбектен башкага бургусу келип.

– Бермет үчүн Кыдырбектин аты канчалык кымбат болсо, анын согуштагы баркы андан бетер кулагына жакшы угулуп кетти, бу жерде Искендердин сөзү Берметтин ичин андан бетер жылытып, кылкызыл кылып тердетип жиберди.

– Эмне үчун окуй албадың?– деди Сабийра.

– Мен окуй ала турган эмесмин, окууга ичим түтпөдү, чоң кишилер тууралу акындын өз керт башынын пикири бар экен. Муну кагаз менен чаптайлы да комсомол комитети аркалуу Арукени таап, Аруукенин өзүнө тапшыралы, – деди Бермет, эмне кыларын өзү да билбей.

– Кыдырбек жазуучуларга же өз бүлөсүнө салтанаттуу түрдө тапшыргыла дептир, Сен кандай дейсиң? Же окуп, чыккың келеби?

– Эгер андай болсо мен кантип окуйм? Сен айткандай кылалы,– деди да, Сабийра Берметтин колун кармап, бирдеме айтмакчы болуп, эриндерин камдап келип, токтоп калды..

– Эмне? – деди Бермет, Сабийраны тиктеп.

– Сениң баякы Сарыгулуң жанымды койбос болду. Асылды да калды.

– Ага айткан жообумду билесиң го, бирок шерменде кылып ала качып кетеби деп корком, Кыйкыртпай беш-алты жигит алып жөнөсө...

– Койчу капыр, анда өлбөгөн жерде калбайбызбы? Бирок андай немеге ишенип да болбойт. Эмне дегиң келет?

– Эмне дейин, мени баш кылып кеталбайт, теги айтып коёюн дегеним да,– деди күлүп, Сабира, – сен болушасыңбы же... табалайсыңбы?

– Эмнени дөөрүп турасың? Түшүнбөдүм, тийсе тийиет алайын деген көңүлүң барбы? Ал өз ыктыярың!

– Ким билет, айтам да... Айтмакчы, сени издегеним бүгүн кечинде Мырзабек биз менен келип жолугушат экен, актовый залда балдар чогулуп жатса керек, – деп, Берметтин сөзүнө түз жооп бербей Берметти колтуктап алып кетти.

* * *

Сабийранын түз жооптон тайсалдап, сөздү удургутканынын себеби бар эле. Сабийра бирөөлөрдүн көзүнөн оолак болуп, жашырып Сарыгул менен жолугушуп, сүйлөшүп жүрө турган, Өзүнүн бул жолугуштарын сырдаш жолдошу Берметтен биринчи жашырып, купуя сактап жүрдү. Бул кыялы өз жолдошуна жасалган кара ниет кыянаттык экенин Сабийра биле туруп, кыйналып, бирок сырын жашырды. Анын үстүнө бул сырды жашырбаска чарасы да жок болчу.

Болжошкон күндөрдүн биринде экөөнүн ортосунда мына мындай сөз болду.

– Карындашым, сен, – деди Сарыгул бат эле өз кишиче «сен» деп алып, – карындашым, сен, келечегиңди ойлон. Мен Берметтен эмне үчүн кеттим? А кыз кара мүртөз! Кара мүртөз киши кишинин кадырын да баркын да билбейт. Мен аны башында жакшы байкабай жаңылып кала жаздадым. Менин мурунку зайыбымдын так өзү да. Бир жаңылдым экинчи жолу жаңылсам, тирүүлөй өлмөкмүн. Мына, сенин кыялың бир башка, ачык, жароокер, шайырсың, менин кыялым да ошондой ошон үчүн сени көрүп, сага бүткүл боюмду таштап, тегеренип калдым. Сен менин назарымды саындырба. Түнт киши менен түнөрүп өткүчө, маңдайы жарык киши менен жаркылдап өткөнгө не жетсин! Н. Островскийдин: «Өмүр кишиге бир эле келет, аны армансыз жашап өтүш керек!» дегени эсиңдедир, карындашым, – деп, Сарыгул

Сабийраны карады. Сабийра шерменде болуп, бу кейишти атынан гана билип, өзүн окуй элек эле, кокустан сурап калабы деп эси чыгып, кызарып кете жаздаганда Сарыгул кайтадан сүйлөп калды (бу китепти Сарыгул окумак турсун кармап көргөн эмес, тим эле опузалап, окуган кишилерден укканын айткан болучу).

– Карындашым, – деди Сарыгул кайтадан, – садагасы болоюн, карындашым, турмушта аял да, эркек да жаңылат, «жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк» жок деген бар, мен бир жаңылдым, балким, менин зайыбым да жаңылды, анткени экөөбүз тең жаштык кылып, бири-бирибизди жакшы билбей, жакшы сынашпай туруп кошулгандырбыз. Мына натыйжасы. А киши мени түшүнбөдү, менин ак көңүл, шайырдыгымды чалагайым, эселектикке жоруп, өзүнүн суз, түнт акылдуулук деп билди. Көрбөйсүңбү, карындашым анан кантип ачык, ак көңүл киши бук болбосун! Канча аракет кылып, канчалык түшүндүрсөм да сөзүмдү сөз ордуна көрбөй, ачууланчу болду. Ачуу турган жерде жакшылык болчу беле? Ачуусу жаман кишинин жанына жакын жологондон корком. Менин мурунку зайыбыма өзүнө окшош түнт, кырс, кагып сүйлөгөн киши болсо, балким жарашмак. Мына сен Бермет менен теңтуш, сырдашып жүргөн жолдошсуң, өзүң эле айтчы Берметтин ичинен тынып, тымпыйма, кара мүртөз, түнт, кырстыгы чынбы? Мен туура сынаптырмынбы? Киши киши менен киши. Бермет эч качан киши менен чечилип сүйлөшпөйт. Берметтин Жамалкан деген бир эже сөрөйү бар, өзү жеңил, ырсалактаган неме, мен ошонун мактоосу менен Берметке кабылып, шорум катып кала жаздабадымбы! Мына сени менен арай көзү чарай сүйлөшүп отурабыз. Биз бир бирибизди чанып кетсек да армансызбыз. Анткени экөөбүз тең ачык экенбиз. Мына, карындашым, иштин жайы, ыймандай сырым ушу! Бермет мени чанган жок, мен, байкап калып өзүм кеттим. Бирдеме болсо, мурдун чүйрүп, кишиге сынтагып турат. Текебер, текебер! Кудай урсун текебер кыз. Текебер киши таалайын тебет!

Наржагында жок болсо да кээ бир кишилер кайсы бир өзүнөн эси тайкырак кишилердин алдында сөзмөр, чечен болуп кетет, эси тайкы киши эмес акылдуумун дегендердин алдында да мын-

дай кишилер «буга дава жок» деген киши атыгып, мыкты болуп көрүнөт. Сарыгулдун мына ушундай кишинин ичине кирип чыккансып сүйлөмө адаты бар?

Сабийра канчалык акыл-эстүү кыз болсо да Сарыгулдун сөзүнө уюп, Бермет, а түгүл көрбөгөн Кыдырбек тууралу пикири ооп, олку-солку боло баштады. Чын эле Сабийра Берметти билбейби? Билет. Берметтин түнт, ичинен тымпыймасы бар экени төгүнбү? Төгүн эмес. Кыдырбекке эч качан ачылбай, кабагын түйүп отургансып кат жазат, а да чын. Бермет Сабийрадан сырын жашырмак турсун Сабийрага ишенбей, ага ишенмек турсун аны теңсинбей жүрбөдү беле? Кыдырбек менен сүйлөшүп жүргөнүн жашырып, күндөлүк дептерин көргөзбөй каткан Бермет эмес беле? Сабийра өзүнүн ачык шайырдыгы менен Берметтин ачуусун жеңип, күндөлүк дептердин чатагын баскан. Бирөөнүн күндөлүк дептерин окууга акысы жок, уят экенин биле туруп окуса да Сабийра өзүнүн бул обу жок кыялын тамашага салып, анын үстүнө сырдаш жолдош сыр жашырбайт деп, Берметке жалынып, ишендирип жатып араң кутулган. Айтса-айтпаса Берметтин кырс, аяр, бир кыял немелиги төгүнбү? Мунун баарын Сабийра мурун эле билип жүргөн, а түгүл Берметтин өзүнө да айткан, демек Сарыгул так үстүнөн чыгып, сөзү туура болуп жатпайбы! Туурасы туура бирок Сарыгулду Берметке жамандап, а түгүл Мырзабекти да жолотпой, Кыдырбектен башкасын ыраа көрбөгөн Сабийранын өзү эмес беле? Эми баары жаман болуп, Сарыгулдан башка жакшы киши болбой калдыбы? Эми Сарыгул жагына өтүп, ал тууралу кантип оозу барып Берметке айтат?

Мына ушунун баары Сабийраны ойлонтуп, алдына бир топ туюк маселелерди койду. Жүйөлүү сөздөн да, акыл жагынан да өзү теңеле албасын билген Сабийра Берметтин Сарыгул айткан жетишпегенин өз сөзү кылып айтып, өзүнүн Сарыгулга имерилип калганын акташ кыйын болучу. Сарыгул менен сүйлөшкөндө адамдыгы жагынан Сабийра өзүн Берметтен өйдө, артык көрүп, жигиттин зайыбы мендей жаркылдаган, жигиттер ырдаган селки мендей болсун деп, көтөрүлүп, кылыктанып уялып кетсе да, өзү жалгыз Берметтин жанында турганда мунун баарын унутуп,

мунун баары калп, ушак көрүнүп, Берметтен сүрдөчү. Берметке айталбай турган дагы бир иш бар эле. Бул иш да Сабийра менен сүйлөшкөндө болгон. Сарыгул райондон келген сайын тамак-ашты мол апкелсе ошого жараша колго түшүрө турган жаңы сөздөрдү толтура кылып, ала келүүчү. Ошол мол аш-тамак, ошол мол сөздөр Сарыгул тапкан жашырын үйдө үй ээлерине «карындашым» деп койгон Сабийра менен бирге жешип, бирге сүйлөшүүчү. Шайыр кишилердин адатын карматып, арак аралашкан пиво же вино да ичиле турган. Мына ушундай көңүл көйкөлүп, көкүрөк эргип турган кездерде Сарыгул мукам тилге салып сүйлөп, Сабийра бир стаканга кызып, албырып кызарып, татынакай күлүмсүрөп, анык жигиттин селкиси болуп калар эле. Мына ушундай көйкөлүп турган учурлардын биринде Сарыгул Сабийраны кокусунан имерилте кучактап, чоп эткизе өөп, кучагынан чыгарбай туруп алды. Сабийранын бүткөн бою бир заматка от менен жалын болуп күйүп, башы тегеренип, көзү тумандап, эси ооп, жыгыла жаздады. Бирок кандайдыр бир күч болгондо да уят намыстын күчү бир ирмемге өз бийлигин кармап, Сабира жулунуп, жайдары селкилиги алда кайда кетип, таркылдап орой кыйкырды:

– Уятсыз!

Эгер бул кыйкырык өз убагында чыкпаганда Сабийранын иши бүтмөк. Так ушул кыйкырык, кишинин көңүлүн калтырбаган үлбүрөк, уяң, баарын уялып туруп көтөргөн бош кишинин кыйкырыгана окшобогон ушул кыйкырык, олжонун колго тийгендиги деп, эсирип бараткан Сарыгулду сопсоо кылды.

– Сизди мен киши экен десем... – деди Сабийра, калчылдап, ыйламсырап. Жаш толгон көздөрү алайып, Сарыгулду жаман көрүп.

– Ушундай көз жоодураган киши кантип жаман болсун. Жоодураган көзүңдүн балакетин алайын!» – деген элдин ыры оозуна келди да, кол куушуруп туруп калды.

– Мен айыптуу эмесмин, сүйүү айыптуу, эркем, таалайым, жыргалым! Чыдаялбай кеттим!.. – деп, Сарыгул Сабийранын бутуна жыгылып, ыйлап жиберди. Мына бу театрдын сахнасында көргөзчү оюнду эске салып турган Сарыгул ушул заматта Сабийранын көзүнө башкача болуп көрүнүп кетти да, кайта көкүрөгү

солк этип эзилип, Сарыгулду акырын сылап, кайта, өзү отура калып, ыйлап жаткан Сарыгулду кучактап өпкүсү келип кетип:

– Туруңузчу...– деди, акырын, жумшак, эркелеткен үн менен. Сабийра кайтадан селки болуп, сүйгөн жигитинин бет алдында маңкайып, муңайым тартып турган. Сарыгул көзүн ачып өйдө туруп мына ушул художник тарта элек сүрөттү көрдү.

– Өмүрүм... жарыгым... – деп, Сарыгул жаш балача эмшиңдеп, мас немече темтеңдеп басып барып, Сабийраны акырын, чебердеп кучактады. Сабийра баякы кыйкырыкты салалбай, былк этпей туруп берип, Сарыгулдун гана чачын сылай берди. Өз максатыңа жетип, мөөрөйү колуна тийип турган Сарыгул, ыйламыш болуп, ичинен былкылдап күлүп жатты.

Мына бу көрүнүштү Сабийра Берметке кантип айталмак эле?

## XII

Сарыгул Сабийрадан көңүлү тынгандан кийин бир майданды бузуп, жеңип чыккандай болду. Майдан бузгандай болбогондо эмне эле? Сарыгулдун чалган чалгыны боюнча Сабийра Берметтин кыйышпас сырдаш жолдошу болуп чыкты. Берметтен кагуу жеп, шерменде болгон Сарыгул кандай да болсо өзүн көргөзүп, Берметтен өч алышы керек. Берметтен Сабийраны бөлүп кетиш Берметке катуу тие турган иш болучу (Сарыгул так ушундай ойлоду.) Баарынан да элге мактанып коюп, шерменде болгонуна ызаланып, кайсы жол менен болсо да Берметтен өйдөрөк кыз алып, керек болсо Берметтин бетине көрүнсө болбосо да көмүскө тукуруп, учуру келип калса туурасынан кыр көрсөтүп басып өтмөк. Сарыгулдун бул тилеги оң жагынан чыгып, куюшканы шыпырылып бараткан немений ташы өйдө кулады. Эми Сарыгулдун эч кимге айтпай, ичине сактаган дагы бир тилеги бар – бул тилек Кыдырбектин өлүмү булучу. Мындай тилекти тилерин тилеп коюп өзү да, ичинен «Мейли, мени чанган неме кыз боло туруп тул калсын! – деп жүрдү. Бул өзү барып турган мыкачылык экенин биле туруп, эл көзүнө өзүн көрсөтүп, өзүн «бактылуу кул» дегизгиси келди. Мына бул ойду

ичине да сактап жүралбай, ачык киши ушундай болот деп, Сабийрага четин чыгарды.

– Балакетиңди алайын Сакиш, кудайга күнөөлү болбоюн, бирок билип кой, Берметиң болду болбоду тул калат, – деди бир күнү.

Сабийра чочуп кетип:

– Апий, жаман сүйлөбөңүзчү! Аны кантип билдиңиз?– деди, таң калганынан оозу ачылып. Сабийрада бул пикир таптакыр жок эле.

– Бул согуштан оңой менен киши кайтпайт, – деди Сарыгул, согуш жайын жакшы билген кишиче.

– Коюңузчу, анда элдин баары тукуму үзүлүп калбайбы? Менин абам да согушта. Коркутпаңызчы! – деди Сабийра, Сарыгулдун оозунан чыккан сөзгө ыза болуп,

– Солдатпы, командирби?

– Солдат эле го.

– Мен командирди айтам. Кыдырбекти жакшы эде көрчү элем, жазуу деген ушундай турбайбы, – деди капалангансып.

– А сиз эмне барбайсыз?– деп, Сабийра капыстан сурап калды.

– Район боюнча жалгыз ветврач мен болсом, мени кантип жиберет, адисмин да, керектүү кишилерди ошентип алып калышат, – деди Сарыгул; ал эми ветврачтар согушка өтө керектигин, өзүнүн согушка капкайдагы кара жүздүүлүк кылып барбай жүргөнүн айткан жок.

Сарыгулдун жүрөгүн өйүгөн бир нерсе эле Кыдырбек келип калчуу болсо, анын бетин кантип карайм деген коркунуч болучу.

Сабийра Кыдырбекке болушуп, Берметтин таалайын тилеп жүргөнүн Сарыгулга нечен жолу айтам деп, айталбай койду, нечен жолу Сарыгулдан айныйын деп да айный албады. Эмне үчүн? Сабийра Сарыгулдун ким экенин билбей койду беле? Анын мүнөздөмөсүн, анын кылмыштарын Берметтин дептеринен окуп, Сарыгулду жек көрүп жүргөнү төгүн беле? Сабийранын идеалы, өз тилеги жок беле? Берметтин жек көргөн кишисине тием деген ой анын үч уктаса түшүнө кирди беле? Жок, жок, бул ойдон Сабийра таза болучу.

Мунун баарына себеп – Сабийранын мүнөзүнүн оомалыгы болду. Өзүнүн ачык, шайырдыгын кармай албай, жеңил кыялга берилип, согуштан кийин эрге чыгар киши табылбай калар деген пикир келди. Бой жеткен кыз өзүн кармай албай, эрсиреп кетери жүйөлүү боло турган болсо Сабийра Берметтен алда канча улуу, кара далы кыз болуучу. Анын үстүнө Сарыгулдун эпилдеп-жепилдеп, коён колтук алып кетиши Сабийраны кызыктырып, өптүрө элек кызга өпкөндүн таттуулугу дүнүйөдө жок кызыктын кызыгы көрүнүп кетти. Анын үстүнө «Ойногула, кыздар ай, жыргагыла кыздар ай!» дечүү жеңил ырларды ырдап жүргөн неме эркектин кучагын көргөндө чыдай албай, көзүн жумду. Ал эми эркектин да эркеги боло тургандыгын, ар бир эркектин кучагы ар башка болорун, аны жалгыз сүйүү билгизерин Сабийра ойлогон жок. Анткени Сабийра: жеңил мүнөздүү, шайкелең кыздардан эле. Көп учурларда жанына келип сүйлөшүүдөн айбыгып мунун куйөөсү ким болор экен деген кыздардын, ойлобогон бирөөгө тийип кетме учурлары көп болгон сыяктуу Сабийра да Берметке билгизбей, аны жек көрүп, чанып кеткен кишиси эмес душмандык кыла турган кишисине ийрилип алды. Муну ачык айтпай, жашырыш керек болгондуктан Сабийра калп, эки жүздүү, анткор боло баштап, мурункусундай эле Берметке сырдаш жолдош болумуш болуп, аны жандап жүрө берди.

Сабийра өзүнүн чукул бурулуп бараткан жолун ойлогондо: «Адам бат эле өзгөрүлүп кетеби? Мен кече эле өзүм жаман көрүп, өзүм соттогон кишиге кайсы бетим менен ийип, кайсы бетим менен байланып калдым. Эми өзүм акыл айтып жүргөн Берметтин көзүнө кайсы бетим менен тиктейм?..» – деп, жүрөгү опколжуйт да, кайта өзү өзүнүн көңүлүн улачуу: «Биз кээде кайсы бирөөлөрдү сыртынан, кээде таптакыр көрбөй, билбей туруп жамандайбыз да, беттеше келгенде таптакыр башкача киши экенин байкайбыз. Сарыгул мен көрбөгөн чоочун киши эле, турмуштун жүйөсү боюнча мен аны Берметке ыраа көрбөй, ал эмес Мырзабекти да (Ах, Мырзабек!), ыраа көрбөй, анын кармаган жолун кубаттадым! Менин мунум чекилик эмес болучу. Ал эми Сарыгулдун мындай экенин кайдан билдим? Мен буга айыптуу эмесмин. Сарыгул да айыптуу эмес. Айыптуу турмуш!..»

«О, турмуш! Турмуш эмес! – дечүү чындык бир жагынан добуш салып,

– Турмушту буруп, аны калп жолго салып отурган сенин өзүң чалмакей кылганың үчүн турмуш айыптуубу? Ар ким турмушту өзү үчүн өзү курат!»

Сабийра бул өңдүү ойлорго көп баткан сайын кагып таштоого болботон уят бетин чымырата берди да, акыры баарына колун шилтеп, көз жумдуга салды.

* * *

Студенттердин Мырзабек менен жолугушу кыска, бирок күлкүлүү болуп, кызык өттү. Студенттер Мырзабекке толуп жаткан суроолор берип, согуш майданындагы ал-абалды сураштырып жатканда Мырзабек залдын арт жагында отурган Бермет менен Сабийраны көрдү. Мырзабектин тостогой көздөрү ошо замат кыбыңдап, кулагына чейин кыпкызыл болуп, Берметтин жылуу сөз менен, бирок үмүткөр кылбай, үзүл-кесил кылып жазган каты эсине түштү да, уялып кетти. Бермет менен көзү учураша түшкөндө Бермет ылдый карап, Сабийра жылмаңдап күлүп, Мырзабекти астыртан тиктеп, кылыктанып, Мырзабек тиктей бергенинен суйкайып, алда ылдый карап калды. Мырзабектин Сабийраны көрүп турушу ушул. «Шайтан кыз го!» – деди да, бүткөн бою ыпысык болуп, а да ылдый карады. «Жаркылдаган маңдайы жарык кыз экен, бирок бети калыңыраак көрүнөт, кийин таскандаган неме болор бекен?..» деди ичинен Мырзабек – «А балким?.. Балким мен жаңылып жаткандырмын, балким мен...»

– Акындык күндөлүк дептери тууралуу сөздү кимге беребиз? – деди жанындагы жыйналышты өткөрүп отурган комсомол комитетинин секретары, сүлкүлдөп көзүнө түшө берген катуу чачын колу менен артка таштап. Анын карасур жапжаш өңү эң эле сүйкүмдүү эле. Мырзабек көзүнүн асты менен Бермет менен Сабийраны тиктеп.

– Менимче, бу жерде муну сөз кылыштын кереги жок, ушу чогулушта Арукенин өзү болсо болмок. Өзү керек, Искендер

чоң комсомол акын эле, чогулушту азалуу чогулуш кылып, салтанаттуу түрдө өткөзүш керек го дейм, муну башка уюмдар менен сүйлөшүп туруп чогуу өткөзсөк кантет?– деди.

– Бул акыл туура акыл – деди комсомолдун секретары, – Муну биз кадимкидей чоң салтанат менен өткөзөлү, – деп, дагы толуп жаткан көп суроолордон кийин секретарь чогулушту жапты.

– Бери караңызчы, секретарь,– деди Мырзабек, секретардын жеңинен тартып, – бери караңызчы, биз бу дептерди алган кыздар менен сүйлөшүүгө тийиишпиз, мындай иш ар качан боло бербейт, – деди да, Мырзабек кызарма адатынча дагы кызарып кетти.

Бир жагынан Мырзабектин Сабийра менен сүйлөшкүсү келди. Берметтин көзүнчө анын жолдошу менен сүйлөшүү орунсуз болсо да, орустар айткандай, бактымды бир сынап көрсөмбү, ал балким, балким...– деди да, секретарды ээрчий басты.

– Бермет! Сабийра! Комитеттин мүчөлөрү! – деди секретарь кыйкырып. – Деканатка, физмат деканатына!

Деканатка чогулгандан кийин кандай сөз болорун күткөн жаштар тымтырс боло түштү. Мырзабек кызарып татарып жатып, тостогой көздөрүн тик көтөрбөй, ылдый карап, эриндерин чормоңдотуп, жай сүйлөй баштады.

– Акындын күндөлүк дептери военкомат аркылуу келбегени эң бир кызык нерсе болгон экен. Бул таң каларлык! Анын үстүнө муну жиберген кишилер бул дептер колдон колго өтүп, окула турганын да жакшы билишкен болуш керек. Демек бул дептер кандайдыр бир жагынан жеке колуктусу Арукеге эмес, жалпыга тиешелүү болгондой жайы бар. Болбосо күндөлүк дептер адамдын жанга айтпай турган сырларын сактаган купуя дептер болушу мүмкүн. Ошондуктан, бул дептер эмне үчүн колуктусуна барбай башка бирөөнүн колуна түшүп калды? Буга жооп бералалысызбы, карындаш? Албете, биз сизди кыстоого алып, сурак кылалы деп отурган жерибиз жок, бул иш ар кимди болсо да кызыктыра турган иш болгондуктан чогуу отуруп сүйлөшөлү дедик. Эгер жашыра турганы болбосо, айтыңызчы, муну сизге ким жиберди? Сим жибергенин айткыңыз келбесе, эмне үчүн жибергенин бизге түшүндүрүңүзчү, карындашым...

Мырзабек Берметтин бетине мурункусундай карай албай жалтанып, уялып, бирок Сабийраны улам-улам астыртан тиктеп, аны сынап турду. Бат эле Берметти жат катары көрүп кете албасын сезип турган Мырзабек кандайча бат эле Сабираны тиктегиси келип, (бир эле көргөндө!) көңүлү бузулуп турганына таң калып, өзүнө наараазы болду.

– Кыздар кат жазышкан кишисин айтчуу беле! – деди жаштардын бири.

Бермет аны жаман көзү менен карап алды да, ичинен ойлонду. «Мырзабек! Сиз мага эмне дегиңиз келип турат? Менин кат жазышып жүргөн кишимди сиз билбей койдуңуз беле? Мен сизди жакшы көрүп, ошо жакшы көргөндүгүм үчүн имандай сырымды ачык айтпадым беле? Эмне эмнесин келип ортого салып отурасыз? Мунуңуз калыстык эмес! Бирок мен эчтемеден, эч кимден коркуп, айбыгып, корунбайм. Менде бүдөмүк эчтеме жок, меники баары ачык, баары жаркын. Мен өз жолумдагы кайгы-каргашага да, баарына-баарына кайылмын…»

– Бермет, – деди секретарь акырын, Бермет жер карап туруп калгансыганынан.

– Биздин оюбузча деди Бермет жайбаратат, бирок ичинен аптыгып, сүрдөп, Сабийра экөөнүн атынан, – Биздин оюбузча бу жерде түшүнбөй турган эчтеме жок. Акындын бу дептери согуш майданында да өзүнүн бирге согушкан кайсы бир жолдоштору тарабынан окулган экен (Бермет Кыдырбектен башканы ойлогон жок). Бул дептер акындын өзүнүн гана керт башына тиешелүү болгондуктан муну бизге кат жазышып жүргөн киши жибериптир. Андагы максат: жеке бизди окусун деп эмес, үйүнө коллектив аркалуу тапшырылса деген тилек экен. Мына ошон үчүн Сабийра экөөбүз бу дептерди комсомол комитетине тапшырууну ылайык таптык. Чынын айтканда, бу дептердин ичинде бизге окууга болбогон да жерлери бар экен, мен биз түшүнбөй койгон жерлерин айтам. Ошондуктан бу дептерди окуур замат кайта жаптык. Биздеги бар болгон сөз ушу

– Силер экөөңөр бир кишиден кат аласыңарбы? – деди секретарь күлүп.

– Экөө бир кишиге ашык болсо керек,– деди жаштардын бири.

– Же бир киши экөөнө,– деди Мырзабек.

– Апий, коюңузчу, кат Берметке эле келген. Берметтин жигити...– деди да Сабийра уялгансып, бетин баса калды.

– Биз келген катты чогуу окуйбуз, жашырган эчтемебиз жок, бирге кеңешебиз, ошондуктан кат экөөбүздүкү. Бермет өзүнүн ачыктыгынан кыпкызыл болуп уялып, жоодураган көздөрү балбылдап, бадырайып кетти.

Бул Берметтин Мырзабекти баш кылып, отурган жаш жигиттердин баарын кагып койгондугу эле. Сабийра өзүнүн башы боштугун көрсөткүсү келип, шашып кеткендигине Бермет наразы болуп, ичинен жаман көрүп калды. «Жерге кир десе! Кайта булардын көзүнчө көтөрүлүп, кат экөөбүзгө келген деп калбайбы. Көп болсо Мырзабектин көзүнө көрүнөйүн деп жаткандырсың, билип турам, баятан эмне кыларыңды билбей жатасың, ага мен тардык кылмак белем, кайта сени Мырзабекке ыраа көрүп жүргөмүн, өзүңүн жеңилдигиңди көргөздүң!..»

– Сиздин кат жазышып жүргөн кишиңиз жокпу?– деди Мырзабек, оозун чормоңдотуп күлүп, Берметтин оюндагасын айткандай.

– Жок, жок,– деди Сабийра.

– Анда башын бош кыздардан турбайбы!– деди жаштардын бири.

– Башым бош деп айталбайм, башы бош да кыз болобу? Бирок кат жазышып жүргөн кишим жок, – деди. Такыр шерменде турбайсыңбы! Билбептирмин, билбептирмин... Сабийра, Мырзабекти ашык болгон кишиче тиктеп, жылмаңдап күлдү.

«Жерге ки-ир!» – деди ичинен Бермет, жаны күйүп

– Анда кат-маты жок эле, башы байлануу экен! – деди жаштардын бири.

Берметтен башкасынын баары күлүп калышты. Бу күлкүдөн Берметтин жүрөгү жыйрылып, Бермет баарын жаш жигиттерди да, Сабийраны да, Мырзабекти да, баарын жаман көрүп, ызасы келип, таноосу кыпчылып, купкуу болуп кетти.

* * *

– Таңым бар сага, Сабийра, таңым бар! – деп Бермет күйкөлөңдөп Сабийраны жаңы көргөнсүп, аны жат кишиче сынай тиктеп, теригип турду.

Экөө турган коридордо эч ким жок эле. Сабийра ошо замат жооп бербей, Берметти тиктеп, унчукпайт, Сабийра да Берметти жат кишини карагансып, ачуусу келип кызарып, далайдан бери ичиндеги ачуусун чыгаралбай, бук болуп, ошол бүгүн азыр чыгарчудай чыңалып, бирок эмнеден баштарын билбей, Берметти тиктеп тура берди.

– Эмнесине таңың бар, Бермет, эмнесине? – деди Сабийра, кыйкырып жибериштен өзүн араң токтотуп.

– Мага эмне, жигиттер менен тамаша кылууга болбойбу? Сага окшоп мен тымпыйып жүралбайм, сөзгө сөз келди, оюмдагыны айттым, анын эмнесине таңым бар деп тиртеңдейсиң? Же мага оюмду айтып, өзүмчө басууга болбойбу?

– Болбогондо, сени кармаган киши жок, бирок убада кана? Сен эмне бүгүн бөлүнүп чыга бердиң?

– Чыга бербегенде сенин эле көзүңдү карап отурмак белем?

– Унуттуңбу убаданы?

– Унуттум!

– Сен унутсаң мен унутпайм, Сабийра! – деди Бермет, эми жай жүрөгү согуп энтигип, бир заматтын ортосунда жат боло түшкөн Сабийра менен бу тилде сүйлөшүүгө болбосун билип, нары Сабийрадан үмүтүн үзгүсү келбей. Сен унутсаң мен унутпайм, нары унута да албайм. Анын себебин сен жакшы билесиң. Жалгыз гана тилегим Мырзабектин көзүнчө сен өзүңдү башкачараак кармайт го деп ойлогомун...

– Башкачараак кармабаганда мен эмне кылдым? – деди Сабийра, Берметтин сөзүн бөлүп, аны атайын сүйлөткүсү келбей.

– Же Мырзабекти кызганып турасыңбы? Бердим, алагой кызганчуу болсоң... Мырзабек дейт! Мырзабек ким болуп калыптыр? Айтчы, Мырзабек ким болуп калыптыр? Көзү тостойгон, кирпиги жок, сары немеңби? Ал, алагой! Мырзабек дейт!

– Ай, кой, Сабийра, эл угат. Мен сени дурусураак болсун, бир көргөн неменин көзүнчө жалжактабасын дегемин…

Бирок Сабийра Берметти сүйлөтпөй койду. Анткени Сабийра өзүнүн туура эмес сүйлөп турганын алда качан билип, сезип турган. Ошондуктан жүйөлүү сөзгө маани бербей ортодо жолдо болуп турган байланышты (албетте, Сарыгул экөөнүн ортосуна жолто болгон байланышты) эптеп себеп таап, уруш менен үзүш керек. Себепти Берметтин өзү баштап тургандан кийин бул себепке асылыш адамгерчиликсиз, орой болсо да Сабийра кылдан кыйкым тапты.

– Мен жалжактап калыптырмынбы? Адамдын жаманы эле мен экемин го! Анда эмесе мендей кишини эр да албайт! Болду, болду, болду – кыз, эр албаган шордуу кыз! Ошо Болду кыз мен экемин го? Болуптур, Бермет болуптур. Сен менин жамандыгымды билген экенсиң. Же сүйлөй албасам, же сенчилеп, тымпыйып, ичтен тынып жүралбасам кайдан сага теңелейин?!

– Сабийра, Сабийра! – деди Бермет, чыдаялбай, бетин басып ыйлап.

– Мен Сабийра эмес эле көл булгаган кара кызмын. Мен сага окшоп зыңгыраган жигиттер менен чоюлуп басып жүралбайм. Ошондуктан мени сен ичиңден жек көрүп, кайсы жагынан болсо да кордойсуң. Билем кордойсуң. Билем бүгүн эле барып күндөлүк дептериңе жазып, шерменде кыласың!..

– Бас жаагыңды, Сабийра! Мени өлтүрөсүң!.., – Бермет шолоктоп ыйлап жиберди.

– Мен баспаганда жаагын ким бассын! Сүйлөсө сага окшогон сүйлөп, жаагын басса мага окшогон басыш керек. Мына эми мен жаагымды бастым, бастым! Баспаска айлам жок!..

– Эмне болгонсуң, шордуу! Мен сени жолдошум деп айтып отурам… Кыйбас жолдошум дедим. Күйүп айтым… Сен болсо капкайдагыны…– деди Бермет, көз жашы оозуна кирип, сүйлөй албай, шолоктоп.

– Шордуу! – деди Сабийра, жаны ачыган кишиче атырылып, жайчылыкта жөн эле сүйлөнчү ар бир сөздүн маанисин тескери буруп. – Шордуу! Менин атым эми Шордуу болду! Мындан баш-

ка сөзгө мен арзымак белем! Көп болсо заматтын ортосунда эпкин тийип кеттиби деп тургандырсың. Тийсе тийип кеткендир... Жинди болгондурмун. Мейли! Эми табалай бер! Жинди болдум! – Сабийра чын эле эпкин тийген кишиче каткырып күлгөнсүп, эчкирип ыйлап жиберди.

– Эмне болгонсуң куурагыр?.. Сабийра, Сабийра! Мени кечир, менин сөзүм сени ушунчалыкка апарса мени кечир... Мен билгеним жок, олдо тилиң менен жерге кирген жаным ай! – Бермет Сабираны кучактап, андан бетер шолоктоп ыйлап, Сабийранын бети-башын өпкүлөп жиберди.

– Шордуу Сабийра, шордуу Сабийра... – деп, Сабийра өзүн өзү жемелеп, балким өз жолдошуна кыянат кылып, өз жолдошунун алдында калп сүйлөп, бети кара болгонуна өзүн өзү жаман көрүп, бушайман болгондой, уятынан улутунуп үшкүрө берди.

## XIII

Мырзабек согуш башталганда согушка билинбей кетип, билинбей келгендей, азыр да согушка кайта билинбей жөнөп кетти. Аны ким узатып, ким койгонун да билген киши болгон жок. Бермет менен Сабийранын арасы ажырагандан кийин Сабийра түнт болуп, шапайып өңүнөн азды. Мырзабек кеп айтат же кат жазат деп үмүт кылган Сабийра Мырзабек унчукпай жүрүп кеткенден кийин кайта Сарыгулду ойлоп, эки кайыктын башын кармагысы келбей калды. Бермет Сабийраны Мырзабек менен сүйлөшсө деп тилек кылып жүрдү эле, бирок Мырзабек менен жолукканда Сабийранын обу жоктук кылганына ичи күйгөн Бермет, Сабийрага аны айтып коём деп капыс жерден кагуу жегенден кийин ага андан бетер таң калып, Сабийранын бу кылыгы жалгыз гана Сарыгулдан чыкканына анык көзү жетпесе да, шек алды. Болбосо экөөнүн урушуна эч кандай себеп табалбай, Бермет Сабийрага өзү баштап сөз катпай жүрө берди да, бир күнү күндөлүк дептерине Сабийрага кат жазгансып, төмөнкүнү жазды.

«Жан биргем Сабийра! Мени бүгүн эле барып күндөлүк дептериңе жазып, шерменде кыласың дейсиң, айтчы, шерменде болгу-

дай сенин эмне кылмышың бар эле? Сен эмне үчүн менин күндөлүк дептеримден коркосуң? Ал өзүмдүн гана өз жүрөгүмдүн гана дептери. Кээде ойлонбогон чеки сөз ооздон чыгып кете берет. Ошондой чеки сөз жүрөктөн, көңүлдөн чыкпасын деп көп учурларда жүрөгүм менен сүйлөшөм, акылдашам, бирок жүрөк да жаңылат экен. О, жүрөк жаңылбас болсочу! Жүрөк жаңылбас болсо адам не деген таалайга жетер эле! Көп учурларда биз жүрөгүбүздүн тилин албайбыз, анын сырдуу шыбырына түшүнмөк турсун кулак салып тыңшабайбыз. Кээде аны сыздатып, ыйлатып туруп тескери жолго түшүп, тескери иштер иштеп, ал эмес кылмышка барабыз. Жүрөктү күнөөсүз жерден күнөөгө батырабыз.

Сабийра! Сен мени менен сүйлөшкөндө жүрөгүң менен кеңешип туруп сүйлөштүңбү же «оозуңан чыгып кеттиби?» Жүрөгүң менен сүйлөшкүдөй болгонуң жок эле, мурун эле ичинен түйүлгөн бирдемең болбосо. Көп учурларда биз бүгүн кылган ишибиз менен сүйлөгөн сөзүбүздүн эртеси өзүбүз кейип, «Аттиң! бекер кылган экемин, бекер сүйлөгөн экемин» деп, өкүнөбүз. Кээде биз өз жүрөгүбүздүн ыктыярын бирөөнүн колуна берип, ошол бирөөлөрдүн өкүмү астында эзилип, басынабыз. Сен жүрөгүңдү бирөөнүн өкүмүнө бердиңби? Ал ким? Ал кандай өкүмзор неме? Ким да болсо ал экөөбүзгө душман киши. Душман болгондо да экөөбүздү күлкү кылып, экөөбүздү бири-бирибизге душман кылгысы келген киши. Болбосо сенин ак көңүл жаның мынчалыкка барбайт эле, ишен, жаным, мынчалыкка барбайт эле. Менин бар болгон тилегим – сенин таалайың болучу. Мен сени шылдыңкор, кишини тигилип сынап калмайы бар Мырзабектен коргоюн дегемин, анын алдында өзүн пас тутпай, кол жетпей турган бийик кармап, сөзгө да, кадырга да арзый турган экенин көрсөтсүн дегемин. Сен болсо жигиттин көз алдына эркелеген селки болуп көрүнгүң келди. Ал эмнең, жаным, ал эмнең? Аялдын жалаң өңү жакшынакай эмес анын кыялы, ичи, көкүрөгү жакшынакай болуш керек экен. Мен аны сага Чеховдон, Куперден окуп бербедим беле? Ушулардын баарын биле туруп, эмне үчүн бир көргөн Мырзабекке өз боюңду таштап, экиленип кеттиң. О Сабийра, Сабийра! Кээ бир жигиттердин оюу да, тили да жаман болсо, кээде жок жерден аялдарды ка-

ракөө кылып салышат. Мырзабек сени ичинен эмне дегенин ойлосом ичимен кан өтүп, кан өтүп кетет, кан!..

Сабийра! Сен билесиңби, өзүн кокус көрүнгөн эркектин эркине берип, өзүн таптакыр төмөн түшүрүп жиберген кыздарды эркектер эмне дээрин? Мен аны бала кезде уккамын, жок айтууга оозум барбайт…

Дүнүйөдө эң оор, эң жаман нерсе, өз жолдошуңан, жакын кишиңен шектенүү окшойт. Мен сенден, Сабийра, шек алып турам. Кечир, курбум, сенден шекшинип турам. Эмне үчүн: «Башым бош эмес, башы бош да кыз болобу?» дедиң? Сенин качан башың байлалуу эле? Анан, ооз ачып жигит менен сүйлөшмөк турсун эне койнунан чыга элек кыздар толуп жатпайбы? Сен ал сөзүң менен Мырзабекке эмне айтмакчы болдуң? Сенде мага айталбаган бир сыр бар. Журөгүңдү бир жылан уу тилин салып соруп жатабы деп корком! Шек алганыман коркуп, уялып, кыйналам…, Кыбыр эткен кыймылды жашырбай, сырдашып жүргөн жолдошуман шектенгеним кандай деп санаа тартам.

Эгерде сен Сарыгул менен башыңды байласаң да, менден жашырбооң керек эле (ошобу деп да чоочуйм!) Көңүлдүү болсоң мен каршы болмок эмесмин. Бирок анын эмнесин жашырмак элең? Ким билет, Сарыгул так сага ылайык кишидир. Сенин таалайың ошону менен ачылар, бирок менин тилегим сенин таалайың Мырзабек менен байланышса дегемин. Ах, Мырзабек, Мырзабек! Сага да мен азгырыла жаздап аз жерден калдым!.. Аз жерден! Балким, Сабийра, сен болбосоң… кудай билсин, эмне болуп кетеримди… Кыдырбек менен Мырзабектин ортосундагы кыл көпүрөдө турганымда Сабийра, сен жөлөп, сен таяп алып кеттиң. Бул жердеги менин тайсалдашым, бир мүнөттүк балким, бир секунддук болсо да бул менин оомалыгым эле, ыракмат, мына эми өкүнүчүм да, шекшишим да жок, көңүлүм жайында турат. О, сүйүүнүн жолу калтыс жол, жаздым бастың, бүттү… заңгиге түшүп кетиш опоңой. Анан а жердеги карга-кузгундар тырпыратып басат да калат. Бир заматтын ичинде тарп болосуң да каласың. Журөгүңдөн шорголоп кан, көзүңдөн жаш акса да өзүң кузгунсуз туралбай, кузгун чокуган сайын кайта чокуткуң келип, баарына көзүңдү жумуп, баарына колуңду шилтейсиң!..

Көрөр элем ошондо эгер бир заматка турмуштун аскасына чыга калып, төмөн жактан өзүңдүн тарпыңды көрсөң... Көрөр элем, жаныңдын кейип, өзүңө өзүң наалат айтып ыйлаганыңды.

Мен тантып баратам. Капкайдагы жок немелерге кирип кеттим. Кечир, Сабийра, кечир, мен сага көкүрөгүмдөгү ыйык сырымды айттым, сен экөөбүздүн ортобуз достуктун махабаты менен байланышты эле. Бул байланышты эч кандай алдамчылык менен кыянаттык бузалмак эмес болучу. Кандайча болуп кетти, билбейм, башым маң болот да, шекшиништин кара курту чакмакчы болуп, тооруйт, коркутат, кейитет...»

* * *

Бермет бул «каттын» аягыга бүткөн жок, анткени канчалык ойлогон сайын Сабийранын кыялы андан бетер түшүнүксүз, шектүү боло берди да, буга баш оорутушту пайдасыз таап, Сабийранын кыялы бир күнү болбосо бир күнү сыртына тээп чыгып, баары бир жашырам дегени ашкере болор, же болбосо кызуулук менен айтканына өзү бир күнү өкүнүп, кайта кайрылар деди. Бирок бул жаңылыштык эле. Сабийра одонолук кылып да болсо Берметтен бөлүнүп алды да, бир нече күн өзүнүн кылыгынан өзү санаркап, кара беттик кылдым деп бетин чымчылап үлүрүп, кайта өз калысына келди. Бермет Сабийраны унуталбай, күйүп «кат» жазып жүргөн кезде Сабийра Берметти унута жаздамак турсун өз кылыгын таптакыр унутуп, Бермет экөөнүн ортосундагы жолдоштук милдеттен кутулганына бир чоң балакеттен кутулгансып жеңилип, ал эмес башка жатаканага көчүп кеткенин Бермет жанындагы бош калган кроваттан бир эле билди.

Эми Сабийра эч кимдин алдында уяттуу эмес.

## XIV

Абылкасым Фрунзеге кеңешмеге барып, бир топ нерселерге таң калып кайтты. Биринчиден тылда биз өңдүү иштеген кишилер болбосо сталинграддыктар мынчалык жеңишке жетишпейт

болучу, согуштан да тылдын иши күчтүрөөк, биз... биз... деген кишилер бар экен. Баарынан да кызыгы муну сүйлөгөндөрдүн ичинде телефон аппаратын кармагандан башканы билбеген кишилер да бар эле. «Колхозчу дыйкан, же завод-фабриканын жумушчулары муну айтса бир кеп, кеп болгондо да эптүү кеп болмок, ал эми булардын айтканы...» деп, ичинен наааразы болуп, күңкүлдөп жүрдү. Экинчиден, колхозчулардын да турмушу начардап, оор кайгы басынтып эмне кыларын билбей келди. Бир жагынан «кара кагазы» да көбөйүп, элдин өтө зейни кейип турган.

Газетанын кабарына караганда Сталинграддагы салгылашуу өзүнүн бир жаңсыл болор кырдаалына жетип, курчоого алынган душман бүгүн-эртең багынууга тийиш, багынбаса таш-талканы чыгат деп жаткан. Абылкасымга ушул гана кабар элге дем берип, эл ушул гана кабар менен тоюнуп тургансып көрүндү.

От жагылбаган колхоздун конторуна эрте келип, өзүнүн кирешеси менен чыгашасын эсептеп, кампада канча дан калганын бухгалтерге ишенбей өзү чотко салып, ичик, тебетейчен отурган Абылкасым бирдеме эсине түшүп кеткенсип, ойлонуп, чот какканын токтотуп олтуруп калды. Эшикте таң эртеңден бери кар-бороон уруп турган.

«Баякы Шарапат деген кыз эмне болгон? Мектептин директири бу маселени секретарь Куловдун астына койбоду беле? Жеке бир кыз эмес, бир топ кыз болуш керек, булар эмне болгон?»

Сакал-муруттарына муз тоңгон оор ичикчен колхозчулар Абылкасымдын чаканыраак кабинетине толуп алышты. Булардын эмне келгенин билип турса да, билмемишке салып, бирок колхозчулардан кутула жадаган кишидей болбоюн деп сүйлөшөйүн десе да оозуна сөз кирбей, Абылкасым кысталып турду. Башкарманын кыял күтүп, бой көтөрбөгөн сырын билген колхозчулар мунун кабагын чытып, муңу чукпай отурганын бир иш менен капа болуп отурабы же Фрунзеден тил угуп, бирдеме болуп келгенби деп, өздөрү да унчукпай, скамейкада отура беришти.

– Ээ, Абылкасым балам, теги борбордон жакшылык кабар менен келдиңби? – деди кара чаар, көзүн жумгансып сүзүп сүйлөгөн абышка, отуруп-туруп тургандардын атынан сүйлөгөнсүп.

Абылкасым өз эркинен тышкары үшкүрүп жиберди. Анын үшкүрүгү отургандарга муздак шамалдай бир тийип, баары башын жерге салып калышты, Абылкасым ошо замат эсине келип, күнөкөр кишиче акырын мурутунан жылмайып күлдү. Отургандар да жылууга киргендей, кобур-собур болуп:

– А кудай, берегөр! – деген үн эл оозунан дуу чыккансыды.

– Күлүмсүрөгөндөн башка айтар сөз таппай турам, туюп турасыңарбы, карыялар? – деди Абылкасым, булардын арасындагы жашырактарын эсепке албай.

– И-и, ошонуң болсо эле болду, ошонуңа эле ыраазыбыз, сумсаңдасаң жаныңа ким келсин,– деди күлүп, баякы абышка.

– Айласы кеткен киши күлөт,– деди азыр эле кирген Муса.

– А да чын, айлам да кетип турат,– деди да, Абылкасым жаман көзү менен Мусаны тиктеди. Анын кара көк тарткан бетинен буу чыгып турган. Айласы кетпеген эле сен! Эл моминтип кысталып турган учурда башыңан көк буу чыгып, көөп жүрөсүң...

– Мен эмне элди сага окшоп канап-бутап жеп жатыптырмынбы? – деди Муса, Абылкасымдын сөзүн оозунан жулуп алып. – Мен...

– Сен эмне болсоң эшикке чыгып тур, мен бу кишилер менен сүйлөшүп алайын, бас! Азыр чыккын! – деди Абылкасым ачуусу келип.

– Бирок кетпе! Сөз бар!

Демейде тилин тартпаган Муса кызуусунда дагы бир деме демекчи болуп, ачуусу келип чыңалып, оозун таптап бараткaнда жашыраактар түрткүлөп алып чыгып кетишти.

«Эл ичерине аш таппай жатса, бул арак ичип боргулданып тердеп жүрөт! Кайдан алат? Коё тур..» – деди да, колхозчуларды карады. «Абышкалар да азайып баратат, эмгек армиясы...» деп андан наркысын ойлогусу келбей кетти.

– Кана, эмне кебиңер бар?

– Бизде эмне кеп болсун, сенин кебиңди угалы деп келдик,– деди чаар абышка.

– Менин кебимди уксаңар ашык дан керек болуп турат... – деди Абылкасым, акырын, салмак менен, колхозчулардын өңү кан-

дай болуп кетерин сынагансып, тиктеп. – Ашык эгин керек болуп турат... Чот каксам куру дөңгөлөк нары жылат да, бери жылат... Куру аяк болобузбу деп чоочуйм, бербеске болбойт, согуштагы балдарга бербеске айлабыз жок, өзүбүз... өзүбүз эмне кылабыз?

– Өкүмөт апийимден бир далай карыз го, – деди баякы абышка. – Карызына чегербейт бекен?

– Кана чегерсе, анда жыргабайт белек! – деди абышкалардын бири.

– Абылкасым, – деди чаар абышка,– балам, сен билбеген бизде эчтеке жок, анын үстүнө четтен келген жат киши эмессиң, ошондуктан баарыбызды жакшы билесиң, жашыра турган эчтеме калган жок. Эркек эмес катындар түн уктабай жүндөн согуп кийип жатышат. Бит басты, келте аралады, кир кокту жууганы самын жок, шакар кайнатып калдык. Шакарга да май керек. Нан эмес жармага жетпегендер да бар. Жалгыз бой калган чал-кемпирлерди айтам. Элди да ойлош керек!.. Жанакындай көпкүлөң балдарды... – деди да, колун шилтеп, унчукпай калды.

– Жанакы бала мени колкозду жеп атасың деп атпайбы? – деди Абылкасым, жер тиктеп, мостоюп.

– Кимдин жеп, кимдин койгонун биз билебиз, колкоз менен иши жок кишинин айтары ошо. А бала келиндерден башканы билбеди! – деди чаар абышка.

– Келиндер абышкадан деле качпай калбадыбы!– деди сакал-мурутун өрттөп койгондой кара көсө, бир жак көзүндө чели бар абышка. Абылкасымдан башкасы күлүп жиберишти.

– Сага окшогон неме сокур айгырча окшуңдап турса, араң турган келин көзүн жумса жума сала тургандыр! Ынсап кетсе баары болот,– деди чаар абышка.

Абышкалары да, жашырактары да, бирин бири түртүп, санын чаап, күлүп жатышты.

– Мүмкүнбү? – деп, Саадат баш бакты да, кайта эшикти жапмакчы болгондо Абылкасым:

– Кир, кир, деректир, – деди. Абышкалар, бирин-бири чымчып тымтырс болуп калышты.

– Эмесе мен, карыялар, чолок акылым менен чот кагып отурганымын да себеби ошо болучу. Мен чотумду кагып бүтөйүн, анан кеңешели, жарайбы?

– Жарайт, жарайт,– дешти да, колхозчулар чыга жөнөштү.

– Кош, деректир, эмне кеп салганы турасың? – деди да, кыздарды кайта эстеди. – Үшүп жатабыз дегени турасың го? Билем, билем, мен да маминтип ичикчен отурам. Чым көңүңөр түгөндүбү?

– Түгөнгөн. Ал эмес балдар үйүнөн көтөрүп келген көңүбүз да түгөндү. – Саадаттын ак жүзү сууктан кыпкызыл болуп, албырып турган эле. Абылкасым Саадатты тигиле карап турду. «Жанакы бала мобу аялды кармап калалабы же чалды-куйду болуп жүрүп бир күнү мунусунан да айрылып калабы? Күйөөсүнүн шайкелеңдиги муну да шайкелең кылып, ачык немени таптакыр бузуп салар бекен?..»

– Чым көң таптырып берейин, – деди, кайдан таптырарын өзү да билбей.

– Бая күнү чым көңдөн ис тийип өлүп кала жаздадык. Жыгач болсо… – деди Саадат арсар.

– Жыгач эмес чым көңдү кайдан табарымды билбей отурам, чынымды эле айтайын, машина болсо бир кеп эле…– деди да, Абылкасым муштумуна жаагын такап, ойлонуп кетти.

Ат араба бердириңиз, өзүм чегедек кыйдырып келем, – деди Саадат, өзүнүн атайы келгендегисин айтып.

Абылкасым Саадатты таң калып карап калды.

– Чегедек кайда экенин билесиңби, Саадат? Тоонун башында! Аны да уруксат берсе, баарын коруп, карагайды согуштун керегине тарттырып жатпайбы?

– Уурдап келем! – деди Саадат, чыны менен мостоюп.

– Уурдап? Кантип уурдайсың? Учуп өлөсүңөр,– деди Абылкасым, Саадатта жылмаңдап күлгөндөн башка көктүк да бар экенин эми гана байкап. – Уурдагыдай талаада жаткан карагай бар бекен?

– Колхозчуларды айдап барып кыйдырган карагайдын баары согушка барбай эле кыр-кырда жатат дейт, ташып келип жат-

кандарды билбейсизби? Мен уурдасам көп болсо кесип таштаган бутагын уурдармын… – Саадат дагы бирдеме демекчи болуп, бирок аны айтпай, Абылкасымга күлгөндөй болду.

«Чын эле согушка шылтоолоп карагайдын баарын жыктырып таштап, эми талаада жатат. Талаада жатканын мен деле билчүмүн, бирок уурдап жатканын билген эмес элем. Карагайдын кожоюндары кайда? Эгер карагай тартчу болсо дале бизге түшкөн түйшүк, кайдан трактор тапмак эле! Мейли, соттосо соттосун, чегелеген мектепке тарттырып берейин…»– деп ичинен бекем чечимге келди да, Саадатка убада берди.

– Баякы Шарапат кыз кайда, Саадат? Теги кыздар эмне, болду? – деди Абылкасым, баятан бери эсимен чыгып калбагай эле деген суроосун берип.

Бул суроо жооп бере ала турган суроо эмес эле. Анткени Шарапаттын иши кишиге айткыс купуя сырга айланган болучу. Саадат Шарапатка эки жолу кат жазып жооп алалбай койгон. Бирок Шарапаттын сиңдиси Маарапаттын чочугансып кээде сүйлөгөнүнө караганда Шарапаттын тегерегинде түбү тереңге кете турган чоң иштер жүрүп жатканы Саадатка бүдөмүк туюлса да, Саадат анығына жеталбай, маң болуп жүргөн. Ошондуктан Абылкасымга эмне деп айтарын билбей аны эмне кыларды Абылкасымдын өзүнөн сураганы келгенин айтсамбы, айтпасамбы деп турган:

– Шарапаттан... башка кыздардын баары кайта окуган жатышат, болжолумда… Шарапат… келбес болгонбу дейм… – деди Саадат, ар бир сөздү араң таап сүйлөгөнсүп, таптап, – Аныгына жетпедим, шектенем…

– Ошончолук эле туюкпу? Эмнесинен шек аласың? – деди Абылкасым, бу кыз күйөөгө кеткени жүргөнбү деп.

– Жылкычы болуп кетеби дейм…

– Жылкычы? Жылкычы болгону кандай?

– Мен да ошого түшүнбөйм. Сиңдисинин тамтаңдап сүйлөгөнүнө караганда Шарапат жылкычы болот имиш. Жездеси менен эжеси жылкычы турбайбы, Шарапат ошолордун колунда болгондуктан жылкычы болуп кетеби же башка жагынанбы, мына быягына көзүм жетпей койду... – деди Саадат.

– Кызык, кызык! – деди Абылкасым, эми чындап таң калып.

– Кызык де! Демек Дөөлөтбек балдызын токол кылып алганы жүргөн турбайбы? Оо иманың өрттөнгөн какбаш! Баласы жок болучу, катынын көндүрүп, Шарапатты алып бер деген экен! Катыны Зийнат бая күнү Бурул кемпирдикине келип жүргөн, сен көрдүң беле?

– Жок.

– Бурулдун бир тууган кайын эжеси. Шарапатты ылдам алдырыш керек! – деди да, Абылкасым ордунан турду.

* * *

– Сен бала, кутуруп кеттиң го, кана, эмне кебиң бар эле? Айт,– деди Абылкасым. Муса скамейкага отурбай, тамдын бурчуна жөлөнүп, Абылкасым менен айтышчудай болуп, көзүнүн агы тегеренип турду.

Абылкасым ачууланайын деп, бирок өзү кагуу жеп каларын ойлонуп, ичинен кыжыры кайнап, Мусаны олурайып тиктеп калды.

– Кана, айтпайсыңбы?

– Кетпе деп кекетпедиң беле өзүң айт.

– Аксакал кишилер отурса сага окшогон зөөкүр менен сүйлөшүп отурмак белем! Окуган, тартип көргөн, комсомол киши да сендей болобу? Абийир деген кайда кеткен? Эл кайта куур тонго оронуп, атам заманда кийбеген жүн көйнөк кийип, ошондо да жанын жанга уруп иштеп жатса сен таң атпай кыпкызыл болуп арак ичип басып жүрөсүң! Кана, айт!

Абылкасым өз тууганын, теңтушун (кичүү болсо да) башкаралбай, көрүнгөн жерде тилин угуп, бейбаштыгынан уялып өлө турган болду. Ошондуктан: «Эмне кылсам? Эмне кылсам?» деп санаасы санга бөлүнүп жатты. Бул иттин арак ичкидей же катыны жаман эмес. Телегейи тегиз болуп көөп кетти. Аракты кайдан таап ичет? Же кызыл кулактык кылабы? Шермендечилик! Институттун студенти имиш дагы».

Муса унчукпай тура берди.

– Минтип жүрсөң катыныңан да айрыласың, сен, бала! – деди Абылкасым, кетүүгө камынып.

– Кетсе сен алып ал,– деди Муса, камырабай.

– Бет деген сенде түгөнгөн турбайбы! Жогол көзүмө көрүнбөй!

Абылкасым таяна жулунду. Муса солк этип да койгон жок, Абылкасым, калчылдап бу баланын мүдөөсү эмне экенин түшүнбөй, таяк менен коюп жибере жаздап, өзүн араң кармап турду.

– Сен эмне менин катынымды тооруп жүрөсүң? – деди Муса, терикпей, жайбаракат сүйлөшүп тургансып.

– Тооруп?

– Э-и.

– Мага ушуну айткандан көрө өлсөңчү! – деди Абылкасым таягын кармаган бойдон орундукка жыгылгансып, түрс этип отуруп.

Экөө кайтадан бир топко тиктешип, туруп калды Мусанын эмнеден кыялы бузулуп жүргөнүн Абылкасым эми түшүнүп, эми көңүлү тынчыды. «Ушак кылып, экөөн кайраштырайын деген бирөө бар экен го, келгени ырас болгон экен» деди да, мурутунан жылмайып күлдү. Мусанын ачуусу ошондо келди.

– Катыныңан сурадыңбы? – деди Абылкасым, Мусанын өңү бузулуп кеткенинен чочулап.

– Сураганым жок! Бирөө менен болгон ишин катын айтмак беле! Сенин көзүңдү ойгондон кийин айтар...– деди да, эшикти ачып, сыртты карады.

– Сен бала, шашпай тура тур, – деди Абылкасым, Муса кызуусу менен бир шойкун баштаганы турабы деп чочуп, бирок калтаарыбай, жай. – Шашпай тура тур! Жанакы келген абышкалар сени келиндерге аңгилик кылып жүрөт деп, кеп салышты, чынбы?

– Чын!

– Жаш катының туруп эмне үчүн жүрөсүң?

– Катыным жүрсө карап турайымбы?

– Акмак! Жанакы кепти ким айтса да сени жолдон чыгарайын деген неме! Ойношуңду чын айттыра аласыңбы? Чынын ай-

ттыралсаң кечинде үйгө кел. Арагың болсо да ала кел, – деди Абылкасым, камырабай ордунан туруп. – Бу жакта элдин тагдыры чечиле турган иштер менен баш катып жатса, сенин кылыгың жанды кейитип, жаман кыла турган болду. Бас! Ойношуңкуна, так ушул бороондо баргын. Баякы шыңкылдаган шуркуя Салкынай болчу болсо, үйү да жылуу, балким, казаны да асылуудур!..

Абылкасым таягын таянып, сылтый басып, эшикке чыкты. Муса, кабагын салаңдатып, түнөрүп, артынан басты.

## XV

Ошол эле күнү кечинде Муса койнуна эки шише аракты култуйтуп катып алып, Абылкасымдыкына келди. Абылкасым сууктан балдары менен бир үйгө тыгылып, жерде отурган.

– Келдиңби, эргул? – деди Абылкасым Мусанын түрүн байкагысы келип, сынай тиктеп.

Муса унчукпай, эки шишени столдун үстүнө койду.

– Биз тиги үйгө кирели,– деди да, Абылкасым ичигин жамынып, чолоңдой басып, маңдайкы бөлмөгө кирди. Муса артынан кирди. Тирелген үсүк жыйылып, туш кийиздер илинип, шырдак, көлдөлөң салынган сыр тактайлуу жарык бул үй муздак болбосо чыга турган бөлмө эмес эле: таптазалык мындай турсун бул үйдү кармаган аялдын сарамжалдуулугу, уста, саймачы, жыйынтыктуулугу ар бир буюмдан байкалды.

Бул экөө бир топко сүйлөшпөй отурушту. Абылкасым Мусаны тиктеп, Муса жер тиктеп, үлүрөйүп отурду.

– И, кандай экен? – деди Абылкасым, акыр аягында чыдабай.

– Сен айткандай экен! – деди Муса, жерден башын көтөрбөй, корсулдап.

– Оту да жагылуу, казаны да асылуу, арагы да куюлуу, төшөгү да салынуу, сөзү да айтылуу дечи, – деди, ушак так ошо Салкынайдан чыкканына алда качан көзү жеткен Абылкасым.

– Так сен айткандай, – деди Муса, баякы калыбын бузбай.

– Ээ, Мээримкан! – деди Абылкасым, эшикти көздөй кыйкырып.

– Балдар менен укпайт го, барып чакырып койчу, дагы жеңе деп, кучактап ийип жүрбө, андай иш сенин колуңан келет. Муса же күлөрүн же корс этип бир тиерин билбей, Абылкасымды бир тиктеп алды да, эшикти ачып туруп:

– Жеңе, башкарма чакырып атат! – деди.

– О оңбогур, тилинин кээрин! Катыны кантип чыдап жүрөт болду экен!

– Абылкасым айласыздан күлдү. Иштүү аялдардын маңдайына эртелеп кирчү майда бырышы бар жылдыздуу Мээримкан жайдары күлүмсүрөп, кирип келип:

– Сөзүңөр бүтсө тиги үйгө эле кирбейсиңерби? – деди.

– Сөз бүтмөк кайда? Бу бала «Э-и» дегенден башканы айталек апкел, жей тургандарыңды, – деди Абылкасым.

– О оңбогур, унчукпай калыптыр, анык көзү жетип келсе керек, кудай төбөңдөн урбаса да жазаңды берет го, теги оң басып жүрбөйт! – деп, Мээримкан Мусаны далыдан нары бир муштап, күлүп, эшикке чыгып кетти.

– Э кокуй, жеңем билеби? – деди Муса, эси ооп, шалдайып..

– Билеби! Абышкалар сүйлөп жүргөндөн кийин келиндер билбей коёбу? А түгүл катының да билет! – деди Абылкасым Саадаттын билер-билбесине чындап көзү жетпесе да.

Мына ушу сөздөн Мусанын бүткөн бою дүр дей түшүп, делдейип туруп калды.

Мээримкан дасторкон салып, бир жилик эти бар жупка апкелди.

– Апкелбейсиңби тигиниңди? – деди Абылкасым, Мусанын ичи эмне болуп жатканын жакшы билип, табасы канып. Муса аракты (арагы самагон болучу) көп ичип, тамактан анча-мынча эле ооз тийип, сүйлөбөй отурду.

– Тамакка тойгузган экен э-э,– деди Абылкасым, ашкере табалагансып, самагондон бир толтура стакандан башканы ичпей коюп. Муса канча ичсе аны тыйбай, тим койду. Жалтанып, тартынып турганды жаман көргөн Муса да өз оюнча ичип, бирок көп мас болбой, тамактан улам ооз тийип коюп, тултуюп унчукпай отура берди.

– Салкынайдын чынын кантип айттырдың? – деди Абылкасым, ачуусу жок, акырын жылмайып.

Сөз жумшагына ага бермеги бар Муса Абылкасымдын жолдошчо сүйлөшүп турганын дароо сезип, бар сырын төкпөй-чачпай айта баштады. Ичилген самагон да Мусанын сүйлөгүсүн келтирип, бук кылып турган,

– Салкынай караторпок жүгүртөт, аны билесиңби?

– Жок, – деди Абылкасым таң калып. – Ал эмне торпок? Караторпок дейсиңби?

– Бир колкозду, башкарып туруп караторпок деген эмне экенин билбесең мурдуңа заң сыйпаса да билбеген маңыроо турбайсыңбы! Башкармабыз жакшы деп койсо маашүр болуп жүрө бергенсиң да, байкуш. Мунун тыякта аскерден качып жүргөн бир кишиси бар. Салкынай жалгыз гана ошону билет. Акча, тамакашты Салкынайга ошо киши жеткизет. Салкынай болсо «караторпокту» кар кыттап кармап турганды гана билет. Мен кокустан бул экөөнүн күдүңдөп жатышкан жеринен үстүнөн чыгып калып, кармап алгамын. Ошондон бери караторпок эмне экенин мен да билем. Караторпок деген... апийим...

– Кудай у-ур! – деп, Абылкасым таң калып, таң калганынан эки көзү чанагынан чыгып кете жаздады.

– Мен Салкынай менен кыз кезинен бери жүрчүмүн, Саадатка үйлөнгөнүмдө тытынып өлүп кала жаздабадыбы! Бирок Саадаттан кийин Салкынайды таштаган элем... Самагон болду, нары сөзүнө да шайтан болуп ишене коюп, кайта башталып кетти. Эртең менен барып самагонун ичип отуруп, чыныңды айткын деп кыстадым, Караторпогуңду айтамын деп коркуттум, Айтып берди.

– Эмне үчүн жок сөздү айттың дедиңби?

– Анда эмне дейт?

– Сени антип кайта колума салбасам Саадаттан чыгалмак белең дейт...

– Анан?

– Анан сабадым... Башында кыйкырык-чыңырык салгандай болду эле, кийин туруп алды... «Мейлиң, өлтүрсөң өлтүр, өлтүр!

Балапандай кезимде койнуңда жаттым, жытыңды алдым, жанымдай жакшы көрдүм, эми өз колуңдан өлөйүн, өлтүр, өлтүр, өлтүр!..» деди. Оозу-мурдунан кан шорголоп агып жатат... Көтөргөн колум көтөрүлгөн бойдон шалдайып туруп калды да, бетине тиктей албай, боорум ооруп, чыгып кеттим... Чыгып баратсам мобу эки бөтөлкө самагонун берип жүрөт...– деп, Муса улутунуп үшкүрүп, толтура стакан арактын тынбай жутуп жиберди.

Экөө тең унчукпай жер карап, үй жымжырт болду.

– Анан сен алдың, э? Дале бооруң ооруп турабы?

– Оорумак турсун ичимен кан өтүп турат, кан!..– деди Муса, ыйлап жиберчүдөй үнү каргылданып. – Салкынайдын өмүрүн мен кыйбасам, бул күнгө түшпөйт эле, канатын мен кырккан экемин... Эми Саадаттын бетине кантип карарымды да билбейм. Саадат билет дедиңби?

– Укпаган киши калбаптыр, бирде болбосо бирде көрүп туруп кантип билбейт? Өзүңөн деле сурагандыр, – деди Абылкасым, өзү таптакыр башканы ойлоп.

– Теги көзүнүн бузугу бар, бирок эчтеке айткан эмес – деди Муса арактан дагы куя баштап.

– Ай бала, сен эми үйүңө бар, үйүңө бар да катыныңын астына түшүп, жарашып алгын. Чыныңды айт. Анан соодаңды ташта, башка кызматка кеткин. Согушка кеткен жигиттердин катынын аңдыганды кой. Уят деген бар, болбосо колу-бутуңду байлатып туруп тийиштүү жерге жибертем. Бул бир, экинчи, жанакы аскерден качып жүргөн дезертирди кармаш керек. Салкынайды тинтип жок, тинтип эмес, кылмыш жазасына тартыш керек. Сен буга күбө болосуң! – деди Абылкасым.

– Күбө болосуң? – Муса чочуп кетип, масы таркай түштү.

– Чочубай эле кой, керек болсо дегеним да, керек болсо, – деди Абылкасым, оозунан чеки чыгып кеткен сөздү түзөп сүйлөмөкчү болгонсуп.

– Абылкасым, Абылкасым! – деди Муса, бир чети Абылкасымга жалынгансып, бирок кесе сүйлөп, – Абылкасым! Башымды кессең да мен Салкынайдын торпогуна күбө болалбайм. Салкынайдын жаш балапан өмүрүнө бир зыян кыл, эми келип кармап бер, бул эмне

деген жүзү каралык болот? Айтчы? Андан көрө менин өзүмдү каматтыргын! Мен кантип жер басып жүрмөк элем? Салкынайды кармап беришке кантип дитим барат да, кантип түтөм! Кантип түтөм!!!

Буркурап ыйлап жибере жаздаган Муса башын мыкчып, өзүнүн кайта түзөткүс жаңылыштыгын эстеди.

– Олдо тилиң менен жерге кир ай! – деди катынча наалып. – Олдо тилиң кесилгирдин тили ай! Кайдан жүрүп гана кара жерге кирген караторпокту айта койдум. Оозумду тырмагансып... арагың менен гана аңтарылып кал ээ!..

– Ай Муса, сен үйүңө бар, аныңа анчалык болсоң күбө болбой эле кой, өтө эле наалып кеттиң. Сенсиз деле бир айласын кыларбыз. Мен деле күйөөсү согуштагы Салкынайды каматтырайын, тоздурайын, боздурайын деген жерим жок, тим эле айткан сөз, – деп, чолоңдоп ордунан турду.

Муса калган арақты стаканга куя сала жутуп жиберип, Абылкасымдан мурда жөнөдү.

Абылкасым болсо чыракты өчүрүп, караңгыда бирдемени ойлоп, бир топко токтоп, үй толтура болуп отурган бала-чакасына чыгып, Мээримканга карата күлүмсүрөп негедир зайыбын эркелеткиси келип, зайыбынын кулагына:

– Ушактан кутулдум, – деди да, баятан берки болгон кепти бүт айтып берди.

– Мусаны өз айлына тургузбай эле койсоңчу, – деди Мээримкан.

– Зайыбы экөө кетпесе мунуң дагы бирдемеге чалынат, өзүнө да айтып, бирок кыштын кыраан чилдесинде башка мектепке кетиш Саадатка убалырак болор. Районо менен сүйлөшүп көрүш керек. Мен бирдемени ойлоп турам, Мээримкан. Колхозчулардын кыштык азыгына мал сойдуруп, дан тараткым келип турат, сен кандай дээр элең я?

– Анда жыргатпадыңбы, абышкам, – деди жайылып күлүп, Мээримкан.

– Колхозчулар жыргайт, мени эмне кылар экен?

– Ансыз деле арам өлүп кеткен малың бар, Абылкасым. Иштеген аялдарда эмне жазык? Же күйөөдөн жок, же эмгектен

жок, же кийимден жок, каржалып кетпедиби! Андан көрө коркпой эле жанакы максатыңды аткара бер, мен колхозчулардын таламын эле талашам.

– Макул, макул, байбиче, бүгүн кечке отуруп чот кактым, элдин камын көрөйүн, ал эми кара торпогун эмне кылам? Ал эмне экенин билесиңби? Мээримкан билбейт экен, аны Абылкасым түшүндүрүп берди.

– Шумдугуң кургур! – деди Мээримкан, шыпшынып. – Аты кызык экен, караторпок! Караторпокту Салкынай деле көп күталбайт, муну урунуп жүргөндөр болуш керек, сен Салкынайды коюп, ошо жагын кара.

– Самагонучу?

– Силер, бүгүн ичкенби?

– Ошол.

Аны анча-мынча сатып оокат кылам дебесе, жалаң Мусага деп салган оокат. Болбосо, шоруң менен жерге киргир, кызылжаян кан кылып кетип бараткан немеге да арак береби? Кантсин, кыз кезинен көөнү калбаган неме түтпөй кеткен да.

Абылкасым зайыбына таңыркап тиктеп, оозун жалжайтып күлүп, куулангысы келип:

– Сен да күттүң беле? Чыныңды айт, мен да Мусача кызылала кылам,– деди.

– Жок ай! – деди да, каткырып күлдү.

– Жага бербей калды окшойт, жаман кубанып каткырдың го? – деди Абылкасым, тамаша кылганы менен кичине чычалай түшүп. – Мен согушта жүргөндөгүң эсиңе түшүп кетти го дейм, куурагыр. Олдо оңбогон турмуш ай? Бирөөн ургачы жаратып, бирөөн эркек жаратып, экөөн тең бир-бирине таңсык кылып...

– Анын ичинен бир-бирине ашык, куштар кылып, – деди Мээримкан шарактап күлүп. – Анан ойнош кылып...

– Мына ушу ойнош кылганыңар жаман, сүйүп жүргөн катыныңды эле бирөө азгырып жатса... кишинин күйбөгөн жери күл болот да!.. Аны билген эркек жарылып өлүп кете жаздабаспы! Бирок көзү кашайып көрбөйт да, билбейт. Билбегенден кийин сокур немедей болуп жүрө берет.

– Сокур эркектер да толуп атат, Абылкасым,– деди Мээримкан. – Сен көөнүңө албай эле кой, бирок сокур эркектер толуп атат, көз көрүнсө өз катынын бирөөнүн колуна салып бергендер да бар; катын дегенди караш керек, багыш керек, бирок баарынан да эркек өз катынынын ичин билиши керек, ансыз болбойт; ансыз катын кылбаганды кылат, чачыңар гана тик турат, – деп, Мээримкан жерде, кроватта тоголонуп уктап жаткан балдарын карап койду. Абылкасым бир жагы таарынган кишиче тултуюп, бир жагы, аң-таң калып турган немече оозу ачылып, аңырайып турган болучу.

– Байкуш эркек! – деди үшкүрүп, бирок, тамаша экени эсине түшүп, олдо куураган эркек!– деп, куудулданып күлдү.

– Катыны ичинен чанып, ичинен жаман көргөн эркек байкуш эле болот. Катыны менен сырдашып катынын эркелетип жүргөн эркекти катын туу эле көтөрөт, – деди күлүп, Мээримкан.

– Ээ, Мээримкан, мен киммин, туумунбу же бир... – деди Абылкасым, Мээримкандын жооп сөзүнөн корккон немече сестейип, анын оозун тиктеп, көзүнөн жалтанып.

– Өзүң билбейсиңби?

– Ишенбей турса кантесиң? – деди Абылкасым, чындагансып.

– Баарынан ошо жаман. Катынта кароо киши ишенбейт, эри ишенбегенден кийин катын өз билгенин кылат, – деди Мээримкан өз сырын айтып жаткансып.

– Эринин чын жакшы көрүп, чын сырдаш экенин жакшы билген катын эркектердин кеп айттырганы турсун, камаганынан өйдө-айтып келе берет, сырын жашырбайт, кептин баары сыр жашыргандыкта, сен чын эле мага ишенбейсиңби, бирок чыныңды айт! – деди Мээримкан.

Тамашадан чыгып отуруп чынга айланып бараткан бул сөздөр Абылкасымды чындап ойлонтуп калды. Ырас эле, Абылкасым өз зайыбына ишенеби, жокпу? Абылкасым эч качан бу маселени алдыга койгон эмес. Капыстан бул маселе алдына коюлуп, капыстан бу маселе торчо чалып алды да, Абылкасым буйдаланып, бир, топко бу тордон чыгалбай турду.

– Эмне, айталбай турасыңбы? – деди Мээримкан, жайбаракат күйөсүнүн көзүнө тиктеп. Согуштан кийинки бир жарым жыл Абылкасымдын бек маңдайын тосуп туруп алды.

– Эми айтпай эле кой, – деди Мээримкан, өңү, бузула түшүп суз тартып, – эми айтпай эле кой, буйдалбай же ишенгениңди же ишенбегениңди айтсаң анда бир кеп эле, эми болбойт. Эми өзүм айтып берейин. Эркеги жок аял токтоналбай келет дешет, бул кеп туура деле, сөз эмес. Туура эмес деген себебим: мен өз көзүм менен көрүп, өз кулагым менен укканды гана айтам. Мен сен согушка кетер менен арак вино дегенди ичпей койдум, экинчи жагынан, иши жок бекер отурганым жок, нары, мен өзүмө бек бекемин же жокпу деп, өзүмдү өзүм сынап көрдүм. Сенин караныңа киши теңебейт экемин, болбосо бери кел, сага убал болду дегендер болбой койду дейсиңби, аны өзүңө деле айтпадым беле?

– Айткансың, – деди Абылкасым, момурайып.

– Аны уккан сайын жети омурткам жерге кирип, ушу күндү көргүчө өлгөнүм жакшы деп кетчүмүн, Шылдың кылып жатышпайбы!

– Шылдыңдабай сылап-сыйпап келсе кантер элең? – деди Абылкасым.

– Айтпадымбы, мен өзүмдү сынап көрдүм, чептен бекем экемин, анын эмне экенин аялдар гана билет,– деди Мээримкан, бир башкача салтанат менен.

– Бери кел, айтканың чын болсо, – деди да, Абылкасым Мээримкандын жанына басып барып, мойнуна колун арта салып кучактап, мойнун буруп туруп оозунан чоп эткизип өөп алды.

– Мунун баарын сен кайдан билесиң?

– Мен билгенди катындын баары эле билет, бирок айтар кишиси жок болот. Мына ошондо…

– Байкуш эркек куурайт ээ!

– Куурамак турсун баарынан куру, калат.

– Олдо кууураган эркек ай ! – Абылкасым ичи эзилип, каткырып күлдү.

– Жакшы гана аялдар жаман эркекке өчөшпөйт, болбосо…

– Болбосо эркектерди өлтүрөт дечи?

– Өлтүрмөк турсун адам санынан чыгарат. Аны койчу, ошентип эртең эмне кылмак болдуң?

– Эртең звено башы сайын бирден жылкы тарттырып берем. Дан бердирем,– деди Абылкасым, Мээримканды кучактап отуруп алып.

– Анан ошондо Салкынайга окшогондор «караторпок» күтпөй калат, анын жолун жолдогондор да болбойт, жанагы аскерден качканын кармасаңар баарынын деми сууйт, – деди Мээримкан, жайбаракат күлүп коюп, өңүнө чыгып, сулуу болуп.

– Сен бүгүн сулуу болуп кеттиң да? – деди Абылкасым, зайбынын кызыл тору өңүнө сукланып тиктеп, улам өөп коюп.

– Көзүңө алда кандай көрүнүп тургандырмын, жакшы көргөндө ошондой болот, – деди Мээримкан, чын эле жакшынакай болуп көрүнөйүн дегенсип, муңайым жылмайып. Кокустан бир жери сайгалашып кеткенсип, Абылкасым жүрөгүн кармап, «Ики» деп алды.

– Эмне болду? – деди чочуп Мээримкан.

– Мен Кыдырбекти унуткан экемин, – деди Абылкасым, чекесин алаканына таяп. – Өлсөм унутпайм дедим эле, көрчү алдамчылыкты. Тынч жерге келип, аялдын жанында жүргөнгө баары унутулуп баратат. Кой, кой, кой! Мээримкан! Эртең өзүңө тийген эттен жакшылап туруп бир тамак бышыр. Пасылке салам. Мен азыр отуруп бир кат жазайын, – деди да, ордунан чолоңдоп туруп, столду көздөй басты.

## XVI

Саадат Шарапатты алдырыш керектигин Бурулга айтканда Бурул кыштай буту-колунун сыздаганын шылтоолоп, барбай койду. Саадаттын өзү барууга Шарапат жакын жерде болбоду. Ашуу ашып барчу жерге жибере турган киши табылбай турганда иштин бети өзүнөн-өзү ачылып, Шарапат бир жарк этип көрүнүп алды да анан жаңырык сыяктуу, уламдан улам алыстай берди...

1942-жылдын жайында Шарапат эже-жездесиникине жайлоого келгенде жылкычылардын жайлоосу кыштоодон алыс эмес

эле. Кичинесинен атка көнүп, бышык өсүп калган кыргыздын кызы чочуркай турган эчтеме жок. Оюн салган кулунтай, окуранган бээ, алышкан айгыр, адыр-адыр келген кырлар, көк ала шибер көк майдан болуп төшөлүп жаткан чөп, аңкыган гүл, агып жаткан өзөн Шарапатты мас кылып башын тегеретти. Тубаса шыктуу, тубаса даарыганы бар адамдар болот, так ошолор сыяктуу, Шарапат баарына шыктуу жан. Анын көкүрөгүндө чалгыны жетиле элек не деген шыктар жаткандыгы кийин-кийин гана билинип, аны Шарапаттын өзү да кийин түшүнүп, өлүм жеңип бараткан жаш өмүрүнө тырмышып, кыйкырыкты ошондо гана бир салды. Бирок бул кыйкырык эми алсыздын кыйкырыгы. Ошондо да бул кыйкырык тиричиликтин, турмуш, өмүрдүн кыйкырыгы болуп, ушу күнгө чейин бул кыйкырык далайлардын кулагынан кетпей, кыл кыяктын кылындай кол тийбей козголуп, дирилдеп турат...

Шарапат жайлоодогу бул боз үйгө (эжеси Зийнат менен жездеси Бакдөөлөттүн үйүнө) киргенден баштап, бул үйгө кадыр түн аткансып жарк этип, баласы жок немелердин үйү бала бардай опуртопур болуп, шарактаган күлкү, шаңкылдаган үнгө толуп кетти.

Шарапатка ат минсе ат жарашып, бээ сааса бээ, көнөк жарашып, жүк жыйса жүк жарашып, кара көрпө (эжеси жасап берген) тебетейди чекеге кийсе бу жарашып, жайлоодогу жылкычылар, алардын аялдары Шарапатка суктана тиктеп:

– Бу кимдин кызы? – деп, тамшанып жүрүштү.

– Бойго жетип, бышып турган кыз экен, ай бир колго тийсе... дешти жаштары.

– Атаң көрү, бир үйдүн куту боло турган неме экен, – дешти кайсы бирөөлөрү:

Бир күнү Шарапат ат салдырып бараткaнда көзү күйгөн келиндердин бири:

– Ай кыз, чатың айрылат, жайырак жүр, – деди.

– Айрылса жиги бар,– деди да, Шарапат аттын оозун андан бетер коё берип, жүрүп кеткен.

Дагы бир күнү айылга субай жылкыларды айдап келгенде ийрилип оттоп турган жылкыны карап туруп, Шарапат кыйкырып:

– Жезде, тетиги сартору атты мага кармап бересиңби? – деди.

– Чымырынан келген, капкара сакалы жайкалган, элүүлөргө чыгып калган жездеси Шарапат көрсөткөн атты көрө коюп:

– Сен мунун жакшы ат экенин кайдан билдиң? – деп,таң калды.

– Билдим, жезде, сындуу ат экен, мен бир минип көрөйүн!

О Зийнат, Шарапат тетиги Арчаторуну кармап бер дейт да, бу сиңдиң сынчы окшойт,– деп, Бакдөөлөт борсулдап күлдү. Үйдөн Зийнат чыгып келип:

– Азоо немени эмне кыласың? Байгеге чаап жүргөн сүлүк, чалпоо неме. Минем деп жыгылып өлсөң, Бурул энеңдин доосунан өлгүчө кутулбасмын, – деп, бирок минсе минсин дегендей кылып турганын ачык айтпаса, да жашырган эмес.

– Аябай кызыгып турсаң минсең мин, кармай алсаң... – деди Бакдөөлөт тамашалап.

– Кармай алсам бербей минип жүрөйүнбү? – деди Шарапат, көздөрү бир жерге токтобой, ойноп. Шарапаттын бүткөн бою от менен жалын болуп күйүп кеткен эле. Ат дегенде делебеси козголуп, дегдей турган кыздын түрүн көргөн Бакдөөлөт ичине купуя бирдеме түйүп, мурутунан күлүп, сынагансып, унчукпай турду.

– Койсоңчу, бир саат болот бу кыз! – деди Зийнат чын эле Бакдөөлөттүн бу кызды сынагысы келип турганын байкап.

– Келе, жезде, атыңызды! – деди да, үйдүн жанында байланып турган карагер атты дароо чечип, чалбарчан неме атка көз илештирбей ыргып минди да, үйгө жөлөп койгон укурукту карысына илди.

– Келе, жезде, үзөңгүмдү кыскартып коюңуз! – деди өкүм тил менен. Бакдөөлөт кара күчкө мурутунан күлдү.

– Койсоңчу балам!

Укурукту оң карысына найзача илип алып, суна кармап, сол колу менен тизгинди жыя кармап, ээрдин сол жагына оой минип, аттын башын силкип, теминип, ылдамдай жылкынын четине келди.

Шарапат жылкыга аралаша келип андан кармайын деп, жылкынын четинде оттоор-оттомоксон болуп, үргүлөп турган атка

жакындап келгенде Арчатору селт этип, карышкырча кулагын типтик кылып, көздөрүн бадырайтып, Шарапатты тиктеп калды.

– Кап, укурукту сүйрөтүп барбай түз суна кармап баратат э, көргөндө эле качпайбы! – деди эшиктин алдында карап турган Зийнат.

– Тим кой, билсе ыгын табат, – деди Бакдөөлөт, Шарапаттын атка жүргөнүнө суктанып, ал теминсе кошо темингенсип, колу-бутун кошо шалактатып.

Зийнат айткандай эле Арчатору укуруктан жалтандыбы, карышкыр көргөнсүп кошкуруп алды да жылкыны тегерене берди. Шарапат Арчаторуну акмалай тооруп, олбуй-солбуй теминип, укурук салды. Арчатору кыздын амалын билип тургансып, ошо замат типтик түйүлүп, атырылган бойдон, мойнуна укурук илинбей, жылкыдан бөлүнүп, талааны көздөй жүрүп берди. Шарапат Арчаторуну эми саргара кууп алды. Кууган ат катуу деле чуркабай, жай гана желип чуркагансып баратты. Карагер чымын-куюн болуп, башын жерге салып баратса да жетпей койду. Шарапат жуп жетерде гана Арчатору бир аз ылдамдап коюп, болбосо, желгенсип жүрүп отурган бул ат желиккен бу кызды шылдың кылгандай болду.

Арчаторуну кууп жүрүп кармай албасына көзү жеткен Шарапат кара терге түшкөн карагердин башын бурду да, укурукту ыргытып жиберчүдөй сүйрөтүп, үйдү көздөй чу койду.

Зийнат күлдү:

– Шайтан кыз эми эмне кылганы жүрөт?

– Чарчап болду да! Бирок ыгын тапса... – деп, Бакдөөлөт сөзүн бүтүрбөй, тим болду.

– Келе аркан, аркан бергиле! – деди алыстан эле Шарапат,– кыпкызыл болуп чыңалып, дем алалбай жиниккен немедей энтигип.

– Аны кармай албайсың, тим эле койбойсуңбу? – деди Зийнат.

Кыздын ээликкен түрүн көргөн Бакдөөлөт мурутунан жылмайып күлүп:

– Тимгой, тимгой, бир жолу деми суусун,– деп ичинен кымыңдап, билгизбей кудуңдап турду.

– Сен бу кызды бир балакет кылганы турасың! Жыгылып мойну үзүлөр бекен? – деди Зийнат. Анткени менен арканды алып берди.

– Кудай сактасын, ээлигип алды, бир жели чыксын, – Бакдөөлөт камыраган жок.

Арчатору жылкыдан оолак, те нары барып жалгыз туруп алды.

Шарапат арканды чалма түрүп алды да, коктулап жүрүп кетти.

– Шойкондуу кыз бир шойкон болбогой эле! – деп, канткен менен аялча безилдеп, Зийнаттын жүрөгү опколжуп турду.

– Ыгын эми тапты, – деди кара сакалын көйкөлтүп, Бакдөөлөт. – Ыгын тапты, эми чалма ыргытканды билсе Арчатору кармалды, кармап калалса... колунун күчү жетсе...– Бакдөөлөт Арчаторудан эки көзүн албай жүрөгү туйлап, Шарапат – Арчаторудан башкасынын баары эсинен чыгып кетти.

«Шайтан кыз аңгыча кокту өрдөп барып, Арчаторунун так артынан чыкты. Кyyгунчуну күлүк ат бурулуп бир карап алды да, кулагын жапырып, мурунку адатына салып, желип-жортуп жүрүп берди. Шарапат да желдирип отуруп, капыстан катуу теминди да, карагердин оозун зыркырата коё берип, үзөңгүгө тура калып керилип туруп чалма ыргытып калды. Чалма мойнуна ороло түшкөндө күлүк чочуп кетип, типтик секирип атылып жулунду. Шарапат карагердин оозун буруп, чалкалап чалманы тартып калган эле. Тамакты кыйып бараткан чалманы Арчатору кыздын колунан жулуп кеталбай, дагы бир эки типтик секирип, акыры багынып туруп берди. Шарапат атынан түшүп, арканды чытырата өз жагына жыйнап тарткан бойдон атын жетелеп, акырын басып барды. Ат да калтырап, кошкуруп, Шарапат да калтырап, энтигип турат. Оң колу менен акырын аттын мойнун сылап, кыркырап муунуп бараткан атты сол колундагы аркандын учу менен ноктолоп, дароо атына минди да, үйдү көздөй желдирип жөнөдү.

– Кыз Жаңыл келатат, Кыз Жаңыл келатат, Кыз Сайкал келатат, Кыз Сайкал келатат! – деп, Бакдөөлөт, чоң мөөрөй алгансып, жаналы калбай кубанып, шартылдап кирип келген Шарапатты жер бастырбай, аттан типтик көтөрүп алды.

– Кыз эмес эле шайтан экенсиң! – деп, Зийнат Шарапаттын манаттай кызарып, тери агып турган бетинен өөп жиберди.

– Көзү жок эр экенсиң, эр экенсиң! – деп, Бакдөөлөт кайта-кайта айтып, Шарапаттын атын оозунан түшүрбөй, – чалма ыргытканды кайдан жүрүп билип алдың эле? – деп, таң кала берди.

– Көргөмүн,– деп, Шарапат кыска гана жооп берди.

– Садагасы болоюн, садагасы болоюн, тфу, – Бакдөөлөт жалына берип, – Зийнат, апкел ээр токумду. Мен Шарапатка жыгылыштуу болдум, убадам боюнча Арчатору Шарапаттыкы, – деди.

– Жыгылыштуу болорун болдуң, Чечейбайга эмне деп жооп бересиң? Азыр эле Арчаторуну жыгып албайбы. Тетигине, Кылкуйрукту шалактатып, желгенине жел жетпей келатат, – деди Зийнат. Чечейбай субай жылкыдагы жаш жигит эле.

– Жыгалбайт, жыгып эле көрсүнчү! – деп, Бакдөөлөт кезенгенсип, Арчаторуну токуй баштады.

Булгаары тыштап, күмүш чаптырган тердик, кашына күмүш чаптырган кыргыз ээр, күмүш жүгөн, күмүш көмөлдүрүк, күмүш куюшкан, чийбаркыт көрпөчө менен тогосу күмүш басмайыл бастырма Арчаторуга жарашты да калды. Киши минерин туйган күдүк ат ооздугун чайнап, жер чапчылап туйлап турат.

– Басмайылын бегирек тартыңыз, жезде, ооп түшүп калып жүрбөйүн,– деп Шарапат элик сап камчынын булдургөсүнө колун өткөзүп, камынып турду.

– Минген атың айгашка,
Токумуң түштү жамбашка,
Эңип алчы көрөйүн...– деди да, «Ак бетиңден өбөйүн...» дегенин айтпай, Бакдөөлөт сындуу Арчаторуну Шарапаттын алдына туура тартты. Бакдөөлөт Шарапаттын бетине арбап койгонсуп тиктеп, жылуу колтугуна колун сунуп, таш эмчекти колунун сырты менен сылап, атказды.

Оюнда эчтеме жок Шарапат колтугундагы колдун маанисин түшүнбөй, эси-дарты атта болуп шарт аттанды да, тизгинди жыя кармап, тик секирип, ансыз эле тизгин талашып турган атка этин ачынта ашыкча камчы чаап, зырылдап жүрүп кетти.

– Эми кайда баратат? – деди Зийнат таң калып.

– Жел менен жарышкысы келип турбайбы! Эркектен артык кыз экен...

Аңгыча Шарапаттын алдынан Чечейбай чыкты. – Токто, токто! Жол болсун, бийкеч?

– Болсо болсун! – деди Шарапат, алкынган Арчаторуну токтотуп.

– Түз жооп бер, кайда жөнөп баратасың дейм? Ат жарашып калыптыр го? – деди Чечейбай, кызга калп эле жини келип.

– Жарашса мага жарашкандыр, сиздин эмне жумушуңуз бар?

– Кантип жумушум болбойт? Ат меники! – деди ачуусун катуу келтиргенсип, Чечейбай.

– Ким минип турса ат ошонуку. Андан көрө мен багып жүргөн жылкы десеңиз.

– Багып жүргөн? Кероoз окшойсуң! Түш аттан! Бул ат катын минчү ат эмес!

Чечейбай кызды тамашалайм деп, оозунан чоң жаңылып алды. Мындай олдоксон тамаша тамашалашканды билбеген кишинин оозунан чыга бермеси бар. Ошондо да саамайы төгүлүп, тебетей кийип турган кызга «катын» деш оройлуктун оройлугу эле.

Шарапат тишин кычыраткансып, жаагынын эттери үзүлүп, көзүнүн кыйыгы менен Чечейбайды жеп жиберчүдөй жаман көрүп, тиктеп, эмне кыларын, эмне сүйлөрүн билбей турду.

– Мен катынмынбы?

Жылкычы сөзүн кайта алалбай, оозуна келгенин айта берди. Экөөнүн ортосунда эрегиш башталды.

– Катын экениңди билбейсиңби? Шарапат бир шойкун баштачудай обдулуп, Арчатору менен омуроолоп турду.

– Катын дегидей... Шейшебимди ачып көрдүң беле?

– Омуроолобо! Күлүк минсең эле жигит болуп калмак белең? Шерменде кыла элегимде аттан түш! – деди жылкычы, чындап ачуусу келип.

– Түшүрүп ал!

– Түшүрүп алайымбы? Түшүрсө түшүрүп алайын, келегой, катын киши келегой! – деп, Шарапатты шылдыңдап, аттан алып таштамак болуп, эки колун сунуп калды.

Жылкычы биринчиден оозунан жаңылса, экинчиден колунан жаңылды. Колум сынса сынып кетсин деп, намыстанып калган кыз, ээрге жата калды да, сунулган колду шап кармап, Арчаторуну теминди. Элирип турган Арчатору типтик секирйп, жулунуп жөнөдү. Коомай турган жылкычы кандайча ат үстүнөн шыпырылып, кандайча жерге сүйрөлгөнүн өзү да билбей калды. Анысы аз келгенсип, Шарапат жылкычынын тоголонуп кеткен тебетейин камчы менен жерден илип кетти да, такымга басып, көкбөрү кылып тартып кетти. Атынан, атынан эмес кыздан жыгылып, аты качып, соксоюп жылаң баш калган жылкычы бүт айылга шерменде болду. Анткени булардын кагышканын бүт жылкычылардын айылы көрүп турган. Бүт айыл ызычуу түштү. Артыкча Бакдөөлөт санын чапкылап, кыйкырыкты салып жатты.

Шерменде болуп калган жылкычы эптеп атын кармап минип, өзүнчө эле талаада тебетейди көкбөрү тартып жүргөн кыз жакты аңырайып карап турду да, кызды көздөй чымын-куюн болуп жөнөп калды. Айылдагылар эми эмне болор экен деп, кыйкырыкты коюп, тым-тым болушту.

Жылкычы Чечейбай жеткиче Шарапат Арчаторуну булкунтуп тура берди да, жылкычы жете бергенде тебетейди жылкычы тарапка ыргытып жиберди.

Арданып калган жылкычы тебетейин эңип алгандын ордуна түз эле Шарапатты качырып, камчы менен жон талаштыра тартып жиберди. Шарапат ошо замат камчы үйүрүп, жылкычыны баштан нары тартып жиберди да, заматтын ортосунда экөө өчөгүшкөн жоо боло калып, ошо замат Арчаторуга камчы уруп, жерде жаткан тебетейди камчынын сабы менен эңип алып, көчүгүнө басты да, Шарапат үйүн көздөй чү койду. Бул жылкычынын эркекмин деген башын эң жаман кылып кордогону эле. Шарапат өзүн сүрөп кыйкырып жаткан айылга жетти да, тебетейди түндүктөн алыс ыргытып жиберип, аттан секирип түштү.

Бакдөөлөттүн оозуна башка сөз кирбей:

– Баракелде, баракелде! – дей берди.

* * *

Бакдөөлөт Шарапат келгени «бала» деген сөздү көп айтып, көп наалый турган болду, Зийнат ошо замат күйөөсүнүн дартын түшүндү. «Оңбогон абышка»! деп, ичинен күйүп-бышкан болду да, бир колу менен көз жашын чертип, бир колу менен Шарапатты этектей баштады. «Чын эле байкуш баласыз өтөбү? Кой, өзүмдүн согончогум канабаган соң мунун убалына калбайын... Сексенге чыккан абышканын деле катыны төрөп, баласынын атын Сексенбай коюп жүрбөйбү? Бул эмне? Кырчылдап турган кези. Шарапатты алып берейин да, өзүм байбиче болуп, бала сүйүп отуруп калайын. Шарапат тил албаганда кайда бармак эле!» деп, ой кылды да, Шарапаттын жолуна шыпылдатып тор жая баштады. Күнү-түнү Шарапаттын кулагынан: «Шарапат... садага болоюн Шарапат, тилимди алсаң Шарапат...» деген сөз кетпей койду. Шарапат азоодой ойдон тоого качты, жулкунду, булкунду, ыйлады. Болбой эле: «Шарапат, Шарапат, Шарапат...» деп, арбаган сөз кулагынан кетпей койду.

– Кыздын таалайы жаштан эле болмок беле? Жаш дегидей жаш калдыбы? Жаш дегенибиз жанакы сен эңип кеткен немеби? Жезденди атадай дешиң чекилик. Мен билем го, кырчылдаган жигиттен өйдө. Бир үйдүн эркеси болосуң. Өз эркиң менен басып, өз эркиң менен жүрө бересиң. Төрөп эле берсең болду. Мага төрөп эле бергениң кызык. Башкасынын кереги жок. Шарактап ойноп жүрө бергенден башканы билбейсиң. Баланы өзүм багам, өзүм терметем, өзүм көтөрөм. Таалайыңды теппе, Шарапат жаным?

Шарапат өз таалайынын кайда бурулуп баратканын билди. Чоңоюп калган кыз мектептен да ажырады. Атасы эмгек армиясына кетип, дайны жок. Агасы согушта, эмне болору белгисиз. Жалгыз жылкычылардын айлынан башка жер. Шарапатка тар көрүндү. Жылкы багап, жулкунтуп ат минген Шарапатка кызык көрүндү. Арча-торуну болсо Бакдөөлөт Чечейбайдан алып берди. «Катын» деп коём деп, кыздан кордук көргөн неме башкармага айтам деп, далай жулунуп көрдү, бирок Бакдөөлөт менен Зийнат

экөө эки жагынан чыгып, тентек бир эси жок кыз баланыкын кечирип кой деп, оозу-мурдун майлап жибергенден кийин жылкычы жумшап, мейли минсе минип жүрө берсин, арыктатып, жоор кылып салбаса болду, менин колумда болгону кайсы, силердин колдо болгону кайсы, окшош эмеспи, жообун өз мойнуңарга алсаңар болду деп, макул болду. Ошондон кийин жылкыны айдап келген да жылкыны чаңызгытып айдап чыккан да Шарапат болуп, Шарапат өзүнөн өзү эле жылкычы кыз атыгып кетти. Жылкы айдап куштай учкан Арчаторуну булкунтуп минип жүрүп бара-бара Шарапатка кызыктын кызыгы болуп калды.

Акыры жүрүп отуруп Бакдөөлөткө тийишке да макул болду. Жаш чактын кайнап турган күрдөөлдүү убагы, ташып турган күчү: «Мейли, буларды зарлантпай төрөсөң төрөп бер. Бала деп какшаган немелердин сообуна, кал, кийин өз жолуңду, таап кетерсиң... Жаш эмессиңби» дегендей акыл айтты. Мына ошону менен күндөрдүн биринде тагдырдын өкүмү күчүнө кирип, Шарапат эже, Зийнатка күндөш, Бакдөөлөткө катын болду да калды.

Саадат мектепке чакырып, кат жазып, Абылкасымдын атайы жиберген кишиси келгенде Шарапат катын болуп отурган кези эле. Бирок баякысындай алчактап атка минген жылкычы кыздын ордуна эми жылкычы келин атанды. Эми ага бир гана өзгөрүш кирди: Кээде бир жерди мелтиреп тиктеп, баш бармагын тиштей ойлонуп, кээде кагаз, калам кармачу болду..»

## XVII

Немецтер Сталинградда талкаланып, 350 миң аскери колго түшүп, эл сүйүнүп турганда эки кара кагаз бир келди: мунун бири Сулаймандыкына келсе, бири Жамалкандыкына келген эле. Жаманкулду Согушта курман болуп өлдү деп, Кыдырбекти дайынсыз жоголду деп келген болучу. Мындай учурларда кыргыздардын кайсыпыр түшүп калышы, илгертен берки адат эмеспи. Сулаймандыкы менен Жамалкандар мөгдөп калышты. Кыдырбектин тоодогу энеси менен кыштоодогу энеси өзүн өзү койгулап, экөө эки жакта бөөдө өлүм болуп кала жаздады. Сулайман

болсо үйдөн безип, талаада озондоп, буркурап ыйлап жүрдү. Качан эл чогулуп, военкоматтан да кайта киши келип, «Дайынсыз, жоголуштун» маанисин түшүндүргөндө гана Сулайман менен анын байбичелери «кудайга тооба кылып», «үмүтсүз шайтан» дешип, ыйларын «тыйды». Киши эле келсе көз жаштарын көл кылып, үн чыгарбай ыйлап, үшкүрүнүшүп өздөрүн да кыйнап, элди да кейиите беришти. Жамалкандын кайгысы башка кайгы эле. Жаманкул, кайта кайтпас жол тартып, үмүт кыла турган эч бир илинчек жок. Жамалкан өлүмдүн эмне экендигине эми анык көзү жетип ай ааламда жалгыз өзү темселеп калгансып, жүрөгү чыгып, эңгиреп ыйлап жатты. Солтонкул, Салийма, Апал, Аламандар, жалпы эле эл көп келип, күнү-түнү дебей Жамалкандын жанында болушту. Жолдоштуктун бу камкордугу, аялдардын бу күйүмдүүлүгү болбосо Жамалкан өлүмдүн сүрүнөн коркуп жатып өлүп кала жаздамак эле. Атасы Молдоыбырайым күнү-түнү кызынын жанында болгону да чоң себеп болду Жамалкандын эси чыкканы акырындап жоголуп, эки жумача мезгил өткөндөн кийин өз калыбына келе баштап, жалгыз өзү кээде короого чыгуучу болду. Жамалкан тилге кирип сүйлөгөндө эси чыгып делдейип калган балдарын карап алып:

– Ырысы жок байкуш жетимдер!..– деди, эмшиңдеп.

Молдоыбырайым жактырбай, мурду менен «мык» деп алды да:

– Кой, балам, балдарды антип ырысы жок жетим деп, какпа. Сен аман болсоң булар жетим болмок беле? Жакшы болсоң күйөөң бардыгыдан мыкты иштеп, балдарыңды баккын. Буларга да кудайдын айткан жазмышы тургандыр…

Молдоыбырайымдын сөзүндө бир купуй маани бар эле, аны балам түшүндүбү, жокпу деп, көзүнүн кыйыгы менен Жамалканды тиктеди. Жамалкан кызара түшүп, билинер билинбес күлүмсүрөп койгон эле. «Катын өлсө камчы сап, эркекке бат эле катын табылат, бирок күйөөсү өлгөн катынга оңой менен эр табылбайт, анткени менен жакшы киши жерде калчу эмес, балам, теги жакшы киши бологөр, эри өлгөн катындын бузулуп кетмеси да болот, сак бол, балам, сак бол!..» деп ичинен ойлонуп, Молдоыбырайым жер тиктеп отурду. Молдоыбырайым жеке кызынын

турмушун ойлобой, өз турмушун да эстеп кеткен эле. Молдоыбырайымдын кыз алган зайыбы көпкө төрөбөй жүрдү. Бозого мас болуп келип алып, төрөбөйсүң деп зайыбын урар эле. Зайыбы үнүн чыгарбай үйдү тегерене качып, Молдоыбырайымдын таягын унчукпай көтөрөр эле. Урбаган күндөрү деле зайыбы Толгонайдын ыйлап турганын Молдоыбырайым көп көрө турган.

– Көзүң соолгур, эмне ыйлайсың? – дечүү.

– Сенин таягыңдын уусу өтүп кетип, оорулуу болуп калдым окшойт; мындан көрө эртерээк өлсөм экен...– дечү зайыбы.

Мындай учурларда зайыбына Молдоыбырайымдын боору ооруп кетип, оозунан кичине жылуу сөз чыгымыш болуучу. «Атаңгөрү, туубайт деп да катын урабы? Жинди эле экемин!..» дейт ичинен Молдоыбырайым, Толгонайды эстеп, аяп, өкүнүп.

Толгонай ыйлап жүргөн кезде Молдоыбырайымдын агасынын зайыбы өлүп, эмчектеги эркек баласы калды. Толгонай буркурап ыйлап, туруп баланы бооруна кысып, жан кишиге көрүнбөй, жалгыз үйгө отуруп алды да, азыр эле төрөгөнсүп, кыял кылды. Бүткөн бою ымыр-чыпыр тартып, көзүнө эчтеме көрүнбөй, толгоо кыстап тургансып кетти да, бүткөн бою коргошун болуп эрип, балага жан дили менен берилип туруп, эми эле бала төрөгөнсүп, эмчеги зыркырап, бүткөн бою ийип кетти... Ошо замат ыйлап турган балага Толгонай эмчек салды. Ошо замат эмчеги ийип, бала ээмп калды. Бала чала тоют болуп келгенде Толгонай эл чакырып үн салды. Эчтемени билелек катындар Толгонайдын сүт тээп чыккан эмчегин ээмп үлгүралбай жаткан бала менен Толгонайды көрүп, кыйсыпыр түшүп калышты. Ошо замат баланын атасы, Молдоыбырайымдар бала жаңы төрөлгөнсүп азан айтып аңгырап, аксарбашыл айтып мал союп, той кылып жиберишти. Кудай кудуретиңен дешип, жакаларын кармашып, бешик той жешкен эл Толгонайга чурулдашып бата берип, балалуу бол деп алкашкан. Айткандай эле ошондон кийин Толгонай чубуртуп төрөй баштаган болучу. Ошондон кийин Молдоыбырайымдын жаагы жап болуп, корондогон таягы да колунан түшүп, Толгонайга баш ийип калган. Бирок Толгонайдын оорулуу болгону чын чыгып, акыры унчукпай ооруп, унчукпай каза болду. Молдоыбы-

райым көз жашын элге көргөзбөй, курдашым деп буркурап ыйлап, үйдөн безип, жалгызсырады. Курдаш болуп калган зайыптын кадырын ошондо билип, тирүүсүндө сыйлап жүралбаганына өкүнүп, ошондо бармагын кан чыгара тиштеген… Эми мобу каражаак катынды алгандан бери зайыбына таяк эмес сөзү өтпөс болду. «Кайран гана Толгонайым, таалайыма бир келип кеткен экенсиң да! Сенден кийин арбагыңды сыйлап үйлөнбөй койсом деле болмок экен. Атаганат дечи! Анда күнөөсүз киши болбойт белем! Адам деген айбан турбайбы, бат эле катын тилетти. Көзүм кашайганда ылгап да көрбөй, жылмаңдап турса ала бериптирмин. Эми мабу кызым да ошентет. Эри өлгөн катынды күйөт, күйүт менен жүрүп билбей калат дейт бекер кеп, адам эмеспи, бат эле эрсирейт, туралбайт.О кудай кудуретиңен… күнөкөрбүз, шайтаныңдын азгырыгынан сакта!..»

Молдоыбырайым кудайга күнөкөр болуп, капкайдагыны ойлоп отурганда Солтонкул менен Салийма кирди. Булар адатынча күндөгү келер маалында, кечке жуук келишти. Булар келген сайын жалгыз отурган Молдоыбырайым сүйүнүп кетүүчү. Анткени каралуу отурган кызына айтылчу сөз айтылып, эми сүйлөшөр сөз түгөнүп калгансып, сөз таппай калучу.

Молдоке, Гитлер үч күндүк аза жарыялаптыр го,– деди Солтонкул кашка башынын сейрек чачтарын колу менен сылап, чечинип.

– Аза күткөндө кандай күтөт? Биздейби? – деди Молдоыбырайым, оңдонуп отуруп;

– Катындары кара кийинип, эркектери колуна кара байланат го.

– Биз деле ичибизден кан өтүп, үч күн эмес үч жуманын жүзү болду, каран түн түшүп отурбайбызбы. Кара кийсин, аза күтмөктөн күтсүн! Ылайым күнү каран болуп, темселеп калсын! Ушунча элдин зары Гитлериңди бир жерге апарар. Америка менен Англияңар экинчи майданын ача турганбы?

– Ким билет, азыр тынч эле турат, деди Солтонкул, Салийма менен Жамалкан кирип кеткен ички үйгө улам-улам тиктеп. Өздөрү ала келген арактан бир жүз грамм ичкиси келип турду.

– Үйгө качан жөнөйсүз, Молдоке?

– Кетсем болот эле. Оокатты да таштап койдум. Жамалканга эле каралап турам,– деди Молдоыбырайым, Солтонкулдун ушу сөздү баштаганына кубанып.

– Сиз жата бергенде эмне кылмак элеңиз? Болор иш болду, эми өзү да кызматына чыгыш керек. Оокатын кылыш керек. Өлгөндүн аркасынан кошо тоголонмок белек? – деди Солтонкул. Солтонкул ушу сөздү баштаганда ички үйдөн келиндер чыгып, тыңшап калышкан эле.

– Илгертен эле элдин айтып келатканы бир сөз: кайрат. Белди байлап кайрат кылсаң эле күйөөңдүн арбагын да сыйлап, балдарыңды да багып, өзүң да тыңып кетесиң, тирүүдөн биз барбыз, келип турарбыз, ушу күнгө таштабаган эми Жаманкул өлгөндө таштамак белек? Биздин да жумушубуз болот, бизде да көр оокат бала-чака бар, биз деле күндө келип туралбаспыз, мындан нары өз оокатыңды өзүң кылып, эл оозуна жаман катын, жаш бала дедиртпе, кандай дейсиң, Молдоке? – деди Солтонкул.

– Ап баракелде, калети жок сөз, – деди Молдоыбырайым, Солтонкулдун сөзүнө ыраазы болуп. – Ыйлай бергендин өзү кудайга наараазы болгондук.

Молдоыбырайымдын бардык үмүтүнүн баары балдарында болучу. Бул кээде акирет, кудайдан да күчтүүлүк кыла турган. Кыргыз үчүн балалуу болуп, балдарын көрүп, алардын колунан кыдырып чай ичүү ырыстын ырысы да, дөөлөттүн дөөлөтү. Молдоыбырайым мына ушул үмүт менен жашап, эми ушул үмүттүн даамын тата баштаганда согуш чыкты. Согуш чыкты да, желмогуздан беш бетер болуп, Молдоыбырайымдын балдарын, жакындарын бир четинен жалмай баштады. Молдоыбырайым канчалык акиретке ишенип, канчалык кудайга кулдук уруп, мунун баары кудайдын буйругунан дегени менен турмуштун чындыгы таптакыр башканы сүйлөп, ичин күйгүзүп туруп алды. Согуш да кудайдын жиберген бир алааматы дегенде кантип ошо кудайдын жиберген алааматы кызынын мобу кызыл эт болуп турган күнөөсүз периштедей наристе балдарына келип тийсин. Буларда эмне күнөө? Эгер кудайдын калыстыгы болсо ушу чычкандай

балдар боорун жерден көтөрө албай жатып чыркырап ыйлап калабы? Жаңыдан ырыс-таалай күтүп келатканда күйөөсү өлүп (өз ажалы менен эмес немистин огуна учуп өлүп!), кызы жесир калды. Турмуш жытын билелек гүлгүндөй болгон өз баласы окко учту. Дагы мындан нары ким өлүп, ким коёрун ким билсин! Кудайы калыстык деген кайда?

Молдоыбырайым мына буларды ойлогон сайын торго чалынган куштай кайтадан бекемирээк чалынып, өзүнөн-өзү кыйнала берчү. «Же бу дүнүйөдөн жок, же тиги дүнүйөдөн жок, ара жолдогу бир азаптуу турмуш менен өтөт экенбиз го!» деди да, үргүлөгөнсүп баратты.

– Э Молдоке! – деди Солтонкул.

– А... – деди Молдоыбырайым, үргүлөп бараткан неменин оозунан шилекейи агып.

– Уктап кеттиңиз беле?

– Э куш уйкум бар эмеспи.

– Молдокем, дени сак киши да. Башы жастыкка тийди уктайт. Биз болсо ары оонап, бери оонап жатып араң уктайбыз. Канчага келдиңиз, Молдоке? – деди Солтонкул, Жамалканга наркы үйгө барып арактын оозун ач деп, жаңдап. – Мария Петровна келгиче, – деди угуза.

Мария Петровна Жаманкулдун өлүмүн угузганда ыйлап бакырбаганы менен өтө оор көтөрдү. Адегенде эч кимге көрсөтпөй шолоктоп ыйлап алды да, андан кийин келим-кетимди күтүп, аягы менен тик турду. Тамак-аштан да калып, арыктап кетти. Жамалкан да кошуп ыйлай алган жок. Кошуп ыйласа ырдап отургансып, көп талыкшыбайт эле. Күндүр-түндүр күч менен чындап ыйлап, таптакыр алы кетип, үнү бүтүп, шыбырап калды.

– Солтонкул бул «Дайынсыз жоголду» деген немине? – деди Молдоыбырайым.

– Согуштабы?

– Согушта.

– Же колго түшүп кеткени билинбей, же өлүгү табылбай калса, иши кылып, өлүү-тирүүсү белгисиз кишиге айтат го,– деди Солтонкул, Молдоыбырайым эмнени сураганын түшүнбөй.

– И-и, бу андан бетер жаман экен. Же өлдү же тирүү дебей арсар кылып кыйнайт турбайбы. Баякы Сулаймандын Кыдырбек деген баласынан ошондой деген кабар келиптир. Мындан баргандан кийин ага барып коюш керек. Бу согушуң далайдын белин сындырат экен го! – деди да, Молдоыбырайым оор үшкүрүп алды:

– И-и, баякы , Берметтин Кыдырбегиби? – деди шыбырап, Салийма. Кыдырбектин кабарын Жамалкан чала моңол укса да, өзү менен өзү алек болуп жүрүп, таптакыр унутуп койгон болучу.

– Атаны байкуш айя! – деп, азыр эле укканспып, өз кайгысы бир көз ирмемге эсинен чыгып кетип, Жамалкан солк этип алды.

Ортого жымжырттык түштү.

– Боору бүтүн киши калбайт окшоп калды...– деди Молдоыбырайым жерден көзүн албай, бөкчөйүп отуруп алып. – Балам, жана Солтонкул жакшы сөз айтты. Сөздү угуп тим болбой, анын, аркы-беркисин байкаш керек. Сенин өз акылың өзүңдө. Бала-чакаң бар. Солтонкул деле күндө келип туралбас. Булардын үй тиричилиги бар. Ыракмат, булар жолдоштуктун борчун өтөштү. Жамандык менен жакшылыкты кайдан деп болбойт. Кагылып-согулуш керек. Качанга эле оозуңа бирөө аш салып берип отурат? Мен болсо айда, жылда бир келем. Капа боло бербей оокатыңды кыл. Өлгөндүн өз шору, тирүүгө оокат керек. Кайрат кыл, кайрат... Мен эртең кетейин, – деди атасы.

* * *

«Мына эми...– дейт өз ичинен улутунуп Жамалкан, – мына эми... эртең атам да кетет. Шамал бузуп уясынан үшүп калган балапанча чыйпылдап жалгыз калам. Жаманкул кайтпайт. Көкүрөгүм менен жер сойлоп калган жеримден эч ким мени өйдө көтөрүп, тургузуп албайт. Эми мен жалгызмын. Бук болсом эч кимге ичимдин бугун айталбайм. Айтсам да баарын айталбайм. Кантип айтмак элем? Бу жерде сыр жашырбай сүйлөшө турган жалгыз гана күйөөң, күйөөң болгондо да жолдош, курдаш болуп калган күйөөң турбайбы! Андай сыр жашырбас жолдошумдан айрылдым, айрылдым, айрылдым...

Бороон согуп, бутагынан кайрылган,
Жаш дарактай сүйгөнүнөн айрылган…

Бул кимдин ыры эле? Качан, кайдан уктум?

И-и, Пушкиндики, театрдан уккамын. Кече эле жакында Жоомарт Бөкөнбаевдин «Забойщигин» ырдап, эки колумду паровоз кылып чуркап жүргөн секелек кыз элем, эми келип жесир деген атка конуп, маминтип бетимди тырмап ыйлап отурам… Мындай болом деп ойлодум беле? үч уктасам түшүмө кирген эмес! Ушу күнгө чейин (эки балалуу болгуча!) бала эле бойдон жүргөн экемин. Бала болгондо да эси жок эселек бойдон жүрүптүрмүн. Мындан кийинчи? Эс тартып кетеримди кудай билет. «Башка түшсө, байтал жорго болот» дешет. Мына менин башыма иш түштү. Түшкөндө да кандай! Балкан тоодой болгон немеси – өлүм түштү… Өлүм, өлүм, өлүм түштү… Мен өзүмдү элден башкача, өлбөчүдөй, жакындарымды да өлбөчүдөй көрчү элем. О эси жок, өлүмгө да баш ийгиси келбеген балалык!

«Балам, балалуу болгондо билерсиң» дешчү эле. Ал эмнеси экен? дечү элем. Мен эми балдарымды багып, тиричилик кылышым керек турбайбы! Мугалим боло туруп ушул жүйөнү билбептирмин, билмек турсун ойлонбоптурмун. Демек мен чийки, бышып жетелек көк бойдон экемин. Жаманкул келет, мен баякыдай шарактап жүрө берем дептирмин. А көрсө бу жакта өлүм башыма кылыч кармап турган турбайбы. Байкуш баё жаным…

Эртең менен Молдоыбырайым кетем деп камынып жатканда Мария Петровна Жамалкандын үстүнө кирди.

– Тур, балам, – деди Мария Петровна, жумшак, эненин эркелеткен тили менен, – тур оокатыбызды кылалы. Эми бирөө келип бизге оокат кылып бербейт, Женя болсо экинчи кайрылып келбейт. Кудайдын көмөгү менен элден кем оокат кылбаспыз. Корунба да, коркпогун. Тур, турагой, байкуш балапаным, – деп, аягында болбой, жашып кетти, Жамалкан төшөгүнөн ыргып туруп, халатын жамынып, Мария Петровнага ичи эзилип, ыраазы болду да, кучактап:

– Ыракмат, Мария Петровна, бир боорум, моя родная!..– деди өзү да жашып.

Бир нече күндөн кийин Жамалкан кызматына киришти. Өкмөт балдарына жакшы пенсия чыгарып берди. Баякысындай эле келим-кетимдүү болуп, ырсалактап күлбөсө да кээде ый аралаш күлүп, мурункусунан муңайым тартып, токтолгонсуп калды.

Кыргызда «Өлгөндүн өз шору» деп, бетке айткан өтө катуу сөз бар. Чынында да өлгөндүн өз шору. Тирүү киши ыйлаганынча ыйлап, күйгөнүнчө күйүп, кээде эл көзүнө өөн көрүнбөсүн деп, элдин көзүнчө ыйлап, күйүмүш болуп, тим болот. Турмуштун бул жагы болбосо адам баласы өмүр бою өксүп өтөр эле. Кээ бирөөлөр ошондой да болот, бирок андай кишилердин боору да, жаратылышы да башкача көрүндү.

## XVIII

Кыдырбектин кабарын угуп, Бермет эстен танды. Канча мезгил кроватта сулк жатканын билбей, сендиректеп, башы ооруп, ордунан турду да, көзүнө эчтеме көрүнбөй, жер көчүп, ары-бери басып жүрдү. Бул иш атасынын үйүндө болду. Энеси менен жеңеси кыздын сырын ошондо гана бир билишти. Заматтын ичинде купкуу болуп, өңүнөн аза түшкөн Бермет, энесинин кокуйлаган сөзүн уккусу келбей, ээн бөлмөгө кирип кетти да, күндөлүк дептеринин бетин ачып, дептердин ак бетин көпкө тиктеп отуруп, анан колу калтырап, акырын жаза баштады.

«Шордуу» деген сөз өз маанисине толук ээ. Шордуу Бермет! Сен өзүңдүн шордуу экениңди билбей койдуң беле? Билгенсиң. Билгенде да алда качан сезип жүргөнсүң. Аны ойлогон сайын жүрөгүң зыркырап, коркчу элең, Мына ошол коркконуң келди... Кана, айтчы, эми эмне кыларыңды билбей кыйналып турасыңбы, куурагыр! Көрчү, көрчү, Кыдырбектин элеси андан бетер жакындап, ашыктык айланып, энеңден башканы көрбөгөн койнуңда толуп турбады беле. Мындай учурда кыз бала эмне айталмак эле? Бүткөн бою балкып, көзү эчтемени көрбөй моймолжуп, акырын ыргалып тура бербейби? Шордуу Бермет! Сага айтар жалгыз сөзүм: эми ыйлай көрбөгүн. Көз жашың Кыдырбегиңдин элесин жууп кетип, бара-бара Кыдырбегиңдин элеси

өчүп калбасын, үшкүр күйүтүңдүн илеби жалын сыяктуу болуп, эриндериңди күйгүзүп турсун. Күйүтүң туюк жарадай болуп, дүмпүйүп тура берсин. Туюк жара жарылчу болсо айыгып кетет. Мына ошондон сак бол. Жаралуу кийик бол да, жүрө бер... Элладанын легендасы эсиңдеби? Элладанын Сафо деген акын кызы бирөөгө ашык болуп, ашыктыктын күйүтүнөн аскадан учуп өлгөн. Анткени Сафо башканы сүйө алган эмес, анысын билген соң сүйбөс жанга көңүлүн кор кылбас үчүн таптаза бойдон кеткиси келип, учуп өлдү. Бул иш аялдардан чыккан аялдын сырттаны Сафолордун гана колунан келет. Кыдырбектин жоголгону чын болсо сен, ошенте аласыңбы? Ушу жерде жигиттердин бир ырын эсиңе салып коёюн.

Пишпектен төмөн Мерки бар,
Бир өзүңө биз кумар.
Билгизбей сүйүп ичинен,
Бир күнү өлүп жан тынар...

Көрчү, чын ашык сүйгөнүнө жетпей калса, тирүүлүктөн өлүмдү артык көрөт экен. Андай марттык сенин колуңан келеби? Энеден жалгыз туулган Шордуу Бермет! Сен Сафо болбосоң да Берметсиң. Бермет таштын асылы болот...

Сен өз жериңдеги «кыз-күйөө» деген уламышты билесиң го. Ысык-Көлдү көздөй бараткanda капчыгайдын ичинде «Кыз-күйөө» деген жер бар. «Кыз-күйөөнүн» эмне экенин сураган кишиге, калп айтпасам элдин баласынан өйдө айтып берет го дейм. Мына ошо «Кыз-күйөө» деген жерге келип, капчыгайдын эки бетин карап турсаң баш жагы чөптүү, аяк жагы кара шагыл тоону көрөсүң. Дал ошол эки тоонун боору ылдый көз жаштай болуп сызылып аккан жылжыма эки суу (булак) бар. Эки булак бир-бирине колун созгонсуп ылдый агып келет да, күрпүлдөп капчыгайды жарып аккан Чүй суусуна куят. Экөөнүн сууга агып кошулган жеринде бир түп арча менен бир түп кырчын тал бар. Экөө бир-бирине ийилип келип, кучакташып калгансып турат. Эл оозунда калган сөзгө, караганда илгери бир кыз менен бир жигит бир бирине ашык болуп, бирок ал кездеги турмуш шарты боюнча экөөнө жетишүүгө болбойт. Мына буга экөөнүн көзү анык жеткенден кийин экөө туруп бир

күнү качат. Суук тилдүүлөр менен колу суук кишилер тим турабы, чийинден чыгып, ата салтын бузган бузукулар деп, кыз менен жигитти кууп жөнөшөт. Кууганчулар качкындарды так ошо тоонун башынан кармап, биринчи жигитти өлтүрүп, андан кийин таптакыр, көгөрүп сөзгө келбей койгон кызды тоонун маңдайкы бетине апарып өлтүргөн дешет. Өлгөн эки жаштын каны ошо замат булак болуп агып, Чүй суусуна келип, бири арча, бири кырчын тал болуп, айкалышып кошулган имиш. Бул болгон ишпи, жокпу, ким билсин. Же элдин кыялыбы? Эгер бул болбогон иш болуп, кишинин гана ойлогон кыялы боло турган болсо, анда андан бетер сонун. Анын сонундугу ошо болсо да, болбосо да тоодон аккан мөлтүрөгөн таза булакты (жаратылышты) тирилтип, экөөнө кошулалбай армандa кеткен кыз менен жигиттин кебетесин берди. Муну булак эмес кыз менен жигиттин мыкачылар төккөн каны дешти. Эл ушул тоодогу эки булакты ардактап, аны «Кыз-күйөө» деп аташты. Демек жаштын тилегин, сүйүүсүн, эл илгертеден эле өтө жогору баалаган. Сени Кыдырбектен андай наадандар ажыраткан жок, бири эң мыкачы, элиңди чаап алып кул кылам деген райымсыз душман, согуш ажыратты. Сен илгеркичилеп өзүңдү өлүмгө асан кайгы менен кыйчуу болсоң душманга гана күлкү болосуң. Куураган Бермет, сага айта турган бир сөз: Кыдырбекти чын сүйө турган болсоң өз жаныңа кыянат кылып, өзүңө өзүң кол салба. Сен сабырдуу бол. «Сабырдын түбү сары алтын» дейт эмеспи эл. Бул эсиңде болсун. Майданга ачык чыгып салгылашып жаткан душман эмес, сенин мабу жердеги душмандарың күлөт. Кыдырбек ыйык көрүп жүргөн сени Сарыгул катын кылып аламын деди. Сен өзүңдү андай наадандын азгырганынан коргоп калдың. Малдын спиртин ичип эсирип, көзүнө эчтеме көрүнбөй жүргөн немени сопсоо кылып, көзүн бир чайыттай ачырдың. Бу жагынан азаматтык кылдың. Көрдүңбү, кандай кишилер бар! Сарыгул сенден каккы жегенден кийин уялып тим болбой (уят деген жакшы кишиде болот), сага душман болуп алды (бул жаман кишинин каалары). Болгондо да кандай! Сенин таалайсыз болушуңду каалап, Кыдырбектин өлүмүн да тилесе керек. Муну мен укпасамда негедир жүрөгүм сезет. Сабийра, Сарыгул экөөнүн жүргөнүн бая күнү көрдүм. Сабийранын бети кызарып,

тултуюп кетти, жеке Сабийра эмес, Сарыгул да оңурайып тиктеп тултук бети андан бетер тултуюп кетти. Мөөрөй алгансып, теле болбойт. Эмесе сен чыйрал. Сен үмүт менен тилекти кыска кармап кыйып салба. Кыдырбегиң, балким, тирүүдүр, ооба, тирүү, тирүү... Каргашага кабылып алып чыгалбай жаткандыр. Князь Андрейди да өлдү деп кабар келип, жарадар болгон князь акыры Наташасынын колунда жатып жан бербеди беле? О, шордуу Бермет! Жок, сен шордуу эмессиң. Шордуу деп өз жанынын тынчына карап, күйөөгө тийген Сабийраңы айткын. Анык шордуу ошо. Сенчи, сен? Сенин көкүрөгүңө сүйүүнүн көлү пайда болду. Ал көл соолбойт качан болсо сени акырын чарпалтып, термейт да турат. Баса, сен таалайлуусуң. Сүйүүнүн кубанычы, кайгысынан артык таалай болобу! Чындыктын бетине тик карап, аны менен күндүр-түндүр сырдашасың. Калптын торуна чалынып кылмыш жолуна кирип, кылмыш кыйноосун тартпайсың. Өлсөң да: «Аттиң деп арман кылбай, жеталбаган сүйүүнүн таттуу жыргалына батып, аксүйүүнүн толкуну чайпап, туптунук, таптаза бойдон өлөсүң. Ошентип өлөсүң. Жок, Бермет, сен шордуу кыз эмессиң, жок... жок... Жүрөктү зыркыраткан жазууну токтот, Ордуңан тур, турмуштун сүрдүү өңүнө тик карап, Кыдырбегиңдин элесин бек кучактап, үмүттү кайтадан чакырып, кайтадан аны менен жакын бол. Энең болсо алаканын шак коюп, тетиги үйдө: «Шордуу кызым!» деп, кокуйлап отурат. Сен энеңдин көзүнө да, жеңеңдин көзүнө да, эч бирөөнүн көзүнө шордуу болуп көрүнбө. Азыр эле сүйлөшпөдүк беле, сен шордуу эмессиң...»

Акырын эшик ачылып, жеңеси Айдайкан кирди.

– Э кыз, сага эмне болду, тиги үйдө апаң боздоп ыйлап отурат. Анан калса жок эле болуп кетесиң да! Тарс деп чалкаңан жыгылып... Ошончолук эле эмне болуп кетти?

Жеңеси менен өзүнүн ортосундагы айырмага Бермет таң калды. «Бу деле аял, агасынын зайыбы. Тургамбай өлдү деген кабар келсе, өзү эмне болор эле?» Жок дегенде жеңеси түшүнсө болбойбу. Апасы го апа. Апасынын көзүнчө эстен танып жыгылганы уятыраак болду. Бермет эмне, атайы жыгылыптырбы? Бул жыгылыш Берметтин ыктыярында беле? «А шордуу, эчтеме билбейт турбайбы!»

Бермет мына ушуларды ойлоп ордунан туруп, жеңесине бир карап алды да, маңыроо немеге эмне айтарын билбей:

– Жеңе, мен эчтеме болгонум жок,– деди.

– Кантип эчтеме болгонуң жок? Кыдырбек дегенде эле,өңүң бузулуп, көтөрүп чапкандай жерге тарс деп жыгылып, эсиң ооп калбадыбы? Бетиңе суу чачып жатып, араң эсалдырдык, – деди мурдун шор тартып.

– Барчы, жеңе, мурдуңду таштап келип, анан сүйлөшөлүчү! – деди Бермет, жеңесине жини келип.

– И-и кыз болбой жерге кир, менин мурдум менен эмне жумушуң бар экен? – деди Айдайкан Берметтен бу сөздү тамаша ортосунда далай укса да, бу сапар ардана кетип, таарынып.

– Анан менин жыгылганым менен сенин эмне жумушуң бар?

– Сен деген ким, билесиңби? Сен дегенди атасынын төрүндө отурган кыз дейт. Анан эрин угузган катынга окшоп чалкасынан кетчү белең? Уят-сыйың кайда экен? Же Кыдырбек менен киндик туташ болуп калдың беле? И, бетим! – деп, Айдайкан бетин чымчып, үзүп калды.

Бермет жеңесин тиктеп, ыктыярсыз катуу сөздөрдү айтып жибере жаздап, өзүн араң кармады. «А байкуш! – деди ичинен, баса менин арманымды бул байкуш кайдан билмек эле.

– Жеңе дейм, – деди Бермет акырын, Айдайканга ачуулануштун пайдасыз экенин түшүнүп. – Жеңе дейм, мени өз жайыма койгулачы, ыкы-чыкыңы уккум келбей турат. Балким атасынын төрүндө отурган кыздын да билгени бардыр... Менин жараатыма тийбегилечи...

– Жараң ошо Кыдырбек жиндиби? Тапкан экенсиң адамдын асылын! Ошого ыйлаган кайран көзүм. Андай эле эрсиреп баратсаң дагы бир Кыдырбек тургандыр... жиндиси болбосо соосу...

– Жеңе дейм, бас жаагыңды... – деди Бермет бакырып, ыйлап жибере жаздап. – Бас жаагыңды...

– Баспайм-этпейм!

Маңыроо деген кээ бирөөлөр, ушинтип каргаша болуп турган учурда өз билгенин бербей, чечен сымал тартып, эрегишип кетет.

Айдайкандын бакылдаганын угуп турган Канышайын кызынын кийинки зыркырап чыккан үнүн угуп, жаны ачып, кызына түталбай, булардын үстүнө өзү кирди.

– Айдайкан, балам, атаң келип калабы, тиги үйгө казан асчы, күн да кечкирип кетти… Балдар да үшүп болгондур, мен барып айдап келейин,– деди, Канышайымдын бул сөзүнөн кийин баятадан бери бул үйдө чын эле киши ыйлап, киши танчу эчтеме болбогонсуп, эрегишип жаткандар көшүлүп, ортого муңайымдык түштү.

Айдайкандын оозу жап болуп, эшикти тарс жаап, чыгып кетти. Кызы экөө калган Канышайым, кызынын ичинде купуя сакталып жүргөн не сыр бар экенин түшүнүп, эмне айтарын да, эмне кыларын да билбей, муңайым турган кызынын саамай чачтарын сылап, ээги, эриндери калтырап, көз жашын араң токтотуп турду.

– Кагылайын, жаш өмүрүңдү ушундай кайгыга салмак белең? Кагылайыным, капаланба, сабыр кыл… Айдын он беши караңгы, он беши жарык, кагылайын… Үмүттөн ажырабай жүрө бер, тилегиң ордунан чыгар… – деди акырын, муңайыңкы.

Энесинин оозунан жайбаракат, муңайыңкы чыккан бу сөз Берметтин жанына жумшак, муңайым тийип, акырын сылап, акырын эркелетип, акырын сооротуп турду. Бермет апам менен да айтышып каламбы деди эле, кудай жалгап, эстүү энеси кызын түшүнүп, кызына ушундай оор учурда айта турган орундуу сөздү тапты. Бермет энесин кучактап, чачынан жыттап, энеси да кызын кучактап, көзүнүн жашын мөлтүлдөтүп төгүп, экөө ажырашалбай турду.

– Апа, – деди Бермет, акырын, шыбыраган катары. – Апа… мен силердин жалгызыңармын, мени ыйлатпагыла, мен өзүмө ыйлабайм деп убада бердим, жанакы жеңеме айтып кой. Жанымды жай алдырган сенин гана сөзүң болду, апа…– деди да апасына муңайыңкы жылмайып тиктеп турду. – Эч ким билбесин, апа атам да эч ким… Жанакы жеңемдин оозун бас. Оозу бош неме бежиреп жүрбөсүн, макулбу, апа?

– Макул, кагылайын, макул,– деди энеси, көз жашын сүртүп.

Кыргызда (бу жеке кыргызда эле эмес) эненин эң жакшысы кызы менен сырдаш болот. Сырдаш энеси бар кыз да сырын

энесинен жашырбай, энесинен акыл, кеңеш алып, армансыз болот. Бирок Бермет өз сырын мурун айталмак эмес аны айтууга да мүмкүн эмес эле. Мына эми, мынабу суук кабардан кийин энеси экөө сырдаш болуп алды да, курдаш катары сүйлөшчү болду. Бул кызынын да, энесинин да чоң бактысы эле.

* * *

Кыдырбектин суук кабары келгенден кийин Чотурдукуна Тургамбайдан кат келди. Тургамбай өзүнүн катында өзүнүн согушта аман-эсенин айтып, Кыдырбектен үйүнө кат келет бекен, мен кат жазып, жооп алалбай койдум дегени болучу. Мына бу катты алар замат Айдайкан күйөөсүнө кат жазып, сүйүнчүлөгөнсүп баарын айтты. А түгүл Берметтин Кыдырбек менен болгон байланышын да кошо айтып, Берметтин талып жыгылганын төкпөйчачпай толук жазды. Ичине эчтеме сактай албаган Айдайкан чын эле кат аркылуу бежиреп салды...

Кыдырбектин кабарын тоодо жылкыда жүргөн Чотур уккан эмес. Үйүнө келер замат кызынын өңү азганына дагы ооруп жүрөбү деп, капаланып, кызын Фрунзеге жөнөтүп койду да, өзү Сулаймандыкына кетти. Сулаймандыкы ошо кезде түлөө берип жаткан кези эле, Молдоыбырайымдын күйөө баласы Жаманкулдун каза болгонун да ушу жерден укту. Чытырап курсагы чыгып алган Сарыгул да ушу жерде Кыдырбектин түлөөсүн спирт аралаштырып жеп жүрүптүр. Сарыгулдун Берметке кеп салып жүргөнүн чала-була Молдоыбырайымдан угуп калган Чотур, Сарыгул менен амандашкан жок (Берметке калп айтып барганын уккан да). Уялбай келип Сарыгул салам айтканда Чотур араң эле оозун кыбыратымыш болду. Чотур болсо Кыдырбек менен Берметтин ортосундагы байланыштан таптакыр кабарсыз болучу. Чотурду көргөндө Сулайман да, Уулкелди да, Шааркан да кыйкырыкты салып жиберишти. Анткени Молдоыбырайым буларга келиниңер бар окшойт, болгондо да Чотурдун кызы Бермет окшойт деп, ачыгын айтпай, бирок түшүнө турган кылып айтып койгон.

– Ай, ай ай... жаман жорук баштабагыла, кудай буюрса келип калар... – деди эчтеке менен иши жок Чотур, капыстан чыккан чуудан шаштысы кетип.

– Э жакын кишини көргөндө киши эреркеп кетет турбайбы! Койгула, байбичелер, – деп, Сулайман эсине келе түшүп, байбичелерин тыйып калды. Сулаймандын байбичелери да Чотурдун эчтеме угалегин эстей калып, уяла түшүп, тым-тым боло калышты. Кудалардын сыры ачылып калышына аз эле калган болучу.

## XIX

Качике поездге түшкөндө чоң баштык көтөргөн эки боз бала кошо түшүп, бир вагондо болуп калышты. Поезд жай граждан жүргүнчүлөрдүн поезди болгондуктан эл көп. Качике буюм салган баштыгын аркасынан чечип, полкага коюп, анын үстүнө госпитал берген эски шинелин чечип туруп, жаап койду. Госпитал берген таза жакалуу, бир эки жуулган, бирок жакшы үтүктөлгөн эскирээк гимнастеркасынын сол жак төшүндө жеңил жарадар болгондун белгиси– кызыл кыйыгы бар эле. Качикенин белгиси көрө замат жанакы эки жаш бала Качикени аңырайып тиктеп калышты. Бул экөө Качикеден ыйба кылып, көптү көрүп, согушта болуп келген солдат экен го деп, Качикени сыйлап, Качикеге кызыгып турушту. Бул экөө таңыркап тиктеп, бирок батынып сүйлөшалбай турганын Качике көздүн кыйыгы менен байкап, сөздү өзү баштады.

– Кайда баратасыңар, балдар? – Экөөнүн тең кийгени айылда жумушка кийчү эски кийим эле.

Экөө тең Качикенин өзү бараткан согуш окуу жайына бараткaнын айтты.

– Мен да ошого, баратам, – деди Качике, жылмайып күлүп, эки балага кол берип.

Экөө тең башынан тумагын ала коюп, айылдагы ыймандуу балдарча ордунан тура калып, Качикенин колун алышты.

Бул экөөнүн бири чап жаак, арык чырай, сөзмөр шакылдаган ачык бала эле, аны топураган көп кыз «Ваня» деп чуулда-

шып узатып калышкан. Бири москоолунан келген, мурун кебетеси барбайыңкы, аз сүйлөп, сүйлөсө колдурап сүйлөгөн, олдоксонунан келген бала эле, аны жалгыз абышка-кемпир узатып чыкты. Мунун баарын байкап калган. Качике: – Сенин атың Ваня, сенин атың Сенябы? – деди.

– Ооба, а сиз кайдан билесиз? – деди Ваня, Семён аңкоо немече аңырайып, Качикени тиктеп калды.

– Сенин атыңды алмак-салмак айтып кыздар кыйкырып жатышты. Муну болсо кемпир энеси «Сеня… Сеня!» деп, мойнунан кучактап, ыйлап узатты, – деди Качике. Чын эле Сенянын энеси баласын кучактап өөп, көзүнүн жашын көргөзгүсү келбей бурулуп кетип, акырын төккөн эненин көзжашы менен ыйлап турган.

– Булар бир эле мени узатып отурган жери жок, эки уулун мурун узаткан, эми үйдө экөө калды, – деди Семён.

– Экөө болгондо кичи бир туугандарыңбы? – деди Качике түшүнбөй.

– Жок, атам менен энем, – деди Семён.

– А!.. – деди да, Качике Семёнду тиктеп туруп калды.

«О-о – деди ичинен Качике. – Укмуш, укмуш!.. Үч бир тууган бирөө калбай согушка кетип баратат. Булардын кимиси келип, кимиси келбейт? Теги булардын бирли-жарымы келер бекен, жок бекен? Же үчөө тең кыйыр ургандай жок болушабы? Анда картайган ал энеси эмне болот? Кыйын, кыйын, кыйын… Согушка үчүнчү баласын жөнөтүп жатып энеси гана акырын ыйлап тим болду. Атасы баласына кайрат көргөзгүсү келдиби, каткан муздай болуп, солк эткен жок… Мындай бек кишилер жалгыз жүргөндө кайгырып, жалгыз жүрүп ыйлачу эле…»

Качике мына ушундай ойлоп, көпкө унчукпай калгансып отуруп алды. Балдар да батынып бирдеме айталбай, капыстан ойлонуп кеткен Качикени карап, тымтырс болуп калышты.

– Э аба согуштун жайынан кеп салып берсеңиз, – деди Ваня, унчукпай отуралбаган неме.

– Сен согушту ойлоп турасыңбы же бу жерде калган кыздарыңды ойлоп турасыңбы? – деди Качике, кичине жанданып, тамашага өтүп.

– Согушту ыктыярсыз ойлойсуң, кыздарга не жетсин! – деди Ваня, каткырып күлүп Сёмен борбоюп гана күлүмсүрөп койду. Качике да күлдү. Ванянын жообу жаккан эле.

– Кыз жандуу көрүнөсүң?.. – деди Качике күлүп.

– Кыз жандуумун, аба. Кыздар менен тамаша кылып ойноп, күлүп, кубалашып жүргөндү жакшы көрөм. Мабу болсо, – деди Ваня Семёнду көрсөтүп, – кызды ээнирээк жерде көрсө эле аюуча качырып кирет. Ошондуктан муну көргөндө кыздар дүрбөп, кырк чакырым оолак качат. Анык аюунун өзү! – деди Ваня; Семен борсулдап күлүп калды. Ванянын бу сөзүнө отурган жай кишилер да каткырып күлүп калышты. Тегеректегилер буга карап күлүп жатканын көрө коюп, Семен жанакы борсулдап күлгөн өзү эмес кишиче ормоюп, тим боло калды. Ал ормойгон сайын тегеректегилер андан бетер күлүштү.

– Сен, иничегим, согушту ойлосоң да, ойлобосоң да согушка жетпей калышың мүмкүн. Анткени согуштагы ийгилик ушу бойдон кетсе, сени кадровой офицер кылып, эки жыл окутат. Ага чейин согуш аяктайт да, сен барбай каласың, – деди Качике.

– Кантип? Биз согушка кирбей калабызбы? – деди Ваня, согушка катышпай каламбы деп, чындап чочуп.

– Катышпасаң болбойбу? – деди Качике, Ваняга таң калып.

– Болбойт, кыздардын бетин кантип карайм? Тылда жүрүп семирип кайта келген неме! деп, жанына жолотпой койбойбу? Жок, болбойт! – деди Ваня, кызууланып.

– А сенчи? – деди Качике, Семенго карап.

– Билбейм,– деди Семен, ийнин күйшөп. – Бар десе бармай, кет десе кайтмай.

– Бул эмне, аюу да! Аюуга согуштун эмне кереги бар?Токоюн сагынып турбайбы. Чээнге кирип, таманын соруп, со-о-руп жаткан неме да! Мунун кыз менен да иши жок, капыстан бир байкуш кыз кабылып калса шап кармайт да бүктөп салып басып кете берет. Мен антелбайм! – деди Ваня элдин баарын күлдүрүп.

«Мына үстүнө»ээр салдыралек азоо жаш чак! – деди Качике. – Согушка барып өлөрүн ойлобой, согушка барбай калып,

кыздардын бетин кантип карайм деп, намысын ойлоп жүрөт. Тигинин аюусу аюу. Бирок мындай аюуга немец кабылчу болсо оң таппайт. Мындай аюулар мактангaнга манчыркап, мактанып кетпейт да, тилдегенге арданып кетип, каны кызуулук кылбайт. Бирок бул өңдүү ак көңүл аюулардын ачуусу бир келчү болсо баарын талкалайт. О, немецтер! Ок тиелек орус аюунун терисин бөлүп жатышты эле, териси эмес орус аюунун тепсендисинде калып жатат. «Россия кулады, дүйнөлүк коммунизм урады» деп, кыйкырып, боз кесир кылып жатып, Гитлердин өзү кыйрамак болду...»

Эх Ваня, Ваня – деди Качике, өзү Ваня кыялдуу болбой, эзилип турган бош, санаачылдыгына кайгырып. – Бирөөңөр кыз жандуу, бирөөңөр аюу, бирок экөөңөр тең жакшы балдар экенсиңер, мына маселен, мен да силердей жаш болуп калсам, балким, мен да кыз, эрдик, намыс алгандан башканы ойлобойт белем? Силерге көзүм күйүп турат, – деп, Качике ичиндеги чын арманын айтты. Ваня отуралбай тыбырчылап кетти да:

– Мабу аюуну билбейм, баятадан бери менин көзүм сизге күйүп келатат. Менин төшүңүздөгүдөй белгим болсо короздой койкоюп, бүткүл Оролдун кыздарын ээрчитип алат элем! – деди, эл менен кошо күлүп.

– Согушта жүргөндө мойнуң үзүлүп кетсе, кыздарың кантет? – деди аюу, корулдаган үн менен.

– Сүйлөп турганын кара! Менин мойнум үзүлүп кетсе кыздар ыйлайт, ыйлаганда да кандай! Кошуп ыйлайт, ырдап ыйлайт. Сага окшогон аюуга ким ыйламак эле? Көп болсо энең бир аз пышаңдап ыйлаар. Күйүтүнөн атаң самогон ичер. Мага болсо кыздын көз жашы төгүлүп, кара жердин түбүндө жатсам да кыздын үнүн угуп жатамын.Өлгөндө кыздар кошуп ыйлаган боз балада арман болобу! О-о, чээндеги аюу десе! Сен мындай жыргалды билмек белең? Ваня Семендун тумагын көзүнө кийгизип, жондон нары бир муштады. Качике боорун тырмап күлдү.

– Сен ошо кара жердин түбүндө жатканда кыздар сага ыйлабай эле мени кошуп ыйлап, кайран гана ойрон Аюу-уум! деп жатса кантер элең? Ошондо мүрзөңөн жылаңач чуркап чыгып

жүрбө? – деди Семен, капыстан шылдыңга шылдың менен жооп берип, борсулдап күлүп.

Качике баштап угуп тургандар ичин тырмап күлүп калышты.

Ваня жыгылган кишиче кызаңдап күлүп, айтар сөзүн таппай калды.

– Сойду, сойду!.

– Болду, болду, аюу, сөз сеники, жеңдиң сыртынан мага окшогонду жакшы көрүмүш болуп, ичинен сага окшогон унчукпас аюуларды жакшы көргөн да кыздар болот. Сен туура айтасың, аюу ошондо да сага окшоп тултуюп жүргүчө шартылдап шайыр эле жүргөнүм жакшы, – деди Ваня, капыстан баарын мойнуна алып.

Жаш болуп туруп Ванянын, жүйөлүү сөз айтканына, теги жаш балдардын акылына Качике таң калып, бир жагынан, ушу балдардай болсомчу деп, балдарга кызыгып, анан акырын:

– Силер менин төшүмдөгү кызыл кыйыкка кызыкпай коё тургула. Согуш баарыбызга жетет, балким бирге жүрүп согушуп каларбыз, кызыл кыйыкка жетпей туруп эле орден да тагынып каларсыңар, кудай буюрса жеңиштүү келип, кыздардын алдында корооздонуп турасыңар, жеңиш да, кыздар да силердики болот! – деди Качике, элириңки шыгын салып сүйлөп. – Келечек силердики!..

Балдар, тымтырс болуп, Качикенин сөзүн угуп турушту. Качике сүйлөп бүтүп, толкуп турган боюн токтото албай, нары-бери басты.

– Уктуңбу аюу, тетигиндей кызыл кыйык тагынмак мындай турсун орден тагынат экенбиз, сага окшогон аюу ордендин да кадырын билбей, көз айнек тагынам деген маймылдай болор бекен! – деди Ваня.

– А сен эмне, чекеңе кадап аласыңбы? – деди аюу, ормоюп күлүмсүрөп.

– Мен жакшы көргөн кызыма жалтыратып тагып коюп, колтуктап басам, – деди Ваня.

Качике балдарга аз болсо да согушта көргөн-билгенин кобурап сүйлөп берип, балдардын тамашалашкан күлкү-шылдыңы менен жүрөгүн жаралаган зайыбынын сөздөрүн да, өзүнүн бузулган турмушун да унутуп, балдар менен бала болуп, согуш окуу жайына жыргап күлүп келди.

Согуш окуу жайына келип карантинден өткөндөн кийин Качикени кенже командирлер даярдоочу взводго жиберди. Буга себепчи болгон киши да капыстан чыкты. Лейтенант Яшиндин ротасы курсанттарды тизип, кенже командирлер даярдоочу взводго киши тандап жатканда батальондун комиссары келди. Комиссар узун бойлуу, арык чырай, узун жаак, кырктардан ашып калган сөлдөйүңкү, капитан наамындагы киши эле. Комиссар катары менен таанышып келди да, Качикеге жетти.

– Кайсы жердик болосуз? – деди комиссар, Качикенин төшүндөгү кызыл кыйыгына, анын өңүнө тигиле тиктеп.

Качикенин Кыргызстандан экенин угуп, капитан башкача боло түштү.

– Мага жердеш болот турбайсызбы. Мен көп жыл Кыргызстанда болгомун, басмачылар менен кармашкамын, менин фамилиям Ковалеров, – деди капитан, күлүмсүрөп солдатка уставдан тышкары колун берип. Качике агасын көргөндөй кубанып, капитандын колун бек кысты.

– Кайсы фронтто болдуңуз?

– Калинин фронтунда, – деди Качике, кайсы фронт экенин жакшы билалбай.

– Борбордук фронт турбайбы, Коневдин армиясында болгон экенсиңер. Кайсы дивизия?

– Тогузунчу.

– Генерал Белобородовдун гвардия дивизиясы турбайбы. Ал азыр корпустун командири болуп кетти, – деди капитан, Качике билбеген кабарларды айтып.

Мына бул учурашуудан кийин Качике жанакы взводго кетти. Взводдун командири жыйырма экиге араң чыккан кыргыздын толук кызындай болгон кызыл жүздүү жаш лейтенант Кузнецов болучу.

* * *

Кузнецовдун взводуна келери менен Качике госпиталга, Люся менен Сашага кат жазган. Булардан көп күттүрбөй кат келди.

Булардын каты менен зайыбынын госпиталга жазган эки каты кошо келди. Зайыбынын катынан жүрөк заада болгон Качике жамандыктан баштайынчы деп, эң мурун зайыбынын катынан баштады. Бирде мупмуздак, бирде ыпысык, бирде кош көңүл, бирде күйүмдүү бул эки кат аягында келип: «Бая күнү Апсамат жолугуп, сага кат жаздым деген. Эмне деп жазыптыр? Өлүп кетсең баланча мындай деп кат жазыптыр деп айтпайсыңго! Апсаматтын жазганын жашырбай айткын, же каттарын мага жиберип тур. Мен сага Апсаматтын кат жазып жүргөнүн билген эмесмин. Кайдан сага кат жазмак эле дечү элем. А көрсө экөөң кат жазышып жүргөн турбайсыңарбы! Муну айтпай жүргөн сени эмне десем? Арам ойлуу жүзү кара деш керекпи? Же... Макул, калганын айтпай эле коёюн, жеңил неме элең, дагы жарылып кетип жүрбө!..»

Андан наркысын Качике окуялбай, көз жүгүртүп чыкты да, бөлөк коюп койду.

Бу сапар Качикенин, баарыдан да ачуусу келгени: Апсамат эмне деп жазыптыр? деп, такыктап, каттарын мага жибер деп, өкүмдүү буйрук кылганы болду. «Буга караганда Чынаркан Апсаматтан шек алып, Качикени бузуп жүрөбү дейт окшойт. Апсамат өз катында Чынаркандын кылын кыйшык дебейт. Анын мага жазган каттары менин көңүлүмдү көтөргөндөн башка сезим козгогон жери жок. Апсаматтын каттарын мен Чынарканга жиберишим керекпи, жокпу? Маакул, жибер деген экен атайы эч кандай жооп жазбай каттын өзүн салып жиберейин. Бирок анда да чычалайт...» деп, үшкүрүп алды да, Люся менен Сашанын катын ачты. Бир конвертке экөө эки башка кат салган экен. Люся орус тилин жакшы билген тил менен төмөнкүдөй кат жазган эле:

«Биздин ардактуу жолдошубуз, Костенька! Жашыңыз улуу болсо да бизге теңтуш, бизге курдаш болуп калганыңызды биз сиз кеткенден кийин билдик. Ордуңуз жоктолду. Орду жок мактаган экен,– деди ичинен Качике. Бул айтканыбыз чындык. Мен го кирип-чыгып эле сүйлөшчү элем, мына бу сиз менен бирге жаткан Саша сизди көп эстейт. Саша мурункусундай эле бирдеме жазып жүрөт, бирок мага көргөзбөй, менден жашырат. Уялат экен... Мен да кур-бекер кызыга бербей, тим койдум.

Костенька! Саша жакында өзүнүн жерине кетмек болду. Экөөңөрдүн тууган жериңер бир болгондуктан экөөңөр жердешсиңер, баарынан да согушта бирге кан төккөн бириңер жашыраак, бириңер улуураак курдашсыңар. Ошондуктан мен сизге ачылып эле сырымды айтайын (мени кечириңиз): мен кичине капараакмын. Байкуш Люсянын күнү не болот? Эгер… аны кантип оозум барып айтам! Айткандан корком. Жүрөгүмдүн туйганына караганда сиз менин бу сөздөрүмдү эң жакшы түшүнөсүз, негедир мен ушундай ишенимге келдим.

Саша капыстан жөнөп жатат. Кандайдыр бир туугандары чыгып, ошолор чакырып жатыптыр. Эмне тууган экенин өзү да жакшы түшүнбөйт. Мен мунусунан да корком. Анткени Саша госпиталдан чыккандан кийин мында иштеп туруп, тыякка бирге барып келебиз деп жүргөн эле. Эми менин кыз жүрөгүмдүн кичине тынчы кетип турат… Улуу кишисиз, менин абалымды түшүнөсүз го деймин. Менин бу жерде айтайын дегеним: Сиздин сөзүңүз Сашаныкы менен бир экен. Демек, экөөлөп сүйлөшүпсүңөр. Экөөңөрдүн ортоңордо жашырган эчтеме болбогондуктан мен сизге жазып отурам. Жашырбай эле айтайын, Сашаны жакшы көрүп калдым… Чынын айтсам, сырды сизге уялып жатып араң жаздым. Дале болсо, улуу киши түшүнөт го дегеним. Эчтеке менен иши жок жүргөн жаным калтылдап турат. Саша кетсе бир жолу кетчүдөй көрүнөт… Албетте, бу катты мен Сашага тамаша сөзгө салып, окутканым жок. Кыз көңүлүмдүн сырын сизге айтып коёюн дедим (шарактап эле иштеп жүрчү кыз элем, азыр кээде ойлончу болуп кеттим)…

Кош болуңуз. Мындан ары да кат жазышып турабыз го деген үмүтүм бар. Сиздин Люся».

Качике качан болсо өзүн пас түшүп кеткен киши ойлоп, өзүн киши катары көрчү эмес. Өзүн ушундай ойлогон менен ойго, кайгыга чөгүп турбаган кезинде киши менен эң жакын сүйлөшүп, сүйлөшкөн кишисинин ички дүнүйөсүн, ички пикирин таап сүйлөшүп, зор таасир эте турган. Качике өзүнүн бул сапатын көп сезе берчү эмес.

Анан Сашанын катын окуду. Анын каты Люсяныкындай куюлушкан сөздөр менен жазылбаса да, тескери мааниси жок, түз

жазылган кат эле. Сөздүн аягында келип, Саша: «Костенька, өзүң угуп тургандай, мен кетип баратам. Бирок келем, сөзсүз келем. Люся меники, мен Люсядан өлгөнчө ажырабайм. Бирок менин коркконум: мен жокто арага шайтан аралап кетеби дейм. Ошондуктан сен Люсяны жалгызсыратпай, Люся менен үзбөй кат жазышып тургун. Люсяны сен алыс болсоң да, сага тапшырам, сага!.. Ал эми сенин баякы мага айткан туугандарыңа мен барам».

Бу каттарды окуп, Качике мурду менен күлдү да, жооп жазмакка отурду.

## XX

Артдивизиондун командири жаш майор Савчук түн ичинде. артначальниктен келип, ысык жер тамга (землянкага) ординареци менен кирер замат телефондун жанындагы ордунан тура калган байланышчыдан:

– Политрук кайда? – деп, шашып сурады.

– Батареялар жакка кеткен,– деди байланышчы, отурбай.

– Чакыр! Ай, токто, мен тиякта жүрүп уктум, биздики жакты немецтер замбирек менен аткылады, биздикилер эмне жооп кайтарган жок?

– Политрук унчукпагыла деп буйрук кылды, – деди байланышчы.

– А-а, бар! – деди майор. – Карачы, тамак бар бекен, курсагым ачып өлгөнү турам, – деди суукtан келген майор, ысык жер тамга киргенде кыпкызыл болуп кетип.

Алдына койгон котелоктогу борщту майор апылдатып ичип жатканда. политрук Абайылдаев Тургамбай кирди.

– Тургамбай, отур, – деди майор, Тургамбайдын берген саламына башын ийкеп, алик алып. – Отур. Немецтер аткылап атса эмне унчукпай койдуңар?

– Эртеңкини ойлоп, снарядды аядым, – деди Тургамбай, майордун көзүнө, элирип калган өңүнө тигиле тиктеп. Майор сулуу, аксаргылынан келген жигит эле. Жеген оозго жарашат дегендей, борщтун сөөгүн карышкырча качыратып чайнап, сөөктү мүлжүп жатты.

– Эртең эмне болот экен? – деди майор, оозу толтура этти курч тиши менен кыртылдатып чайнап.

– Сиздин көзүңүзгө караганда эртең чабуулга? – деди Тургамбай, кууланып күлүмсүрөп.

– Эмне, менин көзүм айтып турабы?

– Айтып турат.

– Эмесе таптың! Жарадар болгондор, өлгөндөр барбы?

– Жок. Коштон (обоздон) бир ат өлгөн экен, балдарга салып жегиле дедим. Биздикилер жылкынын этин жакшы көрүшөт,– деди Тургамбай. Буга эмне дейсиз? Тургамбай майордон улуу болсо да майорду «Сиз» десе, майор жаш болуп туруп старший лейтенант Тургамбайды «Сен дечү. Бул чиндин өйдө-төмөндүгүнөн эмес эле, кээде кишилердин ортосундагы үйрөнгөн адатка окшогон мамилелердин эч ким зордобогон түрүнүн бири болучу. Майор да, старший лейтенант да эч кимиси бул тууралуу ойлонуп койгон эмес.

– Кыргыздарың жаңы эт жеп жыргап жаткан турбайбы. Мен өзүм кырк биринчи жылы немецтердин камоосунан чыгалбай качып келатып, арам өлгөн жылкынын этин жегемин. Жаман эмес, таттуу көрүнгөн. Беш бармагыңды сагынып калган неме, өзүң да кошо жеп келгендирсиң? Магада ала келсең болбойбу? – деди, чыны менен, үмүт кылгансып. «Кыргыз» деп, майор дивизиондогу кыргыз, казак, өзбек – баарын бириктирип айтты.

– Поварлар дагы бышырып жатышат. Чучук жасаттырдым, – деди күлүп. – Чучукту билесизби?

– Аның эмне?

– Жегенде айтам, – деди да, чөнтөгүнөн сүлгүгө оролгон килейген чучукту сууруп чыкты.

– Мына, чучук деген ушу, – деди Тургамбай.

– Ай мунуң колбаса го?

– Жаядан жасалган колбаса. Бизде чучук дейт.

– Ай мунуңан кес, уу болсо да жеп көрөлү. Силер снаряд атбай эле эт бышырып жүргөн турбайсыңарбы! Көп жеп алып балдардын ичи өтүп жүрбөсүн? – деди күлүп.

– Эт жеп көнгөн немелердики өтпөс, – деди да, чучукту кара кесек аралаш кесип:

– Мынаңыз, – деди.

Майор Савчук бир кесим чучукту сугунуп жиберип, тамшанып калды да:

– Ой, мунуң тилди кошо тартып кетчү неме го? Ах, ах, ах! Сонун турбайбы! – майор чучукту баса жыгылды.

* * *

– Тургамбай, – деди майор, – түн бир далай болуп калды. Офицерлер, орудиянын командирлери да бизден чыккандан кийин тим жаткан эместир. Ошондо да часовойлорду улам экөөбүз текшерип туралы. Немецтин автоматчиктери алдыдагы пехотадан билинбей өтүп келип, артиллериянын расчетторун кырып салбасын, Дивизиянын артиллерия начальниги да текшерип калышы мүмкүн.

Аңгыча телефон шыңгырады.

– Мына, айтпадымбы, болду-болбоду артначальник! – деди майор, ордунан ыргып туруп.

– № 3-кожогон сизди чакырат, – деди байланышчы.

– Айтпадымбы! – деди да, трубканы алды.

Савчук кыска жооп берип, кыска сүйлөшүп, трубканы илди.

– Артначальник.

– Демек, артподготовка саат 6-00 до. Пехота чабуулга киргенде биз да кошо жылып, пехотанын артынан же аралаш аткылап жүрүп отурат экенбиз.. Бул жаңы тактика го, майор, – деди Тургамбай.

– Жаңы болгондо да кандай – деди майор, – демек, старшой, артиллериянын көбөйө баштаганы ошо. Күчөтүлгөн авиадивизия да катышат экен дейт, кана, кеттик! Ой жанакың сонун тамак экен, аты эмне эле?

– Чу-чук, – деди Тургамбай.

– Чю-чюк! Тил сына турган сөз экен, – деп Тургамбай экөө чыгып кетишти.

Жер тамда жалгыз байланышчы калды.

Биз жак жымжырт болуп, немецтер Великие Луки тараптан чочуп ойгонгонсуп, улам бадыратып мелжебей аткылап тынбай ракета менен алдыңкы линияны жап-жарык кылып турду.

* * *

Туптуура саат алтыда кулак угуп, көз көрбөгөн күч менен алыска атар замбиректер душман позициясынын чаңын асманга чыгара баштады. Ылдам самолеттор көзгө илешпей учуп өтүп, кайта кайтып жатты. Бирок самолет дале аз болучу. Күн чайыттай ачык. Кычыраган суук эле. Великие Луки шаары ыраактан мунарыктап, кырга жатып алып дүрбү менен карап турган Савчук менен Тургамбайга айкын көрүнүп турду. Россиянын областтык ушул Шаарып биздикилердин камаганына үч айдын жүзү болуп, ошондон бери койгулашып жатып, биздикилер алалбай келаткан.

Великие Луки шаарына биринчи чабуул жасаганда Качике катышып, ушу жерден жарадар болуп кеткен эле. Эми мынабу өзү көрүнбөй, кулак тундуруп күркүрөп-шаркырап жаткан айбаттуу замбиректердин үнүн укканда Савчук менен Тургамбай энелери эркек төрөгөндөй кудуңдап сүйүнүп турушту. Булардын жубанганы эле буларды колдой турган оор замбирек күчтөрүнүн пайда боло баштаганы болду.

– Көрдүңбү, политрук, эми немецке кор болбойбуз,теперь поживем! – деди кыйкырып; анткени артиллерия, гвардия минометтору «катюшадан» кулак тунуп, эчтеме угулбай турган.

– А? – деди эки кулагына колун тыгып алган Тургамбай, укпай.

– Бизге кудай берди! – деди Савчук, Тургамбайдын кулагына кыйкырып.

– Берсин, берсин, качангыга эле кудайдын өгөй баласы болуп жүрмөк элек, биз дагы бир кудай кулум дегендин балдары болушубуз керек эле! Савчук укпай эле:

– Ооба, ооба! – дей берди, саатын тиктеп. – Артподготовка бир саат он беш минута боло турган болсо ошондо канча калат?

– Кырк беш минут – деди, Тургамбай да саатына карап.

Дивизиондун артиллериясы качан болсо дароо ачык позицияга чыгып, пехотаны сүрөп отурууга камынып, жабык позицияда турган эле. Тиги төмөн жакта байланышчылар: телефондун кулагынан кетпей, чабуул үчүн баары шайма-шай болучу.

– Мен барайын ,– деди Тургамбай, ордунан туруп.

– Политрук! – деди Савчук, Тургамбайдын этегинен кармап. – Политрук, бар, жоокерлердин жанына бар, баарын кыдырып чык, жанында бол, биз бүгүн шаарды алышыбыз керек… сак бол!

Политрук Тургамбай ылдый чуркап түшүп телефончулардын жанында чукулдашып отурган ординарецин ээрчитип, чуркаган бойдон кабакка түшүп көрүнбөй калды.

– Майорду телефонго! – деди төмөн жактан байланышчы телефонист.

– Жолдош майор, телефонго! – деди обочороокто жаткан ординарец.

Майор Савчук бултактап жамбашын чапкылап бараткан кабурун оң колу менен кыса кармап, сол колу менен мойнундагы дүрбүнү көкүрөгүнө кысып, тоголонгонсуп, ылдый чуркады.

– Уккан мен! – деди телефондун трубкасына энтикпейин деп, микрофонду тамагынын астына такап.

– Чуркап келдиңби? – деди тааныш үн, жайбаракат.

– Чуркап келдим! – деди энтигип, Савчук. – НПде отурдум эле, жолдош подполковник.

– НПеңиз ачык кырбы?

– Тим эле… азырынча… карап турганбыз… – деди Савчук, сөз табалбай, буйдаланып.

– Согушта өз ордуңузда болуңуз! – деди дивизиянын артначальниги катуу буйрук кылып. – Дивизиянын командири сиздин кырда жатканыңызды көрүп, мага сөгүш жарыялады! Мен да сизге азырынча оозеки сөгүш жарыялаймын.

– Жолдош подполковник, мен орудиянын командири эмесмин го, мен… көрүп турушум керек эмеспи… – деди Савчук, өзүн актагансып.

– Сөздү токтотуңуз! Өз ордуңуздан да жакшы көрүнөт! – деди артначальниктин үнү. – Иш кандай?

– Камынып турабыз!

– Пехотадан артта калып калбай, пехотаны жакшы сүрөгүлө! Генералдын ишенгени силер. Уят болуп калбай, – деди артначальник кайтадан жумшарып.

– Болот, жолдош подполковник! – деди Савчук.

Душмандын алдыңкы чегин, анын арткы жабык позицияларын жанчып бүтүп, артподготовка токтоду да, артиллерия отту душмандын төркү позицияларына карата бурду.

Белгиленген сигнал боюнча көк ракета атылды. Ошо замат алды жак ызы-чууга түшүп, пехота чабуулга чыгышты. Кайдан чыга калганы билинбей, дүңкүйгөн таңкылар жылып чыгып, уламдан улам кырдан кырга чыгып, коктулап, жүрүп баратып аткылап, пехотага аралашып, күркүрөп баратты. Савчуктун артдивизиону да пехота менен аралаш болуп, артиллеристтердин кол күчү менен алдыга жыла баштады. Байланышчылар телефон катушкаларын көтөрүп, туш-тушта чуркап жүрүштү.

Жеке душман тараптагы жер эмес биз тараптагы жер да кары кетип, кара болгонсуп, чаңы асманга чыга баштады. Душман биз тарапты катуу окко тута баштаган эле. Түтүн, ыш, дарынын жыты, көккө көтөрүлүп жаткан топурак – баары, солдаттар айткандай, адам да, жылкы да (бу жерде: замбирек да, танкылар да) аралашып кетти. Өңүп бараткан солдаттардын турбас болуп жыгылганы боо түшүп жатса да токтолбой, жер жайнаган көп аскер кыр ылдый, коктулай өрүп баратышты. Ушундай чаң-тополоң, түшүп турган, кыйсыпырда ушунча элди башкара ала турган жан чыкпас, ушул ала тополоңдо кимди ким билмек эле? деген пикир туулушу да мүмкүн эле. Бирок ушул аламан сыяктуу болуп көрүнгөн жайнаган аскерлер бирөөлөр тарабынан башкарылып, бирөөлөр тарабынан сүрөөнгө алынып, көп улуттун тилдери сүйлөнүп, кыйкырыктар чыгып жатты.

– А ну орлы, вперед! Русские богатыри, вперед! За родину, вперед!

– Товарищи! Товарищи!

– Кайра качпа! Алга! Алга! Кыргыздын азаматтары, алга, алга!

– Казактын жигиттери, алга, алга!

– Өзбек кахраманлары, олдига! олдига!

– Тажик!? бачаляр…

– Вперед, орлы, вперед!

– У-р-а-а-а! А-а-а-а!

* * *

Мына бу ар башка тилде сүйлөгөн көп аскер майданда баратканда бир жерде чолок тончон, кийиз өтүгү бар, тумагын баса кийген жапалдаш бойлуу, сакалы көк ала болгон орустун бир мужугу токойдун таңындагы жолдун четинде туруп алып, буларды бир кезде таңыркап титеп:

–Капкайдагы орус эмес кишилер кетип баратат…силер ким болосуңар, балдарым? – деп, автоматчан казак сержанттан сураганын Качике уккан эле. Шайдоот сержант:

–А нука, не отставать! – деп, орусча команда берип, төрт катар болуп бараткан аскерлердин четинде баратып, абышканы бир тиктеп алып:

– Биз казакпыз, – дедушка деп, алчылантып кийген пилоткасын андан бетер алчылантып, оңдоп койгон.

– Што? Казаки? – деп абышка таң калып, сураган.

– Не казаки, а казахи, из Сибири! – деген сержант.

– А-а, из Сибири? То-то! – деп, абышка бирдемени түшүнгөнсүп башын ийкеп койгон.

Анда Качикенин улуттук намысы келе түшүп, жалгыз эле казактар бекен? А бизчи? деп, бирок угуза айтпай тим болгон. Анткени менен казактар көп болучу да, өздөрүнчө алдыда бөлөк бараткан. Алар Качикенин полкуна, балким дивизиясына да тиешеси жок болуш керек эле.

Мына эми жанакы абышкага тили буруу көрүнгөн көп тилде сүйлөгөн улуттун, ушу балдары ызычуу, күрү-гүү менен душманды качырып, жапырт кирип баратты. Замбирекчилер замбирегин сүйрөп, кара терге түшүп, шинелдеринен же чолок тондорунан кече качып, бирок чечип ыргыткандан коркуп, төшүн дагдайтып ачып жиберип, жиниккен аттай энтигип, замбиректерин алдыга сүйрөп, кээде токтой калып, замбиректин оозун буруп, аткылап жатышты; кайта аткылап:

–Снаряд! Снаряд – деп, кыйкырып турушту. Снаряд ташыгандар узап бараткан замбиректерге ок жеткиралбай, энеден эчтемеси калбай тил угуп, бу тилдер алардын кулак сыртынан ке-

тип, суй жыгылып, аркы-терки чуркап жүрүштү. Тургамбай батареядан батареяга чуркап, артта калып калган расчётторду сүрөп, чуңкурга тыгылып калган замбиректерди кошо сүйрөшүп, ак куба тарткан өңү капкара ыш болуп, дарынын исине чакап, тамагы кургаганда кар жеп коюп, солдаттар менен аралашып жүрдү. Майор Савчук артиллерия чалгынчыларынын же өзү байкаган, же пехота командирлеринин көргөзгөн душмандын от чачкан точкалары менен кармашып, дивизиондун бүткүл күчү менен душмандын позициясын койгулап, приказ, кыйкырыктан тамагы бүтүп, команданы ординарец байланышчылар аркалуу берип калды. Көктө да самолеттордун урушу күчөп, бирок биздин самолеттор аздык кылып, немицтикинен да, биздикинен да, капкара түтүн болуп буркурап, жерге кулап жатты. Душмандын чоң калибрдүү замбиректеринин салмактуу снаряддары тийген жердин топурагы уюлгуп асманга көтөрүлүп, замбирек, кишилерди бырын-чырын кылып, топурак менен кошо көккө ыргытып турду.

Мына так ушундай болуп, душмандын миномёт, замбиректеринин огуна чыдай албай, дивизиянын алдыңкы катардагылары дырдыгып калды. Заматтын ортосунда тополоң түшүп, тегерек ызычууга толуп кетти.

–Качпа, качпа!

–Куда? Назад! На-зад!

Ушул учурда кошула калган Тургамбай менен Савчук бир ирмемге бирин-бири тиктеп, дароо бирин-бири түшүндү,

–Артиллеристтер, алга! алга! – деп Савчук бир тарапка, Тургамбай бир тарапка чуркады.

– Артиллеристтер, алга! Бейте прямой наводкой! Офицеры, к орудиям! – деди кыйкырып, Савчук. Үнү бүтүп калган неме катуу эле кыйкырып Жатам деди окшойт, бирок үнү чыкпай жатканын өзү сезе коюп, ординарец менен байланышчыларды туш-тушка чуркатты.

–Артиллеристтер, алга! Алга! Алга! – деген Тургамбайдын үнү да алда кайдан чыгып жатты.

Ушул учурда кызыл кыргын болуп жаткан согуш майданына боз броневик пайда болду да, так көпчүлүк болуп, аламандап

турган солдаттардын арасына келип токтоду. Броневик токтоор замат ичинен чолок сары тончон үч киши чыкты.

Кичирээк бойлуу, өңү кара сурунан келген бирөө.

– Орлы! Богатыри! Вперед! Шаар биздики!

– Биз силер мененбиз! Алга! Алга! – деди.

– Генералдар биз менен экен! Генералдар биз менен экен! Алга, азаматтар, алга!

Бул үндөр туш-туштан чыкты. Дырдыгып калган кол бир заматка токтой түштү да, төшүн ачып таштап, куралсыз чуркап келаткан генералдарды көрүп, өлүп, кырылып жатканына карабай, көп аскер кайта бурулду. Танкалар алдыга жулунуп, танкаларды калка кылган аскерлер да чуркап, замбиректер аткылап, душманга мөндүрдөй жаап турган огуна карабай биздин аскерлер душманды каптап киришти. – Ура! У-ра-а-ра-ра-а-а-а!

Айбаттуу «ура!» замбиректин үнүн баскандай болуп, биздикилер немецтердин биринчи окопторун алышып, андан экинчи, үчүнчү окопторго кирип, автомат, гранат, мылтыктын найзасы менен кырчылдашып калышты.

Чапкан сайын туягы кызыган аттай болуп, согушта да киши кызыйт. Кызыган учурда, киши коркконду да билбейт, өлүмдү да эстебейт.

– Ур!

–Сок!

– Бей гадов!

Мына бу сөздөрдөн башка сөз чыкпай, аны да айткан айтып, айтпагандар уруп, сокконьдон башканы билген жок.

## XXI

Кызыл кыргын шаардын ичинде болду. Немецтер өздөрүнүн жеңилгенине көзү жетсе да, жөн багынып бериштен намыс кылып, шаардын үйлөрүнөн чыкпай туруп алып согушту. Ошондуктан артиллерия шаардын ар имараттарын аткылап жатты.

Савчуктун жеңил дивизиону кол менен сүйрөтүлүп, пехота алалбай жаткан үйлөрдү койгулап, пехотага жол ачып, өздөрү

да аралашып кетти. Шаардан өрт чыгып, шаарды капкара түтүн каптап, өз кайда, жат кайда? – ажыратуу кыйын болду. Ошол күнү түн бою согуш болуп, эртең менен гана шаар биздин колго тийди. Ошондо да кайсы бир үйлөр багынбай, эки тараптан тең киши өлүп, же кишилер майып болуп жатты.

Тургамбайдын батареясы багынбаган үйлөрдүн бири менен атышып жаткан. Тамдын ичине орнотулуп, ачык терезеден аткылап жаткан миномёт менен пулемёт пехотаны өйдө тургузбай койгон эле. Тургамбайдын замбиректери келгенде үй да кыйрады, миномёт, пулёметтор да талкаланды, бирок миномёттун бир огу Тургамбай турган замбирекке тийди. Мина түз тийген дөңгөлөк, жердин топурагы, киши-мишиси менен көккө сапырылды да, куйкум жыттанган ачуу кара түтүн уюлгуп жатып калды.

Талкаланган үй багынгандан кийин артдивизионду жыйнаш үчүн Савчук келди. Савчуктун таңылуу сол колунан чыпылдап кан чыгып турган эле. Замбирек талкаланган жерден түтүн тарап бүтө элек болучу. Тоголонуп жаткан баш, буттарды көрүп, Савчук селт этип кетти да, турган ордунан жылалбай, сенек болгон кишиче турду. Анан акырын шлемдун үстүнөн кийген туулгасын алып, сыңар тизеси менен жер чөгөлөп, башын шылкыйтып, катты да калды. Артиллеристтер командирин тегеректеп турган эле.

– Гвардеецтер ушинтип өлөт... – деди Савчук, оозун араң кыбыратып.

Батареянын командири младший лейтенант Савчук жанына келип, тумагын алып турду, Савчук ордунан турганда бирдеме деп доклад этмекчи болду эле, Савчук:

– Унчукпа! – деди.

Анан тер басып, энтигип турган младший лейтенантты тиктеп:

– Политрук кайда? – деди Савчук, акырын.

– Ушул жерде болучу, – деди офицер.

– Изде, – деди Савчук.

Савчук Тургамбайдын баш жагында туруп ыйлап жаткан эле. Ал шолоктоп ыйлап турган эмес. Көз жашы сызылып гана

агып, нары кыпкызыл болуп, нары чамбыл ала болуп турган бетинен ылдый шорголоп жаткан.

– Санитарлар кайда? Чакыргыла санитарларды! Ушу санитарларды атыш керек эле! Кереги тийгенде күндүзгү чырак менен издеп табалбайсың! Жок, санитарлардын кереги жок, плаш-палаткаларды жыйнап келгиле. Плаш-палаткага ороп туруп, санбатка жеткизгиле. Соо жери калбаса керек... Эсине келер бекен, же эсине келбей жатып...

Савчук Тургамбайдын улам тамырын кармап, билинер-билинбес болуп соккон жүрөгүн басып коюп турду.

Тургамбай минанын жарылган эпкининен алыс ыргып барып, огороддун жөөгүнө кирип калган экен. Тургамбайдын колу-буту туш-тушка кетип, чалкасынан түшүп, канга боёлуп жаткан эле. Ак куба бети капкара ыш, киши таанығыс болуп калган.

– Тигине, санитарлар келатат.

Савчук бурулуп караганда жеке бир батареянын артиллеристтери эмес, бүт дивизион чогулгансып калыптыр. Бойлуу замбирекчилер плаш-палаткаларды камдап турушту.

– Командириңерди санбатка өзүңөр апаргыла. Уруксат беремин. Өтүгүн кесип жибергиле. Кийимин чечкиле. Кана, алып жөнөгүлө! – деди үнүнө кайрат кирип. – Поорудиям! Баарыңар ордуңарда болгула. – Савчук чайпала басып, өз дивизионун текшерип, канча киши өлдү, канча киши жарадар, канчасы «дайынсыз» болгонун жоктоп жатты.

– Начштаб! – деди Савчук өзүнүн адьютантына, – артиллеристтердин мына бу чачылып жаткан сөөктөрүн урмат менен жыйнап чогултуш керек. Сый менен көмөбүз. Донесениеде жанакы «дайынсыз!» деген болбосун. Биздин артиллеристтер бу сапар анык эрдикти көрсөттү. Сыйлыкка көрсөтүп, артиллеристтердин тирүүсүнө да, өлгөндөрүнө да реляция жаз. Анан... Мына бу политрукту... Түшүндүңбү?

– Түшүндүм, жолдош майор!

– Бүгүндөн калбай! – деди Савчук.

– Болот! – деп, адъютант честь берди.

## XXII

Качике Сашадан чубалжыган узун кат алды. Катты Саша Качикенин туулуп-өскөн жеринен жазган эле. «Мен жердеш болгондугуман эмес, согушта бирге кан төккөн жолдоштугуман сага берген убадамды аткарып, сенин туугандарың менен учурашып, сенин саламыңды тапшырышты өз борчум деп билдим. Мына эми угуп тур.

Мен эң мурун көмүр кенине келдим. Бу жерде мен иштегендеги кишилердин бир тобу бар экен, баары менен кучакташып көрүшүп, сагынычымды жаздым. Андан кийин туугандарымдыкында бир топ күн жүрдүм. Менде кайсы тууган бар дейсиң, эжем, карындашыман башка киши жок. Ал эми менин Оролдо сүйлөшүп жүргөн кызым бар экенин угуп, секирип кетишти да, алыс кетпей ушу жерден үйлөн, бу жерде да кыз деген толуп атат, анып үстүнө кызматың ушу жерде эмеспи деп, таптакыр болушпайт. Аны каттын аягында айтармын, сага келейинчи...

Кыдырганды чоң эжеңден баштадым. А киши бир топко барып калган карыган киши экен, «Барбы? Аманбы? Өз көзүң менен көрдүңбү?» – деп көпкө такып, ыйлап туруп сурады. А кишинин улуу баласы да эмгек армиясында экен. Кичүүсү окуп жүрүптүр. Кызы күйөөдө экен. Эжең ошо кичи уулу, келини менен туруптур. Турмуш албетте, өзүң билесиң, кайда болсо начар эмеспи, а жагын айтпай эле коёюн. Үйүндө бар тамагынан ооз тийдим, анысын атала дейт экен. Кантсин, турмуш өтө оор. Кетеримде колумдан бек кармап алып, бетимден өптү. Баарынан кызыгы: белиме бир чарчы жоолук байлады. Бул эмнеси деп, түшүнгөн эмесмин, көрсө кыргыздын расмиси ушундай болот турбайбы: кадырлуу тууганына же сүйүнчүлөп келген кишиге ырым кылып бирдеме берет экен. Мен сенин жаныңдан келгендигимен сага окшоп мен да буларга тууган болуп калат экенмин. Мындан нары билип жүргүн, экөөбүз бир тууган экенбиз. Муну түшүнгөндөн кийин күлүп, төбөм көккө жетип, кубандым. Эми сен мага ага болдуң, Түшүндүңбү?

Эжеңден чыгып алып агаңдыкына бардым. Атаң да эмгек армиясында экен. Агаңдын үйлөнө турган болуп чоңоюп калган балдары бар турбайбы. Жеңең жаркылдаган жакшы киши экен, сенин ал жайыңды угуп, буту жерге тийбей, бир күлүп, бир ыйлап, эмне кыларын билбей калды. Катырма деген нан болот экен, мындан ооз тийдим. Сени атыңан айтпай, «Молдо бала дейт турбайбы, тергеп, И, Молдо бала! Мунун баарын эптеп атып түшүндүм. Ал эми жеңең бир кол жоолук бергенде эжеңдикиндегидей таң калганым жок, ыракмат айтып, чөнтөккө урдум. Баарынан да сени жеңең «Молдобала» дегени мага кызык көрүндү. Молдобала! Кулакка эң эле жакшынакай угулат экен. Ушу күнгө чейин жеңеңдин «Молдобала» дегенин эстеп, өзүм да «Молдобала!» деп, күлүп коём.

Андан чыгып алып, кичи эжеңкине бардым. А киши зыңгыраган киши экен, зыңгырап сүйлөп, башындагы жоолугунун учу менен акырын чыккан көз жашын аарчып коюп отурду. Бу киши өтө кайгычыл киши болуш керек. Кайгысы да көп окшойт. Жездең аскерде экен. Бу үйдө менин таңымды да, кубанычымды да келтирген сенин карындашың болду. Өтө тирүү, такылдаган, акыл-эстүү, теги ар жагында идиреги бар кыз көрүндү. Орусча абдан жакшы сүйлөйт экен. Кетер кеткенче ошол карындашың менен сүйлөшүп, эжеңе тилмеч кылып, жыргап отурдум.

– Атың ким? – дедим мен.

– Ира,– деди карындашың.

– Ира? Бул орусча го, кыргызчасы кандай? – дедим.

– Кыргызчасы Ибарат, – деди карындашың.

– Ира деп туура коюпсуң, Ибарат! Кыргызчасы да жакшы ат экен. Окуйсуңбу?

– Окуйм, – деди.

– Орус мектебиндеби?

– Ооба.

– Ошондой, сенин жолдош кыздарың орус турбайбы, ошондуктан сенин атыңды Ира деп алышкан экен да?

– Ошондой,– деди карындашың.

Карындашың чынында да чыйрак кыз экен. Кийген кийимин көрсөң кишинин боору ооруйт.

– Агаң Качикени билесиңби? – дедим.

– Билем! – деди такалбай.

– Кайдан билесиң? Көрдүң беле? Агаң карындашымды кичинекейинде бир көргөн бойдон көрөлекмин дебедиби, – дедим, таң калып.

– Көрбөсөм да билем, тааныйм, өңү-түсү көзүмө көрүнүп турат, – деди.

– Аа-а! – дедим да, оозумду ачып, кыздын жообуна таң калып туруп калдым.

– Канчадасың? – дедим.

– Он экиде, – деди.

Он экиде! Он экидеги кыз да ушундай акылдуу болобу? Эң эле ыйманы ысык, жылдыздуу экен карындашың.

Ай Молдобала! Сенин бул айылга келбегениңе кеминде 15 же 16 жыл болуптур. Болбосо карындашыңды 3-4 жашында көргөн болсоң эсиңде калат эле. Бул эмне, өз айлыңан, өз туугандарыңан качканыңбы же безгениңби? Кыргыздар тууганчыл келчү эле, сенин бул кылганың деле адамгерчиликтин эч кайсынысына сыйбайт го дейм. Бирок мен түшүнүп турам, турмушум ошондой болгон деп мага айткансың, бирок ошондо да... Эгер анчалыкка барган болсоң турмуштун эң түбүнө чөгүп кеткен киши экенсиң, турмушуң согуштан кийин да оңолбосо дале карындашыңды, издеп келбейсиң го деп чочулайм. Эгер согуштан аман эсен келчү болсоң, өз турмушуңду ойлонушуң керек экен. Сен менден улуусуң, акылдуусуң, муну өзүң ойлон. Бирок менин жаман зээним кейиди. Карындашың; «Өңү-түсү көзүмө көрүнүп турат...» дейт. Бул эмне деген сөз? Бул баланын эң эле сагынганы, э, Молдобала, муну жакшылап туруп көңүлүңө түйүп кой.

Мен карындашыңа өзүң берген сүрөттү кошуп туруп бир нече сүрөт көргөздүм. Сени табалар бекен деп сынап, бир жагынан ичим бир башкача болуп ысып-күйүп, жүрөгүм алып-учуп турду. Кыз жаңылып калса кыз уялбай эле мен уялчудай болуп, кыпылдап турдум.

– Эже, мына акам, – деди кыз, сенин сүрөтүңдү көргөзүп.

Мен:

– А бали! – деп, алаканымды чапкылап, карындашыңды кучактап калдым.

– Кантип тааныдың?

Карындашың унчукпай, сүрөтүңдү тиктеп, анан бооруна басып калды..

– Боор тааныйт, – деди эжең.

Мен бу сөзгө түшүнбөй, Ибаратты тиктедим. Ибарат да орусча айталбай, «печень», «сердце» деп атып, араң түшүндүрдү. Мен бу сөздүн маанисин, өзүмчө ойлонуп отуруп, акыры сердце чует деп таптым. Бирок орусча кандай айтканда туура болорун биле албадым.

Эжеңин да бир жоолугун алып, коштошуп кетерде карындашың Ибарат узатып чыкты. Чоң жолго чыкканда мен колумду берип:

– Кайыр кош, жакшы окуп, жакшы жүргүн, – дедим.

– Сиз эми келбейсизби? Келсеңиз, дядя, – деди жалооруп.

– Мен келемин, – деп убада берип, мындай бастым. Ибарат мени чакырып, токтотту,

– Эмне дейсиң, садагасы? – дедим мен.

– А менин агам келеби? – деди. Баланын көз жашы баланын бакырайыңкы көздөрүндө имерилип турган эле. Менин жаман зээним кейип кетти.

– Келет, садагасы, келет, – дедим да, ыйлагым келип кетти, бурулуп басып кеттим.

Бир топ жерге басып барып аркамды карасам, карындашың башын кичине эңкейтип, көзүнүн асты менен тиктегенсип, мени караган бойдон былк этпей туруптур. Менин жүрөгүм солк эте түштү... Байкуш кыз мени агасындай көрүп, эми ошол агасы бир көрүнүп коюп кетип бараткансып, кеткенде да такыр караанын үзүп кете тургансып, жалдырап, балким жалгыз туруп алып көз жашын төгүп, мени тиктеп турган экен... Мен амалсыз бурулуп, дагы бир топ жерге бастым. Кыздын көзү желкеми тешип бараткансып, шилим кыбырчып кетти. Мен ыктыярсыз

бурулуп карасам, карындашың дале мени аркаман тиктеп турган экен...

Мына, Молдобала, мени карындашың Ибарат мына ушундай кылып узатты. Муну ойлосом ушу күнгө чейин муунум калтырайт...»

Түшкү тамактан кийинки тыныгуу мезгили эле, взводдогу балдардын баары уктап, жалгыз Качике төмөнкү нардагы төшөгүнө чечинбей отуруп алып, Сашанын катын окуп, ыйлап отурган. Ушул учурда помкомвзвод менен лейтенант Кузнецов кирди. Качике буларды байкаган жок.

– Бери келиңизчи! – деди акырын Кузнецов.

Качике буларды көрүп, дароо ордунан туруп, көз жашын ылдам гимнастеркасынын жеңи менен аарчып, лейтенанттын астына барды. Помкомвзвод ачуулуу көзү менен жаман көрүп тиктеп турду.

– Бул эмне деген көз жаш? Эмне ыйлап отурасыз? Же капалуу кат алдыңызбы? – деди лейтенант.

– Кечириңиз, жолдош лейтенант, ыйлабаска бодбоду. Менин бир фронтовик жолдошум менин айлыма барып, менин карындашымды жазыптыр. Ошого ыктыярсыз көзүмөн жаш чыгып кетти окшойт, – деди Качике, дале болсо катка көңүлү бузулуп турганы тарабай.

– Жолдош лейтенант, – деди помкомвзвод, – бу дайым ушундай, бирдемеге капа болгонсуп эле басып жүрөт.

– Сиз улгайып калган кишисиз, согушта да болуп келдиңиз, бу балдар болсо баары жаш, буларга үлгү болушуңуз керек, мунуңузду коюп жүрүңүз, барыңыз, жатыңыз, – деди лейтенант.

Лейтенанттын сөзүндө жемелегендик да, аягандык да, көңүлдөштүк да бар эле.

* * *

Качике Сашанын катын атактуу кат деп атап, кечки бош убакта бу каттын аягын окуй баштады.

«...Эми мен өз башыма келейин. Мен жакында Люсядан кат алдым. Сени кат жазды, анча-мынча грамматика жагынан ката-

сы болбосо орус тилин жакшы билет экен, сүйлөмдөрү эң жакшы экен дептир. Иши кылып сени мактайт. Мен болсо бу жерде эки ойлуу болуп жүрүп жатам. Мени кудай урду, эмнеликтен дебейсиңби? Турмуштун өзү менин кулагымды бурап жатат. Тиги институтта окуган неме болсо, сен болсо чала сабат шахтер болсоң, экөөңүн оокатың келишмек беле? Сен жердин астындагы көмүрдү тиктесең, ал окуусун тиктейт, окубай теги койбойт, окуп бүткөндөн кийин доктор болуп басып кетет, сенин капкара чаңыңды жыттап отурмак беле, фу деп, жийиркенер да турар. Андан көрө өзүңө окшоп шахтада иштеген же бир карапайым кызмат кылган өзүңө тең бирөөгө үйлөн да, оокатыңды кыл дешет. Булар деле туура айтат го дейм. Чын, эле доктор болуучу немени алып алып, өзүм чала сабаттуу болсом кантип оокат кылам? Ал боюна чаң жугузбай, үлпүлдөп турса, мен желмогуздай капкара болуп жердин астынан чыгып келсем, үйгө келгенде бир бирибизди таанубай отурсак – мында кандай турмуш болот? Анын үстүнө кээде балдар менен ичип келсем мени ит катары эле көрбөйбү? Мына буларды ойлосом, Костенка, өзүм да айнып кетем. Чын эле, өз чөйрөм менен, өз теңим менен жүрсөм болбойбу? Анда мага жеңил болот го дейм. Доктор аял менен кысылып жашап эмне кылам? Анан уруш-чатак чыгар. Ит менен мышыкча ырылдашып жүрүп, акыры бир күн ажырашып кетербиз. Карыялар: турмуш бир бузулуп алгандан кийин кайта оңолушу кыйын болот, балким бала да болуп калар, анан азаптын үстүнө азап боло берет дешет. Иши кылып, башым маң болду, Костенка, бир кеңеш бербесең болбойт. Азыр сырымды Люсяга айталекмин, айткандан да корком. Өзүм менен өзүм кеңешсем көңүлүм Люся жакта. Жакшы көрөм. Сенден жашыра турган эчтемем жок болгондон кийин, сага дагы бир сырымды айтып коёюн.

Люся мен тарапка биротоло ооп калганын билгенден кийин, мен эркектик кылып, Люся менен жакындашып алайын деп, Люсяга асыла баштадым. Люся менин максатымды дароо сезди окшойт, акырын эркелетип, кагып коюп жүрдү да, бир күнү мага бир китеп апкелип берип, «Ушуну окуп чык»,– деди. Мен аны

окумак турсун, колума алып кармап да көргөн эмесмин. Бу китеп Лев Толстойдун «Воскресеньеси» экен. Башымды көтөрбөй, кызыгып окуп чыктым. Менин көз алдыма Нехлюдов, Екатерина Масловалар келе баштады. Катянын абалы мени ойлонтуп, жаман аянычтуу көрүндү. Күнү-түнү Катя көз алдыман кетпей койду.

Бир күнү Люся:

– Окуп бүттүңүзбү? Ээсине бермек элем, – деди, жылмайынкы күлүмсүрөп.

Люся мени катында да «Сиз» дейт.

– Түшүнгөндүрсүз? – деди, күлүмсүрөшүн жазбай. Көзү куу кишинин көзүндөй ойноп турду.

– Түшүндүм, бирок мен өзүмдү Нехлюдов эмесмин го деп ойлойм, Люсенька,– дедим.

– Туура. Эркектин баары мен Нехлюдов эмесмин дейт, бирок Нехлюдовдун иштегенин иштеп кетиштен качпайт, – деди Люся.

– Бирок... ар ким... ар башка... – деп, айтар сөз таппай калдым.

– Ошондой! Ошондой! Мындан кийин... – деди да, колумдагы китепти акырын тартып алды.

Мен уялып кеттим да, аргасыз күлүп:

– Куу экенсиз, оозумду күйгүзүп койдуңуз, колу-бутумду жиби жок байлап салдыңыз, койдум, койдум, – дедим да, тим болдум.

Көрдүңбү, Люся мына мындай киши экен, мен аны тим эле бир ойноп-күлүп, тамаша кылганды жакшы көргөн неме го дептирмин. Мени билгизбей уяткарып, катуу сындырып салды. Балакет неме экен, Костенка! Буга караганда Люся мага караганда окуу жагынан да, акыл-эс жагынан да өйдө, алда канча жогору турган киши. Мындай кишиге өзүмдү таңып эмне кылам?..

Мына ушуну менен, Костенка, ичимдегинин баарын айттым. Өз турмушума өзүм ишене албай, чайналып турам.

Колумду сунуп айга жетким келет, жаркырап турган толгон айды колум менен кармап, көкүрөгүмө кыскым келет, бирок көңүл каалаган менен ага жетмек кайда?..»

## XXIII

«Эчки тууй албай жатып, койго арачы болот имиш!» деп, кыргыздар өз колуңан эчтеме келбесе да, бирөөгө акыл үйрөтөм деген кишини шылдың кылып, күлчү эле, мен да ошо болуп турам э-э, – деди күлүп Качыке. – Мейли, балким, мен өмүр бою ойлогон оюма, тилеген максатыма жетпей, көрүнгөн уу тилдүү катындарга жем болуп жүрүп өтөрмүн, бирок, кеңеш, акыл сураган кишиден неге аяныш керек?» деди да, Качике Саша менен Люсяга кат жазды. Өз үйүнө, зайыбына кат жазганда Качике кандай кыйналып, сөз табалбай, чынын да айталбай, кээде (эки бетин басып туруп) эки жүздүүлүк кылса, Саша менен Люсяга, кээде Апсаматка кат жазганда Качике өз азабын унутуп, Кыдырбек айткандай, көңүлү таптаза, чайыттай болуп ачылып, жыргап, балдар менен кутуруп ойноп калчу болду, Өзүнүн дивизиясындагы жолдоштору көз алдынан кетпей, аларга көп жазды, бирок, негедир алардан жооп болбоду. Муну Качике такыр түшүнбөй жүрдү.

Люся менен Саша экөө тең жаш, бири келечектеги доктор, бири көмүрчү. Мындайча, сыртынан алып караганда экөөнө баш кошуу өтө эле келишпеген, одоно иш. Ал эми Люся жакшы биле туруп Сашаны жакшы көрүп отурбайбы. Люся шайыр, турмушка шар кетчү кыз. Ал турмуштун кыйынчылыгынан коркпой, ишенчек аттай кашаң, тартынчак Сашаны жетелеп сүйрөп кетиши мүмкүн, эгер Саша жетекке көнүп берсе, Люся Сашаны эмитеден эле окута баштаптыр. Сашанын жаман оюн кээ бир аялдарча чаңкылдап орой какпай, же какпаса да ага жалынып, сөз менен көндүрөм деп убара болбой, же көөнүн кыялбай көз жумдуга салбай акырын гана күлүп туруп, Толстойдун «Воскресеньеси» менен бетке урду. Саша «Воскресеньени» биринчи окуп, китептен чоң таасир, таалим алды. Люсянын Саша менен жашыруун ойногон оюну ийгиликтүү чыгып, бул оюнда Люся Сашаны жеңип алды, жеңмек турсун катуу сындырып уят кылды. Эгерде Саша бу китепти окуп чыккандан кийин да эчтеме түшүнбөй, Катяга боору ачыбай, аны кайта шылдың кылып күлсө,

анда, балким, Люся Саша менен үзүр-маазир айтышат беле? Аны айтышпаса да көңүлү калып, жипкирип калат болучу. Саша бул сыноодон өткөндөн кийин Люсяга андан бетер жакшы көрүнүп, анын келечек таалайын ойлонуп, Люся түрлүү мүмкүнчүлүктөрдү ойлоп, тилек кыла баштады. Бул Люсянын келечекти көрө билген көздүүлүгү эле.

Качике Люся менен Сашага кат жазып отурганда мына ушуларды ойлоп, экөөнө тең ушул мазмунда кат жазды.

## XXIV

Качике бир күнү өз взводу менен окуу жайынын клубунда боло турган митингиге барды. Бул митинг кайсы, кандай салтанатка байланыштуу болуп жатканын Качике кийин эстей алган жок. Бирок бул митингиге шаардын жумушчулары (согуш өндүрүшүндө иштеген жумушчулар болуш керек) катышып, куттуктоо сөздөр сүйлөп жатышты. Митингини училищенин комиссары полковник Печанский башкарды.

Полковник бир кезде паланча ротанын рота газетасынын редактору старший сержант Секеевге сөз берилет деп калды. Клубдун залында курсанттар менен аралаш офицерлер да отурган. Зал тыптынч боло түштү да, Качикенин кулагына:

– О, бу айтар сөздү табат! – деген кобур угулуп калды. Муну айткан алдыраакта отурган офицер эле. Трибунага орто бойлуу, балким орто бойлуудан да жапалдашыраак, өңү кара сур, бирок кубара, бетинде майда кара сепкили же майда чаары бар, шылкыйган старший сержант чыкты. Негедир алдыда отургандардын бир тобу кол чаап жиберишти. Сүйлөй элек немени мактап, ага кол чаап калганы эмнеси деп, Качике таң калды да, старший сержанттын сөзүнө кунтун койду.

Качике чечен сүйлөгөн көп кишинин сөзүн укту эле, бирок Секеевдин сүйлөшү булардын эч кимисине окшободу. Секеев кыйкырган да жок, сүрдөгөн да жок, өз сөзүнө маашыр болуп, элирип да кеткен жок жай салмак менен баштады, да, бара-бара ээрди-ээрдине тийбей кетти. Отургандар Секеевдин үнүн тың-

шабай сөзүн тыңшап турушту. Анын ар бир сөзү уккулуктуу, мазмундуу, ар ким өзү сүйлөп тургансыйт. Кыргыздар ырчы ырдаганда анын үнүнөн да сөзүн тыңшайт. Үнү сонун обончу мыкты обонго салып, булбул болуп сайрап берсе да сөзү жакшы угулбаса «Сөзү жакшы угулбайт экен!» деп, нааразы болуп калышат. Бирок сөздү (кээде жаман сөздү да) сөз кылып, аны уккулуктуу кылып турган да обон, үн, музыка эмеспи.

Чаңкылдабаган коюу, коңур үнү менен сөзү айкаша калып, сөзү да мазмундуу болуп турду. Бүт зал Секеевдин сөзүн былк этпей отуруп укту. Орустун тилин да Секеев Качике уккан кишилердей сүйлөгөн жок. Сулуу, орустар айткан «канаттуу сөздөрдү» издебей, карапайым гана тил менен, чала-була чалып, акцент менен сүйлөдү. Акцентине караганда Секеев кыргыздан башка улуттан болбоо керек эле. Анын сөзү барскан сокконсуп, ачык, түшүнүктүү, тарс-тарс этип, кайрат, күч менен ширелгендей чыгып, бу жигиттин ак ниет, кайраттуу, кайсы ишке болсо да тайманбай кирип, кесе сүйлөп, кесе иштеген чыйрактыгын көрсөтүп турду. Айтор ал өз ротасынын ишинен башка эл аралык маселеге токтолгон жок; мына ошолорго токтолбой, өз ишин айткандыктанбы, Секеев кыска сүйлөп трибунадан түшүп баратканда бүт зал дүркүрөп кол чаап, бир топко токтобой койду.

Кимдир бирөө:

– Молодец! – деп да жиберди.

Секеевдин сөзүнүн эмнеси көпчүлүккө мынчалык жагып, мынчалык таасир эткенине Качике көп түшүнө бербей таң калып, митинг бүткөндөн кийин тышка чыкты. Тышта аны офицерлер, курсанттар тегеректешип алып, бирдеме дешип, күпүлдөшүп сүйлөшүп жаткан эле. Качике булардын жанына барып, мүмкүн болсо Секеев менен таанышайын деп турганда булардын взводу тизилип калып, Качике взводу менен кете берген болучу.

Мындан кийин көп убакыт өтпөй, Качикелердин ротасына бир старший лейтенант менен Секеевдин өзү келди. Кузнецов курсанттар менен жайынча кызыл бурчта сүйлөшүп отурган.

– Биз силердин газетаңарды көрөлү деп келдик. Мына бу старший сержант биздин газетанын баш радактору. Силердин

газетанын мактоосун угуптур. Таанышсам дейт, уруксат кыласыңарбы? – деп тамашага салды. Бул бир стрелковый ротанын командири эле.

– Уруксат жок, – деди Кузнецов, тамаша менен жооп берип, – биздин газетанын баш редактору келмейинче уруксат жок, Ормонов, Пантелеевди чакырып келе коюңузчу, – деди. Качике так эшиктин озунда жөлөнүп турган эле.

Качике кетер менен дубалда илинип турган кол жазма газетаны карап турган Секеев артына бурулуп, лейтенант Кузнецовдон сурап калды.

– Бу ким? Кайсы улуттан экен, жолдош лейтенант?

– Бу кыргыз. Өзүңүзчү? – деди лейтенант.

– Мен да кыргызмын, – деди Секеев, өңү жылмая түшүп. – Кайсы жерден болду экен? – деди өзүнчө.

– Муну кара! Мен сени жердешиңе апкелген турбайымбы? – деди Секеевдин командири, старший лейтенант.

– Газетаңарды, жаман деп айталбайм, – деди Секеев Пантелеев келгенден кийин, – ар бир тема жакшы боёк менен жакшы жазылып, бадырайып көрүнүп турат, көркөм. Бирок газетада партиялык комсомолдук турмуш жок катары экен. Курсанттардын турмушу, булардын окуусу, жетишкен-жетишпегени жок, көбүнчө үгүт. Куру үгүттөн көрө турмуштун өзүн бетке кармаш керек, кандай дейсиз, жолдош редактор?

Пантелеевдин каракөк өңү чыңалып, кызарганы билинип:

– Ар бир санда эле партиялык-комсомолдук турмуш боло бермек беле? – деди Пантелеев, наараазы болгон үн менен.

– Менимче ар бир санда ар башка темада партиялык-комсомолдук турмуш көрсөтүлүп туруш керек, – деди Сакеев.

Пантелеев тултуюп, унчукпай калды.

– Бул ушундай, киши көрбөгөндү көрүп, киши укпаганды айтат, – деди көтөрүлүп, Секеевдин командири.

– Бизге жалпы училищенин газеталарынын баарын бир көрүп чыга турган көргөзмө катарында бирдеме уюштуруш керек, жолдош старший лейтенант, сиз жолдош батальонный комиссар менен сүйлөшсөңүз жакшы болор эле. Бизге тажрыйба алмашып,

мындан нары газеталардын ишин кандай кылып оңдош маселесин чечишибиз керек, – Секеев Пантелеевге карады: – Сиз кандай ойлойсуз?

– Эң жакшы, болор эле, – деди Пантелеев, ичинен көргөзмөдө шексиз биринчиликти аларына көзү жетип.

Бул сөз болуп жатканда политрук капитан Ковалеров келди.

– Капитандын келгени жакшы болбодубу, – деп, старший лейтенант кубанып кетти да, Секеевдин пикирин, өздөрүнүн эмнеге келгенин айтып берди.

– Жакшы демилге экен, муну биз уюштуруу чарасын көрөбүз, мен полковник Песчанскийге айтамын,– деди.

* * *

– Кош, тууган, кайсы жерден болосуң? – деди Качике.

– Кольцовкадан, билесизби? – деди Секеев. Качике жердин атын биле берчү эмес, анткени шаардан тышкары бир жакка чыгып көргөн киши эмес эле.

– Тоңдучу? – деди Секеев, Качикенин кысталып турганын түшүнүп.

Тоң дегенди Качикенин анча-мынча кулагы чалган. «Билем» деп, араң айтты.

– Жоомарттычы?

– Билбегенде, бир мектепте окугамын, – деди Качике, экзамен берип жатканда билбеген темасынан билген темасына өткөнсүп, кубанып.

– Жоомарт менин жездем,– деди Секеев, – зайыбы мага эже болот.

Качике кубанып, таң калганынан айтар сөзүн таппай:

– О-о, жакшы, жакшы! – дей берди.

– Атың ким?

– Тыным.

– Ата-энең, зайыбың барбы?

– Бар, деди да, кичине ойлоно түшкөнсүп, – аялымды жаңы эле алганда согушка кеттим, оор жарадар болдум, согуштун эң

кыйын учурун биз тарткан экенбиз, – деди Тыным, Качикенин да жарадар болгонун белгисинен көрүп.

– Кат келип турабы?

– Келип турат, сиздин го бала-чакаңыз чоңоюп калгандыр, үй-бүлөңүз тынч бекен?

– Тынч, – деди Качике, Тынымдан уялып.

Ушу жерден Качике менен Секеев экөөнүн тагдыр жолдору учурашкан эле.

## XXV

Тургамбайдан кат келбегенине үч айга жакындап бараткандан Чотур баш болуп баары чочуп, Айдайкан ыйлактап, болор-болбостон эле орду жок уңкулдай берип, кээде Канышайымдан тил да угуп, булардын үй ичи үрпөйүп турду, негедир бул эле жердеги шаарда турган Берметтен да кат жок. Кыдырбектен кийинки Берметтин абалы да Канышайымды өтө катуу убайымга салып, тынчытпай койду. «Балам эмне болот, майып болуп калбагай эле!» деп, эне байкуштун санаасы санга бөлүнө берди.

– Шаарга барып келчи, Берметтен да кат жок, баланын эмне болуп жатканын билип кел, ооруп калдыбы... – деп, Канышайым Чотурдун тынчын алды.

Чотур шаарга келип, Жамалкандыкына түштү.

Чотур Молдоыбырайымдыкына барып, мында келелек эле. Кызына анча-мынча эт-аш ала келген Чотур Жаманкулга бата окуп, Канышты институтка Берметке жибертти.

Жаз чыгып, күн жылып калган кез, Бермет кара костюмчан, мурункусунан да бою узаргансып, өңү шалпайып, андан бетер муңайым, сулуу тартып кирип келди.

Чотур кызын көрүп, өңү биртике азып калганы болбосо кызымдын дени сак эле экен деп, санаасы тынды.

Бермет болсо атам менин Кыдырбек менен байланыштуу экенимди а түгүл Кыдырбектин кабарын уккандан кийинки эсимдин ооп калганын угуп койдубу деп, чочулап, атасынын

көзүнө тик карай албай, жалтанып турду. Жамалкан эжем бирдеме дей койдубу деп да коркту.

Бирок Жамалкан мурункусундай болбой, көп да күлбөй, токтолуп калгансып, оор-басырыктуу болуп калган эле. Жамалкан Чотурдун үйүн сурагандан башка, кеп салбай, койгон тамакты улам карап коюп, Чотур менен жай сүйлөшүп отурган. Бермет келелектен мурун Чотур иниси Тургамбайдан кат келбей, чочуп турганын айтып жаткан.

– Апам, жеңемдер, балдар жакшыбы? – деп Бермет Жамалкандын жанына орундук коюп отурду. Чотур жерде шырдакта.

– Бермет, тиги тамакты карап койчу, – деди Жамалкан – кемпирибиз балдар менен тышта, бакка чыгып кетишти, магазинге да барып келеби; бериле турган тамак ашыбызды да убагында алалбай атабыз. Айыл кандай? Элдин курсагы кантип атат?

– Шаарда туруп баёк (паек) жеп аткан силердин курсагыңар бу болгондон кийин эмгек күнүнө эчтеме албаган элдин курсагы кантет. Тиричилик күндөн күнгө кыйындап баратат. Киши айткандан да заарканат. Кийим жок, тамак начар, бирин-серин колунда барлар гана кичине дурус тургансышат, – деди да, сүйлөгүсү келбегенсип, Чотур унчукпай калды.

– Бизге быйыл жер берди, бирдеме айдап алгыла дейт, аны кантеримди билбейм, жалгыз бой кишимин деп жатып алсам болор эмес, жапа тырмак киришип, бирдеме айдан алабызбы деп турам. Жумуш кылган колуман да келчү эмес эле, тырмаңдап көрөм да... – деп, Жамалкан муңайыңкы күлүмсүрөп койду.

Тургамбайдан кат келбегенин Чотур кызына айталбай турганда Бермет өзү баштап:

– Абаман кат барбы? – деди.

– Абаңан кат сага келгендир дедим эле, бизге жазбаганы көп болуп калды, – деди Чотур, кызынын бетине тиктебей. – Абаң эмес бу жерде туруп сен жазбай койдуң, алыстагы абаңды айтып коёбуз.

– Анан чаап калдыңар? – деди Бермет.

– Мен чапмак белем, апаң айдады, келдим. «Кызым ооруп калдыбы», – деп ыйлактап, тынчымды алды, икзам болуп колу

бошобой жаткандыр десем болбойт, – деди Чотур, оозу тың сүйлөгөнү менен ичинен Тургамбайды ойлоп, ичи тызылдап.

Тургамбайдын Великие Луки шаарынын багытында экенин, бу багытта катуу согуш болуп, бу шаардын алынганын Бермет жакшы билүчү. Бу багытта катуу согуш башталгандан тартып абасынан кат үзүлгөнүнөн Бермет коркуп, үйгө эмне деп жазарын билбей, ошондуктан кат да жазбай жүргөн. Бермет атасынын да ичинде эмнелер болуп жатканын билип турду. Бирок Бермет абасы Тургамбайды эмес, өзүнүн Кыдырбегин көп ойлоп, Кыдырбегинин кайгысын тартып жүргөн. Өз бир tууган агасынан Кыдырбекти жакын көрүп, Кыдырбекти бир заматка көңүлүнөн чыгаралбаганына таң калып, канчалык Тургамбайды көбүрөөк ойлоноюн десе да баарынан, атүгүл ата-энесинен да Кыдырбек жакын көрүнүп туруп алды. Эч кандай күч Кыдырбекти көкүрөгүнөн сууруп кеталбасын, башкалардын эч кимиси жүрөктү Кыдырбектей, бийлей алалбасын билгенден кийин, бул тууралу өзү менен өзү күрөштү токтотуп, өз ичинде Бермет жалгыз Кыдырбеги менен кала бергенсиди.

## XXVI

Күтпөгөн жерден согушка кеткен Мырзабек кайра келди. Келери менен шаардагы кайгылуу жаңылыктын бири Жамалкандын күйөөсүнүн кабарын угуп, ошол замат Жамалкандыкына жөнөдү, бирок, өзү жалгыз келалбай, каңгырап жүргөндө Чынаркан жолугуп калып, Мырзабек сүйүнүп кетти,

– Жеңе, жеңе! – деп, оозу чормоңдоп, көзү күлүңдөп, Чынаркандын колун коё бербей, жулкулдатып, аман-эсендигин сурап турду. – Мени тиги жеңемкине ээрчитип барбасаңыз болбойт, жалгыз барыштан коркуп турам. Жеңе, жеңе, жеңеси! – мен, куудулданып, «Жеңе, жеңе, жеңсал, төшөгүңдү кең сал!» деген элдин эски ырынын башын ырдап, «Сиз да бул ырды уккандырсыз!» дегенсип турду. Чынаркан Мырзабектин жаныт-масын түшүнүп, күлүмсүрөп:

– Кайсы жеңеңиз? – деди, Жамалкан экенин биле туруп.

– Жаш жеңемчи, күйөөсү курман болгон, жүрүңүз, колтуктап алайынбы? Колтугуңуз жылуу экен, эч кимдин колу тиелекпи? – деп, Чынарканды колтуктап алды.

– Жок, жок, мени киши колтуктабайт.

– Биздин колдун зыяны жок, мына... маселен... кармаган жерден кан чыгарган катуу колдордон коркуңуз, же андайдан коркпойсузбу? Качике агай кандай? Оролдогу согуш окуу жайында экен деп уктум. Кат жазып турабы?

Же... – деп, мулжуңдап туюк күлүп койду.

– Эмне «же?» – деди Чынаркан күлүмсүрөп, Мырзабектин тийишкиси келип турганын өрчүткүсү келип.

– Же Оролдун кыздары ороп кетип, кат жазбай жатабы деймда.

– Ошентип көрсүнчү!

– Оролго да колуңуз жетеби?

– Жетет. Билип коём.

– О, сиз коркунучтуу киши экенсиз. Көзүңүз да көрөнөк, кулагыңыз да уганак, анын үстүнө колуңуз да узун болсо... Сизден качып кутулуш кыйын экен! – деди Мырзабек, Качикенин кутулалбай жүргөнүн жандатып айтып.

Чынаркандын узун кирпиктери бириндеп, бети түктүйүп, капкара көздөрүнүн агы тегеренип, ачуусу келди.

– Сиздей карышча катын албай бойдок жүргөн киши эмне билмек эле! Качкан, бозгонду коюп, үйлөнүңүз.

– Корком, тиштеп алуучусуна кабылып каламбы деп корком.

– Аялдын тиши тиймейин эркек адам болбойт, сизге окшоп аңги чайнаакы болуп жүрө берет, – деди Чынаркан, Мырзабекке тиш салып.

Чынаркандын уу тилин анча-мынча билип калган, нары угуп жүргөн Мырзабек сактана түшүп, «аңги», «чайнаакы» дегенине көп түшүнө бербесе да аңги дегенинен уялып кетти. «Бу кишинин оозунан кыргыздар айткандай, ак иткирип, кара ит чыга берет окшойт, байкуш Качике!» деди да:

– Болду, болду жеңе, наржагын оозуңдан чыгара көрбөңүз, жыгылыштуу болдум, – деп, экинчи бу тууралу сүйлөшүп, ачуусу

келе түшкөн неменин андан бетер жинине тийгиси келбей, Мырзабек оозун басты.

– Бир жолу келдиңизби? – деди Чынаркан, ичинен Мырзабек уялып калды го, сөзгө алаксытайын деп, Мырзабек болсо бул аял менен тамашалашканда сагыраак болбосо, тамашаны чынга айлантып кетмеси бар, каардуу катын экен деп, Чынарканды ичинен жаман көрүп келаткан. «Кер ооз кишиге кези келгенде уят-сыйыттын деле кереги түгөнүп, абийирди тепсеп кете берет турбайбы!» деп, ойго батып калган эле.

Мырзабек Чынаркандын суроосун чала угуп калып:

– А? – деди.

Чынаркан кайта айтты.

– Билбейм, азырынча кайтарды, же дагы чакырып калабы,– деп ачык айткан жок. Мырзабектин жаралуу колунан улам жараксыз таап, комиссия биротоло бошоткон болучу.

Жамалкандын үйүндө Солтонкул, Салийма, Берметтер бар эле. Мырзабек баарыдан мурда Берметти көрүп, кыпкызыл болуп, көзү тостоё түшүп, жашылданып кетти. Солтонкул менен Салиймалар ошондуктан Мырзабекти ыйлап кирген экен дешти. Жамалкан Мырзабектин өңүн көрөр замат буркурап жиберди. Мырзабектин Берметтен уялып, өзүнүн баякы жазган каты, Берметтин сылык жообу, Бермет – баары аралашып, Мырзабектин көзү эчтеме көрбөй, Жамалкан бу жакта калганын эч ким байкаган жок, анткени Мырзабек Берметке кат жазып, ичинен ашык болуп жүргөнүн эч кимге айткан эмес болучу. Ал эми Жамалканды кучактап, акырын далысын таптап, сооротуп турганда чын эле көзүнөн жаш чыгып кетип, баары билинбей калды. Бермет да бир башкача болуп, өңү бир кубарып, бир кызарып, ашканага кирип чыгып жүрдү. Анын не абалда жүргөнүн Берметтин өзүнөн башка киши билчү эмес. Бермет Жамалкан менен да кыска сүйлөшүп, эчтеке айтпай койгон. Бермет менен Кыдырбектин арасын Жамалкан жакшы билбегендиктен кайдыгер гана:

– Кыдырбек байкуш дайынсыз дейт ко,– дегенде Бермет: «Уккамын, эже...» деп, унчукпай, койгон. Кыздын кыртышы сүйбөй турганын байкап, Жамалкан такыктап сурай алган эмес.

Эми бу жерде Мырзабек өзүнөн-өзү коомайсынып, тердеп, жүдөп, Берметке тигилип карай албай отурду. Мырзабектин кайда жүрсө айта жүргөн шылдыңдары, күлкүсү – баары, баары чыгып кетти. Неликтен? Мырзабек Берметти ушу күнгө чейин унуталбай, сүйгөн жигити бар экенин биле туруп, Берметтен алыстай албай жүргөн болучу.

– Карындашым, мага бир муздак суу берип коюңузчу, – деди Мырзабек Берметке карап, – ичим ысып-күйүп баратат...

Мырзабектин бу сөзү түздөн-түз Берметке гана тиешелүү болгон, аны жалгыз Бермет гана түшүнө турган сөз эле. «Жок дегенде колунан бир чыны суу ичип калайын!..» – деди ичинен Мырзабек. Муну түшүнгөн Бермет чынины таптаза кылып жууп туруп, мелт-калт куюлган туптунук суу берди. «Сууң да өзүңдөй туптунук экен, сен куйган суу тунук болбой койбойт эле, аттиң, мына бу колдоруңдан өөп, көкүрөгүмө кысып турбадым!..» Өз ичинен куудулданып, тостогой көзү күлүңдөп, сууну бир топко албай турду.

– Кыздын колу талып кетти, чынины албайсызбы, – деди Солтонкул.

– А? Кечириңиз колуңузду талдырсам, – деди Мырзабек.

– Атайы маалкатып атпайбы? – деп, Салийма күлдү.

– Ушундай билбестик жайым бар, – деди Мырзабек Берметтин колунан акырын чынины алып чыны колуна тийгенде колу калчылдап, суу чайпалып, төгүлүп кетти.

– А ырысың төгүлгөн, Мырзабек! Ушу кыздын колу, сунуп турган чынины да түздөп кармай албай, ичиндеги сууну төгүп алып, чаңкагың канбай калды... Бир куурагыр экенсиң да!.. – деди Мырзабек.

Бу сөзгө башкалар түгүл Жамалкан да күлүп жиберди.

– И, ошондой болот, колдогу ырысты төгүп алгандар толуп атпайбы, кыздын колундагыны бир колдоп эмес, кош колдоп кармаш керек эле,– деди күлүп, Салийма.

– Чайнаакы болуп калган да! – деди табалагансып,Чынаркан.

– Алда жеңе айя, жанакысын кошуп айтсаңыз түшүнөт элем, мунуңузга түшүнбөй калдым! – деди Мырзабек.

– Чайнаакысы эмнеси? – деп, Солтонкул Салиймадан шыбырап сурады. Салийма «билбейм» деп эриндерин чүйрүп, ийнин кысты. Түшүнбөгөн бу сөзгө эч ким күлгөн жок.

– «Буюрбаган ашка мурун канайт» деген ушу, жаш жеңе тагдырга чарабыз жок, капа болбой, белди бек байлап, оокатыңызды кылалы, – деп, оор улутунуп, чыныны кайра Берметке сунду. Бермет бир аз нымшып, баарына түшүнүп, акырын чыныны алып, суйкайган бойдон басып кетти.

Мырзабек тамашанын ортосунда Берметке бир топ сөз айтып алган эле.

* * *

Чынаркан, Берметтер кеткенден кийин Солтонкул Салиймага көзүн кысып коюп:

– Ай Мырзабек, ушундай кызды качырбаган сен да жигитсиңби? – деди.

– Кыздын ээси болсо кантесиңер? – деди Жамалкан жылмайып. – Ээси бар экени чын болсо, анда ал алыста…

– А ким экен? – деди Мырзабек, билбемишке салып, таң калымыш болуп.

– И, и, баякы го, аты ким эле? – деди Салийма, – ошо бала менен сүйлөшүп кеткенби? Аты…

– Кыдырбек, – деди Жамалкан. – А бала менен сүйлөшүп кеткенин жакшы биле бербеймин. Бермет чечилип сырын айта берүүчү кыз эмес. Бирок бала дайынсыз жоголду деген кат келиптир. Билбейм, ошондон бери суз тартып калды. Кыдырбек менен кандай элеңер дейин деп сөз кылсам айтпай койду.

«Азаматсың, Бермет!»– деди ичинен Мырзабек,

– Анда кыз тиги жигитти сүйүп калган го? – деди Салима.

– Ошондой го, Бермет таш болуп катып калды. Жана, Мырзабек тамашалап сүйлөп атса, бир солк этип койгон жок. Көңүлү башка жакта жүрсө керек, – деди Жамалкан.

– Кызга кыйын болгон экен… – деди Мырзабек тостойгон көзү кыпкызыл болуп, жер карап.

Бу сөздөн кийин Мырзабек унчукпай бир аз отурду да, кыргыздар айтуучу куюлушкан сөздөрдү айталбаганы менен Жамалканга өз билген сөзү менен көңүл айтып, отур десе да болбой, кетип калды.

– Буга эмне болду? – деп, таң калып калышты.

– Берметке боору ооруду го, – деп, Салийма Мырзабектин ичиндегисин түшүнбөй, күлдү.

## XXVII

Мырзабек өзүнө жарашпаган аскер формасы (фуражка, гимнастерка) менен, өкчөсү кыйшайган өтүгүн майрыңдатып, Дзержинский көчөсүнүн аллеясы менен жогору карай басып баратты. Күн кызарып батып бараткан. Март айынын жылуусу кечке жуук кайтып, болор болбос жел согуп, суук тартып турду. Жаңыдан гана бүрдөйүн деп келаткан эмен, кара жыгачтардын башы батып бараткан күндүн кызгылт нуруна чалдыгып, бактын арасынан ала тоонун Мырзабекке көрүнүп турган ак кардуу чокулары кыпкызыл болуп күйүп турса, төмөнкү этектери кара көк тартып, жылгаларында кара булут жаткансыйт.

«Тоонун чокусунда күндүн нуру ойноп турса, төмөн жагы түнөрүп тургансыйт, художник үчүн бул эң сонун контраст. Художник тоонун чокуларын ачык боёк менен кубанычтуу, салтанаттуу кылып, этек жагын– түнөртүп коёр эле, балким. Бирок күндүн нуру ойноп, сулуу көрүнүп турган тоонун тетиги чокуларында бороон согуп, кар аралаш суук шамал сапырып тургандыр. Баарын өзгөртүп, баарын кубултуп, кулпуртуп, сулуу кылып турган күндүн нуру? Адам баласынын көкүрөгүндө да тетиги тоонун чокусундай бирде бороон жүрүп, алай-дүлөй түшөт, тоонун көлү толкугандай бууракандап жаның козголуп, өркөчтөнүп, оодарылат. Мына ошондо тиги батып бараткан же чыгып келаткан күндүн нуру сыяктанган жаркыраган шоола көкүрөктү жарык кылбаса, адамдын ичи түн түшкөндөй капкараңгы болор эле. Бул жарык – адамдын үмүтү, тилеги, максаты. Тоонун тетиги чокуларынын да, кээде ойдуңдагы өзөндөй, тып-

тынч болуп, мелтиреп турмасы болот. Ах! Тоо да ошентип дайым мелтиреп адамдын да көңүлү дайым тынч болчу! Жок, анда тоо үчүн күндүн нурунун да, адам үчүн үмүт, тилектин да кереги жок болор эле, анда турмуш кызыксыз, өзгөрүүсүз, ыйы да жок, кубанычы да жок, татыксыз болор беле дейм? Мен ойлодум эле.– Жок, ойлобой эле түпсүз ишенгемин... Берметтин сүйүп жүргөн жигити тынч турмушта жашаган ушу жердеги бирөө дегемин. Көрсө... согушта кармашып, бороон аралап, өзү да бороон салып, тополоң түшүп, өзү да тополоң түшүрүп жүргөн жигит турбайбы!.. Ошондо да а жигиттин көңүлүн бийигине күндүн, нуру, жарык кылып турган үмүт, тилек, максаты бар. Ал жарыктын оң жарыгы Бермет болгондур.

Согушта зайыбы менен бирге жүрүп согушкан кишини көрдүм Кыргыздар: «Бирде жакшылыкта, бирде жамандыкта» дешет. Бул эмне деген сөз? Жакшылыкты бир көрүп, жамандыкты бир тарталы дегени. О, бул өтө аскар сөз, бул турмуштун чыныгы жүзү.

Азыр Берметтин жаны кейиште. Бирок кейиштин да кейиши бар. Бермет кандай кейиш менен кейип жүргөнүн мен билалбайм, бирок менин сезгениме караганда Бермет жөн эле кейий бере турган киши эмес. Мен Берметти сүйдүм, бирок анын көңүлү башкада экенин билбей сүйдүм (сүйдүмбү? Сүйө турган учурга жетпей туруп эле бир кат жазып калгамын да!). Эми Берметтей кызды сүйгөнүм үчүн менин арманым жок. Мейли, мени сүйбөсө сүйбөсүн! Ал мени чанып сүйбөй койгон эместир...

Мына эми Берметтин Кыдырбеги дайынсыз жоголду. Ачык эле айтып, маселен, өлдү дейли. Берметтин көкүрөгүн жарык кылып турган чырагы, маселен, өчтү дейли. Биротоло Кыдырбегинен үмүтү үзүлсүн. Мына ошондо Бермет эмне кылат? Эмне кылалат? Эмне кылышы керек? Мына булар мага белгисиз. Берметти турмуш, турмуштун адам баласы кыялбаган закону жеңип, Бермет бийиктен төмөн, паска, ойдуңга түшүп, бир паста болбосо да бир топто барып таркаган булуттай жок болобу, же бийикке созгон колун тартпай, кайта андан да бийикке асылабы? Жүрөгү кансырап турса да көкүрөктү тилген ташы курч асканын бийигине тырмышабы? Же...

Эгерде Бермет Кыдырбегин чын сүйүп, аны унуткусу келбесе, Бермет өзүнүн боюн төмөн таштабас, таштоого мүмкүн да эмес.

Ушул учурда Берметке бирөө кеп айтса эмне болор эле? Мисалы, мен! О, анда бирөөнүн жаралуу болуп турганын көрө туруп, ал жараны таңып, байлаштын ордуна оозу ачылып турган жараны кайта чукуп алгандай болор эле... О, жок, жок... адамдык жышанасы бар эч ким муну иштей албайт...»

– Мырзабек эч кимди көрбөй, жер карап ойлонуп келатканда кимдир бирөө:

– Мырзабек! – деп чакырды. Бул үн бир эмес бир нече жолу чыккан эле. Акыры Мырзабек угуп:

– А? – деди адатынча.

– Сен эмне дүлөй болуп калгансыңбы? – деди жолдун наркы бетинде турган пальточон, жылуу шарф менен мойнун ороп, башына тумак кийип алган бирөө. Бул Мырзабектин жаш бала чагынан берки жолдошу Жапаркул эле. Бул экөө жакындан бери бирге туруучу.

– Акын киши да (Жапаркул жаш акын эле) ушундай суроо берeби? Жүрөк сүйлөп турганда кулак укпай каларын билбейсиңби? – деди Мырзабек, күлүмсүрөп.

Жапаркул күрөк тиштерин арсаңдатып күлүп энтигип дем алып турду. Ал учук оорулуу эле.

– Кайда бастың? – деди Мырзабек.

– Кайда бассам? Тим эле көчөдө басып жүргүм келип турат. Үй суук, отуралбай койдум, иштесемби дедим эле... Жапаркул жөтөлүп койду.

– Иштегиң келип турабы?

– Иштегим келбегенде... бир поэма баштадым.

– Окуп бербейсиңби?

– Жок, жок! Шылдың кыласың. Өзүң эмне шылкыйып калгансың?

– Эмне болуп калыптырмын? Ашык болгон кишиге окшоймунбу, жокпу? Чынынды айт! – деди Мырзабек.

– Биринчиден, мен, сенин ичиңе кирип чыкканым жок, экинчиден, экилүү киши гана менин ашык болгонумду билсин деп,

көчөдө сага окшоп келесоолонуп басып, көрүнгөн кишиден: «Мен кантип турам? Ашык болгон кишиге окшоймунбу?» деп сурайт,– деди узун жаактуу жаш акын, арсалаңдап күлүп.

– Мен ашык болбогон киши экемин, муну таптың окшойт, бирок ойлонгон кишиге окшоймунбу?

– Ага окшойсуң, кыйкырса да укпайсың. Эмнени ойлоп жибердиң.

– Бирөөнү сүйсөмбү дейм.

– Көрүнгөн бирөөнүбү?

– Көрүнгөн эле бирөөнү.

– Чайнаакы болоюн дедиңби?

– Ай, чайнаакың эмне? Мени бир катын чайнаакы деди, – Мырзабек, тостойгон көзү андан бетер тостоюп, сары кирпиктери тикирейип.

– Асылдың беле?

– Жок, Качикенин зайыбы айтты.

– А-а! Тилдүү жеңеби? Бээнин бооз кысырына карабай, аңгилик кылып тиштеп салат, ошону чайнаакы дейт экен. Мен да айылдагы бирөөдөн уккамын, – деди Жапаркул.

– А мен бирөөгө асылбасам эмне үчүн мени аңги, чайнаакы дейт?

– Бойдоктун баарын катындар ошондой деп тергейт.

– Ой менин курсагым ачты! – деди Мырзабек капыстан кыйкырып, – Өлүп баратам! Түшүнөсүңбү?

– Түшүнөм, түшүнөм, курсагым тамакка тойбой жүрүп кантип түшүнбөйүн! Жүр эмесе менин ужинимди жейли.

– Сенин ужиниң экөөбүзгө жук болобу? Чыгынып бир жерге бекинип да албадым, кичине акчам бар, кайдан бирдеме таап жейм – деп, Мырзабектин чын эле аргасы кетип турду.

И, сүйүү да эсиңен чыгып кеттиби? – деди Жапаркул Мырзабекти шылдың кылып, күлүп.

– Курсагы токтун ач кишиге күлүп турганын кара! – деди, өзү да кошо күлүп.

– Азыр эчтеме табалбайсың, базардагы кызыл кулактар да эртеңки сата турган төөнүн көзүндөй токочун бышырып үйүндө, ресторан жок, кайдан барып тамак жейсиң?Жүрчү, үйгө кеттик.

– И, таптым! Тамак иче турган, жерди таптым! – деди Мырзабек, акырын чормоңдоп күлүп.

– А кайсы жерде экен? Мен да барайын,– деди Жапаркул.

– Барсаң жакшы эле болот эле, эки кишини сүйбөс бекен? – деди Мырзабек, арсар боло түшүп. – Апсаматтыкына барайын деп турам. Барасыңбы?

– Ой, баралбайм, акиши чындап жаман көрүшү мүмкүн, өзү да мени көп сүйө бербейт, – деди Жапаркул колун силккилеп, аны бирөө зордоп сүйрөп жаткансып. Баралбайм, өзүн билбейм, катыны болсо да бербейт, барабер, жолуң болсун. Анан үйгө эртерээк келчи.

## XXVIII

Мырзабек Апсаматтыкына салам айтып кирип барганда Апсамат чолок шырымал кийип алып, оозгу үйдө бирдемени калдыратып жаткан эле.

– А кел, кел солдат, – деп Апсамат шашып, калдыраган немелерин дубалга жөлөп калды.

– Буларыңыз дыйканчылыктын аспабы го? – деди Мырзабек, кетмен-күрөктөрдү көрүп, таң калып.

– О дыйканчылык кылып оокат кылбасак болбой калды, кана, кир үйгө, – деп, столовойго алып кирди. Мырзабек кирер замат чачылып, жыйналбай жаткан сарамжалсыздыкты көрдү.

– А ким ал? – деп бир жактан аялдын үнү чыкты. Мырзабек эки жагын каранып, бул үндүн кайдан чыкканын билбей койду.

– Жатып алып аюуча кыйкырбай бери чык, киши келди, – деди Апсамат. – Баарыбызга огороддук жер кесип берди, эртең дем алыш, күн жакшы болсо барып чукулай бериш керек.

Таралбаган саксагай башына бир буум жоолукту иле салып, Апсаматтын зайыбы, кайдан чыга калганы билинбей, кирип келди.

– И, сен белең, кел, – деп, сүйбөгөн кишиче бир эрди менен жылмайып мылжыйып күлүп койду.

– Башым ооп кирип калдым, – деди Мырзабек, айыптуу кишиче өзүнүн курсагы ачып келгенин булар билип тургансып, коомайланып.

– И, сүйлө Мырзабек, эмне кеп бар? Бир жолу бошонуп келдим дедиң беле?

– Бошоторун бошотту, жок дегенде аскердин саясы кызматына калайын десем ага да жаратпай салды, баарына окуш керек турбайбы.

Шакан кирбей, Мырзабектин ичи курулдап, улам шилекейин жутуп, Мырзабек ичинен кейиди. «Эртең дем алыш болсо военкомат да жабык, барып столовойго бекигиче бирдеме алып турбасам ачкадан өлөм го, алда чыгынбастыгым ай!» деп, Мырзабек ичинен кейип турду.

– Ай Шакан, бирдемең болсо апкелбейсиңби? – деди Апсамат, зайыбынын жок болуп кеткенине кыжыры келе баштап.

– Эмне дейсиң? – деди Шакан эшиктен баш багып, бетибашынан бери ун болуп. – Бир тиштем нан калбай калыптыр, кичине катырма кылып атам, үйдө даяр бирдеме болсо бая эле бере койбойт белем? Билбей эле бирдемени айта берет экен! Даяр болгондо өзүм эле...– деди да, эшикти тарс жаап, жок болду.

– Болду эми, сөзүң бир кап болуп кетти! – деди Апсамат, зайыбынын артынан, – катындарга кудай берди,«жок» деп эле карап турушчу болду. Кээ бир үйдөн таптакыр береке кетти. Болуп турса деле оозун куу чөп менен арчып турушат.

Шакан столго дасторкон жайып, табакка салып катырмасын, чайын апкелди.

– Катырмадан башка деле бирдеме жасай койсоң болмок! – деди Апсамат кайтадан.

– Болсо аяп турат дейсиңби? Дүкөндөн эчтеме алалбай келдим.

– Ал, Мырзабек катырмадан ал, буга жеткен да, жетпеген да бар. Дүкөндөн азык тийбей калган күнү ушинтип ачка калабыз, анан кээде ачуубузду катындардан чыгарабыз. Тамак тартыш болсо үйдө чырчатак да көбөйө берет экен, – деди Апсамат, өзүн да, зайыбын да актагансып.

Мырзабек катырмадан сындырып, чайдан ууртай баштады.

– Канттан ал, – деди Апсамат. Кант салгычта үч-төрт гана чакмак кант бар эле.

Чийкирээк бышкан катырма Мырзабектин тишине жабышып, чайнаганын араң жутуп жатты. Ага да карабай бурдап жегиси келип, бирок уялып, араң эле ооз тийип турду. Апсамат өзү чийкисин да байкабайбы же байкаса да айткысы келбейби, катырмадан улам сындырып, Мырзабекти кыстап «ал, ал!» деп чайдан куюп жатты.

Кысталып, кысталып жатып катырмадан бир топ жеп, дагы жегенден уялды да, «болдум» деди, Мырзабек.

– Жүр бу катындан эчтеме чыкпады, сенин курсагыңды бир жерге апарып тойгузайын, – деди Апсамат, ордунан туруп, – мен азыр кийинип чыга калайын. Апсамат жаткан үйүнө кирип кетти.

Мырзабек бул үйдүн жасалгасына карап да таң калды. «Бул үйдүн столовой демиш болгонунда (сандыгы, жыйган жүктөн башка) эчтеме жок эле. Аялдар көбүнчө столовоюн жасайт эмеспи! Үйдүн жасалгасын сатууга чейин булар барган эместир, согуштан мурда булардан бай турган киши болбоо керек эле. Аны сы ал болсун, бирок бул үйдө сарамжалдуу аялдын колу тийген бир да буюм көрүнбөйт. Кызык! Бу киши эмне, эчтеме колунан келбеген кишиби? Чачылып жаткан буюмдарын жыйнап коюу да колунан келбейби?..»

Мырзабек дагы бир нерседен шек алды. «Балким Апсамат бу зайып менен көңүлүндө бирге турбастыр? Денелери жакындашкан менен көңүлдөрү жакындашпай экөө эки башка турмуш менен жашай тургандыр? Кээде Апсаматтын жүргөндөрү деп сулуу аялдарды көрчү элек, мен көп ишене берчү эмесмин, бул эмне, ушак эмес эле чын болуп чыгабы? Бул үй Апсамат эс алып, жүрөгүн, көңүлүн батырган үй эмес. Бойдок турган үй мындай болбойт го дейм. Андан көрө Жапаркул экөөбүздүн үйүбүз суукутугу болбосо, мындан тазараак. Согуштун суук шамалы бул үйгө да киргенсип, бул үй кандайдыр бир жылуусуз, кишини батыралбаган тар, көңүлдү тарталбаган мээримсиз экен...»

Мырзабек бул үйдөн бат эле жипкире түшкөнүнө нааразы болуп, койчу, булар деле эл катары жүдөп жатышкан турбайбы. Апсамат тиги аспаптарын камдап, жер казып, огород айдаганы жүрүптүр, жеңем жүдөөрөөк экен, кой, бул үйдү жаман

көрбөйүн, тим эле бул үй элден башкача турат ко деп ойлогондуктан ушу пикирге келдим окшойт деп, бекер сынтакканын мойнуна алды. Аңгыча апсамат жаңы костюм, шляпа, макентош кийип, сыланып-сыйпанып, киши таанығыс болуп үйдөн чыкты.

– Жүр, кеттик, – деди.

Булар Асылкандыкына келишти. Баякыда стол жайнаган бул үйдөн арак ичип, тамак жеп, акырында чатак чыгарып кеткен бул үйдөн Мырзабек чочулап, кандай күтүп, эмне дешер экен деп сактанып, уялыбыраак кирди.

– А-а, келгиле, келгиле! – деп, Асылкан да, күйөөсү да ордуларынан тура калышты. Мырзабектин тостойгон көздөрү кыбыңдап, столовойго кирер замат үйдүн сарамжалдуу, кишини дароо өзүнө тарткан кандайдыр бир сүйкүмдүүлүгүнө таң калып, арбап койгонсуп суктанып туруп калды. Бул үйдүн сыны баякысынан таптакыр бузулбаган экен.

– Мына, конок келди, – деди Апсамат, чечинип.

– Эмне туруп калдың, өтпөйсүңбү, жинди, го! Келип амандашпайсыңбы? – деп, Асылкан күйөөсү экөө тең жарыша сүйлөп, өздөрү басып келип амандашып, жан алы калбай Мырзабекти төргө сүйрөп калышты.

– И, качан келдиң? Келип учурашканды да билбейт! – деп, Асылкан Мырзабектин татынакай аппак колдору менен жонго жумшак койгулап калды.

– И, и дагы катуураак, ошо жерим кычышып турат! – деди Мырзабек, башын Асылкандын көкүрөгүнө катып, жонун тосуп берип.

– Көрчү муну, жага бербей калбадыбы! Көөнү келсе аркасын тырматкысы да бар. Тигини, музоочо башын салып баратпайбы. Болду! – деп, Асылкандын күйөөсү көзүн жымшыйтып каткырып күлүп турду.

– Тимгой, бир кудуктан суу ичип өсүп калган немелер эмеспи, эркелеп алышсын, – деди Апсамат.

Булардын ойлогондон башкачараак жылуу күтүп алганына Мырзабек кубанып, эреркеп турду.

## XXIX

Качикенин жалгыз кубанычы Люся менен Апсаматтын каты болду. Үйүнөн мурункусундай эле бирде жылуу, бирде тили суук каттар келип, жылуусуна кубанып, Чынарканды көккө көтөрүп, «акылманым» деп эзилип кетсе, суугуна келгенде көңүлү ооруп, жаны кейип, капалана берчү. Мына ошо жүдөө Качике кенже командирлердин окуусун бүтүп, экзамен бергенде экзаменден кулап, кенже командирликке өтпөй калды. Шерменде болуп кулагандан кийин Качике өзүнүн бир чоң жетишпегенин көрдү. Качике строевой арым менен мыкчыңдап, эки колду чалгы чапкан немече эки жакка шалактатып ыргытып, өз оюнда укмуштай эле келатам го деп, өзүнө бир жолу ишенип алып, көзүнө эчтеме көрүнбөй келатканда экзамен алып жаткан капитан Шевчук алыстан эле колун силкип, лейтенант Кузнецовго бирдеме деп калды.

– Жетет, болду, болду, сиз өз ротаңызга бара бериңиз! – деди капитан, Качике тердеп жанына келгенде.

Качике эчтеме түшүнгөн жок. Ансыз деле эки бети кыздын бетиндей кыпкызыл болгон лейтенант мойнунан бери манаттай кызарып:

– Жолдош капитан, Ормонов жакшы окуду эле, шашып калды окшойт... балким... – деп, буйдаланып калды.

– Жок, жок, жок! – деди капитан. – Келатканда таптакыр башка жакты ойлоп келатты, жакшы окуганы менен чыйрак эмес экен, жүдөө неме көрүнөт, болбойт, болбойт!

Чын эле Качике мыкчыңдап келатканы менен эсине зайыбы, анын каттары түшүп кетип, капкайдагы талааны ойлоп келаткан. Ичинде мыкты келатам го дегени менен ою башка жакта болгондон кийин куру ычкынган, таптакыр бош неме экендигин көзү каныгып калган капитан дароо байкап койду.

– Сиз мага келатканда эмнени ойлоп келаттыңыз? – деди өңү сүйкүмдүү капитан, коңур үнү менен.

– Зайыбымды... – деди Качике, бир заматта дөдөй боло түшүп.

– Лейтенант Яшиндин ротасына барыңыз, балким зайыбыңыздан кат келип калгандыр! – деди капитан Качикеге болу-

шуп, аяп турган лейтенант Кузнецовдон башка курсанттар күлүп жиберишти.

Качикенин өңү кыпкызыл болуп, тердеп, дөдөй кишинин өңүнө окшоп тултуюп турду, да, ыйлачудай болуп:

– Кетүүгө уруксатпы? – деди.

– Барыңыз! Следующий! – деди капитан, Качикеге карабай.

Качике шерменде болуп басып кеткенде экзаменден жакшы өткөн курсанттар шыбырашып, Качикенин аркасынан күлүп жатышты.

Өзүнүн мурунку ротасынын командири лейтенант Яшинканын сары кабагы салаңдап көзүнө түшкөн, москвалык билимдүү жаш жигит эле, Качикени көрөр замат:

– Эмне, өтпөй калдыңызбы? – деди жумшак.

Заманасы куурулуп турган Качикенин жаны ордуна келе түшүп, чынын айтып берди.

– Э болуптур, мындайлар боло берет, капа болбоңуз, төртүнчү взводдун помкомвзводу Кабаловго барыңыз, сизди кабыл алсын, – деди.

Ротанын командиринен жылуу сөз укканына Качике кубанып, буту жерге тийбей өз взводуна чуркады.

Взвод азыр гана талаадагы окуудан келип, мылтыктарды, минометторду тазалап, кыйкырчаак, ачуусу бат келме помкомвзвод Кабаловдун башкаруусу менен пирамидага коюп жатышкан экен.

– Жолдош старший сержант, сиздин карамагыңызга кайта келдим! – деди Качике, честь берип.

– Кайта келдим? Командир болуп келдиңби? – деди.

Кабалов шылдың кылгансып....

– Жок, курсант болуп... – деди Качикеге шыбырап, балдар угуп коёт экен деп балдардан арданып.

– Катуураак айт, укпай атап,– деди Кабалов ачууланып.

Качике унчукпай тултуюп туруп алды.

– Эмне унчукпайсың?

Балдардын баары буларды тиктеп, жым-жым болуп калышты.

– «Командир!» Бир сөздүн башын кошуп сүйлөй албайт да, командир болгусу келет, Ефрейтор Зюльганин, мобу «командирди» отделениеңе ал! – деди.

Балдар каткырып күлүп калышты.

Качикеден жапалдашыраак, он жети жаштагы (Качикенин жарым жашындагы) ак жуумал, көк көз жаш бала:

– Жолдош «командир», сизди салтанаттуу түрдө өз отделениеме аламын! – деди Качикеге честь берип, күлүңдөп, шылдың кылып.

Бүт взвод боорун тырмап күлүп калышты.

Ушул учурда кабагын салаңдаткан Яшин шыпылдап кирип келип, ачууланып коё берди:

– Бул эмне деген күлкү? Старший сержант Кабалов мага келиңиз!

Балдардын баары тымтырс болуп, Зюльганин акырын басып келди да:

– Тамаша кылдык, кечир, жүр, сага кат бар, – деп,

Качикени колдон алып, жетелеп кетти. Качике взводго барганда балдар шылдың кыларын билип, Яшин атайы келген эле. Ойлогонундай балдар Качикеге күлүп жатканын угуп, Яшин Кабаловду катуу тилдеп, уяткарып, койду. Командирден тил угуп, Качикени жаман көрүп турган Кабалов Качикени кечке чейин жаман көзү менен тиктеп, жекирип коюп жүрдү. Кечки тамактан кийинки бош убакта Качике келген катты эми эле колуна алган эле. Кат Люсядан экен. Ушул учурда кандайчадыр помкомвзводдун көңүлү жай болуп күлүп Качикенин жанына келди.

– Вот старый чорт! Сен үчүн ротныйдан тил уктум. Болуптур! Кана, айтчы, эмне болуп өтпөй калдың? Сен баарынан жакшы окучу эмес белең? – деди.

– Жакшы эле өтүп жаткамын, – деп, Качике баякы кордуктардын баарын унутуп, капитан Шевчукка айтканын сүйлөп берди.

– Ха-ха-ха! О-хо-хо! – деп Кабалов баш болуп балдардын баары күлүп калышты.

– Что ты ему скажешь! Вот ты, умора! – деп, Кабалов көпкө күлкүсүн басалбай койду.

– Чын эле ойлоп келаттың беле? – деди балдардын бири.

– Ойлоп келатыптырмын, өзүм да билбейм, – деди Качике, адам кейпине кайта келип, жаркылдап, тамашакөй болуп.

– Катының сага жакшылык кылчу катын эмес экен, Костя, – деди боорун тырмап күлүп жаткан Кабалов. – Жок, бу катын сага жакшылык кылбайт. Командир болчу кишини сөлөкөт болуп маңдайына келип туруп алып кулаткан катын жакшы болчу беле? Кой, Костя, бу катының сага мындан ары да бир балакеттерди кылат! – деди.

Балдардын баары помкомвзводдун сөзүнө боору эзилип күлүп, ичин басып калышты.

– Жок, жок! Бу катын сага мурун деле жакшылык кылбаса керек, качан болсо сенин бутуңа тушоо болуп, аксатып келаткан окшойт, болбосо кантип эле жакшы катыны бар киши эл көзүнө шерменде болуп, командирликтен куласын, жок, жок, бу катының азгырма, шайтандын өзү болуш керек!

Балдар күлө берди. Тамашадан улам чыккан бу сөз Качикеге катуу тийип, зайыбынын ким экенин эми гана билип тургансып, аң-таң. Кабалов Качикенин турмушуна кирип чыгып, туптуура, болгон чындыкты бетке айтып жаткансыды «Кудая тооба, туптуурасын айтып турганын көр! Деп мындан нары да Чынарканды, анын кылыктарын ойлой берсем жинди болуп кетет окшойм. Кой, зайыбымды ойлоп, ага капа болуп, өзүмдү өзүм кыйнаганды коёюн, коялар бекемин? Байкуш Качике, байкуш Качике! Бир өлүмтүк жансың да! Алыста жүрсөң да зайыбың менен бирге тургансып, күнү-түнү тынчың жок. Ушинтип жүрүп сен кантип киши болуп, өйдөлөмөк элең? Баякы эле чөккөнүң чөккөн! Өзүңдү өзүң бу былкылдак саздан сүйрөп чыкпасаң эч ким сени чыгара албайт!..»

– Койгула, менин абышкамды күлүп жүдөтө бербегиле! – деди Качикенин отделение командири Зюльганин.

– Сен болушпасаң деле абышканы билебиз. Абышка жакшы абышка, бирок киши түшүнбөгөн кызыктары бар, көп ойлонот окшойт, – деди Кабалов. – Эчтеке эмес, муну биз бу жердеги бир кызга, орустун кызына үйлөнтөбүз, ошондо үйүндөгү мастан кемпирин унутуп, киши болот, – деп тамашалап, Качикени далыга чапты.

## XXX

Качике Люсянын катын окуй баштады. Люся бу катта Качикенин Саша жөнүндөгү кеңешине алкыш айтып, мындай деген эле:

«Саша чын эле сиз айткандай менден коркуп жатса керек, аныкы да туура, а дагы ойлоно турган нерсе. Мен сиздин айтканыңызга толук кошулам, сиздин айтканыңызга макулмун. Эгер Саша чалпоолук кылбай, менин колума консо, мен бар өмүрүмдү Сашага сарп кылып, аны киши кылар элем...»

Каттын бу жерине келгенде Качике көзүн жумуп, ойлонуп кетти, «Овозгер жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы!» Кыргыздар бу макалды бекер айткан эмес экен да. Мына бу Люсянын айтып турганын көр! Кыргыздар айткан аялдын так өзү. Бу сөз көңүлүндө арамдыгы жок, таза, ак ниет аялдын айтып турган сөзү. Буга ишенбеске болбойт!..

«Эгерде муну Сашага мен айтсам Саша көңүлүнө алар, мен аялдын колун карап, мойнуман жетелетип жүрмөк белем деп, ардандар, муну Сашага мен баштап айтпайын, бирок сиз бизди достукка санасаңыз акырын айтып көрүңүз, түз айтпай жандатып айтыңыз. Жоош кишинин кыялы кээде ороюраак келет, ороңдоп кетип жүрбөсүн. Мен Сашага аны айтпай эле экөөбүз баш кошуп калсак, экөөбүз тең окуйбуз, деп кадыресе сөз кылып айттым. Бул бир. Экинчи дагы сиз үчүн жаңылык... Жакында бизге Тургамбай Абайылдаев деген офицер келип түштү. Бу кишинин көзү, башы таңылуу. Бир буту кесилген, бир буту, бир колу тең гипсте. Таптакыр талкаланып калган киши экен. Аны биз колубуз менен тамак берип, багып жатабыз. Нечен оор жарадарларды көрдүм эле, бирок мындайды көргөн эмесмин оозун араң кыбыратып, араң сүйлөйт. Өзүбүз да көп сүйлөттүрбөйбүз. Сүйлөгөндө ооруп кете турган тамырлары бар экен, муну докторлор айтышты. Докторлор бардык күчүн ушу кишини айыктырууга жумшап жатышат. Бирок үмүт бар, анткени, күндөн күнгө жылыштап, көңүлү ачылып, тамак жегени дурус болуп келатат. Мени эң жакшы көрүп, кызым дейт. Бир күнү китеп окуп берип, жанында отурсам, ай кызым, бу жерде кыргыздардан барбы? – деди.

Мен ойлонуп туруп сизден башканы эстей албай койдум. Анча-мынча билгендеримди айтсам билбей койду да, сизди айтканда кыйкырып жибере жаздап, кыймылдап жибергенсиди:

– Акырын, акырын, – деп, араң бастым.

– А кайда? – деди.

Мен сиздин бу жерден согуш окуу жайына кеткениңизди, өзүмдүн кат жазышып жүргөнүмдү айттым. Сизди жакшы билет экен.

– Эмне жакшы көрүп калдыңыз беле? – деди. Мен күлүмсүрөп оозумду басып туруп калдым да:

– Ал кишини жакшы көрүүгө болобу? – дедим.

Болот, жакшы киши бирок… анын кутулалбай жүргөн аялы бар, – деди.

– Аялы болсо мейли, мени жакшы көрсө болду да анысын таштабайбы? – деп, каткырып күлүп жибере жаздап, оозумду дагы басып турдум, бу кылыгымды кечириңиз мен сиздин ким экениңизди жакшыраак билейин деп сынап тургамын, дагы айтам кечириңиз.

Тургамбай бир топко унчукпай калды да:

– Сиз аны бактылуу кылар белеңиз, кызым? – деди.

– Мен а кишини бактылуу кылыш үчүн бүткүл өмүрүмдү сарп кылар элем, – дедим. Мен, албетте, Сашаны айтып жаттым, муну сиз да туюп тургандырсыз.

Тургамбай дагы ойлонуп калып, анан акырын сүйлөп:

– Мен сизди, кызым көрбөйм, бирок көралбасам да билип турам, жакшы киши окшойсуз, бирок Качике сизден бир далай жаш улуу болуш керек го бу кандай болор экен? – деди.

– Мейли, жакшы көргөн киши жашы улуусун ылгап карап отурбайт. Мен жакшы көрдүмбү, болду, – дедим. Өзүм сизден уялып атам Сизди сыртыңыздан сатып атканыма уялып жаттым. Тургамбай дагы бир топко унчукпай турду да:

– Качикеге так сиздей киши керек, кызым, так сиздей киши керек. Качикени билгендердин баары аны аяйт, анын турмушу чие байланып, чечүүгө болбой калган жипке окшоп чаташкан бир турмуш болду. Ал турмуштан Качикенин өзү чыгалбас деп ойлоймун. Өтө кайгычыл жигит. Сыртынан күлүмүш болуп, ичи-

нен сыздап жүрө берет. Ошонун кесепетинен ичип да кеткен эле. Мына мунун баарын эсепке алганда сизге анын турмушу оңой болбос. Бирок кармашпай катаал турмуш чегинбейт, эгерде сиз Качикени таалайлуу кыламын десеңиз өзүңүздү бир далай курман кылып барып анан жетишесиз. Андан кийин өзүңүз да бактылуу болушуңузга ишене бериңиз. Сиз ушул ишти колго алсаңыз мени, мага окшоп аны жакшы көрүп, аягандардын баарын бактылуу кылар элеңиз, колуңузду бери бериңизчи, – деди.

Мен Тургамбайдын араң бүктөлгөн колун кармап, алаканына колумду салдым.

Тургамбай колдорунун башын акырын кыймылдатып, колумду кармалап:

– Колуңуз жупжумшак экен, көңүлүңүз да жупжумшак, мээримдүү болуш керек, бактылуу болуңуз, тилегиңизге тилектешмин, – деди.

Ал түнү Турганбай экөөбүз көп сүйлөшүп калып, абдан чарчады окшойт, мен түшкү тамагын жедиргенден кийин былк этпей тынч уктады.

Эртеси менин бош күнүм эле, үйүмө барып келип, Тургамбайдын жанына кайта отурдум. Үйүңө барып эс алгын деп, көп асылды, болбой койдум. Мен үйдөн кагаз, карандаш ала келген элем. «Келиңиз, үйүңүзгө кат жазалы» – дедим.

– Охо-хо! – деп, Тургамбай онтогонсуп кетти. – Үйгө кат жазбаганыма канча болуп кеткенин да билбей калдым. Күндүн эсебинен адаштым. Биздин кыргыздар: «Жаман катын, жаш бала» дешет. Так ошонун өзү менин үй-бүлөм. Аялым менин, дайынсыз болуп кеткенимен коркуп, ыйлап отургандыр. Ал ошондой неме. Менин институтта окуп жүргөн карындашым бар, ошого жазалы. Анын аты Бермет (орусча Жемчужина), ал жаш болсо да билимдүү кыз эле, деп, мага катты диктовка кыла баштады. Биз катты жазып бүткөндөн кийин Тургамбай чарчап, жаагы карышкансып, бир топко сүйлөбөй жатты да, анан акырын оозун кыбыратып, Качикеңизге кат жазып, менден салам айтыңыз, Берметтин адресин жиберип, карындашыма кат жазсын деп коюңуз деди. Анан биртикеден кийин:

– Сиз кызганбайсызбы? – деп калса болобу. Мен бетимди басып уялып, шашып кетип:

– Жок, жок, – деп жибердим.

Мына эми Тургамбайдан салам айтып, кат жазам деп, капкайдагы сырымды да айтып салдым. Сизден өтүнүп сурарым: кечириңиз, менин тентектигимди жаш баланын кылган шоктугундай көрүп, кечирип коюңуз. Бирок сизден сурай турган дагы бир өтүнүчүм бар: Сиз Тургамбайга кат жазганда менин сырымды ача көрбөңүз. Себеби дейсизби? Себеби сизди өзүмдүн сүйгөнүмдүн элесине теңеп, Сашаны айтканым жок. Саша ойлоп көрсүн. Бу жерде мен өзүмдүн жүрөгүмдөгүнү айттым. Сиз ким да, Саша ким? Экөөңөр бирдейсиңер, бирок сиздей киши менен жеңилирээк болор эле, анткени сиз баарын көрүп, баарын билип калдыңыз. Мына көрдүңүзбү, аялдардын оюнда кандай немелер болот? Баарын, баарын ойлонуп, шашпай тараза тарткысы келет, салмактап, көргүсү келет. Кээде эркектер гана бизди шаштырып, өлчөп шилтеп бараткан арымыбыздан жаңылтып, тилегибизден мүчүлтүп коёт. Мен бу сөздөрдү эмне үчүн сизге ачык айтып отурам? Сиздин каттарыңыздан кийин мен сиздин ичиңизди, ички дүнүйөңүздү түшүнө баштадым. Сиз менен эмнени болсо да жашырбай, ачык, бетме-бет сүйлөшүүгө болот. Сизден сырын жашырган аял арамзаада болбогондо ким болмок эле?.. Кайыр, кошуңуз. Сизден кат күтүп, кечирим сурап, карындашыңыз Люся!»

## XXXI

Берметке Люсянын колу менен жазылган Тургамбайдын, анан Качикенин каты келди. Качике өзүнүн катында Берметке Тургамбайдын кандай-абалда жатканын Люсянын катынан улам толук жазды. Бермет бу каттардан кийин агасынын аман-эсен айыгып келерине (мунжу болуп калса да келерине) көзү жетип, өзү да Кыдырбектен чоң үмүттүү болуп калды. Ошо замат бу каттардын мазмуну (кээде апыртылып) оздон оозго өтүп, шаарга тарай баштап, муну Чынаркан да укту. «Мага айтпай, мен билбеген кимге кат жазып жүрөт?» деп, Чынаркан дароо шекте-

нип, Жамалкандыкына келди. Анткени Бермет деген кызды ушул үйдөн атын угуп, ушул үйдөн көрүп жүргөн эле.

Чынаркан аялдардын арамзалыгына салып, Жамалкандан чегип сурай баштады.

– Тургамбай Абайылдаевден көптөн бери кат жок деп жүрүшчү эле, кат келиптир дейби? Өзү жазалбай бирөөгө жаздырганы чын бекен?

– Чын, чын, жеңе, сиздин күйөөңүздөн да карындашына кат келиптир, – деди Жамалкан.

– Карындашы ким экен? – деди Чынаркан калп эле билмемишке салып.

– Карындашы жанакы биздин үйгө келип жүргөн сулуу кызчы, Бермет, сиз деле далай көрбөдүңүз беле? – деп, Чынаркандын ичинде эмнелер кайнап жатканын билбей, тигил айта берди.

Ушул учурда эшик ачылып, жазга карата жука, таптаза кийинген Бермет суйкайып кирип келди. Берметтин баякы шалпайыңкы өңү кичине толуп, болор-болбос кызылдуу болуп турган эле. Чынаркан Берметти көрөр замат эти дүркүрөп жаман көрүп, көзүнүн агы канталап кетти.

– Мына, өзү да келип калбадыбы! Бермет, бу кишинин күйөөсү Качике сага кат жазбады беле, ошону айтып берчи, Тургамбайдын абалын билейин деп келген го, – деп, эчтеме байкабаган Жамалкан өз жайын сүйлөп калды. – Көрдүңүзбү, жеңе, маминтип колхозчу болуп кетти, баякы колдор жок, дем алыш сайын талаага барып огород казабыз, – деп, Чынарканга тууруулуп бараткан колдорун көрсөттү.

– Тырмактары кыпкызыл болуп, маникюрлөнүп турчу эле, эми далай колдор чор болот ко, – деди да, Чынаркан ичинен: «Ырас болот, дагы болсо экен!» деп, табалап жиберди. Өзүнүн жерин айылдан келген сиңдиси иштеп, Чынаркандын колу топуракка тие элек болучу.

Бермет Чынаркандын күйөөсү менен болуп жүргөн мамилесин Жамалкандыкына келген аял-эркектерден угуп, Чынарканды ичинен жаман көрчү, өзүң көрүп да жактырчу эмес. Чынаркан Берметке негедир өңү да серт, кырс аял көрүнгөн.

Бермет үйгө кирер менен бет маңдайынан муздак шамал ургансып, бир ирмемге мунун эти да дүрүлдөп, ичиркене түштү. Бирок бул ички өзгөрүш бир ирмемден ашпай, кайта Бермет өз калыбына келип, болор-болбос жылмайып, «Жакшысызбы жеңе?» деп, колун бербей, баш ийкеп, амандашты, Чынаркандын көзүнүн чаары чыгып, ичинен туталанып отурганын Бермет кандайдыр бир ички сезим менен дароо түшүнүп, «А шордуу...» деп, Бермет ичинен Чынарканды мыскылдады. Аялдар биринин ичиндегисин бири бир-биринин көзүнөн билгенге уста келгендиктен Чынаркан да Берметти ичинен эмне ойлоп турганын Берметтин болор-болбос эрдин чүйүргөнүнөн билип койду.

– Күйөөңүздүн катын, жеңе, окуп берсем болот эле, үйгө берип ийбедимби? – деди Бермет, Чынаркандын көзүнө тик карап.

Качикенин каты Берметке жаккан эле.

«Эгерде а кишинин мага жазган катын бул окучу болсо ичи күймөк турсун күл болуп кетмек экен! Эмнесине тыраалайт? Адамкерчилик, мээримдүүлүккө бай, акырын сызылып турган өксүгү бар бул каттар ушу кишини жумшатпагандан кийин бу кишинин жүрөгү эмне деген жүрөк? Эмне деген таш болуп калган боор? Жок, бу кишинин оюнда башка пикир, болгондо да арамза пикирлер болуш керек. Болбосо мындай кат жаза билген киши менен турган аял жайдары келип, Кыдырбек айткандай ичинде шеги жок, көңүлү чайыттай ачык болбойбу. Жок, бул арам ойлуу киши. Арам, ойлуу кишинин кабагы жарык болбойт дешет экен. Көзүнүн чаары чыгып турбайбы! О кудурет, мындай кишинин колуна туш кыла көрбө, тирүүлөй кажылап жейт ко! Мындай кишинин күлгөнүнөн кабак бүркөгөнү көп болор. Эл бу кишинин күйөөсүн байкуш Качике дейт экен. Демек бу киши Качикени кызганып, тиш салып урушуп, жүрүп байкуш кылган. А киши да, катына караганда, жумшак бейм: кыйкырык, өкүрүк, жаңжалдын ичинде жүрүп өмүрү өтүп жатса керек, ошон үчүн эл «Байкуш Качике!..» – дейт да...»

«Көзүң оюлгур!» деди Чынаркан да, Берметтин жалтанбай тиктеп турган көзүнө карап.

– Госпиталдын сестрасы орусча жазган экен, ошого карап жеңеме, атамдарга кат жазып, ишенбесеңер бу кишинин катын окугула деп, күйөөңүздүн катын кошо салып жибердим. Анан калса а киши эң эле жакшы кат жазыптыр. Тыраңдаган ыйлаак жеңем бар эле а кишинин катынан кийин сооронор. Кап, билбей калбадымбы, мурунураак болгондо сизге окуп бермек экемин, – деди Бермет, ансайын Чынаркандын ичи күйө турган сөздөрдү айтып.

– Анын күчү катка эле чыгат, – деди Чынаркан, Качыкени дагы жамандайын деп барып негедир өзүн токтотуп. – Агаң жакшы бекен?

– Сиздин күйөөңүздүн катына караганда агамдын абалы эң эле оор окшойт, бирок аман-эсен айыгып үйгө келет, буга ишене бергиле, андан көрө Тургамбайдын жакында үйүнө келишин күтүп, үйбүлөсү менен жакшы турсун дептир. Абамдын колу-буту гипсте экен, ошон үчүн азырынча өзү кат жазалбайт тура. Тили сүйлөгөнүнө деле көп болбосо керек. Кантужин да болгон дейби. Иши кылып агайдын каты укмуш кат экен. Кишинин ичине кирип чыккандай, жаныңызда отуруп сүйлөшүп тургандай жазат экен, ыраазы болдук, жеңе, агайга ыракмат, – деди Бермет, Чынарканда кандай өзгөрүштөр болуп кетер экен деп, сынап.

Чынаркан да Берметтин шойкундуу сүйлөп турганын байкап, сактанды да, мүмкүн болушунча өзүнүн ички толгоосун байкаткысы келбей, «жинин» агыткысы келбей, каны ичине тарткансып, купкуу болуп, бирок жай сүйлөөгө тырышты.

– Иши кылып жакшы болуп кетсин, тамтыраганы менен Качике ырас кылган турбайбы, – деп, экинчи Бермет жакты карабай койду.

Бермет таң калган көзү менен Чынарканды тиктеп алды да, төркү үйгө кирип, керектүү китептерин алып:

– Эже, мен кеттим, жакшы калгыла! – деп, Чынарканды тиктеп да койбой, эшикти бек ачып, бек жаап, чыгып кетти. Чынаркан эшиктин бу ачылып, бул жабылыштары өзүнө тиешелүү экенин туюп, тиртеңдеп ачуусу келди:

– Бу кыз кайдан окуйт?

– Désinstituttan, – деди Жамалкан, бу киши батыраак кетсе экен, сабагыма даярданат элем деп, шашкылап.

– Сүйлөшүп жүргөн жериңер барбы?

– Биз сүйлөшүп эмне кылмак элек, биз сүйлөшкөн киши менен сүйлөшпөй да койгон, абдан көк бет кыз, өзүнүн сүйлөшүп жүргөнү болуш керек эле, эгер а болсо...

– Анысы кайда эле? – деди, Жамалкандын сөзүн бөлүп.

– Анысы согушта болучу, дайынсыз жок болду деген кабар келиптир. Ошондон бери өңүнөн азып, кыз жаман болуп жүрдү эле жанагы агасынын каты келгенден бери өңдөнүп, оңолуп кетти го, – деди Жамалкан, өзүнүн эмнелерди сүйлөп, Чынарканды кандай алакеттерге салып турганын байкабай.

«Өлүгүңдү гана көрөйүн жашабаган кыз жалап!» – деди ичинен Чынаркан, үйүнө кетип баратып. – «Бу кат соо кат эмес турбайбы! Тургамбайга шылтоологону менен бул экөө кат жазышып жүргөн болуш керек. Тургамбай мени жакшы демек беле, экөө кат менен сүйлөшүп, Берметтин жигити дайынсыз имиш, ошого мени шылтоолоп кат жаз деп акмак немени кутуртуп жаткандыр. Мунусу агайдын каты жакшы экен деп, жакшы көрүп калган турбайбы! Арам гана шерменде!..»

Берметтин келберсип кирип, келберсип чыгып кеткенин эстеген сайын Чынаркандын бетинен кара түк чыгып, балбылдаган чоң көздөрү эчтемени көрбөй тунарып, ичи күйүп, алапайын таппай баратты.

Чынаркан үйүнө келгенде ачуусунун баарын Качикенин кызынан чыгарды. Кыздын чыркыраган үнүн уккан коңшулары эшигин ачып, Чынаркандын жабылуу эшигин карашып, кызды аяшып, боор ачып, бирок эч кимиси «кой» деп айтуудан Чынаркандын ачуусунан коркуп, дааша албады.

## XXXII

Чынаркандын Бермет тууралу жазган катынан кийин Качике бир топ күн оорулуу кишиче шылкыйып жүрдү да, кайта калыбына келди, Качанкыга мунун азабын тартам? деп, чыйралымыш

болуп, үйүнө актанып, кат жазды да экинчи кат жазбай коёюнчу, эмне болор экен деп, көпкө унчукпай жүрдү. Чынаркан да унчукпай экөө эки жакта тултуюшуп, Качике чыйралымыш болгону менен кызын ойлоп, жүдөп жүргөндө взводдун командири младший лейтенант Шербань Качикени ээн жерге чакырып алып, сүйлөшүп калды. Младший лейтенант Качике кызыккан жаш офицерлердин бири. Шартылдап жүргөнү да, сүйлөгөнү да тарсылдаган так, белиң кындыйтып тарта курчанган, кызыл жүздү бул офицер ушул окуу жайды жакында эле, бүтүп, эң жакшы, бүткөндүктөн буларга командир болуп дайындалган.

– Сизди мен көптөн бери билем, ушуну байкадыңыз беле? – деди Шербань.

– Жок, билбейм, бирок сизди мен курсант кезиңизден бери билчүмүн, анткени көп көрчүмүн, – деди Качике, таң калып.

– Анда эмесе билип коюңуз, сизди мен байкап жүргөн кишимин.

– Кайсы жагынан? Качике, андан бетер таң калды.

– Кайсы жагынан дейсизби? Кайсы жагынан болсо да билем. Киши менен сүйлөшпөй туруп да кишини билүүгө болот, буга макулсузбу?

Качикенин өзү кээде бир кишиге сүйлөшпөй туруп эле сын берме адаты бар эле. – Андай да болушу мүмкүн.

– Анда эмесе мен сизди кайсы жагынан билгенимди сурабай эле коюңуз. Сөздү кыскартып сүйлөшөлү. Сиздин окугуңуз келеби?

Мындай чукул суроого Качике чукул жооп бералбай, адатынча кыңк-мыңк этип буйдаланып калды. Шербань өзүнүн өткүр бүркүт көздөрү менен Качикени тиктеп турду да:

– Бирок чыныңызды айтыңыз!

– Окугум келген... окугум... – деп, ачык айталбай койду.

– Каалайсызбы?

– Каалайм, – деди арандан зорго, эми гана тили күрмөөгө келе баштагансып.

– Мен билем, – деди младший лейтенант, бадыратып ылдам сүйлөп.

– Балдар сизди жакшы көрөт, сыйлап турат. Бирок сиз өзүңүз жаман кишисиз. Барып турган жалкоонун жалкоосусуз. Буга макулсузбу?

Качике жалкоолугун мойнуна алгысы келбей, унчукпай турду. Өзүнүн жетишпегенин көзүнө айтса мойнуна албай, айткан кишиге таарынып калмасы да бар эле.

– Мойнуңузга жалкоолукту алгыңыз келбей турат окшойт. Миномёт, замбиректердин частарына, теориясына келгенде өзүңүздөн билими он эсе аз жаш балдар шапылдатып айтып турса сиздин тилиңиз байланып калат. Сиз үчүн мен уялып, балдарга күлкү болбосун деп, тегеренип кетем. Сиз, эмне, теория вероятность менен баллистиканы, болбосо бурчтарды, геометриядан бурчтарды билбейсизби? Билесиз, бирок окубайсыз, анткени жалкоосуз, өзүңүздү ишке чегип зордобойсуз. Киши өзүн зордобосо эчтемеге мойну жар бербей, шалдайып басып жүрө берет. Мына ушунун баарын таштап, чындап окугуңуз келеби?

Жаш офицердин сөзү таасир эттиби, Качике окугум келет деп, жандуурак туруп айтты.

– Сизге кат көп келет экен, кат келген жакшы, бирок зайыбыңыздан кат келгенде көп капа болуп, кээде таптакыр ооруган кишидей болуп калат дейт, бу чынбы?

– Ким айтат? – деди Качике, муну да мойнуна алгысы келбей.

– Анын эмнеси бар экен, ким айтты деп сактанбай эле коюңуз, балдар сизди билбейт деп ойлойсузбу? Же сиздин кайсы күнү кандай болуп калып жүргөнүңүздү мени билбейт дейсизби? Баарын эле көрүп-билип турабыз. Бирок айтпайбыз. Сизди аяйбыз, бир чети жашыңыздын улуусуна карап айткандан уялабыз. Бирок биздин сыйлап, биздин уялганыбыз сизге пайда береби? Жок, пайда бербейт, көңүлүңүзгө ала турган болсоңуз айтпай деле коёлу, бирок болбойт. Сиз тим жүрө бергиңиз келсе да биз түтпөдүк. Мен сизге эмне айткым келет, билесизби?

– Жок, – деди Качике.

– Сиз андай өзүңүздү капа кыла турган аялды унутуңуз, билдиңизби, унутуңуз! Сиздин үй-бүлөңүзгө киришип мындай орой сөздү сизге айтууга, албетте, биздин акыбыз да жок, бирок

жолдоштук иретинде билгенибизди айтууга тийишпиз. Анткени, а киши сизге жакшылык кылайын деп отурган жери жок окшойт. Аны менен кийин сүйлөшүп аларсыз, азырынча каттарына капа болгонду коюңуз. Мен муну эмне үчүн айттым? Анткени сиз биздин көзүбүзчө чөгүп баратасыз. Кээде сопсонун болуп туруп эл ас болгон кишиче шылк эте түшөсүз. Минтип отуруп сиз офицер болуп чыгалбайсыз. Бирок биз сиздин офицер болуп чыгышыңызды, баарыдан да чыйрагыраак киши болуп чыгышыңызды каалайбыз. Сизге жардам берели, кичүү болсок да акылыбызды айталы дедик. Ротанын командири да ушуну айтты. Капитан Кавалеров да сиз жакта. Бирок а киши сиздин абалыңызды билбейт, биз өзүбүздүн колубуздан келбесе анан айталы дедик. Көрдүңүзбү, сиз тууралуу көп сөз болуп жатат, сиз болсо мени ким билмек эле деп өзүңүз менен өзүңүз болуп тумчуланып жатып атасыз. Шарт-шурт басып, киши болуңуз.

Кечириңиз, азыр мен сиз меңен командир катарында сүйлөшүп жаткан жерим жок, сөзүңүз болсо айта бериңиз, – деп, Шербань өзүнүн карамагындагы улгайып бараткан кишинин бетине, көзүнө тик карап, тамекисин тартты.

Курсанттардын кечки бош убактысынын мезгили эле. Шербань менен Качике плац жакка басып барып, сүйлөшүп турушту. Түн караңгы балсо да Оролдун буурул түнү атууга жакындап, түн ак буурул тартып келаткан мезгил. Жайдын жыпжылуу түнү тыптынч тартып, таңкы салкын жел акырын сыдыра согуп, түн эң эле жупмушмак болуп турду.

Качике өзүнүн партияга өткөндөгүсүн эстеди. Качике партияга да зайыбынын тилин албай өтпөдү беле? Али ушу күнгө чейин Чынаркан Качикенин партияга өткөнүн билбей, баякы эле жетелеме Качике деп жүрөт. Ал эми Качике партияга өткөндөн бери партиялыктын таасири тийип, өзгөрүлүп кеттиби? Жок! Дале болсо Чынаркандын алыстагы таягын жеп, башын өйдө көтөралбай, көңүл чөктү болуп жүрүп жатпайбы. Партияга эмне деп өттү эле? Дайыма эле өкүнүчтүү боло бербей, турмушка тик караган март киши болоюн дебеди беле? Кана, баягы токойдо партияга өтүп келаткан түнкү алыска, же бийикке эргип учкан кыялдар? Кай-

да баякы: эми мейли... күн күркүрөп, добул соксун! Мен... мен... мен... деген узун тилек, татты үмүттөр? Алардын баары татты үмүт, куру тилек (санаа) болуп, жалбырт деп бир күйүп, кайта өчкөн оттой жок болгонбу? Эми келип коммунист кишиге партияда жок жаш офицер, комсомол келип акыл үйрөтүп, көк шилиден тартып, киши болосуңбу, жокпу? – деп, кыстап отурат. Буга тирүү кишинин, арданышы керекпи, жокпу? Качике! Уялсаң өл! Бирок өлгүң келбей, уялып турсаң ушу жарым жашыңдагы младший лейтенанттын тилин ал, алганда да азыр алып, колуңду бергин. Куру намыс баш жарат дейт кыргыздар.

Качике жаркырап турган жетигенди, андан барып кутпа жылдызды алтын казыкты) тиктеп турду да, акырын тамекисин бурулдатып турган жапжаш офицерге бурулуп, үнүнүн акырын же бийик чыкканын өзү да билбей:

– Эгер уруксат этсеңиз, жолдош младший лейтенант сиздин колуңузду катуу кыскым келет! – деди.

Экөөнүн катуу кысышкан колдору, сынып кеткендей болуп кычыр-кучур этти.

## XXXIII

Саадат менен Мусанын ортосу Салкынайдан кийин өзүнөн өзү бузула баштады. Саадат Мусанын эмне ойлоп, эмне кылып жүрүшүн түшүнбөй, ичинен сызып бу жүрсө, Муса Саадатты көрүнгөндөн кызганып, анын жүрүш-турушунан, кыялынан шек алып, ичинен бу да кыйналып, орду жок ар кимге барып бир тийип, жаман көрүнүп алды. Баарыдан да өзүнүн зайыбын, кечээ эле ооздон өбүшүп турган өз зайыбына жаман көрүнүп алды. Саадат барган сайын Мусага кош көңүл боло баштады.

Саадат кыш бою мектеп менен алпурушуп, отун, кагаз (дептер болсо алда качан жок болгон) издеп, какпаган эшиги, аттабаган босогосу калган жок. Ичинен киер жылуу кийими жок, Бурулдан кичине жүн алып, жүн көйнөк согуп ичинен кийди. Бул эми колхозчулардын арасына жайылып кеткен кийим болучу. Саадат Бурул кемпирди, анын кичинекей кызы Маарипатты

карап алып күлүп, ал эми колхозчу аялдардын кийгенин көрүп, көпкө таңыркап тиктеп калар эле,

Саадат буга күлсө, кай бирөөлөр:

– Э балам, күлбө, муну да колунда бирдемеси барлар кийип жүрөт, – деше турган.

Абылкасым элдин мына ушундай кыйын турмушка кабылып турган учурунда кампасын кагып элге, дан берип, өлөрөлбөс оокат кылдырып турду. Кырк үчүнчү жылдын жаз башынан тартып катын-калач, абышкалардын күчү менен кош айдоого чыгып, киши жетишпей, арык аттары менен эгинин эгип, араң бүттү.

Абылкасымдын жаны жай таппай, кызматка чыгар кишиси аздыктан Саадатка келип:

– Айланайын Саадат, балдарыңды бербесең талаада кала тургамын, жардам кыл, – деди.

– Балдардын окуусу эмне болот?

– Албетте окуудан кийин, эл кыйналып кетти, согушка да жардам керек, эмне кылабыз? Кой, балдарың менен ишке чыгып жардам кылбасаң болгудай эмес, – деп, Абылкасым асылып болбой койду.

Мына ошону менен жаз башынан, чоң-кичине дебей, балдардын баары талаа кызматына чыгып, колхоздун жумушун бүтүрүшүп жиберишкен болучу. Эми бышыкчылыкты күтүп калышкан эле. Мына ушундай капсалаң учурда Муса менен Саадаттын ыйкы-тыйкысын угуп, Абылкасым кайтадан Саадатка келди. Муса соода кызматынан кетип, райондо иштеп, келип-кетип турчу. Абылкасым Муса үйүндө экенде келди. Келери менен, булардын өзүнөн сөз баштагандан тартынып, Абылкасым Шарапатты сурап калды.

– Анын эмнесин айтам? Укпадыңыз беле? Шарапат айылды аралай чаап, жылкычы болуп жүрөт дейт, – деди Саадат.

– Саадат жууркан сөгүп отурган эле.

– Кап, ушундай кырсык болуп, эл башына каргаша түшүп турганда кутуруп кеткен кишилер болот экен да! – деди Абылкасым, ачык эле бу сөздү Мусага тийгизип.

– «Каргаша жалгыз келбейт» деген орууста макал бар – деди Муса.

– Ошо каргашаны ээрчий келгендин бири сенсиң! – деди Абылкасым, Саадаттын жуурканын тиктеп. Муса унчукпай Абылкасымды жаман көзү менен тиктеп калды.

– Муну эмне сөгүп жатасың? – деди Абылкасым, Муса менен ачык сүйлөшкүсү келип, бирок Муса катуу айтып койгонун сезип, айтыша кетеби деп, чоочулап:

– Муну сөгүп, өзүмө, Мусага ич көйнөк тигейин деп жатам, – деди Саадат.

– Жуурканы көп да жакшы экен, сөгүп ийип кийинип атышат, кайсы бир жууркан төшөнчүсү жупунулар тим эле самтырап эле калышты. О кудай, качан жакшылык күн болор экен! Уф! – деп, Абылкасым улутунуп алды. Анан:

– Эми эмне кылалы деп турасыңар? – деди Абылкасым, сөздү кайсы жагынан баштаарын билбей.

Мусанын ачуусу келди:

– Эмне кыларды сен уккандырсың. Биз эмнени...

– Муса, – деди Абылкасым жай, бу балага акырын айтпаса атырылып кетерин билип, – Муса, силер жашсыңар, бактылуусуңар, кесир кылып өз таалайыңарды теппесеңер экен дейм. Өлмөк оңой, жашамак кыйын деп капкайдагы акылман сөздөрдү өзүң божурап сүйлөп калчу эмес белең? Мен силерге акыл үйрөтөйүн деп келгеним жок. Тынч оокатымды кылып, балдарымды окуткан мугалим элем, болбой атып колхозго коюп коюшту. Ишенсең, күнү-түнү тынчым жок. Кээде тамагыман аш өтпөйт, эмне үчүн? Мен жегенди эл жеп атабы? Жок, анан кантип элди ачка жалдыратып каратып коюп мен жейин? Ойлоп көрчү!

– Жеп эле атпайсыңбы? – деди Муса.

– Жегени курусун. Кээде өзүмө-өзүм капа болуп кетем. Согушта эле жүрө бербей деп. Мунжулугум эсимен чыгып кетет. Элдин турмушун көрүп туруп кишинин зээни кейийт турбайбы. Тирүүгө кийим, өлгөнгө кепин табылбай атат. Тамагы эмне? Табылса атала, табылбаса кара сууга жасаган кара жарма. Ошондо да унчукпайт. Тишинин кирин соруп, чыдап отурат. Мындай элден айланса бо-

лот. Жакында мени бир топ керсейген немелер райондо жаман кысмакка алды. Согушка кете турган данды сатып, малды союп, зыянкечтик кылып жатыптырсың дешет. Мени таптакыр зыянкеч киши кылып, жоопко тартыш керек дешпедиби! Согушка бербей аткан ким? Элди ачка өлтүрөлүбү? Ансыз деле элдин курсагы тоюп кеткен жери жок. Колхоздун да ишин иштеп, термесин да терип «өлбө жаным өлбө!» деп, араң отурушат. Мына ушуну билбей опураңдагандар бар. Райкомдун секретары араң алып калбадыбы! И-и айтмакчы, баякы мектепке ташытып берген чегедек менен карагайды да айтышты. Мага болбой атып Саадат балдары менен ташып албады беле. Эми ошо кесилген карагайлар дале жатат. Жатканда да чирип, адамдын сөөгүндөй аппак болуп чирип жатат. Аны айтпайт да мектептин ташып алган бир-эки карагайын кеп кылышат. Ар кандай адам болот экен да! Теги ошондо Саадат азаматтык кылыптыр, мен корксом бу коркпой ташып алды. Мен ачуум келип, тетиги суук мектептин директири Саадат деген жаш мугалим аял бар, ошону балдары менен апкелип, каматкыла! дедим. Унчугушпай калышты. Мына баатыр, ушундай турмушта кармашып жатабыз. Айтмакчы, баягы дезертирди айттым эле, акыры кармашыптыр. Он килограммдан ашык «кара торпогу» бар экен дейби! Мына, маминтип бекер оокат менен байып аткандар да бар. Тиги келинге (Салкынай беле?) тийгизгеним жок. Күйөөсү аскердеги немени эмне кылабыз оокат кылайын деп напси бузулуп кеткен да! – деп, Абылкасым Мусаны тиктеди. Мусанын башы жерге кирип унчукпай отурган эле. Саадат да көзүнүн кыйыгы менен Мусаны карап койгонун Абылкасым байкап калды.

– Мына ушундай учурда экөөңөрдүн «бойтоңдошуп» оокат кылып жатканыңарга кубанам... – деди Абылкасым.

Саадат бырс күлүп жибере жаздап, мурдун арчымыш болуп, тим боло калды. Муса да күлө жаздап барып токтоду. «Оңбогур!» – деди ичинен Муса. – Оңбогур! Кыйытып таптакыр билмемишке салып турганын көр! О, оңбогон митаам! Бирок айта бер, ушунуңа ыракмат!..

– Ошентип, кубанып турам... заман ушундай болуп турганда бузулуп кетиш опоңой. Келинди көрсө чалдар да кутуруп турчу

болду... – деди, эңкейип жер карап, жууркандын тигишин сөгүмүш болуп калган Саадатты Абылкасым жалт карап алып, шляпасын көзүнө баса тартып, бетин чымчып, Мусаны жалдырап тиктеп туруп калды. Муса бышкырып күлүп, ыкшып жатты.

– Олдо тилиң менен жерге кир ая, кээде кесип кана таштагың келет да! Ушунун баарын сен үйрөттүң, иттин гана Мусасы! – деди, ичинен, үнүн чыгарбай, былкылдап күлүп жаткан Саадатты көрүп, өзү да күлүп, Абылкасым сөзүн чолок кайырмак болду.

– Балдар, силер эми менин тилимди алсаңар, быйыл Фрунзеге кетип, окууга кирип алгыла. Согуштагы ийгилик жаман эмес. Немецтер куйругун кыпчыган иттей болуп, айласы кетип турат. Андан көрө тойпоңдошуп жүрүп, окууңарды бүтүп алгыла. Сен, Саадат, институтка кир, чала молдо болуп калмак белең сен болсо чалаңды бүтүр. Ушундай болсунбу, кандай дейсиңер, балдар? – деди Абылкасым. Жаштар күлкүсүн тыйып, Абылкасымдын сөзүн тыңшап турушкан эле.

Саадат менен Муса сүйлөшпөй жүрүшсө да, Саадаттын оюокуугa кетүүдө болучу. Ал ыктыярсыз Мусага сууп бaраткaнын сезип, бул суукту музга айланып кетпегей эле деп чочуп, ичинен катуу капаланып, эмне кылар айласын таппай жүргөн. Бул сууп кетиштин бир дабасы окууга экөөнүн тең бирге кетиши болор деген Абылкасымдын оюу бул экөөнө да туура келип, булар ичинен макул болуп турушту.

– Кетелиби, Саадат? – деди Муса.

– Кетели... – деди Саадат башын көтөрбөй.

– Ап-бали! Мунуңар акыл болду, – деп Абылкасым чолоңдоп, эшикти көздөй басты.

## XXXIV

Саадат айткандай Шарапаттын ат минип, айылды эмес тоону тоо, ойду ой дебей, аралай чаап жүргөнү чын болучу.

Ыргыткан таштай зуу этип убакыт өтө берди.

Эми келип ат сонуну да таркап, жулкунган Арчаторуну да көргүсү келбей, бала туул берейин, буларды бактылуу кылайын

дегенде кубанычтуу керилип-чоюлуп күлүмсүрөп турганы да тарап, жели да чыгып, жини да кагылган немедей шалдырап, Шарапат жер өбөктөп жатып калды.

– Бул менин эмне кылганым кокууй, бул эмне кылганым? – деп, жалгыз отуруп санаага бата берип, кагаз менен каламга асылчу болду.

Кармайын колго каламды,
Бөлөмүн санга санаамды…
Жашабай жатып билдим го,
Жакшы бир менен жаманды!..

деп, ыр да жазды. Шарапаттын ырлары – жамак болсо да терең өксүгү бар, кусалуу кишинин көкүрөгүнөн кыйкырып, ыйлап чыккан арман. Анын ырлары казал сыяктуу келип, эл арасына тарап кетиши да мүмкүн эле, бирок ал ырларды жан кишиге көргөзбөй, Шарапат катып жүрдү. Шарапаттан кийин ал ырлар табылган да жок, анын, себеби туюк бойдон өзү менен кошо кетти.

Жек көрдүм өзөк, жалганды
Жер карап өксүп турганды.
Акыры келип Шарапат
Эңгиреп кылдың арманды.

Айдарым желдей элирип,
Аргымак минип бел аштым.
Кур кыял ойго берилип,
Апайкын жолдон адаштым.

Шарапат мындай ырларды канчалык көп жазган сайын капага берилип, күндөн күнгө өңдөн азды. Мына мындай абалда жүргөндө Шарапатка сүйлөшөр киши табылбай, өзү менен өзү болуп, жалгыз калды. Ошондо гана Шарапат Саадаттын каттарын эстеп, аны кайтадан окуп, өкүнүч, арманга батып, Саадатка бир кат жазды. Не болсо да. Саадат менен бир сүйлөшүп калайын деген эле.

«Саадат эжеке!

Мен сизге бир кат жазып коёюн дедим. Кечириңиз мен байкушту. Мен сизге мурун кат жазалмак эмес элем. Менин жай-

ым ошондой болду. Сиздин катка, сиздин ошол катташ үнүңүзгө эми гана кичине үн катайын. Чын эле сиз ошол катыңызда мага үн салып, мени издеп, мени чакырган экенсиз. Чакырганда да, мени адашып кетет деп издеп, чын жүрөгүңүз, менен жоктоо салып чакырган экенсиз. Мен сизди көрөлекмин, көрөрүмө да көзүм жетпейт, бирок көрбөсөм да көз алдымда турасыз. Өң түсүңүздөн бери, көрүп турам. Эгер менин көргөнүм чын болсо анда сиз иши кылып мен сүйлөшчү киши окшойсуз. О, эжеке, мен эми сиз менен сүйлөшалбайм го. Баякы чакырганыңызда болсо... анда... анда мен, балким, бу күнгө түшпөйт элем. Мен эми сиз канчалык үн салып чакырып жатсаңыз да, үнүңүздү уга албайм. А, түгүл колуман тартсаңыз да туралбайм... Мен... ооруудум... Менин бул оорум айыкпай турган... зил оору. Муну өз жаңылышымдан кийин ар намысымдын улуу санаасы таап берди... Эгер мен бул оорудан айыга турганымды билем, мен сизге бу сөздү айтпайт элем. Жалгыз гана сизге айтып коёюн дегеним: мен сизди сыртыңыздан жакшы көрүп, сиздин үнүңүздү укпай койгонго өкүнүп, бирок сизге алкыш гана айтып койгум келет. Мен эми өзүңдүн балалык кылып жаңылып, өзүмдү өзүм мерт кылганымды эч кимге арыз-арман кылып айткым келбейт. Анын кереги не? Бир иш өттү, кетти. Эми мен башымды ташка койгуласам да бир учурган кушум кайта кайрылып келип колума конбойт. Жарык дүйнөнү көз ачып бир көрдүм да, ошо замат көмөлөнүп, түбү жок заңгиге түшүп кеттим.... Эминени эч ким кармап калалбайт! Айтпайм деп жатып арманымды, да айтып жибердим, окшойт. Кантейин, айтпаска чарам жок да, эжеке...

Кошуңуз, эжеке. Сизге бакты-таалай тилеп, чоочун синдиңиз Шарапат».

Саадат бу катты алганда жүрөгү чындап дирилдеп, көз жашын токтоталбай, ыйлап турду. Ал эми Саадат бат жашып кетип, кайта бат эле, эмне үчүн, кайсы жерде ыйлаганын унутуп калучу аялдардан эле. Бирок бу жерде Саадат отурарга жер таппай, туура Бурулдукуна жөнөдү. Бурулдукуна баратканда алдынан Абылкасым менен Муса атчан чыгып, Саадаттын жолун тороп калышты.

– Барбай эле кой, болор иш болгон турбайбы – деди Абылкасым, кабагын бүркөп.

– Бу кат тирүүлүктөн үмүт үзүп, өзүн өзү майып кылчу кишинин каты, бу кат соо кат эмес, кантип унчукпай калабыз? Энеси, балким, билбей тургандыр билбесе айтып, билсе аныгын билейин дедим эле, – деп, Саадат экөөнүн оозун карап калды.

– Бурул жеңе кызын өлтүрүп алган экен зил оору деген айыкчу беле! Барбай эле кой, – деди Муса, көзүнө көрүнбөгөй бирөөлөргө ачуусу келип. – Барбай эле кой! Кызы көнбөй булкунуп качканда өзү көндүргөн имиш. Заман бузулуп, жер күйгөн согуш болуп турганда уядай болгон жылуу жерден орун алганың жакшы эмеспи деген окшойт. Убалы энесине жетсин!

«Заман бузулуп турат!» – деп, далай тескери иштер боло баштаганы чын эле.

– Бул ишти мен жөн койбойм. Кызды алдырыш керек! – деп, Саадат кызаңдагансып, тултуя түштү да, үйүн Көздөй басып кетти.

...Саадаттын кызаңдашы: жалпы турмушка таарына кеткени эле. «Аялдар эмне мынча өздөрүн кор кармайт? Биз өзүбүзгө өзүбүз кылабыз. Болбосо мен училишени бүтөр замат Мусанын тили менен Мусага тийип кетип, анан үйүмө баргандан бетим чиркөө болуп, атам өлгөндө жүзүн көрбөй калат белем? Ата-энемен да Муса, ачыгын айтканда, эр жакшы көрүнүп кеткен экен го! Эрге тийгенде эле туулуп-өскөн үйүңдөн безип кетет деген ушубу? Секелек кыз чагымда: «Кыз да балабы? Бирөөнүн катыны, сен да ошондой болосуң» деп, жеңелерим айтканда арданып, ызаланып, жеңелеримди тытмалап калчу элем, чын эле ошолор туура айтканбы? Атам эркелетип, эркекче кийгизип алып жүрчү эле, ошол атамды эрге тийгенде унутуп калдымбы? Ой шермендечилик! Ошол атамдан артык көрүп тийген күйөөм ушул Муса болсо, ал эми Муса күндө мени салбар кылып, бирөөлөр менен жүрө берсе, бул эрдин атадан артыкчылыгы кайсы? Эгер Муса мунусун койбой күндө мени бирөөлөргө күлкү кыла берчү болсо, анан мен да мага көз арткан бирөөлөргө бурулуп кетсем... Ортобуз бузулса, анан мени Муса кет десе, өзүмдүн да кетпеске чарам калбай калса, анда мен

кайда барам? Ошондо деле кайта атамдын үйүнө барам го дейм? Барам. Барганда да өлүгүн көрбөй, топурак буюрбай калган атамдын үйүнө барам. Мына ошондо өлбөгөн төрт шыйрагым калып, кирип кетейин десем жер жарылбай, уят болуп, жер карап турганым өлүмдөн кыйын эле эмеспи!.. Эгерде мен окууну бүткөндө үйүмө барып, окууну бүттүм деп атама баякымдай дагы эркелеп, атам менен энемдин ыраазылыгы менен, батасын алып туруп, күйөөгө тийип кетсем, же күйөөгө тиймек болдум, ыраазылыгыңарды, батаңарды бергиле деп кат жазып туруп анан тийип кетсем ата-энем да армансыз, мен да армансыз болбойт белем! Эми мына, ата-эненин карызынан кутулбай, кутулмак турсун каргышына калгансып отурам. Ата-эненин карызы! Апам ак сүтүн берип бакса, атам алчаңдатып чоңойтуп, чаң жугузбай кийгизип, окутуп, киши кылып койгондо мен шарт этип бирөө менен басып кетсем... Колуман даам таткызып (эмгегин кайтарганды мындай кой), күйөө балаңар бу деп а байкуштарды кудуңдатып сүйүнтмөк турсун аларды унутуп, унутмак турсун, тирүү чакта сыйлашмак, өлгөн кезде ыйлашмак деп, ата-энемдин мүрзөсүнүн башында ыйлап туруп, бир чымчым топурак салбай калат деген эмне?

«Кийинки арман – артыңа душман» дешет экен кыргыздар. Мына ушу кийинки, иш өтүп кеткенден кийинки армандан жаманы жок окшоду. Ушу кийинки арман азыраак болсо! Мына эми Шарапатты көргүлө. Жазган катына караганда акыл-эстүү кыз окшойт. Эми ошо кыз армандын кыл-кыягын тартып отурат!.. Атаны катыгүн! Шордуу кыз! Өзүнүн өмүрүнүн кыйылганын билген экен. Айыкпас оорумун дейт. Оору болгондо да арнамыс чөгөрүп, санаа саргайткан зил оорулуу болдум дейт. О, бу зил оору айыкпас, адамды күм-жам кылчу жаман дарт дешчү. Кыргыздардын: «Санаа саргайтат, санаадан жаман неме жок, түпкө жетчү санаа» дегенин укчу элем. Ошол санаанын сары оорусу бечара Шарапатты саргайтыптыр. Муну айыктырууга болобу, жокпу? Эмне кылсам? Кантип бу кызга жардам кылып, кандай кылып көңүлүн ача турган чөйрө тапсам? Көңүлү ачылып күлсө айыгар беле? Ай эне, эне! Баласын жок жердеги коркунучтан коргойм деп, коого таштаган эне! Эми ага даба табалар бекенбиз?».

– Э чокум, кайдасың? – деди кайненеси, эшикти ачып кирип келип.

Саадат башын жаздык менен чүмкөп, ички үйдө кроватта жаткан эле. Үй эмес эшикке караңгы түшүп калган болчу.

– Мен мындамын, апа, – деди Саадат ордунан салмак менен туруп.

– Чырагдан жандырып алсаң болбойбу, эмне беймаалда жатып алгансың, бир жериң оорубу? Бу Муса кайда жүрөт?.. – деди да, оозу жап болду.

Мусанын кылык-жоругун байкап, ичинен уулуна наразы болуп, бирок оозу барып айталбай, экөөнүн ортосу сууп кетпегей эле деп, чочуп жүргөн кемпир баласынын кайда жүргөнүн келининен сурап, капа болуп жаткан немени андан бетер капа кылып алдымбы деп, коомайсына түшкөн эле.

– Ооруган жерим жок, апа, бирдемени ойлоп, башым ооруп кетти, – деди Саадат, чынын айтып. Шишенин ордуна түбүн оюп таштаган шише анткени көмкөрө кийгизип, ага калай түтүк жасап койгон чырагын жандырды.

– Ой жерге кирсин, балам, ойлой берсең оюңа ар деме келе берет, анан бара-бара санаачыл болуп кетесиң. Осмондукуна бардым (Осмон Мусанын армиядагы агасы эле), жеңең шыпылдай басып жүрөт, жерге киргир.... – деди кемпир, бу сөзгө Саадат түшүнбөй коё тургансып.

Осмон кеткени зайыбы Саргалдай жүрөнөк болуп кеткенин Саадат деле Мусадан уккан. (Муса мындай сездөрдү Саадатка айта бере турган). Кемпирдин бу сөзүнө Саадат бырс күлө жаздап, оозу-мурдун басып, тегеренип кетти.

– Апа, үй суукпу? – деди тескери карап туруп, үйдүн сууктугун билип эле, сөз которуштун айласын кылып.

– Жерге киргир... – деди да, кемпир эшикке чыга баштады. – Кичине куурай терип келдим, суу тура, белим ооруп, араң жеттим. Жерге киргир...

– Мен терип келген куурай деле бар эмес беле, апа, – деди Саадат кемпирдин кейишине кайтадан күлкүсү келип, өзү да уялып.

– А чокум, өлбөгөн кулга жаз келер деген ушу болот. Мына эми чын куран келип, жаз чыгып калбадыбы. Эптеп тырмалап жан багып кетербиз, тиги согуштагы балдарын айтсаң!.. Кантип гана жүрөт болду экен? Баякы Токтомуштун баласына да кара кагаз келиптир. Ага да барып келдим… – деп, кемпир үшкүрүп, негедир эшикке чыкпай, кайта келди.

– Атаны байкуштар айя! Эми абышка-кемпир мөгдөп калат го. Кыздары бар эмеспи, апа, – «кыздар» деген сөзгө кемпир эмне дээр… экен деп Саадат кемпирдин оозун тиктеп калды.

– Кыздар – деди да, кемпир эшикке чыгып баратты. – От жагалы, чокум, жерге киргир…

«Саргалдайды кемпир ичинен, каргап, мага угуза эмне айтарын билбей отурат. Байкуш кемпир, мага жан тартып, уулуңду кандай деп тилдериңди билбей турасың? Менин ичимдегини билбейсиң да, куураган кемпир… Азыр эле мен бурулуш жолдорду ойлоп, көз арткан кишилер менен жүрүп кетким келип турганын билсең кантер экен? О дүнүйө! Менин да ак көңүл, ырсактаган жайым бар эле… Ак көңүл аял эркектердин көңүлүн калтырбайт дешет экен, бетим! бетим! Көрүнгөндүн катыны болгон жакшы болмок беле? Сүйүп калсаңчы? Анын баары азгырык, кой, кой! Кудай өз күйөөң менен алсын!» Саадат Марапатка, кат жазууга кагаз издей баштады. Ал эми кагаз деген неме жок болуп, кагаздын жуту башталгансып, көрүнгөн бирдемелердин бетине жазып калган кез эле.

## XXXV

Абылкасым койчуларга барып келатып, капчыгайдын, оозуна чыкты. Бу жерден Ысык-Көл, өз колхозу, өз айылы алаканга салгандай бүт көрүндү. Баятадан бери чычкандын жаңы тууган балдарындай болуп, жылаңач сереңдеп жүргөн тоодогу метис козулар, арык койлор көз алдынан кетпей, кокус суук түшүп же кар жаап берсе булар кырылып береби? Жылуу там, боз үйлөр алып калар бекен, таш короодо калганы эмне болот, боз үй да аз, чөп да болор болбос, баарыдан да киши жетишпейт, жетишпейт эмес жок, деп, капаланып келаткан. Мына эми март айынын

жылуусуна магдырагансып, кара көк тартып, те алыскы жээктери боз мунарыктап, күнгө чагылып, Ысык-Көлү көрүндү. Айлана мемиреп, торгойлор сайрап, жер көгөрүп бараткан чак эле.

«О жарыктык Ысык-Көлүм! – деди ичинен ошо замат Абылкасым,– мелтиреген, түбү терең Ысык-Көлүм! Сени экинчи көрөмбү, жокпу деп, алыста, согушта жүрүп да далай эңсеп, далай буулуктум эле... Эми мына чолоңдоп болсо да кылааңда жүрөм.. О менин кылааңда жүргөнүм курусун! Азап, машакат менен жүрүп жатам! Карачы тетиги элиңди алыстан караса кызыл-тазыл кийинип аялдар жыргап эмгек кылып жүргөнсүйт. Жанына барсаң... курактап жамачыла кемин деп кыңк этпей ич көйнөк, анысы да терге чирип, кээ бирөөлөрүнүн кызаңдан эти көрүнүп жүрөт. Жаш келиндер кымтынып-кысынып, жылаңач этин колу менен баса калат. Жүндөн согуп көйнөк кийгендери тырышып, тытынып... Трактор, машиналар, кайда? Кайда баякы жер жайнаган жаштар, а түгүл ортонуна жакындап калган жигиттей болгон москоол кишилер? Баары согушта баары армияда! Эми карачы! Машина ордуна кайтадан жылкы соко тартып, баякы мен жаш бала кездегидей жаш балдар окуусун таштап, сокого минип жүрүшөт. Ушунча жерди айдап, эгип, сугарып, анан түшүмүн жыйнап, майданга азык бере алабызбы, жокпу? Мен майданда жүргөндө курсагым нанга тойбой, кээде өлүм да эстен чыгып кетип, жок дегенде бир чоң тоюп туруп анан өлсөм мейли дечү элем. Мына ошону баштан өткөзүп келген мен кантип согушуп жаткандарды эстен чыгарайын да, кантип кош көңүл болуп жатып алайын? А элди, эл? Элдин жеке кийими эмес курсагы ачка, курсагынын да боору бүтүн эмес. Кимисинин болбосун бир жакыны же окко учкан, же дайынсыз жоголгон, же... же дегени толуп жатат. Ошондо да жерден башын албай, жакындарынын карааанын көрөр бекемин деп кыңк этпей ичтен сызып, чыдап, эл эмгек кылып жатат. Ишенет, эртеңкиге эл ишенет, ошондуктан, кайрат пайда болуп, белин бекем байлап жатышат. Ой Ысык-Көл! Элиңдин мээнетин алып көз жашынын кулу болоюн. Ысык-Көл, Ысык-Көл!..».

Абылкасымдын мингени арык болсо да кыргыздын карабайыр жылкысы, бир аз токтой калганга тизгинин жулкуй, жол жүрүп,

эги кызып калган неме ойдолоктойт. Ай-дөөй, тектир-тектир келип барып, анан түз тартып, көлгө кирип кеткен жерин, бу жердеги иштеп жаткан көпчүлүгү аял колхозчуларды тиктеп, туруп калган эле. Капыстан сыдырым тарткан жел сокту. Кимдир бирөө ушул суук желди атайы жүргүзүп тургандай Абылкасым кабагын бүркөп, артын карады. Капчыгай ичи кара күңүрт тартып, кара тоонун башына коңур булут уюлгуй баштаган экен.

«Күн жаайт окшойт, бутум да какшап турган, мейли, жамгыр болсо жаасын, жаан азыр керек, быйыл жаз эрте келип, жер кургап бараткан, кар жаабаса болду...» деди да, тизгинди бошотту.

* * *

Абылкасым ошо күнү үйүндө отуруп, күн менен кошо буркан-шаркан түштү. Күн элден мурда шамалдап шатыратып жамгыр жаады да анан шамал токтоп, лапылдатып кар жаай баштады. Качан болсо токтоолугун коё бербеген Абылкасым бу сапар чебелеңдеп, жанын коёр жерин таппай:

– Күндү кудай урду! Күндү кудай урду! – деп, көрүнгөн менен урушкусу келип, урушуп да кетти.

Абылкасым буркан-шаркан түшүп эчтеме кылалбаганы менен аба ырайы жайбаракат өз билгенин кылып, тегеректи боз каптап, жакында көз ачырбачудай.

– Мал кырылмак болду, кырылмак болду! Жаңы тууп аткан метис койдун козулары мүрт кетет, мүрт! – деп Абылкасым туталана берди, жанында турган жашап калган парторгун көрбөй, өзү менен өзү сүйлөшкөнсүп. – Бу малдын эми фермасы да жок, мал таптакыр жетим калды! Жетим калды! Эми кишини кайдан табам, токто! – деди да, бирдемени ойлогонсуп, телмирип, жер тиктеп калды.

Кой фермасынын башчысын аскерге чакырып, анын ордуна киши табылбай жаткан эле.

– Анда кемпирим менен малга мен барайын, – деди парторг.

– Сенин атың парторг болгон менен коммунисттериң жок катары, аскери жок генерал деген так сенсиң. Бирок сен мен

келгени эмне кылдың? Жумуштан башың чыкпайт. Жок дегенде мобу аялдардан партияга тартыш керек эле. Аял деген кыйын турбайбы! Баласын да багат, үй оокатын да жасайт, талаанын ишин да иштейт, анан кээде корсулдаган эринин тилин да угат, – дей баштады Абылкасым, кичине өзүн токтотуп. – Сен бош болсоң экен, анда бир башка эле, эртеден кечке кош айдап, жаның калбайт, анан кечинде келип, чарчап отурган калкозчуларга акыл-насаат айтмаң да бар, сен кантип бармак элең, бу жердеги ишчи, андан көрө... – деди да, ордунан турду.

– Айт, – деди парторг.

Парторгдун бетинде анык мээнеткеч кишинин бырыштары бар эле. Абылкасымдын зайыбы парторгго жарма сунду.

– Мээримкан, балдарды жиберип, Муса менен Саадатты чакыртчы, – деди Абылкасым.

– Күн суукта жармаң да мустактык кылат экен, ме, балам, – деп, парторг чоң кесе жарманы бүт жутуп, бош кесени узатты.

– Каракурсак неме мустак жарма ичип калчылдап кетип жүрбөсүн, чай-пай бербесең мен да үшүп турам, – Абылкасым, бирдемеден улам көңүлү жай алгансыды.

Ичинде ойлогонун Абылкасым парторгго айтты. Парторгдун бет тырыштары жазылып, жылмайып күлүп:

– Макулдаталар бекенсиң, – деди.

Булар чай ичип жылып, сүйлөшүп отурганда Муса менен Саадат келди. Кеч кирип калган эле.

Булар бир чыныдан чай ичкенден кийин, Абылкасым капыстан Мусадан сурап калды:

– Ай Муса, сен сельхоз институттан окудуң беле?

– Мытаам болбой эле койчу, билбей калдыңбы? – деди Муса, Абылкасымды жаман көзү менен тиктеп.

– Айтсаң...

– И, окугамын, эмне экен?

– Болоруң зоотехникпи?

– Ооба.

– Эмесе малга баргын! – деди Абылкасым, буйрук берип жаткан кишиче, өңү кара көк тартып, бузулуп, көздөрү чоңоё түшүп.

– Малга баргын, сенин ордуң малда. Көрүнгөн ишке бир урунуп жүргөнүң өзүңө деле жакпай тургандыр. Капыстан суук түшүп, мал кырылганы турат. Кыргыз койлор эчтеке эмес, мабу метис койлордун кызыл эт козулары кырылып калат, кудай билет, кырылып да жатабы? Мен барып келдим, кой кызуу төлдөп жатат. Осмондун тубар койлоруна баргын да, сакманчы болуп бергин...

– Менби? – деди Муса, көзүн чакырандатып.

– Сен! – деди Абылкасым, жайбаракат.

– Балам, – деди парторг, Мусанын тырыша түшкөнүн дароо сезип. – Балам, азыр бизге кой ферманын кереги жок, аны да аскерге алып жатат, болгон күндө да кой ферманын өзүн сакманчы кылмакпыз. Сен андан чочуба, эр жигит үчүн иштин жаман-жакшысы жок, зайыбыңды да жаныңа алып ал. Мындай кыйынчылыкта ишти ылгаш болбойт!

– Мектепчи? Мектепти жабасыңарбы?

Муса кокустан колго түшкөн немече корголор киши издегенсип, отургандардын ар кимисин бир тиктеди. Андай кишилер бу жерде жок эле, а түгүл Саадат да буларга кошулгансып, унчукпай, жер тиктеп калыптыр.

– Койдун төлүн ушул алааматтан куткарып бер, анан ферма өзүң болосуң, көп болсо бир эки ай, – деди парторг.

– Мектепчи? – деди Муса, мындан башка шылтоо табалбай.

– Сенин мектебиңби?

– Жок!

– Саадаттыкыбы? Мектеп жабылбайт, мугалимдер бар, ордуна туруп турар, сен кандай дейсиң, Саадат? – деди Абылкасым, Саадат макул болбосо Мусанын өзүн жалгыз жибермекчи болуп.

– Мен малдын арасында өскөмүн, мен бара берем, – деди Саадат капыстан. Саадаттын оозунан мындай сөз чыгат деп, Абылкасым да, парторг да, чай куюп отурган Мээримкан да (Мусада болсо жок болучу) күтүшкөн эмес. Мусадан башкасынын оозунан басма сөздө колдонулуп жүргөн тамга менен берилүүгө мүмкүн болбогон «ох», бу, «ух» бу, «и-и» би, иши кылып адамдын таң да калып, ыраазы да болуп, же башка чапкандай капыс-

тан катуу сөз укканда чыга турган бир тыбыш чыкты. Муса болсо үйдөн чыга кашчудай обдулуп, кайта чөгөлөп отура калып, чычалаган кишиче:

– Мен мал эмес иттин арасында өсүптүрмүнбү? Жерге кир десе... Сүйлөгөн сөзүн! – деди.

Баары кыраан каткырып күлүп калышты. Абылкасым болсо чалкасынан ыкшый жыгылды.

– Боорду эзип салдың, боорду эзип салдың, иттин баласы! – дей берди Абылкасым, ыкшып. Саадат да шаңкылдап, күрүчтөй майда аппак таза тиштерин кашкайтып, күлүп жаткан эле.

– Болду эми, иш бүтпөдүбү! Саадат болбосо... Айтмакчы, окууга кеткиле дебедиң беле? – деди Муса, Абылкасым менен болгон сөздү эстеп.

– Дегемин, аны танбайм. Бирок турмушка караш керек. Согушта кээде генералдар да өз приказын кайта бузган. Мабу артыбызды оңоп алалычы, абийирибиз гүлдөй төгүлүп калбасын, согуш, согуш! – деди Абылкасым, терең үшкүрүп. – Ишибиз оңолуп кетсе окуу табылар...

– Эми качан? – деди Муса.

– Бүгүн кеч болуп калды. Атаң көрү, кантип атышат болду экен... – деп, Абылкасым кейип кетти да, – эртең таң заардан. Биз парторг экөөбүз дагы бир боз үй таап койдук. Эки өгүзгө жүктөй кеткиле. Жок, силер кете бергиле, мабу аксакалыңар бир киши менен жеткирип барат. Ушундай болсунбу? – деп, Абылкасым парторгго карады. – Иштин жайын көрө да кел, боз үйгө калай турган чөп да жүктөп алгыла, – деди.

– Жылуурак кийим болсо кийип алгыла азыр атканага барып, мине турган атыңарды, ээр-токумуңарды камдап алгыла. Биз таң атпай боз үйдү жүктөп жөнөйбүз, – деди парторг.

– Аттарды унутпай ала келгиле, парторг. Күн ачылар менен сокого чыгабыз, – деди Абылкасым.

Саадат менен Муса кеткенден кийин да парторг, Мээримкан болуп, күлүп жатышты.

– Саадатты айтам, жаш болсо да эр болчу келин экен, а болбосо Мусаңар дагы бир топ тырыңдайт» беле – деди парторг.

– Курчтук кылып айтып коюп эки күндөн кийин Саадат, ыйлар бекен? – деди Абылкасым.

– Көнөт, Абылкасым, көнөт, аял эмеспи, намызынан да иштеп, абийир алайын деп, аракет кылат. Аны көрүп Муса да туралбайт. Теги ырас болду, – деп, парторг борсулдап күлдү.

– Аягы сай таппай жүргөн эмени ырас жибердиңер. Көрүп, билсин, – деди Мээримкан, акырын кашкайып.

## XXXVI

Саадат малга келгенде киши таанылгыс болуп калган эле. Кайненесинин эски ичигин кийип белин курчанган, башына эски жүн жоолук салып, ээгин бува байланган, жөнүрөк-кийчү өтүккө автомашинанын шинасынан жасалган каптама көлөш кийген, ак жүздүү өңү туурула баштап, койлордун, козулардын артынан чуркап жүргөн бир малчы келин болуп калды. Ал калхоздо малга аттанган күнү эле ушу түргө келди.

Бирок кээ бир кишиге кийимдин эскиси да жакшынакай жарашып калат. Саадатка ушу тамтыгы жок эски кийим андан бетер, жарашып, өзүнчө бир сонун.

Тубар кой оторлогон жер кыштоодон көп деле алыс эмес. Бу жер күнөстүү буйга жер келип, тубар койлордун кыштоосу болучу. Саадат менен Муса бу жерге келер замат малдын ээси Осмон буларды жактыра бербей, Муса мурунку ферманын ордуна келгенби деп, унчукпай, саламга араң алик алып, боз үйгө кирип кетти. Боз үйдүн ичинде козу маарап, чурулдашып жаткан. Кечеки жааган кардан кийин күн суугуна тартып, кар муз болуп тоңуп калган болучу.

– Мабу абышка бизди бир бекерчи кишилер экен деп, кыртышы сүйбөй турабы? – деди да, Муса аттан ыргып түшүп, Саадаттын да атын алып, таш короонун жанындагы казыкка байлап коюп, экөө тең боз үйгө киришти.

– Малжан аманбы, карыя? Төлгө береке, – деди Муса.

– Бирин-бири тебелеп өлтүрүп койчу немелер го, жашабагырлар! – деп, Осмон унчукпай секирип, тыбырчылап, бир би-

рине ыкталышып, камалып жаткан жаңы тууган козуларды бөлүштүрдү.

– Малжан аманбы дейсизби? – деди бир топтон кийин. – Жан аман, – малдын иши кыйыныраак болуп турат. Өзүңөргө жол болсун? – деп, буларды карабай, козулары менен алек. Саадат дароо көгөөндөп койгон чоңурак козулардын көгөөнүн кармап көрүп, муунуп калбасын деп кээсин шалкырак кылып бошотуп, буралып калгандарын оңдоп жиберди. Осмон көздүн кыйыгы менен Саадаттын шыпылдап бараткан колдорун тиктеп калды.

– Сизге сакмалчылыкка бир келин апкелдим, – деди Муса, мытаамданып күлүмсүрөп.

– Бу кайсы келин экен, мен тааныгандан эмес ко? – деди Осмон. Осмон көгала сакал болуп калган далдайган чоң, сары чийкил киши.

– Келиндин баарын тааный бермек белеңиз, келин тааныган чагыңыздан өтүп калгандырсыз, – деди Муса, күлкүсүн тыялбай.

– Алда балам айя, баякы эле жинди бойдон окшойсуң аксакал кишини келиндердин көзүнчө уят кылганың жакшы болобу? – деп, бирок өзү да мурутунан күлө сурады, – бу келин кимдин келини?

– Мугалим!

– Маалим? Тамашаңды кой, ак кагаздан башканы кармабаган неме кантип сакманчы болсун, бок-сийдик менен аралашып... кийимине караганда ай таң, ким билет... – деп, ишенер-ишенбесин билбей, Осмон арсар болуп турду.

Аңгыча жаңы тууган эки кара козуну колтугуна кысып, Осмондун байбичеси Тоту кирди. Козулардын энеси эшикте мекиренип маарап турду.

– Төлгө береке, Тоту эне, – деди Муса, бу коюңар күн суукта күчөптүр го.

– Айтканың келсин, балам. Болгондо да эгиз, – деди Тоту, дирилдеп бараткан козуларды калың чөпкө жаткызып. Козулар жатпай, темтеңдеп басып, сереңдеп коюп турушту.

– Э Тоту эне, буларды энесине жалаттырдыңбы? – деди Осмон. – Эмдиби?

– Жалатпай да койчу беле? Эмиздим. Энеси арык немени такыр express кактап салышты. Кыргыз козу эмеспи, тың, – деди Тоту.

– Тоту эне, биз келинчегибиз экөөбүз силерге сакманчы болуп келдик. Парторг бир боз үй алып келатат, саман, чөбү да бар.

– И, кагылайын, куш боо бек болсун, кел, берекем, – деп, Тоту эне Саадаттын бетинен өптү.

– Баятан бери чаргытып сүйлөп, мени шылдың кылып жаткан экен, абышкага да жөн сүйлөбөйт, маалим-саалим деп, капкайдагыны айтты, – деди Осмон, мулжуңдап күлүп.

– Мугалими мугалим, аба, – деди Муса, күлүп. – Келин апкелдим дегенде...

– Бас жаагыңды! Шайтандын баласы! – деп, Осмон, кыйкырып калды. Бу баланын оозунан дагы бир шойкундуу сөз чыгып кетеби деп, чочуп кеткен эле. – Мен тетиги үйдөгү сакманчыга барайын, анан койго барам, дагы бирөө тууп жиберип, козусу суукка карышып, өлүп кетеби... буларга чай берерсиң... – деп, Осмон үстүн кагынды.

– Мейли, энем чай берсе берсин, чай бышкыча биз Саадат экөөбүз койду аралап келели, жүр, – деди да, Муса Саадатты ээрчитип чыгып кетти.

Мен бу баланы Карпыктын ордуна берма болуп келген экен десе, келинчеги менен сакманчы болуп келген турбайбы... Жакшысы жакшы, бирок булардын колунан бирдеме келер бекен же бутка чалынып, жолто кылгандан башка пайдасы болбой кууратабы? Тубалбай аткан койдун козусун да тартыш керек, кайсы козу кайсы койдуку экенин да билиш керек... – деп, Осмон кейий баштады.

– Ким билет, келиндин жүнү тирүү эле көрүнөт, билбесе үйрөтүп аларбыз. Андан көрө акырын артынан басып баргын, эмне кылып жүрүшкөнүн байка, жаш немелер койдун тууп жатканын карабай эле ойноп жүрүп алышпасын, жанакы келиндин кийгени эмне деги, малга деп кийсе керек, мен тиги үйгө чай кайнатып, бу жерге көз болуп турайын, – Тоту эне абышкасын жөнөтүп, өзү түгөнбөй түйшүгүнө киришти.

– Болуптур, болуптур, Тоту эне, – деп, Осмон эшикке чыкты.

Козусун жоктогон койлор маарап, кой төштө жайылып турган эле. Күн жогору көтөрүлүп келатты. Жолдун таманынан обочороктогу төрт терезелүү, жалпак жабылган там, мынабу азыр Осмон чыккан боз үй, андан окчунурак тигилген дагы бир боз үй, таш короодон башкасы кар жаагандан бери жык козуга толуп, койчусу да, сакманчылары да мал менен аралашып калган болуучу. Капчыгайды экиге бөлүп жарып аккан кичинекей суунун эки чети гана кичине муздап, суу шаркыраган үнүн баспай, бууланып агып жаткан. Малдын кыштоосу капчыгайдын оң жак бетиндеги кең күңгөйдө эле. Тескей жагы ала көлөңкө болуп, кар калыңырак жатса күнгөйү азыр эле тийген күнгө эрип, жер карара баштаган. Осмон төштөкү түбүнөн эми эле көгөрүп келаткан былтыркы чөптү тытмалап, жайылып жаткан койлорун, койдун четинде жаткан иттерин, төшкө жакындап бараткан Муса менен Саадатты карап койду да, экинчи боз үйгө кирди... Көптөн бери мал четине басып көрбөгөн Саадат энесин ээрчип, тойпоңдоп секирип коюп жүргөн эрте тууган козуларды көргөндө ичи эзилип, торолуп калган жаш баланы көргөндөй кубанып, кармап алгысы келип, кубалап коюп, мал четинде Муса менен турду.

– Сен төрөгөндө сенин балаң эки жашка чыкканда да минтип секирип чуркай албайт. Көрдүңбү буларды, беш күн болбой оюн салып жүрүшөт, – деди Муса күлүп.

Бу сөздү уккусу келбеген Саадат:

– Ай, тиги киши эмне кемпирин Тоту эне дейт? – деп, сөздү буруп кетти. Саадаттын бүткөн бою чымырап кеткен эле.

«Аял кантип төрөйт болду экен? Төрөт деген эмне? Аялдын бир ажалы – төрөт дешет экен, демек аял кыйналып, нары барып бери келет го? Жан болгондо да адамзаттын тукумун улантып, адамды адам кыла турган эне го...».

– Ай Саадат, карачы, тетиги койду карачы, ой жаныбар!.. – деп, Мусанын чый-пыйы чыгып, чуркап калды. – Токту кой экен, тууй албай атат...

Саадат чуркап барып, өйдөлөнгөнсүп жаткан метис токтуну көрдү. Токту кадимки жаны ооруган адамча онтоп жаткан эле, Көздөрү алайып, азыр эле өлүп кетчүдөй аңтарылып, бүткөн

бою тердеп, ыйлап жаткансып, көздөрү жашылданып турду. Анда-санда маарап, мааараганга да окшобой, «баа!» деп бакыргансып, Саадаттын боорун оорутту.

– Козусун тартыш керек эле, кап!.. Козу тартып көргөн эмесмин, кана, мал менен өскөмүн дебедиң беле? Тартпайсыңбы?, – деди Муса, чебеленип.

– Мал менен жүргөн менен козу тартып көргөн эмесмин, өлүп кетет ко, Осмон акени чакырбайсыңбы? – деди да, Саадат жеңин түрүндү.

– Эмне кылганы турасың?

– Тартам!

– Кой, тартам деп, козусун мыжыгып саласың. О-ой, Осмон аба! – деди Муса, айыл жакка кыйкырып.

– Козусу келатат, козусу келатат! – деди Саадат, онтоп, көзүн сүзүп бараткан токтуну негедир ичин сыдырып.

– Сыдырба, козусу өлүп калат! – деди Муса, Саадаттын колун тартып.

Токту араң эле онтоп, көзү сүзүлүп, бошонуп баратты. Саадат эмне болуп кеткенин өзү да билбей, көзүнө да эчтеме көрүнбөй, токтунун куйругуна колун узатты...

* * *

Энесинин жылуу курсагынан эми эле суурулуп чыккан кичинекей кызыл эт козу дирилдеп, калчылдап, ушу козуну тууп төрөгөн энеси мекиренип, жалап жатты. Козунун желимдей болгон жабышкак курсак чели заматта энесинин тили менен кургап, козу ансайын калчылдай берди.

– Кокуй, чычкандай кызыл эт неме экен, боз үйгө алып жөнөйлү, өпкөсүнө суук тийип өлүп кетет! – деди Муса, Саадат ушул учурда өзү төрөгөнсүп, кыпкызыл болуп чыңалып мончоктоп тердеп, энтигип турган эле. Ошо замат Саадат козуну койнуна катып, үйдү көздөй жөнөдү. Энеси мекиренип, али түшөлек саландаган чөбү менен Саадаттын улам алдын торой чыга калып, ээрчип келатты.

– Төл кут болсун, келе замат эле коюңар тууп бердиби? – деди Осмон, козуну койнуна катып алган Саадатка таң калып, – өркөнүң өссүн, балам, кем болчу түрүң жок окшойт.

– Келиңиз, козуну өзү тартты,– деди. Муса, бир башкача кубаныч менен.

– Ыя ? – деди Осмон, чочуп кеткенсип.

– Өзү тарттыбы?

Маалим-саалим эмес эле мал багып жүргөн келин го? Жаш болуп туруп... Ики... жарайт... мен бир бирдеме экен десем... жарайсыңар.. балам, жарайсың!

Саадат козу тартты дегенге уялып, токтобой, үйдү көздөй ылдамдап басып бараткан эле. Осмон артынан кыйкырып:

– Өркөнүң өссүн, балам, эркек төрөп ал, оомин! – деп, бата кылып жиберди.

– Кокуй батырак козусун энесине салалы, жерип кетип жүрбөсүн, эмбесе козунун да ичи муздап кетип, өлүп калат, – деп, Тоту эне козуну энесине салды. Энеси темтеңдеп турган козусун дагы жалап турду. Бирок козу эмалбай жатты.

– Кокуй, оозу карышып калганбы? – деди Тоту эне. Саадат козуну ала коюп, козунун жаагын керип, оозуна тилин салып жиберди. Козу ошондо гана оозун кыбыратып, бирдемени жалмалагансып, чайнап жиберди да, энесине салганда араң тилин чыгарып, анан алсыз эме баштады.

Атаны кудай жалгаган келиним ай, анык малдын кишиси турбайсыңбы! Осмон эмне эле батасын берип кыйкырып атат десе... кудай тилегиңди берсин, берекем... – деп Тоту эне Саадатка жалынып жиберди...

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

### I

Көзүн ачып, өзүнүн кайда келип калганын көпкө билбей, делдиреп турду. Башы тегеренип, кулагы чурулдап көзүнө эчтеме көрүнбөй, тунжураган жымжырттык менен караңгыдан башканы туйган жок. Бирөөлөрдү чакырып, кыйкырайын деди эле тили күрмөөгө келбей койду.

«Мен эмне болгомун? Мен кайдамын? Менин ротам, комбат Макаров кайда? Немецтер бизди чын эле талкалап, кырып салган экен го, мен эмне болгомун?» Кыдырбек акырын кыймылдап көрдү. Үстүнөн оор бирдеме басып тургансып, буту-колун кыймылдаталбай, бирок чымыркаnып, жулкунуп, сенек болуп кала жаздаган колдорун бир жазып, бир жумуп, катуу силкип алды. Колдору азырак кыймылдап, жан кире баштаганда колдорун көкүрөк жагына жылдырып келди да бетин жаап калган калдырак плащ палатканы сезди. Туюк болуп калган плащ-палатканын учун араңдан зорго таап, бетин зор күч менен араң ачты. Ошо замат бетке суук шамал уруп, оозу-мурдуна кургак кар тыгылды. Кыдырбекти кар басып, шамал күрткү кылып уруп таштаган экен. Кыдырбек муну дароо түшүнүп, турууга аракет кылды. Айлана тегереги көрүнбөй, дале болсо шамал кутуруп, бурганак, уруп турган эле. Кыдырбек колун таянып, башын көтөрүп, анан белине чейин өйдө көтөрүлүп, кой тери калың кол кабы менен үстүндөгү карды шилеп, бутун тыбыратып, турууга далалат кылды. Муз болуп тоңуп калган буту эчтемени сезбей койду. Ансайын бутун тыбыратып, ансайын кошколдоп күрткү болуп калган катуу карды шилеп, кыймылдай берди. Бир топтон кийин өйдө турам деп, кайта жыгылды. Кийиз өтүгү да катып, буту да кожоюп, бутун шилтейин десе сынып калгансып, зыркырап кетти. Бутунун зыркыраганына чыдай албай Кыдырбек үстөмөн жатып алып, бир азга онтоп турду да, кайта турууга аракет кылды. «Бутум талкаланып калбай эле үшүп же тоңуп калганынан ооруп

жаткандыр…» деди да, кайтадан туруууга, басууга далалат кыла берди. Мына ушинтип өлүм менен тилсиз күрөшүп жаткан Кыдырбек акыры буту менен басып, мас немече темтеңдеп, араңдан зорго бут шилтеп, миң машакат менен бүлбүлдөп жанган те алыскы үмүттү көздөй беталган. Бирок ал үмүт кайда, кайсы тарапта экенин да жакшы түшүнбөй, тим эле бир сокур сезим айтып турган үмүттү көздөйт. Бирок кайда барат? Душман кайда да, өз кайда? Оң билегиндеги куйуп турма компасын тиктеп, барар жагын билди да, бирок а жер азыр душмандыкы болуп калып, өзүм барып немецтин колуна түшүп беремби деп, калтылдап турду.

«Эмне үчүн мындай болду? Эмне үчүн мен жалгыз калдым? Ординарецим кайда? Аа, аны мен капитан Макаровго жибербедим беле? Мына кызык, эмне үчүн мен жалгыз калдым? Бүт рота менен бирге элем, кантип булар мени таштап кетмек эле? Мүмкүн эмес! Буга чейин акылым жетпейт, жо-жо-жок, буга акылым жетпейт. Ырас, дивизиянын ичинде биздин батальон, батальондун ичинде менин ротам душмандын курчоосунда болучу. Ошондо да мен жалгыз талаада калмак белем. Жок дегенде өлүгүмдү сүйрөп качышпайт беле? Эми кайда басышым керек? Сөзүнө жооп бералбай, баякы көңүлүндөгү сокур сезим айтып турган купуя үмүттү көздөй Кыдырбек жылып келаткан.

Сталинградда аскер бөлүктөрү аралашып кетип, бирин-бири тааныбай, билбеген кишиге баш аламан, чакчалекей болуп турган чак. Бирок өз бөлүгүнөн адашкандар башка бөлүктөргө катылып калган учурлар да болгон. Кыдырбек болсо бутун араң шилтеп, ачкалыгын да, үшүгөнүн да унутуп душмандын эле колуна түшүп калбасам болду деп, тили да жок, кулагы да укпай, дивизиясын издеп, жок дегенде тааныш чыгып калабы деп, таңга жуук бир жыгылып, бир туруп, элеңдеп келатты. Сталинград капкара түтүн болуп уюлгуп жаткан. Алда кайдан артиллериянын катуу күркүрөгөнү угулуп турду.

Кыдырбек эки кабат чоң имаратты көрдү. Бул имарат кимге-душмангабы, же өзүлөрүнүкүнө тиешелүү экенин билбей, пистолетин колуна бекем кармап, темтеңдеп жакындай берди.

– Стой, кто идет? – деди капыстан чыккан үн.

Кыдырбектин кулагы укпаган соң ал үнү менен иши болбой акырын, улап токтоп, баса берди.

– Стой, стрелять буду! – деди жанакы үн, андан бетер катуурак. Кыдырбек эки жагын кооптуу тиктеп коюп, басып келе берди. Автоматтын чолок очередь менен аткан үнү чыкты. Кыдырбек келе берди. Автомат экинчи атылбай жымжырт боло түштү да, Кыдырбектин бет маңдайга кандайдыр бир кишилердин карааны пайда болду. Кыдырбек ошондо гана токтоп, дароо жерге жыгылып, тигилерди тиктеп калды. Ошо замат булар өз кишилер экенин таанып, кубанычынанбы, же алы кетип каржалганынанбы, эстен танып, жатып калды. Кыдырбек кайтадан көзүн ачканда буту-колу таңылып, жылуу блиндаждагы чөптүн үстүндө жатканын байкады терезелери жарык блиндажда он чакты жарадар жаткан. Ак халатчан бир аял менен көз айнекчен бир эркек кирди. Булар ооруларды карап чыгып, Кыдырбектин жанына келишти. Бирдеме деп сүйлөшүп, Кыдырбекке да бирдеме деп сүйлөп жатышты. Кыдырбек мурункусундай эле укпай да, сүйлөй да албай койду. Булар бирдеме деп жаңдап, чыгып кетишти.

Булар чыгар менен Кыдырбектин жан кейиткен ызаасы келип, ыйлап жиберди.

## II

Кыдырбек өз дивизиясына келгенде аны бир тиги дүнүйөдөн келген кишидей көрүштү. Далай жолу согушта өз тууганындай болуп калган кишилерди, андай кишилерди өлүм ажыратканча өзү да ошо заматтын ичинде өлүп кетиши мүмкүн экенине көзү жетип турса да аны унутуп, өлгөн жолдошун жоктоп, зыркырагандарды көргөн. Бирок мынабу азыркыдай күчтүү сезимди эч качан башынан өткөргөн эмес. Ал көп жылдан бери көрелек үйүнө келаткансып, кимиси мурун көрүп, кимиси мурун алдыман чуркап чыгар экен деп, жүрөгү лакылдап, бүткөн боюн калчылдак басып, терлеп келатты.

Жаз чыгып, токойдун ичи жыпжылуу, ал эмес демирек тартып, магдыратып турган мезгил. Дивизиянын турган жерине келгенде

Кыдырбек жаш балача элеңдеп, дивизиянын штабын издебей эле өз ротасын, капитан Макаровду ойлоп, менин ротамдан киши калдыбы, жокпу деп, ротасы тирүү болбосо баары урап, үмүт да, кубаныч да баары, баары жокко чыкчуудай болуп турду да балким ротаны таштап кайда жоголуп жүрөсүң деп, тилдейби деген да ойго кетти. Иши кылып, оюна капкайдагынын баары келип, аптыгып келаткан.

Кыдырбек токойдун жанындагы көлмө сууга жакындап келгенде бир топ солдаттар бу жерде кир жууп, ич көйнөксүз жылаңач жалаң шымчан жүрүшкөнүн көрдү. Булар Кыдырбекти байкабай, жайбаракат сүйлөшүп, каткырып күлүп, кээде жулмалашып, ойноп отура беришти.

Кыдырбек чукул жакындап келип, аркасын салып отурган солдаттарды карап, таанibай турду да:

– Здравствуйте, ребята! – деди.

Солдаттар жалт артына бурулуп, бейтааныш старший лейтенантты аңырайып, таң калып тиктеп калышты. Анан булардын ичинен кыпкызыл мурутчан бирөө тоголонуп ордунан туруп, кыйкырып жиберди.

– Старшой, дорогой, ты ли? Живой?

Бул Косолапов эле. Бири солдат, бири офицер экенин унутуп, бир тууган немедей экөө кучакташып, орусча үч сыйра өбүшүп, көздөрүнө жаш алып турушту. Косолапов колу менен көз жашын сүртүп.

– Жив значит? А мы то думали... Ну, слава богу... вот... хорошо!.. – деп эмне айтып, эмне кыларын билбей калды. Качан да болсо капыстан жолукканда айтууга сөз табылбай, адам калдастап калат. Кыдырбек да эмне айтаарын билбей, өз ротасынын кишисин биринчи көрүп турганына бир башкача болуп, уялып да, кубанып да турду. (Кыдырбек жыгылган күнү старший сержант Косолапов ротанын взводунун командиринин жардамчысы болучу).

– Булар ким? – деди Кыдырбек, буларды оозун ачып тиктеп турган жаш солдаттарды көрсөтүп.

– Жаштар, толуктоого келишти. Менин взводумда, – деди Косолапов.

Кыдырбек Косолаповду четкерээк алып кетти да, эриндери калтырап, көпкө айтам дегенин айталбай турду. Дасып калган кыраакы, эстүү картаң солдат Кыдырбектин жүрөгүн өйкөп турган дартын билди.

– Ротаңыз аман-эсен (Эми Косолаповдун алдында кайтадан старший лейтенант тургандыктан «сизге» өттү). Азырынча сиздин ордуңузда младший лейтенант Пушкарев (Пушкарев биринчи взводдун командири болучу). Аны эми азыр коё туруңузчу, капаланып жүрсөңүз керек, албетте, биз сизди жоготуп салып уят болдук. Капитан Макаров ушу күнгө чейин тилдейт.

– Капитан кайда? – деди Кыдырбек, кубанып,– аман-эсенби?

– Аман-эсен. Минанын сыныктары тийип таңылуу жүрөт, санчасттан нары барбай койду, өзүңүз кандайсыз?

Өңүңүз купкуу болуп калыптыр, эми госпитал соруп койгон да! – деп, Косолапов улам-улам Кыдырбектин башын көзүн карай берди.

– Эмне, өзгөрүп калыптырмынбы? Кыдырбек пилоткасын оңдоп, кемерин тартып, шинелдин бырыштарын жазып.

– Таптакыр өзгөрүп калыптырсыз. Ошондуктан мен адегенде сизди тааныбай калдым... Бырыш да кирип, картымак тартып калыптырсыз, кыйноо тарткан кишиче... – деди Косолапов, Кыдырбектин далай санааны башынан өткөргөнүн дароо билип.

– Капитанды табаламбы? – деди Кыдырбек, баарын билип тургансыган Косолаповдон уялып, башка сөзгө өткүсү келип.

– Капитан жер тамдабы, же там үйдөбү?

– Жер тамда, полк дивизиянын штабдары гана там үйдө жүрүңүз узатып коёюн,– деп, Косолапов, бул экөөн тиктеп, ишин таштап коюп турган солдаттарына бурулду.

– Силер эмне оозуңарды ачып туруп калдыңар? Киши көргөн жок белеңер, оозуңарга карга... кирип кетсин!

– Жок, мен өзүм табам, сиз булар менен болуңуз. Кыдырбек Косолапов көрсөткөн жол менен батальондун штабын көздөй басты. Косолапов менен сүйлөшүп, Кыдырбек анча-мынча жүрөгүн басып алса да, капитанга жакындаганда кайтадан жүрөгү түйлап, кайтадан аптыга баштады. «Капитан эмне дээр экен? Кандай күтүп алаар экен?» деген ой башынан кетпей койду.

Капитан Макаров старший лейтенант Сулайманов келди дегенде ишенбей коюп, анан өзү чуркап чыкты.

– Ах ты, чорт, ты ли? Дайынсыз жоголгон киши!– деп, капитан кучагынан бир топко чыгарбай туруп алды.

Кыдырбектин тамагына бирдеме тыгылгансып, өксүп ыйлап жибере жаздап, көзүнөн жашы куюлуп кетти. Капитандын көзү да жашылданып турган эле. Эки жаш офицердин, бири кыргыз, бири орус, эки улуттун жигиттеринин бу калыпта учурашканын көргөн Кыдырбекти тааныгандары да таанымагандары да кудуңдашып, өздөрүнчө сүйүнүп жатышты.

– Кана, сүйлө, кайда жүрдүң, эмне болдуң? – деди капитан Макаров Кыдырбекти өзүнүн жер тамына киргизип алып кечинде:

– Биз сени же немецтин жолуна түшүп кетти, же өлүгү табылбай жок болгондордун бири болду деп, капаланып жүргөнбүз. Кийин карасак сенин артыңан контрразведчиктер түшүп калыптыр. Анда биз а, тирүү экен, бирок кайдан жүрүп контрразведкага кабылган деп түшүнбөй, таң калып жүрдүк. Көрсө сен «шпион» турбайсыңбы? – деп, капитан каткырып күлдү.

– Аз жерден шпион болуп кала жаздадым, баарыдан да ошого күйбөдүмбү? Жанымды кейиткен ошо болду. Жакшы, дагы силерден кат барып калып жаным калды. Болбосо…

– Болбосо… эмне? Болбогон кеп! Сени полктун штабы, а түгүл генерал Людников билет, бирок ошондо да бир сыноодон өтүпсүң…

– Людников генерал болдубу? Куттуу болсун! – деди Кыдырбек, капитандын колун кысып.

– Алда качан болгон. Сени да, мени да сыйлыкка көрсөтүп, чин жагынан да жогорулатышка көрсөтсө керек эле. Куттуу болсун! Бирок баарыдан да башың аман келди, мына ушу жакшы болду. Сенин башыңды куттукташ керек!

– Ай, Серюга, апкелчи бирдемең болсо…– деди капитан.

– Кана башыңдан өткөндү сүйлөчү, эл уксун. Батальондун Кыдырбекти тааныган офицерлеринин баары келишти. Кыдырбектин мурунку байланышчысы (ординареси) Миша да издеп келип, Кыдырбектин жанынан чыкпай, ушу жерде.

– Мен ушу күнгө чейин кандайча болуп жалгыз талаада жатып калганымы билбейм, эсимде... Немецтер курчоодо калса, биз немецтердин курчоосунда болучубуз. Ошо күнү түн ичинде тигилер бизге атака жасап, өзүлөрү тарапка өтүүгө аракет кылган. Бороон да болуп, бороондон бетер миномёт, замбиректин, пулеметтун октору жаап турган. Немецтер менин ротамды каптап кирип келаткан. Мен Мишаны сизге жиберип, көмөк сурагамын. Аңгыча немецтер жакындап, кажылдаган үндөрү угулган. Мен үчүнчү взводго чуркап бараткамын... Андан башкасын билбейм.

– Взводго жеттиң беле? Жаныңда киши бар беле?

– Жок,– деди Кыдырбек.

– Ошо жетпей калып жыгылдың да, жаныңда да киши болгон жок, болбосо жалгыз калбайт элең. Полктун командири чегинүүгө буйрук берген, чегингенде да баш аламан болуп чегиндик, анткени, көзгө сайса көрүнгүс караңгы, кар, бороон болуптурду өз кайда, жат кайда?

– Өзүбүз да билбей калдык. Алаамат биздин ордубузду башка бөлүктөр, разведотряд ээлеп калган. Батальонду жыйнаганда элди жоктосок, жоктун ичинде сен жүрөсүң. Мен киши жибергемин, сенин тирүүңдү эмес, өлүгүңдү таппай келген. Мына, Мишаң турат, сени таппай ыйлап келген өзү болучу.

– Кар көөмп калган да, – деди отургандардын бири.

– Кар көөмп күрткү уруп таштаптыр, плащ-палаткам да бетимди жаап калган экен, араң ачылып, арандан зорго ордуман турдум. Айланам жымжырт... Көпкө чейин кулагым да укпай, тилимдин да сүйлөбөй калганын сезгеним жок...

Ал эми шпион боло жаздаган себеби Кыдырбек разведотряддын колуна түшүп, Кыдырбекти шпионбу деп шектенип, текшерүүгө алган болучу.

Булар бу күнү көпкө сүйлөшүп, көпкө отурушту да, Кыдырбек капитан Макаровдукунда конуп калды.

## III

1941–42-жылдары биз үчүн катуу багыттагы кыйын кезең учурлар боло турган болсо, 1943-жыл анын Сталинграддан кий-

инки жаз айларынан тартып биз чабуул коюп, ийгилик үстүнө ийгиликке жетишип, уламдан-улам чабуулга көтөрүлө баштаган мезгил болду. Бул мезгилден тартып, резервдер, азык-түлүктөр жетише баштап, жетиштүү болбогон күндө да чети оюлалек мүмкүндүктөр, ресурстар жер-жерде уюшула башталган. Артиллерия, авиация, танк жана башка техника айрым учурларда душмандыкынан көптүк кылып, биздин армиянын ар бир соккусу душман үчүн өлөсөлүү сокку болуп, мындай соккулардан кийин душман көпкө эс-учун жыйнай албай, дабдырап калган. 1943-жылы душман басып алган көп жерлер бошоп, Совет Армиясы күндөн күнгө кубат ала берди.

Мына ушулардын негизинде согуш окуу жайларындагы кыска мөөнөттүү курстар кайта уюшулуп, 3-4-5 айлык курстар бир жыл, бир жарым жылдыкка айланып, аны бүтүрүп чыгуучу келечектеги офицерлерге согуш билимин толук алууга кең мүмкүндүктөр түзүлдү.

Качике окуган согуш-окуу жайы да өзүнүн окуу программасын кеңитип, курсанттардын катарын ылгап, жаңы чараларды жүргүзө баштады.

– Полкомвзвод ким экен? – деп бүт рота күлкүсүн сактап, жымжырт боло түштү.

– Держи-Морда! – деди Качике,

– А иттин баласы, татарин, не бильмес! – деди Кабалов, бүт рота менен кошо күлүп, ошондо да кара көк өңү андан бетер кара көк тартып, кызаңдап, теригип. – Мен сени абышка деп сыйлап, нарядка көп чыгарбай жүрсөм сенин айтарың ушул экен го? Теги өзүң Держи-Морда дегенди ким жазганын билесиңби?

– Анда эмесе Унтер Пришибеев,– деди мостоюп Качике, эл менен кошо күлбөй.

– Экөөн бир киши жазганбы? – деди Кабалов, Качикенин калпын кармайын деп.

– Жок, муну жанакы «не бильмести» айткан киши жазган.

– А ким?

– Сен болочок офицер эмессиңби? Сен билишиң керек, – деди Качике.

– Гоголбу?

– Жок, жок.

– Анан ким?

– Кабалов,– деди Качике.

«Айласы кеткенде киши күлөт экен» дегендей Кабаловдун күлбөскө чарасы калган жок. Бүт рота боорун тырмап, күлүп, жыгылып калды.

– А иттин арткы кара шыйрагындай болгон түрк десе! Кезексиз катары менен беш наряд! – деди күлүп, Кабалов.

– Есть кезексиз беш наряд. Бирок помкомвзводдун акысы.... Качике «акысы жок» дейин деп бараткanda Кабалов кыйкырып калып:

– Бас жаагыңды, не бильмес!

Бүт рота кайтадан күлдү.

– Силер Костяны не бильмес дейсиңер, кээде сөздү чукугандай табат,– деди кимдир бирөө.

Мына ушундан кийин Качикенин аты көпкө «не бильмес», Кабаловдун аты «Держи-Морда» болуп жүрдү.

Курск чөйрөсүндөгү жайкы-күзгү кырчылдашкан согуш биздин, пайдабызга чечилип, биздикилер жеңгенден кийин немецтер экинчи баш көтөралбай алсырап туруп калгандай болду. Бул салгылашуу тууралуу окуу жайынын начальниги генерал-майор Пемов курсанттарга окуган лекциясында мындай деди:

– Немецтер Сталинграддагы, Москванын босогосундагы согуштарда өздөрүнүн жеңилгенин орустун кышынан көрсө, бу жердеги согушта немецтердин телегейи тегиз болду. Бирок бу жердеги айырма биздикилер немецтердин танкасына танка, самолетуна самолет, замбирегине замбирек менен каршылык көрсөттү, андан кийин каршы чабуулга өтүп, душмандын таш талканын чыгарды. Эмне үчүн немецтер жеңилип, биз жеңдик? Бу жерде күч тең эмес беле? Анткени, немецтердин нерви чыдабай койду. Биздин нервибиз мыкты экен, биз баарына туруштук берип, акырында жеңиш биздики болду. Ар бир командир өзүнүн карамагындагы жоокерлерди бу жагынан да тарбиялашы керек. Немецтердин арасында согуштун заарына чыдай албай, жинди болуп кеткендер да көп...

Лекциядан кайтып келатканда Кабалов адатынча Качикени шылдыңдап, Качикеге асылып жатып калды. Офицерлерди генерал өзүнчө алып калган эле.

– Костя аялдын уусуна чыдабай жинди боло жаздап жүрөт, согуштун уусуна кантип чыдамак эле? Мүрт кетет дечи!

– Деп салды старшина! Костя! Бирдеме дебейсиңби? – деди келаткандар.

– Моряк эмеспи, аялдардын үстүнөн анча-мынча сүзүп өтүп, тийип-качып жүргөн да. Акуладай болгон аялдын колуна түшчү болсо көрөр элем сүзмөк турсун жер сүзүп, чыдай албай арак ичип, ушул старшина Кабалов ыйлайт болчу,– дейт Качике.

– Мунуң насаат болуп калды, Костя, Старшина сени, согушка барганда октон өлбөй эле коркконунан жүрөгү түшүп жүрүп өлөт деп жатпайбы,– деди курсанттардын бири.

– Теги өзү согуштун четин көрдү бекен? – деди Качике, каймана сөз менен.

– Көрөлекмин, көрбөсөм да билем, моряк солк этпейт эмеспи!-деди Кабалов. Анын кичине мактанып коймосу бар эле.

– «Эшек сайда зыңкылдайт, күчүн көргүн баткакта» деген кыргыздарда макал бар,– деди Качике.

Рота хор айткансып, күлүп жиберди.

– Оозуңа карап сүйлө, сен өзүң эшексиң! – деди Кабалов, өзү да күлүп, бирок териге түшүп.

– Мен макалды айттым,– деди Качике.

– Билем, сенин кыргызыңдын макалы эмненин башын ооруттуп жатканын. Дикокаменный киргиз! – деди Кабалов.

Качикени кордодум го дегенсип.

– Бул сөз окумуштуу офицер Кабаловдун сөзүбү?– деди Качике.

– Жок, меники эмес, сага анын эмне кереги бар? Илгертен айтылып келаткан сөз, «Дикокаменный» деп сенин бабаларыңды айткан. Сен ошонун тукумусуң да. Азыр да жапайы болуп турасың,– деди Кабалов.

– О-хо-хо, старшина,– деди Качике күлүп, – сен Радловду окудуң беле?

– Мен сага окуганды көрсөтөм, көрчү, тим койсо тилин узартып бараткнын, Радловду коюп минометту кандай кылып веер менен атканды үйрөнүп алгын! Левое плечо впереед! Пр-р-ямо! Готовиться к ужину! – деп, Качикенин сүйлөөк болуп бараткан оозун басты.

Эртеси ротаны комиссияга чакырды. Комиссияга барардын алдында ротанын командири лейтенант Яшин Качикени чакырып алып:

– Мен сизди училищаны бүтүрүп чыксын деген аракеттемин комиссиянын алдына барганда шалдайып турбай, боюңузду чың кылып, бышыгыраак болуңуз,– деген эле.

Курсанттар узун коридордо кобурашып, ар ким өз кезегин күтүп турду.

– Кош, сен эмне дегени турасың,– деди Кабалов Качикеге.

– Ким билет,– деди Качике.

– Кудай акыл бербегенден кийин акмактын кулагына куйган менен да болбойт экен! Комиссиянын да айткан сөзүнө жооп бералбай кыңк-мыңк этип турар бекенсиң, не бильмес! Ох, голова же, ты, голова!

– Кабалов оозун басып күлдү.

Чынында да эмне дээрин Качике билбей турган. Кабалов болсо алыскы күн чыгыштан келген моряк, болгондо да көптү көргөн неме, бул өңдүү моряктар ротада бир топ бар эле, булар менен Качике теңелеби? Өмүр бою турмушта басынып жүргөн киши корунчак, арданчак, тайсалдаак болуп, буга өзү көнүп да калса керек. Ушул бүгүн, Качикенин офицер болуш же болбос тагдыры чечиле турган күнү да кандайдыр бир жаралмышка кокус келип калган кишиче өз боюн пас кылып, алдынан зор бөгөт чыгып бул бөгөттөн өталбай, сокур кишиче темселеп, калтаарып турду.

– Курсант Ормонов! – деди, маңдайкы эшик ачылып. Качикенин жүрөгү согуп, сүрдөп, ансыз деле кындыйып турган белиндеги кемерин оңдоп, көйнөктүн бырыштарын аркасына сыдырып, пилоткасын оңдоп, апкаарып, акырын эшикти ачты.

– Жолдош подполковник, курсант Ормонов комиссияга келди! – деди Качике, строевой кадам менен басып келип, зыңкый-

ып честь берип. Жасалгалап койгон бөлмөдө көк нооту жабылган чоң столдун төрүндө бети бырышкан абышка подполковник, Хохлов отурган эле. Бу киши согуш окуу жайынын начальнигинин строевой жагынан орунбасары болуп, айтымга караганда падыша аскеринин офицерлеринен экен. Анын зайыбы китепканага жетекчилик кылып, а кишиден Качике далай жолу китеп алып окуган подполковник Хохловдун тегерегинде батальондун командири майор Сергеев, штабдын офицерлери, лейтенант Яшин отурган. Подполковник алтын алкактуу көз айнеги менен Качикени теше тиктеп калды.

– Мен сиз менен сүйлөшсөм керек эле, эсимде жок, сиздин эсиңизде барбы? – деди подполковник.

– Так точно, жолдош подполковник, машыгуу жүрүп жаткан кезде взводко команда бериштти сиз мага буюргансыз, мен команда бергем, сиз баамдап туруп, мен кетирген мүчүлүштү айткансыз, жолдош подполковник,– деди Качике, айтар сөздү бирөө кулагына шыбырап тургансып, ачык, даана, ошондо да бирдемени чеки айттымбы деп коркуп.

– И-и билем, билем. Сиздин билимиңиз?

– Жогорку билими бар,– деди Качикенин ордуна лейтенант Яшин жооп берип.

– Кесибиңиз?

– Илимий кызматкер.

– Жашыңыз канчада?

– Отуз беште.

– Өңүңүз эң эле жаш экен. Кандай окуп жатасыз?

– Жакшы,– деди кайтадан Яшин.

Качикенин сол жак төшүндөгү кызыл кыйыкты көрүп:

– Сиз согушта болгон экенсиз го? Окууну уланта бериңиз! – деди подполковник.

– Есть окууну уланта бериш.

– Идите.

– Есть идти!

Качике колун чекесине алып, так тегеренди да, шартылдап басып чыгып кетти. Эшикке чыккандан кийин гана кантип тем-

теңдеп, жыгылып кете жаздабай бурулдум экен деп, жакасын кармады. Эгерде артына тегеренерде ушуну ойлосо комиссиянын алдында маскара болот болучу.

## IV

Түн. Качике окуу жайынын жайкы лагериндеги жер тамда жалгыз отурат. Балдар айткандай «абышка» Качике, токойдун ээсиндей болуп, токойдун арасындагы кароолчулардын жер тамында акырын ырдап коюп жалгыз отурат. Балдар өз-өз постуларына кеткен. Кичинекей темир меш дурүлдөп күйүп, жер там тыптынч. Тышта Оролдун уйгу-туйгу боло бермеси бар катаал күнү да тыптынч. Качикенин маңдайында бүлбүлдөп. жанган чырак. Акырын ырдап отурганы менен, анын көз алдына анда-санда бир кат жазып, бирок ошо анда-сандагы катында да кагып, каарып жазган зайыбы, өзүнүн жок жолдоштору, көптөн бери кат жазелек Саша менен Лидя, алыстагы тагдыры, не багытта экени белгисиз карындашы келет. Карындашына кат жазайын деп отурган эле. Карындашы, кичинекей карындашы көз алдына келгенде баякы Кресты кыштагындагы Наташа, Наталия эсине түшүп кетти. Өңү купкуу, муңайыңкы, мелтиреп унчукпай.. турган Наталия эсине түшүп кетти да, ырдаганы тып басылып жаагын таянып алда кайдагы алыс бир жакты тиктеп, отуруп калды.. «Наталия, Наталия! Азыр эмне ойлоп, эмне кылып отурат болду экен? Же Наталия да ушул кезде ички эшиктин босого жыгачына жөлөнүп, түн ичинде чатырап күйүп турган плитанын жанында турабы? Түтөп күйгөн кичинекей баягы жез чырак дале маңдайында бүлбүлдөп күйүп, Наталия өз өмүрүнүн чырагын ушул жез чыракка окшоштуруп, муңайып турабы? Кипкичинекей, түтөп бүлбүлдөп күйгөн ушул жез чырак өчпөсө экен, ушул чыракка да бир кезде жаңы шише кийгизилип, ушул чырак да бир кезде тазаланып, жаңыртып, май куюлуп, жапжарык, болуп балбылдап күйүп, тегеректи Данконун жүрөгүндөй жапжарык кылар бекен деп Наталия үмүт менен турабы? Же оо, Наталия, Наталия! Сенин ошол жез чырагың өчпөй, көкүрөгүңдөгү бүлбүлдөп

күйүп турган үмүт-тилегиңдей бүлбүлдөп болсо да күйүп турган эле! Менин да үмүт-тилегим сенин жез чырагыңдай бүлбүлдөп күйүп, шамал, бороон жүрсө да жалп этип өчө жаздап, бирок кайтадан бүлбүлдөп болсо да күйүп турат.

Алааматтын капкараңгы түнү түшүп, алай-дүлөй бороон жүрүп, аны менен кошо кыян, сел жүрүп, сенин турмушуңдун өзөнүн каптап, кызыл кочкул кан кылды. Бирок, Наталия, баарын көтөр, баарына чыда, кармаш, өз өзөнүңөн ажырабай, өз өзөнүңө тырмыш. Кайтадан күн ачылар. Кайтадан күн күркүрөп, кайтадан жаздын жамгыры жаап, өзөндү таптаза кылып жууп, кайтадан суулардың шаркырап агып, кайтадан чөптөрүң чыгып көгөрүп, кайтадан гүлдөрүң буркурап жайнаар!

Качике Наталияны ойлоп кетти да, көңүлү жумшарып, жүрөгү катып бараткан ички сезими кайтадан жибип, комузга жаңы, тагылган кылдай болуп кайтадан көңүлү күүгө толуп, жүрөгү элире баштады. Ушул учурда Наталиянын жанында болуп, Наталиянын муңкайыңкы жүзүнө тиктеп, колун кармап, акырын маңдайын сылап, унчукпай, жакын тургусу келип кетти. Наталия эми гана көз ачып, эми гана сыр ачып, эми гана турмуш менен кол кармашкысы келип турганда анын башына кокустан асман түшүп кеткенсип калбадыбы! Ал эми карындашы болсо Наталия көргөндү көрмөк турсун андай турмуш анын түшүнө да кирелек. Азыр Качикеге ким жакын? Анын көз алдынан кетпей турган ким?

Эми Качикенин көз алдына өз башынан өткөргөн турмушу баары, баары келе баштады. Өз турмушунда өзүнө жакын боло турган кишиси, демек, аялы, акылдуу, намыстуу, бирок кара мүртөз, питир аялы. Качике өзүнүн ошол эң жакын кишисинен качып, качып эмес безип турган чагы. Эң оор учурда ал өзүнүн кучагын ачпай, мупмуздак болуп туруп алды. Чынаркан муну митаамдык кылып жашырган да жок. Өз ичиндеги сырын жашырып, калп айтып, жагынып, эки жүздүүлүк кылганды өз намысынан төмөн көрүп, баарын ачык, бетке айтып турду. Өзүнүн жакшы көргөнүн да, жек көрүп, өлүм тилегенин да жашырган жок. Мына мунун өзү жакшы ачык майданга чыгып,

жоо менен бетме-бет болуп тургандай кеп эле. Эгерде Чынарканга багынса Качике түбөлүк анын ооз ачпас кулу кыңк этпес туткуну болуп, баарынан өзүнөн да, бардык турмуштан да кечиши керек эле. Ал эми Качике буга көнбөй турган болсо анда жоо бетине ачык чыгып, бүгүн болбосо да эртең, эртең болбосо да бүрсүгүнү жоо менен кармаша турган болучу. Качикенин өз турмушундагы азыркы абалы купуя түрдө бараткан согуш эле. Ушу күнгө чейин Качике өзү жашаган турмуштан (өзүнүн, үй турмушунан) жан соога сурап келди, бирок жан сооганы эч ким, эч нерсе берген жок. Аны кайта башка-көзгө койгулап, уруп, тепсеп келатты. Ушу турмуштан, ушу жерден өзүнө жакын киши издей алмак беле? Жок! Качике өзүнө жакын кишини жаңыдан издеши керек эле, издегенде да кыялы менен курулай издебей, кайрадан табышы керек да. Ал эми турмушта өзүнө жакын киши табыш үчүн, эптеп күн өткөрбөй, анын казанына кошо кайнап, жашоо керек болучу. Өйдөлөп көтөрүлүп, турмуш менен тең ата болмок, Качике ушу убакка чейин санаа, куру кыял менен келди. Эгерде турмуштун таразасын тарта билген эр көкүрөк, кайратман киши болсо ал анда санаада саргайбай алда качан өз алдына максат коюп, максатына жеткен, зор иштерди иштеген киши болуп кетмек. Качике эми гана өзү менен өзү күрөшүп, өзүн-өзү тилдеп, өзүн-өзү колдоп алып кеткиси келип турат. Ал эми мындай учурлар башында Качикеде болбой койду беле? Болгон, болгондо да нечен жолу болгон. Обломовчо нечен жолу обдулуп ордунан туруп, бирок Обломовчо кайтадан сууп, кайтадан чөгүп, кайтадан өз санаасы менен жатып кала берген болучу. Мына эми гана турмуштун түрткүсүнө кабылып, эми гана өзү өткөрүп келген турмуштан кечкиси келип, Наталияны ойлоп, ага жаңы, жакшы турмуш тилеп отурат. Наталияга тилеген турмуш өзүнө тилеген турмуш болучу. Ушул азыр Качикеге Наталиядан жакын киши жок. Карындашы болсо Наталиянын этегин кармап эрчий турган бир боору. Качике канчалык өзүн Наталияга жакындаткан сайын өзүн бийигирек, үмүттүүрөөк сезе турган да, кайтадан өзүнүн согуштагы жолдошторун эстеп, өзүн согушта жоокерлердин арасында жүргөндөй көрүчү. Алардын

канчасы өлүп, канчасы жарадар болуп, канчасы салгылашып жүргөнүн ойлогондо өзүнүн ушу жерде сасык санаа менен жатканынан уялып, өзүнөн өзү арданат. Мына муну өзү да Качикенин адамчылык сапатындагы жаңы бир өзгөчөлүгү, анын ичиндеги болуп жаткан өзгөрүштөр, ушу кыйынчылык, күндөрү ачык-айкын байкалбаса да улам тышка тээп жаткан кези болуучу. Качикедеги бул өзгөрүштөр күндөн-күнгө анын ар бир кылган ишинен, ойлогон оюнан даанараак көрүнө баштаган эле.

## V

Качике өзүнүн взводундагы башында моряк болгон Захаров экөө партерге белет калбай калып, балкондон араң дегенде орун алышты. Ленинграддын эвакуацияланып келген драмтеатры «Тартюфту» коюп жаткан эле.

– Сенин моряк Кабаловуңдун кылганы! Бошоткон кагазды кечиктирип. Болбосо партерден алат элек,– деди.

Качике, чындап ызасы келип.

– Сага өчөшүп жаткандыр, мага кыңк эталбайт, анткени моряк моряктын сырын билет. Капаланбай эле кой, пехотага балкон деле жарашып калат,– деди күлүп Захаров.

– А сен эмне, морякмын деп турасыңбы?

– Ананчы? Эт көйнөгүм моряктыкы. Көңүлүм деңиз жандуу. Формам болуп партерге отуруп калсам куп жарашат эле, кыздардын көзү өтүп кетмек... – деди Захаров, тамаша кылса да моряктын сыймыгын жогору көтөрүп.

– Анан эмне жөө басып калдың? Согуш, Костя согуш. Азыр көп моряктар жөө басып калды.

– Пехотанын моряктары, эмне кужулдашасыңар? Башталып калды,– деди алдыда отурган улгайыңкы аял.

– Ушуну укмаксың, Захаров,– деди Качике, бырс күлүп.

Көшөгө ачылып, спектакль башталды. Мольердин «Тартюф же алдамчы» деген пьесасын Фрунзе театрынын сахнасынан бир кезде көргөнү Качикенин эсине эми гана түштү. Фрунзеде бул пьесаны же Ленинграддын бекен театралдык студиясын бүткөн

жаштар койгон эле. Анда бул спектаклди Качике биринчи көргөндүктөнбү, өтө кызыгып отуруп, көргөн болучу бирок, негедир мурункусу эсинде көп кала бербей, спектаклди жаңыдан көргөнсүп отурду.

Антракта булар шыкыраган элге кошулбай, четтеп, терезенин босогосуна жөлөнүп турушту. Бул шаарда ар кайсы чоң шаарлардан эвакуацияланып келген кишилер келген. Ошондуктан бул элдин арасында борборчо кийинген ленинграддык аялдар, абышкалар Оролдун кишилеринен башкача болуп турушту. Булардын ичинде аскер кишилери да көп болучу. Захаров чачтуу, анткени, моряктар моряктык кылып, чач коюп алышкан болучу командование болсо моряктарга бир топ нерседен жол да берише турган, нары командирлик кылбаса да Захаров сержант наамында.

– Тетиги жердешиңди карачы,– деди Захаров, башы менен бир жакты көргөзүп. Элдин арасында узун бою алда кайдан бөлүнүп көрүнүп, тармал коңур чачтуу алматылык Москвичев жүргөн эле. Курсанттын мундири узун боюна жакшы отурган старший сержант Москвичев, жылаңбаштанып, жаңы кайыш кемерди кындыйта байланып, татынакай кызды жандап, эл арасында эркин басып туруптур. Офицерлер менен эки колун жамбашына алып, зыңкыя түшүп, көп тоото бербей булгаары өтүгүнүн такасын кагыштырып саламдашканы да өзүнө жарашып, токтоо жылмайып, токтоо сүйлөп, токтоо баскандары да көркөм мүчөсү менен көркөм өңүн андан бетер көркөм кылып, кишилерди карата берди. Москвичев жакында бүтүрө турган курсанттардан.

– Мына буга офицерлик тим эле өлүп калышы керек,– деди Качике, ичинен Москвичевге суктанып.

– Москвичев коом арасында өзүн кармай билет, сырты да келишимдүү, муну өзү билип керсейсе керек, ишке келгенде да ушундай болсо анда азамат, бирок мындайлардын ичинен куру көөдөндөр көп чыкчу эле, канткени менен моряктарга кайдан жетсин,– деди Захаров.

– Моряктар көп мактанса керек, Кабалов да так сендей,– деди жылмайып, Качике.

– Моряктардын мактана турган акысы бар, согуш кемеси миңдеген тетиги бар механизм учу-кыйры көрүнбөгөн деңиз Акчардактай кайкып учуп жүрөсүң. Согуш болбосо кудайга күнөкөр болуп пехотага келбейт элек. Карап тур, дале болсо согуш кемесине кетем, деңизсиз күнүм жок! – деди Захаров. Пехотага келип калганына ичи тызылдап күйүп.

– Чын эле, силерди эмне үчүн согуш кемесинен алып пехотага жиберди? – деди Качике, морякка жан тартып.

– Ким билет! Же бул бир башы жок бирөөнүн приказы, же биздин согуш кемелерибиз эскирип кетип, аны жаңырткыча бизди, бир жакка убактылуу оторлотуп туралы дегени. Бул снаряд тийсе бытчыты чыга турган кемелер бизде көп болгон турбайбы, э, эмнесин айтасың, пехота, согушка куралсыз куру кол бара жаздадык деп өзүң айтпадың беле? – деди Захаров, улутуна жаздап.

Бул учурда булардын жанына Москвичев өзү жалгыз басып келди.

– Кош, жердеш, үйүңөн кат алып турасыңбы? Мен сени училищаны бүтүрүп чыга тургандардын арасында калыптыр деп уктум го, чынбы? – деди Москвичев, булар менен, учурашкандан кийин – Билбейм, окуй бер деди.

– Окуш керек. Армияга офицер керек болбосо бизди окутуп эмне кылсын? Өзүң билесиң, согуш эми гана биз үчүн өз кырдаалына келип жатпайбы. Окуя кайсы жакка бурулуп кетерин ким билсин, бирок Берлинге чейин али көп бар. Камына бергин, кыргызым,– деди Москвичев, күлүп.

– Москвичевдей боло албайм го деп корком,– деди Качике, дале болсо бирөөгө көзү күйгөнүн таштабай.

– Эмне үчүн Москвичев болосуң? Сен Ормонов болгун, ошондо гана өзүнчө киши болосуң, көрүнгөндү туурай бермек белең? Чудак ты человек – деди Москвичев. – Үйүңөн кат барбы?

– Анда-санда келет,– деди Качике, үйүн эстегиси келбей.

– Мага үч айдан бери кат жазышпайт, жазып жатып чарчадым эмне балакет болгонун билбейм,– деди Москвичев, капалангансып, колун далдайтып.

– Жанакыга окшогон сулуулар менен жүрсөң анан кантип кат жазсын? – деди Захаров, күлүп.

– Кыздардан силер деле кол жууп калган эместирсиңер, мабу Ормонов Наталия деген бирөөнү айтчу болсо ыйлагысы келет. Киши киши менен басып сүйлөшпөсө бук болуп, жапайы тартып кетпейби? Жанакы кыз актриса, Ленинградда студияда окуп жүргөн экен азыр ата-энеси менен бу жерде. Азыр ойнойт, көрөсүңөр, мен атайы анын ойногонун көрөйүн деп келдим. Согуш алдында мен да Москванын студиясында болчумун,– деди Москвичев, булардан кетип баратып.

– А, актер экен го, анда мунун ичинде да бирдеме бардыр,– деди Захаров, таң калып.

– Анан жалгыз эле морякта болмок беле? – деп Качике Захаровго күлдү.

Сен күлбөй эле кой пехота! Атынын укмушун кантейин! Мен кемеде машинист элем. Штурманга окуюн деп жүргөмүн. Канатын кырккан шумкардай болуп олтурдум да калдым. Учкучту апкелип пехота кылып койсо кантер эле? Бук болуп өлүп кетпейби! Эх, эмнесин айтасың! – деди Захаров, кейип.

– Мен учкучтун пехота болгонун көргөмүн,– деди Качике, дароо кылт этип эсине түшүп.

– Биздин ротага эки жаш учкуч келди, бири орто бойлуу, бири москоолунан келген узун жигит эле. Экөө тең учкучтардын формасы менен согушка кирди, командир рота айтса да: «Жок, бизге уруксат бериңиз, өлсөк да учкучтардын формасы менен өлөлү!» деп, көгөрүп туруп алышкан,– деп, Качике ашыга сүйлөп берди.

– Көрдүңбү, анан адамдын жаны ачыбай турган ишпи? Асманда учуп жүргөн шумкар кокустан пехота болуп калса... Мына мен да формамды сактап жүрөм. Кайда болбосун өз формасын сактап, таза кармабаган моряк болбойт. Биздин училищадагы жакшы моряктардын бардыгыныкы бар, жүр, башталып калып, элден тил укпайлы, анткен менен жакшы спектакль экен,– деди Захаров, балконду көздөй басып.

– Кабаловдуку да барбы? – деди Качике, Захаровду жеңинен тартып.

– Ичип койгон болуш керек, ичкенди жакшы көрөт деди Захаров, ак жуумал жүзү пейли жакшы кишилердикиндей болуп жылмайып, ажардуу тартып.

– Муну жакшы айттың,– деди Качике, Кабаловду сындыра турган бир илинчек тапкансып.

Спектакль бүткөндө эл көпкө кол чаап туруп алышты, Ленинграддыктар жакшы ойноду. Эгерде тагдырдын бул кысымчылыгы болбосо, бул отургандардын кимиси Ленинград театрын көрөрүн ким билет эле.

Көмүр жетишпегендиктенби, театр суук болуп, элдин көпчүлүгү сырт кийимчен отургандыктан эл гардеробго токтолбой чыгып баратышты. Качике менен Захаров тамеки чегебиз деп жанын сыйпалышып кагаз таппай, кимдир бирөө бүтүн газетасын сууруп чыгып, жыртып жатканда экөөнүн маңдайына үч кыз тура калды.

– Менде кесилген кагаз болуш керек эле,– деди кыздардын бири, сумкасынан татынакай кылып кесилген жука ак кагазды сунуп.

– Ой кыздар, силер тамеки чегесиңерби? – Качике кыздарды көрүп, башкача сүйүнүп кетти.

– Жок, – деди кыздар күлүмсүрөп бир-бирине караштьы.

– Анда эмесе жүрөгүңөргө жакын бирөөгө арнап, ардактап кесип койгон кагазды алып жүрбөйүн? – деди Качике, бир заматта баарын унутуп, Дон-Жуан боло түшүп, сылыктанып, ийилип.

– О, анда берекелүү болгула, кыздар. Ушу бизге кагаз берген колуңарды, ак ниет пейлиңерди колу да берекелүү, пейли да кең жигиттер өпсүн, ракмат сулуулар,– деп кыздарга честь берип, Качике, шайырданып, кыздардын алдында эзилип, мас болгонсуп, басып кетти.

– Тартюф!– деп, кыздар артына күлүп калды,

– Москвичев туура айтыптыр, сени кыздарга кошуш керек экен, катын жандуу неме турбайсыңбы, ошондой, катыныңан кат келбеген күнү кабагың түн түшкөндөй бүркөлүп калат,– деп Захаров каткырып күлдү.

– Захаров, карачы, карачы! Баякы бала,– деди Качике, шашылып, Захаровдун жеңин жулкулдатып.

– Аманбы, тылдын, жаш мээнеткечи? Турмуш кандай?– деди Качике жаш баланы токтотуп, колун берип. Бу бала жылуу тумак, асылуу бирок жамачылуу тон кийген, он эки-он үчтөрдөгү бала эле. Бала саламга алик алып, турмуш алынча деп койду.

– Иштеп атасыңбы, бу ким?– деди Качике.

– Энем,– деди бала,– иштеп атам. Согуш бүткүчө иштеш керек, анан кийин көрөм, иштеп окуймунбу же бир жолу окууга кетемби, мезгил көрсөтөт да.

– Ой, сени кара, таптакыр чоң кишиче сүйлөйт экенсиң! – Качике таң калып, Захаровго карады, тааныбай турасыңбы?

– А, баякы балабы, сапсары аарыдай болгон?

– Так өзү.

Ошол эле Захаров менен Качике шаарда жайында патрулдук кылып жүргөндө брезент кийген ушу бала жолуккан болучу. Бою жапыс бу бала жай, чайпала басып келатып, булардын жанына келгенде булардын ийниндеги жаркылдаган канжар штыгы бар өзү октолчу мылтыкка таңыркап бир тиктеп, өздөрүн да тооруп бир топко тиктеп, жай өз жолу менен кете берген. Баланын кийими, колдору сапсары болуп, сары гүлгө конгон бал аарыдай топтомолок, кипкичинекейинен келип, булардын күлкүсүн келтирип, буларга эң эле кызык болуп көрүнгөн.

– Ай бала, сен эмне мындай сапсарысың? – деген Качике, Захаров экөө тең күлүп туруп.

– Өлкөнүн талабы ушундай,– деген бала жай гана артына бурулуп.

Булар каткырып күлүп кала беришкен.

– Мына укмуштуу согуштун балдарын көр! Балдар да согушуп жатат! – деген Качике.

Качике согуш кишиси болгондон бери биринчи театрга барып, кыздар менен тамашалашып, көңүлү семирип турган чагы ушу болучу. Ушу бүгүн көпкө уктабай, көңүлү көтөрүлүп, зайыбын да эстебей, көкүрөгү жыпжылуу болуп, мемиреп жатып уктады.

## VI

Бермет институттун короосунда кечке жуук скамейкада отурган эле. Балдар, кыздар короого волейболдун торун жайып, оюн-

ду азыр эле баштап жатышкан. Ызы-чуудан алагды болуп, волейбол ойногусу келип кетти да, «Анна Каренинаны» жаап коюп, оюнду карап отурду.

– Ай Бермет, келбейсиңби, чилистен болуп кетсең да кой эми, күн кеч кирди! – деп, балдар-кыздар шылдыңдап күлүштү.

Берметтин жанына комсомол комитетинин секретары келип отурду. Балдардын көбү Берметтин не абалда жүргөнүн билишчү, анткени, Сабийра кандайдыр Кыдырбектин кабарын угуп, табалагансып балдарга айтып койгон. Балдардын билгенин уккандан кийин Бермет ызаланып ыйлап, же ыйлабаса да туталанып арданып кеткен эмес. Кайта билсе билсин, анын эмнесин жашырам, жашыргандан кылмыш кылдым беле, көңүл айтам дечүлөр болбогой эле деп гана корко турган.

Секретарь Берметтин колундагы китепти кармап көрдү да:

– Бермет бийкеч, кандайсың? – деди.

– Кандайын айтайын?

– Аннаны окуп жатыптырсың, Анна кандай? Секретарь сынагандай, Берметтин бетине тиктеди.

– Өтө татаал.

– Китеппи, Аннабы?

– Анна.

– Эмне үчүн? Түшүнүш кыйынбы?

– Кыйын.

– Эмнеси кыйын? Баягы туруксуз аял. Адепсиз. Баарыңар ошондойсуңарбы дейм?

– Беш кол бирдей болуп калыптырбы? Аннага Толстойдун өзү да ачык айтып коюлган эмес. Жек көрөсүң, кайра жакшы көрөсүң. Анна өз сүйгөнүн табалбай кетти, мына ошондуктан анын турмушу барып трагедия менен бүттү. Мен ушундай түшүнөм, анык калыс деп Толстойду айтыш керек,– деди Бермет, секретарды тиктебей, китептин өзүнө айтып жаткансып, китепти акырын тизесине чапкылап.

– Эмесе Сабийрага да эч кандай айып коё албайт экенбиз да? – деди секретарь, Берметти какшыктап.

– Ал эмне болуптур?

– Күйөөгө качып кетиптир.

– Качып? А-а, шордуу, аны кармап турган бирөө бар бекен? Аз калганда окуусун бүтүп эле кетпейби?– деди Бермет, Сабийранын Сарыгулга кеткенине да, окуусун таштаганына да, бир жагынан ичи күйүп.

– Мына, Аннанын жайы ушундай. Күйөөсүн таштап, Вронский менен кеткенсип, мунусу да окуусун таштап, капкайдагы бирөө менен кете бериптир. Комсомолдун учётунан да чыкпайт, институттун буюмун да тапшырбайт.

– Качкан киши ошентип качат да бул эмне деген өнөр экен? Же окуусунан начарлап кетиптирби?– деди Бермет, таң калып.

– Мурун жакшы эле экен, кийин эле окууну таштап басып кетчү болгон дейт деканат. Сенин жолдошуң эмес беле, сен билишиң керек,– деди секретарь айыпты Берметке койгусу келгендей.

– Менин жолдошум болучу, болгондо да кандай, сырдаш элек, бирок жолдоштун мындай болуп кетерин билген эмесмин, жолдош барып душман болду, бирок булардын ою башка болуш керек,– деди да.

Бермет экинчи бу тууралуу сүйлөшкүсү келбей, ордунан турду. Секретарь да ордунан туруп сурады:

– Докладың даяр болдубу?

– Жок, бүтөлекмин,– Берметтин бети чымырай түштү. Анткени кийинки учурларда өзү менен өзү алек болуп, докладга камыналек болучу.

– Сага доклад тапшырганыбызга бир ай болду, Бермет, дагы канча убакыт керек? Секретарь, коомчулук ишти таштап коёсуңбу?– дейин деп барып, тартынды.

Бермет чынын айтып, доклад жасай албайм, ооруп жүрөм десе деле болмок, бирок, негедир, айтууга дити барбай, намыстанып, докладга даярданбай, сабагын да жакшы бышырбай, илеңсалаң тартып кеткен эле. Ал эмес, өз боюмду таштап жиберемби деп да корккон. Бирок комсомол комитети, мунун баарын биле туруп, атайын тапшырма берип, көп деле чукул кыстабай, андасанда эсине салып коюп жүрдү. Бу да өзүнчө бир сыноо бу кыз өз кайгысы менен өзү болуп, кишиден качып, чөгүп, ошо бой-

дон жыгылар бекен же көпчүлүктүн жөлөгү болсо өйдө туруп кетчү немеби деп, Берметтин сыртынан байкап жүрүшкөн. Бул анык жолдоштук камкордугу, «Анна Каренинаны да» бекер окуп жүргөн жери жок, өз санаасынан алагды болоюн деген киши мындай оор китепти окубайт дешип, жанакы секретардын атайы келип, докладды эсине салганы да бекер эмес болучу. Докладды эсинен чыгара жаздап койгон Бермет, ошо замат эсине келип, өз боюн жыйнап, чыйрала түштү да, жакын аранын ичинде даярдайын деп, убадасын берди.

– Аннаны көп эле ойлой бербе! – секретарь күлүп, басып кетти. Секретарь Аннаны айтпай эле, өз турмушуңду көп ойлоп, капа боло бербе деген болучу. Бермет түшүндү да, көпкө чейин китептин сыртындагы «Анна» деген жазууну карап калып, негедир же Аннаны аяппы же өзүн аяппы, ыйлагысы келип кетти.

«Мен эмне, мен тирүүмүн, Кыдырбек жок, Кыдырбек!»– деп, кыйкырып жибере жаздады да, анан акырын өзүн өзү соротту. «Кой, Бермет, кой баарынан кыйыны унчукпай кайгырып, унчукпай сыздагандык болот... Эмне деп өзүңө убада бердиң эле? Кыдырбегиңди унутпа, качан унуткуң келгенде, ошондо гана үн чыгар, азыр анчалыкка баралексиң...».

Бермет доклад жасагандан кийин апта өттү (анын докладын бирөөлөр ашыра мактап, бирөөлөр тартыбыраак баалап, бирөөлөр талашып, иши кылып, киши унчукпай кала берчү доклад болбоду. Анын үстүнө, Берметтин биринчи ирет доклад жасашы болуп, Бермет бир кызарып, бир бозоруп, кээде такалып, кекечтенип кетип, анан бара-бара оңолуп, саймедиреген. Бул бир жуманын ичинде өз сабагынын кемтиктерин толтуруп, бир топ баш-аягын жыйнап алды да, мединститутка, Аруке жаткан жерге келди. Аруке да Бермет менен таалайлаш эле. Бермет өзүнө келген Искендердин күндөлүк дептерин Кыдырбек айткандай зайыбына тапшырмак болуп, комсомолдор менен жазуучулар союзуна барганда Искендердин зайыбы жок болуп чыкты, анын жалгыз гана энеси Ысык-Көл жакта экен. Аруке дегенди билген киши болбогондуктан Искендердин дептерин энесине жибериш керекпи же жазуучулар союзуна тап-

шырыш керекпи деген маселе туулуп, маң болуп турганда кайдандыр Жапаркул (анын ырларын, өзүн да булар билишчү) чыга калып ал (институтка өзү барып), Искендердин дептери кимде экенин сүрүштүрүп калды. Комсомол комитети Берметти таап келгенде, Жапаркул Берметти жүрүңүзчү, карындаш, сизде бир кебим бар эле деп, эрен-төрөнсүз ээрчитип кетип, экөөнүн ортосунда мына мындай сөз болгон.

– Искендердин дептери сиздеби?

– Менде.

– Мага бериңиз.

– Эмне үчүн?

– Мен Искендердин жолдошумун.

Бермет биринчи беттешип турган, бирок аты-жөнүн угуп жүргөн жаш акынга эмне жооп айтарын билбей, анын үстүнө бул акындын сөзгө келбей эле дептерди тартып кетчүдөй болуп кыстап турганынан шаштысы кете түшүп, сүрдөп, бир азга оозу ачылып туруп калган болучу.

– Мен сизге беришке тардыгым жок, жолдошу болсоңуз эң эле ырас болот, бирок Аруке Бермет ар жагын кандай айтарын билбей, такалып, эриндери да калтырап, өзү да калтаарып, бул эмне деген орой неме, мен акындын дептерин атайы катып алып, бербей жүргөнсүп деп, таң кала берген.

– Аруке, Арукени мен билем, дептерди мага бериңиз,– деди Жапаркул.

– Коё туруңузчу,– деди Бермет, эми чындап ачуусу келип. – Шашпаңыз. Арукени билсеңиз, акынга ал ким болот? Биз муну салтанаттуу чогулуш менен тапшыралы дегенбиз, же болбосо жазуучулар Союзуна бермек болгонбуз. Теги сөзүңүздү түшүндүрүп сүйлөбөйсүзбү?– деди Бермет, эми жүрөгүн токтотуп алып.

– Аруке деген Искендердин катыны – деди да, Жапаркул оозун басып калып, анан күрөк тиштерин арсаңдатып күлүп, кечирим сурады.

– Аруке деген Искендердин колуктусу бар, мединститутта окуйт. Аны менден башка киши билбейт. Ал эми дептерди жазуучулар союзуна берүүгө болбойт!

– А, ушундай деңиз, мына ушунуңузга ыракмат, Арукени таптык. Эми шашпай туруңуз. Эмне үчүн акындын дептерин жазуучулар союзуна берүүгө болбойт? Сиздин оюңузча кимге бериш керек? Эсиңизде болсун дептер мага келген, тийиштүү кишисин таап, аны ага өз колум менен беришке тийишмин. Акындын энеси кат сабаттуу кишиби? – Бермет эми өкүмдүү сүйлөп турду.

– Жок, сиз кыйын кыз окшойсуз,– деп, Жапаркул аргасыз күлдү.

– Сиз угуп туруңуз. Акындын энесинен башка жакыны жок. Энесинен кийин жакшы көргөнү Аруке болучу. Арукени энеси да билет, билмек турсун Искендердин кагазы келгенде энеси келинине угузуп, ыйды ушу жерде салып кетти. Аруке мединституттун бүтө турган курсунда дептер Арукеге тиешелүү Арукенин уруксаты менен менин колума түшүү керек. Акынды менден жакын билген киши жок, дептер киши колдуу болуп кетиптир!

Жапаркулдун эмне үчүн ачуусу келип, орой сүйлөгөнүн Бермет эми түшүндү.

– Билип коюңуз, дептер киши колдуу болгон жок, биз да бирдемени түшүнөбүз. Акындын сиздей күйө турган акын жолдошу бар экенине кубанычтуубуз. Бая эле ушундай дебейсизби! Эмесе дептерди чогулушу жок эле Арукенин өзүнө беребизби? Бермет жайдары күлүп, акынды сынай тиктеди. Акындын кийими анчалык жылуу да эмес эле, өңү да соо кишинин өңүндөй эмес болучу.

– Туура айтасыз, Искендер Аруке менен атайы баш кошуп, бирге туруп калган киши болсо, анда чогулуш кылсак болот эле. Искендер Арукенин институтту бүтүшүн күтүп, жүргөн болчу, эмесе жүрүңүз, Арукеге бирге баралы,– деди Жапаркул Берметти шаштырып.

– Жок, коё туруңуз, каадасы менен болсун, колуктусу болгон күндө да жаштардан бир топ кишинин барганы жакшы. Арукенин кайгысы оор, биз да Арукени көрөлү, балким ага жеңилирек болор. А да окусун, ичинде көп ырлары бар экен. Андан кийин өзүңүз билиңиз,– деп, Бермет Жапаркулду ооз ачырбай койду.

– Сиз бир топ митайым көрүнөсүз,– деди Жапаркул ырсалактап күлүп, кызга моюн сунуп.

– Тиги жер жатакана тополоң, кантип барасыңар?

– Аруке кайсы жерде ыйлады эле? – деди Бермет мытаамданып күлүп.

Жапаркул күлүп жиберип:

– Чын, митайым кыз экенсиз, айтпайын дедим эле, тим, эле дептерди алып кете берейин дегемин, макул, болуптур, мына адресим, меникине бүгүн кечинде келгиле, теги өз оюңузду бербеген кыз экенсиз, мен кеттим,– деди да, үстүңкү эриндери жыйрыла түшүп күлүп, улам-улам Берметти тиктеп, өзүнөн өзү коомайсынып, бирдеме айткысы келгенсип, бирок айталбай жүрүп кеткен.

Булар ошо күнү кечинде комсомол комитетинин мүчөлөрү болуп, Жапаркулдукуна келишкен. Аруке кол жоолугун мыкчый кармаган колун ээгине такап, көзү ыйдан кыпкызыл болуп, стулда отурган экен. Жапаркул бирдеме деп сүйлөп жатыптыр.

Арукенин аксаргыл өңү да, отурушу да Берметке бир башкача көрүнүп, жүрөгүнө кандайдыр бир жылуулук пайда болуп, Арукенин суйсалган оор-басырыктуу кебетеси көз алдынан кетпей турган бир таасир этип: «О, мына, акындын сүйгөнү ушундай кыз экен го?» деп, суктанган болучу.

Булар, киргенде Аруке жай ордунан туруп, жаштардын баары менен амандашты. Бермет Арукенин колун кармаганда Арукенин колунун жумшактыгына таң калып, «бу кыздын пейили да ушундай жумшак, жакшынакай болуш керек...» деп, сынаган эле.

Бу жерде сый сөздөр сүйлөнгөн жок. Бирок сүйлөнө турган сөздөр өзүнөн өзү табылып, ээн-эркин аңгемелешип отурушту. Аруке муңайым сүйлөп, а түгүл муңайым күлүмсүрөп бирок орунсуз же ашык бир да сөз оозунан чыкпай, баргандар ыраазы болду. Жапаркул гана акырын дептерди алып, барактап, ар кайсы жерин окуп, ары-бери басып турду. Акындын бир бөлмө үйүндө бир кровать, бир диван, эки-үч орундуктан башка мебель жок болучу.

Булар кете турган болгондо Жапаркул буларды токтотуп:

– Акындын менин көзүмө илинген бир ыры бар экен, окуп берейин,– деди.

Түн жарымында дембе-дем, кыл кыяк алып күү чертем. Бул жеңиштин күүлөрү башыңды көтөр, Арукем? Отургандардын баары кол чаап жиберишти. Арукенин көзүнө мөлтүрөгөн топтомолок, туптунук жаш тегеренип, жайбаракат ордунан туруп:

– Баарыңарга ыракмат, ыракмат, сиңдим Бермет бактылуу бол,– деп Берметти бек кучактап, экөө өбүшкөн эле.

## VII

Аруке менен жолугуу Берметке баякыдан кыйыныраак болду, анда Бермет Арукенин кайгысы менен келсе, бул сапар ага өз кайгысы менен келди. Аруке Берметтин карасур өңү купкуу болуп, шапайып турганынан Берметтеги кандайдыр бир белгисиз өзгөрүштү байкап, бирок аны өзү баштап сурай албай, балким, жазындагы кишинин эти түлөгөндөгү өзгөрүшпү деп, унчуккан жок. Булар жатаканадан чыгып, короо ичиндеги скамейкада отурушкан эле. Жаз өз салтанатын куруп, теректер бүрдөп, жалбырактары акырын соккон желге дирилдеп, чымчыктары чыртылдап, бирин бири кубалашып, урушуп, биринен бири талашып кызганып, турмуш тартышы болуп жаткан чак.

Бермет Аруке эмнеге, эмне деп келгенин унутуп калгансып, аны эстей албай, ошондуктан сөздү эмнеден баштарын да билбей, кыздардын кайдигер сөзүн сүйлөп коомайсынып отурду.

– Баякыда Жапаркулдукунда мен сенден бирдеме сурайын деп сурай албай койдум эле, эми айтайын сен Искендердин дептерин окудуң беле?– деди Аруке, сөздү биринчи баштап, астыртан Берметке жылмая тиктеп.

– Чын айтайымбы, калп айтайымбы? – деди Бермет да, астыртан жылмая тиктеп.

– Кайсынысын жакшы айталсаң ошонусун айт. Экөө күлүп калышты.

– Калпты кээ бирөөлөр куюлуштуруп айтат экен ишенбеске чараң калбайт, а мен болсо калп айтам десем эле тилим күрмөөгө келбейт, сүйлөй албай калам.

– Эмесе чыныңды айт,– деди Аруке. Экөө кайта күлүштү.

– Чынымы айтсам,– Бермет жайбаракат сүйлөдү,– чынымы айтсам окууга ынтызар болуп токтодум. Себеби, дептер өтө кызык жазылган экен. Токтогон себебим сыр аңдыгандай болбоюн дедим. Мен мурун бу дептер акындын гана ыр, согушту жазган тим эле бирдемеси экен дегемин, көрсө… көп нерсе бар турбайбы. Апсамат, дагы бир топ кишилерге келгенде токтодум. Анткени түшүнө турган эмесмин. Эмне үчүн мынчалык Апсаматка көп токтогонун билесизби, эжеке? – деди Бермет, Аруке аны билип коё тургансып.

– Апсамат чоң киши, аны жамандагандык эмеспи?

– Аны мен кайдан билейин окубаганың чын экен, дагы окусаң дагы түшүнбөй, маң боло бермексиң. Бирок иш жазылган экен дейт, аны мага Жапаркул айтып түшүндүрдү,– деди Аруке, саамай чачтарын оңдоп.

– Аа дептер азыр кайда? Сиздеби же… тиги акындабы? Баякыда дептерди доолап, мени шаштырган,– Бермет күлүмсүрөп койду.

– Өзү да айтып күлүп жүрөт, мурдум менен тиймеди салыптырмын, кийин оро ачырбай койду дейт, чынбы?

– Ким билет,– деди Бермет туура жооптон тайсалдап.

– Жанакы дептерди айтам…

– И дептерби? Ал Жапаркулда. Эң мурун мен өзүм окуп чыгып, анан бергемин. Алып жүрөт. Кээде келип, көп нерсени айтып берет,– деди Аруке, бу кыз менден бирдеме сураганы турабы деп.

– Жапаркул өзү кандай киши? – деди Бермет кокустан.

– Анын сага эмне кереги бар? – деди Аруке күлүмсүрөп, бирок шектенгени күчөп.

– Теги айтам да. Калыс болсо жакшы болор эле,– Бермет Арукенин чочуганына таң калды.

– Менин оюмча Жапаркул калыс. Анткени мен Искендердин дептерин окуп чыкканда бир нерсени туйдум интеллигенциянын арасында тартыш-талаш бар. Апсамат бул тартышта өзүн биринчи кылып көтөрүп, калгандары анын оозун караган гана бирдеме болуш керек окшойт. Ал өзүн кеменгер дейби, иши кылып, саркеч санайт экен да. Ошондуктан ага каршы чыгып,

анын ыгына кирбегендердин баары туура жолго каршы чыккан сыяктуу айыпталат экен. Искендер сыяктуулар биз туура жолдо баратабыз, Апсамат өзүнөн мыктырак жаштарды көралбаган, өзүмчүл, мансапкор дешет экен. Булардын талашын мен ушундай түшүнүп, Жапаркулдан сурасам туптуура түшүнүпсүз деди. Ошондон кийин Жапаркул да калыс киши экен го деп калдым.

Капырай ушундай кишилер да ошончолукка барышат экен ээ деди Бермет таң калып.

– Апсаматтын жаштарды сүйлөтпөй, жаштарга жол бербегени жаман экен. Анда консервативный киши турбайбы?

– «Күлүктөн күлүк чыкса, төрт аягы тыбырайт» дейт кыргыздар… Бирок жаштардын арасында да атак-даңкты жакшы көрүп, «Мен!» болгусу келгендер бар,– деди Жапаркул.

– «Иттин күлүгүн түлкү сүйбөйт» деген да бар, – деди Бермет күлүп.

– Анда эмесе «Керкисинде да, кемигинде да бар» дегендей быягында да бар экен го?

– Бар болуш керек, алар менен эрегишти күчөтүп отурган Апсамат имиш.

– Демек Искендер агайдын дептеринде көп нерселер бар экен го. И, айтмакчы, Апсаматтын тегерегинде дагы бир топ кишилер жүрөт, алар кимдер экен?

– Аларды мен да билбейт экемин (биз экөөбүз кайсы кишини билмек элек!). Жапаркулдун айтышына караганда алар Апсаматтын жандоочулары имиш. Искендер аларды Апсаматтын кошоматчылары дептир.

– Аруке Искендердин атын бир башка жылуулук менен айтты.

– Кишинин жакшысын, акындын ак пейилдүүсүн, тазасын сүйгөн экенсиз, эжеке,– деди Бермет көздөрү бакырайып, кашкайып күлүмсүрөп:

– Ах, десеңчи, Бермет, эмнесин айтайын! Колумдан бүркүт учурдум, болгондо да жаңы тилек, алабарчын учту, согуш, согуш! – Аруке тамчы жашын мөлтүлдөттү.

– Сенин Кыдырбегиңе, өзүңө да ыракмат. Бактылуу болгула… Кулагына эмне угулганын Аруке түшүнбөй калды. Бир

башкача ачуу, онтогон кыйкырык чыккансыды. Аруке жалт Берметти караганда Берметтин өңү чөп болуп калган эле.

– Эмне болду, садага? – Аруке чочуп, Берметти колдон алды. Берметтин көзү жумулуп, скамейкада чалкалап, сулк жатып калды.

– Бермет, Бермет! Садага... эмне болдуң? Садага! Бермет, Бермет,– Аруке Берметти жулкулдатып, өңү купкуу болуп делдиреп турду.

Бермет бир аздан кийин акырын көзүн ачып, мас болгон кишидей көзү коюлуп, эчтеме көрбөй, эчтеме укпай, башы шуулдап тегеренип, терең улутунду..

– Бермет, садагасы, Бермет! – Аруке чебелене берип, баары Берметтин көзүн тиктеди. «Эстен тана түшүптүр,– деди ичинен Аруке,– бул эмнеден? Же... Кыдырбеги?..»

* * *

– Бу кандай окшошуп калган таалай эле? Бу кандай окшошуп калган таалай эле? – деп Аруке Берметти кучактап, ыйлап жиберди.

Бермет бир заматка талып калганынан кийин:

– Эжеке!.. – деди Бермет башка сөз айталбай.

– Бермет, Бермет! Мен өз таалайымды сенин таалайыңа кошкум келбейт, анткени сенин таалайың үмүттүү, менин таалайым болсо, өзүң билесиң, үмүтсүз. Дайынсыз жоголду дегендер эмес өлдү дегендер кээде аман-эсен, болуп чыгат экен, мен муну көп уктум, газеттен да бир нечен жолу окудум. Бирок ага ишенейин десем Кыдырбек Искендерди өз колу менен көмгөн турбайбы. Эми мындан кийинки таалайым кандай багыт алар экен, билбейм. Таалайым кандай күнгө түшкөндө да мен Искендерди унуталбайм. Качан болсо анын алыскы мүрзөсүнө чөгөлөп, качан болсо ыйлап, качан болсо жүрөгүмө сактаймын. Искендер көз алдымда тирүүдөй турат. Менимче ал өлбөйт, анын элесин мен өлтүрбөйм. Жапаркулдун айтуусуна караганда жакында Искендердин китеби чыгат. Аны Жапаркул жыйнап жүрүптүр. Искендердин менде жүргөн да ырлары бар. Аны Жапаркул да

билелек. Берем го. Бирок бергим келбеген ырлары да бар, аны кантеримди билбейм. Мына буларды угуп турчу.

Сен да, мен да экөөбүз.
Башканы жар деп сүйөрбүз.
Же сүйүнүч унуттурар,
Же тагдырга күйөрбүз…

Дагы айтат коштошуу кылып бир өптүр.
Оозумда калсын ширеси
Сагынган жанга себептир,
Алыскы жардын элеси…

– Бул эмне деген ырлар, Бермет? Өтө эле ынак кишиге арналган сыңар пикирдүү ырлар го дейм? Муну жыйнагына киргизүүгө болобу, жокпу? Билбейм. Анын үстүнө экөөбүздүн айрыларыбызды билгендей туям,– деди Аруке, Берметтин бетине тигиле тиктеп,

– Менимче бул ырлар сыңар пикирдүү эмес, эжеке, кош пикирдүү кош көңүл кишидей болуп калатко дейм, кайта жалпы көпчүлүккө тиешелүү ырлар десеңиз бирин бири сүйгөн кишилердин баары максатка жете бербейт турбайбы. Аны акын туура айткан, өкүнүчтүү… бирок өкүнүчсүз болбой, баары телегейинен тегиз келсе анда армандуу дүнүйө деп кыргыздар айтмак беле эжеке деди Бермет, жүрөгү согуп, акырын энтигип. Аруке Берметти бир топко тиктеп туруп колун сунду:

– Тамырыңы берчи…

– Тим эле коюңузчу, эжеке,– деди Бермет муңайым күлүмсүрөп.

– Билип турам, жүрөгүм опколжуп, туйлап турат. Жакындан бери кез-кезде ушундай болчу болдум, анан бат эле кайтат. Сиздин жаныңызда эмне болуп кеткенимди билбей калдым, сөзүңүз көңүлүмдү алда кайда алып учуп кетти окшойт. Эч кимге сөз кылбай жүрдүм эле, сиз «Кыдырбегиң» дегенде… жүрөгүм токтоно албай кетти.

Кыдырбекти сүйгөнсүң да, болбосо мынчалык болбойт элең, байкуш десе… Мага да айтпайт белең?

– Айтар-айтпасымды билбей келгемин. Калыбы, айтпайт элем го. Кантип айтмак элем? Мына ушуга башым маң болуп турган. Негедир сизди көрүп, сиз менен сүйлөшөйүн деп дегдеп туруп алдым,– деди Бермет алда немеден уялгансып, төмөн карап, көйнөгүн кармалап.

Аруке Берметтин көзүн тиктеди. Экөө тең бир ирмемге бир-бирине тиктешип калды. Экөө тең бири-биринин көзүнөн калп табалбай, экөө тең бири-бирине жылмайып күлүп, акырын бир бирине ыкталышып, кучакташкан эжели-сиңдидей болуп турушту.

– Бермет, мындан кийин мени «сен» эле деп жүрчү, сый жүргөн кишидей болуп калат экенбиз, мен деле карыган эмесмин го,– деди Аруке күлүп, жумшак, эркелеткен сөз менен.

## VIII

Апсамат Качикеден кат алган сайын анын катынан бир жаңылык күтчү эле, ал жаңылык Чынаркан болучу. Бирок, Качике өзүнүн кайсы гана катында болбосун Чынарканга жан тартып, анын турмуш абалы кандайлыгына көбүрөк токтоло турган. Чынында да эмне үчүн Качике мынчалык «үйүм» деп калганына Апсамат түшүнүп турса да, Качикенин кыялына карап, өз сырын айтабы деген эле, бирок андай сөздү коюп, Качике «бийик материалдардан» сөз кылып, Апсаматтын таңын келтирди. «Өз турмушун ойлобогон бу кандай киши?» деп бирок ага түтпөй, Апсамат кайтадан кат жаза турган. Экөөнүн каттарында Чынаркан тууралуу бир да сөз болбой, ал тууралуу Качике айтпагандан кийин Апсаматтын да оозу барбай, экөө тең жалпы турмуш агымындагы сөзгө түшүп кетишчү. Апсамат дагы бир нерсени жакшы билчү. Качике өз турмушу тууралуу кандай кат жазып, кандай сураса да аны Апсамат beралмак эмес, бирөөнүн үй турмушуна кирише алмак эмес. Мына муну жакшы билген Апсамат Качикенин көңүлүн улап, дайым ага кат жазып, кандай айтканда да өзүн согушуп жүргөн фронтчулар менен жакын кылды. Мындай учурларда согушка же аскердеги кишиге кат

жазыш адамгерчиликтин барып турган зор белгиси. Муну Апсаматтын өзү да эң жакшы түшүнө турган болсо, Качике анын себебине да көп маани бербей эле Апсаматтын каттарына кубана берчү. Ал өз турмушунан суурулуп чыгып, согуш турмушуна киргени, тирүүлүк менен өлүмдүн ортосунда турган, өлсөм да, тирүү болсом да өз абийирим менен болоюн деп, намыстанып, бирок, али жаш балача, өзүнүн баралына жетелек кези болучу. Ал эми Качикенин баралга жетип, киши болуп кейишине, киши болгон күндө да башкача болуп өзгөрүп, көтөрүлүп кетишине Качикенин өзү баштап, эч ким ишенген эмес. Мына ушундай учурда, бир жагынан, Чынаркандын бычактай тийген каттары менен жаны ооруп жүргөн кезде, Апсаматтын каттары Качикеге кум-чел басып, суусап келаткан кишиге бир жутум суу бергендей болучу. Ал Апсаматтын катына гана жооп бермек турсун качан болсо, көңүлү ооруп турганда да, жай жүргөндө да, үзбөй кат жазчу. Апсамат Качикенин кийинки жазган катын алгандан кийин Зулпукардыкына келди. Бул катта Качике өзүнүн училишада дагы бир топ мезгилге калганын, мезгилдин курулай өтүп жатканын Зулпукар менен Асылканга салам айтып, биз баргыча Зулпукар илимдин кандидаты болуп калар деген дагы «бирөөнүн» катын келтирип, өзүнчө, кандайдыр, күлүп жазган эле. Качикенин же өзүнө же Зулпукарга, же башка дагы «бирөөгө» күлгөнүн түшүнүшпөй күлүп жатышты.

– Муну, муну көр,– деди Зулпукар, көзүн жымшыңдатып күлүп. – Жөн жүрбөйт, бу кимге күлүп жатат?

– Сага күлөт да, – деди Апсамат, акырын салмак менен күлүп, өзүнүн акылдуу, алысты ойлогон киши экенин жакшы билген неме,– сага күлөт. Мырзабек деле согуштун четин көрүппү, көрбөйбү, баарыбызга күлүп отурбайбы. Анын айткан «бирөөсүн» мен билем же Качикенин өзү, же баякы Момункул. А да согуштун бир жеринде жүрөт деген, тилден бирдеме жазып жүрбөдү беле, билесиңби?

– Билем, жазып жүргөн,– деди Зулпукар,– анын бүтпөй калышына мен айыптуу бекемин? – Зулпукар Апсаматка карап, өзүнүн туура же натуура сүйлөп жатканын билгиси келди.

– Жеке сени эмес, тылда калган баарыбызды айыптап отурат, ага түшүнбөйсүңбү? – деди Апсамат көзүн күлүңдөтүп, Зулпукардын ичиндегисин алда качан мурун туюп.

– Көралбастык деген ошо болот! – деди Зулпукар, акыйкатсыздыкка каңырыгы түтөп, ачуусу келген кишиче. Катарлаш бөлмөдөн Асылкан акырын басып, суйсалып чыгып келди. Сарамжалдуу аялдын каадасы менен булар отурган мейман үйүн бир сыйра карап, баары жыйналуу экенин көргөндөн кийин Апсамат менен күйөөсүн тигиле тиктеп:

– Дагы Качикенин катын ортого салып жатасыңарбы? – деди Асылкан, акырын жылмайып.

– Мен силердин сөзүңөрдү угуп, иштей албай койдум. Эртең сабагым да көп жогорку курстарда...

– Биз шыбырашып эле сүйлөшөлү, ишиңизди иштей бериңиз,– деди Апсамат көзүн сүзүп, жылмайып, Асылкандын сулуу, кечки туалеттеги өңүнө суктанып.

– Согушта, аскерде жүргөн кишилерге эмне мынчалык жиниңер келди? Кыйынчылыкта жүргөн кишилер ойлобой коёт бекен? Убакыттын бекер өткөнү да чын, ойлогон оюна, көздөгөн максатына жеталбай, өлүп же азап менен күн өткөзүп жатканы да төгүнбү? Биз эле билбейбиз. Кайта турмушубуз начар болуп кетти деп, кээде наалып да калабыз. Көрөр элем, Зулпукар согушка барып калчу болсо, илимий кызматым калды, мени кетиргиле деп, арыз бермек! – деди, каткырып күлүп.

– Туура, туура,– деди Апсамат күлүп.

– Баарын бир күндө кыйратчудай болуп, ишин эңсеп, отуруп алмак. Бу жерде огород казганы чыкканда наалыйт да, үйгө келгенде ишин унутуп коёт.

– Мен диссертацияны согуш болбосо бүтүп коёт элем,– деди Зулпукар азыр эле Апсаматтын аны жактап, азыр эми Асылкандын көзүнчө жамандагансыганын билип турса да, айтпай. Асылкан да Апсаматтын эки сөздүүлүгүн уга туруп, аны өз бетине айыптай, Зулпукарга асылды.

– Согушту шылтоолобой тим отурду иштеген кишинин шылтоосу болбойт, анан калса өзүнөн башканы таптакыр жактырбайсың,– деди Асылкан, булардын жанына келип отуруп.

– Искендер кандай акын эле! Кайран гана жигит.

– Да-а! – деди Апсамат кагазга бирдемени чиймелеп отуруп, үшкүрүп.

– Согуш жаш акынды алып кетти. Мындан нары эмне болорун ким билсин, бир топ интеллигенттер согушта жүрөт, аман келсе...

– Апсамат көзүнө жаш алгансып ордунан туруп, аркы-терки басып турду.

– Анан калса, Апсамат, эң эле жашыксың да, болду эми. Институттун бир кызына Искендердин күндөлүк дептери келиптир дейби? Аны билалдыңбы? – деди Зулпукар Апсаматтын боорукер, жашыктыгын андан бетер көтөрө салып.

Апсаматтын келген жердеги жашыктыгын, боорукердигин эл даңаза, аңыз кылып сүйлөп:

– Жакшы киши ушундайда билинет,– дешчү.

– А кандай кыз экен? Карындашыбы же?..

Апсамат бурулуп, Зулпукар менен Асылкандан сууланган кирпиктерин жашыралбай, же атайы аны көргөзгүсү келгенсиппи, өксүктүү болуп тиктеп турду.

– Тим эле кыз дейт, согушта күйөөсү бар немеби, иши кылып, ошо кызга келип түшүптүр. Асылкан а кызды окуткан кыздарыман деди го. Жездей мисирейген, бирок жакшы окуган кыз дейт. Асылкан өзүң айтып берчи – деди Зулпукар.

Асылкан Искендердин бул дептери тууралуу укканы менен толугун билалчу эмес.

– Менин билгеним деле ошол аны Мырзабек институтка барганда Мырзабекке айтышыптыр. Дептерди Бермет деген биздеги кызга согуштагы бир сүйлөшүп жүргөн жигити жиберип, комсомолдор жолугуп туруп, зайыбына берип койгула деген экен. Мырзабек макоолук кылып, аны бизге да айтпайт. Тигилер барып Жапаркулду таап, Аруке деген колуктусу бар экен, ошого, бериптир. Бул ишке бир далай болгон го. Искендердин зайыбы бар-жогун Мырзабек билбей койгон имиш,– деди Асылкан!

Апсамат ойлонуп аркы-терки басып калган эле.

– Сен, эмне, карта ачканы турасыңбы? Ишим бар дебедиң беле барбайсыңбы?– деди Зулпукар.

– Ишимди бүтүрүп туруп анан келгемин,– деди Асылкан күлүп.

– Митаамын! Аны колко кылбай тим эле айтпайсыңбы? – деди Зулпукар каткырып, каапыр десе!

– Аялдардын митаамдыгынан да Мырзабектин митаамдыгы өтүп кеткен турбайбы! Укмуш,– деди Апсамат тамеки чегип, жумшак килемдин үстү менен аркы-терки басып. Апсамат тамекини улам-улам чеге баштаган эле.

– Мышмыйып алып десең! – деди Зулпукар күлүп.

– Мырзабек аны унутуп калды да, же бая бизге тарынган бойдон согушка жөнөп кетпеди беле, айтууга чолон суу тийбей калгандыр,– деди Асылкан Апсаматтын нааразы болуп турганын байкап.

– Биз Мырзабекти төбөбүзгө көтөрүп отурсак, Мырзабек бизди адам катарына санабайт экен, макул, биз жаман эле киши бололу ал эмне үчүн Искендердин дептерин жазуучулар союзуна өз колу менен апарып бербейт? Бизди го жазуучулар менен иши жок киши дептир, бирок биз деле ошонун тегерегиндеги киши эмес белек? Ал эми Мырзабектин өзү жазуучу болом деп жүргөн неме эмеспи? Ал эмне үчүн өз тегерегиндеги акындын дептерине кош көңүл болуп басып кетет? Аруке деген ким? Аны билген киши жок. Жапаркул деген ким? Оорулуу болгондуктанбы же өзүнүн жылкы кыялдуулугунанбы, кишинин баары менен урушуп жүрөт. Ал эмне кылалат? Көп болсо жолдошумун дей тургандыр. Анысы чын. Искендер бир топ сложный акын көрүнгөн, мен бир топ ырларын окуп, өзүнө кеңеш бергемин. Жаңыдан баш көтөрүп келаткан декадент экенсиң десем экинчи мага жолобой калган болучу. Өлүп калган неменин ырларын такшалып калган көзү бар бирөөгө берип, оңдоо керек эле. Мына мунун баарын ойлобой туруп дептер капкайдагы Аруке, Жапаркул дегендерге түшүп кетиптир. Буга кантип кишинин зейини кейибейт? Асылкан сен да кызыксың, а дептерди тиги кыздан мурун эле алып коюш керек эле! – деди Апсамат Асылканга карап күлүмсүрөп, кызарып, терикkенин билдиргиси келбей.

– Көңүлүңө алба, адабиятка ич күйгөндүктөн айтып жибердим... Мына буларды айтсаң, биздин жаштардын таарынып калмасы бар, мен Мырзабекке окшогондорду айтам!

Мынабу сөздөрдүн баары өзүнө тийип жаткансып, Асылкан уялып, Зулпукар эмне айтарын билбей, унчукпай отуруп калды. Апсамат улам папирос чегип, бир папиросту түгөтпөй экинчисин тартып, капаланып турду.

## IX

– Мырзабек, сенин үйүң бар эмеспи, кетсеңчи,– деди Жапаркул кроватка жатып, жөтөлүп, Мырзабек таарынарын да, тамаша кыларын да билбей, сапсары кирпиктерин бат-бат ирмеп, кирип келери менен Жапаркулдан ушу сөздү угуп, таң калып, тар бөлмөнүн ортосуна келип, жалдырама тийгендей туруп калды. Мырзабек майдандан кийинки келишинен тартып экөө бир туруп калып, үйдө да, андан мурун жолдош болуп жүргөндө да, өзүнүн жолдошунан мындай орой сөздү уккан эмес.

– Сага эмне болду? Кетейин, кетейин,– деди Мырзабек, оозун чормоңдотуп, күлүңдөп, куудулданып. Кетейин, кетиштин алдында мынабу паёктон ооз тийбейлиби?

– Азыр мен ысык чай кайнатсам, кандай дейсиң? Сенин паёгуңан анча-мынча жештим эле, эми менин энчимден ал.

Жапаркул күлүп жиберди да, ошо замат кайра жөтөлүп, оозун жоолук менен басып, ыкшып тескери бурулуп кетти. Мырзабек түшүндү Сапаркулдун оорусу кармаган экен. Жапаркул ороңлук кылып, Мырзабекти кубалап жатканы, өзүнүн оорусун жугуштуу экенин айталбай, айтууга оозу да барбай, кыйналып туруп, «Көрбөйсүңбү, моминтип төшөктө жатып кала турган болдум... Мени менен кантип турасың, андан көрө...» деп, тескери карап кеткенин түшүнүп, Мырзабектин жаны ачып кетти. Бирок тамашадан башка сөз айтууга болбосун билип, оозун чормоңдотуп, чөөгүндү калдыр-шалдыр эттирип калды.

– Арукени алса күйөө жолдош болуп берейин десе, кубалайт, тиги хозяйкага барып чай кайнаттырып келейинчи, болбосо өзүм кайнатам.

– Ай, басасыңбы жаагыңды? – деди Жапаркул Мырзабектин сөзүн жулуп алып, купкуу болуп, ачуусу келип.

– А? – деди Мырзабек эси чыккан кишиче оозун ачып, көзүн кыбыңдатып, чөөгүндү кармаган бойдон.

Жапаркул Мырзабектин кебетесин көрүп, бышкырып күлүп жиберди.

– Ит экенсиң! – деп, башын жаздыкка тыгып же күлгөнү, же жөтөлгөнү билинбей, солкулдап жатты.

Бир аздан кийин Мырзабек столго чай даярдап, нан, колбасаларды кесип, Жапаркулду чакырды.

– Сен Аруке тууралуу ооз аччу болбогун,– деди Жапаркул, чай ичип отуруп, тамашага өзүн жолоткусу келбей, кумсарыңкы тартып.

– Тамаша кылууга болбойбу? – деди Мырзабек, нандан дагы кесип, стакандарга чай жаңыртып.

– Болбойт! – деди Жапаркул. Ысып кеткен стаканды кармай албай, оозун чүрүштүрүп ууртап.

– Чындасачы?

– Болбойт.

– Эмне үчүн?

– Ошон үчүн!

– А? – деди Мырзабек, укпай калгансып.

– Андан көрө Бермет менен кайта сүйлөшпөйсүңбү? Аруке да айтты, жакшы кыз экен дейт. Тостойгон көзүңдү чанып эле кетпесе… алып алсаң болор эле, жакшы аял болот,– деди Жапаркул, митаамданып күлүп.

– Жакшы аял болорун кайдан билдиң? – деди Мырзабек, стаканды үйлөп, Жапаркулга астыртан тиктеп.

– Сүйлөшүп билгемин.

– Анан?

– Анан ошол. Менден акылдуу экен, мага окшогон ороңдогон, нары акылы чолок кишиге андай киши акыл үйрөтүп кууратат,– деди Жапаркул, кичине көңүлү ачылып бараткан кишиче күлүп.

– Аялдын баары эле ошондой го дейм? Арукечи? – Мырзабек чыны менен сурады.

– Аруке? Таптакыр башка муңайым, жаракөр…

– Имерип жүрөсүңбү?

– Акмак! Искендердин жолдошу болсом... Искендердин күйүтүн тартып жүргөн немеге кантип менин дитим барат? Кантип батынам? Жапаркул ачууланып барып, кайта күлгөн болду.

– Өзүңдүн көңүлүң барбы?

– Көңүл эмне? Көңүл көктө, бийикте жүрө турган нерсе, бирок... турмуш шыйрагыңдан алып жерге тартып турса кайда барасың?

– А да сенден акылдуубу?

– О, аны айтпа? Төөлүк өйдө.

– Анда а деле Берметтей болуп, сага акыл үйрөтөт да, анда кандай?

– «Кандай, кандай!» – Жапаркул, стаканды түртүп ордунан турду.

– Сенде акыл да бар, митаамдыгың да жетишет, сен баарын түшүнүп туруп мени дөөдүрөтүп отурасың, мага кудай башка кыял берген экен, ороңдотуп... Мен баякы «Манастагы» Алмамбет айткандай, кантип эле билбей коёюн! Зайыбың өзүңөн акылдуу болсо жаманбы? Кыргыздар эмне, катын жакшы – эр жакшы бекер айтыптырбы? Акыл-эстүү аял эч качан кылганын колко кылбайт. Албетте, акылдуу кишинин да ачуулу кырсыктары болот. Андайларды турмуштан көрүп жүрбөйбүзбү? Андай аялдарга өздөрүнө окшогон киши болбосо, мына, маселен, Качике окшогондорду кажап салат. Мен болсо андайлар менен бир күн туралбас элем. Ал эми кыялы жумшак, өзү акылдуу кишилер да мага жарабайтко дейм. Бирде болбосо бирде бир жеринен кыйкым таап, ачуу үстүндө кордоп коём го дейм? Ал эми көңүлүм болсо көктө жүрөт, жакшы киши жолдошум болсо деп тилейм туурасын айтканда тилечү элем. Атаганат дечи! Ошого жетемби? Жок! Кайсы бир кыздар менен бир күн болсо да туруп калайын дейм, алдагым келет... Бирок көңүлүм ыраазылык бербейт. Менден кийин не болот? дейм. Сен Москвада окуп жүрүп Искендерди жакшы билбей калдың, мына мен сага анын бир кызыгын айтып берейин. Искендердин Аруке менен сүйлөшүп жүргөнүн билчү элем, бирок өзүн көрөлек болчумун. Искендер бир күнү мага кызын көрсөттү. Ишенесиңби, жок-

пу, билбейм, бирок мен Арукени көрөр замат ашык болдум... Мына ошондон кийин булар кайда басса мен да аркасынан уурданып басып, ээрчип жүрчү болдум. Мына мындай акмакты көрдүң беле? – деди Жапаркул Мырзабекке кумсарыңкы тартып, өңү бузулуп. Мырзабек унчукпай, тыңшаган калыбын бузган жок.

– Эмне унчукпайсың?

– Эмне деш керек? Айтуу кыйын. Искендер билди беле? Же...

– Билген эмес, мен өзүм айттым...– жөтөлүп, жоолугу менен оозун басып калды.

Мырзабек кулагын түргөн бойдон отура берди, анын сөз катпай, аңгемени уккусу келип турганын байкап, Жапаркул кайтадан сүйлөдү.

– Айтсам, кудая тобо, Искендер күлдү. Андай болсо биз менен бирге жүрө бер, атактуу Тургенев деле күйөөсү бар атактуу актрисага ашык болуп, өмүрүн үйлөнбөй ошо киши менен өткөргөн, сен, эмне, сен да акынсың, экөөбүз тагдырыбызды бир кишиге кошолу» – деди.

– «Некрасовчу?» дедим мен. «Ооба»,– деди. Мырзабек чыдай албай сурады.

– Чыны менен айттыбы?

– Чыны менен.

– Койчу? Мырзабек аңкайып калды.

– Койчу-мойчусу жок эле,– деди Жапаркул,– мен, албетте, ага көнмөк белем, андайга баралмак да эмесмин, андайды гений гана кишилер иштебесе, мага окшогон айбандардын колунан келбейт. Алар жакшы аялдарды сүйө билишкен да...

Жапаркул жөтөлүп коюп, аркы-терки басып туруп, чочугандай сурады:

– Сең катындарга бардың беле?

– Жок! Мырзабек чочуп кетти.

– Барба, колуңан келсе барба!– деди Жапаркул

Мырзабекти карабай, аркы-терки басып.

– Эмне үчүн? – деди Мырзабек, аң-таң калып, оозу андан бетер ачылып, тостойгон көздөрү бакырайып, сары кирпиктери кыбыңдап.

– Эмне үчүн экенин билбей турасыңбы?– деди Жапаркул Мырзабектин бетине эңкейип, тик карап.

– Жок...– деди Мырзабек.

– Мен баргамын, Жапаркул кайрадан аркы-терки басты.

– Баргандан кийин ошо барган катынды да жаман көрдүм, анан... Арукени да көргүм келбей калды. Андан кийин бара бердим, бара бердим, барган сайын Арукени көргөндө итиркейим келе берчү болду. Муну да Искендерге айттым. Каткырып, боорун тырмап күлдү.

– Пейили жакшы турбайбы? – деди Мырзабек Жапаркулдун өзүнө таң калып.

– Эмичи, эми аялдарды кандай көрөсүң?

– Айбан болоюн деп кетпесем кантип аялдарды жаман дейин, бирок ошондон бери кыздардын эч кимисин жакшы көралбай койдум. Дагы бир сөз айтып берейин. Искендер үйлөнөм деп жүргөндө аскерге чакырылды. Калса калып деле калат эле, бирок өзү болбой койду, согушту көрүп туруп, анан чыныгы турмушту жазыш керек деп, күлүп койгон. Мен узатып чыктым. Сөздөн сөз чыгып отуруп:

– «Арукенин койнуна бардыңбы?» деп, сурап калдым. Арукеси элге көрүнбөй ыйлап жүргөн.

«Жок» – деди.

– Ай ит, ал эмнең? – дедим, таң калып, жиним да келип.

– «Күтүшмөйдөн сүйлөштүк. Мен да аял көрөлекмин, а да таза бойдон калсын. Балким, өлүп калсам, бактылуу болсун...» – деди.

– Мен өкүрүп, Искендерди тилдедим.

– Бирөөгө кетип, унутуп койбойбу,– деп чыйпыйым чыгып кеттим. «Мейли, тийген кишисинин алдында сөзгө чолок болбой, жүзү жарык болсун. Балким, күйөөсү жакшы жигит болсо, экөөлөп мени эстеп, арбагымды сыйлашар...» – деди.

– Искендер экөөбүз а кетерде мына ушундай сүйлөшкөнбүз. Тилдеп, акмак, ит эркек эмес экенсиң деп, абийирин кетирсем, каткырып күлүп, жеңип койгон... – деди Жапаркул чарчагансып, энтигип.

– Сен кандай деп турасың, Искендер туура иш кылдыбы же...

Жапаркул Мырзабектин сөзүн бөлүп:

– Өзүңчү?

– Өзүмбү – Мырзабек бу суроого өзү да жооп бералбай турган эле.

– Өзүм... билбейм... Адамгерчиликпи, же өкүнүп, арманда кала турган нерсеби?..

– Мына мен да ушу күнгө чейин түшүнбөй жүрөм. Бирок кээде ойлойм, сүйгөн киши ушунчалык аянычтуу болобу? Туура айталбай жатсам керек сүйүү ушунчалык ыйык болобу дейм да. Эгер сүйүү ошончолук ыйык болсо ошол ысык нерсесин бирөөгө таштап кетпедиби. Эми же сен, же мен окшогон бирөө бирөөнүн кол тийгизбей кеткен ыйык сүйүүсүнүн күнүн көрөт. Искендерге ыракмат дегендин ордуна балким... Андан наркысын айтпай эле коёюн, менимче Искендер бекер кылды. Кечиргис иш болду – деди да, Сапаркул энтигип, аркы-терки баса берди. Ушул учурда акырын эшик чертилип, Аруке баш багып, кайта башын тартып алчудай болду.

– Кир, кире бер, Аруке,– деди Жапаркул.

Аруке кайта баш багып, уялыңкы, коомайланып, кирер кирмексен, Мырзабекти биринчи көрүп турган неме, чочуркады.

– Кире бер, Аруке, мабу тостойгон солдатты көргөндө жүрөгүң түшүп калды окшойт,– деди Жапаркул, жөтөлү кармап, жоолугу менен оозун басып.

– Таанышып кой, фронтовик, менин жолдошум, ким билет, колун өзү атып алып качып келдиби,– деди. Жапаркул арсалаңдап күлдү.

– Өзүнүн согуштан качып бу жерде жүргөнүн билбейт, саламатсызбы, карындаш, Мырзабек деп, Мырзабек ордунан салмак менен туруп, Арукенин колун алып, орундукка отургузду.

– Сен мени айтасың, жыйылыштарда тили буудай кууруп, орусча да, кыргызча да булбулдай сайрап, көкүрөгү менен топту жарып жүрүп, аскерге чакырганда орустун тилин билбей калган кээ бир митайымдар да бар. Заматтын ичинде дудук болуптур да калыптыр. Аны уктуң беле? – деди Жапаркул күлүп.

Мырзабек каткырып:

– Кой, эми калпыңы,– деди.

– Кудай урсун калп айтсам.

– Кой эми, кой эми! – деди Мырзабек ишенбей, бирок жаны калбай күлүп.

– Койбой эле чын. Оозу менен орок оруп, орокко келгенде оолак качат деген ошо.

– Андай болсо, анык симулянт турбайбы! А ким экен?

– Анан айтып берем... Кош, Аруке...– деди да Жапаркул Мырзабекти тиктеди.

– Биздин жашырын сөзүбүз бар, жаман көрбөсөң кичине эшикке чыга турсаң кантет? – деди Жапаркул, купуя, кулжуңдап күлүңдөп.

– Андай ишиңер болсо кете берейин, ээн-эркин жалгыз сүйлөшкүлө.

– Мырзабек булардын «сырын» түшүнгөнсүп, култуңдап, бирок ичинен куулган кишиче бир башкача жаман болуп кетти.

Мырзабек эшикке чыгып кеткенден кийин, Аруке наароазы болгон үн менен:

– Неге мени чоочун кишинин көзүнчө орунсуз сөз менен тамаша кыласыз? Мен сизди... агамдай көрүп жүрсө...– деп эриндери титиреп, үнү калтырап кетти.

– Кечир, Аруке,– деди Жапаркул Арукенин бузулуп кеткен өңүн көрүп, өзү да купкуу болуп кетип.

– Кечир, антпесем... кантем анан? Аруке, сенин мага дары ташып жүргөнүңдү көргөзгүм келбейт. Мен жана эле аны менен кеткин деп урушуп отургамын. Баарыңардан оорумду да жашыргым келет. Бирок... Аруке, ооруну жашырса өлүм ашкере кылат дейт. Кантем? Сенден жашырчу элем, бирок сен өзүң байкап, доктурларга жумшап, дарыны өзүң апкелчү болдуң. Мен сени менен урушкан жок белем? Болбой жатпайсыңбы? Эми эмне кылайын? Жок дегенде тамаша кылып калайын...

Аруке Жапаркулдун өңү убайымдуу болуп, өлүм түсү аралаганынан чочуп, баарын унутуп:

– Мына мында баары жазылуу, оңой менен табылбай турган дарылар бар. Сизге шаардан кетиш керек эле... Апалга барсаңыз... таза аба, кымыз, күчтүүрөк тамак...

– Аруке, жок немелерди айтып турамбы деп, өзү да ишене бербейт.

– Аруке!..– деди Жапаркул, жаны кейип.

– Мен өлсөм, балким, туугандарым чыгар… Бирок, менин күйө турган эч кимим жок. Ысык-Көлдө бир орус кемпирим бар эле, ошондо кетсемби, тыйын-тыпыр таап алып. Жазуу да керек. Бу жерде күн жылып калды. Кетсем кетейин… Мен…– Жапаркул дагы бирдеме айтайын деп, оозун камдап келип, токтоп калды. Аруке эмне айтарын күтүп, бир нече минут унчукпай туруп, Жапаркул унчукпай, аркы-терки баса бергенден кийин, Аруке акырын айтты:

– Сиз кишиге акыл үйрөтчү кишисиз! Жаманчылыкчылыкты ойлобосоңуз жакшы болор эле…

– Болуптур, болуптур! – Жапаркул, ачуулангансыды

– Таалайыман көрдүм! Искендердин ырларын апкелдиңби?

– Апкелдим…– деди Аруке, кызарып, аптыгып, сүйлөй албай.

– Эң эле ынак кишиге жазылгандай… Көпчүлүккө жарабайт ко… Апкел, көпчүлүк жеке кишилерден келип анан көпчүлүк коом болот. Пушкин эмне, атайы коом үчүн жазыптырбы? Анын бир кишиге арнап жазганын миллиондогон киши тамшанып окуйт. Кеп ырда. Жакшы болсо баарыга жагат.

– Жапаркул калчылдап, энтигип, Аруке сунган дептерди алды.

– Мендеги ырлары бөлөк-бөлөк кагазда болчу, баарын чоң дептерге көчүрдүм,– деди Аруке, Жапаркул бул дептердеги ырларды окуп эмне дээр экен деп, сүрдөп.

– Ал кагаздар кайда? – деди Жапаркул, дептерди барактап.

– Менде… – Аруке, негедир эси чыгып, Жапаркулду жалдырап тиктеди.

– Оңдогон жерлериң барбы? – Жапаркул Арукени тигилип тиктеп калды.

– Бир – эки жерин…– деди Аруке, калп айтайын деп айталбай кылмыштуу болуп.

– Анда мынабу дептерди өзүң алып, мага Искендердин өз колу менен жазганын бергин,– деди Жапаркул ачуусу келип.

Аруке чөнтөгүнөн чебердеп бүктөлгөн, бирок уйпаланып калган бир топ кагазды алып берди.

– Өзүмдө калсын дедим эле,– деди Аруке, араң шыбырап.

– Өзүңдө өз колуң менен көчүргөнүң калсын, өз колун көрүп жүрөйүн деген экенсиң го, ушундайбы? – Жапаркул күлүмсүрөп, Арукени карады. Аруке өз дептерине тиктеп, унчуккан жок. Жапаркул бөлөк-бөлөк барактарды бет-бети менен коюп, ар кайсы жерине көз жүгүртүп турду.

– Мен өзүм беттегемин,– деди Аруке.

– Мырзабекти чакырып коёюнчу,– деди Жапаркул.

– Анда мен кетем,– деди Аруке.

– Анда мейлиң. Мына бу ыр жаманбы? – деди Жапаркул, өңү жылмайып, бетине кызыл жүгүрүп.

Мен түшүмдө алтын шакек тапкамын,
Ал түшүмдү ар кимдерге айткамын.
Алтын саамай жар сүйөсүң дегенде,
Алда нече түн уйкусуз жаткамын!..

Сен кайдасың мен түшүмдө көргөн кыз,
Келчи мага курдаш болуп айрылгыс.
Эми турам издеп сени элеңдеп,
Бир көрүнүп кете бердиң кайрылгыс.

Жан ооруду… эм табылбас буга эми,
Тиймейинче мени сүйгөн кыз деми…

– Бул ырларда акын кызды, демек аялды жогору көтөрүп, сүйүүнү ыйык кылып көрсөткөн, акындын көңүлүндө карасы жок тазалыгын мына ушундан билиш керек! – деди Жапаркул энтигип.

«Бул акын жаш туруп, күйүп кететко. Көпкө жашабайт…» - деди ичинен Аруке, бирок ошо замат өзүнүн жаман оюн өзү жек көрүп, кызууланган акынга таң калган көзү менен тиктеп, аяп да, суктанып да, кайсы бир жагын (эмнеси экенин өзү билбей) жаман да көрүп турду.

– Мен кетейин, тиги киши күтүп калды го? – деди Аруке акырын сүйлөп жатканда сөздү бузду дебесин деп, ийменип.

– А, кетесиңби? – деди Жапаркул, Арукенин кетем дешин уккусу келбегенсип, бир заматтын ичинде көтөрүлүп турган көңүлү муздап. Айланасы капкараңгы боло түшкөнсүп кетти. Жапаркул таптакыр мууну бошоп айтты

– Макул, макул, бар, бар! Дагы келесиңби?

## X

Мырзабек киргенде Жапаркул өзүнөн өзү, чукчуңдап, ачуусу келип турган эле: «Агамдай көрсөм дейт! Демек, мен бар болгону агасындай экемин да? «Мечты, мечты, где ваши сладости?» Бирок мен ушундай кызды сүйө алар белем? Жок, жок, эч качан!..»

Мырзабекке Жапаркул эң эле убайымдуу, кыйноо тартып турган кишидей көрүндү. «Заматтын ичинде киши да ушунчалык бат өзгөрөбү?»

– Кыз менен көпкө сүйлөштүң го, «бат эле» дегениң ушунча болсо! – деди Мырзабек, тамашага салып.

– Ай, сени Аруке «тиги киши» дейт да, картайган неме экен деди го дейм? – деди, Жапаркул да күлүп. Жапаркул кайтадан өңүнө кире баштаган эле.

– Жигит деп мактабайсыңбы?

– Кантип айтам, кыз өзү «тиги киши» деп турса, – Жапаркул каткырып күлдү.

– Сен Арукени сүйө алар бекенсиң?

– Сенчи?

– Ах, курбум! Мен кыз сүйө турган болсом ушинтип жүрмөк белем? Андан көрө качан өлөсүң дебейсиңби!

– Жапаркул капыстан улутунуп, көзүнө жаш алгансыды.

– Мындай кыздар менен тагдырлаш болуу мага кайда!

– Кой! Мырзабек чочуп кетти.

Мырзабек экинчи сөз козгобой, акырын чыгып кетерин, унчукпай диванга жатып каларын билбей, Жапаркулдун оор үшкүрүгүнө жооп табалбай турганда Жапаркул чукул бурулуп, эчтеме болбогонсуп, өңү кайтадан жылмайып:

– Аруке мыкты кыз экен, мага окшош эмес, Искендерге окшогон жигиттердин жубайы болушка анык арбый турган киши экен. Мен аны бүгүн эле тааныгандай болдум. Көкүрөгү ойгоо турбайбы! Искендердин ырларын көчүрүп келиптир. Анын Арукеге жазган ырлары бөлөк-бөлөк барактарда экен. Ошонун баарын жыйнап жүрүптүр. Башка бирөө болсо окуп туруп, кыздардан уялып, жыртып ыргытып жибербейби! Кайсы бир жерлерине редакторлук да кылыптыр. Бул укмуш! Биздин кыргыздын кыздары өсүп бараткан экен. Ай ит, сага айта турган бир сөз бар. Эмне үчүн сен согуш жөнүндө бирдеме жазбайсың? – Жапаркул энтигип, кызууланып, сүйлөп жатты.

– Эмне үчүн? Искендер өлбөсө поэма, ыр, балким, роман да жазат беле. Анын таланты укмуш эле. Теги чийип жүргөн дептериң барбы же бирөөгө сынтаккандан башканы билбейсиңби. Искендердин дептерин араң жатып кетеринде айттың. Сенде жазуучу боло турган эч бир ынтаа жок. Деги эч нерсеге далалат кылбайсың эмне деген кишисиң? – деп, Жапаркул чарчап барып, диванга отуруп, жөтөлүп, көпкө сүйлөбөй калды. Мырзабек ичинен буларды мойнуна алды:

– Бул айып менде бар…

– Мен сага Искендердин мынабу ырынын бир сабын окуп берейин:

Эл башына түшүп турса каргаша,
Ал ким экен корголоткон өз жанын?
Эл тагдырын душмандардан талаша,
Өмүрүңдүн аябагын бир талын!..

– Сен мындай ыр жазаласыңбы?

– Ким билет, жазалбайм го дейм.

– Эмне үчүн?

– Мен акын эмесмин да.

– Жазган бирдемең барбы? Мейли, кара сөз болсун.

– Жок…

– Сенде эчтеме жок экен! Баягыда бир аңгеме жазып коюп, мурдуңду көтөрүп жүргөн экенсиң го. Жазуучунун баары жаш чагында акын болгон. Жок дегенде согуш майданында жүрүп

бир ыр жазбапсың, сенден жөө чеченден башка терең ойлогон киши чыкпайт! Биз, маселен, согуш дегендин эмне экенин билбейбиз, бул эмне, кызылдай эле кырылыш, кыргынбы, же майда да бир турмуш, тиричилик, жашоочулук барбы? Согушту Толстой жакшы жазган дешет экен, ал эми мен ыр менен, акындар менен жүрүп, окуй албадым. Бу да кечиримсиз. Ал эми кечиримсиз иштерди чогулта берсем киши көтөргүс жүк болот. Сен Толстойду окудуң беле?

– Окугамын,– деди кыпкызыл болуп Мырзабек. Жапаркулдун сөзү чын болгондуктан катуу тийиип турган. Искендер да окугамын, турмуш чындыгын жазышта Пушкин менен Толстойду устат кылыш керек дечү. Бизге окуя керек, чала молдо дин бузар болуп, жүрө бербестен бир жакшы ыр жазып туруп, өлүп кетиш керек.

«Любви, надежды, гордой славы,
Недолго решил нас обман»,– дейт Пушкин.

Бул эмне деген сөз? Айтчы?!

– Эмнесин айтам? Атак-даңктын кызыгы ойногон кумардын кызыгындай алдамчы бир неме экенин айтат да,– деди Мырзабек ушул оорулуу, каны бузулуп калган акындан ийменип, ага өзүнүн күйгүлтүктүү тамашасын да кылалбай.

– Муну сен кумардын кызыгындай деп туура айттың. Буга кызыкпаган киши болбойт. «Атың чыкпаса жер өрттө» деп, кыргыздар бекеринен айткан эмес да. Атак үчүн жер эмес кишини өрттөөгө баргандар да болуш керек,– деди Жапаркул энтигип.

– Мен көп сүйлөп ийдимби? – деди чарчап.

– Сүйлөп атасың, бирок айтайын дегениңи түшүнбөй койдум. Аруке, Апсамат, Искендер, Пушкин, Толстой, Мырзабек болуп баары аралашып кетти. Кичине оолугуп турат окшойсуң, эс алчы…

– Эс алчы! Өзүңдү Толстойдон кийин койгонуңа жол болсун? Бизде тизме менен санап, классик болуучуларды айтып келет да, жана башкалар деп коюшат, «жана башкалардын» ичине, албетте, мага, Искендерге окшогондор кирет. Сен өзүңдү «жана башкаларга» кошкуң келбейт окшойт, ушундайбы? – Жапаркул күлдү.

– Санактын башында жүрүп көнүп калгандар ичинде Толстойдон мурун тургусу да келе тургандыр, мен өзүмдү аягында айттым го,– деди Мырзабек да күлүп.

– Толстойдон кийинки мен дегениң го? Экөө тең күлдү.

– Эми тамашаңды коюп, айтарыңды айтчы,– деди Мырзабек анын көз алдында баятадан бери Аруке турган. Мырзабектин ичинде кийинки убактарда кызык бир кыйналыштар жүрүп жаткан. Ал кыйналыштарга бүгүн да бир кыйналыш кошулуп, эмне кыларын билбей, бирөөгө айтып кеңешүүдөн да уялып, ичинен гана сызып жүргөн. Так ошол тууралуу бүгүн Жапаркулдун сөз козгошу буга жага бербеди.

– Арукени сүйлөткүң келип турабы? Бирөөнү сүйлөттүрбөй эле өзүң сүйлөсөң эмне болот? Куусуң да, куу кишилердин баары ушундай болот, май чуңкур тапса да бирөө аркалуу таап, анан өзү култ кирип кетет. Түлкү мүнөздүү... Мен Аруке менен бүгүн Искендердин жыйнагын сүйлөштүм. Ал жыйнакты жакында басмага берем. Далай сөз болот. Сен болсо Арукени...– деди да, башка сөз айталбай, көзү жашылданып, беттери дирилдеп, көзү бузулуп кетти.

Жапаркул эмне айтып, кандай пикирлерге келип ар түрдүү ойлорго кетпесин, Искендерден кийин баары бир анын негизги тилеги Аруке болду. Өзүнүн турмуш маңызын алып келгенде (таптакыр баарын унутуп койгондо) анын турмушу бир маңызга, орундуу мааниге келиш үчүн Арукеге үйлөнүш эле. «Коюндан төгүлсө кончко» деп, мен өз жолдошумун сынаакы, сырдакана колуктусуна үйлөнсөм, а тууралуу сүйлөшүп көрсөм кантет дечү. Бирок ошо замат көз алдына Искендер келип, анан оорусу эсине түшүп, кайтадан баары чакчелекей болуп, өз турмушунун маңызы жокко чыгып, өзүн бир жемиш түйүп келатып куураган даракка окшоштурчу. Мына ушундай көңүлү чөгүп турганда Арукени көргөн сайын баарынан кечип, жалгыз гана өлүмдү ойлоп кетчү болду. Баятадан бери (Аруке кеткенден кийин) көп сүйлөп, эмне кыларын билбей, ар кимдерге асылып, каны суюлуп турду. Эми да Арукени Мырзабекке ыраа көрөрүн көрүп коюп, өзү секирип, капа болуп кетти. Муну Мырзабек

дароо байкап, дароо түшүндү. Баятадан берки Аруке тууралуу сүйлөгөн сөздүн баары бекер сөз болбой, кыйып-кыялбай, айласы кетип турган кишинин кыйналышы болуп чыкты. Мына муну Мырзабек түшүндү да, экинчи ал тууралуу Жапаркул менен сүйлөшүп, анын көңүлүн оорутпаска ичинен ант берди.

Мырзабек өзүнүн өмүр багытын ойлоп, уйкусу келбей, диванда жатты. Жапаркулдун капыстан оорусу кармап, башталгандан эле катуулашынан да чочуду эртең өз үйүнө кетер болсо оорулуу неме жалгыз не абалда калат деп ойлонуп, кез-кезде Жапаркулдун күртүлдөп жөтөлгөнүн тыңшап, жаны ачыйт.

Мырзабек өз өмүрүн ойлогондо өмүрдүн узун-кыскасын эмес анын маанисин, маңыз-мазмунун ойлоду. Мырзабек ким? Турмуштагы не деген багыттагы киши болот? Эмнени тутка кылып, эмнени нуска кармайт? Кармаган идеалы не да, күсөгөн максаты эмне? Баары ачык көрүнүп, көрүнмөк турсун бышып турган алмадай жетилип тургансыйт, ага жетиш үчүн колду гана узатып керектей болуп сезилет, бирок эчтеме колуна урунбайт, тутар туткасы да жок, кармар нускасы да белгисиз, жанында эч ким тегереги ээн, өзү иштеген, өзүнө жакын эчтеме жок. Турмуш эмнеден башталат? Өзү эмнеден баштайт? Окуду, анан эми бирдемени кармап, жаңы үйрөнчүк кишиче бирдемелердин башын баштап, узанайын дегиче согуш чыкты. Бу согуш Мырзабектин түшүнүгү боюнча тагдырдын согушу болду. Жашоонун жашоо укугунун, эркиндиктин, эл болуш же болбостун согушу болду. Мырзабектин окуп жүргөндөгү кармаган бүткүл идеалы, анын бүткүл жаш, бала чагынан берки улам жогорулап, өзгөрүлүп, уланып, кошулуп, чоңоюп бараткан максаты согуш чыгар менен душман колдуу болуп, талоондо калып, жокко чыкчуудай сезилди. Бул сезимди Мырзабек бирөөгө айтып кыйкыргысы келгенде башкаларда да ушул сезим өкүм сүрүп, башкалар да ушул сезим менен кыйналып жатканын туюп, унчукпай калган. Согушка катышкандан баштап, Мырзабек элдин башында кандай кайгы, не деген трагедия турганын, эл кандай каргашаларды башынан кечирип, не түрдүү машакаттардан өтөрүн биринчи туйгандардын ичинде болду. Бул өңдүү

туйгусу жок кишилерди көргөндө, замандын улуу идеалы менен бирге жашабай, тиричиликтин майда кишиси болуп, көр оокаттан өйдө болалбай, көр оокатка көз каранды болгондору, өз керт башын гана коргогондорду жек көрдү. Бул сезим Мырзабек өзү согуш кишиси болуп кетип, башкалар оорукта калып, ичи күйгөндүктөн чыкпай, бул сезим качан Мырзабек өз колуна курал алып, өзү солдаттарды аралап жүргөндөн баштап күчөгөн.

Али согуш бүтөлек. Согуш элдин тагдыры нары же бери болор кырдаал эми келди, мына ушул учурда Мырзабек аскерден бошонуп, жараксыз болуп кайтты. Эми эмне кылышы керек? Эмнеден башташы керек? Окуду, окууну бүттү, жогорку билим алды, согушка да барып, аз болсо да колкабыш кылып келди. Мына мунун баары анын окуганы, согушканы, тирүү калганы, эми кимге керек да, эмнеге керек? Мансап керек болсо мансап үчүн бардык шарттын баары бар телегейи тегиз болуп, чалкалап тура турган чагы. «Бактылуу кул экенсиң, жашабай жатып, баарын көрүп келдиң, эми өнөрүң болсо өргө чаба бер...» дешип, атак, даңк, жакты нускап, туш-тушуңдун баары туура жол болуп турат. Үйлөнөм десең – тандай бер. Иштейм десең – мекеменин баары ачык. Дагы эмне керек? Жазуучу болом десең – журналдардын баары сеники. Даңазаң чыга турган даңгыраган жол ушул. Кылчаңдатып, колуңду байлап турган эч нерсе, эч ким жок. Кайсыдан баштагың келсе башта, эрк өзүңдө. Кана, сөз сенде...

Мырзабек мына ушуларды ойлонуп жатып, эчтемеге акылы токтогон жок. Согушта жүргөндө көп эле нерселер башына келип, тоону томкоруп жиберчүдөй болчу эле, эми кайда ошол дегдеткен умтулуштар? Бат эле желим чыгып кеттиби деп, диванда жатып бир-эки оодарылып кетти. Мырзабек менен кошо жолдошу да оодарылып, жөтөлүп, анан онтоп жиберди. «Куурагыр» – деди ичинен Мырзабек,– куурагыр, жаш туруп ооруну кайдан таап алды? Буга кандай кылып көмөк бериш керек? Согуш убагы болсо, караган, жардам берген кишиси болбосо, бул өлүп калатко? Жана Аруке экөө эмне сүйлөштү?

Искендердин эле ыры менен келген эместир, балким, дары апкелдиби? Мындай оорулар кээде сырын да айтпайт. Аруке...

Бермет… экөө тең.,, байкуштар, таалайсыз кыздар экен. Жок, буларга эмне? Тирүү киши өз күнүн көрөт. Көргөндө да кандай! Шарактап ойнойт. Баары унутулуп, баары тагы жок жыпжылма болот.

«Мен эмне көп ойлонуп, башымды оорутуп отурам? – деди Мырзабек чукул башка ойго бурулуп,– мен согуштан өлбөй, аман келдим. Эми өлүм менин артыман көлөкөдөй болуп ээрчип жүргөн жери жок. Өлүм ээрчип жүргөн кезде тирүүлүктү, турмушту, жашоону жакшы көрчү элем. Мына эми баары менин колумда. Эмне кылып, эмнеден башташым керек? Мени кайсыга окутту? Геология! Ошондон баштап, демек, жердин түпкүрүн казышым керек! Азыр мага мындан башка эчтеменин кереги жок!-Мырзабек уйкуга кетти.

## XI

Молдоыбырайымдын келини Бүбүкан төрөгөндөн кийин тыңыгыча колумда турсун деп, эжеси алып кеткен бойдоп келбей койду. Мына ошондон бери кайын энеси келинин батырбай койду дешип, эл оозунда өзөк сөз жүрдү. Бул өсөккө баласы Болотбектин кат жазбай койгону кошумча болуп, Молдоыбырайым түн түшүп калды. Колхоздо абышкалардан топ түзүлүп, бул топтун башчысы Молдоыбырайым болуп, жакшы иштеп, баласы Жапардын, күйөө баласы Жаманкулдун күйүтүн унута койбосо да, иш менен алагдыланып, боору катуу киши болбосо да кайраты менен, баякы эле калыбынча жүргөн. Эми мынабу үйдүн ыркы кеткени Молдоыбырайым талаалап, безип, иштин шылтоосу көбөйүп үйдө эмне болсо унчукпай ичип, кемпири менен сүйлөшпөй койду. Жаш кезде таарыныша калса «казан-аяк кагышат, эрди-катын урушат» деп, анын эби бар эле, ал эми карыганда кагышып отуруш таптакыр келишпей, балдары да өздөрү да беймаза болушту.

Калыйчанын какшаган жаагы тынып, өзүн күнөкөр сезиппи же сүйлөөгө шылтоо табалбайбы, бир топ жоош тартып, Молдоыбырайым жокто балдары менен гана урушуп, абышкасы барда

унчукпай калчуу болду. Бүбүканды алып келели деген сөз экөөнүн тең оозунан чыккан жок. Молдоыбырайым бу сөздү өзү баштагысы келбей, кемпири не өчөшүп, «Эмне кылар экен?» деп жүрө берди. Ал эми Калыйча болсо унчукпаганы менен өз ичинен буркан-шаркан түшүп, өлүгүңдү көрөйүн өз келиним болсо кетет беле! Өгөй да!.. деп, Бүбүканга, ага болушкан Молдоыбырайымга өчөшүп, экөөн тең жек көрүп, Бүбүкандын «Өз кайненем болсо, ушунтет беле, өгөй өгөйлүгүн кылып жатпайбы!» деп сыздап, ичинен ыйлаганын билбей, аны каргап, бирок келиндин кеткени бетине чиркөө болуп жүргөн.

Бир күнү кечинде булар тултуюшуп отурганда бакылдап-шакылдап, Сулайман келди. Сулайман кара кагаздан кийин оозуна талкан салып алгансып унчукпай, жерден башын көтөрбөй калганын жакшы билген Молдоыбырайым таң калып, оозунан сөз чыккыча Сулайман аны басып калды:

– Сүйүнчү, Молдоке, сүйүнчү жеңе! Уулум аман-эсен экен! Уулум аман-эсен экен!..

– Болсун, болсун! – деди Молдоыбырайым өз баласынын аман-эсендигин уккансып, сүйүнүп,– анда эмесе мен да сүйүнчүлөйүн, келе сүйүнчүңдү!

– Татек! Сиздики кайсы сүйүнчү? – Сулайман, Молдоыбырайымдан бетер таң калды.

– Келиниң бар экенин билесиңби?

– Жок ботом, Молдоке.

– Эмесе Чотурдун кызы Бермет тун келиниң. Мен муну ичине сактап, айтпай жүрдүм эле, эми балаңдын аман-эсендигин укканда сүйүнүп кетип айтып ийдим, буга эмне дейсиң? – деди Молдоыбырайым Сулаймандын этегинен бек кармап, күлүңдөп.

– Оозуңан айланайын, Молдоке, оозуңа май! – деди Сулайман сүйүнгөнүнөн унутуп калып, «Сен» деп. – Малы-башым тартуу, бир козу сиздики! Эмнесин айтасың, Молдоке, Шааркан менен Уулкелди, Уулкелди го анчалык болгон жок эле, тирилип эле калышты, өзүм да канат байлап калдым. Кана, жеңе, сүйүнчүмдү! – деди, сөзгө кошулалбай өзүн өзү коомайсынып, өзүн өгөй, жат сезип, корунуп турган Калыйчага Сулаймандын

сөзү Калыйчанын өлгөнү турган кейпине жан киргизип, өңүн жылмайтты; жетиналбай кетип:

– Кудай балдарыңардын башын кут кылсын, баякы шырдакты алып кет...– деп, ыйлап жиберди.

– Мына жеңемдин колу ачык десе болбойсуңар! Кууратып барып кудай ишимди оңоду, жеңе, Молдоке, жанакы айтканыңыз чынбы! – Ишенип турса да сүйүнгөнүнөн кайта сурады.

– Чын болбогондо, баякыда Караколго барганда эле уккамын, кийин аныгын кызыман уккандан кийин анан айтып отурам. Эми кудай балаңа өмүр берсе эки баштуу болосуң,– Молдоыбырайым Калыйчанын ийип кеткенина таң калып, экөөнүн ортосу ушу бүгүн бирдеме болоруна көзү да жетип. Чынын айтканда Молдоыбырайым бир жакын киши болуп, ортого түшсө деп да жүргөн болучу.

– Жеңе, шырдагың өзүңө аманат, качан Кыдырбегим келип, келин алганымда апарарсың, андан көрө кичине дан берип тургула, дандан тартыш болуп турабыз, түлөө болуп, а болуп, бу болуп болгон эгинибизди чачып алдык, бизде да болуп калар, бөлүшүп турарбыз,– деди Сулайман булардан дан чыгышына көп ишене бербей.

Булардын колхозу буудайды, кара эгин, кызылча, кара куурай айдаган жери кең колхоз эле, колхозчулардын курсагы көп колхоздорго караганда тогурак болучу, анын үстүнө Калыйча аялдардын ичиндеги эң мыкты иштегендеринен болуп, эмгек күнү Молдоыбырайымдыкынан да көбүрөөк. Нан тартышырак болсо да өздөрүнүн огородунан алган жүгөрүдөн жаргылчакка тарткан талкан бар болучу. Калыйчадан эмне кеп чыгар экен деп, Молдоыбырайым унчукпай турду.

– Жүгөрүдөн апарып талкан кылып алгыла, буудай, өзүңөр деле көрүп турбайсыңарбы, тартыш, бышыкчылыкка талкан менен араң жетер бекенбиз,– деп, Калыйча чынын айтты.

– Талкан эле болсо, кудайдын бергени эмеспи, жеңе, ошого жетпей, мукурап келип отурам,– деди Сулайман кубанып, Молдоыбырайым ичинен ыраазы болду:

– Болгонду ушинтип бөлүшүп турганга не жетсин, силер го тоодосуңар, дандын кени болгон кең Чүйдө отуруп биз араң оокат

кылып жатабыз, эмгек бербей жатпайбы, болбосо туна турган биздин колхоз эле, баары эле согуштагы балдарга кетип атат,- Калыйча буудай ундан да кичине берем дээр бекен деп, Сулайманды түрттү. – Нан жебей калдыңарбы?

– Нан жебей калдык, Кыдырбектен жакшылык кабар уккaны эки байбиче супурасын кагып, чай бербеген кишиси калган жок. Ой Молдоке жанакы келин дегениңиз чынбы?

Тиги байбичелерге айтсам жүрөгү жарылып кетет го дейм! Я, молдоке? Я молдоке! – дей берди Сулайман калдаландап. Молдоыбырайым күлүп:

– Сүйүнгөн киши ушундай болот,– деди өз ичинде келинин ойлоп, үшкүрүп.

Сулайман таң калып, жер карап калган Молдоыбырайымды тиктеди:

– Келиниңер кайда? көрүнбөйт, баякы жаман эмеңер чоңоюп атабы? Ортого уяттуу жымжырттык түштү.

– Жеңем апама тарынып, энесиникине кеткен бойдон келбей койгон, Сапарбекти сагынып атабыз...– деди Калыйчанын жеңесин жакшы көргөн баякы кызы Шуру.

– Я? – деди Сулайман чочуп кетип.

– Бас жаагыңды, тилиң кесилгир! – деди Калыйча, кызына алайып. Анан Сулайманды карап күлүп жиберди. Бирок бул күлкү уялып, ачуу аралаш кызаңдаган кишинин күлкүсү эле.

– Ырас, келиним менен кичине араздашып калгамын, өзү жүдөөрөк неме эмеспи, мындайырак бол деп айтат турбайымбы, тарынып калса керек... апкелем го.... Эртеден кечке жаным тынбай иштесем... анан кыбырап турса жиним келгени чын... Эртең кудагыйдыкына барып конуп, келинимди апкелбесем балдар сагынып калган окшойт,– деди Калыйча, уяты да, ачуусу да тарап, өңү купкуу болуп.

– Сапарбекти таштабай апкел, апа!– деди Шуру кубанып, өзүнөн кичүү синдисин бек кучактап, бетинен өөп. Сулайман баштап, баары күлүп жиберишти. Калыйча менен Молдоыбырайым экөө ушу сөздү сүйлөшсө уруша кетиши мүмкүн эле, эми Сулаймандын келгени себеп болуп, чал-кемпир да ичинен

жашарып, келин да келмек болуп, жакшы кабарга бул үйдүн да кубанычы кошулуп, атүгүл Шуру баштап балдар да кубанып, түнөргөн бул үйгө жарк этип күн тийгендей болуп кетти.

– Буудай ундун түбүн кагып көрбөйсүңбү, бир-эки жабым ун чыгып калса бер бизге дагы кудайдын айтканы бардыр,-деди Молдоыбырайым кемпирине, өзүнүн жашырып, татуулашканын билдиргиси келип.

Калыйча адатынча кажылдабай, кудай жалгап, өз айыбын мойнуна алып, момун чалыш тартып, момурап калганына Молдоыбырайымдын ичи эзилип, ыраазы болуп турган эле.

– Молдоке, анда тундурбадыңарбы? Жеңе, айланайын, ала каптын түбүн кага көр, бизде боло калганда колуңарга кошуп туруп өзүм жеткизем,– деди бакылдап Сулайман «буудай ун» дегенге кудуңдап, сүйүнүп. Шуру бөбөгүнүн колун «сал билек» кылып сереңдетти:

Ала каптын кагынчык,
Аңдыгандын жаны чык!..

– Я? Эмне дейт кызыңар? – Сулайман каткырып жиберди, Молдоыбырайым да күлдү:

– Ала каптын кагынчыгы эле калды деп жатпайбы, эми сурабай койсоң деле болот.

– Бул ушундай балакет кыз! – Калыйча дасторкон салып, Сулайманга ысык жарма куйду.

– Э Молдоке, Берметти жакшы кыз болду деп жүрүшөт, өзүңүз Жамалкандыкынан көргөндө байкашыңыз кандай болду?– деди Сулайман, Бермет чын эле келини болуп калгансып, эми сынап, ал сынды элдин оозунан, уккусу келгенсип.

– Жакшы кыз үчүн сенин жинди Кыдырбегиңди каалап калган да, болбосо жанакы Сарыгулду ээрчип кетпейт беле. Курсагы да ток, кийими да бүтүн... Айтмакчы, аныңар шаардан бир кыз апкелиптир дейби? – деди Молдоыбырайым.

– Апкелиптир, апкелмек турсун, мурунку зайыбы атасыныкынан келип, уулу экөө үстүнөн чыгыптыр. Сарыгулдун үйүнүн ичи чакчелекей түшүп, катыны сотко берди деп жүрүшөт; Молдошту ортого түшүп бер деп, жалынып жүрөт имиш... А бала сот-

пуркурорду колго алган дейт... Ал эмес военкоматта да өз кишиси болсо керек, болбосо аскерге албайт беле! – Сулайман кагынып, ачуусу келип кетти. – Көпкөн да, иттин баласы! Атымды жайдактап, отко коё турган мезгил болуп калды окшойт: Эртең эрте кетем. Жеңе, берериңди камдап кой. Калыйча сыртка чыкты.

– Келиним жакшы эле деп, атасы бу жерде ыйлап жүрөт, а балаңар бирди көрөт,– деди Молдоыбырайым ичинен Сарыгулдун атасын аяп.

– Бала силердики, иштегени бизде, жаткан бир оңбогур экен, эл «атаңа наалат!» – деп калышты. Курсагы ток неме көрүнгөн келин-кызга.– деди да, Сулайман сөзүн бүтпөй оозун басты.

– Апкелген кызы кантиптир? – деди Молдоыбырайым кызы Шуруну тиктеп. Кичинекей тегерек үстөлдө сабак жазып отурган кызы булардын сөзүн тыңшап калган эле. – Э, Шуру, апаңа барчы, кампада эмне кылып атат экен? Сенин идишиң барбы, Сулайман?

– Бар, бар, канжыгамда.

Бар, апаңа айт,– деди Молдоыбырайым кызын атайы чыгаргысы келип...

– Апам канжыгадагыны көрбөй коймок беле, сабагым бар,– деп, Шуру кыйыктанды.

– Бар дейм!

– Апкелген кызы,– деди Сулайман Шуру чыгып кеткенден, кийин,– апкелген кызы кетем деп кеталбай, калам деп калалбай жатат дейт. Сарыгулдун мурунку зайыбы кайта үйүнө кирип алып, экөөн тең кууп чыгыптыр. Сарыгул урган экен, доктурдан спрапке алыптыр. Жаңы келгени көчөдө басып жүралбай, бирөөнүн үйүндө отурат имиш. Бу жердин соту карабай койсо, облуска бериптир дешти го. Бул эмне, Молдоке, Сарыгул Берметке да сөз салган бекен.

– Абдан киришкен экен, Караколго чейин барып, Чотур менен менин сыртыман Жамалканга, Берметке айтпагандын баарын айтыптыр. Берметтен кагуу жеп, эки колун мурдуна тыгып, кетти деп жатышкан. Берметти шаардан деле көрүп жүрөм, мага жибектей эле созулган кыз көрүнөт. Шайкелеңи жок. Жа-

накы апкелген кызы кайдагы неме экен? Жүр, тетиги үйгө кирип кетеличи, жанакы кыз келип сабагын окусун, э Калыйча! – деп Молдоыбырайым Сулайманды ээрчитип, төркү үйгө кирди.

Калыйча кирип:

– Баарын жайлаштырып койдум,– деди булардын жанына отуруп. – Эмнени кеп салып отурасыңар?

– Э жеңе, келин деп Молдокем өпкөмдү көптүрүп койду. А кыз, Молдоке, институттан имиш.

– А, анда Бермет келиниң менен бирге окуган неме шүкүлдү, бүтүртпөй апкелгендир эр сары – деп, Молдоыбырайым күлдү.

– Ким билет, иши кылып, эки катындын ортосунда калып, айласы кетип турат дейт. Андай болсо Бермет Кыдырбектин убадасы бек экен го? Болсун, болсун. Чотурдун байбичеси Канышайым баякы жаманчылыкта да, кийиңки жаңылыштыкта да бизден кыйын күйүнүп, бизден кыйын сүйүндү эле. Ошо киши бирдеме билип жүрбөсүн? Э жеңе, сиз кандай дейсиз?

– Билсе билер, кызы экөө эң эле сырдаш болчу,– деди Калыйча.

– Айтмакчы, жакында кызына да барып келди деп уктум,– деди Сулайман жашырын, бирдеме айткансып, шыбырап.

Сулайман бул үйдүн ээлери менен түн ооганча сүйлөшүп, сөзгө да канбай, уйкуга да канбай, жүрөгү тоодой болуп сүйүнүп, эртеси айлына жүрүп кетти.

## XII

«Кайсы бир кишилер кайгыга да, кубанычка да морт болот экен. Мен кайгырып көрдүм, сүйүнсөм эмне болор экемин?» деген эле Бермет күндөлүк дептериндеги жазуусунда. Капыстан Кыдырбектин каты келгенде конверттеги Кыдырбектин өз колу менен жазган тамгаларды өз көзү менен көрүп турса да ишенбей көздөрү алайып, тамгалар чоңоюп, окулбай, жайылып кетти. Катты мыкчый кармаган бойдон бир жаакты көздөй шыпылдай басты, эмнеге баратканын да билген жок. Берметти көргөндөр өңү бузулуп, купкуу болуп, энтигип бараткан бу кызга эси чыгып таң калып тиктеп, көпкө артынан карап калып

жатышты. Акыры буту шилтөөгө келбей, дем алалбай күйүгүп, Бермет жыгылды. Көкүрөгү жарылып кетчүдөй ийни менен дем алып: «Кыдырбегим… Кыдырбегим… Кыдырбегим» деп, араң оозун кыбыратып жатты… Ушу калыпта канча убак жатты, Бермет аны да билген жок.

...Бермет көзүн ачып, баш жагында эңкейип, эриндерин кыбыратып, колуна бир кружка суу кармап, бирдеме деп турган, улгайып калган, ак жуумал орус кемпирди көрдү.

– Эмне болдуң… кызым? – деди чоочун аял.

Бермет акырын, уялыңкы ордунан турду; тегерегин карап, чоочун бирөөнүн короосунда турганын көргөндө «Тааныш бирөөлөр көрүп, шерменде болдумбу?» деп, өзүн өзү күнөөкөр сезип, чоочун кемпирге муңайым жылмайып, андан бетер уялып сурады:

– Эне, мен эмне болдум?

– Мен сени ит кууп, же бирөөдөн качып келатабы дедим эле, катуу жыгылып, бир жериң ооруп калган жокпу, кызым? – кемпир Берметтин үстүн каккылады. – Ме, суу ишчи…Бермет каны катып калгансып, кружкадагы сууну бүт ичти.

– Мен сиздин короoңузда кичине отуруп турайынчы, эне,– деди Бермет, муздак сууга какшып калган тамагы жибип, кемпирдин ажардуу бетине тиктеп, ракмат айтып.

– Отур, отур кызым, отуруп эс ал, тигине отургуч, эс ал,– кемпир жаналы калбай, бөйпөңдөп калды.

Берметтин алдында өз энеси Канышайым бөйпөңдөп тургансып, ушул кемпирге башкача мээри түшүп гүл, бак, жер жемиш тигилген короонун ичиндеги кичинекей скамейкага отуруп, колундагы конвертти тиктеп, акырын конвертти ачып, окуй баштады. Кемпир огороддун ичинде бирдемелерди кармалап, сарамжалын кылымыш болуп, эки көзүн Берметтен албай, карап коюп жатты. Жазгы күндүн жыпжылуу нуру тийип, чымчыктардын чыртылдап, көпкөк болуп, акырын ыргалып турган бак көшүлүп тургансып, короо тыптынч. Ушу мемиреген тынч, таптаза короодогу скамейкада отурган Бермет ушу жерде туулуп, ушу жерге байыр алган кол бала сыяктанып, жарашып,

карасур өңүнүн бир тарам эти былк этпей, бирок жоодураган бадырайыңкы көздөрүнүн топтомолок, мончоктой жаштары акырын шорголоп, жайбаракат ак кофтачан акирегине, окуп жаткан катка тамчылай берди.

Аялдын үнү акырын угулду:

– Сага эмне болгон, кызым?

– Кат... Өлдү деген кишиден, эне...

– Өлдү деген? Тирүү бекен? – Кемпирдин ак жуумал өңү купкуу болуп, дирилдеп, эриндери калтырап, каны качып, жаш балача эмшеңдеп, ыйлап жиберди.

– Уулум, уулум... Сынок мой, сынок...– деп, кемпир жоолугунун учу менен көзүнүн жашын аарчып, колун ээгине такап, Берметти тиктеп калды.

– Сизге эмне болду, эне? – деди Бермет, эси чыгып кемпирге карап,– сиздин балаңыз... эмне болгон?

– Жок дейт, дайынсыз дейби, жок имиш. Сенин кишиң эмне болду эле?

– Дайынсыз жоголду дешкен....

– И, эмесе менин баламды да ошентишкен. Тирүү бекен? – кемпир ишенбегенсип, кайта сурады.

– Тирүү мына өзүнүн каты.

– Анда менин уулум да тирүү турбайбы? О кудай! Ушу чынбы, кызым?

– Чын, эне, сиздин уулуңуз да тирүү, келет уулуңуз,– деди Бермет, кемпирди сооротуш үчүн эмес ишендириш үчүн. Эми «дайынсыз жоголду» дегендердин баары калп, жаңылыш көрүнүп, Берметке булардын баары тирүү, кайта кайтчу кишилер өңдөнүп кетти, буга өзү да ушул учурда чыны менен ишенип турган эле.

– Айтканың келсин, балам, кудайдан болуп тирүү болсо... Ал кимиң эле?– Кемпир кайтадан өңүнө кирип, ак жуумал, купкуу болуп, үмүттүү жылмайып турду.

Бермет бир топко ойлонуп калды. «Айтсамбы, айтпасамбы? – деди, ичинен Бермет. – Эмне үчүн айтпайм? Мен өз энемдей болуп, үстүмө түшүп, кошо ыйлашып турса... Өз энеме айтпадым

беле, айтмак турсун кошо ыйлашып, жыгылган жеримен кош колдоп тургузуп, өйдө кылбады беле? Энемен эмнесин жашырам?»

– Это мой жених, бабушка… – деди Бермет, көзү нурданып, жалжылдап, кыпкызыл болуп жылмайып.

– А-а!.. – деди кемпир, Бермет менен кошо болор-болбос жылмайып. – Бактылуу кыз экенсиң, балам, күйөөң да бактылуу экен. Ошондой, айтам да… Эстен танып бир топ жатпадыңбы. Анан, эмне мынча элден качкансып чуркадың?

– Элге көрүнбөй жалгыз болоюн дедим эле, билбей калып, сиздин короонузга келип жыгылган турбайымбы, сиз көрүп койдуңуз, эне,– деди Бермет дале уялып.

– Уялбай эле кой, кызым, абийирдүү болот экенсиң, уяты жок кубанса да, кайгырса да обу жок болуп кетет. Андайлардын кайгысына да, кубанычына да киши ийип кетпейт, кайта ишенбей, күлгөндөр болот, балам. Сени мага кудай өзү айдап келген экен, көңүлүмдү көтөрүп, чоң үмүттү кылып койдуң. Мына, балам, жакшы көрсө күйөө ошондой болот, башкага мынчалык эс-учуңду жоготуп, тоголонбойт элең,– деди кемпир Берметти эркелетип, жел учуруп, бетине, көзүнө түшүп бараткан саамайларын артка сылап.

Бермет кемпирден бирдеме сурайын деп барып, кыпкызыл болуп, кемпирдин бетине тиктей албай, жер карап кетти.

– Уулума күндө отуруп төлгө салам, карта ачып. Келчүдөй эле болуп түшөт. Көп сыйлык алган имиш. Уулум келинчеги менен бу жерде заводдо иштечү, жаңы эле үйлөнүштү эле, эми деле келиним иштейт, колумда, абышкам да ошондо иштейт, мен огородду эрмек кылып, тамак жасап турам. Келиним унчукпай жүрүп атат, кетем десе, жаш немени кармамак белем, мейли дейин деп жүргөмүн. Эми бүгүн келгенде айтам, абышка экөөнүн, тең сүйүнүп жаны калбас. Анан кечинде келсең…катыңды алып… Орусча жазыптырбы же өзүңөрчөбү? – Кемпир Берметке бат эле байыр алып ага качантан берки өз кишисиндей болуп кетти.

– Мындан мурункулары кыргызча болчу эле, бу сапар орусча жазыптыр,– деди Бермет, барган сайын бу кемпирди жакшы көрүп.

– Ошону апкелип окуп бер. Атың ким, айланайын?

– Бермет.

– Менин атым Анна Ильинична дешип коёт, абышкамдыкы Кирилл, келинимки Клава. Кечинде келесиңби?– деди кемпир, жалынгандай, муңайым жылмайып.

– Келем, эне,– деди Бермет, чыны менен келе турган болуп. – Сөзсүз келем.

– Окуйсуңбу, иштейсиңби? – деди Ильинична, Берметтин кийимин, колун карап.

– Окуйм, мынабу институтта,

– А жакын турбайсыңбы, кел, садага болоюн, мен кечинде жакшы бирдеме жасап берем, кел, кудай берген кызым... – деди кемпир, Берметтин маңдайынан өөп. Келем, эне,– деп, Бермет кайта айтты.

* * *

Эми Берметтин көңүлү чайыттай ачылып, мүлдө боюн астын-үстүн кылып солкулдаткан катуу толкундун эпки акырын тымып, аны муңайым кылып турган учур эле. Киши кайгырганда да, кубанганда да жүрөктүн катуу калкылдашы чарчатып, ал эмес муунун бошотуп, шалдыратып таштамасы болот; Бермет да мына ошондой болуп шалдырап, өзүн таалайлуу сезгенден башка оюна эчтеме келбей, көзүнө да эчтеме көрүнбөй келатканда бирөө капыстан чакырды:

– Бермет!

Бермет капыстан чыккан бул үндөн селт этип чочуп кетип, токтоп калып, тегерегин карады. Туура жагынан эки бети кыпкызыл болуп, Сабийра келаткан эле. Берметтин жүрөгү шуу дей түшүп, бир жаман, түрү суук бирдемени көргөндөй, бүткөн бою жыйрылып, мупмуздак болуп, эти майда ийне менен сайгылагандай сайгылашып, итиркейи келип кетти.

Сабийра жанына келгенде оозу оозуна тийбей, уятынан кызарып кеткен бети купкуу болуп, калчылдап турган эле.

– Бермет, балакетиңди алайын, Бермет!.. – деди Сабийра, сүйлөй албай каргылданып,– кол сунсам колумду албассың, билем, албайсың, өзүм да кайсы бетим менен колумду сунам?

Жүрчү, мынабу ээн жерге барып, бир ооз сөз айтып туруп, анан... жоголоюн!.. – Сабийра шорголоп бараткан көз жашын аарчып алып, жалынып жиберди. – Эл өтүп турат... Бермет! Айланайын... эжекем... акылманым!..

Ошо замат Бермет Сабийрага боору ооруп, бир жагынан жаны ачып, түтпөй кетти да «жүр» деп, ээрчитип алып, көчөмө көчө кыдырып жүрүп Кыргыз көчөсүндөгү парктын бир ээн жериндеги скамейкага келип отурушту.

Скамейкага отурар замат Сабийра шолоктоп ыйлап, ыйын басалбай, жамажайынан оозуна кирип жаткан көз жашын жутуп, мурдун тарталбай, солкулдап кетти.

Бермет Сабийранын ыйын тыйган жок, унчукпай, өз жайына койду. Анткени Сабийранын каргашасын дароо, сөз айттырбай билген эле. Көз жашына жуулуп турган Сабийра бир аз өпкөсүн басып, арыз-муңун баштады.

– Бермет мен сенин жолдоштугуңа, сенин мага ишенип, өзүңө сырдаш кылып, эчтемени жашырбаган кылдат назик көңүлүңө, сезимиңе кыянат кылдым. Мени шайтан, адамдан чыккан шайтан жолдон чыгарды. Эгер мен киши болсом бул жолго түшүп, бу жолго кирбейт элем! Сенин алдыңда эки жүздүүлүк кылып, сени алдадым. Сен кээде биле жаздап коюп да, шек алып жүрдүң. Муну да билчүмүн, туйчумун, жатып алып ыйлап, өзүмдү-өзүм койгулап, өзүмдү өзүм тытчумун. Бирок... кайтадан жылан арбаган чымчыктай чырылдап туруп каргашанын ачып турган оозуна жакындап бара бердим!.. Мен эми бүттүм! Менин бүтүн жерим жок... Этимдин да, бетимдин да, жанымдын да чоло жери калбады! Эмнесин айтам? Сен өзүң мени жакшы билип турасың. Шерменде болуп алдыңда турам. Муну да жакшы билесиң... Жыгылган кишини тээп, маскаралап, табалачу киши сен эмессиң. Анткени сен өзүңдүн оюң жагыңан да, тилек, максат, адамгерчилик жагыңан да бийик турасың! Мына ошонун баарын билген мен байкуш! Сен мени байкуш дегенде мен аны тескери буруп, сенин бетиңди тырмабадым беле? Мен эми байкушмун, болгондо да сөздүн түз, чын маанисиндеги байкушмун! Ошол байкуш Сабийра алдыңа ке-

лип отурат, келгенде да атайы келип кечирим сурайын дедим. Мен байкушту кечир!.. Менин эсептелүү күнүм калды. Күнүм бүткөн, Бермет! Эми кыйкырып, чачымды жулсам да өкүнүч кайтпайт. Мен өзүмдү өзүм өлтүрдүм!.. Өлдүм!.. түгөндүм... Маскара өлүм менен кетмек болдум!.. Сени менен коштошоюн деп келдим!

Мурун Сабийраны долуланып турабы деп, ишене бербеген Берметтин бүткөн бою титиреп, көз жашы шорголоп бир кездерде жаны бирге болгон жолдошунун армандуу арыз-муңун угуп турду эле, бирок мынабу кийинки айтылган суук сөздөрдү укканда жаны чыдабай, кыйкырып жиберди.

– Бас оозуңду, Сабийра! Куурагыр десе! Эмне болуп кеткенсиң деги? Сен ушундай белең? Мынчалык менин алдыма жыгылгандай сенин мага кылган эч кандай жамандыгың жок, сен тим эле дөөрүп атасың!..

Бермет сөзүн бүтөлек эле, Сабийра сүйлөтпөй кайтадан долулангансып, кайтадан ый аралаш зыркырап сүйлөп жатты.

– Куураган Сабийра, ушундай белең дейсиң! Ушундай белем чын эле? Менин алдымда сенин кылган жамандыгың жок дейсиң! О, Бермет жаным! Менин жамандыгым жокпу? Жамандыгым эмес кылмышым бар, аны сен билбейсиң! Сени жамандап, сенин таалайың кыйылып, башыңдын жерге кирип калышын каалаган кишинин сөзүн уктум, укканда да өз кулагым менен бетме-бет туруп уктум. Сенин Кыдырбегиңди сыртынан, сенин жазууларыңдан улам жакшы көрчү эмес белем? Сени Кыдырбекке өзүм үндөп, Кыдырбектин таламын өзүм талашып, Кыдырбек жак өзүм болдум беле? Ошол өзүм жакшы көргөн Кыдырбекке өлүм тилеген кишинин сөзүн да өз кулагым менен, өз оозунан уктум! Угуп гана тим болбой, бу сөздү айткан кишинин бетин тытып алгандын ордуна ошо кишинин койнуна жатып, эркине баш ийдим!.. Мына мындан кийин менде эмненин бети калды дейсиң? Менде бет жок, менде бет жок! Анан кантип бул кылмыш болбосун да, кантип кыянатчылык болбосун!..

– Болду, болду! Шордуу Сабийра байкушум! – деп, Бермет Сабийраны кучактап, бек кысып калды.

– Кантип айтпайм, Бермет, кантип айтпайм! Сени менен кол кармашып жүралбай, калп, калтыс, кыял жолго түштүм. Бу жолго баарын билип, баарын көрүп туруп түштүм!

Эми мени кечиресиңби, жокпу, билбейм. Сен кечирсең да мен өзүмдү өзүм кечиралбайм го дейм? Бет тырмаарлык кылып, сенден эптеп ажырашканда да чындыкты, акыйкат, адилеттүүлүктү түз, бетине карагым келбей, ойлогонду да, түшүнгөндү да каалабай, турмуштан бетимди жашырып, турмуштан качкан болчумун. О шермендечилик! Маскара болуп калсам да уялбай бетимди тастайтып, көчөдө элди аралап жүрө бериш менин колуман келет экен! Аркаман: «Тетиги жашабай жатып кыз кезинен бузулган неме!» десе да укмамышка салат окшоймун!.. Өзүн пас кармаган киши өзүнүн пастигин пастик кылып жатканын билип, баарына кайыл болуп, көзүн жуумп, карама сокур болуп, көзүм көрөт – көргүсү жок, кулагым угат – уккусу жок, колуман келет – келгиси жок болот турбайбы! Ой, Бермет жаным! Сен ушундай белең дейсиң. Менин кандай экенимди өзүм билбедимби! Мен ушундай экемин. Мен үчүн токтоо, өзүмөн акылдуурак киши керек экен. Мен ошондой кишинин колуна түшпөй, өзүмөн да жеңил, эси жок, менден беш бетер чириктин колуна түшүптүрмүн. Кайран гана уздай болгон кыз чагым! Чириктин жеми, кузгундун тарпы болду!..

Бермет тыбырчылап, отуралбай кетти:

– Куурагыр десе, болдучу эми! Жаным ачып, жүрөгүм канга толуп кетти!..

– Берметим! Бир кездеги жан дешкен курбум, курдашым! Дале болсо сен мени аяп, түтпөй турасың, боорукер, акылманым. Сен али эчтеме билбейсиң! Билсең ордуңан тура качар элең…

– Жок, жок, тура качпайм, болду, айтпа, айтпа!– Бермет андан бетер жалынып, жалбарып Сабийраны бек кучактап, бооруна кысты.

– Айтпа дебе. Айтып калайын. Мен өзүмдүн кара беттигимди жашырып, өзүм менен кошо ала кетким келбейт!.. Жок, жок, айтып калайын. Менин дагы бир кылмышым бар: ичимен сени

жек көрдүм. Таң калбай эле кой, жек көрдүм. Ой, дүнүйө! Адамдын жүзү кара, пастиган көр! Тим эле сага ичим күйүп, сенин өзүңө, кыялыңа, мүчөңө, окуганыңа, жүрүш-турушуңа көзүм күйүп, ич тардык кылдым. Сендей болалбаганыма ардандым. Артыкча жанакы сени уулап жүргөн шүмшүк менен жакындашкандан кийин бу күчөдү. Катындык кылып, ошонун таасирине кириптирмин! Мына эми мен эркекти көрдүм... Сен чанып, сен жек көрүп, сен бетин карабай койгон эркекти көрдүм. Аны мен эки жүздүүлүк кылып, жашырып жүрүп көрдүм. Кээде мен сага да ишенбей, таалайым ушу киши менен ачылар деп да ойлочу элем. А байкуш киши, жан киши туйбаган санаасы! Санаа менен бай болдум: таалайды өз колум менен жасап, кандай болсо да өз колум менен киши кылып, сага окшогондорду тепсеп кетем дептирмин! Тепседим! Мына эми өзүм тепсендиде калып отурам. Эми мен кайсы бетим менен эл көзүнө карайм? Кантип тастайып, сенин жүзүңдү көрөм?..

– Сабийра! – деди Бермет, көз жашын ирмеп, жалынып туруп. – Сабийра! Мен баарын кечирейин, мына кечирдим, сен койчу! Эми болду, эми айтпа, мен түшүндүм...

– Жок, айтып калайын! – деди, Сабийра болбой, долулanganы андан бетер күчөгөнсүп.– Мен топурак менен аралашып, куу сөөк болуп жатканымда сен ачылган гүлдөй жаркырап, Кыдырбегиң менен басып жүрөсүң. Мен Кыдырбегиңдин амандыгын уктум. Куттуу болсун... Мен баарын көрүп турам... Көрүп турам, Бермет. Өзүңөргө окшогон уулуңар, кызыңар бойтоңдоп, чолок шым, арчындаган чолок көйнөк кийип, аркаңардан ээрчий басат. Мына ошондо мен эсиңе түшүп кетсем мени Кыдырбекке айтып, байкуш деп, аяп койгун. Анткени мен ичимдеги кылган кылмышымдын бирин да калтырбай, баарын айттым... Садага болоюн Бермет, мына, сенин Сабийраң, мурунку сен жакшы көрүп, сен сыр жашырбаган Сабийра... алдыңда турат...

– Көрдүм, көрдүм, сен баякы эле Сабийрасың, баякыдай эле жакшы көрөм, сөзүңдү, жаман сөзүңдү, жаман оюңду койгун жөн сүйлөшөлү,– деди Бермет Сабийранын бетин, көзүн, жоолугу менен сүртүп, өзүнүн да көзүн аарчып.

Сабийра оор улутунуп алып, бир топко унчукпай, жер карап турду. Делбе болгонсуп долуланганы кайтып, көз жашы да түгөнгөнсүп, ыйлабай, жоошуп, уктап кетчүдөй болуп, көзүн жумуп, момурап баратты. Бермет сөз катпай, Сабийраны карап отура берди. Анан Сабийра акырын башын көтөрүп телмирип Берметти тиктеди. Бу көздөр бир кезде Берметке жакчу эле. Күлүңдөп, качан болсо жайнап тура турган. Эми бу көздөр убайымга толуп, ооруган кишиникиндей киртийип, көзүнүн актары бопбоз болуп, суукtаган кишиникиндей көгүш тартып, эриндери да кеберсип, өңү да шапайып, эки жаагы сорулуп, Сабийра киши таанығыс болуп өзгөргөн эле. Бул өзгөрүүлөрдүн себеби эмне? Сарыгулду Бермет билчү эмес эле го? Сарыгул ким, кандай киши, турмушу кандай? – аны менен Берметтин иши болгон эмес. Сабийра Сарыгулдун эмнелигинен аны кечип, эмнесинен безип, мынчалык зыркырап келди? Мынчалык аз убакыт ичинде мынчалык өзгөрүштөрдүн болушу капыс бирдемелерге байланыштуу болушун Бермет сезип, бирок Сабийрадан сурагандан уялды, аны орунсуз көрүп чыны менен аяп, аягандан башка сезими болбой, буга кантип көмөк берип, жаманчылыктан кантип алып калышты ойлоп турду. Берметтин аяп, боору ооруп турганын Сабийра да билди.

– Мен сенден сурарым,– деди Сабийра, акырын, чарчап, шалдырап турган кишиче,– менин жайымды кишиге айтпа...

– Сен дөөрүбө, андан көрө жүр институтка,– деди Бермет чын пейли менен, бирок студенттер Сабийранын күйөөгө кетип калганын биле турганын эстеп, унчукпай, ойлонуп калды.

«Балдар болсун, кыздар болсун, муну күлүп жүрүп өлтүрбөйбү? Андан көрө муну бир жакка которуш керек...» деди Бермет, кайда которушту, кандай которушту билбей.

– А-а Бермет, сен дале мени түшүнөлек турбайсыңбы! Мен баятадан берки сөздөрдү сага бекер айтып отурамбы? Мен баарын таразага тартып, өз тагдырымды өзүм чечип бүтүп, сага гана жолугуп, кечирим сурап, өз арманымды, – баарын, баарын айтып кетейин деп, атайы келип отурбайымбы!..

– Түшүндүм, түшүндүм, айтпа, айтпа! Мага келген болсоң мен сени колумдан чыгарбайм. Билип кой. Сенин оюңду мен

билдим. Муну киши укпасын. Сенин оюң жеңил ой. Аны өзүң деле билип турсаң керек. Куру намысты койгун, курбум. Куру намыс баш жарат дейт, кыргыздар. Сен өзүңдүн ким экениңди унутуп калдыңбы? Ойлочу...

– Ойлодум, Бермет, ойлоп отуруп ушуну иштегени отурам. Анткени аргам куруду. Институтка кантип барам? Балдардын бетин кантип карайм? Сага гана кокустан жолугуп, сага жолукканыма төбөм көккө жетип турат! Кантип көрөм деп келдим эле.

– Мага эле келдиң беле? – Сабийранын чын-жалганын билгиси келгенсип, Бермет курдашынын үңүрөйүп бараткан көздөрүнө тиктеди. Сабийра чынын айтып турган эле.

* * *

– Кана эми, айтчы, ишиң теги оңолду, эмне болдуңар эле? Эми мага сенден бирдеме суроого болотко дейм? – деди Бермет, күлүп, Сабийранын маңдайына отуруп алып.

Булар Сабийранын шаардагы жеңесинин үйүндө отурушкан. Сабийранын жеңеси иштечү, байкеси армияда.

Бермет институттун комсомол комитети, деканат, алар аркалуу институттун директору менен сүйлөшүп, Сабийрага бир жылдык отпуска беришти. Бул бир жылдын ичинде Сабийра агартуу кызматында иштемек болду. Муну да тийиштүү жерлер менен сүйлөшүп коюшту. Сабийранын баякы «өлөм, жоголом!» дегендери тым-тым болуп басылып, Сабийра акырындап адам калыбына кирип келаткан болучу.

– Мен мурун сени менен жолугушка бетим чыдабай, сага кат жазып, бу катка айтарымдын баарын бүт айтып, өзүм... эми айта берейин, бирдеме болуп өлөйүн дегемин...кандай кылып, кантип өлөрдү ойлогонум да жок. Бирок сен эле көз алдыман кетпей туруп алдың. Өлгөндөн да сага жүзү кара болгон бойдон кетиш мага кыйын болду. Кудай урсун! Кишинин өлөрүндө өлүмдөн кыйын артында калчу пушаймандары, өкүнүчтөрү болот турбайбы, а тим эле өлүп кетсе өлүп эле кете бере турган. Эми суроооңо жооп берейин. Эмне болдуңар эле дейсиңби? – деди Сабийра, кичине өңүнө

кирип, көздөрү да ордуна келе баштаган неме, муңайым тартып, жайбаракат сүйлөп. Сабийранын дале болсо эки жаагы сорулуңку, өңү шапайыңкы, муунуна кирелек кишиче чарчаңкы болучу. Муну жакшы билген Бермет Сабийранын жанынан чыкпай, бирге жатып, бирге туруп, жетегине алып жүрүп жаткан.

– Эмне болдуңар эле дейсиңби? – Сабийра, унутуп калгансып, дагы кайталады. – Өлгөндөн да мына ушул өңдүүнү айтуу кыйын экен, Бермет. Ал шүмшүк мени менен сүйлөшүп жүргөндө мени таптакыр алтынга карк кылып салган болучу. А мен байкуш эркектин жылуу кучагына алданып эле, алды-артымды ойлобой, көзүм сокур, кулагым дүлөй болуп, жүрө берген турбаймбы. Ой эси жок эселектик дечи! Кыз ушинтип алданат тура. Мен өзүмө окшогон жеңил-желпилерди айтам... Районго барганда бир-эки күндөн кийин көчөгө чыксам эле элдин баары мени карагансыйт. Эки-үчөө болуп бирге баратса бирин-бири түртүп, кужулдашып сүйлөшүп, колу менен мен жакты көргөзүп, кээде каткырып күлүп калышат. Мен аң-таң болуп, киши келатса эле бетимин оту чыгып, жер басалбай уялчу болдум. «Булар эмне, мендей кишини көрө элек немелерби? Ошончолук эле мен башкача болуп көрүнүп жатамбы»? деп, жаман болуп жүрдүм. Жанакы шүмшүктөн сурасам, «Атасынын көрү, сендейди көрөлек немелер таңыркап жатышпайбы, сулуу болсоң кийимиң алардыкындай болбосо... Аларды калхозчу дейт» деп, мас күлкүнү салган. И-и... десең, күндө ичип келчү, үйдө жалгыз эле отурчумун, эшикке чыксам жанакыдай... Бир күнү бир бала ээрчиткен жаш аял кирип келди. Кирип келди да, мени көзүнүн огу болсо атып жиберчүдөй алайып карап, кара көк тартып энтигип, босогодо туруп калды.

– Кош, сиз ким болосуз, бийкеч?

Эсим чыгып, оозума сөз кирбей калды.

– Ушул үйдөн таалай табам деп келгендирсиң, мен да бал тилин салган сөзгө ишенип келип, моминтип баламды жетелеп көчөдө калдым. Сен да мага окшогон куурагыр окшойсуң!.. Билип кой, бийкеч, мен да сага окшоп келип, ушу күндү көрүп отурам. Оорулуу болдум, доктурга түшүп жүрөм. Бирок сенден орун талаша-

йын деген нээтим жок. Анын бетин нары кылсын! Мени атамкына жеткизип койгондон бери бир кайрылып келген жок, келмек турсун балама бир сомдук оюнчук же бир көйнөк алып берген жок. Эми ушул шүмшүк менен эсептешейин деп келдим. Менден коркпой эле кой,– деди. «Шүмшүк» деген ошо кишинин сөзү.

Мен бирдеме деп оозумду ачкыча шүмшүк кирип келди. Кирип келери менен өңү бузулуп, сөзгө келбей эле: – «Жогол!» дебедиби. Баласын да эркелетип, сылап койгон жок. Заматтын ортосунда баякы Сарыгул жок болуп, мыкачы пайда болду. Аялын сүйлөтпөй, баласын чыркыратып, уруп, тышты көздөй сүйрөдү. Мен бир жагынан чыркырап, ортого түшүп, тиги аялга болушуп, баланы ала койдум. Мына ушул учурдан баштап, мен жанакыны жек көрүп кеттим. Көзүмө эчтеме көрүнбөй:

– Урба, жазыксыз аялды урба! Шүмшүк! – деп жибердим.

Мыкаачы мен жакка бурулду. Көзү кыпкызыл болуп канталап турган экен.

– Мен шүмшүкмүнбү? Сен муну кимден үйрөндүң? Мына мынданбы? – деди да, зайыбын тепкилеп кирди. Мен аялдын үстүнө түшө калсам, мени да тээп жиберди. Баласы экөөбүз тоголонуп кеттик. Ызы-чууну уккан кишилер чуркап келди. Жулунган мыкаачыны араңдан зорго бир жакка алып кетишти. Короодо шүмшүктүн баласы менен эки аялы калдык. О шермендечилик!

– Айтпадым беле? Ушуну көрөсүң дебедим беле? – деп, аял оозу-мурдунун каны менен мени кучактап,– кагылайын сиңдим! Көөнүңө алба, мен бул шүмшүктү сотко берем! – деп, ыйлап аткан баласын жетелеп, чыгып кетти. Бу жерде туралбасымды билип, мен да качтым. Мына көргөн, билгеним ушу. Кара жүздүүлүк кылып жатып тийген күйөөм тиги болгондон кийин намысымдан өлөйүн дедим. Сен болбосоң өлөт деле болчумун. Карып кетиптирминби?– деди Сабийра, Берметти тиктеп калганын байкап. – Жаманчылык башка түшсө киши бир эле күндө өзгөрөт экен. Селки болуп, селкилдеп жүрөм деген жаным көрдүн оозунан кайттым. Дагы карасаң, жолдошчулугуңдун асылдыгын, болбосо бетиме карабай койсоң эмне кылат элем, өлгүчө сага ыраазымын, Бермет жаным…

– Колко кылган киши жок, анда жолдоштукка жатпас эле, андай ойлобо, сенден сурарым: мындан кийин чеберде, өзүңө бек бол, дагы… – деди да, өзүн акылдуу көрүп, Сабийрага насаат айтып тургандай болбоюн деп, Бермет сөзүн токтотту.

Сабийра муну сезип:

– Эми мурункудай ишенбей калдың го? Билип турам, кантип мурункудай болмок элең? Болалбайсың, жипкирип, көңүлүң калып калбадыбы. Кантейин, келечекке койдум,– деди Сабийра, ыйламсырап.

– «Адашкандын айбы жок, кайта үйүрүн тапкан соң»– деп, апам эле маселдетип, сөз айтып калар эле. А көрсө ушундайды айткан турбайбы. Мен кекчил эмесмин, нары мага жакшылыктан башка жамандык кылган эмессиң. Эсиңде барбы, мен олку-солку болуп турганда Кыдырбек жакка сен оодарып кеткенсиң. Сага ушу күнгө чейин ыраазы болуп жүрөм,– Бермет акырын жылмайып, Сабийрага мээрин салып, көзүн бадырайтып, жайдары тиктеди.

– Садага болоюн, акылманым эжекем…– деп, көзүнөн жаш ыргып кетип, Сабийра Берметти кучактап калды.

## XIII

Оролдун буурул түндөрү сонун да! Аппак болуп таң аткансып, күүгүм кирер менен кайтадан түн агарып, жапжарык болот да турат. Качике Ленинградда буурул түндүн учурлары келгенде жайдын күнү далай жолу таң атып калдыбы деп, ойгонгону эсинде, бирок ал кезде а түндөрдүн кооздугун көп биле берген эмес болучу. Электрдин жарыгы менен шаардын дүңгүрөгөн ызычуусу кошулуп, Качике бир жатып, бир турганын эле билчү.

Качике жайкы лагердин четиндеги өз постунда оң ийиндеги мылтыктын брезент боосун бек кармап, аркы-терки басып, жайындагы кызыл карагайлардын калың бутактарынан, булбулга мукам сайраган чымчыктын үнүн тыңшап, буурул түнгө, тегеректин жапжарыгына суктанып, көкүрөгү шыкка толуп, көңүлү көтөрүлүп, ырдагысы келип турган чагы. Бала кыялдуу Качикенин азыр ошо

кыялы кармап, култуңдап балача сүйүнүп, элдин баарын жакшы көрүп, элдин баарына балача күлүп, эркелеп, дүнүйөнүн көркүнө, турмуштун кызыгына батып, сайраган түнкү чымчыктарын, туптунук асмандагы бадырайган жылдыздарды көрүп, тиричиликке, сулуулукка көзү тойбой турду. Саша, Апсамат, Люсалар көз алдына келип, жылмайып күлүп, булардын мойнуна асылып, эркелеп кеткиси келди. Мына ушундай ыйык сезим менен турганда зайыбы эсине түштү да, дүнүйө кайтадан капкараңгы болуп, тунжураган түнгө айланды. Эгерде Качике бала кыялдуу, болбосо мындай бат өзгөрүп, кээде өтө эле бат кубулуп турбайт эле.

Ошо бала кыял Качикенин көкүрөгүнө билинбеген, көзгө да илешпеген, оңой менен байкалбаган, бирок, кээде Качикенин өзү да билбеген бир нерсе түйүлүп, ошол акырындап өнүп, түртүп чыгып келаткан эле. Бул өнүп келаткан жаңы өнүм Качикенин кыялына, келечегине зор өзгөрүштөр киргизе турган түйүлмө болуп, аны Чынаркан да, Апсамат да, анын кат жазышып же мурун бирге жүргөн жолдошторунун эч кимиси туялек болучу; мына азыр да зайыбы эсине түшүп кетип, дүнүйө көзүнө түн көрүнүп турганда Качикенин көкүрөгүндөгү ошол түйүлмөсү былкылдап, көкүрөктү түрткүлөп, көтөрүлүп, ойлонуп кеткен Качикени башка жакка буруп кетти. Ошо замат Качикенин көзүнө дүнүйө кайтадан жарык болуп, ай-жылдызы жаркырап турган буурул түн супсулуу, тыптынч, ажардуу көрүнүп, баары, тегерек бүт көйкөлүп, кулпурду.

...Ушул учурда Москванын позывною угулду да, Качике саат канча болгонун билгиси келип, алмашар убак болду го деп, кулак түрүп, тыңшап калды. Бир аздан кийин микрофонду титиреткен күчтүү үн чыгып, Жогорку Башкы командованиенин буйругу окулду.

* * *

1944-жылы 6-июнда эртең менен Совет Армиясы Европага өзүнүн улуу жүрүшүн баштады. Биздин аскерлер душмандын катар-катар бөгөттөрүн бузуп, Батыш Европанын Гитлердин армиясы басып алган чегине кирген эле.

10-июнда Яшиндин ротасы стажировкага, курсанттарды командирлик ыкка машыктырууну иш жүзүндө өткөрүүгө чыкты. Булар поезд менен түштүктү көздөй бет алышты.

– Биз жакка бет алдык, Костя,– деди поездде кетип бараткында Качикеге, жанындагы бир взводдош Анкудинов, аны взвод боюнча Пашка дешчү.

– Үйүң ушу жактабы?

– Ушу жакта, жакын. Зайыбым келип калабы. Кат жазгамын,– деди Пашка күлүп.

– Жыргайт турбайсыңбы, анын эмнесине күлөсүң?– деди Качике Апсаматка жазып отурган катын бүктөп. Чынарканга жазып, бирок колу барып жазалбай, тытып салган эле.

– Пашканын зайыбым бар дегенине ишенип турасыңбы? Ал сен эмес, анын баскан жеринин баары зайып!– деди каткырып күлүп Кабалов.

– Моряк эмесминби, бүгүн бу жерде болсом эртең тетиякта болом, дөңүрөк жер келсе токтой калып, дагы нарылайм, жаңы жер издейм… Бирок туруктуу бирөө бар. Колукту болсо да… – Пашка арсак тиштерин ырсайтып, шылкылдап күлдү. Орто бойлуу, чымырынан келген москоол, кыска моюн, карылуу жигит Пашка кишиге жамандыгы жок, бирок кишиден кордук көрүп, же сөздөн жыгылып, өнөгүн алдырчуулардан эмес. Пашка балдардын бир тобунан улуу болгондуктанбы, иши кылып, кандайдыр бир себеп менен Качикеге жакын болучу.

– Ал эмнең? Зайыбым дебедиң беле? – деди Качике түшүнө албай, таң калып.

– Мына азыр чоң бир тамеки ороп туруп, анан айтып берем – деди Пашка кыска, жоон мойнун толгоп, күлүп.

Качикенин көзүнө жердин нугу башка көрүндү. Токойлор сейректеп, мейкин талаа, жер таштуу кырлар көбүрөк учурап, жердин жээги кеңий баштады. Качике тегерегин карап, таптаза, мелтиреген көк шибер, айдоолордон көзүн албай келатты.

– Жериңер сулуу экен, буудай эгишет окшойт, топурагы башка экен.

– Жер дегендин соорусу ушу биз жакта,– деди Пашка. – Буудайы да жакшы чыгат, буудайынан да кыздары сулуу келет.– Ал Кабалов жакка көзүн кысты, – мына буга окшогон цыгандарды жакын жолотпойт, мокочосу бар.

– Цыган десең мага тиет, бирок мени кичинекей цыган деп, кыздар жакшы көрчү эле,– деди цыгандай капкара Мишка.

Кабалов дароо мактана өзүнүн аялдан жолдуу экенин узун сабак аңгеме кылып сүйлөдү.

– Биздин кыздар так сага окшоп көп сүйлөгөн кишини жаман көрөт,– деди Пашка былкылдап күлүп. Пашканын өңү купкуу, бирок кашы карарыңкы келип, каштек койгонсуп, жарашчу эмес. Анкудинов Пашка взводдун ичиндегилердин баарынан бөлүнүп туручу. Пашка айылдагы оозунан да, колунан да келген, тың, колдон суурулуп түшкөн эпчил, өз теңдүүлөрдүн арасында колу ачык, жорочул, түз, кыялы кээде катуу, көк, тоң моюн да, ак көңүл да болуп кетмеси бар, зөөкүр, үлпөтчүлүктү, аялдарды жакшы көргөн жигиттерден эле. Өзүнүн сырын жашырбай кылган кылыктарын айта берип, балдардын ичин эзип салучу.

Пашка жоон орогон самосад тамекисин буркуратып, кыска мойнун андан бетер желкесине чогултуп, аңгемесин баштады.

– Айылдагы кыз-келиндерге чаң салып бүт айылды башыма көтөрчүмүн,– деди Пашка арсак тиштери менен тамекини тиштеп, улам-улам соруп, беттерин бырыштырып күлүп. – Бүт айылды үркүтүп, ичип алганда көөнүмө жакпагандар менен чатакташчумун.

– Сага окшогон суу жиндини тыя турган киши чыкпаган экен да? Мен болчу болсом масың тарагыча суруга байлап коюп, өгүздөй өкүртмөкмүн! – деди Кабалов.

– Сага окшогон эмес, сенден кеткендери да чыккан, сен эмне болуп калыптырсың! Байлайбыз дегендердин далайларынын оозу кан жалаган, чоролорум менен чыкчу болсом… Андан көрө кудай өзүмө ынсап берип, кийинчерээк көп чоголдук кылбай калбадымбы,– деди Пашка мылжыйып күлүп.

– Эмне болуп? – деди Качике.

– Катыным! – деди Пашка арман кылгансып.

– Катыным эмес колуктум дебедиң беле? – деди Качике кайтадан түшүнбөй.

– Катыным болбогондо эмне, кайда болсо, мен чатак чыгарган жерге барып, алдап-соолап алып кете турган. Ошентип жүрүп, акыры Аннушкама баш ийдим. Кээде ортого түшпө деп, уруп да койчумун.

– Колукту кезинде элеби? – деди Качике оозун ачып, таң калып.

– Колукту эле кезинде. Азыр деле колукту бойдон,– деди Пашка арсак тиштерин андан бетер арсайтып, жылмайып. Пашканын күлкүсүндө кандайдыр бир жылдыздуулук пайда болуп.

– Калп айтат, мындай кишиге колукту эмес кайын да токтобойт. Эри жок бузук бир катыны болгондур, өлтүрүп койсо мындан да ажырап каламбы деп, ажыратып жүргөндүр да. Кыз неме мунун арак ичип, мушташкан жерине кайдан барсын, анын үстүнө таягын да жеп...– деди Кабалов күлүп, буга балдар да кошо күлдү.

– Эгерде мунуң чын болсо Аннушка сенин эмнеңе кызыгып жүрөт? Же кыз кезинде эле башын байлап койдуң беле? – деди, кичинекей цыган Мишка.

– Андай эмес, кыз кезинде жойлогондорум да толуп жатат. Аннушка аны деле билчү, өзүнө ушу күнгө чейин тиелекмин,– деди Пашка солк этип койбой. Кыргыздар мындайларды «мурдуң балта кеспеген неме» деп коёт. Пашка анык мурдуң балта кеспегендерден эле.

– Мунуң чын болсо Аннушкаң соо жүрдү дейсиңби? Далайлардын колунан чыккандыр? – деди Кабалов чымчып, катуу шылдың кылганды, кээде шалпып сүйлөгөндү жакшы көргөн старшина.

– Мен жүргөндөн кийин сен деле жүрө бер десем өзү болбойт,– деди Пашка, Аннасы анын тилин албаганга таарынгансып.

– Коркот да, өлтүрүп коёт деп коркот,– деди Мишка.

– Мен коркуткудай биринчиден, айбан эмесмин, экинчиден, катынды коркутуп тыялбайсың жүрсө жүрө берсин деп, чыным менен айткамын. Кызганмак белем? Колум менен кармап жат-

сам да, өзүнө ынсап бербесе… болмок беле! – деди Пашка чегип жаткан тамекисинин түбү эле калып, колу да, оозу да күйүп, андан бетер тырышып тартып.

– Катынга да ушу тамекиге тырмышкансып тырмышса керек,– деди Кабалов; балдар күлүп калышты.

– Мына муну туура айттың, өлүп кете жаздайм,– деди Пашка ичин тырмап күлүп жаткан балдар менен кошо күлүп. – Ансыз аялдарды сүйүп эмне кереги бар?

– Сүйбөгөндөчү? – деди балдардын бири.

– Сүйбөгөнгө барбайм,– деди Пашка.

– Катынпоз турбайсыңбы? – деди Кабалов.

– Эмне десең ошо де! – Пашка кайтадан тамеки ороду.

– Эмичи?

– Эми тыйылгансып калдым.

– Мында аял көрөлек балдар бар, башка кеп салбайсыңбы?– деди курсанттардын ичиндеги жашыбырак калганы, Сафронов.

– Сенин митаамдыгың ушу аялдарды алдаганыңбы, Паша? Чыныңы айтчы, Анна сенин зайыбыңбы же колуктуңбу? – деди Качике Пашанын мурун баштаган сөзүн айттыргысы келип.

– Айтпадымбы, колуктум. Болгондо да жанына жолой элек колуктум.

– Аны эмне, кийинкиге сактап жүрдүң беле? – деди Кабалов атайын балдарды күлдүргүсү келип. Бирок балдар күлө турган болуп барып, кайта токтоп калышты.

Булар Пашанын сөзүн уккусу келип турган эле. – Старшина сен сөздүн баарын тамаша менен жокко чыгарганы турасың. Сенин болсо зайыбың жок, сага аял да оңой менен тийбейт, тийсе да сендейди сүйбөй, ойнош кылат, анткени сен жемекорсуң…

– Өзүңчү, өзүң? – деди Кабалов балдардын күлүп жибергенине ызасы келип, Пашанын сөзүн бузуп.– Сага окшогонду турмушу жок тентиме эркек дейт.

– Аны сенден кийин зайыбым жакшы билет, менин ким экенимди. – Балдар дагы күлүп жиберишти. – Билгенде да укмуш: калп айтып кутулайын десем көзүмө карап туруп билип

коёт. Нечен жолу калпты жакшы эле жасап, коздоп айттым, баарында тең билип койду. Айлам кетип, сен деле жүрө бер, менин ич тардыгым жок десем, сөзүмдү кайта уят кылып, «бирөөбүздүн эле жүргөнүбүз жетер, экөөбүз тең жүрсөк башаламан болуп, эмне экени билинбей калат!» деп, сүйлөтпөй койду. Аскерге кеткенде «Күтпөй эле кой! десем, «Күтөм» деп, ыйлап туруп алды. Анан эмне кылайын, урамбы? – Балдар күлүп да, ыраазы да болуп, Пашкага ыгып калышты.

– Оозу айткан менен чыдай алар бекен? – деди Кабалов күлүп. Балдардын да бир тобу күлүп, бир тобу Пашканын оозун карап калышты.

– Аны Пашка сурабай койду дейсиңби? Аны да сурадым. Сурасам,– деди Паша күлүп. – Сурасам: «Мен кызмын, аял болуп калсам ким билет эле!» деди. Ал балдар менен кошо каткырды.

– Анда азамат экен! Чынын айтыптыр! – деди балдар чуулдап, жыргап күлүп. Анткени, булардын да «Күтөбүз!» деп калган кыздары бар эле.

– Бекер сөз күтөбүз деп убадасын берип коюп, башка бирөөдөн тууп койгон кыздарды да көргөмүн! – деди Кабалов өзүнүн сөзүн эң эле туура көрүп.

– Ошондо да сен туудурган эместирсиң! – деди Паша кыткылыктап күлүп. Балдар помкомду карап алып, чыны менен шылдың кылгансып, күлүп жатышты.

– Мындай кыз он жыл болсо да күтөт,– деди Абрамов старший сержант, отделениенин командири. Абрамов онунчу классты бүткөн билимдүү моряктардан. Анын ажырагыс жолдошу Рейма көзүн бакырайтып, сөзгө катышпай, кээде жылмайып коюп гана отурган.

– Мына менин күтөм деген кызым жок, жаным тынч!– деди балдардын эң жашы чуваш Афанасьев.

Сага окшогон мадыра баш, эне сүтү оозунан кетелек немеде кайдагы кыз болсун! – деди Кабалов.

– Кайдан болсун? Өпкөндү билчүмүн! – деп, Афанасьев балдарды күлдүрдү.

– Меники да жок! – деди Зюльганов.

– Меники да!

– Меники да!

«Меники да!» дегендер көбөйүп кетип (алардын баары жаштар болучу) аксакалдары Качике, Паша, Кабаловдор боорун тырмап күлүштү.

– Дядя Костяныкычы?– деди Афанасьев, кара каш, кара көздөрү ак жуумал жүзүнө жарашып, куудулданып күлүңдөп.

– Меники да! – деди Качике томсоруп.

Качикенин бу сөзүңө күлбөй отурган Рейма да бышкырып күлүп жиберди. Абрамов, Кабалов, Пашкалар көзүнүн жашы чыкканча күлүп, бирин-бири түртүп, муштагылап жыгылып калышты.

– Менин зайыбым – менин тарбыячым,– деди Пашка мытаамданып күлүңдөп, бирдеме айткысы келип.

– Тарбыячы? Анда өзүңөн улуу, карыган неме турбайбы? Мугалимби? – деди Кабалов кармадым го деп, жата калып.

– Улуу эмес, Пермь шаарындагы growинститутта сырттан окуйт, өзү азыр айылда мугалим, менин болсо билимим аз, Владивостокко флотко кетип, анан согуш чыгып, окубай калбадымбы, окуган менен да зайыбымдай болалбайм го...

Кабалов Пашканын сөзүн бөлүп:

– Койнуна жатпагандан кийин эмне үчүн зайыбым дейсиң, куурагыр. Аннанын койнуна сен жокто ким жатса Анна ошонун зайыбы болот, сен тим эле куру үмүт менен сыртынан багып жүргөн немесиң да. Сен согуштан келгиче бирөөгө кетип калат, бул жаратылыштын закону! – деди, Пашканын ызасын келтирип сөзгө жыккысы келип.

– Аны Пашкаң сенден мурун эле ойлогон,– деди ал солк этпей. – Мен сага кызарып, жер тиктеп кала турган Костя эмесмин, менин тишим чыгып калган, далай кыздардын башын чайнаган бу тиш сага окшогондордун да далайларынын башын кандаткан. Зайыбым деп жүргүн деп Анна өзү айткан. Ошон үчүн айтам. А түгүл аттестат жиберсең да мага жибер, абышка-кемпирге өзүм каралашам деп жүрөт. Анда кантесиң?

– Анда акчаңа кызыккан куу неме турбайбы! – деди Кабалов сөзгө жыгылып, бирдемени мойнуна алганды билбеген неме.

– Таптың! – деп, кыткылыктап күлдү. – Өзүнүн ата-энеси бар, өзүнүн үйүндө турат. Аттестат алалекпиз го, аттестаты жок эле ушу күндө да ата-энеме жардам берип турат. Аны өзүнүн ата-энеси да билет.

– Ата-энеси кайдагы жок күйөөңдүн ата-энесине жардам бересиң деп, уруша тургандыр? – деди кайтадан Кабалов кыргыздардын жыгылган күрөшкө тойбойт дегенинин так өзү болуп.

– Абдан таптың! – деп Пашка жайбаракат күлүп.

– Ата-энеси өздөрү тигилерге бирдеме жибердиңби деп турат, аны билбесем мен Пашка боломбу, айтпадымбы, бу тишим сага окшогондордун далайынын башын кандап сасыган деп... Анна болбосо алда качан түрмөдө отурат болчумун, билдиңби?

– Билдим!– деди Кабалов Пашкага атайын асылгысы келип.

– Билдим, аныңды койбосоң дале отурасың!

– «Билдим» деп, сен мага периште болбой эле кой, сенден да мыкты биле турган өзүмдүн периштем бар. Мен анын алдында сөзгө жыгылып, бала болуп калам...

– Урушуп, заарын чачып, акыл-насаат айтатко?– деди чарчабаган Кабалов.

– Таптың! – деди Пашка тишин арсактатып, былкылдап, жайбаракат күлүп,

Пашка «таптың!» деген сайын балдар күлүп, боорун тырмап калчу болду, анткени «таптың» дегенден кийин Пашка киши таң кала турган аңгеме сүйлөп, Кабаловдун жоромолу тескери чыгып калып жатты.

– Таппасаң сыйпалап кал!-деди Пашка балдарды күлдүрүп. – Урушса анда кудайдын бергени эмес беле! Урушпайт. Натация да окубайт. Акырында гана бал тилин салып, тамашалап отуруп согот. Айлам жок, күлө берем. Жакшы көрүп, ичим эзилип кетип, кучактап өөп калам. Ашып баратсам акырын колу менен түртүп.

«Болду, тим койсо андан ары... ырсактап баратат»,– дейт да, мостоё түшүп: «Кошуңуз, мырза, ишибиз бар экен, кашыңызда

туралбайт экенбиз, сиз да ишиңизден калбаңыз!» деп, баякы мен барып жүргөн үйлөрдү көрсөтүп, шыпылдап басып кетет.

– Менин болсо күйбөгөн жерим күл болуп, ырсактап, күлгөндөн башка айлам калбай калат. Мындай аялга эмне дейсиң? Же урушалбасаң, же уралбасаң...

– Бир балаа башыңды курчаган турбайбы, Паша! Аялың анык жез кемпир экен! – деди Кабалов күлүп. Буга балдар да күлдү.

– Сенин аялың окшогон кишилерди, анын ата-энесин, кыргыздар «кудай берген кишилер экен» деп коёт, сенин аялыңа окшогон кишини «жабуулуу кара инген» деп коймосу да бар, бактылуу кул экенсиң, Пашка, мындай кишини тапкан, тапканда да ушундай кишини аялым деп жүргөн сен да азамат экенсиң, зөөкүр болсоң да адам экенсиң. Эгер сенин адам экениңди билбесе Анна сага асылып калбайт эле, сенин жигериң, көкүрөгүң жакшы. Болбосо... – деп, Качике башка сөз табалбай, мууну бошоп кетти.

– Болбосо... көңдүн арасынан бермет тапкан короздой болуп, же жегенге жарабаса, же жамынчы болбосо деп, кете бермек,– деди Абрамов.

– Мендейди шыйрагына илмек эмес,– деди кичинекей Мишка. – Сенин эмнеңи сүйөт болду экен?

– Эмнеге сүйөрүн өзүм да билбейм,– деди Пашка култуңдап, балача күлүп.

– Мен Аннага ашык болуп калдым,– деди куудулданып, Афанасьев. Балдар дуу күлүп жиберишти.

– Мен да! – деди Зюльганов, балача ары-бери тоголонуп.

– Мен да!

– Мен да!

Вагондун ичи кыран каткы күлкү болуп турду.– Мен да!– деди Качике күлбөй элдин аягында.

– Вот чертяка! Старик! – деп, Кабалов күлүп, балдар боорун тырмап калышты.

– Ой өлө турган болдум, ичим! Ичим! – деген сөздөр туш-туштан чыгып жатты.

Балдар күлүп отуруп, Пермге кандай келгенин билбей калышты.

– Менин бул шаарда эжем бар, кетерде балдар менен бара кетебиз Костя,– деди Пашка.

## XIV

Узун-туурасы билинбеген чоң Пермь шаарын аралап чыгыш мүмкүн эмес эле. Эски, таш имараттуу шаарды Качике бир топ таңыркап карап жүрдү да, бу жер байыркы, тарыхый жер экенин анча-мынча билсе да, шаардын музейине барып, таанышып чыксам не деген укмуш болор эле деп өкүнүп, каңгырап жүргөндө Мишка-цыган Ревенков энтигип чуркап келди:

– Костя, мен төлгө ачтырдым, жүр, ачтырасыңбы?

– Сен өзүң цыгансың, сага төлгө ачтырып эмне кереги бар? – деди Качике цыгандардын «Чынын айтып берем, келечегиңди билесиң» деп, асылып калмасын эстеп. Өзү да кээде колун тосуп берип, цыган аялдардын куюлуштуруп сүйлөгөнүнө оозу ачылып, боору калбай күлө турган.

– Цыган эмес, сокурлар экен, каалаган кагазды сууруп алсаң ошого карата сүйлөп, берет экен, барасыңбы?

Балдардын баары ошо жерде, чынын айтат экен,– деди шашылып, энтиккени басылбай. – Эмне дээр экен деп, коркуп, кыпылдап турат элем. Ох, де-еле жебиретип укмуш айтты...

– Эмне деди?

– Жок, айта албайм, балдар чогулганда айтпасам, кызык – деп Мишка Качикени кызыктыра баштады.

Качике чыны менен кызыгып, Мишканы ээрчитип жөнөдү.

Шаардын жыгач дубалдуу ээн жеринде катары менен отурган деңиз чочкосу деп аталчу айбанаты бар сокур аялдарды тегеректеп, бир топ эл турган эле. Булардын ичиндеги күлүп жаткандарды, эси чыгып, купкуу болуп, төлгөчүнү былк этпей тыңшап тургандарды көрүп, Качике мыйыгынан күлүп турду.

– Туура айтты, туура айтты,– деп, кайсы бирөөлөрү сүйүнүп, кайсы бирөөлөрү унчукпай, башын салып, капа болгонсуп кетип жаткандар да болду.

– Мен ишенбейм, бирок угуш керек, кызык айтышат, бооруң калбай күлөсүң, кел, ачтыралы,– деди Пашка былкылдап күлүп.

– Деңиз чочкосу Качикеге бир карточка сууруп берди. Качике аны алып, сокурга сунду. Сокур жайбаракат карточканы бармактары менен сыйпалап чыкты да, божурап сүйлөп калды.

– Сен ичиңде убайымың бар киши экенсиң,– деди сокур акырын, шашпай, ар бир сөздү таптап сүйлөп, колун кагазга жүгүртүп. – Бул убайым зайыбыңан экен...

Качикенин үй турмушун жакшы билген балдар, Кабалов баш болуп, күлүп жиберишти. Качикенин чын эле эси чыгып, жүрөгү алып-учуп кетти.

– Вот так, Костя, попался, старик! – деди Кабалов табалап тургандай, каткырып күлүп.

– Зайыбыңдын колунда азап тарткан сага жакын бирөө бар...

– А кызы!– деди Кабалов санын чаап күлүп.

– Жакында сапар жол тартасың... Өрт күйүп турган жерге барат экенсиң... Көп азаптар чегесиң. Бул азаптардын баары эчтеме эмес, баарынан сага кыйыны зайыбыңдын азабы. Бул аялдан кутулбасаң... айтып коёюн... согуштан өлбөй, сандалып убайым тартып жүрүп, ит өлүм менен ошол аялдан өлөсүң... Кана, дагы ким кагаз тартат? – деди сокур аял аягында.

– Согушка барганда немецтин колунан өлбөй элеби?– деди Кабалов.

– Андан өлбөйт, а жерден сыйлык алат, – деди сокур аял.

– Тамашаңарды койгула, тигине, комрота келатат, взводду алып жөнө, старшина,– деди Абрамов.

Вагонго отурганда Мишка-цыган кипкичинекей болуп, чокчоюп ортого отуруп алып:

– Мен сүйлөйм!– деди, капкара цыган көздөрүн алаңдатып. – Ох, айтуугa да оозум барбайт. Билип тургамын,ошон үчүн киши укпасын деп жалгыз ачтырбадымбы. Өзүм билгендей болуп чыкпадыбы! О кудайдын урган сокуру! Туптуурасын айтты Анткени анча-мынчасын элден угуп жүрчү элем. Бузук атадан бузук бала туулат деген ошо. Кандай эле капкара, кипкичине,

чимириктей болуп калгамын десем... А көрсө быякта жаткан тура. О кудайга күнөкөр болгон байкуш ата-энелерим! А байкуштарды көрбөй да, билбей да калдым, иши кылып, дозоктун төрүнөн орун албаса болду!..– деп Мишка катуу кейимиш болуп кетти. Балдардын баары тымтырс болуп, тыңшап калышты. Пашка Качикеге көзүн кысып:

– Азыр бирдемени баштайт – деди.

– Мишка-цыган качан болсо киши ишенбей турган укмуштарды сүйлөп, күлкү салуучу.

– Айтар болсоң айт эми, эртерек жомогуңду! – деди Кабалов, апыртып сүйлөгөндү өзү да жакшы көргөн неме.

– Мен, балдар, төлгөнү бекер ачтырган экемин, эми оозу бош киши айтпай туралбайт. Кантейин, шерменде болом да! – деп, артисттерче кабагын түйүп, жаагын таянып, чындап капа болгонсуп калды. Балдар Мишканын өңүнө карап эле күлө баштады.

– Сен өзүң никеден туулбаган арам сийдик бала экенсиң деди, оңбогон сокур! – Балдардын күлгөнү менен иши болбой, Мишка кабагын түйүп, чындап убайым тартып, кыйналып жаткансып, сүйлөй берди.

– Жок дегенде атамды же энемди дурусурак айтсачы! О, оңбогур, ошон үчүн сокур болгон да! Сенде ата да, эне да болгон эмес дейт. Анан мен кайдан туулуп калган болом? Сенин атаң Демидовдун заводунда иштеген жумушчу киши болгон экен, дейт Баякы Петр 1-чинин Демидовун айтып жүрөт. Ушуга кантип киши ишенсин?! Эми мейли, айтканын айтып берейин. Атаңдын аты Ревенко экен, кичинесинде көп ыйлагандыгынан коюшуптур. Атаң да никесиз туулган киши экен... Муну көрбөйсүңбү, укум-тукумумдун баарын никесиз кылып салды. О оңбогон сокур! Атаң арак ичип, бир цыган аял менен бузукучулук кылып жүрүптүр өзүнүн деле зайыбы бар экен дейт. Демек, менин өз энем болгон экен. Атамын никелүү зайыбы да! Ошол энемен туулбай калганымды кара! Цыган аял бир күнү сени бир айлыгында көтөрүп келип, атаңдын алдына таштап, ал баланды дептир. Атам танып, энем чачын жулуп, шерменде кылдың, эми элдин бетин кантип карайм? – деп ыйлап, чакчелекей түшү-

рүптүр. Цыган аял болбой, сени таштап кете бериптир. Таенем бар экен, а байкуш таенем дечи! Упчу менен сүт эмизип, мени багып алыптыр. Ошондуктан дейт, оңбогон сокур, ошондуктан кипкичинекей болуп калгансың. Цыган аялдын боюна кимден бүтүп калганыңды айталбайм, өз атаңанбы же башка бир жолбунданбы? – билбейм, иши кылып, ата-энеңдин дайны жок, кокустан туулуп калган бала экенсиң, согуштан өлбөй келсең пиво саткан жердин официанты болосуң, цыган аялдан никесиз балаң болот дейт. Эми эмне кылам, айланайындар? – деп, Мишка өңүн адам аяп тургандай убайымдуу кылып, балдарды ыйлачудай болуп тиктеп калды. Балдар Мишканын кайгылуу өңүнө карап, аны аяп, тымтырс болуп калган эле.

– Мунуң чынбы? – деди эси чыгып калган Афанасьев.

– Кудай урсун, чын, өз кулагым менен уктум. Эмне, сен да никесиз туулдуң беле? – деди өңүн өзгөртпөй, андан бетер капалуу болгонсуп.

– Ой жок! – деди Афанасьев, чочуп кетип. Кабалов, Пашка, Абрамов, Качикелер алда качан боорун тырмап, жыгылып калган эле.

– Ой артист! – деди Кабалов, көз жашын муштуму менен арчып.

– Сенин жакын көргөн бир жолдошуң бар экен дейт,– деди Мишка, көзүн аңтарып, төбөсү менен тиктеп. – А да адал никеден эмес, арамдан туулган, түбү цыган неме. Аны менен жолдош болбой жүргүн, сага жакшылык кылбайт. Аты... Кабалов, дейт... Оңбогон сокурдун айтканын көрдүңөрбү? Помком менен мен качан жолдош элем?

Кабаловго күлөргө шылтоо таппай, араң турган балдар, Кабаловдун взвод командиринин жардамчысы экенин унутуп, кыйрап, күлүп калышты.

Кабаловдун өңү бир заматка кара көк тартып, мышык көздөрүнүн чаары чыгып, көгөрүп, үтүрөйө түштү да, күлүп жыгылып калган балдарды, эси чыгып, Кабаловду тиктеп калган Мишканы көрүп, тишин кычыратып, ачууланам деп турган неме балдар менен кошо күлбөстөн башка чарасы жок экенин байкап, калп-чыны билинбей, каткырып калды. Кабалов

күлгөндөн кийин гана Мишка кошо күлүп, күлкүчү Пашканы түртүп, бирдеме дейин деп жатты. Пашка болсо өбөктөп жатып алып ыкшып, деми кысылып, эрип, көгөрүп бараткан эле.

– Ушу убакка чейин ойлонуп, менин ичимдегини төлгөчү кантип таап айтты? – деп, маң болуп, түшүнбөй турган Качике Мишканын ушу тамашасынан кийин гана мунун баарын жасаган Мишка экенин түшүнүп, Качике оор сезимден кутулгансып, элден башкача шыңкылдап, ичин кош колдоп мыкчып, күлүп жатты.

– Ормоновду карагыла, Ормоновду карагыла, мунун заңкылдаган күлкүсү бар турбайбы!– деди Мишка.

– Жанакы төлгөчүдөн кийин го!

– Аккуу өлөрүндө кыйкырып үн салат дейт.

Кандай болгондо да Качикенин көңүлү көтөрүлүп, өлүчү аккудай болсо да ушул оюнкараак, убайымды көп биле бербеген жаркылдаган балдардын ичинде дүнүйө капар, өтө шайыр кишиче шыңкылдап, балача күлүп келатты.

* * *

Рота Пермь шаарынын четиндеги Бершет деген жерге келди. Бу жер кең, тегереги кыштактуу, суусу мол, бактуу көркөм жер эле. Бу жак Түштүк Орол аталып, Түндүк Оролдон чоң айырмасы бар экени барар замат билинди. Күн жадырап ысык тийип, талаасы көк шибер, эгинге жайкалып, түнкүсүн магдыраткан буурул түнү атып, багында булбулу таңшып, түнү жумшак, күнү мээлүүн эле.

Бул жерде болочок солдат сержанттар окуп, лагерде жаткан экен. Пашка менен Качике бөлүштүрөө келгенде бир взводго туш келип, экөө бирге иштей баштады. Буларга жетекчилик кылган жергиликтүү лейтенант бул экөөн эскертип:

Силердин взвод башкача взвод, башкачалыгы: буларды мууну боштордун тобу дейт. Таң калып турасыңарбы? Тамашасы жок, булар мууну боштордун тобу. Башкаларга караганда эртең менен кеч турат, түштөгү булардын тынч сааты бир саат ашык

(эки саат), жатканда бир саат мурун жатат. Тамактары да күчтүүрөөк. Мылтыкты араң көтөрүп барып, араң көтөрүп келишет. Ошондуктан буларга башкалар сыяктуу кылып, мылтыкты бир кол менен акирекке койдуруп алып келалбайсыңар, ийинине салып келсе да ракмат... Бойлору да кичине, мажирөө... Булар Смоленский областындагы немецтердин оккупациясында калып, тамак-аштан мукурап, бечел болуп калгандар. Занятияларды катуу өткөрүп, чуркатып, кыйнабагыла. Булар азыр тим эле окуп жүрүшөт, кийинчерээк, муундарына киргенде анан солдат болбосо азырынча бала дей турган немелер, бирок жаш жагынан алганда кадыресе эле.

Кабалов муну угуп:

– Бош кишиге бош кишилердин туш келгенин кара!– деп, Качикеге күлдү.

Бул взвод чын эле киши күлө турган взвод болучу. Катарга тизгенде Пашка бышкырып күлүп жиберип, башка бир сөзгө жооткутуп араң токтоду. Эргежелдей кодоюшуп, баары кичинекей, мажирөө балдар эле.

Пашка менен Качике буларды талаага, суунун боюна алып чыгып, эч кандай занятиеси жок эле балдар менен таанышып чыгышты. Суроону Пашка бере баштап, Качике унчукпай жанында отурду.

– Жашың канчада? – деди Пашка эң кичинекей солдаттан.

– Он жетиде? Зайыбың бар го? – Пашка өзү күлүп жиберди.

– Зайыбым жок, колуктум бар, бирок али жаш, кичинекей,– деди бала Пашканын сөзүнө жараша калп айтып.

– Өзүң эмне кичинекейсиң, же ата-энең ошондой беле? Колуктуну качан аласың?

– Ата-энем чоң эле болучу, «Соловей Разбойниктин» колуна түшүп, ушинтип калдым. Колуктуну болсо Илья Муромецтей болуп, жетилгенде алам.

– А! – деди Пашка,– «Разбойниктин» эмне экенин билбей калып, Илья Муромецти кармап. – Анда сен баатыр болчу немесиң го?

– Анан. Баатыр болбогондо!

Пашка дагы бир кичинекей солдаттан сурады. – Сен эмнеликтен кичинекей болуп калгансың?

– Энем мени ара төрөп койгон, атам айыптуу! – деди, кичинекей солдат, Пашканын сөзүн какшык көрүп, ошондуктан какшык менен жооп берип.

– Сен бала тилдүү бала окшойсуң – деди Пашка, күлүп.

– Тилди кудай бекер бериптирби? Сүйлөсүн деп берген. А сиздин эмне мынчалык мойнуңуз жоон, чүйлүңүз да чыгып турат,– деди бала. Качике Пашканы чукуп алды. Пашка болбой:

– Менин кичинемде ата-энем майлуу ботко берип баккан,– деди.

– Мени антип багар ата-энем болгон жок, жетиммин,– деди бала Пашканы сүйө бербей.

– Жашында жетишпей өскөн бала чоңойгондо бышык болот, мен да жетим болуп, жармага курсагым тойбой журүп чоңойдум, солдаттын тамагы жаман эмес, бат эле чоңоюп, Илья Муромецтей баатыр болуп кетесиңер,– деди Качике.

Жаш солдаттар Качикени таңыркап тиктеп, айылдын балдарындай бирин бири түртүшүп, шыбырашып, Пашка менен сүйлөшкөн «тилдүү» бала Качикеден сурады.

– Сиздин улутуңуз ким болот?

– Кыргызмын.

– Сиз татар болуп жүрбөңүз? – деди «тилдүү» бала Пашкага.

– Жок,– деди Пашка күлүп, эмнегедир уялып кетип.

– Татар элесиз го? – деди бала, ишенбей.

– Орус элемин. Ишенбей турасыңбы?

– Мен татар экен дептирмин,– деди бала, нааразы болгонсуп.

Качике менен Паша мындай чала муундуу балдарды биринчи көрүп, буларга бир жагынан атадай болуп, камкордук кылыш керектигин өз ара сүйлөшүп алды.

– Оккупация дегендин эмне экенин билбептирмин, а көрсө... мына мындай балакети бар турбайбы!– деди Пашка оор күрсүнүп.

– Балакети толуп атат, унга карагайдын таарындысын кошуп нан кылып жегенди көргөмүн,– деди Качике Батыш Двинадагы бир үй эсине түшүп. – Же кийим жок, же тамак жок, майда балдар арбактай арык болуп калат экен. Эх Паша, Паша, бу бал-

дарды Кабаловду шылдың кылгансып шылдыңдайын деп да көрдүң... А балдар эси бар балдар экен, сени бир топ жаман көрүп барып токтошту. Ал эми биздин тылдагы балдар эле тоюп тамак жейт дейсиңби? Мына экөөбүз жалаң түшкү тамак менен үч жүз грамм нан жеп, ага да канаат кылбай, жаланып турабыз. Менин кызым болсо күнүнө үч жүз грамм жейт, аны да берсе... Пермде эжем бар дейсиң, эжеңин балдары барбы.?

– Бар.

– Күйөөсү согуштадыр.

– Согушта.

– Ошо балдар эмне жеп атканын билесиңби?

– Албетте, билбейм.

Өзүңдө болсо бала жок. Ал эмес үйлөнө элексиң. Ошол эжеңдин балдарын көрөрсүң. Ачка. Ал эми оккупацияда, немецтердин тепсендисинде калгандар кантип жатты дейсиң? Болгонунча болгондур... Согуш качан бүтөт, али белгисиз. Согушта жүргөндө өзүмүн деле курсагым жарып тойгон эмес, ушунча тамак жеп биз тойбойбуз, анан элдин курсагы кантип тойсун? Кыйын, өтө кыйын. Дагы биздин эл чыдамдуу кыйын экен, эптеп күн көрүп, курсагы тойсо тоюп, тойбосо жок болуп, баарын согушка берип жатат...

Качике менен Паша бир топко чейин калып, взводдун аркасынан, экөө эки мылтык көтөрүп, жай басып келатышты.

– Туура айтасың, Костя, туура айтасың. Биздин элдин башынан далай алааматтар, далай каатчылыктар өттү. Кээде элди башкаргандарга да капа болуп кетесиң. Карабайсыңбы, душмандарды «Согобуз, согобуз!»– деп, өзүбүз согулуп, тымтыракайыбыз чыгып кете жаздады. Менин атам: «Кудай бир сактады, ашык сүйлөп кетип жаман болуп кала жаздады, дагы Россия бектигинен калды, балам, мактанып, көппөй жүргүн!» – деди аскерге кетерде. Атамын сөзү туура го дейм, Костя? – деди Пашка, Качикеге карап.

– Туура болбогондо! Биз акылыбызга кийин кирбедикпи. Ооз кесир жакшылыкка апарбайт.

– Пашка, бир карачы, сен «Соловей Разбойник» дегенди билесиңби? – деди Качике, Пашка арданып, ыза болуп кетеби деп, акырын, жолдоштуктун салты менен сыйпалатып.

– А чорт его знает, ал эмне өзү? Бая билбей калып, уят болуп, башка сөзгө өтүп кетпедимби? – деди Пашка күлүп, арданып дегенди оюна албай.

– Сен кичинеңде жомок уктуң беле?

– Ким билет, эсимде жок.

– Чоңойгондо катындан колуң тийбей, жомок окуган эместирсиң. А тиги бала билет экен, калыбы чоң энесиби бирөө жомокчу болуш керек,– деп Качике «Соловей Разбойниктин» жомогун айтып берди.

– Сен билимдүү турбайсыңбы,– деди Пашка, эч кандай таарынычы жок, чын нээти менен. Билимим аз деп айтпадым беле. Андан жанакы бала «Соловей Разбойник» деп, немецтерди айткан турбайбы, вот здорово! «Соловей Разбойник!» – деди Пашка негедир сүйүнүп, ак көңүл кишинин күлкүсүн салып.

– Мага көз артпай эле кой, Пашка, мен чала сабаттуу киши экемин. Аны ушу училищага келгенде билдим. Билим билим менен, а турмуш турмуш менен экен. Мен бирдемени эми үйрөнөйүн деп жүрөм, колдон келсе билимди турмуштан алыш керек экен, – деди Качике, бул акылды эми эле тапкансып.

– Анда эмне, көп окуган кишиден кара дыйкан же жумушчу акылдуу болобу? – деди Пашка, ушу күнгө чейин окуган гана киши акылдуу болот деген пикирде жүргөн неме.

– Акылдуу болбогондо. Окумуштуу киши китептен башканы билбейт. Чын китеп болсо көп нерселерди үйрөтөт. Бирок, билимди турмуш менен айкалыштырганда гана, же тажрыйба, кабыгуу, көнүгүүлөрдү баштан өткөрүп, чалынып жыгылып, кайта туруп, ачуу таттууну билип, кагылып-согулмайынча киши тумсак бойдон кала берет. Өзүнчө акыл да кошо албайт. Үстүнө ээр салынбаган азоо атты көр да, азуу сайып, соко тартып, кош айдаган атты көр.

– Анда чоңойгондо ким болбосун акылдуу болуп алат турбайбы?– деди Пашка Качикеге каршы суроо берип.

– Чоңойгондо акылдуу болуп алат деген туура эмес. Мына мен чоңойдум, акылдуу болдумбу? Жок. Жанакы кичинекей билгенди мен билбейм. Булар кичинесинен турмуш, тиричилик

менен бирге чоңойду, мен болсо окуп жүрдүм, менин окуум эч кандай тиричилик менен байланышкан жок, мен китептен башка эчтеме көргөнүм жок. Демек, мен тумсак аттай болуп өстүм. Менин турмушум бир гана багыт менен кетти. Турмуштун тезине түшпөдүм. Түштүм бирок четтеп, турмуштан качып жүрдүм. Мындай киши турмушта коркок, жалтак болуп калат.

– Анда көп окуган киши эчтеме билбей калабы? Анда алардан үйрөнүп да кереги жок экен да? Китепти да окубай эле коюш керек турбайбы? – деди Пашка барган сайын Качикенин өзүнө да, сөзүнө да таң калып.

– Неге? Окуган киши көп нерсени билет, бирок турмуш менен байланыштуу болбосо китептин сөзүнөн башканы билбей калат. Мындайча айтканда: китеп ээрчиме болот. Ал эми китептин да китеби бар. Ар бир китеп – турмуш, ар бир кишинин турмушу – өзүнчө китеп. Эмесе маңызы жок, мааниси жок, көңдөй кишилер толуп атат. Менин айтайын дегеним: окуган китебиң да, жашаган турмушуң да акылыңа акыл кошуп, дүнүйөнү кеңитип көрсөтүшү керек.

– Токто, токто, – деди Пашка, бирде мени ойлонуп.-Же сен тантып атасың же мен түшүнбөй жатам. Менин атам: «Жаман китеп болбойт, жаман китеп жазган киши болот» дечү. Маркс, Энгельс, Лениндер китепти да көп окуп, китепти да көп жазган кишилер. Алар эмне китеп ээрчиме, сага окшоп дөдөй болуп калбады? Кандайча булар дүнүйөлүк пролетариатка, жалпы адам баласына жаңы турмуштун жолун ачып, бүткүл дүйнөгө көсөм, устат болуп отурат? Булар, эмне дыйкан болуп жер айдап, же жумушчу болуп, балка чааптырбы?

– Турмуш менен байланыштуу болуштун өзү дыйкан болуп жер айдап, же жумушчу болуп темир чабышта эмес, кеп ошол эмгектин жүрүшүн, ошол турмушту кыймылга келтирип отургандарды, алардын түпкү сезимин билиште. Алар адам баласынын тарыхындагы китептердин баарын окуп, өз заманынын шартына жараша өздөрүнүн көз караш, теориясын түзүп, адам баласынын мындан наркы өркүндөшүн, анын жолдорун иштеп чыгышты. Эгер алар турмуштан четте турган кишилер болсо, эч

качан пролетариаттын ички дүйнөсүнүн багытын таап алардын идеологдору болалмак эмес.

– Эй, кудай жалгагыр, сен көп башымды оорутпай, ток этер жерин айтчы: мен эмне кылышым керек? Мына, мисалы, менин колуктум, зайыбым эле деп коёюнчу, билимдүү, китептерди көп окуйт, уй да саайт, жер да айдайт, мугалимдигин да кылат, чогулушуна да барат, көпчүлүк жумушун да аткарат, кийин көрөсүң мен согуштан аман келсем, балалуу да болот, мен мас болуп келсем мени да жаткырышы керек, иши кылып убарасы көп! Мен эми турмушка байланыштуу болом деп, катынымын жолуна түшүшүм керекпи?

– Зайыбыңдын жолу жакшы жол, эмне үчүн мындай жолго түшпөскө?

– Турмушка байланыштуу дегениңе түшүнбөдүм. Иши кылып, колуңдан келишинче бирдеме окуп, бирдеме билип бир кесипке илешип, элге пайдалуу иш кылып, элден четтебей, эр өлтүрүп эриш бузбай, кээде арак ичип коюп, ак жүр дечи, турмушка байланышың ушубу, кудай жалгагагыр? – деди Пашка колун силкип сүйлөп.

– Ушуга жакын... – деди Качике Пашканын кыска, бирок туура сүйлөп, «ток этер жерин» айтып койбогонунан уятыраак боло түшүп, кызарып кетти. Өзү көп сүйлөп, бирок жарытылуу бирдеме айтып, Пашкага түшүндүрө албай койгону өзүнө коомай сезилип, акылынын жардылыгына турмуштун жайын, сүйлөгөндүн ыгын билбегенинен катуу сынып, маанайы пас боло түштү.

## XV

Жекшемби күнү Пашка менен Качике сууга түшөбүз деп кетип, түшкү тамакка жакын келишти. Качикенин колунда талаадан терип алган ромашка гулдөрү бар эле.

– Силерди кайда шайтан айдап жүрөт? – деди Мишка-цыган, көзүн чакчаңдатып, кыйкырып, – катыныңбы, колуктуңбу – бирөө келип, балдар биринен сала бири, алмак-салмак бадал-

дан-бадалга сүйрөп, житимей ойноп жүрүшөт. Өлсөңчү ушундан көрө, дагы мактанып келатканын!

Пашка купкуу болуп, капилет кабардан калтаарып, бир башкача өңү бузулуп кетти да, ымшып тердеп эриндери же ыйлай албаган же күлалбаган кишиникиндей өйдүк-сөөдүк болуп, анан барып оозу жайылып, күлүп жиберди.

– А сен эмне барбай калдың?

– Мен кичинелик кылдым окшойт.

– Чанды дечи?

– Чанды окшойт.

– Анда эмесе бизди башта, Мишка-цыганды чанган аялды көрөлү.

Булар дарактын көлөкөсүндөгү беседкеге келгенде беседкенин ичи кобураган сөзгө, күлкүгө толуп турган эле.

– Уктуңбу. Калп айтты дедиң беле? Кудай урсун!– деди Мишка, күлбөй, сырдуу шыбырап.

Пашка колуктусун өөп, анан көпкө кош колдоп колдорун силкилдетип, уялып, нымшып, тердеп турду.

Качике Аннаны узун бойлуу, супсулуу, зыңгыраган неме го деген эле. Жупуну кийинген орто бойлуу, чап жаак, кыштактын карапайым сары кызын көргөндө Качикенин Аняга көңүлү толбой, көп сүйүнүп кетпей, колун берди. Анянын колу катуу, чор болгон кол эле.

– Балдар, биз кетели, экөө сүйлөшүп алсын,– деди Абрамов,– силерге тамакты ушу жерге алып келелиби?

– Жок, ракмат, мага убара болбогула менин паёгум өзүмдө. Ачка каласыңар,– деди Аня, жакшынакай коңур үн менен. Анянын өңү менен үнү таптакыр окшош эмес эле.

– Бир кишиге тамак табылар. Жол жүргөн кишиге паёктун кереги тиет,– деди кайтадан Абрамов, курсанттар менен кетип баратып.

Пашканын колуктусу менен сүйлөшкөн курсанттардын баары ыраазы болушту. Пашканын аңгемесинен улам, бул аял бир маңыроо, кыз кезинен күйөөсүнүн азабын тартып, ыйлап өтчү неме го, Пашка тим эле аны мактап жүргөндүр дешкен эле.

Бирок сүйлөшө келгенде Аня таптакыр башка, болгондо да, Пашкадан алда канча өйдө (Качикеге ушундай) көрүндү.

– Бул өңдүү кескиге кантип, чыдап жүрөсүң? – деди Мишка мостойгон бойдон.

– Эмне, силерге бирдеме деп сүйлөдү беле? – деди Аня, дароо Пашкадан шектенип, аны акырын жылмая тиктеп.

– Күндө жамандачу, а сиз болсо... аялдын асылы экенсиз,– деди Мишка мостойгонун жазбай, Пашканы чындап жаман көрүп, Аняны аяп тургансып.

– Ушундай беле? – Аня акырын жылмайып.

– Кулдугум бар,– деди Пашка да күлүп.

– Айла канча? Оңолуп кетер,– деди Аня акырын, жылдыздуу күлүмсүрөп.

– Анда сиз Толстой айткандай, «образумится» дейт экенсиз го? – деди Качике. Аня Качикеге бир ирмемге тигиле тиктеди да:

– Ошондой деп ойлойм. Ага көзүм жетпесе алда качан... - деди да, Аня жагымдуу, коңур күлкүсүн салды.

– Ушу жашка келгиче оңолбогон киши качан оңолмок эле. Мына биздин Костянын жашы отуздан ашып кетти, дале Афанасьевче акылы жок. Пашка экөө кантип оңолуп кетсин! – деди Мишка, курсанттардын баарын күлдүрүп. Аня да булар менен кошо күлдү.

– Жүр, Аннушка, бу балдар сени менден тартып кеткени турат, басалы. Мына бу цыган экөөбүздү сүйлөштүргүсү да жок,– деди Пашка, ырсактап күлө ордунан туруп.

Булар суу жакты көздөй акырын чайпала басып кетишти. Курсанттардын басымдуу көпчүлүгү али эне сүтү оозунан кетелек жаштар болгондуктан аялды биринчи көрүп, аял менен биринчи сүйлөшүп отургансып, Аня менен дагы сүйлөшүп, дагы тамашалашкысы келип, ар кимдин өз ичинен Пашкага көзү күлүп турду.

Паша менен Аня сүйлөшүп жүрүп кайта келгенден кийин Аня жолго камынды.

– Костя, жүр Аннушка кетем деп атат,– деди Пашка, бир аз капалангансып.

– Сиз эмне шашылыш жөнөп калдыңыз, Анна Михайловна, же урушуп калдыңарбы? – деди Качике басып келип, Аннанын колун кайтадан алып. Анна Качикенин кол кармашынан кийин негедир кызарып, уялып кетти.

– Биздикилер «урушта туруш жок» дешет,– деди Анна Михайловна Качикеге тигиле тиктеп.

– Бизде да ошондой сөз бар.

– Башка бир элдин жомогун окуганда таң калам: куду орустун жомокторуна окшоп кетет. Сиз муну байкадыңызбы? – деди Анна Качикени сынагансып, тиктегенин жазбай. Аннанын тиктей бергенинен эми Качике уялып турду.

– Байкамак турсун таң калгамын, а түгүл суктангамын. Албетте, орус жомокторунан башка жомокторду окуганым жок,– деди Качике Аннадан ого бетер уялып.

– Аз чыгарышат,– деди Анна өкүнгөндөй улутунуп.

– Айы да Максим Горькийдин ынтаасы менен...

– Туура айттыңыз. Силерде орусча чыккан кыргыздын жомоктору барбы?

– Орусчасы эмес кыргызчасы али жыйналып чыгарыла элек. Аракет бар,– деди Качике бир эрди менен жылмайып.

Качике бир топко жер карап, унчукпай калды. Анна Качикени шаштырбай, а да унчукпай турду.

– Силер экөөңөр бир бириңерди жакшы көрүп калган жоксуңарбы? – Пашка кыткылыктап күлдү.

– Ырас эле, мага жөнөш керек. Сиз менен аз сүйлөштүк, бирок жакшы пикир алыштык. Менимче кат жазышабыз. Кандай дейсиз?

– Сиздей киши менен кат жазышуу жан сергитүү бирдей болор эле,– деди Качике көңүлү көтөрүлүп. – Сиз институтту качан бүтөсүз?

– Быйыл. Ошон үчүн урушта туруш жок дебедимби. Кечириңиз. Жана сиз менин колумду кармаганда жаман уялып кеттим. Сезип турдум: сиз да бу кандай колу чор болгон аял дедиңиз окшойт. Мектептен, колум бошор замат жер менен алек болом. Ансыз абышка-кемпирлерге көмөк-жардам берала турган

эмесмин. Колум уйдун тилиндей болуп кетти,– деп, Анна Михайловна уялыңкы күлдү.

– Эчтеке эмес, Анна Михайловна, көңүлдүн чору оңой менен чыкпайт, колдун чору бүгүн болбосо эртең чыгат. Мына мен да согушта жүргөндө колумдун кирин жуусам да чыкпас бекен дедим эле. Эми көрбөйсүзбү, кыздын колундай болуп турат. Бирок көңүлүмдүн кири катмар-катмар чор болуп, черге айланып кетти. Кечириңиз… оозуман чыгып кетти. Жакшы аялга сыр айтуу айып болбостур дейм… Качике жашып кетип, эчкирип ыйлагансып, олдоксон күлдү.

– Жок, жок! – деди Анна Михайловна Качикенин көзүнө жаш имерип, өңү бузулуп кеткенинен чочуп. – Жок, жок! Пашканын сиздей кишилер менен жүргөнүнө кубанычтуумун, Сиз менен сүйлөшүп да кубандым. Балким, сиз узатышып коёрсуз?

– Костя, сен взвод менен болсоң кантет? Поёзд кечинде кетет, мен кеч келем го, – деди, Пашка, сылык сөз менен. Анын чочуганы: Качикенин ээрчип алышы мүмкүн эле. Ал эми өзү болсо колуктусун Пермге чейин узатып бармакчы болуп, уруксат алып койгон болучу. Качике Пашанын айтканын түшүндү.

– Пермге чейин барасыңбы?

– Барам.

– Туура кыласың. Кана эмесе, Анна Михайловна, сиздин колуңузду дагы бир жолу кармайын. Бизде көз коркок, кол баатыр дейт. Ушу колуңуз баарын жеңип чыксын, Институтту ийгилик менен бүтүрүшүңүзгө жан дилим менен тилектешмин. Орус элинин татыктуу кызы болуңуз,– деди Качике купкуу болуп, бирок көңүлү эргип.

– Ыракмат, айтканыңыз келсин. А мен силерди күтөм, жаркылдап, мөөрөй менен келишиңерди тилейм…

Аня ыйлап жиберип, Качикеге өзүнүн «уй тил» болгон колун сунду.

* * *

2-июлда рота Бершеттен телеграмма аркалуу шашылыш түрдө капыс чакыртылды. Рота ошол эле күнү шашылыш камынып,

Пермге келип түштү. Поезд Березникеге эртең менен кете турган болгондуктан Анкудинов Паша Пермдеги эжеси менен учурашам деп, Абрамов, Рейма, Мишка, Качикелерди эрчитип алып, эжекесиникине келди. Эри согушта, балдары көп эжеси булардын келгенине жан-алы калбай, бир ыйлап, бир бирдемеге камынып, эмне кыларын билбей, шашылып калды.

– Эжеке,– деди Пашка жээндерин өөп, эркелетип, эжеке, бүлүнбөй эле кой, сен конок кылам дей турган нерсенин баары өзүбүздө. Андан көрө өзүң отур. Балдарды отургуз. Кана, бөбөктөрүм, отургула. Биз менен кошо конок болгула.

Пашканын эжеси болбой эле бирдемелерин кесип, бирдемелерин столдун үстүнө койгонсуп, чай кайнатып кирди. Аялдын балдары момурашып, чоочун кишилерди көргөн айылдын балдарындай жопжоош тартып, анда-санда ар кимди бир карап коюп, столдун үстүндөгү табактарды тиктеп коюп отурушту. Курсанттар болсо ар кимиси өз баштыгын чечип, столдун үстүнө нан, май (сало), консерва, селедкаларын коюп жатышты. Муну көргөндө момураган балдардын көздөрү жайнап, арык колдору кыбырап, купкуу өңдөрү ачуусу келген кишиникиндей чыңалып бирин бири түртүшүп калды. Тамакка колун сунам деген кичирегин чоңураагы кагып, столдун үстүнөн башын катып, бирдеме деп шыбырашып жатышты.

– Мен буларга майдан кесип берсем кантет?– деди Качике балдарга боору ооруп, өзүнүн кызы да эсине түшүп кетип.

– Болбойт, Костя, балдарды көрдүңбү? – деди Пашка эрдин тиштеп эскертип.

Эшиктен кирип келген эжеси алаканын шак коюп калды.

– О кудай! Биз көрөлек тамактын баары силерде турбайбы! Биз болсо этсиз, майсыз тамакта отурабыз. Ырас, аскердегилердин курсагы ток болбосо кантип согушмак эле. Биз эмне? Эптеп чыдайбыз да.

Бул аялдын балдары эмес өзүнүн оозунан шилекейи аккансып кетти. Качике башын жерге салып отурду да:

– Хозяйка,– деди акырын, салмак менен, каңырыгы түтөп.– Хозяйка, мынабу балдар согушту көрөлек, мен анча-мынча бо-

луп, четин кичине көрүп келдим. Согуштагылар эле аш-тамактын үстүндө болот экен дебеңиз. Мына сиздин күйөөңүз согушта экен, өзүнүн курсагын айтпай силердин курсагыңарды сурап жаткандыр. Ал эми согушта жүргөндө тамак тийсе тийип, тийбесе жок болгон күндөр да аз эмес болот. Анткени – согуш шарт ошондой душман кухняны да аткылайт. Тамакка бир курсагым тоюп туруп анан өлсөм мейли эле деген кишилерди да көргөмүн. Мен өзүм да ошондой болгомун. Менин сөзүмү түшүндүңүзбү?

– Түшүндүм, кагылайын, түшүндүм. Тегинкисин айтам да,– деди хозяйка, уялып кетип.

– Кантсин байкуштар, буларга тамакты биз эле жеп жаткандай көрүнүп кетпедиби. Тамакка тойбогон желмогуз да көрүнүп жаткандырбыз, кантели, айла жок. Согуш деген эчтемге тойбогон желмогуз турбайбы! Адамзаттын башына түшкөн эң оор алаамат эле ушул согуш экен го! О-хо-хо! – деди. Мишка тамашанын ордуна капыстан каадалуу сөздөрдү баштап. Бул сөздөрдү айтканда кыраатына келтирип, өңүн капалуу, үнүн муңдуу кылып, ыйлачу кишиче сүйлөдү.

– Цыгандар да капаланганды билет экен а? – деди Рейма.

– Костя, согушта жүргөндө бир цыган көралдыңбы,– деди Абрамов, кытмыр күлүмсүрөп.

– Жаңылбасам, көралбадым го? – деди Качике да кууланып.

– Цыгандар күндө капаланып, күндө ыйлайт. Ошон үчүн алар ичет. Ал эми согуштун эң катаал жеринде жүргөн ким? Цыгандар. Генерал Белобородов ким? Цыган. Генерал Людников ким? Цыган. Кана, кыргыз сенин канча генералың бар? Генерал эмес младший лейтенант болалбай отурасың. Мына бизди чакырыптыр, болду-болбоду барар менен мамлекеттик экзамен башталат. Экзаменден өтөрүңдү кудай билет. Дагы оозумурду кыйшайбай согушта цыгандарды көргөнүм жок дейт,– деди Миша калп эле жаны күйүп, териккен кишиче. Мишка цыгандын бул сөзү киши күлбөй койбой турган сөз эмес эле. Мишка анык орустун өзү болучу, бирок өзүнүн «цыган» деген лакап атын ушунчалык окшоштуруп келтиргенине балдар таң калып, ичин тырмап күлүп жатышты. Албетте, балдар Мишка-

нын Белобородов менен Людниковду цыган дегенин этибарга да алган жок. Мишканын сөзүн баякы күйгүлтүктүү тамаша сөздүн бири дешти, бирок булардын эч кимиси Людников менен Белобородун цыгандан капкара болбосо да кара сурунан келген кишилер экенин билген эмес. Эгерде Качике эле Белобородов цыган болсо болор, анткени каратору дечү болсо Мишка чындап жеңип, балдар таң калганынан чалкасынан кетмек:

– Азыр сен эмне, капаланып турасыңбы, же кандай?– деди Пашка эриндери калтылдап, күлүүгө даярданып,

– Капаланып турам,– деди Мишка эчтекеден кабары жок.

– Анда ичкени турган турбайсыңбы?

– Эми аны... бир айтасыңбы, эки айтасыңбы....

– Ме эмесе, цыган, сыздаган жаныңды соорот! Пашка столдун үстүнө эки шише арак койду.

Мишка көктү тиктеп, көзүн аңтарып:

– Свят.. свят... деп, орусча чокунуп калды.

Арактын жайын Мишка чындап билген эмес. Муну атайын азыраак азык менен Анна апкелип, өзүң жалгыз ичпей, жолдошторуң менен тамаша кылгыла деп, убадасын алып кеткен болучу.

Балдарга аз-аздан нан, селедка берип, тойгузушту. Качике бу балдарга боору ооруп отуруп бат эле кызып, эшикке чыкты.

Үйдүн хозяйкасынын буту жерге тийбей чуркап, иниси Пашканын жолдоштору менен келгенине кубанып, кыргыздар айткандай, төбөсү көккө жетип турду.

– Алгыла, жегиле, садага болоюндар! – дейт хозяйка, бу сөз негизинен инисине багыштуу болсо да көпчүлүккө тиешелүү кылып.

– Жанагы калмагыңар кайда? Кудай кечирегөр, оозуман чыгып кетти-а! – деп, оозун басып калды.

– Айта бер, эже андай сөзгө таарынчу киши эмес,– деп, Пашка күлдү да: – чын эле кайда кеткен? – деп, эшикке чыкты.

Качике Пашанын жээни кичинекей ак баш бала менен сүйлөшүп отурган эле.

– Атаң кайда?

– Атам согушта.

– Согушта эмне кылып жүрөт?

– Менин атамдын (бала «папа» деди) чо-оң замбелеги бай, немецтерди замбелек менен атат.

– Атаң азамат турбайбы?

– Мамам атаң ашамат деген.

– Сенин атың ким?

– Валелик.

– Канчадасың?

– Төйттө.

– Атаңды көрдүң беле? Бала башын чайкады.

– Атаң согушка кеткенде сен канчада элең?

– Мамамдын курсагында.

– А-а!

– Ай калмак! – деп Пашка каткырып күлүп жиберди.

Качике башын көтөрүп, «бар, бар!» дегенсип, колун шилтеп, алдына алып отуруп алган баланын апапак чачтуу башын сылап отура берди.

Костя Валерик менен сүйлөшүп отуруп, келер эмес, эжеке, Валерикти алып келсең силерди ээрчип келет. Кызы бар эмеспи, анын үстүнө баласак да киши көрүнөт, балага ичи эзилип жатса керек.

Ошол күнү кечинде булар ротага кетишти. Кетерде Качике Пашканын эжеси менен сүйлөшүп отуруп, эртеңкиге нан алууга да акчасы жок экендигин билип, жанындагы баракчасын хозяйкага сунуш кылды. Хозяйка көпкө чейин акчаны албай койгондо, Качике хозяйканын колун кармап туруп:

– Билип турам, менин акчам силердин курсагыңарды тойгузбайт, сиздин албайм дегениңиз да туура, бирок... менин шагымды сындырбай алып коюңуз. Балдар үчүн... – деди.

Хозяйка алкыш айтып, булар жөнөп, жолго деген азыктарын таштап кетишти.

Мамлекеттик экзамен төртүнчү июлда башталып, онунчу июлда бүттү. Ал эми Москвадан приказ күтүш керек эле. Приказ келгиче рота бекер сандалып жүрүп калабы, бекер немелер

дагы бейбаштык кылып жибереби деп, ротаны окуу жайынын Белая Пашня деген жердеги кара жумушка жибериштi.

«Уралды кыргыздар Орол дешет. Балким, кыргыздар бир кезде Оролду да жай кылгандыр. Болбосо кыргыз тилиндей «буурул түн» деген сөз кайдан келип чыккан? Буурул түн! Не деген ширин, кооз сөз. Муну биздин котормочулар «ак түн» деп котороp эле. Буурул түн! Сонун эле түнсүң да!.. Карачы, мунарык тартып зыкымдап, айбанаттан башка жан аралай элек токойлору жатат. Оролдун шамалсыз мемиреген тыптынч чактары! Булбулдары сайрайт, жок бул биз жактагы мен уккан булбулдун үнү эмес; мен часовой болуп, буурул түн атып турганда көргөмүн, бул мен көргөн булбул эмес; бул булбул таранчыга окшош, бирок канаттарында тоо чымчыктын түрү бар кичинекей чымчык. Ушул чымчык түн бою сайрайт да турат. Сайраганда да канаттары азырак дирилдеп; өзү да өз шыгына берилип бүт дирилдеп, үрпөйүп кетет. Чөптөрүчү! Качан болсо жашаң, бетеге белден бураган тулаң. Не деген сонун жер!..»

Капыстан алыстан созолонтуп карышкыр улуду. Чатырдын четинде тамеки чегип, жумшак, көңүлдү эргиткен ойго чөмүлүп отурган Качике селт этип кетти. «Карышкыр!» деди ал, капыстан коркуп кетип, Оролдун токойлору карышкыр, аюу жойлогон токой экени, кышы катуу, жазы суук шамалдуу жер экени эсине түшүп кетти да, баятан берки лирикалар чачылып кетти.

Качике чатырга кирип, көпкө уктабай жатып, катуу уктап кеткен эле.

– Костя, тур суга түшөбүз,– деди Зюльганов. Качике Зюльгановдун ойготконун көп жактыра бербей, уйкусу канбай, араң эле турду. Убакыт эң эле эрте эле.

– Сен күндө мени ойготчу элең, бүгүн эмне ныксырап эле калгансың? Башың ооруп турабы?

– Уйкум канбай калды.

– Дагы катыныңды ойлогонсуң го? – Зюльганов дагы бирдемелерди айтып, Качикени шылдыңдап, күлдү.

Бир кездерде физзарядка кылгандан уялып жүргөн Качике кийинки убактарда физзарядкасыз туралбай, муздак суудан

корккон неме таң атпай муздак суу эмес таштай болгон чоң дарыяга түшчү болгон.

Өзүнүн жаш жолдошу Зюльганов Оролдун ушул жагынан, болгондо да ушул экөө түшмөкчү болуп турган Яйва суусунун боюнда өскөн. Яйва суусу акактай туптунук, жып-жылма келип, шаркырабай тыптынч агып, жээктеги гана карагай, жашыл туландын көлөңкөсүнөн кара көк тартып, токтоп тургансып мелтирейт.

Качикенин жаш жолдошу:

– Давай, старик!– деди да, жар сыяктуу бийик жээктен сууга ыргыды. Качике да чечинип, камынып турган эле. Анын эти күнгө күйүп, кууруган буудайдай кыпкызыл болуп калган болучу. Качике бир аз тайсалдап турду да, сууга секирди. Таштай муздак суудан ичиркенип турган неме сүзүп бир топ барганда эти ысып, суудан чыккысы келбей, улам чумкуп, Зюльгановду карады. Зюльганов ит чабак уруп, суунун наркы өйүзүнө бараткан эле.

Качике суудан чыгып, көгөрүп, калчылдап, Зюльгановду карап турду. Туурасы жүз элүү метрден кем болбогон суунун бул өйүзү менен наркы өйүзүнө сүзүп өтүп, кайра сүзүп келип кыйын суучулдардын гана колунан келет. Жаш бала кезинен өз суусунда өскөн Зюльганов жеке гана сууда гана эмес, лыжа менен таяксыз жүргөндө да таяктуу Качикеге жеткизчү эмес. Качике сүлгү менен этин сүртүп, көтөрүлүп келаткан күнгө жылынып турганда Зюльганов жиниккен немедей энтигип, суудан чыгып келди.

– Бу суу сенин сууң го? – деди Качике.

– Анан кимдики? – деди Зюльганов, этин сүртүп.

– Ошон үчүн чөкпөйсүң, мен чоочун киши эмесминби, наркы өйүзүнө чыгам десем алда качан чөгүп кетет элем. Сен коркосуң да, абышка.

– Корком. Бизде Ысык-Көл деген көл бар. Четине араң түшчүмүн. Ал эми көлдүк балдар чабак уруп, алда кайда кетишет. Кайык менен болсо го толкун жүрүп турганда да бир топ жерге барышат. Билсең айтчы: эмне үчүн бу суунун аты Яйва? – деди Качике, эмне үчүн Ысык-Көлдү «Ысык-Көл» деп койгонун түшүндүрүп берип.

– Бизде: Яй – эт, ва – суу,– деди Зюльганов. Демек: эттүү суу турбайбы?

– Таптың. Бу сууда балык көп. Мен өзүм да кичинекейимен кайырмакты көп салгамын. Ичсең суусу таттуу, жесең балыгынын эти таттуу, булактын суусу да мындай таттуу болбойт, биздин жер бу жерден да кооз мактанганым жокпу, абышка?

– Жок,– деди Качике, күнгө чагылып, Ысык-Көлдөй мелтиреп, бирок жайбаракат түрүлүп агып жаткан Яйваны өзү да көпкө мелтиреп тиктеп.

Качике гимнастеркасын мойнуна салганда сол жак төш чөнтөгү бултактап, бетине тийди. Ал дароо каттарды эстеди. Үчүнчү июлда Берметтен келген күнү үч кат алган, бу каттардын экөө Апсаматтан, бири Чынаркандан болуучу. Эртеси мамлекеттик экзамен боло турган күнү бу каттарды алганына сүйүнүп, эси да чыгып, биринчи Чынаркандын катына көз жүгүртүп чыгып, «Кызың, кызың...» деп, жамандаган жерине келгенде көзүнө дүнүйө капкараңгы болуп, капаланып, Апсаматтын гана жылуу каттарынан кийин кайтадан маңдайы жарык, тарсылдап басып мончого кеткен.

Качике каттарды чөнтөгүнөн сууруп чыкты да, Апсаматтын каттарын кайра чөнтөгүнө салып, Чынаркандын узун жазылган катына кайтадан көз жүгүртүп чыгып, бирок кызуулук кылып, керектүү бир жери калып калбасын деп, толук окуп чыкты. Баякы эле көз жүгүртүп чыккандагы ачуу сөздөн башка жылуу бирдеме табалбай, катты кармаган бойдон колун аркасына алып, Яйваны караган бойдон туруп калды.

Яйва болсо кара кочкул тартып, сүрүлүп, түбүнөн оргуп чыккан агыны катуу суу көрүнүп, бууракандап жаткансыды.

К чему теперь рыдания,
Пустых похвал, ненужный хор?
Судьбы совершился приговор!..

Лермонтовдун бул ырлары Качикенин башына өзүнөн өзү келди да, Чынаркандын катын мыкчый кармап, анан кош колдоп тоголоктоп туруп Яйвага ыргытты.

Яйва суусунун агыны катуу экенин Качике эми гана билди. Кат дароо толкун сүргөн кайыкча өйдө-ылдый болуп, бирде тегеренип, бирде чөгүп, анан кайра чыгып, ылдамдап агып баратты. Качике катты караган сайын тирүү киши агып бараткансып эси чыгып жүрөгү опколжуп, бүткөн бою титиреп, каттын аркасынан сууга ыргып түшчүдөй болуп, алдыга жүткүнүп турду. Кат бирде чөгүп, бирде чыгып, чөгүп бараткан киши бирде чөгүп, бирде жан талашып калып, кол көтөргөн сыяктуу, калдаңдап, алыстап барып, анан көрүнбөй калды.

Качике жерден кемерин алып, белин бек буунуп, жүргөндө кандайдыр бир өкүнүч сыяктуу ачыштырган из калып, артына бурулду.

– Бул эмне кылганың, абышка? – деди Зюльганов,

– Аялым!.. – деди да, ал тултуюп, алдыга басып кетти.

## XVI

Генерал Черняховскийдин командасындагы 3-Белорусс майданы Чыгыш Пруссиянын чегине жакындап келатты. Бул майдан башка майдандар менен канатташып, Чыгыш Пруссиянын борбору Кенгсбергди кулатып, ошону менен бирге Балтык деңизине чыгып, андагы эң ири порт Пиллау портторун алып, Балтык деңизин жабышы керек эле.

Кыдырбектин дивизиясы ушул майдандын генерал-лейтенант Безуглый командачылык кылган 5-гвардия корпусунда болучу.

Душман кайсы багытта болбосун катуу айбат көрсөтүп, айрым учурларда кайта чабуул коюп, чегинип баратты.

Биздин командование Чыгыш Пруссия деген не экенин жакшы билгендиктен бу жердеги согушка башкача көңүл коюп, баарын эсепке алды. Анткени, Чыгыш Пруссия илгертеден бери бекемделип, нечен түрдүү чептер, не бомба, не замбиректин огу өтпөгөн капкагы бар темир менен бетондоштурулган ок атчу курулуштар бар эле. Бул бөгөттөрдөн өтүш үчүн бир канчалык күч топтоп, аз да болсо аскерлерди эс алдырып, туш-туш жагынан катуу камылга көрүп, терең чалгын чалып, бир умтулуш менен чекти бузуп кириш үчүн аскер топтоду.

* * *

Капитан Макаров батальондун офицерлери менен дивизиянын командиринен кайткандан кийин офицерлери менен кайтадан кеңешме жасап, ар бир ротага өзүнчө милдет коюп, баарын тактап, баарын өз ордуна коюп чыккандай болду.

Дагы эмне кылыш керек? Дагы эмне жетпейт, жолдош офицерлер? – деди капитан Макаров, немецтердин күзгүлүү, жасалгалуу блиндажындагы жерде, нарда орундуктарда отурган офицерлерге карап.– Бир кезде бу блиндаждар биздики болучу, ушу блиндаждардан бизди кууп отуруп, немецтер Москвага чейин барышты. Эми биз, ушу блиндаждардын ээлери, кайтадан келдик. Тигине, Немандын наркы өйүзү – душмандын жатагы. Генералдын сөзүн уктуңар. Ар бир офицер өзүнчө тыянакка келиши керек.

Офицерлердин эч кимиси чыгып сүйлөгөн жок. Ансыз деле баары ачык, дайын эле. Бирок киши жетишсиз болучу, аны айтпаса деле баары, командачыдан бери биле турган, ошондо да ротанын командиринин бири, толуктоо болобу деп, сурады.

– Болот дешкен,– деди Макаров,– бирок толуктоонун анык болоруна өзүнүн да көзү көп жете бербей. -Толуктоого ишенип, камсыз жүрө бербегиле, колдо бардан башкага ишеничтин кереги жок!

– Ы-хы,– деди ичинен Кыдырбек,– мына буга ишенишке болот.

Кыдырбек ротага келип, өзүнүн камын көрдү. Ийгилик ар бир солдат, отделение взводдон болорун жакшы билген Кыдырбек 1941-жылдан берки көргөн-билген тажрыйбасын колдонуп, өз билгенинче бардык чараны көрдү. Тынымсыз согуш менен келатып, рота чарчап, кишилери да бириндеп, кийимдери да тозо баштаган. Мунун баарын эсепке алып, рота окуусун да окуп, кийим-кечесин да жамап-жаскап, өргүп, чоң чабуулга камына баштады.

– Жолдош старшой, көптөн бери кат келбей калды го? – деди Кыдырбекке байланышчы. Кыдырбектин өзү не Берметтен, не үйүнөн, не Тургумбайдан кат алалбай, кээде көксөп коюп жүргөн.

– Бар, старшинага айт, батальондун штабына же полкко киши жиберсин, кат барбы, башка бирдемелер барбы, апкелсин,– деди Кыдырбек.

– Өзүм барайын дейимби?

– Айт.

Кечинде Кыдырбек карагайдын дүмүрүнө отуруп алып, ротанын орношкон схемасын түзүп, батальондун штабына маалымат жазып отурганда ротанын дежурныйы Кыдырбекке үч кат берди.

– Охо! Катары менен үч катпы?

– Старшой, мабу да сизге, посылка экен, кичине жыттанып калганбы? – деди дежурный, колтугундагы ящикти Кыдырбекке сунуп.

– А, эт болуш керек. Апар старшинага бер, ачып апкелсин. Өзүң взводдун командирлерин чакыр,– деди, схема менен маалыматты бүтө баштап.

Кыдырбек Берметтин катын, чебердеп ачканда каттын ичинен суурулуп жерге карточка түшүп кетти да, муңайым гана жылмайып турган Бермет Кыдырбекти тиктеп калды.

Кыдырбек карточканы ала коюп, алаканына салып, күзгүдөй кылып бет маңдайына кармап калды.

«Бу сенсиңби, жылдызым Бермет!»...– деп, ичи эзилип, тамагына бирдеме тыгылгансып... чөнтөгүнөн жоолугун издеп калды.

Взводдун командирлери келгенде Кыдырбек Берметтин карточкасын кармаган бойдон отурган эле.

Офицерлер бирин-бири түртүп, окчунураак турганда Кыдырбек буларга бурулуп, ордунан туруп, саламды алик алды.

– Старшой колуңуздагы сүрөт кыргыздын сулуусубу же жол тааныштарданбы? – деди күлүп, тамашакөй, сары чийкил, лейтенант Шадрин.

– Сен үйлүү-жайлуу эмессиңби, сага анын эмне кызыкчылыгы бар?

– Эх, старшой! – деди Шадрин, тамашакөйлүгү заматтын ичинде алда кайда кетип каңырыгы түтөп,– мына, маселен, сиздин колуңузда сулуулардын сүрөтү турса менин колума кара кагаз келди...

– Кандай кара кагаз? – деди Кыдырбек, таң калып.

– Мына, зайыбым жибериптир, эми меники эмес бирөөнүн зайыбы да. Ах, бекер гана үйлөнгөн экемин да!

Шадрин окуй баштады.

«Ардактуу Володя! Мени кечир... Мен кыздуу болуп калдым.

Күжүрмөн жоокер эмессиңби, эрдик менен, кайраттуулук кылып баарын унут... «жана башкалар, старшой...» – деди Шадрин, ыйлап жиберчүдөй болуп момурап.

Бир нече секунд ортого өлүк өлгөн үйдөгүдөй жымжырттык түштү.

– Сенден бала жокпу? – деди Кыдырбек, ачуусу келип, таноосу кыпчылып, капкара көздөрүнүн агы тегеренип.

– Жок! – деди Шадрин.

– Анын эмнесине аза күтөсүң? Андай жел тамандар фронтовиктен айлансын! Кайда кетти старшина, чорт! – Кыдырбек тегерегин карады. – Отургула, биздин кыргыздарча. Тигине, старшина да келатат. Кечки тамакты ушу жерде чогуу ичебиз. Менин сага айтарым: андай немеге жооп да жазба.

– Аттестат жиберип турдуң беле?

– Ооба.

– Акмак! Эртең аттестатты чакырт. Кимиң бар?

– Картаң ата-энем...

– Аттестат колуңан чыккандан кийин сенин кайратыңды тиги билет. Начфинди эскертип кой. Кийин көрөрсүң, кызын жетелеп дагы калат. Чөп башылап жүргөн аял оңбойт. Сенин аялыңды алган киши түбөлүк турайын деп алды дейсиңби? Кимди жээрди карышкыр билет?! – деди Кыдырбек.

Шадрин өзү баштап, офицерлер күлүп жиберишти.

Старшина келип, жерге кагаз төшөп, бирдемелерди коюп жаткан.

– Бу тамактардын эмне тамак экенин түшүнбөй койдум, жолдош старший лейтенант. Колбаса дейин десем, колбаса эмес. Мейиз, өзүңүз тилин билерсиз. Ичинде каты да жүрөт. Мына,– деп старшина төрт бүктөлгөн кат берди.

Кыдырбек жайнаган тамакты карап, чучук боорсок, куруттарды көрдү. Кат Абылкасымдан экен.

– Бүгүн башкача күн болду го! Кат үстүнө кат, посылка... старшина, бирдеме барбы? – деди Кыдырбек, кудуңдап, сүйүнүп. – Капитанды чакырыш керек.

– Капитан өзү келатат! – деди старшина.

Баары ордунан туруп, Кыдырбек автоматчан ординареци менен келаткан капитан Макаровду утурлай басты.

– Эмне кылып жатасыңар? – деди капитан, офицерлердин саламын алик алып.

– Шапар тээп жатабыз, жолдош капитан.

– Эмненин урматына?

– Үйдөн посылка, кат келиптир.

– Өзүм келбесем мени чакырмак эмес экенсиңер го?

– Чакырмакпыз. Өзүңүз билгендей келип калдыңыз.

– Аттарды мында апкелсин дечи,– деди капитан ординарецесине. – Кана, эмнеңер бар? Айтмакчы мен да кат алдым. Бир чети кубанганымдан, бир чети кубанып турганда душман бир шойкун салабы деп, роталардын кандай абалда турганын көрөйүн деп чыктым. Жүргүлө, жолдош офицерлер. Старшиналар мында экен, камыңарды көрөр.

– Мишка – деди Кыдырбек, өзүнүн ординарецесин чакырып. – Автоматты ал.

Офицерлер алдында, автоматчиктер аркада болуп, күүгүм кирип, каш карайып калганда булар ротанын позицияларын кыдырып келишти.

Чыгыш Пруссия капкараңгы түн жамынып жаткан эле. Шоокум да, бүлбүлдөгөн же жарк эткен ракеталардын жарыгы да жок болгондуктан Пруссияны түн жуткансып, душман тарап өлүк жаткан үй сыяктуу тунжурап, айбаттуу болуп турду.

Офицерлер кайтканда старшина ысык термостун жанында уктап жаткан болучу. Басып келаткандардын шыбыртын угуп, дароо тура калды.

– Старшинаңар сак окшойт,– деди Макаров.

– Бир көзүм уктаса, бир көзүм ойгоо жатат,– деди старшина.

– Кудайдын калпын айтат. Кантип эле бир көзүң ачык жатсын?– деди Макаров.

– Кудай урсун, жолдош капитан. Мен азыр уктайын, сиз карап туруңуз,– деди да, старшина кайта чалкасынан түшүп жата калып, коркурак-шоркурак кылып коңурук тарта кетти. Капитан эңкейип карап, көрүп турган укмушка ишенбей, дагы ылдыйраак эңкейип тиктеп, анан колу менен жаңсап; офицерлерди чакырды. А түгүл автоматчан ординарецтер да келип тиктеп калышты. Старшина былк этпей коңурук тартып уктап жатты. Бирок сол көзү жумулуп, оң көзү бакырайып карап турган эле. Бул өзү анык киши чоочуй турган укмуш болучу.

Капитан баштап, баары күлүп жиберишти.

Старшина тура калды да:

– А, келдиңерби? Беймаалда көпкө тамаша кылат экенсиңер го?– деди старшина, камырап да койбой. – Ужинге келгиле. Муздап калдыбы?-термосту кармап көрдү да,– жок, ысык бойдон экен. Мына бу ротныйга келген тамактан ооз тийгиле. Алыскы Кыргызстандан келген тамак окшойт. Бир жыты бар, мурунду жарат. Кудай христиан кишинин күнөөсүн кече көр, бусурмандын тамагын жеп атабыз! – деди да, чучуктан бир кесип ашап ийип, тамшанып туруп калды.

– Эмне болду? Жуттуңбу? – деди капитан.

– Жутпаганда, тилимди да кошо жутуп ийдимби деп коркуп турам!– деди старшина, колу менен оозун басып.

Офицерлер күлүп, чалкасынан кетишти.

– Ай старшина, христианин, сен кудайга ишенген немесиңби?– деди капитан күлүп, көзүнүн жашын аарчып жатып.

– Албетте, ишенем, арак ичкенде: «Кудай, чатак чыгарта көрбө, чочмордой болгон муштумум бар, дагы бирөөнү бир муштайм деп селейте коюп жүрбөйүн, картаң ата-энем, зайып-балам бар, азабымды тартып жүрбөсүн дейм!» деди старшина, кашкабагым дебей.

Офицерлер кайтадан күлүп жыгылып калышты. Старшина баарына жарты кружкадан арак куйду (чөптүн арасында старшинанын кол фонары күйүп жаткан).

– Жолдоштор, бу жерде эмне кылып отурабыз? Жүргүлө менин жер тамыма!– деди Кыдырбек ордунан козголуп.

Жок, Кыдырбек, ушу жерден жакшысы жок, өзүң тоодо өскөн немесиң, жаратылыштын кучагы жакшы эле эмеспи,– деди Макаров, кружканы колуна алып. – Бизди күткөн колукту, зайыптар үчүн! (Шадриндин алган каты тууралуу капитанга Кыдырбек айткан эле). Фронтовикке кыянат кылган аялдар түбү барып оңбойт. Ага капа болбойлу. Мына бу старшина айткандай, кудай теңирди унутуп, көөп кетпей, момунурак жүрөлү. Өлкөбүздүн келечеги үчүн!

Баары ичип жиберишти.

– Бусурмандын закускасынан, бусурмандын закускасынан! – деп коюп, кесип койгон чучукту старшина нан менен бурдап уруп жатты.

– Ой, чын эле жакшы экен,– деги капитан да апылдатып кирди.

– Бул эмне, галетпи?– деди Шадрин, боорсоктон жеп көрүп.

– Мындай галет болчу болсо тамак жебес элем, мен бир топ жеп көрдүм,– деди старшина.

– Бул эмне? – деди капитан, куруттү кармап көрүп, – Ф-1 гранатабы? – капитан күлдү.

– Ф-1!– деди старшина. – Андан да жакшы экен, бирөөн кемирип көрдүм эле, ушу күнгө чейин оозуман шилекейим агып, суусап отурам,– деди старшина.

– Сен баарын эле мурун жеп көргөн турбайсыңбы! – деди күлүп, капитан.

– Ошон үчүн старшина да!– деди күлүп Шадрин.

– Бул эмне, чын элеби?– деди капитан Кыдырбекке.

– Курут. Кургаткан сүт. Майлуу.

– А-а!– деди да, капитан куруттү кемире баштады. – Ох туздаган бадыраңдай экен, тузсурап турдум эле. Ырас болду, – деп ачыркап кемире берди.

– Ха, баарыбыз Бусурмандашып кеттик окшойт, деди старшина, бу сапар күлкүгө өзү да кошулуп.

– Кыдырбек, сен мындай старшина менен Щервиндтти алат окшойсуң,– деди Макаров, күлүп жатып.

– Щервиндт түшүмө да кирет окшоп калды,– деди Кыдырбек, караңгыда көрө тургансып, Щервиндт жакка бурулуп.

Щервиндт Литва менен Германиянын чек арасында турган Неман суусунун наркы өйүзүндөгү бир көпүрөлөш шаар эле. Бул шаар Макаровдун батальонунун чабуул тилкесинде болуп, анын ичинен чабуулга биринчи кире турган Кыдырбектин ротасы болучу.

– Ошон үчүн уктаганда бир көзүмдү жуумп, бир көзүмдү ачып жүрүп атпайымбы, жолдош капитан!– деди старшина,– капитанга бир көзүн жумуп, бир көзүн ачып туруп тиктеп. Капитан мойнун созуп старшинаны тиктеди да, каткырып жиберди.

– Азаматсың. Фамилияңыз ким?

– Кутузов,– деди старшина, бир башкача көтөрүлүп.

– А-а! Анда эмесе Сулайман экөөңөрдү, Суворов айткандай, Щервиндтке комендант кылып дайындадым!

– Анда сиз Суворов, мен Кутузовдун өзү болот турбайымбы?

– Ансыз болбойт. Щервиндт, айтымга караганда, кичинекей болгону менен чеп сыяктуу катуу бекемделген шаар дейт.

– Бирок Суворов ал сөздү Кутузов көмөк сураганда айткан. Биздин ротный азыр жардам түгүл жетпеген толуктоосун да сурай элекко?

– Билип турам: сурайт. Сураганда да ыйлап туруп сурайт. Анткени, мен өзүм да ошентип туруп сураймм. Генералдар да сурайт. Чыгыш Пруссия Германиянын темир ичинде эмне болуп жатат?– деди капыстан Щадринге карап. Щадрин шашып, оозуна келгенди айтып калды.

– Жолдош старший лейтенанттын кызын көргүм келип турат.

– Кызы кайда?

– Койнуна катып алды.

– Старшой, апкел кызды бери, койнуңа катып албай, кызганчаак турбайсыңбы Щадрин, өзүң кандайсың?

– Жолдош капитан, сизге айткан турбайбы, эми билдим, ротный айткандан бери жеңилип калдым. Болбосо оюма жаман нерселер келип кетти эле. Аттестатыңды да батыраак чакырт деди. Щадрин капитанга эмне сөз айтаар экен деп, жаш балача имерилип турду.

– Ротный туура айтыптыр. Ким үчүн кан төгүп жүрөсүң? Капкайдагы желтаман үчүнбү? Дагы дурус неме экен, кечирим сурап, ачыгын айтыптыр! Мен начфинге айтам, атестатты ата-энеңе жиберсин. Аз да болсо ата-энеңин карызынан кутуласың. Мурунтан эле атестатты бөлүш керек эле. Эх, көзү жок сокур! Көзү жок демекчи! Сен өзүң, көзү жок эрсиң. Сендейлерди «Көзү жок эрлерди ырдайлы» деп, Максим Горький «Шумкар» деген кара сөз менен жазган ырында айткан. Сен анык эр, каармансың. Сени мен башыңды катып, жан бакты бол дебейм, бирок эсеп менен согушкун. Курулай өзүңдү да, взводду да ала тополоңго, салып, майып кылба. Бөөдө өлүмдөн сак бол. Бул баарыңарга тиешелүү. Согуштун кызуусунда жүрөктүү кишилер эмес коркоктор да эрдик кылып, оттун кайнаган жерине кете турганын, а түгүл өзүнүн да чыдамын жоготуп, желпилдеп кетмеси бар экенин капитан биле туруп, балдарга акыл айтып, кеңеш берди. Душмандын өз жеринде кандай согуш болорун ким билсин. Ротанын командиринен баштап баары көптү көрүп, бышып калган офицерлер. Ар бир офицер ар бир солдатты көзү жок эрдикке чакыруу менен бирге бөөдө, обу жок өлүмдөн сактоого милдеттүү эле. Капитан өзү жаш болсо да билимдүү, баарыдан да акыл-эстүү болгондуктан «муну солдаттарга да айткыла» дегенсип, кыйытып айтып турган болучу.

– Ай, ротный, жанакы катып алган кызың кана? – деди капитан, Щадриндин айтканы эсине түшүп.

Кыдырбек Берметтин сүрөтүн капитанга сунду. Капитан фанардын жарыгы менен Берметти бир топ тиктеп турду да, сүрөттүн артын карады.

– Мында эмне жазыптыр? Ыр го дейм?

– Ыр,– деди Кыдырбек, анын жүрөгү опколжуп, катуулап согуп турган эле.

– Орусча которчу.

– Жок, жолдош капитан, азыр которо албайм.

– Болуптур, болуптур, кийин айтып бересиң, мына көргүлө. Көзүндө оту бар, сүрү да бар, келечекти бекем кармаган, жүрөгүндө кири жок, таза сүйгөнүн түбөлүк сүйө турган эстүү кыз ок-

шойт; мен өзүмдүн чолок акылым менен ушундай сын бердим... – капитан кыйшая жата кетип, көктү тиктеди. – И-и деген экен! Менин колуктум да сеникине окшош. Жакшы кызың бар экен, Кыдырбек, катка эмне жазыптыр?

Балдар сүрөттү көрүп чыккандан кийин, Кыдырбек фанарды алып, караңгыда Берметтин катындагы төмөнкү саптарды окуй берди.

«...Сенин үйүңө сени «дайынсыз жоголду» деп кат келгенде мен энемкинде болучумун. Ошо кезде атамдын жогу да жакшы болду. Мен эсим ооп жыгылыптырмын. Жанымды энем алып калды. Менин кайгымды энем байкуш кошо бөлүшүп, жайбаракат акыл айтып, көңүлүмдү тынчыткан болду. Мен байыркы гректердин Сафо кызындай болуп, аскадан учуп өлөйүн деп да ойлодум. Бирок сени кыялбадым. Сен тирүү, бардай болуп туруп алдың. Бул Симоновдун «Мени күт!» деген ырынан улам эмес. Өзүмчө эле сенин жоголгонуңа ишенбей койдум. Жүрөгүм таптакыр бурулбай уруп алды. Сен душмандын огуна учкан күндө да кылаарым эмне эле? Өзүмдү мыкчый кармап, ыйлабаска тырыштым. Көзүмдөн өзүнөн өзү бир-эки тоголок жаш ыргыды да, ыйды жеңдим. Анткени сени мен өмүр бою унуткум келген жок. Ый, көз жаш сенин элесинди кууп кетеби деп корктум. Көз жашы катып калган немедей ыйлабай, сумсайып жүрсөм өзүңдөн мага кат келди. Мына ошондо катыңды ачпай туруп ыйлап, башым оогон бир жакка безип, качып, атам, таанybаган бир орус кемпирдин короосуна кирип жыгылыптырмын. Ыйлаганды көрсөң ошондо көр! Сени өлдү дегенде ыйлабай өзүңдөн кат келгенде ыйлаганым: көз жашым сени өлдү деген кабарды жууп кетсин дедим, өмүрүм... Кыдырбегим...»

Кыдырбектин үнү каргылданып, катты капитан тарапка ыргытып жиберди да, ордунан туруп, басып кетти.

«Эркек киши, фронтовик да ыйлайбы? Кой!» дегенсиген үн чыкты. Бурулуп тегерегин караганда эч ким жок эле. Бул үн өз көкүрөгүнүн үнү экенин түшүнүп, бетин жоолугу менен аарчып, кайта өз ордун карай басты. Уятынан бети чымырап, араң эле келди.

– Кайда качып жөнөдүң, Кыдырбек? Сага айтып коёюн сенин кызың кыял менен жүргөн романтик кыз экен,– деди да, анан өзү менен өзү сүйлөшкөнсүп, көктү карап, чалкасынан жатып алып, жай сүйлөдү. – Мындай кыздар үчүн кан төгүүгө болот, булардын таалайы, келечеги үчүн... Турмуштагы таалай деген ушу да! Мындай жигиттер дардаңдап көөп кетпестен турмушта чоң иштер иштеп, сүйүүнүн кадыры үчүн тоону томкоруп, бийик киши болууга тийиш!.. Ай Щадрин! Сен сүйүп үйлөнбөпсүң. Тим эле... аял керек боло калып, балким, ага да ошол учурда эркек керек боло калып... жүрүп калыпсыңар. Ал сенин зайыбың эмес, сен анын күйөөсү эмессиң!.. Экөөңөр бир бириңерге чоочун болгонсуңар... Щадрин, сен аны сүйдүң беле?

– Билбейм, жолдош капитан, – деди Щадрин жер карап, башын көтөралбай уялып.

– Кетип калганына жүрөгүң тызылдап жатабы?

– Тызылдаганын билбейм, кетип калганына ичим күйүп турат, – деди Щадрин, башын көтөрбөй.

– Мына кеп ошондо да. Кетип калганына ичиңдин күйгөнү намызданганың. Куру намызданганың. Куру намызды коюш керек. Эми согуштан кийин мас болбой, катынсырабай турган кезде сүйүп алгын. Сүйгөн киши эч качан өзү сүйгөнүн кыйбайт... Кыдырбек! Сага посылканы ким салыптыр? Ата-энеңби? – деди капитан Макаров, чалкасынан жатып алып, капкараңгы түндөгү жылдыздарды тиктеп,

– Жок, солдат. Жарадар болуп, үйүнө кеткен эле. Мугалим экен, азыр колхозго башкарма кылыптыр. Иштегенине эки жылга аяк басып калды го.

– Окучу, эмне жазды экен.

Кыдырбек фонардын бүлбүлдөгөн жарыгы менен Абылкасымдын катынан мына буларды окуду.

«...Мен сени бир саатка да унутпайм го дедим эле. Унутпасын унутпай эле кээде эстейм, эстегенде жүрөгүмдү ийне сайып алгансып, жаным ооруп кетип эстейм. Кат жазалбагандан кийин эстегендин пайдасы эмне! Кээде майдандан быякка, ооруkка келгениме да арман кылып кетем. Анткени мен бир майдандан экинчи

майданга келиптирмин. Биз согуш майданына баарын берип жатабыз. Бирок өзүбүз ачкабыз. Кийим жок. Эркек анда-санда калды. Абышкалар байкуш аялдар кызаңдашып, улуу күч болуп жатышат. Оору-сыркоолор да көп. Жалпы ички көрүнүш ушундай. Ал эми мындай, сыртынан алып караганда, эгинибиз эгилүү, данибыз жыйналуу, баары өз жайында окшоп көрүнөт. Элди сактап калыш үчүн анда-санда жылкы, мал сойдуруп, эт жедирип, сорпо ичирип жатам. Мал бир жылда өсөт, көбөйөт, эл – жок, бир жылда өсалбайт. Ал эми жакында райондон чокчоңдогон бирөө келип, малды жырткычтарча жок кылыпсың, сотко берем деп, коркутту. Мен айтыша кеттим, бирок ичимден, бир статьяга такап туруп, кестирсе кестирип жибереби деп да корктум. Жаным күйүп калган экен, аябай айтыштым. «Мен согушта жүрүп ачка да болдум, мында келип да курсагым тоёлек, согуштагы балдарды кантип унутам, бирок согуш майданын тойгузуп отурган элди да ачкадан кыралбайм! Сотко берсең бере бер, элден ашык бирдемени жесем соттомок турсун аттырып жибер. Чүйлүсү тултуюп, мойнун буралбай жүргөн башкармаларды да көрүп жүрөм, анда барып кой сойдуруп жеп, арак ичип келесиң да мага келип тергөө жүргүзөсүң. Мына мен сага кой да соялбайм, арак да бералбайм. Мениkи баары эсептелүү. Эгер кой соё турган болсом, элге соёмун. Мына сен кеткенден кийин элге дан да бердирем» деп, айтпаганды айттым. Айткандай эле элге дан бердирип, курсагын тойгузуп жатам. Эл эмне, уруу кылсынбы? Жанакы чокчоңдогон неме ызырынган бойдон кур ооз кетти. Бюрого чакыртып каматабы деп, чочуп өзүм райкомго барып, баарын түшүндүрүп келдим. Аягы эмне болоорун ким билет...

Ал эми сага жиберген тамактар менин үйүмдүн тамак-ашка толуп турганынан эмес. Төрт жаш балам болуп, алты киши экенбиз. Жеңең экөөбүзгө тийген этти алтыга эмес жетиге бөлдүк. Анткени сени да үй-бүлөбүзгө коштук. Анан этти жетиге бөлдүм, жетиге бөлүп туруп, сенин бөлүгүңө өзүмдүкүнөн, жеңендикинен, балдардыкынан кесип сала бердим. Канчасын кесип, канчасы бизге калганын сен сураба. Иши кылып сен жолдошторуң менен шам-шум эте турган тамак болду. Сен экөөбүз жоокер

болгондуктан чындыкка жакынбыз. Мен ачыгын айттым. Колко кылып жазыптыр деп, тескери түшүнбөгүн, досум...»

– Менимче жететко дейм, аржагын окубай эле коёюн,– деди Кыдырбек.

– Албетте, жетет,– деди капитан, капалуу үшкүрүп. – Биз жеген тамак, бирөөлөрдүн өз курсагынан кечип туруп жиберген тамагы экен го! О кудурет! Кыдырбек, сенин солдатың калп айтчу неме эмес беле?

– Оюмда калп айтпайтко дейм. Ал менин үйүмө да бир-эки жолу барган. Үйдөгүлөрдүн жазганы менен солдаттын сөзү да, кылган иши да бир чыгып жүрөт,– деди Кыдырбек. Капитандын айтор сөзүнө кулак түрүп.

– Негедир мен да ушу пикирге келдим. Андай болчу болсо ал солдат азамат экен. Сен баарыбыздын атыбыздан ага кат жаз. Баарыбыз кол коёлу. Солдат-башкарма, сенин туткан жолуң туура, ошол жолдон кайтпа, бирдеме болсо өлбөгөн жерде калгын, ЦКга чейин бар дегин, – деп ордунан туруп, бир жакка кулагын тосуп, тыңшап калды. Офицерлердин баары кулак түрүп калышты.

Капыстан биз тараптан ракета жарк этти да, пулемёт тытырады. Душман тарап пулемётко жооп бербей койду.

– Щадрин, чурка, сенин взводуң, барарың менен кабар кылгын! Жолдош офицерлер, орду-ордуңарга! – деди Кыдырбек.

Щадрин чуркап жөнөдү да, караңгыда дүмүргөбү, бирдемеге чалынып жыгылганы угулуп, жок болду. Башка офицерлер жай гана басып кетишти. Пулемет бирде узун, бирде кыска очередь менен аткылап жатты. Душман бир топко жооп бербей турду да, анан Немандын берки жээгин көздөй немецтердин полктук артиллериясы ата баштады. Ошо замат ротанын жардамга берилген артиллериясы күчтүүлөп аткылап калды.

Капитан Макаров менен Кыдырбек жер тамга киришти. Телефондун кулагында отурган байланышчы ыргып туруп честь берди да, кайта отурду.

Эшиктен уруксат сурап, Щадриндин кабарчысы кирди.

– Доложи! – деди капитан.

– Диверсанттар, жолдош капитан. Көпүрөнү жармакчы экен, жолотпой койдук! – деди кабарчы, аптыгып сүйлөй албай.

– Көп бекен?

– Взводго жакын.

– Лейтенантка айтып кой: көпүрө үчүн жалгыз өзү жооптуу. Бар! Немецтер тараптагы замбиректер басылды. Биздин артилерия дагы бир топко атылып туруп, бу да басылды.

– Телефон шыңгырады.

– «Орел» слушает. Сизди – деди байланышчы. Капитан Макаровго түтүктү берип, шыбырап, – хозяин № 1...Комдив.

– Мен. Слушаюсь, жолдош... Кузгундар конмок болгон экен. Жолотушкан жок. Есть, есть, жолдош хозяин, мына бердим. Ме, Сулайманов! – Капитан Макаров түтүктү, Кыдырбекке берди.

## XVII

Адамдан, техника жана башка жагынан толуктоо алып, генерал Черняховский өзүнүн Чыгыш Пруссияны каптап кире турган атактуу чабуулуна камынды.

Гитлер, Геббельстер болсо өздөрүнүн солдаттарына карата радио аркылуу күндө сөз сүйлөп, «Большевиктердин жапайы аскерине» каршылык гана көрсөтүү эмес, алардын таш-талканын чыгарууга үндөдү. Жакында фюрер колуңарга жаңы курал берет, бул курал менен душманды Москвасына чейин кайта кууп, жеке Россияны эмес, бүт союзниктерди да багынтасыңар дешти. Геббельстин пропагандасы андан бетер нарылап: орустар менен азиялыктар (монголдор) Германиянын маданиятын, зыйнаттуу турмушун көргөндө уруштан баш тартып, кайта кайтат деди. Ошону менен бирге Чыгыш Пруссиянын шаарларынын, шаарчаларынын, ири кыштактарынын дубалдарынын бетине, жолдорго: «Немецтин солдаты, зайыбыңды большевиктерден корго!» деген жазуулар пайда болуп, түрү суук, мокочодой болгон орустун солдаты немецтердин ак саргыл фрауларын чачтап, сүйрөп жүргөн плакаттар илинди. Гебстин кайраштырган, өчөштүргөн пропагандасынын заарына ууккан немецтин сол-

даттары немецтер үчүн мындан наркы согушуунун курулай кан төгүүдөн башка эч кандай пайдасы жок экенине анча-мынча түшүнсө да, жетелетме сокурча «жаңы куралга», «фюрерге» ишенип, өлбөгөн жерде кала турган кырчылдашкан согушка камынды. Эми мына бу согуштун, пропаганданын азабын немецтин эли тартыш керек эле. Гитлердин эл менен кошо өлөбүз деген болбогон кызыл кекиртектиги улуу элдин башына өтө оор кырсык, каргаша салды.

3-Белорусс фронту башка фронттор менен бирдикте бир учурда артиллерия подготовкасын жасап, Чыгыш Прусиянын 6-июндагы боз закым тарткан таңы жер титиреп, күн күркүрөгөнсүп атты. Комбат капитан Макаровдун дивизиясы ичине кирген 39 армия душмандын Сталинград топторун талкалаган атактуу дивизиялардан куралып, бул армия ири алдыда, душмандын бекемделген бөгөттөрүн жөөлөп же кыя кесип өтүп баратты. Өз жерин душманга бастырып, душмандын запкысын жеп калган көпчүлүк солдат, офицерлер, бир жагынан, 1941-жылдын чегинүү азабын тарткан ветерандар болсо, экинчи жагынан, көпчүлүгү душмандын басып турган (оккупациясы) убагында ата-энеден, туугандарынан же зайып-баласынан, же колуктусунан ажырагандар эле (аларды немецтер же атып, же камап, же Германияга айдап кеткен болучу). Бир кезде жүдөп, кемсинип, алдастап барып, кайта канат байлап, ансыз эле эргип турган аскер Чыгыш Пруссиянын чептерин үзүүгө даяр турса да ичинде «кеги» калгандар биринчи жулунду. Аларды кантип кармоого болот эле?

Жалпы чабуул башталганда эки тараптан тең авиация, артиллерия танк, өзү жүрмө замбирек, пехоталар аралашып кеткендей, чак челекей болуп, улуу баш аламандык түшүп тургансыды.

Бирок немецтер али күчтүү. Алар техника, ишеним жагынан да күчтүү. Кайсы бөлүктө, кайсы аймакта болбосун немецтик солдаттарды катуу кармашты. Айрым жерлерде кайта чабуул жасап, биздин аскерлердин чабуулун токтотууга тырышты. Бирок эми эч кандай күч Совет Армиясынын селдей каптаган күчүн токтотууга мүмкүн эмес эле. Немецтердин аскерлери

өзүнөн өзү сүрүлүп, жаңы чыккан «Фердинант», «Тигрлерине» карабастан, акырын чегине баштады. Айтор душман карышкырча жонун дүгдүйтүп, дале болсо сүрдүү, дале болсо күчтүү, дале болсо коркунучтуу болучу. Эки тараптан тең суудай кан төгүлүп, эки тарап тең алсырап, Пруссияга 15-17 километр кирип баргандан кийин биздикилер да токтоп, немецтер да каршы чабуул коялбай, алышып алсыраган кишиче тирешип, бирок кармашпай, эки тарап тең туруп калышты...

Аскер чегинип бараткaнда, демек, баш аламан болуп качып бараткaнда, аскерге аралашып жай элдин кошо качышы, элдин (кайсы элден гана болбосун) башына түшкөн зор каргаша го. Биздин жай эл да качкан, бирок алар качканда капыстан кол салып кирип келген душмандан качкан. Бул – боло турган иш. Ал эми немецтин эли душман эмес, мыкаачы, киши жегич, мокочо келатат деп качты. Ошондуктан оор кырсык, зор каргашага учурады. Бул жөнүндө немецтердин өздөрү, өздөрүнүн пропагандасы айыптуу. Согуштун аягына чейин биздин аскерлерди Геббельстин пропагандасы «жапайы элдин мыкаачы, киши жегич аскерлери» деп сүрөттөп келди. Ал «жапайы» элдин нанын жеп, сүтүн ичип, кыз-келиндери менен жүрүп келген ушул азыр качып бараткан немецтердин солдаттары менен офицерлери эмес, беле? Булар билүүгө тийиш болучу! Биздин солдаттардын айрым бейбаштарынан башка (өздөрүнүкү толуп жаткан) көпчүлүгү немецтердин тынч элине жакшы мамиле кылганда немецтер «киши жегичтер» ушулар беле деп, таң калып, тим болушту.

Ал эми бизди «жапайы», «мыкаачы», «киши жегич» дей турган да себеби бар эле. Гитлердин пропагандисттери согушту баштагандан тартып «Мыкаачы большевиктер», «Киши жегич жапайы азиялыктар» деп, кор көрүп, талап, өлтүрүп, запкы көргөзүп койгондуктан, эми капкасына кирип келатканда өч алып, кек кууйт деп, коркуп, капкайдагы кудайдын калпын айтып, жамандай берген эле. Немецтин эли да, солдаттары да сокур кишиче ишенип, каргаша, кырсыкты көздөй бара берди.

Кыдырбек телефондун түтүгүн алганда өңү купкуу болуп, калчылдап, жүрөгү ойноп кетти.

– Телефондо ротанын командири старший лейтенант Сулайманов,– деди Кыдырбек, апкаарып, үнү калтырап.

– Эмне, жүрөгүң опколжуп турабы?– деди түтүктөн генерал, жайбарат, кыйкырыксыз, өзү баштап амандашып, Кыдырбектин жүрөгү дароо өз жайына келди.

– Сүрдөп кеттим, – деди Кыдырбек, чынын айтып.

– Мен да сүрдөп отурам, кимден экенин билесиңби? – деди генерал, ошол эле жайбаракат үн менен.

– Билем деп коюп ката кетемби деп корком,– деди Кыдырбек, дивизиянын командиринен жогорку командирди кантип тергешин билбей атынан айтса немецтер билип коюшу мүмкүн эле.

– Ким?

– Кашка баш киши – деди да, Кыдырбек бултуйтуп чыгарган тилин тиштеп, көзүн чакчайтып, капитан Макаровду тиктеп, эси чыгып туруп калды.

Түтүктөн катуу каткырып угулду. Аны Макаров да, байланышчы да укту. Макаров оозун басып күлүп жаткан эле.

– Ай иттин баласы! – деди генерал түтүктөн,– кашка дегениң мен эмеспи (генерал «сенге» өткөн эле),– деди да, кайтадан күлдү.

– Күнөөлүүмүн… жол…

– Болуптур, болуптур,– деди генерал жумшак, эркелеткен үн менен. – Кашка баштан эмес, өз намысыңардан корккула. Кандай ишке болсо да даярсыңарбы?

– Даярбыз!

– Мен сизге ишенем, жолдош старший лейтенант! – деди да, генерал түтүктү илди. Бул Бибиков эле.

Телефонду илер замат Кыдырбек каткырып күлүп калды.

– Мени кайсы шайтан сайды? «Кашка баш» дептирмин. Биздин генерал да кашка баш эмеспи!

Экөө дагы далайга күлүп жатышты.

Генералдын айтканы 5-гвардия корпусунун командири, дайым башын таза кырдырып жүрө турган генерал лейтенант Безуглый болучу. Ал эми дивизиянын командири болсо башын кырдырбаса деле анык кашканын кашкасы эле. Генерал Безуглыйды ачуусу чукул, ишти да чукул чече турган, эр жүрөк генерал деп, чочуша турган..

– Эми, бала, сак бол, өзүң билесиң, бул эки кашка баш күнүтүнү уктабаган немелер... Түшүндүңбү? – деди капитан Макаров, дароо сурдана түшүп.

– Түшүнүктүү, жолдош капитан!– деди да, Кыдырбек колун чекесине алды.

– Комдир биз менен бекер сүйлөшүп отурган жери жок. Гитлердин уюгуна кириш урматы биздин колубузга берилген. Демек, генерал бизге ишенип отурат.. Биз экөөбүздүн өлүгүбүз болсо да Немандын наркы өйүзүндө болуш керек!.. – деди капитан.

Капитан Макаров менен Кыдырбек, бирин-бири терең түшүнгөн кишилерче, экинчи сөз айтышпай, бир-биринин колун бек кысып, капитан эшикти көздөй басты.

* * *

Тамдарынын төбөсү кызыл черепица менен жабылган бүткүл Чыгыш Пруссияны капкара түтүн курчады. Совет артиллериясынын бардык түрлөрү биринчи жолу өз жерин эмес душмандардын жерин аткылап турган. Авиация душмандын асманын каптады. Учкаяк, башкарууга элпек Т-34 танкалары узун стволдуу замбиректеринен түтүн буратып, бортуна десант алып, аркасынан пехота чуркап, көчкү жүргөнсүп, калдайган аскер алдында күркүрөп шаркырап, жапырт кирип баратты. Пехота болсо жер дүңгүрөгөн күркүрөк-шаркырактан кулагы тунуп, ошондуктан күркүрөктү да укпай, чаң, түтүн жутуп акактап, кандайдыр бир токтоно албай күү менен бараткансып, эчтеме көрбөй, эчтеме туйбай, бирок душмандын жеринде, чоочун, бейтааныш жерде баратканы гана эсинде калып, да болсо анда-санда гана эсине келип, энтигип жүрүп отурушту.

Кээде:

– Танкыдан артта калба!– деген командалар угулуп жатты. Бирок бу команданы ким угуп, ким укпай жатканы белгисиз эле. Анткени баары токто жок жапырт каптап баратышкан.

Немецтердин снаряд, бомбалары жарылып, танкалар токтоп, өрттөнүп, кара комбинезончон, чала күйгөн танкисттер танка-

дан чыгар замат же өлүп, же нарыраак сойлоп барып жатып калып жатышты. Асмандан биздин, немецтердин самолеттору капкара түтүн болуп кулап, Чыгыш Пруссиянын талаасында биздин аскерлер да, душмандын аскерлери да боо түшүп калды.

Бирок толкун сыяктуу сүрүлүп келаткан аскерге улам жаңы-жаңы күч кошулуп, такоол келип согуш кайтадан кызый берди. Гвардия минометору – «Катюшалар» куйруктуу жылдыз сыяктуу капкара түтүн болуп жаткан чаң аралаш согуш майданын жаңыртып, көктү андан бетер капкара ыш, чаң кылып, дозоктун отун чачып турган душманга чабуул коюп бараткан аскерлерге сүрөөн берип, аз да болсо жылууга чоң көмөк, мүмкүндүк берип турду.

Немецтер нечен жолу кайта чабуулга өтүп, өз үйүн, өз босогосун үгүт, плакаттын сөзү менен «мыкаачылардан» коргоп, өлүп, өлтүрүп, адамзат көрбөгөн кыргын түштү. Немецтер үчүн анык согуш эми башталган эле.

* * *

Чыгыш Пруссия Россия сыяктуу мейкини кең келбей, жери тар, эли жыш болгондуктан согуш биз, үчүн өтө оор шарттарда жүрдү. Немецтер ар бир кыштак, шаарга окшогон кичинекей пункттарды, төрөлөрдүн корук жайларын, фермаларды, кокту, көлдөрдү жамынып, биздин аскерлердин жүрүшүн барган сайын кыйындатып, айрым жерлердеги немецтердин кайта чабуулу күчөп, биздин айрым жерлердеги чабуул солгундай баштады. Кишилер да көп кырылып баратты.

Кыдырбектин ротасы так ушул абалда эле. Бир пунктка келгенде немецтердин үйүнүн баарынан ок жаап, замбирек, миномёттор ротаны жылдырбай койду. Арттан келаткан башка бөлүктөр өз ротасына келип такалып, булар да жылалбай, душман менен бетме-бет атышып, өлгөн, жарадар болгондор көбөйүп кетти.

Кыдырбек согуш ишиндеги канчалык машыккан офицер болсо да, бир заматка шашып, эмне кыларын билбей калды. Ошол учурда артка чегингенсип, взводду бириндетип, жер өбөктөп бараткан Шадринди көрдү да, кабарчысына кыйкырды:

– Барып бил! Тиги шайтан кайда баратат!

Бир аздан кийин кабарчысы чуркап келип:

– Туура жагына өтпөсөм тике маңдайынан атала турган эмесмин, старшойго айтып кой деди,– деп, оң колун кармап, отура калды. Бир ирмемде өңү купкуу болуп кеткен эле. Жеңинен кан тамчылап ага баштады.

Ординарецисине:

– Таң! – деди да, калган взводдорду көздөй чуркады.

Рота бул пунктту таштагансып, туура жагынан кыя кесип өтүп баратты. Курчоодо калыштан коркуп, немецтер шашылып артына чегине берди.

Күн кандай кечкирип, түн кандай киргенин көп киши билген жок. Артиллерия, самолет, танк, автомат, пулемёттодун күркүрөгөнү, ыш, чаң түтүндөн башка эчтеме көрүнбөй калганда «Алган позицияңда бекем токтогун!» деген буйрук келди. Рота токтогон жер кичинекей 5-6 үйлүү чачыранды кыштак эле. Рота дароо ок атар позициялар тандап, немецтер казган киши бою белен окопторго кирип, керек болгон кошумча окопторду казууга киришип, байланышчылар телефондун сымын тарта баштады.

Кыдырбек чалкалап, флягасындагы аз калган сууну карк-күрк эткизип жутуп жатканда байланышчы телефонго чакырды.

– Ай кыргыздын айбаны! Сен эмне үчүн жанакы жерге токтой калып бүлүк салдың? – деди капитан Макаров, үнү бүтүп, ачуусу келип, капкайдагы сөз менен тилдей турган болуп.

– Айып менде, жолдош капитан, Щервиндтке комендант болалбагандан кийин жанакы кыштак көзүмө чоң көрүнүп кетип, комендант болгум келди эле, болбоду, Шадрин болбосо…

– Тамашаңды чоң энеңе кыл! Канча киши жоготтуң? – деди капитан, жаман сөз менен тилдеп.

Элдин эсебин алалек Кыдырбек, кыңк-мыңк этип жооп бералбай калды.

– Иттин гана баласы! – деди капитан, чындап ачуусу келип. – Териңди тескери соёмун! Сыйлыкка көрсөтөйүн дедим эле, эми мына муну аласың! (капитан телефондо туруп алып муштумун көрсөткөн эле) Түшүндүңбү?

– Эң жакшы түшүндүм, жолдош капитан, терим сыйрылса мейли эле ансыз деле теримди, жанымды аяп отурган жерим жок, жанакы сыйлык болсо…

– Бас жаагыңды! Сүйлөбө! Шадрин тирүүбү?

– Тирүү, жолдош капитан.

– Болсун. Эми жакшы кызга үйлөнүү жайын ойлоого уруксат. Сен иттин баласына тамаша кылууга тыюу саламын,– деди капитан, бир аз жумшаганын билгизгиси келбей.

– Есть, жолдош капитан! – деди Кыдырбек, капитандын ачуусу анчалык коркунучтуу эместигине көзү жетип өзүнүн немец жеринде турганына кубанып. – Старшина кайда? Чакыргыла! – деп, суусу жок куру флягасын чалкалап, шыпкап жатканда старшина Кутузов өзү келди. Анын колунда немецтин кийиз тыштаган бир нече флягасы бар эле.

– Суусап калган экенсиз, мынаңыз, – деди старшина, же чарчаганы же ичип алганы билинбей, тили булдуруктап, көзү жумула жаздап.

– Сенин бир көзүң эмес эки көзүң тең жумулганы калганбы, иттин старшинасы? Мунуң эмне? – деди Кыдырбек, эч качан старшинанын мындайын көрбөгөнгө таң калып, флягаларды тиктеп.

– Суу…. арак… – деди старшина, оолжуп, мас болгонсуп.

– Старшина, мен сени атам, атып туруп жообун өзүм, берем! – деди Кыдырбек, тапанча капка кол узатып.

– Жолдош гвардия старший лейтенант, рота ок атчу позицияны ээледи. Кухня кечки тамак жасап жатат. Немецтердин арактарын эсепке алдым. Мына буларды жоокерлердин колунан алдым. Блиндаж, жер төлөлөрдө немецтер бар экен. Бейбаштык болбосун деп, кароол койдум. Сиздин буйругуңузду күтөм. Баяндап турган старшина Кутузов! – деди да, тартип менен колун чекесине алып, өпкөсүн каккылап, тууралanып туруп калды.

– Жиндиленбе, старшина, массыңбы, соосуңбу?

– Сопсоонун, жолдош старшой, тамаша кылам деп, атылып кала жаздадым! – деди старшина бир заматтын ичинде өзү да соо болуп, тили да ордуна келип.

Кыдырбек күлүп жиберди да:

– Кишинин эсебин алыш керек, взводдун командирлерине... жок, өзүм барам, жүр, – деп старшинага колун жаңсады.

– Кишилердин эсебин алып келдим...

– Жүр, жүр,– деди Кыдырбек.

Автоматчан ординарецин ээрчитип, каш карайып калганда Кыдырбек өз ротасын кыдырып кетти.

* * *

39-армиянын командачысы генерал Людников армиянын алдыңкы катарын карап жүрдү. Генералды баштап жүргөндөрдүн ичинде генерал Безуглый, Бибиков, полктун командирлери бар эле. Булардын баары чын айрымасы жок, комбинезончон жүрүштү.

Капитан Макаров эми гана түшкү тамактан кийин эс алайын деп, блиндажда отурган. Кабарчы чуркап кирип.

– Генералдар келатат! – деди.

Капитан алардын келеринен мурунтан эле кабардар болсо да, кайсы убакта келерин билген эмес.

– Роталардын баарына кабар кылгыла, кадимки согушка даярдангандай даяр турсун! – деди да, жаракчан тышка чыкты. Немецтер анда-санда аткылап коюшат.

Өзүнүн мурунку командирин таанып, капитан бардык тартипти сактап, Людниковго берди.

– Сиз баякы Макаровбу? – Людников Макаровго кол берип, көрүштү.

– Ошонун өзү, жолдош генерал!

– Немецтин аялдарын зордук кылган сиздин балдарбы? – деди Людников, эч кандай начальникче үнүн көтөрбөй.

– Бизде боло жаздаган, бирок биз алдын алганбыз,– капитан уялып кетип, өз полкунун командирине карады;

– Жарайт, жарайт, аны укканбыз, чебердеш керек, биз немецтерге жакшы мамиле кылууга тийишпиз, ансыз деле бизден коркот, булардын пропагандасы ошондой. Кана эмесе, алдыңкы чекке баралы, башта, капитан, – деди Людников, жай гана.

Булар Кыдырбекке келгенде Кыдырбек окоптун оозунан тосуп алып рапорт берди.

– Сулайманов! Эсимде, эсимде. Косолапов кайда? – Людников, Кыдырбектин өңүнө көпкө тиктеди.

– Тигине, пулемётто, жолдош генерал,– деди Кыдырбек, генералдын тигиле тиктегенинен уялып.

Людников Косолапов менен амандашты:

– Мени тааныдыңбы?

– Тааныбаганда, жолдош полковник! Айыптуумун, жолдош генерал. Биз сиз менен Сталинградда немецтин кысымын чогуу көрбөдүк беле! Сиз болсо генерал болуп, армияга командачылык кыласыз, мен болсо баякы эле сержант бойдонмун,– деди Косолапов, өз командирин көргөнгө сөзмөр болуп, кубанып.

– Солдаттарды көтөрүш керек! – Безуглый, Бибиковго карады. – Сиз муну билесизби?

– Билемби? – деди ыштаган чаначтай кыпкызыл Бибиков, күлүмсүрөп.

– Албетте билесиз, далай жолу жолугушканбыз, эң кысылыштарда,– деди Косолапов.

– Аны взводдун командирине көтөрсө өзү болбой отурат,– деди Шадрин.

– Мына, көрдүңбү – өзүңдөн улуктардын сөзүн угуш керек, болбосо бүгүнкүчө генералга да жетмек экенсиң!– деди күлүп, Людников. – Экинчи жолукканда взводдун командири катарында рапорт бергин, жарайбы?

– Жарайт, бирок...

– Болуптур, болуптур, каршы сүйлөөгө уруксат жок,– деп, Людников күлдү. – Эски солдат көптү билет. Кана, айтып көрчү, көрдүңбү, тетиги жалгыз карагай...

Косолапов бир узун очередь берди. Немецтер дароо жооп кайтарды.

– Бул эмне карагай? Сен билесиңби? – деди Людников Косолаповго.

– Билбейм,– деди Косолапов.

– Дагы бир атып көр, учураак жагына.

– Есть,– деди да, карагайдын түбүнө учуна чейин узун очередди берип калды. Карагайдын башы солкулдап барып токтоду.

– Бул эмнеси? Демек... – деди да, Людников бинокль менен тиктеп калды. Генералдар, командирлердин баары көздөрүнө курал кийип, бинокль менен тиктеп калган эле.

– Көрдүңөрбү? – деди Людников, көзүнөн биноклди алып.

– Көрдүк! – дешти баары, бир оиздон.

– Булардын баарын аткылап турбай кайда жүрдүңөр эле? – Безуглый ачуулангансып барып, Бибиковго олурайып карап, тим болду.

– Душманды жок десең, бөрк астынан чыгат дейт эл. Сак болуш керек! – деди да, Людников Шадринге жакындап: – Кош, младший лейтенант, качантан бери согуштасың?

– 1942-жылдан бери... – деди Шадрин, уялыңкы.

– Мен Сулаймановду карап, баякыда жаш бала экен дегемин, эми эр жеткенсип, чекесине тырыш кире баштаптыр. Сиз канчадасыз?

– Жыйырма төрттөмүн,– деди Шадрин. Зайып, балаңыз барбы?

– Жок! – деп, капитан Макаровго тиктеди, эриндери калтырап.

– Болуптур, болуптур, деди Людников.– Согуш бүткөндөн кийин жакшынакай кызга үйлөнүп алыңыз. Болуптур. Кана, генерал, эми кайда барабыз?

Бирок ошол учурда замбиректин калың огу түшө баштады.

– Бу кайдан? – Людников, окоптон башын чыгарды.

Ошо замат окоп калтырап, четтери урады.

– Жолдоштор, баш катар жакка! – Шадрин буйрук берип, генералдар бирин-бири карап калышты да, акырын Шадриндин артынан басты. Жоокерлер блиндажга кире баштады.

– Тиги карагай турган жер бейтарап жер беле?– деди Людников, Шадринге.

– Бейтарап... – деди Шадрин, замбиректин огу блиндажды түз тийсе бузуп кетип, бир кокустук болбогой эле деп.

– Силер түн ичинде карагайды кыйып таштагыла, Огневой налётту майор бериш керек, – деди Людников, полктун командирине. Полктун командири честь берди.– А жерде телефондун кабели болуш керек, аны жоюш керек го дейм?

– Албетте! – деди Косолапов.

– Эмне үчүн силер артналетко жооп берген жоксуңар? – деди Людников майорго.

– Анткени…душмандын жаңы ок атар точкалары табылып жатат. Ошондуктан…

– Ушу күнгө чейин билелексиңерби? – деди Людников, таң калып. – Армиянын чалгынчылары силерден көп билеби? Силер өз аймагыңарды жакшы билишиңер керек эле го? – деп, Бибиковго карады.

– Майордун качан болсо шылтоосу табылат,– деди Бибиков– Кана, байланышчы, полктун артначальнигин чакырчы!

Артначальникке көпкө чейин телефон чалышалбай, акыры келгенде бир далай сөз болуп, аны дароо взводго чакырышты.

Начар уйкулуу көзүн ачалбай келгенде ага Людников түпсүз суроо берди.

– Эмне үчүн душманга каршы жооп берген жоксуңар?

– Снаряд аз, ошондуктан…

– Снарядыңар кайда? – деди Людников Бибиковго карап. Айтсын, айтсын, – деди Бибиков.

– Огневой взвод кайда?

– Буларда.

– Эмне үчүн аткан жок?

– Билалбадым…

– Сиз азыр, биз чакыртар учурда кайда элеңиз? Подполковник унчугалбай калып:

– Огневой взводдо болучумун… – деп, калп айтты, Людниковду таанабай. Людников күлүп жиберди.

– Азыр эле эмне үчүн атпаганын «билалбадым» дебедиңиз беле? Болуптур, болуптур. Бүгүн түндө полктун бүт артиллериясы менен аткыла. Эмне болорун көрөлү!..

– Огневой взводго мен айткамын,– деди Бибиков, күлүмсүрөп.

– Жолдош старший лейтенант Сулаймановду эскертип, начарттан буйрук болмоюн атпагыла дегемин, а булар таптакыр башканы айтып отурат! – деди да, майорго карабай, Людниковго өзүнүн пикирин түшүндүрдү: – Начарт менен майор Кенигсбергге кирүүгө жаңы кийим тиктирип жатса керек!

– Ал жаман, эмес, бирок калп айтып, начальникти алдоого болбойт ко? Болуптур, болуптур! – деди да, тим болуп, Сулаймановдун колун кысып, Косолаповду далыга чаап, – болуптур, болуптур, кечиндегини унутпагыла. Бул – бир жагынан согуш менен чалгын чалуу деген болот! – деди да тышка чыга баштады.

* * *

Кечинде тыптынч болуп турду. Немецтер караңгы кирер менен жалгыз карагайдын үстүндөгү өздөрүнүн «күкүгүнүн» же өлүүсүн, же тирүүсүн билүү үчүн караңгыны күтүштү. Биздикилер булардын бул оюна каршы туруп, ракета менен аткылап, тегеректи жапжарык кылып туруп алды. Каш карайганда бүт полк артналёт жасады. Немецтер унчукпай, анда-санда гана пулемёттун узун очереддери угулуп турду. Бир аздан кийин пулемёт да унчукпай калды.

Биздикилер окту душмандын төр жагына оодарганда рота жайбаракат, кыйкырык, ызы-чуусуз жылып жөнөдү. Косолапов кол пулемёт менен бараткан. Негедир немецтер ракета да атпайт. Рота немецтердин окопторуна жакындап, жалгыз карагай кесиле баштады. Мына ошондо гана немецтер бардык атуучу куралдардан ок чыгарып, туш-туштан баарын, жапжарык кылып жиберди.

Рота да ок атып, окопко түштү. Окоп бош эле. Немецтер ротанын оюн абдан жакшы түшүнгөнсүп, алыстан атып, ротаны жолотпой, болбосо нарылатып, кол булгап алып бараткансыды.

Кыдырбек ошо замат токтоп, ротаны артка кайырды. Жалгыз карагай кулап, Кыдырбек кулак тосуп, тыңшап турду.

– Бул эмнеси? Немецтер кайда? – деди Кыдырбек, акырын Шадринге шыбырап.

Билбейм,– Шадринда кулагын тосуп,– старшой, бул эмне? – деди. Кыдырбек тыңшап калып:

– Токто, булар немец, акырын кайта окопторуна келатышат, бул эмне деген оюну? – деди да, колун жаңдап, кайта окопко секирди. Бүт рота окопко секирип, кырчылдашкан үнсүз согуш

башталып, анда-санда гана атышуулар угулуп, бир аздан кийин баары тынчыды.

– Старшой, сизди телефонго!– деди байланышчы.

– Мен... ооба... кеткени атам, азыр, азыр! – деди да, түтүктү ыргытты.

Немецтер качкан эле.

– Бул эмне деген согуш? – деди Шадрин, колун кармап. Ошо замат немецтер алыстан замбирек, минамёт менен ата баштады.

– Артка! Үйгө жеталасыңбы? – деди да, Кыдырбек жылып жөнөдү. – «Тилди» чебердеп алып жөнөгүлө! Бу ким?

Кыдырбек ак ракета берип, артка кетип бараткан эле. – Бу ким? – деди Кыдырбек, кайтадан...

– Токто, токто! Тепкилеп, тырмышып жатат. Токто, колуңду бас байлайын! – деп, старшина Кутузовдун үнү чыкты.

– Кутузов, мунуң ким?

– Өз «тилим»!

Кутузовдун «тилин» кошо алып жөнөштү.

Бул учурда биз тараптан артиллерия катуу атылып, миномёттор, а түгүл «Катюшалардын» үнү чыкты.

Кыдырбек менен Кутузов «тилди» сүйрөп, блиндажга киргенде капитан Макаров булардын блиндажында телефон менен сүйлөшүп отурган.

– Сен эмне, окопко өзүң кирдиңби? – деди Макаров, «тилге» да, Кутузовго да карабай.

– Ооба, жок... – деди да, Кыдырбек оозун басып, туруп калды.

– Айтпайсыңбы? – деди капитан, ачуусу менен Кыдырбекке мелтирей тиктеп.

– Бардым... кызып кеттим... Айыптуумун, жолдош капитан! – деди Кыдырбек, капитандын бетине тик карап, честь берип.

– Эх ты, киргизский дурачок! Мен сени сыйлыкка көргөзөйүн дедим эле, мына муну аласың! – деп, муштумун түйдү. – Кана, баянда. Эмне үчүн мындай мемиреп калдыңар?

Бул учурда экинчи «тилди» апкелип, жоокерлер (Шадрин колун таңып) блиндаждын оозунда турган эле. Шылкылдаган немец оберефрейтор болучу.

– А-а! – деди да, капитан тим болуп, телефонду алды.

– Машина менен «тилди» алып кеткиле! Ок токтосун! Менби? Жарайт. Азыр капитан... Фу! Старший лейтенант Сулайманов менен чыгам. Азыр!– деди капитан, түтүктү илип.

Кыдырбекти көпкө тиктеп, капитан Макаров ордунан турду.

## XVIII

Поезд батышты көздөй баратты. Заңкайган ФД паравоздору жүгү оор узун составдарды сүйрөп, «Батышты көздөй алдыга!» деген жазуулары менен зымырап, биринен ала бири өтүп жатты.

Качике вагондун оозунда бутту салаңдатып коюп отурган. Эшелон өз кезеги менен ылдамдап жүрүп баратты. Танк, замбирек, киши... Баарын сормо согушка өтө зарылдык менен буларды күнү-түнү дебей, алдыга, батышты көздөй ташып турду...

Август айынын ысыгы дале болсо өз күчүндө калып, талыкшытып, бирок айдарым сокон салкын жел эшелон ылдамдаган сайын утурулай лепилдеп кошо согуп, Качикенин жаңы өсүп келаткан капкара чачтарын уйпалайт.

– Эх! – дейт Афанасьев, чалкасынан полдо жатып алып.

– Жолдошум... калды менин жолдошум! Бир жарым жыл тоголонуп бирге ойноп жүрүп, эми... кала берди. Эх!

Досчулук согушта кыйын нерсе. Дос үчүн киши өлүмгө да барат. Мына Абрамов менен Рейма училищеге бирге келишти, эми бирге согушка баратышат. Булардын келечектеги тагдыры не болорун ким билсин, бирок азырынча бирге. Абрамовду училищеге калтырабыз деп далай асылышты, Абрамов жолдошун кыялбады. Же патриоттук сезими күчтүүлүк кылдыбы, иши кылып, училищеде калып, согушту тылда жүрүп бүтүргүсү келген жок.

– Калгын, училищеде бизге сага окшогон кадрлар керек, а согушка барганда эмне кыласың? Орден алгың келеби?! Башыңды немецтер шыпырып кетсе, ордендин сага эмне кереги бар? – дешти.

– Каалабайм! Сиз бу сөзүңүз менен мени ыза кылдыңыз! – деп, шарт бурулуп чыгып кеткен болучу.

– Мына бул экөөнүкү анык досчулук эмеспи!– деди ичинен Качике. – Бирок достун досу болот турбайбы? Бирөөлөр дос болуп, бирге чыккан теректей жанаша өссө дагы тамыры бөлөк болуп кетет экен. Бирөөлөрдүкү түп тамыры бир болуп калат экен го!.. Аны штрафной батальонго жибербей койгон мабу Костя. – Эй, судья, булардын сүйлөшкөн сөзүн уктуңбу? – деди Лебедев.

Качике ротадагы жолдоштук соттун председатели болучу. Шагалдын бир нече жолу уурулугу кармалганда аны соттоп, бирок жеңил жаза менен кутултуп койгон.

– Угуп жатам! – деди Качике, башын бурбай. – Афанасьевди аяганым. Афанасьев буту күйгөн тооктой чуркабадыбы!

– Баарынан кызыгы кетерде келип коштошпой койбодубу!– деди Афанасьев, капаланып.

Эшелондон эшелон өтүп, шакылдап кетип баратышты. Вязьма Станциянын орду тыптыйпыл болуп, станция Вагон-станцияга айланган экен. Смоленск. Станциянын өзү бузулуп, Смоленск деген байыркы жазуусу калыптыр... Боорду таянып кеткен шаар, анын кремлин көрүп, Качике таң калып, карап турду. 1812-жылы Наполеон, 1941-жылы Гитлер! Экөө тең Россияны тоотпой кирип, шерменде болуп качышты...

– Эй, абышка, бери кел, мында сонун сөз бар экен!– деди Сафронов.

Эшелондорду аралап отуруп, Качике балдардын чогулган жерине келди. Балдар ичин тырмап күлүп жатышкан эле. Сүйлөп жаткан офицер, старший лейтенант, кабак-кашым дебестен жай гана аңгемени согуп жатты.

– М-да... аракты ичтик, казан-аягын жыйнап, аркы кухняда: « – Мен мурун жатайымбы же сен мурун жатасыңбы?» деп, экөө сүйлөшүп жатат. Мен ичимен тымтыйдым да, эмне болсо ошо болсун деп, кең кроватка жатып калдым. Эртең менен турсам экөөнүн тең көзү башка...Мен билмемишке салып:

– Эмне болду, айымдар? – десем, унчугушпайт. Мен болсо ичимен бүлкүлдөп күлүп, чай ичип, тоюп кетейин деп, столго отура калдым эле.– Эмне отурасың? Бас! Ушу сыйың менен бас! Мындан кийин чыныңды айтып жүрөрсүң, бас! – деп түрткүлөп,

кууп чыгышты. Бул офицер кырктын алдындагы киши эле, чынын айтканда да уялбай, дүнүйө капар жүрө бере турган адам, буга Качике таң калып «Баякы... 1942-жылдагы эмеспи?» деп, аркы-терки карап, тааный албады. Тиги узун бойлуу мындан да картыраак беле? деп, бирок даап сурай алган жок.

– Зайып балаңыз барбы? – деп, Сафронов сурап калды.

– Бар эмей, бар. Балдарым билбейт, зайыбым куурап жүрөт. Күйөөгө тий десем тийбейт, кыз кезимен сага келип ушунчалык көгөрдүм эле, эми кайда барайын деп болбойт. Айла жок, барып-келип турам. Алар Костромада. Мен бу жерде военный комендант болуп иштейм. Мына, турмуш деген ушул экен! Кээде өлүп кетейин дейсиң, амал жок, кайта иш менен баарын унутуп кетем...

«Бул офицер мен болуп калчу болсом өмүр бою арданып жүрүп өлмөк экемин» деп Качике четте турду.

– Мен байкушта эмне айып? 1942-жылы эле немецтин огу шыпырып кеткен, тыптыйпыл... таптаза кылып... – деп офицер шартылдап күлдү.

– Азыр жарадар келет, санитар поезди, – деп, саатына карап, батышты көздөй тиктеди.

Алыстан темир жол шакылдап, бир аздан кийин көк вагондуу санитар поезд келип токтоду. Жаш офицерлер кол булгаган жарадарларды аңырайып, тиктеп калышат. Булар арыктап, каржалган кишилер эле. Качике Сафонов экөө булар менен сүйлөшө кетти...– Кайдан, жигиттер? Кайсы жерде согуштуңар?

– Чыгыш Оруссияда... – деп, терезеге чогулуп, жарадарлар сонуркап, булардан көп нерселерди сураса, булар андан бетер сонуркап, согуштун жайын сурап жатышты.

– Жакында булар капут болот! – деди, жарадарлардын дагы бири.– Тар кысыктан кайдан чыкмак эле!

– По вагонам! – деди аңгыча.

Калдыраган кызыл вагондор согушка карай киши ташып, кишилери кол булгап баратса, көк вагондор согуштан жарадар болгондорду терең тылга сүйрөп, шакылдайт.

Поезд зыпылдап, Батышты көздөй кетип баратат... Зымырая калып жаткан талаа... талаа. Бузулган станциялар, кылкылда-

ган тилке-тилке буудай, кылаңдаган кыз-келин, аялдар жалгыз, эркексиз иштеп, кол булгап коюшат. Качике ойго батып жатып уктап кетти...

– Эй, Костя! Сенин туугандарың келди! Тур! – деп, Лебедов менен Мишка-цыган Качикени ойготту. Качике көзүн ачып, эчтеме түшүнбөй койду. Качикенин бет маңдайында гражданча кийинген эки киши турган эле. Качике уйкулуу көзү менен вагондон секирип жерге түштү да, бейтааныш кишилерге кол берди.

– Сиз Кыргызстандансызбы? – деди ак жуумал, сары сепкилдүү, узун бойлуу, сөөктүү, чымыр жигит. Жүр-жүр, биздин штабга – деп бейтааныш жигит Качикени сүйрөп кетти.

– Кана, комендант, конок келди, менин жердешим, бирдемең болсо апкел!– деди жигит, жумшак, жайдары күлүмсүрөп, он төрттөрдөгү балага. Качике жаш бала менен амандашып, көк шиберге отурду. Бала жерге дасторкон жайып, литр самогон, каймак, май, бадыраң, нан койду. Жаш жигит Качике менен сүйлөшүп кирди.

– Мен Караколдон болом,– деди жигит, согуштан мурда чек арада үч жыл кызмат кылдым. Согуш чыкканда тымтыракайыбыз чыгып, качып, бозуп жүрүп, Белоруссиянын токоюнда калдым. Ушу жерде партизан отрядын түзүп, ушу жерде кармашты да. Бу бала мен мурун, токтогон кыштактан, кийин ушу бала аркылуу кыштак менен байланыштым, атын «коментант» койгонбуз. Бизге чоң жардам көрсөттү. Бу баланын кызыгы толуп жатат! – деди да, балага карап, кайтадан жылмайып, күлүп койду.

– Кана, алгыла, ал конок! – деп, бала апыл-тапыл бадыраң, нан кесип, стакандарга толтура-толтура самогон куйду.

– Кыргызстанды, кыргыздарды сагындым! – деди жигит жылмайып күлүп. – Биздикилер кайда жүрөт болду экен, аскерге кеткени кыргызды көргөнүм ушу! – деп стаканды кагыштырышты – Биздин Кыргызстан үчүн!

– По вагонам! – деген үн чыкты да, Качикенин эшелону акырын жыла баштады.

– Мени Минскиге чакырып атат. Биздин поезд да силердикинен кийин жөнөйт. Таң калам! Ушунча техника, ушунча киши!

Эми кош бол! Кайыр! Экөө кучакташып, эриндеринен өбүшүп Качике чуркаган бойдон жүрүп бараткан вагондун тепкичине асылып, секирип чыгып кетти. Качике бейтааныш жигит менен эшелон бурулушка кирип, көрүнбөй калгыча кол булгашып, арманда калып баратты.

– Бу жигиттин атын да сурабай калдым. Кап! Кап! – деп, Качике акыркы ирет кол булгап үшкүрүп отуруп калды дагы эмне үшкүрүк болуп кетти? Булар ким экен?– деди Лебедов.

– Биздин Кыргызстандан. Партизан болуп кеткен экен... 1941-жылдан бери...– деди да, Качике болгон сөздү айтып берди.

– Э-э-де! Мындай жердештер эми көп табылат, албетте... тирүүлөрү. Немец бизди чакчалекей кылбадыбы!– деп, Абрамов да негедир, үшкүрүп, чалкасынан кетип, бетин одеял менен жаап калды.

...Орустун чытырман токою, орустун мейкин талаасы... улам бири менен бири орун алмашып, артта калып баратты.

* * *

Качике өзүнүн жаш жолдоштору менен Литванын Каунас шаарын аралап өтүп баратканда кооз шаарды, анын кооз кийинген кишилерин, Неман суусун, анын таш тизген бийик жээктерин көрүп, таң калып, таңыркап өттү. Бул шаардын кичине же чоң экенин байкай албай, бирок шаар анык Европанын кооз шаарларынын бири экенине көзү жетип, шаардын үстүнөн зыркырап учуп өткөн истребителдерди көрүп, ансайын таң калды. Бул Неман суусу Германияны бир жеринен кесип өтүп, Литваны, демек, Каунасты аралап кетерин Качике биринчи жолу билип, биринчи жолу Неман суусуна суктанып баратты.

Советтер келатат, Советтер... – деп, байыркы кемпирлер семичке сатып отурушат. Булар өздөрүн эки дүнүйөнү тең көрдүк деген карыя, илгерки кишилер эле.

– Тетиги жазууну карагыла!– деди кимдир бирөө.«Каунас есть! Даешь Тильзит, вперед на Кенигсберг!»

– Биздикилер азыр кайда болду экен? – дейт дагы бирөө.

– Биздикилер Чыгыш Пруссияда. Бирок Тильзиттен арыбы же бериби, билалбайм,– деди Мишка-цыган.

– Сен кантип билмек элең, нечен күндөн бери сводка окуй элексиң! – деди күлүп, Абрамов.

Качикенин кызык бир кыялы бар эле: качан болсо жаңы бир нерсени көргөндө ошо замат кызыгып, адамдан башкача таңыркап, ар бир майда нерсеге адамдан башкача кунтун коюп, кармап, аралай көргүсү келип кетчү. Бу сапар да Каунас шаарына кызыгып, аны көргүсү, аралагысы, кишилери менен сүйлөшкүсү, Неман суусуна жата калгысы келип, бирок эч кимге өз оюндагысын айтпай баратты. Согуштун болсо бу жерлерде жышанасы да жок сыяктуу. Качыкеге бу жердегилердин баары тынч, баары бейпил көрүндү.

Киши көрбөй турган коктуга келгенде:

– Ким сууга түшөт? Жүргүлө! – деди Мишка-цыган.

Жайкы муздак сууга тердеп, бышарып кеткен дене сергип, жаш офицерлер жепжеңил болуп, кайтадан жол тартышты.

Белорусс фронтунун кадрлар бөлүмү Литвада эле. Жаш офицерлер фронттун кадрлар бөлүмүнө келгенде эле дароо согуш майданына жөнөйбүз деп ойлоп келишип, бирок бу жердеги офицерлердин көптүгүнө таң калышты. Бу жерде кенже лейтенант эмес капитан, майор, полковниктерге чейин кызмат күтүп резервде жүрүшкөн экен. Булардын көпчүлүгү согуш башталгандан берки көптү көрүп тасып калган офицерлер эле. Булар согушту көрөлек жаштарга керсейишип, мурдунун учу менен тиктешти. Жаштар болсо өзүнөн-өзү коомайсынып, булардын алдында баскандары да, сүйлөгөндөрү да өөн көрүндү.

Ал эми жаштардын оюнда: «Жолдоштон ажыратпай, кошо жиберсе...» дегенден башка тилек жок болуп, белгисиз тагдырын ичтен сызып, чебеленип күтүштү. Кишилерди бөлгөндөр болсо булардын киши менен иши болбой, өз милдеттерин гана так аткарып, келгендерди эртерээк колдон өткөрүп, дагы келе турган офицерлерди күтүп, көбүнчө чин жагынан жогору турган офицерлерге кандай, кайсы кызматты табыш керектигине ой жүгүртүшөт.

Регистратурада Качикени капитан Трофимовский кабыл алды. Капитанга Качикенин так, шартылдап жооп бергени жагып:

– Отуруңуз, көрүнүп турат, өз киши экенсиз, жакшы-жакшы,– деп, орун көрсөттү. Капитан Качикенин Кыргызстандан экенин билип, өзүнүн да Кыргызстанда болгонун айтып, ишти мындай таштап, тууганча сүйлөшүп, көпкө отурушту.

– Силерди биз түздөн-түз согушка жибере албайбыз,– деди капитан, жолдоштук мамиле кылып, силер 39-армиянын резервине барасыңар, калыбы, каалasaңар, эртең жөнөшкө болот...

– Биздин балдар бара турган армиядан калбас үчүн качып болсо да кетем, жолдош капитан! – деди Качике,

– Силердин балдардын баары ошону айтат. Силер эмне, дивизиянын же полктун, же жок дегенде батальондун командири болмок белеңер? Взводдун командири деген кичинекей киши. Бириңерди бириңер таппай каласыңар. Минометчик экенсиңер, мылтыкчы болуп кетпесеңер болду. Согушта анча-мынчага карабайт... – деди да, капитан бирдемени ойлоп, токтоп калды.

– Минометчикти мылтыкчылар взводуна жибериштин пайдасы барбы? – деди Качике, бу жаңылыкка таң калып.

– Пайдасы дейсиз? Эмне пайда? Жөө аскер ансыз эле дайым ак астында турат, ошондуктан минометчиктерге караганда чыгаша мылтыкчыларда көбүрөөк болот деди да, капитан кайтадан токтоду.

Капитандын жанытып айтып турганын Качике түшүнүп, экинчи бу тууралуу сөз кылбай, өз ишин бүтүрүп, чыгып кетти.

Кенже офицерлер (булардын көпчүлүгү армияга кетүүчүлөр эле) Литва дыйканынын заңкайган чоң чепкана сарайында жатышчу. Кечинде бу жерге чырак жандырылчу эмес. Прибалтиканын жылуу, жарык түндөрү али суугуна тарталек болгондуктан балдар түн ичинде көпкө сүйлөшүп жатып, кимиси кандай уйкуга кеткенин билбей калыша турган.

Качике шинелин жамынып, көпкө уктаялбай, көзүн ачкан бойдон жатты. Алыстан замбирек атылып, терезеси жок эшиги ачык сарай солк этkenсип, Качике капкайдагы баякы Великие Луки шаарына жакын талаадагы суук ячейкени, колу камтууга келбей, үшүп отурган түндөрдү ойлойт. Балдар кобурап сүйлөшүп,

Качыкенин жанында жаткан Буянов Василий Иванович акырын аңгеме сүйлөп, өзүнүн Смоленскидеги турмушун айтып жаткан.

– Смоленскиге жакын Здешкова станциясында жумушчулар менен кеп куруп жаттык эле, бир күнү эле: Немецтер! Немецтер! деген үн чыгып калды. Биз ишенер-ишенбесибизди билбей, аңырайып туруп калдык. Чаң ызгыткан танк, артиллерия, машина. Кача турган жер таппай калдык, немецтер бизди курчап калган экен...

Василий Иванович арык, каржайган узун, жоош неме. Училищеде жүргөндө да жыгач усталык кылуучу, өзү илгертен уста болгон киши экен, бу жерге Литвага келип да колу жөн турбай, бирдемелерди жасап жиберет.

– Тетиги жылдыздарды көрдүңбү, Костя? – деди Василий Иванович, аңырайып ачылып турган дарбазадан көктү көргөзүп. – Туш-туштун баары жылдыз болуп быжырап кетти. Көрсө анысы ракета экен. Бизди тегеректеп келип (бизде жарык жок эле) айдап кетти. Жети күн эмне жеп, эмне ичкенимди билбейм. Таптакыр каржалып, басууга кудуретим калбады. Ак күп болуп пишип кеттим. Ачкадан өлгөндөн көрө качып өлөйүн дедим да, бир түнү качып чыгып, бир колхозчунун үйүнө келип жыгылдым... Эсим ооп калган экен, көзүмдү ачсам баш жагымда бир топко барып калган аял отурат. Аял оозун ачып сөз айтпай, 7-8 күн багып, киши кылды.

– Эми жөнө!– деди аял – кайда, эмне кылып кимдикинде жүрүп келатканыңды жан кишиге айтпа!–деди да, нан, картошка, май берип, жол салды. Жолго да жөн салган жок. «Бу жерде далай жесир келиндер калды кааласаң бирөөнө үйлөнтүп коёюн, колуң эптүү экен – деди. Мен баш чайкадым. «Анан кайда барасың?» деди. «Же өлөм, же өзүбүздүкүлөрдү табам» – дедим. «Бар эмесе бар, туура кыласың» деп, анан барып жолго салды. Көрдүңбү орустун катындары оңой эмес: дароо түшүндү, – деди, Василий Иванович.

– Жакшы киши да, болбосо сени күч күйөө кылып алат болчу, күйөөсү жоктур?– деди Качике.

– Көргөнүм да жок, сураганым да жок,– деди Василий Иванович.

– Жоошсуң да. Анан?

– Анан немецтерди Москванын тегерегинен кууп чыккыча ар кайсы жерде тентиреп жүрүп, кийин барып Кызыл Аскерге кошулдум,– Василий Иванович үшкүрүп койду.

– Кызыл Аскерге кошулайын деп тилек кылганымдын дагы бир себеби: энем болду. Москвада энем бар. Энем деп катынымдан ажыраштым эле. Василий Иванович акырын үшкүрүп, токтой түштү.

– Катыныман? – деди Качике, таң калып.

– Катыныман ажырашкамын. А түгүл кызым да бар. Ушу жакка келатканда учураша келдим. Мойнума асылып ыйлап калды.

– Кимиси? Катыныңбы, кызыңбы?

– Катыным. Кызым билбей калыптыр. Мен жокто төрөлүп, көп билбейт, Боор да. Бир-эки сааттан кийин эле үйрөнүп калды. Анткен менен көп биле бербейт экен. Катынымдын ыйлаганын көрсөң…

– Эмне болуп ажыраштың эле?

– Энем дебедимби. Энеме акча салсам уруша турган. Жалгыз энемден башка карманарым жок эле, бакты, чоңойтту, эми бир катын деп энемден кетемби? Ошондо да киши имерчиктеп, болбойт экен. Дүнүйөсү курусун! Мен бала кезде дүнүйө мен үчүн башкача эле… Телегей тептегиз көрүнчү. А көрсө эненин астында жүрүп эчтемени байкаган эмес турбайымбы! Менин эсимен бир нерсе кетпейт… Василий Иванович бир аз унчукпай калды.

– Айта бер, айта бер, Василий Иванович, кызык экен! – деди Сафронов, жакыныраак жатып. Абрамов, Афанасьев, балдардын бир тобу Василий Ивановичтин аңгемесин угуп жатышкан экен.

– Эх ма!– деди да, Василий Иванович кайтадан сүйлөдү.– Мен азыркы зайыпка, балким, үйлөнбөйт элем эгерде… Мени менен көңүлү жакын болуп жүргөн бир кыз эле. Марфа. Эх, Марфа, Марфа! Кайда, эми эмне кылып жүрөт болду экен? Таалай таап кеттиби, же басынып •тжүрүп жок болдубу? Кайран гана Марфушкам!.. «Мага чык!» – деп, кыстап, көпкө асылып жүрдүм. Марфа көгөрүп болбойт. «Ванюша!» дейт, мойнума асылып, кучактап,«Ванюша!» – деп ыйлап жиберет. Сырын айтпайт. Акыры жүрүп, Марфушанын сырын айткыздым. «Ваню-

ша, садага болоюн, Ванюша! Сенден башка менин сүйгөнүм жок. Жалгыз сүйгөнүм сенсиң. Мындайча айтканда, сен акыреттик сүйгөнүмсүң. Сени менен акыретте кошулам. Бу жерде сага тийбей турган себебим: энем бар. Энемдин каалаган кишиси бар. Мени ошого беришет. А менин болсо аны көрөйүн деген көзүм жок. Не чара? Эненин кадыры. Энемди болсо эки дүнүйөдө кишиге теңегим жок» Кантейин. Ванюша, кантейин!» деп, кала берген эле! – деди Василий Иванович, аягында.

– Кайдагы кыз эле? – деди Афанасьев.

– Айылдагы. Биз энем экөөбүз жылда айылга барчубуз. Ошо жылы үйлөндүм, кийинки жылы согуш чыкты, ошондон бери кимди ким көрсүн! А Марфуша эстен чыкпайт да, чыкпайт. Эми бу зайыбыма да имерилип турам. Канткен менен бала бар. «Энемди колума алайын, кайрылгын» дейт. Макул дегенсип келдим. Эне да, бала да кыйын окшоду, боорум эзилип да турат… – деди да, Василий Иванович эстеп, бир аздан кийин уктап кетти.

– Ой ит ой! – деди угуза, Качике,– азыр эле элди уктатпай, кобурап жатпады беле? Өзү уктагысы келгенде тырп эле дей түштү. Василий Иванович! Василий Иванович: «А?» деди да, кайта коңурук тартты.

«Ой укмуш ай, дүнүйөдө не түрдүү кишилер болот экен го? Өзү кишини капкайдагы санаага салып коюп, өлгөндөй уйкуга кетти. Бул эмне деген мүнөз?» деп, Качике көпкө уктай албай, алыстагы замбиректердин күркүрөп, асмандагы жылдыздардын учканын, өзүнүн кызынын тагдырын ойлоп улам козголуп коюп жатты.

* * *

Качике бат эле согушка кирем го деп отуруп, баарыдан кийин кала турганына барган сайын көзү жетип, өз ичинен кыйнала баштады. Бул кыйналыштар кооптуу коңгуроо каккансып, дайым жүрөктүн башында турду.

Качике 39-армиянын кадрлар бөлүмүнө келгенде да өз максатына жеткен жок. Армиянын кадрлар бөлүмүнүн начальниги полковник Кузнецов жаш офицерлерди кабыл алып туруп:

– Болду калганыңарга азырынча орун жок, төмөн жактан заявка түшкөндө... – деди да, ордунан туруп, офицерлерди көз айнекчен көзү менен салкын тиктеп, «бошсуңар» дегендей кылды. Орун тийбегендердин ичинде Качике да бар эле. Полковник менен айтышуунун пайдасыз экенин жакшы түшүнгөн Качике согушка бараткан жолдошторунун көзүн тиктей албай, шылкыйып, эшикке чыкты.

– Ормоновдун колдогону бар, дагы калды,– деди Мишка цыган. Качике Мишканын бу сөзүн укса да укпамышка салып, жерге кирип кете жаздап уялып, балп эткизип бирдеме айтайын дегиче, согушка, 5-гвардия корпусуна кетип бараткан Абрамов:

– Кезек баарыбызга келет, эртеби-кечпи, баарыбыздын барар жерибиз согуш, ич күйдүүлүктүн кереги жок, – деди. Ушул учурда полковник Кузнецов тышка чыгып, топурап турган офицерлердин жанынан өтүп баратты.

– Жолдош полковник! Мен калалбайм... – деди да, башка сөз айталбай, Качике туталанып калды. Полковник өзүнүн оор денесин араң бургансып, Качикеге оор бурулду да, жайбаракат насаат айтты.

– Силерди биз согуш окуу жайын үзгүлтүксүз бүткөн билимдүү, түшүнгөн офицер дейбиз. Бирок сиз дале чала бойдон экенсиз. Ар бир корпустун, ал эмес ар бир дивизиянын резерви болот. Керек болсо корпуста, дивизияда да отурасыңар. Макул, силердин тилегиңерди орундап, корпуска же дивизияга жиберели. Анда барып эмне кыласыңар? Топурап бейбаштык кылгандан башка эчтеме кылбайсыңар! Бекер киши эмне кыларын билбей бук болуп, ар кайсыга уруна берет. Биз буга жол бербөөгө тийишпиз. Бу жерде болсо бирдеме окуп, окуу жайындагыдай бирдеме иштейсиңер...

Полковник ишин унутуп койгонсуп, көп сүйлөдү. Офицерлер полковникти тегеректеп турду.

– Менин сөзүмдү түшүндүңөрбү? – деди полковник, өз сөзүнө маашыр болуп, нары көпчүлүктүн тыңшап калганына кайта сүйлөгүсү келип, шыктанып.

Полковникти кайта сүйлөтпөй, резервдеги бир полковник кайдадыр бир жакка сүйрөп калды. Кузнецов жалжактай обу

жок басканды жаман көргөн, ким менен болбосун өзүн сый кармаганды жакшы көргөн педант киши эле, сүйрөгөн полковникти жай гана, кичи пейил кагып коюп, өзүнчө басты.

– Демек, согушка жетүү да кыйын болуп калган экен!– деди Сафронов, а да резервде калган эле.

– Азыр чабуул болбой, биздин фронт токтолуп жатпайбы, согуш башталчу болсо бириң калбай жөнөйсүң!– деди Буянов.

– А тететиги эмне? – деди Абрамов, батышты көрсөтүп.

Кеч кирип, Прибалтиканын магдыраган тыптынч, жыпжылуу түнү акырын көлөңкө түшүрүп келаткан эле. Ала булут асман батып бараткан күндөй болуп кызарып, алоолонуп турду. Кандайдыр алыста согуш болуп, биз тарап да, тиги немецтер тарап да кыйрашып, имараттар күйүп жаткан.

– Бу баткан күндүн кызылы,– деди Мишка.

– Укканың эмне? – деди Абрамов. Алыстан артиллериянын күркүрөгөнү дапдайын угулуп жатты. Эртеси Качике, Сафронов, Буяновдор калып, жаш офицерлердин баары жиберген бөлүктөрүнө кетишти.

## XIX

Качике резервде көп жүрүп калып, бир жагынан, бул жерде ал өзүнүн жолдошторунун ортосундагы өзүнчө бир көпүрө сыяктуу болду. Согушуп жаткан армиядагы жолдошторунун көпчүлүгү (анын резервде экенин билгендери) Качике менен кат жазышып, согуштагы жолдоштордун тирүүлөрүнөн, өлгөндөрүнөн, жарадар болгондорунан кабардар болуп турду. Бу да өзүнчө бир кайгы эле. Тылда бекер жатып, ким өлүп ким ооруганынын маалыматын окуп, же кайгырып, же кош көңүл тим болгондой бир көп болучу. Бирок кандай болгондо да Качике үчүн резерв бук болуп өлө турган жер болгон жок. Эртеден кечке офицерлер менен бирге окуу окуп, жолдошторунан кат алып, аларга, алардын үйбүлөлөрүнө кат жазып, чөйрөсү, дүнүйөсү кеңий берди. Качике Чынарканга кат жазганды коюп, бирок балдарына гана жазып калды. Бу да Качикеге жеңил эмес эле, бирок да суусуна ыргыт-

кан Чынаркандын катына, демек, сууга аккан катка кайрылыш сууга кошо аккан менен бирдей болучу. Эми анын оюна өлүм, анын айбаттуу сүрү кирбей, бир башкача киши болуп, киши болгондо да баарына – өлүмгө да, тирүүлүккө да кош көңүл, колдун салаасы менен тиктеген киши болбой, күйүмдүү, боорукер, кайгы-капага тең тараза караган турмуш кишиси болуп баратты. Эгер мурун кызынын тагдырына карап өлүмдөн корксо, азыр андан бетер кызына күйүмдүү болуп, анын кең келечегин ойлоп, ойлогондо да миңдеген, миллиондогон кишилердин тагдыры менен кошо байланыштырып, кызынын тагдыры көпчүлүктүн тагдыры менен кошо экендиги бет алдында дапдаана болуп турду. Миңдеген балдар ата-энесиз жетим калды, миңдеген балдарды ата-энеси таппай, издеп жүрөт, миңдеген балдар, балким, миллиондогон балдар душмандын огунан же ачкадан өлдү. Бул турмуш – согуш майданы басып өткөн же душман блокадалаган жерлерде болду. Качикенин кызы болсо, өзү өлсө да багып алчу киши табылат. Иши кылып, кыргыздар айткандай, өлбөсө киши болуп кете турган жерде. Жок, Качике бекер кайгырып, бекер Чынарканга көз каранды болуп, өз турмушун бекеринен туюк сезген Качике көкүрөгүн жерден көтөрүп алганда резервде калып, согуштун бүтүшүн четте жүрүп күтөйүн деген жок эле! Офицер болуп чыккандан кийин эл менен аралашып, жоопкерчиликти, өзүнүн милдетин сезип, сезгенде да жогору, ыйык сезип, өз керт башын, анын жыргалчылыгын талап этти. Ал эми бул талап өз турмушунан таптакыр кечкендик эмес эле. Кайта өз турмушуна тең тараза, калыстык менен карап, алдыга биринчи кылып коомдук милдетти коюп кишилик бийиктикке чыгып, иштин ыйык жагына көчүш. Согушту, анын айбаттуу чеңгелин көрө туруп, бул чеңгел өз кызыгынан алыс болсо да өз зайыбынын (өгөй, өзүнө жат, өз керт башынын гана намысын кармаган зайыбынын) азабын тартып, мунжу болбосо да мунжу болуп, сүйлөөр, тилдер, иштер колдон ажырап, анын көзүн карап, кызымды багып аласыңбы... же... деп, аны да айталбай жүрүп турмуш жыргалын көргүчө, бүркүтчө бир көтөрүлүп учуп, анан ташка тийип өлсө да арман калбагыдай турмушту көксөп, ага да акырындап жакындап бар-

ганды баарыдан артык, баарыдан ыйык көрдү. Башында Качикенин ыйык эмнеси бар эле? Качике санап, эстеп отуруп Ыйык ойлогон эчтемесин таппай койду. Эптеп күн өтсө болду дегенден башка эчтемеси жок экен. Эмичи? Эми идеалы, тилеги бар. Бул идеал, бул тилек үчүн өлсө да армансыз. Ак тилек – адамдын өмүр бою ээрчип жүрө турган жолдошу… Бирок ал үчүн резервде отурбай, иш башында туруш керек эле. Ал эми иш болсо Качике. «Гамлетти» кармап, сарайдагы чөптүн үстүндө ойлонуп отурган. Шашып Сафронов кирди.

– Костя, жүр, кардарлар келди! Балким, экөөбүз бир, кетербиз!

– Бир кезде офицер жетишпей жатты эле, эми алуучу табылбай куурай турган болдук! – деп, Качике ордунан турду.

Качике бул сапар да «сатып алынгандардын» ичине кирбей калды.

Художник, младший лейтенант Кедин кыпкызыл болуп, күлүмсүрөп, колуна бир кагаз кармап, котологон офицерлерди жарып, «сатып алуучудан» чыкты.

– Кызмат табылды, кишим жок имиш,– деди сумсайыңкы күлүмсүрөп. Кедин Качике менен жакшы жолдош болуп калган.

– Жүр, Ормонов, тамаша кылып басалы. Эртең кетип каламбы, бирок, кызык, тигинде барып деле каңгырап басып жүрөт окшоп калдым. Чалгынчылар ротасы жок, командири бар, армиясы жок генерал болдум го!– деди Качикени колтуктап. Күн түшкө жакындап калган. Булар талаа менен келатышты. Литванын чачкын, ар ким өзүнүн жерине байланган кыштагы – хуторлоруна офицерлер бөлүнүп жатышкан

Жалгыз Качике гана бир топ офицерлер менен чөпканада жатчу.

– Кыш киргиче чөпканада жатмак белең, менин жаткан үйүмө кирип албайсыңбы, азыр сүйлөшөбүз, менин кожоюнум жакшы кишилер,– деди Кедин, өзүнүн жатып жүргөн үйүн мактап.

– Балким, эртең жылып каларбыз. Армия согушуп алдыга жылса, биз армиянын артынан жөө басып отурмак болдук! – деди Качике, күлүп.

– Далай согушарсың, согушкуң эле келип турса! – деди Кедин, каткырып. – Шашпа, балам!

– Чын эле резервде согуш бүткүчө отурууга болот экен! Уятыман өлө турган болдум,– деди, Качике да күлүп.

– Сен бу жерде жүрүп уялып жатсаң мен тиякка барып кантер экемин? Чалгынчыларды тандоо кыйын. Көптү көргөн шайдоот балдар табылыш оңой эмес.

– Андайлар өздөрү суурулуп чыгат. Издеп убара болбойсуң.
– Бешинчи корпуспу?

– Бешинчи,– деди Кедин.

– Биздин балдардын баары ушу бешинчиге кетишти. Бул эмне деген корпус болду экен?

– Генерал Безуглый катуу киши дейт. Бу корпус дайым прорыв менен келат канкорпус имиш. Ошон үчүн бүт корпус гвардия болгон да. Безуглый Фин согушуна да катышкан, каардуу, өз ишин билген генерал дешет. Бара көрөбүз да,– деди Кедин, Качикенин өңүнө тиктеп. Качике да Кединге карап, бирок унчуккан жок.

– Сен капасың го дейм? Ал эмнеликтен? Согушка кетпей калганың үчүнбү?

– Иши кылып, баары бар. Эмне, өңүм сүйлөп турабы? – деди Качике, суз жылмайып.

– Сен бир жолу согушка кирип чыккансың, эми кирбесең да болот, чын айтам! – деди Кедин.

– Көп кирип-кирбесте эмес,– деди Качике, жайбаракат. – Көп иштеште. Согуш майданына барам деп катуу сүйлөшкөндөн да заарканып калдым. Бирдеме десең эле:«Эмне, кыйраткың келип турабы?» дечү болду. Аны айткан ким? Улуктар!

Качике чөп жулуп алып, тиштеп үзүп коюп бараткан эле. Сен кызуу кандык кылба. Албетте аны айтат. Азыр биздин ишибиз жаман эмес. Бирок немецтер эмне кылып жатат? Өлгүчө согушуп, өздөрү да кырылып, бизди да кырып жатат... Ошон үчүн... Ошон үчүн... Шашпа баатыр. Сен согушту ойлоп турсаң, мен таптакыр башканы ойлоп, капа болуп турам. Сенден кантип бөлүнүп кетеримди билбей, ичим күйүп турат. Биз экөөбүз көп нерселерди сүйлөштүк, ушу күнгө чейин сүйлөшүп келатабыз, мындайча айтканда, сырдана дос болдук. Далай жолу көзүмдү ачтың! – деди Кедин, Качикени колтуктаган бойдон баратып.

– Менби? – деди Качике, таң калып да, чочуп да.

– Сен! – деди Кедин, Качикени тиктебей, тике алдыга карап. – Так сен! Кат жазышып турабызбы?

– Албетте.

– Сен жазбасаң да мен жазам го дейм, немец эле өлтүрүп койбосо... Мына, келип да калдык. Тетиги киши үйдүн ээси, азыр тааныштырам, орусчаны булар билбейт, литва тилин мен билбейм,– деди Кедин, жаактары чуңкурайып, жылдыздуу жылмайып.

Үйдүн ээси жалгыз ат менен кош айдап жаткан эле. Кединди көрүп, атын токтотуп, маңдай терин ак жоолук менен аарчыды да, атын коштон чыгара баштады. Бирдеме деп, колун булгап, үй жакты көрсөттү.

– Бизди үйгө бара бергиле деп атат. Жүр, барып атын чыгарышалы,– деди, Кедин.

Булар айдоо менен басып келип, узун бойлуу, сөөктүү, чымыр кырктардан ашып калган үйдүн ээси менен ийилип амандашып, Кедин Качикени тааныштырды. Литвалык бирдеме деп, өз тилинде сүйлөдү да, күлүп Качикеге колун берди. Кедин эттүү аттын жонунан сылап таптап, кожоюн менен бирге сокодон чыгарышып, жетелеп алды.Үйдүн ээси короого келгенде атын малканага жетелеп баратып, үйүн көздөй дагы бирдеме деп кыйкырды.Үйдөн тестиер кыз чуркап чыкты. Кединге колун булгады да, кыз кайта чуркап кирип кетти. Литвалыктардын короосу да, жатак үйлөрү да кең кесири келет. Короонун ортосу тегиз, таптаза аянт (же ак майдан) келип, малкана, чөпканалары өзүнчө, жатак үйлөрүнөн окчунураак турат. Сарайлары кең. Бу жагынан алганда литвалыктардын маданиятын Качике таналбай, кайсы короого кирсе да суктана берчү.

Качике менен Кедин крыльцолуу кең үйгө киргенде үйдүн кырктарга барып калган аялы:

– Прашау, прашау! – деп, сол жактагы бөлмөнү көрсөттү.

– Сени бир улук деп атабы дейм? – деп, Кедин күлүп, киркир,– деди Качикеге. Полу көптөн бери сырдалбай, агарып калган, дыйкандарча катуу жыгач мебель койгон столовойго киришти. Кожоюндун кичи кыздары чуркап кирди эле, хозяйкасы бир-

деме деп, кайта чыгармак болду. Кичинекейи (беш-алтыда бар эле) аңырайып Качикени тиктеп, кетенчиктей баштады. Качике жылмайып күлүмсүрөп, кичинекей кызды чакырды. Кыз колун оозуна жакындатып, тиктеген бойдон, же көнбөй, же чыкпай туруп алды.

– Кел, кел, кызым, атың ким? – деди Качике колун сунуп.

– Аты Тавадора, жакшы кыз ээ? Мага үйрөнүп калган, сенден чоочуркап турат,– деди да, Кедин Тавадораны өз жанына чакырды.

Ак саргыл чачы төгүлгөн Тавадора оң колун оозуна салып, чоочун Качикеден коркконсуп, бир жагына кыйшайып, аны караган бойдон чоочулап басып, Кединге барды.

– Балдарды жакшы көрөм, бир кыз, бир уулум бар,чоңоюп калышты го. Кызым ушу Тавадорадай болгондур, карачы, менден качмак турсун жабышып калат,– деп, Кепрашау – бу жерге келгиле, келгиле деген сөздүн Тавадораны эркелетип турду. Тигиниси Донгуолис, онго чыгып калды.

Донгуолис өз атын угуп, Качикени таңыркап тиктеген бойдон чыгып кетти. Үйдүн ээси жуунуп кирип, Кедин менен бирдеме деп сүйлөшүп калды.

– Найн! – деди Кедин, каткырып күлүп, – сени майорлордонбу дейт. Мен жок дедим.

– Майор эмне экен? – деди Качике, Тавадораны өзүнө чакырып, келтире албай. Донгуолис эшиктин босогосуна туруп алып, Кедин чакырса да келбей койду. – Бу жерде менден мурун майорлор турган экен, майорлордон көөнү калып калганбы, майор десе эле чочуп турушат. Булар жоош эл болот экен, оюна келгенди кылган ынсапсыз кишилер болгон да. Сен айткандай бизде окуп да тарбияга көнбөгөндөр бар эмеспи! Үлгү көрсөтүштүн ордуна көргөзбөй кылмыш кылышат! Ах, биздин арабызда капкайдагы кишилер бар да. Уруш болбосо армиянын катарына бир күн тургуза турган эмес! Бая күнү, өтүп бараткан бөлүктөрдөн болуш керек, литвалыктарды бир шум солдат колхозго, жазам деп коркутуп, самогон жыйнап кетиптир. Бул шермендечилик эмеспи! Жакшы солдат ушуну кылабы? Шум, араксыз күнү жок

бир хулиган, пьяница да! Мына булар октон эмес карагайдан тарткан спирт ичип өлөт. Анын үстүнө немецтердин өндүрүшү үчүн пайдалана турган метиль спирттери бар, биздин шумпайлар ушундан ичет да, тырак этип өлүп берет. Бул эмне күлкүбү? Күлкү! Арак ичип өлдү деп кантип жазат? – Бизде ушундайлар болду. Мындайлардын ата-энеси баласынын, же зайыбы күйөөсүнүн арактан өлгөнүн билбейт да! Билсе намызданып өлбөйбү! Эл бетин кантип карайт. Шермендечилик!..

– Булар биздин бүткүл Совет армиясын карапайым элдин көзүнө булгап кетет да, ким жаман – биз жаман болуп көрүнөбүз. Мындай ээнбаштарды айтыш керек ко? – деди Качике. Кедин каткырып күлдү.

– Муну кылгандын баары тылдагылардан чыгат, анык фронтовик мындайга барбайт, буга кошуласыңбы?– деди Качике кайтадан.

– Туура! – деди да, эшик жакты карап калды. Үйдүн ээси Кединди ымдап-жаңдап чакырып жаткан эле. Кедин чыгып баратканда Тавадора кошо ээрчип, Качике калып, сумсайып отуруп неге келбей койду. Качике таң калды. Наркы үйдөн эле Кединдин күлкүсү угулду.

– Эй, моңгол! – деди Кедин күлүп. – Сенин урууң моңголбу? Чыңгыз хандын тукумусуңбу?

– Ооба. Эмне экен? Уруум моңгол эмес, Чынгыз хандын тукуму да эмесмин, бирок, кейпибиз, турмуш салтыбыз окшош, илгери чарбадар эл болгонбуз,– деди Качике эчтеме түшүнбөй.

– Сенден балдардын качкан себеби бар турбайбы! Жана энеси: «Барба, тетиги моңгол, жеп коёт!» деп, коркутуп коюптур. – Кедин боору калбай күлдү. Үйдүн ээлери да күлүп киришти. Тавадора чочулап, эки көзүн Качикенин жаңы өсүп келаткан чачынан албай, аңырайып тиктеп, Качикеге жакындай баштады. Качике жайдары күлүп, Тавадохраны чакыра берди. Тавадора жакын келди да, баштагандан эле Качикенин чачын сыйпалап кирип: «Найн, найн!» деп кыз жайдаңдап күлүп жиберди. Качике кызды кучактап, эркелетип:

– Тавадора менин чачыман эмне издеп жүрөт?– деди Качике, дале эчтемеге түшүнбөй.Үйдүн ээлери, кыздары, баары күлүштү.

– Булардын айтымына караганда,– деди Качике көзүнөн жаш чыкканча күлүп: – Немецтер бу жерден кетерде бизден кийин монголдор келет, киши жейт, башында эки мүйүзү болот деп коркутушкан экен...

– Качике эң мурун көзүн бат-бат ирмеп, таң калып калды да, анан пропаганданын бардык обу жоктугуна түшүнүп, булар менен кошо күлдү.

– Тавадора, – деп, Качике ак саргыл кызды кучактап, эркелетти. Көзүнөн мөлт эткен жаш ыргыды. – Мен сени жакшы көрөм, Тавадора! Үйдүн ээлери сестее түшүп, Качикенин ыйлаганын түшүнсө да эмне дегенин түшүнбөй, Кединден сурап калды. Кедин сөз таба албай, бирдеме деп, балдырап жатты.

– Аш... т... ту-ва... Милуйё,– деди.

– А, аш тове милуе,– деп, тестиер кыз күлүп жиберди.

– Уф! Бир литвалык кыздан араң сурап алдым эле, кереги ушул жерде тийди!– деп, Кедин терин аарчып,-жүр, тышка чыгып тамеки чегип алалычы,– деп, папиросун оозуна тиштеп, ордунан турду.

– Эң жакшы кишилер экен, мындай кишилерди кантип капа кылышка болот? Немецтер болсо чоң жаңылган экен, эх, Володя, Володя! Немецтердин өз пропагандасы өз баштарына жетмек болду. Моңгол деп алар бүткүл Россияны айткан да. Пропагандадан коркуп калган немецтердин эми балдары да, чалдары да согушабыдеп чочуйсуң. Көрөсүң, так ушундай каргаша немецтердин башына түшөт. Бай, бай бай,– деп, короодо Качике, Кедин экөө тамеки чегип басып жүрүштү.

– Ай, Костя, мен эртең кетет эмесминби, согушка кирбесем да армияга кетем. Мен кожоюнума айтайын, бирдеме тапсын, акчасын берейин,– деди да, Кедин үйдү көздөй басты.

– Ме, момуну ал, берип кой! – деп, Качике акча сунду.

– Өзүмкү жетет, тыякка барганда акчаны эмне кылмак элем кээде мага да жүз грамм жуткузуп койчу эле, өзүнөн табылар, табылбаса бир жактан издесин – деп, Кедин акчаны албай, басып кетти.

– Үйдүн ээси столго эки шише самогон койду да, зайыбына, кыздарына бирдеме деп, кабагын бүркөп, Кединге да бирдеме деп жатты.

– Мени мактайт, кеткениме ичтери күйүп жатса керек. Эгер сен жаксаң сени да менин ордума калгын дейт. Азыр блинчик жейбиз. Булардын блинчигин сен көрдүң беле?

– Жок,– деди Качике.

– Азыр көрөсүң. Акча албай койбодубу. Өзүндө бар экен. Литвалыктардын баарында тең самогон болот. Неме, эмне эле? Хмель! Хмель гана табылбайт экен. Согуш убагында хмель да жоголуп кетсе керек.

Кединдин көзү жашылданган узун кирпиктүү, саргыл сепкилдүү, сүйкүмдүү жигит эле, азыр андан бетер жылдыздуу болуп, жаркылдап турду. Столго тамак апкелишти.

– Блиниң ушубу? – деди Качике таң калып.

– Булардын блини ушундай болот экен,– деди Кедин. Столдун үстүндө чоң кара табак толтура сөлдүү кылып куурулган койдун эти, анан блиндер турду.

Тамак Качикеге өтө жакты. Бул кыргыздын күлчөтайына окшогон литвалыктардын улуттук тамагынын бири экен.

А күнү Качике Кедин менен ушул үйдө жатты.

* * *

15-октябрда Качике резервдегилер менен немецтердин чек арасын бойлоп отуруп, Йеман суусунун боюндагы Нау-каймес деген жерге келди. Литвалыктын Качикелер кирген үй ээлери – зайыбы менен күйөөсү – жалпылдаган жакшы кишилер экен, адегенде чаң баскан офицерлерди (булар үчөө эле), жуунтуп, кийимдерин тазалаттырып, чайга отургузду. Кеч кирип бараткан. Үй ээси радиол коюп, баласын (алты жашта экен) эркелетип, кемпири экөө алмак-салмак алпечтеп жатышты.

– Балаңарды эрке өстүрүп коёсуңар го! – деди лейтенант Газаров.

Үйдүн ээлери орусча жакшы сүйлөгөн немелер экен, баланын көзүнчө:

– Жакшы бала эркеден бузулбайт,– деди энеси. Бала эшикке чыгып кеткенде үйдүн ээси Янкунес Станислав сүйлөп калды.

– Баланын аты Алик, же Олегби, өзү Ленинграддан экен. Ата-энесин билбейт дешет, бирок өңүнөн тааныса керек. Немецтер Ленинграддан качканда жай элдерди да кошо ала качыптыр. Бу жерден немецтер өтүп бараткaнда балдарды биз алып калдык уурдап. Баланын бу жерде эжеси да бар.

Үйдүн ээси толугун тактап айта баштаганда зайыбы чек беленип, литвача бирдеме деп, урушту.

– Сен эмне, коркосуңбу? – деди Станислав, зайыбына орусча.

– Корком! – деди зайыбы да орусча. – Ата-энеси же башка эле бирөө келип алып кетеби деп, корком! – деди аял күлүп, капаланган кишиче, алжапчыкты тытмалап.

Экөө баласыз неме Аликти жакшы тарбия кылышат экен.

– Сиз эмнесинен коркосуз? Ата-энеси табылган күндө да сизге алкыштан башканы айталбайт. Бага бериңиз. Жакшы бала экен, литвача сүйлөйбү? – деди армян Газаров.

– Сүйлөйт,– деди Станислав.

– Мына ата-эненин да, баланын да тагдыры! Качике баланын эжесин сураштыра баштады.

– Эжеси жакын, ушу эле жерде. Эмне көргүңөр келеби? – деди да, негедир өзү да чочуп, көздөрү көпкөк, тептегерек боло түштү. Зайыбы күйөөсүн тыткылап, бирдеме деп, урушуп жатты.

– Мен бабырап сүйлөй берчү киши элем, силер кеткенден кийин зайыбым мага күн көргөзбөйт.

Эри экөө кужулдашып, зайыбы урушуп, эшикке чыгып кетти. Алик экинчи үйгө кирген жок. Бала тууралу бекер аңгеме козгогонуна үй ээси чындап убайым жеп, түпөйүл болуп калды.

– Кудай акы, сен бирдеме жаза көрбөңүз, мен тим эле айтып калдым. Бизде орустун балдарын багып алгандар көп, – деп Станислав чындап чочуду.

– Биз өзүбүз тамтаңдап резервде жүрөбүз. Эми алдыга жылып бараткан армиянын артынан бараткaныбыз, бала издегендер менен ишибиз жок,– деди Качике, булардын көңүлүн тынчытыш үчүн.

– Ким билет, бирөөлөр орустун балдарын баккандарга өкмөт жакшы карайт экен десе, бирөөлөр жаман көп айтып, кишини коркутат,– деди үй ээсинин зайыбы.

Качике булардын чочуп турганын эми гана байкап, дагы баякы колхозго жазгандай бир шойкун болбосун деп, чочуп:

– Кимде-ким жетим балдарды багып бала кылып алган болсо – ал адамдын асылы! Эмне үчүн немецтер орустун балдарын, жай кишилерин өз жерлеринен кууп апаратышат? Бу да пропаганда: орустун эли большевиктер менен жашагысы жок дейин дегени. Булардын өздөрү качкан жок, буларды зордук, пропаганда менен алып келди. Болбосо алты жашар Аликте эмне күнөө! Бара-бара үй ээлери Качикенин сөзүнө ишенип, эркинирээк боло баштады. Аялы жакшынакай эттүү тамак апкелип аңгемени өзү сүйлөп кирди.

Аликти азыр эт алып, киши болгондо көрүп турасыңар, апарык, тим эле бака болучу. Эжеси андан бетер, чоң энелери араң эле сүйрөлүп келген. Байкуш жакында бирөөлөрдүн колунда жүрүп өлдү.

– Өлдүбү? – деди чочуп Качике, негедир кайта сурап.

– Өлдү байкуш!– деди аял, үшкүрүп. Мына, көрдүңүзбү? Булар таптакыр эрксиз болгон! Сиз болсо жетимдерди багып отуруп, бакканыңыз үчүн коркосуз!– деди Качике, кыжыры келип.

– Бизди коркутуп жатышпайбы! Кимде ким немецтер менен кетип бараткан баланы же чоң кишини жолдон чыгарып алып калчу болсо... деп эле, капкайдагыны айтышат... анын үстүнө Советтердин офицерлерин жаткызбагыла, жаткызсаңар да колдон келишинче жок кылууга тырышкыла дейт! – деди аял.

– Алар ким?

– Билбейбиз. Ушундай эле сөз бар! – деди аял, Качикеге эси чыгып тиктеп.

– Бу жериңерде бүгүн эки жүздөн ашык офицер бар, демек, бүгүн баары жок болот экен да? – деди Качикеге Станиславга тигиле тиктеп, Станислав коомайлана түштү да, зайыбына литвача бирдеме деп, анан орусча сүйлөдү.

– Менин зайыбым туура, айтат. Бирок ал заман өтүп баратат. Мурун болгон. Мына бул карагайдын арасында дабырап жүргөн немецке кызмат кылган орус литвалыктар болгон, власовчулар дейби, ошолор, бирок үйдүн ээси жардам кылбаса, андайлар ки-

ралбайт. Силерди бекер коркутат. Биз бирдеме болчу болсок силер менен кошо өлөбүз, бирок мындайга жол жок! – деди Станислав Газаров менен булардын үчүнчү жолдошу, саясий кызматкер, лейтенант Кругликов литвалыктын бу сөзүн угуп, картасын таштап, буларды тыңшап калды.

– Уктуңарбы? Сак болгула!– деп, Качике күлдү.

– Анын эмнесине күлөсүң? Баарыбызды кырып кетсе армия резервсиз калат! – деди ачууланып, лейтенант.

– Эмне кызаңдайсың? Сен өлсөң ыйлай турган киши барбы? Дароо саясий маселеге өтөт экен! Армияга резерв табылат, сен өзүңдү ойло! – деди кагып, Газаров. Кругликов менен Качике жерден орун алып, Газаров терезенин түбүндөгү койкага жатты.

– Армян тоолору бийик! Жаратылыш көркөм, туш-тараптын баары бак, булбул сайрайт да турат! – деди элди күлдүрүп, Газаров, терезенин босогосуна италиянын кичинекей кызыл гранатасын коюп, терезени, анын капкагын өзү бек жаап.

– Көзүңө кара, лейтенант Газаров,– деди Кругликов,– сенин гранатаң менен бизди өлтүрүп жүрбөсүн?

– Столдун астына кирип жат, сенин саясий жаның аман калат! – деди Газаров.Тамаша, күлкү менен уктап кетишти.Түн кайсы маал экенин ким билсин, Качике чаң-чуң эткен табыштан ойгонуп кетти.

– Сен кимсиң? – деген орусча ачуу үн чыкты. Кандайдыр бир чыңкылдаган аялдын үнү: «Коё бериңиз! Коё бериңиз!» – деп жатты.Үйдүн ээлери ойгонуп, литвалыктардын тили сүйлөнүп, чаңкылдашкандан кийин.

– Жата бергиле, бу менин кайнежем, Каунастан келиптир,– деди да, Станислав тышкы эшикти ачып, киргизип кетти. Эртең менен баары күлүп жатып чай ичишти.

– Карасам мени бирөө Колуман тарткылап баратат! Терезенин капкагы да ачык, терезеси да ачык! – деп, укмуштантып, көздөрүн акшыңдатып, ооздорун чормондотуп. Газаров бүткүл шыгы менен жөн сүйлөдү. Көзүмдү шарт ачсам! Ой укмушуң кургур! «Жаныңдан үмүт кылсаң былк этпе!» деп, саксайган бирөө турат... Мени көздөй кезеп турган канжары, бир колунда килейген пистолети бар...

– Эмне? Качан? Качан? – деди Кругликов, оозунан чайы түшүп калып, аңкайып.

– Түндө... сен эмне, туйбай калдыңбы же столдун астында белең? Кандай чапчаңдык пайда болгонун билбейм, италянканы ыргытып эле калдым! Капкара түтүндүн ичинде калган экемин, көзүмдү ачсам Костя, үйдүн ээлеринен башка киши жок, тымтырс болду да калды. Эшикке чыксак да жан жок, качкан экен шумпай каракчы! – Газаров өзү күлбөй чай иче берди.

Кругликов ууга жаңы чыккан жаш уучуга окшоп, көзү чакчайып, Газаров сүйлөгөн сайын оозу, колдору, кебетеси кошо кыймылдап, Качике менен үй ээлери күлүп жыгылып калышты.

– Көрсө мабу киши экен! – деп, Газаров үйдөгү аялдын эжесин көрсөттү.

Фу! Чын экен десе!– деп, Кругликов эми күлдү. – Сиз түндө келдиңиз беле? – деди орусча.

– Я, я – деди, түшүнбөсө да.

– Сен мындай уктабай жүргүн, өлгөнүңдү да билбей каласың! – деди Газаров лейтенантка. Кругликов бирдеме деп жалжактайын деди эле, столдун астынан Газаров бутун басып койду.

– Мен дайым түндө сиз жаткан жерге жатчумун, а киши мен экен деп эле сизди колдон алган турбайбы, караса эле орусча сүйлөгөн бирөө шап колдон алса чалкасынан кетиптир,– деди, Станислав жалпы күлкүнү козгоп.

– Бул үйгө ыракмат, бизге жөнөш керек, подполковник кыйкырып жүрбөсүн,– деди Газаров, саатын кулагына тосуп. Үйдүн ээлери менен коштошуп, булар жолго чыкканда офицерлер чогулуп, Немандын боюнда жүрүшкөн экен.

– Лейтенант Кругликов, сиз кайсы жерде тарбиялангансыз? – деди Газаров, басып баратып, лейтенантка карабай.

– Юнкеристтер окуу жайында тогуз ай пол жуугамын! – деди Кругликов.

– Сизди тогуз ай сабаш керек эле, бекер пол жууду. Ооба, ооба. эркелетип койгон экен, сиз муну да билбейсиз! – деди да, чыпалагын көрсөттү.

– Эмне, эмне? Эмнени билбейт экемин? – деп, кызаңдап кетти.

– Офицер дегендин баскан-турганы баары-баары кылдат болуш керек, биз окшоп строеврй командирлер, балким, кетирсе кетирер, сиз эмне? Тарбиячысыз! Түшүнөсүзбү? Тар-би-я-чы! Ушул жоругуңуз менен сиз кимди тарбиялап кимге акыл үйрөтөсүз? Баскан-турганыңыз да, тамак жегениңиз да чалчыңмылчың этип, келипшейт... малканадан келген кишидей!– деди Газаров, бетине карабай, катуу эле.

Кругликов көзүн тептегерек кылып, Газаровду тоотпой, бою бийик неме алдына өтө калды да:

– Эмне деп былжырап турасың? Армяндын мырзасы?! Малканадан келгеним чын! Сага окшоп биз ак чүпүрөк жеп, күндө шашлик, күндө вино ичкен эмеспиз! Жесек жеп, жебесек жок жүрө берген кишилердин балдарыбыз! Эмне деп турасың сен? – деп, титиреңдеп, муштап жиберчүдөй болуп кетти.

Булар кармаша кетеби деп, Качике экөөнүн ортосуна түшүүгө камынып турду.

– Жогорку билим, тогуз ай окуганыңдын бары текке кетиптир! Эмне алдымды тороп турасың? – деди Газаров, жай гана чыгыштыктарча кызуу кандык кылбай. – Урушканы турасыңбы? Ме, мамуну менен мени өлтүр, сыныктары беш метрден алыс тарабайт, болбосо өзүм! – деди да, чөнтөгүнөн балдардын оюнчугундай кыпкызыл италянканы сууруп чыгып, Кругликовка сунду!

– Жиндиленбе! Мындайды биз окуган эмеспиз! – деп, Кругликов купкуу болуп, кетенчиктей баштады.

– Сен жоокерлерди куру сөзгө үйрөтпөй, ишке, эрдикке үйрөткүн. Сак бол! – деди да, капыстан италянканы Кругликов жакка ыргытып калды. Кулак тундурган жарылыш чыгып, капкара түтүн каптады. Кругликов колу менен башын калкалап, Неманды көздөй качып бараткан эле.

– А, иттин гана баласы! Корктуңбу? Сага окшогондордун кылары ошо.

– Жаман коркутпадыңбы. Бекер кылдың, эми сөз кылат,– деди Качике; Качике италянканын сырын билгендиктен качкан эмес эле. Газаров айткандай, анын сыныктары беш метрден

алыс кетчү эмес. Бул граната окоп же жакын, бетме-бет согуштун гранатасы болучу.

– Тим кой. Мындай немелер же коркуп унчукпайт, же катынча ыйлап даттанат, деди да, плащ-палалканын ийнине ыргытып,– жүр!– деди.

– Аликтин эжеси менен сүйлөшө кетейин дедим эле, кечиктим го? – деди Качике, Газаровго карап.

– Кечиктиң. Аны эмне кыласың? Литвалыктар жакшы эл, жоош. Бага беришсин,– деп, Газаров Неманды карай басты.

## XX

Шарапатты ооруканадан үйүнө Бурулдукуна алып келишти. Шарапат бийик жастык койдуруп кроватта, өз өмүрүнүн саналуу калган күндөрүн эсептеп, ажалдын бетине тик карап, унчукпай жатты. Бурул болсо кызына бет барып карай албай, кызынын үстүнө кирип-чыгыштын өзү да ал үчүн азап болду. Баарына айыптуу Бурул шекилденди. Энеси мунун баарын сезип, кызы түгүл өзүнө-өзү «бети кара» болуп, күнкарама болуп калды. Шарапаттын ар бир кыймылы, кээде оңтогону энесине бычак менен көкүрөккө сайгандай туюлуп, Бурулду зыркыратып турду. Бирок Шарапат энесине катуу бир сөз айтпай, унчукпай, жай гана жата берди. Шарапат киши жокто гана онтоп, киши жокто гана кыйкыра турган; мына ошо Шарапаттын киши жокто онтоп, киши жокто кыйкырганын Бурул угуп, кызын аңдучу болду. Киши барда, энеси барда, Шарапат жайдары күлүп, өзүнүн өлөсөлүү оорусун таптакыр билдирбейт. Бурулга мына мындан катуу нерсе жок.

– Сен кыйкырдыңбы? – деди бир күнү Бурул, Шарапаттын кыйкырыгын даана угуп, эшиктен чуркап кирип.

– Кыйкырдымбы? – деди Шарапат, эчтемени билмемиш болуп, жайдары гана күлүмсүрөп.

– Кыйкырдың окшойт,– деди Бурул, да билдирбеске салып, ачык айткандан коркуп.

– Кыйкырсам ал мен эмес, ал менин жанымдын кыйкырыгы!– деди Шарапат, жылмайышын жазбай, колун силкилдетип ойнотуп.

– Ок! – деди Бурул, чочуп кетип. Бирок кайта билмемишке салып, мага кыйкыргандай угулду, жаныңан айланайын! – деди да, кайтадан тым болду.

Кызы даттанбай, эч кимди айыптуудай да кылбай, өзү менен өзү болуп, өлүм менен кармашып жатканын энеси түшүндү. Мына мындан кийин Бурул андан бетер ичинен тынып, андан бетер өзүн айыптуу сезип, андан бетер жети өмүрү жерге кирип, өзүн кара бет көрдү. Анда-санда гана бу да болсо кудайдын иши дегени менен өлүм, анын уяты ичтен жеген курттай кыйнай берди. Мунун үстүнө кээде Шарапат:

– Апа, атам качан келет болду экен? – деп, сурап калчу болду.

– Билбейм, садага болоюн, согуш бүткөндө келеби?– деп, Бурул андан бетер сыздай берет. Шарапат атасын, байкесин көргүсү келип, сагынып турганы чын болучу, бирок, ушул өзүнүн абалын эч кимге көргөзбөй, киши көзүнө көрүнбөй, батырак өлүп кеткиси келер эле. – Согуштан кийин тирүү кишилер кубанат, ушундай кубанычта өз жакындарыңды ыйлатып өлгөндүн эмнеси жакшы! Андан көрө атам менен байкем келгиче өлүп калайын, ыйлап, ыйлап, тым болот, мен да кыйналбайм, алар да кыйналбайт, жаманчылыкты көз көрбөгөн жакшы,– дей турган Шарапат ичинен.

Шарапаттын бу пикири жөн өлчү кишинин пикири эмес эле, өлчүү киши, кайта, жакындарын көргүсү келип, дилгир болуп турат; Шарапаттын бул пикири өз кылмышын өзү тартып, өлгөнүн да кишиге көргөзгүсү келбеген кишинин пикири болучу... Шарапаттын ооруканадан чыгып үйүнө келгенин Маарипаттан угуп, Саадат келемин деди. Маарипат келер замат эжекесине айтты.

– Келем дедиби? Макен, апкел күзгү менен таракты... Тетиги жылуу көйнөгүмдү бер, бол батырак!– деди Шарапат, шашылып.

Шарапат менен Саадат али бирин бири көрөлек эле. Экөө тең бирин бири көрсөм дегенде дегдеп, экөө тең бир башкача болуп аптыгып, башкача камынып жүрүшкөн. Саадат тоодогу малдан жакында эле бошоп, эми мектебин жаңы директорго өткөзүп берип, Муса экөө Фрунзеге окууга кетмекчи болуп, камынып жатышкан болучу.

Жайдын толуп турган баары. Саадат эскирек болсо да тазараак көйнөгүн кийип, төштөгү Буруллдукуна келатып, Бурулдун багынан аркы-терки суйсалып басып турган аялды көрдү. Аялдын кийгени узунунан тигилген кызгылт торко эле. Ак бөртмө жоолукту ээгинен алып байланып, сейилге чыккансып, алыстан мунарык тартып турган Ысык-Көлдү тиктеп, ойлонуп калгансып, улам токтоп, көл жакты мелтиреп тиктеп калат. «Шарапатпы? Төшөктө дебеди беле»? деп, Саадат жупуну көйнөгүнөн корунуп, сүрдөп келатты. Жакындаган сайын Саадаттын сүрдөшү күчөп, өлүмдүн каттарын өксүп жазган Шарапат эмес эле мүчөсү жакшынакай, зыңгыраган бирөө көзүнө көрүнүп, бул аял көрүнгөндө да алдагандай көрүнүп турду.

Саадат жакын келгенде өңүнөн да анчалык азбаган, дале болсо чымыр, кара сур өңү сулуу, көзү бадырайган, таптаза, жапжаш кызды көргөнсүдү.

– Саадат эжеке сизби?– деди Шаарапат, суз гана кол берип, кайдигер кишиче салкын, Шарапаттын салкындыгына таң калып:

– Шарапат эжекеси сенби? – деди Саадат канткен менен мугалимдик кылып, «сен» деп.

– Ошол бейбак мен!– деди Шарапат, заматта чытырап тургансыган өңү өчө калгансып, купкуу болуп. Шарапаттын өңү мынчалык бат кубулушуна Саадат таң калып, бетине тиктеп калды.

– Мария, Макиш, мына бу жерге сал, садагасы, таза абага отуралы! – деди Шарапат, кийиз, шырдак көтөрүп келаткан Маарипат менен апасына карата. Шарапат өз абалын, өз бетин Саадатка көргөзгүсү келген эмес эле. Чын эле, Саадат азырынча Шарапаттын салкындыгынан башка эчтемесин байкаган жок.

– Көрүүгө таңсык болуп жүргөн Шарапат кызыңызды көрүп, кубанып турам, Бурул апа, айыгып жакшы болуп калган турбайбы, капкайдагыны айтып, коркутуп жүрбөдүбү мени!– деди Саадат, шарактап күлүп. – Жаш эмеспи, корккон да. Мен быйыл окууга кетип баратам, институтту бүтүп албасам согуштан кийин иш таппай калам го. Шарапатты тыңып алгандан кийин өзүм шаарга алып кетем... Дагы... качып кетип жүрбө!..

Саадат кийинки сөздөрдү айтарын айтып алып, тилин тиштеп калды. Анткени, Шарапаттын өңү бир башкача болуп өзгөрүп, купкуу топурак түскө айланды да, ошо замат кайта күлүп, бирок анын бу күлкүсү калп, кыжырдуу, ачуу күлкү болду.

– Эми качсам келгис болуп качам! – деди Шарапат, Бурул менен Саадат алдыртан бирин бири бир ирмемге тиктешип, Бурул эрдин тиштеп, Саадат алактап, эмне айтаарын билбей калды. Шарапат энтигип турган эле.

Шарапат акылдуу, оюнкарак, сөзгө уста, кийинчерээк сөздүн чынын кесе айткан уу тилдүү болуп калган болучу. Муну оору, кийин түшүнгөн өзүнүн армандуу турмушу жасады. Анткени Шарапат азыр жасалмасы жок чындык турмуштун бет маңдайында турган эле; ал эми жанакы чындык болсо жыпжылаңач, кызыл эт болучу. Мындай кызыл эт, жылаңач чындыктан качып, же жалтанып Шарапатка олдоксон, же калтыс сүйлөштүн өзү коркунучтуу. Муну өзүнүн өлөрүн билген киши гана жакшы билет да, өчөшкөнсүп ошондой сүйлөйт.

Жаш боло туруп Шарапат турмуштун жүйөсүн эрте түшүнүп, басып, тиши чыгып калганын Саадат байкап, эми аны «адашкан жаш кыз» дебей, чебердеп калды.

Шарапаттын кыялындагы кишини таңыркаткан кырстык, такмазалуу ачуу сөздөр Саадат ойлогон Шарапатка таптакыр окшобой, Саадаттын көксөөсүн суутту. Саадаттын пейли боюнча эжелүү-сиңдидей болуп экөө ыйлашып, кучакташып көрүшмөк эле. Шарапат чалпоо аттай Саадатты жанына жолоткон жок.

Биринчи күнкү жолугушуу сый өттү.

Саадат кеткенден кийин Шарапат мууну бошоп, шалдырап, кроватка араң жетти. Бардык күчү менен чымырканып, өзүнүн өлөсөлүү киши аяй турган абалын билдиргиси келбей, кроватка жыгылып, «Ах»! деп үшкүрүп алды да, ыйлайын деп бурулуп барып, кайта ошо замат өзүн өзү соороту. «Өлө турган киши ыйлабоо керек! Эмне деп ыйлайм? Мына өлүм келатат. Акырындап болсо да келатат… Атам менен байкемди көрсөмбү дедим эле. Жок, болбойт экен. Кайсы бетим менен алардын жүзүн карайм? Атам менен байкем ыйлап жанымды бекер кыйнайт. Эми мага

тирүүлүккө кайтмак жок! Тирүүлүк үчүн мурунураак, кармашуу керек эле. Таежеме күндөш, жездеге катын бололекте ойлош керек болучу. Мен турмушка кыялдандым да сүрдүгүп барып жыгылдым. Эми мага турмак жок! Менин колком үзүлүп кетти. Мен атайын ошентип, колком үзүлүп кетсин дегемин. Шерменде болуп күн көргүчө өлүп тыныш керек. Бак-дөөлөт, балким, мени да карытат болучу. Бирок антип күн көргүм келбеди. Турмуштун тизгинин өз колуң менен өзүнчө кармабай, бирөө менен жыра талашып, күн көрүнүмүш болгондун эмне жыргалы болсун! Булардан мен эчак кетсем болот эле. Өзүм теңдүү жаштар менен жүрүп кетсем да болмок (алардын канчасы асылды) Булардан кетсем дагы бирөөгө тийип, абышкадан чыккан келин атка конмокмун (келин дешет беле же катын дешет беле?). Жүрүп кетсем жаштар жүргүлө абышканын катынына барабыз деп, шылдың менен келишмек. Анда абийирим не болду? Жок, буга да баралбадым, О, жалгыз айла: өлүм! Жок, кое тур, токто, токто!»…

Шарапаттын кыйкырыгын угуп, энеси, жеңеси, Маарипаттар чуркап келишти. Бир ирмемге эстен тана түшкөн Шарапат, кайта эсине келип, жөөлүп барып токтогонун эстеп, эчтеме болбогонсуп жаткан эле. Айдын жарыгы эки терезеден тийип, үйдүн ичин жапжарык кылып, Шарапат аппак болуп жаткан болучу.

– Шакен сен бирдеме дедиңби? – деди энеси, башка бирдеме деп сурагандан чочуп.

– Силер эмне уктабай жүрөсүңөр? – деди Шарапат, жай гана, өзүнүн жакшынакай коңур үнү менен. Шарапаттын үнүндө же бир калтырагандык, же бир коркпондук жок эле.

– Кудая тобо,– деди энеси, өзүнчө кобурап,– ушундай да бала болот экен а? Баланы тууптурмун да, кыялын кошо туубаптырмын… кыялы эң эле катуу болгон турбайбы…

– Апа, эмне деп кобурап атасың? Мени укпайт деп турасыңбы? Эмне экен? Кыялы катуу болгон киши жаманбы? Андай болгондо мен… о дүйнө! Уктагылачы…– деди да, унчукпай калды.

– Жайдын түнү кыска, балам, капкайдагыны ойлобой тынч алчы. Энеси оозун басып буркурап ыйлап, тышкы үйүндөгү жерге салган төшөгүнө чечинбей барып отурду.

– Өчүрчү тетигини,– деди Бурул Маарипатка, түтөп жаткан шайтан чыракты көздөй кол сермеп. Эртеси Саадат келгенде Шарапат кат окуп, көңүлү ачылып, кроватта жаткан эле.

– Келиңиз, эжеке, жаныма отуруңузчу...– деди Шарапат күлүмсүрөп. Бүгүн кечекидей зыңгырап, тоотпогонсугандын бири да жок болучу. Бүгүн Шарапаттын өңү шапайыңкы, азыңкы, апарык сыяктанып, энтигип турду.

Шарапаттын оорусу катуу экенин Саадат бүгүн гана байкады.

– Жигиттерден кат алдыңбы? – деди Саадат күлүп, Шарапаттын көңүлү үчүн гана. Шарапат баш ийкеди да, жылмайып жакшынакай күлүмсүрөп койду.

– Бүгүн турбайын дедим го, болбоду. Жигиттен кат алган киши жатып алмак беле! Сиз менен көлдүн боюна баргым келип кетти. Барасызбы? – деди. Шарапат, кроваттын башына илинип турган көйнөгүнө кол узатып.

– Барам, жүр,– деди Саадат жастыктын астында жаткан калың китепти көрүп, адатынча дароо алып окуп, барактап жибергиси келип.

– Жок, болбойт, бу китепте... жашырын сыр бар,– деди Шарапат күлүп. – Мейли карай бериңиз, сизден эчтеме жашырбайын дегемин; сиздин мага жазган катыңызга ашык болуп жүрүп, кече күнү кыр көрсөтөйүн дедим эле, болбоду, сиздей кишиден сыр жашырып болбойт, сиз чыгып туруңуз, мен кийинип алайын. Китепти кармап, Саадат тышка чыкты да, китептин сырткы бетин тиктеди. «Жолборс терисин жамынган баатыр», Алыкул Осмоновдун котормосу экен. Титул барагында төрт сап ыр бар эле.

Сага арналган бул белек,
Белегимде чоң тилек.
Тилегиме жетпесем,
Болормун, курбум, жан серек!..

«Абышкасынан башка жүрүп жүргөнү бар экен го!» – деди ичинен Саадат өзү окубаган китепке кызыгып.

– Билип турам эмне ойлоп турганыңызды, сырымды ачып койдуңузбу? – деди Шарапат, Саадаттын артынан.

Көл жапжакын эле. Көл акырын чайпалып, кумдуу жээкке ак көбүк чачып, көлбүп жаткан чагы эле. Көлдүн салкыны акырын согуп, серүүн болуп турду.

– Көл мемиреп турган экен! – деди Саадат, көлдүн күн тийип жаркырап турган ортосун тиктеп, колтугун керип күлүмсүрөп.

– Көл менин жүрөгүм туйлагансып туйлап турат – деди Шарапат энтигип. Саадат бурулуп, купкуу болуп эриндери көгөрүп, энтигип турган Шарапатты көрдү.

– Ал жигиттин эпкини тийген жүрөктүр,– деди Саадат, тамашага буруп.

– А куурагыр менден үмүт кылып жүрөт, мени соо деп жүрсө керек... – деди Шарапат, жыпжылма ташка барып отуруп.– Чын эле, көл сонун э эжеке! Караңызчы... Чак түш. Тетиги алыстагы мунарык тарткан ак чокулуу тоолору... көл да тоолордун этеги менен кошулуп жаткансып аркы жээктери бозомук көгүш болуп, а түгүл асман да көл да бир сыяктуу, .айкашып жаткансыйт. Сиз айткандай көл мелтилдеп турат. Ошондуктан ак чардактар кел ортодоп учуп, жээкке жолобой жатышат. Көл толкубай турганда май чабактар күн нуруна ойной берсе керек... Көрдүңүзбү тетиги ак чардакты. Кайкып учуп чыгып кетти. Жем илип кетти окшойт.

«Сени да абышка ошентип илип кеткен да!» – деди, ичинен Саадат кайкып учкан ак чардакты кералбай. – Анткен менен жазган ырларына, сүйлөгөн сөздөрүнө караганда жазуучу, акын болчу бейбак экен. Акылычы... өзүнчө эле бир талант болмок тура. Ой каргашанын өкүмү ай! Мына мунун баарына ким айыптуу? Биз өзүбүз! Кармашалбайбыз, дале болсо чирик турмуштун жетегиндебиз. Уят деп жүрүп атамды көрбөй калдым!..»

Саадат өз ичиндегисин сыртка чыгаралбай, оору кишинин көңүлүн улап, жигит жайын сүйлөдү:

– Бу жигит экөөңөр кайдан таанышып жүрөсүңөр?

– Ооруканада. Ал айыгып чыгып кетти, ошо кезде доктурлар мени да чыксаң чык деп жатышкан. Менин мал болорума көздөрү жетпеди окшойт... А байкуш аны, билбей жазып жүрбөйбү! – деди Шарапат, оор үшкүрүп.

– Капкайдагы жаман ойлорду ойлойт экенсиң, Шарапат, жигит ашык болгон киши да ошентет бекен? Жаш туруп кемпирден бетер кейикчээл болуп алыпсың,– деди Саадат, тегерегин карап. – Көлгө түшсөк кантет? Суугa түшүүгө болобу, жокпу? Аны билбей, Саадаттын өзү түшкүсү келип, Шарапатка көңүл үчүн айтып турду.

– Түшөлү, эжеке, түшөлү, ушул көлгө кантип түшпөй кетейин! – деди да Шарапат чечине баштады.

Эки аял эмчек тарткычы менен чолок ыштанчан болуп, элден мурда ичиркенип, анан сууга түшүп кетишти. Бир нече минутадан кийин Шарапат суудан энтигип чыгып, жүрөгүн басып туруп калды.

Демим кысылып баратат, эжеке, бир-эки жолу чумкудум эле деди Шарапат, аркасынан жөлөп турган Саадатка, жиниккендей энтигип. Саадат чочуп кетип, дароо Шарапатты кийгизип жатты. Жонуна конуп алып канын соруп жаткан көгөөндү да сезген жок.

– Болду, эжеке, болду, жакшы болуп калдым, чумкуган жаман тура. Жонуңузда көгөөн жүрөт соруп салган тура. Этиңиз аппак турбайбы. Киши кызыга турган экенсиз!– деди Шарапат энтигип, араң жылмайып күлүмсүрөп.

– Сиз түшө бериңиз, мен карап турайын. Шарапаттын эки көзү Саадатта болду. Саадаттын орто боюна өзүнүн мыртыгыйыраак колдору, буттары жарашып, москоолунан, булчуңдуу келген сөөгү анын карылуу экенин баяндап, эти оордугуна карабастан сууда опоңой сүзүп жүрдү. Көгөргөн тунук сууда аппак эти акактай кашкайып, Саадат андан бетер алда кандай көрүнүп жатты. «Мына дени сак киши!» – деди ичинен Шарапат, Саадатка чындап көзү күйүп. – «Бактылуу аял экен… Айтмакчы, эмнеси бактылуу бул аялдын? Күйөөсү жүрөнөк, аракеч. Мындай эркектердин катындары тым турмак беле? Анын үстүнө акактай тунук неме экен, мындай катындар күйөөсүнөн бактылуу болбосо ойношуна эркелеп, аз да болсо жыргап өтөт. Бирок, канткен менен, жакшынакай аял экен. Мата кызыккандай буга да эркектер далай кызыгат. Кандай болгондо да мен абийирим менен кетип баратам. Абийирим менен

кетип баратамбы же бирөөлөрдүн көз жашына, убалына, каргышына калып баратамбы? Көрүнгөн эркек менен жүргөн аял эч кимди сүйбөгөн аял. Андайларды кыргыздар «чөп башылап» жүргөн аял дейт экен. Эгер мен жаштайыман өлбөсөм чөп башылап жүргөн аялды жаман көргөн киши болор элем. Мынабу байкуш эмне деп жазат? Кайта-кайта окугум келет. Анын ар бир сөзү жүрөгүмдү элжиретип, мас кылат, өлүп кете жаздайм. О тагдыр! Өлүп бараткан кишиге сүйүү не деген оорчулук да, не деген жыргалчылык! Өлүмдүн түрү суук, муздак колун жок дегенде сүйүү жылытып, сүйгөн кишиңдин элеси бет алдында турат экен... Сүйүп өлгөн кишинин өлүмү да оңой болот окшойт...»

Саадаттын жайылган коңур чачынан, эмчек кабы менен тар, чолок ыштанынан денеси ылдый суу шорголоп, суу пери сыяктанып, Саадат көлдөн чыгып келатты. Шарапат сүйгөнүнүн катын кайта-кайта окуп жаткан эле. Бети күндүн нуруна кыпкызыл болуп албырып, Шарапат кайта өңүнө кирип, суйкайып, таптакыр оорубаган сопсоо кишиче бийик таштын үстүндө отурду. Кызгылт торко көйнөгү, башынан шыпырылып мойнуна түшүп калган ак бөртмө жоолук суу болуп уйпаланган саамай чачтары, жыпжылма борчук таш, чайпалган көл, колундагы кат – Шарапатка кыял менен ойдурган сүрөт сыяктуу түс берет. Шарапаттын ушул калыбын бузгусу келбей, Саадат окчунураак барып, ысык кум шилеп, кумга оонап, өзү менен өзү ойноп, бирок эки көзүн Шарапаттан албай суктанып да, боору да ооруп аяп, ойлонуп кетти.

«Жаш. Сулуу. Жүрөк оору дешет, бул эмне деген оору. Өзү болсо киши болбосуна ишенип алыптыр. Ушундай гүлгүнүндө да киши өлөбү? Бул эмне деген өлүм? Жүрөк оору! Бул куса болгон оору го? Бул оору өз турмушунун кыйраганына көзү жеткенден кийин башталган го. Аны ондошко болот эле го дейм? Же... жаш неме турмушка кийин гана түшүнүп, турмушка чын түшүнгөндөн кийин өз турмушунан өзү уялып, турмуш өмүрдөн аша кечтиби? Кайран бала!.. А менчи?..»

– Эжеке! – деди Шарапат, жаш балача, буту, колун серендетип, талпынып. – Эжеке! Ырдагым, кыйкыргым келип кетти!

Үнүмдүн бардыгынча кыйкырып: «Өлгүм келбейт, жашагып келет!» дегим бар. Жакшынакай болуп жатканыңызды караңызчы! Күн, көл, кум, токой жаратылыштын баары сиз менен кошулуп, жарашып, жадырап турат. Ах, жарык дүнүйө! Термелип гана турган чагы экен... Мындай учурда кантип киши өлүмдү ойлосо болот? Ах жарык шоола! Дүнүйө! Сонунсуң да!.. Кучагымды, жазып керилип-чоюлуп, баскым, күлгүм келет! Эжеке! Дүнүйөгө көзүм тойбой турат! Тойгум да жок! Эжеке!..

Баарын жараштырып турган сен! – деди Саадат жайдары жылмайып.

– Түрүңдү көргөн киши чалкасынан кетер эле. Сүрөтчү болуп тартса... Ичинен: «Кайран бала!..» деди.

Саадат менен Шарапат көлдөн кечке жуук кайтышты. Шарапат болор болбос энтиккени менен жайдары болуп көңүлү ачылып күлүп, эки бети албырып турду.

– Апа, курсак ачты! – деди Шарапат келер менен.

– Көлгө күндө барып тура турган экен. Абдан сергип калдым! Бирок киши жок да. Эжекем менен күндө барып турар элем... Шарапаттын жаркылдап турганына апасы бир башка болуп ичинен кубанып, эмне кыларын билалбай:

– Курсагыңдан садага болоюн, тамак даяр, эжекең келип турар... Бурул Саадатка жалыныч менен жылмайды:

– Садага болоюн, кеткиче келип турсаң.

– Колум бош, келе берем,– деди Саадат.

– Ушунча болуп көлдүн да кадырын билген эмес экенмин, сонун турбайбы? – деди да, Шарапат бирдемеге шаңкылдап күлүп, төркү үйгө кирип кетти.

– Мына, бир эле күндө башка киши болуп калбадыбы? Өзү жалгыз жата берсе чөгө берет окшойт, садагаң Саадат,– деди Бурул, таң калып шыпшынып.

– Кудай беретко, айланайын, отургула, мен тамак куюп келейин, бакка отуруп ичесиңерби же үйгөбү?

– Бакка,– деди Саадат. Дасторкон жыйналгандан кийин Шарапат кайтадан шаңкылдап күлүп, Саадатка бир барак кагаз сунду.

– Сизди шайыр деп уккамын, ыр жазып көрүңүзчү.

– Ой жок,– деди Саадат, чочугансып күлүп.

– Мунуң эмне? Ыр го? Мен сенчылап ырды кыйыштырып келтиралбайм. Жамактатып жибермейим бар. Саадат жанакы кагаздан мына муну окуду.

Тинатиндин машакатын чекким келет ыйлабай,
Сүйгөн киши сүйдүм дейби Тариэлче сыздабай?
Тариэлим учту көккө булут болуп сызылып,
Тинатини калды жерде көкүрөгү кысылып.

Тиктеп көктү, колум булгап, Тариэл деп болом чок,
Не теңирден, не булуттан шыбырт эткен жооп жок.
Айтчы, эжеке, неге көөнүм жатып жалгыз термелет?
Жүрөгүмдүн анык сырын сизден бөлөк ким билет?

Саадаттын өңү кечки иңир менен кошо күңүрт тартып, кансөлү качкансып турду. Саадат эчтеме түшүнбөй, мугалим боло туруп, окута турган кыздын ырына жооп бералбай кала турганынан уялып жаткан эле.

– Мен түшүнбөдүм, бул каармандар жанакы китептен го?- деди кызарганы күүгүмдө билинбей.

-Кыйын экенсиң, кызым, мен бул китепти окуган эмесмин, шакирти устатынан өтөт деген ушу. Мен мындай ырды жазалбайм, а түгүл мындай сабагы узун ырды окуган да эмесмин, шакиртинен жыгылат деген ушу. Жыгылганын мойнуна алганы Саадаттын өзүнө да жеңил болду, Шарапатка да жакты.

Саадатка китептин мазмунун түшүндүрүп берип:

– Бекерчиликте көрүнгөн китепти окуй бергемин да, китеп окууга да чолоңор тийди дейсизби. Кана, жообун жазыңыз,– деди Шарапат.

– Шакен сенин ырларың кадимки акындардыкындай болуп атпайбы, меники эмне, тим эле жамак,– деди Саадат, тайсалдап.

– Оозеки деле ырдап жиберет деп уккамын, мынабу алмаларды караңызчы, апорттору калып, ак алмасын жеп коюшуптур, бирок канткен менен быйыл алма жаман эмес, карасаңыз, шагы ийилип турат. Дагы апам кыйын экен, ай-уй деп коруп,

балдардан сактап отурат, болбосо көгүнө карабай жеп кетишмек. Мына турмуш да ушундай окшойт, аны коргоп, бакпаса көрүнгөнү тепсеп, талкалап кетет экен...– деди да, Шарапат өз пикиринин кайда бурулуп бараткanынан чочугансып, шашып калды,– жок, жок, эжеке, аны сүйлөйүн деген эмес элем, жөн эле оозуман чыгып кетти... Айтсаңыз, эжеке!..

– Ой ыр жазганды билбейм,– деди Саадат, Шарапаттын мынчалык асылып калганына көп түшүнө бербей, анын үстүнө эмне деп ырдарын да билбей.

– Билесиз! – деди Шарапат, көгөрүп болбой. Саадат кагазга карап туруп, эмне деп жазарын билбей, анан тыпылдатып бирдемелерди жазды.

– Ме, тантыган бирдеме болуп чыкты,– деп, оңтойсузданып, уялып турду. Шарапат окуй баштады:

Булбулдар сайрайт багында,
Буркурайт алма шагында.
Буралган сулуу, Шарапат,
Бук болбо гүлгүн чагында.

Жаштык чак тайгак кечүү дейт,
Далайды мертим этчүү дейт,
Жыгылган өйдө турган соң,
Жалтанбай алга кетчү дейт...

– Эже-ке-е! Акын турбайсызбы! Так мен ойлогондой экенсиз. Мен сизди так ушундай киши дечүмүн. Эже-ке-е! – деди Шарапат, Саадатка тигиле тиктеп. – Сизди кучактап, эркелеп, ыйлагым келип кетти...

Шарапат менен Саадат тигинен туруп, бирин бири кучактап, бири солкулдап ыйлап, бири көзүнө жаш алып, бүткөн боюн калтырак басып, сооротуп турган эле. Муса менен Абылкасым туурасынан чыгышты.

– О-ох! Булар экөө эмне болуп калган?– деди Муса. Экөө бирин бири коё берип, бирок, көз жаштарын жашырууга үлгүралбай, коомай боло түшүп барып, анан күлүп калышты.

– Жазгы күндөй болуп, бир ачылып, бир бүркөлүп турган экенсиңер, бул эмнеден улам болуп кетти экен я? Бири муга-

лим, бири... – деди да, шойкундуу бирдеме сүйлөп жибере жаздап, Муса сөздүн аягын бүтүрбөй, токтоду.

– И, айта бербейсизби, аба? Бири ким экен? – деди Шарапат, кумсара түшүп.

Муса, кала берсе Абылкасым да буларга тууган болгондуктан Шарапат «жылкычы» болуп кеткенден бери Муса Шарапаттын өзүн да, энесин да көргүсү келбей, көрүнгөн жерде энесин тилдеп, кыжыры кайнап, орду келсе кызын да шалпып тилдемек болуп жүргөн. Муну көргөн Абылкасым дароо Мусаны жетелеп, үй жакты көздөй басмак болду. Үйдөн чыгып келе жаткан Бурул буларды көрүп, үйгө кайта кире качты. Шарапаттын суроосуна Мусанын ачуусу келип:

– Өзүңдүн ким экениңди биле элексиңби? – деди Муса, ооруп жаны кашайып турган кызды аябай.

– Билем, билген үчүн ушул жерде отурам. Бирок айтып коёюн, мага сын тага турган киши сиз эмес. Тууган болсоңуз да сиз эмессиз. Кылмыштын үстүнөн чыккансып ороңдоп... Аяк-башыңызды тазалап туруп анан сүйлөңүз. Эгер сиз аңды-дөңдү аңдаган киши болсоңуз мен бул абалга түшпөйт элем! Капкайдагы шойкундуу, бузуку сөздөр чыгып, эл бузулуп турганда сиз кайда элеңиз? Дагы сизди институтта окуган, бирдемени билген, согуштун кыйын учурунда тылды кармай турган киши дейт! Мен эмне укпай коюптурмунбу! Бузукчулуктан башка жакшы жолго басканыңыз жок. Оюңуздун баары арам болду. Кана, кимге эмне жакшылык кылдыңыз? Сизге кор болгон мына мындай болгон кайран эжем! Бу кишинин да кадырын билбей, бир күнү көчөдө каласыз. Бул эсиңизде болсун! Эми келип ыргалып араң турган мени кекетет!..

Шарапат күүгүм талаш тартып, энтигип бирок капыстан жарасы ачылып, эми эчкимден тайманбай, башын койкойтуп, типтик сүйлөп, Абылкасым сүйрөсө да ордунан жылбай туруп алган Мусанын бетине түз таш менен ургандай айтып турду. Шарапатты сүйлөтпөөгө Саадаттын да алы жетпеди.

– Эмне үчүн сиз мени кекетесиз? Эмне үчүн? Кылмыш кылып, бузук жолго түштүмбү? Сизге окшоп бирөөнүн үй турму-

шун буздумбу? Менин кайсы күнөөмө кекетесиз? Менин күнөөм барбы, жокпу? Мен өз жолумдан аргасыз, алым куруганда бурулдум. Мен кол сунуп, жардам чакырганда эч ким мага колун сунган жок. Ошондо сиз кайда элеңиз? Сиз ушу жерде, так ушул айылда шапар тээп жүргөнсүз! Мен ал кезде бала элем, билесизби, бала! Бала кезимде бактымды байлап, бутума тушоо салдыңар! Кимиңерге ыраазы болуп, кимиңердин бетиңерге тик карайм? Мен карасам да силердин бетиңер чыдабаса керек? Айткылачы, силер менин бетимди кантип карайсыңар да, кантип кекетесиңер? Карай албайсыңар! Мен өлгөндөн кийин да бетиңерге чиркөө болот. Анткени мени силер өлтүрдүңөр! Көзүңүздү алайтпай эле коюңуз, мени өлтүргөн силер. Силер Шарапатты каңылган, адашкан бир кыз дейсиңер. Антип айтып, мени каралагандан оңой нерсе жок. Кандай айтсаңар айта бергиле. Өзүңөрдү актап, өзүңөрдү жакшы киши кыла бергиле. А мен болсом биле туруп жаңылдым, биле туруп тескери жолго түштүм. Эмне үчүн? Менде башка арга калган эмес. Ошон үчүн өзүмдү өзүм курман кылдым. Азыр кекетип турган мыкты кишилер ошондо кайда элеңер? Дүнүйөгө киндик болом дегендердин баары ошентип унчугалбай бетин басып калат. Буга силер жооп бералбайсыңар! Бирок мен өзүмдүн ушул күнгө түшкөнүмдү бирөөгө оодарып, бирөөдөн көрөйүн деген жок элем. Көрсө силер мени айыптап, мени жек көрүп жаткан турбайсыңарбы? Көрө бергиле. Мен бирөөгө жакшылык кылайын дегенмин. Жакшылык. Бирок менин тилегим ордунан чыккан жок. Эми мага бир гана нерсе... калды... Эми мени менен эч кимдин иши болбосун! Кекете турган эч кимдин акысы жок... Өлсөм өлүгүмө келбегиле! Тирүүмдө, балапан кезимде карышкырга сала бергендер өлүгүмдө мага күйбөй эле койсун!..

Жалдырама тийгенсип, оозун ачып, аң таң калып аңырайып туруп калган Мусаны Саадат колу менен «кет!» деп жаткан. Шарапатты кичинекейинде бир көргөн бойдон Абылкасым Шарапат ооруканадан чыгып келгенде учурашкан бойдон сүйлөшө элек эле, чынын айтканда алардын сүйлөшө турган деле сөзү жок болучу. Бирок капыстан Шарапаттын туталанып кетиши көп нер-

сени, айтылбай жүргөн көп нерселерди дапдайын кылып, ортого салды. Эгерде Муса өзүнүн жөн турбаган шойкундуу тилин тарта сүйлөгөндө Шарапаттан бул сөздөр таптакыр чыкпайт эле. Өзү айткандай билгизбей ооруп, билгизбей өлөт болучу. Эми өлүм менен ичине кошо кете турган Шарапаттын жарасынын оозу ачылып, канап, Шарапат кайтадан өз канына өзү боёло баштады. Айтса айтпаса төгүнбү? Артыкча кыргыздардын бөйрөктөн шыйрак чыгарып, баланча болот экен, баланча болуптур демеси, аны уккандардын «кокуй алат, катыгүн» деп, алапайын таппай калмасы, анан чектен тышкары кылмышка барышы жаш балапан Шарапатты жеген эле. Буга Шарапат жаш боло туруп, корккону-нан алданса, көздүү кишилер кайда жүрдү.

Мынабу Шарапаттын сөзүнөн кийин Абылкасым мурун эч ким козгобогон айыптоо кагазын колуна алгансып, дароо жылып жөнөдү. Олдоксон тамаша кылам деген Мусанын тили күйүп, Бурулга да жолукпай, Саадатка да бир ооз сөз айтпай, үйүнө да барбай, безер жагына безип кетти.

Шарапат чыпылдап тердеп, энтигип, Саадат колтуктап, кроватка араң жетти.

– Эжеке, кичине суу берип коюңузчу, тилим кургап баратат,– деди Шарапат, бир заматтын ичинде эриндери керсий түшүп.

– Күйүгүп калбадыңбы, жаным, аңкылдаган немеге бекер ачууң келди,– деди Саадат, жумшак тили менен, Шарапатты чечинтип, төшөгүнө жаткызып.

– Ай эжеке, аңкылдаган кишини деле көргөнбүз, бул абам табалайын деп жатпайбы, эмне айтарын билип турам да, болбосо жаным күйбөйт эле. Жерге кирсин, кишиге киши күйбөйт тура, болбосо тууган боло туруп сизчелик күйгөн жок. Сиз өз катыңызда адамгерчилик кылдыңыз. Сиздин тилиңизди алганда... Ах, дүнүйө дечи! А кезде өзүмдүн да элирип калган кезим экен. Мейли, төрөсө төрөп берип, баласы жок немелердин сообуна калайын дебедимби. Мен ал кезде турмуш деген эмне экенин да билбептирмин... Байкуш баё жаным! А көрсө турмуш деген кишини кызганчаак кыла турган ит турбайбы. Мына, сүйбөй тиет

деген ошо. Мен Бакдөөлөттөн этим ооругандан башка эчтеме сезбедим. Бирок күн өтө берди. Мен бул үйдөн алыстап, жат боло бердим. Баарын түшүндүм. Арман кылдым... Анан өзүмө-өзүм өлүм чакырдым... эжеке... Эгер мен сиздей киши менен бир аз мурун жолуксам, балким, өлүмдү мен кайтарат элем. Эми болбойт.

Шарапат жылуурак чайдан ууртап, бакырып ыйлап жибере жаздап араң отурган Саадаттын жумшак колдорун кармалап, алда бир жакты тиктеп, унчукпай жатты. Бурул шаардан таптырганбы, үйгө шишелүү жаңы чырак пайда болгон эле.

– Капкайдагы жаман немелерди ойлобой жөн жатчы, жаным. Эртең көлгө барабыз. Кеткиче сенин жаныңан чыкпайын. Бүгүн да жаныңа жатам. Садага болоюн десе... Мен да билбей калбадымбы, ошондо эле чакчелекей түшүрүп алдырып келсем болмок экен. Бу да болсо менин чыгынбастыгыман. Жанакы сөздөрүң мага да катуу тийди. Өзүмдү айыптуу сездим.

– Саадат жаңылап чай куюп келип, Шарапаттын жанындагы орундукка койду.

## XXI

– Апамын чырагы жаркырап эле калыптырго? – деди Шарапат кайтадан күлүп, энтиккени да басылып, көңүлү да ачылып.

Ачылып турган терезеден көл тараптан соккон нымдуу, салкын жел үйдүн ичин сергитип, толгон ай да жаркырап, түн боз салкын тартып, жымжырт.

– Кыздар, каттама жегилечи, сонун кылып каттама жасайын деп турам,– деди Бурул, эшиктен кирип.

– Жасадыңбы же жасайын деп турасыңбы? Жегилечи деп бир айтасың,– деди күлүп Шарапат. – Чырагың да жаңырып, каттама да бышып бүгүн сонун болуп турасыңго дейм? Унуң да көбөйүп калган окшойт, мунун баары кайдан апа?

– Калкоздон, балам Абылкасым эмгек берип, жыргатып жатпайбы. Чыракты Абылкасым Брунзадан алып келди. Дагы бир сүйүнчү атаң келатыптыр...

– Атам? Аны ким айтты? – деди Шарапат, ордунан тура турган болуп, башын көтөрүп.

– Мен айттым! – деди Маарипат, эшиктен кирип келип,– эжесине эркелеп. – Мен азыр Абылкасым абаман угуп келдим. Кат келиптир, мына!

– Чырагың бекер күйгөн эмес экен апа, ырысыңар бар экен, байкуштарым! Шарапат катты окуй баштады,– абаман кат жокпу?

– Жок, абаман бая күнү эле келбеди беле,– деди Маарипат, тыкылдап. – Мен барсам жеңем да барып калыптыр, айдап келдим.

– Сен эмне, айдоочу белең? Жеңең кайда жүрөт? – деди Шарапат, күлүп, сиңдисин эркелетип, бетинен өөп. – Байкемен кат келдиби деп барган да байкуш.

– Айдап келип каттамага салгандыр бу тыкылдак, – деди күлүп, Саадат,– жакшы окуйт, болбосо сабап эле тура турган кызсың да. Апаң урдубу быйыл?

– Кармаса эле ура турган, карматпай качып кетем!

– Тилиң менен жерге кир! – деди Бурул, күлүп. Шарапат, сиңдисин эркелетип түртүп жаңсап койду:

– Бар, айтканың ырас болсо жеңеңен каттама апкел.

– Сен дасторкон салып, тур тыкылдабай, чайды да ала келейин,– деп, Бурул эшикке чыкты.

– Атам келип, кубаныч болот экен, эжеке,– Шарапат унчукпай бир топко мелтиреп, белгисиз бир жакты тиктеп калды.

– Согуш да жакында бүтөт окшойт, биздикилер катуу кетип баратат. Менин абаман болсо кырк экинчи жылдан бери кат жок – деди Саадат, адатынча көзү жашылданып.

Ортого жымжырттык түштү.

– Менин корконум,– деди Шарапат, бир топтон кийин. – Менин корконум: кантип атамдын бетин карайм!.. Кантип? Олдо турмушуң менен жерге кир ай!.. Мага тынчыраак өлүм да, буюрбады!...

Шарапат толгонуп кетип, баш бармагын муунунан тиштеп калды. Анан Саадат жакка жалт бурулду да, кайтадан купкуу болуп өзгөрүп, теригип турду.

– Бул эмнеси, эже? Эмне үчүн мен өлүшүм керек? Эмне үчүн? Ойноштон ойнош кылып күйөөдөн күйөөгө чыгып, ал эмес өз тууган баласын, таштап, чөп башылап жүргөн аялдар толуп жатпайбы? Эмне үчүн булар уялбайт? Эмне үчүн булар уятынан өлүп да кетпейт. Эмне үчүн? Буларда эмне, уят, же ар-намыс жокпу? Жок, андайларды көралбадым. Аялдын кырк чырагы болот, бирөө болбосо бирөө күйөр деп, жүрө беришет экен. Мени-ки жок беле? Меники кырк эмес андан да көп боло турган эле. Эмне, чырагымдын баарын тең күйгүзсөм анда мен кырк эрге тийишим керек болмок. Мындайлар аялбы же айбанбы? Айтчы эжеке?!

Саадат эмне айтарын билбей, өзү да олку-солку болуп жүргөн неме, буула түштү.

– Аялдардын уяты жогу эң жаман, Шакен. Көз көрүнөө эр-кектерди жолдон чыгарып, көз көрүнөө турмушун бузат.. Аял-дын аялдай болуп, таза, күйүмдүү, мээримдүү болгону эле жак-шы. Менимче, кырк чырагым бар деп жүрө бергендердики бир башка. Булар күйөөдөн, турмуштан жалкпагандар. Болбосо тур-мушту тобокелге салгандар. Мындайлардын жакшысы да бар, жамандары да бар. Жамандарынын кырк чырагы эмес жүз чы-рагы болсо да бир да чырагы күйбөйт. Анткени чыракты да уру-на билиш керек. Кадырына жетпесе кайсы чырак күймөк эле. Мына, маселен, сенин чырагыңдын бири да күйө элек. Сеники алдыда. Сен, жаным, өлүмдү көп кылбай койсоң жакшы болор эле. Өлүм жерге кирсин. Андан көрө ашык болгон жигитиңе кат жаз. Тирүүлүктүн канаты сүйүү дешет турбайбы.

– Макул, айтканыңыздын баары чын болсун. Сиздин өзүңүздүн. чырагыңыз күйүп турабы? – деди Шарапат, Саадат-тын бетине тик карап. Саадат ушуну сурайт деп корккон эле. Мындай суроого жооп бериш үчүн Саадат анча-мынчаны ойло-нушу керек. Келечекте өзүнүн турмушу кайсы багытка түшүп кетишине да көзү жетпей жүргөн. Мусанын шайкелеңдиги өзүн да шайкелең жолго салабы деп, Саадат коркчу.

– Кишиге акыл айткандардын баары эле таалайлуу боло бер-бейт, Шарапат,– деди күлүп, Саадат.

– Абамдын кекетип, мага сын такканына караганда, сиздин кылык-жоругуңузга караганда силердин кырк чырагыңардын баары тең күйүп, балбылдап тургандай сезилет.

– Абаңдын ичи тар эмеспи, мени коруп, мага ишенбейт,– деди Саадат оңтойсузданып, Шарапаттын тиктеген көзү менен какшык тилинен бирдеме жашырууга арга табалбай. – Жаман болсун, жакшы болсун, жүргөн жүрүшү ошо. Эң эле кызганчаак болуп баратат. Шарапат күлдү.

– Кызганчаак болсо жакшы көрө тургандыр. Көңүл кош киши да кишиби! Эшикте жүргөн тоокторду көрүп, күлкүм келип, таң калам. Өз үйүрүнө корозу такыр чоочун корозду жолотпойт экен. Бирок абамдын ишенбегени жаман тура. Калыбы, ишенимин кетирип койгонсузго?

Шарапат көзүнүн кыйыгы менен Саадаттын ичине кирип чыкчудай болуп, тиктеп турду.

– Ой жок!– деди Саадат, ичиндеги чын сырын айтып коё жаздап тайсалдап кара күчкө күлүмүш болуп. Саадаттын да көңүлү бузулуп, бирок азырынча өзүн токтотуп жүргөн кишиси бар эле.

Шарапат мурду менен «мых» деп алды да, тескери бурулуп кетип:

– Мен сизди таза экен... десе...– деди, наармазы үн менен.

– Таптаза элемин, шек кылып турасыңбы? – Саадат, Шарапаттын биле койгонунан кыпкызыл болуп, уялып кетти.

– Өзүңүз аялдын таза болгону жакшы дейсиз да ичиңиздеги ит ооруңузду жашырасыз, ай эжеке...– деди Шарапат, башын чайкап. Өңүңүздөн эле билинип турбайбы? Ай эжеке, мен кайдагы эле болбогон сөздөрдү сүйлөй берчү болдум да, анык көп сүйлөгөн, сүйлөгөндө да шалпып сүйлөгөн кемпирдин өзү болдум. Кудая тооба!

– Ал эмнең? – деди Саадат, туюкта камала жаздап. Саадат өзүнүн калп айта баштаганын биринчи туюп турган эле.

– Өзүм таң калам.

– Карып кайта жашаргандай акыл-эстүү, сөзмөр болупсуң. Мен сени бир былжыраган неме го деп жүргөмүн. Бирок сенин каттарың укмуш! – деди Саадат, акыл жагынан өзүн Шарапаттан төмөн көрүп.

– Мени калп сүйлөп анткор күлгөндөр тилдүү, сөзмөр кылды окшойт, андайларга жаным күйүп кетет. Сизге да ошол жөрөлгөлөр эми жаңыдан башталайын деп келаткан экен. Ох-хо-хо! Ушул жолдон кайтсаңыз болот эле, эжеке, анда сиз не деген сонун киши болор элеңиз!

– Ой жок, чыным эле ошо,– деди Саадат айласыздан күлүп.

– Оозуңуз айткан менен көзүңүз «калп» деп айтып турбайбы. Тамырыңызды бери апкелиңизчи,– деди Саадаттын колун өзүнө тартып.

– Мына, көрдүңүзбү, жүрөгүңүз лакылдап турат, демек, өз жайында эмес. Бери караңызчы, күйөөсүнө жараша катыны кыял күтөт дейби? Муну уктуңуз беле?

– Жок,– деди Саадат, чынын айтып. Муну Шарапат эшиктен чай алып кирген апасынан сурады.

– Таң, балам, кайдагы шумдукту сүйлөйсүң? – деди апасы, бир кызын, бир Саадатты тиктеп.

– Күйөөсү жүрөнөөк болсо зайыбы да жүрөнөөк, зайыбы жүрөнөөк болсо күйөөсү да жүрөнөөк болот дейт, ыраспы, апа?- деди Шарапат апасына карап, сумсайган бойдон.

– И-и, тантыган арам! Бешиктен бели чыкпай атып сүйлөгөн сөзүн көр! – деди Бурул, алаканын шак коюп.

– Мисалы, апам да жүрдү бекен дейм да,– деди Шарапат, сумсайган калыбын бузбай.

– Атаны катыгүнайя, эми эмне дейин! – деп, Бурул эки бетин чымчып, эмне айтаарын билбей, туруп калды.

– Улуу сөздө уят жок дейт, айтсаң апа!

– И-и шерменде болгонумайя! Анан эмне, эшегине жараша тушагы болбойбу. И-и, тантыган арам! – деди Бурул, эшикти көздөй качып. Саадат алда качан ыкшып жыгылып калган эле. Шарапаттын өзү да былкылдап күлүп жатты.

– Мына, көрдүңүзбү, эжеке, апама да чынын айттырдык. Ал эми менин абам болсо шылкылдаган шайкелең неме, анын жолуна сиз да түшүп, Ак Саадат атка конуп, жигиттердин кадыркечи боло турган аял болосуз, аны жашырасыз, анан барып ачык да болуп кетиши мүмкүн, иши кылып атыңыз өчпөй турган

киши болосуз… Анан барып ичкилик болот. Өзүңүз шайыр экенсиз, жарашат да калат!.. Кечириңиз, аша чаап кеттим окшойт, кечириңиз!– деди Шарапат, ыйлайын деп отурган Саадатка жалт карап,– мен тим эле токтобой кетип бараткан турбайымбы, кечириңиз, эжеке, жакшынакай, апакай таптаза эжекем! – деп Саадаттын колунан өптү.

– Койчу, Шакен, эң эле тилиң жаман болуп баратат да? – деди Саадат, кол жоолугу менен көзүн аарчып.

– Кечириңиз, эжеке. Чын сөздү айтса деле капа боло берет бекен? Күлүп эле тим болбойсузбу? Шарапат Саадаттын колун коё бербей, мелтиреп тиктеп, Саадаттан көзүн албай турду.

– Эчтемеге көзүм тойбой турат, эжеке, эчтемеге! Тилим да кычышып, сүйлөгүм эле келет. Баарын билип, баарын бетке айткым келет. Өлчү киши, өлгөндө да эрте өлчү киши ошондой болот окшойт. Ах, эжеке, эжеке! Эмне үчүн өлүмдү каалап калганымды билбейм! Бирок туура кылам. Элге күлкү болгум келбейт. Атам байкуш кантер экен? Сакалын жулуп ыйлайтко?

– Койсоң боло, Шарапат! Эмне болуп баратасың теги?– деди Саадат, Шарапаттын өлүмдү айта бергенинен жадап. – Өлүм, өлүм эле дейсиң, өлүмдү жакшы көрүп турган деле жериң жок! Апаң айткандай, бешиктен белиң чыкпай туруп, шумдук сөздөрдү сүйлөп калыпсың. Андан көрө сүйгөнүңдүн кебин салсаң,– деди Саадат, ачууланайын деп барып, кайта жумшап.

– А кудурет, сиз да менден жадап бараткан экенсиз. Койдум, койдум. Көп да сүйлөп жибердим окшойт!.. – деди Шарапат, кайтадан өлүмдү сүйлөгүсү келип, бирок айталбай. – Мени жаш дейсиңер, эмненин жашы? Абышкага тийип чыккан киши да жаш болмок беле? Далайды билип калбадымбы… Эмне үчүн мага окшогон киши өлүмгө өзүн таңып калды дейм да! Эмне үчүн?

– Мына эми дагы айттың!

– Анан кантем?..

– Өзүңө өзүң өлүмдү чакырып жатпайсыңбы? Киши деген ажал жетсе өлөбү же тим эле өлөм десе өлө береби? Койчу, бай болгур, башка сөздү сүйлөшөлү! – деди Саадат, колун силкип, ордунан козголбой тыбырчылап.

– Ай эжеке, мен өзүмө айыкпас ооруну чакырып албадымбы, эми ажал дегениңиз мени былк эткис кылып чырмап алды, мындан бошонуп чыгар менде дарман жок тиги байкуш болсо менден кат күтүп, зарлап отурат.

Жигитиңби?

– Жигитим...

– Көрүп кет дебейсиңби?

– Оорулумун десем ишенбей жүрбөйбү. Мен өлгөндөн кийин келип, шерменде болуп, мүрзөмдү таппай калгай эле...

– Кой дейм, Шакен, кой дейм! – деди Саадат, жаны кейип.

– Андан көрө катына жооп жаз.

– Жооп даяр,– деди Шарапат, колундагы бүктөлүү кагазды көрсөтүп. – Мына, окуп көрүңүз. Саадат кагазды ачып, ылдам көз жүгүртүп чыкты. Бар болгону төрт сап ыр!

Кош бол, курбум, сөзүңдү эми угалбайм,
Кер сар тарткан мен жүзүңдү көралбайм.
Боору таштык, көңүл коштук эмес бул,
Кантем, курбум, таш төшөктөн туралбайм.

– Бар болгону ушубу?

– Ушу.

– Бул ырдан эмне түшүнөт?

– Жүз сап кара сөздөн көрө төрт сап ыр дапдаана сүйлөп берет,– деди Шарапат, алда кайда тиктеп.

– Үмүтсүз кишинин сөзү болуп жатпайбы?

– Кантип үмүттүү кылам? Кантип, эжеке? Саадаттын көзү жашылданып, башка бир баракка бирдеме жаза баштады.

Төрт сап ырым курдашыма ылдам жет,
Абалымды саймедиреп баян эт.
Оору жанды айыктырар жалгыз сен,
Учкан куштай чалгын серпип, келип кет.

Бул ырды Шарапат окуп көрүп, башын чайкады.

– Келтирип эмне кыласыз? Жетпей калат... Саадат Шарапатты жаман көзү менен тиктеди. Саадат але болсо оюнда Шарапаттын өлүм туурасындагы бир да сөзүнө ишенбей, мунун баары оору кишинин чыргоосу деп ойлоду. Анткени, катуу ооруп, керээзин айтып жатып, кайта айыгып кеткендердин далайын Саадат көргөн

эле. Саадаттын ишенбей турганын Шарапат да сезип кээде мыйыгынан күлүп, кээде үшкүрүп коюп тим болуп жатты. Шарапат өзүнүн өлөрүн, өлгөндө да жакында эле үзүлүп кетээрин Саадат билсе экен деп ынтызар болуп, сүйлөшүп жаткан эле. Не чара! Ооруган кишилердин, анын үстүнө кичине эле тумоо тийген кишилердин өлөрүнө көрүнүп, чабалактап, элдин баарын «өлөм» деп коркутуп, чак челекей түшүрмөсү да бар, соо кишилер оорунун бул кыялын жактырбай, жаман көрмөсү да болот. Мына ушунун баары Саадатка да, Шарапатка да белгилүү болучу, ошондуктан эки аялдын бири ишенбей, бири ишендире албай турду.

– Катты эртең мен салайын? – деди Саадат.

– Эмне үчүн? Мени баралбайт дейсизби?

– Сен чыгынбайсың.

– Сиз чыгынарыңызга ишенесизби?

– Таң! – деп, Саадат күлдү.

– Чыгынсаңыз да сиз бу катты салалбай каласыз.

– Эмне үчүн?

– Ишенбей турасызбы?

– Кантип ишенем? Басып баратып эле почтальонго берип кетем,– деди Саадат, оюна эчтеме албай.

– И-и... анда эмесе...– деди да, Шарапат унчукпай калды. Чыракты өчүрүп, айдын жарыгы аппак кылып турган үйдө эки аял жалгыз жатып, дагы көпкө кобурашып сүйлөшүп, көпкө уктабай жатышты.

Эртең менен катуу уктап калган Саадат Бурулдун чыңырыгынан ойгонду. Шарапат чалкасынан жаткан бойдон, башын кичине оң жагына буруп, тыптынч көшүлүп, уктагансып... Оң жак таноосу менен оң жак ууртунан болор болбос шүүшүн кан агып, катып калган экен.

Шарапат кыйкырыксыз, балким кыйкырса да эч ким укпай, таңга жуук үзүлүп кеткен...

## XXII

– Бүгүн биз,– деди Асылкан үйүнө келип чечинип, салкындап тургандан кийин.

– Бүгүн биз Качикеге сын тагып келдик, айтканыңардын баары туура, бирок мен силерге Лесковдон бир нерсени окуп бергим келет, тыңшайсыңарбы?– деди, Лесковдун томун ачып. Апсаматтын уккусу келбей, бирок Асылкандын көңүлүн кыялбай, макул болуп: Окусунбу? – деп, Зулпукарга карады.

– Окусунбу? – деди Зулпукар Апсаматка карап.

– Бир очко меники, мындай кишини ээрчиме дейт,– деди күлүп, Асылкан.

Баары күлүп калышты. – Болсун, болсун, оку,– деди Зулпукар, көңүлүнө албай.

Зулпукардын мындай кыялы Апсаматка өтө жагып, буга күлсө, аны билген Асылкандын ичи күйүп, ыгы келгенде Апсаматты кагып, бирок тамашага күлкүн буруп кете турган. Ошондо да Апсамат турганда көрмөмүшкө, билмемишке салган күйөө Асылкан үчүн жаман күйөө эмес болучу. Келген кишилер Асылканга деп эмес, бир жагынан, Зулпукардын үйү деп келип, көптү билген жакшынакай зайыбы элдин баарына зыйнат болуп бериши Зулпукардын да сыйы экени көпчүлүккө белгилүү. Буга Асылкан Зулпукардын да мойнун сундуруп, Зулпукардын өзү болсо буга көтөрүлүчү. Анын үстүнө Зулпукардын өзү да тамашакөй болгондуктан ортодогу кайсы бир орду жок тамаша, орой сөздөр өзүнөн өзү жуулуп кете берчү.

– Мунун,– деди Асылкан,– мунун дебей эле Качикенин аде дейличи,– деп, Лесковду «Обойденные» («санда жоктор») деген романынан үзүндү окуй баштады. (Асылкан кыргызчага которуп окуду).

– Качикенин жанынан бир башкача күчтүү, махабаты да күчтүү кишини көрсөм кантет элем, билбейм, бирок жалаң гана өз намызын күтүп, сын таккан, колунан баары келген жагынан күчтүү кишилер өзүнөн, өз сөзүнөн башканы жаман көрүшөт, мындай кишилерди мен көргүм келбейт, андан башка кишилер колума илинбеди да, өзүнүн бүткүл начар жактары менен Качике көзүмө жакшы көрүндү... Мен ошондо сездим: эгер Качике мени сүйчү болсо мен Качикеге Качикедеги жокту же болбосо ал жоготкон кайрат менен эрдикти кайра өз колуна берер элем.

Мейли, мени сүйсүн, анан мейли, мөрт болсун. Мен эмне, кантип эле ошончолукка арзыбай калайын. Кишилер өзүн өзү апийим жеп, наша чегип деле мөрт кылып жатпайбы, кантип эле капкайдагы адамды келесоо кылган мастыктан аялдын махабаты жаман болсун?

– Эмне дегени турасың? Жакшыны табалбай адамдын бошу Качикени таап алган Чынаркан турбайбы!– деди каткырып күлүп, Зулпукар. Апсамат көзүн сүзүп, Асылканды салмактуу тиктеп, болор болбос, кытмыр күлүп турду. Асылкан Апсаматтын көз салмагын көтөралбай, эмнегедир кыпкызыл болуп, жылмайып күлүп:

– Сизчи?– деди.

– Жакшы аял үчүн өлүшкө болот,– деди Апсамат, Асылкандан көзүн албай.– Киши өз ойлогонуна жетпей, коюуга тийиш эмес.

– Бирөөлөрдү тепсеп болсо дагыбы?– деди Асылкан, Апсаматтын көзүнөн араң кутулуп.

– Бул аялдын пикири боюнча турмушка акыйкат караш керек. Сиздин оюңуздагыдай өзүмчүл болушка болбойт, анда кайсы бирөөлөр курман болуп, Качикеге окшогондор санга кошулбай калат, көрдүңүзбү, жанакы Качикени сүйгүсү келип турбайбы? – деди Асылкан, эми Апсаматтын бетине тик карап.

– Ал аялдын өзү алсыз киши. Алсыз киши капкайдагыны ойлой берет. А кишини күчтүү киши сүйчү болсо Качикелерди карамак эмес, өзү айтып отурбайбы? – деди Апсамат, өзүнүн ким, эмне тилеги бар экенин Асылкан көрүп турганын ичинен сезип.

– Аялдын ак тилегин кантесиз? – деди Асылкан, жайбаракат.

– Аялдарда тилек көп болуш керек.! – деди Апсамат, бир жаман ой ойлоп, кара күчкө күлүп.

Апсаматтын бул күлгөнүн Асылкан жактырган жок да, китепти окуй баштады.

«Мына эми мен, чындыгында, Качикеге эч кандай жакшылык иш кылалбай, өлүмгө баш койдум. Бирок, мен, эже, күйүмдүү, кишиге жанын бермеси бар ушу кишини асыл жол менен туура пайдаланса бу кишинин колунан да көп нерселер келе турган киши, бул ишенимди мен өз мүрзөмдө ала жатам.

Болбосо кайсы биреөлөр кара нээттик менен пайдаланышы мүмкүн. Качике аялсыз жалгыз жашап туралбайт. Ошондой жаралган киши экен да».

– Буга эмне дейсиздер? – деди. Асылкан, Зулпукар менен Апсаматка карап.

– Ушундай аял табылса эле Качике жакшы, киши болуп кетет дейсиңби? Мындай аял жок, эгер табылган күндө да Качикең жатып ичер жалкоо болмок,– деди Зулпукар, ачууланган-сып, сүйлөп.

– Үйрөткөн кишини Качике жаман көрөт, ал эми үйрөткөн аял анын үстүнө сүйлөөк болот да, Качикени андан бетер жадатмак, – деди Апсамат.

– Менин айтайын дегеним бул эмес. Мен билем: эркектерди жаны менен да, денеси менен жылытчу аялдар болот; андай аялдар көп да сүйлөбөйт, акыл-насаат да айтып жадатпайт баарын билгизбей иштеп, билинбеген жардамчы билинбеген устат болот. Мен Качикеге ушундай аялды каалар, элем – деди Асылкан, уялгансып беттери тамылжып көздөрү жалжылдап.

– Мындай аялдарды идеальный дейт, Асылжан, ал идеальный киши болбосо керек беле,– деди Апсамат, андан антип Асылканга суктанып, Асылкандын көзүнөн көзүн албай.

– Анда эмесе өзүң тийип ал, кишини киши кылыш кандай болорун ошондо билерсиң? – деди күлүп Зулпукар. Апсамат да күлдү.

Асылкан өз үйүн үй кылып, «билинбей» Зулпукардын кызматына кызматташ болмок турсун түздөн түз көмөк жүргөнү баарыга маалим болучу, ошондуктан Асылканды «телегейи тегиз» аял деп, жакшы көрүп, булардын турмушуна Апсаматтын көзү күйө турган эле.

– Сиздей аял курман болушка Качике арзыйбы?– деди Апсамат, көзүн сүзүп. – «Тапкан экенсиз кимге курман болушту» деди ичинен.

– Арзыйт,– деди Асылкан, уялыңкы күлүмсүрөп.

– Бирок мен ага жарабайм, Качикеге жолдош боло турган башка аял...

– Сиздей аял жарабаса ким жарайт? – деди Апсамат, Асылкады шылдың кылгандай, оозун чүйрүп күлүп.

– Жарачу аялдар бар, андайларды көрүш да кыйын, табыш да кыйын,– деди Асылкан, буларга кошулалбай.

– Силерге бир нерсе жат көрүнүп турат: Качике, анын турмушу. Маселен, Качике сизге да өз турмушун жазбайт экен, сиз айтпадыңызбы, ыйлап кат жазбай койду деп, Туура кылат, Силер эмне жардам бермек элеңер? Ыйлап эмне керегиңер бар. Чынаркан – кытмыр, куу катын. Келсе Качике турбасын билет, ошондуктан кандай болсо да Качикенин согуштан келбесин тилейт, а түгүл далай сөздөр жазып Качикенин зейнин кейитип жаткандыр. Бирок Качике келчү болсо өзүнө жолдош табат. Мени айтты дээрсиңер, аман келсе дале болсо далай иштерди иштеп, силердин таңыңарды келтирип, көзүңөр эмес, ичиңерди күйгүзөт. Ах, Качике аман келип турганын көрсөм, биринчи барып өзүм өбөр элем!

– Тигини, тигини!– деди Зулпукар, жылмаңдап күлүп. – Бизди чычалайт деп атса керек, биз деле киши болсун дейбиз, атаганат, кана, ошондой Качикени кудай берер күнү! Зулпукар кенен Апсамат күлүштү.

– Талашып эмне кереги бар, Асылжан,– деди Апсамат, сөздү токтотуш үчүн.. – Келгенде көрөрбүз. Көгөрүп кетсе эле биз ыраазы, менин кат жазып жүргөн себебим деле ошо. Көңүлү чөкпөсүн дейм. Келсе баарылап колдоп аларбыз. Болуптурбу?

Апсамат Асылканга колун берип көпкө колунан колун чыгарбай, Асылканга моюн сунуп, жалооругансып, көзүн тиктеп турду.

## XXIII

Октябрь айынын аягында 39-армиянын резервдеги офицерлери түн ичинде немецтердин Литва менен чек аралаш шаары Шервинтке келишти. Ай да караңгы, шаар да караңгы болуп, капкайдагы жок коркунучтан булардын жүрөгү үшүп турду.

Бирок бу жерде мурун келип орун алган офицерлер да бар эле, алар дароо артиллерия, ири калибрдүү пулеметтордун гиль-

заларынан чырак жасашып, буларга убактылуу орун камдап жиберишти.

Эртеси офицерлер бузулган кичинекей чек ара шаарчага чыгып, терезе, мештери бүтүн үй издеп, гот стилинде курулган бир катар үйлүү бул шаарды кыдырышып, үйлөрдүн сулуулугуна, бектигине таң калып жүрүштү. Ар бир үйдө бомбо убежища, цемент подвалдары бар. Бул жерде Литва менен Германияны экиге бөлүп, Неман суусу агат. Неманга салынган көпүрөнүн эки башында бир кездерде Германия менен Литванын чек арачылары турушчу. Немандагы көпүрөнүн берки четинде Литванын Науместис деген кичинекей чек ара шаарчасы болуп, бу жерде 1941-жылы немецтер капыстан кол салганда көпүрөдөн алар биринчи өтүп, биринчи кол салып, бейкут жаткан совет аскерлеринин каны төгүлгөн жердин бири ушул чек ара, ушу көпүрө. Ошондуктан бул шаарча (Шервиндт) согуш шаары болуп эсептелет, көпүрөдөн шаарга кире баштаганда эле жолдун эки бети танкка каршы жоон айкалма чоюн мамылар менен тосулган. Мындан башка туш-тушунда бомба да, снаряд да өтпөй турган болот калпактуу дүңкүйгөн доттор жаткан болучу.

Качике эртеси Науместиске баратып, мына ушуларды көрдү да, нар жактан бул өңдүү эчтеме көрө албады.

– Көрдүңбү, немецтер жакты кара да, биз жакты кара,– деди капитан Кузьмин,– бу жакта эл соода-сатык кылып жүрсө, тиги жакта...

Капитан сөзүн бүтпөй, шыпшынып тим болду.

Науместисте аскер көп эле.

Капыстан Качикенин тике маңдайынан Кабалов чыкты.

– Ба! Сен кайдан? Вот чертяга! – деди Кабалов Качике менен кучакташып өбүшүп.

– Тирүүсүңбү? – деди Качике, кайта кучактап, көзүнө бир башкача көрүнүп, кайта кучакташты.

– Тирүүмүн, тирүүмүн, бир катыңды алгамын, ракмат.

– Экинчисинчи?

– Полкто күтүп жатса керек, мен госпиталдан келатпайымбы,– деди Кабалов, өз оюн токтото албай, аптыгып.

– Поздравляю боевым крещением!– деп, Качике кайтадан кучактап, кайтадан өбүштү.

– Балдардан кат алып турасыңбы?

– Сафроновдон кат алдым. Биздин балдардан Пачгин, Воловод, Шевченко, Поповдорду көрүптүр. Колмогоров менен Калинин жарадар болду дейт,– деди Качике.

– Эх, Костя! – деди Кабалов, каңырыгы түтөп. – Биздин Николай Паденщиков жаздым болбодубу.

– А-а!..– деди да, Качыке оозун ачкан бойдон, көзүн алайтып, туруп калды.

– Таң калбай эле кой, дагы угасың,– деди Кабалов. Өзүң кандайсың?

– Өзүм эмне, жатам, резервде күнгө күйүп. – Байкуш энеси... Эсиңдеби, Пермде көрбөдүк беле. Балбыраган ушундай боорукер, кишиге катуу сүйлөбөгөн момун киши көрүндү эле. Күйөөсү жок байкуш кемпирдин жөлөгү баласы болучу. Эми жалгыз бой неменин жөлөгү да ураган турбайбы?.. Байкуш, чыдай албас бекен...– деди Качике, капаланып.

– Чыдабаганда кантмек эле! Орустун эли андан да жаманын көргөн,– деди капыстан капитан Кузьмин, баятан бери сөзгө кошулбай турган неме.

– Таанышып кой, резервист, Алыскы Чыгыштан, кумарпоз картежник, алыналек шаардын коменданты,– деди Качике, капитандын, көксө суутма сөзүнөн кийин көзү ачылгансып.

– Моряк эмес белеңиз? – деди Кабалов кол кармашкандан кийин. Суу жандуулугу кармап кетип.

– Чыгыштын сазында жөө жүрүп сүзгөмүн,– деди капитан, өзү мурун күлүп.

Күлгөндө капитандын бүт бетин тырыш басып кетти. Кабалов өзүнүн шаңкылдаган күлкүсүн салды. – Эмне турдук? Жүргүлө, немецтин шаарына,– деди Качике.

– Кайда жол тартыш эле, Николай?

– Өз бөлүгүмө, кадр бөлүмүнөн талашып-тартышып жатып эсеттим. Эсиңдеби, өз дивизияңды ушу күнгө чейин көксөп жүрсөң керек эле,– деди Кабалов.

– Мен өз дивизиямды жоготтум, бирок генерал Белобородов түндүктүн, прибалтиканын бир жеринде армиябы, фронтбу бирөөн башкарат экен, чоңоюп кетиптир, өзүмчө ичимен кубанып жүрөм. Булар кайтадан көпүрөгө жакындап келишти. Көпүрөдөн танкалар өтүп жаткан эле.

– Күндөп-түндөп өтүп жатат, немецтердин чаңын асманга чыгаратко,– деди капитан, күркүрөп өтүп жаткан 34-танкаларга суктана тиктеп.

– Немецтер дале күчтүү, бирок биз киргендеги тополоңду көрсөң, у-у! – деди Кабалов, адатынча көтөрүлүп сүйлөп. – Нелер болгон жок! Кырчылдаштык. Анан бары бир сүрүп жөнөдүк. Сүйлөөгө тил жетпейт. Капкара түтүн, ыш. Тозоктун оту күйүп турду. Мен минометчиктен мылтыкчы болгонума кайгырдым эле, бу жерде кимди-ким билсин танк-артиллерия – баарыбыз аралашып кеттик. Анткен менен мен чыгыш Пруссияга биринчилердин катарында кирдим....

Кабаловдун өпкөсү көөп сүйлөп жаткан сөзүн капыстан атылган, замбирек токтотуп, жолдун ортосуна жарылган снаряд кулак тундурду. Үчөө тең жалп этип жерге жыгылып, анан тура калышып, көчө бойлоп чуркап, таш тамандарга корголоп калышты. Ошо замат алыстан дагы дүңк этип замбирек атылып, уңулдап келаткан снаряддын табышы угулду да, снаряд жолго түшүп жарылды.

Бул дальнобойка алыстан атчу замбирек эле. Беш минуттук интервал менен эки гана снаряд таштап, тим болду. Урушту көрөлек капитан эси чыгып, башын кайда катарын билбей, «Жүргүлө, бекинели!»– деп, таш тамдын ичине кире качты. Экинчи замбирек атылган жок. Кабалов менен Качике көпүрө жакка басышты. Көпүрөгө кире бере турган жолдун бурулушунда гусеницасы алда кайда ыргып кеткен танка жаткан эле. Талкаланган танканын экипаждары (өлүүсү да, тирүүсү да) билинбей машина менен алып кетишкен болучу. Аскер кишилери унчукпай, танканын тегерегинде жүрүштү. Көпүрөдө бир да танка көрүнгөн жок. Алардын өткөнү өтүп, калгандары жүрбөй, артка кеткен эле.

– Бу жериңер да тынч эмес экен го, дембе-дем аткылоо менен алыстан мээлеп жатыптыр, күндө ушундайбы? Кабалов, көпүрөдөгү контролерду тиктеди.

– Бизди өткөрөбү?

– Өткөзөт. Биз кечээ эле келдик, эчтеме билбейбиз. Бүгүн танка өткөндө гана аткылаганын бирге көрбөдүкпү?

– Эмесе немецтин бир жерде байкагычы отурат, болбосо танк жокто эмне атпайт? Азыр эки тарап тең тынчып турган чагы, чалгынчылар кызуу иштеп жаткан кез,– деди Кабалов, өз сөзүнө терең маани берип.

– Жансыздар бар дейсиң го?

– Чудак ты человек! Жок болмок беле. Балким силердин ичиңерде бардыр! – деди Кабалов, оозу-мурду кыйшайбай.

– Кой эми!– деди Качике, Кабаловдун ашырып сүйлөмөсүнүн биридир деп. Качике менен Кабалов Шервиндтке келип, немецтердин мебели коюлган кичинекей бөлмөдө немецтин газета, журналдарын карап отурушту. Кичинекей сулуу мешке от жагылып, үй жылуу эле.

Капитан Кузьмин кирди.

– А мошенники, сбежали? Друга оставили в беде? Так что вы, фронтовички! – деди капитан, тамашага салып.

– Кантип? Бизби, сизби? – деди күлүп, Кабалов.

– Ох ушул немецтер ай! Тынчтык бербейт, каргыш тийгирлер! – деп, капитан мештин отун которушту. Жолдош офицерлер, саламатсыздарбы, старший лейтенант Ращектаев,– деди эшиктен билинбей кирген офицер.

– Биздин үйдөгүлөр бүт чогулду,– деди Качике,– таанышып кой Николай. Бу да келечектеги комендanttардын бири.

– Эмне үчүн булардын баарын комендант дейсиң? Николай күлдү.

– Булар эмне, комендант болуп туулуптурбу?

– Капитан кыркта, аны кайда жибермек эле? Офицер ансыз деле көп экен, ал эми немецтердин алыналек канча шаары жатат? Мына биз окшогон командир взводдорго…

– Мактанба, балам, мактанба,– деди Кузьмин, көзүн акшыңдатып, Качикени сүйлөттүрбөй, биз бу жерде силерге окшош

мадыра баштар жокто тынч эле жыргап жаттык эле, силер келер менен көпүрөнү аткылап кирди, силердин бир кара чычканыңар бар... Жаш жагынан... Ошо да сөзбү? Алтымышка барсам да сенден тыңыраак согушам, көрөрсүң... Ал эми комендант да керек, сен комендант болор белең?

– Жок колуман келбейт,– деди Качике күлүп.

– Эмесе оозуңду басып отур... Капитан сөзүн бүткөн жок. Алыстан баякы тааныш дүңк эткен табыш чыкты да, снаряддын уңулдап учканы угулду. Капитан элден мурда орундуктан турам деп жыгылып кетти да, анан ордунан тоголонуп туруп, «Убежищага!» деп кыйкырып, эшикти көздөй чуркады. Офицерлер селдейип туруп калып, анан булар да дүрбөп, эшикке чыгышты.

Снаряд көпүрө жакка барып жарылды.

Көпүрө жактан танкалардын күркүрөгөнү угулуп турган эле. Күүгүм кирип калган. Ачык асман көгөрүп, ар кайсы жерден жылдыздар көрүнүп, жыпжылуу.

– Танкалардын кыймылы башталар замат аткылайт экен, демек, анын байкоочусу жакын жерде, мына, дагы келатат,– деди Кабалов, көктү тиктеп. Бул снаряд да көпүрөнүн бир жерине барып жарылды.

Баары тынчыгандан кийин офицерлер тамакка, столовойго кетишти. Качике тамакты үйгө апкелип, Кабалов менен бирге отуруп ичишти.

– Дагы кимден кат алдым дедиң? – Кабалов, котелокту жылдырып журналдарды карай баштады.

– Суворовдон, Калининдин энесинен. Павликтин зайыбы Айна Алексеевнадан.

– О-о! Сен азамат турбайсыңбы? Баарына кат жазып, баарынан жооп алам дечи?

– Ошондой...

– Ата болуп калган турбайсыңбы, балдарга? – деди каткырып, Кабалов.

– Кош, Рахманинов менен кат алышасыңбы? Ал тууралуу сен мага жазгансың. Акын дедиң беле?

– Акын. Кат жазышып турам. Анын бир ырын окуп берейинби?

– Апкел, оку. Ай, Костя, баякы атактуу композитор Рахманиновдун тукуму экени чын бекен?

– Чын болуш керек, өзү айткан,– деп Качике планшеттен кагаздарын, көп каттарды сууруп чыкты.

– Мына, угуп тургун,– деди да, ондонуп окуй албай коюп, Кабалов.

Николай өзү окуду.

С тобой расстались на просторах Литвы,–
Далеко на Прибалтийской земле.
Ты помнишь шорох осенней листвы,
И наш разговор в ночной мгле?

Мы часто уходим далеко в мечты,
Как влюбленные, вдохновенно дыша.
Еще жаднее ловили жизни черты,
Еще сильнее трепетала душа.

Но помни, мой друг моё завещанье,
Коль жизнь не сведет нас, как ныне вновь.
– Вспомни на семейном совещаньи,
Как горела во мне к дружбе любовь.

Помнишь как дрожали будущим,
Милого Отечества великим.
Как близко видели счастье грядущее,
В битве с полчищем диким?

Полной жизненного идеала грудь,
Мы еще раз, помни подставим,
И сраженьями овеянный наш труд,
Стране, поколениям представим.

– Калп айтпасам, муну өзүң жазсаң керек?– деди Кабалов, ишенбей, кайта-кайта окуп.

– Мен ыр жазып жүрчү белем? Демек сага жаккан го?

– Жакты. Таң калам эмне үчүн фронтто жүргөндө ушундай жакшы ырлар жазылат? А! – деди да, өзү жооп берди. – Турмуш. Фронтто турмуштун өңүн ачык көрөсүң. Пушкин өзүнүн эң жакшы ырларын айдоодо жүрүп жазган. Жайчылыкта эсирип кетип киши эчтемени көрбөйт. Эгер киши эсирбей, дайым капалуу болсо, мындайча айтканда аманчылыкты ойлой жүрсө көп нерсе иштеп, турмуштары да жакшы болор эле. Биздин кишилер арак ичип башы ооруганда гана турмушту ойлоп калмасы бар. «Орустун мужугу күн күркүрөмөйүнчө кудайга чокунбайт» деген макал бекеринен айтылган эмес да,– деди Кабалов, күлүп.

– Бизде: «Башы оорубагандын кудай менен иши жок» дешет,– деди Качике.

– Туура. Согуштан кийин үйүнө аман барсаң кандай турмуш курасың? Же дале баягы турмушуң менен күн өткөзөсүңбү? Кабалов, Качикеге тигиле тиктеп, күлүмсүрөдү. Кабаловдун көк көздөрүндө ишенбеген мыскыл бар эле.

– Ким билет, Николай. Тирүү барсам тоону томкоруп, ойду омкоруп жибергим келет, бирок кудайдын пендеси жаманчылыкты бат эле унутуп кетмеси бар эмеспи? Көңүлүм бек, бирок кайта баякы ит оорум кармайбы деп да корком,– деди Качике, жаны менен күлүп.

Кузьмин менен Рещектаев келип, булардын сөзү токтоду.

– А-а бусурман, дале журналдар менен алышып жатасыңбы? Досуна да көргөзүп жатыптыр. Ушу немецтин журнал-газеталарынан эмне пайда табасың? Айтчы? – деди капитан, ачуусу келип. – Немецтердин шпион-корректировщигин издеп жүрүшөт дейт, сак бол, балам! – деп, куудулданып, Кабаловго көзүн кысып койду.

– Эгерде сени мабу кемпирдей кылып фотого тартчу болсо бу кемпирден да жаман жүдөгөн, тыртыйган арык неме болуп чыгасың, карачы мобу кемпирди,– деди Качике, солу бетин тырыш басып, куу сөөк болуп калган кемпирди көргөзүп. – Ал эми сени тамак ичпей, жалаң большевиктердин айдоосунда жүрүп иштеп, каржалып бүткөн киши деп ким айтсын? Сөөгүң ошон-

дой кишисиң. Немецтер Украинанын дыйкандарын кыйшык кылып, өздөрүнүн фрауларын упсулуу курсагы ток, берекеде жашаган киши кылып көргөзүп отурат....

– Көргөзө берсин. «Көрүнгөн эчки маарап, өзү турган сазды мактайт». Мактана берсин, мени көрдүңбү, мен немецтин диванында отурам, карап кой!– деди да, жакшынакай диванга отуруп алып, «Мен немецтин диванында отурам!» деп термеле баштады Диван кыйчылдап, кыйчылдап, капитандын салмагынан өйдө-ылдый болуп, солкулдап жатты.

Качике баштап, кыраан каткы күлкү чыкты.

– Бул диванда немецтин мырза офицери өзүнүн фраусу менен кучакташып отуруп, француздун шампанын ичип, Украинанын наны менен майын жешкендир! Эми бу жерде мен отурам, мен, мен, мен түшүндүңбү?– деди капитан.

– Жолдош капитан, быякка жүрбөйсүзбү? – деген үн угулду. Капитан жалт артын карап, чачын ёжик кылып кестирген, өңү сары-чийкил, чачы кызгылт сары, сепкилдүү, гимнастеркасынын төшүндө Кызыл Жылдыз ордени бар, лейтенантты көрдү.

– А-а, келдиңби, оңбогур, азыр, азыр, картанын кызыгы менен немецтин снарядынан өлгөнүбүздү билбей калып жүрбөйлү?– деди капитан, ордунан туруп.

– Өлсөк биз өлөрбүз. Эки ажал тең келбес,– деди лейтенант. Лейтенант өзүнүн жаштыгына карабастан эттүү эле.

– Сен барасыңбы? – деди капитан Рещектаевге.

– Аягым баспайт, бирок барыш керек го,– деди старший лейтенант, ордунан туруп.

– Сен, философ, отур ушу жерде, немецтердин фрауларын тиктеп. Жаш кишиге жакшынакай аялдарды тиктеген зыян деп нечен айттым,– деди да Рещектаев менен күлүп чыгып кетти.

– И-и, ушинтип жатам де. Дагы кимдерден кат алып турасың? Сафронов эмне жазат? Анна Алексеевна эмне дейт? – деди Кабалов.

– Сафронов ыр жазып, кыздардын саламын жибериптир, эсиңдеби кичинекей Паня? – деди күлүп, Качике.

– Паня да мага кат жазып, Петяга салам айт деп жазыптыр. Күлүп боорум жок. Сафроновка ашык болгон бойдон жүрөт.

Петя Качике болучу.

Березникиде окуп жүргөндө Кабалов менен Сафроновдор заводдо иштеген кыздар менен таанышып, ошо кезде зайыбынын азабынан башына кыямат түшүп жүргөн Качикени да кыздардын арасына апарып жүрүшкөн. Качике өзүнөн өзү уялып, кыздарга батынбай, жүдөп жүрүп араң аралашкан болучу. Ошондо да кыздардан четтеп, башка санаада болуп, кыздар менен жакшылыктуу сүйлөшүп, көңүл ачалган эмес. Бирок ошондой болсо да Качикени күлкү аралап, кээде боору калбай каткырып, кроватка жыгылып кала турган.

Сафроновдун Панядан мурун Бэла деген кызы бар болучу. Ал кыздын эле тамандыгына Сафроновдун көзү жеткенден кийин аны таштап Паня менен таанышты. Качике Паня жаткан кыздардын жатаканасына Сафроновдор менен барганда Качике Бэланы да, Паняны да көрдү. Экөө эки башка киши экени дароо көзгө урунуп, Качикенин күлкүсүн келтирген. Бэла шыңкыйган, сулуу чалыш, маңдайына секелек койгон Чехов жазган кыздардын так өзү болучу. Бэла Сафронов менен Паняны көрүп, көзүн сүзүп, үшкүрүп: «Ах, турмуш – алдамчылык, сүйүү – агылма»! деп, кроватка жыгылып калар эле. Мында Качике бир күлүүчү. Панянын болсо башы баланын башындай чоң, бою жапыс, тоголок көздөрү тирмейип, эстүү, токтоо, мүчөсү куурчак мүчө келип, бу жагынан кишиге бир башкача жагымдуу болучу. Паня кайда болсо Сафроновго кыналып, жанынан чыкпай, балача тырмышып кала турган. Мында Качикенин дагы күлкүсү келүүчү. Булардын коңшусу, өзү Батыш Украиндик Женя деген украинка Паня менен Бэланын кылыгын көрүп, боору катып Качикеге кошулуп, былкылдап күлүүчү. Женя болук карасур, көздөрү кой көз, сулуу кыз эле. Женя өзүнүн баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү, кылган иши менен кыздарды да, эркектерди да өз эркине моюн сундура турган. Кабалов менен Сафронов Качикени кыздарга тааныштырганда Качикенин жаш өңүнө карап, аны өздөрүнө окшогон бойдок деди. Паня бу сөздү угар замат ордунан суурулуп тура калып, тегеренип бийлеп, частушка ырдап калды.

Ты военный, ты военный,
Ты военный не простой.
На Востоке ты женатый,
А на юге холостой.

Эчтеме оюнда жок Качике бу частушканы укканда эзиле күлдү.

Ошентип, Качикеге күлкү, демек тиричилик, кайта кайрылып келе баштаган эле. Ал эми Качике сүйөнөк кишилердин бири болгондуктан Женяга ашык болуп калып, Женя болсо Качикени көп кызыктыра бербей, токтоо мамиле кылып, өз боюна жолотпой, майданга кетерде гана ыйлап жөнөттү. Качике ошондо гана Женянын ички сырын байкап, көңүлү жылып, ушу күнгө чейин кат жазышып жүргөн.

– Паня эң эле кичинекей, Сафронов экөө эрди-катын болалбайт го? Өзү эмне дейт? – деди Николай.

– Өзү Паня жакшы зайып болот дейт.

– Сафронов өзү чанып кетпесе Паня кыйышпай турган кыйын, тың зайып болор эле. Өзүң Женя менен кантип жүрөсүң?

– Кат жазышып жүрөм. Батыш Украинага кетем деп жаткан.

– Макул болсо Женяга үйлөнөр белең?

– Тирүү калсам…

– Согуштан кийин далай кыздар сүйлөшкөн күйөөлөрүн издейт экен да! – деди Николай күлүп.

– Илгери үмүт да. Бирин бири көрбөй кат жазышып жүргөндөр да бар экен.

– Мунун баары, тууган, убактылуу нерсе. Согуш… жакындарынан айрылуу… көңүлдүн куса болушу. Согуш бүткөндөн кийин баары жай-жайын табат.

– Анна Алексеевна кусалыктан жазган жери жоктур,– деди Качике, Люся менен Сашанын каттарын эстеп. – Тылдагылардын эки көзү фронтто. Ак тилек кылышат турбайбы. Сафронов болсо өзүнүн «Вот мчится тройка почтовая» дегендин мотивине жазган ырында фронтовик үйүнө шашып баратса, үйдөгү зайбы кызын эрчитип күйөөгө качып кетиптир. Энеси үйдө өлүп, агасы согушта өлгөн болот. Сафронов фронтовикти кайта фронтко,

өз жолдошторуна чакырат. Мына бу Рещектаев да кыңкылдап, эки буту жок фронтовиктин арманын ырдайт. Бул эмне деген сөз? Демек, аялданчы кан желтаман, эси жоктор бар. Бул өңдүү кыйынчылыкта жакшынакай аялдар душмандан жаман зыян кылышы мүмкүн. Калыбы, көп жоокерлер ушуну ойлойт окшойт. Анна Алексеевна болсо эстүү киши экен, адамкерчиликтин катын жазат. Мына бул өңдүү аялдар биздин жөлөгүбүз. Андай кишинин иши да илгери, жүрөгү да жайбаракат согуп, ургаачы бүркүтчө бизди алыстан коргоп, канаты менен калкалагансып турат...

– Анна Алексеевна сенин зайбың эмес, сага жазган себеби: эригет, куса болот, а кишиге эптеп кат аркылуу көңүлүн улаш керек. Кийин баары унутулат. Бирок сен асыл иш кылып жатыптырсың. Баары бир көп нерселер эсте калат. Суворовдун энесине да кат жаздым дебедиңби? Мунуң жакшы, Костя,– деди Кабалов, Качикеге суктана тиктеп.

– Биз кайда, кандай абалда болсок да адамчылыкты ойлонушубуз керек, Николай. Кандай дейсиң, немецтер менен кандай болушубуз керек, сен ойлодуңбу?

– Эл айыптуу эмес, Костя, канткен менен улуу журт, маданияттуу, жумушчулары көп, өнүккөн эл – деди Кабалов, ойлонуп турбай. Качике менен Николай дагы көпкө сүйлөшүп, кат окуп, каткырып күлүп, көпкө отурушту.

– Бул офицерлер, эмне, картадан башканы билбей калганбы? Кумар ойношотко дейм? – деди Николай.

– Жанакы кызыл чийкил лейтенант кумарчы болуш керек.. Очко ойноп, мен да бир утулуп чыктым,– деди Качике күлүп. – Капитан ойноттурбай койду.

Кабалов күлдү.

– Картаны коюп, кат жазып, балдар менен байланышыңды үзбөй, бизди унутпай турсаң болду. Мага эртең фронтко чейин жыйырма километрден ашык жол басыш керек. Машина алса жакшы болду го. Жаталы,– деди Николай, оозун басып эстеп.

Эртеси Качике Николайды узатты. Экөө көпкө кучакташып, фронтовиктердин адатынча өбүшүп, кош айтышты.

Мындан бир нече күн өткөндөн кийин резервдеги офицерлердин тиричилиги да катуулай баштады. Көпүрөнү аткылоо күчөп (көпүрөдөн техника, иттери менен сапёрлор өтүп жаткан), а түгүл резервдин орду да аткылана баштады. Качан болсо снаряд офицерлердин топтолгон жерине түшүп, коркунуч күндөн күнгө күчөдү.

Капитан Кузьмин бир күнү түн ичинде чуркап келди.

– Ормонов, кыйсыпыр түштүк. Шпион өз ичибизде экен! Баякы чийкил сары лейтенантты алып кетти. Шпиондордун башчысы ошол экен. Координаттын баарын берген ошол имиш. Кудай картайганда немецтин шпиону менен карта ойнотуп коюптур. Өлдүм, өлдүм!– деп капитан безилдеп калды.

Бир нече күндөн кийин ошол эле капитан Кузьмин дагы жаңы кабар таап келди. Сары лейтенанттын кызыл жылдыз ордени жасалма орден экен. Лейтенанттын калпы ошондон кармалып, айласы кеткенде мойнуна алыптыр....

– Мына бул кабар бир нече күндөн кийин аныкталып, резервди Литвага көчүрүп кетишти.

## XXIV

Качикеге көп кат келип, бул каттардын арасында Суворов Виктордун, анын энесинин, Бояновдун, Сафроновдун, Рахманиновдун, Ревенковдун, Саякбаев Кунуянын каттары бар эле. Качике буларга кат жазмак болуп жатканда Качикени штабга, андан армиянын кадрлар бөлүмүнө чакырып кетишти. Армиянын кадрлар бөлүмү Наумeстисте, резервдин турган жеринен он беш чакырымдай нары туруучу. Кар жаап суук болуп турган чак.

Качике турган литвалык дыйкандын үйүндө согуш Германиянын чек арасына жакындап келгенде чек арадай качып келген бул үйдүн ээсинин агасы, бир үйлүү дыйкан кемпири кызы менен туруучу. Анын аты Антонус эле. Чала-була орус тилин да билүүчү. Качикенин фронтко жөнөшү этимал экенин угуп:

– Петрус! Качикени кайтадан Петя, литвалыктарча Петрус деп жүрүшкөн эле. Мага уй керек, менин уюм немецтер качкан-

да кошо жоголду, же немецтер колдуу болду, же биздикилер колдуу болду, эми мага уй керек, немецтер качканда баары талаада калат,– деди, жакында Германия талоонго түшө тургансып.

– Согушта жүрүп уйду мен кантип айдап келем? – деди Качике, күлүп.

– Кас тас ира? (эмне болду?) – деди Антонустун кызы, Зося София.

Антонус кызына түшүндүрдү окшойт. София атасына бирдеме деп күлдү.

– Эгер мен бу жакка немецтин уюн айдап келчү болсом литванын дыйкандары эмне дейт? Соодагер дебейби?

Бир уй кимге жетет? – деди Качике, кандай жооп айтарын билбей, тамашага салып.

– Уй керек, уй керек! – деди Антонус эчтеме уккусу келбегенсип, колун шилтеп. Качике Науместисте саат түнкү онго чейин жүрдү. Кадр бөлүмүнүн начальниги полковник Качикени кабыл алды да, Качикени деле карабай, стрелковый взводдун командири болуп барасыз деди.

– Мага эми баары бир, жолдош полковник, менин жолдошторумдун көпчүлүгү стрелок болуп кетишти, ал эми бизди минометчикке окуткан эле.

– А сөздү неге, айтасыз? Туура эмес айтып жатпайсызбы, силерди общевойсковой командир кылып, чыгарышты. Ал эми общевойсковой командир биринчи иретте стрелок. Анын үстүнө сизге өсүш керек. Миномёттон өсүп чыгалбайсыз, ал эми сизге болсо комбатка чейин көтөрүлүш керек,– полковник, дале Качыкеге тиктебей, бир кагазга кол койду.

Качике турган үйүнө түнкү экилерде жөө келди. Жамгыр аралаш кар жаап, жол тайгалак болуп, араң жетти. Үйдүн ээси чырак жандырып, негедир үйдөгүлөрдүн баары ойгонуп, бирдеёме деп муңайым сүйлөшүп, Качикени карап коюшат.

– Фронтко бармай болдуңбу? – деди Антон. Качике башын ийкеди эси чыккансып, момурайып турган Софияны карап, Качике күлүмсүрөп, кожоюндун кичинекей уулун кучагына кысып өптү.

– Силер менен аз турдук, бирок бир туугандай жакын турган экенбиз. Ракмат силерге. Эртең жол жүрөм,– деди Качике чарчап, буту-колун тарталбай.

Столго ысык чай, закуска, толтура стакан самогон келди.

– О-о! – деди, курсагы ачып турган Качике. Суукта жол басып, чарчап келген кишиге мындан артык сый жок эле.

– Же, ич. Кудай өмүрүңдү узун кылсын. Жакшы кишиге мындан башка тилегибиз жок. Бирок Антондун уюн унутпа!– деди үйдүн ээси, күлүп.

А түнү Качике солк этпей уктап, эртеси эрте турду да, жолдошторунун баарына кат жазды. София, кожоюндун тестиер кызы Гражина Качикенин жанынан чыкпай коюшту.

– Сен кетпейсиң! – деди Гражина, ак жүндөн мээлей согуп жатып, башын өйдө көтөрбөй.

– Сен кетпейсиң! – деди София, Качикенин бетине карая, кашкайып күлүп. Бул сөздөрдү жандап, орусча-литвача аралаштырып сүйлөп жатышты. Софиянын сулуу өңү, татынакай күлкүсү Качикенин жүрөгүн элжиретип, Гражинанын муңайыңкы үнү анын ыйлагысын келтирип, Качике бир топко калемсапты кармаган бойдон унчукпай отурду.

– Кантип кетпей коялам? – деди Качике да күлүмсүрөп, эки колун шалдайтып.

– Нейра, нейра (жок, жок) – деди экөө тең. Гражина менен Софиянын колдорун Качике өз көкүрөгүнө такап, Качике жандап айтты:

– Кечиргиле кыздар, мага уруксат бергиле, мен бүгүн кетишим керек. Качике кайрадан: «Нейра, нейра»! деген сөздү укту.

Качике тышкы үйгө чыгып, дядя Антонду чакырып келди да, кыздардын үстүнөн даттана баштады. Кыздар болсо «Айтпа, айтпа!» дегенсип, колдору менен жандап, бирдеме дешти.

– А, анда кыздардын тилин алыш керек. Хозяйка да нан, бирдемелер бышырып берейин деп жатты эле, аларга да айтыш керек экен,– деди да, дядя Антон кайта чыкты.

Тыштан аялдардын үнү чыгып, кыздар сүйүнгөн бойдон Качикени сүйрөп, диванга апарып отургузуп коюшту да, Качике-

нин оозун бууп койгон баштыгын тышкы үйгө алып чыгып кетишти. Тыяктан каткырык угулду. Тыштан дядя Антон кирип:

– Кыздардын жашырын бир иши бар окшойт, мага да айтпай коюшту; немецтин уюнан да кечтим, айткыла десем да болушпайт, бир-эки күнгө кала турган окшодуң,– деди, мурутун сылап, жылмайып.

– Бир-эки күнгө? – деди Качике, чочуп кетип.

– Бир-эки күнгө – деди дядя Антон камырабай. – Бүтүрчү жумуштарыңды бүтүрө бер,– деди да, кайтадан чыгып кетти.

Тыяктан дагы күлкү угулду.

Согуштун алдыңкы чегинде жакындан бери аткылашуу күчөп, кайсы бир жерлерде немецтер чабуулга өтүп, эки тарап тең үрпөйүп турган эле. Мындай учурларда тийиштүү жерге эртерээк жетип, орун алган дурус болор эле деп, Качике шашып жаткан болучу.

Качике жаза турган каттардын баарын бүтүп, офицерлер менен да коштошуп келейин деп, офицерлердин клубуна келди. Бу жерде капитан Лебедов кадимкисиндей тамашасын салып жаткан эле. Капитан өзү жаш болсо да дивизиянынбы, полктунбу чалгынчыларынын начальниги болуп дайындалып, а да жөнөп жаткан болучу.

– А, дагы бир младший лейтенант келди. Кетмек болдуңбу? Туура кыласың. Эр албаган кыздай болуп резервде отурганда эмне? Таржимамды сүйлөп жатам. Угуп тур. Кыскасын айтканда, көчөнүн баласы болдум. Биздин орустарда кээде атасы жок бала ошондой болот. Энемин алы жетпеди окшойт. Кылбаганды кылдым. Энемден былчылдата таяк да жедим. Таалайымды таразага тартып көрдүм да, согуш окуу жайына кирип кеттим. Эки жыл чөптөн жапыс, суудан жоош болуп окудум. – Ким экенимди эч ким билген жок. Анан шарт согуш чыкты. Согуштан жанымды аяганым жок. Мына азыр эми Лебедев гвардеец, бүт төшү жаркыраган орден. Ким эми мени бирдеме дей алат?

– Айыбың билинчү болсочу! – деди бирөө, капитанды сөздөн жаңылтыш үчүн.

– Былжыраба! Тууган жер деген Эне болот, ал эми эне деген бирде жазаласа, бирде сүйөт! – деди да, кайтадан такалбай сүйлөй берди.

– Мен кайтадан согушка кетип баратам. Мени немец оңой эле өлтүрө албайт. Ошондой болсо да мен эмнеме кат жазгам келет. Кат да бир башкача... ыр. Менин энем менин өлүүтирүүмдү билиши керекпи, жокпу? Же ыйлап жүрүп күнү өтөбү?

Залдан чымын учпай, тымтырс болуп калды. Капитан сүйлөй берди.

– Мен ыр жаздым. Башка сөз оозума келбей койду. Ырдын аягына: сенин тынчы жок уулуң капитан Алеша деп жазып койгум келет. Кана, биздин квартет, баштайлы. Гармондо старший лейтенант Несмиянов. А да жетим. Обону «Стенька Разин».

Эстрадага капитан баш болуп төрт офицер чыкты. Старший лейтенант белгилүү обонду чалкайып жайылып жаткан Волга суусуна окшотуп, чоё баштады:

Прощай, прощай, мать родная,
Путь-дорога меня ждет.
Путь-дорога под чужое,
Под вражье неба идет.

Благослови, не печалься,
Обними последний раз.
Твои обильные слезы,
Светом станут моих глаз.

Когда тоска тебя осилит,
Когда долго вестей нет,
Выйди в поле, став на запад,
Пришли с ветром привет.

Может услышу, может и нет,
Может сразит меня враг.
Но каждый раз как заплачешь,
Зашевелится мой драх.

Күчтүү кваратет залды жаңыртып бүткөндөн кийин офицерлер кол чаап, сүрөп, кыйкырып калышты. Дагы сурашып, кайтадан ырдаганда клубдагылар бүт кошулуп, дүңгүрөгөн хор алда кайда угулду.

* * *

Качике жөнөй турган болгон күнү күн бурганактап барып ачылып, суук аязына тартып, кар кычырап турду.

– Кудай жакшылыгыңды бере көр!– деп, дядя Антон, кемпири, үйдүн ээлери тилек кылышып, батасын беришти да, бир аттуу чана чегип, Качикени жолго чыгарып коймок болушту.

Ал эми София менен Гражина Качикенин жанынан чыкпай, экөө бирдеме деп сүйлөшүп, чебеленип жүрүштү.

– Аш диевас прошау,– мен кудайдан сурайм,– аман бол!– деди София, Качикенин мойнуна асылып. Качикени көпкө коё бербей, бетинен, оозунан, көзүнөн өөп турду.

«Аман бол» деген сөз Качикенин Софияга үйрөткөн сөзү эле.

Гражина да көпкө кучактап, экөө Качикенин эки чөнтөгүнө бирдеме салышты.

Дядя Антон менен үйдүн ээси чоң жолго чыгып, Качике менен кучакташып коштошуп, кол булгашып жатканда Качике кыйкырып:

– Дядя Антон, уй керекпи? – деди.

– Ай, эмненин уйю? Согуштагы кишинин уй менен иши болобу! – деп, колун силкип койду.

Чоң жол менен Качике жалгыз баратып, шинелдин эки чөнтөгүнө колун салды. Бир чөнтөгүнөн ак жүн мээлей, бир чөнтөгүнөн саймалаган тамеки кисе менен ак жоолук чыкты. Жоолук менен кисеге «Zofia» деп, мээлейдин четине латынча «g» тамгасы жазылган эле.

Качикенин көкүрөгүн кубаныч каптап, бүкөн бою жылып, согуштун чоң жолун көздөй бет алып баратты. Көңүлүндө ушул үйдү, андагы карапайым кишини сыйлай да, сүйө да билген кишилерди бир сыйра көрүп, дагы бир сыйра Софияны өөп, Гражвнаны кучактап, өз кызын кучактагандай болуп тургусу келер эле. Бирок муну тагдыр Качикеге буюрган эмес болучу.

## XXV

Чыгыш Пруссияга тунжураган жымжырттык түштү.

Качике каттаган машина менен корпуска келди да, кайтадан корпустун кадр начальнигине кирди. Бу жерде я топураган офицерлер жок эле, Качике уруксат менен начальникке кирди да, бардык кылдаттыкты сактап, өңү жаш, отуз бештерге кирип калган майорго честь берип, корпустун карамагына келгенин айтты. Майор Качикеге көп кунт койбой тиктеди да, честь да бербей, саламга болор болбос алик алып, Качике сунган «Личное дело» менен тааныша баштады.

– Почтого барабыз,– деди майор, «личное делого» бирдеме жазып.

– Кандайча почтого? Мен почтонун жумушун билбейм, – деди Качике, таң калып.

– Согушкуңуз келеби?

– Ооба, жолдош майор.

– Немецтерди талкалайм деңизчи?

Майордун бул шылдыңына Качикенин ачуусу келип, кыпкызыл болуп, сөз айталбай турду.

– Бизде азыр офицерлер жетишет. Керек болгондо жиберебиз. Азыр барып иштей бериңиз, дивизияга барсаңыз да резерв,– деди да, майор сөзүн бүтүрдү.

Бирок Качике почтодо көп отурган жок.

3-Белорусс фронту 1945жылдын 13-январынан баштап чабуулга өттү. Саат алтыда артподготовка башталып, бүткүл Пруссияны жаңырык каптагандай болду.

Бирок ал күнү негедир кайтадан жаңырык басылып, кайтадан күн тунжурап, жөн да жүрбөй, мылтык да атылбай, жөө туман гана каатап, туш-туштун баары былк этпей, жымжырт болду.

Ал эми фронттун ачык чабуулу 14-январдан башталды. Артиллерия үч саатка чейин аткылады. Токой, көлдүү келген Пруссиянын асманын туман каптап турса да күркүрөп, самолеттор тынымсыз уча баштады.

Мына ушундай тополоң учурда корпустун штабы менен почто да кошо көчүп, биздин аскерлер тарабынан алынган шаарларга, ири кыштактарга токтоп, согуштун тынымсыз жолу башталды. Согуштун бу жолу менен тынымсыз агылып, машина, техника, пехота, обоз (кош) келатты.

39-армия түндүк-батышты көздөй бет алып, сол канаты менен Кенигсберг жакты капшырып, оң канаты менен Балтык деңизине чыгып, Пиллау портуна бет алып бараткан эле.

Качикени баарыдан да таң калтырган нерсе: немецтердин үй-бүлөлөрүнүн ушул Чыгыш Пруссиянын бороон, кар шалпылдаган (асфальт болсо да) жолдору менен кайта артын көздөй самсып келатышы болду. Литвалыктар, орустар, украиндыктар, поляктар болсо ойноп-күлүп, шатыран шатман менен келатышты. Жука кийинген немецтин аялдары балдары менен суукка да тоңуп, ачка да болуп, кайда барып баш калкалаарын да билбей, нары жол билбей, бүлүнүп калышы зейин кейите турган иш эле. Бирок Качике бул учурда солдаттар немецтердин үй-бүлөсүнө кандай мамиле кылып жатканын аныктап көрөлек болучу. Согуш башка элдин чегине өтүп, башка эл, немецтер багынбай, эч кандай айыбы жок карапайым көпчүлүк эл өзүнөн өзү бүлүнүп, өзүнөн өзү кырсыкка учурап турганын гана көрүп, Качикенин каңырыгы түтөп турган.

Корпустун толуп жаткан штабдары чоң короого келип токтошту. Короо ыйга толуп, солдаттар топтолуп калган аялды тегеректеп турушкан. Аялдар, жаш балдар ыйлап жатышат.

Качике арабадан түшүп, солдаттар буларга кордук көрсөтүп жаткан экен го деп, жанына келип, кызык нерсени көрдү. Солдаттар балдардын колунан сүйрөп бир жакка тартса, алар тырышып, ордунан жылбай, ыйлап жатышкан экен.

– Эмне кылып жатасыңар? – деди Качике, булардын эмне кылып жатканын түшүнбөй.

– Биз эчтеме кылып жаткан жерибиз жок, мына буларды жылуу тамга киргиле десек, тырышып болбойт, ыйлашат, балдарын кармасак балдарынын үстүнө түшөт, өздөрүн кармасак балдары чыркырайт, түшүнбөгөн эл экен,– деди улгайып калган солдат.

– Киши аяйт экен, байкуштарды,– деди дагы бир солдат.

– Булардын эмнесин аяйсыңар? – деди жашыраак афтоматчик басып келип.

– Булар бизди аяп койду беле? Мындай тургула, мен бир автомат берсем тым болушат!

– Бас, бас, баатыр, герой! – деди Качике, автоматчикке.– Катын-бала менен согушкуң келип турабы? Согушкуң келсе алдыга бар. Буларда эмне жазык? Апаргыла бош үйгө.

Солдаттар ыйлаган катын-балдарды алып кетишти. Бирок бир саат өтпөй жанакы карт солдат немецтин кичинекей баласын колдон алып, Качике турган үйгө келди. Артынан корккон энеси ээрчип алыптыр.

– Карачы, жолдош лейтенант, көнөйүн деп баратат, энеси болбойт, нан бердим, кант бердим, сизде бирдеме барбы? – деди солдат, кичинекей баланын үшүп калган колдорун кармалап.

Качике өзүнө тиешелүү болгон быштак, кант, нанынан берип, баланы эркелетип, энесине жылуу сөз айтты. Акырындап ортого жалпы жылуулук түшүп, сөз күлкү, тамашага айланды.

– Бул куунун кылып турган ишин көрбөйсүзбү, жолдош младшой,– деди баякы жаш автоматчик, карт солдатты ээрчий келип. Бул куубу баланын энесине жагынганы турат...

– Акмак! – деди карт солдат, автоматчикти сүйлөтпөй.

– Сен бала деген эмне экенин билесиңби? Бала деген периште. Сенде бала тургай катын жок. Дагы сүйлөп коёт.

Солдат бала менен энесин алып чыгып кетти. Күлкү, тамашага үй толуп турду. Бул учурда үйгө от жагып, почтонун кызматчысы тамак аса баштады.

– Кайсы үйгө барсаң консерва, эт, азык, жолдош младшой,– деди почтонун кызматчысы, абышка, согуштан мурун бухгалтер болуп жүргөн киши, почтонун начальниги капитанга жагынып, эртерек бирдеме жасап жиберейин деп.

– Качканда немецтер даяр тамагын да ала качпаптыр, байкуштар. Бирок айтыңызчы, Германия окшогон маданияттуу улуттун эли мыкаачы боло алабы, же, жокпу? Чынымды айтсам, көп ишене бербейм... – деди абышка, казан-аяк менен күймөлүп жатып, уялыңкы.

Бул учурда корпустун почто начальниги, курсактуу, сакалын жылма кылып алдырган, жаагынын эттери салаңдап бетинде бир тырышы жок, жылма, капитан Богословский эшиктен кирип, өзүнүн кызматчысынын сөзүн угуп турган эле. Качике кызматка тийиштүү болгон кагаздарды карап отурган болучу.

– Эмнени сүйлөп жатасың, Свиридов? – деди капитан. Свиридов бир башкача болуп бөкчөңдөп, мештин отун көсөп, күнөкөр кишиче, эси чыккансып, алаңдап калды. Капитандын көздөрү нурданып, жаман тиктеп турган.

– Тим эле, жолдош капитан, немецтерди айтам, жок дегенде жасап койгон консервасын, ала качпаптыр...– деди Свиридов, эмне айтарын билбей.

– Дагы баягы интеллигенттердин сөзүбү? Согушта ар бир солдатпы, офицерби, өзүнө тагылган ишин иштесе. Капкайдагыны сүйлөп, сын тагып, талкуулап отуруштун эмне кереги бар? Немецтер өзүнүн жаратылышынан мыкачы, Өзүнөн акылдуурак элди көралбайт... А тамагын таштап качкан себеби бизди кек куубайт деп коркот. Көрдүңөрбү тыпка чыгып? Германиянын шаарлары өрттөнүп жатат. Немецтин эчтемесин аябоо керек,– деди капитан, чечинип, немецтин креслосуна отуруп.

Өмүрүндө почтонун ишинен башканы билбеген, согушту болсо көрбөсө да өзү согушуп жүргөнсүп, согуштун бардык кыйынчылыгын өз мойну менен тартып жаткансып кыйкырган бул капитан турмушта өзүн жогору эсептеген кишилердин бири эле. Ошондуктан капитан Богословский өзүнөн кызматы төмөн кишилерди теңсинбей, көп учурларда кайсы бир майда кызматтагы солдаттарды киши ордуна да саначу эмес. Капитандын кекирейгенин келген эле күндөн байкаган Качике бул капитандын карамагында көпкө бирге иштеше албасына көзү жетип, азырынча унчукпай келаткан болучу. Бирок капитан менен келишүүгө да мүмкүн эмес эле.

Качике капитандын пикирине таң калды да, Свиридовдон:

– Силерди солдатка алганда окуткан жок беле? – деди.

– Эмнени? – деди солдат, көзүн алайтып.

– Германиядагы фашизмдин туулушун, немец фашисттердин мыкачылыктарынын негиздерин? Мындайча айтканда эмне үчүн немецтердин мыкачы аталып калышын? – деди Качике.

– Жок,– деди Свиридов.

– Андай окуунун солдаттарга эмне кереги бар? – деди капитан куш тумшук мурду андан бетер ийилгенсип, Качикеге олурайып тиктеп.

– Солдаттарды көзү көргөн нерсеге үйрөтүш керек. Мен айтпадымбы: немецтер жаратылышынан мыкачы. Аны капкайдагы түшүнүксүз сөздөрдү айтып, түшүнтөм деп убара болуштун эмне кереги бар. Свиридов өрттөнгөн тыптыйпыл болгон шаар, станцияларды көрдү, немец басып өткөн жердеги колхозчулар азыр жер тамда жашап отурат. Немецтердин мыкачылыгын сурап эмне кереги бар да, аны далилдештин эмне кереги бар? Азыр солдаттар эмне кылыш керек? Өзүнүн канын төккөнү аз келгенсип, немецтердин жаркыраган шаарларын жаркыраган бойдон коюп, кыштактарын кыштак бойдон койсунбу? Жүргөндө, намызы бар солдат аны кылбайт. Тышка чыгып көргүлө, бүткүл Германия күйүп, өрттөнүп, талкаланып жатат. Өз кылганыңды башың менен тарт деген макал бар. Ар бир солдат, дагы айтам, үйүнө өзү көзү менен көргөнүн айтып барат. Бул эмне деген сөз? Немецтер бир эле кылса биз он эсе кылдык дейт. Көп мына ушундай, лейтенантик. Ал эми сизди эмнеге окутту эле?

– Мени согушка,– деди Качике, эчтеме оюна албай.

– Анан эмне үчүн согушпайсыз?

– Жибербей жатса.

– Мен эртең сизге уруксат алып берейин, барып согуша бериңиз,– деди капитан, күлбөй, чын пейли менен айтып жаткансып.

Бул учурда абышка Свиридов колун силкип, көзүн кысып, бирдеме деп шыбырап, Качикеге жандап жаткан эле. Бирок Качике аны көргүсү да келбей, унчукпай да калалбай, шарт ордунан турду да:

– Эртең ишти өткөрүүгө уруксат бериңиз? – деди.

– Ишиңизди мен өзүм өткөрүп алам, ишиңиз деле жөн эмес,– деди жайбаракат, кабак-кашым да дебей.

– Дагы жакшы, сиз фронтто, алдыңкы катарда, командалык кылган кызматта эмессиз, сиз окшогондор Германияны тургузбай салышы мүмкүн! – деди Качике, билинер-билинбес калчылдап.

– Германиянын туруп кетишин каалап, турган эч ким жок лейтенантик, балким, сиз каалап тургандырсыз? Чынбы? – деди капитан, баягысындай жайбаракат.

– Чын! – деди Качике, катуу сүйлөп,

– Ал эмне үчүн?– деди капитан камырабай, Качикени шылдың кылып.

– Германиянын эли бийликти өз колуна алып, жумушчу-дыйкан өкмөтүң курушу керек! Муну сиз түшүнөсүзбү? – деди Качике да, жайбаракат, салмак менен, өзүн өзү колго алып. – Германиянын анык чыныгы уулдары али подполдо жатат. Алардын бир тобу курман болуп, кыйноо-азап менен өлүштү. Бизден мурун Гитлер менен ошолор кармашкан таш боор Гитлер, Гитлердик фашисттер башка элдердин баарын өзүнө кул кылып, бүткүл элдин үстүнөн өзү кожоюндук кылып өзү бийлик курганы отурбайбы. Мыкачылык башка элди көргүсү келбей, теңсинбегенден чыгып отурбайбы, Ошондуктан...

– Ошондуктан немецтерди жогото бериш керек,– деди капитан, үкүчө тегерек көздөрү менен Качикени жалдырап карап.

– Оңолбой турган киши турбайсызбы!– деди Качике чыдай албай, жаны кейип.

– Таш менен тоодо өскөн кыргыздын баласы качан оңолуп кеткен, айтып коюңузчу, лейтенантик?– деди капитан, үйдүн ысыгынан нары кеч кирип бараткандыгынан тамак да жегиси келип, уйкусу да келип.

Кебелбес кишилер тамакты да кыйын жеп, уйкусу да жакшы болорун эстеп, Качике бырс күлдү.

– Эмнеге күлөсүз, жапан кыргыз? – деди капитан көздөрү тегеренип, ачуусу чындап келип.

– Туура. Жетекчилик тизгинин сиз окшогон киши кармаса жапайы бойдон тоо-таштын арасында калмакпыз....

– Мына бизде силерге окшогондор көбөйүп баратат, булар сөзмөр да келет экен, жөө чечендердин баары сөзмөр келет, эгер

сиздерге окшогондор аз болгондо согуш алда качан бүтүп, биз Свиридов экөөбүз алда качан үйгө кетип, жыргап турат элек. Жаагыңызды басыңыз, лейтенантик. Лейтенант да эмес, младший лейтенантик. Мен сизге теңтуш да эмесмин, кантер экен деп койсо тең ата болуп, айтышып баратасыз. Өзүңүздөн улуу капитан менен кантип айтышасыз? Эртең эрте кагазыңызды алыңыз да, алдыңкы катарга эртерээк барып, жакшылап согушуңуз. Апкел, Свиридов, тамагыңды! – деди капитан, ордунан туруп, немецтин столуна жакындап.

– Жолдош капитан, сиз жаш офицерди кечирип коюңуз каны кызуулук кылып кетти,– деди абышка Свиридов, өзүн ушу талаш, ушу чатактын айыпкери сезип. Абышка өз начальнигинин боору таш, кош көңүл наадан, өз пайдасын көздөгөн киши экенин жакшы билчү. Эртеси Качике дивизияга жөнөп кетти.

## XXVI

Фрунзеде дуу-дуу этип, Качике менен анын кызынын, зайыбы Чынаркандын сөзү болуп жатты. Кайсы бирөөлөр кат үзүлгөнүн башкача сөз кылышып, аны «Дайынсыздардын» болбосо өлгөндөрдүн ичине кошуп жатышты. Чынарканды бирөөлөр жамандаса, бирөөлөр актап, бирөөлөр Качикеге жан тартып, кызы жаман имиш, тил албайт экен дешип, Качикенин кичинекей кызына асылышты. Иши кылып кандай гана сөз болбосун, ким жакшы, ким жаман болбосун, Качикенин кызы кандай турмуш, кандай шартта калбасын, салбырап кийимсиз жүрүп, бир күнү жыгылды да, учук оорудан каза болду. Мына бул өлүмдөн кийин өсөк сөздөр кайтадан дуулдап, бирөөлөр бул өлүмдү Чынаркандан көрсө, бирөөлер кудайдан, турмуштун начардыгынан көрүп, калыс болгулары келди. Апсамат бул тууралуу Качикеге жазыш керектигин ашык көрүп, өзү өлүмдү аралап жүргөн немеге кызынын өлүмүн, мындайча айтканда, өзүнүн жеке башынын трагедиясын угузсак Качикени тирүүлөй өлтүрүп аларбыз деген пикирге келип, тим болду. Чынаркан болсо ачык айтканды жакшы көрүп, Качикеге мына бу катты жазды.

«Болор иш болду. Кызыңды ээсине бердим. Буга ким себепкер болду? Бир кудайдын өзү билет. Сен өзүңдүн жаман оюңда менден көрөсүң. Ал сенин ишиң. Мен мурун да айткамын, азыр да айтам: экөөбүздүн турмушубуздагы илинчек жалгыз кызың боло турган болсо ал илинчек үзүлдү. Жок, эгер экөөбүздүн ортобузда келечектин түйүнү болгон болсо менчылап ыйлап, күйүп, тим болорсуң. Кызыңдын өлүмүн менден эмес кудайдан көрөрсүң. Энелүү балдар деле өлүп жатпайбы. Бу жерде өлүмдү өздөн же өгөйдөн көрүш акмактын иши. Мен болсо кызыңды тирүү калсын деп, колумдан келген бардык чараны колдондум. Ажалга алым келбеди. Доктурлар адам болбойт дегенден кийин гана кызыңды ооруканага бердим. Кызың ооруканада каза болду. Мен сага кызың тууралуу жазбайын дедим эле. Бирок жашыргандай болбоюн дедим. Жашырганда эмне тапмак элем? Жашырбагандачы? Көңүлүң чындап менде болсо кызыңдын өлүмү ортобуздагы тоскоол болалмак беле? Бир көпөлөк учту да кетти, буга эч кимдин алы жеткен эмес. Өзүң болсоң да, балким, ошо болмок. Өлбөй турган киши ачарчылыктан деле аман калат турбайбы. Өлө турган кишинин оозуна тыгып жатсаң да болбойт экен, аны мен иштеп көрдүм. Колумда бардын эчтемесин аяганым жок. Билгиң келсе бу сөзүмө ишенерсиң, билгиң келбесе калп дээрсиң. Аны өзүң бил. Мен сага ишенгин деп, жалынып отурган жерим жок. Анткени, чындыкты бетке айтканды жакшы көрөм, аны өзүң деле жакшы билесиң...

Эми айта турган сөз: эмне үчүн кат жазбайсың? Же офицер болуп чыккандан кийин дүнүйөнү токумдай көрүп, көктү карап калдыңбы? Киши топурактан жаралып, кайта топурак болот, жерге жакыныраак эле болсоң болбойбу?

Мен сага кайгылуу кабарды угуздум. Сага кат жазып жүргөндөр, балким, аны айтпас. Эгер билсең: бул сага менин жакындыгым, «дос күйүнтүп айтат, душман сүйүнтүп айтат» дейт. Эгер билсең: тиричиликтеги эң жакын кишиң менмин. Эгер мени душман көрсөң анда сен өзүңө-өзүң душман кишисиң. Дагы айтар сөзүм: бу жердегилердин кайсы бирөөлөрүнөн Германиядан посылка келип жатат. Посылкадагы буюмдарга

караганда бул буюмдар магазинден чыккан сыяктанат. Жапжаңы. Сен бул өңдүү буюмдарды кечип эле жүргөндүрсүң. Ак жүрөктүк кылып эле олжо алгың келбесе, чачылып жаткан буюмду эмне үчүн албаска? Ал буюмдардын эми немистерге кереги жок. Качкан жоо буюмун кайта келип терип албайт. Бирок коркконум кайсы бир посылка жибергендердин аркасынан өздөрүнүн кара кагаздары келип жатат. Андай болчу болсо олжосу менен жерге кирсин. Бирок олжо алган аялдардын бир катарлары: «Жок дегенде кийинтип коюп кетти» дегендери да бар. Иши кылса, олжого, көз артып калган жерим жок. Тегинкисии гана айтам.

Кучагын жайып сени күткөн Чынарканың».

## XXVII

«Кайда барат менин жолум? Кандай болот бул ийри жол?»

Саадат басып келаткан жол чын эле кайда апарары белгисиз, ийрелеңдеген, кээде жүрөк түшүрө турган бурулуштары, калтыс кыялары бар, бирок түз эле жол.

Саадат Фрунзеге келаткан.

Фрунзеде Саадат бололек эле.

Бирок жогорку эки сап ырды Саадат бекер ырдап келаткан эмес. Мындан нары Саадаттын турмуш жолу кандай багыт алып, кандай бурулуш, кайсы кыяларга кирип кете турганы өзүнө күндөн күнгө күңүрт көрүнүп, кайсы жерде жыгылып, кайсы жерде мертим болуп, кантип туруп, кантип кайра басары мына ушул капчыгайдын жолундай белгисиз болуп келаткан. Ал өз турмушунан шек ала турган. Мусасы жанында үргүлөп уктап, машина бурулуш, терең кыяларга жакындаган сайын Саадаттын жүрөгү солк этип, Мусасын кармап келатты. Мусасы болсо эчтеме сезбей, Саадаттын далысына башын жөлөп коюп, шылкылдап, кээде оор үшкүргөндөй ыңгыранып, кээде эмчек эмген баладай оозун чопулдатып дүнүйө капар. Ушундай тегизи жок, нечен ашуу, нечен түзү жок, нечен секирмелүү, жарыгы бар жол менен Мусасы экөө кол кармашып келатабы? Экөөндө бир бирине ишеним ынтымак

болобу? Экөөнүн кызыкчылык күндөрү өтүп баратат. Өтүп баратат? Ошол кызыкчылык күндөр экөөнүн ортосунда болдубу? Ал күндөр нечен жолу бузулуп, суушуп да жүрбөдүбү? Бирок Саадат өчөшпөй, турмуштан былк этпей, бекем туруп алды. Нечен солкулдаган жигиттерден кутулуп да чыкты. Кантип? Бектигиненби? жок, намыстангандыгынан. Саадатка намыс керек болду. Бирөө болбосо бирөө көп кылып, мына бу жаш жититтин зайыбын көр жүрөнөк неме экен, андан көрө күйөөсүн кармап албайбы деши мүмкүн эле. «Жашыңды өткөзүп эмне кыласың? Андан көрө жүрүп алсаңчы, ойнош күтпөгөн катын да катынбы?» дешкендер да болду. Ушул кийинки сөздөр кээде Саадаттын башын тегеретип, алып курутчу. Бирок намыстанып, болбой койду. «Өлсөм да артымда сөзүм болбосун» деп, намыстанды. Ушуну жакшы кылдыбы же, чеки кылдыбы? – кээде өзү да түшүнчү эмес. ...Кийин арман кыласың!» дегенде гана ооп барып кайра оңолду. Шайтандын тилине кире турган болгондо Мусасы оңдоп кетти. Сүйгөнүнөн көрүнгөн кишиден кызганып, көрүнгөн аялдын сөзүн чын көрүп, Саадатка сөз эмес кол тийгизе турган болуп жүрүп, акыры иштин акыйкатына көзү жеткен Муса Саадаттын бутуна келип жыгылып, кечирим сурап ыйлады. Ошо кезде Саадат бирөө менен көңүл жакындык кылып койсо эмне болот эле? Мусадан мурда өзү шерменде болуп, бети кара болбойт беле?

Саадаттын жүрөгүнө жакындан бири дагы бир коркунуч түштү. Муну Саадатка Абылкасымдын зайыбы айткан. А кишинин сөзүнө караганда Мусанын жеңелери, энеси, кала берсе Саадатты көралбагандар Саадатты ушактап, Саадат төрөбөс болду, муну Мусага айтып, коё бердирттирбейсиңерби дешет экен. Фрунзеге барганда доктурга көрүнгүн деп, Абылкасымдын зайыбы кайта-кайта айтып калды.

Саадат ушу сөздөн кийин гана күйөөгө чыкканы канча жыл болгонун эстеп, ошондон бери бала тууралуу ойлобогонун байкады.

Чын эле, мен балалуу боломбу, жокпу? Баланы мен каалаймбы, жокпу? Эмне үчүн мен ушу күнгө чейин баланы ойлогонум жок? Мен баланы жакшы көрөт эмесминби? Эмне үчүн мен балалуу болбойм? Кыргыздар баланы жакшы көрөт. А кокустан мен...»

Саадат ушу жерде чочуп кетип, кыйкырып жиберди. Машина кыялуу бурулушка жакындап калган эле:

Шофер артына карап.

– А, коркуп кеттиңби? Чочубай эле кой, мындай, бурулуштардын далайын өтпөдүкпү. Эми Фрунзенин түз кете турган жолуна чыгабыз,– деди.

Муса да уйкулуу көзүн ачып:

– Сен кыйкырдыңбы? – деп, Саадатты колунан кармап, боппоз болуп кеткен өңүнө тиктеди.

– Эмне болдуң?

– Эчтеке,– деди да, Мусанын көзүнө ашык болгон кишилерче тиктеди:

– Төрөймүнбү?

Жолоочулар эрди-катын экөөнүн бир-бирине шыбырашып жатканын көрүп, кайта бурулуп кетишти.

– Эмне, түш көрдүңбү? – деди Муса, кыналып турган Саадаттын көзүнө тиктеп.

– Түш көрдүм.

– Түшүң эмне дейт?

– Түшүм... түшүм...

– Мен түшкө ишенбейм.

– Анан эмнеге?

– Цыганга..

– Цыганга? Ишенесиңби?

– Өзүм цыган болсом ишенбеймби?

– Цыганың эмне дейт? – деп Саадат чочуп кетти.

Цыганга төлгө ачтырып, айткандары туптуура чыкты дегендерди Саадат көп укчу эле.

– Цыганым башын чайкады, – деди Муса, өзү да башын чайкап.

– Эмне деп чайкады?

– Балаңар болбойт, бирок ортоңор ысык эле жууруп койгон камырдай жашайсыңар деди – Муса салкын күлдү.

Койчу тамашаңды, чын эле ачтырган окшойсуң, чынынды айт? – деди Саадат чыны менен коркуп.

– Быйыл малга барганда калдаңдап жүрүп суук тийгизип албасаң төрөөрсүң, төрөбөсөң интернаттан бала алып, багып деле аларбыз. Экөөбүздүн ортобуз ысык болсо болду, – деди Муса, Саадаттын колун жумшак кысып.

Саадат Мусасына ыраазы болуп, элден ийменип өбө албай, а да акырып Мусанын колун кысты.

## XXVIII

Чыгыш Пруссия солкулдап, согуш Пруссиянын борбору Кенигсбергге жакындап келатканда Берметтин тынчы кетип, далай уйкусуз түндөрдү өткөрүп жүрдү. Согуш дүйнөнүн бүткүл булуң-бурчтарына жайылып, кайда болбосун немецтер акырындап болсо да чегинип, же колго түшүп берип жаткан чак эле. Бирок канчалык согуш аяктайын деген сайын ошончолук душмандардын айыгышканы күчөп, ошончолук эки тараптан тең кайрашуулар көбөйүп жатты. Газеталардын жазгандары канчалык үстүртөн болбосун баары бир каргашанын катуулугу ачык, кандын төгүлүшү душман үчүн эми пайдасыз болсо да, душман өзүнүн ар бир карыш жерине тырмышып, кан күн санап ташыган дарыя сыяктуу болуп ага берди.

Мына мунун баарын Бермет дапдаана көрүп турду.

Согуштун бүтүшүн жакын деп кубангандарды көргөндө Бермет ичинен ыйлап, бармагын каната тиштеп, отуруп калар эле. «Согуш дагы канча кишилерибизди жутуп кетерин булар билбейт!.. Булар согуштун гана бүтүшүнө кубанат. Ал эми согуштун бүтүшүнө, чейин дагы канчалар курман болушат. Алар өз бүлөсүн, өз сүйгөнүн таштап, турмуштун таттуу жыргалынан кечип, өз жанын курман кылышат. Ах дүнүйө! Ушундай кан төгүлүп турган учурда эмне үчүн мен ошол кан төгүп жаткан кишилердин ичинде болбодум экен? Жаны ооруп, кыйналып жаткандардын жарасын таңып, мен кармаган жара оорубачудай болуп неге алардын жанында болбодум?»

Бермет кайсыны ойлосо да Кыдырбектен алыс кеталган жок. Муну өзү да сезип, Кыдырбекке жазып койгон катты чаптады да, ордунан турду.

Кат мына бу түрдө жазылган:

«Сен баякыда менин аспирантурага киргенимди куттуктап келип, өзүңө келгенде бирдемелерди туюк айтып, тим болдуң. Билип турам, курбум. Менин да ойлогонум ошол. Сен өз милдетиңди өтөп кел. Аман келип, көзүмө бир көрүнчү… Көзүмө көрүнүп, түбөлүк мендик болчу… Бир ыйлап алайын, анан… баары чечилет. Мына азыр эртең менен турсам да чочуп ойгоном. Кээде заманым куурулуп кетчү болсо, дүнүйө мен үчүн капкараңгы түн болуп кетет. Ойлобоюн десем да капкайдагыны ойлоп, башым оогон жакка куюгуп кетким келет. Өзүмдү өзүм колго алып, жайбаракат, муңайыңкы, мунайым басып калам. Ошондо гана көңүлүм жай алып, жарык дүнүйөгө кубанычтуу тиктейм. Мен өзүмө ушу муңайымдыкты ынак кылдым. Капа болсом чөгүп кетем, ал эми адимден ашып кетсем чакчаңдап, чакыраңдап, желпинип жер баспай каламбы. Албетте, бул менде жок, бирок ошол таризденип кетемби дейм да. Баарыда жакшысы муңайымдык экен. Бул муңайымдыкты мага тилек, өз максатына жеткизе турган гана тилек берди. Мени тилегим сен, сен, сен, дагы айтам Сен! Сени менен кол кармашып алып туруп, тилектин кылда башын көздөй өдөй беребиз, ошондо сенин туюк оюң кандайча жүзөгө ашканын да билбейсиң. Сен менден эч качан артта, сабаттуу болуп калбайсың. Бул эсиңде болсун, Кыдырбегим.

Дагы айтып коёюн. Силер кан кечип жүрсөңөр бу жерде чоң сөздөр болуп жатканын уктум. Кандай сөздөр дебейсиңби? Кара кыргыздардын университети менен Илимдер Академиясы ачылат деген сөз бар. Буга ишенесиңби? Мен ишендим. Демек, бизде баары болуп, келечегибиз таң сүргөнсүп, атып келатат. Мына буларды ойлогондо чачымды жайып, жоолугумду желге желбиретип, бийлеп кетким келет. Бирок бул үчүн да муңайымдык керек. Болгондо да кандай! Кантип айтарымды да билбейм… Сага айткандан да уялып турам, Бирок билип кой: сенден башка жан киши бул тилегимди билбейт… Мен… илимий кызматчы болгум келет…

Менин угушумча Кыргызстандын бир топ илимий кызматчы боло турган жаштары согушта дейт. Мына булардын тагдыры да кишини ойлонтот, Кыдырбек. Мен өзүмдүн али чийки

акылым менен көп нерселерди ойлогум келет, бирок колумдан азыр эчтеме келбесин билип, жалдырап, силер жакты тиктейм. Согуш качан бүтөт? Качан Германия...

Германия демекчи! Силер Геманияга кандай кирдиңер? Карапайым эл менен согуш аралашып кеттиби, эмне болду?

Биз бу жерде эң мурун немецтерди тоотконубуз жок, мындайча айтканда уруш деген эмне экенин билгенибиз жок эле, андан кийин немецтен корктук, анан жек көрдүк, эми аяп отурабыз. Согуш дегенди биз кинодон көрүп жүрөбүз. Анын бетин ары кылсын. Талкаланып, өрттөнүп, тирүү жан калбайт турбайбы. Мына ушуну көргөндө бала менен аял кантет да, абышка менен кемпир кантет? Курал көтөрүп согушпаган элге ташбоордук кыла көрбө дегени жатпайымбы. Киши согушта эле кара мүртөз, катаал болуп кетпесе... мындай жүргөндө адамдан асыл, боорукер жан барбы...

Эми биз жактан эмне айтайын?

Тургамбай болсо ЦКда иштеп жатат. Үй-бүлөсү айылдан көчүп келген. Балдары боор тартып калды. Жеңем фабрикага кирди. Мейли бекер отурбай иштесин Атаңдар жакшы. Иниңден кат келип турат экен.

Баякы сен жиберген «Акындын дептерин» акындар алган бойдон бизге дайынсыз.

Жакында акындын ырлар жыйнагы чыкты. Адамдын жүрөгүнө тие турган ырлары бар экен. Мен мурун Пушкинди көп окуп жүрүп, кыргыз адабиятына көңүл бурган эмес экемин, бизде да акындар бар экен. Бирок Искендерде декаденттик бар деп айыптап жүрүшөт дейт. Искендер эмне, дүнүйөлүк акындарды окубай коюптурбу? Албетте окуду. Орус тилинде баары бар. Акындын жаш кыялы токтоно албай, туш-тушка кеткен да. Ошол кыска өмүрү менен деле Искендер кыргыз адабиятынан өзүнүн ордун алат. Мына бу ырын угуп турчу. Так сен ырдай тургансыйсың.

«Түн жарымында дембе-дем,
Кыл кыяк кылып күү чертем.
Ал жеңиштин күүлөрү,
Башыңды көтөр, Арукем!»

Аруке демекчи!

Аруке акындын колуктусу экен. Бою да келишимдүү, ою да келишимдүү кишини ушу кишиден көрдүм. Койкоёт да, койкоёт. Мындайлардан ичи көңдөй кишилерди да көргөнбүз. Аруке андайлардан эмес. Ичи жайык талаадай кең, акылдуу, асыл, баарынан да муңайым! Көп окуган, көптү ушу баштан билген кыз чыкты. Мен Аруке менен далай сүйлөшүп, кумардан чыктым. Далай бирге сүйлөшөрбүз, Кыдырбегим. Анык акындын жолдошу боло турган бейбак экен. Армандуу күн болду. Атаганат...

Ушу жерде бир нерсени кандай сөз менен айтаарымды билбей отурам.

Бизде бир жаңы өсүп келе жаткандардан бирөө бар. Анын келечекте кыргыз маданиятынан кандай орун аларын билбейм. Бирок кишиликтүү жагынан биринчилердин биринчилеринен дейт. Аны мен өзүм да байкагамын. А түгүл мага кат жазып, эки көпүрөөнүн ортосуна калтыргандын өзү ошол болучу. Бирок сен оодарып кеткенсиң. Буга сен күнөөлөбөссүң. Киши олкусолку болуп жүргөндө болот турбайбы. Мына ошол жигит Искендердин жолдошу экен, аты Мырзабек. Азыр Аруке менен Мырзабек сүйлөшүп жүрөт. Буга мен да кошулдум.

Дагы айтам: мага Искендердин адамкерчилик ырлары жакты. Угуп турчу мына бул ырларды.

«Мен түшүмдө алтын шакек тапкамын,
Ал түшүмдү жан жолдошко айткамын.
Алтын саамай жар сүйөсүң дегенде,
Алда нече түн уйкусуз жаткамын.
Жан ооруду... буга жоктур дүйнө эми,
Тиймейинче сүйгөнүмдүн кыз деми...»

Көрчү, Искендер сүйүүнү бийик көтөрөт экен, акындын бул туюму, бул сезими баарыбыздын туюмубуз менен баарыбыздын сезимибизди жогору көтөрүп, бизди жашоого кызыктырып отурат. О, мындай акындар менен жолубуз бир.

Мына, Кыдырбек, мен катты бир топ узартып жибердим. Ичимдегини айтып, сырдашып сүйлөшкүм келген эле. Жаныңа жакын болгум келет, сүйлөшкүм, сырдашкым келет. Көңүлүм көп неме-

лерди каалайт, бирок сен алыссың. Алыс эмес жакын эле көрүнүп, колум жеткидей болуп турасың, бирок чаң-тополоңдун ичиндесиң.

Качан болсо эсиңде болсун: уктасаң уйкуңду коргоп, эс алып тынчыңды коргоп, ургаачы бүркүтчө үстүңдө эргип жүрөмүн. Ушинтип бүткүл биздин кишилерди коргогум келет...

Искендердин дагы бир ыры эсиме түшүп кетти.

«...Желбир, желбир, желбиреп,
Жел жүргөн жакка делбиреп,
Саамайың учуп көзүң жаап,
Саргайба, курбуй, эндиреп.
Тилекке умтул, кол булгап,
Бүркүттөй болуп, көк жиреп...»
Кол булгап сага умтулган Берметиң.»

## XXIX

Качике дивизияга баратып немецтердин үйүнө биринчи кирди. Жанында дагы бир лейтенанты бар.

Бу жердеги немецтердин үйлөрү өз жерине карата чачкын болучу. Булар чоң бетон жолдон чыкты да, ушул үйлөрдүн бирине бурулду. Бул үйлөр бүпбүтүн. Немецтер чыкпай тырмышкан жашыраак кыштак, шаарчалар талкаланып, замбирек, пулемет, автоматтын огу тийбеген үйлөр кем болучу.

– Мен азыраак немецче билем, жүр, тетиги үйгө кирип көрөлү, балким, кишиси калгандыр, тамак берер, жок дегенде өзүбүздүн тамакты жеп алалы,– деди лейтенант

– Тамак береби, же ок атабы? – деди Качике,– экөөбүздүн жарагыбыз жок...

– Ата көрбөс,– деди жаш лейтенант, үйгө жакындап. Малканасы бар, короосу кең бул үйдө жан киши жоктой жымжырт. Үргөн ити да болбоду.

Качике ээси жок ээн үйлөрдү көп көргөн. Ал үйлөрдүн малы гана байлануу бойдон калбастан, иттери да байлануу бойдон калганын көргөн.

Лейтенант көчө жактагы эшикти тартып, бек экен деди. Качике мал короо жактагы эшикке барып, тартып көрдү. Эшик ачылып кетти. Ошо замат үйдүн ичинен ары-бери чуркаган дүбүрт чыгып, бүлүнүп калгансыган табышты укту.

Лейтенант эшиктен баш багып, немецче бирдеме деди. Нар жакта да эшик бар эле. Малканада зоот айгырдан башка мал жок экен. Эшиктин нар жагынан шыбыр-күбүр чыгып, «рус, рус» деген сөздөр угулуп жатты.

Лейтенант дагы бирдеме деди.

Эшиктин нар жагынан аялдын: бакылдаган үнү угулду да, эшик ачылып, жылуу жүн жоолукчан болук кемпир чыкты.

Кемпир саламга салам айтып, өзүн зордоп күлүмсүрөп, немецче толуп жаткан сөздөрдү айтып, калтарып, калчылдап турду.

– Киргиле дейт, үйдө менден башка киши жок дейт,– деди лейтенант.

– Кирүүгө уруксат бекен?

Лейтенант немецче бирдеме деди.

Кемпир чебеленип, «жок», же «бар» деп айталбай, бирок акыры башын ийкеп, күлүмсүрөп, эшик ачты.

Бул жактагы эшик менен булар туура таптаза ашканага киришти.

Кемпир бакылдап сүйлөгөн сөзмөр киши экен.

– Үйдөгүлөр кайда кеткен дечи,– деди Качике лейтенантка.

– Качып кетишиптир, орустардан коркуп жатабыз,– дейт.

– Орустун солдаттары болуптурбу?

– Бололек экен.

– Жакын жерден биздин солдаттар киши өлтүрүп, басмачылык кылыптырбы?

– Жок дейт.

– Анда эмне үчүн коркот?

– Ушундай деп айтып жатышкан имиш, большевиктер келсе баарыңарды соёт, талайт, абийириңерди кетирет.

Булар таптаза столго катар коюлган орундуктарда отурушту. Үй жылуу эле оту кайдан жагылганы билинбеген мештеги кастрюлдарды карап коюп, кемпир тынымсыз сүйлөп жатты.

– Үйүнө кирип көрөлүбү? – деди лейтенант.

– Жок,– деди Качике. – Бул үйдүн эркектери качып кетпесе, аял аттуулары үйдө эле болуш керек, үйүнө кирсек эси чыгып калган немелер өлүп кететко. Андан көрө баштыгында эмнең бар?

– Бир тегерек быштак, бир фляга вино бар,– деди лейтенант, баштыгын чечип.

– Менде да бирдемелер бар,– деди да, Качике кемпир менен немецтин адабияты, музыкасы жөнүндө сүйлөшүп калды. Кемпир Качикени таң калтырып, бул маселелерди кыйын билгендигин опоңой далилдеди. Кемпирдин коркуп, калтыраганы басылып, бат үйүр алып кетти да, Качике таң калды:

– О-о-о! – мунун баарын сиз кайдан билесиз? Же профессор, же академиксизби?

– Менин андай наамым жок, монголдун тукумумун,– деди Качике, күлүмсүрөп.

– Монгол? – деди кемпир эки санын чаап. – Кантип? Монгол? Монгол эки мүйүздүү, адам жегич дебеди беле? Монгол, монгол! – деп, кемпир сестенип калды.

– Ал силердин фюрердин пропагандасы,– деди Качике күлүп.

– Маданияттуу улут ушундай калпка кантип ишенет?

Кемпир уялыңкы күлүмсүрөп, Качикени тиктеп, таң калып:

– Ээ, кудая тобоо!– дей берди.

– Качкандарга айтыңыз, келсин, биздин азыгыбыз өзүбүздө, кудайдын берген ырыскысын чогуу отуруп жейли,– деди Качике, кемпирге кичи пейил башын ийкеп.

Кемпир каткырып күлдү.

– Алданып эле калбасам, силер жаман кишилерге окшобойсуңар, эгер орустун солдаттарынын баары ушундай болсо...– деди кемпир, ички үйгө кире турган эшикти ачып.

Кемпир кирип кетип, бир топко жоголду.

– Булардын корккону да чын. Биздин кээ бир ээнбаштар аракка тоюп алып, бир топ жарабаган кылыктарды кылган окшойт, уктуң беле?..-деди лейтенант.

– Уккамын, ал биздин кокуй күндүгүбүз ошо, андай бейбаштар бизде бар. Немецтин сулуу аялын көрсөң өзүң кантер элең? – деди Качике, лейтенантка карап, күлүп.

– Душманга душмандай эле мамиле кылыш керек, сен либерал ойнойсуң,– деди лейтенант, Качикени жактыра бербей.

– Мас болуп, жер-суу бузуп барсаң душмандын зайыбы эмес өз зайыбың жолотпойт, кишичилик деген да болуш керек.

– Кишичилик! Кишичилик жакшы эле нерсе, бирок ага чоло кайда? Солдат бүгүн тирүү болсо, эртең өлүү. Ошондуктан солдат баарына бүгүн жетип калыш керек.

Ага Качике күлүмсүрөп тиктеп турду.

– Сен биздин солдаттардын ууланган спирт менен немецтин аялдарынын колунан өлүшүн каалап турган экенсиң. Ал эми ар бир солдаттын болбосо да көпчүлүгүнүн зайыбы, баласы бар.

– Ал туура, баары туура, бирок напси деген оңой жоо эмес, киши кээде өзүн өзү кармай албай кетет. Өкүнгүчө өлүп кетиши да мүмкүн, мен ошону айтам, младшой,– деди лейтенант, Качике менен макул болгонсуп.

– А да туура,– деди Качике күлүп. – Бирок аны менен күрөшүү керек, кандай дейсиң?

– Албетте. Булар эмне жоголду? Бир шойкун кылганы жүрүшпөсүн? Менде граната да бар,– деди лейтенант, баштыгындагы култуйган гранатаны чөнтөгүнө салып.

Ички эшиктен акырын баш багып кемпир чыгып, лейтенантка бирдеме деди.

– Өлтүрүп коёт деп, коркуп жатышыптыр.

– Көрүп турбайбы, бизде курал жок, өлтүрүш согушта гана болот,– деди Качике, баштыгынан быштак менен флягасын чыгарып.

Кемпир кыйкырып, качкандарды чакыра баштады. Эшик акырын ачылып, али жаш, отуз бештердеги ак саргыл аял чыкты. Анын аркасынан кырк-кырк бештердеги өңү жып-жылма, жакшы костюм кийген эркек, жыйырма бештердеги чачы кара, көзү кара, өңү карасур дагы бир аял чыкты. Булар котолошуп, ийилип салам айтып, жакындап келалышпай турушту.

Лейтенант менен Качике ордунан туруп, буларды столго чакырышты. Булардын жылалбай турганын көрүп, өздөрү басып барып кол берип:

– Бизден чочубагыла, биз силердин коногуңарбыз,– дешти.

Немецтер өздөрүнчө бирдеме деп кужулдашып, аксаргыл аял текчеден табактарын алып, нан кесе баштады.

– Отургула, отургула,– деди кемпир.

Баары отурганда нан кесип жаткан аялды карап, Качике каткырып күлдү. Ак саргыл аял колу калтырап, нан кесалбай жаткан эле.

Буга баары күлүштү. Кемпир чуркап барып нанды өзү кесе баштады да, быштакты көрсөтүп, кес дегендей кылды. Аял тегерек быштакты тиктеп:

– Бул орустун быштагыбы? – деди да, жооп бергиче быштакты тегеретип артын карап, «ах!» деп, чочуп кетти.

Быштактын артында немецче «Тильзит» деген жазуу бар эле. Бул быштак немецтердин Тильзит шаарындагы май заводунан чыккан болучу.

– Силерде баары эле бар экен, бекер эле согушупсуңар,– деди Качике, кемпирге.

– Бизде баары эле бар болучу, Гитлер, Гитлер, элдин убалына калды. Эми куурадык, эми куурадык,– деди кемпир.

– Немецтин эли эмне үчүн куурайт? Баякы калыбынча жашай берет,– деди лейтенант.

Немецтер таң калып, бирин бири карап, анан Качике менен лейтенантка ишенер ишенбесин билбей, аңырайып турушту да, дагы өздөрүнчө кужулдашып калышты.

– Сибирди сүйлөшүп жатышат,– деди лейтенант.

– Сибирь канча градус суук болот? – деди баятан бери сөз катпай отурган эркек.

– Сибирь 70 градус – деди лейтенант күлүп. Баары чочуп кетишти.

– Коркутпа,– деди Качике. – Сибирдин силерге эмне кереги бар?

– Бизди Сибирге айдайт имиш,– деди кемпир сестейип, эси чыгып.

– Немецтер үчүн немецтердин өз жери жетпейби?

– Жетишет эле, бизди Сибирге айдап, орустар бу жакка, биздин жерге көчөт деп жатышпайбы?

– Ким?

Кемпир унчукпай, калгандары булардын оозун тиктеп, жалдырап туруп калышты.

– Калп. Бу силердин пропагандаңар,– деди Качыке. Анан лейтенант немецтин кызгылт сары арагынан немецтин кичинекей рюмкаларына куйду.

Сөз бара-бара эркин сүйлөнүп, немецтер буларга байыр алып, ортого кандайдыр бир өзүнчө ишеним тууду. Ак саргыл аял обед куюп, тамакты шашпай жеп, сүйлөшүп отурушту. Бул үйдүн ээси ушул немец экен, да, ак саргыл аял анын зайыбы, кемпир энеси экен..

– Мына бул кара тору кыз полячка экен, ушуларда кызматкер болгон окшойт,– деди лейтенант.. Лейтенант менен кемпирдин ортосунда бир далай сөз болуп, кээде лейтенант кызарып, ачууланып жатты.

– Сен кызуулук кылба, сөздү өздөрүнө берип, тыңшап отура бер – деди лейтенантка Качике.

– Бизде эркектердин баары согушта болуп, жумуш иштей турган киши жетишпей, мына буларды жалдашка туура келди, акысын жакшы төлөдүк дейт,– деди лейтенант.

Поляк кызы түшүнгөнсүп, кабагын бүркөгөн бойдон ички эшикти ачып чыгып кетти.

– Булар өздөрүнүн жеринде биздегидей акы таппайт эле дейт, көрдүңбү, булардын саясатын кемпири да кыйын билет экен, анык колонизатордун сөзүн сүйлөп турат, анан кантип өч алат деп коркпосун – деди лейтенант ачуусу келип.

– Эми биз булардын жерин басып кирдик, булардын өздөрүн апарып биздин талаанын ишине салса эмне болор эле, сурап көрчү,– деди Качике күлүп.

Немецтердин көзү чекчейип, кемпир:

– Майн гот, майн гот,– деп, же күлалбай, же кыйкыралбай, көзүн ирмеп туруп калды.

– Албетте бул тамаша, бирок силер биздин элди чаап алып тим болбостон, биротоло кул кылмакчы болчусуңар,– деди лейтенант немецке.

Бул учурда ички эшиктен дагы бир куба, арык чырай кемпир башбакты да, кайта башын тартып алды. Качикенин байкашы боюнча бу кемпир коркконунан эмес, буларды, демек, орустун офицерлерин жек көрүп, теңсинбей, киши катары санабай, мурдун чүйрүп, кирбей кеткендей болду.

– Биздин тууганыбыз дейт,– деди лейтенант. Буларга кетиш керек эле. Ошондуктан ыракмат айтып камына баштašты.

Кемпир лейтенантка жобурап, бирдемелерди айтып жатты.

– Калгыла, турсаңар да мейли, жакшы киши экенсиңер дейт,– деди лейтенант.

– Булар бизге балдарын да көргөзбөй койду. И-и... Корккон-го кош көрүнөт, жан айласын кылып, бизге жамынганы жатпайбы,– деди Качике, анан кемпирге: – Биз фронтко барабыз, фронт, фронт,– деди да, буларга кол берип, короого чыгышты.

Күн кеч кирип, лапылдатып кар жаап турган эле.

Генерал Людниковдун аскерлери Балтык деңизиндеги Пиллау порту аркылуу камоодогу Кенигсберг тобу менен кошулмакчы болгон немецтердин жолун кесип, өздөрү да токтошту. Пруссиянын борбору Кенигсбергдин толуп жаткан тоскоолдору, андагы гарнизондун көптүгү биздин аскерлердин бардык аракеттерине каккы берип турду. Немецтер болсо Кенигобергдин коргоочулары менен кошулмакчы болгон максатынан тайбай, ыгы келген учурларда Кенигсберг – Пиллау темир жолуна кол салып турушту. Кенигсберг – Пиллау темир жолу карагайлуу токой менен өтүп, бул токойлордун арасы болот калпактуу доттор менен толгон эле. Бул дотторго артиллерия менен авиациянын да күчү жете берчү эмес. Поезддердин бул жолдор менен катташы токтогону менен мындагы турган немецтердин күчү али былк этелек чоң күч болучу. Мындай бекемделген чептерди алыш үчүн күчкө күч керек эле, ал эми Людниковдо андай күч кемчилдик кылып, кээ бир учурларда пехотанын аздыгынан душман менен артиллеристтер гана кармашып турган кездер болгон. Анын үстүнө бул учурда армиянын оң канатындагы Людниковдун бир дивизиясы Балтык деңизинин боюна ийгилик менен чыгып, бирок өздөрүнүн камырабагандыгынан ошо замат

курчоодо калды. Балтык деңизиндеги немецтин согуш кемелери тынымсыз аркы-терки жүрүп, көз ачырбай ажырап, буларды куткарып чыгабыз деген аскер бөлүктөрүн да жолотпой туруп алды. Кандай да болсо бул дивизияны курчоодон чыгарыш керек эле.

Полктун командири жакында наам алган майор Макаров менен Кыдырбекти түн ичинде чакырып алып, бул милдетти булардын алдына койду. Полктун чалгынчылар взводунун командири жапалдаш бойлуу, арык чырай, капкара жаш лейтенант Айдаралиев жайылган картага карап, иштин жайын баяндап турду. Бу жерде танк ротасынын командири да отурган.

– Камоодогу дивизиянын бир гана жылчыгы бар. Мына бу токойдун жээги. Бирок бу жер деңиз тарабынан тынымсыз аткыланып турат. Октун калыңдыгынан бу жерден биз өтө албадык. Мен беш киши жоготтум, өзүм жарадар болуп келдим. Тегеректин баары немец.

– Өзүңдүн пикириң кандай? – деди полктун командири.

– Өзүмдүн пикирим: кош менен артиллерияны сыноодон өткөн эски метод менен алып чыгыш керек. Дөңгөлөктөргө, аттардын бутуна плащ-палатка, кийиз жетет. Калдырак-шалдыраксыз болсо караңгы түндө немецтер туйбай калышы мүмкүн. Радио менен жогор жактан да камоодогуларга ушул сунушту айтып жатпайбы? – деди чалгынчы.

– Биз сырттан да жардам беришибиз керек,– деди полктун командири. – Бул милдет биздин дивизияга тапшырылган. Танкылык рота бир рота пехота менен мына ушул жылчыктын сол жагына чабуул жасап, артиллериянын огун өзүнө алагды кылып, ушул жылчык менен дивизиянын камоодон чыгышын камсыз кылышмак.

Кыдырбек өзүнүн суюлуп калган ротасы менен ошол түнү танкыга отуруп, жардамга жөнөдү. Булар отурган танкалар жаңы чыккан брону күчтүү, танкисттер «Зверобой» атаган машиналар.

Танкыга отурган десант камоодогу дивизиянын чегине жакындаганда буларды ракета жапжарык кылып, куралдын бардык түрү аткылай баштады. Согуш бир жарым саатка созулуп,

жаап турган октон танк да, пехота да өталбай, бир кыйла чыгымга учурап танкыга отурган десант кайта кайтты. Ал эми камоодогу дивизия болсо жанакы айткан жол менен бириндеп чыгып отуруп, аз мезгилдин ичинде кишиден, техникадан бир топту жоготуп, бирок туусун алдырбай, бүт чыгып келишти.

Кыдырбек келгенде майор Макаров тааныпбай калды. Кыдырбектин бети, колу түгүл шинелинен бери капкара эле.

– Кантип аман калдың? – деди Макаров таң калып.

– Анткен менен Балтык деңизин, көрүп келдим, от чачып, турат. Тозокко киргендей болдук.

– Немецтер бейкут жатканда кирип барып тамашанын үстүнөн чыгышкан турбайбы... Бул бизге дагы бир сабак болду. Согуш бүтмөйүнчө эч качан бейкут, бейсанаа болууга тийиш эмеспиз, Кыдырбек...

– Ротаң кандай?

– Рота алынча. Жарадарларын госпиталга жиберип, теңин...– деди да, тамагына бирдеме туруп калгансып сүйлөй албай калды.

– Бизге толуктоо келатыптыр,– деди капитан Макаров, Кыдырбектин көңүлүн жубатайын дегенсип. – Биринчи кезекте сенин ротаңды толукташ керек. Бар, жуунуп, эс ал...

– Мага солдат керек, жолдош гвардия майор, Косолапов офицердин милдетин көзүн жуумп туруп аткарат, турмуш ага окутпаганды окутту,– деди Кыдырбек, көзүн араң ачып, араң жумуп.

* * *

18-февралда түн ичинде майор Макаров Кыдырбек менен телефон аркылуу сүйлөшүп жатты.

– Кыдырбек, аба ырайы кандай?

– Аба ырайы: туман, чалпылдаган баткак. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы.

– Аба ырайы бүгүн ушинтип турат. Душмандын кыял-жоругу кандай?

– Тыптынч...

– Биздин дивизиянын чалгынчыларынын кабарына караганда бүгүн күндүз биздин армиянын позициясындагы душман миңге жакын автомашина менен өз солдаттарын түштүктү көздөй ташып кетиптир. Дивизиябыздын штабы болсо дивизиянын штабыны начальнигин Москвага академияга жөнөтүп, ошонун урматына тамак жеп, ичкилик ичип отурушат. Мен штабда отурам. Келбейсиңби, биз деле жан менен сүйгөн мекенибиз үчүн жакшы эле кан төгүп келатабыз, жеңиш үчүн, келечегибиз үчүн бирден бокал көтөрөлү. Немецтер капыстан каргаша сала койбос дейм?

– Кандай дейсиң?

Капитан Макаров чынын айтып жаткан эле.

– Мунуң чынбы?

– Чын.

– Тынчтык болоручу?

– Кудай билет,– деп, Макаров күлдү.

– Тынч боло турган болсо, анда мен үйгө кат жазып алайын, бүгүн кат алдым эле.

– Үйүңөн эмес эле кызыңандыр...

– Таптың.

– Анда мейлиң. Мен да бир аздан кийин жер тамга кетем... Сак бол теги,– деди да телефонду илди.

Кыдырбек тынчыраак убактарда уйкусун күндүз же кечке жуук кандырып алып, түн оогондон кийин посттогулар менен бирге боло турган. Бүгүн түштөн кийин туман түшүп, былчылдап эзилип турган жер андан бетер эзилип, артыкча кечке жуук эчтеме көрүнбөй, капкараңгы болуп турду. Душман аскерлерин күндүз ташып кеткенине таң калып, Берметке кат жазууга камынып, бирок Косолаповду чакыртты (Косолапов азыр ротанын старшинасы эле).

Косолапов келгенден кийин Кыдырбек ага чалгынчылардын кабарын айтып, иштин жайын сурады да, эртең мененки тамактын эртерээк даяр болушун табыштады.

– Ой, немецтердин мунусу калп маневр, жолдош капитан, артка чегинсе да күндүз чегинбейт Косолапов.

– Мен да ошону ойлоп отурам, кандай болбосун даяр болгун, мен азыр взводныйларга постторго барамын, – деди Кыдырбек, ордунан туруп, шинелин кийип. Ох старшина, кишим аз, ушу да ротабы! Старщинага суроо бергенсип, же өзүнчө кайгыргандай.

Кыдырбек өзүнүн байланышчы автоматчиги кеткенден кийин жер тамдагы телефонист түтөй баштаган гильзанын пилигин оңдоп, Косолапов таап келип койгон столдун үстүн тазалап, калган катты карап күлүмсүрөп жерди шыпырып мешке отун салып койду.

«Жаш боло туруп мындай тынчы жок деди ичинен. – Туш-туштун баары да ишенбейт. Кызына кат жазбай да чуркады. Командир ушундай болуш керек…»

Байланышчынын оюн кандайдыр бир муңканыч чыккан пулеметтун узун атылышы бузду. Байланышчы негедир чуркап телефонго барды. Бул атып бектин ротасы эле.

– Немецтер атайын кууланып жатат окшойт, – деди Кыдырбек кирип келип.

– Кырылып калгансып пулеметко да жооп бербейт, демек, булардын бир балекеттери бар! Телефон щыңгырады.

– Мен аттым, мен,– деди Кыдырбек немецтердин тамырын кармап көрөйүн дедим эле унчугушпайт. Бар камылгам жайында, азыр келдим. Эми кызыма кат жазбасам. Кызыма дейм.

Телефондон Макаровдун күлгөнү угулду. «Есть, есть» деди да, телефонду илди.

Түн бир далай болуп калган.

– Өтүгүңүздү чечиңиз, тазалап коёюн – деди автоматчик.

– Тим кой, эртең менен турганда тазаланаар, жаткыла мен кат жазып ала коёюн, эртең менен мени ойготпогула деди да, Кыдырбек катка киришти.

Кат бир далайга созулду. Кыдырбектин көңүлү алагды болуп, тунжурап турган тынчтык негедир шектентип пикири чачкындап, катты ойдогудай жазалбай, бирдеме жолтоо кылып жаткандай боло берди. Ок жаап турганда солк этпеген Кыдырбек эмнедендир чочулагансып, дароо тартып уктап кеткен солдат-

тарга таң калып, өзү да байкабай каалгый баштады. Анан акырындап башы шылкылдап, столдун үстүнө жыгылды да, адамга кээде-кээде келүүчү эчтеме туйбай турган уйкуга кетти...

## XXXI

Немецтер чабуулду эртең мененки алтыда баштады. Бул чабуул бир гана дивизиянын эмес бүткүл армиянын, бүткүл фронттун позициясына каршы коюлган чабуул эле. Немецтердин максаты: кандай болбосун камоодо турган Хенигсберг тобу менен кошулуп, совет армиясын курчоого алып, колдон келсе аны жок кылып, кайтадан артка кубалаш эле.

... Шалпылдап турган жерди жөө туман каптап, эртең менен эчтеме көрүнбөй, Макаровдун батальону менен немецтер аралашып кетти, Кыдырбектин ротасы немецтерди автомат, пулемет менен аткылап, акыры өлгөнүнө карабай, өз өлүгүн тебелеп келаткан душманды граната менен койгулап жатты. Мындай туманда учууга болбосо да, анын үстүнө немецтердин жок самолеттору да кайтадан пайда болуп, бул самолеттор (истребителдер) жер менен жер болуп учуп, пехотаны пулемет менен аткылап, өйдө көтөрүлөрдө бомба таштап, согуш майданы киши түшүнбөгөн кыйсыпырга айланды.

Макаровдун батальону акырын дыгдырылып артка чегинип, бирок улам токтоп, душманды токтотуп, өздөрү кыпкызыл өрттүн ичинде калса да полк дивизиянын штабдарын, тылын коргоп, алсыраганга карабай, туруштук менен согушуп жатты.

Немецтер өлөрмандыкка салып, өлгөнүнө да карабай чабуул үстүнө чабуул коюп, катуу кысмакка алып акырындап алга жыла баштады.

Байланыш үзүлүп, айрым жерлерде согуш кол согушка (рукопашныйга) айланды.

Немецтер Кыдырбектин ротасын тебелеп кирип келген Кыдырбек өзүнүн жалгыз байланышчысына кыйкырып:

– Бар! Майорго айт душман менен бетме бет, кол кармашып жатпайм дегин!

Кыдырбек капыстан окопко кирип келген өңү бузулган немецтерди көрүп, автомат менен атууга чамасы келбей, мылтыктын канжар учтуу найзасын кезеп калган немецтин мылтыгын автомат менен кагып жиберип, автоматтын кумдагы менен немецти бетке урду. Ошо замат жыгылып бараткан немецтин артынан немецтин узун бойлуу офицери Кыдырбекке тапанча сунду. Кыдырбек автоматтын кумдагы менен офицердин колун кагып, аны да кумдак менен ээктин астына берип калды. Бу жерде Косолапов баш болгон солдаттар кирип келип, немецтердин калгандары кол көтөрүштү.

Бул учурда дивизиянын штабы ылдам түрдө артка көчүп жатты. Дивизиянын, ал эмес корпустун штабы турган Мединау шаарчасына миномет, замбиректин октору түшүп, штабдын үйлөрүн талкалай баштаган эле.

Армиянын сол канаты болуп турган корпус чегинип, Кыдырбектин корпусу да чегине баштады.

Людников бүт армиясы менен чегинбеске аргасыз болгон болучу. Качкандын азабын тартып калган Кыдырбек туман тараганда артын карап, немецтердин өзү жүрмө «Фердинанд» замбиректери ачык жерде туруп алып аткылап жатканын көрдү. «Фердинанд» ачык жерден түз атып, анын огу чанда жазчу. Ошондуктан пехотаны колдоп жаткан биздин батареялар шашылыш түрдө өз ордун которуп, алар да чегинүү камын көрүп жатышты. Брону күчтүү «Тигр» танкалары да токой жамынып, ар кайсы жерден көрүнүп коюп, аткылап турду.

Эртеси немецтердин отузга жакын бомбардировщиктер ээн калган Мединау шаарчасын бомбулап, чегинүү токтолгон жок. Буларды кармап турган биздин сансыз авиация менен гана артиллерия болду.

Ошентип, немецтер өз максатына жетип, 21-февралда Кенигсберг тобу менен Балтык деңизинин топтору кошулушту. Мына ушундай тополоңдо Кыдырбек менен Качике капыстан жолугушту.

Немецтер менен куйрук улаш болуп келаткан Кыдырбектин полку немецтерден бир аз куйругун үзгөндөн кийин токтоп, токойдун четине кечке жуук окоп каза баштаган.

Кыдырбек эң алдыңкы позицияларга танк атар мылтыктарды коюп, өзү чоң жолдун боюндагы окопто турган. Булардын жанынан кандайдыр бейтааныш аскер бөлүгү өтө баштады.

– Кайсы армиядан? – деди Кыдырбек, топурап өтүп бараткан солдаттардын биринен.

– Людниковдун армиясынан.

– Кайдан?

– Курчоодон.

– Кайсы жерден?

– Кенитсбергден.

– Кайсы дивизия?

– 328...

Кыдырбек «А...» деди да, туруп калды.

«Курчоого түшкөндөрдүн өңү бат эле жүдөө тартып калат экен го?» деди ичинен.

Чубалжып келаткан аскерлердин артын жыйнаш үчүн аскердин алды бара түшүп токтоду.

Бир аздан кийин рота-рота болуп аскерлер келе баштады. Бир ротанын алдында келаткан бир ак куба младший лейтенантты көрүп, Кыдырбек таң калды. «Же кыргыз, же казак,– деди Кыдырбек ичинен. – Бирок кандайча младший лейтенант... рота...»

Аңгыча жакын келип, булар да токтоду.

Кыдырбек младший лейтенанттын жанына басып келди. Офицер честь берди. Кыдырбек кол берип, офицердин ким экенин сурады.

– Кыргызмын,– деди офицер.

– Мен да кыргызмын, атыңыз ким? – деди Кыдырбек, көптөн бери кыргыз көрбөгөн неме оозу жайылып күлүп.

– Ормонов Качике,– деди офицер.

– О-о! Качике деген сиз экенсиз го! Мага Тургамбай жазган... деп,– Кыдырбек Качикенин колун кошколдоп жулкулдатып, кайтадан амандашып турду да, өзүнөн улуу кишини боюна имере тартып, өпкүлөп жиберди. Качике да Кыдырбекти бек кучактап, капыстан келген көз жашын араң токтотуп, Кыдырбектин мойнуна асылып калды.

«Жердештер окшойт, жердештер окшойт... Же ага-ини немеби?» дешип, солдаттар күбүрөшүп, тамеки чегип, булардан көз албай, тиктеп турушту.

– Ротага командирсизби?

– Жок, кечетен бери, ротанын командири кыргыз, Сакеев деген жигит болучу. Окко учту. Ротада менден башка офицер калбай калып азырынча мага тапшырышты,– деди.

Качике ротага өзүнүн кокустан командир болуп калганынан уялгансып. Мен взводныймын...

– Курчоодо канча күн калдыңар?

– Үч күн.

– Немецтер күчтүүбү?

– Азырынча күчтүү. Бизде киши аздык кылып жатат. Курчоосун араң үзүп чыктык. Качикеде «Т-Т» пистолетинен башка автомат да бар эле.

– Сиз Тургамбайга ким болосуз? – деди Качике.

– Мен...– деди да, Кыдырбек уялып кетти. Менин кайнагам дегенге оозу барбай,– тууган болобуз,– деп Берметке жазылбай калган катты эстеп тим болду.

Качикенин өңү Кыдырбекке жаш, ошону менен бирге Качикенин бүткүл турмушунда кандайдыр бир адам туялбаган муң бар сыяктуу көрүндү. Тургамбайдын катындагы «Биздин байкуш Качике» дегенден улам Кыдырбек Качикени астыртан сынай тиктеп, ичинен муну эмне үчүн «байкуш» дешет деп, таң калып, анын өзүнө тың, зыңгырап турганына кубанды.

– Сакеев кайсы жерден эле?

– Тоңдук болучу.

– Жакшы командир беле? – деди да кыргыздар уят кылган жокпу? дештен тартынды. – Кандай наамдагы жигит эле?

– Младший лейтенант эле болучу. Бирок ал мурун да согушта старший сержант болуп жүргөн мыкты жигит эле. Училищаны бирге бүткөнбүз. Беш айдан бери ротага командирлик кылып, полк боюнча атыккан командирлердин бири болуп калган экен, курчоодон чыгарда каргаша болду да калды. Жалаң өжөрдүк менен чыктык. Менин келгениме да эки айга жакындап

калды. Мен Сакеевдин ротасында элем... Көрбөйсүзбү, бир туугандай болуп калган кишини немецтин жерине таштап чыктык. Таштаганда да сөөгүн жерге араң жашырдык. Көмүлбөй калганыбыз канча!..

Курчоодо калат дегендин эмне экенин жакшы билген Кыдырбек Качикенин кейишин жакшы түшүнүп турду. Анын үстүнө Качикенин өзү да кейиштүү киши экенин анча-мынча түшүнүп, улам-улам Качикеге карай берди. Кыдырбек Качикеге бирдеме дейин деди эле, бирок үлгүрбөй калды.

– Строиться! – деген команда угулду.

Качике менен Кыдырбек экөө бир биринин адрестерин алышып, дагы бир сыйра кучакташып, өбүшүп, экөө түбөлүккө ажырашкансып коштошушту.

Булардын таанышып, сүйлөшкөнү кыска болсо да, Кыдырбек бу кишинин ичинде кишиге айтылалек далай сыр, бугуп жаткан далай иштин түрмөгү бар экенин байкап, бу киши менен дагы бир сүйлөшкүсү келип, арманда болуп кала берди...

Эртеси таң заардан баштап генерал Безуглыйдын корпусу артиллериянын күчтүү жардамы менен чабуулга өтүп, душманды бир аз токтотту. Бирок душман бир нече күндөн кийин кайтадан чабуулга өтүп, Людниковдун аскерлери аздан болсо да кайтадан чегине баштады. Генерал Безуглый дивизиядан дивизияга чапкылап, чымын-куюн болуп жүрдү. Немецтердин танкалары өз пехотасына жол салып, немецтер Безуглыйдын корпусун камоого алууга тырышты. Ушул учурда айрым полктордо байланыш үзүлүп, бул полктордун айрым бөлүктөрү капырылып кача баштады. Булардын качышына бир жагынан байланыштын үзүлгөнү себеп болсо, экинчиден, булардын көзүнчө обоз (коштордун) дүрбөлөңдөп качышы болду. Бул дүрбөлөңдү токтотууга мүмкүн эмес эле. Дүрбөлөңдүн үстүнө дагы дүрбөлөң кошулуп, генерал Безуглый жарадар болуптур деген каңшаар угулуп, аскерлердин айрым жерлеринде, офицерлердин тосконуна карабастан, дагы дүрбөлөң башталды.

Генерал Безуглыйдын жарадар болгону чын болучу. Жаны тынбаган чукул генерал немецтердин өлөрмандыгына чыдай ал-

бай, машинасы менен бир үйгө келип токтоду да, чакырып алган дивизиялардын командирлери менен картага отурду. Безуглый дивизиянын , командирлерине кыйкырып, алардын тийиштүү чара колдоналбаганын алардын боштугуна такап, булардын «кулагын бурап» жатканда капыстан үйдүн тегерегине шрапнель жаап, снаряд жарылды. Тынчы жок генерал эшикке өзү чуркап чыкты. Ошо замат генерал теңселе түштү да, крыльцонун жыгачын кармап алды. Снаряддын осколкасы генералдын көкүрөгүнө тийген эле. Генералды ошо замат үйгө киргизишти.

Генералды ошо күнү самолет менен фронттон алып чыгып кетишти. Жара өлөсөлүү болбосо да, госпиталсыз генерал согуш майданына жарабай калган.

Бирок көп узабай, немецтердин да чабуулу токтоду. Балтык деңизинин топтору Кенигсбергдин гарнизону менен кошулгандан кийин мындан наркы чабуулду созо алышкан жок.

Эки тарап тең алсырагансып, майда кагылышуулардан башкага күчү келбей, токтошту.

## XXXII

Күн жылый баштады. Жер карарып, жерден буу чыгып, дарактар бүрдөп, жайкалган токойлордун арасы, талаа, эсепсиз көп майда көлдүн бойлору, саздар быжырап чыккан майда көк чөпкө көмүлдү. Чымчыктар чурулдап, өз курдаштары менен тиричилик камын көрүп, уя салып, эртеден кечке тынымсыз аракетте. Токойдун айбанаттары, көлдөрдөгү балыктар, курт-кумурска – бүткүл жаратылыш жанданып, дүнүйөгө тиричилик турмуш кыймылы кирди. Киши түлөп, жер көөп, киши эмгекти күсөсө, жер кишиден эмгек тилеп, өз ара бирин бири тартып турду.

Жерден жаз жыты келип калган учур эле.

Жаратылыш жаз көркүнө машур болуп, бүткүл жан-жаныбарды чеги жок көшүлүңкү кубаныч каптады. Согушкандар жарашып, жер жүзүндө тынчтык, мемиреген тынчтык болуп тургансыйт. Мына асманда, чайыттай ачык асманда күмүштөй болуп кубулуп, жаркылдап, кишини суктанткан самолеттор катар

учуп келатат. Не деген сулуулук! Көгөргөн ачык асманда бул самолеттор жайбаракат калкып учуп, ичиндеги учкучтары ырдап келаткансыйт. Жердегилер кубаныч менен көктү тиктешет.

Эмне болду?

Капыстан көктөн тыр-р-р эткен айбаттуу үн чыкты да, жаркыраган самолеттордон эриген коргошундай болгон бирдеме жарк этип, самолёттор биринин артынан бири кара түтүнгө чулганып кетти, асманга коога түштү.

Булар биздин самолеттор эле.

Самалеттор күйүп баратса да, өз багытынан бурулбай, өз аэродромун көздөй зымырап баратты. Булар алтоо болучу. Алты бомбардировщик.

Булардын ичинен эки самолет кучакташкансып, жанаша учуп, алдыдагы токойго эмес, бол жагындагы токойго бурулуп, токойду качыр-кучур эткизген бойдон жок болду. Самолеттун жарылган үнү да угулган жок, самолет өрттөндү десе түтүн да чыккан жок. Демек, булар карагайга тийгенде карагайдын бутактары булардын өртүн кагып өчүргөн болуш керек.

Ал эми душманды эч ким көралган эмес. Булар немецтердин ууру самолеттору болучу. Булар ачык кол калбай, күн ачык болсо ак булуттун арасынан капыстан чыга калып, истребитель жамынбаган самолетторго капыстан чабуул койчу ууру самолеттор.

Жаратылыштын көшүлүп турган тынчы, жаркылдап турган салтанаты, адамдардын кубанычы бир заматтын ичинде бузулду да калды. Тыптынч туруп канча адамдардын каны төгүлдү, канча имарат бузулуп, канча токой кыйрады. Эси чыккан айбанаттар токойдон токойго күйүгүп чуркап, бүткүл жаратылыштын тынчы кетти.

– Бул – согуштун кесепети.

Бирок адам баласынын башына түшө турган каргаша али алдыда эле. Немецтер бул каргашаны өздөрүнө өздөрү чакырды. Фронттун командачысы Кенигсбергдин гарнизонуна капитуляция тууралу ультиматум, тапшырганда бул ультиматумдун адамчылык жагына немецтер карабай коюшту. Дале болсо немецтердин генералдарынын мурдун балта кеспей койду. Булар Гитлер-

дин «Эл менен чогуу өлөбүз» деген кызыл кекиртектик пропагандасынан жылбай туруп алышты. Мына мындан келип отуруп, немец элинин башына чындап каргаша түштү.

Генерал Людников өз аскерлеринин алдыңкы катарларын карап жүрдү. Түн караңгы болуп, күн себелеп турган. Бүткүл Пруссия өзүнүн толуп жаткан көл, саз, токойлору менен андан бетер былкылдап, асфальт жолдон башкасы, кыргыздар айткандай, белден баткак болуп турду.

Пехота жер менен жер болуп, артиллерия далдаланып, атүгүл катюшалар да карагайдын бутактарын жамынып, асмандан мындай турсун жерден да оңой менен байкалчу эмес. Бүткүл артиллерия пехота позицияга бетме бетке чыккан. Булар кайсы убакта болбосун душманды качырып кирүүгө даяр болуш керек. Людников мына ушул даярдыкты көрүп жүргөн.

Бул даярдыкты мурун өзү жакшы билсе да, мүмкүн болушунча баарын өзү көрүп, кишилер менен өзү сүйлөшүп чыгыш керек эле.

Генерал Безуглыйдын корпусу гвардия корпус болуп, мындагы дивизиялар атактуу эски дивизиялардан, бул дивизиялардын бири Сталинградда өзү командачылык кылган дивизия болучу. Ошондуктан Людников бул дивизияга, бул дивизиянын кишилерине ишенип, бул дивизияга башкача ичи жылычу. Бирок генерал өзүнүн бул сырын, кишилерден жашырчу. Ошондо да бул дивизияга келгенде өз кишилерин көрүп, алардын аман-эсендигине кубанып, аларга жан-дили менен ийгилик тилеп калар эле.

– Кана, майор Макаров, биринчи ротадан баштайлы, – деди генерал, плащ-палаткасына оронуп, тумагын баса кийип. – Биринчи ротанын командири ким?

– Капитан Сулайманов, жолдош генерал.

– А! Билем, билем. Кандай команда кылып жүрөт? Макаров полктун командири менен дивизиянын, корпустун командирлерин тиктеп, унчукпай анын өзүн тиктегенден кийин түптүз жооп берди:

– Отлично, жолдош генерал.

– Даже отлично? – деди да, генерал караңгыда ротанын жайына карата басты. Мындай текшерүү учурларында генерал Безуглый плащ-палаткага оронуп алып же гимнастеркасынын үстүнөн комбинезон кийип алып, кыдырып жүрө берчү. Бу сапар да Людниковдун келишин эч кимге айттырган эмес болучу. Ротанын позицияларына жойкундай баштаганда эскертилбеген посттор булардын жазасын берди.

– Мен, генерал Людниковмун, – деди генерал, окоптогу часовойдун кыйкырыгына.

– Пароль.

Генерал өз фашшиясын кайталады.

– Стой! Ложись! – деди часовой, автомат кезеп.

Майор Макаров гана поролду, өз фамилиясын айтып буларга жол ачты. Генерал Людников ичинен ротанын позицияда турган солдаттарына ыраазы болуп, тышына чыгарган жок.

Кыдырбекти генерал өз блиндажынан тапты. Генерал ээрчиткен кишилери менен кирип келгенде Кыдырбек Косолапов менен бирдеме жөнүндө сүйлөшүп, телефонист үргүлөп, Кыдырбектин байланышчысы уктап жаткан.

Кыдырбек рапорт бергенден кийин колун чекесинен албай, зыңкыйып туруп калды.

– Болуптур, болуптур, үйүңөр жылуу экен, курганып алсакпы, – деди генерал, Кыдырбекке суу колун сунуп.

Телефонист орундугунан кулап кете жаздап, байланышчы уйкулуу көзү менен Макаровдон башкасын таанылбай, делдейип туруп калды.

– Сиз мени тааныйсызбы, капитан?

– Тааныйм, сизди кантип таанылбайын, жолдош генерал. Сиздин атыңыз биз үчүн ыйык, – деди Кыдырбек, өзүнүн эски таанышы менен сүйлөшкөнсүп.

Генерал Безуглый көзүн чакырайтып, Кыдырбекти жаман көзү менен тиктеп, генерал Бибиков акырын күлүмсүрөп, анда-санда көзүн ирмеп, жаагын чайкап турду.

– Силерди көргөндө мен да башкача болуп кубанып кетем, бириңер батальондо, бириңер ротада командир экенсиңер, албет-

те, силер кадровый офицерсиңер, силерди канчалык көтөрсө болот. Андан кийин академияга барыш керек.

Мен академияны согуштун алдында бүткөмүн. Кандай дейсиз, жолдош генерал? – деди генерал Безуглыйга карап.

– Булар көтөрүүгө ылайык командирлерби?

– Генерал Бибиков мактап бир айткан, булар согуш башталгандан бери тынымсыз согуш менен келатса керек эле? – деди Безуглый Бибиковго.

– Согуш башталгандан бери. Ошондуктан жолдош командующий менен эски таанышындай сүйлөшүп жатпайбы,– деди генерал Бибиков бир жагы какшыктагандай.

– Капитандын эски таанышындай сүйлөшкөнү туура,– деди генерал Людников. -Биз Макаров, Сулаймановдор менен Сталинградда эң оор учурда согушканбыз. Мен Сулаймановго жок дегенде взвод да бералган эмесмин, штурмачы топ менен бир үйдү алганы эсимде. Жаныңыздагы кайсы солдат эле?

– Косолапов. Мына! – деди Кыдырбек, мурутун сылап коюп зыңкыйып турган Косолаповду көрсөтүп.

– О-о! Кокустан жолугат деген ушу!– деди генерал Людников ордунан былк этпей турган эски солдаттын жанына басып келип, кол берип.

– Кош, турмуш кандайча?

– Канча ордениң бар?

Косолаповдун төшүндө медалдардан башка орден жок эле.

– «Слава» орденин 3-степенине көрсөткөн бойдон жок, жолдош генерал,– деди Косолапов.

– Так, так,– деди Генерал, «Славага» сени мен өзүм көрсөтсөм керек эле. Аны такташ керек, жолдош генерал,– деди Бибиковго. – Старшина Косолапов «Слава» ордендеринин баарына кавалер болууга акылуу, анткени анын кызматы сиңди.

Генерал Людников өзүнүн адъютантына карады. Адъютант блокнотко бирдемелерди жазып жаткан эле.

– Сиздин рота толукталганбы? Эмне жетишпейт?

– Баары жетиштүү, жолдош генерал,– деди Кыдырбек.

– Мен сизге ишенем, жолдош капитан, ийгилик тилейм.

– Ракмат, жолдош генерал – деди Кыдырбек честь берип.

– Жанакы «Славаны» унутпаңыз, жолдош генерал!– деди Косолапов барк этип.

Людников Косолаповду карап калды да, анан акырын жылмайып күлдү.

– Мен жолдош генерал Бибиков болсом, балким, сизди офицерге көтөрөр элем, болуптур. Эске алайын, унутуп калсам жолдош Бибиков эстетип коёр. Жакшы согушкула, орден силерден айлансын,– деди Людников.

Буларды узатып коюп келгенден кийин Косолапов колдорун ушалап мурутунан жылмайып күлүп, аркы-терки басып:

– Жолдош капитан, жакында операция болот окшойт, шашпай коё тургула, немецтер,– деп, сүйүнүп турду.

– Командующийдин өзү рота, взводго чейин кыдырып калгандан кийин, демек, жакын,– деди телефонист. Анткени менен жушмак, жакшы киши экен.

– Командующий биздин капитан менен атайы учурашканы келди, болбосо бүткүл роталарга барып жетише алабы? – деди Кыдырбектин байланышчысы.

– Аның чын болсо, барып взводныйларды чакырып кел сөз бар,– деди Кыдырбек, күлүмсүрөп.

## XXXIII

6-апрелде күн жылуу болуп, биздин аскерлердин Кенигсберг-Пиллау багытына түп көтөрө чабуулу башталды.

Таң эртеңден баштап, артиллерия, авиация көк, жерди жаңыртып күркүрөп турду. Немецтердин самолеттору майы жоктуктан көрүнгөн жок. Ал эми биздин самолеттор көк бетин бербей, үч кабат болуп учуп турушту. Үстүндө оор бомбардировщиктер, ортодо кайтып кош самолеттор, астында штурмовкага бараткан штурмачы самолеттор. Жерде болсо, артиллерия, танк менен техниканын мына ушундай жыштыгы немецтердин кылыктарын бат эле сындырыш керек эле, бирок, дале болсо өлармандык кылып, катуу кол кайырып жатышты.

Бибиковдун дивизиясы Кенигсбург-Пиллау темир жолун кесип, Кенигсберг гарнизонун камоого алууга болуп кирише турган дивизиялардан эле.

Макаровдун батальону дивизиянын эң алдыңкы, дагы батальондорунан болуп, бул батальондун оң жагынан да, сол жагынан да көмөкчүлөрү бар.

Кыдырбектин ротасы жолдун эки чети менен токойду жамынып, түптүз темир жолду көздөй кетип барып темир жол менен немецтер Кенигсбергге деңизди тынымсыз жардам берип турган. Немецтер жөн эшелон, бронепоезддерди жүргүздү. Бронепоезддер менен үчүн артиллерия, штурмачы самолеттор эпкиндүү пехота аздап болсо да жыла баштады.

Баарыдан кийин каршылык көрсөтүп, пехотанын жылышына тоскоолдук берип жаткан, бул кара көк тарткан болот калпактуу доттор болду. Булар темир жолдун тегеректерине пехотаны да жолотпой, авиация менен артиллерияны да тоотпой дүңкүйүп, куралдын бардык түрлөрү аткылап жатты.

– Жолдош капитан, мына бу алдыдагы дотту эмне кылабыз? – деди Косолапов, Кыдырбекке жылып келип.

Бул учурда дотко штурмачы самолеттор реактивдүү кичинекей снаряд таштап жаткан эле. Бирок бул снаряддар да эчтеме кылалбай жаткан.

– Эчтеме кылалбайбыз, таштап өтүп кетиш керек, артыбызда калсын.

Сыдырбек бир аз ойлонуп туруп:

– Косолапов, балким, сен, булардын арт жагынан кирип, граната менен согуп жүрбө? – деди Косолаповдун калчылдап, буулугуп турганын көрүп.

– Давай, капитан, попробую! – деди Косолапов.

– Давай соедини меня с Макаровым,– деди Кыдырбек, четиректеги телефончуга.

Аңгыча телефон (зуммер) шыңгырай баштады.

– Кыдырбек, дотту алайын деген оюң барбы? – деди Макаров, каргылданып.

Замбиректер доттон ашырып, карылатып атсын, штурмалаганы турам. Косолапов бармак болду,– деди Кыдырбек.

– Доттун амбразураларын пулемет, миномет менен силер жеткиче алагды кылып турамын, сен анын болот эшигинен эптеп киргин, – деди Кыдырбек. Кел алда кандай болобу, өбүшүп калалы.

Кыдырбек менен Косолапов өбүштү.

Согуш барган сайын катуулап, эки тарап тең айыгышып, токой менен талаа канга жошулуп турду.

Косолапов токой аралап, үч жоокер менен доттон четтеп, бир капшытын жолдун таманына чыгарып жаткан айбаттуу доттун артын көздөй кетип баратты.

Дотко жакындап барып, Косолапов өз кишилери менен жер менен жер болуп жатты. Анан, доттун тегерегинде немецтер жок болгондуктан акырын жылып отуруп, доттун артына жетип, болот эшигин түртүп көрдү. Бул эшикти сыртынан ачууга боло турган эмес эле. Косолапов колдоруна граната алып даяр болуп турган кишилерин доттун эшигинин эки капшытына коюп өзү автоматты камдап, карагайга жашынып, кокустан эшиктин ачылышын күттү. Мындай курулай күткөн менен бул күтүштүн түбү жок болучу. Бук болуп, кызып турган Косолапов токтоналбай, кишилерине колун шилтеп, дотту тегеренип жылып, амбразураны көздөй бет алды. Кандай бир көз ирмемде Косолаповдун жаңдоосу менен булардын баары орундарынан ыргып туруп, амбразурага граната ыргыта баштады да, кайта жыгылышты.

Булардын адамдан башкача, пландан башкача кылыктарын жер өбөктөп жаткан Кыдырбек көрүп турган эле. Ошо замат Кыдырбек ок тийгендей ордунан секирип туруп, атакага сүрөдү.

Косолапов, анын кишилери ошо замат амбразураларга кайтадан граната ыргытышып, кайтадан жыгылышты.

Азыр эле өлүм чачып турган дот өлүк түрүнө кирип, жымжырт болду.

Рота келгенде Косолапов өзүн-өзү таңып, сүйлөнүп отурган эле.

– Иттин гана немецтери! Өлтүрүп коё жаздады. Мынабу жаш балдарды көрбөйсүңөрбү, көзү жок эр немелер экен. Мындай кызмат үчүн буларга Советтер Союзунун Баатыры деген наамын бериш керек. Кайран гана балдар!

Кыдырбек Косолаповду ордунан тургузбай, кучактап өөп, ыйлап жиберди.

– Ты – герой! Герой, родной! – дей берди Кыдырбек.

– Мына булар Каарман! – деди Косолапов, өлөсөлүү жарадар болгон жаш балдардын жарасын таңып жатып.

– Косолапов, дружище! Буларды санитарларга тапшыр. Айт, булар нукура каармандар де, өзүң да баргын, – деди Кыдырбек.

Доттун далдаасына чогулуп калган жоокерлерге кыйкырып:

– Вперед, орлы! Темир жол биздики! – деди Кыдырбек.

– Капитан алга, жеңиш биздики,– деп танкалардын артынан чуркап бараткан Кыдырбекке Косолапов кыйкырып калды.

* * *

Кенигсбергге тапшырылган ультиматум жоопсуз калгандан кийин Кенигсберг көктөн, жерден кайта баштан окко тутулду. Күнү-түнү самолеттор, замбиректер (мунун ичинде катюшалар да) көз ачырбай Кенигсбергди аткылап турду. Кенигсбергдин толуп жаткан шлюздарын немецтер ачып жиберип, Кенигсбергдин тегерегин суу каптап, пехота, артиллерия үчүн өталгыс тоскоол пайда болду. Мына мындан кийин Пруссиянын илгерки борбору чоң шаар Кенигсбергдин ар бир заңгыраган имаратына өзүнчө замбирек батареялары бекитилди. Мунун өзү шаарды талкалап туруп анан кийин алыш деген сөз эле.

Пехота резинка кайык менен сүзүп өтүп, жеңил артиллерия оор артиллерияларды жамынып, тайыз жерлерден кол менен сүйрөтүлүп өтүп жатты. Танкалар, оор замбиректер чоң жолдор менен, «ыгын тапкан илээ» менен шаарды каптап кирип келип, көчөмө-көчө айыгышкан уруш башталды. Имараттын урандысы көчөлөрдү тосуп, биздин аскерлер үчүн да, немецтер үчүн да баррикада сыяктуу болду. Немецтер чоң, таш үйлөрдөн, анын подвалдарынан чыкпай, ал үйлөрдүн үстүңкү кабаттары урап, бул үйлөрдөн чыгууга да, кирүүгө да мүмкүн болбой, эшиктери бүтөлдү.

Баары бир уруш токтолбой жүрө берди.

Металл менен кагышып, зор имараттардын кирич, килейген таштары ыргып, көктөн самолеттор, алардын бомбулары күркүрөп, жерден артиллериянын снаряддары, танк, пулемет, автоматтардын үнү жарык күндү түнгө айлантып, чаң, ыш, түтүн каптап, Чыгыш Пруссиянын борборун алаамат каптап турду.

Ушул алааматтын ичинде Качике да бар эле. Качике ротанын командири болгон бойдон калган болучу. Мурунку согуштарда, камоодо калганда Качике жанын таштап Согушуп, ротаны камоодон чачпай алып чыккан. Жайчылыкта бош, өзүнө ишене бербеген Качике урушта таптакыр башкача болуп, өзгөрүп кетти.

Кенигсбергге Качике ротасы менен танкаларды жамынып, кошо кирди. Өз кайсы, душман кайсы экени билинбей жаткан ушул катуу согушта адам баласынын өмүрү бир минут, бир секунддан ашпай, өлүк эмес жарадарларды ташуга чыгуу кыйын болуп жатты.

Санчасть, санбатальондор шаардын биздикилер алган чоң имараттарынын подвалдарына убактылуу госпиталь сыяктуу жардамдар уюштуруп, жарадарларды ушу жерде кабыл алып турду.

Замбиректин огу түз тийип, экинчи тургус болуп, төөдөй чөгүп жаткан танкаларды жамынып, Качикенин ротасы немецтер менен аткылашып турду. Далдаасы жок көчөдөгү солдаттарды, танк, замбиректерди жолотпой жаткан немецтер подвалдардан чыкпай, тынымсыз ок жаадырып турганда Качикенин ротасы ушул подвалдардын бирине биринчи болуп кирип барды. Автомат менен аткылап, гранаталарды туш келди жакка ыргыткан рота немецтердин пулеметуна кабылып, бүт рота боо түшүп калды.

Кенигсберг 9-апрелде кулады.

Немецтер өздөрүнүн багынганын радио аркылуу жарыялап, ак желек илсе да, буга айрымдары баш ийбей, согуш улана берип, эки тарап тең кырылып жатты.

Бир заматка жымжырт боло түшкөнсүп турду да, анан Качике кыймылдап, бир буту менен чөгөлөп ордунан тура турган болуп, бирок туралбай, бети канга жуулуп, капыстан катуу кыйкырып калды:

– Рота, за мной! Вперед!.. Орлы!.. За Родину!.

Ошо замат каптап келаткан биздин солдаттар ач кыйкырыкты салып, өлүп жаткан өз солдаттарына чалынып жыгылып, жарадар болуп өлөр алдында да аткылап, кандайдыр бир кулак туйгус сүрөөн менен бир кадам болсо да алдыга жылып жатышты.

## ЭПИЛОГ

«Кечир, Бермет, чыныгы берметим, кечир. Көптөн бери жазыла баштаган кат аягына чыкпай, кат жазууга чоло тийбей койду. Мунун ортосунда катуу согуш болду, артка чегиндик, чынын айтканда артка качтык, кайта баш-аякты жыйнап, чабуулга кирдик, кыргыздар айткандай, тизеден кан кечип жүрдүк. Сен чочугандай, өлүмдүн кучагында жүргөн экенбиз. Сенин катыңды эми окуп, өлүм эми эсиме түшүп жүрөт! Мына кызык, ал учурда эчтеме ойлогон эмес экемин.

Биз эми айтылуу Кенигсбергди аралап баратабыз. Чыгыш Пруссиянын атактуу борбору, анын заңгыраган көп кабаттуу таш үйлөрү жыгылчудай болуп солкулдап, араң турат. Талкалашмай деген согуш ушу. Немецтер Гитлердин буйругу боюнча жалгыз солдат калгыча согушса, мындан укмуш болмок! Чынында Кенигсбергди талкалап туруп алдык. Ошондо да немецтер өз улутунун түбөлүгүн ойлогондору бар экен, согуштун илгерки салты менен багынып берип, дагы далай жолу кыргындан, каргашалуу бүлүктөн аман калышты. Ал эми биздин кишилердин төгүлгөн канын айта көрбө!

Булардын ичинде Качике Ормонов да бар. Баарыдан кызыгы а кишинин күндөлүк дептери да менин колума тийди. Буга себеп Качикенин өзү болгон экен. Ал мени менен жолукканын жазып, Тургамбай экөөбүздү тууган экен дептир. Күндөлүк орус тилинде жазылгандыктан бат эле мага келип тийди. Анын себеби: мен өлсөм бу дептер менин зайыбымдын колуна тийбесин, тирүү калса Кыдырбек Сулаймановдун колуна тийсин деп, дептердин баш жагына керезин жазып кетиптир.

Мен болсом сапар тартып баратам. Искендердин дептери сыяктуу муну да сага жибердим, аны Тургамбайга берсең, бирөөгө берер.

Армандуу киши ырчы болот дегендей а киши да ыр жазыптыр, албетте тилекке жетпей курман болгон кишилерден экен, армандуу болуп өлдү. Эми а кишинин бу дептери, менин оюмча, эч кимге керексиз. Турмушка чакырып жүргөн жалгыз кызы болсо өлгөн экен, эми өзү да өлүп, жаны тынды. Бу кишиге эми ким күйүп, ким ыйларын ким билсин, бирок фронттогу билген жолдоштору кыйын кайгырышты деп уктум. Мен өзүм да бир көргөнүм менен жаман оорунуп калдым. Жакшы киши көрүндү эле. Ал эми согушта өлгөндөрдүн баары эле өлүмгө кыя турган кишилер эмес эле. Нечен бир өлүмгө эмес тирүүчүлүктө карап отуруп көзүң тойбой турган кишилер өлгөндө сай сөөгүң зыркырап, тирүү жүргөн кээ бир кишилерди көргүң келбей кетет. Кыргыздар айткандай, ооз кесир болсо кудай өзү кечирсин. Сен да мени кечир, кээде ушундай сезим кишиге келет экен. Анткени кээ бир пайдасыз жамандарды көргөндө... Иши кылып, мындай сезим, айттым го, кээде кишиге келет экен...

Бу жерде Качикенин бир ырын келтирейин:

Солдаттыктын оор борчун аткарып,
Тууган элге канат байлап учкум бар.
Жар-жорого жеңиш даамын таткырып,
Жетимсиген бир боорумду кучкум бар.

Сапар жолдун ачылышын көп күтүп,
Күндөр өтпөй эми жаным зарыгар.
Кээде күлүп, кээде көңүл өксүтүп,
Бирөөлөрдүн көзү талып карыгар.

Качикенин бул тилеги баарыбыздын, бүткүл солдаттардын тилеги болучу. Ушул тилек деп, солдаттар от аралап, суу кечти, өрттөндү, сууга чөктү, окко учту. Ушул тилек үчүн дагы нечен укмуштарды ишке ашырууга даярбыз. Бермет белиңди бошотпой, кайтадан катуулап буугун. Таалай деген оңой-олтоң колго тийчүүдөн эмес экен, таалай үчүн кармашуу керек турбайбы.

Көзүңдү карыктырып жол карабай, сабыр кылып, жеңиш күнүн күткүн.

...Чыгыш Пруссияга жаз келди.

Кенигсбергдин чоң көчөлөрүндө, анын бурулуштарында ири калибрдүү төрт ооз пулеметтор ошо бойдон турат. Кенигсберг шаарын аралап аккан Прегель суусунда, каналдарда чала өрттөнгөн баржа, кемелер талкаланып жээктерде жатат. Баррикадалар, көп кабаттуу таш үйлөрдүн астыңкы кабаттары кум салган мешокторго толуп дале болсо айбаттуу.

Биз шаардын ортосу менен өтүп баратабыз. Улгайып калган немец кемпири экөө туруп, бизди рот-фронтчо куттуктап:

– Рус, гут! – деп кыйкырат.

Госпиталь формасындагы балдакчан немецтер (булар госпиталдан атайы чыгып) бизди карап турушат. Жай баракат өз ара сүйлөшүп, бизди таңыркаганып, иши кылып, жай гана тиктеп турушат. Булар – кече биз салгылашкан немецтин солдат, офицерлери.

Шаардын четине чыга берген жерде бизди көп нерсеге таң калтырды. Биздин солдаттардын тегерегинде балдары жүрөт. Жүргөндө да кандай? Биздин солдаттар менен сүйлөшүп, ойноп, даң салып жүрүшөт. Бизге карап немецтин жаш фраулары жылмайып, балдар тийишсе, чочуп кетип күлүп, өз кызматын иштеп жүрүшөт. Уруш жок эле мамыр-жумур болуп калыптыр. Прегель суусунан өткөндө гана жээкте турган зенитчиктерди көргөн элек, булардан биз нан алып, энелери менен каңгып жүргөн балдарга бергенбиз. Бу жерден болсо таптакыр башка турмушту көрдүк. Буга сен таң калар бекенсиң же мени ашырып айтып жатат деп ишенбес бекенсиң?

Мунун баарын биз өз көзүбүз менен көрүп келатабыз.

Согуш шаардын борборунда катуу жүргөндүктөн кыйроо да, каргаша да ошо жерде болгон да.

Шаардын сыртына чыкканда күздүк эгини жайкалган мейкин талааны, а жерде жаздык эгин эгип жүргөн көп солдатты көрдүк. Жолдун боюндагы даректын көлөкөсүндө бирдеме кылып отурган орус солдаттан:

– Бу жерде ким бригадир? – деп сурадык.

– Мен! – дейт солдат, күлүп.

– Чыгыш Пруссияга келип бригадир болом деп ойлодуң беле? – дейт жанымдагы офицер.

– Ойлогон жок элем, бирок согуштан мурда алты жыл бригадирлик кылдым эле, эми кайта өз ордума келдим,– дейт солдат, кайтадан күлүп.

– Булар кандай иштеп атат?

– Жакшы иштешет.

– Службаны түшүнүшкөн экен!

Биздин балдар каткырып күлүшөт.

– Булардын ичинде инженер да бар,– деп,– солдат узун бойлуу эркекти көрсөттү.

Булар өз ыктыяры менен колго түшкөн солдаттар эле.

Биз бир үйгө келип, суу сурадык. Мында да колго түшкөн немецтер бар экен, бизге суу беришти. Булар жанакы эгин эккендерге тамак жасоочулар экен. Көңүлдөрү куунак, күлүп, биз менен тамашалашат.

Жашырак, ак жуумалынан келген немец бизден тамеки сурап өзүнүн Ленинградда, Луганскиде болгонун, үйү Лейпцигде экенин, өзү ресторанда повар болуп иштегенин айтты.

– Биз менен согушуп жүрүп алган крестиң кана? – деди биздин офицер.

Немец орусча чала сүйлөп, аркасын көргөздү, демек, ок тийбей калганына шүгүр, крестиси менен жерге кирсин дегени экен. Гитлер менен Геббельсти орусча тилдеп жүрүшөт.

Биз буларга тамекиден мол берип, коштошуп жөнөдүк.

Мына, Бермет, кечеки жоолашкан немецтер менен бүгүн моминтип татуулашып жатабыз. Буга да таң калбагын.

Калыбы, келечекте иштин жайы ушундай боло турган. Немецтин эли менен да жоолашмак беле.

Кош бол, Бермет. Мен баргыча камыкпа да, зарыкпа. Калыбы, биздин бет алганыбыз чыгыш майданы болчудай. Кучагымды жайып, бетиңден жыттап, Кыдырбегиң.

*24-апрель, 1945-жыл».*

# МАЗМУНУ

УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВ ........................................ 3

**БИРИНЧИ КИТЕП**

БИРИНЧИ БӨЛҮМ ........................................ 8
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ ........................................ 151

**ЭКИНЧИ КИТЕП**

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ ........................................ 295
ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ ........................................ 492

ЭПИЛОГ ........................................ 732

*Адабий-көркөм басылма*

Окурмандын китеп текчеси

13-том

УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВ

***«МАЙДАН»***

Чыгарууга жооптуу: *Акматалиев А.*
Басмага даярдагандар: *Өмүров Б., Мамбеткулов Ч.*
Тех. редактор: *Жанышбекова А.*
Корректорлор: *Өмүров Б., Мамбеткулов Ч.*
Компьютердик калыпка салган *Өмүров Б.*

Терүүгө 04.03.16 берилди. Басууга 22.06.16 кол коюлду.
Кагаздын форматы $84x60^1/_{32}$.
Көлөмү 46 б.т. Нускасы 600. Заказ №16.